www.bizdin.kg

Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлиги

Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети

**Каратаев Олжобай Кубатбекович**
**Эралиев Салайдин Нуралиевич**

# КЫРГЫЗ ЭТНОГРАФИЯСЫ БОЮНЧА СӨЗДҮК

Бишкек
«Бийиктик» 2005

www.bizdin.kg

УДК 908
ББК 63.5
К 97

Сөздүк Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин
Окумуштуулар Кеңеши тарабынан окуу куралы катары сунуш этилди.

*Түзгөндөр:* **Каратаев О.К., Эралиев С.Н.**

К 97 Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк. / Түз. О. К. Каратаев, С. Н. Эралиев/ Б.: Бийиктик, 2005. 600 б.

ISBN 9967-13-159-4

Сөздүк кыргыз этнографиясы (этнологиясы) боюнча жарык көрүп жаткан өз алдынча эмгек болуп саналат. Сөздүккө кыргыздардын теги, каада-салттары, материалдык жана руханий маданиятынын үлгүлөрү, үй-бүлө жана нике маселелери, чарба жүргүзүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн чагылдырган ж.б. кеңири нуктагы илимий жаңы маалыматтар киргизилди. Эмгек «Кыргыз этнографиясы», «Жалпы этнография», «Алгачкы коомдун тарыхы» предметтери боюнча окуу куралы катары сунуш этилет. Мындан сырткары, мугалимдерге, аспиранттарга, жогорку окуу жайлардын окутуучуларына, илимий кызматкерлерге арналып жазылды жана элибиздин тарыхын аздектеп окугусу келген ар кимди кайдыгер калтырбайт.

К 0505000000-05
I8BM
9967-13-159-4

УДК 908 ББК
63.5
© Каратаев О.,
Эралиев С. 2005

# АВТОРЛОР ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ



***Каратаев Олжобай Кубатбекович****, 1963-ж. Сузак районундагы Орто Азия айылында туулган. Мектепти аяктагандан соң, Жалалабат шаарында жумушчу болуп эмгектенген. 1985-ж. КМУнун тарых факультетине кирип, аны артыкчылык диплому менен аяктаган. 1994-ж. илимдин кандидаттык, ал эми 2004-ж. докторлук диссертациясын коргогон. Тарых илимдеринин доктору, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин профессору. Кыргыздардын теги, келип чыгышы, уруулук курамы боюнча бир нече монографиялардын, 100дөн ашуун макалалардын автору. Чыгыш элдеринин тарыхы боюнча бир катар окуу-усулдук эмгектерди жарыкка чыгарып келет.*

***Эралиев Салайдин Нуралиевич,*** *1963-ж. Баткен районунун Бөжөй айылында туулган.*



*Мектептен кийин Жалалабат педагогикалык окуу жайын бүтүрүп, андан соң КМУнун тарых факультетине кирип, аны артыкчылык диплому менен аяктаган. Учурда аталган факультетте ага окутуучу болуп эмгектенет. Кыргыз этнографиясынын урунттуу маселелери боюнча диссертациясын аяктап, жактоо алдында турат. Илимий макалалары чет өлкөлүк басылмаларда жарык көрүп келүүдө.*

# КИРИШ СӨЗ

Этнография (этнология) тарых илиминдеги өз алдынча өнүгүп жаткан илимий тармак. Бул илим кыргызтаануудa да орчундуу, өтө зарыл болгон орду бар багыт. Этнографиялык маалыматтар кайсыл гана элдин болбосун байыртадан бүгүнкү күнгө чейинки материалдык жана руханий маданиятынын баалуулугу ченелгис үлгүлөрүн, элдердин, этностордун, этнографиялык топтордун, уруулардын келип чыгышын, тил түркүмдөрүн, кошуна жашаган жана башка элдер менен этногенетикалык, этномаданий байланыштарын чагылдырып көрсөтөт. Ошону менен бирге, тектеш жана кошуна жашаган элдердин келип чыгышы жөнүндө да маалыматтарды бере алары ырас. «Этнография» термини грек тилинде «этнос» эл, уруу, «графейн» жазуу дегенди туюнтат. Тактап айтканда этнография эл, калк, этностор жөнүндөгү илим. Илим катары этностордун турмуш-тиричилиги жана маданий өзгөчөлүктөрүн, элдердин тегин, аймактык жайгашуусун жана өз ара маданий-этностук, тарыхый байланыштарын изилдейт. Байыркы замандардан эле жер үстүндө жашаган элдер өз кошуналарынын турмуш-тиричилигине, каада-салттарына, тилине кызыгып келишкендиги белгилүү. Жазуу маданиятына эрте ээ болушкан, элдер өз кошуналары, алардын жашоо турмушу, жер шарттары кесиптери жана алардын түрлөрү, чарбалык укладдары, кийим-кечеси, үй-бүлөлүк жана никелик мамилелери ж.б. тууралуу маалыматтарды жазып калтырышкан. Мындай маалыматтар улуу географиялык ачылыштар доорунда зор өлчөмдө чогултулган. Алардын үстүнөн ой жүгүртүү 19-к. орто ченинде этнографиянын илим катары калыптанышына алып келди. Ошондон тартып, аталган илимдин өнүгүшүндө бир катар багыттар, илимий мектептер пайда болду. Илимдин өзү да түрдүү чөйрөдө ар кандай аталышка ээ.

Англис тилдүү өлкөлөрдө ал социалдык (маданий) антропология, французддарда этнология, Германияда өз элин изилдөө Volkerkunde башка элдерди изилдөө Volksunde деп аталат. «Этнология» аталышын колдонгон илимпоздор аны теориялык илим катары карашат жана этнографияга баяндап жазуу ролун ыйгарышат. 20-к. 70 жж. Батыш Европанын илим чөйрөлөрүндө «Этнология» термини кабыл алынгандыгы маалым. Мурдагы советтик жана ата мекендик тарых илиминде «этнография» деп атоо туруктуу калыптанып, илим катары баяндап жазууну да, теориялык изилдөөнү да камтыган. Өткөн доорлордогу идеологиялык пикир келишпестиктерден улам, дүйнө элдерин изилдеген окумуштуулардын ортосунда илимий байланыштар солгундаган. Дүйнөлүк илимдеги жаңылыктар бир беткей сынга алынып, кабылданган эмес. Бүгүнкү күнү идеологиялык тирешүү жоюлгандан кийин илимдеги абал оң жагына өнүгүүдө. Азыркы Европанын айрым илимпоздору этнографиядан айырмаланган теориялык багыттагы этнология илимине ык коюп жатышат. Ошону менен бирге, бул предмет катары жогорку окуу жайларда кадыресе окутулуп жатат. Кыргызстандын жогорку окуу жайларында этнология сабак катары статуска ээ боло элек. Тек гана мурдагы «этнография» аталышы «этнология» аталышына өзгөртүлдү.

Кыргыз эли Азиядагы эң байыркы элдерден экендиги илимде белгилүү. Биздин заманга чейин 3-к. тартып, кыргыздардын тарыхына, этнографиясына тиешелүү маалыматтар кытай, кыргыздар өздөрү калтырган жазма булактарында, тарыхый эстеликтерде сакталып келген. Ошондой эле маалыматтар орто кылымдардагы араб-фарси, түрк географтарынын, тарыхчыларынын эмгектеринде да чагылдырылат. Жаңы доордо кыргыз элинин чарбасына, маданиятына, элдик оозеки чыгармачылыгына, турмуш-тиричиилигне байланышкан маалыматтарды европа жана орус аалымдары, жазуучулары, саякатчылары, диниятчыл адамдар, аскер чалгынчылары жана административдик кызматкерлер жазып калтырышкан. Өзгөчө, 19-к. аягы, 20 -к. биринчи чейрегиндеги атактуу кыргыз

тарыхчысы Белек Солтоноевдин изилдөөлөрүн өзгөчө белгилей кетүү зарыл. Советтик доордо кыргыз этнография илими калыптана баштады. Анын башатында Орусиянын түрдүү илимий мекемелеринин кызматкерлери, окумуштуулары турган эле. Кыргыз этнографиясын ар тараптан изилдөөдө С. М. Абрамзондун эмгеги зор. 20-к. экинчи жарымында кыргыз этнография илиминин калыптангандыгын туюндурган кыргыз тарыхчы-этнографтарынын тобу өсүп чыкты. Аталган илим адамдарынын изилдөөлөрү аркылуу кыргыздардын чарбасына, материалдык жана руханий маданиятына, коомдук жана үй-бүлөлүк мамилелерине, диний ишенимдерине ж.б. арналган бараандуу эмгектер жасалды. Кыргыз элинин этногенезинин, этностук тарыхынын түйүндүү маселелерин чечүүгө аракеттер жасалууда. Кыргыз этнография илимин тарыхнаамалык багытта изилдөөлөргө аракеттер болду. Ошентсе да, кыргыз этнографиясы боюнча эне тилибизде жазылган илимий, илимий-популярдуу эмгектер, маалыматтамалар жокко эсе. Алгачкы жолу тартууланып жаткан бул сөздүк ушул багыттагы оболку чыйыр салган эмгек болуп каларына ишенебиз.

***Авторлор***

# А

**Аба** - кыргызда кичүүлөрдүн жашы улуу эркектерди ызаттап аташы же чакырышы. Кыргызстандын кээ бир аймактарында «аба» сөзү менен жаш жагынан кичүүлөр аталаш тууганларын же жатындаш агаларын айтышат. Кыргыздардын түз урпактары болгон хакастарда «аба» - ата (сагайларда), «абаа» - качин-хакас, кызыл-хакастарда «улуу ага», «атанын жана чоң атанын иниси», «күйөөсүнүн агасы» маанисинде, эвфемизм түрүндө тотемдик жаныбар болгон аюуга карата да айтылат.

**Абакан** - мундуз уруусунун курамындагы урук. Санжыралык айрым маалыматтар бул уруктун тегинин Саян-Алтай аймагы менен байланышынан кабар берет. Хакастардын элдик тарыхый чыгармаларында Абакан дарыясы (Минусин ойдуңу, Хакасия) жөнүндө кызыктуу уламыштар айтылат: «Алаирт дарыясынын боюнда «Абакан» аттуу зор баатыр жашаган экен. Суусу шар аккан дарыяны Абакан баатыр сырт көрүнүшү куш сымал болгон аргымагын минип бат эле кечип өтчү дешет. Күндөрдүн биринде кечүүдө минген аты дарыяда капыстан мүдүрүлүп, Абакан баатыр сууга чөгүп өлөт. Ушул кайгылуу окуядан соң, баатырдын наамына дарыя Абакан деп аталып калыптыр...». Кыргыз санжыраларында уруу ичиндеги ич ара чыр-чатактан соң, туугандарына таарынган Абакан деген белгилүү журт башчысы өз жакындарын алып, Энесайга (Енисейге) көчүп өткөндүгү, андан бүгүнкү энесайлык мундуздар тарары баяндалат. Бул сыңары фольклордук параллелдер капысы- нан пайда болбошу ырас. Абакан уругу курамына кирген мундуз уруусунда Түштүк Сибирдин этностук чөйрөсү менен байланыш- кан этнокомпоненттер бир топ санда кездешери белгилүү. «Аба- кан»; «Аба» - Саян-Алтай элдеринде «аюу», «кан» сөзү «кан», «хан» маанилерин берет. Демек, этнонимди «аюу кан» маанисинде чечмелөөгө болот. Аюу Сибирдин элдеринин дээрлигинде тотемдик ыйык-жаныбар катары маалым. Айрым иликтөөчүлөрдүн далилдөөлөрүндө «аба» - сөзүнүн баштапкы маанисинде «эне» мааниси жатат. Бул мисалдар эзелки энелик доордон (матриархат) да кыйыр кабар берүүсү ыктымал.

***Ад.:*** *Вяткина К. В. Пережитки тотемизма и его разложение в связи с облавными охотами бурят//СЭ.1933. М 5-6, -С.48-67; Васильевич Г.М. Этнонимы в фольклоре//Фольклор и этнография. -Л„ 1970. Каратаев О.К. Кыргыз этнонимдер сөздүгү. -Б,: 2004.*

**Абалак** - кыргыздын улуттук ордо оюнундагы чүкө раткыч. Ал кайберендин (тоо теке, аркар-кулжа ж.б.) мүйүздөрүнөн төрт бурч- тук формасында жасалат. Узундугу 8-10 см, туурасы 6-8 см, ал эми калыңдыгы болсо 2,5 см. өлчөмүндө аткарылат. Абалак ордодо чүкөнү, ханды атуу жана чертүү үчүн колдонулат.

**Абахай** - энесай кыргыздарында (бүгүнкү хакастарда да) «тектүү аял», байбиче», бектин аялы», «тектүү адамдын байбичеси», «сулуу» деген маанилерди туюнткан. Бүгүнкү хакастарда Ата Журтун коргоп, өзүн курмандыкка чалган байыркы кыргыздарга таандык «Абахай Пахта» аттуу дастан белгилүү.

**Абдесте** - (ир. «оби» - суу, «даст» - кол) суу менен кол, жүз чайкоочу идиш. Бул даарат алчу идиш жезден коoздолуп жасалган. Усталар абдестенин көлөмүн, жасалгасын керектөөгө ылайык шөкөттөп аткарышкан.

**Абдрахманов Ыбырайым**, ылакап аты Ак Молдо (1888-1967) - манасчы, этнограф, педагог; кыргыздын элдик оозеки чыгармаларын жыйноочу, таанымал изилдөөчү. 1905-ж. Караколдогу татар мектебин бүтүрүп, мугалим болуп иштеген. Совет доорунда Кыргыз ИАсынын Тил жана адабият институтунда илимий кызматкер болуп эмгектенген. Саякбай, Шапак, Жаңыбай Кожек уулу, Акмат Рысмендеев, Молдобасан Мусулманкулов ж.б. айтуучулардан «Манасты» жазып алган. Келдибек, Балык, Акылбек, Тыныбек, Чоюке, Сагымбай, Саякбай ж.б. манасчылардын өмүр баяндарын жыйнап, илимий нукка салган. Эл оозунан зор

көлөмдөгү оозеки маалыматтарды жыйнап кагаз бетине түшүргөн жана кол жазмалар фондуна сактоо үчүн тапшырган.

**Абдылдаев Эсеналы** (1932-ж. туулган). Мүлдө кыргызга, жакынкы жана алыскы илим чөйрөлөрүнө таанымал «Манас» изилдөөчү, жыйноочу жана түзүүчү таланттуу аалым. Филология илимдеринин кандидаты (1967). Караколдогу Мугалимдер институтун аяктагандан соң, 1960-ж. Кыргыз Мамлекеттик университетинин филология бөлүмүн артыкчылык диплому менен аяктаган. 1960-жылдан Кыргыз ИАсынын Тил жана адабият институтунда «Манас» изилдөө бөлүмүндө илимий кызматкер, жетектөөчү илимий кызматкер болуп эмгектенип келет. «Манас» эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн этаптары, кыргыз элинин эпостогу маалыматтар боюнча калыптануусу, Манастын теги, кыргыздардын этностук калыптануусундагы ичкиликтер (Булгачылар) уруулук тобунун чечүүчү ролу ж.б. тууралуу жүйөлүү илимий пикирлерин айткан. Бул илимий көз караштар автордун төмөнкү эмгектеринде чагылдырылган: «Манас» эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн негизги этап- тары. *Ф.: 1981; Кыргыз фольклорунун тарыхынан. Ф.: 1983; «Манас» эпосунун историзми. Ф.: 1987. «Манас» эпосунун эпикалык формулалары. Ф.: 1992 ж. б.*

**Абдыра** - чоң сандык. Үй чарбасында буюм-тайым салынуучу төрт бурч формадагы сандык. Хакас жана туваларда «абдыра» анчалык чоң эмес кутучаны туюнтат.

**Абдыракманов Султан.** Таанымал тележурналист, кыргызтаануучу, коомдук-маданий ишмер, 1963-ж. туулган. КМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика бөлүмүн аяктаган. 1985- жылдан тартып Базаркоргон райондук «Эмгек жалыны» гезитинин редакциясында кабарчы, райондук «Билим» коомунун жооп- туу катчысы, Жалалабат шаардык «Мезгил үнү» гезитинин редакциясында бөлүм башчы, жооптуу катчы, башкы редактордун орун басары болуп эмгектенген. 1991-ж. Жалалабат облустук «Акыйкат жарчысы» гезитинин редакциясында бөлүм башчы, республикалык басма сөз каражаттарынын өз кабарчылык милдетин аткарган. Гезит беттерине эң алгач ирет санжыралык маалыматтарды (белгилүү санжырачы А.Тургунбаев ж.б.) жарыялаган. Эл ичинен кыргыздардын теги, таралышы, уруулук курамы, белгилүү инсандар, жер-суу аталыштары жана алардын сырлары, Кыргыз мамлекети жана мамлекеттүүлүгү ж.б. боюнча зор маалыматтарды жыйнап, көпчүлүгүн тасмага түшүргөн. Тележурналист-аалым кыргыз тарыхынын, кыргызтаанунун актуалдуу маселелерине багышталган илимий нуктагы «Доор аяны» аттуу автордук телеберүүлөрүн Улуттук канал аркылуу калк назарына 1996-ж. бери карай сунуш этип жүрөт. Эл аралык атайын экспедициялардын курамында Саян- Алтай ж.б. аймактарда илимий жүрүштөргө катышкан. Талант- туу кыргызтаануучу, жигердүү тележурналисттин илимий изилдөө багыттары төмөнкүлөрдү камтыйт: Кыргыз мамлекети жана мамлекеттүүлүгү; Кыргыз мамлекеттүүлүгүндөгү Кокон хандыгынын ээлеген орду; инсаниат таануу багыты; Саян-Алтай жана кыргыз этносу; тарыхый эстеликтер; тарыхый инсандар жана алардын кыргыз тарыхындагы орду ж.б.

**Абла** - байыркы кыргыз (түрк) сөзү. «abla», «ab abla» - жапайы жаныбарларга жамаат, топ болуп алып аңчылык кылуу маанисин берген. Бул сөз бүгүнкү хакас тилинде да өзүнүн байыркы так маанисин (хак. «абла») сактап калган. Монголчо «авлах» — «коллективдүү аң уулоо» дегенди аныктайт. Бул термин кыргыздардын байыркы чарбалык-экономикалык, социалдык турмушун чагылдырары ырас. Түрк тилдериндеги «абыла» сөзү орус тилине «облава» (кырг. «тегеректөө, айлана курчоо») формасында кирген деп болжолдоого да болот. Ошондон «облавная охота» (коллективдүү аңчылык) деп аталат. Коллективдүү аң уулоо көчмөн элдерде, анын ичинде байыркы кыргыздарда чыныгы аскердик

такшалуунун, шамдагайлыктын, жамаатта өз ара жардамдашуунун мектеби болгондугу анык.

**Абрамзон Саул Матвеевич** (1905-1977). Таанымал этнограф- окумуштуу. Кыргызстандагы этнография илимин негиздеген ири илимпоздордун бири. Орлов губерниясындагы Дмитровск шаарында туулган. 1926-ж. Ленинград Мамлекеттик университетинин география бөлүмүн аяктаган. 1926-1931-жж. аралыгында Кыргыз- станда алгач ирет изилдөөлөрдү жүргүзүп кеткен. Крайтаануу музейинин директору болуп эмгектенген. 1931-ж. тартып, Ленинграддагы СССР ИАсынын Этнография институтунда илимий кызматкер болуп иштейт. Окумуштуу 1927-ж. тартып, Кыргызстанда өзүнүн жигердүү илимий изилдөө иштерин аткара баштайт. Кыргыздардын этностук тарыхы, этногенези, эл катары калыптануу процесси, анын этаптары, кыргыздардын курамына келип кирген этностук компоненттер, уруулук курамы, этностук жана маданий алакалары, каада-салттары, философиялык-диний түшүнүктөрү, чарбалык укладдары ж.б. багыттагы маселелер боюнча бүгүнкү күнү да өз актуалдуулугун жогото элек илимий эмгектерди жарат- кан. Кыргыздардын теги, этностук маданияты, тили ж.б. багышталган ири илимий экспедицияны уюштуруп, анын жыйынтыктарын жарыялоого жигердүү катышкан. 1968-ж. тарых илимдеринин доктору илимий даражасын коргогон. Илимпоз Кыргызстандын аймактарына уюштурулган атайын илимий экспедицияларга бир нече ирет катышкан. Эмгектери кыргызчаланып, кайрадан басылып чыккан. Кыргызстандагы илимий шакирттерин даярдаган. Автордун илимий изденүүлөрү төмөнкү эмгектерде чагылдырылган: *Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. - Фрунзе, 1990; Абрамзон С.М. К семантике киргизских этнонимов//СЭ. -№3, 1946. -С.123-132; Абрамзон С.М. Народные пре- дания как источник этнической истории киргизов Центрального Тянь-Шаня//Этническая история народов Азии. -М.: 1972. -С.67- 83. Абрамзон С.М. Вопросы этногенеза киргизов по данным этнографии//ТКАЭЭ.* Т.III.-С.31-43; Абрамзон СМ.Этногенетические связи кыргызов с народами Алтая//XXV Междун. Конгр. востоковедов. Доклад делегации СССР (отд. оттиск). -М,, 1960 ж.б..

**Абубекр** - Мухаммед пайгамбардан кийинки төрт «шайланма халифтин» бири. Өз мезгилинде чоң аймакка белгилүү соодагер болгон. Мухаммед пайгамбардын кайын атасы. Ислам динин жигердүү таратуучулардын жана жактоочулардын бири. Мухаммед пайгамбар менен бирге Ясрибге (Мединага) көчкөн, анын жанында коштоп жүрүп, казаттарга катышкан. Пайгамбар дүйнөдөн кайткандан кийин, биринчи халифа болуп калган.

**Абыгай** — жашы аксакал курагына кирип калган эркек кишиге карата айтылат. Энесай кыргыздарынын урпактары болгон хакастарда аталаш тууган эжеге, төркүнү бир уруктан тараган тууш- кан аялдарга, айрым диалектилерде атасынан улуу эжесине карата айтылат. Бул туушкандык термин манжур тилдүү элдерде да кеңири колдонулат. Тарыхта Абыгай (Абагай) Кытайдагы Цин династиясын негиздеген манжур ханы катары да белгилүү.

**Абысын** - эки бир тууган, же аталаш жакын туугандардын аялдары. Туугандардын аялдарынын бири-бирине кайрылуусу. Хакастарда, туваларда «абызын» деп аталуу менен жогорудагыдай эле маанини туюнтат.

**Ават** - ичкиликтер (Булгачылар) уруулук тобундагы ири уруулардын бири. Айрым санжыралык маалыматтарда «авагат» формасында да айтылып жүрөт. Этнонимдин параллелдери «аба» фор- маларында алтайлыктардын (телеуттар) жана шорлордун курамдарында бар. Ават - аба + т; -т мүчөсү бурят-монгол тилдеринде көптүк маанини туюнтат. Чыгыш теги байыркы сөз жасоочу мүчөнүн колдонулган, таралган ареалы абдан кенен. Мисалы, тунгус тилдеринде бул мүчөнүн фонетикалык -тан /-тен, манжур тилинде -та/-те, байыркы корей

тилинде -тен формаларынын болгондугу белгилүү. Изилдөөчүлөр -т мүчөсү уланган түрк этнонимдери монгол тилдеринин таасири астында 13-к. кийин гана калыптанган деген пикирди айтышат. Бул уруунун чыгыш тегин байыркы «аба» уруусу менен параллель караса болчудай. «Аба» - теле урууларынын бири катары Суй династиясынын жыл баяндарында батыш түрктөрдүн мамлекетинин курамындагы уруу болгондугу эскерилет. Ават уруусунун өкүлдөрү Лейлек, Баткен, Сузак, Өзгөн, Жергетал, Мургаб, Пролетар (Тажикстан), Өзбекстандын Фергана, Анжиян облустарын ж.б. аймактарды байырлашат.

**Автохтондуулук** - (грек тилинде «жергиликтиүү», «түпкүлүктүү» дегенди туюнтат). Теги жагынан белгилүү бир аймактын түпкү, жергиликтүү жашоочулары. Чет өлкөлүк этнография (этнология) илиминде буга маанилеш «абориген» деген термин колдонулуп жүрөт. Биринчисинде, «автохтондуулук» термини маданияттагы кубулуштарга жана этносторго «автохтондуу калк», «автохтондуу маданият» маанисинде колдонулса, экинчи багытта - жергиликтүү эл, түпкүлүктүү жашоочу маанилерин туюнтат. Мисалы, кыргыздар байыркы жазма булактарда өз мекенибиздин аймагынын жана ага чектешкен жерлердин, Чыгыш Түркстандын (КЭР, Батыш Кытай), Батыш Монголия, Саян-Алтайдын автохтондуу же түпкү калкы катары баяндалат.

**Автоэтнонимдер** - уруулардын, этнографиялык топтордун, элдердин өзүн-өзү атоосу, таанып-билүүсү, энчилүү аты. Мисалы, кытайлар өздөрүн «ханзу» деп аташат; ал эми батышта «чайна», мусулман элдеринде «чин», түрк тилдүү элдерде «кытай», «кыдат» деген аттар менен белгилүү.Венгрлер мамлекетинин атын Хунгария, өздөрүн «мадярсварош» деп аташары маалым. Венгрия өлкөсүнүн жашоочулары славяндарда «венгр», «мадяр», түрк тилдүү элдерде «мажар» деген этностук аталыштар менен белгилүү.

**Авункулат** (лат. avunkulus-тайаке) - тайаке менен жээндин ортосундагы калыптанган өзгөчө жакын, тууган-туушкандык мамилелерди чагылдырган үй-бүлөдөгү жана коомдогу калыптанган тартип. Алгачкы жамааттык (общиналык) доордо калыптанган коомдук өзгөчө укук боюнча жээн өз энесинин бир туугандарына кошуна болуп жашаган. Бул мезгил жээндин балалык чагынан же авункулолокалдык никеден соң башталган. Жээн тайакеси менен бирге жашайт, анын мүлкүн жалгыз мурастайт же бөлүшөт, тайакеси менен дайыма кеңешип иш кылат, зарыл учурда ага баш калкалайт ж.б. Авункулат энелик урук шартында, аялдын күйөөсү эмес бир туугандары башкы ролду ойногон мезгилде пайда болгон жана аталык урукка өтүп жаткан доордо өзгөчө мааниге ээ болот. Урууларгы, уруктагы калыптанган өзгөчө салт боюнча жээн таякесинин мүлкүнө мураскер же шериктеш болууга, анын кеп-кеңештерин, акылын угууга милдеттүү болгон. Авункулат адамзат коомунун тарыхындагы энелик доордо (матриархат) калыптанган коомдук мамиленин бир формасы болгон. Бул доордо урукта (уруу-да) башкы бийлик атага эмес, энеге жана анын эркек бир туугандарына (тайларга) таандык болгон. Бул процесс энелик доордон (матриархат) аталык доорго (патриархат) өтүү мезгилинде өзгөчө мааниге ээ боло баштаган. **Авункулат** (лат. эненин ага-инилери) - тайаке менен жээндин өзгөчө жакындыгын көрсөткөн үй-бүлөлүк жана коомдук салт. Мындай коомдук мамилелердин айрым формалары Саян-Алтайдын түрк тилдүү элдеринде (хакастар, тувалар ж.б.) сакталып келет. Кыргыздарда да тайдын жээнге энчи бөлүп берүү салты, «эр тайын тартат» деген лакап сөз бекеринен айтылып калган эмес.

**Авункулолокалдуулук** - баш кошкон жубайлар күйөө баланын таякесинде жашайт. Бул авункулат салтына мүнөздүү туруктуу же убактылуу болушу мүмкүн.

**Ага** — үй-бүлөдөгү бир туугандардын же уруктагы эркектердин улуусу. Бул сөз жашы улуу башка кишилерге урматтоо иретинде да айтылат. Энесай

кыргыздарында «ага» термини уруктун (сөөктүн) жетекчисин, диний түшүнүктөр жактан алганда эвфемизмди (мисалы, аюу), тотемди, фетишти туюнткан. Кыргыздардагы «тага» - «тай + ага» термини буга мисал боло алат.

**Агаргак** — ултарылган койдун терисинен тигилген ак тон. Айрым учурларда жибек кездемесинен тигилген чепкенге карата да айтылары маалым.

**Агыл** — мал кармалуучу жай. Агылда көпчүлүк учурда кара мал, жылкы кармалат. Бул термин көбүнчө түштүк диалектилеринде колдонулат.

**Адат укугу** - кыргыз коомунда 20-к. биринчи чейрегине чейин адат нормаларынын жана жүрүш-туруш эрежелеринин жыйындысы. Орус тилдүү булактарда кыргыз коомундагы адат укугу «обычное право» деп жазылат. Адат укугунун нормаларын кыргыз урууларынын бийлери көзөмөлдөп, аткарып турушкан. Исламдын таасири астында адат укугун, коомдогу, адамдар ортосундагы талаш- тартыш ж.б. маселелерди казылар алып барышкан. Уруунун, уруктун башчылары же бийлер адат укугун бузган мүчөлөрүн ар түрдүү мүлк жана кылмыш жазасына тарта баштаган. Адат укугу жана анын башаты байыркы замандарга, алгачкы жамааттык (общиналык) коомго барып такалат. Коомдун өнүгүшү менен бирге бир катар ички жана тышкы таасирлерден улам бул укук нормалары эволюциялык өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Мисалы, монголдордо Чыңгыз хандын тушундагы «Ясы» мыйзамдар жыйнагы көчмөндөрдүн адат укугунан иргелип алынып, мамлекеттеги укук иштерине киргизилген. Энесай кыргыздарынын адат укуктары жана анын эволюциялык өнүгүүсү, коомдогу ээлеген ролу, орус букаралыгына каратылгандан кийинки абалы профессор В.Я.Бутанаевдин «Степные законы Хонгорая (кыргызов Енисея, 2004)» аттуу эмгегинде кенен чагылдырылган.

**Адигине (Адыгине)** - кыргыздын оң канатына кирген уруулук топтун аталышы. Бул топко баргы, бөрү, жору, кара багыш, сарттар уруулары кирет. Этнонимдин баштапкы мааниси «адыг(к) + эне» маанисин туюнтат. Байыркы кыргыз (түрк) тилинде «адыг (к)», «азык» сөздөрү «аюу» деген тотемисттик маанини түшүндүргөн. Тувалардын тилинде аюу - «адыг», хакас тилинин диалектилеринде «азыг», «адыг» деп айтылат. Демек, ободу этноним «аюу эңе» маанисин туюнткан. Этнограф С.М.Абрамзон уруулук топтун аталышын «адыг» + «ини» - «аюунун иниси» - деген мааниде чечмелеген. Сибирдин түрк, тунгус-манжур тилдүү ж.б. элдеринде аюуга тотемдик жаныбар катары сыйынуу, ага арналган жамааттык (коллективдүү) диний ритуал каада-салтын өткөрүү эзелтеден сакталып келет. Бул уруулук топтогу этнонимдер (бөрү, жору, кара багыш, сарттар) да кыргыздардын шаман динине чейинки тотемдик көз караштарын, диний ишенимдерин чагылдырат. Кыргыздардын тотемисттик көз караштары Энесай жазуу эстелик- теринде, араб графикалуу булактарда, кытай жыл баяндарында эскерилет. Уруулук топтун өкүлдөрү Алай, Ноокат, Каракулжа, Карасуу, Араван, Өзгөн, Чүйдө, Нарын, Ысыккөл аймактарында, Өзбекстандын Ханабад, Коргонтөбө ж.б. райондорунда, КЭРдин Шинжаң аймактарын эзелтеден байырлап келишери маалым.

**Адопция** (лат. adoptio - «багып алуу») - жеке кишини жана адамдардын тобун үй-бүлөнүн, уруктун, уруунун курамына кабыл алуу. Алгачкы коомдун эрте мезгил доорунда пайда болуп чарбалык-экономикалык жана диний зарылчылыктардан, айрым учурларда баласыз үй-бүлөдө уруктагы мураскерликти улантуучу катары асырап багып алуу кабыл алынган. Алгачкы коомдун ыдырап, бузула баштаган мезгилинде уруу башчыларынын ортосунда өз ара ынтымак келишимин түзүүдө да колдонулган. Адамзат коомунун өнүгүшүнүн «аскердик демократия» деп аталган доорунда жеке жана жамааттык адопция күч алган. Аскердик кагылышууларда жеңген тарап майда жана башка уруктарды (урууларды) өз кура- мына сиңирген. Бул процессти түрк-монгол элдери, анын

ичинен кыргыздардын уруулук курамдарынан байкоого болот. Мисалы, генеалогиялык маалыматтар боюнча сары багыш уруусунун кура- мындагы кутчу(кушчу), моңолдор (кернейчи), мундуз, көбөн, токо, бокбасар, бүркүт ж.б. уруктар сырттан келип кирген этнокомпоненттер болушат. Ошону менен бирге, калмак, калмакы, могол, монгол, казак, уйгур, манжы ж.б. кыргыздарга жуурулушкан этностук компоненттер экендиги маалым. Адопция салты боюнча кыргыз санжырасында кенен маалыматтар бар.

**Ажал** - денедеги зат алмашуунун түбөлүк токтошу, тышкы чөйрө менен организмдин ортосундагы байланыштын үзүлүп, организмдеги тиричиликтин токтолгон кези.

**Ажы** - мусулмандар сыйынган ислам динине байланыштуу келип чыккан наам. Сауди Аравиясындагы мусулмандар үчүн ыйык эсептелген Меккеге барып, Кудайга сыйынып, зыярат кылып кай- ткан же Мекке жолунда каза тапкан мусулмандардын ардактуу наамы жана ушундай наамы бар адамга карата айтылат.

**Ажырашуу** — никени бузуп, башын бошотуу. Кыргыз коомунда өткөн доорлордо ажырашууга эркек гана демилгечи боло алган. Аялдар ага укуксуз болгон, айрым учурларда гана аялдар демилгеси менен ажырашуу ишке ашкан. Ага калыңды кайтарып берүүнүн милдеттүүлүгү да тоскоолдук кылган. Ажырашууну адат боюнча бийлер соту ишке ашырган. Тарыхый маалыматтар боюнча эки куда учтары- нан кармап турган чырпыкты кыя чабуу ажырашууну «каттаган» акты болгон. Кыргыз коомунда ислам дини үстөмдүк кылып, үй-бүлө мамилелери шариат боюнча жөнгө салына баштагандан тартып, ажырашуу эркектин «талак» айтуусу менен ишке ашырыла баштайт. Аял менен толук ажырашуу үчүн үч жолу «талак» айтуу жетиштүү болгон. Кайрадан баш кошуу аялды кемсинткен абалда ишке ашырылган. Ал үчүн күйөөсү башка аялга үйлөнүп кайра ажырашуусу же аялга башка күйөөгө чыгып кайра ажырашуусу зарыл болгон.

**Ажыраш аяк** - башка жакка көчөрдө, узак сапарга чыгууда коңшуларын, жоро-жолдошторун үйгө чакырып, тамак берүү жөрөлгөсү. Ажыраш аяк - кыргыздын эзелки нускалуу элдик салттарынын бири катары бүгүнкү күнү жашап келет.

Аза кийими -жакыны өлгөн аялдардын аза күтүү мезгилинде кийип жүрө турган кийими. Аза кийими сөөктү коюп келгенден кийин кийилген. Түндүк кыргыздарда жесир аял кара көйнөк кийип, кара кемселди желбегей жамынып алат. Башына токол эле- чек кийип, анын ээк алмайы түшүрүлгөн абалда болот. Күйөөсү карыган жашка жетип каза болсо жесири элечектин үстүнөн ак жоолук салынып, ак кыргак менен байлап коёт, ал эми орто жаштагы куракта каза болсо, анда элечектин үстүнөн кара жоолук салынат, кара кыргак менен байлап коюшат. Өлгөн кишинин эр- кек балдары, инилери сөөк коюлганга чейин баштарын кызыл жоолук менен таңып турушкан. Түштүк кыргыздардын айрым топторунда аза кийими түндүк тараптын кыргыздары менен окшош. Айырмасы, кара жоолукту көк же жашыл жоолук менен алмаштырат. Басыз, кутчу, мундуз урууларында жоолук менен чекесин байлап, төбөсүн ачык калтырган. Маркумдун туугандары да аза кийимин кийишет. Көк көйнөктү кыркына чейин кийишет. Ичкилик тобундагы кыргыздардын аза кийиминде көк түс үстөмдүк кылат. Маркумдун өтө жакын туугандары, ага-инилери, балдары көк көйнөк киет. Жесир аял кооздук буюмдарын тагынбайт. Аза кийимин жесир аялдын төркүнү алып келип кийгизген. Аза күтүү мезгили бүткөндө актыгын да (ак кийити) төркүнү алып келген. Бул балким эндогамдык никенин калдыгы болушу мүмкүн. Эгер жесир аялды өз колдорунан чыгаргысы келбесе, күйөөсүнүн өз туугандары аза кийимин атап кийгизиши мүмкүн болгон. Аза кийими жылдык ашынан кийин (түштүк

кыргыздардын айрым топ- торунда исламдагы 3 айттыктан кийин) чечилет. Ал кийит мурда колунда жок аялдарга берилген же өрттөлгөн.

**Аза (аза күтүү)** - жакыны өлсө, туугандарынын аны жоктоп, белгилүү убакытка чейин кайгыруу жөрөлгөсү. Эгер күйөөсү көз жумса, жесири үч маал кошок кошуп, жылына чейин кара кийинип жүрөт. Аза күтүү дүйнөдөгү дээрлик бардык элдердин салтын- да бар. Маркумду жоктоп үчүлүгү, кырк ашына чейин жуманын бейшемби күнү сайын эскерилип, анын рухуна, арбагына арналып куран түшүрүлүп турат. Кырк ашы өткөндөн соң, маркумдун көз жумганына бир жыл толгондо жыл ашы өткөрүлөт. Жалалабат облусунда, өзгөчө Көкарт аймагында маркумду көзү өткөндөн соң жыл ашын белгилешет. Мүмкүнчүлүгүнө жараша маркумдун бал- дары, бир туугандары 5, 10, 20, 30, 40 жыл өткөндөн соң алыскы, жакынкы тууган-уруктарды ашка чакырып, катмы окулуп, маркумдун, көзү өткөн жакын туугандарынын арбагына куран түшүрүлөт. Маркумдун урматына улак тартыш, эңиш, байге ж.б. улуттук оюндун түрлөрү уюштурулат. Меймандар конок үйлөрүнө бөлүнүп, сый-урмат көрсөтүлөт. 20-к. баш чендерине чейин, эгерде белгилүү киши көз жумса аза күтүүнүн расмиси катары жыл маалына чейин боз үйдүн түндүгүнөн туу чыгарып коюшкан. Туунун түсү өлгөн адамдын жашына карата ак, кызыл же кара болот. Исламга чейин, эрте орто кылым доорлорундагы кыргыздар маркумдун сөөгүн боз үйдү тогуз жолу тегеретип, андан соң сый-урмат менен сөөгүн өрттөшкөн. Бир жыл өткөндөн соң, анын өрттөлгөн сөөгүн сый-урмат менен жерге жашырышкан. Ушуну менен аза күтүү аяктап, элге тамак берилип, салтанаттар (байге, эңиш, ас- кер оюндары ж.б.) уюштурулган.

**Аздар - байыркы кыргыз урууcу**. Аздар - 6-9-кк. бүгүнкү Туванын батыш аймактарын мекендешкен. Географиялык өңүттөн караганда, бул аймак 9-к. чейинки Кыргыз мамлекетинин ээлеген жерлери менен чектешкен. Даректүү тарыхый булактар байыркы аздардын кыргыздарга кошуна жашагандыктарын баяндайт. Кыргыздардын жана аздардын этностук алакалары ушул тарыхый мезгилдерден (7-к.) башталган; бир эле учурда аздар байыркы кыргыздардын урууcу болуусу толук ыктымал. Аздарды б.з. 706-ж. Могилян каган жеңилүүгө учуратса, Күлтегин 716-ж. биротоло баш ийдирип алгандыгы маалым. Ушул окуялардан соң, көз карандысыздыгын жоготкон аздар батышты көздөй журт которушуп, түрктөрдүн курамына кирипти. Изилдөөчүлөр 7-к. Жетисуудагы түрктөрдүн курамындагы «азийлер» менен байыркы «аз» элин этностук жакындыкта карашат, айрым маалыматтарга таянып, аздар алгач, 7-к чейин теле конфедерациясынын курамына кирген деген пикирин айтышат. Кыргыз археологдору Кочкор өрөөнүнөн табылган рун сымал жазуу эстеликтеринен «аз эли», «азык» этнос- тук аталыштары бар экендигин белгилеп жатышат. Ал эми кытай жыл баяндарында азыктар (ассиги) кушчу (гэшу) урууcу менен бирге, 6-7-кк. Батыш Түрк каганатынын Нушиби аймагына киргендиги эскерилет. 10-к. анонимдүү фарси тилиндеги жазма булак «Худуд ал-Аламдын»(«Ааламдын чектери») маалыматтары, 11-к. фарси географы Гардизи аздарды огуз-түркмөндөрдүн бир бөлүгү катары баяндашат. Албетте, бул маалыматтар аздардын батышты көздөй журт которгонунан кийин жазылганы ырас. Кийинчерээк, «аз» этнокомпоненти кыргыздардын курамына «азык», алтайлык- тарга (телеут-алтайлар) «төрт ас» формаларында кирипти. Буга аталган «төрт ас» этноними менен кыргыздардагы «төрт тамгалуу азык» урууcу далил боло алат. Болжолу, алтайлыктардын кура- мындагы «төрт ас» этнокомпоненти бул элдин курамына орто кылымдардагы кыргыздар аркылуу келип кирген. Азы + к; -к мүчөсү чыгыш теги боюнча байыркы гана болбостон, көптүк санды билдирип, түрдүү этнонимдердин жасалышына катышат. Бай- ыркы түрк тилдеринде көптүк маанини билдирүүчү бул мүчө продуктивдүү колдонулган. Арийне, азык этнониминин эң байыркы формасы катары тотемдик «Azıq» сөзүн (мааниси

боюнча «аюу») алууга да мүмкүн. Мындай болгондо, этноним Борбордук Азиянын аймактарында жашаган уруулардын аң-сезимине кеңири тараган тотем-жаныбарга (аюу) сыйынуунун негизинде келип чыгуусу толук мүмкүн. 11-к. «азык» сөзү огуз, кыпчак, ягма тилде- ринде «аюу» дегенди түшүндүргөнү ырас. Байыркы түрк (орхон, кыргыз, уйгур) тилдеринде көпчүлүк учурда сөздүн ортосунда, аягында -с\-з (азак), -д\-т (адак) тыбыштары колдонулгандыгы маалым. Назарыбыздагы фактылар этнонимдин байыркылыгын, ал эми азык уруусу кыргыздардын курамындагы эзелки этнокомпонент экендигин ырастайт.

**Азезил** - (ар. зазезил - алдамчы, азыткы) - периштенин адегендеги аты. Азезил тууралуу түшүнүк кыргыздарда байыркы доорлордо эле пайда болгон. Диний түшүнүктөр боюнча Азезил - адамды азгырып, тескери жолго салуучу күч. Азезил Адам ата менен Обо энени азгырып бейиштен чыгарган жана кийин Кудайдын буйругуна каршы чыгып, анын каргышынан шайтан болуп кеткендиги ыйык ж.б. китептерде айтылат.

**Азербайжандар** - түрк тилдүү калк. Түрк тилдеринин генеалогиялык жиктешүүсүндө батыш хунну тобунун огуз-селжук бутагына кирет. Азербайжан республикасынын түпкү калкы. Азербайжандардын жалпы саны 20 млн.дон ашуун. Алар өлкөдөн сырткары Иранда (10 млн. ашуун), Грузияда, Россияда (Дагестанда ж.б.), Түркияда, Афганистанда, Түркмөнстан, Казакстан, Кыргызстан ж.б. жерлерде да жашашат. Мындан сырткары, азербайжандардан субэтникалык топторду: айрум, афшар, баят, карадаг, карапапах, падар, шахсевен ж.б. бөлүп кароого болот. Азербайжан тили өлкөнүн аймагында 5 диалектиге бөлүнөт: Чыгыш диалектилер тобу: куба, дербент, бакы, шемаха, салиян, ленкоран; батыш диалектилер тобу: казах, баргалли, айрум; түндүк диалектилер тобу: нуха, закатал, куткаш; түштүк диалектилер тобу: ереван, нахичеван, ордубад; борбор (орто) диалектилер тобу: гянжа, карабах. Адабий тили 13-к. калыптанган. Улуттук тилдин нормалары ше- маха-бакы диалектинин негизинде түзүлгөн. Ирандык азербайжандар кашкай, кызылбаш, тэрэкеме диалектилеринде сүйлөшөт. 20-к. чейин орус адабияттарында «кавказ түрктөрү», «кавказ татарлары» деген сырттан берилген ат аркылуу (экзоэтноним) да белгилүү болушкан. Азербайжанда 13-к. чейин огуз жана кыпчак урууларынын элдик-оозеки тили колдонулган. Бул элдин калып- танышында да аталган уруулук бирикмелер негизги пайдубалды түзүшкөн. Мындан сырткары, этностук процесске жергиликтүү кавказ этнокомпоненттери да катышкан. Сак, хунну, булгар, печенег элементтеринин катышуу даражасы да илимий далилденген. Азербайжандын этностук жалпылыгынын калыптануусунда 10-13-кк. огуз-селжук урууларынын көчүп келүүсү жана отурук- ташуусу башкы орунга ээ. Огуз-селжуктардын түштүк канаты 10-11-кк. Орто Азиядан, Сырдарыянын бойлорунан батышка журт которушкан. Азербайжан тилинде байыркы огуз, кыпчак тилдеринин элементтери басымдуу сакталып калгандыгы байкалат. Бүгүнкү Азербайжандын топонимиясында байыркы булгар, печенек, огуз-селжук, кыпчак жер-суу аталыштары арбын кездешет. Алардын дээрлигинин Кыргызстандын жер-суу аталыштарында параллелдери кездешет.

***Ад.:*** *Баскаков НА. Введение в изучение тюркских языков. М. 1962; Народы мира: историко-этнографический справочник. -М., 1988; Языки мира: тюркские языки. Б„ 1997.*

**Азирейил** - ислам дининдеги негизги төрт периштенин бири. Азирейил Жараткандын амири менен адамдардын жанын алат деп айтылат. Мусулмандардын Азирейил жөнүндөгү түшүнүгү байыркы замандагы бутпарастардын, семит (араб) урууларынын исламга чейинки диний ишенимдеринде кеңири таралган каардуу, коркунучтуу духтар жөнүндө монотеисттик диндеги көрүнүш. Азирейил жөнүндөгү алгачкы түшүнүктөр иудей

жана христиан диндеринин жана ага тиешелүү үрп-адаттарынын таасири астында пайда болгон. 4 негизги periште Жебирейил, Азирейил, Микаил, Исрафил наамы менен исламга өткөн. Булар Алла Тааланын негизи периштелери деп аталат. Аларга түрдүү милдеттер тапшырылган. Азирейил - жан алгыч милдетин аткарат.

**Азирет —** (ар. ыйык) пайгамбарларга, халифтерге, ыйык катары таанылгандарга берилген наам. Мисалы, Азирети Али ж.б.

**Азирети Али** (ар. Аали бин Абуталиб) - Мухаммед пайгамбардын чоң атасы менен бир тууганынын баласы. Мухаммед пайгамбардын күйөө баласы. Азирети Али пайгамбардын Фатима аттуу кызына үйлөнгөн. Төртүнчү «шайланма халифа» болгон. Азирети Али халифалык кылып турган кезде мамлекетте мусулмандар ара- сында ич ара ырктары кетти. Аны колдогондор «шия» (тарапкер, партия, топ маанисинде) деп атала баштакшан. Алар халифалык Мухаммед пайгамбардын жакындары же Азирети Али жана андан тарагандарга таандык болуш керек деген талаптар менен чыгышкан. Йезид тарабынан өлтүрүлгөн Хусейинди имам көтөрүп чыгышкан.

**Азык** - оң канаттагы уруулардын бири. Этнонимдин Борбордук Азиядагы (Саян-Алтай ж.б.) байыркы рун сымал жазууларда чагылдырылган «аз» (аздар) этностук аталышы менен байланышы бар. Аздар байыркы түрк (кыргыз) доорунда (6-9-кк.) азыркы Туванын батыш аймактарын мекендешкендигин тарыхый булактар тастыктап келери маалым. Географиялык өңүттөн карганда, бул аймак 9-к. чейинки Кыргыз мамлекетинин жерлеринин курамына кирген. Даректүү тарыхый булактар байыркы аздардын кыргыздарга кошуна жашагандыктарын баяндайт. Кыргыздардын жана аздардын ортосундагы этностук түз алакалар дал ушул тарыхый мезгилдерден (7-к.) башталышы ыктымал. Ошону менен бирге, бир эле учурда аздар байыркы кыргыздардын негизги бир уруусу болуусу мүмкүн. Аздарды б. з. 706-жылы Могилян каган жеңилүүгө учуратса, Күлтегин 716-жылы биротоло баш ийдирип алган. Ушул окуялардан соң, көз карандысыздыгынан айрылган аздар батышты көздөй журт которушуп, түрктөрдүн курамына киришти. Академик В.В.Бар- тольд 7-к. Жетисуудагы түрктөрдүн курамындагы «азийлер» менен байыркы «аз» элин этностук жалпылыкта карайт. Башка изилдөөчүлөр бир катар маалыматтарга таянышып, аздар алгач, 7- к. чейин теле конфедерациясынын курамына кирген деген пикирин айтышат. Ал эми кытай жыл баяндарында азыктар (ассиги) кушчу (гэшу) уруусу менен бирге, 6-7-кк. Батыш Түрк каганатынын Нушиби аймагына киргендиги эскерилет. Бул уруунун өкүлдөрү Чүйдүн Аламүдүн, Сокулук, Жайыл, Ысыката, Нарындын Кочкор, Нарын, Атбашы ж.б. райондорунун аймактарын байырлап келишет. Негизги уруктары: бычман, козугуна, байкүчүк, бөрү, төбөй, бакы, үсөн, топон, карабагыш, кожомкул, итаяк, жанболот, торуайгыр, кызылкурт, казиет, мамай, бажик, жылжыбаш ж.б.

**Айбалта** - темир доорунан бери көпчүлүк элдер согуш учурун- да, абалында урунуп келген курч миздүү жарты ай сымал кол салуучу согуштук курал. Айбалта курч темирден ар кандай көлөмдө жасалып, жыгач сабы зарыл болгон ыңгайлуу узундукта жасалган. Айбалта илгерки жоокерчилик заманда кыргыздардын согуштук негизги куралдарынан болгон.

**Айбанаттар стили** - байыркы доорлордогу адамдарга таандык искусстводо кеңири таралган стилдин шарттуу аталышы. Ал өзгөчө скиф-сармат доорлорунда кеңири тараган искусство болгон. Анын айрым элементтерин энесай кыргыздарынын доорундагы эстелик- терден да кездештирүүгө болот. Айырмалуу белгиси айбанаттардын кээ бир дене мүчөлөрүнүн, аны менен бир нече айбандын татаал композициясын сүрөт менен элестүү көрсөтүүдө болгон. Айбанат- тар стили жапайы айбандардын турпатын өзгөчө ыкмалардын жардамы

менен мүнөздөп чагылдырган. Бул стилдер скифтер доорундагы искусстводо айрыкча басымдуулук кылат. Айбанаттын стили айбандардын түстөрүн толук көрсөтүүнүн ордуна, алардын татаалдашкан символун элестетүү менен да чектелген. Кээде бир жаны- бардын көрүнүшүнөн экинчи бир жаныбардын элеси пайда болуп көрсөтүлгөндүгүн да байкоого болот. Бул стилдин кээ бир үлгүлөрү Кетментөбө өрөөнүнөн табылган.

**Айван** - тамдын алдына улана курулган, түркүктөрү аркылуу тамга тирелген, ачык жай. Жайдын аптабында эс алууга ыңгайлуу. Айван айрым учурларда айланасы бак менен курчалган жерге өз алдынча да курулат. Бул турак-жай курулуш маданияты отурукташкан башка элдерге да мүнөздүү көрүнүш.

**Айдаркулов Кадыркул** (1946-ж. туулган). Тарыхчы-этнограф жана дастан изилдөөчү. КМУнун тарых бөлүмүн аяктаган. Тарых илимдеринин кандидаты (1992), доцент (1994). Эмгек жолун Кыргыз ИАсынын Тарых институтунда илимий кызматкер катары баштаган. «Семетей» эпосунун араб арибиндеги нускасын иликтеп, ага айрым текстологиялык иликтөөлөр жүргүзгөн. Ордо, тогуз коргоол сыяктуу кыргыздын улуттук оюндарынын келип чыгышын, алардын ойнолуу тартибин, ыкмаларын, оюн жүрүү процессиндеги жоокердик турмуштун айрым көрүнүштөрү сыпатталган. «Манас» үчилтигинин башка маселелери боюнча да бир катар эмгектери илим чөйрөсүнө маалым. Учурда Жалалабат мамлекеттик университетинде эмгектенүүдө.

**Айдоо дыйканчылыгы** - үй жаныбарларынын (өгүз, бука, уй, жылкы) күчүн пайдаланылып буурсун, соко ж.б. жардамы менен жер иштетүү дыйканчылыгы. Айдоо дыйканчылыгы кол дыйканчылыгына салыштырганда бир кыйла жогору тепкичте өнүккөн маданият болуп саналат. Ал ири дарыялардын - Нил, Тигр жана Евфрат, Инд, кийинчерээк Амударыя, Сырдарыя, Янцзы, Хуанхэ дарыялары агып өткөн өрөөндөрдөгү жумшак, түшүмдүү жерлерде алгач пайда болгон. Айдоо куралдарынын өркүндөтүлүшү менен катуу, түшүмдү аз берүүчү жерлерди да айдоого мүмкүн болуп калды. Жергиликтүү климатка, топуракка көнүгүшү эмгек куралдардын, кайрак жана сугат-айдоо дыйканчылыгынын көптөгөн формаларын, ыкмаларын жаратты. Тарыхый жактан алганда кол дыйканчылыгы менен мал чарбачылыгынын синтези болгон. Отурукташкан айдоо дыйканчылыгына негизделген чарбалык-маданий типтер Евразиянын, Түндүк Африканын, Американын жылуу, мелүүн, айрым учурларда ысык алкактарында кеңири таралган. Айдоо куралдары байыркы дыйканчылыктын борборлорунун биринде жаралганбы же ар бир эл өз алдынча тапканбы деген маселе илимде так айкындала элек. Археологиялык, иконогрфиялык, айрым учурда жазма булактарда үй жаныбарларын жер айдоого пайдалануу баарынан мурда Месопотамия менен Нил өрөөнүндө (б.з.ч. 4-миң жылдыктын аягы - 3-миң жылдыктын башы) пайдалана баштагандыгын күбөлөйт. Даниялык археолог А.Стенсбергдин пикири боюнча Месопотамияда буурсунга чейин таш миздүү керки- күрөк колдонулган. Жөөк салуу үчүн аны эки киши аркан менен тарткан. Айдоо куралынын ушундай жол менен өнүгүшү жөнүндөгү ойду 19-к. аягында эле белгилүү этнограф Э.Тайлор айткан болучу, 1930-ж. Евразия элдеринин кеңири этнографиялык материалдарын жалпылап изилдеген немец этнографы П.Лезер да ушундай тыянакка келген. Айдоо куралынын эң байыркы тиби эки саптуу ийри жөөк салгыч рало (керки) болгон. Ал Урук шаар-мамлекетиндеги протошумер жазуу-белгилеринин (б.з.ч. 4-миң ж. аягы) чиймелеринен белгилүү. Кийинчерээк жөнөкөй типтерден татаалыраак типтерге карай өнүккөн. Буурсундун эволюциялык өнүгүшү көп факторлор менен шартталган. Алардын арасында дыйкандардын рационалдуу тажрыйбасын үйрөнүп, андан ары уланткан этномаданий салттарды белгилеп кетүү зарыл.

Б.з.ч. 4-3-миң жылдыктарда Байыркы Чыгышта алгачкы коом- дук түзүлүштө жаралган өнүккөн сугат системасы бар отурукташ- кан айдоо дыйканчылык чарбалык-маданий тиби байыркы мамлекеттердин калыптануусунда чоң ролун ойногон. Б.з.ч. II миң жылдыктын башына тиешелүү «Чот менен буурсундун ортосундагы талаш» деген шумер адабият эстелигинде падышанын буурсундун туткасын кармап турушу, ал эми чот «тамтыгы кеткен кийимчен кишиге» кызмат кылышы бекеринен эмес. Бул мезгилде буурсун байыркы чыгыш мамлекеттериндеги айыл чарбада жаңы гана пайдаланыла баштаган. Ал акырындык менен батыштан чыгышка карай Алдыңкы жана Орто Азия аркылуу Түндүк Индияга, андан ары Түндүк Кытайга чейин таралган. Түндүк Кытайда Хуанхэ бассейнинде б.з.ч. I миң. ж. тартып гана белгилүү. Америкада, Тропикалык Африкада, Австралия континенттеринде европалык колония саясатына чейин айдоо дыйканчылыгын билишкен эмес. Европада буурсун пайдаланган дыйканчылык бир нече этапты басып өтүп (токой зонасында кыюу системасы, талаа, токойлуу талаа зонасындагы которуштуруп айдоо системасы (1), эки талаалуу (2), үч талаалуу (3) коомдун базасы болгон. Дыйканчылыктын тарыхый таралуу процессинде анын эмгек куралдарынын ар түрдүү типтери калыптанган. Дыйканчылыктын системаларынын өзгөчөлүктөрү тышкы экологиялык факторлор (өсүмдүктөргө таасир берүүчү нымдуулук жана радиация, топурактагы азыктандыруучу элементтер ж.б.), ошондой эле дыйканчылыктын айрым структуралык элементери менен да (жер иштетүү, жер семирткичти пайдалануу, үрөн чарбасы ж.б.) байланыштуу болгон.

**Ай календары** - айдын фазаларынын өзгөрүшүнө негизденген мусулман (Хижра) календары. Караңыз: календарлар.

**Айран** - сүттөн уютулуп жасалган кыргыздын эзелтеден келе жаткан тамагы. Бышырган жылуу сүттү уютуш үчүн ага уютку (айран) салып, идиштин бетин жаап, жылуулап ороп, жарым күндөй (аба-ырайынын шартына, абанын даражасына ылайык 6-8 саат) коюшат. Айран байыртадан көчмөн мал чарбачылыгы менен кесиптенген элдердин негизги тамагы болгон. Бул тууралуу жазма маалыматтарда да чагылдырылат. Андан сүзмө, ал эми сүзмөдөн курут жасалат. Айран сорпого кошулса - ак серке жана ала дөң, сууга кошулса - чалап, талкан кошулса аш айран деп аталары маалым.

**Айры** - айыл чарба шайманы. Аны кыргыздар учундагы иймек темирлердин санына жараша беш илик, төрт илик, үч илик деп да аташары белгилүү. Айры чөп, саман жыйноодо, үй чарба- сындагы башка жумуштарды аткарууда колдонулган негизги шаймандардын бири. Илгери жыгач айры колдонулган, темирдин кеңири таралышынан соң, темир айры колдонулуп калган.

**Айтма күүлөр** - чыгарманын мазмунун айтып, маанисин чечмелеп берүү үчүн ыр, обон, куюлушкан жорго сөз, кыраат, ишаарат тууроо сыяктуу каражаттарды колдонуу менен аткарылган күүлөр. Кыргыз күүлөрүнүн басымдуу көпчүлүгү адегенде ушундай синкреттик формада жашаган. Адепки таржымал тексттен, обондуу- ырдан ажырап калгандар бара-бара кара күү катары калып- танган. Айтма күүлөрдө болсо ошол алгачкы форма сакталып калган. Комузда жана кыякта көп аткарылган. Айтма күүлөр программалуу болгон. Айтма күүлөрдүн ичине кыргыздагы жомоктук- дастан күүлөрдүн, тамсил күүлөрдүн жана куш добуш күүлөрдүн көбү кирет. Айтма күүлөр комузчулар менен кыякчылардын гана эмес, акындардын репертуарынын да кезиккен.

**Айтмамбетов Дүйшө** (1921-1984), кыргыз тарыхчысы, этнограф. Тарых илимдеринин доктору, профессор. Партиялык кызмат- тарда иштеген. Кыргыз Илимдер академиясында, Кыргыз Педагогика инстититунда эмгектенген. Анын илимий изилдөөлөрү төңкөрүшкө чейинки маданияттын өнүгүү проблемаларына, мектеп, билим берүү тарыхына арналган.

**Айтыш** - кыргыз элдик оозеки чыгармачылыктагы өзгөчө жанр. Айтыш ырчылар, чечендер, жамакчылар, айтуучулар (манасчылар, семетейчилер) арасында чыгармачылык кудуретин, чеберчилигин сыноо үчүн жүргүзүлөт. Айтыш өнөрү соңку мезгилдерде жандануу менен аймактык, республикалык, эл аралык деңгээлге көтөрүлүүдө. Буга кыргыз-казак акындарынын айтыштары мисал боло алат.

**Айыл**. 1. Көчмөн айыл. 2. Туруктуу, отурукташкан айыл. Монгол тилдүү элдерде да «айыл» деп аталат жана бир эле учурда «урук» маанисин туюнтат. Айылдагы түтүндүн саны ар кандай болгон. 19-к. чет элден келишкен саякатчылар, изилдөөчүлөр кыргыздар казактардан айырмаланып, дарыянын агымына карата (боюна) узун айылдар болуп жайгашышарын белгилешет. Бул капысынан кол салган жоого, аскер жыюуга абдан ыңгайлуу болгон. Казактар болсо, тегерек айыл болуп жайгашышкан. Отурукташ- кан айылдар бир нече ондогон түтүндөн бир нече миңге чейин жеткен учурлар кездешет. Биринчиси, көчмөн турмушка ылайыкташкан, жакын туугандардын же уруулаштардын биргеликте көчүп-конуп, өз алдынча айыл болуп жүрүшү. Айылдагы үйлөрдүн саны шартка, уруудагы (уруктагы) тууган-туушкандардын санына жараша ар кандай болгон. Совет доорунда күч менен коллективдеш- тирүү же ири, бириккен чарбалык система киргизилгенден соң, отурукташууга өткөрүлгөн кыргыздардын жаңы типтеги турак- жайлары да айыл, айрым учурларда кыштак деп аталып кала бер- ген. Түрк-монгол тилдүү элдердин дээрлигинде бул термин байыртадан сакталып, өз маанисин жоготпой келет.

**Айып** - 20-к. биринчи чейрегине чейинки кыргыздардагы адат укугу боюнча жазалоо түрү. Айып жазанын ар кандай түрлөрүнө карата колдонулган. Айыптын көлөмү бий же казы кабыл алган чечимге ылайык айыпкер тарабынан жабыркаган адамга же тарапка төлөнгөн.

**Ак** — 1). Сүт жана сүт азыктарынын кыргыздарда аталышы. Бул, балким, сакралдык мүнөзгө ээ. 2). Ыйык маанисин да туюнтат.

**Ак уул**. Генеалогиялык маалыматтар боюнча легендарлуу До- лон бийдин тун уулу, оң канат кыргыз урууларынын уламыштар- дагы түпкү бабасы. Ак уул жөнүндөгү алгачкы маалымат Сейф ад- Дин Аксикендинин «Мажму ат-Таварихинде» (16-к.) эскерилет. Ак уулдун төрөлүшү ж.б. окуялар жөнүндө бир нече санжыралык маалыматтардын варианттары кездешет. Бул маалыматтар боюнча Ак уулдан Адигине, Тагай деген уулдары жана Наалы эже аттуу кызы төрөлөт. Генеалогиялык маалыматтар боюнча Адигинеден Баргы, Бөрү, Жору, Карабагыш жана Сарттар уруулары, Тагайдан Солто, Сарыбагыш, Бугу ж.б., ал эми Наалы эжеден Моңолдор Мунгуш уруулары тараары баяндалат.

**Ак үйлүү** - байыркы жана орто доорлордогу кыргыздардын саясий-дипломатиялык термини. Тектүү жердин, уруунун, мамлекеттин адамын барымтага алуу. Урууну, элди баш ийдирип кармап туруу максатында, же болбосо эки мамлекеттин ортосундагы өз ара түзүлгөн келишимдин кепили катары тектүү адамдардын балдарын барымтага кармоо мүнөздүү көрүнүш болгон. Бул сая- сий-дипломатиялык ыкма Парфия, Иран, Рим, Сасаний мамлекеттеринде, Кытайдын Хан, Суй, Тан, Юан, Мин ж.б. династияларында ийкемдүү пайдаланылган. Көчмөндөрдө (кыргыздарда ж.б.) барымтага кармалгандар (же берилгендер) хан, падыша сарайындагы жакын жердеги ак боз үйлөрдө сыйлуу туткун деңгээлинде, көзөмөл алдында турушкан. Экинчи мааниси түркмөндөрдө жана каршилик көчмөн-өзбектерде уруунун ээлеген чегин кайтарган, үй- бүлө күтө элек боз уландардын тобун туюнткан. Бул маалымат- тарга кыргыздын мундуз уруусундагы «ак үйлүү мундуз» уруктар тобу мисал боло алат.

**Ак чөлмөк** - түн ортосунда кыргыз жаштары тарабынан ойнолуучу байыркы элдик оюн. Бул оюн жаштарда ийкемдүүлүктү, шамдагайлыкты, кыраакы, тапкычтык мүнөздөрдү калыптандырган.

**Ак чубак** - черик уруусундагы ири уруктар тобунун аталышы. Этнонимдин параллелдери жору, саруу урууларыннын курамдарында бар. Махмуд Кашгари өз «Сөздүгүндө» этнонимдин экинчи компоненти (Cibaq) «чибак» - ылаачын маанисин анык- таарын жазат. Азыркы кыргыз тилинде «чубак»: 1. Күндүн нуру. 2. Күндүн аптабы, ысыгы» дегенди түшүндүрөт. Жырткыч куштар, мифологиялык канаттуу аргымак, багыш ж.б. байыркы мезгилдерде Көк Теңир менен Жердин ортолугундагы байланыштыруучу звенолук милдетти аткарса (шамандын минген канаттуу аргымагы, кушу ж.б.), анда этнонимдин баштапкы маанисинде тотемдик негиз жатат.

**Ака, аке —** түштүк кыргыздарда «ага», «ава» аталыштарына синоним катары колдонулат. Бир тууган агаларына жана өзүнөн улуу эркек туугандарына кайрылууда колдонулат. Айрым райондордо келиндер кайнагаларына атын айтпастан «аке» деп кайрылышат. Бул туугандык термин тува, хакастарда да колдонулары белгилүү.

**Аккультурация** - (англисче - түзүлүүгө, өнүгүүгө карай маанисинде) толук эмес ассимиляция кубулушу, өнүгүү деңгээли боюнча айырмаланган түрдүү этностордун маданиятынын бири-бири- не таасир берүү процесси. Анын натыйжасында бир маданияттын элементтери башка маданиятка өтөт. Аккультурация өнүгүү деңгээли төмөн турган этностордун жогору турган маданиятты жарым-жартылай же толук кабыл алгандыгынан көрүнөт. Бул учур- да өнүгүү деңгээли төмөн турган маданият өз маданий моделин сактап калат, бирок бир эле мезгилде башка, адатта кеңири тараган жана бир кыйла өнүккөн маданияттын үлгүлөрүн өздөштүрөт. Өз маданиятын аздыр-көптүр сактап, ошол эле учурда башка кеңири тараган же жогору турган маданиятты толугураак өздөштүрөт. Мисалы, байыркы шумерлер өз тилин унутканы менен, чыгыш семит тилдеринде сүйлөгөн аккаддардын маданиятын толугу менен кабыл алышкан. Аккультурация процессинин натыйжасында бикультурализм (кош маданият) келип чыгат. Аккультурация ассимиляция сыяктуу эле тарыхый кырдаалга жараша, ал турсун мажбурлоо аркылуу ишке ашырылышы ыктымал. Бул мисалды бүгүнкү Өзбекстандагы режимди башкаруучу чөйрөлөрүнүн улут саясаты- нан даана көрүүгө болот. Ушуга байланыштуу аккультурация этностук топтун өнүгүшүндө оң же терс ролду ойнойт.

«Аккультурация» түшүнүгү алгач 19-к. аягында америкалык маданий антропологияда Түндүк Америкадагы индей урууларынын маданиятынын өзгөрүү процессин изилдөөгө байланыштуу колдонула баштаган. Ал мезгилде америкалык этнограф У.Хоумз бул терминди алгачкы болуп маданияттардын элементтеринин бири- бирине өтүүсүн жана окшошуусун белгилөө үчүн пайдаланган. Алгач ал тар мааниде колдонулган: териси ак түстүү америкалыктардын маданияты менен өз ара байланышуунун натыйжасында индей урууларынын арасындагы ассимиляция процесстерин белгилөө үчүн колдонгон. 1930-ж. бул термин ассимиляция жана этностук консолидация процесстеринин көп түрдүүлүгүн изилдөөдө америкалык маданий антропологияда бекем орун алды, ал эми аккультурация этнология илиминин негизги темаларынын бирине айланды. Бул М.Херсковицтин, М.Миддин, Р. Редфилддин, Р.Линтондун, Б.Малиновскийдин ж.б. англосаксондук маданияттын индейлерге жана афроамерикалыктарга тийгизген таасирин изилдөөлөрүнө, аккультурацияны изилдөөнүн типтик моделин иштеп чыгуусуна байланыштуу ишке ашты. Конкреттүү тарыхый шарттарга байланыштуу элдердин арасындагы маданий маалыматтарды алмашуу жана күндөлүк турмушка аны киргизүүнүн

формалары өтө ар түрдүү. Этнологияда аккультурациянын эки тибин айырмалашат: аргасыздык жана зордук-зомбулук. Ошого байланыштуу аккультурациянын этностук жалпылыктын турмушундагы оң же терс ролу аныкталат. Бүгүнкү күндө биздин планетанын бардык элдери расасына, тилине, кайсыл этнос экенине, социалдык-экономикалык өнүгүү деңгээлине карабай аккультурация процессине кабылууда.

**Акматалиев Амантур Сейталы уулу** (1934-2002-жж.). Кыргыздын белгилүү көркөм өнөр таануучусу. Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмери, Кыргыз Республикасынын Сүрөтчүлөр союзунун, журналисттер союзунун, Кыргыз Эл чеберлер союзунун мүчөсү. Нарын педагогикалык окуу жайын (1951-ж.), Нарын Мугалимдер институтун (1954-ж.), КМУнун филология факультетин (1966-ж.) бүтүргөн. Көп жылдар бою мугалимдик жана журналисттик кесипти аркалоо менен бирге, кыргыздардын кол өнөрчүлүгүн изилдеп, калк арасынан маалыматтарды жыйнап, эл арасында жайылтууга жигердүү эмгек сиңирген. Автор тарабынан жарык көргөн эмгектери: «Кыргыздын кол өнөрчүлөрү» (1975), «Элдик оймочулук» (1980), «Боз үй» (1982), «Жасалга өнөр чеберлери» (1983), «Көркөм көл өнөрчүлүк» (1984), «Баба салты - эне адеби» (1993) ж.б.

**Аксакалдар** - алгачкы общиналык коомдо (көпчүлүк учурда эрте таптык коомдо да) коллективдик жамааттын, уруктук, уруунун ичиндеги жашы боюнча башкаларга салыштырмалуу улуу мүчөлөрү, коллективдин бийлик жана башкаруу органы. Акса- калдардын (эреже катары, эркектер) орду алардын каада-салттарды сактап алып жүргөн кадыр-баркы менен аныкталат. Алгачкы жамааттык (общиналык) коомдун өсүп-өнүгүшү менен бирге, ак- сакалдар менен катар башка да бийлик жүргүзүүчүлөр, мисалы, жол башчылар (жол башчы деп көбүнчө бийликти мурастоочуларды түшүнүшөт) пайда боло баштайт. Аксакалдар менен жол башчылардын реалдуу бийлигинин салмагы өзгөрүп турган; бара- бара жол башчылардын бийлигинин таасири жогорулай баштайт, аксакалдар кеңеш берүүчүлөргө айланышат. Ага карабастан, алгачкы жамааттык (общиналык) коом урай баштаганда аксакалдар коллективдин жаш мүчөлөрүнөн айырмаланып салыштырмалуу көбүрөөк артыкчылыктарды алууга мүмкүндүк алышкан. Аксакалдар мындай артыкчылыктарды өз туугандарына бекемдеп берүүгө умтулушкан.

**Аксакалдар бийлиги** - алгачкы жамааттык (общиналык) коомдо уруктагы, урууларгы, уруу союздарынын башында турган жол башчылардын, көсөмдөрдүн бийлиги. Бул доордо коомдогу башкаруу бийлигин аксакалдар же алардын кеңеши башкарган. Бул этнология илиминде «геронтократия» деп аталат жана ал англиялык этнограф У.Риверс тарабынан киргизилген. Аксакалдар бийлиги кыргыз коомунда өзгөчө ролго ээ болушкан. Бул бийлик өзгөчө «аскердик демократия» деп аталган өткөөл доордо, мамлекеттүүлүктүн алгачкы белгиси болгон уруулук бирикмелер түзүлүп жаткан мезгилде (доордо) өзгөчө мааниге ээ боло баштаган. Ички, тышкы алакалар, коомдогу маанилүү маселелер аксакалдар бийлиги тарабынан чечилген. Кыргыз каганынан Кытайдын Тан династиясынын императорунун кабылдоосунда аксакал, журт башчысы, элтебер Шибокюй Ачжан болгондугун жазма булактар баяндайт. Кыргыз коомунун андан соңку өнүгүүсүндө да аксакалдардын ээлеген орду маанилүү бойдон кала берген.

**Аксакалдар кеңеши** - Кыргыз каганатында жана анын башкаруу иерархиясында өзгөчө функцияны аткарган. Бул кеңешке кыргыз коомуна жана мамлекеттин алдында өзгөчө аткарган кызматы бар коомдук-саясий, аскер ишмерлери, уруу жана уруулук бирикмелердин жетекчилери, кагандын кеңешчилери, жакын жардамчылары катыша алышкан. Аксакалдар кеңешинде каган тарабынан сунушталган маанилүү мамлекеттик маселелер, өлкөнүн ички жана тышкы

саясатындагы учурдагы урунттуу жана болочок маселелер талданып, мерчемделген. Чарбалык-экономикалык жалпы абал, өлкөдөгү калктын жашоо деңгээли талданган. Кеңеш патриархалдык-уруулук мамилелер терең калыптанып, өнүккөн коомдо өзгөчө абройго ээ болгондугу илимде маалым. Аксакалдар кеңеши Кыргыз мамлекетинин жана мамлекеттүүлүгүнүн өнүгүүсүнүн соңку доорлоруна чейин өз функциясын аткарып келди. Арийне, борборлошкон Кыргыз каганаттары түзүлүп, өнүгүп-өсүп жаткан доорлордо мамлекет башчылары болгон кагандар өлкөдөгү өтө маанилүү маселелерди жеке өздөрү да чече алышкан. Аксакалдар кеңеши - алгачкы общиналык (жамааттык) коомдо (көпчүлүк учурда мамлекетке чейинки коомдордо да) коллективдик-жамааттык, уруктук, уруунун ичиндеги жашы боюнча башкаларга салыштырмалуу улуу мүчөлөрү, ошол коллективдин бийлик жана башкаруу органы болгон. Аксакалдардын коомдогу ээлеген (эреже катары, эркектер) орду алардын каада-салттарды сактап алып жүргөн кадыр- баркы, аброю менен аныкталган. Алгачкы общиналык (жамааттык) коомдун өсүп-өнүгүшү менен бирге, аксакалдар менен катар башка да бийлик жүргүзүүчүлөр, мисалы жол башчылар (жол башчы деп көбүнчө мураска калчу башкаруу бийлигин түшүнүшөт) пайда боло баштайт. Аксакалдар менен жол башчылардын коомдогу (уруудагы, уруулук бирикмедеги) реалдуу бийлигинин салмагы өзгөрүп турган. Коомдун өнүгүүсү, жеке менчиктин жана мүлктүк дифференциянын пайда болуусу менен бирге жол башчылардын бийлиги жогорулай баштайт. Уруу башчылары болгон аксакалдар кеңеш берүүчүлөргө айланышат. Бирок бул жаатта да аларды жол башчынын жан-жөкөрлөрү артка сүрүп олтурушту. Ошого карабастан, алгачкы жамааттык коом ыдырап, бузулуп бара жатканда аксакалдар коллективдин жаш мүчөлөрүнө салыштырмалуу көбүрөөк артыкчылыктарды алууга мүмкүндүк алышкан. Аксакалдар мындай артыкчылыктарды өз туугандарына бекемдеп берүүгө умтулушкан. Ошону менен бирге, алар урук-уруулук, өзгөчө аристократиялык катмардын калыптанышында негизги булактардын бири болуп калышкан.

**Акселерация** — (лат. acceleratio - тездетүү) акыркы бир нече он жылдыктын аралыгында болуп жаткан балдар менен өспүрүмдөрдүн дене боюнун тездеп өнүгүү процесси. Бул түшүнүктү 1935- ж. немец врачы Э.Кох сунуштаган. Ал бул процессти акыркы мезгилдеги балдарга күндөн өтүүчү нурлануу таасиринин интенсивдешүүсү менен түшүндүргөн. Россиялык этнологдор аны планета калкынын аралашуусунун таасири астында тукум куучулуктун өзгөргөндүгүнөн көрүшөт. Андан башка акселерациянын башкы себебин балдардын тамактануусунун жакшырышы (эт белокторун, майларын пайдалануунун өсүшү, жогорку калориялуу концентрат- тардын пайда болушу) менен түшүндүргөн гипотеза да бар.

**Акыйнек, акый** - кыргыз оозеки поэзиясындагы айтыш жанрынын бир түрү. Кордоо, шакаба чегүү, мыскыл мүнөзүндөгү жаш кыздардын айтышы. Акыйнек айтышкан кыздар тууган-уругуна, айыл-конушуна карата эки жаат болуп бөлүнүп, маңдай-тескей туруп, бири экинчисинин кемчилигин алмак-салмак чукуп, шакаба айтышкан. Акыйнек музыкалык аспапсыз, көбүнчө обонго салынбай айтылган. Акыйнек жалаң эле кордоо, мазактоо мүнөзүндө болбостон, кээде сөзгө чечендикти, сөз тапкычтыкты сынашуу максатын да көздөп оюн-зоок, тамаша иретинде да айтылган. Акыйнек айтышуу учурда жанданып, айтыш өнөрүнүн бир жанры катары өнүгүүдө.

**Акылман** - акылга дыйкан, көптү билген, көптү көргөн, даанышман, кеменгер, адамдарга калыс адам. Эзелтеден эле кыргыз эли акылмандыкты, эл ичинен чыккан акылман адамдарды кастарлап, алардын накыл кептерин көңүлгө тутуп келген. Элдеги, жамааттагы абийир, адеп, жалпы эле ымандык нормалардын сак-

талышын акылман карыялар, аксакалдар көзөмөлдөп, багыттап турган. Ушуну менен катар журт башына кыйынчылык түшкөндө, кысталыш учурларда туура жол таба билген. Жаңжалдарды, чатактарды тыюуда ж.б. оорчулуктан чыгууда чоң ролду ойношкон. Акылмандар калыстык, адилеттик менен катар мамлекетти башкарууга да түздөн-түз катышышкан. Бийлик ээлери өтө маанилүү чечимдерди акылчысы менен кеңешкенден кийин гана кабыл алышкан.

**Акыр заман** (топон суу каптаган мезгил) - жер жүзүндө адам баласы тарабынан жасалган күнөө ченемсиз көбөйгөндө, адам Кудайды таанызбай калганда бул заман, цивилизация өз жашоосун токтотот. Бул ыйык китептердин көпчүлүгүндө айтылат. Топон суу каптап, нөшөрлөгөн жаан-чачындан адамзаттын жашоосу токтойт. Акыр заман жөнүндөгү түшүнүк кыргыздарда исламга чейин эле белгилүү болгон. Энесайлык кыргыздарда бүткүл дүйнөлүк топон суудан аман калган легендарлуу Бурус (Пүрүс) кайыкка өз оокаттарын салып аман калгандыгы баяндалат. Бүгүнкү хакастардын эсинде сакталып калган байыркы кыргыз уламышын Нух (Ной) пайгамбар жана анын кемеси менен салыштырууга болот.

**Ала бакан** - тамак-аш, идиш-аяктар, кийим-кече ж.б. үй оокаттары илине турган жыгачтан жасалган буюм. Ала бакан көп бутак-ачалары бар, четинден, арчадан, кайыңдан, талдан ж.б. да- рактардан жасалган. Ала бакан боз үйдүн ашканасына орнотулган. Ала баканга темир ж.б. илгичтерди бекитип, абдан кооздоп, күмүш, калай, жез сыяктуу металлдарды куюшкан. Ала бакан боз үйдүн эркектер тарабына да орнотулган. Эр жагында орнотулган ала баканга эркектердин кийим-кечелери, урунган куралдары, буюмдары, эпчи жагындагысына аялдардын сыйлуу кийим-кечеси, жасалгалары, ат жабдыктары ж.б. илинген. Ала бакан көчмөн шарттагы жашаган кыргыздарга абдан ыңгайлуу үй буюму болгон.

**Ала кийиз** - кыргыздын улуттук түр салынып жасалган кийизи. Ала кийиз ак жана кара койдун жүнүнөн жасалат. Кыз-келиндер тарабынан сабалат, андан соң майда тытылган жүн чийдин же шалчанын үстүнө текши төшөлөт да, калың, жука жерлери текшиленип, тажрыйбалуу байбичелер тарабынан түр салынат. Койдун ак жүнү керектөөгө ылайык түрдүү боёкторго салынып, түс алынат. Түр салынган үстүнкү бети ж.б жактары бузулбасын үчүн, улам четинен этияттык менен түрүлүп турат. Түр салынгандан кийин жүнгө суу себилип, чий, айрым учурларда шалча жүн менен кошо оролот да, анын эки башына кап же башка материал кийгизилет. Оролгон чий же шалча жип менен бекем таңылып, чырмалат. Андан соң кыз-келиндер билектери менен үстүнөн баса тоголотуп, андан соң аласалдырап тебе баштташат. Кийизди жасоо процесси болжол менен 2-3 саатка созулат. Жүнү кирген кийиз чийден же шалчадан этиеттик менен чыгарылып, шырылгандан кийин кийизди жасоо аяктады делинип эсептелет. Ала кийизди жасоо кыргыздын байыркы маданий-эстетикалык мурастарынын, прикладдык искусствонун үлгүсү болуп эсептелет.

**Ала тамак** - кыргыз кыз-келиндери көкүрөгүнө тагышкан улуттук кооздук, асем буюму. Ала тамак маржан мончоктордон кура- лып торчо түрүндө жасалган. Бермет, седеп ж.б. менен да коздолгон. Асты жагында жамбы же тыйын кадалган кыюсу болгон. Желке жактан байланып, көкүрөккө жая тагынышчу. Бул асем буюму кыргыз кыз-келиндерине өзгөчө сулуулук, эстетикалык табит тартуулап турган.

**Алабугаттар** - Россия Федерациясынын Калмык Республикасында жашаган түрк тилдүү этностук топ. Алабугат татарлары деген экинчи ат менен белгилүү болушкан бул этностук топ Каспий районунун Мангыт (Северное) айылын байырлашат. Изил-дөөчүлөрдүн пикирлеринде алабугаттар түрк-монгол тектүү элдерден, анын ичинен ногой, кыргыз, түркмөн, казак, казандык татарлар, калмактардын аралашуусунан соң келип чыккан этностук топ. Материалдык жана

руханий маданиятында жамаатташ жашаган калмактардын таасири байкалат. Этностук топтун курамында «кыргыз-бурут» аттуу уруу белгилүү. Изилдөөчүлөр кыргыз-буруттардын калмактардын Волга боюна 1758-ж. акыркы көчүүсүндө келишкендигин белгилешет. Утар-алабугаттардын ичинде кыргыз- буруттар эң сыйлуу, ак сөөк «кыргыз» уругун түзүшөрү маалым. Алабуга - энесайлык кыргыздарда тамакка жарамдуу балыктын аталышы катары белгилүү болгон. Бул этностук аталыш «балыкчылык менен кесиптенгендер» деген маанини да туюнтушу толук ыктымал.

**Алакчындар** — байыркы кыргыз уруусу. Алакчындар адегенде «Цзю-Таншуда» (Тан династиясынын жыл баяндары, 7-10-кк.) «Ге-ло-чжи», «э-ло-чжи», «бо-ма» (ала аттуулар уруусу) формаларында 638-жылы эскерилет. Ушул эле тарыхый жазма булакта алакчындар киргуттардын (кыргыздардын) курамына кирген уруу экендиги баяндалат.«Бо-ма»(Алакчын) уруусу «Цзю-Таншуда» «ту- цзюэден» (түрктөрдөн) түндүккө карай 14 000 ли аралыкта көчүп- конуп жүрүшөт, 30 000 аскер коюуга чамалары жетет, алар турган аймакта кар көп жаайт, жерди соколуу ат менен иштетишет. Алардын жылкылары ала түстө, ошондон улам алардын жергеси Алакчын (Бо-ма = кытай транскрипциясы, 7-10-кк.) деген ат менен белгилүү. Деңизге чукул байырлаган бул эл жылкы минишпейт, бирок анын сүтүн тамак-аш азыгы катары пайдаланышат. Цзе-гу (кыргыздар) менен согуш абалында болуп турушат... Болжолу, бул маалыматтардан кыргыздар өлкөсүнүн ээлигинин кура- мына кирген алакчындар уруусу айрым учурларда көз каранды эместикке ээ болуп турушкандыгын байкоого болот. Буга, албетте, Түштүк Сибирдин катаал жаратылыш шарттары, бул аймактардын ыраактыгы да себепкер болгон. 7-9-кк. Ангара дарыясы аркылуу жана кыргыздарга баш ийген чыгыштагы башка уруулар менен (кыштымдар) алакчындардын ортолугунда табигый чек ара өткөн. Абул Гази Бахадур хан (16-к.) төмөндөгүдөй маалыматты жазат: «...бул дарыянын (Ангара-Мурен) боюнда ири шаар жайгашкан, анын айланасында курчалган сандаган айыл-конуштарда көп сандуу уруулар жашашат. Алардын минген аттары абдан зор, түстөрү өңчөй ала келет. Алакчын деп аталган шаардан алыс эмес жерде күмүш кендери жайгашкан, ошондуктан алардын казан-табак, карапа идиштери бир өңчөй күмүштөн жасалат». Алакчындар жөнүндөгү кытай жана мусулман булактарынын маалыматтары негизинен дал келет. Кытай булактарында алакчындар (ала аттуулар уруусу) айрым учурларда кыргыздарга көз каранды абалда калып турушкан. 1233-жана 1254-жж. алакчындарга жөнөтүлгөн монгол элчилиги тууралуу маалыматтар бар. Изилдөөчүлөр байыркы кытай булактарындагы маалыматтарынын негизинде алакчындарды Байкал көлүнүн (кыт. «Бей-Хай») чыгыш тарабына жайгаштырышат. Демек, алакчындар түштүк-батыш тараптан кыргыздар, чыгыш тарабынан курыкандар менен чектешкен деген жыйынтыкка келсе болот. Кыргыздарга жамаатташ жашаган байыркы курыкандардын тукумдары болгон саха-якуттардын олонхосунда Аан Алахчын аттуу жердин мифологиялык кожоюну (ээси) жөнүндө уламыштар айтылары маалым. Изилдөөчүлөр бомаларды эки аймакка жайгаштырышат: бир бөлүгү (түндүк бомалар) бүгүнкү Саян-Алтайдан түндүгүрөөктө, калган бөлүгү «ди» бутагы деп аталып, Түндүк Кытайда (Ганьсу аймагы, КЭР) жашашкан. Байыркы «алакчын» (кыт.»Бо-ма») этнониминин түз параллели бүгүнкү күндө кыргыздарда гана сакталып келет. Этностук компонент кыргыздардын курамына 7-8-кк. кеч эмес кирген десе болот. Айрым изилдөөчүлөр алакчындарды бүгүнкү казактардын, каракалпактардын ичиндеги алчын, алшындар менен этногенетикалык жактан жакындыкта карашат. Арийне, бул пикир кошумча илимий негиздүү тактоолорго муктаж. Алак + чын; -чын «чин» джин; бурят- монгол тилдеринде бул мүчө жалганып жасалган сөздөр кесипти, айрым учурларда адамдардын жашаган аймагын түшүндүрөт. Мисалы, Баргуджин-Токум (Баргулар жашаган аймак), булгачин - «булгун кармоочулар», кермучин - «тыйын чычкан кармоочулар» ж.б. Кыргыздарда «Ак алакчын» деген термин бийлик иеархиясындагы мансапты да аныктаган.

***Ад.:*** *Абул Гази. Родословное древо тюрков (пер. и пред. Саблу- к!ова Г.С.). -Казань, 1906; Зуев Ю.А. Тамги лошадей у вассальных княжестпв//Новые материалы по древней и средневековой истории Казахстана. Труды, ИИАЭ АН Каз.ССР, Алма-Ата, 1960; Савинов Д.Г.Народы Южной Сибири в древнетюркскую эпоху. - Л., 1984.*

**Аламан байге** - узак аралыкка чабылуучу күлүктөрдүн мелдеши. Аламан байге кыргызда байыртадан чоң аш-тойлордо, жалпы элдик салтанаттарда уюштурулуп келе жатат. Бул мелдеште байгелүү орун ээлегендерге уюштурган тарап шартына карата белек- бечкек ыйгарат. Аламан байгедеги сооруңдар алдын-ала элге жарыяланат.

**Аластоо** - ооруган же бир жерин кокустатып, мертинтип алган адамды арчаны түтөтүп же адырашман менен эмдөө, отко сыйынуу- дан чыккан ырым-жырым. Арчаны же адырашманды түтөтүп баланы, анын бешигин, көрпө-төшөктү, үй ичин, сатууга ылайыкталган малды ж.б. аласташкан. «Алас» якуттарда өрттөп, дем салуучу, анчалык бийик өспөгөн мох сыяктуу өсүмдүктү түшүндүрөт. Эне-сайлык кыргыздардын урпактары болгон хакастарда «алас» жиндерди, ооруу-сыркоону айдай турган, атайын түтөтүп күйгүзүлчү чөптү туюнтат. Экинчи маанисинде «алас-алас» сөзү жиндерди айдап жатканда айтылчу ритуалдык термин. Ал эми кыргыздарда бул ритуалды колдонууда арча же адырашман колдонулат. Кыргыздарда бул терминдин синоними -«ысырык» сөзү колдонулат. Бул тер- мин да байыркы кыргыз сөзү. «Изрых» - бүгүнкү хакас тилинде оттун жардамы менен жин, ооруу-сыркоону айдап чыгуу маанисин туюнтат. Энесай кыргыздарында жаңы жыл келгенде (21-март) айылдын ортосуна арча жагып, аластоо өткөрүшкөн. Айылдагылар бүт чогулуп, дөбөлөргө от жагышып, кийимдерин отко силкишип, бири-бирине «алас-алас, эски жыл кетти, жаңы жыл келди, айдан аман, жылдан эсен бололу, алас-алас, ар балээден калас» деген жакшы тилек- каалоолорун айтышкан. Шаман дининин таасири астында келип чыккан бул расмий жаз майрамы (нооруз) учурунда да колдонулган. «Алас, алас, ар балээден калас....» ж.б.

**Алачык** - бир жерден экинчи бир жерге көчүп-конууда, чарбалык иштер, мергенчилик үчүн курулган убактылуу турак-жай. Анын кыргыздарда жапма алачык, буума алачык, сайма алачык деген түрлөрү бар. Жапма алачыкка үзүк, буума алачыкка кийиз, тери, сайма алачыкка түндүк калтырышып, үстүн кийиз, тери менен жабышкан. Алачык байыртадан белгилүү турак-жай. Энесай кыргыздарында «алачых» конус образдуу убактылуу турак-жай болуп, үстүн көпчүлүк учурда кайыңдын кабыгы менен жабышкан. Күндүн аптабынан, жамгырдан коргонуу максатында үстү чөп ж.б. жабылган убактылуу «алачыхтар» колдонулган.

**Албарсты** - диндик демонологиялык түшүнүктөгү жин-шайтандын аял келбетинде элестетилген образы. Бул диний түшүнүк кыргыздарда байыртадан эле кеңири тараган. Адам уктаганда, жүрөк кагышы начарлап, деми кыстыгып, жаман түш көрүп кыйналган учурда, же төрөт учурунда каны көп кетип алсыраган аялдын оор абалын албарстынын басышы менен байланыштырып келишет. Мындай түшүнүктөр адамдын организминде болуучу кубулуштардын мыйзам ченемдүүлүктөрүнөн улам келип чыгары маалым.

**Алгачкы общиналык (жамааттык) түзүлүш** - марксисттик тарыхнаамада адамзат тарыхындагы алгачкы социалдык-экономикалык формация катары кабыл алынган коомдук баскыч. Өндүрүш каражаттарынын жамааттык (общиналык) менчикте болушу, социалдык топтордун, катмарлардын жоктугу жана азык-түлүк, тамак-аштын теңдештирилип бөлүштүрүлүшү бул социалдык-экономикалык формациянын негизи болот. Илимде жалпы кабыл алынган түшүнүк боюнча, киши жана адамзат коому калыптангандан соң, социалдык таптардын ортосундагы мамилелер келип чыкканга чейинки доорду өз кучагына камтыйт. Археологиялык өңүттөн алганда, негизинен палеолит (эрте таш доору), мезолит (орто таш доору), неолит (жаңы таш доору) доорлорун өз кучагына камтыйт. Алгачкы жамааттык коом өзүнөн соңку формациялардан айырмаланып, өндүргүч күчтөр өнүгүү деңгээли өтө төмөн болуп, өндүрүштө

жана керектөөдө жамааттык прицип негизги мааниге ээ болгон. Биргелешип эмгектенүү, өндүрүлгөн продуктыга тең ээлик кылуу жеке адамдын табигаттын кубулуштарынын, жаратылыштын алдындагы алсыздыгынан улам келип чыккан. Бул коомдук-экономикалык формациянын тарыхы негизинен археология, антропология, этнографиялык маалыматтар аркылуу калыбына келтирилет. Илимде бул коомдук-экономикалык формация 3 мезгилге бөлүп каралат: алгачкы адамдар тобу, уруулук коомдун гүлдөп өнүгүшү жана анын ыдырап кулашы. Уруулук коом өз өнүгүшүндө 2 доорду - энелик урууну жана аталык урууну башынан өткөргөн. Энелик уруу (матриархат) мезгили төмөнкү палеолиттен башталып, неолиттин убагында өөрчүп-өнүккөн учуру менен бүтөт. Мында эмгек куралы таш, сөөк, мүйүздөн жана жыгачтан жасалган, найза, союл колдонулган, кийинчерек кескич, кыргыч сыяктуу куралдарды пайдаланыша билишкен. Чарбачылыктын негизин аңчылык, балык кармоо жана мөмө-жемиш терүү (жыйноочулук) түзгөн. Эркектер аң уулоо, балык кармоо менен, аялдар мөмө-жемиш терүү ж.б. жыйноочулук иштери менен алектенишкен. Өндүрүштө кескич, канжар, балта, керки, орок сыяктуу нерселер жана жыгач кайык колдонулган. Ошону менен катар, жамааттык коомдо айрым адамдар тобу жер айдоо кесибине өтүшсө, кээ бирөөлөрү балык, аң уулоо же мал асыроо менен тиричилик өткөрө баштаган. Аталык доор мезгилинде өндүргүч күчтөр күрдөөлдүү өнүгүп, жер айдоо куралы колдонула баштайт, мал асыроо жолго коюлуп, ар түрдүү металлдарды ысытып, эритип иштетүү менен кол өнөрчүлүк пайда болот. Мында эмгекти коомдук бөлүштүрүүнүн 3 түрү жүзөгө ашырылган: дыйканчылык, мал багуу, кол өнөрчүлүк жана андан соода өз алдынча бөлүнүп чыккан. Өндүрүштө эркектердин ролу артып, аялдын коомдогу, чарбадагы ээлеген орду төмөндөйт. Аталык уруунун соңку мезгилинде тууғандык байланыш ата жагынан эсептелип, уруулар ортосундагы кагылыштардан колго түшкөндөр кулга айландырылган. Общинанын ичинде социалдык жана экономикалык теңсиздик келип чыккан. Кыргызстандын аймагындагы алгачкы жамааттык түзүлүштүн баштапкы мезгилинин издери Айдаркенде Селүңкүрдөн, Онарча суусунун боюнан жана Кожо-Бакырган-Сай капчыгайынан табылган таш куралдарынан улам байкалат. Ош областындагы Капчыгай өрөөнүнөн тиричиликтин Мустьер маданиятына тиешелүү маданияты табылган.

**Алгачкы коомдогу искусство** - адамзаттын тарыхынын байыркы дооруна таандык алгачкы искусство. Бул алгачкы жамааттык (общиналык) доорго таандык эң алгачкы акыл-эстүү адамдардын өздүк, жеке чыгармачылыгы. Изилдөөчүлөрдүн пикирлерине караганда, ал б.з.ч. 40-20 миңинчи жылдыктарда жашаган, алгачкы таш доорундагы адамдардын коомдук эмгегинин өсүп-өнүгүшүнүн натыйжасында пайда болгон искусство. Бул искусство Европанын айрым жерлериндеги (Франция ж.б.) жашаган адамдардын үңкүрлөрдүн боорундагы таштардын беттерине тарткан сүрөттөрү аркылуу илим чөйрөсүнө белгилүү. Палеолит мезгилиндеги искусстводо жаныбарлардын тулкусун сүрөткө түшүрүү кеңири орун алган. Адамдардын бул байыркы искусствосу ошол доордогу жашаган адамдардын негизги жашоосу, кесиби аңчылык менен байланышкандыгын чагылдырат.

**Алгыр куштар** - аң жана илбээсин уулоо үчүн атайын тапталган кыраан куштар. Алгыр куштарды таптоо, аны аңчылыкка пайдалануу кыргыз коомуңда байыртадан белгилүү. Ошону менен бирге, алгыр куштарды таптоо, куш салуу спорттук кызыкчылыктарды да канаатандырган. Байыркы кыргыздар алгыр куштарды мамлекеттер ортосундагы дипломатиялык алакаларда да ийкемдүү колдонушкан. Кытайдын Тан династиясы (618-907-жж.) менен элчилик алакаларда кыргыздардын Кытай императоруна, 1207-ж. Чыңгыз ханга алгыр куштарды, шумкарларды тартуулашкандыктарын тарыхый жазма булактар

эскерет. Алгыр куштарга ителги, бүркүт, карчыга, кыргый, турумтай ж.б. кирет. Учурда алгыр куш- тарды таптоо, куш салуу жоголуп кетпей ата мурас катары сакта- лып келүүдө.

**«Алдан маадыр» музейи** - Тува Республикасынын борбору Кызыл шаарында жайгашкан тарыхый-этнографиялык музей. Музейдин аталышы кыргыз тилинде «алтымыш баатыр» деген маанини туюнтат. 1883-ж. ачарчылыкка, манжур-монгол (Цин) жана жергиликтүү эзүүчүлөргө каршы көтөрүлгөн элдин жана анын жетекчилеринин атынан келип чыгат. Музейде Кыргыз каганатынын жана кыргыздардын орто кылымдагы этностук тарыхын, маданиятын, тилин чагылдырган тарыхый-этнографиялык, археологиялык маалыматтар өтө арбын. Анда Туванын аймагынын байыркы, орто, жаңы доорлору, 1944-ж. СССРге бириккен мезгилге чейинки тарыхы чагылдырылган. Эң кызыктуусу, музейде кыргыздарга таандык рун сымал жазуулар чегилген таш эстеликтердин ири көргөзмөсү бар. Кыргыз эстеликтери Элегест, Учуг-Хая ж.б. жерлерден алынып келип орнотулган. Музейдеги кыргыз жазуулары ж.б. тарыхый баалуу экспонаттар б.з. 5-15-кк. таандык.

**Алдар көсө** - кыргыз жана кыпчак тилдүү элдердин (казак, каракалпак, ногой, башкыр, карачай ж.б.) элдик оозеки чыгармаларында кенен таралган акылдуу, айлакер адамдын жыйынтыкталган образы. Айрым учурда Алдар көсөнүн аты лакап катары да колдонулат. Элдик жөө жомоктордо Алдар көсөнүн окуясына байланыштуу бир катар күлкүлүү аңгемелер бар. Анын аты ошол коомдордогу аткарган иштерге байланыштуу келип чыккан. Анын чыныгы аты - Чагатай. Ал сараң байларды, пайда издеген соодагерди, алдамчы молдо, бүбү-бакшыларды, кара ниет ханды алдагандыгы үчүн Алдар көсө деген атка конгон. Алдар көсөнүн алдамчылык чебердиги «чык татырбас Чынарбай», «Көчпөсбай» сыяктуу жомоктордон даана байкалат. Элдик жомоктордо Алдар көсө Жаныбек хандын тушунда жашаган деген уламыштар айтылат. Бул доор болжол менен 16-к. Казак хандыгынын курулган мезгилине туура келет. Бул доор илимде «Ногайлы мезгили, доору» деп аталуу менен, кыпчак тилдүү элдердин эл катары калыптануу доору катары тарыхта белгилүү.

**Алдына түшүү** - кыргыздардагы күнөөнү мойнуна алып, кечирим суроонун байыркы салты. Алдына түшкөн киши мал же баалуу буюм, белек-бечкек тартуулаган. Алдына түшүүнүн шарттары ар кандай болуп, анын бир канчалаган түрлөрү белгилүү. Мисалы, келинди качырып алса, кыздын ата-энесине барыш үчүн мал-мүлкүн тартуулап, кудалардын алдына айыпка жыгылат.

**Аллоэтнонимдер** - бир элге башка бир элдер тарабынан берилген кошумча аттардын варианттары. Мисалы, кыпчактар орус булактарында «половец», «половцы», чехтер - «пловчи», поляк- тар - «плаучи», армяндар - «хардеш», венгрлерде - «кун», «куман» деген аттар менен белгилүү болушкан. Орус жазма булактарында огуздар «уздар» же өз алдынча урууларынын аталыштары - торк, каспич, боут, ковуй, берендей ж.б. аттар менен белгилүү болушкан.

**Алмашуу** - экономикалык алмашуу, материалдык жыргалчылыктардын же алардын нарк белгилеринин өз ара орун которушу, эмгек натыйжаларынын бир кишинин менчигинен экинчи бир кишинин менчигине өтүшү. Буюмдар гана эмес, кызмат көрсөтүү да алмашылышы мүмкүн. Кызмат көрсөтүүлөр бири-бирине, кызмат көрсөтүү боюнча жана алардын нарк белгилерине алмашылышы мүмкүн. Алмашуу өндүрүш, бөлүштүрүү жана керектөө менен бирге кең маанидеги өндүрүштү түзөт. Тарыхый жактан алганда, алмашуунун алгачкы формасы өз ара белек-бечкек беришүү-алышуу болгон. Ал топ менен индивиддин ортосунда социалдык байланыштын үзүлүп калбашын колдоо үчүн жүргүзүлгөн. Мындай учурда социалдык байланыш белектердин өз ара орун которушун камсыз кылган каналдын ролун аткарган. Тараптар белектерин алмашып турганда байланыш

боло берген. Белек алмашуунун токтошу өз ара алакалардын үзүлгөнүн билдирет. Белек алмашуу адепки учурда алгачкы коомдо жашаган түрдүү коллективдердин мүчөлөрүнүн ортосунда гана жүргөн. Эмгекке жараша бөлүштүрүүнүн жана өздүк менчиктин пайда болушу менен коллективдин ичинде өз ара жардамдашуу, жардамды алмашуу жаралат. Жардамды алмашуу бир жолку эмес, кайталанып туруучу мүнөзгө ээ. Мындай мамилелерде берген жана алган жардамдын бирдейлиги баарын канааттандырган, бирок мындай эквиваленттүүлүк жалпы жонунан жана узак убакыттын ичинде ишке ашкан, ачык эсептешүү болгон эмес. Өз ара ачык эсептешүү пайда болгондон тартып, алмашуунун мүнөзү өзгөрөт. Эгер мурда өз ара беришүү гана болсо, эми алыш жана бериш так айырмаланат. Аталган эки типтеги мамилелер кошуналык община калыптанып жатканда жана калыптанып бүткөндө өзгөчө чоң ролду ойнойт. Бул эки форма узакка чейин белек алма- шуу жана товар алмашуу менен катар жүрөт, бирок алар сапаттык жактан айырмаланат. Белек алмашуу менен жардам алмашууну мүнөздөө үчүн көбүнчө реципрокалдуулук деген термин колдонулат. Айырбаштоонун бир кыйла тараган формасы товар алмашуу болот. Ал алгачкы коомдон тартып, андан соңку бардык типтеги коомдордо өнүккөн.

**Алтайлыктар** - Россия Федерациясынын Тоолуу Алтай жана ага чектеш аймактарда жашаган түпкү калкынын аталышы. 20-к. адабияттарда «ойроттор», «ак калмактар» деген ат менен да белгилүү болушкан. Алтайлыктар - аймактагы этностун шарттуу аталышы. Бүгүнкү күндө илимде алтайлыктардын түндүк жана түштүк этнографиялык топтору бар экендиги маалым. 20-к. чейин түндүк алтайлыктар «черневые татары» («токой татарлары») деп аталышкан. Бул этнографиялык топко тубалар, куу кижилер же челкандар, кумандылар кирет. Түштүк алтайлыктар 20-к. чейин ак калмактар (белые калмыки), тоолуу, бийскилик калмактар деген аттар менен белгилүү болушкан. Бул этнографиялык топко алтай кижи, теленгиттер, телес, телеуттар, маймалар кирет. Түрк тилдеринин генеалогиялык жиктешүүсүндө түштүк алтайлыктар чыгыш хунну тобундагы кыргыз-кыпчак бутагында сүйлөшөт. Бул жобо алтайлыктардын этностук тарыхындагы, этногенезиндеги кыргыздардын үстөмдүгүн чагылдырат. Калктын жалпы саны 60 миңден ашуун. Түндүк жана Түштүк этнографиялык топтор антропологиялык, тилдик өзгөчөлүктөргө ээ, ошондой эле жашоо образында, руханий маданиятында чарба жүргүзүүнүн ыкмаларында бир катар айырмачылыктар бар. Түштүк Сибирь (Туран) расасына киришет. Тоолуу, токойсуз аймактагы түндүк алтайлыктар аңчылык, балыкчылык кесипке көбүрөөк маани беришсе, түштүктөгүлөр болсо көчмөн, жарым турукташкан көчмөн турмушка ык алышкан. Чарбалык-маданий типтердин айырмасы табигый географиялык шарттарга байланышкан. Түндүк алтайлыктардын антропологиялык тибинде угрофинн, самодий элементтери да байкалат. Бул аймакты эзелтеден түрк, теле, кыргыздар мекендеп келишкен. Муну алтайлыктардын курамындагы тодош (төрдөш), телес (төөлөс) ж.б. этнонимдерден байкоого болот. Тоолуу Алтай Кыргыз мамлекетинин жана кыргыздардын экономикалык жана саясий кызыкчылыктары маанилүү аймактардын биринен болгон. 5-18-кк. баш чендерине чейин аталган чөлкөм аркылуу кыргыздардын кыштымдарынын чек аралары өткөн. Негизинен алтайлыктар кыргыздарга кыштымдар (түбөлүк салык төлөөчүлөр) болушкан. Атактуу кыргыз журт башчысы, мамлекеттик ишмер, таанымал аскер жетекчиси Еренак-бек 1687-ж. Телес көлүнүн жанындагы монголдор менен болгон салгылашууда курман болгон. Айрым изилдөөчүлөрдүн пикирлеринде Тоолуу Алтайдын аймагында орто кылымдардагы Кыргыз мамлекети (Монгол жана Кытай Алтайын бирге алганда) жашаган. Кыргыз-алтай этностук жалпылыктарын уруу-урук аталыштарындагы (этнонимдер), эн тамгалардагы,

жер- суу аттарындагы, материалдык жана руханий маданияттын үлгүлөрүндөгү жалпылыктар чагылдыра алат. Кыргыз жана түштүк алтайлыктардын тилдери 10-к. кыпчакташуу процессине кабылыш- кан. Тоолуу Алтайда орто кылымдардагы кыргыз жазуу ж.б. эстеликтер арбын кездешет. Этнонимиялык параллелдер этногенетикалык жана этномаданий терең алакаларды туюнтат: кыргыз - кыргыз (алтай кижи), саруу - жети сары (алтай кижи), саруу - сарык, жарике (саяк) - йарык (алтай кижи), кабели (бугу) - кобалы (алтай кижи), мурат (басыз, саяк, чекир саяк) - мерет (алтай кижи), найман - найман (алтай кижи), азык (төрт тамгалуу азык уруусу) - төрт ас (теленгит). кара найман (найман) - кара найман (алтай кижи), моңолдор - могол (алтай кижи), могол (оргу) - могол (алтай кижи), меркит (дөөлөс) - меркит (алтай кижи), муркут (дөөлөс) - меркүт (алтай кижи), коткор мундуз (мундуз) - кочкор мундуз (алтай кижи, туба кижи), туба (саруу) - туба кижи, мундуз - мундус (алтай кижи, туба кижи), зулум мундуз (мундуз) чулум мундуз (мундус), чулум кашка (дөөлөс) - чулум мундус (мундус), сакалды (кушчу) - сагал (алтай кижи, теленгит), төрт таз (солто) - дорты (теленгит), сарттар (адигине уруулук тобундагы уруу) - сарт (алтай кижи), чулман (дөөлөс) - чалман (телеут), кара тон (жедигер) - тон (алтай кижи), кара чоро (генеоним) - чорос (алтай кижи), дөөлөс (төөлөс) - төөлөс (теленгит), ак тонду (басыз) - тон (куманды), улаан (коңурат) - улан (куманды), кебек (дөөлөс) - көбөк (телеут), кара сакал (баргы) - кер сакал (куманды), калдар (тейит) - каал (алтай кижи), куран найман (найман) элик (алтай кижи), туума тукум (найман) - тумат (алтай кижи, телеут), тогуз (багыш) - тогус (туба кижи), татар (муңгуш) - татар (алтай кижи), таздар (нойгут) - тастар (куманды), төрдөш (кытай) - төдөш (алтай кижи), кара төөдөш (алтай кижи, телеут), жакшылык (бугу) - чакшылык (куу кижи), көкө найман (найман) - көгөл найман (найман), байат (тейит) - байат (теленгут), ак кийиз (саруу) - кийис бөрүк (туба кижи) ж.б.у.с.

***Ад.:*** *Баскаков НА. Введение в изучение тюркских языков. М., 1962. Баскаков НА. Этнонимы алтайцев, киргизов, тувинцев и хакасов как источник этногенетических связей этих народов между собой//Ономастика Киргизии. Вып. -Фрунзе, 1985; Потапов Л.П. Этнический состав и происхождение алтайцев. Историко- этнографический очерк. М., 1969.*

**Алтай тилдери**. Алтай тилдеринин уясы, алтай тилдеринин жалпылыгы, алтай тилдери. Алтай тилдери негизинен Азияга, бир аздап Европага таралган. Тилдердин бул уясына түрк-монгол, тунгус-манжур, ошондой эле япон жана корей тилдери кирет. Болжол менен алтай тилдеринде сүйлөгөндөрдүн жалпы саны 300 млн. ашуун адамды түзөт. Генеалогиялык жактан алганда алтай жалпылыгы илимде типологиялык жана ареалдык жакындыктары жагынан талаш-тартыштарды туудурбайт. Генетикалык жактан эки топко бөлүнөт: биринчиси - түрк, монгол жана тунгус-ман- жур; экинчиси - корей жана япон тилдери. Алтай тилдеринин азыркы урал тилдик уясы (угро-финн, самодий) менен генетикалык жана типологиялык жалпылыктары такталууда. Г.И.Рамстедт байыркы алтай тили б.з.ч. II миң жылдыкта ыдырап бөлүнө баштаган деген пикирди айтса, Л.Лигети б.з.ч. III миң же II миң жылдыкта, В.М.Котвич б.з.ч. I миң жылдыкта болгон кубулуш деген көз карашка токтолушкан. Изилдөөчүлөрдүн басымдуу бөлүгү алтай тилдеринин типологиялык жактан жалпылыгынын В.М.Кот- вич негиздеген илимий багытын колдошот.

**Ад.:** Языки мира: Тюркские языки. Б., 1997.

**Алты бакан** - селкинчек оюнунун бир түрү. Токой менен дарагы жок жерде эки жерге үчтөн бакандын башын бириктирип байлап, ортосуна селкинчек салынат.

**Алтыгат** - бейкасам ж.б. кездеме капталып, жээгинде төрт эли кызыл же кара манат кыйылган бир түрдүү кийиз. Узуну 1,5 кулач өлчөмүндө, туурасы эки киши

баткыдай жасалып, эки-үч кабатка бүктөлөт. Ал төшөнчү катарында пайдаланылат, жүккө кездеме жагы сыртка каратылып жыйылат.

**Алтыр улусу, Олтыр улусу** - энесайлык кыргыздардын 17-18-кк. башкаруу системасындагы административдик-аймактык бирдик. Кыргыз ээликтеринин түндүк аймагында жайгашкан. Улус Абакандын сол жээгинен, Уйбат Таштып дарыяларынын ортолугунан орун алып, түштүк тарабынан Энесай жогорку агымындагы аймактарды камтыган. Улустун калкы орус жазма булактарын- да «жогорку кыргыздар», «чоң кыргыздар» деп аталган. Кыргыздын мундуз жана кыпчак урууларында «чоң кыргыз» аттуу ири уруктар бар экендиги маалым. Алтыр улусунун чегине сагай, чети пүүр (жети бөрү), сарыглар, ичеги, белтир, табын, саян, чыстар, иргит, хахпына ж.б. кыргыз уруулары, кыштым (кыргыздарга салык төлөгөн көз каранды элдер) жерлери - Том, Мрасу, Кондом дарыяларынын, Кузнецк Алатоосунун токойлуу-тоолуу өрөөндөрү, Түндүк Алтайдын Төлөс (Телес) көлүнүн аймагындагы жашаган элдер, уруулар кирген. Изилдөөчүлөр «Олтыр = «Ортыр» этнони- мин (топонимин) 1703-ж. Жунгарияга көчүрүлгөн кыргыз уруусунун аты менен байланыштырышат.

**Алтысар улусу, Алтын зархы** - 16-18-кк. энесайлык кыргыздардын мамлекеттик башкаруусундагы административдик-аймак- тык бирдиктин аталышы. Алтын зархы - энесайлык кыргыздардын тилинде «түндүк» маанисин туюнткан. Кыргыз жеринин түндүгүндөгү Июс жана Теңиркол өрөөнүндө Алтысар улусу жайгашкан. Кыргыз мамлекетинин ири улустарынын бири болгон. Энесай дарыясынын төмөнкү агымында жайгашкан улустун калкы орус жазма булактарында «төмөнкү кыргыздар», «кичүү кыргыздар» деп чагылдырылат. Монгол жеңип алууларынын тушун- да Кыргыз мамлекетинин саясий борбору Абакан - Уйбат өрөөнүнөн түндүккө көчкөн эле. Ак жана Кара Июс, Теңиркол өрөөндөрүндө тектүү кыргыз төбөлдөрүнүн (бектеринин) өргөөлөрү жайгашкан. Ошондон улам, алтысарлыктар «чоң кыргыздар» деген ат менен да белгилүү болушкан. Жазма булактар кызыл, камнар, шуй, ачы, ыгын ж.б. кыргыз уруулары жана алардын жайгашкан аймактары туралуу баяндайт. Алтысарлык кыргыз бектеринин кыштым аймактары (салык төлөгөн көз каранды кал- ктар) Чулум, Кыя, Том жана Кузнецк Алатоосунун түндүк чекте- ри аркылуу өткөн.

**Алымбаев Абдрахман Мырзагул уулу** (адабий псевдоними Байас Турал). 1956-ж. Аксынын Авлетим айылында туулган. Тарыхчы, публицист, акын. Белгилүү коомдук-маданий ишмер. Кыргыз Мамлекеттик университетинин тарых бөлүмүн аяктаган. Алматы шаарынан партиялык институтта окуп билимин уланткан. Андан соң, Кыргыз ИАсынын илимий кызматкери болуп эмгектенген. Өкмөттүк кызматтарда ишин улантып, Кыргызстан Жазуучулар бирикмесинин катчысы, вице-президенти катары чыгармачыл чөйрөгө таанылган. Өзбекстандагы, Каракалпакстандагы жашаган кыргыздар, алардын уруулук курамы, каада-салттары, жашаган аймактары, жер-суу аталыштары ж.б. боюнча этнографиялык маанидеги маалыматтарды басма сөз беттерине жарыялап келет. Тажикстандагы жашаган лакай, барлас, коңурат, катаган, дүрмөндөр жана алардын чыгыш тектери, кыргыздар менен этногенетикалык, этномаданий алакалары боюнча жүйөлүү илимий пикирлердин автору катары маалым. Аталган этнографиялык топтор жашаган аймактарды кыдырып, бир кыйла маалыматтарды илимге киргизген. Кыргыз элинин теги, уруулук курамы, философиялык-диний көз караштары боюнча бир катар эмгектерди жазган. Публицистика багытында кыргыз тили, каада- салт жөрөлгөлөрү, мекенди сүйүп, урматтоо, илим-билим ж.б. багытында жазылган көптөгөн макала, эмгектерди эл назарына сунуш эткен. Кыргыздардын элдик календары, майрамдары (нооруз ж.б.), эл, уруу-урук, жер-суу аталыштары жана алардын түпкү маанилери боюнча жүйөлүү илимий пикирлердин ээси. «Улустун улуу күнү», «Түрк» этноними жана

анын мааниси», «Түркстандын түпкү аталышы», «Огуздар жана алардын теги» ж.б. эмгек- тердин автору.

**Алым сабак** - кыргыздагы айтыш өнөрүнүн бир түрү. Айтышкан акындардын бири ырдаса, экинчиси дароо аны улантып, ырындай кылып бүтүрөт. Алым сабак аркылуу чоң акындар шакирттерин төкмөлүккө, акындык чеберчиликке үйрөтүшкөн.

**Альтруизм** - башкаларга чын дили менен кызмат кылууну, башкалардын кызыкчылыгы үчүн өз кызыкчылыгын курмандыкка чалууга даяр болууну нускоочу адеп-ахлак принциби.

**Аманат же аманат кармоо салты.** Бул байыртадан белгилүү жана кенен тараган салт. Эки уруунун, эки мамлекеттин ортосундагы түзүлгөн келишимдердин аткарылышын көзөмөлдөө максатында аманат кармоо салты таралган. Аманат катары тектүү кишини же анын туугандарын, айрым учурда бир уруу элди, белгилүү өлчөмдөгү мал-мүлк берилген. Аманатка таасирлүү адамды, тектүү адамдардын тукумунан, туушкандарынан дайындашкан.

Аманаттагылар жасалгалуу ак үйдө жашашчу. Ошондуктан, аны «ак үй» же «ак үйлүү» деп да аташкан. Аманат салты энесайлык кыргыздарда 18-к. баш чендерине чейин сакталган.

**Аманалиев Баатырбек** (1929-1996). Кыргыз философиясы жана анын тарыхы боюнча таанымал адис. Философия илимдеринин доктору (1966), профессор (1968). Кыргыздардын исламга чейинки диний-философиялык түшүнүктөрү, анын ичинен тотемизм, шаман дини жана алардын кыргыздардын жашоо турмушундагы, дүйнө таанымындагы ролу боюнча эмгектерди жазган. Илимпоздун эмгектери жакынкы жана алыскы өлкөлөрдүн илим чөйрөлөрүнө кенен маалым болгон. Анын эмгектеринин кыргыз этнографиясын, этностук маданиятын иликтөөдө мааниси зор. Автордун жазып калтырган эмгектери кыргызтаануу үчүн маанилүү булак болуп калары ырас. Кыргыз педагогикалык институтун (1950), М.Ломоносов атындагы Москва Мамлекеттик университетин аяктаган. Кыргыз Мамлекеттик университетинде доцент, Ош Мамлекеттик педагогикалык институтунда кафедра башчысы, Кыргыз УИАсынын философия Укук институтунда директордун орун басары болуп эмгектенген. Кыргыз философия- сынын тарыхы боюнча 40тан ашуун илимий эмгек, анын ичинен 4 монография жазган: Из истории философкой мысли киргизского народа. Ф.: 1963; Социально-политические и философские идеи Токтогула и Тоголок Молдо. Ф. : 1963; Кыргызские мыслители 19 - и нач. 20 века. Ф.: 1965; Из истории религии и свободомыслия в Киргизии. Ф.: 1968 ж.б.

**Амеки** — түштүк кыргыздар жашаган айрым райондордогу кошуна элдерден (тажик-фарси) өткөн туугандык аталыш термини. Бир атанын балдары (бир туугандардан башкалары) бири-бирин «амеки» же «амекилербиз» деп аташат. Термин «бир атанын бал- дары» деген сөздүн синоними.

**Американоцентризм** - АКШга бүгүнкү маданиятты жаратуучу жана таратуучу ролду ыйгарган этномаданий багыт. Бул маанисинде америкацентризм илимде белгилүү европоцентризмдин бир формасы, көрүнүшү. Өз чыгармачыл потенциалын жоготкондой өңдөнгөн европа маданиятынын салттарын улантууучусу катары каралат. Американоцентризмдин негизги идеясы Америка адамзаттын жаңы тарыхын баштаган, ошондуктан өнүгүп келе жаткан өлкөлөргө өз эркин таңуулоого акылуу деген ишеним.

Америкалык маданияттын миссиясы - бүт дүйнөдө «америкалык демократия» менен гуманизмдин принциптерин бекемдөө, техникалык прогрессти жана ага ылайык коомдук кайра курууларды ишке ашыруу.

**Андреев М.С.** (1886-1948). Өзбекстан Илимдер Академиясынын академиги, профессор. Өз учурунда Памир кыргыздарынын орнаменттерин изилдеген. 20-ж.

аяк чендеринде Фергана өрөөнүндөгү кыргыздардын өлгөн кишиге тул коюу салтын, тогоол боюнча убакытты, мезгилди эсептөөсүн, Памир кыргыздары сайма алачыкта (чум) жашаганын оболку ирет илимге киргизген изилдөөчү.

**Анимизм** (лат. animus - жан, рух) - материалдык жана материалдык эмес бардык нерселер менен кубулуштар сыйкырдуу, керемет күчкө эгедер, алардын үстүнөн башкарып турган өзгөчө сыйкырдуу жандардын (нерселердин) бар экенине карата болгон ишеним. Анимистик көз караш боюнча курчап турган дүйнө ак жана кара рухтар менен курчалган, ал эми табияттын кара күчтөрү фантастикалык рухий күч катары эсептелет. Адам баласы тоо- ташка, түрдүү бадалдарга, дарактарга, аска-чокуларга, күнгө, ай- жылдызга, жерге, сууга, отко, булактарга ж.б. объектилерге сыйынышкан. Ошолордун эгесине арнап курмандык чалышкан. Анимизмдин негизги жоболорунун бири - асман, жер жана суу эгесине, анын колдоочулугуна, зыян келтирүүчүлүгүнө ишенүү. Бул термин этнология илимине Э.Б.Тайлор тарабынан сунушталган. Ал жандын адамдын денесинен бөлүнүп туруусу байыркы диндердин оболку негизи деп атаган. Алгачкы адамдын («жапайы-философ») түш көрүүсүнөн, өлүм ж.б.у.с. ой жорууларынан келип чыккан. Анимисттик көз караш дүйнөдөгү дээрлик бардык диндердин элементтери болуп саналат. Анимизмдин элементтерин кыргыздардын диний-философиялык ишенимдеринен да байкоого болот. Анимизмге байыркы кыргыздар да ишенишкендиги белгилүү. Хакас-Минусин ойдуңунда, Тувада жана ага чектеш жерлерде байыркы жана орто кылымдарда кыргыздар калтырган эстеликтер кеңири тараган. Аны тоо боорлорундагы петроглифтерден, балбал таштардагы чегип түшүрүлгөн сүрөттөрдөн, тоо кыр-каларында жана өтмөктөрдө үйүлгөн обоо таштардан байкоого болот. Ар бир кыргыз уруусунун ыйык деп эсептелген дарагы, тоосу (бийик чоку), жылдызы, жаныбары, канаттуулары болгон. Анын айрым элементтери тотемистик ишенимдерде да чагылдырылып келери илимге маалым. Анимисттик ишенимдердин белгилерин байыркы кыргыз жазуу эстеликтеринен да байкоого болот. Анимизм алгачкы общиналык (жамааттык) коомдо пайда болгон. Бул мезгилде өндүргүч күчтөр начар өнүккөндүктөн, адам табияттын күчтөрүнө каршы күрөштө алсыздык кылып, күндөлүк турмушта кезиккен ар түрдүү кубулуштарга түшүнө алган эмес. Алгачкы адамдар жан дене менен байланыштуу жана ал денеден чыгып кетет деп эсептешкен. Бара-бара абстрактуу ой жүгүртүүнүн өнүгүшү менен материалдык нерселерге байланыштуу болгон рух жөнүндөгү түшүнүктөр пайда болгон. Алгачкы жамаат (община) бузула баштаган мезгилде, мына ушундай көрүнүштөргө ишенүү жана бул ишенимге кызмат кылуучу адамдардын тобу шамандар пайда болуп, анимисттик сыйынуунун жогорку формасы - шаманизм кеңири тараган. Ал эми шаманизмдин классикалык формасы кыргыздарда 10-11-кк. чейин өсүп-өнүккөн. Анимизмдин айрым элементтерин бүгүнкү кыргыздардан да байкоого болот. Даракка сыйынып, тилек тилөө, ага кездеменин үзүндүлөрүн байлоо, тоо-ташка сыйынуу, тоолуу-токойлуу жерлердеги айрым дарактуу жерлерди ыйык деп эсептөө ж.б.

**Анкета ыкмасы** — конкреттүү социалдык, тарыхый этнографиялык изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн техникалык жолдорунун бири. Анкета методу көпчүлүктүн (элдин, социалдык топтун, катмардын ж.б.) белгилүү бир маселеге тиешеси бар экенин же пикирин аныктоо үчүн колдонулат. Анкета 3 түрдүү толтурулат: 1) жекече; 2) группалык ыкма; 3) почта аркылуу суроо-жооп алуу. Жыйналган маалыматтарды талдоодо алынган маалыматтарды чындыкка шайкештигине басымдуу маани берилет.

**Ант** - эч качан бузулбас, салттык ыйык убада-бүтүм, шерт берүү, касам ичүү. Ант жоокерчиликте, достукка бекем болууда, ар кандай жеке жана мамлекеттик жашыруун ишти аткарууда берилген. Байыркы кыргыздарда баатырлар элдин эркиндиги, намысы үчүн жоого каршы аттанарда жан аябаска, максатты орундатууга, шартты бузбоого ок тиштешип же кылычтын мизин өбүшүп ант беришкен. Магиялык касиети бар катары аксак сары атты ортого коюп достошуу салты болгон. Убадага, шертке байыркы кыргыздар өтө бекем турушкан. Кыргыздарда убаданы, шертти аткарбай коюу кулак-угуп, көз көрбөгөндөй кылмыш иши катары эсептелген. Атактуу алым Махмуд Кашгари (11-к) кыргыздар ябаку жана кыпчактардай эле темирге өтө урматтоо менен мамиле жасашкандыктарын жазат:» ...алар (кыргыздар) шерт бергенде (касам ичкенде), кимдир бирөөгө убада кылганда кылычты кынынан алып, эгер убада бузулса көк кирип, кызыл чыксын, канга бөлөнүп чыксын, бул шерт бузулса темир сени өлтүрсүн, үч өлсүн дешет. Алар (кыргыздар) темирге аздектеп мамиле жасашат» - деп жазат.

**Антисемитизм** - еврей улутундагыларга каршы мамилени көрсөткөн этностук ксенофобиянын ашынган формаларынын бири. Улутчулдуктун башка формаларынан айырмаланып, антисемитизм семит элдеринин бирин - еврейлерди жек көрүүгө жана куугунтук- тоого басым жасайт. Антисемитизмдин тамыры байыркы мезгил- дерге барып такалат. Байыркы мезгилде еврейлерге карата «Христостун душмандары», «Христостун өлтүрүлүшүнө жоопкер эл» деген жалган пикир түзүлгөн. Чындыгында, антисемитизм түрдүү өлкөлөрдөгү улутчулдардын көчүрүлүп келген еврейлердин: сүткорлордун, соодагерлердин, кол өнөрчүлөрдүн ж.б. ийгиликтүү ишкердигине ичи тардык мамилени, кысып жектөөнү билдирген. Ан- дан сырткары, антисемитзм еврей-иудаисттердин өздөрүн «Кудай сүйгөн эл» катары эсептеп, башка элдердин арасында Кудай сөзүн таратуу үчүн чыкканбыз деген пикирлерине жергиликтүү калктардын жообу болуп калган. «Антисемитизм» термини 1870-жылы дин кызматкери, улуту немец, Христиан Социалистеринин жумушчу партиясынын түзүүчүсү Штеккер тарабынан киргизилген. Антисемитизм 20-к. 30-40-жж. өзгөчө формага ээ болгон. Аталган мезгилде фашисттик Германияда еврейлерге каршы геноцид, куугунтуктоо мамлекеттин официалдуу саясаты болуп калган. Бул саясаттын негизинде аталган мезгилде Европада 6 миллиондон ашуун еврей кырылып жок кылынган. Ар кайсы тарыхый мезгилдерде жана ар түрдүү өлкөлөрдө антисемиттик кыймылдар уюштурулуп турган. Ал өзгөчө Австро-Венгрияда, падышалык Россияда ж.б. мамлекеттерде ишке ашырылган геноциддик саясат болгон.

**Антропогенез** (гр. anthropos - адам, genesis - пайда болуу, жаралуу) - акыл-эстүү адамдын түр катары калыптанышынын тарыхый-эволюциялык процесси, коомдун жаралуу процессинде (социогенез) түр катары калыптануусу. Адам катары калыптануу процесси тике туруп басууну өздөштүрүүнү, массасынын өсүшүнүн, мээ структурасынын татаалданышын, колдун эмгекке көнүгүүсүн, концептуалдык ой жүгүртүүсүн, сүйлөөнүн, интеллекттин өнүгүшүн, балалык мезгилин жана жашоонун узарышын ж.б. камтыйт. Адамдын эволюциясы текши жүргөн эмес. Ал тике туруп басуу комплексинин мээ, кол ж.б. караганда бир кыйла тез өнүгүшүнөн көрүнөт. Антропогенез процессинде адам планетанын бардык аймактарына өзүнүн структуралык түр белгилерин өзгөртпөстөн байыр алууга потенциалдык мүмкүнчүлүк алган. Антропогенездин негизги биологиялык фактору табигый ылгоо болгон. Ал эмгек- ишмердиктин пайда болушуна жана өркүндөшүнө жагымдуу таасир берген тукумга өтүүчү өзгөрүүлөрдү бекемдеген. Азыр антропогенез акселерациядан көрүнөт.

www.bizdin.kg

**Антропология** — адам баласынын жаралышы, өсүп-өнүгүшү, расалардын пайда болушу жана кишинин дене түзүлүшүнүн нормалдуу вариациялары жөнүндөгү илим. Чет өлкөлүк илимде антропологияга кишинин табигый тарыхынан башка этнография менен археологияны да кошушат. Мурдагы советтик, ата мекендик илимде кабыл алган түшүнүктөр боюнча антропологияга кишинин морфологиясы, антропогенез жөнүндөгү окуу жана раса таануу илими кирет. Раса таануу илими расалардын пайда болушун изилдейт.

**Антропонимдер** (гр. antropos - киши, onuma - ат, ысым) - энчилүү адам аттары, ысымдар, фамилиялар, атасынын аттары, ылакап аттар, псевдонимдер, патронимдер, андронимдер, гинеконимдер кирет. Соңку мезгилдерде кыргыз адам аттары, алардын лексика-семантикалык маанилери ж.б. грамматикалык түзүлүшү боюнча бир катар илимий эмгектер жарык көрүп келүүдө.

**Аңчылык** — адам баласынын байыртадан келе жаткан чарбалык ишмердүүлүктөрүнүн бири. Байыркы мезгилдерде эле кыргыздардын ата-абаларынын негизги кесиптеринин бири болуп келген аңчылык 20-к. башталышында деле кыргыз чарбаларында кыйла көмөкчү тармак бойдон кала берген. Кыргыздар эзелтеден аңчылык менен кесиптенип келишкен. Мал-жан жут болгон мезгилде көпчүлүк учурларда аңчылык элди ачарчылыктан сактап калган. Аңчылыктын кыргыз коомундагы ролуна жылдык календардын жапайы жаныбарлардын аты менен аталышы да мисал боло алат. Байыркы кыргыз коомунда коллективдүү (жамааттык) аңчылык «абла» деп аталган. Бул ишмердүүлүк кыргыз дастандарында, жомокторунда, уламыштарында кенен чагылдырылып келет. Элдик оозеки чыгармаларда жана аңыз кептерде мергенчилер айрым учурларда кедей айылдарды жана чакан жамааттарда от менен жан сактатып келишкендиги жөнүндөгү эскерүүлөр сакталып калган. Алгыр куштардын жана куралдардын жардамы менен аңчылык кылышкан, тегерек темир капкандар салышкан жана тузак, кылтак тартышкан, буктурмалар жасашкан. Төңкөрүшкө чейин милтелүү мылтык, кара мылтык жана алтайдын таш мылтыгы кыйла кеңири тараган. Кулжага, тоо эчкиге, эликке, аюуга, карышкырга, түлкүгө аңчылык кылышкан. 19-к I жарымында маралдарга аңчылык кылуу кеңири тараган. Мергенчилер койчулар сыяктуу эле тоодо жүрүш үчүн бутуна тай туяк кийишкен. Аңчылык - жыйноочулук менен катар эле адамзаттын эң байыркы чарбалык кесиптеринин бири. Аңчылык менен кесиптенүү Homo sapiensтин пайда болушуна алып келген биологиялык эволюциянын татаал жолун басып өтүүгө мүмкүнчүлүк берген деген пикирлер бар. Аңчылык тамак-аш табуунун ыкмасы катары, салыштырмалуу стабилдүүлүктү камсыз кылып, калктын санынын өсүшүнө алып келди. Аңчылык чарбанын өнүгүп олтурган системасынын маанилүү компоненти болуп, локалдык топтун аңчылык территориясы болгон. Ал аймак калктын санынын өсүшү менен улам тарып отурган. Жаныбарлардын ар кандай түрлөрүнүн, биомассанын өсүшү адамдардын белгилүү бир тобун гана багууга жарамдуу болгон аянттын бирдигине конкреттүү сандагы салмак бергенине байланыштуу, аңчылык адамзаттын тарыхынын алгачкы этаптарында адамдардын башка аймактарга көчүп отурукташуусуна негизги стимулдардын бири болгон. Өз тарыхында аңчылык кылбаган бир да эл болбогону шексиз. Аңчылыктын чарбанын өзгөчө системасы катары калыптанышы жана анын өсүп-өнүгүшү көп этностордун өнүгүшүн шарттаган. Аңчылыктын чарбалык ишмердиктин өзгөчө түрү катары калыптанышы, аңчылык куралдарынын жана ыкмаларынан эволюциясы эң байыркы мезгилдерден келе жаткан нерсе, ошондуктан палеолиттен баштап аңчылыктын алгачкы баскычтарын изилдебей туруп, аны толук баяндоо мүмкүн эмес. Палеолит доорунда дүйнөнүн ар кайсы региондорунда калыптанган фаунага карабастан, аңчылык адам коомунун өнүгүшүндө өзгөчө маанилүү роль ойногон.

Өз жашоосу үчүн бүткүл зарыл нерселерди адам аңчылыктан алгандыгына байланыштуу адамзат коомунун турмушунун бардык жактары аңчылык чарбанын формаларына баш ийдирилген болучу. Ыйгарым чарбасынын бир түрү катары аңчылыктын жаңы жана регионалдык өзгөчөлүктөрүн, калыптануусунун негизги тенденцияларын изилдөө үчүн бул проблеманы башынан жалпы этностук тарыхый-маданий өнүгүү жаатында кароо зарыл. Чарбанын белгилүү формаларынын туруктуусу биринчи кезекте конкреттүү экологиялык шарттарга байланыштуу болорун эске алып, аңчылыктын түрдүү географиялык зоналардагы өнүгүү динамикасын изилдөөдөн алды бул проблеманы түшүнүү ийгиликтүү болбосун көңүлгө түйүп коюу зарыл. Алгачкы коомдогу экономиканын багытын калыптандыруучу экологиялык шарттардын таасири астында аңчылык көптөгөн региондордо чарбалык ишмердиктин басымдуулук кылуучу түрүнө айланат. Аларга мүнөздүү фаунаны өзгөрткөн глобалдык мүнөздөгү климаттык өзгөрүүсүнө дуу- шар болгон аймактарда аңчылыктын өнүгүшүндө кескин сапаттык өзгөрүүлөр болуп өтөт. Аңчылардын жашоо ыңгайы, аңчылыктын негизги куралдары, ыктары жана ыкмалары өзгөрөт. Ландшафтын, фаунанын өзгөрүшүнө аңчылык менен кесип кылган адам топторунун жашоосун камсыз кыла албай калган региондордо чарбалык ишмердүүлүктүн башка формаларынан, биринчи кезекте малчылыктын өнүгүшү үчүн олуттуу өбөлгөлөр пайда болот. Малчылыктын өнүгүшү менен талаалуу жана жарым чөлдүү аймактарда аңчылыктын ролу төмөндөй баштайт. Аңчылык бул аймакта кошумча тамак-аш табууда гана мааниге ээ болот. Ошону менен бирге, аңчылык прогрессивдүү өнүгүү багыты боюнча конкреттүү типологиялык түрлөргө өтүп, биринчи даражадагы маанисин сактап калат. Аңчылыктын адамдын багытталган чарбалык ишмердиги катары өнүгүү динамикасы проблемасын кароо менен байланыштуу анын тиричилик камсыз кылуучу система катары калып- танышынын негизги тенденцияларын изилдөө чоң мааниге ээ болот. Аңчылык чарбанын конкреттүү типтеринин калыптанышына таасир берген белгилердин комплекси жана байыркы мезгилдерден азырга чейинки чарбалык-маданий салттардын улануучулугунун факторлорун сыпаттоодо өзгөчө маанилүү болуп саналат. Аңчылыкты чарбалык система катары кароону анын багыттары жана формалары пайда болгон учурдан баштоо керек. Аңчылыкта тарыхый жактан калыптанган эки багыт бар: эт жана аң тери үчүн аңчылык кылуу. Эт үчүн аңчылык кылуу эң байыркы деп эсептелет, анткени адам баласынын ата-тегинин рационундагы эттин ролу зор болгондугу талашсыз. Байыркы фаунанын бай болушу жана ар түрдүүлүгү адамдын аңчылык ишмердүүлүгүн бир кыйла жеңилдеткен жана стимулдаштырган. Адам баласы бардык сойлоп жүрүүчүлөргө, майда жана ири сүт эмүүчүлөргө аңчылык кылганы белгилүү. Бирок бул мезгилде эт үчүн аңчылык кылуу багыты пайда болгондугу жөнүндө сөз кылууга болбойт. Бул баарынан мурда аңчылыктын чарбалык ишмердиктин өзгөчө түрү катары калыптанышынын баштапкы этабы гана болгон. Эт үчүн аңчылык кылуу структуралык фаза катары жаныбарлардын белгилүү бир түрүнө адистешкен аңчылык пайда болгондо жаралат. Шел, Ашель доорлорунда адам баласы токой жаныбарларына (Испания), бегемотторго (Эльзас) ж.б. аңчылыкка адистешкен салыштырмалуу отурукташкан жана кыдырып жүрүүчү аңчылардын алгачкы маданияттары пайда болот. Мустье доорунда эт үчүн аңчылык кылуунун адистешүүсү жана тандалмалуулугу жогорку даражага жеткен. Зубрларга, жапайы эшектерге, мамонтторго, аюуларга, жылкыларга ж.б. аңчылык кылуу маданияттары ушул мезгилге таандык. Дал ушул мезгилде эт үчүн аңчылык кылуу активдүү жана пассивдүү формаларга ажыраган деп болжоого болот. Аталышы өзү айтып тургандай активдүү аңчылыкта аңчы жаныбарларды издеп таап, артынан түшүп куралдын жардамы

менен өлтүрөт. Аңчылыктын пассивдүү формасында жаныбарды түрдүү кармагычтар менен колго түшүрүшөт; ага аңчынын катышуусуз эле жаныбар өзү келет. Мустье дооруна чейинки мезгилде аңчыларга жаныбарларды табигый же жасалма тузакка түшүрүүгө мүмкүнчүлүк бер- ген аңчылыктын аралашма формасы пайда болгон болуу керек. Ошол эле аңчылыктын формасы жогорку палеолитте да болгон. Палеолиттик аңчылар рельефтин артыкчылыгын пайдаланып коктуларга, таштуу жарларга жапайы жылкыларды жана зубрлардын бүтүндөй үйүрлөрүн айдап, жок кылышчу. Аңчылыктын реликт формасы катары ал нукура токойлуу тундра жана саванна зоналарында жашаган элдерде акыркы мезгилдерге чейин сакталып калган. Аталган зоналарды курчап турган чөйрөсүндө аз гана климаттык өзгөрүүлөргө байланыштуу аңчылыктын өнүгүшүндө үзгүлтүксүз байкалат, ал чарбалык-маданий салттардын тарыхый улануусун шарттаган. Аңчылыктын активдүү жана пассивдүү формаларынын бөлүнүп чыгышы тарыхый сөзсүз боло турган процесс эле. Ал алгачкы адам топторунун чектелген аңчылыкка адистешүүсүнө байланыштуу аңчылык территорияны өздөштүрүү мүнөзүн чагылдырат. Аңчылыктын активдүү жана пассивдүү формаларынын андан ары өнүгүшү анын коллективдүү жана индивидуалдуу аңчылыкка ажыроо багыты боюнча жүрдү. Анда жаратылыш ресурстарын ыйгаруу мүнөзү чагылышкан. Бирок аңчылыктын коллективдүү же индивидуалдык мүнөзүнө карабастан олжону бөлүштүрүү принциби коллективдешүү бойдон калган жана мыкты аңчылар да башкалардын алдында эч кандай артыкчылыкка ээ болушкан эмес. Эреже катары бул коомдун тиричилигин кам- сыз кылууда коллективдеги айрым кишилердин ролун таануусу жана ал кишиге кызматына жараша буюм же моралдык урмат көрсөтүү менен байланышкан салт-жөрөлгөлөрдүн, бир катар түшүнүктөрдүн пайда болушуна алып келет. Аң тери үчүн аңчылыктын өнүгүшү башкача формада жүргөн. Аңчылык чарбанын эволюциясындагы өзүнчө структуралык фаза катары аң териге аңчылык кылуу жогорку палеолитте бөлүнүп чыгат. Ага палеолиттик турактардагы көп сандаган калдыктар күбө боло алат. Турак- жайларда териси баалуу жаныбарлардын кооздук катары пайдаланышкан көп сандагы тиштери табылган. Териси баалуу жаныбарларга аңчылыкка адистешүү көптөгөн элдерде социалдык-экономикалык факторлордун, акча-товар, салык мамилелердин таасири астында пайда болгон. Көрсөтүлгөн факторлор аңчылыктын бул түрүнүн сапаттык мүнөзүнүн өзгөрүшүнө таасирин тийгизген; бирок анын пайда болушу байыркы мезгилдерге туура келет. Алгачкы коомдогу аңчылар териси баалуу жаныбарлардын популяциясы көбөйгөн жылдары активдүү аңчылык кылышкан. Мамонттордун, ири сүт эмүүчү токой биоценоздорунун терисин өтө жөнөкөй формада иштеткенге караганда, жаныбарлардын баалуу терилеринин сапаты, иштетүү жеңилдиги алгачкы коомдогу аңчылар коллективинин тиричилигин камсыз кылууда маанилүү роль ойногон. Баалуу тери үчүн аңчылык кылуу алгачкы мезгилдеги аңчылыктын активдүү формасы катары үстөмдүк кылган болуу керек. Ал жекече да, коллективдүү (жамааттык) да мүнөзгө ээ болгон. Акча-товар мамилелеринин өнүгүшү менен бирге териси баалуу жаныбарларга аңчылык кылууда тузак менен жекече аңчылык кылуу үстөмдүк кыла баштайт. Аңчылыктын тарыхый өнүгүү процессинде дүйнөнүн ар кайсыл райондорунда байыркы аңчылар белгилүү бир өзгөчөлөнгөн ыкмаларды табышкан. Алар аңчылык кылынуучу жаныбарлардын биологиясына байланыштуу конкреттүү биоценоз шарттарында калыптанган жана анын басымдуулук кылган багыты, формасы жана мүнөзү менен байланышкан. Эт, тери үчүн болгон аңчылыктын активдүү формасында, анын жекече же коллективдүү мүнөзүндө бири-биринен кескин айрымаланган бир катар ыкмаларды көрсөтүүгө болот. Алар: кууп баруу, аңдуу, алдап келтирүү, тегеректеп курчоо, аңга айдоо, буктурма ж.б. Бул ыкмалар

айрым же айкалышта колдонулушу да ыктымал. Ар бир ыкманын жаныбардын түрүнө, ландшафтка, жыл сезонуна, күндүн кайсы бөлүгү экендигине, аба ырайына, элдик салтка байланыш- кан өзгөчөлөнгөн ыктары, жолдору бар. Көрсөтүлгөн мисалдардан башка да ар кайсы региондордо айрым жаныбарларга аңчылык кылуунун өзгөчө бир ыкмалары калыптанган. Эт, тери үчүн аңчылык кылуунун пассивдүү формасы аңчылыктын жекече же коллективдүү мүнөзүн чагылдырат. Пасивдүү аңчылыктын каражаттарынын өзгөчөлүгү, алардын түрдүү айкалышуулары жаныбарлардын түрүнө, маданий этностук каада-салттарга байланыштуу болот жана бир кыйла даражада элдин аңчылык чарбасынын тибин аныктайт. Дүйнө элдеринин аңчылык чарбасынын салттуу багытын караган- да, анын бардык түрүн негизги үч типке бириктирип кароого болот. Алар: сапаттык, сандык жана аралаш формага ээ болушат. Сапаттык типтеги аңчылык чарбада жаныбарлардын бир кыйла ири түрлөрүнө териси үчүн аңчылык кылышат жана анда активдүү аңчылык үстөмдүк кылат. Бул типтеги аңчылык чарбага аңчылык унаасы бар болсо, көчмөн жашоо ыңгайлуу, эгер ал унаа жок болсо, жарым көчмөн жашоо ыңгайына (аңчылыктын жылып жүрүүчү түрү менен айкалышта) туура келет. Сандык типте эт үчүн да, тери үчүн да массалык түрлөргө аңчылык кылынат. Аңчылыктын активдүү формасы үстөмдүк кылган бул типке жарым көчмөн жашоо ыңгайы жана салыштырмалуу жылып жүрүүчү аңчылык түрү туура келет. Аталган формалардын тескери айкашында бул типке отурукташкан жашоо ыңгайы жана аңчылыктын локалдык-стационардык түрү туура келет. Аралаш типке эт үчүн да, тери үчүн да бардык табылган жаныбарларга аңчылык кылынат. Ага отурукташкан жашоо ыңгайы жана аңчылыктын стационардык түрү туура келет. Ар бир конкреттүү учурдагы дүйнөнүн элдеринде аңчылык чарбанын тибинин калыптанышы, аңчылыктын багыттары жана формалары, анын мүнөзүнө, маданий-этностук өзгөчөлүктөрүнө, ыктарына жана куралдарга байланыштуу болот. Жогоруда белгиленгендей, аңчылык чарбанын конкреттүү тиби менен түрлөрүн калыптандыруучу факторлордун комплексинде маанилүү белгилердин бири - аңчылык куралдары болуп саналат. Аңчылык куралдары, анын негизги ыкмалары жана ыктары менен байланышта болуп, маданий-этностук өзгөчөлүктү чагылдырат. Өндүрүштүк ишмердүүлүктүн каражаты болгон аңчылык куралдарын бул ишмердиктин контекстинде кароо зарыл. Бул көз караштан алганда алардын активдүү аңчылыктын куралдары жана пассивдүү аңчылыктын куралдары катары бөлүүгө болот. Активдүү аңчылыкта адамдардын негизги жана жардамчы куралдары болгон. Аңчылык ишмердүүлүгүнүн өнүгүшүн алгачкы этаптарында активдүү аңчылыктын куралдары үстөмдүк кыла баштайт. Ал куралдар ири жаныбарларга аңчылык кылууга байланыштуу келип чыккан. Ири жаныбарларга аңчылык кылууда аңчы өтө жакындап барыш керек болгон. Ири жаныбарларга аңчылык кылууда алардын калың майларын, булчуң эттерин тешип өтүп, маанилүү органдарын жабырландыруу үчүн жарамдуу узун жана учтуу мүйүз менен сапталган найза пайдаланылган. Найзанын учу жаныбарлардын көлөмүнө жана түзүлүшүнө ылайык жасалары аныкталган. Аңчылык өтө жакын аралыктан жүргүзүлгөн. Ири жаныбарларды өлтүрүү үчүн көп күч талап кылынган, ал эми ыргытууда мындай найзалар ийгилик алып келген эмес. Аңчылыктын ыргытуучу куралдары катары түрдүү формадагы күрсү, чоюн баштар эсептелет. Активдүү аңчылыктын ыргытылбоочу куралдарынын эволюциясынын негизги тенденцияларынын бири анын ландшафтка, аңчылык жаныбаларга, аңчылыктын ыкмаларына жараша эки багытка бөлүнүп өнүгүшү болгон. Ачык ландшафттарда тез чуркоочу туяк- туу жаныбарлардын үйүрүнө аңчылык кылууда найзанын ыргытылуучу функциясы күчөйт да, үстөмдүк мааниге ээ болот. Чоюн баш, күрсүлөр да ошондой өзгөрүүлөргө дуушар болот

жана андан соңку эволюциялык өнүгүү доорунда бумеранг сыяктуу ыргытылуучу курсүлөр пайда болот. Жабык ландшафттарда найза менен курсүнүн ыргытылуучу функциясы азаят, ошол эле учурда салмагы оордоп, учтары узун жасала баштайт. Металлдан жасалган бычак, канжар менен кошо найза аюу, каман сыяктуу ири жаныбарларга аңчылык кылуунун негизги куралдарынын бирине айланат. Ал индивидуалдык аңчылыктын мүмкүнчүлүгүн жогорулатат. Металл учтарынын, канжардын пайда болушу менен аңчылыктын натыйжалуулугу кескин өсүп, айрым учурларда аңчылык кылуучу жаныбарларга сыйынуунун пайда болушуна алып келет. Неолит доорунан тартып атылма мылтык пайда болгонго чейинки доорлордо дүйнөнүн көптөгөн элдеринде активдүү аңчылыктын маанилүү куралы жебе жана жаа пайда болгон. Жаанын тарыхына, өнүгүшүнө, анын түрдүү элдердеги жана региондордогу эволюциясына арналган изилдөөлөр арбын. Өндүрүштүн өнүгүшү, аңчылык- тын негизги объектилеринин, ыкмаларынын өзгөрүшү менен, ошондой эле көптөгөн элдерде коргонуучу куралдардын, аскер тактика- сынын өнүгүшү менен бирге бара-бара өркүндөө процессине учурагандыгы талашсыз. Жаанын көлөмү, формасы өзгөрөт, даярдоо технологиясы жана материалы, жасоо ыкмалары жакшырат, жебенин жаңы типтеги учтары жасала баштайт ж.б. Натыйжада жаанын жаңы, бир кыйла өркүндөтүлгөн типологиясынын вариант- тары пайда болот, алардын конкреттүү этностук чөйрө менен байланышкан регионалдык түрлөрү болгон. Жаанын түрдүү вариант- тары белгилүү бир этностук чөйрөдө колдонулуп, ири этностук конгломераттын ичинде же тарыхый региондордун чегинде аны колдонгон этностун маданиятынын бир элементи болгон. Жаанын эволюциясы татаал жана көп багыттуу процесс болгон, анын өнүгүшүнүн негизги багытын ландшафттык-климаттык шарттарды эске алуу менен маданий-генетикалык ыкмасын кароо керек. Активдүү аңчылык куралы катары жаанын өнүгүшү ачык жана салыштырмалуу ачык ландштафттарда анын конструкциясынын татаалданышы географиялык зоналардын ичиндеги универсалдуу типтерин издеп табуу багытында жүргүзүлгөн. Алыскы аралыкка атуу талап кылынбаган салыштырмалуу жабык ландшафттарда жаанын өнүгүшү жөнөкөйлөнүп, аңчылыктын объектисине ылай- ык кубаттуулуктагы оптималдуу четки издөө багытында жүргөн. Бирок ал куралдын баллистикалык күчүнүн жетишсиздигин өсүмдүктөрдөн, жаныбарлардан алынган ууну кеңири пайдалануунун натыйжасында компенсациялоо шартында жүргөн. Жабык тропикалык ландшафттардын шартында, ошондой эле жаа менен атуу талап кылынган аң жаныбарлары жок болгон учурларда ал жөнөкөйлөнүп отуруп, аягында жок болот. Анын ордуна активдүү аңчылыктын башка куралдарынын ыргытылуучу функциясы күчөйт. Мисалы, бумеранг ж.б. Пассивдүү аңчылык куралдары промысел каражаты катары аңчылыктын пассивдүү фомасынын таза түрдө бөлүнүүсү менен бирге пайда болот. Пассивдүү аңчылыктын куралдарынын функционалдык жана типологиялык түрдүү классификациясы бар. Бирок географиялык региондордун чегинде куралдардын комплексинин көп варианттуулугуна байланыштуу бул классификация бир да этностун өзгөчөлүгүн чагылдыра албайт. Пассивдүү аңчылыктын бардык куралдарын стационардык жана көчүрмө деген формаларда бөлүү бир кыйла концептуалдуу болуп саналат. Стационардык куралдарга жасалгандан соң бир ордунда турган, бүтүндүгүн бузбай туруп башка жерге жылдырууга болбой турган куралдар кирет. Көчүрмө куралдарга толук бойдон же жарым-жартылай көчүрүлүп, бирок жаңы жерде толук калыбына кел- тирүүгө мүмкүн болгон куралдар кирет. Мындай бөлүп кароо пассивдүү аңчылыктын тигил же бул каражаттарынын өнүгүү даражасын эсепке алууга жана анын мүнөзү жөнүндө жыйынтык чыгарууга мүмкүндүк берет. Бүтүндөй алганда пассивдүү аңчылыктын куралдарынын өнүгүү даражасы

этностун отурукташкандыгынын бир көрсөткүчү, ал эми стационардык жана көчүрүлмө куралдар комплексинин конкреттүү туруктуу айкашы этностун аңчылык чарбасынын тибинин жана анын салтты улантуусунун көрсөткүчү болуп саналат. Дүйнөнүн ар кайсы элдеринде аңчылыктын өнүгүшүндө социалдык-экономикалык факторлордун ролу чоң. Экономикалык факторлордун таасири ыйгарып алуу экономикасындагы этностук чөйрөдөгү аңчылык чарбасында бир кыйла даана байкалат. Аңчылыктын эт үчүн багытталган баштапкы өнүгүү деңгээлинде байыркы адамдардын локалдык топторунун тар адис- тешүүсүнө алып келген. Дүйнө элдеринин аңчылык чарбасынын багытынын андан аркы өнүгүшү жаратылыш ресурстарын эксплуатациялоонун конкреттүү формасынан экономикалык жактан алганда ыңгайлуу шартка жараша жүргөн. Акча-товар мамилелеринин пайда болушу, аңчылыктын пил жана морж сөөгү, бугунун мүйүзү, канаттуулардын кооз канаты сыяктуу табылгаларына базар баасынын жогору болушу аңчылык чарбанын багытын өзгөрткөн жана жаныбарлардын бүтүндөй бир популяциясынын жок болушуна алып келгендиги тарыхта сейрек эмес. Тери үчүн аңчылык кылууда салык, акча-товар мамилелеринин пайда болушу териси баалуу жаныбарлардын өтө баалуу түрлөрүнүн жок болушуна алып келген. Экинчи жагынан алганда, дүйнөнүн айрым региондордун- дагы фаунанын өтө бай болушу аңчылыктын күчөшүнүн бир себеби болгон. Ал жерлерде аңчылыктын товардык-промыселдик формасына өтүү менен бирге, бир катар элдер, уруулар жашоонун негизги булактарынан ажырайт. Социалдык факторлордун аңчылык өнүгүшүнө тийгизген таасири өндүргүч экономикасы бар этностордун жашоосунан ачык көрүнөт. Социалдык жактан өнүгүүнүн жогорку даражасына жеткен элдерде аңчылык коомдогу элитанын шыбагасына тийген артыкчылыгы болуп калат. Жерге карата менчик орнойт жана аңчылык кылуучу аймактар чектелет. Аңчылык кылуучу аймактар салыштырмалуу чектелбеген учурда элита алгыр куштар менен, гепард менен пил минип, дөңгөлөктүү арабада жүрүп аңчылык кылуу сыяктуу аңчылыктын сейрек түрлөрүнө укук алат. Социалдык жиктелүү алсызыраак жүргөн элдерде аңчылык аймактарын өздөштүрүү өлчөмүнө карабастан, кошумча тамак-аш табуунун ыкмаларынын бири болуп калууда, ал эми айрым учурларда эт белоктун жападан-жалгыз булагы болуп эсептелет. Аңчылыктын социалдык мааниси жөнүндө сөз кылганда адамдын аскердик-спорттук көнүгүүсүндөгү чоң тарыхый-маданий ролун белгилей кетүү зарыл. Антик авторлор аңчылыктын жана ири жаны- барлар менен күрөшүүнүн аскердик кара күчүн жана аскердик кубатын чыңдоочу каражат катары баса көрсөтүшкөн. Индустриялаштыруунун жана жер-жерлерди айыл чарбалык максатта өздөштүрүүнүн өнүгүшү менен өндүргүч экономикасы бар элдерде аңчылыктын спорттук мааниси өсөт. Азыр аңчылык Азиянын, Түштүк Американын, Африканын жана Австралиянын айрым элдеринин, урууларынын жашоосунун негизги булактарынын бири болуп келет. Бир топ этностор (ыйгарып алуу экономикасына үстөмдүк кылгандар) чарбадагы салыштырма салмагына жана экономикалык рентабелдүүлүгүнө карабастан аңчылыктын барктуу маанисин кармап келишүүдө.

**Аңчылык куралы** — аң уулоодо керек ар кандай куралдар. Аң уулоо куралы колдонушуна жараша атылма, тутма болуп экиге бөлүнөт. Оболу жаа, кылтак, тузак, тор ж.б. колдонулса, кийин аңчылыкта мылтык, капкан кеңири колдонула баштаган.

**Апа** — «эне» аталышына синоним катары колдонулат. Айрым райондордо өз энесин «апа» деп, ал эми чоң энесин «эне» деп аташат.

**Апартеид** — апартхейд (африкаанс тилинде «бөлүнүп жашоо»). Түштүк Африка Республикасындагы банту ж.б. европалык эмес элдерге карата жасалган катаал расалык дискриминация саясатынын негизин түзгөн расалык сегрегация

принциби. Мамлекет- тик саясат катары расмий түрдө 1948-ж. киргизилген. Африкалыктар үчүн жалпы аймактын 12 пайызын түзгөн атайын резерваттар (1959-жылдан тарта бантустандар) бөлүнгөн. Дүйнөлүк прогрессивдүү коомчулуктун кысымы астында 20-к. 90-ж. алынып ташталып, ТАРда жалпыга бирдей шайлоо жана шайлануу укугу киргизилген.

**Араб цифралары** - санак жүргүзүү үчүн иштелип чыккан система. 0, 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9 түрүндө жазылуучу математикалык белгилер. Бул санак системасын дүйнөнүн бардык элдери, маалымат-технологиялык каражаттар колдонушат. Бул цифралар маалыматтар боюнча алгач 5-к. Индияда пайда болуп, андан соң Дүйнөнүн башка жерлерине тарай баштайт. Бул системаны арабдар системага салып, өздөштүрүшүп, Европага таратышкан.

**Араба** - унаа чегилүүчү жүк жана жүргүнчү ташуучу чарба шайманы. Араба менен азыр негизинен чарба ишиндеги, дыйкан чарбалардагы жүк ташылат. Арабанын бир нече түрү белгилүү.

**Арак** - ачыган сүттөн же кымыздан тартылган алкогол ичимдиги. Бул ичимдиктерди түрк-монгол тилдүү элдер байыртадан кеңири колдонуп келген. Бул ичимдик көпчүлүк учурда шамандык диний ритуалдарды аткарууда, түлөө өткөрүүдө, көзү өткөндөрдү эскерүүдө пайдаланылган. Энесай кыргыздарынын урпактары болгон хакас, тува, алтай жана шорлордо бул ичимдик «арака» деп аталат. Монгол тилдүү элдерде «архи» деген аталыш менен белгилүү. Аталган элдерде бул ичимдик диний ритуалдарды аткарууда пайдаланылгандыгын соңку мезгилдердеги уюштурулган илимий экспедициялар тастыктады.

**Арачы (кудалашууда)** - үйлөнө турган жигиттин атасынын «тыңчысы». Аны кызын келин кылып алууга ниеттенген тараптын айылына болочоктогу кудалары тууралуу толугураак маалымат алуу үчүн атайын жиберилген.

**Арбак** (ар. рух) - эл ишениминде өлгөн денеден бөлүнүп, өз алдынча жашоосун улантуучу адам жаны, элеси, сөлөкөтү. Ата- бабанын арбагын ыйык эсептеп урматтоо расмиси түрк-монгол элдеринин, анын ичинде кыргыздардын ооз эки чыгармаларында (уламыш-жомоктор, дастандар ж.б.) байыртадан кеңири таралып, өзүнчө жалпылыкты түзөт. Арбакка ишенүү жана аларга арнап курмандык чалуу каада-салттарын өткөрүү кыргыздарда исламга чейин эле белгилүү болгон. Кеңири аймактарга белгилүү болгон арбак жөнүндөгү миф денеден бөлүнүп чыккан «жан» (киши көзү өткөндө) тиги дүйнөдө жашоосун улантат деген түшүнүккө негизделген. Арбакка сыйынуу, аны ыйык саноо ишеними кыргыздардын ишениминде, элдик дастандарда терең сиңген. Ата-бабалардын арбактары кыйын шарттарда колдоп, аларга жардам кылып, дем берип туруучу сыйкырдуу күчтүн милдетин аткарат деген ишеничте болушат.

**Арбактарга сыйынуу** - диндин алгачкы формаларынын бири, өлгөн ата-бабалардын арбагы тирүү урпактарынын турмушуна таасир берет деп ишенүү жана аларга багыттап курмандык чалуу. Арбактарга сыйынуу энелик (матриархат) уруктук коомдо өнүккөн. Үй-бүлө башчыларына, урук аксакалдарына баш ийүү, алар өлгөндөн кийин арбагы үй-бүлөлүк уруктук сыйынууга айланган. Алгачкы жамааттык (общиналык) коомдун бузулуу процессинде жалпы уруулук жана жалпы элдик жол башчылардын арбактарына сыйынуу пайда болгон. Уруулардын башчыларына көзү тирүүсүндө эле Кудай катары сыйынышкан, алардын ата-бабаларын өзгөчө күчкө ээ деп түшүнүшкөн (Полинезия, Түштүк Азия, Батыш Африка ж.б.). Ошол эле мезгилде үй-бүлөлүк уруктук арбактарга сыйынуу сакталып калган жана таптык коомго да өткөн. Ал байыркы гректердин, римдиктердин, славяндардын ж.б. элдердин политеисттик диндеринде көрүнүктүү орунду ээлеген, Кытайда Конфуцийдин (Кун- цзы) окуусунун негизин түзгөн. Илимий адабиятта арбактарга сыйынууга көбүнчө кеңири маани берилип, ага өлгөндөр жөнүндө кам көрүү, тотемдик ата-бабаларга

ишенүү, ата-баба катары эсептебеген үй-бүлөлүк урукта пирлерге сыйынууну да киргизишет. Арбактарга сыйынууга кыргыз коомунда байыртадан өзгөчө орун, маани-маңыз берилип келген. Ата-бабалардын арбактарына сыйынуу протоалтай доорунда эле пайда болушу ыктымал. Ата-бабалардын арбактарына арналып кыргыздарда байыртадан элге чоң аштар берилип, алардын арбагына багышталып курмандыктар чалынган, ислам дини кабыл алынгандан соң, аларга арналып куран түшүрүлгөн.

**Арип** — алфавит тамгаларынын, белгилердин цифралардын графика түрүндөгү формасы. Арип графикалык мүнөзү боюнча кирилица, латиница ж.б. болуп бөлүнөт. Алар аткарган милдетине жараша тексттик, титулдук арипттер деп аталат. Ариптин составына кичине тамга, баш тамга капитилдер кирет.

**Аристов Николай Александрович** (1847-ж. туулган, өлгөн жылы белгисиз). Атактуу чыгыш таануучу, орус этнограф- изилдөөчүсү. Казандагы университетти аяктагандан соң, императордук мамлекеттик ар түрдүү кызматтарда иштей баштаган. 1868-ж. Жетисуу областтык башкармалыгында чиновник кызматында эмгектене баштаган мезгилден тартып, Орто Азиянын жана андагы жашаган калктын тарыхына, этнографиясына, тилине, жер-суу аталыштарына ж.б. кызыга баштаган. Түркстан, андан соң Степное генерал-губернаторлуктарында аскер кызматтарында иштейт. Бул аймакта узак убакыт бою жашап, иштеп калуу жана Түркстан аймагынан жыйналган өтө бай тарыхый-этнографиялык маалыматтар Н.А.Аристовго илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүгө түрткү берет. Ушул аймак анын таанымал илимпоз, инсан катары калыптануусу менен терең байланышкан. Мындан сырткары, илимпоз бир нече чыгыш тилдеринде сүйлөй жана түшүнө билгендиги маалым. 1893-ж. Н.А.Аристовдун «Усуни и киргизы или кара киргизы. Очерки истории и быта населения Западного Тянь-Шаня и его исторической географии» аттуу эмгеги жарык көрөт. Ал эми 1894- 1896-жж. атактуу «Живая старина» журналына «Опыт выяснения этнического состава киргиз-казаков Болшой Орды и каракиргизов на основании родословных сказаний...» аттуу көлөмдүү, илимий негиздүү эмгеги жарык көргөн. Автордун эмгектеринде кыргыздардын келип чыгышы, этнографиясы, анын ичинде уруулук курамы, жайгашышы, айрым уруулардын келип чыгышы, уруулук эн тамгалары боюнча өтө баалуу маалыматтар бар. Мындан сырткары, Н.А.Аристовдун кыргыз этносу жана анын келип чыгышы боюнча илимий негиздүү тыянактары бар. Илимпоздун эмгектери кыргыз тарыхы үчүн азыр да өз актуалдуулугун жогото элек.

**Аркак** — кездеменин эриш жиптерине туурасынан айкалыштырылган жиптер. Кездеме токуучу станокто аркак жиби ирееттүү эки топко бөлүнгөн эриш жиптеринин ортосуна оң-солго өткөрүлөт. Аркак жиби бышык болбосо деле жарай берет, ошон үчүн начар сапаттагы булалардан жасалып, ийригенде да аз чыйратылат.

**Аркан —** жүн, кыл жиптен чыйратылып же өрүп жасалган жоон жип. Өрмө аркан экөө оңго, экөө солго чыйратылып эшкен жиптен даярдалат. Эл арасында жылкынын жал-куйругу, эчкинин жүнү көп кошулуп жасалган атайын кыл аркан пайдаланылган.

**Аркан бою** — болжол менен 4-5 метр чамалуу жер, аралык, чен. Кыргызда «күн аркан бою көтөрүлүп калды», же шашке маал болуп калды деп айтылат.

**Аркан тартыш** - кыргыздын байыркы элдик оюну. Бул оюн чоң аш-тойлордо, ири салтанаттарда уюштурулган. Эки тараптан жалпы саны бирдей жигиттер, айрым учурларда кыз-келиндер ортолукта атайын чийилген сызыктан калыстын атайын белгиси боюнча эки тарапка бир учурда тартышкан. Каршылаш оюнчуларды тартып кеткен топ жеңишке жетишишкен.

**Аркан тосуу** - келин күйөөнүн айылына жеткенге чейин жолдогу айылдарда аркан менен жолун тороо салты. Тоскондорго келин түрдүү белектерди (кол жоолук, шакек, акча ж.б.) берип, өзүнө жол бошоттурат. Жол тоскондорго берилчү «жол ачтырар» белектерди кыздар сеп даярдоо мезгилинде эле кошо даярдашкан. Бул салтты этнографтар магиялык күчкө ээ болгон буюмдарды (сакралдык аркан ж.б.) аттап өтүүгө тыюу салуу менен түшүндүрүшөт.

**Аркыт** (монг. саба) - сырткы көрүнүшү көөкөр сыяктанып, төөнүн терисинен жасалып, ооз жагы күмүш же дат баспаган металл менен кыр бууланган ичине суюктук куюлуучу идиш. Кыргыздар кымыз, айрандан тартылган арак ж.б. ичимдиктерди куюш үчүн пайдаланышкан.

**Арман** - кыргыздын музыкалык фольклорунда жана комуз музыкасында кеңири өнүккөн жанрдын бири. Арманда негизинен кайгы-муң, кедей-кембагал, жетим-жесирлердин оор турмушу, улан- кыздардын бири-бирине жетпей зарланышы, малга сатылган кыздардын муңу баяндалат. Комузда арман күүлөр жөнөкөй кайгылануудан тартып кеңири масштабдуу классикалык күүлөргө чейин өскөн.

**Арман ырлары** — коомдогу теңсиздик мамилелерден, жетишпеген турмуштан жана жеке башка түшкөн турмуштун кыйынчылыгынан пайда болгон элдик оозеки чыгармалардын бир түрү. Арман ыры өзүнүн тематикасы жана мазмуну боюнча ар түрдүү болот. Коомдун өзгөрүшү менен арман ырынын мазмуну да өзгөрөт.

**Археология** — адам баласынын байыркы тарыхын зат түрүндөгү булактар боюнча таанып изилдөөчү илим. Аларга алгачкы адамдардын турак жайлары, эмгек куралдары, курал-жарактары, мүрзөлөрү, аскалардагы жана таштардагы жазуулар менен сүрөттөр, чиймелер кирет. Учурда археология илими кыргыз тарых илиминин бир тармагы катары калыптанып, өнүгүүдө.

**Арык 1**. Табигый же жасалма суу нугу, арык. Сууну бөлүштүрүү жана керектүү жерге жеткирүү үчүн пайдаланылат. Жасалма канал, чоң арык, чарба ичиндеги майда сугат тармактары да жалпысынан арык деп аталат.

**Арык 2**. Бул термин кыргыз тилинде «аруу», »таза» маанисин да туюнтат. Хакас тилинде бул термин эки маанини туюнтары маалым: 1. Дарыянын ортолугунда пайда болгон арал; 2. Аралда өскөн өсүмдүк, бак-дарактар; Экинчи мааниси: 1. Тунук; 2. Ыйык. Монгол тилинде (монг. ариг) «таза», «тунук», «жакшы» дегенди аныктайт. Кыргыздар менен этностук жакындыгы аныкталган сары югурларда «арык» сөзү «таза» деген мааниден башка, «кытайлардын бийлигин тааныган түрк тилдүү мусулмандар» дегенди түшүндүрөт. Кыргыздын бугу уруусунун курамында арык тукуму деген ири уруктар тобу белгилүү. 18-к. арыктар өз алдынча урук болгондугу, кийинчерээк бугулардын курамына киришкендигин окумуштуулар өз иликтөөлөрүндө белгилеп жүрүшөт.

**Асанканов Абылабек**, 1954-ж. туулган. Тарых илимдеринин доктору (1993), профессор (1996), Кыргыз УИАсынын мүчө-корреспонденти, этнограф-тарыхчы. Кыргыз Мамлекеттик университетинин тарых бөлүмүн аяктаган. Илимий ишин СССР Илимдер академиясынын Этнография институтунда аспиранттык мезгилинен уланткан. КМУнун тарых бөлүмүндө окутуучу, ага окутуучу, доцент, профессор, кафедра башчысы, декан, Кыргызтаануу борборунун жетекчиси ж.б. жооптуу кызматтарда эмгектенген. Этнология, анын ичинен этносоциологиялык маселелери боюнча адис. Изилдөөлөрү чет элдик илимий басылмаларда жарык көргөн. Этносоциология боюнча бир катар эмгектердин, илимий басылмалардын автору. Эл аралык илимий экспедицияларды уюштуруп, кыргызтаануу үчүн бир кыйла эмгек сиңирип келе жатат. Анын жетекчилиги астында бир катар илимдин докторлору, аспиранттары даярдалган.

**Аскетизм** — материалдык дүйнөдөн, жалган дүйнөдөгү турмуш жыргалчылыктарынан баш тартып, такыба жашоо, сопучулук. Аскетизм социалдык жактан эзүүгө, адилетсиздикке, мүлктүк жана саясий теңсиздикке каршы наразычылык катарында чыккан. Тарыхта аскет образында жашаган улуу инсандар: Мухаммед пай- гамбар, Чыңгыз хан, Махатма Карамчанд Ганди ж.б.
**Ассимиляция** - (лат. «окшошуп калуу») - этностук биригүү, жуурулушуу процесстеринин бир түрү. Тарыхта бир элди экинчи бир эл, бир этнографиялык топту башкалар өзүнө сиңирип алган мисалдар арбын. Кыргыздар да өз кезегинде хунну, огуз-түркмөн, монгол, кыпчак, кара кидан ж.б. этнокомпоненттерди өз курамына сиңирген. Мисалы, казактардын, каракалпактардын, башкырлардын курамындагы ногой, монгол, угрофинн этнокомпоненттерин ж.б. бөлүп көрсөтүүгө болот.
**Астрология** - асман телолорунун (жылдыздарынын) жайгашуусу менен тарыхый окуялардын, кубулуштардын, адамдардын жана элдердин тагдырларынын ортосундагы байланыштар жөнүндөгү окуу. Кыргыз элинин уламыш, эпосторунда астрологиялык түшүнүктөр маанилүү орунду ээлейт. Ай, Күн, Чолпон, Үркөр, Жетиген, Учуучу жылдыз, Куйруктуу жылдыз ж.б. көптөгөн асман телолору тууралуу көркөм поэтикалуу мифтерди, уламыштарды жаратышы далил боло алат. Астрология окуусу жарык чыгаруучу асман телолорунун, айрыкча планеталардын жайгашкан абалына карап туруп, башталуучу иштин аягы эмне жыйынтык менен бүтөрүн, кишинин же бүтүндөй бир элдин келечек тагдырын алдын ала айтууга негизделген. Астрологдордун ою боюнча Күн, Юпитер, Сатурн, Марс, Чолпон, Меркурий, Ай адамдардын келечек тагдырына өз таасирлерин тийгизет, жашыруун күчкө ээ болушат деген ишеничте болушкан. Астрология астрономиядан айырмаланып өз алдынча илим жана илимий багыт эмес. Кыргыздар байыртадан асман телолорунда болуп жаткан кубулуштар жана алардын сырларына кызыгышкандыгын элдик уламыштардан, дастандардан, руникалык кыргыз жазма эстеликтеринен байкоого болот. Кыргыздар жылдыздардын жайгашышына карата көчүп-конуу, сапарга чыгууну ж.б. аныкташкан.
**Асый** — төрт жаштагы бодо. Малдын жашын тиши аркылуу аныктоого болот. Бул көбүнчө жылкыга карата колдонулат. Жылкы асый болгондо, ортонку кашка тиши түшүп, анын ордуна турук- туу кашка тиш чыгат. Жылкынын жашы улам илгерилеген сайын анын тишиндеги чуңкурлар жоюлат да, 10-12 асыйында кашка тиштери үч бурчтуу формага айланат. Төрт түлүк малды тишине карата жашын аныктоо жана анын тарыхый-лексикалык терминологиясы Түштүк Сибирдин түрк тилдүү элдеринде да туруктуу сакталып келет. Терминологияда кыргыздар менен тарыхый жалпылыгын көрүүгө болот.
**Ат — адамдын канаты**. Ат (жылкы) - адам баласы тарабынан колго үйрөтүлгөн эң алгачкы үй жаныбарларынын бири. Жылкы алгач ирет адам баласы тарабынан Лидияда (азыркы Түркиянын аймагы) колго үйрөтүлгөн деген илимий тыянактар бар. Ат жана анын адам баласынын турмушундагы ээлеген орду, ролу өтө кенен иликтенген. Анын ичинде кыргыздардын дастандары, жөө жомоктору, уламыш-санжыралары жана андагы сюжеттер жылкы жаныбары менен терең байланышкан. Жолоочу жүрүп бара жатып ат үстүндө тамак ичкен, уктаган. Кыргыздын бул жаны- бар жөнүндө өтө көп айтылган маанилүү макалдары бар: айгыры ала болсо, кулуну кула болот; ат ээси менен, баш мээси менен; атка бербес кунан бар; жакшы атка бир камчы, жаман атка миң камчы; атың барда эл тааны, атаң барда жер тааны; акыр заман аттан ажыраган жерде; таяк тайга жеткирет, таба атка жеткирет; ат муратка жеткирет; ат башына күн тууса, ооздук менен суу ичет, эр башына күн тууса, өтүгү менен суу кечет; жата берсе ат арыйт, жүрө берсе жол арбыйт; аты жоктун буту жок; ат сыйлаган жөө баспас, эр сыйлаган эшикте

калбас; жакшы аттын жалын сакта, жакшы эрдин кадырын сакта; атты арыганда көр, эрди карыганда көр. Кыргыздар жакшы аттын башын бийик жыгачтын башына илишкен. Бул байыркы шамандык түшүнүк менен байланышы болгон. Сынчылар кишини жана атты сынап, башка малды сынабаган. Күлүк чобур болорун кулун жана тай кезин- де сынап билген; үйдө олтуруп тыштагы аттын баскан дабышынан күлүк болорун билген. Кыргыздын белгилүү сынчылары күлүктү асылына карата 18 түргө бөлө билишкен.
***Ад.:*** *Солтоноев Б. Кыргыз тарыхы. Б.: 2003.*
**Ат жабдыктары -** атка минип жүрүүгө керектелүүчү буюмдар жана шаймандар. Кыргыздын ат-жабдыктарына: ээр, үзөңгү, канжыга, жүгөн, нокто, көмөлдүрүк, басмайыл, куюшкан, желдик, тердик, ичмек, көрпөчө, ат жабуу, үртүк, камчы кирет. Булардын ар биринин өзүнүн аткаруучу милдеттери бар.
**Ат жабуу —** ат жабдыктарынын түрү. Ат жабуунун формасы, колдонулушу, жасалышы жагынан айырмаланган бир нече түрү бар. Бир түрү - дикек. Ал өрмөктө созулган терме, кажары же пиязы таардан чети асемделип, ич жагына кийиз тигилип жасалат да, аттын соорусуна жабылат. Ал эми эңиш, байге, кыз куумай ж.б. оюндарга минилген күлүк атка атайын үртүк даярдалган. Үртүк кымбат кездемеден өзгөчө коолдолуп, саймаланып, ичтелип жасалат.
**Ат таптоо.** Кыргыздын байыркы өнөрлөрүнүн бири. Ат таптоо эки түрдүү болуп, ыраңга семирген атты таптап, байлоо жана кол- го семирген атты кайра таптоо. Ыраңга семирген атты таптоо экинчисине карганда өтө татаал болгон. Байыркы заманда чапкан атка жем бербестен, боз от, бетегеге оттотуп, кээ чакта бээнин сүтүн берип, мамыга көбүрөөк байлап коюп тапташкан. Бул «куу мамы» деп аталган.
Атты чабар этине келди деген белгилери бир нече түрдүү болуп, биринчи - тер калбайт, экинчи - май калбайт, үчүнчү - каны толук арык болсо да, эти, сыны, сөөгү семиз аттыкындай болгон. Төртүнчү - сууту абдан кандырылат. Этине абдан келген аттын белгиси өз мүнөзүнө жараша болуп, кээ бири магдырап, кээ бири чакчаңдап турат. Алардын баарында түпкү бир белгиси кандай болсо да, кандай суутса да, канчалык чөпкө тойсо да таңашырылган. Чабар күнү суу ичпейт, чапкан аттын жинигип өлмөгү, ачкалык жаки семиздик, жаки тер калгандыктан болот.
Бул үчөө бирден жок болсо да, жана ичинде бузугу болбосо, канчалык алыска чапса да майып болбогон. Аттын табы катуу жумшагы болуп, эгерде семиз болбосо, жаки тер калса дагы, кыш- тын күнү чабылган ат майып болбогон, бузулган күлүк атка үч түрдүү дабаа кылган. Биринчи - арыгынан эрте көктөмгө агытып, семиртүү. Экинчи - кышында карга арыгынан агыта берүү. Үчүнчү - күкүрт, көбүнчө карандыз берүү.
Жанын таштап чуркай турган аттардын соорусу балкылдап калбастан, жабышып калат. Чоң тер алганда барыш-келиш 25 чакырым болуп, кулактын учунан тер акса, ошончолук калың жабууда жүрүп, чуу десе, аягы буйдалабастан, анда-мында бир тийип жулунуп ала качат. Тер алганда ат кандай күүлүү болсо, эртеси байгеге ошондой жүгүрөт. Чыгаар аттын белгиси жүнү типтик болуп, бузугу жок болсо, сийдиги тунук болот. Колго семиртип чабылган атты күзүндө көккө бир байлап, семиртип, кайта кайтарат. Жеми көбүнчө арпа, таруу болуп, эгерде этинен бир кыйла ооп баратса буудай жеми берилет.
Кыргыздар ат чабышка туш келген эле аттарды кое берген эмес. Күлүктү атайы бир жыл, алты ай, үч ай байлап тапка келтирген. Байланган күлүккө жем-чөбү, суусу гана эмес, аны мал- маалы менен бастырып, чаптырып туруунун өзү да белгилүү өлчөмдө так ыргак менен тартипке салынган. Учуру келгенде улам аттын терин алып, (жылма терин, кара терин, анан акырында ачуу терин алат) жүрүп олтуруп, чоң байгеге таптаган. Ачуу тери таза алынбаган күлүктү алыс аралыкка чапканда ал буулугуп өлүп калышы мүмкүн. Кыргыз элинде даңазалуу

чоң байгеге атайы тапталган күлүк аттарга чөпкө кошо тууралган козунун этин, кээде жыланды да жедиргендиги айтылат.
***Ад.:****Солтоноев Б. Кыргыз тарыхы. Б.: 2003.*

**Ат чабыш (байге)** - байыркы замандардан бери келе жаткан кыргыздын улуттук спорт оюну. Кыргыздардын аш-тойлорун, салтанаттарын оюн-зооксуз, анын ичинен ат оюндарысыз элестетүү кыйын. Ат чабыш кыргыздын канына сиңген эзелки спорт оюндарынын бири.

**Ата** — 1. Эркек кишинин өз балдары тарабынан аталышы. 2. Жаштардын улуу эркектерге кайрылуусу.

**Атала** — акшак, ун, талкандан жасалган жарма. Бул тамак көбүнчө кыш мезгилдеринде даярдалган.

**Аталаш** — атасы бир, энеси башка бир туугандар.

**Аталык.** Байыркы кыргыз (түрк) термини. Термин «ата болду», «аталык кылууга ээ болду» маанисин туюнтат. Баланы башка бирөөнүн колуна тарбиялоо үчүн берүү, тууган-туушкан болуунун бир формасы. Өткөн доорлордо тектүү үй-бүлөлөр балдарын атайын тарбиялоо максатында карапайым адамга же башка бир үй-бүлөгө тапшырган учурлары кездешкен. 19-к. Кокон хандыгында аталык башкаруу институту болгондугу маалым. Кокон сарайында кыргыздардын белгилүү мамлекеттик саясий ишмерлери Нүзүп бий, Мусулманкул, Алымкул аталык, Алымбек даткалар хандар үчүн аталык функцияларын аткаргандыктары белгилүү. Бул фактылар Кокон ордосундагы кыргыздардын толук үстөмдүгүн чагылдырган.

**Аталык урук** - бир атадан таралган кандаш туугандардын экзогамдык коллективи (туугандардын жамааты), патрилиниялык урук, өздөрүнүн бир топ экендигин аңдап түшүнүшкөн, бир атадан таралган кандаш туугандардын экзогамдык коллективи (жамааты). Өзүнүн бир топ экендигин аңдоо уруунун атынан, бир атадан тарагандыгына ишенүүлөрүнөн ж.б. байкалат. Аталык урук алгачкы общиналык (жамааттык) коом бузулуп бараткан доорго мүнөздүү, бирок анын алгачкы формалары бүгүнкү күндөгү айрым элдерде (австралиялыктардын бир бөлүгү, индейлер ж.б.) жолугат. Арабдарда, банту элдеринин айрым топторунда ж.б. аталык урук эндогамдык мүнөзгө өткөн.

**Атан төө.** Атан - байыркы түрк тилдеринде «жумушчу төө» маанисин аныктаган. Атан кыргыз, казак, тува тилдеринде мингич төөнү аныктайт. Бул сөз кыргыз тилинде эки мааниде чечмеленет: I.Бычылган эркек төө; 2. Аты чыгып, элге кеңири белгилүү болуу, атагы чыгуу. Байыркы лексикалык катмарга кирген бул энчилүү ат шамандык диний ишенимди чагылдырышы ыктымал. Алтайлыктардын курамындагы челкан, телеут жана теленгиттерде шамандын бубени «ак адан» деп аталары маалым (алт. тув. «ак адан» - «ак төө»). Хакастарда азыркы күндө «адан» сөзү шамандын бубенин аныктайт. Түштүк Сибирдин түрк тилдүү элдеринде бубен шамандын мингич аргымагын элестетери белгилүү. Ритуал учурунда жаныбардын терисинен (марал, бугу, багыш, төө ж.б.) оролуп, коздолуп жасалган бубен шамандын Жер Эне менен Көк Теңирдин ортосундагы аткарылуучу кабарчылык миссиясында канаттуу мингич аргымакты элестетет. Телеут шаманы ритуал мезгилинде «алты өркөчтүү ак адан» деген дубасын айткан. Ушул эле автордун белгилөөсүндө «ак адан» диний ритуал мезгилинде челкан шамандарынын кыялында бычылган ак төөнү туюнткан. Бул мисалдар челкандардын, телеут жана теленгиттердин ата-бабалары өткөн тарыхый мезгилдерде төө багуу менен кесиптенишкендиктерин да тастыктайт. Кыргыздардын мал чарбачылыгынын бир тармагынын шаман бубенинде чагылдырылышы «ак төөнүн» алгач тотемистик мүнөзгө ээ болгондугун аныктайт. Кыргыз, тува, өзгөчө казактарда ак төөгө сыйынып, курмандык чалып,

түлөө өткөзүү кенен тарагандыгы маалым. Атан - кыргыздын багыш уруусунун курамындагы урук катары маалым.

**Атка минер** - илгери кыргызда колунда бардар, сөзү өткөн, калк ичинде аброю бар катмардын өкүлдөрүн атап коюшкан. Бул термин бүгүнкү күндүн реалдуу турмушунда да жашап келүүдө.

**Атты** - алгыр куштардын ичин тазалоочу көңдөй түтүкчө. Ал жыгачтан, камыштан же жорунун жото жилигинен жасалат. Алгыр куш семирип кетсе, же аңга салар алдында жем жеп койсо, анын ичи атты менен тазаланат. Алгыр куштун оозун ачып туруп, ага аттынын жардамы менен туздуу суу жиберилет. Бир аздан соң, алгыр куштун ичи өтүп, ичи тазаланат, салууга даяр болот.

**Аттокуров Сабыр** (1932-2005-жж.). Кыргыздын таанымал тарыхчы-этнографы. 1953-ж. КМУнун тарых бөлүмүн артыкчылык диплому менен аяктаган. 1965-ж. 1987-ж. чейин Кыргыз Мамлекеттик университетинде окутуучу, доцент, профессор, декан болуп эмгектенип келген. 1968-ж. кандидаттык, 1969-ж. докторлук диссертацияларын ийгиликтүү жактаган. Илимпоз 1992-ж. тарта Кыргыз Улуттук ИАсынын Тарых институндагы Соңку жаңы мез- гилдеги тарых бөлүмүн жетектеген. Кыргыз этнографиясы боюнча эң алгачкы жардамчы окуу китебин жарыкка чыгарган. Кыргыз этнография, этнология илиминин калыптанышына зор эмгек сиңирген. Автордун «Тагай бий», «Тайлак баатыр» ж.б. эмгектери белгилүү.

**Атчы** - ат багуучу адам. Атчынын милдети: аттарга жем-чөп берүү, сугаруу, аткана용ны жана жылкыны тазалоо, ат жабдыгынын сакталышына көз салуу ж.б. эрежелерди сактоо милдети кирет. Кыргыздарда бул кесипти актачы деген термин аркылуу да айтышкан. «Ахта» монгол тилинде - жылкы, ат; - чы, кесипти, кыймыл-аракетти билдирүүчү аффикс туюнтат.

**Афган кыргыздары.** Афган кыргыздары аталган өлкөнүн түндүк аймактарын (Чоң Памир, Кичи Памир) байырлашып, 1959-ж. эл каттоодо жалпы саны 25 миңге чамалаш келген. Кыргыздар бул аймакта эзелтеден эле жашашып, салттуу көчмөн жана жарым көчмөн шартында байырлашкан. 19-к. орус-кытай (Цин), орус-англис келишимдеринин натыйжасында кыргыздар Ферганадан Памир тоолоруна, андан Чыгыш Түркстан тарапка көчүп жүрчү көп кылымдык салттуу жолунан, эң негизгиси - кеңири жайлоолорунан, өз ара катышуудан ажырап калышкан. Кыргыздардын бир бөлүгү Афганистандын курамында калып калган. Алардын этностук курамы памирдик (Каратегин) кыргыздар менен бирдей, жалпы башатка ээ. 1895-ж. Памирди географиялык жактан чектеш мамлекеттер ортосунда бөлүштүрүүнүн натыйжасында обочолонуп калуу абалына дуушар болушкан. Афган кыргыздары Памирде жашашкан кыргыздардын чет өлкөгө (Түркия Республикасы) журт которуп кеткендерден калган бөлүгү (айрым маалыматтарда 10 миңден ашуун) Кичи Памир жана Чоң Памир деп аталган аймак- тарда жашашат. Айрым тарыхый маалыматтарга караганда, кыргыздар Афганистандын түндүгүндөгү чыгыш өрөөндөрүндө, Хазре- ти-Имам-Сахибдин түштүк жактарында жана Кичи Памирдин Лян- гар, Бозай-Күмбөз, Жүз-Каз деген жерлерин байырлашат. Чектеш жайгашкан Чыгыш Түркстан, Тоолуу Бадахшан (Тажикстан) жана афган Памирин кыргыздар эзелтеден мекендеп келишет. Айрым изилдөөчүлөрдүн кыргыз урууларынын аталган аймактарга 18-к. көчүп барган деген пикирлерине кошулууга болбойт. Жергиликтүү информаторлордун берген маалыматтарына караганда, ал жердеги кыргыздар өздөрүн эки бөлүп, анжияндыктар (келгендер) жана сарыколдуктар (жергиликтүүлөр) деп айырмалашат. Наймандар, кыпчактар келгиндерге, теиттер, кесектер жергиликтүү калкка (уру- уларга) кирет. Орус илимпозу Н.Ф.Ситняковский да өз эмгектеринде жогорудагыдай эле маалыматтарды берет. Ал дагы ичкилик урууларын эки топко бөлүп, наймандар жана кыргыз-кыпчактар ичкиликтердеги

сол канатка, кесектер жана теиттер оң канатка кирет деген. Изилдөөчүлөрдүн пикирлеринде табийгаты катаал бул аймактарды кыргыз урууларынын ичинен эң оболу тейиттер өздөштүрүшкөн. Анткени бул аймактагы тейиттер салыштырмалуу өтө ыңгайлуу жайыттарды ээлешет. Тейиттерге барчу жол (Кыргызстандан) Харгуши-Памир менен туташтырылган Кызыларт ашуусу, Алай өрөөнү, андан ары Аксуу дарыясы аркылуу өткөн. 19-к. баш чендеринде тейиттердин бир бөлүгү андан да ары жылып, Санчу аймагынан конуш алышкан. Бул уруунун жер которуусуна Кокон ханы, 1834-жылы Каратегинди басып алган Мухаммед Алинин (Мадали-хандын) зомбулугунан кутулуу максаты түрткү болгон. Кесек уруусу тейиттерден айырмаланып, Чоң Памирге Дарвоз жана Шугнан тоо кыркаларынан ашып, батыш тарапты өздөштүрүшкөн. Ошентип, 19-к. аягында тейиттер кар аз түшчү Ыраң-Көл жана Кичи Памирге жайланышып, кесектер болсо Чоң Памирди, Аличурду мекендеген, алардын ортосунда анчалык көп эмес кыпчак уруусунун түтүндөрү жайгашкан. 19-к. 70-жылдарында Памир Кокон хандыгы, Кашкар эмири жана Кабул эмиринин вассалы катары үчкө бөлүнүп калышкандыгына карабастан, памирдиктер эч кимге баш ийбей, тың жашашкан. Алар тигил же бул жайытка ким көз артып, кызыгып жүргөнүн да эске албай, ээн-эркин көчүп жүрүшкөн. 1895-жылдын 27-февралындагы Памирдеги чек араны белгилөө орус-англис келишиминде чечилди. Памир талашында жана чек араны тактап, бөлүүдө бул аймакта жашаган калктын үрп-адат, каада-салттары, этностук өзгөчөлүгү, элдин түпкү кызыкчылыктары эске алынган эмес. Ошонун натыйжасында, Түштүк Памирдик кыргыздар менен тажиктер экиге бөлүнүшүп, бир тарабы Россияга, экинчилери Афган хандыгынын бийлигине кошулушту. Афган хандыгынын, андан соңку королдук Афганистандын тушунда да кыргыздар борбордон көз каранды эместигин сактап кала беришкен. Кыргыздар эзелтеден жашаган аймакка өкмөт, жергиликтүү башка калктар кысым көрсөтө алыш- кан эмес. Афгандык кыргыздар башка кыргыздардай эле уруулук түзүлүшүн, өзүн-өзү таанып-билүүсүн сактап калышкан. Кыргыздын ичкилик (Булгачылар) уруулук тобуна кирген афган кыргыздары төмөндөгүдөй курамга ажырашат: оң канат, сол канат ичкиликтер. Оң канатка - тейит, кесектер; сол канатка - найман, кыпчактар. Памирдеги кыргыздардын ичинде калмактар жана вахандар бар. Калмактар мурдагы кулдар, азыр болсо кулчулуктан бошошуп, кыргыздардын курамына сиңип кетишкен, кийинкилери болсо (вахандар) бай кыргыздарга кызмат кылуучулардан болушкан. Кичи Памирде жана ага жанаша жайгашкан өрөөндөрдө кыргыздардын төрттөн үч бөлүгү жашайт. Улуу (Чоң) Памирде кыдырша, мамычар, бостон, куралай, кызыл аяк, найман, муңдук ж.б. уруктардын өкүлдөрү байырлашат. Сары кол, Кичи Памир, Чоң Памир, Ыраң-Көл, Толубай, Сары-Мукур ж.б. ушул сыяктуу жергиликтүү топонимикалык аталыштар кыргыздардын аталган аймактарда эзелтеден мекендеп келишерин чагылдырары анык.

Афган кыргыздарынын соңку жаңы тарыхында Рахманкул хандын ордун өзгөчө бөлүп көрсөтүүгө болот. Замандаштардын жана чет өлкөлүк саякатчылардын, изилдөөчүлөрдүн айтымдардында Рахманкул хан табийгаттан сергек акылдуу, алысты көрө билген, эл камын ойлогон, афган Памириндеги башка калктардын арасында да чоң кадыр-баркы бар инсан, эл башчысы болгон. Лоя-Жиргага (Афганистандын 1978-ж. чейинки парламентинин аталышы) бир нече ирет депутат болуп шайланган. Арийне, 1978-ж. апрелдеги Афганистандагы мамлекеттик төңкөрүш жергиликтүү кыргыздардын көп кылымдык жашоо укладына, экономикалык абалына, социалдык-саясий абалына өз кедергисин тийгизген. Рахманкул хан жетектеген Кичи Памирдик кыргыздардын бир бөлүгү Кара- Корум тоо кыркалары аркылуу эки жумага созулган көчүүнүн натыйжасында Пакистанга караштуу Рилгет өрөөнүнө келип отурук- ташышкан.

Бийик тоонун калкы абасы нымдуу, жайкы аптабы 40 градуска жеткен Пакистандын климатына көнө алышкан жок. Айрыкча жаш балдарга жана аялдарга өтө кыйын болду. Ошол эле 1979-жылы жугуштуу ич келте ж.б. оорулардан жүздөгөн аялдар, жаш балдар көз жумушкан. Албетте, бүтүндөй элди ата-бабалары жашаган жерден табийгаты, тили, дини бөтөн жерге зордоп көчүрүп кетүүнүн зарылчылыгы бар болгонбу, бул маселеге тарых өзүнүн баасын берет. 1980-ж. апрелинде Рахманкул хан АКШнын Исламабаддагы элчилигине кайрылып, жер которууга уруксат берүүчү иммиграциялык виза сураган. Андан соң, Түркиянын өкмөтүнө да кайрылган. Бул сураныччты Түркия өкмөтү кабыл алып, 1982-ж. март айында тоо аймагындагы Анатолия районуна кабыл алууга чечим чыгарды. 1982-ж. август айында 1138 адам самолеттор менен Турцияга өтүшүп, убактылуу Каракундуз айылына жайгашышкан. 1985-ж. Алтын-Дараге биротоло отурукташып калышкан. Түркия өкмөтүнүн гумандуу саясаты көчкөн кыргыздарды биротоло кырылып жок болуудан сактап калган. Түндүк-Батыш Афганистанда азыркы учурда да бир топ санда кыргыздар жашап келишет.

**Ачакей-жумакей.** 1. Бир чүкө менен эки же бир топ балдар олтуруп алып ойноочу оюн. Тегерете же маңдай-тескей олтурган балдар бир чүкөнү кыдырата улам бирөө өкчөшүп, таа консо бир, алчы консо эки манжасын жумуп, конбой калганга чейин өкчөйт. Өкчөгөндө конбой калса, оюн кезеги өткөрүлүп, андан кийинки бала өкчөйт. Оңко турса кайра өкчөйт. Ким беш манжасын мурда ачып, жуумуп бүтсө, шап, чертмей, матек мөөрөйлөшөт. Бул оюн азыр өтө сейрек ойнолот. 2. Кичине балдардын оюну. Оюндун шарты төмөнкүчө: бирөө эки колу менен көзүн басып турат, экинчиси анын колун чертип жиберип, өз колун жумуп, окшош эки манжа- сын ошол замат ача көрсөтөт. Ачкан манжалары черткен манжаларга туура келип калса, ал чертүүдөн кутулуп, кармалып калганды өз ордуна тургузат. Оюн ушинтип улана берет.

**Ачыткы** - максымды, бозону, кымызды, камырды ж.б. ачыта турган көрөңгө, үрп, камыртуруш. Камырдын ачыткысы - камыр туруш: жарма, бозо жана кымыздын ачыткысы - көрөңгө, кымыздын алгачкы ачыткысы үрп (мурунку жылкы күзүндөгү кымыздын үрпүн кургатып коёт) делет. Камыртуруш жокто, анын ордуна бозо же ачыган жарма колдонулат. Жарманын ачыткысы - көрөңгөсү жокто бозону же ачып калган камыртурушту жылымык сууга эзип куюшат.

**Ачы** - байыркы (5-10-кк.) кыргыз урууларынын бири. Энесай кыргыздары татаал этностук жалпылыкты түзүшкөн, мамлекеттин курамына түрдүү тилдик жалпылыктар кирген. Кытай жыл баяндары тарабынан эскерилген, Тибетке расмий сапар менен барган кыргыз элчиси «Ач» уруусу менен бирге эскерилген атактуу «болчар» (большар) уругунан чыккан. 6-9-кк. кыргыздардын этностук курамында бул уруунун болгондугун руникалык жазуу эстеликтери чагылдырат. «...7-9-кк. Кара-Июс дарыясынан Енисейге, Уйбат дарыясынан Койбал чөлүнө чейинки аймактарды кыргыздын «Ач» аттуу уруусу мекендеген». Ошону менен бирге, бул жазуу эстеликтеринде «ач», «болчарлар» менен бирге, кыргыздын «ли» аттуу уруусу да эскерилет. 1924-ж. Уйбаттан табылган байыркы кыргыздарга таандык күмүш идиште: «... алтын..., ач элинин белеги...» деген маалымат бар. Изилдөөчүлөрдүн дээрлиги «...алты он ашагы ачын - ач элинен алтымыш түр тамак» маанисинде окушат; «ач» элин энесай кыргыздарынын бир бутагы деген тыянакка келишкен, айрымдары «ач» элин 7-9-кк. кыргыздардын этностук курамынын өзөгүн түзгөн деген ойду айтышат. Кыргызстандын жана Түштүк Сибирдин топонимиясында Ачы (Көкарт, Базаркоргон өрөөндөрү), Ачинск, Канск-Ачинск (Түштүк Сибир аймагы) деген жер-суу аталыштары сакталып келет.

***Ад.:** Евтюхова Л. А. Археологические памятники енисейских киргизов//Хак. НИИЯЛ и И.-Абакан, 1948; Савинов Д.Г. Народы Южной Сибири в древнетюркскую эпоху. Л.,1984; Сердобов НА. О некоторых вопросах этнической истории народов Южной*

*Си- бири//СЭ.1971,- №4; Сердобов НА. История формирования тувинской нации. -Кызыл, 1971.*

**Аш** - көзү өткөн маркумдун жыл маалы өткөндө же андан кийин эскерүү маанисиндеги диний ырым-жырым, байыркы анимизм дининин калдыгы. Бул салт кыргыздардын диний-философиялык түшүнүктөрүндө терең орун алган. Ашка алыскы жана жакынкы тууган- уруктар чакырылып, катмы окулат, маркумдун арбагына, көзү өткөндөрдүн баарына багышталып куран түшүрүлөт. Келген тууган-туушкандар конокко бөлүнүшүп, аларга сый-урмат көрсөтүлөт. Ашта чоң шаан-шөөкөт уюштурулуп, көп каражат жумшап (мүмкүнчүлүгүнө жараша), байге, ат чабыш, улак, эр эңиш, күрөш ж.б. уюштурулган.

**Аш айран** - сүт менен дандан жасалган муздак ичилчү суюк тамак. Накта сүттүн үчтөн бирине суу кошулуп, ысып келгенде акшак же талкан чалып бышырат. Анын табы кайтып жылымык болуп сууганда, уютку кошулуп уютулат. Аш айран ток жана жагымдуу болот. Анын көбүнчө жаз мезгилинен жай айына дейре жасайт. Бул сүт кайткан күз айларында да көп жасалат. Ал мүнөз тамак катары да пайдаланылат.

**Ашар** - (араб. хошар - жардамдашуу) эл чакырып бир ишти көптөп бүтүрүп жиберүүчү элдик салт. Ашар ыкмасы менен учурда жергебиздин айыл-кыштактарында социалдык маанидеги курулуш- тар, мектептер, мончо, китепканалар, дарыканалар ж.б. курулуп жатат. Жалпы элдик демилге мамлекет деңгээлинде, жалпы коомчулукта колдоого ээ болууда. Ашардын негизи ынтымакчылыкка, эмгекке чакырат.

**Ашык, чүкө оюну** - байыркы убактарда жоокерчиликтин таасиринен жана мал чарбачылыгы менен мергенчиликке байланыш- туу келип чыккан кыргыз элинин улуттук оюну. Кан таламай, канымдат, ордо, упай, үчүм, чокон, атмай, сасыткы, жеп кетти, чүкө бекитмей, ашык калчоо ж.б. оюндардын жалпы аталышы.

**Ашыктык ырлары** - сүйүү ырлары. Кыргыз улуттук поэзия- сындагы өнүккөн жанрлардын бири. Ашыктык ырларында адамдагы махабат сезими даңазаланат, ашык болгондордун бири-бирине деген мээрими, аң-сезими, толгонуулары, азаптары, армандары туюнтулат. Кыргыздын ичкилик диалектисинде бул жанр «ашыглык ырлары» деп аталат. Ал эми түркмөн жана азербайжандарда лирикалык ыр айткан кишини же аткаруучуну «ашуг» деп коюшат.

**Аяк кап** - идиш-аяктарды салуу үчүн кийизден, териден, таардан ж.б. кездемелерден жасалган атайын баштыкча. Анын көлөмү керектөөгө ыңгайлуу формада жасалган. Ооз жагы атайын капкак менен жабылган аяк кап керегеде илинип турган. Көчмөн турмуш үчүн өтө ыңгайлуу буюм болгон.

**Аяк, кесе** - кара жыгач, жаңгак, арча ж.б. катуу жыгачтардан иргелип алынып, оюлуп жасалган идиш. Сырткы кооздугуна жана формасына карата бир нече түргө бөлүнөт.

**Аяк күүлөр** - аспаптын аяк жагынан (комуздун моюнунун капкагына бириккен жеринен бир аз өйдөрөөк) басылып чертилген күүлөрдүн бир түрү.

**Аялдар союздары** - алгачкы общиналык коом бузулуп барат- кан мезгилде эркектер союздарына атаандаш катары пайда болгон коомдук институт. Аялдар үйлөрү жаш курактык топторго карата чогулуп, ар түрдүү жөрөлгөлөрдү, ритуалдарды өткөрүшкөн. Меланезиялыктарда, микронезиялыктарда, Түндүк Американын индейлеринде белгилүү. Батыш Африкада жашыруун союз чоң коомдук таасирге ээ болгон.

**Аюу** - дүйнөнүн көпчүлүк элдеринде эзелтеден тотемдик жаныбар катары белгилүү. Байыркы түрк тилдеринин диалектилеринде бул сөз «aziq», «adiq» формаларында айтылганы маалым. Учурда туваларда жана хакас тилинин айрым диалектилеринде бул жаныбардын аталышы «адыг», «азыг» түрлөрүндө айтылары аныкталган. Түштүк Сибирдин түрк тилдүү элдеринде, өзгөчө саха-

якуттарда аюуга байланыштуу табу («тыюу салуу») кенен таралганы анык. Мындан сырткары, аюуга байланыштуу бир топ эвфе- мизмдер белгилүү. Мисалы, саха-якуттар аюуну «өхө» (чоң ата), хакастар - «аба» (ата), алтайлыктар - «абага» (тайаке, ага), тувалар - «ава» (эне, апа) деп аташат. Тунгус-манжур тилдүү элдерде (эвенктерде) «манги» аюу келбеттүү адамды элестетип, ата-бабалардын духунун мифологиялык символу, шамандардын башкы колдоочусу катары түшүнүк аныктаган. «Манги» сөзүнүн семантикасы учурда «аюу», «ата-бабалардын духу» маанисин аныктайт. «Тайганын кожоюну» деген ат менен белгилүү болгон бул жаныбар бүгүнкү күндө да бугу, жолборс, бүркүт сыяктуу кайберендер менен бирге тотемдик ыйык жаныбар катары белгилүү болуп келет. Изилдөөчүлөр адамзат коомунун өнүгүүсүндөгү энелик доордогу коллективдүү чарба жүргүзүү (коллективдүү аң уулоо) менен байланышына токтолушат. Сибирдин көпчүлүк элдеринде аюуга байланыштуу жамааттык түлөө өткөрүү ритуал-майрамы сакталып келери маалым. Айрым изилдөөчүлөр Түштүк Сибирде тунгус-манжур урууларына чейин «манги» («аюу») аттуу уруу жашаганын далилдеп келишет. Бул этностук аталыштар кыргыздарда эзелтеден эле белгилүү десе болот. Параллелдери башкыр, өзбек- коңураттарда бар. Аюу - кыргыздын ават, бөрү, чекир саяк урууларынын курамдарындагы уруктар катары белгилүү.

## Б

**Баарын** - кыргыздын оң канаттагы саны анчалык чоң эмес уруусу катары маалым. Этностук аталыштын параллелдери башкырларда - «барын-табын», моңголдордо «баарын», орто кылымдын кечки мезгилдериндеги көчмөн-өзбектерде «бахрин» формаларында кездешет. Баарын - кыргыз тилинде «ителги менен ылаачындын аргындашуусунан келип чыккан алгыр куш» маанисин берет. Баарун (гар) - монголчо «батыш», «оң«; -гар - «кол». «Оң кол», «оң канат»; «оң канаттагы уруу» дегенди түшүндүрөт. 16- 18-кк. Ойрот-моңгол уруулары «барунгар», «дзюнгар» (Жунгар) деген чоң уруулук бирикмелерге киришкендиги маалым. Этноним адепки ирет моңгол урууларынын курамынан «байрин» формасында кездешери аныкталган. Байриндер Чыңгыз хандын сол канаттагы аскерлеринин курамына киришкен. Ушул эле фарси автору баариндерди (баарын) теги таза моңгол уруусу экендигин жазат. Е.- Грум-Гржимайло изилдөөлөрүндө барындарды (бариндер) насили моңгол уруулары экендигин, алар 12-к. Селенге дарыясына жамаатташ аймактарды байырлашкандыктарын белгилейт. 1206-ж. энесайлык кыргыздар Чыңгыз ханга өздөрүнүн баш ийгендиктерин билдиришкен соң, улуу каган аларды (кыргыздарды) барин уруусунан чыккан Хорчинин ээлигине бөлүп берген. Арийне, Р.Г. Кузеев кыргыз жана башкырлардын курамдарындагы баарындардын этногенетикалык жакындыктарын (этнонимиялык жана уруулук эн тамгалардагы окшоштуктар) эске алып, 12-к. эле Жетисууга журт которушкан баариндердин бир бөлүгү башкыр-табындардын, айрымдары кыргыздардын курамына жуурулушкан деген жүйөлүү пикирин айтат. Бул пикир кыргыз-башкыр этностук тыгыз байланыштарын дагы бир ирет бекемдейт. Албетте, Борбордук Азиядагы баариндердин көпчүлүк бөлүгү 12-13-кк. чегинде батыш тарапты көздөй журт которушкандыгы ырас. Кийинчерээк бариндер Теңир- тоолук моголдордун курамынан кушчу, дуулат, черик ж. б. уруулар менен бирге эскерилет. Моголистандын калкынын дээрлигин кыргыздар түзөрүн эске алганда, баариндер өз алдынча этнокомпонент катары кыргыздардын курамына 12-14-кк. кеч эмес кирген деген пикир чындыкка жакын болуп чыгат. Этнонимдин адегендеги толук маани-мазмууну тотемдик алгыр кушту аныкташы да мүмкүн. Этноним топонимикалык ат катары да белгилүү. Ош облусунун Ноокат районунда Баарын аттуу айыл бар экендиги маалым. Бүгүнкү Крым жарым аралындагы Барын этнотопоними орто кылымдардагы кыргыз жана моңгол

тилдүү уруулардын миграция- сын чагылдырат. Буга аталган жарым аралдагы, Түштүк Молдавиядагы (Кыргыз-Кытай, Кыргыз-Суу ж.б.) этнотопонимдери далил боло алат.

**Баатыр** - байыртадан кыргыз коомунда эл, өлкө алдында ат- карган өзгөчө кызматы, көбүнчө аскердик сиңирген эмгегине карата «баатыр» наамы, атагы ыйгарылган. Элди, жерди коргогон мындай баатырлар кылымдардан кылымга, муундан муунга карата унутулбай айтылып келет. Бул атак эл уулуна ошол калк тарабынан ыйгарылган. Баатыр (багадур) - байыркы кыргыз (түрк) доорунан эле белгилүү термин. Кыргыз эпосторундагы оң каармандардын дээрлиги «баатыр» деп аталышат. Орустардагы «богатыри» тер- мини бул элге кыргыз-кыпчак ж.б. түрк тилдүү элдер аркылуу өткөн. Төңкөрүшкө чейинки кыргыздардын ири манаптарынын көбү да өзүлөрүн баатыр деп аташса, алардын мүдөөсүн коргоп, уруу «намысын» талашып, жоокерчилик кылган адамдар да баатыр деп аталган. Совет мамлекетинин мүдөөсүн жактап, кан-жанын аябай эрдик көрсөткөн атуулга Советтер Союзунун Баатыры деген ардак- туу наам берилген. Буга Россиядагы Граждандык согуштун (1918- 20) Советтер Союзунун Улуу Ата Мекендик согуштун (1941-45) баатырлары, андан соңку учурлардагы космос мейкиндигин изилдөөдө бөтөнчө эрдик көрсөтүшкөн учкуч-космоновттар мисал болот. Мындан тышкары, советтик доордо «баатыр» деген түшүнүк өндүрүштө, илимде, маданиятта жана өлкөнүн эл чарбасынын башка тармактарында иштегендердин артыкча ийгиликтерин белгилөө үчүн да колдонулган. Андай адамдарга Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам берилет. Мындай инсандардын саны Кыргызстанда жүздөп саналат. Кыргыз Республикасы суверенитетти кабыл алгандан соң, «Кыргыз Республикасынын баатыры» деген наам ыйгаруу жөнүндө мыйзам кабыл алынган.

**Баба** — 1. Чоң атанын атасы жана түпкү аталар. 2. Кээде аталык жакындыгы болбосо да, коомдогу абройлуу, акылман карыялар урматтоо иретинде баба же бабалар деп аталат.

**Бабалар тили** - (праязык, язык-основа) - тилдердин генеалогиялык классификация боюнча ар түрдүү топторго бөлгөндө, белгилүү бир тилдин кайсы тилден келип чыкканын жана кайсы тилге жакын экенин билдирүүчү тил. Мисалы, Енисей бассейнин- деги, Таластагы, Кочкордогу ж.б. жерлердеги байыркы кыргыз жазуу эстеликтеринин тили бабалардын тили болуп эсептелет.

**Бага** — кыргыздардын байыркы жана орто кылым доорлорун- дагы мамлекеттик-башкаруу титулу. Илтереш-каган өз амири менен Тонюкукка («Юан чжен») «бойла бага таркан» деген титул ыйгарганы маалым. Байыркы кыргыз мамлекети административдик-аймактык жактан алты бирдикке («баг») бөлүнгөндүгү тууралуу даректүү маалыматтар бар. Бүгүнкү Тувадагы Өөк Тарлактан нЕ.1э табылган байыркы кыргыздарга таандык эстеликте: «...атым Эл Туган Тутук бен(мен). Теңири элимке элчиси эртим. Алты баг будунгка [элге] эр [тим] » - деген саптар жазылган. Байыркы түрк сөздүгүндө (ДТС) төмөнкүдөй маалымат бар: «Alti bag» 9-к. азыр- кы Туванын аймагындагы аскердик-административдик бирдиктер. 840-ж. кийин (9-к.) азыркы Туванын аймагы Кыргыз каганатынын курамына киргендиги маалым. Бирок даректүү маалыматтар Тува аймагы 7-к. чейин эле кыргыздар байырлаган негизги аймак болгондугун тастыктайт. Уйгурлардан тартылып алынган жерлерге, жаңы ээликтердеги жашаган уруулардын үстүнөн кыргыздар өзгөчө башкаруу системасын киргизишкендиги көрүнүп турат. Бага + чы: чыгыш теги байыркы мезгилдерге таандык -чы/-чу мүчөсү түрк тилдеринде продуктивдүү колдонулуп, адамдардын жашаган аймактарын да аныктайт. Изилдөөчүлөр «бага» сөзүн «топ», «түйүн», «бөлүк» же, тагыраак айтканда, мааниси «урук», «уруу» деген тыянак айтышат. Демек, «баг» термини административдик- аймактык бирдиктерге

бөлүнүүдө «уруу», «урук» деген аталыш менен бирдей мааниде колдонулган десе болот. Анткени эзелтеден аймактык-административдик бөлүнүштөр уруулук же этностук белгилерге карата аныкталып келери маалым.

*Ад.: Кляшторный С.Г. Древнетюркские рунические памятники как источник по истории Средней Азии.-М.,1964;Древнетюркский словарь - Л., 1969; Памятники древнетюркской письменности Тувы.* Вып.III.

**Багбан** - мөмө дарагын жана жер-жемиш өсүмдүктөрүн өстүрүүчү адам, өз ишинин устаты. Ал көчөт тигүү, жер семирткич чачуу, сугаруу, бутоо, кыйыштыруу, түшүм жыйноо ж.б. жумуштарды аткарат.

**Багыш** - кыргыздын оң канатына кирген ири уруу. Этностук аталыштын параллелдери кыргыз урууларынан чоң багыш, кара багыш, куу багыш, ак багыш, сары багыш формаларында кездешет. Багыш уруусунун генеалогиялык схемасы анын курамындагы уруктардын көпчүлүгүнүн тегинин байыркылыгын, Саян-Алтайдын этностук-маданий чөйрөсү менен байланышын чагылдырат. Изилдөөчүлөр энчилүү аттын келип чыгышын түндүк алтайлыктардагы (челкандар - «куу кижилер», «лебединецтер» деген кошумча аттар менен да белгилүү) шамандын бубенинин (үрбү) аталышына («эр пагыч») салыштырышат. Демек, «пагыч» терминин кыргыздын «багыш» этностук аталышынын фонетикалык өзгөргөн варианты катары кароого негиз бар. Багыш (орусча - лось) жаныбарынын терисинен ултартып жасалган бубен («эр пагыч» » багыштын эркеги) сыйынуу-ритуалдык процессте шамандын кыялындагы мингич аргымакты элестетип, » Көк Теңир менен баарлашкан». Маселен, алтайлыктардын курамындагы телеуттардын кыялдануударында шамандын үрбүсү (бубени) - чагал (чагал + май/ /загалмай » жагалмай) Көк Теңир менен Жер эненин ортолугундагы шаманды өзү менен кошо ала учкан канаттуу аргымакты элестетет. Бул салыштыруулар таанымал изилдөөчү Л.П. Потаповдун шаман бубени жасалган тери кайсыл жаныбарга таандык болсо, бубен ошол жаныбардын аты менен аталат деген пикиринин тууралыгын тастыктайт. Саян-Алтай жана Сибирь аймактарынын тоолуу-токойлуу мейкиндиктеринде жашаган бул жаныбар кыргыз тилинде гана «багыш» деген ат менен белгилүү. Багыш туваларда - «булан», хакасча - «пулан», татарларда - «болан», казакча - «бұлан» формаларында айтылат. Монголдордо - «хандгай», тунгусча - «хандага» деген ат менен белгилүү. Махмуд Кашгари «булан» - мифологиялык жалгыз мүйүздүү жаныбар» - деп жазган. «Манас» эпосунда да «булан» деп аталган жапайы жаныбар жөнүндө маалыматтар бар. Ушул эле эпосто «кандагай» аң териден жасалган баатырлар кийчү чалбар шым экендиги айтылат. Адепки учурдa кандагай магиялык күчкө ээ шым катары эсептелген. Муну анын кандагай аталышы ырастайт. Якуттардын (саха-якуттар) мифологиялык ишенимдеринде Алып Хандагай токойдун ээси, аңчылыктын колдоочусу. Байыркы Сибирь элдеринде Хандагай (багыш) кудай жаныбар-тотем болгон. Тотемдик жаныбардын терисин кийген адам анын колдоосу менен жеңилбес күчкө ээ болот деген ишеним болгон. Багыш уруусунун өкүлдөрүнүн басымдуу бөлүгү Жалалабат, Чүй аймактарында, бир аздап Нарын, КЭР ж.б. аймактарда турушат. Саны боюнча багыш уруусу эң ирилердин бирине кирери маалым. Эл оозунда «бийлик кыпчактан кетсе, багышка оогон, багыштан кетсе кыпчакка кайра оогон» деген аңыз кеп жөн жерден айтылбагандыр.

***Ад.:*** *Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и истори- ко-культурные связи. -Фрунзе, 1990; «Манас».Энциклопедия. Т.I. 265-6; Потапов Л.П. Этнический состав и происхождение алтай- цев. Историко-этнографический очерк. -М.: «Наука», 1969.*

**Бада** - уйлардын тобу. Кыргыздардын чарбасындагы жайлоого же атайын жайытка чыгарылган уйлардын тобу. Уйлар чарбанын негизги багытына, малдын жашына карата зооветеринардык жак- тан кароо учурунда бада-бадага бөлүнөт.

Кыргызстандын шартын- да бир бадада 100-120 уй болот. Айылдын жайытка же жайлоого чыккан малы бада, ал эми аны кайтарган адам бадачы деп аталат.

**Бадырак** - куурулган буудай, жүгөрү, буурчак же арпа. Жүгөрү кумга куурулганда, баары тең жарылып, көлөмү чоңойуп, ак түскө айланат. Жүгөрү бадырак күйбөй бат куурулсун үчүн кургак кум кошулат. Буудай, арпа, буурчак кумсуз эле куурулат. Арпа бадырак сокуга күйшөлүп акталган.

**Бажа** - эже-сиңдилердин күйөөлөрү. Жалпы эле бир атадан тараган, тууган-туушкандардын кыздарынын күйөөлөрү туугандык жакындыгын туюндуруу иретинде бирин-бири улуу-кичүүсүнө карай бажа деп аташат.

**Базар** — соода кылуучу жай. Базар байыркы түрк (кыргыз) сөзү. Өз ара тилдик, чарбалык-экономикалык алакалашуулардан орус ж.б. тилдерге өткөн. Базар жана соода көчмөн жана отурук- ташкан элдер үчүн эки тараптуу пайдалуу болгон. Эки тарап тең зарыл нерселерди сатып же башма-баш алмаштыра алышкан. «Товар» сөзү да байыркы түрк тилинде колдонулган. 11-к. энциклопедист Махмуд Кашгари: «Tawar - бул сатуу үчүн атайын бөлүнгөн мал» деген түшүндүрмө берген. Чыгыштагы шаарлар соода борборлору катары өсүп чыгышкан. Базарда чарбалык керектөөлөр гана канааттандырылбай, кошуна өлкөлөрдүн, элдердеги экономикалык абал, саясий кырдаал, мамлекеттин ичиндеги чарбалык жана саясий абал ж.б. маалыматтар талкууланып турган. Базардагы баага карата түшүмдүн, малдын, кол өнөрчүлүк буюмдарынын өздүк наркы бааланган.

**Базарлык** - базарга барган адамдын белекке алып келген буюму. Базарлык соода иштеринин өнүгүшү менен бирге келип чыккан.

**Бай терек.** Бул термин кыргыздарда бүткүл дүйнөлүк дарак жөнүндөгү шамандык түшүнүктү туюнтат. Ал эми бүгүнкү кыргыз тилинде «жалбырактары калың, туш-тушка тармакталып бутактап чыгуучу чоң терек» маанисин билдирет. Энесай кыргыздары жашаган Минусин ойдуңунда (Хакасия) «Пай-Тирек» аттуу топоним сакталып келет. Байыркы доорлордо жашаган ар бир уруунун (уруктун) сыйынган жаныбары, кушу, тоосу, эн тамгасы, дарагы болгондугу маалым. Бул кыргыздарда, өзгөчө Түштүк Сибирдин түрк-монгол тилдүү элдеринде соңку мезгил- дерге чейин сакталып келди. «Бай терек» кыргыздар үчүн ыйык дарак болгондугун айгинелеген фактылар бар. «Манас» үчилтигинде Букарды көздөй качып, жолдо чарчап-чаалыккан Каныкей жана Чыйырды ыйык деп эсептелген байтеректин көлөкөсүнө эс алууга токтоп, уйкуга кетишет. Ушул учурда кайдан бир ар- кар пайда болуп, Семетейди сүтү менен эмизгендиги баяндалат. Ушул эле эпосто асман менен жердин ортолугундагы тирөөч катары турган дүйнөлүк дарактын модел-түшүнүгү чагылдырылат. Бай терек (Чынар терек) эпостогу маалыматтар боюнча бутагы- нан адамга укмуштуу ал-кубат берүүчү сүт чыккан касиеттүү дарак. Дүйнөлүк оозеки чыгармачылыкта жана диний түшүнүктөрдө аалам дарагы (өмүр дарагы, космос дарагы) жөнүндөгү миф кеңири белгилүү. Ал дарактын тамыры жер астындагы дүйнөдө (өлүктөр өлкөсүндө), ортоңку сөңгөгү жер үстүндө (кадимки адамдар өлкөсүндө), башы асманда (Кудайлар өлкөсүндө) жайгашып, бүткүл ааламды өзүнө туташтырып турат деген ишенимге ээ. Бай теректин ээси көпчүлүк учурда аял (эне) түрүндө элестетилет. Атайын изилдөө жүргүзгөн окумуш- туулардын пикирине караганда «бай»- «ыйык», «Жаратуучу» (Кудай) деген мааниге ээ. Демек, «байтерек» - «ыйык терек», «жаратман терек» дегенди билдирет. Соңку мезгилдерге чейин байыркы дин шаманизмди тутунуп келген Борбордук Азияда жана Сибирде жашаган түрк элдеринин чыгармаларында Байтерек биздин эпостогуга салыштырганда байыркы белгилерин толук сак- тай алган Якут олонхолорунда ушундай эле дарак адамдарды ар кандай кырсыктан сактоочу гана эмес, алардын түпкү энеси да болуп саналат. Кыргыз, хакас жана алтайлыктардын дүйнөлүк дарак жөнүндөгү мифологиялык түшүнүктөрүндө бир катар жалпылыктар бар экендиги

аныкталган. Бай терек - сарыбагыш уруусунун курамындагы урук катары белгилүү.
***Ад.:*** *«Манас». Энциклопедия. Т.І. -Б.Л995; Каратаев О.К. Кыргыз этнонимдер сөздүгү. Б.: 2003.*
**Бай теше** - устанын шайманы. Чот түспөлдүү, иймек, формасы керектөөгө ылайык куюлат. Бай теше негизинен жумуру жыгачтарды тегиздөөдө, там үстүнө жаткырылуучу жыгачтарды иштетүүдө кеңири колдонулган ыңгайлуу курал.

**Бай төбөт** - кытай уруусунун курамындагы урук. «Төбөт» - сөзүнүн маанисине түрк тилдеринде этимологиялык так аныктама бериле элек. Айрым изилдөөчүлөр бул этностук аталышты «иттин дөбөтү», «карышкырдын дөбөтү» маанисинде чечмелеп жүрүшөт. Этноним алгач «түбүт» формасында Макмуд Кашгаринин «Сөздүгүндө» (11-к.) эскерилет. Автор: «...түбүттөр» - түрк тилинде сүйлөгөн бир уруу. Чыгыш тарабынан Чин (Кытай), түштүктө Хинд (Индия океаны) деңизи, батышта Кашмир, түндүгүндө уйгурлардын ээликтери менен чектешет. Түбүттөрдө араб тилинин таасири күчтүү, энелерин «ума», аталарын «аба» деп аташат», - деп жазат.«Манас» эпосунда Тибет (Тебит) - топоним, кыргыздарга чектеш, карым-катнашы бар элдин жери катары бир катар эпизоддордо эскерилет. Жогорудагы маалыматтарга көңүл бурсак, орто кылымдардагы кыргыздар жөнүндө айрым маалымат, кабар берилгенсийт. Айрым далилдүү фактылар, фольклордун, жер-суу аттарындагы ж. б. маалыматтар кыргыздардын Тибет, Кашмирге чейинки өтө кенен аймактарды байырлашкандыктарын тастыктайт. Буга ушул аймакты чукул мекендеп келишкен сары уйгурлар жана лобнорлуктардын кыргыздар менен этностук терең жакындыктары да далил боло алаары ырас. Бул маалыматтарды тарыхчы Б.Солтоноевдин жазгандары да бышыктай алат:«...1916-ж. Кытайга барган соодагер кашкарлыктын айтуусунда: «Тибетте эң азында 30- 40 миң түтүн кыргыз бар. Тили бузулбаган, таза, араб сөздү катыштырбаган, дини калмакча (буддизм), мусулманча бата кылбастан, өзүнчө бата кылат». Келтирилген маалыматтар төбөт (бай төбөт) этнониминин келип чыгышында аталган аймактын этнос- тук жана табигый таасирин чагылдырат.

**Байбиче** - илгерки кыргыз коомунда болгон көп аялдуу эркектин биринчи, улуу аялы. Жашы улуу, абройлуу аялды кичүүлөр ызаттап байбиче аял, байбиче деп аташат.

**Байге** - элдик оюндарда мелдеште жеңип чыккандарга берилүчү мал, мүлк, акчалай ж.б. сыйлыктар. Байгени аш-той өткөргөн тарап өз мүмкүнчүлүгүнө жараша белгилеген. Байге кыргыздын улуттук оюндарынын дээрлигине коюлат. Соңку мезгилде анын формасы бир катар өзгөрүүлөргө учураган.

**Байке** - (бай жана аке сөзүнүн биригишинен келип чыккан) - өзүнөн улуу эркек тууганына, ошондой эле жалпы улуу эркектерге урмат менен кичүүлөрү кайрылуучу сөз.

**Байсу** - саруу уруусунун курамындагы урук. Этностук аталыш катары 7-8-кк. даректүү тарыхый булактарда эскерилет. Кытай жыл баяндары (648-ж.) байсилер (байсу) - теле урууларынын бири экендигин чагылдырат. Тан династиясынын жыл баяны «Тан шу» берген маалыматтарга караганда байсилер (байсу) азыркы Эдзин- Голго жамаатташ аймактарды байырлашкан. Кыргыз жана теле урууларынын этностук алакалары 7-8 кк. чейин эле жүргөн десе болот. Кыргыздар жуан-жуандардын (айрым маалыматтарда хуннулар) кысымы астында азыркы Монголиянын аймагынан Мину- син ойдуңуна журт которгонго чейин эле (5-6-кк.) теле уруулары менен этностук-маданий, соода алакаларында болуп турушкан. С.М.Абрамзон байыркы телелердеги «пу-гу», «бай-си» урууларынын энчилүү аттарын бүгүнкү кыргыздардагы бугу, байсу (саруу) этностук аталыштары менен жалпылыкта карайт. Изилдөөчүлөр Крым жарым аралында да Байсу этнотопоними бар экендигин аныкташкан. Байсу этнокомпоненти кыргыздардын этностук курамында бери болгондо 6-7-кк. белгилүү десе болот. Мындан сырткары, байыркы телес (теле) урууларынан кыргыздардын курамына төөлөс/ дөөлөс, төлөк.телек ж.б. этнокомпоненттер кирген.

**Байтур Анвар** (1938-1991-жж.). Кытайлык кыргыздардан чык- кан үлкөн тарыхчы-этнограф, адабият таануучу, географ. КЭРдин Аксуу аймагындагы Боздоң кыштагында туулган. 1953-ж. чейин Аксуу шаарындагы Мугалимдерди

даярдоо окуу жайында, 1953- 1956-жж. Шинжаң институтунун тарых-география бөлүмүндө окуган. КЭРдин Эл өкүлдөр жыйынынын аз сандуу улуттардын тарыхын иликтөө борборунда изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Кыргыз ж.б. калктардын этнографиясын, элдик оозеки чыгармачылыгын, тилин, географиялык жайгашуу алкактарын иликтеген. Бул маселе боюнча өз изилдөөлөрүндө байыркы кытай, мусулман булактарын, советтик жана батыш илим адамдарынын эмгектерин натыйжалуу пайдаланган. Кыргыз этносу, анын келип чыгышы, калыптанышы, каада-салттары ж.б. өз пикирин берген. Автордун айрым эмгектери кириллицадагы кыргыз жазмасына оодарылган. Кытай Эл Республикасынын бир катар жогорку окуу жайларында кыргыз тарыхы, Шинжаңдын башка элдеринин тарыхы, этнографиясы, тили, адабияты боюнча курстарды окугандыгы белгилүү. Автордун эмгектеринин тыянактары төмөнкү эмгектерде чагылдырылган: Кыргыздардын кыскача тарыхы; Кыргыз тарыхынын лекциялары (1-2 китептер); Шинжаңдагы улуттар тарыхы; Чагатай жазуусу жана чагатай жазуусундагы чыгармалар ж.б.

**Байытуу** - туут жакындаганда саанды токтотуу. Тубар мал, негизинен саан уй түрүнө, асылдыгына, жашына, физиологиялык айрым өзгөчөлүктөрүнө жараша саалбай калат. Жакшы төл, көп сүт алуу үчүн малды өз убагында байытуу зарыл. Анткени байыган малдын организми туутка чейин чыңалып, тууту жеңил өтөт. Кунарсыз малдын сүтү эрте тартылат. Саан уй сүттүүлүгүнө жана жашына жараша тууруна 45-60 күн калганда байытылат.

**Байыш** - бөрү уруусунун курамындагы уруктар тобунун аталышы. Бул уруктар тобунун өкүлдөрү Алай тоолорунун Папан аймагын, Оштун Гүбаарында байырлап келишет. Байыштар адигине- нин курамындагы бөрү уруусунун негизги, чоң уругу болушат. Этностук аталыштын параллели казактардын курамынан «баис» формасында кездешет.

**Бакал.** «Бакал» сөзү кыргыз тилинде «кант, чай, күрүч ж.б. буюмдар сатылган дүкөн» маанисин туюнтат. Ушул эле сөз тун- гус-манжур тилдеринде «аң тери» дегенди аныктайт. Термин байыркы Кыргыз доорунан эле белгилүү жана адамдардын соода-сатык, чарбалык-экономикалык ишмердүүлүктөрүнө байланыштуу келип чыккан. Акча бирдиги пайда боло электе чейин, өзгөчө көчмөн жана тоолуу-токойлуу аймактарда жашаган элдерде соода мамиле- лери көбүн эсе аң тери менен жүргүзүлгөндүгү ырас. Маселен, «тыйын» деген акча бирдигинин аталышы териси соода-сатык алака- ларында кенен пайдаланылган тыйын чычкан менен байланышкан десе болот. Анткени, энесайлык кыргыздарда 10, 20, 30, 50, 100 тыйын чычкан тери таңгактары «накай» деп аталган. Ошондуктан «бакал» сөзүнүн баштапкы мааниси «аң тери» формасында кароо негиздүү болчудай. «Бакалея» - учурдагы майда дүкөнчөлөрдүн аталышы да жогорудагы термин менен байланышта. Бакал - баргы уруусунун курамындагы урук катары белгилүү.

***Ад.:** Каратаев О.К. Кыргыз этнонимдеринин сөздүгү. Б.: 2003.*

**Бакшы —** кыргыз, казак, көчмөн-өзбек, кара калпак, түркмөндөрдөгү - «бакшы», монголдордогу - «бөө», тунгус-манжур тилдүү ж.б. элдердеги «шаман», Саян-Алтайдын түрк тилдүү элдериндеги «кам» (кям) терминдери мааниси бир синонимдеш сөздөр. Бакшы - ооруута чалдыккан адамды дубалап, «жин-шайтандарды» кубалап чыга турган сыяктанып буркан-шаркан түшүп, жаалданган аракеттер менен эмдеп-домдой турган дарымчы. Шаман - манжур-тунгус тилдүү элдердеги дин (шаман дини) адамдарынын кызматтык-иерархиялык тепкичин аныктайт жана илимий айлампага бабаларыбыз сыйынган диндин шарттуу аталышы катары орус окумуштуулары тарабынан 19-к. киргизилген. Шаман дини түрдүү тарыхый-тилдик, маданий шарттарга ылайыкташып, тарыхый өнүгүүдөгү айрым эволюциялык өзгөрүүлөргө дуушар болуп турган. «Бахши» термини

санскриттен келип кирип, «катчы», «кат тааныган адам» маанисин туюнткан. Бул термин кытай тилине «баоши» формасында өтүп, «окутуучу», «устат» дегенди түшүндүрөт. «Пахшы» - санскритче «кечил» (монах) дегенди да аныктаган. Фу-йу кыргыздарында бакшы «окутуучу», «мугалим» дегенди түшүндүрөт. Түркмөндөрдө «багшы» - ырчы, дастанчы, санжырачы маанилерин берген. Ошол эле учурда, «багшы» деген наамды уруу башчылары да алып жүрүшкөн. Хива хандары түркмөндөрдүн атактуу уруу башчыларына аталган титулду ыйгарышкандыгы маалым. Демек, «бакшы» термини билимдүү, кат тааныган, жетекчилик шыгы бар киши, белгилүү дастанчы, санжырачы маанилерин аныктаган десе болчудай. Бул фактылар шамандардын коомдогу ээлеген ролун, абройун чагылдырат. Шаман жамааттык коомдогу активдүү индивид катары бир эле учурда катчы, табып (дарыгер), ата мурасын алып жүрүүчү Дастанчы, санжырачы милдеттерин аткарган. Кытай жана мусулман булактары орто кылымдардагы кыргыздарда шамандар (бакшылар) «кам», «кям», «фагинун» деген аттар менен белгилүү болущкандыгын баяндашат.

***Ад.:*** *Атаниязов С. Словарь туркменских этнонимов. -Ашхабад, 1988; Древнетюркский словарь - Л., 1969; Малов С.Е. Язык желтых уйгуров. -Алма-Ата, 1957.*

**Бал каймак** - сүт тамактарынын бир түрү. Ал кам каймактан майы бөлүнгөнгө жеткирбей кайнатылып даярдалат. Ага айрым учурда бир аз ун чалып да кайнатышат. Даамы таттуу болуп, жегиликтүү келгендиктен бал каймак деп аталат. Муну көбүнчө балдарга беришет. Бал каймак - бүгүнкү хакастардын рационун- дагы чүйгүн тамактардан болуп саналат.

**Балага ат коюу** - бала төрөлгөндөн кийин аткарыла турган жооптуу иш-чаралардын бири. Балдарга ысымды аксакал киши же өз атасы койгон. 20-к. башына тиешелүү мындай тарыхый бир маалымат жазылып калган. Союш союлуп, үйгө коноктор чакырылат. Коноктор тамак жеп бүткөндөн кийин, атайын калтырылган жото жиликти жана баланы төрдө отурган аксакалга алып келишет. Аксакал жиликтин этин туурап, отургандарга ооз тийгизет жана балага ат коёт. Кыргыздар балдардын атын жакшы тилек менен байланыштырууга аракет кылышкан. Балага коюлган ат анын келечектеги турмушуна таасир берерине ишенишкен. Балдары токтобогон үй-бүлөлөрдө айбанаттардын, канаттуулардын аттары же Токтобай, Турат, Бекбол сыяктуу ысымдарды коюшкан. Жалаң кыздар төрөлө берген үй-бүлөдө кийинкиси уул болот деген ишенимде кыздарга Жаңыл, Бурул деген сыяктуу аттар коюлат. Көп балалуу үй-бүлөлөрдө балага коюлган ат аркылуу төрөтүүнү токтотууга болот деген ишеничте Кенже, Болдукан сыяктуу аттарды беришкен ж.б. Ислам динине тартылгандан баштап балага ат коёрдо кулагына азан чакыруу салты тараган.

**Балага чач коюу.** Баласы токтобой жүргөндөр балага көз тийип кырсыктабасын деген ишенимде атайын аны кыз балага окшош болсун деп башынын бир жерине чач калтырып коюшкан. Ал 7-8, кээде андан улуурак жашка жеткенге чейин алынган эмес. Баштын кайсыл жеринде калтырылганына жараша аталышы түрдүүчө болгон: көкүл, төбөчач - баланын төбөсүнө коюлган чач (көкүлдөн айырмаланып төбөчач өрүлөт), саамай - чыкыйда калтырылган чач, желке чач - баланын желке жагында калтырынган чач, секелек чач - баштын арткы эки жагына коюлган чач. Белгиленген жашка жеткенде мал союлуп, эл чакырылган жана коюлган чач алынган. Чач алуу мазарларда өткөрүлгөн учурлар да кездешет.

**Балалык —** өмүр циклинин стадияларынын бири. Балалык мезгилде алгачкы социалдашуу жана инкультурация жүрөт. Бул мезгил өз алдынча жашоого даярдык мезгили болуп саналат.

Баланы бешикке салуу - жаңы төрөлгөн бала 3-4 күндөн, айрым райондордо 40 күндөн кийин бешикке салынат. Ага арналып бешик той өткөрүлөт. Бешикти

баланын таята, таенеси алып келишкен. Баланы бешикке салуу үчүн айылдын көп жашаган кемпирлеринен бирөө тандалат. Бешикке баланы салардан мурда ага балта же чот, бир нече чүкө салынат, бешик жеңил терметилип «Оңбу?! Оңбу?!» деп суралат. Тегеректеп отургандар «Оң! Оң!» - деп жооп беришет. Бешиктен балта (чот), чүкөлөр түшүрүлүп, арча түтөтүп аласташат. Андан кийин баланы бөлөшөт. Баланы бөлөгөндөн кийин аны бөлөгөн кемпир бешикти минип: «Жаның узак болсун, жаның кудай койсун!» - деген сөздөрдү кайталап камчыланат. Бешикти минип камчылануу үч жолу кайталанат. Баладан мурда балта (чот) салуу - жаны темирдей бекем болот деп ишенүү. Чүкө - Умай эненин символдорунун бири. Умай эне баланын жанын сактайт деген ишенимден жасалат. Чүкөнү бешике байлап да коюшат. Бешикке минип камчылануу да баланы кырсыктатуучу жиндерден коргоо максатын көздөйт. Элдик ишенимде жиндер жылкыдан, өзгөчө камчыдан коркушары айтылат.

**Баланы киринтүү** - жаңы төрөлгөн баланы дароо эле туз кошулган жылуу сууга жуундурушат. Баланы 40 күнгө чейин күндө же күн алыс ушундай сууга жуунтуп турушкан. 41-күнү баланын кыркын чыгаруу өткөрүлөт. Бул күнү коноктор чакырылып сый көрсөтүлөт. Баланы 40 кашык сууга жуундурушкан. Баланын ден-соолугуна, өмүрүнө, келечек жашоосуна магиялык таасир берүүгө ишенүүнү баланы киринтүүдөгү аракеттерден азыр да байкоого болот. Мисалы, айрым райондордо баланы киринтүүчү сууга туздан башка алтын шакек, тыйын, дубалдын топурагы, жумуртканын кабыгын салышат. Бул ишенимде алтын шакек - алтындай туруктуулукту, тыйын - бай жашоону, дубалдын топурагы - дубалдай бекемдикти, жумуртканын кабыгы - жумурткадай тунук жашоону камсыз кылат, баары биригип баланы жаман көздөн, жаман сөздөн сактайт.

**Баланын чачын алуу**. Жаңы төрөлгөн баланын чачы «карын чачы» деп аталат. Ал чач бала 6-7 айлык болгондо же бир жашка чыкканда алынат. 40 күндөн кийин алгандар да болгон. Биринчи жолу баланын чачын жакын туугандарынан же таякелеринен аксакал киши ырымдап алат. Чач алган киши балага кой, тай же торпок энчилеген. Өз кезегинде баланын ата-энеси ага да белек беришкен. Чач алдыруу үчүн баланы чач ала турган кишинин үйүнө алып келишкен. Карын чачын толук алат же бир аз алып, калганын үйгө келгенде биротоло алып салышкан.

**Балбалдар, буркан таштар** - байыркы жана орто кылымдар мезгилдерине таандык көчмөн түрк (кыргыз) тилдүү уруулар мүрзө үстүнө коюучу таш айкелдер. Бийиктиги 1-4 м-ге жетет. Алардын көпчүлүгүнө адамдын айкели, кийим-кечесинин деталдары, канжары, кылычы же колуна кармаган чөйчөгү менен кошо чегилген. Балбалдарда көчмөндөрдүн антропологиясын, аскердик жашоо салтын байкоого болот. Чөйчөк ак төөнүн карды жарылган молчулукту, ырыскыны чагылдырган. Айрым учурларда балбалдар жеңилген жоонун башчысына карата да жасалган. Балбалдар Монголиядан, Европанын түштүк-чыгыш талааларынан, Борбордук Азиядан, Түштүк Сибирден, Алтайдан кездешет. Алгачкы балбалдар байыркы көчмөн элдерге (скиф, хунну, авар ж.б.), көпчүлүгү 6-13 кк. кыргыз, огуз, кыпчак ж.б. түрк тилдүү элдерге таандык. Мындай балбалдар Кыргызстандын Талас, Чүй, Ысыккөл өрөөндөрүндө көп табылган. Хакас-Минусин ойдуңунда, И.В.Мартьянов атындагы Тарых музейинде (Краснояр крайы, Минусин шаары), Туванын аймагы ж.б. жерлерде орто кылымдагы кыргыз маданиятын чагылдырган эстеликтер өтө көп кездешери соңку иликтөөлөрдө такталып, жыйынтыкталды.

**Балдак** - бүркүттү ууга алып чыкканда, аны кондурганда кол талып кетпес үчүн атайын жасалган таяныч. Балдак үчүн ача таякча тандалып алынат да, анын аяккы учу көзөлүп, көк менен ээрдин кашына же аңчынын белиндеги курга тикесинен бекитилет. Таякчанын үстүнкү ачасына бүркүт кондурулган колдун

ичке билеги коюлат. Буту оорулуу адамдар таянган таякты да «балдак» деп коюшат.

**Балдыз** - аялынын бир тууган же жакын (тууганлыгы боюнча) сиңдилери.

**Балка** - үй, чарба шайманы. Балка темирден жасалып, жыгач менен сапталат. Чарбадагы керектөөсүнө ылайык чоң балка, зергер балка, чалгы балка, өтүкчүлөр, такачылар колдонгон кичине балка деп аталат. Заманбан станоктордогу урма аспаптар да балка деп аталары маалым.

**Балкан түрктөрү** - Болгария, Македония, Греция, Румыния ж.б. жерлерде жашаган түрк тилдүү этностук топтор. Түрк тилдеринин генеалогиялык жиктелүүсүндө балкандык түрктөр огуз тилдеринин огуз-булгар бутагында сүйлөшөт. Бул этностук топтордун келип чыккан теги, жайгашуу ареалы, алардын таралуу алкагы бир мезгилди кучагына камтыбайт. Алардын бир бөлүгү 9-10-кк. Кара деңиз тараптан көчүп келген печенек, уз (аз), торк ж.б. түрк тилдүү уруулардын урпактары болсо, калган бөлүгү 16-к. Кичи Азиядан, Осмон жеңип алууларынын мезгилинде журт которуп келген уруулар болушат. Балкан жарым аралы Осмон империясынын курамына киргенден соң, түрк тилдүү уруулар Анадолу (Анатолия) түрктөрүнүн жана алардын тилинин, маданиятынын күчтүү таасири астында калган. Ошентсе да, балкандык түрктөрдүн тилдери гагауз тили менен бирге, өзүнүн айрым өзгөчөлүктөрүн сактап калган. Бул этностук топторду тилдик айрым өзгөчүлүктөрүнө карата төмөндөгүдөй бөлүүгө болот: болгар гагауздарынан башка, печенек, уз, түрктөрдүн урпактары; македондук гагауздар, сургучтар, гажалы. Экинчи топко Кичи Азиядан көчүп келгендер, түрктөшкөн гректер, болгарлар кирет. Алар юруктар (Султан Баязиттин тушунда 1398-1402-жж. көчүп келишкендер), Македонияда жашашат. Караманлылар - көбүн эсе түрктөшкөн гректер. Кызылбаштар (шиитгер), тозлук түрктөрү же герловдуктар - болгар этнокомпонеттери бар түрктөр (Герлово жана Осмон базарда турушат) ж.б.

**Балкарлар** - Россия Федерациясынын Кабардин-Балкар Республиксынын түпкү калкы. Түрк тилинде сүйлөгөн эл. Түрк тилдеринин генеалогиялык жиктешүүсүндө карачайлар менен бирге батыш хунну тобунун кыпчак бутагында сүйлөшөт. Калктын саны 70 миңден ашуун. Диний ишеними - мусулман-сунниттер. 2- дүйнөлүк согушта зомбулук менен депортацияга кабылган балкарлардын басымдуу бөлүгү Кыргызстан жана Казакстанда жашашат. Балкарлардын эл болуп калыптануусунда жергиликтүү алан (осетин), эң башкысы кыпчак уруулары негизги ролду ээлешкен. Көчмөн Мал чарбачылыгы (жылкы, уй, кой, эчки), тоо этектеринде дыйканчылык менен кесиптенишет. Балкарлардын материалдык жана Руханий маданиятынан кыргыздар менен байыркы этногенетикалык жалпылыктарын көрүүгө болот.

**Балыкчылык** - адамзаттын чарбалык ишмердүүлүгүнүн эң байыркы формаларынын бири. Балыкчылык менен адам баласы жогорку палеолиттен тартып кесиптене баштаган. Көпчүлүк учурда балыкчылык тиричиликтин негизги булагы болуп калган элдер кездешет. Буга деңиз, дарыя жээгине жакын жашаган элдерди мисал келтирүүгө болот. Айрым учурларда бул кесип жыйноочулук, аңчылык, дыйканчылык менен айкалышта жүргүзүлгөн. Мал чарбачылыкты кесиптенген уруулар, элдер үчүн балыкчылык мааниге ээ болгон эмес. Экономиканын, чарбалык мамилелердин өнүгүшү менен балыкчылык жөнөкөй кесиптен өнөр жайлык мүнөзгө өткөн. Байыркы кыргыздар жашаган аймакта «алабуга» аттуу балык болору, аны жегенге жарамдуулугун чыгыш тарыхый булактары чагылдырат. Арийне, энесай кыргыздары балыкты «суу хурты» («суу курту») деп аташып, жегенден жийиркенишкен. Ичүүгө жарамдуу суунун балык жыттанып калбасы үчүн тосушуп, тоолордун кырлары аркылуу өткөн атайын арыктарды чыгарышкан. Бул арыктар Хакас-Минусин ойдуңунда

азыркы учурларда да кездешет. Кыргыздардын кошуна жашаган башка элдерден айырмаланып, балыкты тамак катары колдонбошу, бул элдин теги талаа көчмөндөрү экендигин айгинелейт.

**Баңгилик** - наркотиктерге (апийим, героин, морфий, анаша, барбамил, ичкилик ж.б.) ашкере ышкы койгон ооруу. Баңгилик наркотикалык заттарды бир жолу же дайыма кабыл алуудан келип чыккан. Дайыма кабыл алынган наркотиктер организмди уулaндырып жана ден соолук үчүн өтө коркунуч туудурат. Баңгилик учурда коомдогу социалдык ооруга айланууда. Баңгиликке каршы күрөшүүдө, аны алдын ала болтурбоо максатында мамлекет, коомчулук, эл аралык уюмдар биргелешкен иш алып барышууда.

**Бантустандаштыруу** - Түштүк Африка Республикасында ишке ашырылып келген жасалма мамлекеттик түзүлүштөрдү - бантус- тандарды түзүү менен кара түстүү калкты ак түстүү калктан обочолоо саясаты. Термин бул аймакта жашаган банту деген негизги калктын аталышынан келип чыгат. 20-к. 60-ж. тартып, баары 10 Бантустан (Хоумленд) түзүлгөн. Бантустан системасы бирдиктүү мамлекетте тарыхый өнүгүү жолдорунун жана жашоо ыңгайынын түрдүүчө болгонуна байланыштуу ар түрдүү элдер жана расалар (ак түстүү жана кара түстүү элдер) чогуу жашай албайт деген апартеид (апртхэйд) доктринасына негизделет. 1970-ж. тартып, ТАР кара түстүү жергиликтүү калкы өз эркине карабастан хоумленддердин (бантустандардын) биринин жараны деп эсептелген. Ушундай шылтоо менен ТАР бүт негр калкы саясий укуктардан ажыратылган. Азыркы мезгилде төрт бантустан - Транскей, Ботсвана, Венда, Сискей - өз алдынча мамлекет болуп жарыяланган, бирок ТАРдан сырткары таанылган эмес. 20-к. 90-ж. апартеид саясаты дүйнөлүк коомчулуктун кысымы астында жоюлуп, баарына тең граждандык тең укуктар, шайлоо ж.б. демократиялык укуктар киргизилген.

**Барак.** «Барак» байыркы түрк тилдеринде «ит» деген маанини түшүндүрөрүн Махмуд Кашгари «Сөздүктө» жазат. Барак - орто кылымдардагы (10-11-кк.) кыпчактарда узун түктүү иттин породасын (тукумун) түшүндүрүп, половец (кыпчак) князьдарынын энчилүү аты катары да маалым болгондугун орус жыл баяндары чагылдырат. Рашид ад-Диндин «Жами ат-Таварихинде» ит - барак термини эскерилет; «барак» жана «ит» деген синонимдеш терминдердин түрк дүйнөсүндө өтө кенен колдонулган. Айрым изилдөөчүлөр «барак» этнониминин келип чыгышын Алтын Ордо ханы Барак хан жана Чагатайдын түз тукумдарынын бири болгон Барак менен байланышта карашат. Этностук аталыштын негизин- де байыркы көчмөн уруулардын, анын ичинен кыргыздардын итке тотемдик жаныбар катары сыйынуу ишеними жатат. Буга кыргыз санжыраларындагы мифологиялык иттер жөнүндөгү уламыштар мисал боло алат. Уламыштын мазмуну жана маңызы кыргыздар ислам динин кабыл алгандан соң бир топ бурмаланган. Ушундай эле уламыш кыргыздарга теги жакындыгы аныкталган лакайларда да бар экендиги ырасталган. Итке байыркы монгол тилдүү уруулар да сыйынышкандыгы маалым. Байыркы кидандар (кара кытайлар) жылдын күз мезгилине туш келген майрамын дан-хе-ми (кытайчадан сөзмө-сөз которгондо «ит баш») деп аташкан. Ритуал учурунда мамлекеттин акими өз колу менен куба (ак) итти курмандыкка чалгандан соң, иттин башын хан ордо үйүнөн жети кадам түштүк тарапка көмүп, тиштерин жер бетине калтырып коюшкан. Жети күн өткөндөн соң иттин башы көмүлгөн жерге аким- Дин ордо үйүн орнотушкан. Тува шамандары табыптык милдетти аткарууда көк жал карышкыр менен катар түсү кара болгон ит (тув. «кара адай») оорулууну айыктырууда жардамчы - дух боло- Руна ишенишкени жөнүндө маалыматтар бар. Итке тотем катары мамиле жасоо алгачкы общиналык коомдо эле пайда болгон. Эң алгачкы колго үйрөтүлгөн үй айбаны иттин тотем катары калып- тануусу чыгыш теги карышкырга

байланыштуу болуусу мүмкүн. Барак - жору, саяк урууларынын курамындагы уруктар катары белгилүү.

***Ад.:*** *Рашид ад-Дин. Сборник летописей. Т.I. Кн.1. -М.,1952; Абул Гази. Родословное древо тюрков (пер. и предсл. Г.С.Саблуко- ва). - Казань, 1906. 206 с.*

**Бараң** - дарысы, огу оозунан дурмөттөлүп, милте же пистон менен атылчу узун найлуу шыйрактуу, сайлуу мылтык. Бараң 14-к. пайда болуп, жоокерчиликте, мергенчиликте колдонулган. Бараң мылтыктар Кытайдан, Самарканддан ж.б. жерлерден алынып келинген. Алгачкы бараңдар милте менен, кийинчерээк болсо пистон менен атылган. Кыргыздын мыкты усталары бараңды жасай билишкен. Кийин пистондуу мылтыктар көбөйгөн соң, бараңды пайдалануу азайган. Бараңды учурда музейлерден гана экспонат катары кездештирүүгө болот.

**Баргалар** - КЭРдин Ички Монголия Автономиялуу районундагы Хулун-Буйр деген аймакта жашаган субэтникалык топ. Илимий адабияттарда «барга-монголдор» деп да аталып жүрөт. Этнонимдин параллелдери баргы (адигине), баркы (саруу, тейит) урууларынын курамында бар. Элдин аты монгол тилинде «маданиятсыз», «орой» ж.б. маанилерди туюнтат. Бул ат менен халха монголдору 17-к. лама динин кабыл албаган, шаман динин тутунган монголдорду аташкан. Энчилүү ат (лакап ат) ушул себептерден улам калыптанган. 18-к. 30-ж. манжурлар тарабынан Далай Нурга (Барга) көчүрүлгөн. Тилинде монгол-бурят, тунгус-манжур элементтери байкалат. Негизинен көчмөн мал чарбачылыгы менен кесиптенишет.

***Ад.:*** *Бертагаев ТА. 06 этимологии слов баргуджин, баргут и тукум //Филология и история монгольских народов. М., 1958. Языки мира: Тюркские языkи. Б., 1997.*

**Баргужин-Токум** - байыркы жана орто кылымдар (6.3.4-18- кк) доорлорунда кыргыздар байырлаган тарыхый-этнографиялык аймак. Саян-Алтай (Тува, Минусин ойдуңу ж.б.) жана ага чек- теш жайгашкан аймактардын мусулман, монгол жазма булакта- рындагы аталышы. Фарс тарыхчысы Рашид ад-Дин «Жами ат- Таварихте» («Тарыхтар топтому»): «Кыргыз жана Кэм-Кэмжиут кошуна, жакын турган аймактар, жерлер Кыргыз мамлекетинин курамына кирет. Кэм-Кэмжиуттун бир тарабы наймандар, андан ары Баргужин-Токум деген жерде кори, баргут, тумат, баясут уруулары жашашат...» - деп жазат. Автор баргулардан Иранда (монгол администрациясында, 13-к.) белгилүү мамлекеттик ишмерлер болгондугун жазат. Тарыхчы андан ары: «баргут, кори, төөлөс, тумат уруулары тектеш элдер, аларды Селенга дарыясынын аркы жээк тарабында жашагандыгы үчүн баргуттар, алар турган аймак ушундан улам Баргужин-Токум деп аталат», - деп жазат. Баргулар түрк (кыргыз) тилинде сүйлөгөнүн тарыхый булактагы адам аттары, алардын титулатурасы айгинелеп турат. Демек, 13- к. бүгүнкү кыргыздардагы эң ири уруулар катары эсептелген найман, дөөлөс (төөлөс), баргы, баят (тейит), туума тукум (найман) ж.б. «Кыргыз өлкөсү» жайгашкан аймактарды мекендешкен, кыргыз этносунун курамына жуурулушкан. Энесайдын чыгыш тарабындагы жайгашкан жерлер монголдордо 12-13-кк. «Баргу- жин-Тукум» деген ат менен белгилүү болгон. Рашид ад-Дин бер- ген маалыматтарга караганда, баргуттар (-т монгол тилдеринде көптүк маанини аныктаган сөз жасоочу мүчө) Чыңгыз хан жана анын мураскорлоруна ак дилден кызмат өтөшкөн. Баргу, төөлөс, туматтар падышаларын «инал» деп аташары алардын тегинин кыргыз экендигин дагы бир ирет тастыктары ырас. Баргалжан (Баргужин) монгол тилдеринде «түнт токойлуу», «өздөштүрүлө элек тоолуу аймак», токум - монг. төхүм. «төркүн», «уруулаш- тар», «туугандар» дегенди аныктайт. Учурда Бурятияда Баргузин аттуу аймактык-административдик бирдик бар экендиги маалым. 18- к. карата Энесайдын жогорку (Тува) жана Төмөнкү (Хакас-Минусин ойдуңу) агымдарында жайгашкан кыргыздар саясий бытырандылыкты башынан өткөрүп жатышкан. Бирдиктүү, борборлошкон

кагандыктын ордуна майда ээликтер пайда болгон. Ошондон улам, кыргыз жерлери монголдор тарабынан тез аранын ичинде жеңилип алынган эле.

***Ад.:** Бертагаев Т. А. Об этимологии слов Баргуджин, баргут и тукум//Философия и история монголъских народов. -М., 1968; Рашид-ад-Дин. Сборник летописей. Т.1, Кн. 1. - М. 1952.*

**Баргы** - адигине уруулук тобундагы ири уруунун бири. Генеалогиялык маалыматтар боюнча Баргы - Адигиненин улуу баласы. Оң канатка кирген баргылар кыргыз этносунун пайдубалын түптөгөн байыркы уруулардан болот. Баргу - азыркы Монголиядагы топонимикалык аталыш катары да белгилүү. Маалыматтар Ички Монголиядагы (Кытай Эл Республикасы) монголдордо «барга» аттуу ири уруу бар экендигин тастыктайт. Рашид ад-Дин (13-к.) төмөнкүдөй маалыматтарды жазат: «Кыргыз жана Кэм-Кэмжиут кошуна, жакын турган аймактар, бул жерлер бир мамлекеттин (Кыргыздар мамлекети) курамына кирет.... Кэм-Кэмжиуттун бир тарабы наймандар, андан ары Баргужин-Токум деген жерде кори, баргу, тумат, байаут уруулары жашашат, алардын айрымдары монгол тилинде сүйлөшөт. Фарси автору баргулардан Иранда (илхандардын монгол администрациясында, 13-к.) белгилүү мамлекеттик ишмерлер болгондугун жазат. Рашид ад-Дин: «Баргут, кори, төөлөс, тумат уруулары тектеш элдер, аларды Селенга дарыясынын аркы жээк тарабында жашагандыгы үчүн баргуттар, алар турган аймак ушундан улам Баргужин-Токум деп аталат», - деп жазат. Баргулар түрк (кыргыз) тилинде сүйлөгөнүн тарыхый булактагы адам аттары, алардын титулатурасы айгинелеп турары бышык. Демек, 13-к. бүгүнкү кыргыздардагы эң ири уруулар катары эсептелген найман, дөөлөс (төөлөс), баргы, баят (тейит), туума тукум (найман) ж. б. «Кыргыз өлкөсү» жайгашкан аймактарды мекендешкен, кыргыз этносунун курамына жуурулушкан. Энесай-дын чыгыш тарабындагы жайгашкан жерлер монголдордо 12-13- кк. «Баргужин-Тукум» деген ат менен белгилүү болгон. Рашид ад- Дин берген маалыматтарга караганда, баргуттар (-т монгол тилдеринде көптүк маанини аныктаган сөз жасоочу мүчө) Чыңгыз хан жана анын мураскорлоруна ак дилден кызмат өтөшкөн. Баргу, төөлөс, туматтар падышаларын «инал» деп аташары алардын те- гинин кыргыз экендигин дагы бир ирет тастыктаары ырас. Баргалжан (Баргужин) монгол тилдеринде «түнт токойлуу», «өздөштүрүлө элек тоолу аймак», токум - монг. төхүм. «төркүн», «уруулаштар», «туугандар» дегенди аныктайт. Учурда Бурятияда Баргузин аттуу аймактык-административдик бирдик бар экендиги маалым. Демек, жогорудагы маалыматтарга таянсак, этникалык аталыш- тын эзелки мааниси «токойлуу, тоолуу аймакта жашаган тектеш, уруулаш туугандар» маанисин аныктайт.

**Баркы.** Баркы - бүгүнкү алтайлыктардын тилинде таяке тарабынан жээнге сөзсүз түрдө энчилеп берилүүчү «белек-бечкек», «жээндин энчиси» деген маанини аныктайт. Бул байыркы салт Түштүк Сибирдин элдеринде кенен таралып, анын айрым элемент- тери учурда кыргыздардын каада-салтында (мал-жан, буюм энчилөө салты) сакталып келүүдө. Термин кыргыздарда «кадыр-барктуу» (тай тарапка баркы бар), «барктуу» формаларындагы лексика катары колдонулуп келет. «Баркы» термини энелик доордон эле белгилүү болуусу ыктымал.

**Бартольд Василий Владимирович** (1869-1930). Атактуу чыгыш таануучу, түркolog, белгилүү кыргызтаануучу. Академик В.В. Бартольд орусташкан немистин үй-бүлөсүндө туулган. 1887-ж. Санкт-Петербургдагы гимназияны алтын медаль менен аяктап, 1887-ж. Санкт-Петербург университетинин чыгыш тилдер бөлүмүнүн араб-перс-түрк-татар тилдери адистиги боюнча студент болуп кирет. Илимий жетекчиси В.Р.Розендин кеңеши боюнча Орто Азия аймагы жана андагы жашаган калктын тарыхы боюнча адистеше баштаган. Өз мезгилиндеги жарык көргөн ж.б. тарыхый булактардын дээрлиги менен таанышып чыккан.

Студент мезгилин- де эле баштаган ишин андан соңку мезгилдерде уланткан. Түрк тилдүү элдердин, анын ичинде кыргыздардын этностук тарыхы, этногенези, маданияты, локалдашуусу боюнча эң алгачкы ири эмгектердин автору. «Кыргыздар» аттуу ж.б. эмгектери өзүнүн мааниси жагынан бүгүнкү күнү да актуалдуулугун жогото элек. Окумуштуунун эмгектери өз алдынча жыйнактар болуп, кыргыз, орус тилдеринде басмадан чыкты. Илимпоздун кыргыз тарыхы боюнча айткан концептуалдуу пикирлери, тыянактары бүгүнкү күнү да өз илимий баалуулугун жогото элек.

**Барымта** — өткөн доорлордо кыргыз, казак, каракалпак, башкыр ж.б. көчмөн элдерде мүлктөй алынуучу доо болгон. Айрым учурларда барымта кан төгүү аркылуу өч алууга чейин жеткен. Барымта кармоо жеке адамдын ортосунда эмес, уруу менен уруунун же коңшулаш элдердин, кээде айыл менен айылдын ортосунда болуп турган. Анын уюштуруучусу жана шыктандыруучусу уруу башчылары болушкан. Уруулардын, мамлекеттердин ортосунда түзүлгөн келишимдердин ж.б. алакалардын так аткарылышын көзөмөлдөө максатында барымта кармоо салты байыркы доорлордон эле белгилүү. Энесай кыргыздарында бул салт «аманат» деп аталганын орус булактары баяндайт.

**Басмайыл** - унаага токулганы бекитүү үчүн колдонуучу жабдык. Басмайыл көбүнчө атайын өрүлгөн кайыштан жасалып, эки учуна жез, коло, темир ж.б. материалдан тогоо тагылат. Унаага такканда үстү жагынан алынчу тогоосуна ичке кайыш боо улаштырылат. Басмайылга көрпөчө бастыргыч кошо тагылат.

**Бастырма** - мал байлануучу, отун-суу, айыл чарба техникасы, тоют, эгин, азык-түлүк ж.б. сакталуучу ачык же 1-3 тарабы тосмо жана үстү жабык сере.

**Басыз** - сол канаттагы ири уруулардын бири. Уруунун аскердик урааны «Акбуура» деп чакырылган. Басыз - кыргыз, мундуз, дөөлөс ж. б. этнонимдери сыяктуу эң байыркы этностук аталыш катары кароого болот. Басыз: -з мүчөсү байыркы түрк доорунан көптүк маанини аныктаган сөз жасоочу мүчө катары белгилүү. Сейф ад-Дин Аксыкендинин «Мажму ат-Таварихинде» (16-к) жазылган генеалогиялык баяндар боюнча басыз уруусу кыргыздардын сол канатына кирери айтылат. 18-к. кытай булагы «Сиюй тучжи» басыз уруусу «батыш кыргыз ордосунун» курамында экендигин баяндайт. Этнонимдин параллели Афганистандын түндүк-чыгыш аймагын байырлаган катагандардын курамында да бар экендиги аныкталган. Бул ири этнографиялык топтун этностук тегинин кыргыздарга өтө жакындыгы абройлуу изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде далилденген. Д.Лорддун берген маалыматтарында басыздар өзбек-катагандардын (эскертүү: илимге өзбек-катаган деген ат менен кирип калган бул этностук топтун өкүлдөрү өздөрүн «өзбек» деп аташпайт) он алты уругунун бири болгондугу чагылдырылат. Бул басыздардын катагандар менен этностук байланышын тастыктаары бышык. Санжыралык маалыматтарда басыз уруусунун түпкү атасы Аксуулук Түгөл деп аталат. С.М.Абрамзон бул топонимди Чыгыш Түркстандагы Ак Суу менен байланышта карайт. Ч.Валиханов, П.П.Семенов Тянь-Шанский, Н. А.Аристовдор өз эмгектеринде басыздарды оң канат кыргыздар экендигин баса белгилешет. Болжолу, бул пикирлер басыздардын оң канаттагы кыргыз уруулары менен бирге көчүп-конуп жүргөнүнөн болуусу мүмкүн. 18-к. кытай жазма булагында («Сиюй Тучжи») басыздар (кыт. ба-се-ңзы) батыш кыргыз ордосунун курамына киришери баяндалат.

**Батрактар** — Кыргызстанды Россия империясы каратып алган- дан кийин пайда болгон социалдык термин. Кыргызстан 19-к. 2- жарымынан тартып капиталисттик алакалардын айлампасына кир- ген. Ушул мезгилден баштап малы, мүлкү жок, жери жетишсиз болгон жалданма жумушчу катмары пайда боло баштайт. Алардын бирден-бир жашоо булагы - жалданма эмгек болгон. Кыргыз-

станда Совет бийлиги орногондон соң, бул социалдык катмар жоюлган, батрак деген социалдык термин тарыхый терминге айланып калган.

**Баш кийим** - башка кийилүүчү кийимдин жалпы аталышы. Ал жердин жаратылыш шартына, аба-ырайын, элдердин салтына, жашоо образдарынын өзгөчөлүктөрүнө, жыныстык жана социалдык жиктерине жараша баш кийимдин сырткы түрү, түзүлүшү, жердиги ж.б. жагынан айырмаланат. Ошондой эле, анын жасалыш жагдайлары өндүрүштүн өнүгүү баскычтарына жана коомдун маданий деңгээлине да байланышат. Кыргыздардын эзелтеден бери карай колдонуп келе жаткан баш кийими бир катар көчмөн элдердикиндей эле тебетей, тумак, малакай, топу, калпак, элечек, шөкүлө, жоолук ж.б. болгон. Булар айбанаттардын терисинен, кийизден, кездемеден, жыл мезгилинин шарттарына, табияттын ыңгайына карата кийип жүрүүгө ылайыкталып жасалган.

**Баш үчүн аңчылык кылуу** - алгачкы жамааттык коомдо бөлөк уруунун мүчөсүн өлтүрүп, олжо катары башын алып келүү салты. Ал сыйынуу буюму катары каралат. Баш сөөктө, анын жумшак ткандарында катылган маанилүү күч жөнүндөгү анимистик түшүнүктөргө байланыштуу жаралган. Түштүк-Чыгыш Азиянын, Океаниянын жана Түштүк Африканын бир катар райондорунда 20-к. биринчи жарымына чейин сакталып келген. Бул салт байыркы сак (скиф) урууларында болгондугу латын тарыхый булактарында чагылдырылат.

**Башка маданиятты кабыл алуу** - бир этностун маданиятынын элементтеринин башка этнос тарабынан өздөштүрүлүшү. Бул процесс этнологияда аккультурация деген ат менен да белгилүү. Андан адамдар да, этностук топтор да, улуттар да, өлкөлөр да сыртта кала албайт. Ал тике да, кыйыр түрдө да болушу мүмкүн.

**Башкыр кыргыздары.** «Кыргыз» этноними моңгол басып алууларына чейин эле башкырлардын эң ири уруусунун этностук аталышы катары белгилүү болгон. Башкырлардын курамындагы «кыргыз» этнонимдери ири уруулардын аталыштары катары учурда Башкортстандын түндүк-батыш жана чыгыш аймактарында белгилүү. Батыш аймактагы кыргыздарды 9-10-кк. кыпчак толкуну менен (Сырдарыя аркылуу журт которуп келген байыркы башкыр уруулары), ал эми бүгүнкү Башкортстандын чыгышындагы кыргыздар 16-17-кк. Энесайдан түз журт которуп келген кыргыз этнокомпоненттери экендигин изилдөөчүлөр белгилешет. «Кыргыз» этноними бүгүнкү башкырлардын курамында «танкей» жана «кадыкей» аттуу уруктарды бириктирген өз алдынча уруунун аталышы, табын, кудей, миң урууларынын ичиндеги эң ири уруктардын энчилүү аттары катары кездешет. Эң кызыктуусу, табын этнониминин параллелдери хакастардын жана фуюй кыргыздарынын (хакастарда- «табхын», фуюй кыргыздарында - «табындар») курамдарынан кездешет. Бул параллелдер кокусунан эле келип чыгуусу мүмкүн эмес. Ал эми «кыргыз» уругу кирген кудейлердин бүгүнкү кыргыздарда «кудайлат» (басыз уруусу) аттуу параллели бар. «Ху- далат» Хакасияда топонимикалык аталыш катары да маалым. Санжыра боюнча башкырлардагы «кыргыз» уруктары кирген кадыкей, танкейлер өздөрүнүн баштапкы мекени катары Сибирь аймагын, теги жагынан Чыңгыз-хан, түпкү бабаларынан Төнөк-бий жана Кыдык-бийди аташат. Бул кыргыздардын этногенезисинде өзгөчө орунду ээлеген Мөңгі-Суг (Минусин) чөлкөмү менен тыгыз байланышын аныктаары шексиз. Кыргыздын бугу уруусунун ири уруктарынын биринин аталышы «кыдык» деген ат менен белгилүү. Россиянын курамына кирер алды башкырлар консолидацияланган бир этносту түзүшкөн эмес, алардын ичинен болгар (булгар), керей, кыргыздар өзгөчө бөлүнүп турушкан. Монгол жапырыгына чейин башкырлар 12 уруудан турган бирикмени түзүшүп, алардын жетөө мурдагы Өфө (Уфа) провинциясында, Ика дарыясынан батышка карай болярлар, Ика жана Деме дарыяларынын жогорку агымдарында кыргыздар турушкан. П.И.Рычковдун 1730-ж. жазган «Топография Оренбургская»

www.bizdin.kg

аттуу эмгегинде кыргыздар өз ал- дынча уруу, 113 түтүн үй, 4 айылдан турган волость болгондугу айтылат. 1898-ж. башкырлардын чек араларын тактоо комиссиясы кыргыздарды өз алдынча 4 уруудан турган волость катары каттаган. Демек, 19-к.карата кыргыздар өздөрүнүн компакттуу жашоосун уланта беришкен.
I-этап: IX-XI кк. башкырлардын негизги урууларынын Уралга журт которуусу (анын ичинде «кыргыз» уруусу);
II-этап: XVII-XVIII кк. энесайлык кыргыздардын айрым бөлүктөрүнүн азыркы Чыгыш Башкортстанга көчүп келүүсү.
***Ад.:*** *Кузеев Р.Г. Происхождение башкирского народа.-М.: 1974; Руденко.И. Башкиры. Историко-этнографичекие очерки. -М.: 1955; Каратаев О.К. Кыргыздардын этномаданий байланыштарынын тарыхынан. Б.: 2003.*
**Башкырлар** - Россия Федерациясынын курамына кирген Башкортостан (Башкирия) республикасынын түпкү калкы. Өздөрүн «баш корттор» («баш карышкыр») деп аташат. Түрк тилдеринин генеалогиялык жиктелүүсүндө батыш хунну тобунун кыпчак-булгар бутагында сүйлөшөт. Чыгыш жазуу булактарында башкорд, башгирд, баскарт, башкерд, башжард ж.б. аттар менен белгилүү болушкан. Башкырлардын тили теги жагынан татар тили менен жакын турат. Башкырлардын жалпы саны 2 млн. жакын. Баш- кырлар антропологиялык, диалектикалык айрым өзгөчөлүктөргө ээ. Диний ишеними - мусулман-суниттер. Жазуу маданияты кириллицага негизденген. Башкырлар этногенетикалык жана этномаданий байланыштар жагынан кыргыздарга жакын, тектеш эл. Уруу-урук, эл, жер-суу аталыштарында, эн тамгалардагы параллелдер, оозеки чыгармалардын маалыматтары кыргыз-башкыр этностук-маданий алакалары эрте орто кылымдарда эле жүргөндүгүн чагылдырат. «Кыргыз» этноними башкыр урууларынын курамынан жыш кездешет. Мындан сырткары, «кыргыз» урууларынын өкүлдөрү компакттуу түрдө турушары маалым. Башкыр этносунун калыптанышына жергиликтүү финн-угор, 7-10-кк. түрк тилдүү уруулар негизги орунга ээ. Башкыр уруулары азыркы жашап жат- кан жерлерине 9-10-кк. көчүп келип отурукташа башташкан. Бул аймакты мекендеген финн-угор тилдүү мадьяр (венгр) уруулары Паннонияга журт которууга аргасыз болушкан. 10-13-кк. огузпеченектер, волгалык булгарлар, кыпчак уруулары жуурулушат. Башкыр тилинин калыптануусунда кыпчак тили чечүүчү орунду ээлеген. Кувакан, буржан, юрматы ж.б. негизги диалектилерде сүйлөшөт. Башкырлар негизинен көчмөн, жарым көчмөн мал чарбачылыгы менен кесиптенишкен. Кол өнөрчүлүк жогорку деңгээлде өнүккөндүгүн маалыматтар тастыктайт. Калктын негизги бөлүгү 18-к. отурукташууга өтө баштаган.
***Ад.:*** *Кузеев Р.Г. Происхождение башкирского народа. -Уфа, 1974.*
**Баштык. 1.** Башчы, башкаруучу, жетекчи; 2. Ун-талкан, азык- түүлүк жана башка ар түрдүү нерселерди салып коюу же аны алып жүрүү үчүн ылайыкталып жасалган таардан, териден, кездемеден жасалган капчык. Ичине салынуучу нерселерге карата баштык бир нече түргө бөлүнгөн (туз баштык, жем баштык, чай баштык ж.б.). Баштык - кыргыздын карабагыш (адигине) жана калмак-кыргыздардын курамындагы уруктар катары белгилүү.
**Баят** - тейит уруусунун курамындагы ири урук. Бул этностук аталыш байыркы түрк доорунан маалым. Энциклопедист-аалым Махмуд Кашгари огуз уруулук бирикмесине кирген баяттар жана анын эн тамгасы жөнүндө маалымат берген. Рашид ад-Дин баяттарды орто кылымдардагы огуз-түркмөн урууларынын оң кана- тына кирген өз алдынча уруу экендигин билдирген. Болжолу, 12- 13-кк. бул этностук компоненттер бир эле учурда монгол жана түрк тилдүү уруулардын курамдарында болуу керек. Айрым изилдөөчүлөр байыртадан эле белгилүү болгон «баяттарды» печенег-огуздардын курамындагы ушул эле ат менен маалым болгон уруу менен этностук жалпылыкта караган пикирлерин айтышат.

Этностук аталыштын параллелдери казак, өзбек, сары уйгур (югур) жана түркмөндөрдүн уруулук курамдарында бар. Учурда Монголиянын Убсунур аймагында өздөрүн «баят» деп аташкан, монголдордон айрым бир өзгөчөлүктөрү бар уруу жашайт. Арийне, аталган этностук топ монголдошкон түрк тилдүү уруулардын бири болушу да ыктымал. «Баят» сөзүн Махмуд Кашгари аргу (оргу) тилинде «Кудай», «Алла-Таала» маанисинде чечмелейт. Рашид ад-Дин «бактылуу», «телегейи тегиз», ал эми Абул Гази «бактылуу», «бай» деген формада аныктама беришет. Бирок соңку мезгилдеги изилдөөчүлөрдүн басымдуу бөлүгү baiat< baian, монголчо «бай», «байлык» (бая » бай + т; — т мүчөсү бурят-монгол тилдеринде көптүк маанини билдирет), маанисин аныктаарына токтолушат.
***Ад.:** Рашид ад-Дин. Сборник летописей. Т.I. Кн.I. -М.: 1952; Абул Гази. Родословное древо тюрков (пер. и предсл. Г.С.Саблукова). -Казань, 1906. -206 с.*

**Баяттар** - Монголияда жашаган ойрот тобуна кирген калк. Монгол тилдеринин баят-халха диалектисинде сүйлөшөт. Саны 40 миңден ашуун, Убсунур аймагын байырлашат. Баяттар (баяут) 13- к. Рашид ад-Диндин «Жами ат-таварихинде» эскерилет. Дербет уруулары менен бирге Жунгар хандыгын түптөөгө катышкан. Этнонимди кыргыздын тейит уруусундагы «баят» аттуу ири уруктар тобу менен параллель кароого негиз бар. Монголиядагы баяттар мал чарбачылыгы менен кесиптенишет. Лама (будда) динин тутунушат. Баяттар Жунгар хандыгын негиздеген, кийинчерээк монголдошкон кыргыз уруусу болуусу ыктымал.

**Бейит белги** - бул дүйнөдөн көзү өткөн адамды эскерүү үчүн бейит үстүнө коюлган архитектуралык, же скульптуралык чыгарма. Бейит белги мазмуну жана формасы жагынан ар кайсы элдерде ар түрдүүчө болот. Кыргыздар байыртадан көзү өткөн адамдын урматына арналып, жалган дүйнөдөгү ээлеген ордуна, сиңирген эмгегине карата күмбөз салышкан. Күмбөз өзгөчө архитектуралык чыгарма катары да баалуу.

**Бейиш** (ир. жаннат, жыргал жай) - дин ишениминде дин жолунан чыкпай жүргөндөргө тиги дүйнөдөн берилүүчү жыргалчылык, ырахат жай, жаннат. Мусулманчылыкта ак жолдон адашпай, шарият менен жүргөн адамдар бейишке чыгат, ислам динин коргогон, газават, жихад уюштуруп курман болгондорго бейиштен орун берилет деген ишеним бар.

**Бел боо** - кийимдин сыртынан белди курчоого арналып жасалган, бир жагында тогоосу бар булгаары, кайыш кездеме. Термин «бел» жана «боо» деген сөздөрдүн улануусунан келип чыккан. Бел боо - кур, илгич деген мааниде да айтылат. Кездемеден жасалганын улгайган адамдар курчанышат.

**Бел куда** - бала төрөлө электе кудалашуу. Бири-бирине ымаласы жакын эки үй-бүлө өзүлөрүнүн туугандык, достук ж.б. жакындыгын күчөтүү максатында бел куда болушкан. Айрым учурларда кыргыздарда сөөк жаңыртуу иретинде да бел куда болуш- кан.

**Бел күү** - комузда кеңири тараган басып чертүүнүн бир түрү. Аспап моюнунун ортосунан аткарылгандыктан, ал эл арасында «бел күү» деп аталып калган.

**Белдемчи** — аялдардын белден ылдый тартынуучу кийими. Ал баркыт, нooту ж.б. кездемелерден этеги жазы, жогорку бөлүгү кууш, кашат коюлуп, эки учалуу тигилет. Жээктери саймаланып, кундуз карматылып, чачыланып кооздолот. Белдемчини жазда, күздө, айрыкча кышта тартынат. Белдемчинин кездемеси, тигилиши, көркөмдөлүшү, түсү аны кийүүчү кишилердин жашына, өңүнө, тулку боюна, табитине жараша жасалат.

**Белтирлер** — бүгүнкү хакастардын курамындагы этностук топ. Хакас тилинде «пилтир» деп аталат. 18-к. чейин Абакандын жээгинен Арбат жана Табатка чейин жерлерди байырлаган кыргыздардын бир уруусу. Уруулук аталыштын параллелдери Фу-ю кыргыздарынан «былтырды», кыргыздын бугу уруусунун курамынан «билдир» формасында кездешет. Хакас оозеки чыгармаларында бел-

тирлер 1703-ж. Жунгарияга зордоп көчүрүлгөн кыргыздардын өз мекенине кайтып келген бөлүгү катары баяндалат. Орус жазма булактарында белтирлер 1635-жылдан белгилүү. Минусин ойдуңун (Кыргыз жерин) Россия басып алгандан соңку Кытайдын Цин империясы менен түзүлгөн Кяхта келишимине (1727-ж.) белтирлер да катышып, чек араны көзөмөлдөөгө укук алышкан. Учурда белтирлер тарыхый санжыраны жакшы билишет жана 15-18 муунга чейин өз тегин оозеки түрдө айтып бере алышат. Сагайлар менен бир диалектиде сүйлөшкөн белтирлердин энчилүү аты монгол тилинде «бир өңчөй эмес», «аралаш» маанилерин туюнтат. Ал эми хакас жана алтайлыктарда дарыянын, суулардын бириккен куймалары, коктулардын кошулган жерлерин билдирет. Учурда Тоолуу Алтайда Белтир аттуу айыл белгилүү. Кыргыздын баргы, бугу урууларынын курамдарында «билдир» аттуу уруктар бар экендиги белгилүү.

**Бернштам Александр Натанович (1910-1956).** Атактуу тарыхчы-археолог, белгилүү кыргызтаануучу, тарых илимдеринин доктору, профессор. Кыргызстан жана ага чектеш аймактарда археологиялык изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Ленинград шаарынан атайын илимий изилдөө максатында келип, кыргыз тарыхына байланыштуу зор мааниси бар илимий иштерди жарата алган. Археологиялык иликтөөлөрдөн сырткары, байыркы кыргыздар жана алардын таралуу ареалы, кыргыздардын келип чыгышы, этностук курамы, эне- сай кыргыздары жана алардын теги, байыркы кыргыздардын Түштүк Сибирден бүгүнкү Кыргызстанга чейинки локалдашуусу ж.б. баалуу илимий пикирлерди, көз караштарды, тыянактарды айткан. Таанымал окумуштуунун кыргыздардын теги, маданияты ж.б. арналган илимий эмгектери, жоболору илимде өз актуалдуулугун жогото элек. Илимпоздун эмгектери кыргыз тилине которулган.

**Бет кеп —** көргө коюлган адамдын бет жапкычы. Бет кеп чоподон, гипстен, алтындан жасалган. Бет кеп ар түрдүү элдерде ар кайсы убактарда пайда болгон. Кыргызстандын аймагындагы археологиялык казуулардан бет кеп сыяктуу (алтын ж.б. жасалган) табылгалар казылып алынгандыгы белгилүү жана алар Мамлекеттик Тарых музейинде сакталып турат.

**Бешбармак** - кыргыздын эт менен камырдан жасалган улуттук тамагы. Бышкан эт тууралып, ага ошол эттин сорпосуна бышырылган кесме кошулуп, үстүнө ысык чык куюлуп жасалат. Бул тамак кол менен желгени үчүн «бешбармак» деп аталып калган. Майда тууралган эт кошулуп жасалган камырды түштүк кыргыз- дары ж.б. түрк тилдүү көчмөн элдер «нарын» деп аташкан. Чындыгында, бул байыркы тамактын чыныгы аталышы - «нарын». Нарын - майда тууралган этке чык кошулуп жасалган тамак. Мурда ага камыр кошулган эмес.

**Бешик —** бала басып кеткиче бөлөнө турган терметме жыгач керебетче. Ал дүйнө элдерине кеңири тараган. Бешик бышык жана жеңил жыгачтан жасалат. Кыргыздар арчадан жасалган бешикке өзгөчө маани беришкен. Себеби арчага оору-сыркоо, курт-кумурска ж.б. бактериялар жакындаган эмес.

**Бешик той** - наристе бул жарык дүйнөгө келгенине байланыштуу уюштурулган той. Бул күнү нан, боорсок бышырылып, сары май салынып, мал союлуп айылдаш туугандарга атайын тамак берилген. Келгендер белек-бечкегин ала келишип, баланы алкашып, анын бешигине боорсок, таттуу, мөмө ж.б. чачышкан. Наристенин майлуу-сүтүү, бактылуу жашашын тилешип, баталарын беришкен. Баланы бешикке саларда, анда жин илдеттер жашынып калбасын дешип арча, адырашман менен бешиктин ичи- сыртын аласташкан. Бул каада-салт шаманчылык доордон бери сакталып келе жатат. «Алас» деген термин энесайлык кыргыздардын урпактары хакас, тува, түндүктөгү якуттарда атайын түтөтүүчү ритуалдык өсүмдүктү туюнтат.

**Бешилик** - беш ачалуу айры. Бул айыл чарба шайманынын сайларына карата төрт илик, үч илик деп да аташары маалым. Бешилик көбүнчө малга чөп чачууда, орулган бычанды чөмөлөөдө колдонулган шайман. (к: Айры).

**Бешмант** - тизеге чейин жеткен, ичине пахта же жүн салынбай тигилген кыргыздын улуттук жеңил тыш кийими. Топчуланма, бели кымча, этеги кең, жакасы тик формасында тигилип даярдалат.

**Беш таш же топ таш** - жаш кыздар, кыз-келиндер экиден же өнөктөшүп ойноочу чакмак оюн. Беш даана таш менен ойнолот. Ал эки колдоп ойнолуучу татаал он бөлөк ыкмадан турат. Оюндун эрежеси боюнча бир ташты алаарда башкасына кол тийгизүүгө болбойт, оң колго жыйналып жаткан таштар да бири-бирине тийишип кетпеши керек. Оюндун бир жеринде жаңылыштык кетсе, оюн кезеги башкага берилет.

**Беш уул** - чекир саяк уруусунун курамындагы ири урук. Изилдөөчүлөрдүн пикирине караганда «беш уул» жөнүндөгү уламыштар байыркы түрк дооруна таандык. аль Жувейни Чыңгыз хан жана анын мураскорлору тарабынын негизделген Кара Корум шаар чалдыбарындагы таштагы жазуудан байыркы уйгур уламышын окуган экен. Бул уламыш-маалыматта «Селенга менен Тогла Дарыяларынын кошулган жериндеги эки дарактын ортолугунда тоо пайда болгондугу баяндалат. Уйгурлар бул жерге жакындап келишкенде тоо ачылып, дарактын тамырларынан аккан сүттү эмип жатышкан ай десе айдай, күн десе күндөй сулуу алтын көкүл беш наристени көрүшөт. Табылган бул балдардын баарына тең ысым беришет. Уламыштагы маалыматтарга караганда, алардын ичинен чыккан Буку хан чыгыштан батышка чейинки аралыктагы жерлерди жеңип алып, Беш Балык шаарын негиздептир». Ушул эле уламыштын сюжети түрк тилдүү байыркы булгарлардын (Балкан булгарлары) легендаларында да баяндалат. Байыркы мифологиялык сюжеттин түрк дүйнөсүндө кенен таралышы, этнонимиялык параллелдүүлүктөр (өзбек-курамалар - «беш огул», заравшан өзбек- теринде - «беш бола», казактарда - «бестен бала» ж.б.) этностук жалпылыкты аныктаары шексиз.

**Бигмен** - (англисче «чоң киши») алгачкы общиналык доор бузулуу доорундагы жол башчылардын өзгөчө түрү (Меланезия, Полинезия ж.б.). Бигмендин бийлиги ишти жакшы аткарган, чарбаны уюштургуч, кол башчы, сөзмөр чечен ж.б.у.с. көрүнүктүү жеке сапаттарына жана бир кыйла артыкбаш азык түлүктүн колуна топтолушуна негизделген. Коомдук аткарган функциясы боюнча бигмен уруу башчысы, аксакалы, кол башчылык даража менен тең келген. Бул коомдук кызматка жеке сапаттарына карата шайланышкан. Бул алгачкы жамааттык коомдо, өзгөчө «аскердик демократия» доорунда өөрчүп-өнүккөн.

**Бий**. Кыргыздардын коомунда 20-к. биринчи чейрегине чейин колдонулган башкаруу титулу, уруу башчысы. Административдик өзүн-өзү башкарууну ишке ашырган. Уруунун бийи жалпы шайлоонун жыйынтыгы менен бекитилген. Россияга каратылгандан соң, кыргыз бийлери салык жыйноо, административдик айрым милдеткерликтерди да аткара башташкан. Бий - кыргыздардын мамлекеттик башкаруу иерархиясындагы титул-термини катары 7-к. белгилүү. Кытайдын Тан династиясынын (7-10-кк) жыл баяндары 7- к. орто чендериндеги энесайлык кыргыздардын үч министри Гйеси бей (бий), Гюй-шабо бей (бий) жана Ами бей (бий) жөнүндө маалымат берет. Профессор Ө. Караев изилдөөлөрүндө бул терминди (бей) - «бий» терминин фонетикалык өзгөргөн «бий» формасы катары чечмелеген.

**Бийлик**- башкаруу же буйруу менен бирөөнүн аракетин өз эр- кине баш ийдирүүгө мүмкүнчүлүгү бар авторитет. Бийлик адамзат коому менен кошо пайда болгон. Бийлик мамлекеттин, менчиктин пайда болушу менен жаңы сапаттык денгээлге өсүп чыккан. Алгачкы жамааттык (общиналык коом) коомдо бийликти

уруунун шайланма аксакалы жүргүзүп, аны уруунун бардык мүчөлөрү катышкан жыйында шайлашкан. Таптык мамилелердин жана мамлекеттин келип чыгышы менен туугандык, уруулук байланыштар бузулуп, уруу аксакалынын моралдык аброюнун ордуна коомдук бийлик пайда болот.

**Бийлик акы** - Өктөбүр төңкөрүшүнө чейин кыргыз бийлери тарабынан кылмыш жана граждандык иштерди карагандыгы, бийлик кылгандыгы, бүтүм чыгаргандыгы үчүн алынган акы. Бийлик акы көбүнчө алтын, күмүш, ат, төө, килем, сүлөөсүн ичик, кээде кыз берип кудалашуу түрүндө да болгон. Бул граждандык жана кылмыш процесси салттык укуктун (обычное право) негизинде жүргүзүлгөн. Бийлик акыны доогердин өздөрү төлөөгө чамасы келбесе, анын бир бөлүгү же дээрлиги тууган-туушкандарынан өндүрүлгөн.

**Билатералдуулук** - (лат.- эки жактуулук) - амбилатералдуулук, туугандыктын бир эле учурда ата жана эне тарабынан анык- талышы. Матрилатералдуулуктан патрилатералдуулукка өткөн форма же патрилатералдуулук менен жанаша жүргөн туугандык мамилелердин өнүгүү варианты.

**Билдир** - бугу уруусунун курамындагы урук. Этностук аталыштын параллелдери хакастардан «пилтир», фуюй кыргыздарынын курамынан «былтырды» формаларында кездешери аныктал- ган. Кыргыздар, хакас жана фуюй кыргыздарынын (Кытай Эл Республикасы) тегинин жакындыгын аталган этнонимдер далилдеп турат. Хакастардын тарыхый фольклору бельтирлерди (хак. пил- тир) 1703-жылы Жунгарияга күч менен көчүрүлгөн кыргыз-хоорайлардын ата журтуна (Минусин ойдуңу) кайрылып келгендердин урпактары катары баяндайт. Учурда, хакас-сагайлардын курамына сиңип кеткен «пилтирлер» калмак (монгол) тилинде «аралаш», «бир өңчөй эмес», «жуурулушкан» деген маанилерди туюнтат. Убакыттын өтүшү менен «пилтир» деген термин этностук аталыш (экзоэтноним) катары калыптанган. Азыркы учурда тувалар хакастарды «белдир» деп аташары маалым. Ал эми «белтир» хакас жана алтайлыктарда дарыянын, суулардын, коктулардын биригип кощулган жерлерин да аныктаары белгилүү. Арийне, «белтир» эне- сай кыргыздарынын уруулук энчилүү аты катары 1703-ж. чейин эле белгилүү болушу мүмкүн. Анткен себеби, бул маселеде кыргыздын бугу уруусундагы «билдир» уругунун энчилүү аты далил боло алары шексиз. Фуюй уездиндеги кыргыздар (чигдир, былтыр-дыр, табхын, кэргэс, табындар, сындырдыр) 18-к. орто чендеринде Жунгар хандыгы Цинь империясы тарабынан талкалангандан соң, Манжурияга көчүрүлүп кеткен кыргыздардын урпактары болуп саналышат. Кыргызтаануудагы бул орчундуу, ары татаал маселе өз изилдөөчүлөрүн күтүп жатат.

**Билерик, билерзик —** кыргыз кыз-келиндери, байбичелери билегине салына турган күмүштөн, алтындан же башка кымбат металлдан жасалган, байыртадан келе жаткан өзгөчө кооздук буюм. Зергерлер билерикке акак таш, мончок чөгөрүп, кооздоп жасашкан. Билериктин жумуру жана жалпак түрлөрү болот. Билерикти байбичелер каада-салттын негизинде өз кыздарына, неберелерине таберик катары, белек катары тартуулашкан.

**Билим** - адамдардын практикалык жана ойлоо ишмердигинин туундусу, коомдогу жана жаратылыштагы көрүнүштөр, болочок жашоо тууралуу алынган ишенимдүү маалыматтардын жыйындысы. Билим таанып-билүү менен тыгыз байланыштуу, анын натыйжасы жана курамдык бөлүгү. Адамзат өзү жеткен билимге таянып, жаратылыштын күчтөрүн багындыруу менен материалдык байлыктарды өндүрүп, коомдук мамилелерди өзгөртүп турат. Билим өнүгүү диалектикасынын закондорун ачуу таанып-билүүнүн башкы милдети деп санайт. Билимдүү болууну орто кылымдардагы ойчул окумуштуулар Ж. Баласагын, М.Кашкари (Барскани) өз эмгектеринде өзгөчө белгилешкен. Билимдүү болуу

түркөйлүккө, наадандыкка ж.б. каршы күрөшүүнүн булагы экендиги кыргыздын жазуу, оозеки чыгармаларында кеңири орун алган.

**Билингвизм** (лат. li - экилик, кош жана lingua - тил) кош тилдүүлүк. Бир эле учурда эки же андан көп тилдерди өздөштүрүү. Этностук процесстерде билингвизм жекелик эмес, жамааттык мүнөзгө ээ болот. Билингвизмдин өнүгүүсү тилдердин жана этностук алакалардын натыйжасында жүрө алаары белгилүү. Жамааттык билингвизм тилдердин ассимиляция болуусундагы өткөөл процесс болуп калат. Маселен, парагвайлар, швейцариялыктар массалык билингвизмди алып жүрүшөт.

**Билинейлүүлүк** — (лат. «эки багыттуулук») амбилинейлүүлүк, тегин бир эле мезгилде ата жана эне тарабынан аныктоо. Матрилинейлүүлүктөн патрилинейлүүлүккө өтмө форма же патрилинейлүүлүк менен жанаша жүргөн туугандык мамилелердин өнүгүү варианты.

**Билокалдуулук** - (лат. «эки жер») амбилокалдуулук, үйлөнгөндөрдүн күйөөнүн жана аялдын тобунда кезектешип жашоосу. Матрилокалдуулуктан патрилокалдуулукка өтүүдөгү өтмө форма.

**Бирюсиндер** - хакастардын курамындагы этнографиялык топ. «Кыргыз жеринин» (азыркы Хакас-Минусин ойдуңу) алыскы аймактарында, Кузнецк Алатоосу багытында жашашат. Айрым маалыматтар боюнча энесай кыргыздарынын кыштымдары болушкан. Энесайлык кыргыздар тарабынан кыргыздашышкан. Илимий адабияттарда «пүрүстөр» деген ат менен белгилүү. Мындан сырткары, бул аймактар Кыргыз каганатынын экономикалык таасири таралган маанилүү жерлер болгондугу маалым. Этностук топтун курамында камассин элементтери да кездешери маалым. Ошону менен бирге, бирюсиндердин курамында байыркы кыргыз уруу аттары да катталган. Алар төмөнкүлөр: карга, суу каргазы, таг каргазы, сайын, сибичин, хызыл хая, хый, хобый (кыргыз-ховалыг), сор, чилей, изушер (усшор) ж.б.

**Бишкек** — кымызды бышуу үчүн керектелүүчү буюм. Жаңы саалган бээ сүтү кымыздуу сабага куюлуп, бишкек менен көпкө бышылат. Бишкекти көбүнчө арчадан - айрым учурда четин, кайың, талдан жасайт. Бишкек саруу, солто урууларынын курамындагы уруктар катары белгилүү. Элдик оозеки тарыхый маалыматтарда Бишкек баатыр болгондугу баяндалат. Айрым илимий адабияттарда Бишкек өрөөндүү аймактагы, чөлдүү түздүктөгү булакты туюнтары чагылдырылат.

**Богардык** (кайрак) жер иштетүү - (тажикче-бахар, фарси тилинде-бехар, «жаз» маанисин туюнтат) кайракы, жасалма сугарылбаган жер иштетүү. Көбүнчө дан эгиндерин өндүрүү багытындагы ирригациялык жер иштетүү. Кыш жана жаз мезгилиндеги жаан-чачынга ылайыкталып, негизинен Азия аймагына таандык. Мындай жер иштетүү маданияты Орто Азия аймагында 10-к. белгилүү болуп, жогорку деңгээлде өнүккөн. Иран, Афганистан Алдыңкы Азиянын башка жерлеринде белгилүү болгон. Атайын сугарууну талап кылбаган эгин өндүрүү жаздык эгин (богара), күздүк эгин (терамси) деп экиге бөлүнөт. Мындан сырткары, таруу, күнжүт, дарбыз, апийим жана башкалар айдалат. Мындай жер аянттарын кийинки жылдары түшүм мол болуш үчүн бууландырууга (дем алдыруу) калтырып коюшкан. Өткөн замандарда жер кыртышы эрозияга кабылбаш үчүн капталынын айдалган талаага жер семиркичтер чачылган эмес.

**Богорстон** - генoним. Элдик санжыра боюнча Долон бийден - Ак уул, Ак уулдан - Тагай, Тагайдан - Богорстон, Богорстондон - Эштек, Эштектен - Солто урuусу тарайт. Генонимдин адепки формасы «бага + арстан» болуусу ыктымал. «Бага» термини байыркы кыргыздардын «топ», «уруулук бирикме», «аймак» маанилерин түшүндүрсө, анда геноним «арстандар уруулук бирикмеси, тобу, уруусу» дегенди туюнтары анык.

**Бодо —** жылкы, уй, топоз жана төөнүн жалпы аталышы.
**Боз үй** - Борбордук Орто Азия талааларында жашаган байыркы көчмөн элдердин негизги турак-жайы. Алардын ичинен түрк жана монгол элдери жашаган турак-жай жеңил жана ыңгайлуу келип, көчүп-конууга ылайыкталып, суукта жылуулугу, ысыкта салкындыгы менен айырмаланган. Б.з. I миң жылдыктын орто чендеринде түрк (кыргыз) көчмөндөрү тарабынан ал үйлөрдүн негизине эң чоң өзгөртүүлөр киргизилген. Ал өзгөртүүлөрдүн негизгиси бүктөөгө жана жазууга боло турган тор көздүү кереге болгон. Керегенин жасалышы мал чарбачылыгы менен тоо-талааларда көчүп- конуп жүргөн көчмөн турмуштун зарылчылыгынан улам келип чыккан. Көчүүгө жеңил, каалаган жайга тигүүгө ылайыкташкан, жаан суусун тез агызган, табияттын ар кандай таасирине чыдамдуу боз үйдүн жыгаччылыгына (сөөгүнө): уук-кереге, босого-таяк (баш босого, аяк босого), түндүк, каалга кирет. Үзүк, туурдук, түндүк жабуу, эшик тыш, боз үйдүн өрө кийизин түзөт. Үйдүн ички-сырткы жасалгалары: жабык баш боо, тегирич боо, үзүк боо, туурдук боо, жел боо, уук учтук, саканак таңгыч, кылдырооч, төтөгө канат чий, чыгдан өңдүүлөрдөн турат да, алардын өзүлөрүнө тиешелүү көркөм оюмдары жана көчөттөрү түшүрүлөт. Боз үйдүн жүктөмө түрүн сайма алачык менен алачык сыяктуу көчүрүп жүрүүчү жайлардын андан ары өнүктүрүлгөн формасы деп болжолдоого болот. Тоолуу жерде жашаган көчмөн элдер бат чечип, жеңил жүктөп тез тигүүгө ыңгайлуу турак-жайга муктаж болгон- дуктан, боз үйдүн уук-керегеси ичке жыгачтардан жасалып, кийиз менен жабылган. Кийиздин кышында суукту, жайында ысыкты өткөрүүгө тоскоолдугу чоң.
Боз үйдүн жасалышы — боз үй негизинен жыгачтан, кийиз, чийден, боо-чуудан турат. Жыгачына: түндүк, уук, кереге жана босого кирет. Аны жыгач усталар талдан, кайыңдан жасашат. Тутуусу: түндүк жабуу, үзүк, туурдук, эшик. Алар адатта ак жүндөн жасалат. Боо-чуусу: түндүк жабуу боосу, жел боо, кырчоо, эшик боо, уук тизгич жана кереге чалгыч менен тундүк көтөрүлүп, ууктар сайылып, керегенин башына байлашат. Ууктар уук тизгич менен чалынып, керегенин сыртынан чий кыналат. Эшиктин боосу түндүктүн алкагы аркылуу баш босогого байланат. Анан туурдук менен үзүк жабылып, түндүк жабуу салынат.
**Боз үйдүн жасалгалары —** боз үйдүн жасалышына жараша ак үй, кара үй деп экиге бөлүүгө болот. Адатта кара үйдү илгери колунда жоктор, ак үйдү колунда бардар байлар менен ооКаттуулар тигишкен. Боз үй элдик кол өнөрчүлөрдүн эң мыкты чыгармалары менен кооздолгон, жыгач усталар керегенин саканактарына, ууктун алакандарына, түндүктүн чамгарактарына, алкагына сай салып, ар түрдүү оймо-чийме салышкан. Ал эми уздар ар түрдүү түстөгү жүн менен килемден калышпаган кооз оймо-чиймелүү чий чырмашкан. Туурдуктун башына, үзүктүн этегине ар түрдүү оюу салып, боорлорунун көпчүлүгүн түрлөнтүп согушкан.
**Боз үйдүн ички жасалгасы** - үйдүн ичинин бөлүнүшү жана андагы буюмдардын жайланышы элдин турмушу, салт-санаасы менен аныкталат, анын ар тарабы өзүнчө мааниге ээ болгон. Боз үйдүн так ортосу - коломто, ага казан асылат. Эшик менен коломтого карата төр жайы, улага, эпчи жагы, эр жагы болуп бөлүнөт. Төр - үйдүн эшикке карама-каршы тушу. Анда жүк жыйылып, конок күтүлүп, адамдар жаткан. Ал жерге ала кийиз, өрө кийиз, шырдак, көлдөлөң, төшөк сыяктуу баалуу буюмдар салынат. Жүктүн эки жагына текче илинет. Эпчи жак - боз үйдүн кире беришиндеги оң тарабы. Анда ала бакан орнотулуп, ашкана каланып, тамак-аш, идиш-аяк сакталып, аяк кап, чыны кап илинет. Эр жагы - үйдүн сол тарабы. Анда эркектердин кийими, куралы, ат жабдык ж.б. буюмдар коюлган. Улага - үйдүн кире бериши. Ага адатта отун жыйып, ээр-токум коюлган. Боз үйдүн ички бөлүнүшү, төр, эпчи жак, эркектер жагы ж.б. аталыштар хакастар жана туваларда бирдей аталып, жалпы мааниге ээ. Боз үй жана анын предметтеринин аталышы

консервативдүү мааниге ээ болуу менен, тарыхый доорлордун өнүгүшүнө карата өзгөрүлбөй сакталып келет.

**Бозо** — таруудан ачытылган кыргыздын байыркы суусундугу. Эзелтеден келе жаткан нарктуу жана барктуу тамак. Бозо ачытууда абалы жыгач челек (арча челек) керек. Угут - бозону күчүнө чыгаруучу ачыткысы, ал буудайдан болот. Угутту өндүрүүдө буудай жылуу сууга чыланып жылуу жайга коюлат. Ал кургатылат да, жаргылчакка тартылат. Таруудан шак тартылат. Шак - таруунун майдаланган түрү. Аны майдалабай да көптүрсө болот. Ал аз ачыткысы аркылуу челекке чыланат. Кымыздын ачыткысын «көрөңгө» дейт. Бозодо, максымда «ачыткы» деп аталат. Бозонун үстүнө бозону жаңыртып куюп туруу зарыл. Кичине сүзүп алып кайнатылган шакты үстүнө куюп ачытуу «кордо», демек, кордолгон бозо - бир нече күндө ачыган бозо. Бозо арпадан да, жүгөрүдөн да, буудайдан да салынат. Сулудан ачытылганы «экчеме» (экчеп сузуу) деп аталат. Бозонун талаптагыдай чыгышы, албетте, угутуна байланыштуу болот. Бозону кыргыздар энесай доорунан эле жасап, ичимдик тамагы катары пайдаланышкан. Кытай жыл баяндары (7-10-кк.) кыргыздар буудай, арпа менен катар таруунy (кара таруу) биринчи айда себишип, тогузунчу айда жыйнап алышарын кабарлайт.

***Ад.:** «Манас». Энциклопедия. Т.1. Б.: 1995. 69-70-беттер.*

**Бой тумар** - ар кандай кырсыктан, оорyудан сактануу максатында молдо тарабынан жазылып берилген аят.

**Бойла** - кыргыздардын байыркы жана орто кылым мезгилдериндеги мамлекеттик-башкаруу титулу. 7-к. таандык руникалык жазуу эстеликтеринде Тонукуктун (Тонюкук) демилгеси менен Кутлуг өзүн Илтериш-каган деп жарыялап, Тонукук «бойла бага тар- хан», ал эми Мочжо жана Дусифу деген кенже инилери «шад», «ябгу» («жабагы») наамдарына ээ болушкан. Демек, «бойла бага таркан» кагандын башкы кеңешчиси, иш башкаруучу баш министр, мамлекеттик башкаруу аппаратынын жетекчиси титулуна дал келген. Арийне, Монголиянын Сужа деген жеринен табылган (Сужа жазуусу) рун сымал кыргыз жазуу эстелиги өтө баалуу тарыхнаамалык мааниге ээ. «Мен келдим, Уйгур жергесинде Яглакар-ханды жаа менен атып өлтүрдүм. Мен кыргыздын уулумун (перзентимин). Мен Бойла Кутлуг Ярганмын. Мен башкаруучу Кутлуг Бага Таркандын өкүмүн (буйругун) аткаруучумун. Менин даңкым күн чыгыштан күн батышка чейин угулду. Менин ондогон айылым, сансыз мал-жаным бар эле. Жети кичүү инилерим, үч уулум, үч кызым бар эле. Уулдарыма чарба, мал-жан, энчи бөлүп бердим, кыздарымды калыңсыз күйөөгө узаттым...» Демек, Кутлуг Ярган (таркан) - кыргыз аскер башчысынын энчилүү атын, ал эми «бойла» термини титулду аныктайт. Кыргыздын көрүнүктүү аскер башчысы Бойла Кутлуг ярган (тархан) кыргыз тартибинин Борбордук Азиянын аймактарына орношуна жетек-чилик кылган. Бул жазуу эстелиги кыргыз тарыхын, анын байыркы тил маданиятын изилдөө үчүн өтө баалуу булак болуп саналат.

***Ад.:** Кляшторный С.Г. Древнетюркские рунические памятники как источник по истории Средней Азии. - М„ 1964; Кляшторный С.Г.Историко-культурное значение Суджинской надписи//Проблемы востоковедения. -М„ 1959. -№ 5. -С.162-169.*

**Боёк өсүмдүктөрү** - боёк заттуу өсүмдүктөр. Боёк зат өсүмдүктүн кабыгында, жалбырагында, мөмөсүндө, тамырында, гүлүндө, бүчүрүндө жана уругунда болот. Боёк өсүмдүктөрүнүн көпчүлүгү кымыздыктар, талдар, бук ж.б. өсүмдүктөр тукумуна кирет. Табигый боёкторду кыргыздар килем, шырдак ж.б. үй чарбасына керектелүүчү буюмдарды боёодо пайдаланышкан. Эң алгачкы адамдар боёк катары жошону пайдалана билишкен.

**Боёо** — жасалуучу буюмдарга түрдүү түс берүү. Кыргыздар жүн, жип, тери жана башка буюмдарды чөптөн, чөптүн тамырларынан алынуучу боёктор менен боёшкон.

**Бойро** — самандан, камыштан же чийден чырмалган жабуу, төшөлгө. Ал жазгы жаш өсүмдүктү, тамекини, кант кызылчасын жабуу, кашаа кармоо ж.б. үчүн колдонулат. Бойронун өлчөмү керектөөгө жараша курулат. Ал кол станогу же машина менен да чырмалары маалым.

**Болчар, болшар** - эрте орто кылымдар доорундагы (5-9-кк.) кыргыздардын байыркы бир уруусу. Саян-Алтайдагы кыргыздарга таандык рун сымал эпитафиялык жазуу эстеликтеринде болчарлар менен биргеликте «ач», «ли» аттуу уруулар эскерилет. Кыргыздын белгилүү мамлекеттик ишмери, Тибетке кыргыз каганынын атынан бир нече ирет иш сапар менен барган мамлекеттик белгилүү ишмер (болжол менен алганда 7-к. аяк чени, 8-к. биринчи чейреги), Эрен Улук аттуу элчи (атактуу шаман) тектүү «болчар» уруусунан чыккан. Бул маалыматтар Алтын-Көлдөгү (азыркы Хакасия) кыргыз эстелигинде баяндалат. Эстелик таштын көлөмү 1,98 х 46 см, калыңдыгы 18 см. жетет. Минусин край таануу Музейин- де сакталып турат. Тибетке элчилик сапар менен барып, белгисиз себептер менен кайтпай калган Эрен Улук 38 жашта болгон. Кыргыздар «ак жана кара бөрүлөр» уруулук топторуна ажыраган. Бул оң жана сол канаттардын баштапкы аталышы болушу ыктымал. Болжолу, бул мезгилде кыргыздарда бөрү (карышкыр) башкы тотем болгон сыяктуудай. Кыргыздардын башка уруулук топтору элик (марал), барс (илбирс) ж.б. деген аттар менен да белгилүү болгон. Мисалы, «чик» — монг. чихтэй — элик дегенди туюнтат. «Аз» — аюу маанисин туюнтары илимде эбактан белгилүү.

**Боорсок** - кыргыздын улуттук тамагы. Ал башка түрк тилдүү элдерде да (казак, каракалпак ж.б) улуттук тамак-аштын бир түрү катары байыртадан белгилүү. Ал ачыган же жаңы жуурулган (сүт, жумуртка, май кошуп) камырдан жасалат, анын формасы керектөгө, зарылчылыкка жараша ар кандай түрдө болот. Майга бышырылат.

**Босого** - боз үйдүн эшиги. Боз үйдүн эшигинин эки жагында бийиктиги кереге бою эки босого таягы болот. Алардын төмөнкү учу аяк же босогонун четиндеги төрт чарчы көзө көзөнөгүнө, жогорку учу баш босогонун тигишине ашталат. Баш босогонун так ортосунун үстүрөөк жагында эшик боо байланчу көзөнөгү болот. Боз үйдүн ичин көздөй эки жакка ачылчу эки кичинекей каалгалары бар. Алардын баш-аяккы четтериндеги ашык-машыктын милдетин аткаруучу жумуру казыкчалары баш босого менен аяк босогонун ич жагынын эки четиндеги курбучадагы тегерек тешиктерге киргизилген.

**Бостон** - ичкилик (Булгачылар) уруулук тобундагы эң ири уруулардын бири. Этнонимдин параллелдери кара багыш, саруу, черик урууларынын курамдарында урук аталыштары катары белгилүү. Кыргыздар жөнүндөгү орто кылымдардагы баалуу маалымат болгон Сайф ад-Дин Аксыкендинин «Мажму ат-Таварихинде» (16-к.) Салус бек Булгачыдан тараган кыргыз уруусу катары чагылдыры- лат. Уруунун тегинин байыркылыгын анын курамындагы ыждар, сазан, жиңдөө, чаманай, гөдөк ж. б. урук аттары айгинелейт. Этноним «мөмө багы», «бакча» деген маанини берет. Элдик этимологияда «боз тон» деп да чечмелеп жүрүшөт. Мындан сырткары, «бостон» - орто кылымдардагы кыпчак (Дешт и-Кыпчак түрк уруулары) урууларынын курамынан да эскерилет. Бостондор Ош, Баткен облустарынын аймактарын, Жалалабаттын кээ бир жерлерин байырлашат. Бул уруунун өкүлдөрүнүн айрым бөлүктөрү азыркы Өзбекстан (Вуадил, Айым, Коргонтөбө), Тажикстан (Жергетал, Мургаб райондору) аймактарындагы кенен ареалды мекендеп келишери маалым.

**Ботко** - күрүчтөн, таруудан, нокоттон, арпадан, жүгөрүнүн акшагынан, камырдан жасалуучу коюу тамак (кыргыз, каракалпак, казак элдеринин улуттук тамак-аштарынын бири). Хакастарда «потхы» деп аталары белгилүү. Ынак сүткө жасалган, сары май кошулган күрүч ботко «ширин күрүч» деп аталат. Азыркы учурда ботконун мындан башка да жасалган түрлөрү бар.

**Бош убакыт —** адам өзү каалагандай пайдалана турган убакыттын бир бөлүгү. Анын негизги параметрлери: узактыгы, өткөрүү орду жана жолдору, структурасы. Бош убакытты эс алуу же сайрандоо менен чаташтырбоо керек. Эң башкысы анда рахат алуу, көңүл ачуу, өзүн-өзү өркүндөтүү ишмердиги болууга тийиш.

**Бөгөжү** - байыркы кыргыз урууларынын бири болорун аныктаган далилдер бар. Параллелдери хакастардагы туба, койбалдардын жана Чыгыш Саяндардагы хакас-камассиндердин курамдарынан «пөгечи», «бугажы» формаларында кездешет. Бул маалыматтар бөгөжүлөрдүн (хак. пөгечи, бугажы) байыркы мезгилдерде өз алдынча кыргыз уруусу болгондугун айгинелээри шексиз. Хакастардын тарыхый фольклору пөгечилерди 1703-ж. Жунгарияга күч менен көчүрүлгөн энесайлык кыргыздардын калган бир бөлүгү экендигин баяндайт. Мындан сырткары, кыргыздарга теги жакын экендиги далилденип жаткан сары уйгурлардын уруулук курамында да «пөгеши» (яглагкыр уруусунда) аттуу урук бар экендиги аныкталды. Хакас профессору В.Я. Бутанаевдин иликтөөлөрүндө казактын улуу жүзүнүн курамындагы «бөгечи» уругу 1703-жылы көчүрүлгөн энесайлык кыргыздардын урпактары экендиги аныкталып келет. Жогорудагы фактылар байыркы кыргыздардын уруулук курамын, түзүлүшүн тактоодо негиздүү маалымат болору шексиз. Бөгөжү - кыргыздын кытай уруусунун курамындагы ири урук аталышы катары белгилүү.

**Бөкөөл** - (монг. бөкөүл - эт бөлүүчү), чыгданчы - бышкан этти көпчүлүккө устукандап берүүчү адис. Бул өнөргө (кээ бир учурларда кесипке) кыргыздар өзгөчө маани беришет. Бөкөөлчүлүк - атадан балага калып келген эски кесип. Бул жооптуу кызматка өтө тажрыйбалуу, көптү көрүп, түшүнгөн, дасыккан адамдарды дайындашкан. Илгери кагандардын, бектердин, жоокерчилик заманындагы аскер башчылардын, кийинчерээк уруулар менен ири аиылдардын да атайын өз бөкөөлдөрү болгон. Алар аш-тойлордо, маарекелерде (салтанаттуу жыйындарда) келген коноктордун жашына, кадыр-баркына, даражасына жараша бышкан этти устукандап бөлүштүргөн. Ал үчүн ар бир бөкөөл өзүнө чейинки бөкөөлдөрдүн тажрыйбасы менен мыкты даражасын гана жакшы билбестен өз заманынын ал-абалын, замандаштарынын мартабасын, уруулардын санжырасын да жакшы билишкен. Чоң маарекелерде бөкөөлдөрдүн карамагында дастаркончулар, чыгданчылар, ашпоздор, эт туурагандар жана табакчылар болгон. Эл ичинде «Бөдөнөнү бөлсө да бөкөөл бөлсүн» ж.б.у.с. макалдар бар.

**Бөлө** - эне жагынан туугандыкты билдирүүчү термин. Эже- сиңдилердин балдары бири-бирине бөлө болушат. Адат бөлөлөрдүн өз ара никелешүүсүнө тыюу салган. Бирок айрым жерлерде бөлөлөрдүн өз ара никелешүүсүн байкоого болорун аныктаган фактылар катталган.

**Бөө**. «Бөө» - бурят-монгол тилдеринде «бакшы», «шаман» маанилерин туюнтат. Монгол тилдүү элдер, түштүк тувалар да шаманды «бөө» деп аташары белгилүү. Бул сөздү кыргыздар айрым учурда жаш балдарды коркутуу үчүн колдонушкан.

**Бөө найман** - кыргыздын найман уруусунун курамындагы ири уруктардын бири катары маалым. Параллели бүгүнкү тувалардын курамынан «бөханайкин» аттуу урук аталышы катары учурайт.

**Бөө найман** - найман уруусунун курамындагы ири уруктардын бири. Этнонимдин биринчи компоненти «бөө» - бурят-монгол тилдеринде «бакшы», «шаман» маанилерин туюнтат. Монгол тилдүү элдер, түштүк тувалар шаманды «бөө» деп аташары белгилүү. Кыргызча бөө/бөй/бөйү/бөйөн/-«уулуу жөргөмүш» деген

маанини туюнтары маалым. Экинчи компоненти - «найман» бурят-монгол тилдеринде «сегиз» санын билдирет. Этностук аталыш кыргыздарда байыртадан белгилүү болуп келген жана анын жашоо образынын, каада-салтынын, маданиятынын ажырагыс бөлүгү болгон шаман динин (шаманизм) чагылдырары шексиз. Параллели бүгүнкү тувалардын курамынан «бө-ханайкин» аттуу урук аталышы катары учурайт.

**Бөөчө**. Жаш балдар ыйлаганда коркутуп-сооротуу үчүн айтылган сөз. Бөө + чө - «бөө сымал», «бөө сыяктуу» же «бакшы, шаман сыяктуу» маанисин туюнтат. Термин кыргыздардын байыркы шаман дининен кабар берет. Кийген кийими, шалдыраган асасы, үрбүсү (орбо) аркылуу балдарга коркунучтуу болуп көрүнгөн.

**Бөрү** - оң канаттагы (адигине уруулук тобу) ири уруулардын бири. Этнонимдин параллели кыргыздын азык уруусунун курамында да бар экендиги аныкталган. Этностук аталыш тотемдик жаныбар карышкырга байланыштуу келип чыккандыгы аныкталган. Бөрү, карышкыр, гурт//курт, мөжөк//мачак, чоно//чино синонимдеш аттар болуп эсептелет. Борбордук Азияны мекендеген байыркы уруулар (хуннулар, түрк-монгол тилдүү уруулар) өздөрүнүн башатын карышкырдан деп түшүнүү менен, ага касиеттүү күч катары сыйынышкандыктары маалым. Байыркы теле (төлөс) уруулары өздөрүн хунну акиминин кызы жана карышкырдан тараганбыз деген ишеничте болушкан. Байыркы түрктөр өздөрүн хунну ханзаадасы менен эне-карышкырдын урпактары экендигин өзгөчө белгилешкен. Байыркы түрктөргө таандык «ашина» этноними (ашина - «а» урматтоону аныктаган кытай префикси, -шоно/чоно/чино; -бүгүнкү моңголдор чыгыш тегин касиеттүү марал (Гао Марал) жана карышкырдан (Бортэ Чино) таратышары уламыштарда чагылдырылат. Огуз кагандын аскер жүрүштөрүндөгү жол баштоочусу карышкыр болгондугу жөнүндө уламыштар айтылат. Башкыр фольклорунда бул элдин мергенчи менен эне-карышкырдан тарагандыгын баяндаган уламыштар чагылдырылат. Изилдөөчүлөр көпчүлүк түрк элдеринде кийинки учурларда тотем-карышкыр сактоочу (покровитель) функциясын аткарып калганын белгилешет. Кыргыздарда түз тиешелүү малыматтар жоктугуна карабастан, карышкырга байланыштуу ырым- жырымдар тотемизмдин изин чагылдырат. Карышкырдын тырмагы, тиши, тарамышы ж.б. оорудан, түрдүү кырсыктардан сактоочу амулет болгондугу ырас. Мындай ишеним ырым- жырымдар Түштүк Сибирдин элдеринде (алтай, тува, хакас) да абдан кенен таралган. Мисалы, карышкыр тувалардагы шамандардын жардамчы-духтарынын бири болгондугу маалым. Байыркы кыргыздардын карышкырга карата тотемдик ишенимдери Түштүк Сибирдеги руникалык таш эстеликтеринде да чагылдырылат: «Мен жети бөрүнү өлтүрдүм...» - деген маалыматтар бар. Бүгүнкү хакастардын курамында теги эң байыркы «чити пүүр» (жети бөрү) аттуу урук (сөөк) белгилүү. Энесайдагы руникалык жазуулардагы маалыматтарда кыргыздардын өлкөсүнүн ичинде «жети бөрү» жана алардын курамындагы «көк жана кара бөрүлөр» уруулары менен согушкандыктары баяндалат. Энесай кыргыздарынын урпактары катары эсептелген хакастардын курамындагы «чити пүүр» (жети бөрү) уругу (хакас-сагайлардын ичинде) ак пүүр, хара пүүр, көк пүүр ж.б.у.с. жети уруктан тургандыгы маалым.

**Бөрү жатыш** - теринин ар кайсы жерине чалкан чаккандагыдай кычышуучу кызыл бүдүрлөрдүн капысынан пайда болушу менен белгиленген оору. Көбүнчө кызыл бүдүрлөр так калтырбай тез (бир нече саатта же күндө) жоголуп кетет. Кээде оору созулуп, оорулуу адамдын температурасы көтөрүлүп, жабыркайт. Бөрү жатыш нерв системасынын ишинин бузулушунан жана түрдүү дүүлүктүргүчтөргө организмдин реактивдүүлүгүнүн өзгөрүшүнөн пайда болот. Бөрү жатыш кан тамырларды кеңейтип, алардын капталдарынан кандын өтүп кетишине шарт түзөт.

**Бромлей Ю.В.** (1921 - 1990) - атактуу орус тарыхчысы жана этнографы, академик, бир топ жыл СССР ИАсынын Этнография институтун башкарган. СССРдеги этнографиялык изилдөөлөрдүн эң маанилүү багыттарынын негиздөөчүсү жана этностун дуалисттик теориясын түзүүчүлөрдүн бири. Аталган теорияга ылайык, биологиялык жактан бир бүтүндүктү түзгөн адамзат жалпы социалдык мыйзамдар боюнча өнүгүп, тарыхый жактан калыптануучу көптөгөн топторго бөлүнөт. Алардын арасында өзгөчө орунду адамдардын топтук интеграциясынын биосоциалдык формасы болгон этностор ээлейт. Башка топтордон этностор социалдык уюмдашуунун бардык формаларында сакталуучу өтө бекем байланышуусу жана мамилелери менен айырмаланат. Бул теорияны негиздөөдө «этнос», «этникос», «этносоциалдык организм» деген түшүнүктөргө аныктама берген. Бул теорияда көптөгөн этностук кубулуштар жана проблемалар, анын ичинде раса, топ, топтор менен этностордун дал келүүчүлүк түшүнүктөрү ж. б. иликтенет. Ю.В.Бромлей этнография менен ага чектеш илимдердин өз ара мамилелерине көп көңүл бурган. Этносоциологиянын предметине жаңыча мамиле кылып, анын негизги милдети катары этностук жана социалдык-экономикалык процесстердин өз ара байланышын изилдөөнү көрсөткөн. Андан сырткары, ал этносоциологиянын бирдиктүү кош милдетин: түрдүү социалдык топтордогу этностук өзгөрүүлөрдүн өзгөчөлүктөрүн изилдөөнү жана түрдүү этностук чөйрөдөгү, айрым этностордогу өзгөчө процесстерди изилдөөнү негиздеген. Негизги эмгектери: Этнос и этнография (1973); Современные проблемы этнографии (1981); Очерки теории этноса (1983); Этносоциальные процессы:теория, история, современность (1987) ж.б.

**Буба —** жети атанын бири, чоң атанын атасы.

**Бугу** - эң канаттагы ири уруулардын бири. Бул уруунун келип чыгышы, теги жөнүндөгү уламыш-санжыралар кыргыздардын байыркы тотемистик ишенимдерин чагылдырат. Этнонимдин параллели «пуга» формасында энесай кыргыздарынын урпактары хакастардын курамында бар. В.Банг кытай жыл баяндарында эскерилген «пу-гу» этнонимин хунну жана телелердеги (төөлөс) аскердик титул-этноним менен байланышта караган. Ю.А.Зуев «Бугу» бугуг - аскер башчысы, оң же сол канаттын аскер жетекчиси» деген мааниде чечмелейт. Арийне, 7-к. бугулардын локализациясы тактала элек. Айрым кытай тилдүү булактар бугуларды ба-е-гу (байырку) жана до-лан-гэ (теленгит) урууларына кошуна жайгашкан уруу катары эскеришкен. Теле конфедерациясынын курамына кирген бугулар 8-к. орто чендеринен тартып Уйгур каганатына баш ийип калышкан. Этнонимдин экинчи мааниси тотемдик жаныбарды туюнтат жана ал тотемдик сыйынуу объектиси катары байыркы түрк доорунан белгилүү. С.М.Абрамзон да ушул пикирди кубаттап, өз иликтөөлөрүндө далил катары Мүйүздүү эне жөнүндөгү санжырага токтолот. Бугу алгач бир гана уруктун сыйынган тотеми болуу керек. Үстөмдүккө ээ болгон уруктун тотеми өзүнө баш ийген, көз каранды уруктардын тотемдерин сүрүп чыгарып, бүткүл уруунун энчилүү аты ошол тотемдин аты менен атала башташы мүмкүн десек болчудай. Д.Е.- Хайтун Түштүк Сибирдеги ж.б. түрк тилдүү элдердин ишенимдериндеги «бугу» жана «бука» жаныбары мифологиялык бир жаныбарды аныктаганына токтолот.

***Ад.:*** *Абрамзон С.М. Киргизы. и их этногенетические и историко-культурные связи. -Фрунзе, «Илим», 1990; Боргояков М.И. Гунно-тюркский сюжет о прародителе-олене (быке) //СТ. -№ 3. 1976. -С. 55-59; Егоров Н.И. По следам златорогого оленя//Межэтнические общности и взаимосвязи фольклора народов Поволжья и Урала. -Казань, 1985. - С.128-133.*

**Бугучулук** - мал чарбачылыгынын бир тармагы. Бугучулуктун төмөндөгүдөй түрлөрү бар: түндүктөгү бугучулук - түндүк бугуларын унаа катары колдонуу

жана эт, тери, сүт алуу үчүн багуу; панта (мүйүзүн алуу) бугучулугу чаар бугуларды, маралдарды, изюбрларды багуу. Экинчи түрү чектелген мүнөздө жана бакмалаштыруу менен байланышы жок. Тарыхый-этнографиялык адабияттарда бугучулук биринчи маанисинде каралат. Бугучулук Түндүк Евразиядан батышта, Скандинавиядан чыгышка карай Чукоткага чейинки, түндүктө Таймырдан Сибирдин түштүгүндөгү Саянга чейинки кеңири аймактарга таралган. Түндүк Евразиянын айрым элдеринде бугуларды транспорт катары пайдаланууда (жүк жүктөөчү, минилүүчү-жүктөөчү, чегилүүчү), жайытка багууда (ит менен же итсиз) ж.б. айырмачылыктар бар. Азыркы мезгилде бугучулуктун 5 тиби бөлүнүп көрсөтүлүп жүрөт: 1) лопар (саам) бугучулугу - бугуларды жүк жүктөөгө жана чегүүгө пайдалануу; сүтүн пайдалануу; ит менен кайтаруу, бугу чакыруучунун болушу; 2) Батыш Сибирь же самодий бугучулугу - чегилүүчү бугучулук, саабайт, бугу чакыргыч, ит менен кайтаруу; 3) тунгус (Сибирь) бугучулугу - жүк жүктөөчү, минилүүчү бугучулук, үзөңгүсүз ээр токулат, жарым-жартылай чегилет, саалат; бугу - чакыргыч, кайтаргыч ит жок; 4) түндүк-чыгыш бугучулугу — чегилүүчү бугучулук; бугу-чакыргыч, кайтаргыч ит жок; 5) саян бугучулугу (тувалыктар, тофаларлар) - жүк жүктөөчү - минилүүчү бугучулук, жүктөлүүчү, бала ээри жана минүүгө ылайыкталган үзөңгүлүү ээр токулат, саалат; кайтаргыч иттери жана бугу - чакыргычтары жок. Мингенде, жүк жүктөгөндө керектелүүчү жабдыктар: нокто, ээр, басмайыл, куюшкан колдонулат. Мингенде токулуучу ээрдин эки түрү - Саян жана - Сибирь ээрлери - белгилүү. Саян тибиндеги ээрди тофалар менен тувалыктар пайдаланат. Анын бөлүктөрү: кашы, отургучу, чарасы, каптал жыгачтары, үзөңгү тагылат. Тувалыктарда, монголдордо ж.б. атка токулуучу ээрге окшош. Тувалыктар тофаларлар, селькуптар ушуга окшош типтеги жүк жүктөөгө керек (ыңырчак) ээр пайдаланышат, саамдардын ыңырчагы өзгөчө абалда болот. Тувалыктар, тофаларлар кыргыздардын атка токулган айырмачындай (балдар ээри) айырмач токушат. Чегилүүчү бугучулуктун негизги элементи - нарта. Нарта киши отура турган жана жүк ташый турган болуп экиге бөлүнөт. Аларга бирден сегизге чейинки бугу чегилет. Бир бугу чегүү орок (орочи) этносуна мүнөздүү, чукчаларда, коряктарда да кезигет. Эки бугу чегүү эвенктерде, якуттарда, негидалдарда, эвендерде кеңири тараган. Үч жана андан көп бугуларды жарым айлана түрүндө чегүү самодий жана алардын кошуналарына тараган. Бугу жабдыктары - нокто жиби менен, тарткыч жан кайышы менен болот, кээде айрым элдерде басмайыл да колдонулат. Ноктолордун жөнөкөй жана курама түрлөрү бар. Жөнөкөй ноктону тувалыктар, тофаларлар, тунгустар, саамдар колдонот жана ал ноктонун өзүнөн, жетелөөчү жиптен турат. Экөө бир эле кайыштан же эки бөлөк кайыштан жасалат. Курама ноктону нганасандар, чукчалар ж.б. колдонот, анын ноктосу кайыштан жана сөөк пластинкаларынан бириктилирип жасалат. Анын башка бугу менен чиркелиштире турган чынжыры же кайышы бар. Курама ноктолор андагы колдонулган пластинкалардын саны боюнча да (эки, төрт пластинкалуу) айырмаланат. Бугу чакыргычты үйрөтүүдө кошумча тиштүү сөөк пластинкалар тагылат. Тарткычтар да жөнөкөй жана татаал болуп экиге бөлүнөт. Жан кайыш түрдүү ыкмалар менен нартага бекитилет. Ээр эки түргө: Саян (үзөңгүсү бар) жана сибирь (көпчүк капталган жыгач ээр) болуп бөлүнөт. Саян тиби туваларга жана тофаларларга гана мүнөздүү. Сибирь тибин эвенктер, эвендер ж.б. пайдаланышат. Нарта транспортунун үч тиби бар: чукот-коряк, тунгус-якут жана самодий типтери. Бугучулуктун пайда болуу типтери, мезгили, борбору, таралуу жолдору жана формалары жөнүндөгү маселелер боюнча бир нече көз караштар бар. Айрым изилдөөчүлөр (У. Сирелиус, В. Шмидт, В. Копнерс, В. Богораз, Н.Я. Марр, С.В. Киселев ж.б.) палеолит доорунда пайда болгон эң байыркы малчылык деп эсептешет. Э. Ган бугучулук жылкычылыктын жана бодо малдын

бакмалаштыруу таасири менен пайда болгон деген ойду айткан. Окумуштуулар Г. Хатт, Г.Н. Васильевич, М.Г. Левин, С.И. Вайнштейн ушуга окшогон көз караштуу колдошот. Бир катар авторлор бугучулук бир нече борбордо пайда болгон деп эсептешет (К. Виклунд., А.М. Золотарев, М.Г. Левин). Бир эле борбордо пайда болгондугу туралуу да көз караш бар, бирок ал кайсыл аймак экендиги тууралуу пикирлер ар түрдүү (Ю. Липперт Скандинавияда пайда болгон деп эсептейт; Б. Лауфер - Саян-Алтайды көрсөтөт). Саян-Алтайда пайда болгон деген ойду И.Н.Вавилов колдоп чык- кан. Бирок бугучулуктун пайда болушунун мындай концепцияларында так далилдер келтирилген эмес. Г.Н. Васильевич менен М.Г. Левин Батыш жана Сибирь бугучулугунун олуттуу айырмачылыктарына таянып эки борбордо - Саян-Алтайда жана Прибайкалда пайда болгон деген гипотезаны айтышкан. С.И.Вайнштейн бугучулуктун бардык белгилүү формалары Саян-Алтайда пайда болгон деген моноцентристтик гипотезаны негиздөөгө аракет жасайт. Бул конценпцияга ылайык бул жерде б.з.ч. I миң жылдыктын аягында малчы самодийлерде пайда болгон. Алгач ал жүк жүктөө үчүн пайдаланылган жана малчылыктын башка түрлөрүнө ажыраган эмес. Б.з.ч. I миң жылдыкта самодийлер бугуну транспорттук максатта колдонууну уланта беришкен, атайын жүк жүктөөгө ылай- ыкталган ээр болгон, жөнөкөй нокто ойлонуп табылган, анын формасы азырга чейин өзгөргөн эмес. Тайгадан аңчы-бугулардын чарбалык-маданий тибинин өнүгүшүнө байланыштуу бугучулук мал чарбалыктын атайын формасына айланат. Б.з.ч. I миң жылдыктын чегинде Саян бугучулугунун өнүгүшүнүн жаңы этабы башталат. Самодий топторунун таасири менен тайгада жашап калган түрк элдери бугучулукка өтүшөт. Жылкы багып көнгөн түрктөр бугучулукка жаңы мүнөз беришти. Үзөңгүлүү жылкы ээрин токуп бугуну мингенге пайдаланышат, сүтүн саайт. Жүк жүктөөдөн минилүүчү бугучулукка өтүү Саян-Алтайда 14-16-кк. ишке ашкан. Бугучулуктун тунгус элдеринде таралышы да Саян-Алтай менен байланыштуу. Биздин замандын алгачкы кылымдарында тунгустар кошуна самодийлерден бугу бакканды, жүк жүктөөчү ээрди үйрөнүшөт жана жүк ташуучу бугучулукту өздөштүрүшөт. Негизин көпчүк түзгөн жүк жүктөөчү ээрди пайдаланган тунгус бугучулугунун эң байыркы формасы Прибайкальеде өздөштүрүлүп, андан кийин тунгустар тараган бардык аймактарга, Сибирдин четки чыгышына чейин жеткен. Кийинки өнүгүүсүндө Саяндагы бугучулук менен байланышсыз эле минилүүчү формалары пайда болгон. Мингенге жарактуу ээр жүк жүктөөчү ээрден бир аз гана айрымаланган. Саян жана Сибирь (Тунгус) бугучулуктарындагы айрымачылыктар, ошентип, бугучулуктун пайда болушунун моноцентристтик гипотезасынын чегинде түшүндүрүлүшү мүмкүн. Бугучулуктун Саяндан түндүк жана түндүк-батыш тарапка (самодийлер) жана чыгыш, түндүк-чыгыш (тунгустар) тарапка таралышына, тундранын жаңы экологиялык шарттарына байланыштуу минилүүчү бугучулук чегилүүчү бугучулук менен алмашкан. Азыр бугучулук менен түндүктүн көптөгөн элдери кесиптенет.

**Буйла** - төөнүн таноосундагы ортоңку кемирчектин тешилген жерине өткөрө турган шиш. Шиштин бир жагы жоон жана тоголок бөрктүү болуп, ичке башы буйла жипти байлоо үчүн муунакталып коюлат. Бөрү уруусунун ичинде буйла бөрү аттуу урук бар экендиги маалым.

**Бука** - түрк-монгол элдеринде, анын ичинде кыргыздарда байыртадан тотем-жаныбар катары маалым. Эки Дарыя аралыгындагы Вавилон, Ассирия падышаларынын жана алардын мамлекеттеринин сактоочулары адам баштуу букалар болгондугун археологиялык казуулар ырастайт. Ал эми хуннулардын шаньюйлөр (падышалар) чыккан уругунун тотеми да бука болгондугу ырас. Огуз каган жөнүндөгү байыркы уламыштарда анын мифологиялык букадан (уйгур варианты) туулгандыгы баяндалат. Бул уламыш кийинки монгол доорунда да

(Жувейни жана Юань-шинин маалыматтары) эволюциялык айрым өзгөрүүлөргө учураган. Түштүк Сибирдеги ж.б. түрк тилдүү элдерде бугу жана бука мааниси жагынан мифологиялык бир жаныбарды аныктаганын бир катар соңку иликтөөлөр тастыктайт. Бурят мифологиясында ушул эле элдин курамына кирген булагат жана хурхуттардын түпкү мифологиялык атасы катары касиеттүү бука эсептелери маалым. Ал эми буряттардын айрым уруулары (хонгодорлор, хубсугул буряттары) Буха нойонду ири мүйүздүү малдын сактоочусу (покровитель) катары билишкен. Тотемдик жаныбар шаман дининин эволюциялык өнүгүшү менен бирге, шамандар сыйынган культтук объектиге айлана баштаган. Мисалы, бука тува шамандарынын дубасы абдан күчтүү, абройлуу жана билимдүүлөрүнүн колдоочусу болгон. Бука- шаман наамындагылар айрым башка шамандарга салыштырмалуу өтө кадыр-барктуу, сыйлуу болушуп, устат болууга, өз окуучуларын (шакирттерин) тарбиялоого кадыресе укук алышканы маалым. Бука - каңды уруусунун курамындагы урук катары белгилүү.

**Букары - (кажары)** - колго терип согулган оймо-чиймелүү жука, жумшак таар. Бул термин аты туюнтуп тургандай, кыргыз- дарга кошуна отурукташкан элдер болгон фарси тилдүү тажик- өзбектерден келип кирүүсү ыктымал. Букары - Бухара, Кажары - Ирандагы 18-20-кк. баш чендерине чейин башкарган династияны аныктайт. Кажарлар Ирандын (Персиянын) тарыхындагы түрк тилдүү династия болушкан. Кыргызда кол менен согулган килемдин бир түрүн «кажары килем» деп коюшары маалым. Букарыда бир калыпта жайгашкан терүүлөр кайталануу менен коздолот. Таардын өзгөчөлүгү арткы бетинде оймо-чиймени түзүүгө катышпаган, аркакка 3-4 жолу бастырылбай калган бош жиптери болот. Алар андан кийинки оймо-чиймени салууга гана оң тарабына чыгарылат. Таардын түсү көбүнчө кызыл, көк, сары, кээде ак болуп, жөнөкөй кууш өрмөктө токулат, эни 5-30 см. болот. Букары сызмалардан боз үйдүн үзүк-туурдугуна, жыгачтарына боо кылынат. Букарыдан ат жабуу, такта жабуу, куржун, тегирич, шалча, ж. б. жасалат.

**Булгачылар.** Кыргыздын ичкиликтер уруулук тобунун экинчи бир аталышы. Терминдин келип чыгышы Саян-Алтайдын мифологиялык-диний чөйрөсү менен байланыштуу. Монгол тилдүү элдерде «булгач» сөзү көтөрүлүш чыгарган эл маанисин туюнтат. Термин-этноним Умай эне аталышынын синоними, байыркы кыргыздар колдонгон диний термин. Закамендик буряттардын жана алардын шамандарынын сыйынуучу жери «Булган тээби» деп аталчу. Бул жамааттык дуба кылып, сыйынуучу жерге коёндун терилерин көрүнөө жерлерге илип коюшкан. Шамандар тарабынан ырымдалган терилер жаш балдардын колдоочусу жана сактоочусу болгон. Г.Н. Потанин Алеар буряттарындагы бул онгон «Булгаша» же «Булгаша хан» деген ат менен белгилүү болгондугун жазат. «Тогуз бубендүү Булгаша хан» деген шаман аял сыйкырдуу өзгөрүп туруу касиетине ээ болгон. Буряттардын мифологиясындагы дубасы күчтүү, келбети аял шаман бардык балдардын сактоочусу милдетин аткарган. Булгаша хан - буряттардагы өтө архаикалык уруу онгону (культу) катары эсептелип, энелерди төрөт учурунда, наристелерди төрөттөн соңку мезгилдердеги сактоочу функцияларын аткарган (салыштырыңыз: Умай эне).

***Ад.:** Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и историко культурные связи. - Фрунзе, «Илим», 1990; Галданова Г.Р. Закаменские буряты: историко-этнографические очерки. - М.: «Наука», 1991.*

**Бурут.** 17-18-кк. цин-манжур (Кытай), монгол тилдүү булак- тарда, авторлорунун эмгектеринде кыргыздар «бурут», «буруттар» деген экинчи бир ат менен да белгилүү болушкан. 1856-жылы кыргыздарды иликтеп кеткен Ч.В.Валиханов:«...кыргыздар кытайлар атагандай «бурут» деген атты таптакыр

билишпейт, бул сөздү алар (кыргыздар) такыр угушкан эмес; «бурут» деген уруктун аталышын кыргыздардын ичинен кездештире албадым» - деп жазат. «Манас» эпосунун бардык варианттарында калмак-кытай терс каармандары кыргыздарды «бурут» деп аташканы маалым. Болжолу, б. з. баш чендеринде Чыгыш Түркстан жана ага чектеш аймактар- да кыргыздардын бир бөлүгү байырлашып, «бурут» (кыт. «булу», «булутэ») деген ат менен белгилүү болушкан. Н.Я.Бичурин (Иакинф) «булутэ» (бурут) термининин чыгыш тегин Хотондон түштүк-батыш, Тибеттен түндүгүрөөктө байырлашып, б.з. 4-к. Теңиртоого журт которгон кыргыздар деген алгачкы пикирин илим чөйрөсүнө сунуштаган. Автор бул экзоэтнонимди орто кылымдар- дагы Кытайдын Тан династиясынын жыл баяндарында («Си юй вэн цзян лу» - «Батыш аймактардагы өлкөлөр боюнча көргөн жана уккандарды таржымалоо») «болу», «булу» этнонимдери менен параллель карап, тарых илиминде «кыргыз» жана «бурут» этнонимдеринин байланышы, түпкү жалпылыгы жөнүндө жазган. Изилдөөчүлөр (Н.Я.Бичурин, В.Шотт, Ч.В.Валиханов) негизинен чыгыштын жазма адабияттарына таянуу менен, кыргыздарды Чыгыш Түркстан жана ага чектеш аймактардын алгачкы туруктуу калкы деп эсептешкен. Бул авторлордун кыргыздарды Чыгыш Түркстандын жана ага чектеш аймактардын түпкү калкы катары карашкан пикирлери илимде төгүндөлө элек. Андан соңку маалыматтар кыргыздардын азыркы Батыш Кытай жана ага жамаатташ жерлерди эзелтеден мекендеп келишкендигин тастыктоодо. Г. Е.

Грум-Гржимайло «бурут» термининин келип чыгышы жана кыргыз этносунун теги, калыптанышы жөнүндө өз изилдөөлөрүндө өзгөчө маани берген. Изилдөөчү «бурят» этноними менен жалпы негизде карайт. Ал Рашид ад-Диндин «Жами ат-Таварихинде» эскерилген баргу-буруттар менен «бурут» термининин тарыхый жалпылыгы бар деген көз карашын айткан. Иликтөөчү «буруттарды» өз алдынча эл болуп, Теңиртоо кыргыздарынын этностук жүзүнүн калыптанышына ролу бар этнокомпонент катары караган. Ал аргумент катары Хакас-Минусин ойдуңундагы сагай, качиндердин жана алтай-теленгиттердин курамдарынан кездешкен «кыргыз», «бурут» деген этнонимдеринин параллелдерин келтирет. Чындыгында эле, бүгүнкү хакас-сагай, хакас-качин, хакас-кызылдарда «пүрүт», алтай-теленгиттерде «кыргыз», «бурут» деген уруктар (сөөктөр) бар экендиги маалым. Мындан сырткары, Түндүк-Батыш Монголиядагы дэрбэт, баят, урянхай, хотон, мингат ж.б. этностук топтордо «кыргыз» жана «бурут» этнонимдери бирдей кездешери өтө кызыктуу. 17-к. Алтайда өз алдынча Бурут отогу (уругу) болгон. Мындан сырткары, бүгүнкү Астрахан ногойлорунун курамында кыргыз-бурут аттуу уруусу кездешери катталган.

Н.А.Аристов «бурут» терминин «бөрү» дегенден келип чыккандыгын жазат. Буга мисал катары, кыргыздардын курамындагы адигине урууулук тобуна кирген бөрү уруусунун ж.б. энчилүү аттарын келтирет. Изилдөөчүнүн пикиринде «бурут» (буру + т) - «бөрү» этнониминин фонетикалык өзгөргөн формасы. (-т монгол тилдүү элдерде көптүк маанини аныктаган сөз жасоочу мүчө). Бул маселеге карата айтылган көз караашта илимий негиздүү пикир жатат. Мисал катары баргу(т), нойгу(т), мерки(т), мурку(т), тайчиу(т) ж.б. келтирүүгө болот. Байыркы хуннулар, түрктөр, монголдор ж.б. өздөрүн карышкырдан тараганбыз деген тотемисттик ишенимдери тарыхый жазма булактарда, илимий адабияттарда кенен чагылдырылган.

А.А.Абдыкалыков терминдин келип чыгышы, мааниси, проблеманы иликтөөнүн тарыхнаамасы боюнча кенен маалымат берген. Автор «бурут» термини кыргыздарга бөтөн эл тарабынан таңууланган лакап ат (экзоэтноним) монгол-калмак тилдеринде «дини башкалар», «күнөөлүүлөр» дегенди аныктаарын жазат. Изилдөөчү бул маселеде тарыхчы К.И.Петровдун көз карашын

колдойт. Өз кезегинде К.И.Петров монгол тилдеринин сөздүктөрүндөгү маалыматтарга таянып, «буруу» - «дини бөтөндөр» дегенди туюнтарын, ал эми термин кыргыздарга сырттан берилген лакап ат экендигине токтолгон. Арийне, тил илиминин гана каражаттарына таянып, бул маанилүү маселеде бачым тыянак чыгаруу илимий негиздүү жыйынтык болбошу ырас. Маселен, кыргыз тилинде «тили буруу» деген сөз тили түшүнүксүз, дини бөтөн адамдарга, айрым учурлар- да бөтөн элдерге карата айтылары маалым. Мындан сырткары, теңир тоолук кыргыздар 16-17-кк. ислам done болгондугу анык. Муну Сайф ад-Дин Ахсикендинин «Мажму ат-Таварихиндеги» берилген маалыматтар да тастыктайт. Ал эми аталган мезгилде монгол тилдүү калмактар (ойроттор), халха-монголдору, буряттар лама (будда) динин тутунушкан. Болжолу, «дини бөтөн» деген экинчи бир түшүнүк ушул себептерден да улам келип чыгышы мүмкүн. Ю.А.Зуев «бурут» терминининин келип чыгышынын башатын тотемдик ыйык куш - бүркүткө байланыштырат. Бүркүт - кыргыздардын байыртадан ыйык туткан негизги тотемдеринен болуп келгендиги уруу-урук аталыштарында (кара куш, жагалмай ж.б.), эн тамга белгилеринде (жагалмай тамга ж.б.), уламыш-санжыраларда, эпостук жана элдик оозеки маалыматтарда чагылдырылат. Бул маалыматтарды Гардизи (10-к.) жазуу түрүндө бергендиги да маалым. Саха-якуттарда «бурут» буруут» сөзү «бөтөн уруудан», «бөтөн жердик», «чет жердик» дегенди туюнтат. Мындан сырткары, саха- якуттардын, Саян-Алтай элдеринин (шор, алтай ж.б.) лексикасында «бурут» сөзү жаш балдарды ыйлаганда коркутуу үчүн да колдонулган. Ал эми «кыргыз» (кыргыс) сөзү бүгүнкү монголдордо каймана маанидеги «каардуу», «жаалдуу», «кырып-жойгуч» дегенди түшүндүрөрү маалым. Кытайдын Юань жана Мин династияларынын жыл баяндарындагы кыргыздар жөнүндөгү маалыматтарга иликтөөлөрдү жүргүзүп келишкен Е.Кычанов жана Т.Бейшеналиевдер «бурут» термини ойроттор (жунгар-калмактар) тарабынан кыргыздарга берилген ат экендигин жазышат. Изилдөөчүлөрдүн пикиринде термин ойрот-калмактардын бору(к) - «аска-зоолор» деген сөзүнөн келип чыккан. Энесайга куйган Хемчик-Борук дарыясына жамаатташ жашаган кыргыздардын бир бөлүгү бору(к) » бору + т » буру + т деген ат менен аталышкан деген тыянакты айтышат. Авторлор этнонимди «кыр - кыр» (кыр- гыз » кыр = гыр) терминининин калькасы деген тыянакты айтышат. Л.П.Потапов алтайлыктардагы (теленгиттер) «бурут» (bur-ut) этнониминин келип чыгышын эзелки тотемдик жаныбар - бугуга байланыштырат. Кыргызтаануучу С.А.Аттокуров «бурут» - бугулардын түпкү ата-бабасынын аталышы деген көз карашын жазат. В.Я.Бутанаевдин пикиринде «бурут» терминининин төркүнү монгол тилдерине таандык. Кыргыздар бул экзоэтнонимди төрт түлүк малдын сактоочусу болгон көк түстүү «ызыхка» (үй жаныбарларынын ыйык колдоочусу) байланыштуу алышкан. Изилдөөчүнүн пикиринде бул түс кыргыздардын Саян-Алтайдагы саясий үстөмдүгүнүн символун аныктаган түшүнүктү да чагылдырат. «Бурут» термини монгол доорунда Теңиртоодо гана эмес, Саян-Алтайда да кенен белгилүү болгон. Алтайлыктардын оозеки тарыхый баяндарында Түштүк Алтайды мекен кылган байыркы буруттар жөнүндө уламыштар бар. Алар (буруттар) тоолуу-талаалуу жерлерди мекендешкен, маданияты жогорку деңгээлде өнүккөн эл болушкан. Жер иштетип, канал казышып, арык чыгарышкан, дубал менен кур- чалган шаар-чептерди тургузушкан. Алтай жергесинде жер бетине дарактар өсө баштаганда, жаратылыштын бул кубулушун болор кырсыктын белгиси катары түшүнүшүп, бул аймактан түштүккө ооп кетишкен. Алар жөнүндө «бурут сувага», «бурут журту» деген топонимдер да кабарлайт. Бул уламыштын аналогу бүгүнкү хакастарда сакталып келет. Мифологиялык бул эл (буруттар) хакастарда «кыргыздар» деп баяндалары маалым. Демек, Саян-Алтайдын элдери уламыштардагы буруттарды жана кыргыздарды бул аймактын эң байыркы

түптүү калкы катары түшүнүшөт. Тактап айтканда, «бурут» атынын тараган чөйрөсү Саян-Алтай, Монголия, Батыш Кытайдын жана ага чектеш жерлерге кенен таралгандыгы байкалат.

Саян-Алтайдын түрк-монгол тилдүү элдеринин оозеки чыгармаларында кыргыздар менен «буруттардын» жашаган жерлери бир аймак экендигин чагылдырат. Хакастардан жана алтайлык- тардын тарыхый оозеки чыгармалары «буруттарды» өз алдынча тектүү, күч-кубаттуу эл экендигин баяндайт. Бул маалыматтарда «буруттардын» жашаган аймагы бирде Саян-Алтай, айрым учурларда азыркы Монголия чөлкөмдөрү экендиги чагылдырылган. Чындыгында эле, жогоруда аталган аймактардын азыркы түрк- монгол элдеринин уруулук курамдарынан «бурут» жана «кыргыз» өз алдынча урук аттары катары чагылдырылары ырас. Саян-Алтайдын түрк-монгол тилдүү элдеринде (хакас, алтайлыктар, телеуттар, урянхайлар, хотон, торгоут, мянгат, дэрбэт) кенен таралган «бурут» (пүрүт) уруктарынын тегинин ушул аймактын эзелки эли болгон кыргыздар менен байланышы бар. «Бурут» кыргыздардын экинчи бир аталышы болгон. Хакас фольклорунда «бурут» (пүрүт) уруусунун түпкү мекени Бурятия, экинчи маалымат боюнча Дэрбетия (Түндүк-Батыш Монголия) экени баяндалат. Хакас оозеки чыгармаларында «буруттар» жөнүндө маалыматтар сакталып келет. Кызыктуусу, хакас оозеки чыгармаларындагы айрым маалыматтар, андагы урук-уруу аталыштары кыргыздын уламыш- санжыралары, этностук аталыштары менен толук дал келет. Бул маалыматтардан кыргыздардын монгол тилдүү уруулар менен алакалаш, кошуна жашаганын, алардын бир бөлүгүнүн «бурут» деген ат менен аталышын байкоого болот. Бул элдик оозеки маалыматтардын пайда болгон мезгилин болжолдоп алганда 13-14-кк. деп алсак, анда «бурут» термини Хакас-Минусин ойдуңунда жана Монголияда бир мезгилде эскерилип жатат. Бул кыргыз урууларынын бир бөлүгүнүн миграциясын да аныктайт деген тыянакка келүүгө болот. Биздин пикирде, «бурут» термини «бөрү» (бөрү + т «пүрүт» бурут) дегенди туюнтат деген көз карашы илимий негиздүү жана колдоого татыырлык. Борбордук Азияны мекендеген байыркы уруулар (хуннулар, түрк-монгол тилдүү уруулар) өздөрүнүн башатын карышкырдан деп түшүнүү менен, ага касиеттүү күч катары сыйынышкандыктары маалым. Карышкырга сыйынуу эзелки хуннулардан белгилүү. Хунну уламыштарында карышкыр (айрым варианттарында - элик) Атилла жана анын аскерлерине жол баштоочу катары катышат. Хуннулардын санжыралары (мифтери) унутулуп калбастан, андан соңку башка урууларга, элдерге мурас катары өттү. Байыркы теле уруулары өздөрүн хунну төрөсүнүн кызы жана карышкырдан тараганбыз деген ишеничте болушкан. Байыркы түрктөр өздөрүн хунну ханзаадасы менен эне-карышкырдын урпактары экендигин өзгөчө белгилешкен. Кытай жыл баяндарында Гаогюйлар ээлигинин ата-бабалары хуннулардан келип чыгаары баяндалат. Хуннулардын шанюйларынын бири эки кыздуу болот. Айдай сулуу болгон кыздарды ордодогулар аял кудайларга салыштырышкан имиш. Шанюй кыздарын Көк Теңирге ыраа көрүп, адам колу жетпеген бийик жерге өргөө тиктирип, Теңирди чакыра баштайт. Өргөөдөгү ханышаларды карып калган карышкыр кайтарууга алыптыр. Карышкырды Көк Теңир жөнөткөн кабар катары түшүнүшөт. Ханышалардын бири уул төрөп, өз мамлекетин негиздептир. Энесайлык кыргыздардын урпактары болгон хакастардагы «читі пүүр» (жети бөрү) уругунун келип чыгышы жөнүндөгү уламыш байыркы түрк санжырасы менен толук дал келет: «Душман капыстан кол салганда, кош бойлуу аял Ниня дарыясынын жогорку агымындагы бир үңкүргө жашынып, көз жарып, уул төрөйт. Бул үңкүрдө алты бөлтүрүктүү эне карышкыр жашаптыр. Аял төрөт учурунда каза табат экен. Ошол наристени эне карышкыр өзүнүн алты бөлтүрүгү менен кошо эмизип

чоңойтуптур. Алардан бүгүнкү «читі пүүр» уруусу (сөөгү) тарайт. Карышкыр жөнүндөгү уламыштардын тарыхый тамыры терең. Н.Я.Бичурин түрк-тукюлардын эне карышкыр жана он жашар баладан тарагандыгы жөнүндөгү уламышты жазат. Түрктөрдүн түпкү бабаларынын бири болгон Ашинанын асабасына карышкырдын элеси түшүрүлгөн. Хуннулардын үйүнөн (тукумдарынан) тараган байыркы түрк кагандары келген элчилерди карышкырдын элеси түшүрүлгөн асабага сыйынмайын кабыл алышчу эмес. Илимде алгачкы адамдын келип чыгышы жөнүндөгү байыркы түрктөрдүн төрт санжырасы белгилүү. Түрктөр хуннулардын өзгөчө бутагын түзүшкөн. Алардын уруусунун аты Ашина эле. Капысынан кол салган душман бул уруктун адамдарын кырып, аман калган он жашар баланы колу- бутун кесип, журттагы саздак жерге таштап кетишет. Жарадар болуп, кансыраган баланы карышкыр эт берип бага баштайт. Жоонун чабармандары баланы өлтүрүп кетишет. Бирок эне карышкыр кош бойлуу болуп калат. Эне карышкыр Гаочан (Турфан) тарапка качып барып, үңкүрдө он уул төрөйт экен. Алар жергиликтүү кыздарга үйлөнүшүп, өз уруктарын жетектеп калышты. Шайланган жетекчи түрктөрдү Алтайга көчүрүп алып барат. Темирди эритүүнү үйрөнүшкөн түрктөр жужандарга (жуан-жуандар, аварлар) көз каранды болуп калышкандыгы баяндалат. Экинчи уламышта байыркы түрктөрдү Со мамлекетинен чыгарышат. Түрктөрдүн жетекчиси он жети бир тууганы бар Апангпу болгон экен. Алардын Ичинишиту деген бир тууганы карышкырдан туулуптур. Ал көзү ачыктык (бакшылык) касиетке ээ болуп, жаан-чачынды чакыра (жайчылык) алчу экен... Коомдук мамилелердин өнүгүүсү менен бирге, карышкыр тотемдик гана эмес, магиялык сактоочу функцияларды аткара баштаган. Байыркы кытай жыл баяндарында эскерилген «Ашина» этнониминин (геноним) мааниси (ашина; -«а» урматтоону аныктаган кытай префикси; - шоно\чино\чоно - монголчо «карышкыр») «бөрү», «карышкыр» дегенди аныктаган. Ю.А.Зуев «Цзычжи тунцзян», «Тундян» жана «Чжоушудагы» чагылдырылган үч варианттуу уламыштарды бир нече кылымдардан соң пайда болгон «Цзян Ханшу» жана «Шиңзидеги» маалыматтарды усундарга таандык уламыштар менен салыштырган. Ал уламышта наристени таап алган жолоочу киши тамак издегени кетип, кайрылып келсе, наристени карышкыр эмизип жатканын көрөт. Ю.А.Зуев бул уламыштардын сюжеттериндеги майда деталдардын окшоштугуна, жалпылыгына көңүл бөлөт. Бул маалыматтан карышкырдын усун уруу бирикмесиндеги тотемдик сыйынган жаныбар болгондугун байкоого болот. Бул байыркы уламыштын аналогдору кыргыздарда да сакталып келет: «Окуя Теңиртоодо болуп өтүптүр. Жарык дүйнөгө келген наристе тубаса бечел төрөлүп, баса албай калат. Жайлоого камданган ата-энеси наристени журтка таштап кетишет. Бейтааныш бир жолоочу келе жатып, ошол наристени карышкыр эмизип жатканын көрүп калат. Жолоочу киши наристеге Каба деген ат коюп, тарбиялап, багып чоңойтот экен. Анын кежигесинде жал сымал чач болгондуктан Жалдуу Каба деген лакап ат алат. Каба - кыргыздын саяк уруусундагы ири уруктун түпкү бабасы катары айтылары маалым. Кабадан ак тери жана боз тери уруктар топтору тарайт. Бул фактылар байыркы кыргыз, усун, түрк ж.б. урууларда кенен таралган тотемдик түшүнүктү чагылдырары анык. Айрым абройлуу иликтөөчүлөрдүн пикиринде усундар - батыш кыргыз уруулары болушкан. Буга кыргыздын тейит уруусундагы кара усун, сары усун урук аталыштары далил боло алаары бышык.

Түрк тилдүү элдерде кенен таралган Огуз каган жөнүндөгү уламышта карышкыр жол баштоочу, жол көрсөтүүчү катары катышат. Уламыш боюнча Огуз кагандын өргөөсүнө таңга жуук күн нуру сыяктуу жарык түшөт. Ошол нурдан көгүш түстүү жүндүү, көк жал алп карышкыр пайда болуп, сөз айтат: «Огуз-каган! Аскериң менен алга карай жылсаң болот. Бектериңди, элиңди башта! Жолуңду мен

көрсөтүп беремин!» Карышкырдын артынан батышты көздөй аттанган Огуз каган өзүнүн душмандарын жеңиптир. «Карышкыр - жол баштоочу» жөнүндөгү сюжет самниттердин (байыркы италиялыктар) гирпин (гирпус - «карышкыр») жөнүндөгү уламышы менен окшоштугу бар. Гирпиндер өздөрү жеңип алган жерлерге карышкырдын жетектөөсү менен келген дешет. Сырдарыянын төмөнкү агымынан Түштүк Уралдын түздүктөрүнө көчүп бараткан башкыр уруулары чөл ортосунда жолдон адашып калышканда капысынан пайда болгон карышкыр жол көрсөтүп, элди аман алып калган имиш. Уралга жер которуп келген эл карышкырдын атынан «башкорт» («баш карышкыр») деп аталып калыптыр. Бүгүнкү монголдор чыгыш тегин касиеттүү марал (Гао Марал) жана карышкырдан (Бортэ Чино) таратышары уламыштарда чагылдырылат. Ал эми башкыр уламыштарында бул элдин мергенчи менен эне карышкырдан тарагандыгы баяндалат. Карышкырга сыйынуунун калдыктарын төмөнкү санжырадан байкоого болот: Башкырдын усерган уруусунун келип чыгышын жаш мергенчи жигитке байланыштырышат. Мергенчи эне карышкырга кезиккенде, ал адамдын үнү менен: «Мени куйругумдан кармап жерге чап!» дегенде, мергенчи анын айтканын орундатат. Карышкыр сулуу кызга айланып, мергенчиге турмушка чыгат. Алардан башкырлардын усерган аттуу уруусу тараптыр.

Карышкырга тотемдик жаныбар катары сыйынуу трансформацияга учурап, ал көпчүлүк түрк тилдүү элдерде Кудай тарабынан жөнөтүлгөн колдоочу (покровитель) функциясын аткарып калган. Тувадагы Бегре дарыясына жакын жерден табылган кыргыздарга таандык эстеликте (Е-11. М.40): «Мен Төр Апа Ичреки. Мен он беш жашымда билим алдым. Он беш жаш курагымда Табгач (Кытай) ханына эрдигимди даңазалаганы аттандым. ...баатыр болдум. Алтын, күмүш, килемдерди олжолодум, аял алдым. Жети бөрү өлтүрдүм, барс менен эликке тийген жокмун. Бөтөн жерде өзүмдүн шамандык (бакшылык) бубенимден айрылдым», - деген маалыматтар бар. Бул маалыматтарда шамандык милдетти аткарган, Табгачтан (Кытайдан) билим алган кыргыздын мамлекеттик белгилүү төрөсү жөнүндө айтылганы ырас. Биздин пикирде, «жети бөрү», «барс», «элик» терминдери уруу жана уруулук бирикмелердин аталышын чагылдырат. «Жети бөрү» - жети уруу бөрү эли, жети аймактуу жер маанилерин аныктайт деген тыянакка келүүгө болот. Бул фактыларга төмөнкү маалыматтарды параллель коюуга болот. Бүгүнкү хакастардын курамындагы «читі пүүрлөр» (жети бөрү) эң байыркы кыргыз уруусу экендиги белгилүү. Энесайдагы жазууларда кыргыздар өлкөсүнүн ичинде «жети бөрү» жана алардын курамындагы «көк жана кара бөрү» уруулары менен согушкандыктары баяндалат. Хакастардагы «читі пүүр» уруусу «ак пүүр», хара пүүр», «көк пүүр» ж.б. жети уруктан турары маалым. Кызыктуусу, ошол эле хакастардын курамындагы «кыргыз» уруусу «ах хыргыс», «хара хыргыс», «көк хыргыс», «хасха хыргыс» ж.б.у.с. уруктардан турары маалым. Кыргыздардагы карышкырга байланыштуу ырым-жырымдар тотемизмдин изин чагылдырат. Карышкырдын тырмагы, тиштери, тарамыштары ж.б. оорудан, түрдүү кырсыктардан сактоочу таберик болгондугу ырас. Мындай ишеним ырым-жырымдар Саян-Алтайдын түрк-монгол элдеринде (алтайлыктар, хакас, тува, тофалар (карагастар), монголдор, буряттар, якуттар) абдан кенен таралган. Тува шамандарынын эң негизги жардамчы-духтарынын бири карышкыр болгондугун ырастаган фактылар бар. Карышкыр Саян-Алтай элдеринин жана кыргыздардын Диний ишенимдеринде реликт катары сакталып келет. Ал магиялык мүнөзгө ээ болгон, жакшылыкка жооруучу көптөгөн белгилерге, тыюу (табу) салууларда колдонулган. Мисалы, кыргыздарда мүлккө кол салган ууруларды аныктоо үчүн карышкырдын тарамышын отко күйгүзгөн магиялык ишеним кенен таралгандыгы маалым. Бул ырым-жырым саха-якуттарда да белгилүү болуп, карышкырдын тарамышын отко күйгүзсө, мүлккө кол салган

ууру карышып калат деп түшүнүшкөн. Бул магиялык ырым-жырымдардын хакас-кызылдарда да сакталгандыгы илимде маалым. Ал эми алтайлыктардын элдик медицинасында оорулууну дарылоонун магиялык ыкмаларын пайдаланышкан. Оорудан сактоочу табериктерге карышкырдын сөөктөрү, сүлөөсүн, аюунун тырмактары жана тиштери кирген. Бул маалыматтардын жана фактылардын негизинде кыргыздардын башка элдерде бир эле учурда «кыргыз» жана «бурут» (булу) деген ат менен белгилүү болгондугун, ал эми «бурут» (булу - булу + т) «бөрү», «карышкыр» маанилерин туюнткан деген тыянакка келүүгө болот.

***Ад.:*** *Кармышева Б.Х. К вопросу о происхождении локайцев// Советская этнография. 1952. - №4, -С.11-19; Кармышева Б. Х. Очерки этнической истории южных районов Таджикистана и Узбекистана. -М.: 1976; Кармышева Б.Х. Узбеки-локайцы Южного Таджикистана. - Сталинабад, 1954. Бутанаев В.Я., Бутанаева И.И. Исторический фольклор хакасов. -Абакан, 1999.*

**Бут** - сыйынуу, табынуу үчүн ар кандай материалдардан жасалган Кудайдын сөлөкөтү. Термин («бут») кыргыз тилине санскриттен кытай тили аркылуу келип кирген. Айрым жазма булактар кыргыздарда бутка табынуунун айрым элементтери болгондугун кабарлайт. Бул будда дининин таасирин чагылдырышы ыктымал. Ислам дини кийинчерээк бул элементтердин баарын сүрүп чыгарган.

**Бут кийим калыбы** - түрдүү формадагы бут кийимдерди жасоо үчүн колдонулуучу калып. Бут кийим калыбы тегизинен бычылып тигилген материалга керектүү форма берүүдө, тамандоо жана бут кийимдин сыртын кооздоо үчүн колдонулат. Бут кийим калыбын мурда усталар жыгачтан жасашчу. Азыр темир, пластмассадан да жасалат.

**Бутанаев Виктор (Астайбег) Яковлевич** (1946-ж. 12-мартта туулган). Жакынкы жана алыскы өлкөлөрдүн илимий чөйрөлөрүнө таанымал ири этнограф-окумуштуу, белгилүү тарыхчы. Аскер адамынын үй-бүлөсүндө туулган. Улуту боюнча хакас (хоорай). Н.Ф.Катанов атындагы Хакас Мамлекеттик университетинин профессору, тарых илимдеринин доктору. Аталган университеттин Археология жана этнография кафедрасын (лаборатория) жетектейт. 1968-ж. Ташкент Мамлекеттик университетин археология адистиги боюнча аяктаган. Андан соң, Илимдер академиясынын Сибирь бөлүмүндө, Хакас Мамлекеттик университетинде эмгектенген. Хакас элинин 16-19 кк. этностук тарыхы, этногенези, маданияты боюнча кандидаттык диссертациясын коргогон. Саян- Алтай түрк ж.б. элдеринин этнографиясы, салттуу маданияты боюнча ири адис. «Кыргыз» этноними жана анын мааниси боюнча туура эмес айтылган тыянактарга, илимден алыс бүтүмдөргө каршы туруп келет. 1993-ж. Саян-Алтай элдеринин этностук тарыхы, этнографиясына багышталган докторлук диссертациясын коргогон. Хакас эн тамгалары, салттуу маданиятынын үлгүлөрү, Саян-Алтай шаманизми, бурханизми, элдик оозеки чыгармалар, дастандар ж.б. таанымал адис. Хакас-кыргыз этногенетикалык, этномаданий алакалары боюнча жүйөлүү илимий пикирлерди, тыянактарды айтып келет. Энесай кыргыздарынын тарыхы боюн- ча жарыкка чыккан илимий эмгектеринин цикли, теги бир эки элдин (кыргыз-хакас) ортосундагы данакерлик ишмердүүлүгү үчүн Кыргыз Республикасынын «Даңк» медалы менен сыйланган. Саян- Алтайга уюштурулган эл аралык археологиялык-этнографиялык экспедицияны жетектеген. Учурда профессор В.Я.Бутанаев тарабынан негизделген этнографиялык илимий мектеп калыптанып жатат. 30дан ашуун монографиялардын, 200дөн көп илимий макалалардын автору. Айрым эмгектери хакас, кыргыз, түрк ж.б. тилдерде жарык көрүп келет. Автордун негизги эмгектери төмөнкүлөр: Этническая культура хакасов. -Абакан, 1988; Хакасско- русский историко-этнографический словарь.

-Абакан, 1999; Происхождение хакасских родов и фамилий. -Абакан, 1994; Бутанаев В.Я.Хакасы. Этнографический очерк. -М.: 1995; Бутанаев В.Я. Этническая история хакасов XVII-XIX вв. -М.: 1990; Бутанаев В.Я. Традиционная культура и быт хакасов. -Абакан, 1996; Бутанаев В.Я. Личные имена хакасов. -Абакан, 1993; Бутанаев Б-Я., Абдыкалыков А. Материалы по истории Хакасии XVII- нач. XVIII вв. -Абакан, 1995; Бутанаев В.Я., Бутанаева И.И. Хакасские родословные. -Абакан, 1996; Бутанаев В.Я.,Худяков -С. История енисейских кыргызов. - Абакан, 2000; Бутанаев ..Бутанаева И.И. Хакасский исторический фольклор. - Абакан, 1; Бутанаев В.Я. Хакасско-русский историко-этнографический словарь. -Абакан, 2001; Бутанаев В.Я. Этническая культура хакасского народа. -Абакан, 1997; Бутанаев В.Я. Социально- экономическая история Хонгорая (Хакасии). - Абакан, 2002; Бу- танаев В.Я., Бутанаева И.И. Эне-Сай кыргыздары: Фольклор жана тарых (которгон О.К.Каратаев) -Б.:2002 ж.б.

**Буура. I.** Орто кылымдардагы түрк урууларында «буура» - тотем, мамлекеттик мансап адамынын титулу, курмандыкка чалынуучу жаныбарды аныктаган. Ак буура - жаратылышта сейрек кездешүүчү ак төө, буура. Аскердик ураан катары кыргыздарда гана белгилүү. Түрк элдеринин кыргыз, казак, каракалпактар согуш абалында аскер ураанын чакыруу салтын кенен пайдалангандыктары маалым. Аскердик ураан кошуунду башкарууда, бирдиктүү жетекчиликти уюштурууда, жоокерлердин согуштук духун көтөрүүдө маанилүү роль ойногон. Согуш учурунда ураан чакыруу салтын печенег жана кыпчактар да колдонушкандыгын орус жыл баяндары тастыктайт. Байыркы доорлордон туруктуу сакталып келе жаткан аскердик ураандар негизинен ата-бабалардын эрдиктерин даңазалап, уруулук символдорду, сыйынуучу ыйык жерлердин аталыш- тарын чагылдырат. Изилдөөчүлөр тотемди аныктаган (айрым учурда жырткыч айбандар же канаттуулар) уруктун сыйынган объектисин чагылдырган аскер ураандары байыркы замандардан белгилүү болуп келет деген тыянакты айтышат. Ак төөгө сыйынуу, аны курмандыкка чалуу мал чарбачылыгы менен кесиптенген көчмөндөр үчүн мүнөздүү көрүнүш болгон. Бул көрүнүш өткөн кылымдарда казактарда кенен таралгандыгы маалым. Кыргызда «ак төөнүн карды жарылган доор» деген лакап сөз жөн жерден айтылбасы ырас. Ак буура - сол канаттагы басыз уруусунун аскердик ураану катары белгилүү.

**Буура II**. Кыргыз тилинде «буура» - тукумдатуучу төө маанисин аныктайт. Караханийлер мамлекетинде «буура» тотем-жаныбар болгондугун аныктаган фактылар бар. Термин кыргыздардын байыркы шаман дини менен болгон байланышын аныктап турат. Кызыктуусу, түркмөндөрдө «пыр хан» - учурда «бакшы» (шаман) маанисин туюнтат. Буура - алтай кижи жана телеуттарда курмандыкка чалынуучу жаныбарды аныктаса, монгол жана якуттарда - «бугу», сойоттордо - (тувалар) «багыш» маанисин билдирет. Буура (пура) - алтайлыктардын шамандарынын диний лексикология- сында кенен пайдаланылган термин болгон. Алтай түздүгүндөгү жана Тоолуу Алтайдагы телеуттардагы шамандар бул термин менен кансыз (муунтулуп өлтүрүлгөн) курмандыкка чалынган жылкынын жана анын көрүнбөгөн көмүскөлүү шеригин аташкан экен. Түндүк алтайлыктарда (теленгит, куманды, челкандар) «бура» ыйык духтардын жана Кудайлардын мингич атын аныктаган. Көк Теңир «бураны» шамандарга жардамчы, колдоочу иретинде жөнөтүп турат имиш. Айрым шамандар диний ритуал учурунда «буранын» жардамы менен «көк асманга» көтөрүлүп турушкан. Шор, куманды, түндүк телеут, качин, сагай шамандары бураны (пура) башкы жардамчы жана колдоочу катары билишип, аны бул дүйнөдөгү өзүнүн өмүрү, жашоосу менен бир карашкан. Бул фактылар шаманизмдин Түштүк Сибирдин түрк тилдүү элдеринде тарыхый-этностук, маданий бир кыртышта өнүккөндүгүн ырастайт. Бура - шаман дининде үч

функцияны аткарган: 1. Тын бура («тирүү» же «кайрадан өлүп-тирилген бура») - шаманга жеке таандык болгон өзгөчө буура. Көк Теңир менен сүйлөшүү учурунда шамандын түгөйү, колдоочусу катары милдетин аткарган; 2. Таг бураны - шаман Улген кудайынан жамаат сыйынган ыйык тоо аркылуу кабыл алган жана анын элеси шаман бубенине түшүрүлгөн; 3. Чар буранын - (жер бура) - бубенге элеси түшүрүлүп, шаман тарабынан көпчүлүккө көрсөтүлбөй, жашыруун колдонулган. Негизинен, буура - жер менен Көк Теңирдин ортосундагы шамандын мингич аргымагын элестетип, шаман лексикологиясында Кудайлар, духтар менен бууранын ыйык, касиеттүү байланышын чагылдырат (жаныбардын териси капталып жасалган бубен шамандын мингич аргымагынын функциясын аткарган). Исламдын таралышы менен бул диний термин күндөлүк колдонуудан чыгып, урук (уруу) аталышы катары сакталып калган. Бууралар - кыргыздын дөөлөс уруусунун курамындагы урук катары белгилүү.

**Бүбү** - аялдан чыккан бакшы, көзү ачык, шаман. Исламга чейинки кыргыздарда бүбүлүк кенен таралган диний кесип болгон. Бүбү дарыгерлик, далычылык сыяктуу милдеттерди аткара билген.

**Быжы** - кыргыздын эң кушкер, эзелки тамактарынын бири. Аны союлган жандык малдын, көбүнчө койдун жаш этинен, боорунан, канынан, ич майынан майда туурап, ага күрүч, талкан, тууралган пияз, сарымсак, калемпир, мурч сээп, аны таза жуулган кара жана майлуу ичегиге, мөөнгө, жумурга, ошондой эле тогуз кат менен чөйчөк карынга куюп жасайт. Көп учурда бул аралаш- мага көптүрүлгөн күрүч кошулат. Быжы эт бышкандан бир саат мурда казанга салынып. Бышканда ысык бойдон дасторконго коюлат. Анын төмөнкүдөй түрлөрү бар: кадимки быжы, толтурма быжы, олобо.

**Бычмачы —** күндөлүк ж.б. мезгилдерде кийчү кийимдердин бардык түрүн (көйнөк, чапан, ичик, тон, бешмант, шым, кийме элечек, калпак, тебетей ж.б.), үй буюмдарын (көшөгө, аяк кап, күзгү кап, куржун, жууркан, төшөк, көлдөлөң, көрпөчө, тердик ж.б.) бычып-тиге билген адам, чебер.

**Бычуу** - малдын жыныс бездерин хирургиялык ыкма менен алып таштоо. Бычылган мал жоош келип, борго байланганда жакшы семирет. Эти сапаттуу болот. Бычуу кээде малдын жыныс мүчөсүнүн сезгенишин, башка жараттарын айыктыруу үчүн да жасалат. Бычылган айгыр - ат, бука - өгүз, кочкор - ирик деп аталат. Жылкы бышты кезинде, торпок алты айында мээлүүн мезгилде (жазында, кээде күзүндө) түшкө чейин бычылат.

## В

**Валиханов Ч.Ч. (1835-1865).** Ири чыгыш таануучу, казак элинин тунгуч изилдөөчү, окумуштуусу. Тарыхчы, этнограф, саякатчы. Айтылуу Аблай хандын тукумдарынан болгон. 1847- 1853-жж. Омскидеги кадеттер корпусунда билим алган. Андан соң Орус империясынын Батыш Сибирь генерал-губернаторлугунда кызмат өтөгөн. Орто Азия, Чыгыш Түркстанда жашаган элдердин тарыхын, этнографиясын, үрп-адаттарын изилдеген. Императордук Орус Илимдер Академиясынын Географиялык коомдордун ишине жигердүүлүк менен катышкан. 1856-ж. май-июль айларында аскердик чалгындоо саякатына катышуу менен, Ысыккөл аймагына келип, кыргыз урууларынын ичинде болуп кайткан. Чыгыш Түркстанда (Кулжада) ошол эле жылдын август айында болгон. Бир жыл өткөндөн соң (1857), кыргыз жерине кайрылып келип, «Манас» эпосунан алгачкы ирет үзүндүнү жазып алып, бир бөлүгүн орус тилине которгон. Эпос жана манасчылар тууралуу илимий пикирин айткан алгачкы изилдөөчү болгон. Ч.Ч.Валиханов кыргыздар жана алардын локализациясы боюнча илимий көз караш айткан. Изилдөөчүнүн пикиринде кыргыздар азыркы аймакта эзелтеден жашаарын, ал эми этногеиетикалык жактан Саян-Алтай элдери менен байланышы бар деген пикирге келип токтолгон.

**Варварчылык** - адамзат тарыхынын алгачкы доорун маданий -тарыхый мезгилдештирүү боюнча өнүгүүдөгү жапайычылык менен цивилизациянын ортосундагы доор. Ал карапа жасоону үйрөнгөндөн башталып, жазуунун пайда болушу менен аяктайт.

**Венюков М.И.** (1832-1901). Таанымал географ, саякатчы. Аскер академиясын аяктагандан соң, Сибирди жана Кыргызстандын түндүк аймактарын иликтеген. Ал кыргыздарды Теңиртоонун жергиликтүү калкы эмес деген илимден алыс пикирин айткан. Уламыштарга таянып, кыргыздар Теңиртоого 18-к. Энесайдан көчүп келген деген көз караштын айтканы белгилүү. «Кырк кыз» жөнүндөгү уламыштын бир вариантын өз эмгегенинде эскерген. 19-к. экинчи жарымындагы кыргыз манаптары жөнүндө маалымат берген.

**Вестернизация** - (англ. western - батыш) өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн элдерине батыш өлкөлөрдүн экономикасы жана саясий системасынын артыкчылыгына ииишендирүү жана батыш дүйнөсүнүн маданий баалуулуктарына оң мамилени калыптандыруу максатын көздөгөн социологиялык доктрина. Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдү тышкы саясатта, социалдык жана экономикалык турмушту уюштурууда батыш өлкөлөрдүн таасирине тартууга багытталган. Иш жүзүндө вестернизация баарынан мурда бул өлкөлөрдө америкалык жашоо ыңгайынын таралышын билдирет. Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдү батышташтыруу процессинде адистерди даярдоо чоң мааниге ээ. Адистерди даярдоодо билим берүү менен бирге батыш маданиятынын адеп-ахлак нормалары жана баалуулуктары сиңирилет.

**Виноградов Виктор Сергеевич** (1889-ж. Калуга губерниясы, Истик айылы) - музыка изилдөөчү, музыка таануучу. Кыргыз ССРинин искусствосуна эмгек сиңирген ишмери (1957). 1938-ж. тартып кыргыздын элдик, профессионал мызыкасынын тарыхына жана манасчылардын, көрүнүктүү элдик обончулардын, комузчулардын чыгармачылыктарына байланыштуу бир катар эмгектерди жарыкка чыгарган. Манасчылардын айтуучулук өнөрүнө изилдөө жүргүзгөн, талдаган. «Манастан» 19 үзүндү жазып алган. «Советтик Кыргызстан музыкасы», «Токтогул Сатылганов жана кыргыз акындары», «Кыргыз эл музыкасы» ж.б. чыгармаларды жараткан.

Кыргыз музыкасынын башаты, тарыхы, башка элдердин музыкасы менен этногенетикалык байланыштарына да назар салган.

**Вирилокалдуулук** - (күйөөнүн жери), патрилокалдуулук, турмушка чыккан аял күйөөсүнүкүндө жашайт. Тарыхый жактан алганда матрилокалдуулукту алмаштырат.

**В.Мартьянов музейи** - Россия Федерациясынын Краснояр (Кызылжар) крайынын Минусинск шаарындагы тарыхый-этнографиялык музей. Абакан шаарынан 25 км. түндүк-чыгыш тарапта жайгашкан. Музей белгилүү агартуучу, ири ишкер, меценат В.Мартьяновдун ысмын алып жүрөт. Минусин музейинин негиздөөчүсү меценат В.Мартьянов болгон. 19-к. аяк чендеринде негизделген тарыхый-этнографиялык музейде байыркы жана орто кылымдардагы кыргыздарга таандык, алдыңкы жашоо укладын, материалдык, руханий маданиятын чагылдырган өтө бай экспонаттар, крайтаануучулардын жыйнаган баалуу кол жазмалары сакталып турат. 19-20-кк. аралыгында Хакас-Минусин ойдуңунда жүргүзүлгөн археологиялык жана этнографиялык экспедициялардын бай материалдары көрүүчүлөргө сунуш этилген. Кыргыздарга арналып жасалгаланган атайын көргөзмөлөр бар. Анда кыргыздардын материалдык-руханий маданиятынын үлгүлөрүн, согуш өнөрүн, чарбалык укладдарын чагылдырган бай материалдар сунуш этилген. Өзгөчө, кыргыздардын жана Кыргыз каганаттарынын мамлекеттик иш-кагаздары жүргүзүлгөн рун сымал жазуулар чегерилген таш эстеликтери кызыгууну

жаратат. Анда кыргыздардын орто кылымдар доорундагы тарыхын чагылдырган маалыматтар бар. Көргөзмө залдары кыргыз тарыхынын хронологиялык, эволюциялык өнүгүүсүнө карата уюштурулган. Кыргыз жазуусуна арналган атайын көргөзмө бөлмөлөрү орун алган. Анда Алтын Көлдөн табылган кыргыз каганы Барс-бекке, мамлекеттик ишмер, атактуу шаман, элчи Эрен Улукка арналып тургузулган жазуу эстелик таштары сакталып турат. Мындан сырткары, Уйбат, Аскиз ж.б. жерлерден табылган (19-к. аягынан тартып) кыргыз жазма эстеликте- ринин чоң коллекциясы өз алдынча зор залды ээлейт. Ушул эле жерде 18-20-кк. аймакты изилдеп, материалдык жана руханий маданияты боюнча эмгектерди жазган изилдөөчүлөрдүн, крайтаануучулардын кол жазмалары, жарык көргөн эмгектери сакталып турат. В.Мартьянов атындагы музей Энесай кыргыздарынын тарыхын, этнографиясын, археологиясын иликтөө боюнча маалымат- тарды камтыган ири илимий-изилдөө борбору болуп эсептелет.

## Г

**Гагауздар** - Молдова, Украина, Болгария, Румыния, Греция, Түркия ж.б. жашаган түрк тилдүү калк. Түрк тилдеринин огуз-булгар бутагында сүйлөшөт. Жалпы саны 200 миң чамалуу. Молдовада чектелген автономиялык укуктарга ээ. Комратта компакттуу түрдө турушат. Диний ишеними - христиан дининин православие багытын тутунушат. Антропологиялык жактан чоң европа расасына таандык, айрым жерлерде монголоиддик белгилер да байкалат. Салттуу чарбасы: мал багуучулук, жүзүм өндүрүү, кол өнөрчүлүк өнүккөн. Гагауз тилинин калыптанышына бул элдин түрдүү тилдик, этностук-маданий чөйрөлөргө жанаша жашоосу негизги ролду ойногон. Балкандагы башка түрк тилдүү этностор (гажалы, тозлук, юрук, кызыл баш, караманлы, сургуч ж.б.) сыяктуу эле гагауздардын этностук жүзүнүн калыптануусуна булгар, огуз-печенек, берендей, ковуй, боут, кийинчерээк кыпчактардын тийгизген таасири чоң. Гагауздардын этностук пайдубалын огуз тилдүү уруулар түптөгөн. Жаңы доордо осмон-түрктөрүнүн да белгилүү таасири бар. Бул этнос байырлаган аймактарда Кыргыз-Суу, Кыргыз-Кытай, Катаган, Коңурат ж.б. жер- суу аталыштарынын болушу орто кылымдардагы кыргыз этнокомпоненттеринин таралуу ареалын, кыргыз-гагауз этностук-маданий алакаларын чагылдырат.

**Ад.:** Народы мира: Историко-этнографический справчник. М„ 1988; Баскаков НА. Введение в изучение тюркских языков. М., 1962.

**Генеалогия** (гр. genealogia - санжыра). Уруулардын, этнографиялык топтордун, айрым учурларда элдердин тарыхын, оозеки жана жазуу түрүндөгү санжырасын, үй-бүлө жана жеке адамдын келип чыгышын, адамдардын жана уруктардын (уруулардын) келип чыгышын, тегин үйрөтүүчү этнография илиминин өз алдынча тармагы. Генеалогия илим катары жаңы доордо (17-18-кк.) калыптанган. Генеалогиялык маалыматтар уруунун (уруктун) түзүлүш курамын, андагы социалдык алакалардын абалынан да кенен маалымат берет.

**Генезис** (гр. genejis - жарык дүйнөгө келүү, тек, булак). Бул термин этнография илиминде этностордун тегин, келип чыгыш башатын, ошондой эле маданияттын объектилерин жана түрдүү кубулуштарды тактоодо колдонулат. Мисалы, этнографияда «этногенез» термини кайсыл бир элдин, этностун келип чыгышын билдирет.

**Геноцид** - (гр. genos - урук, уруу жана лат. caedo - өлтүрөм) - калктын айрым этностук, расалык жана диний топторун толук же жарым-жартылай жок кылууга багытталган этностук саясаттын тиби. «Геноцид кылмыштарынын алдын алуу жана ал кылмыш үчүн жазалоо жөнүндө» (1948) Эл аралык конвенцияга ылайык геноциддин көрүнүштөрүнө төмөндөгүлөр кирет: калктын кандайдыр бир тобун диний, саясий, расалык жана улуттук мотивдер боюнча өлтүрүү; алардын денесине олуттуу зыян келтирүү же акыл- эсине доо кетирүү; ал топторду толук

жана жарым-жартылай жок кылуу максатында атайылап шарт түзүү; бул топтордо тукум улоого тоскоолдук кылган чаралар; балдарды зордук менен бир топтон экинчи топко өткөрүп берүү. «Геноцид» термини экинчи дүйнөлүк согуштан кийин (фашисттердин еврейлерди, славяндарды максаттуу түрдө жок кылуусунан кийин) кеңири тараган. Гитлердик фашисттер экинчи дүйнөлүк согушта 6 млн. жакын еврейлерди кырып жок кылышкан. Геноцид бул кылмыштын натыйжа- сында өзгөчөлөнгөн маданияты, жашоо ыңгайы, саясаты ж.б. бар белгилүү бир улуттук, расалык же диний топ бүтүндөй же жарым - жартылай жок боло турганы менен коомго коркунучтуу. Геноцид адам коомун жакырданууга, эл аралык укуктук тартиптердин негизин бузууга алып келет. Ошондуктан геноцид саясаты эл аралык кылмыш деп эсептелет.

**Географиялык детерминизм** - географиялык чөйрө менен коомдук турмуштун ортосунда объективдүү өз ара байланыш жана өз ара көз карандылык бар деп эсептеген концепция.

**Гипергамия** - стратификацияланган коомдордо кабыл алынган никелик норма. Аялдар бир кыйла жогору турган социалдык катмардагы эркектерге күйөөгө чыкканга укуктуу, ал эми бир кыйла төмөнкү катмардагы эркектерге күйөөгө чыкканга тыюу салынат. Балдар атасынын статусун мурастайт.

**Гипогамия** - стратификацияланган коомдордо кабыл алынган никелик норма. Аялдар коомдук абалы боюнча бир кыйла төмөн катмардагы эркектерге турмушка чыкканга укуктуу, ал эми бир кыйла жогору катмардагы эркеке күйөөгө чыгууга тыюу салынат. Балдар энесинин да, атасынын да статусун мурасташы мүмкүн.

**Голубев А**.П. (1832-1866). Геодезист, Орто Азия аймагын иликтеген географ. Өз мезгилинде ысыккөлдүк кыргыз урууларынын арасында болуу менен бирге, кыргыздардын каада-салттары, материалдык маданияты боюнча бир катар маалыматтарды кагаз бетине түшүргөн. Кокон хандыгы тарабынан кыргыздардан жыйналычуу салыктары жана алардын түрлөрү боюнча маалыматтар берген. Эл арасынан «Кырк кыз» тууралуу уламыштын бир вариантын жазып калтырган. Өз мезгилинде А.П.Голубев Ысыккөлдүн пайда болушу жөнүндөгү эки уламышты эл оозунан жазып алган. Ал оң канат кыргыз уруулары чыгыш тарапта, ал эми сол канат кыргыздар батыш тарапта жайгашканына көңүл буруп, алар Энесайдан журт которуп келген эмес деген божомол айткан. Бул маалыматтар анын бир катар билдирүүлөрүндө чагылдырылган.

**Гродеков Н.И.** (1843-1910). Падышалык армиянын аскер кызматкери, изилдөөчү. Хива жана Ахалтекин аскер жүрүштөрүнө жигердүү катышкан. 1889-ж. «Киргизы и каракиргизы Сырдарьинской области» аттуу эмгекти жарыкка чыгарган. Китепте таластык кыргыздар жөнүндө кенен маалыматтар берилген. Таластык кыргыздардын уруулук курамы, административдик-башкаруу түзүлүшү, үрп-адаттары, каада-салты, чарбалык укладдары, соода алакалары жөнүндө кызыктуу маалыматтарды жазган. Адат укугу боюнча жазалоо, кордоо, кылмышы үчүн уруунун курамынан чыгарып жиберүү, барымтага алуу, аш-той, сөөк коюу салттары терең изилденген. Анын өзгөчө кыргыздын сол канатындагы уруулардын эн тамгалары боюнча берген маалыматтары илим үчүн баалуу. Мындан сырткары, өз эмгегинде Талас аймагындагы белгилүү эл жакшыларынын ысымдары жөнүндө кенен маалыматтарды берген. Элдин тамак-ашына, конокторго эт тартуунун салтына кеңири токтолгон. Калктын социалдык турмушу, укуктук нормалары, мыйзам жөнүндө, үй-бүлөлүк мамилелери, уруулардын ураандары жана эн тамгалары жөнүндө сүрөттөп жазган.

# Д

**Далба** — ителги, куш, ылаачынды үндөө жана таптоо үчүн колдонуучу кыныктыргыч. Ал ак куу, көгүчкөн, кыргоол сыяктуу куштардын канат-куйруктарынан жасалат.

**Далдалчы** — базарда, көбүнчө мал соодасында сатарман менен кардардын ортосунда калыстык милдетин аткаруучу базар адамы. Ал кардарга сатарманды же сатарманга кардарды таап берген. Базарда өздөрү табышып, кымбат сурап, арзан берип жаткан эки тараптын ортосуна өзү кирип, экөөнү эпке келтирип, калыстыкка соодалап берген, базар адатында сатарман да, кардар да далдалчыга акча-тыйын беришкен. Базар экономикасынын шартында далдалчынын аткаруучу функциясы, жаңы шарттардагы аткаруучу милдеттери мазмун жагынан өзгөрүүдө.

**Далис** — Фергана өрөөнүндөгү архитектуранын таасиринде курулган үйлөрдүн кире беришиндеги өз алдынча бөлмө. Ал көбүнчө ашкана катары пайдаланылат.

**Далы ачуу** - койдун далысын карап же аны отко жагып боло турган окуяны алдын ала билүү ишеними. Далы ачуу же далычылык түрк-монгол тилдүү элдерде кенен таралган. Ал бүгүнкү күндө туваларда, түштүк алтайлыктарда сакталып келет. Далычылар жөнүндө кыргыз дастандарында кенен айтылат. Манастын бир чоросу Агыбай далычы деп аталгандыгы маалым.

**Дамбыр таш** (Мама калдырак) — элдик эски ырым. Жалган куран (март) айында биринчи күн күркүрөп, жаан-чачын болор алды үйдөгү аялдардын улуусу эгиндин түшүмдүү, сүттүн мол болуусун тилеп, чаканы, көнөктү сузгу менен калдыратып, «жер жарылып көк чыксын, желин айрылып сүт чыксын» деп үйдү үч айлана жүгүрүп чыккан. Бул ырым кыргыздардын исламга чейинки диний ишенимин чагылдырат. Жаз майрамы энесайлык кыргыздарда кенен майрамдаларын кытай жазуу булактары баяндайт. Бул майрам Энесай кыргыздарында 20-марттан 21-мартка оогон түнү белгиленген. Кыргыздын элдик илим-билимдери так календарлык күндөрдү эсептей алышкан. Жаңы жыл күнү асмандан Балык жылдыз көрүнгөн. Муну кыргыздар жаңы жылдын же жаздын келиши деп түшүнүшкөн.

**Данакер** - металл буюмдарды бири-бирине бириктирип, кармап калуучу металл же куйма. Данакердин эрүү даражасы данакерленүүчү металлдардын эрүү температурасынан төмөн болууга тийиш. Эрүү температурасына жараша данакер жумшак жана катуу болуп бөлүнөт. Жумшак данакер коргошун, калай, висмут жана кадмийдин кошундуларынан алынат. Мунун ичинен коргошун-калайлуу данакер көпчүлүк металлдарды данакерлөөдө колдонулат. Алюминий жана магний куймаларынан жасалган буюмдарды данакерлөөдө калай-цинк-кадмий, цинк-кадмий жана калай-цинк-алюминий-кадмий кошулмалары пайдаланылат. Катуу данакерге жез, күмүш жана алардын куймаларынан жасалган данакерлер кирет.

**Дарчы** — эки таянычка керилген аркандын үстүндө оюн көрсөтүүчү цирк артисти. Дарчылык өнөр байыртадан Рим, Кытай, Кавказ, Персияда кенен таралган. Орто кылымдардан тартып Орто Азия, Кавказ, Европа, кийинчерээк Түштүк Америкага тараган. Ал эми, 19-к. 2-жарымынан тартып Россияга таралган. Дарчы эл чогулган жыйында музыканын коштоосу менен ачык аянттарда оюн көрсөткөн. Шартка жараша дардын бийиктиги ар кандай болуп, аркан ар түрдүү материалдан чыйратылат. Дарчынын оюну цирк артисттеринин программасына кеңири программа катары кирди. Дарчылык өнөр муундан-муунга, атадан балага берилип, шамдагайлыкты, күчтүү эркти талап кылат. Учурда Фергана өрөөнү тараптарда, Кытайда эл жыйылган жерлерде көрсөтүлөт.

**Дастан** — эпикалык жанр. Кыргыздын оозеки чыгармачылык маданиятында кеңири орун алган жана өзгөчө өнүгүүгө жетишкен. Дастан Орто Чыгыштын иран

тилдүү элдерине, андан ары Түштүк Чыгыш Азиянын калктарына чейин кеңири таралган. Дастан оозеки түрүндөгү элдик поэмадан жана кара сөз түрүндөгү романтикалуу, баатырдык-фантастикалык темадагы жомок, уламыш, санжырадан турат. Кара сөз түрүндөгүсү ыр, диалог же монолог эриш- аркак жүрөт. Дастанды түркмөн, азербайжан, Түркия түрктөрү «Огузнаме» деп аташат. 20-к.чейинки фарси-тажик, өзбек, азербайжан адабияттарында айрым романтикалык поэмалар жана эпикалык чоң поэмалардын баптары дастан деп аталган. Кыргыз фольклористикасы менен адабият таануусунда фольклордук жана адабий поэмалары кээде дастан деп аталат.

**Датка** — фарси тилинде «дадхох» - «адилетти сүйүүчү», «адилеттүүлүктү талап кылуучу» маанисин туюнтат. Титул катары орто кылымдардан эле белгилүү болгон. Өзгөчө, Бухара эмирлигинде, Кокон хандыгында кенен тараган мамлекеттик титул. Датка - ордого түшкөн арыз-муңдарды тескеп, ханга жеткирген жана хандын амирин, жарлыгын жарыялаган милдеттерди да аткарган. Казылардын жүргүзгөн ишин көзөмөлгө алып, тескеп турган. Датка мамлекеттик башкаруу иерархиясында парваначыдан төмөн, бийден жогору даражаны ээлеген. Кокон хандары, Бухара эмирлери кыргыздын таасирлүү адамдарын өзүнө тартуу максатында бул титулду берип турушкан.

**Демографиялык секирик** (калктын кескин көбөйүшү) - 20-к. 50-ж. дүйнөдөгү калктын санынын тез өсүшүнүн элестүү айтылышы. Бул мезгилде калктын санынын кескин өсүшү өлүм-житимдин азайышынын натыйжасында болот. Демографиялык секирик ар кайсы өлкөлөрдө тарыхый өнүгүүнүн жүрүшү, саясий, социалдык жана маданий процесстер, үрп-адаттар, салт-санаалар менен шартталган өзгөчөлүктөргө ээ болду. Азыркы убакта демографиялык секирик демографиялык турукташуу менен алмашууда. Толук турукташуу прогноздор боюнча 21-к. 20-ж. жетишилет. Окумуштуулардын эсептөөлөрү боюнча 21-к. орто ченинде жер шарында 10 млрд. жакын киши жашайт жана айрым өлкөлөр менен региондордун калкынын үлүшү кескин өзгөрөт. Азыр калктын тез өсүү темпи Африка өлкөлөрүндө, Азиянын айрым өлкөлөрүндө сакталууда. Африкада төрөлүү саны 1000 кишиге эсептегенде 46,4 кишини түзөт. (Батыш Европа өлкөлөрүндө - 14,1 киши). Азыркы демографиялык процесстердин маанилүү жагы - калктын «улгайып» баратышы. Эгер 1950-ж. 60 жаштан жогору кишилер планетанын калкынын 7,7% түзсө, 20-к. 12% ашкан.

**Денгене** — баасын биргеликте бычып, тең төлөп, бир нече адамдын жандыкты (жылкы, уй, топоз, кой) союп үйлөрүнө бөлүп алышы. Кара мал көбүнчө жети дөбөгө бөлүнөт.

**Депкир (кепкир)** ир. «кафкур». Көбүнчө күрүч басууда, боорсок, каттама ж.б. бышырууда колдонулуучу ашкана буюму. Тамак куууруу, чий көбүк алуу, палоо басуу, лагман кесмесин сүзүү жана аларды идишке салууда пайдаланылат. Депкир диаметри 15-20 см. калдыркан темирден жасалып, узундугу 35-45 см. жумуру же жалпак темир сабы болот. Депкир сабынын кармалчу учуна жыгач же мүйүз бекитилип, илип коюш үчүн чарктaлат. Депкир айрым жерлерде кепкир, кептур ж.б. деп да аталып жүрөт.

**Депопуляция** - (фр. depopulion - калктын азайышы) - тигил же бул өлкөнүн калкынын төрөлгөндөргө караганда өлгөндөрдүн санынын көп болушунун натыйжасында сан жагынан азайып баратышы. Өткөн доорлордо анын себеби эпидемия, согуштар, түшүмсүздүк, табигый кырсыктар (азыр да) ж.б. болсо, 21-к. анын себептери өзгөрдү. Азыркы мезгилде негизги фактор үй-бүлөлөрдүн аз балалуулука (1-2 бала) өтүшү болуп саналат. Мындай шартта калктын ордун толуктоо жетишсиз болуп калууда.

**Диалект** — жалпы элдик (улуттук) тилдин айрым жергиликтүү өзгөчөлүктөргө ээ болгон бир тармагы, белгилүү бир аймакта жашаган калктын сүйлөө

тилиндеги жергиликтүү өзгөчөлүк. Бир тилдеги жергиликтүү айырмалар - территориялык диалект, анын ичиндеги майда бөлүгү - айтым, ал экөөнөн чоңу наречие деп аталат. Диалект илим адамдарынын пикирлеринде адабий тилди байытуучу ички булак болуп саналат. Диалектерде байыркы тилге (кыргыз тилине) таандык көптөгөн лексикалар сакталып келет. Муну Энесай кыргыздарынын урпактары болгон тува, хакас, түштүк алтайлыктар, карагастар, шорлор, лобнорлуктар, сары югурлар жана алардын лексикасы менен бүгүнкү кыргыз лексикасын, анын айрым диалектик өзгөчөлөлүктөрүнөн байкоого болот. Диалектилик айырмалар тилдин тыбыштык түзүлүшүндө, грамматикасында, лексикасында учурайт.

**Диаспора** - (гр.diaspora - таралуу) - өз тарыхый журтунан алыста бөлөк этностук чөйрөдө салыштырмалуу өз алдынча организм катары сакталып калуунун зарыл шарттарына ээ болгон этностук теги бир адамдардын туруктуу тобу. Алгач диаспора зордоп көчүрүүнүн же геноцид коркунучунун натыйжасында пайда болгон. «Диаспора» термини башта Палестинадан б.з.ч. 6-к. башында куулуп чыгып сыртта жашаган еврейлерге карата колдонулган. Кийинчерээк ал башка этностук жана диний топторго карата да колдонула баштаган. Азыркы адабияттарда «диаспора» деп өз ата- журтунан сыртта жашаган этностук топторду аташат. Азыркы диаспоранын пайда болушунда жана өнүгүшүндө экономикалык жана социалдык себептер негиз болуп саналат. Өз рухий маданиятын сактоо жана өнүктүрүү, улуттук салттарды, үрп-адаттарды жайылтуу, ата журту менен маданий байланышта болуу, маданий- агартуу функциясын ж.б. аткаруу максатында жаңы аймакта жашап жаткан тигил же бул элдин өкүлдөрүнүн топтолушу диаспоранын башкы айырмалоочу белгиси болуп саналат. Башынан эле этностордун чачырап-бөлүнүшү алардын жаңы аймактарда биригүүсү, жаңы топтордун калыптанышы менен коштолгон. Алар көбүнчө бүтүндөй региондордун турмушуна таасир берүүгө мүмкүнчүлүгү болгон. Алардын экономикалык ишмердигине жигердүү катышып, түрдүү диаспора өкүлдөрү өз улуттук-маданий борборлорун түзүшөт. Мындай диаспораларды учурда кыргыз улутунун өкүлдөрү да түзүп жатышат. Россияда, Казакстанда, Түркияда, Кытайда, Батыш Европада, Америкада ж.б. жерлерде ири кыргыз Диаспоралары катталган.

**Динге чейинки ишенимдер** - монотеисттик диндер таралганга чейинки түрдүү этностук топтордун ар кыл иррационалдык түшүнүктөрүн мүнөздөө үчүн этнологияда колдонулуучу термин

**Диний культ** — диний-магиялык көз караштын негизинде ар кандай заттарды ыйык нерсе деп эсептеп, аларга ишенип, диний жол менен табынуу. Диндин тарыхый формаларына, анын өнүгүү этаптарына мүнөздүү культтук комплекстер бар. Мисалы, диний культтун алгачкы формаларына коомдук турмуштун белгилүү чөйрөлөрү менен байланыштуу болгон культтар мүнөздүү болсо, кийинки диндерге мифтик ишенимдер аралашып, алгачкы киши сымал кудай культтары келип чыккан. Алгачкы жамааттык коомдогу сыйкырчылык бийлер кийинчерээк көп диндердин культтук курамына кирген. Диний культ диндердин тибине, жергиликтүү өзгөчөлүктөрүнө карата бири экинчисинен багыты, түзүлүшү жана маани-маңызы боюнча кескин айырмаланары илимде маалым.

**Дин майрамдары же диний майрамдар** — Кудайлардын, пайгамбарлардын, белгилүү диний окуялардын урматына өткөрүлүүчү атайын майрамдар. Диний майрамдар дүйнөлүк диндер болуп эсептелген буддизмде, христиан дининде, исламда, бир элдин дини болгон иудаизмде ж.б. календарлык майрамдар катары кеңири белгиленет. Кыргыздарда диний майрамдар исламга чейинки шаман дининен эле белгилүү (жаңы жыл же жаз майрамы, Көкө Теңирге сыйынуу, арбактарга түлөө өткөрүү, эскерүү ж.б.) болгон. Диний түшүнүк боюнча бул

күндөрдө иштөөгө болбойт. Диний майрамдар алгачкы коомдук түзүлүштүн убагында аңчылыкка, жыйноочулукка, дыйканчылыкка, малчылыкка, кол өнөрчүлүккө ж.б. байланыштуу пайда болгон. Диндин алгачкы этабында дин майрамдарында магиялык ырымдар, салттар башка орунду ээлеген, анткени байыркы адамдар аларды «табияттан тышкары күчкө» таасир кыла алат, ал «күч» болсо калкка жакшы түшүмдү, олжолуу аңчылыкты камсыз кыла алат деп үмүттөнүшкөн. Суверендүү, демократиялык Кыргызстанда диндик майрамдарга жаңы мазмунда мамиле жасалып, жалпы өлкө деңгээлинде майрамдалып жатканына күбөбүз. Мисалы, Орозо айт, Курман айт, Иса пайгамбардын туулган күнү (Рождество Христово) ж.б.

**Диний ишенимдер** - табияттан сырткары күчтөрдүн бар экендигин, алардын адамдардын жашоосу менен тагдырына таасир бере тургандыгы жөнүндө салыштырмалуу, системалаштырылган түшүнүктөр.

**Диний ырлар** — эл арасындагы диний мазмундагы ырлар, элдик оозеки чыгармачылыктын бир түрү. Диний ырлардын сюжети негизинен диний китептердин булактарынан алынган.

**Дислокалдуулук** - жубайлардын айрым (ар бири өз тобунда), бөлүнүп жашоосу. Айрым окумуштуулардын пикиринде дислокалдуулук никелешкендердин жайгашуусунун өзгөчө формасы. Башка илим адамдарынын ойлору боюнча ал матрилокалдуулуктан патрилокалдуулукка өтөр мезгилде пайда болот жана Азиянын, Океаниянын, Африканын ж.б. бир катар элдерине кеңири тараган. Дислокалдуулуктун калдык формалары катары төмөнкүлөрдү эсептешет: көп элдерде эркектердин өз алдынча үйлөрүндө жашоосу; күйөөнүн өзүнчө, аял менен балдардын өзүнчө үйү болушу; никелешкенден кийинки мезгилде жубайлардын айрым жашоосу ж.б.

**Диффузионизм** - 19-к. аягында эволюциялык теориянын методологиялык кризисинин натыйжасында пайда болгон этнология илиминдеги жаңы багыттардын бири. Бул багытты жактоочулар маданияттын жана анын айрым элементтеринин жаңы аймактарга таралышын, алардын пайда болгон аймагын табуу, алардын таралыш жолдорун жана ыкмаларын реконструкциялоо максатын коюшкан.

«Диффузия» (лат. Diffusio - таркалуу) түшүнүгү физикадан алынган, «агылып таралуу», «агылып кирүү» маанисинде колдонулат. Этнологияда диффузия деп маданияттын соода, көчүү, согуштук жеңип алуу аркылуу таралуусун түшүнүшкөн. Илимий багыт катары диффузионизм маданияттагы өз ара алакаларды, байланыштарды, башка элдерден алып өздөштүрүүнү жана башка элдерге таралууну тарыхый процесстин эң башкы мазмуну катары карайт. Эволюционисттердин окшош шарттарда окшош маданияттар өз алдынча пайда болуп өнүгөт деген идеясына диффузионистер маданият элементтери уникалдуу түрдө бир аймакта пайда болуп, кийин башка аймактарга тарайт деген идеяны каршы коюшат. Бир кыйла мыкты маданий ойлоп табуулар алгач бир географиялык чөйрөдө пайда болот жана бүт дүйнөгө стихиялык түрдө таралат. Бул көз караштан алганда адам маданияттын жаратуучусу эмес, ээлөөчү гана болуп калат. Маданияттын таралуусунда жеңип алуу, колониялаштыруу, миграция, ыктыярдуу тууроо, соода ж.б. чоң мааниге ээ болот.

Диффузионизмдин бир кыйла ырааттуу эмгектенген өкүлү Ф. Гребнер болгон. Ал материалдык жана рухий маданияттагы кубулуштар тарыхта бир гана жолу, бир гана жерде пайда болот жана дүйнөгө ошол борбордон тарайт деп эсептеген. Маданий ойлоп табуулар алгач пайда болгон борбордон алыстаган сайын башка элдерге өзгөргөн түрдө жетет. Ф.Гребнер «маданий чөйрөлөр» теориясын түзгөн. Маданий жаңылыктар бир чөйрөдө пайда болот жана аны менен кошо бүт дүйнөгө таралат. Ал баары болуп алты «маданий чөйрөнү» бөлүп көрсөткөн.

Диффузионизм теориясында бир канча агымдар жана мектептер: тарыхый-географиялык багыт (Э.Норденшельд), маданий-тарыхый мектеп (Ф.Гребнер, В.Шмидт), антропогеографиялык мектеп (Л. Фробениус), маданий ареалдар теориясы (Э.Сепир, М.Херсковиц) болгон.
Диффузионизмдин негизги идеялары:
- маданият белгилүү бир географиялык шартта пайда болуп өнүгө турган тирүү организм; маданияттын ар бир элементи бир аймакта жаралып, башка аймактарга тарайт;
- материалдык, рухий маданияттын өнүгүшүнүн негизги фактору өздөштүрүү, таратуу болуп саналат;
- ар бир маданияттын жаралуу жана таралуу борбору бар; ал борборду табуу этнологиянын негизги милдети;
- таралуунун маданий чөйрөлөрүн, маданият элементтерин иликтөө маданиятты изилдөөнүн методу болуп саналат;
- маданияттын ар бир элементи бир жолу гана пайда болот.

**Долгандар** - Россия Федерациясынын Таймыр аймагында (Дол- ган-Ненец) жашаган түрк тилдүү этнос. Өздөрүнүн долган, тыскихи, саха деп аташат. Калктын саны 6 миң чамалуу. Чоң моңгол расасынын түндүк азиялык бутагына киришет. Түрк тилдеринин генеалогиялык жиктешүүсүндө уйгур-огуз тобунун якут бутагында сүйлөшөт. Теги жагынан саха-якуттарга жакын. XIX к. баш чендеринде өз алдынча этнос катары калыптана баштаган. Долгандар саха-якуттар сыяктуу эле энесайлык кыргыздардан чыгышта жашаган, түндүккө журт которгон курыкандардын тукумдары болушат. Салттуу чарбачылыгы аңчылык, балык кармоо, бугучулук менен байланышкан.

**Долон бий** - геноним, санжыра боюнча кыргыздардын түпкү атасы катары айтылат. Көпчүлүк информаторлор Долон бийден - Ак уул (Оң канат), Ку уул (Сол канат), Кызыл уул (Ичкиликтер) жана алардын тукумдарынан тараган урууларды баяндашат. Ал эми «Мажму ат-Таварихте» (16-к.) Долон бий оң канат кыргыздардын түпкү ата-бабаларынын бири катары гана эскерилген. Долон бурят-монгол тилдеринде «жети» санын аныктаары белгилүү- «Бий» титулу болсо, кыргыздардын түпкү ата-бабаларынын дээрлик баарынын аттарына жалганып айтылган. Бийлик иерархия- сындагы бул титул кыргыздарда байыртадан эле маалым. Кытайдын Тан династиясынын (7-10 кк.) кыргыз каганынын үч башкы министри: Гйеси бей (бий), Гюй-шабо бей (бий) жана Ами бей (бий) болгондугун кабарлайт. Ошол эле Энесай кыргыздарынын каганы Шибоцюй (Шибокюй) Ачжан 648-жылы Тан императорунун атайын кабыл алуусунда болгондугу маалым. Изилдоөчүлөр «бей» титулун энесайлык кыргыздардын кытай булактарындагы чагылдырылган «бий» сөзүнүн калькасы катары карайт. Демек, бул белгилүү жана кенен таралган титул кыргыздарда эрте орто кылымдардан эле белгилүү.

**Долондор** - Чыгыш Түркстандын (Кытай Эл Республикасы) Жаргандарыя, Чекилдек, Караңгылык деген жерлерде жашап келишет. Бүгүнкү күндө уйгурларга жуурулушуп бараткан долондор өздөрүнүн түпкү теги кыргыз экендигин белгилешет. Бул этнографиялык топтун антропологиялык тиби кыргыздардыкындай, бойлору узун келишет, өздөрүн айтылуу Жаңыл Мырзадан тараган тукумдар экендигин белгилешет. Кызылкөбү, Чоңмыс, Ортомыс, Кичимыс, Балыксуу ж.б. жерлердеги долондор уйгурча сүйлөп калышкан. Бирок улак тартыш, ат чабыш ж.б.у.с. кыргыздардын байыркы каада-салттарын сактап калышкан. 19-к. Ч. Валиханов өз изилдөөлөрүндө Барчык Маралбашы аймактарын мекендеген «долон» аттуу өзгөчө уруу жөнүндө эскерген. Алар өздөрүнүн тегин кыргыздар менен жалпы экендигин белгилешет. Санжыралык маалыматтарда Долон бийден Ак уул, Ку уул, Кызыл уул, алардан кыргыздын оң,

сол жана ичкилик уруулары тараары баяндалат. Монгол тилинде «долон» - «жети» санын аныктайт. Этноним «жети уруу», «жети уруу эл» маанисин туюнтушу ыктымал. Кыргызстандын аймагында бул ат менен айыл-кыштак, бийик ашуулар белгилүү. Долондор жөнүндөгү илимий маалыматтар, тыянактар, алардын кыргыздар менен тектик жалпылыгы кокусунан эле келип чыгуусу мүмкүн эмес.

***Ад.:*** *Абрамзон С.М., Кыргызы и их этногенетические и этно- кулътурные связи. Ф„ 1990.*

**Доолбас** — кыргыздын барабан сымал байыркы аскердик урма аспабы. Жыгач алкактын бетине төөнүн чылгый терисинен капталып жасалган. Согуш учурунда белги берүү, кошуунга жыйналуу, душмандын үрөйүн учуруу үчүн пайдаланылган. Доолбасты мүнүшкөрлүккө (аңчылыкка) чыкканда илбээсинди үркүтүү үчүн Да колдонушкан. Доолбасты колго же ээрдин кашына илип коюп, **тоголок баш таяк менен ургула**п ойношкон. Доолбас учурда кыр**гыздын улуттук эл аспаптар ансамблинин ажырагыс бир бөлүгү болуп саналат.**

**Дооран** — өлгөн адамды күнөөдөн арылтуу максатында сөөктү коюуга чейин мусулмандар арасында жасалуучу диний ырым-жырым. Дооран үчүн молдого акы берилет. Диний эреже боюнча дооран мусулман динине сыйынган бардык адамдарга тийиштүү деп эсептелген. Ал жаназадан мурда өткөрүлгөн.

**«Доор аяны».** Кыргыз улуттук телерадиокорпорациясы аркылуу аптасына бир ирет берилүүчү мекен таануу, инсаниат иликтөө, кыргыздардын тегин, урунттуу тарыхый окуялардын, материалдык жана руханий дөөлөттөрүн чагылдырган тарыхый-этнографиялык багыттагы илимий жанрдагы көрсөтүүлөрдүн автордук теле- программасы. Автордук программа аркылуу мезгил үнүнө шайкеш келген, кыргыз тарыхынын өтө урунттуу маселелерин көтөргөн, унутулуп бара жаткан ата мурастарды эл эсине кайтарып берүү үчүн жигердүү иш-аракеттер алып барылууда. Автордук программа телеэкранга чыккан күндөн тартып (1996-жыл, 5-февралда алгачкы теле берүү уюштурулган) 400дөн ашуун (2005-ж.чейин) атайын көрсөтүү калк назарына сунуш этилди. Бул көрсөтүүнүн автору белгилүү тележурналист, таанымал кыргызтаануучу Султан Абдыракманов.

**Дөө** — кыргыз элинин жөө жомокторундагы терс каармандын образы. Дөө - адам кейпиндеги, адамча сүйлөгөн, аябагандай зор, көлөмү тоодой, камчысы карагайдай мифологиялык алп. Маңдайында жалгыз көзү бар, жер астында же үстүндө жүрүп, бир нече күндүн тамагын бир эле жеп коёт. Бир кулагын төшөнүп, экинчисин жамынып, ойлонбостон жумалап, айлап уйкуга кетет. Дөөлөр адамзаттын эсинде байыркы грек мифологияларынан белгилүү. Дөө дээрлик бардык сюжеттерде адамдан акылсыз болуп, жеңилет. Дөө Саян-Алтай элдеринин мифологиясында жер астындагы өлүктөр дүйнөсүнүн (Улген) жер үстүндөгү чабарманы катары белгилүү.

**Дөөлөс (төөлөс)** - ичкиликтер уруулук тобунун курамындагы байыркы ири уруу. Уруунун жана анын аталышынын келип чыгышын б.з. 4-8-кк. теле (телес) уруулук бирикмеси менен жалпылыкта кароого негиз бар. 630-ж. сиртардуштарды жетектеген төөлөстөр Чыгыш Түрк каганатынын аймагын ээлеп алышкан. Төөлөстөрдү кыргыздардын курамында эрте орто кылымдар мезгилинен эле белгилүү болгон деген тыянак чыгарууга болот. Бул уруунун өкүлдөрү Ноокат, Жетиөгүз, Алай, Карасуу, Сузак ж.б аймактарды жердеп келишет. Дөөлөстөр ай тамга жана кош тамга уруулук топторуна ажырашат. Бул дуалдык система уруунун тегинин өтө байыркылыгын чагылдырат. Алар төмөнкүлөр: ай тамга тобу: буйга, бөлтүрүк, шапан, дунук, качканак, дөрбөн, карагайлы, толуман, кенже тукум ж.б.; кош тамга тобу: меркит, муркут, гирей, шорон, жору, кысроо, буралар ж.б.

**Дөөтү** - (ар. Дауд, евр. Давид) - ислам396 динде айтылган атактуу пайгамбарлардын бири. Куран-и-Керимде Дөөтүгө темирди камырдай жуура турган кылдык деп айтылат экен. Ошондон улам оңдоочу усталар, бүгүнкү күндө техниканы (автомашина ж.б.) башкаргандар Дөөтүнү пир тутушары маалым.
**Дөрбөн-ойроттор.** Дөрбө(н)т = (дэрбэт) монгол тилдүү элдерде «төрт» деген санды аныктайт. 1399-ж. кыргыз ханы Угечи Каш- канын (Гүйлүчү, Мунке Тэмур) жетекчилиги астында Ойрот хандыгы негизделген. Кыргыз уруулары катышкан бул мамлекеттик- уруулук бирикме жазма булактарда «дөрбөн-ойрот» деген ат менен да белгилүү болгон. Дөрбөн-ойроттор же дөрбөттөр өз учурунда (17-к.) (дэрбэттер) хошоут, хойт, зюнгарлар менен бирдикте Ойрот (Жунгар) хандыгын негиздешкен. Дөрбөттөр Волга боюндагы калмактардын («хальмг», «халимаг») кийинки эл болуп калыптанышында да активдүү катышты. Дөрбөн - тынымсейит уруусунун курамындагы урук катары белгилүү.
**Дөшү** - металл затты узанууга ылайыкталган чулу темир. Анын үстүнкү жалпак бети калың болот металлы менен капталат да, бир жагы жумуру, экинчи жагы төрт учталып, чоң дөңгөчкө бекитилет. Темир усталардын дөшүсү чоң, оор, ал эми зергерлердин дөшүсү кичинекей, зергер буюмдарын жасоого ылайыкталган формада болот. Дөшүнүн үстүндө металлдар ысык же муздак түрүндө кесилет, созулат, ийилет, жалпайтылат, мизделет.
**Дуалдык уюм** (дуалдык - экилик) - эки уруктун, кийинчерээк эки фратриянын (фратрия - уруктар тобу) өз ара никелешүүчү Уюму. Бир кыйла кеңири мааниде, алгачкы, көбүнчө эрте таптык коомдо да таралган коомдун бинардык уюму жана анын рухий маданиятта чагылдырылышы (мис. Байыркы Египет менен Перудагы эки «өлкө», Спартада, Римде, Карфагенде эки башкаруучунун болушу ж.б.)
**Дубана** - мусулман мистиктери, суфизмди жактоочулар, сопулар. Алар «бир туугандык» (мисалы, бекташтар коому ж.б.) орденге жана жамааттарга биригишкен. Дубаналардын ордендеринин уставы, духовный шатысы, турган жери болгон. Алардын кадирий, накшбандий, ясевий, мавлевий, бекташий, сенусий ж.б. ордендери өзгөчө белгилүү.
**Дунгандар** - өздөрүн «лаохуэйхуэй» деп аташат. Хуэйцзу, ху- эймин, хуэй - кытай тилинде «мусулман» дегенди туюнтат. Тунган, дунган - түрк тилдеринде «кытай адамы, кытай эли» дегенди түшүндүрөт. Кытай дунгандары Кыргызстандагы жана Казакстандагы дунгандар менен тектеш, бир калк. Бул дунгандар циндик кытайдын сүргүнүнөн улам баш паанек издеп келип туруп калышкан. Негизинен КЭРдин Нинся-Хуэй автономиялуу районунда турушат. Ал жердеги калктын жалпы саны 8 млн. жакын. Дунгандар кытай тилинин түрдүү диалектилеринде сүйлөшөт, кытай иероглифин колдонушат. 20-к. 20-ж. чейин Кытайдын бардык мусулман калктары «хуэй» деп аталышкан. Хуэйлер (дунгандар) үч этнографиялык топко бөлүнүшөт: түндүк, түштүк-батыш (юан-сычуан) жана түштүк-чыгыш (гуандун). Ислам динин Иран, Индия Бирма аркылуу кабыл алышканы болжолдонот. Этностук курамы татаал. Изилдөөчүлөрдүн пикирлеринде хуэйлердин (дунгандар) этностук тарыхында ханзулар (кытайлар) басымдуу орунга ээ.
**Дүйнөлүк диндер** - дүйнөнүн түрдүү элдеринин арасында бир кыйла кеңири таралган үч дин - буддизм, христианчылык, ислам. Башка бардык диний ишенимдерден жана тайынуулардан айырмаланып дүйнөлүк диндерге төмөндөгү белгилер мүнөздүү: 1) негизги догматтык жоболорунун абстрактуулугунун жогору болушу; 2) негиз болуучу догматтарды түшүндүрүүнүн түрдүү варианттарынын мүмкүндүгү; 3) диндин аны тутунгандардын күндөлүк турмушу менен тыгыз байланышы, турмуш-тиричилик, адеп-ахлак маселелерине тийиштүү болушу; 4) таза, туура жүрүм-турум аркылуу жеке керт баштын амандыгына жетишем деп ойлогон динчилдер үчүн негизги догматикалык

постулаттардын түшүнүктүү жана талашсыз болушу; 5) Кудай алдында бардык адамдардын формалдуу тең болушу, диний маселелерде сословиялык же улуттук артыкчылыктардын жоктугу. Буддизм б.з.ч. 6-5 кк. жаралган, анын негиздөөчүсү деп индиялык принц Сиддхартха Гаутама эсептелет, Түштүк-Чыгыш жана Борбодук Азия өлкөлөрүндө таралган. Христианчылык I к. башында Палестинада жаралган, ал эми 4-к. Рим империясында үстөмдүк кылган динге айланган, Христиан дининин негиздери Библияда баяндалган. Ислам 7-к. Аравияда пайда болгон, анын негиздөөчүсү Мухаммед пайгамбар. Аны Аллах өз элчиси, пайгамбар кылып тандаган, исламдын ыйык китеби - Куран-и-Керим.

**Дыйкан** — жер иштетүү менен кесиптенген адам. «Дехкан» же «дехкон» - байыркы фарси (перс) термини. Байыркы Ирандагы (Персия) Сасанийлер династиясынын мезгилинде (б.з. 3-7-кк.) оокаттуу, жер иштетип, тың жашаган, эркин дыйканды аныктаган. Дехкондор сасанийлер армиясынын негизин түзүшкөн.

**Дыйканчылык** - маданий өсүмдүктөрдү өстүрүүгө негизделген чарбалык иштердин тиби. Кыргыздарда дыйканчылык байыркы замандардан эле белгилүү. Дыйканчылыктын жогорку маданияты бүгүнкү Кыргызстандын аймагында да өрөөндүү жерлерде ишке ашырылгандыгын археологиялык казуулар, чыгыш жазма булактары тастыктайт. Кыргыздар Энесай доорунда, андан соңку мезгилдерде көчмөн мал чарбачылыгы менен катар дыйканчылык маданиятынын жогорку формасын өнүктүрө алышкан. Хакас-Минусин ойдуңунда, Тувада кыргыздар калтырган сугат системалары, тегирмендер, эгин талаалары ж.б. тарыхый жайлар сакталып калган. Бул дыйканчылык аркылуу кыргыздар эгинге ж.б. маданий өсүмдүктөргө болгон керектөөсүн толук канааттандырышкан. Жер иштетүү, өсүмдүктөрдү багып өстүрүү, түшүм жыйноо ж.б. багытта элдик бай тажрыйба чогулган. Бул тарыхый жайлар азыркы учурда да кыргыз талаалары, кыргыз тегирмендери, кыргыздар курган сугат каналдары, кыргыздар курган жолдор ж.б.у.с. аттар катары белгилүү. Дыйканчылык мал чарбачылык менен бирге мезолит-неолитте, 10-8 миң жыл мурда пайда болгон. Жаратылыш шарттарына байланыштуу дыйканчылыктын ар кандай түрү калыптанган; 1) жаан-чачын жерлерде, жаратылыш шарты мээлүүн өлкөдө жүргүзүлгөн түрү; 2) кургак аймактардагы сугат дыйканчылыгы; 3) нымдуу субтропиктерде жыл бою жүргүзүлүүчү дыйканчылык (2-3 ирет түшүм алган). Дыйканчылыктын формалары Жерди пайдалануунун мүнөзүнө, интенсивдүүлүгүнө, жер кыртышынын түшүмдүүлүгүн жогорулатуу жана калыбына келтирүү ыкмаларына жараша экстенсивдүү жана интенсивдүү болушу мүмкүн.

**Дыйканчылык маданияты.** Жердин түшүмдүүлүгүн жогорулатууга багытталган атайын иш-чаралар. Мындай иш-чараларга тар мааниде жер иштетүүгө куралдарды пайдалануу, кеңири мааниде- комплекстүү дыйканчылык системалары, жер семирткичтер, сугаруу жана кургатуу иштери кирет. Дыйканчылык маданий өсүмдүктөрдү өстүрүүгө негизделген чарбанын жана чарбалык ишмердүүлүктүн дүйнөлүк масштабындагы алдыңкы тиби. Өсүмдүктөрдү багууда, өстүрүүдө жер иштетүүнүн, жаңы сортторду табуунун, эгинди карап өстүрүүнүн, түшүм жыйноонун ж.б.у.с. элдик тарыхый тажрыйба топтоштурулган. Дыйканчылык маданияты жаныбарларды колго үйрөтүү жана бакмалаштыруу менен бир мезгилде мындан 10-8 миң жыл мурда мезолит - неолит доорунда тарала баштаган. Н.И.Вавилов маданий өсүмдүктөрдүн пайда болушунун негизги жети географиялык борборун көрсөткөн.

**Дыренкова К.П.** Таанымал этнограф. 20-к. 20-40-жж. кыргыздардын ичинде болуу менен, жергиликтүү калктын үй-бүлөлүк мамилелерине, балдардын төрөлүшү, аларды тарбиялоо ж.б. боюнча бир катар маалыматтарды жазып

калтырган. Бирок көпчүлүк эмгектери жарыяланбай калган. К.П.Дыренкова өзү блокадада калган Ленинградда каза болгон. Автордун Саян-Алтай элдеринин (шорлор, тувалыктар, алтайлыктар, хакастар) этнографиясына, салттуу маданиятына арналган көп эмгектери учурда да өз актуалдуулугун жогото элек.

## Е

**Европеоид расасы** - көп сандуу расалардын бири. Бул расадагы адамдардын өңү ак жуумал же кара тору, чачы тармал же жумшак келип, кыр мурун, эрди жука болот, Изилдөөчүлөр бул расаны түндүк, түштүк топторго бөлүшөт. Алардын ар бири өз алдынча кичи расаларга бөлүнөт. Мисалы, атлантика-балтика, беломор-балтика, орто европалык, балкан-кавказ, индо-жер ортолук, лапоноид кичи расалары.

**Европоцентризм** - Европаны дүйнөлүк маданияттын жана цивилизациянын борбору деп эсептеген дүйнө таанparam жобосу. Ага ылайык экономикалык, маданий жактан үстөмдүк кылган Батыш Чыгыш өлкөлөрүнүн жетишкендигине каршы турган дүйнө. Европоцентризм тарыхый өнүгүүнүн жүрүшүндө дал ошол батыш европалык өлкөлөр адамзаттын өнөр жайлык жана илимий-техникалык өнүгүшүнүн башында тургандыгынын, Европадан сырткары өлкөлөрдүн социалдык-экономикалык, маданий прогрессине көмөктөшкөн материалдык жана рухий маданияттын көптөгөн жетишкендиктери Европадан тарагандыгынын объективдүү фактысын таануу болуп саналат. Ушундай негизде Европоцентризм «прогрессивдүү» деп жашоонун европалык стандарттарын гана моюндайт. 20-к. экинчи жарымында Япониянын жана башка Европадан сырткары бир катар өлкөлөрдүн экономикалык жактан тездеп өнүгүшүнө байланыштуу Европоцентризм таасири төмөндөй баштады.

**Еренак-бек** (Ярнак, Яранак, Ереняк) кыргыз баатыры жана мамлекеттик-саясий ишмер. 1660-1687-жж. Сибирь кыргыздарын башкарган көрүнүктүү мамлекеттик жетекчилерден болгон. Ал Алтысар беги Ишей-Мергендин уулу, Номчи-бектин небереси эле. Анын улуу агасы Айкан Юрукту аманат туткун катары Москвада билим алып, Иван деген ат менен чокундурулган. Ал Красноярга келип бир тууганы Еренакка каршы бир нече аскердик жүрүш жасаган. Еренак-бектин Чакун, Харгин, Шам аттуу үч уулу болгон. 17-к. жунгар жана монгол башкаруучулары кыргыздын айрым бектери менен куда-сөөк катары байланышта болушкан. Еренак өтө каардуу, кара мүртөз, өжөр инсан болгон дешет. Өзгөчө чыккынчыларды өтө каардуу кыйноолорго алган, дарактарга кере байлап, казандагы кайнак сууга салып, көздөрүн оюп салууга ж.б.у.с. жазалоолорго буйрук берчү экен. Еренактын каардуу бийлиги астында бытыранды болгон кыргыз улустарын жана кыштым аймактарын «Кыргыз өлкөсү», «Кыргыз жери» этносаясий бирикмесине айланткан. 1666-ж. Краснояр воеводасынын катында «князь Еренак кыргыздагы Конгурайда көчүп жүрөт» деп жазат. Ал жыйырма жылдан ашык убакыт бою Красноярск, Кузнецк, Томск, Енисейка жана көптөгөн орус кыштактарына коркунуч туудуруп турган. Еренактын бүткүл күч-аракети «Кыргыз өлкөсүнүн» Түштүк Сибирдеги ордун сактап турууга жумшалган. Бул мезгилде Кыргыз улустарынын чектерин жаңы кошуна болуп калган Орусия менен белгилөөнүн татаал маселелери бар эле. Еренак кыргыздардын экономикалык кубаттуулугун камсыз кылып турган кыштымдардын жерлерин өзгөчө өжөрлүк менен коргогон. Еренак-бек тышкы саясатында антиорусиялык тургуда болуп, көбүн эсе Жунгариянын колдоосуна ыктаган. Еренактын атчан аскерлери капысынан Кузнецкиде, бирде Красноярск чыңдоолорунун айланасында пайда болуп турушкан. Кыргыз атчандарынын өтө ылдамдык менен жүрүүсү алардын жеңил куралдануусу менен байланыштуу болгон. Өзгөчө, орустар көп келип, ургаалдуу түрдө отурукташып жаткан орус кыштактарына тез-тез сокку урулуп турган. Сеңге-Тайша менен Еренак

тарабынан 1667-ж. Красноярскиге жасалган чабуулда казак-орустар үчүн оор жоготууларды алып келген. 375 кишиден турган аскер бөлүгү оор жоготууга учураган (39 адам өлгөн, 203 адам жарадар болуп, 49 туткунга алынган). Еренак-бек орус чыңдоолорунун курулушу менен өтө зор коркунучтун келип чыгаарына көрөгөчтүк менен түшүнгөн. Орус бийликтерине: «Эгерде Абаканга чыңдоо курсаңар, анда биз өз жерибизди акыркы балабызга чейин коргоого даярбыз», - деп билдирүү жасаган. 1675-ж. Красноярдык казак- орустар Кыргыз жеринин так ортосунда, Абакан дарыясынын куймасындагы Тагар аралына чыңдоо салышат. Еренак бул курулушту курчоого алып, өрттөп жиберет. Андан кийин Еренак-бек Ачын жана Кан чыңдоолорун талкалап салат. Ал Орусиялык тууларды, аскер замбиректерин олжо катары колго түшүрүп алган. 17-к. экинчи жарымында Цинь империясы монгол хандыктарын баш ийдирип, аларды жунгарларга (калмактарга) каршы тукурган. 1687-ж. монголдор менен согушта Галдан Бошокту-хан Кыргыз өлкөсүнөн толуктоолор алуу үчүн аскер чакырат. Еренак-бек өзүнүн кошууну менен Алтайдагы Чулушман дарыясынын жогорку агымына жакындап келгенде, дал ушул жерде трагедиялуу окуялар болуп өтөт. Кыргыз өлкөсүнөн Телең көлүнө чейин кыргыз аскерлери беш күн жол жүрүшкөн. Еренактын колу 600 адамды түзгөн. Чулушман дарыясынын өрөөнүндө Эрдене Контайзи башында турган монголдор буктурма коюп тосуп алышкан. Беттешүү учурунда 300дөн ашуун кыргыз жоокери, анын ичинен Алтыр улусунан 150 адам курман болушат. Алтыр улусунун жоокерлери Тоин-Эркенин жетекчилиги менен Еренактын артынан аттанып чыгышкан эле. Бирок алар беттешүү болуп өткөн жерге кечигип калышкан. Бул кара калмактар менен болгон кармашууда 5 миң саяндар, кыргыздар, 2 миң монгол аскерлери набыт болушкан. Согуш талаасында Еренак, кичүү уулу Шам, эки өгөй уулу курман болушат. 1688-ж. Алтай жүрүшүнө катышкан кызылдын жасоолу Откул орус бийликтерине «монголдор менен беттешүүдөн кийин Кыргыз жерине 30дай гана адам кайтып келди», - деп кабар айткан.

***Ад.:*** *Бутанаев В.Я., Бутанаева И.И. Хакасский исторический фольклор. - Абакан, 2001; Бутанаев В.Я., Худяков Ю.С. История енисейских кыргызов. - Абакан, 2000; Бутанаев В.Я. Этническая культура хакасов. - Абакан, 1998.*

## Ж

**Жаа** - кол менен тартылуучу аскердик, аңчы куралы. Кыргыз каганатынын аскерлеринин негизги куралы болгон. Байыркы кыргыз аскерлеринин жаасынын узундугу 1,5 м. келип, 200-300 м. так ата алышкан. Жаа үч бөлүктөн турат. Жумуру же бир жагы жалпайтылган бекем, серпилгич жыгачтан жасалган бул курал жыгач жаа, эгерде мүйүздөн жасалса - мүйүз жаа деп аталган. Жааны жасоо жана аны колдонуу өтө жогорку чеберчиликти талап кылган.

Дого сымал ийилген серпилгич катуу жыгачтын эки учу жип тептирге менен катуу тартылып байланат. Жебенин түп жагын жаанын тептиргесине такай катуу тартып туртуп, мээлеген нерсени көздөй коё берет. Жаа адамзат тарыхынын бардык этаптарында: согуштук беттешүүлөрдө, уучулукта, мелдештерде кеңири пайдаланылган. Мезолит доорунда пайда болгон бул курал б.з. 18-к. чейин колдонулуп келген. Жаанын жөнөкөй жана татаал түрү бар. Жөнөкөй жаа тептирге, чыгач, жебе, саадак деп аталган бөлүктөрдөн турат.

**Жагалмай** - бугу, моңолдор, сары багыш, черик, мурзаке (адигине уруулук тобу) урууларынын эн тамгаларынын аталышы катары маалым. Эн тамга эзелтеден менчиктин, көз каранды эместиктин символун аныктап келет. Жырткыч куштар байыртадан тотемдик ишенүүнүн объектиси катары белгилүү. Жагалмай - кыргыйдан кичине, турумтай сыяктуу алгыр куш. Эн тамгалардын параллелдери байыркы кытай жазма булактарында да чагылдырылат. Белгилей кетчү маселе, жагалмай тамганын байыркы кыргыздардын эн тамгасы менен да генетикалык

байланышы байкалат. Аталган кыргыз урууларынын эн тамгалары крест же учуп бараткан кушту элестетет. Бул анын мифологиялык элесин жана маанисин сыпаттайт. Чыгыш теги эзелки сөз эки маанини аныктайт. «Загал» бурят-моңгол тилдеринде кызыл түстүү аргымакты, бугу-маралды, телеуттарда ыйык аргымакты туюндурган шамандын бубенин, якуттарда канаттуу атты аныктаган. Сөз жасоочу -май мүчөсү канаттууну, тагыраак айтканда, канаттуу жырткыч, алгыр кушту туюндурат. Изилдөөчүлөр «май» сөзүн Умай (Эне) менен параллель карашат. Умай - байыркы түрк доорунан белгилүү Кудай, жаңыдан дүйнөгө келген балдардын колдоочусу. Умай (иранча-хума) эзелки ирандыктардан (перстерден) түрк урууларына тараган мифологиялык ыйык Кудай - эне. Жагалмай - байыркы адамдардын кыялында Көк Теңир менен Жаратkандын жана анын колуктусу болгон Жер эне кудайынын ортосундагы байланышчы, кабарчы милдеткерлигин аткарган. Бир эле мезгилде жагалмай ак шамандын «жардамчы духуна» айланып, ал эми бубен болсо жагалмай алгыр кушунун элесин чагылдырган. Жагалмайдын элеси түшүрүлгөн белгилер Түштүк Сибирь (Хакасия, Тува, Алтай), Монголия, Кыргызстандын аймагындагы байыркы эстеликтерде көп жолугат.

**Жагдан** (иран тилинде «ягдан» - кийим салуучу үкөк) - сандыктын бир түрү. Ал керектөөгө жараша ар кандай көлөмдө жана формада жасалат. Сыртынан булгаары же шири менен капталып, чегеленип жасалган. Жагдандын алтын-күмүш бөрктүү мык менен жыш оюу салынып жасалган кымбат балуу кооз түрлөрү да колдонулган.

**Жады** - малга чөп, саман (бакал), пая кыркып берүү үчүн колдонулуучу чарба шайманы. Жады айыл жерлеринде бүгүнкү күнү да кеңири колдонулат.

**Жазуу** - кептин (речтин) катталышы. Ал речтин тигил же бул элементин туюнтуучу графикалык белгилердин жана сүрөттөрдүн жардамы аркылуу ишке ашат. Кайсы элди албайлы, бардыгынын тең жазуусу бири-биринен туруктуу белгилери, бирдей формасы менен айырмаланган өзүнчө системаны түзөт. Жазуу белгилердин формасына карата эмес, маанисине, речтин кайсыл элементтеринин (бүтүндөй маалыматтын, жеке сөздүн, муундун же тыбыштын) белги аркылуу туюнтулуп жатканына карата түркүмдөштүрүлөт. Ушул негизден дүйнөдө жазуунун 4 тиби бар экени аныкталган: пиктографиялык жазуу, идеографиялык жазуу, муун жазуусу жана тыбыш жазуусу. Пиктографиялык жазуу - жазуунун эң байыркысы. Анда туюнтма катары бүтүндөй бир кабар билдирүүчү сүрөттөр (пиктограммалар) колдонулган. Идеографиялык жазуунун жазма белгиси бүтүн бир сөздү же анын таанымал бөлүгүн туюнтат. Мунун эң байыркы системалары төмөнкүлөр болгон: египет жазуусу (б.з.ч. IV миң жылдыктын 2-жарымынан тарта), шумер жазуусу (б.з.ч. IV миң жылдыктын 2-жарымынан тарта), шумерлерде өркүндөгөн клинопистин түрлөрү, байыркы хинди жазуусу (б.з.ч. 3-миң жылдан тарта), крит жазуусу (б.з.ч. III миң жылдык менен II миң жылдыктын башынан тарта), кытай жазуусу (б.з.ч. II миң жылдыктан тарта), Борбордук Америка жана Мексиканын байыркы элдеринин жазуу системалары ж.б. Азыр идеографиялык жазууну кытайлар гана колдонушат. Муун жазуусунун белгилери аркылуу жеке-жеке муундар белгиленет. Бул жазууну көбүнчө сөздөрүндө муун саны аз тилдер урунат. Клинопистин идеографиялык муун жазуу системасы б.з.ч. 3-2 кк. крит муун жазуусу б.з.ч. III миң жылдыкта келип чыгат. Кийин кытай иеороглификасына кошумча иретинде муун жазуунун жаңы түрлөрү чык- кан. Алар япон муун жазуусу (б.з.8-к.) жана корей лигатуралык системасы кунмун (б.з. 15-к.). Азыркы мезгилде муун жазуусу Индияда (мисалы, деванагари), Японияда, Эфиопияда  Кореяда колдонулат. Тыбыш жазуусунун белгилери жеке-жеке тыбыштарды туюнтат. Жазуунун бул түрү - үнсүз тыбыш жазуусу (мында үнсүз тыбыштар гана көрсөтүлөт) жана вокалдык-тыбыштык

жазуу (мындагы белгилер үндүү-үнсүз экөөнү тең билдирет) катары маалым. Үндүү тыбыш жазуусун сөздөрүнүн уңгусу көбүнчө үнсүз тыбыштан куралган элдер урунат. Нукура тыбыш жазууну батыш семит уруулары ойлоп табышкан (Финикия жазуусу). Бул жазуу башка жазуулардын кыйла жөнөкөй формада болгондуктан, тез эле дүйнөнүн көп элдерине таралган. Финикия жазуусунун таасиринде чыгышта арамей жазуусу (б.з.ч. I миң жылдыкта), кийин еврей, араб (б.з. 6-к. чендеринде), уйгур, монгол, манжур жазуулары калыптанган. Грузин, армян жазуулары да (б.з. I миң жылдыгы) финикия жазмасынын таасиринде жаралган деген пикирлер бар. Батышта Финикиянын таасири менен грек жазуусу (жазма даректери б.з.ч. 7-к. таандык), грек жазуусунун таасиринде латын жазуусу, славян кириллицасы түзүлгөн.

**Жайлоо** - жайкы конуш, мал жайыты. Кыргыздар байыртадан горизонталдык жана вертикалдык абалда көчүп-конуп жүрүшкөн. Кыргызстанда малга жагымдуу, тунук суулуу, көк шибер-туландуу, чымын-чиркей аз, салкын жайлоолор көп. Жайлоо ички жана сырткы болуп бөлүнөт. Ичкиге бөксө тоолордогу жайыттар, сырткыга алыскы бийик тоолуу жайыттар кирет. Жайлоонун чөбү күчтүүлүгүнөн мал бат эттенет жана чыңалат. Жайлоо тилкелерге бөлүнүп, мал кезектештирилип жайылат. Анын оту бетеге, тулаң, шыбак ж.б. Кыргызстандын жайлоолору деңиз деңгээлинен 2500-3000 м. бийиктиктен орун алган. Бийик тоо арасы төр, ат жайлоо делет. Алардын оттуулугу бирдей эмес. Ат жайлоодон башка бийик тоолорго кой, бөксөлөргө уй менен жылкы жаюу сунуш кылынат. Республикада Аксай, Алай, Арпа, Суусамыр, Соңкөл ж.б. мыкты жайлоолор бар.

**Жайыт** - мал жайылуучу жер аянты. Ал табигый жана жасалма болуп экиге бөлүнөт. Табигый жайытта жапайы чөп, кээде эңгилчек, караган, бадал ж.б. өсөт. Жасалма эгилме жайытта көп жылдык жана бир жылдык дандуу өсүмдүк аралашмасы айдалат. Жайыт арзан жана баалуу көк тоюттун негизги булагы. Талаа зоналарында, бийик тоолуу райондордо мал жайытка 5-9 айга чейин, айрым учурларда жыл бою асыралат. Жайыт ордуна, өсүмдүктүн түрүнө жана чарбалык маанисине карата жаздоо, жайлоо, күздөө, кыштоо болуп айырмаланат.

**Жайытта мал багуучулук** - мал багуунунун бир формасы. Өз алдынча чарбалык-маданий тип. Алдыңкы Азиядан Жер Ортолук деңизинин аймактарына чейинки созулган тоо кыркалары, алардын кеңири өрөөндөрү эң байыртадан жайытта мал багуунун баштапкы областтары болуп эсептелет. Малчылыктын таралуусу, анын чектери түндүккө карай азыркы Германиянын аймактарына чейин жетет. Ал жердин жаратылыш шарты азыр да малды жайытта багууга мүмкүнчүлүк берет. Жер Ортолук деңизинин түштүгүндө (Түндүк Африка, Жакынкы Чыгыш) алыскы жайытта мал багуу көбүнчө жарым көчмөнчүлүк жана тоо көчмөнчүлүгү түрүндө жүргүзүлөт. Алыскы жайытта мал багуунунун «классикалык формасын» Балканда, Италияда жана Иберия жарым аралдарында кезиктиребиз. Ылайыктуу келген экологиялык шарттарда алыскы жайытта мал багуу Кавказда, Индияда, Афганистанда, Орто Азияда жолугат. Алыскы жайытта мал багуунун белгилери: алыска айдоого жарактуу мал, биринчи кезекте кой багышат. Короодо кармап багуу колдонулбайт, мал жыл бою жайытта кармалат. Жаздан күзгө чейин тоолуу жайыттарда, суук мезгилде өрөөндөгү жайыттарда багылат. Мал бир жайыттан экинчи жайытка дайыма которулуп жайылып турат, кээде ал бир эле маршрут менен жүргүзүлөт жана мамлекеттердин чек арасын кесип өтөт. Малды айдоонун өтө жооптуу мезгили жазгы жана жайкы жайытка алып чыгуу, суук мезгил башталарда өрөөнгө түшүрүү эсептелет. Ошентип, вертикалдык көчүү алыскы жайытта мал багуунун айырмалоочу белгиси. Мал багууда алыскы жайыт системасынын өзгөрүп турууучу формалары кеңири жолугат. Алардын баарын тең классификациялоо мүмкүн эмес, анын үстүнө кээде

мал горизонталдык жайыттарга гана айдалары маалым. Мал багуу үй-бүлөдөгү эркектерге же жалданма малчыга тапшырылган. Мал дыйкан чарбасынын бир бөлүгүнө айланган. 20-к. тартып алыскы мал багууну арендаторлор, ишкерлер да жүргүзө баштады. Рыноктук шартта кой этин даярдоо, аны өзгөчө, күзүндө тез сатып өткөрүүнү талап кылат. Бул рыноктук мүнөздөгү жаңы өндүрүштүк жана чарбалык формалардын пайда болушу менен да шартталгандыгы белгилүү. Испания менен Италияда жайытта багылуучу мал үстөмдүк кылуучулардын менчиги болгон жана алар 18-к. чейин жүндү сатуудан, экспорттоодон көп пайда табышкан. Мезгил-мезгили менен дыйканчылык-мал чарбачылык комплексиндеги тең салмактуулук бузулуп турган. Өлүм жазасына тартуу коркунучунун астында жерди айдоого тыюу салынган жана жайыт катары пайдаланылган.

Жайытта мал багуу Евразиянын неолиттик маданияттарында башталган чарбанын байыркы формасы. Ал үчүн дыйканчылык болуш керек жана ал чөйрөнүн ыңгайлуу шарттарын пайдаланууга жараша көп мал кармоого мүмкүнчүлүк берет. Өзүнүн классикалык формасында жайытка мал багуу көчмөнчүлүктөн жана альпы чарбасынан айырмаланат, бирок стационардык малчылыктан көчмөнчүлүккө жана альпы чарбасына өтмө форманы элестетет. Чоң аймактарда бир эле маршрут менен жайыттарды бат алмаштырбай айдап отурукташкан дыйкандар менен тыгыз байланышка алып келген, ал өз кезегинде көптөгөн маданий жаңылыктарды, башка этностордун тилин кабыл алууга алып келген. Ошого байланыштуу жайытта мал багуу этногенез процессинде да чоң роль ойногон.

**Жайташ -** аба ырайынын өзгөрүшүнө таасир кылуучу магиялык күчкө ээ таш. Коомдук өнүгүштүн алгачкы баскычтарындагы, анын өнүгүү этаптарындагы адам баласынын жаратылыштын кубулуштарынын сырын билип, аны баш ийдирүүгө жасаган аракеттеринен улам келип чыккан. Бул ишеним андан соңку шаман дининде бир кыйла өнүгүүгө ээ болгон. Жайташка магиялык күч катары ишенүү башка түрк-монгол элдеринде кенен таралган.

**Жайчы.** Термин кыргыздардын байыркы мифологиялык түшүнүктөрүнө карата келип чыккан. «Жайчы» жайташтын жардамы менен аба ырайын өзгөртүп жиберүүчү сыйкырчы. Жайташ - абарайынын өзгөрүшүнө таасир кылуучу магиялык күчкө ээ таш. Коомдук өнүгүштүн алгачкы баскычтарында адам табияттын сырын билип, баш ийдирүүгө кылган аракетинен келип чыккан. Мифологиялык термин байыркы түрк доорунан белгилүү; «jadci» - байыркы кыргыз (түрк) тилинде «сыйкырчы» маанисин туюнткан. Бул сөз Орто Азия чөлкөмүнөн табылган таштагы орто кылымдык несториандык жазууларда да бар экендигин аныкталган. Жайчылык салт түрк-монгол урууларында кенен таралганын фарсы тарыхчысы Рашид ад-Дин (14-к.) жана кытай авторлорунун эмгектеринен байкоого болот. Жайташ моңголдордо «жада», «яда», казактарда - «жайтас», якуттарда - «сата» деп аталып, сыйкырдуу магиялык күчкө ээ таш катары сүрөттөлөт. Байыркы кыргыздардын ишениминде жайташ көбүнчө койдун же уйдун карынынан табылган. Мифтик мындай ишенимди дүйнө элдеринин оозеки чыгармаларында кеңири кездешкен суунун ээси жылан ажыдаар болуп эсептелген белгилүү салттык сюжеттин бир элеси, көрүнүшү катары кароого болот. Жайчылык өнөргө «Манас» эпосундагы оң каарман Алмамбет ээ болгондугу дастанда кенен чагылдырылган. Эпосто жайчынын чагылдырылышы табияттын ар кандай кубулуштарынын ички сырларын үйрөнүүгө, табийгатты адамдын эркине баш ийдирүүгө болгон ой-мүдөө болуп эсептелет. «Яда» термини (фонетикалык өзгөргөн формасы) Авестадагы «yatu» (сыйкырчылык), жаңы фарси тилиндеги «jadu» сөзү менен параллель кароого болот. Бул Ирандын байыркы түрктөргө (кыргыздарга) тийгизген таасирин

аныктайт. Этноним кыргыздардын байыркы шамандык түшүнүктөрүн чагылдырары шексиз. Туваларда өзгөчө «чат» деген ташы бар шаманды «чатчы хам» деп аташкан. Бул таштын жардамы менен тува шаманы коркунучтуу кырсыктарды жарата алган экен. Маселен, тувалар күчтүү шамандарды «чат» ташынын жардамы менен душмандарга каршы мөндүрдү, бороон-чапкынды жарата алышат деп түшүнүшкөн. Мындай маанидеги шамандык түшүнүктөрдү кыргыз эпосторунан да кезиктирүүгө болот.

***Ад.:** «Манас». Энциклопедия. Т.I., Б.: 1995; Каратаев О.К. Кыргыз этнонимдер сөздүгү. Б.: 2003.*

**Жал** — кыргыздын чүйгүн тамактарынын бири. Бир элиден ашык казысы бар семиз жылкылардан гана жал чыгат. Жал жылкынын казы, карта, карынына окшош жегиликтүү келип, сый тамактарга гана тартылат.

**Жалдалы** - соода кылуу процессинде сатуучуга кардар же кардарга сатуучу таап берип, алардын соодалашуусуна кийлигишкен базар адамы. Жалдалы мазмуну жана аткарган функциясы жагынан далдалчыга абдан жакын. Адатта жалдап өзү товар өндүрбөйт жана товар алып сатпайт. Негизинен мал ж.б. чарба буюмдары менен дүң соодага кийлигишип, ким жана кайсы жерде эмне сатарын же сатып алаарын алдын ала билип ала алган. Кардар кайрылганда аны дароо сатуучуга жиберген же, тескеринче, сатуучуга кардарды тапкан. Жалдалы мындай кызматы үчүн эки тараптан тең белгилүү өлчөмдө акча же мал түрүндө ширинкана алган. Жалдалы жекече соода-сатык ишинде алуучунун да, сатуучунун да ишин тездеткен. Бүгүнкү рыноктук экономикада жана жашоо турмушунда жалдалынын аткарган функциясы актуалдуу болууда.

**Жамак** - даяр ыр (көбүнчө жети-сегиз, он-он бир муундуу) үлгүсүндө чыгарылуучу байыртадан келаткан импровизациялоо формасы. Жамактын терминологиялык так мааниси жок, анткени кыргызда ырдын синоними катары, ыр жолдорун ритмика, рифма ж.б. жактарынан белгилүү бир поэтикалык формага келтирүүчү көркөм курал катары колдонула берет.

**Жамбы** (кытайча юан - уюткан, бао - баалуу) - койдун, жылкынын ж.б. малдын туягынын формасындагы ар түрдүү көлөмдө жана ар кандай салмакта уютулган күмүш. Айрым даректерде «ям- бао» деп да аталып жүрөт. Кытай бийликтери тарабынан (өзгөчө, Циндик Кытайдын тушунда, 1644-1912-жж.) көчмөн элдер менен болгон соода үчүн атайын киргизилген акча бирдиги катары кабыл алынган. Жамбы 18-к. кийин кенен тарала баштаган. Кыргыздар аны уютулуп жасалган формасына карата «бөйрөк», «туяк», «тай туяк» деп аташкан.

**Жамбы атуу** - кыргыздын эзелки элдик оюндарынын биринин аталышы. Учуна 3-4 м. туура жыгач бекитилген 10-15 м. узундуктагы шыргый тикесинен орнотулган. Бийиктиги туура жыгачтын ар кайсы жерине ар түрдүү чоңдуктагы бир же бир нече жамбы атайын илип коюлган. Адатта, мелдеш учурунда атууга ыңгайсыз болсун үчүн, чоң жамбы, эң кичине кыйыкка, кичине жамбыны жазыраак кыйыкка байлашкан. Аларды мыкты мергендер жөө туруп (100 м), атчан (50 м) же чаап баратып атышкан. Жамбы илинген кыйыкты ким кыя атып түшүрсө, жамбыны ошол киши алган. Жамбы атуу башка улуттук оюндар сыяктуу эле чоң аш- тойлордо, салтанаттарда уюштурулган. Жамбы атууда жаа, милтелүү мылтык колдонулган. Жамбы атуу ж.б. элдик спорттук оюндарда кыргыздын болочок жоокерлери аскердик, мергенчилик зор такшалуудан өтүшкөн.

**Жан** - адамдын ички дүйнөсү жөнүндө өзгөрүп туруучу тарыхый көз караштарды билдирүүчү, ошол эле динде, философия менен психологияда денеге көз каранды болбогон өзгөчө субстанция (негиз) жөнүндөгү түшүнүк. Жан адамдын денесинде жашап, уктаганда же өлгөндө көздөн кайым болуп кетет деген анимисттик түшүнүктөн келип чыккан. Мындай диний көз караш кыргыздарда да байыртадан кеңири тарагандыгы маалым.

**Жаназа** (жаназа окуу, жаназа түшүрүү) - бул дүйнөдөн көзү өткөн маркум менен коштошор алды окулат. Шарият боюнча маркумду жаназа окулгандан кийин гана акыркы сапарга узатууга болот. Жаназаны билимдүү молдо окуйт.

**Жандыкты союу.** Кыргыз баласы үчүн конок тосхондо, түрдүү маарекелерде жандык союу жазылбаган мыйзам. Кыргыздарда жандыктарды союунун кылымдар бою калыптанган ыкмасы бар. Кой- эчкини союу менен бодо малдарды (жылкы, уй, топоз, төө) союунун айырмалары, жалпы окшоштуктары бар. Мисалы, кой келген конокко кыбылага каратылып, туура тартылат, бата тиленет (бата ар кандай дилде берилет). Койду кыбыланы баштап жыгат да, төрт буту илмектеле буулуп, келме келтирип мууздалат. Малдын терисин сыйруу кол-бутун жиреөдөн башталат. Моюн, ич аркылуу арткы буттары жирелип, керчөө чыгарылат (айрым учурда терисин бузбоо үчүн керчөөнү чыгарбай коюшат). Терини муштап сыйруу кол- буттун колтугунан алынат. Ар бир шыйрак мууналып кесилип, териси таза сыйрылат. Төштүн оң тарабынан ичин жирөө зарыл. Мында төш эти менен төштүн чурайын карчыганын бүлкүлдөгүнө оодарбай теңдеп, бири-бирине өткөрбөй чыгарылат. Төштүн бир жак каптал этин алган соң, имерип, карын майын сыйрып, жумуру майына анча тийбей, карынды кесип, ичиндегилери төгүлөт, өпкө-боорун алып, кызыл өңгөчтөн жини чыкпасы үчүн анын ортосунан бууп коёт. Колкодон кекиртеги менен өпкө-боору суурулат. Өтү чебер алынат, жүрөгү тилинет. Ал суу менен таза жуулуп, ала баканга кыстарылат. Ичегилери өзүнчө табакка салынып, ичеги-карын артуучулардын колуна өтөт. Ага муздак суу куюп алышат, бат жана таза артуу үчүн. Бөйрөк майынан кийин ички канды өзүнчө куюп алса ал быжыга керектелет. Түктүү сандарды ажыратуу башталат. Бул «санын-сан, колун-кол кылуу» деген түшүнүктү берет. Колун бузуу үчүн кара кабыргадан бешти бөлүп, каржиликти илмектеи кабырга менен кармап, акырек аркылуу бычакты жиретип, моюн этин калтырып, кабыргаларды бычактын учу менен этиеттеп сөгөт. Ошондо койдун бир колу чыгат. Анда каржилик, күң жилик, далы, боконо, кара кабыргалар болот. Экинчи колду сөгүүдө ушул жол кайталанат. Санды чыгарууда көтөн чучукту оюп алып, аны менен бирге табарсыкты, жатынды сыйрыйт. Мында эки жамбаштын ашташкан жерин чыгарып, куймулчактын чети аркылуу өтүп, жото жиликке карчыганын бүлкүлдөгүн калтырбай кармап омкорот. Ошондо сан экиге ажырайт да, куймулчак карчыгада калат. Аны түбүнөн кесип алат. Карчыга чыгаруу - анын эки канатын кыр арканын эки тарабындагы этти түбүнөн алат. Ал үчүн карчыганын кабыргаларын бычактын учу менен сөгөт. Анан кыр арка муунактала бөлүнүп, жетим аркадан ажырайт. Моюн арка моюн менен бир болот. Эт бузуу - чийки эттерди он эки мүчөгө бөлүү. Жиликтөө: казанга салууга даярдоо. Мында да касапчынын чеберчилиги билинет. Ал жиликтердин эттерин бири-бирине ооштурбайт. Ар бир мүчөнүн өзү бөлүнө турган оңтойлору бар. Эт бузуу колдон башталат. Абалы каржилик, күң жилик, далы ойдогудай алынганда боконо менен кара кабыргалар калат. Сан жиликтерден биринчи жото жилик кашка жиликтен, жамбаш кашка жиликтен ажыратылат. Моюндан моюн арка ажыратылып, кийин моюндун эти менен сөөктөн кесилип, моюн менен бирге болот. Баш моюндан санды чыгарган соң кесилет.

***Ад.:** Акматалиев А. Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү. Б, 2002. 67-б.*

**Жанчымал** - бир нече кошундудан жасалган кургак тамак. Жанчымал жаңгактын данегине жүгөрүнүн дүмбүлү, кээде акталган тарую кошулуп жанчылып жасалат.

**Жаңылмач** - элдик фольклордогу күлкүлүү чакан жанр. Тыбыштардын окшоштугу жаңылмачтын композициялык принциби болуп саналат. Жаңылмач айтылышы үндөш тыбыштардан турган сөз тизмектеринен атайын курулуп, жаш муундарды өз эне тилинде так жана уккулуктуу сүйлөөгө, көркөм сөздү кастарлоого тарбиялайт.

**Жапайычылык** - Л.Моргандын классификациясы боюнча адам- зат тарыхынын өнүгүүсүнүн алгачкы этабы. Азыркы көз караш боюнча жапайычылык антропогенез жана уруулук түзүлүштүн баштапкы мезгилин (археологияда - палеолит жана мезолит) камтыйт. Бул мезгилде адам баласы тарабынан таштан эмгек куралдары жасалган, ташты иштетүү технологиясы ачылган, карапачылык өздөштүрүлгөн, от тутандыруунун жана пайдалануунун түрдүү жолдору табылган.

**Жапаров А.З.** (1958-ж. туулган) - этнограф, тарых илимдеринин кандидаты. Кыргыз Мамлекеттик университетинин тарых факультетин (1985-ж.) бүтүргөн. 1985-1988-жж. Тоң районунун Кызылтуу орто мектебинде мугалим болуп иштеген. 1988-ж. баштап Кыргыз ССР ИА Тарых институтунда иштөөгө өткөн. Учурда КР УИА аталган институтунда улук илимий кызматкер. Илимий эмгектери кыргыздардын салттуу мал-чарбачылыгына, ага байланыштуу ырым-жырымдарга арналган. «Кыргыздардын салттуу мал- чарбачылыгы жана социалдык уюму» деген темада кандидаттык диссертация жактаган, 30дан ашык илимий, илимий-популярдуу макалалардын автору.

**Жапкак** - аңчы карды жиребей, анын үстүңкү бети менен басуусу үчүн иштелип чыккан атайын жасалга. Аңчынын аягынын ээлеген аянты канчалык кенен болсо, басым ошончолук аз болуп, кар үстүндө турууга мүмкүнчүлүк болгон. Жапкактын көлөмү аңчынын бут кийиминин таманынан беш-алты эсе чоң жасалган.

**Жаргак** - жүнү жыдытылып, ашатылып, ийленген тери. Жаргак кой-эчки, кийиктин терисинен жасалып, көбүнчө супура катары урунулган. Жаргак менен өтүк (маасынын essential кончу), кол кап, жабдык ичтелген, андан кийим да (шым, бешмант ж.б.) тигилген.

**Жаргылчак** - дандан талкан, угут тартуу үчүн беттеме таштан жасалган чакан кол тегирмен. Жаргылчак кыргыздарда байыртадан колдонулуп келет. Жаргылчактын астыңкы жалпак ташы тегеренбейт, анын так ортосундагы көзөнөгүнө кагылган катуу жыгач же темир шимеги болот. Ал шимек жаргылчактын үстүнкү ташынын ортосуна кирип, аны бир окто айлантып турат. Тартылчу дан шимектүү көзөнөккө ууч менен салынат. Жаргылчактын үстүнкү бетинин бир жак четиндеги көзөнөгүнө кагылган жыгач туткасы аркылуу кол менен айландырылат. Жаргылчак кыргыздардын чарбасында кенен колдонулган. Кыргыз жаргылчактары, тегирмендери жөнүндө уламыштар Энесай кыргыздарынын урпактары хакастарда бүгүнкү күнү да айтылып келери маалым. Темирден атайын жасалган жаргылчактар да кенен тарала баштаган.

**Жардык, жарнама** - б.з. 5-6-кылымдарынан тартып кыргыз кагандары чыгарган жазма буйруктардын (грамоталардын) жалпы аталышы. Бул термин орус тилине «ярлык» деген формада өткөн. Жардык тигил же бул аймакты башкаруу эрежелери, аскер топтоо, согуш ачуу, жол салуу же чеп-сепил куруу ж.б. маселелер жөнүндөгү хандардын буйруктары, чечимдери, бүтүмдөрү жазылып, аймак башкаруучуларына жана калайыкка маалым кылынган. Бул термин Алтын Ордо, Ногой ордосунда, Тимурийлер мамлекетинде кенен колдонулгандыгы маалым.

**Жар көрүшүү** - кыргыздын байыркы салттарынын бири, колукту менен жигиттин алгачкы жүз көрүшүү каадасы. Куда түшкөндөн кийин болочок күйөө кайын журтуна колуктусун көргөнү барган. Кыз-күйөө көрүшүп жатканда күйөө жолдош кыздын жеңелерине камдалган белектерди тараткан.

**Жарма** - кыргыздын байыркы улуттук суюк түрдөгү тамак- ашынын бири. Ал арпа, буудай жана жүгөрү талкандан, акшактан же акталган таруу менен коноктон жасалат. Эл арасында жарманын бир катар түрлөрү бар. Ысык сууга талкан (же акшак) чалып, туз татытып, бышырып, илеби кайтканда айран, эзилген курут же сүзмө катыктаса катыктуу жарма аталып, ысык же муздак ичилет. Катыксыз жалаң талкандан жасалса, ал кара жарма деп аталат. Сүткө акшак салып, суу

кайтарып бышырса, сүт жарма, нак сорпого жасалса, сорпо жарма делет. Бул экөө тең ысык ичилет. Жарма көп учурда куурулушуна жана кайсыл эгиндин түрүнөн жасалышына карата таруу жарма, буудай жарма ж.б. деп да бөлүнөт. Жарманын көрөңгөгө куюлуп, азыраак ун чалынып ачытылганы ачкыл же максым суусундугу катары ичилет. Жарма адамга жагымдуу, пайдалуу, аш болумдуу тамак. Аны жыл бою ичсе болот.

**Жарчы** - байыртадан кыргыз кагандарынын, мамлекеттик чоң чиновниктердин, жергиликтүү башка башкаруучулардын буйругун, жарлыгын элге жарыялап жеткирген киши, кагандын амирин аткаруучу. Жарчы аш, той, байге, улак ж.б. оюндар башталарда, анын тартиби, жүрүшү, мезгили, көрсөтүлүүчү оюндун түрү, байгеси жөнүндө жарыя кылат. Жарчы адатта ырдап, жамактап, кээде гана кара сөз менен кайрылган. Кийинчерээк жарчынын милдетин көбүнчө ырчылар аткарып, ошондон улам аш-тойго байланыштуу айтылган жарыя кээде көркөм чыгармага да айланып кеткен. Жарчы өз доорунда катнаш, байланыш жасоо жагынан чоң коомдук маанидеги милдеттерди аткарган.

**Жасоол** - кыргыз коомундагы кагандын, мамлекеттик башкаруучу өкүлдөрүнүн буйругун, чечимин аткарган адам. Байыркы кыргыздардын бул мамлекеттик башкаруу иерархиясындагы кызмат титулу Энесай кыргыздарында 18-к. баш чендерине чейин жашап келди. Жасоол кызматтык титулу орустарга «есаул» формасында өтүп, орус армиясында 20-к. баш чендерине чейин жашап келди.

**Жатакчы** - 20-к. биринчи чейрегине, жапырт коллективдештирүү саясатына чейин көчмөн кыргыз жамаатындагы малы жок, колунда жоктор жайлоого көчө албай, жай айларында кыштоодо калган. Колунда жок кедей-жатакчылар коомдогу социалдык катмар же топ катары 19-к. экинчи жарымында кыргыздар Россияга каратылгандан кийинки айрым коомдук-экономикалык өзгөрүүлөрдүн натыйжасында пайда болгон. Малчылык менен күн өткөрүүгө мүмкүнчүлүгү жоктуктан, жатакчылар адегенде дыйканчылык менен оокат кылууга, андан соң отурукташууга өтө баштакан.

**Жашынмак** - кыргыз коомунда кенен тараган балдардын оюну. Жашынмакты бир топ бала ойнойт. Айыл жерлеринде жашынмакты кечинде да ойношот.

**Жаш курактык класстар** — жаш курактагы топтор, жаш курактагы баскычтар, алгачкы общиналык коомго мүнөздүү эркектер менен аялдардын өздөрүнө тиешелүү укук жана милдеттери бар жеке жаш курактагы категорияларга бөлүнүшү. Көбүнчө төрт курактан бөлүшөт: балдар, улан-кыздар, чоңдор, карылар. Биринчи топтон экинчи топко өтүү өтө маанилүү болгон. Бул мезгилде балдарды уруктун мүчөсү катары турмушка даярдоо, инициация өткөрүлөт. Айрым коомдордо, өзгөчө Чыгыш Африкада, жаш курактык класстар өз аты, уюму, жол башчылары бар эркектердин өмүр бою жашай турган бирикмесине өсүп чыккан; балдар төрөлгөндө эле бирикмеге бекитилет, белгилүү бир убакыт өткөндө бир баскычтан кийинки баскычка өтүп турат. Эмгектин аял-эркектердин, балдар менен чоңдордун арасында бөлүнүшүнүн натыйжасында пайда болуп, жаш курактык класстар алгачкы коомдо өкүм сүргөн, калдыктары таптык коомдордо да сакталып калган. Мисалы, Батыш Европа, Кавказ, Орто Азия ж.б.

**Жебе** - жаанын огу. Алыска атылуучу эң байыркы ок. Жебе табылгы, шилби, ыргай, кайыңга окшогон катуу жыгачтан жасалган. Байыркы кыргыздар ным тартпасын үчүн жебенин учун жез, коло, коргошун, темирден жасашып, анын аягына бүркүттүн канатчаларынан байлап коюшкан. Археологдор кыргыздар жебенин 25 түрүн пайдалангандыктарын белгилешет. Ал кыргыз тилинде колок же кыма деп аталат. Азыркы хакас тилинде Энесай кыргыздарынын жебелеринин 10 аталышы сакталып калган. Жебенин учтарын жасоодо кыргыз усталары өз мезгилинин эң жогорку технологиясын пайдаланышкан.

Кыргыз жебелери айлануу траекториясы менен учуп, абдан түз тийгендиги менен айырмаланган. Кыргыз кагандарынын атайын буйругу астында кыштымдар Саян тоолорунан «казырган» деген дарактын талдарын жыйнап тапшырышкан. Бул дарактын талдарынан эң алыска атылуучу атактуу кыргыз жебелери жасалган. Алтайлыктар кыргыздарга узундугу бир аршин келген 20 тал тапшырууга милдеттүү болушкан. Бул жебелер калың зоотту тешип өткөн. Кыргыздарда атайын максаттагы «сыргы» деп аталган «ышкырык» чыгаруучу жебелер болгон. Ромбик сымал жебенин учуна эки көзөнөгү бар сөөк орнотулган. Бул жебелер беттешүүгө даяр жоокерлердин үстү аркылуу атылып, алардын аскердик рухун көтөргөн. Ошол эле учурда, каршыда турган душмандын үрөйүн учурган. «Ок-саадакка» кыргыздарда өзгөчө мамиле болгон. Ошондуктан кыргыз жоокерлеринин баары тең өз курал-жарагы, анын ичинде жаа-жебеси менен кошо коюлган. Бул аркы дүйнөдө да кызмат өтөйт деген ишеничти жараткан. Сакралдуу мааниге ээ болгон жебе минген жылкы менен наркы барабар келгендиги айтылат.

Кыргыз уулдуу болсо, уруу башчысы ага наристе үчүн үч жебе тартуулаган. Бул урууда жоокер төрөлдү дегенди туюнткан. Эгер уулу согушта курман болсо, анда өз энеси анын мүрзөсүнө сөөгү менен үч жебени кошо көмдүргөн. Бул аркы дүйнөдө бул жебелер душмандарын өлтүрсүн, өч алсын дегенди түшүндүргөн. Кыргыздар согуш жарыялаарда жебелерди атайын чабарман (элчи) аркылуу жөнөтүшкөн. Элчинин колундагы жебе кыргыздар тарабынан согуш жүрүшү болорун туюнткан. Кыргыздар жаа атуунун эң жогорку чеберчилигине ээ болушкан. Душманга кол салганда кыргыз жоокерлери бир учурда жаадан эки жебе менен атышкандыгы белгилүү.

**Жебрейил** - исламдагы негизги периштенин бири. Ислам done дининде Кудай менен пайгамбардын ортосунда элчилик кылгандыгы айтылат.

**Жедигер** - оң канаттагы ири уруу. Элдик санжыранын маалыматтарында Койлондон кооз жедигер уруусу келип чыгаары баяндалат. Сайф ад-Дин Аксикендинин «Мажму ат-Таварихинде» жедигерлер Тагай баатырдын Кулан (Койлон) деген уулунан тараары жазылган. «Манас» дастанынын дээрлик бүт варианттарында кыргыз урууларынын бири катары чагылдырылат. Мындан сырткары, кыргыз санжыраларында Жедигер аттуу Астрахан ханы жөнүндө баян айтылган. 1549-жылы Казань шаары Едигенин тукуму Жедигер тарабынан басып алынганы маалым. Акыркы мисал кыргыздардын этностук тарыхында, этогенезинде таасирлүү орунду ээлеген «ногайлы» доорун чагылдырат. Этностук аталыштың параллелдери казактардан «жедигер», лакайлардан «жадыгер» формаларында кездешет. Параллелдер жана айрым фольклордук ж.б. маалыматтар жедигерлердин орто кылымдардагы печенег, кыпчак тилдүү этностук чөйрө менен байланышын чагылдырат. Мисалы, кооз (жедигер) «кууз» «гууз» «окуз» «огуз» уз. Ошону менен бирге, этнонимди байыркы «игдер» (игдер) уруусунун энчилүү аты менен параллель кароого болот. Болжолу, жедигер этнониминин баштапкы формасы «жети игдер» же «жети игдер урууларынын бирикмеси, союзу» дегенди аныкташы ыктымал. «Жети игдер» «жетигер» жети иг(д)ер «жедигер» - байыркы этностук аталыштын фонетикалык айрым өзгөргөн формасы болуусу мүмкүн. Игдирлер араб графикалуу тарыхый булактарда байыркы огуз-түркмөн урууларынын бири катары түрдүү фонетикалык варианттарда чагылдырылат. Махмуд Кашгари «Сөздүктө» огуздардын курамындагы игдер уруусун анын энчилүү эн тамгасы менен бирге, ал эми Рашид ад-Дин - «йигдер», Абул Гази Бахадур хан - «икдур» формаларында эскеришет. Аталган булактардын айрымдарында Игдир Огуз кагандын небереси, Деңиз хандын уулу катары айтылат. Изилдөөчүлөр этнонимди «негиздүү», «таза кандуу» маанилеринде чечмелеп жүрүшөт.

***Ад.:*** *Абул Гази. Родословное древо тюрков (пер. и предсл. Г.С.Саблукова). -Казань, 1906; Кошгарий Махмуд. Девону лугат ит-тюрк. Индекс-словарь. -Ташкент, 1967; Рашид ад-Дин. Сборник летописей. Т.I. Кн.I. -М., 1952.*

**Жезде** - эженин күйөөсүнүн анын сиңдилерине, инилерине карата аталышы. Кайын эженин, тай эженин, аяш эженин күйөөсү да жезде делет. Мурун жезде аялы каза болгон учурда балдызына никелешүүгө укуктуу болгон.

**Жез тумшук (жез тырмак, жез кемпир)** - кыргыз элинин кереметтүү жомокторундагы салттуу терс каармандардын бири. Жез тумшук кадимки адам түспөлүндө болуп, адамча сүйлөйт, өзү каалагандай кубулат, тумшугу, тырмагы курч (болоттон, жезден). Жез тумшук адам жүрбөгөн алыскы жайлардан жолугат. Адамдар амалкөйлүк менен Жез тумшукту өлтүрүп, тумшугун, тырмактарын керектөө үчүн кесип алат. Жез тумшук, жез тырмак жөнүндөгү түшүнүк энесайлык кыргыздардын урпактары болгон хакастардын, тувалар жана шорлордун элдик оозеки чыгармаларында сакталып келет.

**Жезит** — (ар. Йезид) Мухаммед пайгамбардын жээни, күйөө баласы Азирети Алинин уулу (Пайгамбардын кызы Фатима Азирети Алиге турмушка чыккан) имам Хусейинди Кербаланын чөлүндө (азыркы Ирак) үй бүлөсү менен суусатып өлтүргөн башкаруучунун аты. Уламышта дал ошол киши өлтүргүч Йезид итке айланып, эки кулагын салпылдатып, суу издеп азыр да ошол Кербаланын чөлүндө кыямат кайымга чейин жүрөт имиш деп айтылат. Кыргыздар канкор адамды Жезит деп аташары белгилүү.

**Желдең** - баргы, бугу урууларынын курамдарындагы уруктар. Кыргыз таануучулар желдең уруусу менен хакастардагы «чилдег» сөөгүнүн (уругу) түз этногенетикалык байланышына токтолушат. Хакастардын курамындагы «чилдег» сөөгү теги жагынан кыргыздарга өтө жакындыгы аныкталган качин-хакастардын курамына кирет. «Чилдег» сөөгү хакас тарыхый фольклорунда желден, шамалдан туулган баладан тарагандыгын баяндайт. Хакас мифологиясындагы Чилдег хан шамандын кожоюну катары чагылдырылат. Этностук аталыштын экинчи компоненти -денг/-денг кеттердин (самодий урук-тары) «адам», «киши» деген сөзүн түшүндүрөт. Хакас этнографы, профессор В.Я.Бутанаев «кыргыздардын курамында кет (самодий) этнокомпоненттеринин болушу, теңиртоолук кыргыздардын мекени Энесай чөлкөмү деген теориянын тууралыгынын далилдерин» белгилеп келет. Эзелки замандардан адамдар от, суу, жер менен катар абага, өзгөчө шаманга да ыйык күч катары сыйынып келишкенин шаман дининен байкоого болот. Алтай шаманизминде шамал (жел) жаратылыштын күчүн чагылдырган, ритуал учурунда шамандар бороон-шамалды, жөнөкөй эле желди чакырышкан. Шаман ритуал процессинде бубендин, байланган тал-чөптүн, кездеменин кесиндилери менен бирге кыймылдап, алардын жардамы менен жасалма түрдө айланган желди (шамал) пайда кылышкан. Ушул желдин (шамалдын) көмөгү менен шаман өзүн колдоочу духтар менен баарлашкан.

***Ад.:*** *Бутанаев В.Я. Этническая история хакасов XVII-XIX вв. - М.: 1990; Бутанаев ВЛ.Хакасско-русский историко-этнографический словарь. - Абакан, 2001;*

**Желдет** - өткөн коомдордогу мамлекеттик түзүлүштөрдө уруп-согуу, кыйноо менен өлүм жазасын ишке ашырган киши. Кыргыздарда бул сөз ырайымсыз терс каармандарга карата да айтылып келет.

**Желдик** - каптырга ээр-токумдун бир бөлүгү. Ал тердиктин Үстүнө коюлуп, ээрдин эки капталына токулат. Желдик ээрдин эки капталына кынала өлчөлүп, бир нече катталып катуу шырылган кийиз менен жасалат. Анын сыртына көбүнчө булгаары капталат. Желдик бири-бирине эки кайыш менен кошоктолуп, ээрден башка болот.

**Желе** — 1. Кулун байлоого ылайыкталып тартылган жоон аркан. Желе кыл менен аралаштырылган жүндөн жоон эшилип үч- төрт кабатталып чыйратылат. Узуну кулундун санына жана керектөөгө ылайык 15-25 м жетет. Желенин эки учу эки жоон казыкка байланат. Бир желеге 16-22 чейин кулун байланат. 2. Ил- бээсин (аң) кармаш үчүн жиптен чыйратылган же кылдан жасалган аңчылык куралы. Бул кылтак желе, тузак желе деп аталган. Желе 5-6 же 10-15 көздүү жасалат. Ал көбүнчө кекилик, чил, каракур, бактек жана жапайы көгүчкөн, айрым учурда уларга урунар жерге коюлган. 3. Катуу жыгачтан, сөөктөн, темирден, болоттон жасалган бөрү тил кайрымак байланган балык кармоочу курал. Анын боосу да кылдат кабатталып жасалган. Кайырмак жок кезде желени суу түбүнө тартып балык кармашкан. Желенин кылдарынын учуна түрдүү кайырмактарды байлап коюшкан. Муну да желе деп аташкан. Желеде 20-50 чейин кайырмак болот.

**Желмаян** - төөнүн күлүгү. Кыргыздарда төө жогорку урмат- сыйга ээ болгон. Карахандар мамлекетинин жогорку тотеми буура (төө) болгондугу маалым. Желмаян ботологондо кыргыздар сүйүнчүлөп жентек беришчү дешет. Желмаян төө адам сыяктуу эле ботосу өлсө же жоголсо кайгы тартууга, ал эмес жоктоого жөндөмдүү деп эсептешкен.

**Желпилдек** - келин алгачкы ирет күйөөнүн босогосун аттаарда жүзүн бекитип кире турган жапкыч. Үйгө киреpде келин оң колун маңдайына, сол колун бооруна алып үч ирет жүгүнөт. Үчүнчү ирет жүгүнгөндөн кийин кадыр-барктуу деп эсептелген, көп балалуу аксакал жигиттин ата-энесинин өтүнүчү боюнча желпилдекти алып, келиндин жүзүн ачат.

**Жеңкетай** — болочок келин боло турган кызды алганы келгенде же күйөөлөгөн учурда күйөө жана күйөө жолдоштору тарабынан кыздын жеңелерине берилүүчү акча, түрдүү белек-бечкектер.

**Жентек** - наристе төрөлгөндөгү той. Ата-эне, туугандар бул тойго күн мурунтан даярданып, сары жана кошкон майын, курутун, таттуу жер-жемишин камдаган. Жентек тойдун өзгөчөлүгү башка тойлордон айырмаланып белгилүү бир күнгө чакырылган эмес. Бала төрөлүп ат коюлуп, оозантылган сааттан тартып келген адамдарга жентек берилген. Балалуу болгон адамдын жакындарын бала төрөлгөнүн кабарлап көбүнчө жаштар, балдар сүйүнчүлөп барышкан. Сүйүнчү айтылган жана жентек жегени келген адам биринчи иретте көрүмдүк берип, андан соң баланы көргөн. Жентек той аяктаарында балалуу болгондор менен алышып-беришип жүргөндөр наристеге кийим, буюм, мал энчилөө менен жентектешкен. Наристе жентек тоюнан баштап өзүнчө атка, тууган-урукка, буюм-тайым, кийим, малга ээ аталып, кадимкидей адам катарына кирген.

**Жеңе** - өзүнөн улуу эркек туугандарынын, уруулаш жакындарынын аялдарына ини-карындаштарынын урматтап, тергеп кайрылуусу. Кыз менен жигитти тааныштырып, сүйлөштүргөн келин да жеңе деп аталган.

**Жеңил музыка** - кыргыз музыка өнөрүндөгү кабыл алууга элпек, негизинен көңүл көтөрүүгө арналган оюн-зоок музыкасы. Мазмуну менен обону жөнөкөй, обону үйрөнүүгө оңой. Жеңил музыканын негизги жанрларына марш, чакан увертюра, сюита, рапсодия, курама күү (попурри), оперетта, балет темаларына жазылган фантазия, эстрадалык обондор, обондуу ырлар менен романстардын айрым түрлөрү кирет. Жеңил музыканын айрым белгилери А.Моцарт, Ф. Шуберт өңдүү композиторлордун чыгармаларында болгон. 19-к. И. Ланер, Оффенбах жана ата-бала Штраустар жеңил музыканын классикалык үлгүлөрүн жаратышкан. Жеңил музыка азыркы күндүн музыкасында маанилүү орунду ээлейт. Жеңил музыканын бир тармагы - жаз. Жеңил музыка учурдагы кыргыз музыка өнөрүнөн өз ордун таап, өзүнчө музыкалык шоу багыт катары өнүгүү абалында. Бул багыт өзгөчө эркиндиктин соңку жылдарында өнүгүү жолунда.

www.bizdin.kg

**Жер алды** - эзелки диний-мифологиялык түшүнүктөрдүн негизинде пайда болгон түшүнүк. Байыркы жашоочулардын түшүнүгүндө жер жүзү үч кабаттан турган: биринчи кабаты - асман, кудайлар өлкөсү; экинчиси - жердин үстүңкү бети, адамдар жашаган дүйнө; үчүнчүсү - жер алдындагы дүйнө, өлүктөр Дүйнөсү. Бул дүйнө алтайлыктардын ж.б. элдердин мифологиясында «Улген» деп аталары маалым. Бул тигил дүйнө деген маанини аныктаган. Саян-Алтай элдери сыяктуу эле кыргыз дастандарында (Эр Төштүк ж.б.) жердин алды деген түшүнүк кеңири чагылдырылган. Бул диний-мифологиялык түшүнүк өтө архаикалык мүнөзгө ээ.

**Жер-сууга багыштап кудайы** (түлөө) өткөрүү — кыргызда байыртадан келе жаткан, жаратылыштын кубулуштарына арналып, атайын өткөрүлгөн элдик салт. Жер-суунун (суу, мазар ж.б.) атына майда жандыкты (кой, эчки ж.б.) курмандыкка чалып өткөрүлгөн диний ырым-жырым. Бул диний салт тотемизмге байланыштуу келип чыккан жана адамзаттын алгачкы сыйынуу формаларынын бири болгон. Кыргызда жаз келип чөп чыга баштаганда ар бир айыл өзүнчө карысынан жашына чейин суу башына же мазарга, мүрзөгө жакын жерге чогулушуп, мал-жандын аман болушун, жер көгөрүп чөп чыксын дешип тилек кылышып, ала барган мал жандыгын жер-сууга арнап союшкан. Жут жүрсө, мал-жандан чыгаша кетсе, жаратылыштын кырсыктары болсо да жер-суу таюу (кудайы өткөрүү) ырымын жасашкан.

**Жер төлө** — тереңдетип казылып салынган жер там. Анын тереңдиги киши бою, төрт бурчтуу же тегерек формада казылып, кырына эки катар чым тизилген, ага туура жоон жыгач устун коюлуп, эки тарабына туурасынан шырык салынган; үстүнө чырпык, куурай ташталып, андан соң топурак менен бастырылган. Жарык кириш үчүн, коломтодон жагылган оттун түтүнү чыгып кетүүсү үчүн жер төлөнүн үстүңкү жагынан тешик калтырышкан. Оозун боз үйдүн эшиги менен жаап, ал болбосо жөн эле эски кийиздер менен далдалап коюшкан. Жер төлөөдө кишилер кыштын чилде убагында гана жашашкан.

**Жети.** «Жети» - кыргыздарда жана Евразиянын башка калктарында, араб элдеринде (семит элдери) эзелтеден ыйык маанини туюндуруп келген сан, санак. Ыйык сан Саян-Алтайдагы, Монголиядагы байыркы кыргыз, түрк рун сымал жазууларда да эскерилери маалым. Күл Тегиндин эстелигинде анын (ханзада Күлтегин) жылдын он жетинчи күнүндө, кырк жети жашында көз жумгандыгы, жыйырма жетинчи күнү жерге коюлуп, эстелик жетинчи айдын жыйырма жетисинде тургузулгандыгы баяндалат. Кыргыздарда да эзелтеден жети атаны билүү, бабалардын арбактарын урматтоо салты сакталып келет. Ал эми алтайлыктарда жети атадан кийинки бабалардын атын атоого табу (тыюу) салынган ж.б. Жети - символикалык ыйык санды, тагыраак айтканда, уруу союзун, бирикмелердин да аталышын аныктап келет. 11-к. автор фарси Гардизи 8-9-кк. Ибн Хордадбек, Джейхани ибн-Мукаффалардын маалыматтарына таянып, кимактар жөнүндөгү төмөнкү уламышты кагаз бетине түшүргөн: «Шад дегенге оболу жети киши, андан соң жети жүз киши өз уруу жетекчилери менен келишти, алар: имек (йемек), татар, кыпчак, ланиказ, ажад, ими». Байыркы кимак-кыпчак уруулук бирикмеси жети уруудан турган. Тувадагы байыркы кыргыздарга таандык Төр Апа Ичреки аттуу атактуу жоокерге арналып тургузулган эстеликте (9-10 кк.)«... жети бөрү өлтүрдүм...» - сыяктуу саптар бар. Бул атактуу жоокердин бир эле учурда шамандык (бакшылык) кызматты да аткаргандыгы баяндалган. «Жети бөрү» термини «жети баатыр», «жети уруу» дегенди билдирген. Буга бүгүнкү хакастардын курамындагы «чити пүүр» уругу (сөөгү) мисал боло алат.

**Жети ата** — ата, чоң ата, буба, баба, кубар, жете, жото.

**Жикилдер-чигилдер** байыркы түрк урууларынын бирикмеси. 8-10-кк. Карлук каганатына кирген. Ысыккөлдүн түштүк аймагы менен түндүк-чыгышын байырлаган чигилдердин бир бөлүгү Талас суусунун өрөөнүндө жашаган.

Чигилдер кыргыздар менен карым-катнашта турушкан, болжолу кыргыздардын бир этностук бөлүгү болушкан. Көчмөн мал чарбачылык, дыйканчылык менен кесиптенишип, соода-сатык ишин жигердүү жүргүзүшкөн. Шаарлары (Тоң суусунун өрөөнүндөгү шаар калдыгы; Барскан шаары), кыштактары болгон. Чигилдер Караханий мамлекетинин негизин түзүшкөн. Маалыматтар чигилдер карахан аскерлеринин орчундуу бөлүгүн түзүшкөндүктөрүн баяндайт. 19-к.биринчи жарымында жашап өткөн бугу уруусунун башкы бийи Боронбай өзүн чигилдердин урпактары экендигин белгилегендигин орус булактары баяндайт.

**Жин** — динде жана мифологияда адамдын жеке каалоосуна, жакшылык иштерге, ынтымакка, ырашкерликке ж.б. тоскоолдук кылуучу сыйкырдуу жан. Диний ишеним боюнча жиндер ар кыл формага өтүп кубула алчу касиеттерге ээ болушкан. Жин жөнүндөгү алгачкы түшүнүк исламга чейинки арабдардын эски мифологиясында пайда болуп, кийин ислам аркылуу башка элдерге кошо тараган.

**Жип** — жүндөн, кебезден, кылдан, кендир, зыгыр, жибек, жасалма булалардан ийрүү, чыйратып созуу же улоо жолу менен жазалган ар кандай узундуктагы чарбалык буюм. Кыргызда илгери жип негизинен жүн менен кебезден ийикте ийрилип жасалган. Учурда жип ийрүү жана аны жасоо өндүрүштүк жолго коюлуп, ар кандай узундукта, сапатта керектөөгө ылайык жасалат.

**Жихад, газават** - Ыйык Курандагы, мусулманчылыктагы жоболордун бири. Анда колуна курал кармоого жарактуу ар бир момун мусулман ислам үчүн коркунуч туулганда согушка аттануусу зарыл экендиги айтылат. Жихад көпчүлүк учурда тышкы душмандарга каршы көтөрүлүүдө чакырылат. 19-к. Шамилдин Түндүк Кавказдын мусулман калкын жихадка, газаватка көтөргөнү маалым. Соңку жаңы доордо Индонезияда колониячылдарга каршы, Афганистанда Совет аскерлерине каршы көпчүлүк эл газаватка, жихадка көтөрүлүшкөндүгү маалым.

Жоктоо - кыргыздын элдик салт ырларынын бир түрү. Мазмуну жагынан кошокко жакын. Жоктоо көбүнчө көзү өткөн маркумдун сөөгүнүн үстүндө болбой калган жакыны, тууганы тарабынан айтылып, жоктоо аркылуу келген адам өлгөн адамга карата өз кайгысын, күйүтүн билдирет. Жоктоодо маркумдун бул жалгандагы (дүйнөдөгү) турмуштагы өмүрү, орду, кесиби, кулк-мүнөзү айтылат.

**Жол башчылык** — алгачкы коомдун бузулушу тереңдеген мезгилдеги социалдык-экономикалык уюмдун, ириде бийликти уюштуруунун формасы. Экономикалык жактан артыкбаш азык-түлүктүн пайда болушу, анын бир бөлүгүн уруу башчыларынын ээлеп алып, бир бөлүгүн коомдун муктаждыгына жумшашы менен мүнөздөлөт. Социалдык жактан алганда уруу төбөлдөрү бөлүнүп чыгат, алар коомдун ресурстарын көзөмөлдөйт, коомдук жумуштарды уюштурат, согушта кол башчылык кылышат жана диний жөрөлгөлөрдү өткөрүүнү башкарат; общинанын катардагы мүчөлөрүн, согуш туткундарын, экономикалык жактан чабал община мүчөлөрүн көзөмөлгө алат. Бийликтин уюштурулушу үчүн типтүү нерсе - көпчүлүк учурда башкаруучу урукка тиешелүү болгон мурасталуучу жол башчылардын институтка айланган бийлиги жана эки- төрт баскычтуу иерархия. Жол башчылыкта үстөмдүк төбөлдөрдүн ар кайсы топторуна: эски урук-уруу төбөлдөрүнө, алар көп учурда аскердик жана дин кызматчынын функциясын да аткарышат; жигиттер менен курчалган жаңы аскердик жол башчыларга, кээде мурдагы төбөлдөрдү артка сүргөн дин кызматчыларга таандык болушу мүмкүн. Көпчүлүк учурда жол башчылыкка жетишүү үчүн аталган төбөлдүк топтордун айыгышкан күрөшү мүнөздүү- жол башчылык сакралдык (жол башчыларга сыйынуу) (полинезиялыктар, Тропикалык Африканын көпчүлүк уруулары) да, сакралдык эмес да (Түндүк Американын түндүк-батыш жээгинин индейлери) болушу мүмкүн. Жол башчылыкта көп учурда бийлик аскердик мүнөздө болот (бир катар банту элдеринде, Афразиянын ымдуу зоналарындагы малчыларда).

Маданият жагынан алганда, жол башчылык маданияттын элдик жана элита маданияты болуп бөлүнүшүнүн алгачкы этабын көрсөтөт. Этностук жактан алганда, жол башчылык уруулар биримдиги менен дал келиши мүмкүн жана ал эрте этносоциалдык организмдердин, баарынан мурда, уруулар союздарынын консолидациясына көмөктөшүшү мүмкүн. Жол башчылык эрте мамлекетке өсүп чыгышы да мүмкүн.

**Жолдош сурамай —** жаштар оюну. Жаштар тобу бир кыз, бир уландан уй мүйүз тартып олтурушат. Оюн башчысы адегенде олтургандар менен болуучу оюндун шартын (10-15 сап ыр 3-5 жаңылмач ж.б.) макулдашат да, улан-кыздарга: «Кимге жолдош керек?» - деп кайрылат. Алар мага дешип кол көтөрүшөт. Оюн башчысы олтургандардын бирөөнө: «Сага ким керек?» - дегенде каалаганын кыз же жигиттин жубу жолдошумду алаар болсоң ырдагын же баланча шап бергин дегендей шарт коет. Жолдош сураган кыз же жигит шартты аткарса, каалаган кишисин жанына отургузуп алат. Суралган жигиттин же кыздын жанындагысы бербейм десе, жолдош сураганы ага шарт коет. Эгер талап кылынган шарт аткарылса, жанындагы жолдошун эч кимге бербей алып калат. Бул оюн жаштарды ырдай билүүгө, так сүйлөөгө, баамчыл болууга тарбиялап, ар кимисинин өзү каалаган курбусу менен таанышуусуна шарт түзгөн.

**Жолум үй** - көлөмү кичирээк келген, жеңил боз үй. Жолум үй көбүнчө үч канат кереге, ага тете ууктардын санынан, түндүктөн турат. Айрым жерлерде жолум үй кереге, түндүксүз эле ууктан узунураак таяктардын бир учу жерге сайылып, түндүк ордуна бир кулачтай ичке талдын эки башы бириктирилип, көк менен байланып тигилет. Ал түндүк сымал тегерек талдын арасы баштан аяк кыл жип менен ачык оролот. Жерге сайылган таякчалардын экинчи учу оролгон жиптерге киргизилип, үстүнө эски үзүк же таар жабылат. Жолум үйдү жылкычы-малчылар, сапарга чыккандар, согушка аттанган жоокерлер урунган. Аталышы айтып тургандай, жолум үйдүн көчмөн шартта жашаган кыргыздардын турмушундагы ролу зор болгон.

**Жомок —** кыргыздын элдик оозеки чыгармачылыгындагы эң байыркы жанрларынын бири, кара сөз түрүндө айтылган, жазылган оозеки аңгемелер. Жомок байыркы кыргыз коомунун жашоосун, материалдык жана руханий маданиятын, чарбасын, алакаларын, эстетикалык-көркөм табиттерин, кошуна ж.б. элдер менен байланыштарын чагылдырган оозеки булак болуп эсептелет. Жомоктун айрым элементтери алгачкы жамааттык (общиналык) коомдук түзүлүштүн учурунда эле пайда болуп, мезгилдин өтүшү, доорлордун алмашуусу менен өсүп-өнүгүп олтурган. Жомок оозеки чыгарылып, муундан-муунга оозеки таралып, берилип келген. Жомокто элдин өткөн доорлордогу жашоо образы, кесиби, турмуш шарты, каада-салты, социалдык абалы, тиричилиги, келечек жөнүндөгү ой-тилеги баяндалат. Бирок жомоктордо ойдон чыгарылган апыртма окуялар да арбын кездешет. Жомокко каарман болуп адам эле эмес өңчөй айбанаттар дүйнөсү, ал тургай жансыз кишилер деле кире берет. Алардын баары адамча сүйлөп, адамча ой жүгүртөт. Турмуштук жомоктор, эң байыркылары айбанаттар жөнүндөгү жана кереметтүү жомоктор. Айрым жомоктор магиялык, мифтик, тотемдик түшүнүктөрдү чагылдырган. Мындан сырткары, атадан балага, муундан муунга айтылып келе жаткан мурас катары жомок эне тилдин өнүгүшүн, коомдук ой-пикирлердин калыптанышын, менталитетти, каада-салтты, расмий жөрөлгөлөрдү чагылдырган баалуу булак болуп эсептелет.

**«Жоодарбешим»** - кыргыз элинин баатырдык дастаны. «Жоодарбешим» айтылуу «Эр Төштүк» эпосунун түздөн-түз уландысы катары белгилүү. Дастандын баш каарманы Жоодарбешим - Төштүктүн уулу. Анда Эр Төштүктүн ишке ашпай калган максаты - кара күчтүн символу болгон Чоюн алптын кекчил баласы Темир алптын өлтүрүлүшү баяндалат.

**Жору** - оң канаттагы адигине уруулук тобуна кирген теги байыркы ири уруу. Уруунун аталышы кыргыздардын эзелки тотемисттик ишенимдерине байланыштуу келип чыккан. Бул уруунун өкүлдөрү Каракулжа, Алай, Өзгөн, Ноокат, Карасуу, Чыгыш Түркстандын (КЭР) аймактарын эзелтеден байырлап келишет. Негизги уруктары: ай тамга, ача тамга, кожо, тасма, беш абышка, калдай, жакып, элчибек, чайчы, котурак, барак, ийрек, теңизбай, эсепке, кучкач, калча, каракунас, булаш ж.б.

**Жумабаев Бектемир Миталипович,** 1960-ж. Чоң Алайдын Даробоorкоргон айылында туулган. КМУнун тарых бөлүмүн аяктаган.

Тарых илимдеринин кандидаты. 18-20-кк. Памир-Алай кыргыздарынын саясий-экономикалык тарыхы, чарбалык уклады, уруулук курамы жана алардын локализациясы, каада-салттары, диний ишенимдери жана жөрөлгөлөрү ж.б. боюнча адис-изилдөөчү. Памир-Алай кыргыздарынын материалдык жана руханий маданияты боюнча бир катар илимий эмгектердин автору. Архивдик ж.б. бай маалыматтардын негизинде бул аймактын кыргыздарынын салттуу маданияты, анын ичинен каада-салттары, диний жөрөлгөлөрү, турак-жайы, тамак-аштары, кийим-кечеси, элдик майрамдары, чарбалык уклады, уруулук курамы жана генеалогиялык ажырымы боюнча иликтөөлөрдү жүргүзүп келет. Автордун «Кыргызстан глазами русских путешественников в 19-в», 1999; «Орус окумуштуулары кыргыз этнографиясы жөнүндө», 1999; «Свен Гедин жана кыргыз этнографиясы», 2001; «Памир-Алай кыргыздарынын кыскача тарыхы», 2004 ж.б. эмгектери белгилүү.

**Жупка** - буудай ундун ачыбаган камырынан жасалган кыргыздын байыркы оокаттарынын бири. Анын чабаты, челпек, сүртмө, катырма сыяктуу түрлөрү бар. Аталгандардын баарында жасалышы же бышырылышы жагынан болсун окшоштук жана жалпылык бар. Ошентсе да, ар бири өзүнчө жасалып жана аталып келген. Алардын түрлөрү: жупка, чабаты, челпек, май челпек, чүрөк, сүртмө, катырма.

**Жуучу** - кызга куда түшүүгө, анын ата-энесинин, жакын тууган-туушкандарынын макулдугун алуу үчүн баруучу атайын өкүл. Салт боюнча жуучулукка келин алуучу ата-эне жана алардын жакын кишилери эмес, көбүнчө айыл же уруу аксакалдары барган. Бул болочок кудаларды жана алардын элин терең урматтоо дегенди туюнткан. Жуучу оң жооп алып келгенден кийин гана баланын ата-энеси болочок кудаларына барып, кудалашунуун шарттарын макулдашышкан. Жуучулук кыргыздын эң байыркы салттарынан болот.

**Жуушаң** (шуйшаң, жуйшаң) - койдун жүнүн кыркуучу кайчы сымал курал. Сапаттуу, курч темирден, узун, ичке, эки жаактуу формада жасалат. Анын жаактарынын ички жак бети курч миздүү, жүндү аралап киргидей учтуу, сабы колго ыңгайлуу болсун үчүн жумуруланган.

**Желмаян** - ат башына катылчу жабдык. Кыргызда жүгөндүн өрмө жана кайыштан жасалган түрү болгон. Өрмө жүгөн ичке тал-тал тилинген кайыштардан 5, 7, 13 өрүм өрүлгөн. Кайыма же кайыш жүгөн эки элидей жазы тилинген же кат кайыштан четтери ичке көк, тарамыш же кайыш менен кайылып жасалган. Өрмө - жүгөн эркек киши минген атка катылган. Негизинен, кайыш жүгөн күмүш, жез ж.б. менен коосдолгон.

**Жүгүнүү** - кыргыздын байыркы этикет салттарынын бири. Эки колун бооруна алып бир-эки жолу ийиле эңкейип, таазим эткен көөнө салт. Келин кайын журтунун (кайын ата-энесине, кайын ага- жеңелерине, кайын эже-жезделерине) жакын тууган-туушкандарына жаңы келген учурда учурашуу иретинде күнүгө бир жолу жүгүнүүгө милдеттүү болот. Жүгүнткөн улуу кишилер ага алик алган жооп катары алкоо айтышкан. Күйөө бала биринчи жолу келгенде кайын

журтунун үстүнө жүгүнүп кирген. Жүгүнүү - улууларды, тууган- урукту урматтап, сыйлаган байыркы салттардын бири.

**Жүз аарчы** - тазалык максатында пайдаланылуучу кол жоолук. Жүз аарчыларынын беттери саймаланылып жана жээктери коооздолуп жасалып, элдик колдонмо (прикладдык) искусство буюмдарына кирет. Кыргыздын кыз-келиндеринин саймачылыгы жана уздугу жүз аарчы жасоодон башталган. Жүз аарчы узундугу, туурасы 20-30 см болуп кээ бир учурда андан да чоңураак көлөмдө болгон. Жүз аарчы ак же түстүү жука кездемелерден, жибектен жасалган. Анын кырка четинин 2-3 элидей жери, бурчтары ар кыл саймалар менен көркөмдөлүп, жээктери тордолуп, чачыланып, кээде майда шуру, бермет бастырылып коооздолгон. Айрым жүз аарчылар кооз жасалып, узчулукту, жеке чыгармачылыкты да чагылдырган. Кыргыз кыз-келиндери өз урматын, сыйын, аброюн, ал тургай сырдаштык сезимдерин билдирген белек буюм катары жигиттерге тартуулашкан. Жүз аарчыны эл ичинде дастромол, кол жоолук, бет аарчы деп аташат.

**Жүз башы** - түрк-монгол аскер системасындагы аскердик топтун (жүздүк) жетекчиси. Ал жүз жоокерден турган аскер тобун башкарган. Байыркы түрк доорунан белгилүү болгон аскердик башкаруу системасын 13-к. монголдор кабыл алышкан. Бул аскердик системаны кийинчерээк казак-орустар, регулярдуу орус армиясы (сотня, сотник) үйрөнүшкөн.

**Жүк** - түрмөктөлө бүктөлүп, төргө жыйылган ала кийиз, жууркан-төшөк, жаздыктар. Кыргыздын боз үйүнүн, кыш менен кыналып тургузулган тамынын бир капшытынан экинчи капшытына чейинки бүт төрдү жүк ээлейт. Жүктүн алдына оймо-чиймелүү кооз сандык коюлган. Сандык этеги кере карыш чачылуу, кызыл, көк же жашыл сайма баркыт менен жабылган. Кыргыздар отурукташууга өткөндө жүк там үйдүн төрдөгү атайын жасалган текчесине (мерап), сандыктын ж.б. үстүнө жыйыла баштаган. Жүк экинчи бир маанисинде бир жерден экинчи жерге ташыла турган нерсе, буюм, таңылган ж.б. үй оокаттарын туюнтат.

**Жүк санаар —** сепке берилгендердин эсебин алуучу киши. Ага тойго катышып олтурган ардактуу аксакалдардын бири тандалып алынат. Ал өргөөдөгү септин эсебин алганча өргөөнүн сыртында күйөө баланын ата-энесинин достору алып келген мыкты деп эсептелген жылкы же төө байланып турат. Санап бүткөндөн кийин жылкы (төө) колуктунун атасына тартууланган, ал эми жүк санаар аксакал сепке түшкөн буюмдардын арасынан мыкты жылкыга тете деп эсептеген буюмду тандап алган.

**Жүн сабоо** - жип ийрүү, аркан эшүү, кийиз жасоо, жууркан- төшөк каптоо иштеринин башталышы, анын алгачкы этабы.

**Жыгач уста** - жыгачтан түрдүү буюм жасай билген уста, чебер. Жыгач уста кыргыздарда жыгаччы, түндүкчү, ээрчи, кырмачы, тактайчы, эшик-терезечи, комузчу ж.б. болуп бөлүнөт. Жыгаччылар боз үйдүн жыгачтарын, эшик, ээр, айырмач, кырмачылар - аяк, табак, чөмүч, тепши, челек, чыны кап, кашык, соку, сокбилек, ийик, эшик-терезечи - бүгүнкү кыш менен курулган тамдардын эшигин, терезесин, ички жана сырткы жасалгаларын, сөрү, тактачы-сандык, жагдан, жабан, бешик, үкөк, ийик, чарпая; комузчулар комуз, кыяк, чоор, добулбас ж.б. жасашкан. Бул буюмдарды жасоого арча, кайың, терек, жаңгак, тал, өрүк, табылгы ж.б. жыгачтар пайдаланылган. Жыгач устанын негизги куралдарына балта, теше, араа, керки, бай теше, чот, бычак, ийди, аткы, көзөөч ж.б. кирет. Жыгыч усталардын өз шакирттери болгон. Мыкты усталардын жасаган буюмдары жасалуу ыкмалары, өзгөчөлүгү, сапаты жагынан айырмаланган.

Жыгач жеткир - күйөө баланын атасы тарабынан даярдалган боз үйдүн сөөгүн колуктунун айылына жеткирүү салты. Аны кой эти боорсок ж.б. татымалдар менен күйөө бала жана анын ата- энеси коштоп барган.

**Жыгач ооз комуз** - кыргыздын улуттук музыкалык аспабы. Көбүнчө сары жыгач, жылгын, шилби, ыргай жыгачтарынын сызгычтай жукартылып, ортосунан өзүнөн тил чыгарылып жасалат.

**Жыйноочулук** - алгачкы жамааттык (общиналык) коомдогу адам баласынын ишмердүүлүгүнүн эң байыркы формасы. Жыйноочулук адам баласынын күндөлүк жашоо турмушундагы негизги, чечүүчү ишмердүүлүк болгон. Бул коомдо жашаган адам баласы күндөлүк тамак-аш үчүн жапайы өскөн желе турган тамырларды, жер-жемиштерди, мөмөлөрдү, балды ж.б. жыйнашкан. Жыйноочулук алгачкы жамааттык (общиналык) коомдо аңчылык, балыкчылык менен кошо өнүгүп, ошол доордогу чарбанын бирдиктүү комплексин түзгөн. Эмгектин коомдук жана табигый бөлүнүшүнө байланыштуу жыйноочулук аялдардын, балдардын шыбагасы болгон. Жыйноочулукта атайын куралдар колдонулган. Кээде өсүмдүк азыктарын жыйноо бир кыйла татаал формада да жүргүзүлгөн. Өсүмдүктөрдүн көп болуп өсүшүң камсыз кылуу үчүн жаандуу сезон башталар алдында аларды өрттөшкөн, жапайы өсүмдүктөрдү сугарышкан. Андан соң, эмгектин коомдук бөлүнүүсүнүн андан аркы өнүгүүсүнүн натыйжасында жыйноочулуктан дыйканчылык бөлүнүп чыккан. Кийинчерээк жыйноочулук экинчи даражадагы ишмердүүлүккө айланып калган. Учурда Түштүк Американын (Бразилия) Амазон суу бассейнинин аймагында жыйноочулук менен кесиптенген индей уруулары табылууда.

**Жыйын** - кыргыз коомундагы тиешелүү жооптуу адамдардын мамлекеттик деңгээлдеги, уруу аксакалдарынын, эл башкаруучулардын, бийлердин чогулушу. Байыркы жана орто кылымдардагы Энесай кыргыздарынын коомунда чоң жыйындар курултай деп аталган. Бул курултайларга 300дөн ашуун кыргыз өкүлдөрү катыша тургандыгын орус ж.б. жазма булактар тастыктайт. Мамлекеттик деңгээлде өткөрүлгөн курултайларда (жыйындарда) мамлекеттин ички жана тышкы саясаты, согуш жана тынчтык маселеси, негизги көйгөйлүү маселелер, экономикалык-чарбалык маселелер каралчу. Ал эми айылдык, уруулук жыйындарда белгилүү бир аймакта жашаган элдин аласа-бересе, доо, чыр-чатак, арыз ж.б. маселелери каралган жана чечилген. Жыйынга доосу, арыз- муңу бар адамдар да катыша алган. Жыйындын болуш жыйыны, айыл жыйыны деген түрлөрү болгон. Болуш жыйынынын милдети ошол аймактагы кызмат адамдарын шайлоо, жер жагынан чыр-чатакты чечүү, жазалоо, салык мамилесин аныктоо, тактоо болгон. Ал эми айыл жыйынынын милдети айыл башчысын шайлоо, жайлоо жана кыштоо бөлүштүрүү ж.б. маселелерди караган. Кыргыз урууларынын уруу башчыларынын негизги жыйындары бардык (кырк уруу) кыргыз уруулары жайлоого чыккан Каркырада өткөн. Жыйында эртеңки жана болочок саясат, кошуналар менен мамиле, көчүүнүн багыттары, согуш жана тынчтык маселелери каралган.

**Жыл ажыраш** - кыргыздын байыркы календары боюнча эски жыл бүтүп, жаңы жыл келди деген күнү аткарылуучу салттык ырым-жырымдар. Ал «эски жыл ажырады, жаңы жыл жалгады» деп айтылат. Жыл ажыраш күн-түн теңелген мезгилге, 18-20-марттарга туура келет. Кыргыздын байыркы илим-билими боюнча, жаңы жыл асман мейкиндигинен Балык жылдыз көрүнгөндө же 20сынан 21-мартка оогон түнү келери айтылат. Бул календардагы таң каларлык тактыкты кыргыздар эч кандай асман приборлорусуз эле тактап коюшкан. Бул маалыматтар кытай жыл баяндарында айтылгандыгы белгилүү. Жыл ажыраш мезгилинде кыргыздар көк арчаны, чекендини, бүчүрдү күйгүзүп, үй-бүлөнү, малды жана үй ичин аластайт, ошондой эле жаңырган жылда мал-жандын, эл-журттун эсен-аман, тынч, кырсыктан тышкары жана эгин тегиндин берекелүү болушун тилеп, Кудайга, жер-суу, тоо-ташка сыйынышкан, арпадан, буудайдан көжө жасап, сууга агызышкан. Үй-бүлө, кошуна, урук-туугандары менен ичишкен.

Бул түнү дөбөлөргө от жагышып, жарык кылышкан. От адамды жана аны ички дүйнөсүн тазартат деген ишеничте болушкан. Эртеси күнү жалпы элдик майрам уюштурулуп, байге, улак, эңиш, башка ат оюндары, аскер оюндары, балбан күрөш ж.б. уюштурулган.

**Жыл сүрүү** - бир мүчөл (12 жыл) ичиндеги мезгилдин эсептелиниши жана мүчөлдүн жылдары боюнча кишинин канча жашта экендигин, кайсы жылы туулгандыгын, белгилүү бир окуянын качан болгондугун аныктоо, эсептөө. Мүчөлдүн жылдары боюнча кишинин канча жашта экендигин, кайсы жылы туулгандыгын, белгилүү бир окуянын качан болгондугу эсептелип, такталат. Жыл сүрүү кыргыз коомунда жана анын өнүгүү этаптарында байыркы (5-13 -кк.) доордон эле белгилүү. Кытай жыл баяндары (6-10-кк.) кыргыздарда кытайлардан айырмаланган, жан-жаныбарлардын аталыштарына байланышкан жыл сүрүү, өздөрүнө таандык календары бар экендигин так кабарлаган. Жылдар айбанаттардын аты менен аталып, акыркысы бүткөндөн кийин кайра баштан эсептеле берет жана он экиси бир мүчөлдү түзөт. Жыл сүрүү төмөндөгүдөй тартипте эсептелет: 1) чычкан, 2) уй, 3) барс, 4) коён, 5) улуу, 6) жылан, 7) жылкы, 8) кой, 9) мечин, 10) тоок, 11) ит, 12) доңуз. Кытай жыл баяндары (7-10 кк.) кыргыздар жыл сүрүүдө ар бир жылды жаныбарлардын аталышы менен аташарын эскерет. Жыл сүрүү ар бир он эки жылда кайрадан кайталанып турат. Адамдын төрөлгөнүн, анын жашын кыргыздар жыл сүрүүгө карата эсептеп чыгышкан. Биринчи мүчөл жаш 13 жаштан эсептелген, анткени баланын курсакта жаткан мезгили да кошулган. Жыл сүрүүнүн аталыштары төмөндөгүдөй: чычкан, уй, барс, коён, улуу (ажыдаар, дракон), жылан, жылкы, кой, мечин (маймыл), тоок, ит, доңуз. Улуу - «Лу» кытай тилинде «ажыдаар» (дракон) дегенди туюнтат.

**Жылаажын** — кооздук үчүн жезден жасалып алтын, күмүш жалатылган кичинекей үн чыгаруучу тоголок коңгуроо. Жылаажынды кичинекей балдардын жакаларына, жаш кыздардын шуру, мончокторунун, келиндердин чач учтугунун ар кайсы жерине, кыз минүүчү атка катылган жүгөндүн сабагына же эки жаагына тагышкан. Кыз-келиндер кийүүчү бийик өкчөлүү өтүктүн такасын атайын көңдөйлөп, ага жылаажын орноткон. Аны кийип басканда уккулуктуу үн чыгат. Жылаажын айрым жерлерде зыңгырооч деп да аталган.

Жылкычы кой - кышында жылкыларды кыштоодон алыскы талааларда багып жүргөн колуктунун атасынын жылкычысы күйөө баланын айылына келип сурай турган кой. Салт боюнча күйөө баланын атасы ага кой же акча берген.

**Жылкычылык** — кыргыздын кыз узатуудагы салттарынын бири. Кыздын жана кызды алып кетип жаткан тараптын аттарын багып, ээрин токуп, аткарышкандардын акысы иретинде күйөө бала тарап кыздын инилерине, агаларына багыштап мал беришкен. Жылкычылыктын аз же көп болушу узатылып жаткан кыздын адамкерчилигинин, кадыр-баркынын күйөө тарабынан бааланышына жана күйөөнүн бардарлыгына жараша болгон. Узатуучу тараптын жигиттери жылкычылыкка ыраазы болушкан, күйөө, кудаларды бир кыйла жерге узатып чыгышкан. Ыраазы болушпаса, аттардын ооздуктарын салбай, үзөңгү боонун учун төнөлүгүнөн чыгарып, бир аз бастырган соң түшүп кеткидей кылып илештирип, көрпөчөнүн үстүңкү кабатына тикенек төшөп, басмайылды өтө бош тартып, эптеп аткарып жиберишкен. Мындай «сый» көрүү өтө уят, учу-кыйырга таркалчу шылдың болгондуктан, жылкычылыкка бөтөнчө көңүл бөлүнгөн.

**Жыртыш** - кездеменин жыртып алынган бөлүгү. Өлгөн кишинин сөөгүн алып чыгаарда аялдарга таркатылган. Карыган киши гана каза болгондо жыртыш берилген. Бул байыркы мезгилдерден калган салт. Байыркы кезде көп жашаган же өтө кадырман киши каза болгондо., аларга тиешелүү касиеттүү сапаттар көзү тирүүлөргө өтсүн деген ишеним менен алардын кийимин жыртып алып кетишкен.

**Жээн** - аялдын төркүнү тараптагылардын анын балдарына карата туугандык мамилесин билдирген атоо. Кыргызда жээндин колуктусу «жээн келин», жээн кыздын күйөөсү «жээн күйөө» деп аталат. Жээндердин балдары «жээнчер» деп аталат. Салт боюнча жээн бала бир тууган катары эсептелип, 3-4 ата өтө эле жакын таякелеринен кыз албай, өз кезегинде жээн кыз андай жакын туу- ган таякелерине турмушка чыккан эмес. Бул салт жээнчерлерге карата колдонулган эмес. Энесай кыргыздарынын урпактары болгон хакастарда жээн (хак. чен) тайлар тарабынан өтө урматталып, «баркы» (белек-бечкек) же белгилүү өлчөмдөгү, көлөмдөгү энчи бөлүп берүүгө милдеттүү болушкан. Кыргыздарда бүгүнкү күндө бул салттын айрым элементтери сакталып калган. Мисалы, торпок, тай, жылкы энчилөө ж.б. Бул салт энелик доордон бери уланып келе жатканын байкоого болот. Мунун параллелдерин бүгүнкү күндө түштүк алтайлыктардан, тувалардан, хакастардан да байкоого болот.

**Жээн аяк —** ашка, тойго келген жээнге тартылуучу атайын табак. Жээн аякты кармаган жээн андагы тамакты каалаган адамы менен бирге жеген, бул сыйга жооп иретинде ал той ээсине мал тартуулаган. Кийин малдын ордуна буюм, акчалай да берилген учурлар бар. Эгер тойдо бир нече жээн катышса, анда алар кеңешип туруп, жээн аякты келген коноктордун бирөөнө ыйгарышкан.

**Жээн келин** - жээндин аялынын тайлары тарабынан аталышы.

**Жээн күйөө** - жээн кыздын күйөөсү.

**Жээн кыз** - жээндин кызынын тайлар тарабынан аталышы.

**Жээнчер** - жээндин уулунун тайлар тарабынан аталышы.

## З

**Загряжский Г.С.** (туулган, өлгөн жылы белгисиз). Падышалык администрация кызматкери, Пишпек уездинин башкаруучусу, публицист. Кыргыздардын ичинде узак жылдар бою жашап, жергиликтүү калктын турмушун жакшы билген. Ал өз эмгектеринде эки маселеге өзгөчө токтолгон: 1. Кыргыз салттары; 2. Коомдук түзүлүшү жана укуктук-мыйзам нормалары. Г.С.Загряжский, өзгөчө кыргыздын боз үйү, курулушу, жана анын ички жасалгасы боюнча кызыктуу, так маалыматтарды жазган алгачкы иликтөөчүлөрдүн бири. Кыргыздардын күндөлүк турмушу, үй-бүлө мүчөлөрүнүн чарба жүргүзүүдө ж.б. милдеттери, улуттук оюн-зооктору, тамак-ашы, кийим-кечеси тууралуу кызыктуу этнографиялык маалыматтарды жазып калтырган.

**«Замана» — агымы, замана поэзиясы** - кыргыз ырчылар поэзиясында жана коомдук-саясий турмушунда өзгөчө ой-пикирлерди жараткан багыт. Заманчылар поэзиясы 19-к. пайда болуп, 20- кылымдын баш чендерине чейин жашап келген. Коммунисттер доорунда реакциячыл адабий-идеялык көрүнүш катары кабыл алынып куугунтуктоолорго дуушар болгон. Акын заманчылардын чыгармалары мектептерде, жогорку окуу жайларда окутууга, басмадан чыгарууга тыюу салынган. Элдин аң-сезимине тескери таасир бере турган, бай-манаптык идеологияда жазылган, мазмуну реакциячыл чыгармалар катары окуучуга жеткирилген эмес. Чыгармачылык иши негизинен 19-к жана 20-к. баш чендеринде өөрчүгөн кыргыз ырчылары «замана» деген ат менен көлөмдүү ырларды чыгарышкан. Мисалы, Калыгул Бай уулунун «Акыр заман», Арстанбек Буйлаш уулунун «Тар заман», Молдо Кылычтын «Зар заман», Молдо Нияздын, Жеңижоктун, Сагымбай Орозбак уулунун, Тоголок Молдонун «Замана» деген санат ырлары бар. Заманчы-акындар жана алардын чыгармалары эл эсине кайра кайтарылып берилди. Алардын эмгектери басмадан кайрадан басылып чыгып, жаңыча баалар берилүүдө. Бүгүнкү күнү тил жана адабият жаатында алгылыктуу иликтөөлөр жүргүзүлүп келүүдө.

**Замбил** - жүк ташылчу чарбалык шайман. Замбилдин сокмо жана такта түрлөрү бар. Сокмо замбил арасы 10 - 100 см, узундугу 2 метр чамалуу эки жарыш таяктын орто ченине чырпыктардан чуңкурга тыгыз токулуп жасалат. Такта замбил болсо жарыш таяктардын ортосуна тактай кагылып жасалат. Замбил курулуш ж.б. иштеринде кеңири колдонулат.

**Замзам** - Мекеде Кааба мечитинин короосундагы кудук. Терендиги 24 м. келген Замзам суусу исламга чейин эле Аравиянын жер шартына (чөлгө) байланыштуу пайда болгон. 17-к. анын үстүнө атайын казанбак сымал чакан сере орнотулган. Мекеге зыяратка (аясылыкка) баргандар ар түрдүү илдетке даба болот, касиеттүү дешип, Замзам суусунан ичишет.

**Затаевич А.В.** (1869-1936). Белгилүү музыка изилдөөчү, этнограф жана композитор. Кыргыз АССР Эл агартуу Комиссариатынын чакыруусу боюнча Кыргызстанга 1928-ж. келип, бир катар кыргыз акындарынын жана музыка чеберлеринин ыр-күүлөрүн жазып алып, анын жыйынтыгында «Кыргыздын аспаптык 250 күүсү жана обондору» аттуу китебин жазган. 1936-ж. 170 обон- күү жазып, айрымдарын фортепьяно үчүн кайра иштеп чыккан. А.В.Затаевич кыргыз, казак, уйгур, татар, дунган ж.б. элдердин музыкасын жыйнап нотага түшүргөн. Кыргыз музыкасынын теориялык жана тарыхый маселелеринин чечилишине зор үлүш кошуп, профессионалдык музыканын өнүгүшүнө өзгөчө салым киргизген. Кыргыз элинин этностук тарыхындагы, маданиятын иликтөөдөгү музыканын ролу жөнүндө жүйөлүү пикирлери бар.

**Зекет** (ар. зякат) — «тазалануу» үчүн мусулмандар төлөй турган салык. Анын милдеттүүлүгү ыйык Куранда, көлөмү менен өндүрүш шарттары шариятта көрсөтүлгөн. Зекет адегенде Мухаммед пайгамбардын үй-бүлөсүнө жана кембагалдарга, жолоочу-мусапырларга жана «ыйык согушка» (газават, жихад) катышкандарга жардам иретинде берилген. Мусулман өлкөлөрүндө зекет мусулмандардан гана мал, кол өнөрчү буюмдары, акча, кымбат баалуу мүлк түрүндө алынган. Азыркы мусулмандарда зекет өз ыктыяры менен дин кызматкерлерине берилет.

**Зеланд Н.Л.** (туулган, өлгөн жылы белгисиз) - орус антропологу жана этнографы. 1885-ж. алгачкылардан болуп кыргыздар тууралуу этнологиялык очерк жазган («Киргизы. Этнологический очерк. Западно-Сибирский отдел РГО. 1885. Книга. 7. Вып.2.). Автордун бул эмгегинде кыргыздардын кол өнөрчүлүгү кенен баяндалып жазылган. Кыргыздардын чарбасындагы тери ийлөө, жүндөн буюмдарды жасоо, ээр, чий, кереге, уук, түндүк жасоо ыкмаларын, аларды жасоодогу куралдарды сүрөттөп жазат. Үй-бүлө, нике мамилелери, аялдарды тарбиялоо, аялдардын коомдогу ээлеген абалы, орду сыпатталган. Кыргыздардын меймандостугу, ырга жана музыкага шыктуулугу ж.б. жөнүндө кызыктуу маалыматтар келтирилет. Эмгектин бир бөлүгү оюн-зоокторго, элдик оюндарга, элдик медицина кыргыздардын коомундагы социалдык-коомдук түзүлүшүнө багышталган. Автор кыргыз жана казактардын сырткы өңү-түсү (антропологиясы), түзүлүшү жөнүндө баяндап жазган.

**Зенги баба** - кыргыздын түшүнүгүндө уйдун колдоочусун («пири») туюнтат. Бул түшүнүк кыргызга отурукташкан элдерден (тажик ж.б. иран тилдүү элдер) келип кирүүсү ыктымал. Уламыш боюнча Зенги баба 13-к. (1258-ж) Ташкент аймагында жашап өткөн «олуя» жана уйчумандардын «пири» жана атактуу Кожо Ахмет Яссавинин устаты, Орто Азияга белгилүү эшен Арстанбаптын (Артстан эшен) чебереси болгон имиш. Ыраңынын ашкере каралыгынан өз аты калып, Зенги (Зянги) деген ылакап атка конгондугу жөнүндө уламышта айтылат. Бул адам өз убагында мечит салдырып, медресе кармаган экен. Мүрзөсү Ташкенттен 16 км алыстыкта, Заңги-Ата кыштагында.

**Зергер** - түстүү асыл металлдардан кооз буюмдарды (билерик, иймек, искек, желбирөөч, оймок, шакек ж.б.) жасоочу чебер уста.

**Зергерчилик** - асыл металлдардан көркөм, кооз буюм жасоо кесиби. Зергерчилик байыркы кыргыздарда өтө жогорку деңгээлде өнүккөн. Муну Саян-Алтайдагы археологиялык казуулардан соң табылган асыл буюмдардан көрүүгө болот. Кыргыз зергерлеринин атагы алтындан, күмүштөн ж.б. баалуу металлдардан, асыл таштардан жасалган буюмдарына карата алыска тараган. Кыргыз зергерлеринин эң жогорку сапаттагы, кооз, кымбат баалуу буюмдарын Москва, Санкт-Петербург, Абакан, Краснояр, Кызыл, Минусинск, Горно-Алтайск сыяктуу шаарлардын тарых музейлеринен көрүүгө болот. Бул зергер буюмдарынын жасалуу ыкмалары, өтө жогорку чеберчиликте аткарылгандыгы бүгүнкү күнү да таңданууну жаратат.

**Зикир, зикир чалуу** - суфизмдеги айрым агымдарга мүнөздүү Кудайды эскерүү жөрөлгөсү. Зикир жарыя жана купуя түрүндө чалынган. Жарыя салынган зикир 19-к. Орто Азияда жашаган мусулмандар арасында кеңири тараган. Жоон топ сопу чогуу олтуруп, алардын бири музыкалык аспаптын коштоосунда диний ырларды обонго салып ырдайт. Ал ырлар баштан-аяк Кудайдын кошумча аттарын кайра-кайра кайталоодон куралган. Ырдаган сопунун бара-бара делебеси козголуп, ордунан тура бийлеп, отургандар да бийге аралашкан. Көпкө созулган ыр, музыка, бийден зикир чалуучулар алсырап, өзүн унутуп, экстаз абалына жеткен.

**Зоолу** - күнөөлүү деп эсептелген, камакка алынган адамдардын колу-бутуна, моюнуна салына турган кишен. Ал жоон чынжырлар менен бириктирилген бекиме темир билериктерден жасалган. Зоолунун колго, бутка же экөөнө тең салынуучу, ошондой эле колго, бутка, моюнга чогуу салынычуу түрлөрү бар. Зоолунун билерикчелеринин ар биринде өзүнчө ачкыч болгон. Зоолу илгерки заманда Кытайда, Чыңгыз хандын мамлекетинде, Иранда, өзгөчө падышалык Россияда каторгага айдалган адамдарга карата кеңири колдонулган.

**Зоонимдер** (zoon - жаныбар, onum - ысым) - жаныбарларга, айбанаттарга коюлган ысым. Үй айбандарына ж.б. жан-жаныбарларга, канаттууларга, балыктарга ат коюу, аларга ат ыйгаруу турмуштук зарылчылыктардан улам келип чыккан. Көчмөн шартта, мал чарбачылыгы менен кесиптенген элдерде зоонимдерди жашоо турмуштун дээрлик бардык катмарларынан байкоого болот. Зоонимдер уруу, адам, жер-суу ж.б. аталыштардын келип чыгышына шарт түзгөн. Мисалы, уруу-урук аталыштары: багыш, бөрү, уйлар, жагалмай, үкү, адыгене, азык, торгой, сары багыш, кара багыш, чоң багыш, кийик найман, теке ж.б. Адам аттары: Арстанбек, Жолборс, Бөрүбай, Тайлак, Кабылан, Бугубаев, Багышев ж.б. Жер-суу аталыштары: Бөрүлүү, Текелүү, Теке-Секирик ж.б.

**Зороастризм** - байыркы жана орто кылым мезгилинде Иран, Орто Азия жана Азербайжанда тараган отко табынуу дини. Б.з.ч. 7-к. пайда болгон. Бул диндин негиздөөчүсү деп эсептеген «пайгамбар» Зороастранын (иранча Заратуштра) ысымынан аталган. Зороастризм окуусу «Авеста» ыйык китебинде баяндалган. Зороастризм Сасанийлердин мамлекеттик дини (2-7-кк.) деп жарыяланган. Сасанийлер мезгилиндеги зороастризмдин негизинде дүйнөдө жарык жана караңгы башталыштын дуалистик идеясы жаткан. Негизги принциптери: диний дуализм, б.а. карама-каршы эки кудай - бири мээримдүү Ахурамазда, экинчиси ырайымсыз Анхра-Маню бар деп, жакшылык менен жамандыкты карама-каршы коюу, алардын ортосундагы күрөш дүйнөлүк процесстин негизин түзөт деп эсептөө, акырында жакшылыктын жеңип чыгаарына ишенүү. Татаал жана деталдашкан түрдүү кудайлардын (Ормузд, Михре, Анахита, Зервана), жаратылыштын кырсыктары жана кубулуштарына (күн, от, жылдыз) сыйынуу өтө көп сандаган жрецтер: хербад мебаддар тарабынан тейленген. Сандаган

храмдарда өчпөс от жагылып, ырлар, диний ыйык тексттер окулган. 7-к. Иранды Араб Халифаты жеңип алып, перстерди ислам динин кабыл алдырышкан. Азыркы учурда бул динди бир кыйла өзгөрүлгөн түрүндө Индиядагы перстер, Ирандагы гебрлер, айсорлор тутушат. Кыргыздардын байыркы диний ишенимдеринен отко сыйынуунун элементтерин байкоого болот. Мисалы, отко киргизүү ж.б. салттары.

**Зым тарткыч —** ийилгич металлдардан (алтын, күмүш, жез ж.б.) жоондугу ар кандай зымдарды жасоого ылайыкталган жөнөкөй зергерлик курал. Ал чоподон кенениреэк жана аяк формасында жасалган. Түбүнүн жан жагында ар кандай чоңдуктагы тешиктери болгон. Аны пайдаланардан мурда керектүү бир гана тешиги калтырылып, калгандары чопо менен бүтөлгөн. Зым тарткычтагы металл көөрүктө чогула эрип, андагы атайын көзөлгөн ичке тешиктен куюла баштаган эритиндиге мурунтадан камдалган ичке зымды тийгизип кошуп, сыртка тартканда ичке зым болуп созула берген. Ал зым менен сөйкө, шакек, билерик, чач учтук, желбирөөч, түрдүү купалар, ала таман ж.б. атайын кооздук буюмдары жасалган.

**«Зымырык куш»** - (ир. «симург») алп кара куш, баатырлардын колдоочусу, кереметгүү-фантастикалык жөө жомоктордогу укмуштуу куш. Абулкасым Фирдоусинин «Шахнаамасында», «Манаста», «Эр Төштүктө» зымырык куш (алп кара куш) жөнүндө кенен айтылары маалым. Адамдар айбанаттарды аң-сезимдүү деп түшүнгөн байыркы мифтик ишенимдерге байланыштуу келип чыккан мифологиялык түшүнүк. «Зымырык кушту» ар дайым адамга дос, оң образ катарында мүнөздөшкөн. Зымырык куш адам сыяктуу сүйлөө, сезүү касиеттерине ээ болору айтылат. Зарыл учурда адамга жардамга келет, аны көтөрүп учуп, каалаган жерине жеткирет ж.б. Мындай фантастикалык куштар чыгыш элдеринин жомокторунда кеңири таралган. Бул уламыш аркылуу адамдар турмуштагы түрдүү кыйынчылыктарды жеңип, алыс, татаал жолду кыскартуу жөнүндөгү учкул кыялын билдиришкен. Атактуу фарси жазуучусу Аттардын «Мантыкут тайир» аттуу аңгемесинде да куштар Зымырык (Симург) кушту өздөрүнө башчы кылабыз деп издешет, бирок аны таба алышпайт. Тоголок Молдонун «Суу куштары», «Боз куштары» чыгармаларын маанилеш катары караганга болот.

**Зындан —** орто кылымдарда мамлекетте же коомдо күнөө иш жасап, камакка алынган жана туткунга түшкөндөрдү кармап туруу үчүн атайын казылып, даярдалган түбү терең жай. Ал көбүнчө терең ор же жер төлө түрүндө казылып даярдалган. Жерге казылган зындан сыз жана караңгы болгон. Зынданга салып жазалоо байыркы жана орто кылымдар доорлорундагы чыгыш өлкөлөрүндө өтө терең таралгандыгы белгилүү.

**Зыярат** - мусулмандардын түшүнүгүндө, кыялында бирдеме тилөө, күнөөдөн арылуу, сыйынуу, жооп табуу максатында пайгамбарлардын, машайыктардын, кожо-шайыктардын ысмына байланышкан жергиликтүү мазарларга, тоо-таштарга атайылап баруу, зыярат жасоо. Мындан сырткары, Меккеге барып мусулмандык парзды аткарып келүү - ажылык, ажы болуп келүү дегенди туюнтат. Ислам дүйнөсүндө Ахмед Яссавинин (Түркстан, Казак- стан), Бахауддин Накшбанди ж.б. күмбөз бейиттерине зыярат кылуу өзгөчө салтка айланган. Кыргызстандагы зыярат кылуучу андай жайларга Ош шаарындагы Сулайман (Соломон) пайгамбардын ысымына байланыштырылган тоо кирет. Мындан сырткары, зыярат кылуучулар Абшырата, Арстанбап, Жалалабат (Азирети-Айып), Аксы, Алабука сыяктуу жерлерге барып сыйынышат. Эл арасында ыйык деп аталган жерлерге оорудан, ар түрдүү илдеттен арылуу үчүн, баласыздар болсо Жараткандан перзент тилегени, ооруга шыпаа издегени барышат.

# И

**Иероглиф** - б.з.ч. 4-к. колдонулган Египет жазуусунун образдуу сүрөт белгилери. Бардыгы болуп 5 миңге жакын ар түрдүү иероглиф белгилүү. Бирок ар бир доордо андай иероглифтердин 700-800дөйү гана колдонулган. «Иероглиф» термини башка системадагы жазмаларга карата да колдонулат. Иероглиф деп адатта байыркы жана азыркы кытай жазмасы, сүрөт түрүндөгү хетт жазмаларынын бири сыяктуу жазмалар аталат.

**Ийик** - кыргыздын байыркы замандан келе жаткан жүндөн, кебезден, жибектен жип ийрүүчү куралы. Ийик кыргыз кыз-келиндеринин узчулук, чеберчилик өнөрүндөгү негизги курал болгон. Ийик менен жип ийрилип, килем, таар, шалча ж.б. чарбалык керектүү буюмдар жасалган. Анын сабы, башы, буйласы болот. Катуу жыгачтан жасалган сабы төмөн карай ичкертилип, болжол менен алганда узундугу 30-35 см, жоондугу 7-10 см. болот. Ийик башы таш, коргошун же катуу жыгачтын ортосу көзөлүп, тегерек Формада жасалат да, ийик саптын жогору башынан кийгизилет.

Буйласы эки түрдүү болот. Бурама буйла ийик саптын башына буралган сай түрүндө түшүрүлөт. Ийик саптан жогору оюла көзөлүп ага катуу чий же ичке жыгач өткөрүлгөнү көзөмө буйла деп аталат. Ийрилген жип ийик баштын алды жагына түрүлөт. Илим- билимдин өнүгүшү менен, экономиканын алга жылышына карата ийик жөнөкөйдөн татаал формага өсүп чыкты. Учурдагы заманбап ийиктер өндүрүштө, жеңил өнөр жайында да колдонулат. Ийиктүү машиналар 18-к. 2-жарымында мануфактураларда, андан соң Англиядагы текстилдик өнөр жайда колдонула баштагандыгы маалым. Табигый жана химиялык булалар үчүн колдонулуучу атайын ийиктер болот. Жаңы технологиялардын өнүгүш шартында ийиктин заманбап жаңы түрлөрү өндүрүшкө киргизилүүдө.

**Ийлөө** - ашаткан жана чылгый терини кол менен ийлеп же талкууга салып иштетүү. Кыргыздын нукура элдик ыкмасы боюнча майда жандык жана кайберен терилери байыртадан колго ийленген, бодо мал менен бугу-текенин терилери талкууга салынган. Кайыш, булгаары, чанач жана кийимдик терилерди ийлөө ыкмасы менен керектүү жана зарыл болгон сапатка жеткирилген. Ийлөө жолу менен жоокерлердин ок өтпөс кийимдери, согуштук куралдарын салуу үчүн ар түрдүү баштыктар жасалган (мисалы, Манастын кандагай шымы. Кандагай - багыш маанисин туюнтат. Демек, Манастын атактуу аскердик шымы багыштын терисинен ийленип жасалган). Ал эми бүгүнкү күндөгү өндүрүштүк ийлөө - терини жана мехти иштетүүдөгү эң негизги технологиялык жана техникалык тынымсыз процесстердин бири. Илим менен техниканын өсүшү менен бирге, ийлөө ыкмаларынын формасы, сапаты да жогорулоодо. Ийлеп иштетүүдө теринин белоктору менен ийлөөчү заттын молекулаларынын ортосунда химиялык байланыштар түзүлүп, натыйжада тери же жүндүн касиетинде кайталанбас өзгөрүүлөр болот. Булгаарынын туура ийленишин, анын бекемдигин, жылуулукка жана химиялык таасирлерге чыдамдуулугун, ным тартып көөп кетпешин, дагы башка касиеттерине ээ болушун камсыз кылат.

**Ийрүү** - узундугу ар кыл булалардан чубалган узун жип алуунун техникалык процесси. Жип кебезден, зыгыр жана кыска жибек буласынан, жүндөн, химиялык булалардан ийрилип даярдалат. Ийрүү - текстилдик өнөр жайынын да негизги процесстеринин бири. Ийрүү жолу менен алынган түрдүү кездеме, трикотаж, буюмдар, машина жип, кенеп жип, аркан ж.б. жасалат. Кыргыздын салттуу турмушунда ийрүү кеңири орун алган. Үй тиричилигине керектүү болгон буюмдар үчүн жиптер негизинен ийик менен ийрилип жасалган. Ийрүү эмгеги жалаң кыз-келиндердин, аялдардын жумушу болгон.

www.bizdin.kg

**Илясов С.И.** (1908-1987-жж.). Ысыккөлдүн Торуайгыр айылында туулган. 1938-ж. Кыргыз Мамлекеттик педагогикалык институтун аяктаган. 1939-1942-жж. аталган окуу жайында окутуучу, кафедра башчысы болуп эмгектенген. Тарых илимдеринин доктору, Кыргыз ССР ИАсында көп жылдар бою эмгектенген. Кыргыздардын жана алардын салттуу маданиятына, этнографиясына арналган бир катар эмгектердин автору. Соңку кыргыз тарых илиминде алгачкы жарык көргөн илимий макалалардын автору катары белгилүү. Кыргыз этнографиясына тиешелүү, анын ичинен кыргыз коому, диний-философиялык көз караштары (шаманизм, тотемизм, анимизм ж.б.) боюнча эмгектерди жазган.
**Имам** (араб.«алдыда туруучу») I.Мусулмандардын диний жетекчиси, насыятчы. 2. Мусулман жамаатынын башчысы, мусулман (ислам) мамлекетинин башкаруучусу, халиф. 3. Суннизмде шарият жана адат маселелеринин негиз салуучулары. 4. 7-9-кк. шииттер жамаатынын жогорку башчысы. 5. Мечит башчысы.
**Имам Агзам** - ислам дининдеги бир тармактын билгичи, башчысы. Бул адам б.з. 8-к. жашап өткөн. Анын чыныгы өз аты Абу Ханиф имам Агзам Нугман Сабит болгон экен. Узун атты кыскартып, эл арасында Имам Агзам деген ат менен белгилүү болгон. Өз учурунда бул адам «мужтахид» деген наам алган. Мужтахиддер ыйык Куран-и-Керимдин маанисин жана Мухаммед пайгамбардын хадистеринин маанисин чечмелеп, өзүнчө жол алган адамдар. Мужтахиддердин эң мыктысы «Аятулло» деген наамга ээ болушкан. Бүгүнкү күнү Иран Ислам Республикасында жана башка шииттер көпчүлүктү түзгөн жерлерде жогорку билимдүү дин адамдарына, жума намазын алып баруучу дин аалымдарына «Аятулла» наамы ыйгарылат. Имам Агзам исламдагы төрт имамат багытын башкарган, түрк тилдүү элдерди исламга баштагандыгы айтылат. Имам Агзам соодагерлердин пири катары да маалым.
**Инал.** Инал (Энал) - байыркы кыргыздардын мамлекеттик башкаруу системасындагы колдонгон термини болгон. Азыркы Тувада ттук Даш = Е-5) кыргыздар калтырган рун сымал жазуу эстеликтеринде (5-10-кк.) «ынал» сөзү жазылган. Рашид ад-Дин кыргыздар жөнүндө маалымат бергенде, алардын падышасы «инал» деп аталарын, кыргыздарды Урус Инал аттуу хан башкарарың жазат. Чыңгыз хан тарабынан жөнөтүлгөн Алтан жана Букра аттуу чабармандар менен бирге хандын өргөөсүнө (Чыңгыз хандың) кыргыз хандарынан элчилер Урут, Уйгу, Элик Темир, Аткирактар келишти. Бул маалыматтар кыргыздар жана алардын мамлекети кара кытай чабуулунан соң эки бөлүккө аргасыз ажырап калышкандыгын чагылдырары бышык. Абул Гази Бахадур хан «Түрк санжырасында» («Шеджарай-и түрк») кыргыз каганы Урус Инал Чыңгыз хандын Алтан жана Турамыш аттуу чабармандары менен моңгол өкүмдарына расмий элчилерин жибергендигин жазат. Чыңгыз ханга тартуу кылынган белектердин ичинен эң кымбаты ак түстөгү алгыр куш болуптур. Кыргыз-моңгол саясий мамилелери, болжолдогондо, XIII к. баш чендерине (1206-ж.) туура келет. Махмуд Кашгари «Сөздүктө» «инал» сөзүнө төмөнкүдөй аныктама берет: 1. Энеси хан тегинен, атасы карапайым жерден чыккан; тектүү, жогорку даражалуу. 2. Энчилүү ат, титул. Бул маалыматтар орто кылымдардагы кыргыздар коомундагы энелик доордун сакталып калышын айгинелээри ырас. Ал эми ушул эле Туванын Көжелик Хову деген жердеги табылган [Е.45] кыргыз жазуу эстелигинде: «Баатырдык атым Шубуш-ынал, өз атым Күмүш өгө... ,...отуз жашка чыкканда акылым толду, мамлекетте тутуктук (башкаруучу) кылуу менен бирге, эл башкардым, тышкы душмандар менен согуштум, жеңдим...» - деген маалыматтар бар. Болжолу, «Инал» термини «каган» титулунан кийин турган иерархиялык-башкаруу мансабы болгон. Анткени 13-к. карата Энесайдагы Кыргыз мамлекети бир нече ээлик-мамлекеттик түзүлүштөргө бөлүнүп кеткен. Термин уруулук бирикменин, анча чоң эмес мамлекеттин башкаруучусу дегенди

да туюнтушу мүмкүн. Инал (Энал) - кыргыздын ават уруусундагы генонbackgroundим, айрым маалыматтар боюнча уруктун аталышы катары да маалым.

**Индоевропа тилдери** — Евразиянын ири лингивистикалык уяларынын бири. Буга инди, иран, славян, балтика, герман, армян, албан, грек, кельт, байыркы жана жаңы тилдердин кээ бирлери, латын тили, кийинчерээк андан өнүгүп чыккан роман, тохар (жазуу эстелиги болжол менен б.з. 7-к. Шинжаңдан (КЭР) табылган италян жана Кичи Азиядагы байыркы тилдер (шынаа жазмасы бар хет, иероглифтүү хетт, ливий) кирет. Кичи Азиядагы тилдердин ичинен шынаа жазмасы болгон хетт толук изилденген, жазма эстеликтери (б.з.ч. 2-миң жылдык) толук аныкталган. Айрым изилдөөчүлөр инде-европа тилдеринин тобуна лидий жана мидий тилдерин да кошуп жүрүшөт, бирок алар жөнүндө маалыматтар өтө аз. Индоевропалык байыркы тилдин бир кыйласы жоюлуп кеткен, алар боюнча жазма эстеликтер да калган эмес. Иран тобуна кирген скиф тили; байыркы европада кеңири таралган иллирий тилдери жөнүндө да маалыматтар бүгүнкү күндөгү илимде жокко эсе. Кеңири тараган индоевропа тилинен славян, иран, герман, роман тилдери. Келт тили сыяктуу башка айрым тилдер анчалык кеңири таралган эмес. Индоевропа тилинин тектештиги андагы ар бир тилдин лексикасын түзгөн уңгу сөздөрдүн жалпылыгынан, грамматикалык түзүлүшүнөн байкалат. Байыркы индоевропа тилине мүнөздүү грамматикалык белгилеринин бири - флекция, ал тилдерде уланды (сөз өзгөртүүчү) аффикстердин байыркы системасы болгон индоевропа тилинин айрымдарында (мисалы, славян, балтика тилдери) байыртадан калыптанган морфологиялык система толук сакталган. Айрымдары (мисалы, жаңы инди, жаңы иран жана герман тилдери) сөз өзгөртмө эски флекциялык формаларынан ажырап, өзгөрүп кеткен. Индоевропа тилинде олуттуу өзгөрүүлөр жүрсө да, алардын теги бир экендигин айгинелеген илимий негиздүү жалпылыктар бар. Индоевропа тилин илим жактан атайылап изилдөө иши 19-к. башында башталат. Бул тилдердин тыбыштык, лексикалык жана грамматикалык түзүлүшүн салыштырып изилдөөнүн негизинде жалпы тил илиминде салыштырма тарыхый ыкма иштелип чыккан.

**Инжил** — Алла Таала тарабынан Иса пайгамбарга жиберилген ыйык китептин аты. Орус тилинде «Евангелие» деп аталат. Инжил китебин христиан дининдегилер амал кылышат. «Евангелие» - «жакшы кабар, сүйүнчү» деп которулат.

**Ини** — эркек бир туугандардын жашы боюнча кичүүсү. Адатта жашы улуу эркектер кичүүлөрүнө «иним» деп кайрылат.

**Инициация** - (лат. -орус. посвящение; кырг. «кабыл алуу» маанисинде) алгачкы жамааттык (общиналык) коомдо өспүрүм балдар, кыздарды чоңдордун жаш курак тобуна өткөрүү үчүн уюштурулган ритуалдык салты. Инициация кабыл алуу менен байланыштуу кеңири тараган каада-салт, жөрөлгөлөрдүн өзгөчө калып- танган системасы болгон. Инициация жаштарды уруу ичиндеги чарбалык, коомдук, никелик жана руханий турмушуна даярдоо максатын көздөгөн жана, адатта, ар түрдүү, көп учурда кыйнап- кыстаган сыноолор менен, жыныстык органынын терисин кескилөө менен, уруунун жашыруун сырларын билдирүү менен коштолгон. Бул байыркы көрүнүш иудейлерде жана мусулмандарда сүннөткө олтургузуу салты катары сакталып калган.

**Инновация** (англ. Innovation - жаңылануу) - өнүгүүнүн мурдагы стадияларында болбогон, кийинки стадияларда пайда болуп органикалык түрдө тутумга кирген этностун маданиятындагы жаңы кубулуштар. Маданий инновация ойлоп табуулар, жаңыдан киргизилген тартиптер формасында маданияттын өзүнүн ички өнүгүү процессинде же башка маданияттардын таасири менен болушу мүмкүн. Маданий инновациянын бир кыйла кеңири таралган түрү маданияттын өзгөрүшүн стимулдаштырган башка маданият элементтерин өздөштүрүү болуп

саналат. Маданий инновация 3 этаптан өтөт: 1) тандоо; 2) өзгөрүү; 3) интеграция. Бул этаптардан өткөндөн кийин маданияттагы жаңылык жаңы маданий чөйрөгө «кабыл алынат» жана салттуу элементке айланат.

**Инцест** (лат. Incestum - кан аралашуу) - кандаш туугандардын ортосунда болуучу нике жана жыныстык байланыштардын тиби. Ал алгачкы коомдун баштапкы мезгилдерине мүнөздүү болгон, урук-уруу пайда болгон мезгилде экзогамия аркылуу жоюлган. Инцест жаңы муундун начарлашына, тукумдун бузулушуна алып келет, ошондуктан ага тыюу салуу адам маданиятынын калыптануусунда зор роль ойногон. И. тыюу салуу эң алгачкы социо-маданий норма болгон.

**Ирригациялык дыйканчылык** - сугат дыйканчылыгы, сезондуу жаан-чачындар жетишпеген зоналарда ирригациялык системалардын жардамы менен сугарууга негизделген дыйканчылык. Ирригациялык дыйканчылык эгин өстүрүүчү жерлердин түшүмдүүлүгүн арттырууда өзгөчө орунга ээ. Дыйканчылыктын бул түрү Энесай кыргыздарында да жогорку деңгээлде өнүккөндүгүн байыркы жана орто кылымдардагы кыргыздар калтырган эстеликтер, сугат каналдарынын издери, иштетилген талаалар чагылдырат. Кыргыздар тоо-таштын боорлору аркылуу сугат каналдарын алып өтүүнү өздөштүрүшкөн. Азыркы учурда да бул жерлер «кыргыз талаалары», «кыргыз каналдары», «кыргыз тегирмендери», «кыргыздар курган жолдор» ж.б. деп аталары маалым. Бул аймактарда өндүрүлгөн эгин Кыргыз мамлекетинин керектөөлөрүн толук канааттандырган. Дыйканчылыктын эң байыркы очогу болгон Эки Дарыя аралыгында жапайы өсүмдүктөрдүн даны түшүмдүү болгон аймактарда эң төмөнкү коомдук-экономикалык түрдө пайда болгон. Өсүмдүктөрдү өстүрүүнүн алгачкы этабы сугарылбаган, тоо сууларынын табигый жайылмасында пайдалануучу сугат дыйканчылыгы менен байланыштуу келип чыккан. Андан соңку коомдун өнүгүшүндө, эң жөнөкөй эмгек куралдарынын эволюциясы менен ири дарыялар агып өтүүчү өрөөндөрдө (Нил, Ефрат-Тигр аралыгы, Янцзы-Хуанхэ, Инд-Ганг, Аму-Дарыя - Сыр-Дарыя ж.б.) атайын тосмолордун, кол менен казылган каналдардын жардамы менен сугаруучу дыйканчылыкка өтүшкөн. Байыркы жөнөкөй «бир жолку» системаларда ирригациялык дыйканчылык ташкындаган сууну каптатуу менен жүргүзүлгөн. Ирригациялык дыйканчылык Месопотамияда (Эки Дарыя аралыгы) б.з.ч. 6 миң жылдан бери белгилүү. Татаалыраак системаларда сугаруу гидротехникалык кара- жаттын жардамы менен жүргүзүлгөн. Түрдүү тарыхый-маданий областтарда жана ири жаратылыш зоналарында ирригациялык техника ар түрдүү формада жүргүзүлөт. Тоо этектеринде жана тоолордо суу багыт берүү жардамы менен чыгарылат. Түздүктөрдө ирригациялык дыйканчылык суу ташкындарын жөнгө салуу жана ири суугат системалары менен жүргүзүлөт.

**Искек** - кыз-келиндер каш терчү, түзүлүшү кичинекей кыпчуур. Ал жалпак темирден, жезден, күмүштөн ийилип жасалган. Каш терүүдөн башка денеге кирген тикенектерди алууга окшогон иштерге карата да колдонулган.

**Искек байлооч** - кыз-келинге тиешелүү искекке окшогон кымбат баалуу жана майда кооз буюмдар илинип, оң же сол көкүрөккө тагылуучу кооздук. Искек байлоочун кыз-келиндер уздугуна жараша өздөрү жасап алган. Ал бети тегереги саймаланып, берметтелип, жээги чачыланып, коодогон тукаба, нооту, түстүү булгаарыдан жасалган кичинекей тумарча, төрт бурчтуу, көп бурчтуу, жылдызча же тегерек түрүндө болгон. Анын төмөнкү жээгине бекитилген бир нече чынжырларга тиш чукуур, оймок, кулак чукуур, тырмак тазалагычка окшогон ж.б. майда кооз буюмдар илинген.

**Ислам** - мусулманчылык - дүйнөлүк ири диндердин бири. Бул динди туткандардын саны 1,3 млрд. ашуун экендиги айтылат. Мусулмандар Жакынкы Чыгышта, Орто Чыгышта, Түштүк Азияда, Түндүк Африкада, Африкадагы араб ж.б.

өлкөлөрүндө, Европа мамлекеттеринде, Индостан жарым аралында, Малайзияда жана Индонезияда жашашат. Мусулмандар Кытайда (уйгур, дунган ж.б.) да бар. Балкан өлкөлөрүндө, Чыгыш Европада жана Америкада да жолугат. Орто Азия, Казакстан, Волга боюнда, Кавказда жашаган түрк элдери (чуваштардан башка), Дагестан менен Түндүк Кавказдагы калктар да исламды тутунушат. Исламды Хижазда (азыркы Сауди Аравиясы) Мухаммед пайгамбар негиздеген. Мусулмандар жамааты (умма) диний гана эмес, саясий да уюм болгон. Бул уюмга ислам дининин талаптарын сөзсүз орундагандар баш кошкон. Умманын «ыйык» башчысы Мухаммед диний-философиялык окууну калк арасына таратканда уруулук үрп-адатка эмес, өзүн «Расул» (өкүл) катары жөнөткөн Алланын жиберген маалыматтарына таянган. Ислам христиан дини менен иудаизм- ден да айрым идеяларды жана жоболорду кабыл алган. Исламды кабыл алышкан арабдар башка элдерге «ыйык согуш» (жихат) ачып, көптөгөн башка жерлерди басып алышып, мусулман империясын (Халифатты) негиздешип, башка калктарды ислам динине киргизишкен. Динге киргизүү көбүн эсе экономикалык ыкмалар менен ишке ашырылган. 9-10-кылымдарда ислам философиясы теологияга (калам) жана диний укукка (шариятка) негизделген татаал диний системага айланган. Анын башкы принциптери ыйык китеп Куран-и-Керимде айтылган. Ыйык Куран-и-Керим - жалпы мусулмандардын диний окуусунун негизги булагы. Бирок аны менен катар исламда Мухаммеддин осуят сөздөрүн жана кылган иш- терин чагылдырган сунна да практикалык чоң ролго ээ болгон. Исламдын ички түзүлүшү Имандан (Исламдын чындыгына ишенүү) жана Динден (диний үрп-адат, адеп жөрөлгөнүн жыйындысы) турат. Имандын негизинде Алладан башка кудайдын жоктугуна, Мухаммеддин пайгамбарлыгына, Курандын ыйыктыгына, кыяматтын жакындыгы, Динде шахадатты («Алладан башка кудай жок, - Мухаммед анын элчиси» деген келмени) толук түшүнүп, жарыя айтуу, күндө беш ирет намаз окуу; рамазан айында орозо тутуу, милдеттүү түрдө салык (зекет) төлөө, өз ыктыяры менен кайыр- садака берүү; Мекеге ажыга баруу ж.б. диний милдеттер белгиленген. 7-к. ислам суннизм жана шиизм болуп эки агымга бөлүнсө, 8- к. мистикалык суфизм агымы пайда болгон. Суверендүү Кыргызстандын шартында ислам дини мамлекеттеги негизги дин экендиги таанылды. Бул жылдары жер-жерлерде жүздөгөн мечиттер, атайын сыйынуучу жайлар курулду. Медреселер, Ислам институту, университети негизделди. Муфтият өз алдынча бөлүнүп чыкты. Кыргызстан Мусулмандар диний Башкармалыгы, Казыяты негизделди. Учурда Кыргызстандын жаштары жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдүн атактуу диний ж.б. окуу жайларында өз билимдерин тереңдетишүүдө.

**Исламдагы (мусулманчылыктагы) беш парз.** Ар бир мусулманмын деген Кудайдын пендеси ислам беш нерсеге негизделгенин билүүсү жана аны аткаруусу зарыл деп айтылат: 1) Бир Алладан башка Кудай жок жана Мухаммад анын элчиси деп күбөлүк берүү («Ла илаха илла-аллах Мухаммадун расулуалах»); 2) Намаз окуу; 3) Зекет берүү; 4). Орозо кармоо; 5) Ажыга баруу (кимдин мүмкүнчүлүгү болсо).

**Исмаилиттер** - 8-к. орто чендеринде Араб халифатында пайда болгон шииттик, же исламдагы суннизмден айырмаланган агым. Ал шииттердин 6-имамы Жафардын тун уулу Исмаилдин ысымы менен аталган (ал 7-имам деп эсептелген). Исмаилиттер неоплатонизм менен буддизимдин таасириндеги диний-философиялык окууну иштеп чыгышкан. Исмаилиттер жети пайгамбарды (Ибраим, Исмайил, Нух, Муса, Иса, Мухаммед жана Исмаил) «дүйнөлүк акылдын» туундулары, ал эми имамдар болсо «дүйнөлүк жандын» жердеги адам кейпин алган көрүнүштөр дап эсептешкен. Алар буддизмден «жандын кубулуп көчүшү» жөнүндөгү идеяны кабыл алышып, Мухаммед менен Алинин жана

исмаилиттердин имамдарына көчкөн деген ишенимде болушкан. Исмаилиттердин кожолору ислам тараган өлкөлөрдө калк арасында үгүт иштерин жүргүзүшүп, аларды өз сектасына тартышкан. Алар элдин саясий-социалдык нараазылыгын пайдаланышып, айрым өлкөлөрдө мамлекеттик бийликке ээ болушкан. Секта фатимилер, карматтар, ассасиндер, низарилер, мустилилер деген агымдарга бөлүнгөн. Азыр исмаилиттердин басымдуу бөлүгүн низарилер түзүшөт. Низарилер Пакистан, Индия, Иран, Ирак, Сирия, Афганистан, Кытай, Бирма, Египет менен Чыгыш Африканын бир катар өлкөсүндө бар. Исмаилиттердин ишенимин туткандар Тажикистандын Тоолуу Бадахшан аймагында жашаган язгулем, ишкашим, вахан ж.б. этностук топтордо кенен таралган.

**Историзм** - объективдүү дүйнөдөгү кубулуштардын пайда болушун, өсүп-өнүгүшүн чыныгы тарыхый шарттар, коомдук кубулуштар менен байланышта изилдөө принциби. Дүйнөдө бири-бири менен байланышсыз обочолонуп турган эч нерсе жок. Историзм дүйнөдөгү бардык кубулуштарды тарыхый өнүгүүнүн натыйжасы катары карап, алардын кантип пайда болгонун жана өзгөргөнүн, азыркы жана келечектеги абалын аныктоо зарылдыгын белгилейт. Историзм тарыхты конкреттүү изилдебей, байыркынын болуп өткөн фактыларын ошол кездеги шарттарга байланышсыз караганга, чындыкты бурмалап, жансыз схемаларды сунуш кылганга каршы турат.

**Ит.** Жашоо укладдары көчмөн турмушка байланышкан элдерде үй айбандарынын ичинен өзгөчө иттин чарбалык маанисинин ролу чоң болгон. Ит - карышкыр сыяктуу эле байыркы көп элдердин, анын ичинен кыргыз урууларынын да тотем-жаныбары болгондугун ырастаган илимий изилдөөлөр бар. Кыргыз санжыраларында айтылган мифологиялык сары иттер - тотемизмдин таасирлерин ырастайт. Кыргыздын ишениминдеги «кызыл иттер» жөнүндөгү мифологиялык түшүнүк ислам дини кабыл алынгандан соң бир топ бурмаланган. Ит, барак, ногой (нохой) семантикасы жагынан маанилеш сөздөр. Ит жаныбары байыркы кыргыздардын түшүнүктөрүндө түрдүү оорулардан, табигый ж.б. кокустуктардан, кайгы-муңдан арылтчу касиетке ээ болгон. Изилдөөчүлөр кыргыздардын итке болгон ишеними жөнүндө бир катар ынанымдуу далилдерди келтиришет. Кыргыздардын байыртадан келе жаткан ишенимдеринде ит - ээсин түрдүү кокустуктардан, кайгы-муңдардан сактаган. Итке «көзү ачык» жандык катары мамиле жасашып, жаңы төрөлгөн балдарга (эгерде туулган балдар токтобой чарчап калса) ырым-жырым жасоодо анын тиштерин, баш сөөгүн, жүнүн пайдаланышкан. Итти сабап-кордогон адамдын баласы тубаса итий оорусу менен төрөлөт деген түшүнүк болгон. Бул ооруга кабылган баланы иттин баш сөөгү ж.б. менен дарылашкан. Кара кидандарда (кара кытайлар) жылдын күз мезгилинде туш келген майрамы «дан-хе-ми» («ит баш») деп аталган. Бул жамааттык майрамда мамлекеттин акими куба итти өз колу менен курмандыкка чалгандыгы жөнүндө маалыматтар бар. Ит - тотем-жаныбар катары чыгыш теги карышкырга байланыштуу болуу керек жана адам баласы тарабынан эң алгачкы колго үйрөтүлгөн үй айбаны. Изилдөөчүлөр итке болгон байыркы ишенимди тотем-карышкыр менен бирдей түшүнүктө кароо зарылдыгын белгилешет. Ак ит - солто уруусундагы бөлөкпайдын курамындагы урук катары белгилүү.

***Ад.:*** *Каратаев О.К. Кыргыз этнонимдер сөздүгү. Б.: 2003.*

**Ит көйнөк** - жаңы төрөлгөн наристеге биринчи ирет кийгизилүүчү кийим. Ит көйнөк жашы улгайган кары адамдардын кийиминен же эски кийим-кечеден алынып тигилген. Көбүнчө ак түстөгү ит көйнөктү алгач ырымдап итке кийгизишип, андан сой наристеге кийгизишкен. Бул ырым оору-сыркоодон сактайт деген кыргыздын байыркы тотемисттик диний ишенимдеринен улам келип чыккан.

**Ич эттер** - союлган малдын көкүрөк жана курсак көңдөйүндөгү ички органдары. Аларга өпкө, боор, бөйрөк, жүрөк, ичеги-карын, кекиртек, жумур, тогуз кат, жылкынын картасы ж.б. кирет. Көпкө сакталбагандыктан ич эттерди 2-3 сааттын ичинде пайдаланып калуу зарыл.

**Ичик** — кездеме тышталып, саңсаң жана кунудан жасалган сырт кийим. Ичикке козу, түлкү, карышкыр, сүлөөсүн, илбирс, киш, кундуз ж.б. жаныбарлардын терилери пайдаланылат. Ичиктин ичи менен сыртына жараша чоң жака салынган. Ичик жасалган кунуга жараша саңсаң ичик, киш ичик, илбирс ичик деп бөлүнгөн. Ичик эркекке да, аялга да узун жеңдүү, этектүү, кенен тигилген. Айрым келин-кыздардын ичиктери кымбат баалуу терилер менен көбөөлөнгөн.

**Ичкиликтер** - кыргыздын эң ири үч уруулук бирикмелеринин биринин аталышы. Тарыхый, даректүү жазма булактарда, (генеалогиялык) санжыра маалыматтарында «булгачылар» деген ат менен да белгилүү. Кыргыздын өз алдынча уруулук тобу катары 16-к. Сайф ад-Дин Аксыкендинин «Мажму ат-Таварихинде» баяндалат: «...Ушундан соң, алар (Мир Жалил маулан) салт атчан жолго чыгышты, арадан бир топ убакыт өтүп Салус-бек Бул(а)га- чинин жерине келишти. Алты уулу менен конокту сый-урматка бөлөгөн Бул(а)гачи ыйык Мир Жалил Маулан Агзамдан балдарына бата берүүнү суранды, жооп иретинде алкоо алышты. Алар алты уруу болуп калды: бостон, теит (тейит), жоо кисек (жоо кесек), дөөлөс, хыдыршах (кыдырша), кангды (каңды)...». Бул тарыхый булактагы маалыматтарды кыргыздардын айрым уруу- ларынын ислам динин расмий кабыл алышы катары түшүнүү зарыл. Арийне, Ичкиликтер уруулук тобунун курамындагы уруулардын келип чыгыш теги байыркы хунну, эзелки Кыргыз, Түрк каганаттары, Караханийлер доорлору менен терең байланышкан. Ошондуктан бул уруулук топтордогу уруулардын келип чыгышы соңку доорлор менен гана байланышы бар деген көз караш илимий негизсиз. Ичкиликтер уруулук тобунда кыргыз этносунун пайдубалын түптөгөн этнокомпоненттер арбын. Этностук аталыш борбор», «борбордук» маанисин түшүндүрүп, мындай уруулук рикмелерге бөлүнүү чыныгы аскердик жана чарбалык-экономикалык зарылчылыктардан гана улам келип чыккан. Маселен, орто кылымдардагы огуз-түркмөн урууларынын жайгашкан аймагынын борбордук бөлүгүн ээлеген «бозок» (борбор) уруулук бирикеси «ич огуз» деп аталганын «Коркуд атамын китеби» эпосу да чагылдырат. Бүгүнкү күндө ичкиликтер уруулук тобунун курамына төмөнкү уруулар кирет: найман, кесек, жоо кесек, тейит кыпчак, бостон, каңды, коңурат, бөксө, дөөлөс, чапкылдык, ават кыдырша, оргу, нойгут. Бул уруулук топтун өкүлдөрү Баткен Ош, Жалалабат облустарында, кошуна Өзбекстандын Наманган, Анжиян, Фергана, Навои, Жизак, Сырдарыя, Ташкент аймактарында, Чыгыш Түркстанда (КЭР), Тажикстанда (Жергетал, Мургаб, Шаартуз, Пролетар, Нау аймактары), Афганистанда (Кичи Памир, Чоң Памир), Түркияда жашап келишет.

## К

**Кааба** — Сауд Аравиясынын Мекке шаарындагы мечит; мусулмандардын ыйык храмы, ажылык кылып барчу эң негизги жайы. Мечиттин качан курулганы белгисиз. Айрым маалыматтарда храмдын Ибрайым (Авраам) пайгамбардын тушунда болгондугу эскерилет. Ислам пайда болгуча эле жергиликтүү араб уруулары ал храмга сыйынып келген. Жылдын жаз жана күз мезгилдеринде семит тилдүү уруулар (араб уруулары) өз ара касташууларын унутушун, өз буттарына (идолдоруна) сыйынганы келишкендиги белгилүү. Бул мезгилде Каабанын айланасында соода ж.б. майрамдар улантылган. Каабанын фундаменти мрамордон, дубалы боз таштан курулган. Каабанын күн чыгыш жагындагы дубалынын сыртында абада асылып турган «Кара таш» коюлган, короосунда Замзам суусу бар. Ал касиети бар суу катары эсептелет. Бүткүл дүйнөдөгү

мусулмандар бул жалганда мүмкүнчүлүгү болсо Меккеге барып сыйынып, ажы болуп келүүлөрү парз. Негизги ажылык учурунда бул жерге 3-4 миллиондой мусулмандар барып сыйынып кайтышат.

**Кабык кездеме** - дарактардын белгилүү түрлөрүнүн кабыгынан алынуучу жөкөдөн жасалган кездеме. Кагаз дарагынын, нан дарагынын, рафия кабыгынан сууга салып жибитип жана кыруу ыкмасы аркылуу жөкөсү ажыратылып алынат. Жөкөнү жыгач жана таш (Түштүк Америка, Индонезия) балка менен ургулап тыгыздашат жана ошол эле мезгилде чоюшат (4-8см ден 60-80 см ге чейин). Мындай кездемелерди жасоо Океания менен Танзанияда (Жаңы Зеландияда таралган эмес) кеңири тараган жана өнүккөн. Ал Түштүк Америка (Амазонка райондору), Индонезияда жана Африканын Сахарадан түштүктө жайгашкан айрым аймактарында жасалып келет. Ал Сулавесиде, Танзаниянын арасында жөкө алуу үчүн атайын өстүрүшөт. Меланезияда анжир жыгачынан бекем жана одоно жөкө алышат. Океанияда мындай кездемени «тапа» деп аташат, бул сөз полинезия тилинен алынган жана »урулуп, согулган» деген түшүнүктү берет. Бул кабык кездемени билдирген. Биздин заманга чейин эле Кытайда кагаз дарагынын жөкөсүнөн кагаз жасашкан. Дарактын кабыгы курч аспап менен же ургуланып сыйрылып алынат. Тапаны узартуу, кеңейтүү түрдүү жолдор: бир нече тилкенин четтерин бириктирип ургулоо, клей менен жабыштырып ургулоо же жөкөнү чаташтыруу аркылуу жетишилет. Жыгач балкаларга жолчолор же сүрөттөр оюлуп жасалган. Аны менен ургулоодон кездеме кооз түр алган. Кездемени өз түрүндө катырышкан же күнгө жайышкан, же боёкко салышкан, кээде бир гана жагын боёшкон. Боёо жана сүрөт салуу бир эле жумуш процессинде бүткөрүлгөн. Тапанын ачуу жытын кетирүү үчүн Полинезияда жыпар жыттуу чөптөрдүн ширесин пайдаланышкан. Бир катар аймактарда майланган кездеме менен жаандан корголошкон.

**Кагаз.** Кагаз этномаданий контекстеги мааниси зор тема болуп эсептелет. Кагазсыз адамзаттын жалпы өнүгүүсүн элестетүү кыйын. Жаңы маалымат технологиясынын өнүгүү доорунда да кагаз өз маанисин жогото элек. Кагаздын негизги маани-маңызы жазуу маданияты менен байланышкан. Кагазды ойлоп табуу жана аны өндүрүштүк ыкмага көтөрүү тропикалык жана субтропикалык өсүмдүктөр (дарактар ) кенен таралган Түштүк Чыгыш Азия жана Океаниянын аймактарында алгач ишке ашырылган. Бекем жана ийилчээк дарактардын кабыктарын иштетүүдөн алынган кагаздан үй турмушуна керектүү төшөнчү, кийим, ритуалдык маска жана башкаларды даярдашкан. Кагаз алынуучу материя илимде «тапа» деген ат менен белгилүү. Бул үчүн атайын дарактардын түрлөрүн, көбүн эсе тыт сымал дарактарды олтургузушкан. Австронезиялык «тапа» термини байыркы кытай жыл баяндарында «тапу» формасында эскерилет (Шицзи, Ханшу - б.з. 1-к). Мындан байыркы Кытайда кагаз сымал тапаны жазууну түшүрүү максатында колдонушкандыгын байкоого болот. Кагазды атайын жазуу максатында пайдаланууну императордук сарай мыкчыгери, мамлекеттик иш башкаруучу Цай Лун дегенге байланыштырышат. Анын б.з. 105-ж. кагаз жасоого берген буйругу белгилүү Тыт дарактарынын бутактарындагы жумшак кабыктарын ажыратып, аны аябай майдалап, эриген. абалга келгенче сууга салып аралаштырышкан. Ботко сымал суюктукту жибек жиптен жасалган электен өткөрүшүп, тактайдын үстүнө жабышкан, үстүн оор нерсе менен бастырышкан. Андан соң, алынган кагазды кургатышкан. Кагаз өндүрүү маданияты буддизм дини аркылуу Корея жана Японияга таралган. Б.з. 7-кылымда Индияда кагаз колдонула баштаган. 9-кылымда Кытайда «алгачкы монеталар» - кагаз акчалары пайда болгондугу маалым. Батыш өлкөлөрүнө кагаз арабдар аркылуу таралган. 751-жылы Таластагы (Атлах) салгылашууда арабдар туткунга түшкөн кытай мастерлерине Самаркандда кагаз өндүрүшүн курдурушкан. Андан кийин бул

өндүрүш мусулман дүйнөсүнө таралган. Борборлошкон мамлекетти баш- каруууда, салык ж.б. иштерди тескөөдө кагаздын өзгөчө ролу өскөн. Өндүрүүдө көп эмгекти талап кылбаган, өздүк наркы төмөн турган кагаз пергамент жана египеттик папирусту сүрүп чыгарган. Китеп басып чыгарууда кагаз кенен колдонула баштаган. Арабдар сокуга жанчуу ордуна сүртүү технологиясын ишке киргизишкен. 12-кылымда Испанияга, андан соң Италияга таралган. Кытайга (Хан, Вей, Суй, Тан, Юань династиялары) кошуна жашаган кыргыздар кагаз менен байыртадан эле тааныш болушкан. Тан мамлекетинде, Тибетте билим алышкан кыргыздар кагаз менен тааныш гана эмес, анын өндүрүү ыкмаларын билишкен десе болот. Кагаз кыргыздардын мамлекеттик башкаруу, дипломатиялык-саясий алака иштеринде кенен колдонулган.

***Ад.:*** *Малкин И.Т. История бумаги. М., 1940.*

**Каган (Qagan)** - байыркы кыргыз, түрк, уйгур каганаттарындагы жогорку башкаруучунун жана башкы аскер жетекчисинин наамы (титулу). Каган жуан-жуандардын (жужандар же аварлар) аскер башчысынын наамы катары кытай жыл баяндарында 312- ж. баштап эскерилет. Каган наамы (титулу) хунну, сабир, хазар, булгар, аварларда да кеңири белгилүү болгондугу маалым. Бул мамлекеттик-башкаруу наамын 6-к. тартып уйгур, кыргыз, карлук башкаруучулары кабыл алышкан, император, шахиншахка маанилеш сөз болгон. 8-к. акыры - 9-к. башынан 13-к. чейин киевдик княздар (Киев Русу) да каган титулун пайдаланышып, саясий жактан өздөрүн Хазар кагандарына тең экендигин көрсөтүүгө аракеттенишкен. Борборлошкон Монгол мамлекетин негиздеген Темучин (Чыңгыз-хан) да ушул наамды кабыл алган.

Каган термини мусулман булактарында «хан», «хакан» түрүндө пайдаланылган. Изилдөөчүлөрдүн айрымдары бул терминди байыркы кытай тилинен (Хан доөру) келип кирип, «улуу башкаруучу» дегенди аныктаарын белгилешет. Титул кыргыз ж.б. жазуу эстеликтеринде антропонимдердин (адам аттары) компоненттери катары кездешет: Бумын-каган, Ай-каган, Боз-каган, Билге-каган, Барс-бек каган ж.б.

**Казактар** - түрк тилдеринин генеалогиялык ажырымында батыш хунну бутагындагы кыпчак тобуна киришет, кыпчак тилинде сүйлөгөн калк. Казактар Дешт и-Кыпчакты байырлап келген кыпчак ж.б. тилдүү уруулардын түз урпактары болушат. Бул аймак Алтын Ордого, Моголистанга, Ногой Ордосуна, Сибирь жана Өзбек хандыктарына кирген. Өзбек хандыгындагы ички карама-каршылык араздашуулардан улам, казактар бул хандыктан бөлүнүп, Жетисуу тарапка ооп келишет, бул аймак баш коштуруп, бириктирүүчү аймакка айланган. 15-к. экинчи жарымы, 16-к. баш чендеринде Казак хандыгы түзүлөт, бир нече кылымга созулган калыптануу (этногенез) процесси аяктаган. Казак хандыгы Улуу жүз (Жети Суу), Орто жүз (Борбордук Казакстан), Кичүү жүз (Батыш Казакстан) деген уруулук бирикмелерден турган. 17-18-кк. казактар Жуңгар хандыгына каршы күрөшүшкөн. 1731-ж. Россияга Кичүү жүз, 1740- ж. Орто жүз казактар кошулушкан. 1840-ж. Улуу жүз казактар моюн сундурулган эле. Казак-кыргыз этностук байланыштары кыпчак, ногой этностук-маданий чөйрөлөрү аркылуу жүргөн; бул процесс Казак хандыгы түзүлгөндө чыңалган. Эки элдин этностук-маданий карым-катнашын материалдык жана руханий маданиятынын үлгүлөрүнөн, каада-салтынан, философиялык-диний түшүнүктөрүнөн байкоого болот.

**Казал** — лирикалык жанр. Элдик оозеки чыгармачылыктагы ашыктык ырларынын өзүнчө формасы катары эң алгач ирет 5-6-кк. араб жазма поэзиясында пайда болгондугу маалым. 9-10-кк. тартып фарс, тажик, уйгур, азербайжан, түрк ж.б. түрк тилдериндеги классикалык адабиятта кеңири тараган. Казал - баштан аяк бир өңчөй үндөштүктө жаралчу ыр. Казал жанрларынын

мотивин алгачкы учурда сүйүү, айрылуу жана арман ырлары түзгөн. Сырдаштык лириканын бул түрү теңделип отуруп, коомдук, социалдык, саясий, философиялык, этикалык, дидактикалык, сатиралык ж.б. Маселелерди козгоого чейин көтөрүлгөн. Салт боюнча казал эки бейттен он эки бейтке чейин созулат. Казал жанрын адамдын ички дүйнөсүн бардык татаал көрүнүштөрдө сүрөттөөнүн өзгөчө чебер формасына айландыруу процессинде чыгыштын Рудаки, Саади, Хафиз, Жами, Низами, Физули өңдүү атактуу акындары зор эмгек сиңирген. Күн чыгыш поэзиясынын таасири менен казал формасын Батыш Европада жана орус акындары да пайдаланууга аракет кылышкан. Казал 18-19-кк. (болжолу ага чейин деле) кыргыз коомундагы жазгыч акындардын жалпы аталышын билдирген. Кыргыз коомунда Казыбек казалчы, Молдо Кылыч, Молдо Нияз ж.б. атактуу казалчылардын мурастары жашап келет.

**Казан** — тамак-аш бышыруу үчүн чоюндан жарым шар түрүндөгү кемегеге, тулгага, очокко асууга оңтойлуу жасалган чуңкур идиш. Казан бир катар элдерде коло доорунда пайда болуп, алгач колодон, жезден, кийин темирден, чоюндан колго жасалган. Казанды Орто Азия, Закавказ элдери көбүрөөк пайдаланышкан. Көлөмүнө ылайык: жан казан, чоң казан 12 карыш, кой казан 8 карыш болуп бөлүнөт. Жан казандан (2 кулактуу) башкалары 4 кулактуу. Учурда суроо-талапка ылайык 10, 20, 30, 40, 50, 80, 100, 200, 300 литрлик казандар колдонулат.

**Казанбак** — көчкөндө сынып калуудан, бөлүнүүдөн сактоо максатында чырпыктан же жалпак жука талдан көз-көз кылып, казан баткандай көлөмдө токулуп жасалган казан кап. Көчкөндө казандын асты-үстүнө, жанына жүктөлгөн буюмдардын көө болушунан да сактайт. Демейки учурда тазалык үчүн капкактуу казандын үстүнөн бастырылып коюлат.

**Казы** — 20-к. баш чендерине чейин кыргыз коомундагы кылмыш иштерин, чарбалык ж.б. карама-каршылыктарды мусулман укугунун негизинде караган сот. Казы соту кыргыздарда ислам дини кире баштаган мезгилден пайда болот. Өзгөчө Кокон хандыгы, бүгүнкү Баткен аймагы, Памир кыргыздары кирген Бухара эмирлигинде казылардын укуктук багыттагы ишмердүүлүгү бекемделе баштаган. Анткени аталган мамлекеттер теократиялык түзүлүштөрдөн болгондугу белгилүү. Анткен менен, кыргыз коомунда бийлердин ролу зор бойдон кала берген. Орто кылымдарда айрым өлкөлөрдө казылар бүгүнкү нотариустун да милдетин аткарган, жетимдерди опекага алган же аларга опекундарды дайындаган, граждандык жана кылмыш иштер боюнча өкүмдөрдү аткарылышын көзөмөлдөшкөн. 19 -К. жана 20-к. баш чендеринде ак сөөктөр (административдик-башкаруу ж.б.) сотунун пайда болушуна байланыштуу казы үй-бүлө, диний, мурастоо иштерин кароо менен гана чектелген. Кээ бир мусулман өлкөлөрүндө шарият сотторунун жоюлушу менен казы институту да жоюлган.

**Казына** - 1. Мамлекеттин, падышанын, акча, кымбат баалуу металл, таш ж.б. сакталган атайын жай; 2. Казына үчүн же мамлекеттин пайдасы үчүн иштеп берүү. Термин байыркы кыргыз тилинде «өлкө», «мамлекет» дегенди туюнтат. Энесай кыргыздарынын урпактары болгон хакастар малекетти азыр да «хазына» деп аташат. Бул термин «казына», «казна» формаларында славян ж.б. тилдүү элдерге тараган. Демек, казынага төлөө, казынага иштеп берүү деген сөз «мамлекеттин казынасына салык төлөө, мамлекет үчүн иштеп берүү» ж.б. туюнтат.

**Кайберен** («кайп», «кайып», «кайып эрен»). 1). Ача туяктуу жапайы жаныбарлардын (кийик, аркар, марал ж.б.) жалпы аталышы; 2). Мифологияда (уламыштардагы) ошол жаныбарлардын ээси, колдоочусу; 3). көзгө көрүнбөй кубулуп, адам баласын колдоочу касиетке эгедер кереметтүү күчтөр. «Кайберен» сөзү арабдардын «кайп» - көзгө илээшпөөчү, көрүнбөөчү, жашыруун жана «яран» - жолдош, дос деген сөздөрүнөн келип чыккан. Бирок кайберендин байыркы

мифологиялык образы кыргыздар ислам дүйнөсү менен экономикалык-маданий байланыш жасаганга чейин эле калыптанып, кыргыздардын ошол замандардагы тотемисттик жана анимисттик көз караштарынын негизинде пайда болгон. Кыргыз жомокторунда, уламыштарында, дастандарда кайберенге өзгөчө маани берилгендиги чагылдырылат. Бул кыргыздардын байыркы замандардагы чарбалык бир укладын - аңчылыкты да чагылдырары ырас. Адам баласы менен кайберендин алакасын «Эр Төштүк», «Кожожаш» дастандарынан, «Карагул ботом» ж.б. жомоктордон көрүүгө болот.

**Каймак** - ынак сүттү сепараторго тартуу менен алынуучу сүт азыгы. Сүт сепараторун ойлоп чыгарганга чейин каймактатуу үчүн сүт чийки же бышырылган абалда 12-24 саат коюлуп, үстүнкү катмарын калпып алынчу. Ушундан улам каймак, кам каймак деп аталган.

**Кайнага** — аялынын бир тууган жана башка агаларынын күйөөсүнө, күйөөсүнүн бир тууган жана башка агаларынын аялына карата аталышы. Күйөөсү каза болгон учурда келиндин кайнагасына никелешүүсүнө уруксат берилген эмес.

**Кайната** (кайын ата) - аялынын атасынын күйөөсүнө, күйөөсүнүн атасынын аялына карата аталышы. Кайрылганда «ата» деп кайрылышат.

**Кайнене (кайын эне)** - аялынын энесинин күйөө балага, күйөөсүнүн энесинин келинге карата аталышы. Кайрылганда «эне» деп кайрылышат.

**Кайнеже (кайын эже)** - аялынын бир тууган ж.б. эжелеринин күйөөсүнө, күйөөнүн бир тууган ж.б. эжелеринин аялына карата аталышы. Күйөө баланын кайнежесине үйлөнүүсүнө тыюу салынган.

**Кайни (кайын ини)** — аялынын бир тууган ж.б. инилеринин күйөөсүнө, күйөөсүнүн бир тууган ж.б. инилеринин аялына карата аталышы. Күйөөсү каза болгон учурда келин кайнисине турмушка чыккан.

**Кайрак** - металлдардан жасалган эмгек ж.б. күндөлүк керектелүүчү куралдарын курчутуу үчүн табигый кумдук таш же кумдап атайы жумуру, жалпак абалда өндүрүштүк негизде уютулган курчуткуч. Чалгы курчутуу үчүн атайын жасалган жыгач кайрак- тар да колдонулат.

**Кайрак жер** - дыйканчылык кеңири таралган райондордогу сугарууга мүмкүн эмес болгон ыңгайсыз жер. Андай жерлерде атайын сугарууну талап кылбаган, кургакчылыкка чыдамдуу техникалык айыл чарба өсүмдүктөрү өстүрүлөт. Биздин өлкөнүн шартында мындай жерлерге көбүнчө дан эгиндери (буудай, күн карама, нокот ж.б.) менен тоют өсүмдүгү айдалат.

**Кайрык же кайруу** - күүнүн сюжеттик өнүгүшүндөгү улам кайталануучу туруктуу мотив. Кыргыз эл күүлөрүнүн бир түрү. Комузда, кыл кыякта, ооз комузда аткарылат. Алар курулушу жагынан ачык-айкын кайруулары чакан, профессионал музыкадагы аспаптык вариацияларга жакын келет. Күүнүн ички өнүгүшүнө негиз болуп кирүүчү бөлүмдүн улам кайталанып, чертилишине, аткаруу ыктарына, мазмунуна жараша «Кош кайрык», «Үч кайрык», «Тогуз кайрык», «Терс кайрык», «Эски кайрык», «Салтанаттуу кайрык» сыяктуу түрлөргө бөлүнөт. Кайрыктардын айрымдары нотага түшүрүлүп, аспаптар менен иштелип чыккан.

**Кайырмак** - балык securely кармоочу курал. Кайырмак балыктын түрүнө, чоңдугуна карата жасалат. Илим менен техниканын өнүгүүсүнө жараша кайырмактардын да көптөгөн жакшырган, сапаттуу түрлөрү пайда болууда.

**Кайыш** — жүнү алынып, ашатылып, ийленген тери. Бодо малдын, кайберендин терисин челдеп, жүнүн алып, малмага салып, тез-тез которуштурушат. Терини ашаткыга кирген соң таза жууп, тоборсутуп, аз нымы менен талкууга салып, ийге жеткен абалга чейин ийленет. Көчмөнчүлүк турмушта ат жабдыктарын жасоо үчүн кайыш көп колдонулат. Кайыштан үй чарбасына зарыл болгон жүгөн,

куюшкан, басмайыл, нокто, көмөлдүрүк, үзөңгү боо, чылбыр, тизгин, канжыга, куткун, чап, кур ж.б. буюмдар жасалат.

**Какмачы** - мергенчилик кылууга же аң уулоого жардамчы катары катышкан адам. Ал айрым учурларда жандooч, айдooч деп да аталат. Кыргызда «Жандоочу кийик аттырат» деген макал бекер жеринен айтылган эмес. Какмачы кайберенди же илбээсинди акмалап жаткан мергенчилерге карай сүрүп берет.

**Какырым** — кыргыздын байыркы салттуу тамактарынын бири. Хакас жана туваларда бул тамак «хахырым» деп аталары маалым. Какырым күз жана кыш айларында денеге жагымдуу, айрым учурларда дарылык касиети бар тамак катары пайдаланылат. Бул тамакка ченемине жараша катыкталган айран же эзме курут, сары май, туз, пияз ж.б. татымалдар кошулат.

**Калак** - уч жагы жалпак, жука миздүү, саптуу күрөк сымал жыгач курал. Калак абдан көп көлөмдө камыр жууруганда, бозонун шагын аралаштырганда жана кайнатканда, эжигей бышырганда, курут даярдаш үчүн сүзмө менен эжигейди аралаштырган- да, шакар кайнатып самын уптаганда ж.б. колдонулат. Кыска саптуу жазы калак очоктон, тандырдан күл чыгарууда пайдаланылат. Калак - сууда сүзүүчү кайыктын эки шилегичин да туюнтат.

**Калайык** — жер жүзүндө, континент, өлкө, өзүнчө аймак, район, шаарда жашаган адамдардын тобу. Кеңири колдонулуучу калк термининен калайык термини көбүнчө калктын социалдык-экономикалык жагын мүнөздөө менен айырмаланат. Калкты демография илими изилдейт. Биологиялык, географиялык социалдык-экономикалык факторлор калктын өнүгүшүнө чечүүчү таасир тийгизет. Калк проблемалары адамдын биологиялык тегине, айлана- чөйрө менен өз ара байланышына, коомдук баскычтардын өнүгүшүнө жараша болот. Анткени, калктын эмгекке жарамдуу бөлүгү коомдогу негизги өндүргүч күч болуп саналат. Калкты мүнөздөөчү негизги көрсөткүчтөргө өсүп-өнүгүү, жайгашуу, урбанизация, миграция, жыныс жана жаш боюнча курамы, үй-бүлөлүк абалы, билим деңгээли, расасы, тили, этностук, диний курамдары кирет.

**Калбыр** - дан жана башка азыктарды тазалоочу чарба куралы. Дыйканчылыкта, ошондой эле курулуш иштеринде да кеңири колдонулат. Ал болот, темир зымдан, бекем жана бышык жиптен тордолуп же жука, жалпак темирден атайын көзөлүп жасалат. Көлөмү, узундугу чарбалык зарылчылыктарга ылайык жасалат, элек сындуу даярдалат.

**Календарь** — табияттын мезгилдүү кубулуштарынын негизин- деги асман жарык чыгаруучуларынын кыймылына байланышкан убакыттын узак аралыгын эсептөө системасы. Календарь жана аны түзүүдө, иликтеп үйрөнүүдө күн менен түндүн, жыл мезгилдеринин алмашышы, ай фазаларынын өзгөрүшү пайдаланылат. Убакыт чегинин бирдиги күн менен түндүн алмашуусу - сутка, айдын, жердин айлануусу - ай, жердин күндү толук айлануусу - жыл деп кабыл алынган. Натыйжада дүйнө элдеринде ай, ай-күн жана күн календары пайда болгон. Ай календарында жыл 12 айдан, ар бир ай 30 же 29 суткадан турган. Бир жылда 355-354 сутка болгон. Ай календары мусулман өлкөлөрүндө кеңири колдонулган. Бул календарь боюнча эсептөөнүн башталышы Хижранын же 622-жылдын 16-июлуна дал келет. Бул календарды мусулман жыл санагы деп да атап жүрүшөт. Ай-күн календарында 19 жыл 235 айга барабар. Ар бир 19 жылдын ичинде 12 айлуу 12 жыл жана 13 айлуу 7 жыл бар. Бул календарь байыркы мезгилде Вавилон, Израил, Корея, Монголия, Япония ж.б. өлкөлөрдө колдонулган. Күн календары б.з.ч. 4-миң жылдыкта Египетте түзүлгөн. Мында жыл 365 күндөн турат, ар бири 30 күнгө созулган 12 айга бөлүнөт. Жыл аягына эч бир айга киргизилбеген 5 күн майрам кошулган. Буга Юлиан, Григорий ж.б. календарлар кирет. Юлиан календары б.з.ч. 46-жылда Римдин атактуу императору Юлий Цезардын чечими боюнча кабыл алынып, анын ысымында аталып калган. Ал

боюнча жыл 365 суткадан, 7 ай 31 күндөн,4 ай 30, февраль айы 28 күндөн турган. Бул учурда да жыл 6 сааттан кемийт. Ал чогулуп отуруп, 4 жылда бир суткага жеткен, ошондуктан аны ар бир 4-жылга кошууну чечишкен. Мындай жыл «узак жыл» деп аталып 366 күндөн турат. Бул календарь боюнча жылдын орточо узактыгы анын табыгый убактысынан 11 минут 14 секунддан ашык болуп, 128 жылда 1 суткага жеткендиктен, көп ыңгайсыздыкты жараткан. Григорий календарын Рим папасы Григорий 13 Юлии календарындагы мүчүлүштү жоюу максатында түзгөн. Юлий календарын кайра карап чыгып, жазгы күн менен түндүн теңелүүсүн 21-мартка алып келүү жана мындан ары аны бул датадан кечикпөөсүн камсыз кылуу үчүн, ал 1582-ж 4-октябрда бейшембиден кийинки 10 күндү кыскартып, кийинки күндү - жуманы 15- октябры деп эсептөөгө буйрук кылган. Кийин ката кетирбеш үчүн, ар бир 400 жылда 3 күндү жыл эсебинен алып салууну жана аягы 00 менен бүткөн кылымдык жылдардан 4кө так бөлүнбөгөндөрдүн узак жыл деп эсептөөнү сунуш кылган. Бул календарды ар кайсы убакта Европа өлкөлөрү колдоно баштаган. Биздин өлкөдө 1918- ж коммунисттердин сунушу боюнча 14-февралдан баштап киргизилген, же 1918-жылдын 1-февралы ошол жылдын 14-февралы деп кабыл алынган. Григорий календары боюнча ар бир айдын бирдей числолору жуманын бирдей күндөрү менен дал келбейт. Айлардын 28, 30 жана 31 күндөн, кварталдар 90-91, 92 күндөн, бир жарым жылдын 181 же 182, 184 күндөн турганы да оңтойсуздуктарды жаратары анык.

**Калк** - адамдардын калыптанган тарыхый жалпылыгынын бир формасы. Калк - адамдардын аймак, тил, маданият жана экономикалык жактан биримдигинин натыйжасы.

**Калк миграциясы —** калктын жер которуп, башка жерге көчүшү. Көчүү өлкө ичинде болсо - ички миграция деп аталат. Калктын ар кандай себептер менен кыска мөөнөттө өлкө ичинде же башка мамлекетке убактылуу көчүшү - мезгилдүү миграция деп аталат. Калк көчүп кеткен жерде элдин саны азайса, барган жеринде көбөйөт да, эмгек ресурстарынын өлкө ичинде, же мамлекеттер арасында бөлүнүшүнө таасир тийгизет. Элеттегилердин шаарга көчүшү -калк миграциясындагы негизги маселелердин бири.

**Калк эмиграциясы** - адамдардын саясий-экономикалык, этностук, диний ж.б. себептер менен өз өлкөсүнөн башка өлкөгө аргасыз же ыктыярдуу көчүп кетиши. Мындай көчүү биротоло жашоо, узак убакытка, убактылуу же эмгек акы табууга байланыштуу келип чыгат.

**Калкан** - найза менен кылычтан, жаанын огунан ж.б. куралдардан коргоочу аскер куралы. Калкан - байыркы кыргыз сөзү.

Калканыч», «коргонгуч» маанилерин туюнтат. Калкан байыркы убакта эле пайда болгон. Калкан дүйнө элдеринде ар түрдүү формада (тегерек, төрт бурчтук, сүйрү), ар кандай көлөмдө, катуу жыгачтан же согулган чырпыктан, териден, сөөктөн, кийинчерээк ар түрдүү металлдардан жасалган. Кыргыздарда ж.б. түрк-монгол элдеринде аскер ишинде калкандын тегерек түрү кенен колдонулган. Калкандын ички бетинде колго кармап алуучу атайын тагылган боосу, кармагычы болгон. Калкандын сырт жагы ар кыл түстөгү тартылган сүрөттөр, оймолор менен кооздолгон. Кээде анын бет жагына колдойт деген түшүнүк менен жакшы көргөн жаныбарлардын, ар түрдүү нерселердин сүрөттөрү түшүрүлгөн. Жоокер сол колуна калканды кармап, оң колуна кылыч же найза өңдүү куралдарын алып, жоо менен беттешкен. Сол колундагы калкан менен тосуп же кагып душманынан коргонгон. Атылма куралдардын пайда болушу менен бирге калкан аскер ишинде сейрек колдонула баштаган. Азыркы Монголиянын аймагында жашаган монголдор «халха монголдор» же батыш жакты тосчулар деген маанини туюнтат.

**Калмак-кыргыздар.** Шинжаң автономиялуу областындагы (Кытай Эл Республикасы) Эмел-Гол Монгол Автономиялуу аймагында калмак-кыргыздар деген этнографиялык топ жашайт. Саны 1000 адамдан ашуун (20-к. 60-70-жж. маалыматтар боюнча). Калмак- кыргыздардын курамын сары багыш, мундуз, баарын, ханзу (кытай), тува, казактар түзөрү аныкталган. Турмуш-тиричилиги, каада-салты монголдордукуна окшош. Буддизмдин бир тарамы болгон лама динин тутунушат. Лексикасынын басымдуу бөлүгү изилдөөчүлөрдүн белгилөөсүндө казак, айрым элементтери кыргыз тилинин каражаттарынан куралган. Өздөрү ата-бабаларынын бул аймакка мындан 300 жыл чамалуу жыл мурда келип туруп калышкандыгын эскеришет. Шинжаңдын (КЭР) Тарбагатай аймагындагы Дөрбөлжүндөгү (монг. Дөрбөлжин - «төрт чарчы жер») Орхошор (Оргочор) деген жерде 1640-жылы жашаган кыргыздар жөнүндө маалымат берилген, алар Чыгыш Теңиртоодо жашашып, кийинчирээк, 1780-жылдары аталган аймакка көчүп келишкен. Ошондон баштап калмактар тарабынан кыргыздарды ассимиляциялоо боюнча иш- аракеттер жүргүзүлгөн. Азыр Дөрбөлжүндөгү кыргыздардын басымдуу көпчүлүгү Оркошардан түштүк тараптагы Чөйчөк шаарынын айланасындагы. «Алга», «Кыз-Бейит», «Эки-Суу» деген айылдарда жашашат. Акыркы маалыматтар боюнча ал жердеги кыргыздардын саны 2000 тегерегинде. Бул кыргыздар сары багыш, баарын, мундуз, ак найман, сарттар урууларынан болушат.

***Ад.:** Турдуева А. Кытпайдагы кыргыздардын социалдык абалы (1950-1990-жж.). Б.: 2001.*

**Калмактар** - монгол тилдүү калк. Өздөрүн «хальмг» деп аташат. Россия Федерациясынын Калмык Республикасынын негизги калкы. Саны 150 миңден ашык. Тарыхый булактарда жунгарлар, ойроттор деген ат менен де белгилүү. Азыркы Астрахан аймагына (волгалык калмактар) 17-к. баш чендеринде журт которуп барышкан. Бул калктын негизин дербет, торгоут ж.б. субэтникалык топтор түзүшкөн. 14-к. аягы, 15-к. баш чендеринде Угечи Кашка (Гүйлүчү, Мункэ Тэмур) аттуу кыргыз ханы негиздеген (1399-1435- жж.). Ойрот мамлекетинин курамына киришет. Угечи Кашканын уулу Эсеху хандын тушунда Кытайга, Чыгыш Түркстанга карата уюштурулган аскердик ийгиликтүү жүрүштөргө катышкан. Жунгар хандыгынын тушунда (17-к. орто чендери) Дэрбэт, торгоут, чорос ж.б. курамына кирген калктын бир бөлүгү (280 миң) Волга тарапка көчүшөт. Кыргыздар, өзгөчө казактар катуу кысымга дуушар болушкан. 1771-ж. калктын бир бөлүгү (125 миң) Жунгарияга кайра көчүшөт. Бирок жолдо көбү кырылып калган. Жунгариядагы калмактардын дээрлиги 1773-1775-ж. Цин (манжур) аскерлери тарабынан (1 млн. ашуун) кыргынга учураган. Аман калгандары Эмел-Гол жана Чыгыш Түркстандын айрым жерлеринде турушат. Алар «кара калмактар» деп аталышары маалым. Калмактар будда дининин лама багытын тутунушат. Мамлекеттик иш- кагаздары монгол арибi менен жүргүзүлгөн. Волгалык калмактар Совет доорунда репрессияга дуушар болушуп, көчүрүү (көбүн эсе Сибирь тарапка) саясатына кириптер болушкан. Негизинен көчмөн мал чарбачылыгы менен кесиптенишкен. Учурда бул калктын басымдуу бөлүгү отурукташууга өтүшкөн.

**Калп** - кыргыздын балдар оозеки чыгармаларындагы өз алдынча жанр. Ал көбүнчө жорго сөз түрүндө жаралып, турмушта болбой турган, кадыресе акыл-эс нормасына сыйбай турган окуяларды юмордук планда баян этет. Кыргызда «чоң чымын», «улак чымын», «чегиртке минген киши», «кырк ооз калп» деген ушу сыяктуу калптар бар.

**Калпа** (ар. «халифа» - орун басар) - ислам дининдеги окууну тараткан динийат адамы. Суфизм окуусун жигердүүлүк менен эл арасында тараткан дин ишмерлери. «Хадифа» мамлекеттик-диний, башкаруу титулу катары Араб

халифтиги негизделгенден кийин (б.з.7-к.) калыптанган. Алгач ирет бул наамга төрт «шайланма халифтер» (Абу Бекр, Омар, Осмон, Али) татыктуу болушкан. Бул титул бир эле учурда мамлекеттин башчысы, мусулмандардын жер жүзүндөгү руханий жетекчиси дегенди туюнткан. Бул наамды кийинчерээк Багдад халифтери, 14-15-кк. Осмон мамлекетинин өкүмдарлары (20-к. баш чендерине чейин) алып жүрүшкөн. Кыргыздарда калпа деп дин окуусун тараткан адамдарды аташкандыгын тарыхый булактар чагылдырат.

**Калпак** — кыргыздын байыртадан келе жаткан улуттук баш кийими. Бул баш кийим этнографиялык мезгилден бери белгилүү болгон. Кызгылт түстөгү кылчык, кийинчерээк ак, уяң жүндөн жасалган. Атайын бышык басылган кийизден төбөсү бийик, этеги тегерек бычылып, оймо-чийме түшүрүлбөгөн, төбөсүндө чок чыгарылбай, астарсыз бир гана тигиш менен бириктирилип, ошол жери маңдай делген. Калпак көбүнчө ак кийизден жасалгандыктан «ак калпак» деп аталган. Бара-бара калпактын бычылышы менен формасы өркүндөтүлүп, көркөмдөлө баштаган. 18-19-кк. жарымына чейин калпак төбөсү жапызыраак, эки талаа болуп бычылып, тигилген. Талаалардын кошулган жери көбүнчө тыбыттан ийрилген жип же өрүлгөн кыл. Ошондой эле, атайын даярдалган кездеме менен милтеленип, чети кыл, шоона жип менен кооздолуп, саймаланган, төбөсүнө чок тагылган. Кайрууга ыңгайлуу болушу үчүн калпактын эки жеринен тилик калтырылган. 19-кылымдын 2-жарымында калпактын төрт талаа төбөсү мурдагыдан да жапыз бычылып, жээги 7-12 см. кездеме көбөлөнүп, төбөсүнө чок чыгары- лып, жээктерине жана талааларына сайма түшүрүлүп, ичи астарланат. Калпактын тилик калпак, туюк калпак, талаасыз калпак, айры калпак, ай калпак, шырма калпак ж.б. түрлөрү бар. Учурда кыргыз калпактын түрлөрү көбөйүп, эстетикалык табити, сапаты жакшырып бара жатат. Төбөсү узунураак келгей калпактар басымдуу абалда. Кытай кыргыздары калпактын төбөсү жапызыраак түрүн кийишет.

**Калың** - үйлөнүү салтында аткарылуучу кыргыздын байыркы каада-салт, расмиси. Эки тараптын (куда-сөөктөр) катышуусу менен тойго чейин эле шартка жараша калыңдын эсеби, көлөмү бычылган. Калың энелик уруктан аталык урукка өтүп жаткан доордо пайда болуп, алгачкы коомдун кечки мезгилинде жана эрте таптык коомдо калыптанган. Калың негизинен малдан, айрым учурларда акчадан турган. Колунда барлар жамбы, ал эми мал болсо тогуздап төлөнгөн. Тойго камылга калың төлөнгөндөн соң көрүлө баштаган. Калың төлөө салтынан патриархалдык-уруулук мамилелер байкалып турган. Калың болочок келиндин тууган-туушкандарынын айрымдарына да төлөнгөн. Бул салт энесайлык кыргыздарда да болгондугун кыргыз жазма эстеликтери (Сужа жазуусу ж.б.) баяндайт. Ал эми кытай жыл баяндары калың берүү расмиси хуннуларда кенен жайылгандыгын баяндайт.

**Калып** - жасалуучу, коюлуучу ар кандай нерселердин үлгүсү, кеби. Калыптын ар кандай түрлөрү бар. Кылымдардан бери кыргыз зергерлери ат жабдыктарын, кемер-курду, кыз-келиндердин кооздук буюмдарын жасаш үчүн ар кандай чоңдуктагы (бир нече ) көлөмдөгү, түрдөгү күмүш ж.б. түстүү металлдарды куюуда калыпты кеңири колдонушкан. Муну Энесай дооруңдагы кыргыздарга таандык музей (Абакан, Кызыл, Минусин музейлери) материалдарынан да көрүүгө болот. Алар көбүнчө чоподон жасалган. Ортосунда ар кандай чоңдуктагы бир нече ок куюлуучу оюктары бар, жиксиз беттелүүчү эки бөлөк жалпак май таш - ок калып же калып таш делет. Мындай калып аңчынын ок куюучу негизги аспаптарынын бири болгон.

**Калча.** «Манас» үчилтигинде калчалар кыргыздарга жоо, ал эми айрым варианттарында теги жакын эл катары чагылдырылат. Изилдөөчүлөр калчалардын кыргыздарга, өзгөчө тажик жана өзбектерге жакындыгын эпостогу

«каратегин калча» терминине ж.б. маалыматтарга таянып айтышат. Тилчилер калчалардын өзбек жана тажиктерге жакындыгын белгилөө менен бирге, төмөндөгүдөйчө чечмелешет: 1.Көрүнүшү сүрдүү (кочкор тумшук) киши; 2.«Манас» эпосунда Коңурбайга карата айтылчу эпитет; 3.Тоолук тажик (негизинен каратегиндиктер); 4. Эпостук чыгармаларда «сакчы», «кароолчу» катары айтылат; 5.Эпосто «кул» маанисин түшүндүрөт. Ал эми айрымдары мындайча аныктама беришет: 1.Памирдик тоолук ирандыктар галча/калча, ал эми өрөөндөгүлөр «тажик» деп аталат; 2. өтм. Кочкор тумшук, айбаттуу, багалчак адам. Биздин пикирде, этнонимдин чыгыш тегин аныктоодо анын баштапкы маанисин тактоо зарыл. Байыркы буряттарда коллективдүү аңчылыктын жетекчиси коомдук өзгөчө абройго ээ шаман (бакшы) болгондугу маалым. Коллективдүү аң уулоонун алдында ырым- жырым ритуалын аткарып, жалпы процессти башкарган шаман «галша» деп аталган. Галша (галшин, галчи) сөзүнүн түпкү мааниси «гал» -от, -ша/-ча суффикси кесиптин жана кыймыл-аракеттин маанисин аныктайт. «Галша» - отту сактоо, бир эле учурда алачыкты күзөтүү, чабылып алынган аңды ууга катышкандар үчүн бөлүштүрүүнү башкаруу функцияларын да аткарган. Терминдин баштапкы маанисинде байыркы бабаларыбыздын отко сыйынуу салты жатат. Алгачкы жамааттык коомдо уруктагы (уруудагы) отту өчүп калуудан сактаган абройлуу милдет жана ага сыйынуу ритуалын аткаруу кийинчерээк шамандардын карамагына өткөн. Анонимдүү фарси тилдүү булак «Худуд ал-Аламда» (9-11-кк.) кыргыздар отко өзгөчө маани беришери баяндалат. Шамандын коомдогу ээлеген социалдык жана экономикалык ролунун жогорулашы менен бирге, галша\\галча урууда (урукта) шамандын уруу жетекчиси, аскер башчылык милдеткерликтерин аткара баштайт. Бул процесс жапайы жаныбарларга карата уюштурулган коллективдүү аң уулоо гана эмес, башка кошуна жашаган урууларга да кол салуу менен коштолгон. Узак тарыхый процессте галшанын (галча) коомдогу ролу жана милдеттери бир топ өзгөрүүлөргө учураган. Ошондуктан кыргыздардын курамындагы калча (тейит уруусунда - галча) этнонимин байыркы галша\\галча титул-термини менен параллель кароого болорун белгилегибиз келет. Анткени башка түрк-монгол элдери сыяктуу эле көчмөн кыргыздар да тарыхый өнүгүүнүн бул этабын басып өтүшкөнү ырас. Кийинчерээк, чарбалык колдонуудан калып, унутулган «калча» же «галча» титул- термини кыргыздарда энчилүү ат катары калыптанышы чындыкка жакын. Калча - баргы, бостон, жору, кара багыш, тейит урууларынын курамдарындагы уруктар.

***Ад.:** Вяткина К.В.Пережитки тотемизма и его разложение в связи с облавными охотами бурят//СЭ. 1933. № 5-6, -с. 48-67; Жданко ТА. Очерки исторической этнографии каракалпаков. -М.- Л.,1950.*

**Камбар ата —** жылкынын пири, жылкынын колдоочусу. Бул уламыштагы сөздүн келип чыгышы төмөндөгүдөй. Камбар (арабча - Гамбар) Азирети Алинин жоого минген атын баккан, таптаган адам болгон. Анын аты Дулдул экендиги айтылат. Камбар домбура ойноп, комуз черткен имиш. Мисалы, түркмөндөр Камбарды музыканын да, жылкынын да пири деп аташары маалым. Ал эми кыргызда «күүнүн башы Камбаркан» деп аташканы бекер жеринен чыкпастыр.

**Камбар теп** - кыргыздар байыртадан колдонуп келишкен жеке кармаштын түрү. Бул жеке кармаштын түрү аскердик керектөөлөрдө колдонулган. Камбар теп - байыркы доордон келе жаткан улуттук аскердик-прикладдык спорт оюну катары бүгүнкү күндө адистер тарабынан кайрадан калыбына келтирилүүдө. Бул жеке кармаштын негизги элементтери аты эле атап тургандай, жылкынын кыймыл-аракетин элестетет. Адистердин айтымында, кол менен бирге көбүн эсе бут колдонулат.

**Камбаркан** - кыргыздын байыркы салт-күүсү. Эл арасында күүнүн башы «Камбаркан», ал эми элдик уламыш боюнча Камбар болсо комузду биринчи ойлоп тапкан тунгуч күү чыгарган киши деп аталат. Тактаганда, «Камбар» - арабчадан келген аталыш, араб уламышында легендалык жылкычы жана музыкант. Камбарды кыргыздарда жылкынын пири деп да айтышат. «Камбаркандын» өз буроосу, өзүнө гана тиешелүү күүлүк мотивдери бар. Ошол кайрыктардын нугу менен ар бир комузчу өз «Камбар- канын» чыгарган. Буга Муратаалы, Ниязалы ж.б. атактуу комузчулардын «Камбаркандары» мисал боло алат. Учурда Улуттук филармонияда «Камбаркан» аттуу тарыхый-этнографиялык, элдик аспаптар ансамбли иштейт. Аны Кыргыз эл артисти С.Садыкова жетектейт.

**Камчы** - унааны камчылоо, малды айдоо үчүн колдонулуучу чарбалык курал. Камчы бүлдүргө, сап, баш, аяк кап, чачы, өзөк өрүлүү түшкөн деген бөлүктөрдөн турат. Камчы сап адатта табылгыдан же ыргай, четин, кайың сыяктуу жыгачтардан жасалат. Камчы саптын кармоо үчүн тешикке өткөрүлгөн эки ичке кайышы бүлдүргө деп аталат. Камчынын алаканын бекиткенде камчыланганда камчы саптын башы жарылбасын үчүн жана кооз болуш үчүн ага сары же кызыл жез түтүкчөнү катуу шыкап кийгизет. Өзөк кайыш менен өрүмдүн башталышындагы көктүн учуна улаштырыла бекитилген булгаары алакан ал өрүмдү сапка бекитет. Өрүм чачыланып, кооз болот. Камчы 4-16 тарам ичке тилинип, сыдырыла салынган көктөн өрүлөт. Өрүмдүн ортосуна салынган калың кайыш өзөк деп аталат. Камчынын учурда белек (сувенир) үчүн даярдалган түрлөрү атайын сатык үчүн жайларда кенен кездешет. Мындай камчылардын саптары жапайы элик, эчки-текенин туяк- тарынан жасалат. Өрүмү да бир катар өзгөчөлүктөргө ээ. Камчыга күмүш ж.б. баалуу металлдар кошулуп жасалган.

**Кан алуу** - адамдын кан тамырынан белгилүү бир өлчөмдөгү канды алуу. Кыргыздарда кан алуу илгертеден эле белгилүү болгон. Тамырчы же табып оорулуу адамдын денесинин айрым лүктөрүнө (чеке, желке, муун, арка, бел) устара менен картык Чегип кан алган. Кан алуу бир катар ооруларда жардам берери аззркы медицинада да илимий деңгээлде далилденген. Азыр оору- лууларга куюу үчүн ыктыярдуу донор болгон адамдардан атайыу кан алынат. Донордун каны көп адамдарды өлүмдөн куткарат.

**Кан кууп өч алуу** - алгачкы жамааттык (общиналык) коомдо, өзгөчө анын соңку мезгилдеги стадияларында коллективдин өз ара коргонуу формасы катары кеңири таралган. Тууган-туушкандарың өлтүргөндүгү, денесине залал келтиргендиги үчүн кан кууп өч алынган. Ал жөнөкөй эле парзды аткаруу эмес, сөзсүз аткарылуучу ыйык милдет болгон. Бул байыркы кыргыз коомунда да кенен калыптанып, өнүккөн салт болгондугун илимий иликтөөлөрдөн (В.Я.Бутанаев ж.б.) билүүгө болот. Бул салт башка элдерде да (чечендер, ингуштар, сикхилер, пенжабдыктар, пуштундар, Дагестандын элдери ж.б.) кенен таралган. Мисалы, австралиялыктарда (аборигендер) өч алуудан баш тарткан кишинин аялын күч менен тартып алышкан, андай кишилерди уруудан айдап жиберишкен, мурастан ажыратышкан ж.б. Уруулук түзүлүштүн бузулушу менен өч алуучулар менен жоокерлердин чөйрөсү улам кыскарып турган. Өч алууда келтирилген зыяндын өлчөмү, жабыр тарткан адамдын жаш-курагы, зыян тарткан кишинин коомдук ээлеген абалы да эске алынган. Мыйзамдын пайда болушу (кыргыздарда - адат) менен кан кууп өч алуу кун менен алмаштырылган.

**Кандагай** - жоокерчиликте, балбан күрөштө, эр сайышта, оодарышта кийилүүчү аскердик кайыш (кийим) шым. Кандагай тоо- текенин, серкенин же жаш бодонун терисинен малмага салынып, эңилчекке же кабыкка боелуп жасалган. Кандагай абдан кенен жана согончокко жете узун, кашатынын карышча жери эки кат шырылып, тигиштерине башка түстөгү жаргактан тигилген. Ычкыр кашатына жоон кайыштан ычкыр өткөрүлгөн. Кандагай - байыркы кыргыз термини болуу

керек. «Хандгай» монгол тилдүү элдерде «багыш» дегенди туюнтат. «Манас» эпосунда да аскердик кийим катары баяндалат. Демек, байыркы кыргыз баатырларынын бул аскердик кийими багыштын терисинен жасалган дегенди түшүндүрөт. Арийне, багыш кыргыздарда ыйык жаныбар катары болгондуктан, тотемдик түшүнүктү да аныкташы мүмкүн.

**Канжар** - бетме-бет кармашууда саюу үчүн колдонуучу кош миздүү курал. Канжар алгачкы общиналык коомдо жара кесилген чоң мүйүздөн, учтуу жука таштардан, кийинчерээк жезден, колодон, андан соң темирден, акыры болоттон эки бети ичке кобулданып жасалган. Ал тагынууда ыңгайлуу болгон, атайын кооздолгон кынга салынган. Кооздолуп мүйүздөн, катуу жыгачтан ж. б. жасалган сабынын эки жагы тең толтонолот. Канжар - энесай доорундагы кыргыздардын кеңири колдонгон куралы болгондугун Абакан, Кызыл, Минусин ж.б. шаарлардагы музейлердеги экспонат- тар чагылдырат. Канжар кээ бир элдерде улуттук кийимдин жасалгасы (Кавказ элдери) катары эсептелет. Канжар кыргыздарда шамшар деп да аталары маалым.

**Канжыга** — ат үстүндө керектүү, зарыл нерсени байлануу же бөктөрүү үчүн ээрдин эки жак капталынын аркы четине бекитиген чагаракка же көзөнөккө чаян түйүлгөн ичке кош кайыш. Кан- жыга ийленген кайыштан жасалып, майланып турат. Канжыганын узундугу жарым метрге чейин жасалат. Айрым учурда аялдардын ээринин эки капталынын алдыңкы четинде да, көбүнчө бешик же бала өңөрүү үчүн кыска канжыга тагылат. Эл арасында «канжыга боолуу кан кыпчак, төрө төөлөс, бек найман» деген учкул сөз айтылып келери маалым. Канжыга жер-суу, урук-уруу аталыштарында да кенен кездешет. Көкарт аймагында (Сузак жергеси) Канжыга аттуу айыл бар.

**Канды** - ичкиликтер (булгачылар) урууулук тобундагы ири уруунун аталышы. Каңды тектеш түрк элдеринде кенен таралган уруу - урук аталыштары катары маалым. Параллели башкырт, казак, каракалпак, ногой, өзбек, крым татарларынын курамдарында бар. Изилдөөчүлөрдүн басымдуу көпчүлүгү «каңды» этнониминин биздин заманга чейин III-I кк. Сыр Дарыянын орто агымына канатташ жайгашкан Кангюй же Кангха (кытай жыл баяндары жана Авестанын маалыматтары боюнча) мамлекети менен байланыштырышат. Мамлекеттин борбору бүгүнкү Отрар шаары жайгашкан аймакта болгондугу белгилүү. Түрк тилдүү кангюйлар зороастризм динин тутунушуп, күнгө, айга жана айрым жапайы аң жаныбарларга сыйынышкандыгы маалым. Усундардын көрсөткөн кысымынан улам, кангюй урууулары түндүк хуннулар байырлаган аймак- тарга көчүп өтүшкөн. Тарыхый өнүгүүнүн соңку этаптарында кангюилар алан-сармат, хазар, согду, эфталиттерге, Батыш Түрк каганатына, арабдарга, караханийлер дөөлөтүнө каршы күрөшүшкөн, айрым учурларда көз каранды абалда да калып турушкан. Каңдылардын (канлы) кыпчак урууулары (9-к. тарта) менен алакалары өзгөчө бөлүп каралуучу маселе. Изилдөөчүлөрдүн пикирлеринде кыпчак үстөмдүгүнүн мезгилинде каңдылар кыпчак урууулук союзуна структуралык компонент катары киришкен. 13-к. каңдылар кыпчактардын орчундуу бөлүгүн түзүп калышкан. Рашид ад-Дин каңдылар Элуй Сирас жана Көк Ирдыш (Иртыш) дарыяларынын ортосунда наймандар менен бирге кыргыздарга жамаатташ жайгашкандыктарын жазат. Болжолу, 11-13-кк. каңдылардын бир бөлугү Жетисуудан түндүк-чыгыш тарапта көчүп-конуп жүрүшкөн. Дал ушул мезгилде Хорезм шахтарынын мамлекетиндеги саясий турмушунда каңдылардын таасири абдан күчтүү болгону маалым. Каңдылар кыргыздардын курамына 11-13-кк. кеч кирген эмес. Учурда каңды урууусунун өкүлдөрү Кадамжай, Ноокат, Сузак, Өзгөн, Карасуу, Ноокен, Базаркоргон, Өзбекстандын Фергана, Анжиян аймактарын эзелтеден мекендеп келишет.

**Кап** — таардан жасалган чарбалык зарыл идиш. Кап чарчылана бычылып, жээги кыюуланып, керектөөгө карата ар кандай өлчөмдө тигилет. Кап кара же ак жиптен жөнөкөй согулган таардан жасалат. Каптын ооз жагынан эки жанына өрмөк жибинин калдыгынан эшилип же өрүлүп жасалган эки кулак тагылып, бирөөнө буугуч жип байланат. Кичине кап торбо деп аталат. Кап ар кандай чийки ж.б. заттарды унаага жүктөөгө, арта же жаая салынууга ыңгайлашылган.

**Капас** - куштар, жапайы жаныбарлар кармалуучу жыгачтан, темирден тордолуп жасалган буюм, жай. Ал куштун же жаныбардын көлөмүнө жараша жасалат.

**Капка —** жыгачтан же темирден жасалган дарбаза. Капка деп бийик сепил менен курчалган илгерки шаар, кербен сарай, мечит жана дубал менен курчалган турак-жайга орнотулган кире бериши аталат.

**Капкан** — карышкырдан баштап чычканга чейин жапайы жаныбарларды кармоочу аңчылык куралы. Капкандын үстүнөн аң келип басканда, жаактын серпилгич күчү менен кош серпөөрү кыймылга келип, чоңураак аңдын бутунан, кичирээк аңдын белинен чаап калышы мүмкүн. Капкан байыркы хуннуларда, түрк тилдүү урууларда белгилүү болуп келген. Капкан менен аң уулоону кесип туткан адамды капканчы деп коюшат. Капкан жасоодо ага түшүүчү жаныбардын жашоо шарты, түшүү ыкмасы, күчү жана капканга түшкөндөн кийинки кыймыл-аракети ж.б. эсепке алынат.

**Кара багыш** - оң канаттагы адигине уруулук тобунун кура- мындагы теги байыркы уруу. Кара багыш өз алдынча уруу катары Сейф ад-Дин Аксыкендинин «Мажму ат-Таварихинде» (16-к.) эс- керилет. Адигине, Мунгуш, Тагай баатыр менен бирге Отуз уулдун балдары катары чагылдырылат. Уруу аталышы кыргыздардын эзелки тотемисттик ишенимдерине байланыштуу келип чыккан. Бул уруунун өкүлдөрү Кара кулжа, Өзгөн, Сузак, Өзбекстандын Ханабад райондорунун аймактарын байырлашат. Негизги уруктары: мырзакул, чаабасар, абдырахман, алымбек, ажыбай, бошотай, шайбек, мамын, калматай, жаныбек, баштык, саты ж.б.

**Кара басуу** - төрөт мезгилинде же төрөттөн соңку аялдардын эстен тануусу. Төрөттөн алсыраган аялдар кан тамырынын, нерв системасынын жана жалпы эле дене түзүлүшүнүн өзгөрүшүнөн улам алсырап, эстен танышат. Кара басуунун себеби белгилүү болгонго чейин анын алдын алуу үчүн атайын куучулар, бакшылар, табыптар чыгышкан. Алар алыстан эле караны коркутуу үчүн айкырып, бакырып келишкен. Эстен танган аялды тургузуп, кулагынын астынан мылтык атып эсине келтирген учурлар кездешет. Кара - катуу ооруга чалдыккан адамдарды да басат.

**Кара кийүү** - аза күтүү салты. Күйөөсү же башка тууганы каза болгон аял кара түстөгү кийим кийип, чачын жайып, башына кара жоолук салынып жүрүшү аза күтүү белгисин билдирет. Кара кийүү көбүн эсе күйөөсү өлгөндөргө карата айтылат. Элдик оозеки чыгармаларга, этнографиялык маалыматтарга караганда илгери кара кийген көзү өткөн эринин кебетесин элестеткен сөлөкөт (тул) жасап, ага анын чапанын жаап, баш кийимин үстүнө коюп, көшөгө тартып аза күтүп ыйлаган.

**Кара кунас.** Qaraqunas - байыркы түрк доорунан адамдын энчилүү аты катары белгилүү. Карагунас (караунас) Рашид ад -Дин- дин «Тарыхтар жыйнагында» («Жами ат-Таварих») моңгол-сулдуздардын курамындагы урук катары эскерилет. Изилдөөчүлөр этностук аталыштын канаттуу кушка байланыштуу келип чыккандыгын белгилешет. Каракунас - буту менен мойну узун, илегилек сыяктуу келгин куш. Бул этноним Фергана өрөөнүндө байырлашкан түрктөрдүн (учурда бул этнографиялык топтордун кыргыз, өзбек ж.б. курамдарына жуурулуу процесси жүрүүдө) курамында да бар экендиги аныкталган. Ушул эле сөз менен 13-17-к. Мавераннахр чагатайларынын лакап аты белгилүү болгон. Мындан

www.bizdin.kg

сырткары, 15-к. моголдор (Моголистандыктар) теги аралашкан адамдарды «караунас», «карагунас» деп аташчу. Ал эми чагатайлар (дүрмөн, барлас ж.б.) моголдордо өз учурунда «жете», «чете» (каракчылар, карактап-тоноочулар) деген ат менен белгилүү болушкан. Түркмөндөрдөгү «гарнас» этнономи учурда «аралаш», «конгломерат» маанисин аныктайт. Демек, бул сөз орто кылымдардан адамдардын, уруунун энчилүү аты, айрым этностук топтордун (чагатайлар) лакап аттары катары белгилүү болуп келет. Арийне, түпкү мааниси «топ», «жыйын», «конгломерат», «курама эл, урук» деген бул сөздүн канаттуу куштун да атын туюнтушу кошумча иликтөөлөрдү талап кылат. Кара кунас - жору уруусунун курамындагы урук аталышы катары маалым.

***Ад.:*** *Абрамзон С.М. К семантике киргизских этнонимов//СЭ. №3,1946.-0.123-132; Губаева С.С. Этнический состав населения Ферганы в конце XIX - нач. XX вв.-Ташкент, 1983.*

**Кара куш** - талаа бүркүтү. Кара куш (бүркүт) түрк-монгол элдеринде эзелтеден сыйынуунун объектиси болуп келери маалым. 11-к. фарси автору Гардизи кыргыздар уй, кирпи, сагызган менен катар бүркүттү ыйык тутушарын жазат. Кыргыздардын байыркы тотемистик түшүнүктөрү өзгөчө этнонимдерде кенен чагылдырылган. Кара куш (алп кара куш) кыргыз эпосторунда, элдик фольклордун маалыматтарында да чагылдырылат. Алп кара куш «Манас» эпосунда, «Эр Төштүктө» баатырларга зарыл учурда келип жардам берген бүркүт. Бүркүт - түрк-монгол, иран тилдүү элдердин мифологиясында кенен чагылдырылып, сыйынуучу объект болгондугун археологиялык материалдар, фольклордун маалыматтары ж.б. тастыктайт. «Алп кара куш - оң каармандарга колдоо көрсөтүүчү сыйкырдуу, абдан зор куш, бүркүттүн мифтештирилген кейпи. Түрк элдеринин оозеки чыгармаларында кездешүүчү алп кара куш, ажыдаардын туруктуу колдоочулар болушун байыркы мезгилге байланыштуу кароо керек. А.П. Окладников түрк-монгол элдеринин көпчүлүк чыгармаларында бүркүттүн образы жөнүндө: «Бакты-таалайдын жана молчулуктун кепили катары, мал менен кесипчилик кылган коомдун эң жогорку колдоочусу катары ыйык асмандын ээси болуп саналат» - дейт. Айрым археологиялык табылгалардагы сүрөттөргө караганда, бүркүттүн бул образы байыркы коло доорунан эле белгилүү болгон. Уламыштагы Огуз каган өз балдарына, анын тукумдарына таратып дайындаган онгондордун (сыйынуучу объектилер) дээрлигин канаттуу жырткыч куштар түзгөн. Уруунун мүчөлөрү жалпы жамаат сыйынган онгон -канаттуунун этин жешкен эмес. Эзелки бука (бугу) тотемин кийинчерээк канаттуу жырткыч куштар алмаштыра баштаган. Анткени бул тотем уруунун (уруктун) жырткыч куштай күч-кубаттуулугун аныктаган. Бүркүт буряттардын түшүнүгүндө жакшылыкты да, аны коштоп жүрчү кырсыкты да адамдарга жөнөтчү касиетке ээ болгон. Ушул эле бурят уламыштарында бүркүт кушу шамандардын түпкү бабалары катары баяндалат. Хакас-качиндерде да дал ушундай диний-мифологиялык түшүнүк болгон. Алтайлыктардын мифологиясында Ульген жер менен көктү гана эмес, күндү, айды, отту жараткан Кудай. Анын жети уулунун бири - Кара Куш деп аталган. Хакас тилинде «хара хус» - бүркүттү аныктайт. Махмуд Кашгари Юпитер жылдызын «кара куш» деп жазганы маалым. Мээнин эң маанилүү бөлүктөрүнүн бирин кыргыздар «каракуш мээ» деп аташат. Демек, кара куш байыркы адамдардын акыл-эс таануусундагы тотемистик гана түшүнүктү аныктабай, алардын космостук аң-сезимин, Көк Теңирге болгон ишенимин чагылдырып, ыйык асмандын ээси деген түшүнүктү тастыктайт. Орто кылымдардагы 10-11-кк. кыпчак урууларында (Дешт и-Кыпчак түрк уруулары) «ак куш» аттуу этностук аталыш болгондугун орус жыл баяндары чагылдырат. Кара куш - баргы уруусунун курамындагы урук катары белгилүү.

*Ад.: «Манас». Энциклопедия. Т.1. Б.:2003; Молдобаев И.Б. «Манас» - историко-культурный памятник кыргызов. -Б.:1995; Каратаев О.К. Кыргыз этнонимдер сөздүгү. Б.: 2003.*

**Кара кытайлар (кара кидандар)** - Түндүк Чыгыш Кытайдагы (907-1125-жж.) Ляо мамлекетин негиздеген көчмөн, жарым көчмөн калк. Кара-кытайлар тунгус-манжур тилдеринин бир диалектисинде сүйлөшкөн. Чжурчжендердин соккусу астында кулаган кара кидандардын (кара кытайлар) басымдуу бөлүгү батышты (бүгүнкү Монголия, Орто Азия) көздөй чегинишкен. Алар азыркы Монголиянын аймагында эрте орто кылымдар мезгилинен байырлаган кыргыздар тарабынан катуу каршылыкка учурашкан. Кара кытайлардын аскердик кысымынан улам, кыргыз этносу экиге бөлүнүп калган. Натыйжада, кыргыздардын азыркы Монголиядан Хакас-Минусин, Тува, Тоолуу Алтай аймактарында калган бөлүгү «Энесай кыргыздары» деген ат менен өз алдынча этностук өнүгүүгө ээ болушканы маалым. Чыгыш Түркстан, бүгүнкү Кыргызстан жана ага чектеш аймактарда жайгашкан кыргыздар өз алдынча этностук өнүгүүгө, калыптанууга багыт алган. Кара кытайлардын өздөрү түрк тилдүү этностук чөйрөгө сиңип кетишкени илимде белгилүү. Түрк тилдүү элдерде, анын ичинде кыргыздарда кара кидандар «кытаи», «кыдат» деген ат менен белгилүү болушкан. «Кара» деген компонент «көп сандуу», «абдан көп», «сансыз» маанисин туюнткан. Бул энчилүү ат кийинчерээк ханзуларга (бүгүнкү кытайлар) Жана алардын мамлекетине (Кытай) түрк тилдүү элдер тарабынан берилген ат катары калыптанып калды. Кыргыздардын курамындагы «кытай», «кара кытай», «сары кытай» этнонимдери 11-12- кк. келип кирген кара кидан (кара кытай) этнокомпоненттери кыргыз - кара кытай этностук алакаларын чагылдырат.

**Кара чоро** - геноним. Элдик санжыранын маалыматтарында азык, черик, чекир саяк, саяк, багыш уруулары Кара чородон тарашары чагылдырылат. Геноним байыркы мезгилдерден белгилүү жана алгач Таластагы ташка чегерилген кыргыз руникалык жазма эстеликтеринде (5-10-кк.) «Кара чур» формасында (болжолу, антропоним) эскерилет. Талас руникалык жазууларында баяндалган «Отуз оглан» (отуз уул), «Кара чур» (Кара Чоро), «Агулт» (Ак уул) энчилүү аттары, «ынал» титул-термини кыргыздарда гана учурайт. Кара Чоро 16-к. жашап өткөн Сайф ад-Дин Аксикендинин «Маджму ат Таварихинде» Тагай бийдин алты уулунун бири катары баяндалган. Изилдөөчүлөр «кара» термини түрк тилдүү элдерде (урууларда) «эл», «масса», «көпчүлүк», ал эми «чур», (чоро) - титул, энчилүү уруу атын туюнтарын белгилешет. Чоро - байыркы түрк тилдеринде төмөнкү маанилерди туюнткан: 1. Кожоюн, башкаруучу, ээлик кылуучу; 2. Союз, биримдик, бир жамаат. Демек, жогорудагы маалыматтар генонимдин так маанисин ачып көрсөтөт. «Манас» дастанында «Кырк чоро - Манастын баатырдык кошуну, нөөкөрү, эң жакын кеңешчилери, жан жолдоштору, кол башчылар, ар башка уруулардын тандалган мыктылары, кылданган баатырларынан куралган көйкашкалардын тобу» деген аныктама берилет. «Кара чоро» генононими кыргыздарда Энесай доорунан эле белгилүү болгон. Шорлордун курамында азыркы учурда «кара чор» аттуу урук сакталып келери аныкталган. Бул шорлордун курамындагы байыркы кыргыз этнокомпоненти болуусу толук мүмкүн.

**Караимдер.** Өздөрүн карайлар, караиттер деп аташкан түрк тилдүү этнос. Түрк тилдеринин генеалогиялык жиктешүүсүндө кыпчак тобунун кыпчак-половец бутагында сүйлөшөт. Тилдери карачай, балкар, кумук, крым татар тилдерине жакын. Еврей монотеисттик иудаизм дининин өзгөчө багытын тутунушат. Караимдердин этностук пайдубалын иудаизм дининдеги түрк тилдүү хазарлар, негизгиси кыпчактар түзүшкөн. Айрым адабияттарда диний ишенимди Крым жарым аралында кабыл алышкандыгы жазылып жүрөт. «Караим» байыркы еврей

тилинде (иврит) «Библиянын мыйзамдарын гана окуп билгендер» деген мааниде которулат.
Караимдердин жалпы саны 15 миңдей. Анын ичинде Крым, Литва, Польшада 3 миңдей, Израилде 12 миң караим жашашат. Караимдердин бир бөлүгү 14-к. Литва князы Гедиминас тарабынан Крымдан Тракайга көчүрүлгөн. Жер иштетүүчүлүк, мал чарбачылык, кол өнөрчүлүк, соода менен кесиптенишет.

**Каракалпактар** - Өзбекстандын курамына кирген Каракалпакстандын түпкү калкы. Түрк тилдеринин генеалогиялык жиктешүүсүндө кыпчак тилдеринин кыпчак-ногой бутагында сүйлөшөт. Калктын жалпы саны 450 миң чамалуу (1989-ж.). Айрым бөлүктөрү Хорезм, Хива, Фергана аймактарында, Түркмөнстан, Афганистанда жашашат. Түндүк-Чыгыш, Түштүк-Батыш диалектеринде сүйлөшөт. Мусулман-суниттер. Каракалпактардын этногенезинде сак-массагет уруулары, хазарлар, печенегдер, огуздар өрчүндүү орунду ээлешкен. Огуз-печенег уруулары чыгыштан көчүп келген кыпчактарга жуурулушкан жана анын натыйжасында кыпчак тили үстөмдүккө ээ болгон. Каракалпак уруулары Печенегдер союзуна (10-11-кк.), Кыпчак (половец) уруулук бирикмелеринин (11-13- кк.), Алтын Ордо (13-14-кк.), Чоң Ногой ордосунун (15-к.) курамдарында болушкан. 15-к. Чоң Ногой ордосунун курамында каракалпак этносунун эл болуп калыптануусу аяктаган. Чоң Ногой ордосунан каракалпактардан сырткары, көчмөн өзбектер, казактар бөлүнүп чыгышкандыгы маалым. Каракалпак тилинде булгар тилинин да таасири байкалат. Каракалпактардын кыргыздар менен этногенетикалык жана этномаданий алакалары уруулук аталыштарында, эн тамга белгилеринде, элдик оозеки чыгармаларда (дастан, жомок, жөө жомок, уламыштар ж.б.). материалдык маданиятынын үлгүлөрүндө чагылдырылат. Кыпчак, мангыт, кытай, төрт уруу, каңды, кесек, бөрү, меркит ж.б. уруулук аталыштары кыргыз этнонимиясында да кайталанат. Көчмөн жана жарым көчмөн каракалпактар коллективдештирүү мезгилинде жапырт отурукташууга өтүшкөн. Арал деңизи жана анын айланасындагы экологиялык кырдаал улуттун генефондуна терс таасирин тийгизүүдө.

***Ад.:** Жданко ТА. Очерки исторической этнографии каракалпаков. М. Л., 1950; Народы мира: историко-этнографический очерк. М., 1988.*

**Карапчы —** кыргыз жоокерлеринин байыркы коргонуучу куралы. Профессор Ю.С.Худяков реконструкциялаган энесайлык кыргыз жоокерлеринин согуштук кийиминен карапчыны байкоого болот. Ал билекке, кырк муунунан чыканакка чейин кийгизилет.
Карапчы алгач катуу жыгачтан, булгаары же кайыш капталган шириден, кийинчерээк темирден жасалган. Чокмор, шылк этме айбалта, кылыч, канжарга окшогон куралдардан коргонуу үчүн карапчы колдонулган. Карапчыны калкандуу, көбүнчө калкансыз жоокерлер согуш учурунда пайдаланышканы маалым.

**Каратал —** сол канат кыргыз урууларынын аскердик урааны. Айрым учурларда «каратал аксуулук» деп да чакырылган. Каратал топоним катары Чыгыш Түркстанда Манас шаарына жакын жайгашкан. Аксуу дарыясы дал ушул жерден агып өтөт. Кытай жазма булактары бул аймакта орто кылымдарда жана андан соңку мезгилдерде «чыгыш кыргыз ордосу» жайгашкандыгынан кабар берет. Бул аймак байыртадан кыргыздардын ээлигине киргендиги маалым.

**Карач Көкүл баяны**. Кыргыздардын кереметтүү жомокторунун бири. Жомоктун темасы сыйкырдуу кара күчтөргө каршы Көкүл баатырдын күрөшү, ал эми негизги идеясы калктын динге каршы көз карашын, адилеттүүлүгүн даңазалоо. Эл арасында бул жомок Көкүл, Карач дөө, Көчпөс бай деген аттар менен да белгилүү. Көкүл жомогунун тексти адегенде 19-к. 2-жарымында европалык

изилдөөчүлөр тарабынан жазылып алынган. Кыргызда жөө жомок жана баатырдык жомок катары айтылып келген. Жомоктун 3 башка варианты бар.

**Карачайлар** - Түндүк Кавказда жашаган түрк тилдүү калк. Жалпы саны 150 миңден ашуун. Түрк тилдеринин генеалогиялык классификациясында кыпчак тилдеринин кыпчак-половец бутагында сүйлөшөт. Дини - мусулман-сунниттер. Балкарлар, ногойлор, караимдер менен түпкү теги бир, тектеш элдер. Карачайлардын этностук пайдубалынын калыптанышында аландар (осетиндер), байыркы булгар уруулары, кыпчактар катышкан. 20-к. чейин патриархалдык мамилелер сакталып келген. 1943-ж. карачайлар мыйзамсыз репрессияга учурашып, өз жерлерин таштап кетүүгө аргасыз болушкан. Бул элдин басымдуу бөлүгү Кыргызстанга келип отурукташышкан. 1957-ж. Карачай-Черкес Республикасы кайрадан калыбына келтирилген. Карачай тилинин кыргыз тилине этногенетикалык жакындыгы байкалат.

***Ад.:*** *Народы мира: историко-этнографический очерк. М., 1988.*

**Карга.** Саян-Алтайдын түрк-монгол элдеринде ыйык деп эсептелген канаттуу. Хакас этнографы, профессор В.Я. Бутанаев бирюсин-хакастардагы «харга» этниминин (суг харгазы, таг харгазы) баштапкы маанисинде тотемдик негиз бар экендигин белгилейт. Хакастар (хакас- бирюсиндер) карганы ыйык тутушкандыгын, бул канаттууну табу (тыюу салуу) иретинде «кара таан» деп аташкан. Тунгус тилдүү элдерде (эвенктерде) харга «жапайы бугу» маанисиндеги этностук аталыштар бар. Мындан сырткары, жапайы бугу (эвенкче - «харги») - шамандардын идеологиясындагы тотемистик башатты аныктайт. Харги - шамандардын башкы колдоочусу, жетекчиси, устаты катары түшүнүк калыптанган. Карга - тува шамандарынын түшүнүгүндө оорулуунун жарасын айыктырууга жана өзүнө душман шаманды издеп табууга жардам берген. Бул мисалдар жалпы карга «харга» харги терминдеринин баштапкы тотемистик негизин аныктап жүрбөсүн? Тунгус тилдүү элдердин мифологиясында карга дүйнөнү жаратууга катышкан аялдын элесин берген. Ошондуктан бул канаттууга багышталып, курмандык чалынган көрүнүштөр арбын кездешет. Жунгар (ойрот-калмак) уруулук бирикмесине киришкен дөрбөт (дэрбэт) жана баиттерде «харгачууд» - «каргалар» аттуу уруктар болгондугу маалым. Бул фактылар карганын моңгол тилдүү урууларда да тотемдик канаттуу болгондугун тастыктаары шексиз. Карга - кыргыздын моңолдор, чекир саяк урууларынын курамындагы уруктардын аталышы катары белгилүү.

***Ад.:*** *Анисимов А.Ф. Шаманские духи по воззрениям эвенков и тотемические истоки идеологии шаманства//Сб. МАЭ. Т.XIII. - М.: 1951. С.187-215; Каратаев О.К. Кыргыз этнонимдер сөздүгү. Б.: 2003.*

**Карын** - көчмөн турмушта идиш катары пайдаланылган кой, эчкинин же бодонун карыны. Союлган малдын карынын кайнак сууга салып жыдытып, туздап, үйлөп, андан соң кургатышкан. Ага май жана кошкон ар түрдүү азыктар, кээде эт да сактаган. Карында сакталган май ж.б. азыктар өз сапатынан бузулбай узакка сакталган.

**Карындаш** - «бир энеден төрөлгөн», тагыраак айтканда «бир карындан чыккан» дегенди билдирүүчү сөз. Азыр кыз балдарга карата колдонулат. 1). Улуу агалары өздөрүнөн кичүү кыз бир туугандарын атайт. 2). Жалпы эле эркектердин жаш кыздарга кайрылуусу.

**Карын-карта** — жылкынын ич эти. Жылкынын жоон майлуу ичегиси - карта. Башка малдыкына караганда жылкыныкы ширелүү, калың, майлуу, жегиликтүү болгондуктан кыргыздын улуттук чүйгүн тамагы катары бааланат.

**Карынбай** - кыргыздардын оозеки чыгармасындагы легенда жомок каарманы. Ал «чык татырбас Чынарбай» сыяктуу өтө сараң адам болгон имиш. Анын сараңдыгынан мал-мүлкүн жер жутуп кеткен деп айтылат. Карынбай араб

жомокторундагы Харундун кыргызча аталышы болуп саналат. Ал эми араб уламыштарындагы Харун жетим-жесирлерге кайрымы жок, колунда бар байлыгына нысап кылбаган адам катары баяндалат. Карынбай сараңдыктын символу болуп калган.

**Карышкыр.** Кыргыздардын тотемисттик түшүнүктөрүндөгү ыйык деп саналган жапайы жырткыч жаныбар. Бөрү, карышкыр, гурт//курт, мөжөк//мачак, чоно//чино синонимдеш сөздөр. Борбордук Азияны мекендеген байыркы уруулар (хуннулар, түрк-монгол тилдүү уруулар) өздөрүнүн башатын карышкырдан деп түшүнүү менен, ага касиеттүү күч катары сыйынышкандыктары маалым. Байыркы теле (төлөс) уруулары өздөрүн хунну акиминин кызы жана карышкырдан тараганбыз деген ишеничте болушкан. Байыркы түрктөр өздөрүн хунну ханзаадасы менен эне-карышкырдын урпактары экендигин өзгөчө белгилешкен. Байыркы түрктөргө таандык «ашина» этноними (ашина - «а» урматтоону аныктаган кытай префикси, -шоно/чоно/чино; -чино монг. «карышкыр») «бөрү», «карышкыр» маанисин берет. Бүгүнкү моңголдор чыгыш тегин касиеттүү марал (Гао марал) жана карышкырдан (Бортэ Чино) таратышары уламыштарда чагылдырылат. Огуз кагандын аскер жүрүштөрүндөгү жол баштоочусу карышкыр болгондугу жөнүндө уламыштар айтылат. Башкыр фольклорунда бул элдин мергенчи менен эне-карышкырдан тарагандыгын баяндаган уламыштар чагылдырылат. Изилдөөчүлөр көпчүлүк түрк элдеринде кийинки учурларда тотем-карышкыр сактоочу (покровитель) функциясын аткарып калганын белгилешет. Кыргыздарда түз тиешелүү малыматтар жоктугуна карабастан, карышкырга байланыштуу ырым-жырымдар тотемизмдин изин чагылдырат. Карышкырдын тырмагы, тиши, тарамышы ж.б. оорудан, түрдүү кырсыктардан сактоочу амулет болгондугу ырас. Мындай ишеним ырым-жырымдар Түштүк Сибирдин элдеринде (алтай, тува, хакас) да абдан кенен таралган. Мисалы, карышкыр тувалардагы шамандардын жардамчы-духтарынын бири болгондугу маалым. Байыркы кыргыздардын карышкырга карата тотемдик ишенимдери Түштүк Сибирдеги руникалык таш эстеликтеринде да чагылдырылат: «Мен жети бөрүнү өлтүрдүм...» - деген маалыматтар бар. Бүгүнкү хакастардын курамында теги эң байыркы «чити пүүр» (жети бөрү) аттуу урук (сөөк) белгилүү. Энесайдагы руникалык жазуулардагы маалыматтарда кыргыздардын өлкөсүнүн ичинде «жети бөрү» жана алардын курамындагы «көк жана кара бөрүлөр» уруулары менен согушкандыктары баяндалат. Энесай кыргыздарынын урпактары катары эсептелген хакастардын курамындагы «чити пүүр» (жети бөрү) уругу (хакас-сагайлардын ичинде) ак пүүр, хара пүүр, көк пүүр ж.б. жети уруктан тургандыгы маалым. Жогорудагы орчундуу фактылар, келтирилген айрым параллелдер түз этногенетикалык байланыштарды аныктары бышык.

**Касталар** (порт. - таза) - муундан муунга мураска калуучу бир кесипке адистешкен обочолонгон эндогамдык социалдык топ. Эмгектин коомдук бөлүнүшүнүн натыйжасында пайда болуп, көпчүлүк учурда бир этнос же конфессия менен байланышта болот. Кастанын обочолонушу эндогамия менен, ритуалдык пакизалык же ыпластык жөнүндөгү өнүккөн түшүнүктөрдү айкаштырган касталардын статусунун так сакталчу иерархиясы менен кармалып турат. Аталган түшүнүктөр жана иерархия, өз кезегинде кастанын мүчөлөрүнүн ортосундагы мамилелердин формасын так жөнгө салып турат. Каста ичинде негизги ролду кандык туушкандык байланыштар ойнойт, ал уруу-уруктагыдай структурага ээ. Каста байыркы жана орто кылымдардагы көптөгөн коомдордо белгилүү (Египет, Перу, Африка). Өнүккөн деңгээлге ал Индостан жарым аралында жетишкен. Бул жерде каста индуизм дининин таасири менен

бекемделген. Индияда 3 миңден ашык каста байыркы төрт алгачкы каставарнанын тутумуна кирген: брахмандар, кшатрийлер, вайшьилер, шудралар. Иерархия жогорку касталар төмөнкү касталарды эксплуатациялоосун жактаган. Индияда байыркы варналарга кирбеген кол тийбестер аёосуз эксплуатацияланган жана дискриминацияга дуушар болгон.

Африкада каста негизинен Батыш жана Борбордук Суданда, Чыгыш Африкада таралган. Судан өлкөлөрүндө (Сенегал, Гвинея, Мали, Нигер) касталар кесипке гана байланыштуу - темир усталар, токуучулар ж.б. Гриоттордун - ырчы, аңгемечилердин жана оозеки тарыхый салттарды сактоочулардын - кастасы чоң роль ойногон. Касталардын абалы эки ачакей: алардын статусу дыйкандар менен малчылардын статусунан төмөн, ошол эле убакта темир усталар же гриоттор өз уруулаштарында коркуп сыйлоо сезимин жараткан. Мындан айырмаланып, Чыгыш Африкада касталар малчылардын башка этностогу дыйкандар менен аңчыларды баш ийдирүүсү жана этностук кастага айландыруусунан пайда болгон. Малчылыкты, ал турсун малга ээ болууну жогорку кастанын шыбагасына айландырган экинчи дүйнөлүк согуштан кийин Азия жана Африка мамлекеттеринин мыйзамдары касталардын юридикалык укугун теңдеди, касталык принцип боюнча дискриминациялоону жок кылды.

**Катагандар** — Батыш Кытай, Афганистандын түндүгүндө, айрым бөлүктөрү Тажикстандын түштүгүндө жашап жаткан этнографиялык топ. Бул этнографиялык топтун келип чыгыш теги, материалдык жана руханий маданияты кыргыздарга тектеш. Катагандар жөнүндө маалыматтар алгач ирет, Рашид ад-Диндин «Жами ат Таварихинде»(«Тарыхтар жыйнагы»,14-к.) чагылдырылат. Автор «катакин»//»хатакин» уруусун монгол-жерундардын курамына кошот.

Изилдөөчүлөр катагандарды Орто Азияга Чыңгыз хандын жеңип алууларынын учурунда көчүп келишкендигин жазат. Кыргыз дастандарында, санжыра-уламыштарында катагандар байыртадан кыргыз урууларынын бири экендиги айтылып келери маалым. Айрым маалыматтарда Чыгыш Түркстандагы Хотан жана Яркенд округдарынын ортолугунда өздөрүн «кыргызбыз» деп аташкан 1000 үйлүү катагандар жашашары тастыкталат. Изилдөөчүлөр бул катагандардын теңиртоолук кыргыздардан бир айырмасы көзү өткөн кишини жоктоп аза тартуу, кайгыны билдирүү келгендерге тамак- аш тартылгандан соң башталарын белгилейт. Учурда Өзбекстан жана Тажикстандын түштүк аймактарында (Кашкадарыя, Сурхан- дарыя, Коргонтөбө), Афганистандын түндүгүндө «катаган» деген түрк тилинде сүйлөгөн этнографиялык ири топ жашайт. Илимий адабияттарда бул топ «өзбек-катагандар» деген ат менен да белгилүү. Изилдөөчүлөр бул аймакта 17-к. эскериле баштаган катагандардын насили кыргыз деген тыянакка келишет. Лорддун берген маалыматтарында катагандардын он алты уруусунун бири - «басыз» деп аталганы чагылдырылат. Басыз - кыргыздын сол канатындагы ири уруунун аталышы катары белгилүү.

Мындан сырткары, катагандар (илимий адабияттарга өзбек- катаган деген ат менен кирип калган) жашаган аймакта Солто, Басыз топонимдери катталган. Кыргыз эпосторунун дээрлигинде орто кылымдардагы катагандар кыргыздын бир уруусу катары чагылдырылат. Катаган тобу сарттар (адигине), чекир саяк урууларынын курамдарындагы уруктар катары белгилүү.

***Ад.:*** *Рашид-ад-Дин. Сборник летописей Т.1, Кн. 1. -М.: 1952; Аристов НА. Заметки об этническом составе тюркских племен и народностей и сведения об их численности. «Живая старина».- Вып.3 -4, СПб., 1894; Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. -Фрунзе, 1990; Кармышева Б. Х-Очерки этнической истории южных районов Таджикистана и Узбекистана. - М.: 1976.*

**Каттама** — жука жайылган камырдын бетине май же каймак, пияз ж.б. сүйкөлүп, бир нече катталып казандагы майга бышырылган нан. Ачыбаган камыр жука жайылып, бетине каймак же май сүйкөлүп, жумурулап катталып, тоголоктоп оролуп, кайра жука жайылат. Каттаманын кабаты көп болуш үчүн жогорку ыкма дагы 2-3 жолу кайталанып, кактаган казанга бышырылат. Каттаманын кабаты канчалык көп болсо, ал ошончолук даамдуу болуп, жегиликтүү келет. Каттама кыргызда майрамдарда, той-тамашада конокторду күтүү үчүн жасалат.

**Катык** - суюк тамактарга кошулуп ичилүүчү салттуу тамактар - курут, сүзмө, айран, сүттүн жалпы аталышы.

**Катырма** — калама, чабаты, катырма. Какшыган казанга ачыбаган (кээде ачыган) камырдан жука жайылып, эки бети тарабынан тең бышырылуучу нан. Казанда бышкандан соң, оттун чогуна атайын коюлуп какталат. Катырма көбүнчө каймак менен эртең мененки тамак катары желген байыркы улуттук тамактын бири.

**Качуу** — (алгачкы общиналык жана андан соңку коомдордо пайда болгон) туугандардын жана кайын тараптагылардын белгилүү бир тобунун ортосундагы мамилелердеги тыюулардын системасы. Мисалы, жанына барбоо, сүйлөшпөө, чогуу олтуруп тамак ичпөө ж.б. тыюулар. Бул байыркы салт кыргыздарда бүгүнкү күнү да сакталып келүүдө. Жаңы келген келин кайната жана анын жакын эркек туугандарынан, кайынагаларынан качуу салты бар. Кайындар өз үйлөрүнө отко чакыргандан соң, келин өз кайындарынан качпай калат. Качуу салты Энесай кыргыздарында да болгон. Анын бир катар көрүнүштөрү бүгүнкү хакастарда сакталып келет. Дүйнөнүн айрым элдеринде күйөөсү менен аялынын ортосундагы качуу, ата-энелер менен балдардын ортосундагы качуу, жубайлардын кайын тараптагыларынан качуусу кеңири тараган. Мындай кеңири тараган тыюу салуулар матрилокалдыкта шарттуу жашоо менен тууганддыктын эне тарабынан эсептелүү иллюзиясын түзгөн коомдук шарттуулук катары матрилокалдуулуктан иатрилокалдуулукка өтүүдө пайда болсо керек. Кийин ал патрилокалдуулук трансформацияга учурап, улууларды жана күйөөсүн урматтоону колдонуу психологиясынын механизмдеринин бири болуп калган. Анын калдыктары дүйнөнүн көп жерлеринде сакталып калган.

**Кашаа** — жайыттагы же кыштоодогу кой кармоо үчүн убактылуу курчала тургузулган жасалма тосмо. Кашаа негизинен тал ж.б. жыгачтан жасалат. Айрым учурларда бадалдан, таштан, кыштан тосулат. Кашаанын үстү ачык болот. Кашаа атайын курулган кой сарайлар зарылчылыгы жок жерлерде курулат. Түштүк Кыргыз- стандын айрым райондорунда чабыра деп аташат.

**Кашка.** Кашка - байыркы кыргыздардын мамлекеттик-башкаруу системасындагы мансап титулу, уруу, эл башчысы. Изилдөөчүлөр «кашка» сөзүнүн бир маанисин «уруу башчысы», «жол башчы» дегенди туюнтарын белгилешет. Кашка. 1. Уруу башчысы, уруунун жол баштаган аыкылманы, көсөмү; 2. өтм. Өткүр, тартынбаган, тайманбаган. Мамлекеттик-башкаруу титулу Кыргыз мамлекетинде б.з. 5-7-кк. эле белгилүү. Энесайлык кыргыздардын уруулук курамында «кашка» («хасха») деген уруу (этноним) болгон. Этнонимдин параллели байыркы жана орто кылымдардагы кыргыз этнокомпоненттери басымдуулук кылган азыркы хакас-качиндерде «хасха» формасында кездешет. Мындан сырткары, хакастардын курамында «хаска хыргыс», «хасха пүрүт», «хасха пүүр», «хасха иргит» сөөктөрү белгилүү. «Хасха» - бүгүнкү хакастардын курамындагы ири урук (сөөк) болуп эсептелет. »Кашка» титулу Энесай кыргыздарынын коомдук-башкаруу системасында кенен колдонулгандыгын төмөнкү далилдер аныктайт: «Энесай кыргыздарынын коому социалдык жиктелүүдө байыртадан эки катмарга бөлүнүшкөн: «Хасха сөөк»- ак сөөктөргө (башкаруучу, аристократиялык уруу) кыргыздар, ал эми «пара сөөк» - боз сөөктөргө «кыштымдар», көз каранды уруулар киришкен. Кыргыздардын уруу башчыларынын ысымдарына «кашка»

титулу жалганып айтылганы маалым. Мисалы, Алтын Кашка, Матыр Магнай Кашка, Тармагай Кашка, Курбан Кашка, Барчык Магнай Кашка, Улагач Кашка ж.б. Кашка - орто кылымдардагы моңголдордогу нойон (он миң башы, князь) титулуна дал келген. 14-к. аягында (1399- 1445- жж.) кыргыздар Угечи Кашканын (Гүйличи, Мөңкө Темир) жетекчилиги астында ойрот-монгол урууларына үстөмдүккө жетишкендиги белгилүү. Мындан сырткары, абройлуу изилдөөчүлөр Жунгар (Ойрот) хандыгына кыргыздар негиз салган деген илимий негиздүү тыянактарын кытай жыл баяндарындагы даректүү маалыматтарга таянып далилдешет. Бул титулду кийинки Жунгар хандары да алып жүрүшкөндүгү жөнүндө (мис., Чукула-Кашка) маалыматтар бар. Түрк-осмон тарыхчысы Сейфи Челеби «Таварих» аттуу эмгегинде (16-к. аягы) төмөнкү кызыктуу маалыматтарды келтирет: «Кашкар тарапта «кыргыз» аттуу бир эл (уруу) жашайт. Алар моголдор (монголдор) сыяктуу эле көчмөндөр. Кыргыздар көп сандуу уруу (эл)- Алардын ханы жок, бектери - «кашка» деп аталары маалым», - деп жазган. «Кашка» - кыргыздарда, хакастарда, өзгөчө «Манас» дастанында титул, жетекчи маанисинде колдонулушу кыргыз жана хакас элдеринин түпкү тамыры бир экендигин ырастайт. Демек, «кашка» этностук аталыш жана титул катары кыргыздарда энесай доорунан (5-9-кк.) белгилүү. Ошону менен бирге, кыргыздын саруу уруусунда - «онтогор кашка», мунгуш уруусунда «эрке кашка», дөөлөс уруусунда - «чулум кашка» аттуу параллелдери сакта- лып келет. Шорлордун тарыхый фольклорунда «хашхалар» - тулкусу жаныбар сыяктуу болгон мифологиялык эл катары чагылдырылат. Болжолу, шорлордун бул фольклордук маалыматы байыркы кыргыздар жөнүндө кыйыр маалымат берери ырас. Анткени мезгилинде бүгүнкү шорлордун ата-бабалары кыргыздардын кыштымда- ры (көз каранды, салык төлөгөн уруулар) болушкандыгы маалым. Кашка - кыргыздын басыз, сары багыш, тейит урууларынын курамдарындагы урук аталыштары катары белгилүү.

**Кашык —** атайын даярдалган коюу жана суюк түрүндөгү тамак-аштарды ичүүгө ылайыкталып жасалган идиш. Кыргыздар керектөөгө жараша кашыкты жыгачтан (өрүк ж.б. талдан), темир ж.б. металлдардан жасашкан. Кашыктар көлөмүнө жараша аш кашык, чай кашык делсе, жасалган затына жараша жыгач кашык, күмүш кашык, алтын кашык деген түрлөргө бөлүнөт. Кыргыз кол өнөрчүлөрү жыгач материалдардан жасалган кашыктарды улуттук колоритте кооздошкон.

**Келин** — 1) аялдын күйөөсүнүн ата-энесине, бир тууган ж.б. агаларына, эжелерине карата айтылышы. Кайнатанын, кайнаганын келинине үйлөнүүсүнө тыюу салынган. 2) Кыз күйөөгө чыккандан кийин келин аталат.

**Кементай —** кыргыздын кийизден жасалган узун формадагы Улуттук сырт кийими. Кементайдын кийизи койдун жүнүнөн орточо калыңдыкта басылат, учасы менен өңүрлөрүнүн бириккен жерлери жана тигиштеринин арасы милтеленет, кээде жээктери кийизине өңдөш кездеме менен кыюуланат.

**Кемпир ооз** - аттиш, ат кычкач, камбар кычкач - кош жаагы бири-биринен кайчылаша бириктирилген темир аспап. Кемпир ооз кош жаагынын бирөөнүн баш жагы мык чымчыгыдай ачакей жарым айлана сыяктуу ичин карай ийилип, ага жарыш экинчи жагы түз жумуру темирден жасалат. Алар бири-бирине кадоо аркылуу бириктирилет. Кемпир ооз көбүнчө мык сууруу, таканын мыгын кесүү сыяктуу иште керектелет. Ал аттын маңдай тишине окшогондуктан аттиш деп аталат.

**Кемсел** - кыргыздын аял, эркек бирдей кийүүчү жука сырт кийими. Анын жеңи чолок, жалаңкат формада болот. Бул күндөлүк кийилүүчү ыңгайлуу кийим түштүк аймактарда кемзир деп аталат.

**Кеңеш аяк (үйлөнүү салтында)** - өргөөгө жайгашкандан кийин күйөө баланын ата-энеси кой союп, бышырып кудасына алып кирип, той баштоого уруксат сурашкан. Кудасы бир күндү белгилеп, кара мал (уй, тай, жылкы) сурайт. Белгиленген күнү той башталган.

**Кепич —** булгаарыдан колго ултарылып жасалган илгерки бут кийим. Баш жагы иштелип, четтери тарамыш менен кыйылып, апкытына жука жыгач коюлган. Таманы жана жапыз өкчөсү жыгач мык менен ич таманга бекитилип, бүчүсү жана боосу жок жасалат. Жеңилдетүү үчүн такасынын ичи көңдөй боюнча калтырылган. Жаштардын, айрыкча кыз-келиндердин кепичи оймо-чиймелер жана купалар менен асемделген. Кепич маасынын сыртынан кийгизилген жана басып жүрүүгө өтө ыңгайлуу болгон.

**Кепсен** - өткөн доорлордо Орто Азиядагы дыйканчылык өнүккөн жерлериндеги чаап алынган, жыйналган эгиндин түшүмүнөн алынуучу салыктын бир түрү; кызылдоо учурунда саламдашып келген айрым кишилерге, тууган-туушкандарга кырмандан ырымдалып берилген эгин. Эгин басылып, кызыл сапырылып, чечкор өткөрүлүп, капка саларда же ороого куярдан мурун эгин басууга, эгин сапырууга жардамдашкан же ошол учурда кырманга келген аксакалдарга, балдарга кырман ээси бир күрөк, бир табак, бир калбыр же бир чака кызыл салып берген. Ошол жердеги жетим-жесирлер атайы эле кепсен алуу үчүн «кырман толсун» деген алкоосун айтып барышканда да кырман ээси бир аздап ырым кылган. Айрым учурда кырман ээси чечкор жасап, айыл аксакалдарын, аттуу-баштуу кишилерди чыкырган. Тамак ичилип бата айтылгандан кийин аларга кызылдын көлөмүнө жараша кепсен таратылып берилген.

**Кеп такыя** - элечектин ичинен кийилүүчү баш кийим. Кеп такыя элечектин ичинен чети чыгып калбагыдай жазылыкта ак кездемеден тепчилип жасалган. Кеп такыя элечекти чечүүнү жеңилдетип, элечекти астыңкы ороосун терден сактаган.

**Кептөө** - чылгый териден шири идиштерди жасоо ыкмасы. Тоборсуган чылгый тери жасалуучу идишке ылайыктап бычылып жана тигилип, оозуна тегерек алкак бекитилип, ичине жумшак топурак шыкай толтурулуп, тиешелүү түргө келтирилген. Ал тоборсуган соң бетине калемдей мукур учталган катуу жыгач сындырык менен түрдүү оймо-чийме түшүрүлүп коздолгон. Абдан кургатып 3-5 сутка ышталгандан кийин шири идиш даяр болгон.

**Кер өзөн** - эл музыканттарынын арасына кеңири тараган кыл кыяк күүлөрүнүн бири. Алардын ичинен Муратаалынын күүсү мазмуну, көркөм каражаттарынын байлыгы менен айырмаланат. Күүдө бирде элдик шаан-шөкөт же согуш баяндалса, бирде лирикалуу музыка жаңырат. Азыркы күндө «Кер өзөн» кыргыз эл аспаптар жана эстрадалык оркестрлерде аткарылат. «Кер өзөн» М.Раухвергердин «Чолпон» балетине мотив болуп кирген.

**Кергич** - сайма саюучу керме кериле турган төрт чарчы же тегерек алкак. Ал төрт кыр же жумуру жыгачтардан эки түрдүү жасалат. Бири-бирине кийгизиле тургандай сырткысы чоңураак, ичкиси кичирээк эки алкактан жасалып, алардын ортосуна сайма сайылуучу кездеме кысылып бекитилет. Чоң кергич бир гана алкактан туруп, сайма сайылуучу кездеменин четтери жөрмөөгө бекитилет. Сайма кездеменин керилген бөлүгүнө түшүрүлгөндөн кийин анын четиндеги жөрмөөсү сөгүлүп улам жылыштырылып жөрмөлүп бекитиле берет.

**Кереге** - боз үйдүн уук бекитүүчү төмөнкү жыгачы. Диаметри 2-5-3.5 м, узундугу 230-300 см, баш-аягы бирдей саканактардан жасалат. Эчки тал, сары талдын кабыгы аарчылып көлөкөгө кургатылып, тезге салынат, саканактардын баарын ичин көздөй бир аз ийип, уук байлачу баш жактан 15-20 см. сыртын көздөй ийилип маталат. Саканактардын ар бири 14-18 см. аралыкта бири- бири менен кайчылаштырып көзөлүп, ага өткөзүлгөн көктүн эки жагы түйүлүп бекитилет.

Керегейин көктөлүп бекитилген жери темеге деп аталат. Кереге жайылганда саканактардын кайчылашууларынан пайда болгон төрт жагы бирдей болгон көзөнөкчөлөрдүн чоңураагы жел көз, кичиреги болсо тор көз деп аталат. Саканактардын баш жагынан 70-80 см. жеринин ички бети алакандалып ага 6-12 издүү сай салынат. Керегенин ар бир канаты узуну боюнча 18-20 көздүү, бийиктиги боюнча 6-10 көздүү болгон. Керегенин канаттарынын четки кыска саканактары жети же сыңар саканак деп аталат. Жайылган керегенин бийиктиги 2.75 м. дей болот. Жазганда бийиктиги кичине төмөндөп, эни 2 же 2.5 м. жеткен. Керегенин уук байлоочу жогорку ачакейлери кереге башы, карама- каршы бөлөгү - керегенин аягы деп аталат. Кереге канаттарын бириктиргенде, алардын четки саканактарынын бири-бирине дал келген жери канат боо менен орой чалып байланган. Боз үйдүн чоңдугу кереге канаттарынын санына жараша: эң кичинеси 4, эң чоңу 12 канат деп өлчөнөт. Кереге жошо, сыр боёк, темир даты менен боелгон.

**Керемет** — адамдардын диний ишенимдери боюнча касиеттүү күч тарабынан жаралуучу түрдүү кубулуштар. Кереметке ишенүү байыркы заманда адамдардын жаратылыштын кубулуштарынын алдында көз каранды, алсыз болушкандыктан, анын сырын билбегендиктеринен улам пайда болгон. Кыргыз эл жомокторунда, уламыштарында керемет жараткан адамдар жөнүндө да кенен маалыматтар баян этилет.

**Керки** - жыгаччылыкта урунуучу, болоттон жасалган уста аспабы. Анын керки, чот керки, байтеше жана аштама деген түрлөрү бар. Керкинин сабы бекем жыгачтардан жасалат.

**Керки тамга** - басыз уруусунун курамындагы уруктар тобунун аталышы. Этностук аталыш байыркы кыргыз мезгилине (6-9-кк.) доорлош. Уруктар тобунун эн тамгасы учу иймек керкини элестетет. Керки - балтадан кичине, жыгач чабуу, кертүү үчүн колдонулуучу курал. Бул эн тамгага окшош белгилерди Орхон-Енисейдеги руникалык жазуулардан да кезиктирүүгө болот. Саяк уруусунун эн тамгаларынын бири ушул ат менен белгилүү. Эн тамгалардын параллелдери казактарда (шылбыр тамга), хакастарда (кызыл), ногой жана кара калпактарда (ыргаклы) бар экендиги белгилүү- этностук аталыштын түз параллелдери түркмөндөрдүн, өзбектер- дин, азербайжандардын курамдарында бар. Бул уруктар тобунун өкүлдөрү Сузак, Өзгөн, Тогузторо, Акталаа аймактарында байырлашат. Негизги уруктары: үмөт, мадыш, жетикашка, асан, кош- кенчи, тешберек, козумерек ж.б.

**Керме** - эки боз үй аралыгына орнотулган эки мамынын ортосунда 1-1,5 м. бийиктикте керилип тартылган аркан. Ага таң ашырылуучу күлүктөр, суутулууга коюлган аттар байланган.

**Керней** - музыкалык үйлөмө аспап. Көчмөн түрк-монгол элдеринде, анын ичинде кыргыздарда аскердик кабар берүүчү музыкалык аспабы катары колдонулган. Керней элди, аскерлерди чогултууда, жыйноодо колдонулган. Кыргыздын кыпчак уруусунун курамында кернейчи, сурнайчы деген уруктар бар экендиги белгилүү. Бул этнонимдер кыргыздардын өткөн доорлордогу жоокердик турмушунан кабар берет.

**Керчөө** — кой төшүнүн баш тушунан териси менен кошо сыйрылып алынган майлуу кыртыш эти. Эл арасында «кере карыш керчөө» деп да аталары маалым. Айрым диалектилерде «бөстүрмө» деп да аталат. Керчөөнүн жүнү кыркылып, эт жагы узун-туура тилинип, керекке жараша туз себилет, ичке таякчага сайылып чокко куйкаланып, какталып бышырылат. Айрым учурларда эттин эң даамдуу бөлүгү болгон керчөө куйкалангандан кийин, какталбай деле эт менен бирге бышырылат.

**Керээз калтыруу.** Өлөрүн сезген адам балдарын, жакын тууғандарын чакырып жашоону кандай улантуу жөнүндө кеп-кеңешин, акыл-насаатын айтат, бири-бири жөнүндө кам көрүүнү табыштайт, мал-мүлкүн бөлүп берет ж.б.

**Керээз ырлары** — кыргыз эл оозеки чыгармаларындагы салт ырлардын бир түрү. Ал өлүм алдында жаткан адамдын жакындарына арыз-армандарынан, акыл насаат сөзүнөн келип чыккан. Керээз адамдын өмүрүндөгү эң акыркы сөз, ошону үчүн ага чоң маани берилип, ырчылар тарабынан даңазаланып, көркөм ырга, жомокко айландырылган. Кыргыз жомокторунда баатырлар дайыма эл айтышына чакырылган, керээз айтышкан.

**Кесек** - ичкиликтер (Булгачы) уруулук тобундагы эң ири уруулардын бири. Санжыра боюнча легендарлуу Долон бийдин иниси Сабатайдан тарашат. Кесектер - теги байыркы кыргыз урууларынан болуп эсептелишет. Этнонимдин параллелдери казактарда - «кара кесек», «караул кесек», тожулук туваларда «кезек» (хуулар), «кезек соян», башкырларда «кесе» (табын) формаларында кездешет. Эң кызыктуусу, бүгүнкү хакас-сагайлардын курамындагы кезегет (кедегет) сөөгү (уругу) Энесай кыргыздарынын түз урпактары экендиги аныкталган. Бул фактылар кесектердин Борбордук Азиянын (Саян-Алтай) этностук чөйрөсү менен түз этностук алакаларын чагылдырары ырас. Таанымал иликтөөчү Р.Г.Кузеев «башкыр-кеселердин» тегин кыргыздардагы «кесек», туваларлагы «кезек-хуулар» уруулары менен жалпылыкта караган көз карашын айтат. Венгр изилдөөчүсү, академик Д.Немет мадярлардагы Kesz, Keszi, Keszu энчилүү аталыштарынын (этнонимдер, топонимдер) башатында түрк тилдүү уруулардын негизи жатарын белгилеген. Изилдөөчүлөр элдик фольклордун маалыматтарына, илимий иликтөөлөрдүн тыянактарына, этнонимиялык параллелдерге таянып, кесе(к) уруусунун тегинин Саян-Алтай этностук чөйрөсү менен түз байланышына токтолушат. Бул уруунун өкүлдөрү Лейлек, Баткен, Карасуу, Араван, Ноокат, Өзгөн ж.б. аймактарын, Тажикстандын Жерге-Тал, Пролетар, Нау, Тоолуу Бадакшан, Афганистанды, Чыгыш Түркстанды (КЭР), Өзбекстандын Анжиян, Фергана, Жизак (Достук, Бахмал), Ташкен (Бөкө, Пушкин), Сыр- Дарыя ж.б. жерлерди эзелтеден байырлашып келишет.

***Ад.:*** *Кузеев Р.Г. Происхождение башкирского народа. М.:«Наука», 1974; Баялиева Т.Д. Доисламские верования и их пережитки у киргизов. -Фрунзе, «Илим», 1972; Баялиева Т.Д. Религиозные пережитки у киргизов и их преодоление. -Фрунзе, «Илим», 1981; Каратаев О.К. Кыргыз этнонимдер сөздүгү. Б.: 2003.*

**Кет бука** - кыргыз комузчуларынын арасына кеңири тараган классикалык күү. Анын чыгышы жөнүндө ар түрдүү уламыштар бар. Көпчүлүк Кет бука комузчу өз доорунда жашап өткөн Айкан аттуу канга жалгыз уулу аң уулап жүрүп кокусунан жолборстон мерт болгондугун күү аркылуу угузган деп айтышат. Күүдө терең кайгы баяндалат. Айрым санжыралык маалыматтарда Кет Бука белгилүү бир инсан болгондугу баяндалат. Басыз уруусунун ичинде «кет бука» атуу урук бар экендиги белгилүү.

**Кетмен —** дыйканчылакта кеңири колдонулуучу эмгек куралы. Кетмен байыркы доорлордо дыйканчылык менен кошо пайда болуп, адегенде таштан, андан соң колодон, кийин темирден жасалган алгачкы куралдардын бири. Кетмен колдонулган алгачкы аймактарга Байыркы Египетти, Эки Дарыя аралыгын, Мавераннахр, Инд-Ганг аймагын, эзелки Кытайды кошууга болот. Анын уңгусу, башы жана сабы болот. Кетмендин башы үч бурч, тегерек, сүйрү формада келип, жалпак курч темирдей узундугу 25-30 см, эни 20- 30-см. болуп учурда өндүрүштүк ыкма менен жасалат. Уңгусуна 5- 7 см. келген жоон түтүкчө ширетилет же кадалат да, ага 1,5 м. түзүлүшү жумуру жыгач сапталат. Бети жылмаланып, мизи курчутулуп, уңгусу жанынан эки чети ичин көздөй бир аз кайрылат. Анын

салмагы 2-3 кг. айланасында болот. Кетмен ушул күндөрдө да жергебиздеги дыйканчылыкта кеңири колдонулуп келет.

**Кечилдик** - социалдык, диний топ. Ислам railway динине дервиш, православие христиан дининде - монах, будда дининдегилерде - кечил ж.б. деп аталышат. Анын мүчөлөрү дүйнөдөн безүү, үй- жай, мүлктөн кечүү, үйлөнбөө, туугандык жана социалдык байланыштарды үзүү, катаал тартипке баш ийүү сыяктуу эрежелерди аткарышкан. Тагыраак айтканда, бул жалган дүйнөдөгү бардык жыргалдардан баш тартуу ж.б. дегенди туюнтат. Кечилдик алгач Индияда б.з.ч. I миң жылдыкта буддизмдин чөйрөсүндө пайда болгон. Андан соң, Кытай, Япония, Тибет, Түштүк-Чыгыш Азиядагы өлкөлөргө тарап, өнүгө баштаган. Кечилдик (мусулмандарда - дербиштик) буддизм, ламаизм, христиан, ислам диндеринде кенен тараган. Мисалы, дербиштик ордендер (Бекташтар ж.б.) өзгөчө Осмон империясынын тушунда башка диндеги элдердин арасында ислам динин таратуу боюнча өтө жигердүү күрөшүшкөн.

**Кешик.** 1). Төркүлөгөн келин төркүнүнөн ала келген тамак- аш, ошондой эле күйөөгө чыккан кызга энеси, жеңелери, эжелери, тарабынан алпарылган бышырылган тамак. 2). Жегенден калып калган тамак-аш түбү. Кээде чоң аш-тойлордон кешик жегизилет.

**Кийиз** — жүндөн тыгыздалып басып жасалган тиричилик материалы. Кыргызстанда кийиз күзгү жүндөн ар кандай калыңдыкта, чоңдукта басылып жасалат. Ал боз үйдүн тутуусунда, токулгага, кийимге, төшөнчүгө жана ар түрдүү буюмдар жасоого жумшалган. Кийизди аялдар жасашкан. Кийиз жасоо үчүн жүн үлпүлдөтө сабалып, даакылары тытылып, жайылган чийдин бетине текшилеп салынып, жылуу суу себеленип уютулган. Уютулган жүн чийи менен оролуп, аны сыртынан бир нече киши тоголотуп тепкилейт. Андан кийин бир нече аял тизелеп катар отуруп алып бир четинен тугуруктап билектеп басат. Аны тоголотуп тепкилөөдө эркектер да катышкан. Анда да аз-аздан суу текши себеленип турат. Боз үйдү жабууга жумшалуучу өрө кийиздер, ала кийиз ж.б. кургатылгандан кийин дагы бир жолу чийге оролуп туруп, кайнак суу себилет, кайрадан басылат. Мындай кийиз бышык болот жана түлөбөйт. Азыр кийиз фабрикада өндүрүштүк ыкма менен даярдалат. Кийиз түрүнө карата «кара кийиз» жана «ала кийиз» болуп экиге бөлүнөт.

**Кийиз басуу** - жүндөн кийиз даярдоо ыкмасы. Ал кыргыздарда, Евразия талаа көчмөндөрүндө, Тибет, Алтай, Кавказ, Карпат, Балкан, Алдынкы Азия (Иран, Афганистан, Пакистан) тоолуу аймактарынын малчыларында кеңири таралган. Кийизди кошуна жашаган казак, каракалпак ж.б. түрк-монгол тилдүү элдер да жасашат. Эң байыркы кийиз жасалгалар Тоолуу Алтайдан (скифтер, б.з.ч.VI-V кк.) жана Монголия (хуннулар, б.з.ч. II-I кк.) көрүстөндөрүнөн табылган. Кийиз койдун жүнүнөн жасалат. Ага төөнүн, эчкинин жүнү, ири мүйүздүү малдар түлөгөндө түшкөн жүндөр да кошулат. Көчмөндөрдө койдун өзүнүн жүнүнөн жасалган кийиз баалуу эсептелет. Кийиз жасоо бир нече этаптан турат: кургак, күн тийип турган убакта жүндү сабоо менен сабайт; жасала турган өлчөмдө жүндү кабаттап төшөйт жана ага суу же сүзмөнүн сарыккан суусу чачылат. Жумуру жыгачка же жөн эле оролот; сыртынан тери, чий же кездеме оролуп, жип менен таңылат жана эки атчан же эки бет туруп алган адамдар кол менен ары-бери тоголотуп тартышат. Кез-кез ачып сапатын текшерип, кемчилигин түзөп турушат. Майда иштерге керектөөчү кийизди кол менен бастырып алса болот. Кыргыздар кийизден төмөнкү буюмдарды жасашкан: боз үй жабдуулары, кийим, үйдүн ички жасалгалары, идиш-аяк сала турган кап, олтурууга, жаңы туулган малдын астына төшөлүүчү, ат жабдыктарында колдонулуучу кийиз ж.б. Кийизден калпак ж.б. да жасалат. Кийиздин табигый түсү ак, кара, боз, күрөң, ала. Кийизден орнамент жасоонун ыкмалары көп: бир түстөгү кийизге түрдүү түстөгү тери, кездеме ж.б.

бөлүкчөлөр жабыштырыла тигилет, түстүү жиптер менен кештеленет, боёлот. Ак кийиз бир катар ыйык жөрөлгөлөрдө колдонулган: ак кийизге салып хан көтөрүлгөн, жаңы үйлөнгөндөрдү олтургузушкан. Кийиз күз айларынын баш ченинде туугандардын, кошуналардын жардамы менен жасалган, баштаарда жана бүткөндө атайын тамак берилген. Кийиз жасоо көчмөндөрдүн дүйнөлүк жалпы маданиятка кошкон салымдарынын бири. Кийизден жасалган буюмдар көчмөндөрдөн отурукташкан элдерге да тараган.

**Кийим** — адамдын тулку боюн же айрым мүчөлөрүн тышкы чөйрөнүн ар кандай жагымсыз таасирлеринен коргоочу буюмдардын жалпы аты. Үй менен кийим адам тиричилигинин негизги каражаттарынын бири болуп эсептелет.

**Кийим катмай** - балдар жеңил-желпи кийимдерин катып ойной турган оюн. Тутум боюнча балдардын тобу бир баланын кийимин тегеректеп турушкан же олтурушкан. Ортодо турган кийими катылган бала оюндагыларды тегерете бир сыйра карап чыгып, алардын сырткы көрүнүш кебетесинен, көз карашынан кийим кимде экенин тапканга чейин ортодо күлкү болуп тура берген. Баамчыл, байкагыч, кыраакы балдар кийим кимде экенин бат эле табат. Катылган кийим кимден чыкса, ал ортого чыгат да, анын бир кийими катылып, оюн улантыла берет. Кийим катыларда ортодогу бала алаканы менен көзүн жаап турат.

**Кийит же сарпай** - кыз берип, уул үйлөнтүүгө байланыштуу эки үй-бүлөнүн өз ара катышуусуна тиешелүү кийим же кездеме түрүндөгү алыш-бериш. Сарпай же сарпайы фарси тилинде «баштан аякка чейин» же «баштан аякка чейин кийинтүү» дегенди туюнтат.

**Килем** - кыргыздардын байыртадан үй турмушунда колдонуп келе жаткан буюму. Килем жасоо кыргыздын прикладдык искусствосунун бир багыты болуп саналат. Килемдин кооздугу токулуу өзгөчөлүгүнө жана түс айкалыштарына жараша аныкталат. Килем койдун жүнүнөн, ийрилген пахта кебезинен жасалат. Койдун жүнүн тытып, сабагандан соң, кол же механикалык ийик менен жип катары ийрилет. Ошону менен катар, болочок килемдин көлөмүнө жараша атайын тытылып, сабалып даярдалган кебезден да жип ийрилет. Койдун ийрилген ак жана кара жүнү ар түрдүү боёкторго чыланып, кургатылат. Узундугу 5 м. туурасы 2,5 м. жеткен атайын курулган дүкөнгө кебезден ийрилген жип жүгүртүлөт. Андан соң кыз-келиндер сунуш этилген, атайын чийилген көчөттөрдүн (улуттук орнаменттер) негизинде жүгүртүлгөн кебез жиптерге жүндөн ийрилген түстүү жиптерди байлап, кесе башташат. Кесилген жиптер атайын токмоктун жардамы менен тыгыздалат. Кыз-келиндер өтө кылдаттык менен көчөттөрдү согулуп жаткан килемге түшүрө башташат. Бул эмгек (эгерде 3-4 килем согуучу болсо) болжол менен 10-15 күнгө созулат. Кыргыз килеми өтө зор камылганы, эмгекти талап кылган прикладдык искусство чыгармасы болуп эсептелет. Кыргыздарда «кажары килем» деген термин бар. Бул атактуу перси (Иран) килемдеринин кыргыз коомундагы аталышы болуп эсептелет. Кажарлар Иранда (Персияда) 18-20-кк. башкарган түрк тилдүү династия катары маалым. Арийне кыргыз килемдеринин өзгөчө улуттук орнаменттери кайталангыс колоритке ээ Килем токуу улуттук өнөрү Кыргызстандын түштүк аймактарында (Сузак, Өзгөн, Аксы, Баткен) кенен өнүккөн. Килем токуу учурда өндүрүштүк ыкма менен кенен жолго коюлган. Кыргызстандагы Карабалта килем токуу комбинаты Борбордук Азиядагы эң ири өндүрүштүк бирикмелерден болуп саналат. Учурда чет өлкөдөн келген килемдер химиялык жасалма материалдардан даярдалып, кенен таралууда.

**Кимактар** - 8-9 кк. Иртыш-Волга (Итил) аралыгындагы талааларды мекендеген түрк тилдүү уруулук бирикменин аталышы. Кимактар (кимак-кыпчак уруулары) кыргыздар менен алакалаш жашашып, айрым учурларда согуш абалында болуп турушкан. Изилдөөчүлөр уруулук бирикменин курамын жети уруу түзгөндүгүн

белгилешет. 11-к. фарси автору Гардизи өзүнө чейинки (8-9-кк.) Ибн Хордадбек, Жейхани жана ибн Мукаффалардын маалыматтарына таянып, кимактар жөнүндөгү төмөнкү маалыматтарды кагаз бетине түшүргөн: «Шад дегенге оболу жети киши, андан соң жети жүз киши өз уруу жетекчилери менен келишти, алар: имек (йемек), татар, кыпчак, ланиказ, ажад, ими...». 10-к. баш чендеринде кимактардын мамлекети начарлап кулаган. Кимактардан кыпчак уруулары бөлүнүп чыгып, ири уруулук бирикмелерди түзүшкөндүгү маалым. Дал ушул мезгилден тартып кыргыз-кыпчак этностук тыгыз алакалары башталган. Казактын таанымал илимпозу Б.Е.Кумековдун кимактар бүгүнкү казак этносунун негизин түзгөн деген пикири илим чөйрөсүнө эбактан маалым.

**«Ким учту»** - тестиер жана өспүрүм балдардын тамаша оюуну. Топтошуп отургандардан башчылык кылган бала топтун четине чыгат да, көзүнө көрүнгөн, кулагына угулган нерсенин баарын жарыя айта берет. Мисалы, ким учту, карга учту; ким учту, дарак учту; ким учту, үстөл учту ж.б. Олтургандардан учпай турган нерсеге кол көтөрүп, канаттуулар аталса, кол көтөрбөй калуучулар да болот. Жаңылгандар ортого топтошуп , жалпы ырдап, бийлеп элди күлдүрүү, кызыктуу окуяны айтып беришип жаза тартышат. Бул оюн кыш мезгилинин узун түндөрүндө ойнолот.

**Киндик эне** - төрөтүүгө катышып, баланы жерден алып, киндигин кескен аял. Бардык элдерде төрөтүүчү аялдарга чоң роль таандык. Балдарды төрөп жаткан аялдын ден-соолугу, ал турсун өмүрү аталган аялдардын иш билгилигине жараша болгон түрк элдеринде жаңы төрөлгөн бала жерден алып, киндигин кескен аялдын мүнөзүн тартат деген ишеним бар, ошондуктан мүнөзү боюнча өзүнө жаккан аялдарды тандашкан. Киндик эне 2-3 күн бала менен энесинин жанында болгон. Балага кийим даярдайт, ал үчүн баланын ата-энесинен сый көрөт. Баланын төрөлүшүнө байланыш- туу союлган койдун терисин, төш этин киндик энеге беришкен.

**Кисе —** оттук, кын, ок чонтой, мылтык, баштык, кестик, кылычка окшогон мергенчилик жана жоокерчилик куралдар бекитилген кур. Ал көбүнчө кайыштан же булгаарыдан жасалган. Жоокерчилик коомдо кисе эркектер үчүн өтө зарыл буюм болуп эсептелген. Кисеси жоктор эркек же жигит катары эсептелбей кемсинтилген. Жеке гана буюм катары эсептелбестен, кооздук буюм катары да кенен бааланган. Жакшы зергерлер жасаган киселер жана ага илинген буюмдар ээсинин коомдогу ээлеген абалына жараша алтын, күмүш, жез сыяктуу баалуу металлдар менен жасалгаланып кооздолгон.

**Кичи элдер** - белгилүү бир региондордун түпкү калкын бириктирген жана чектелүү демографиялык потенциалы бар аз сандуу этносоциалдык топтор. Кичи элдерге саны 50 миңден ашпаган этностор кирет. Азыр дүйнөдө 800 дөн ашык кичи эл бар. Алардын 60 ка жакыны Россия Федерациясында, анын ичинен 26сы Четки Түндүктө, Сибирде, Ыраакы Чыгышта жашашат. Этносторду кичи элдер категориясына киргизүүдө төмөндөгүдөй факторлор эске алынат: азыркы мамлекеттик чек аралар түзүлгөнгө чейин аталган аймакта узак мезгил бою жашашы, салттуу промыселдин, өзүнчөлүк маданиятынын, тилинин, этностук өзүн өзү аңдоонун толук же жарым-жартылай сакталышы, сан жагынан аз болушу кичи элдердин жашоо ыңгайынын айрым өзгөчөлүгүн шарттайт. Айрымдары зор аймакта чачкын жашашса, айрымдары кичинекей аймакта чогуу турушат. Көпчүлүгү көчмөн жана жарым көчмөн турмушта жашашат. Бүтүндөй алганда кичи элдер башка элдерден өздөрүнүн салттуу чарбасы, өзүнчөлүк маданияты, эне тилинде жазуусунун жоктугу, этностук өзүн өзү аңдоонун жеткилең эместиги, этностор аралык байланыштын начарлыгы, миграциянын төмөнкү деңгээли ж.б. өзгөчөлүктөрү менен айырмаланышат. Ушул кырдаалдарга байланыштуу кичи элдер өзгөчө социалдык, экономикалык жана укуктук коргоого муктаж. Ошол

максатта 1992-ж. БУУда атайын уюм - аз сандуу элдердин эл аралык борбору түзүлгөн.

**Клан** - (гэлл, «тукум») 1). Кельттерде уруктун же уруунун кнйннчерэяк патронимиянын аталышы. Патронимиянын мүчөлөрү ата-эпонимге «уулу» (шотландиялыктар менен ирландыктар) же «небереси» (ирландыктар) деген сөздөр кошулган ысымдарды алып жүрүшөт. 2). Азыркы адабиятта уруктун (кээде матрилинейлик уруктун гана), же локалдык урук жамаатынын, кээде бардык урук- уруу топторунун аталышы.

**Коён тебиш** — тестиер балдардын, жаштардын өз ара күч сынашкан улуттук оюну. Эки жаш бала же жигит аркы-терки чалкасынан жатып, эки оң, эки сол карууларын бири-биринికине илээштирип алышат. Ким оодара басып, томкоруп кетсе, ал жеңген болот да, мөөрөй ошого ыйгарылат. Коен тебиш той-тамашаларда ойнотулат.

**Кожо же кожолор** — өздөрүн алгачкы халифтердин (Абу Бекр, Омар, Осмон, Али) түз тукумдарыбыз деп аташкан катмар. Айрым учурларда мусулмандардын диний жетекчилигине берилүүчү наам же «кожо» наамы бар адамдын аты. Шиизм багытындагы исмаилиттер да өздөрүн «кожо» деп аташат. Кыргызстандын аймагында жашаган өзбектерде өздөрүн «кожолорбуз» деп атаган көп сандуу топтор белгилүү. Алар өздөрүнүн чыгыш тегин алгачкы «шайланма халифтер» жана алардын урпактары менен байланыштырышат. Арийне, алардын тегин илимий негизде тактап чыгуу зарыл.

**Кожобеков Муратбек Чалаке уулу,** 1958-ж. туулган. КМУ- нун тарых бөлүмүн аяктаган. 1987-1992 жж. Кыргыз Илимдер академиясынын кол жазмалар бөлүмүндө илимий кызматкер болуп эмгектенген. Энесай кыргыздарынын этностук-маданий тарыхы боюнча адис. Тарых илимдеринин кандидаты, доцент. М.Ч.Кожобековдун илимий изилдөөчүлүк багыты кыргыз тарыхынын Энесай дооруна багышталган. Автордун калемине Энесай кыргыздарынын (5-12-кк.) этностук тарыхына, этногенезине, материалдык жана руханий маданиятына байланышкан эмгектер таандык. Изилдөөчүнүн байыркы кыргыздардын Тан доорундагы Кытай, Тибет, Түрк каганаттары, түргөштөр ж.б. менен саясий-дипломатиялык, чарбалык уклады, жазма маданияты боюнча эмгектерин белгилөөгө болот. Мындан сырткары, автор байыркы кыргыздардын салттуу маданияты, каада-салты, тамак-ашы, диний жөрөлгөлөрү, философиялык-диний көз караштары, уруулук курамы, мамлекеттик түзүлүш структурасы боюнча иликтөөлөрдү жүргүзүүдө.

**«Кожожаш»** — кыргыздын эң байыркы эл дастандарынын бири. Дастан өзүнүн калыптанып, пайда болгон мезгили жагынан архаикалык мүнөзгө ээ. Дастанда кыргыздардын байыркы доордогу тотемистик, анимистик ишенимдери кенен чагылдырылган. Мындан сырткары, дастанда байыркы кыргыздардын чарбалык укладдары, жашоо образы, диний-философиялык ишенимдери даана көрсөтүлгөн. Байыркы кыргыз коомунда, табийгаттын татаал шарттарында аңчылык да кыргыздардын чарбалык кесипчилигинин бир түрү болгондугун байкоого болот. Мында адам баласы менен табийгаттын катаал кубулуштарынын ортосундагы өз ара алакалар, байланыштар чагылдырылган. Айрым изилдөөчүлөр дастанды баатырдык эпос катары атап жүрүшсө, кээ бир окумуштуулар ага социалдык-турмуштук багыттагы эл чыгармасы катары аныктама ыйгарып келишет. Кыргыздын кытай уруусунан чыккан көзгө атар мерген Кожожаштын Зулайка сулууга үйлөнүшү, касиеттүү кайберен Сур эчки менен эрегишип, Сур эчкинин каргышына калып адам жеткис аскада жалгыз калып мерт болушу, Кожожаштын уулу Молдожаш баралына жеткенде атасынын кунун кууп, Сур эчкиден өч алышы эпостун сюжетинин негизин түзөт. Дастанда өзгөчө адам баласы менен жаратылыш ортосундагы аң сезимдүү байланыш, адам

баласынын ага болгон адеп-ахлактык мамилеси курч коюлган. Адамдын билгенден билбестикке ташталган алаканын түбөлүктүүлүгү жана анын жеңиштүү болору да турмуштук өсүшү логикасына карата ылайык берилгендигин көрүүгө болот. «Кожожаш» эпосу кыргыздардын байыркы доордогу турмуш-шартын, чарбачылыгын, каада-салтын, диний ишенимдерин ж.б. изилдөө боюнча маанилүү булак болуп эсептелет.

**Койлон** - геноним. Элдик санжыра боюнча Койлондон кыргыздын оң канатына кирген жедигер уруусу тарайт. Геноним орто кылымдардан белгилүү. Сайф ад-Дин Аксикендинин «Мажму ат- Таварихинде» (16-к.) төмөнкүдөй маалыматтар чагылдырылат: «...Тагай баатыр, андан Кулан (Койлон), Куландан Ядгар (Жедигер) уруусу келип чыгат». Сайф ад-Дин Аксикенди жазган маалыматтар соңку учурдагы кыргыз санжыра маалыматтары менен да дал келери анык. «Мажму ат-Таварихте» генонимдин «кулан» формасында чагылдырылышы анын баштапкы маанисин аныктоого көмөк берери ырас. Кулан - жапайы жылкы, монгол тилдеринде хула(н) формасында айтылат. Демек, «Манас» дастанындагы айтылуу Аккула «жапайы ак боз түстүү жылкы, аргымак» маанисин берет десек болчудай. Арийне, геноним монгол жана тунгус-манжур тилдүү элдерде айрым башка маанилерди да туюнтушу мумкүн. Эвенк тилинде «калун» - жаныбардын түсүн, «кайлун» - жылкынын өңү-түсү; монголчо «хайлун» - дарыя кемчетин туюнтат. Кыргыз (түрк) жана монгол тилдери тарыхый-аймактык жалпы бир чөйрөдө, жалпы бир кыртышта өнүккөндүгү эбактан белгилүү. Ошондуктан генонимдин монгол чөйрөсүндөгү маанисине көңүл бурсак: Жунгар (Ойрот) хандыгы боюнча маалыматтарды камтыган «Сиюй-Тучжиде» чек араны кайтарып, ага көз салып коргогон «калунь» деген мамлекеттик-аскердик кызмат жөнүндө даректер баяндалат. Жунгар (Ойрот) тилинде «калунь» - «чек ара аскерлери» дегенди туюнткан. Калундар (чек ара аскерлери) мамлекетте төмөнкүдөй милдеткерликтерди аткарышкан: I.Мамлекеттин карамагына кирген, уруулардын убактылуу пайдалануусуна бөлүнүп берилген мал жайыттардын чек араларынын бузулбашын көзөмөлдөө. 2. Айыл чарбасына, кен казуу иштерине, устаканаларга чегерилген, жазасын өтөгөн кылмышкерлерге көзөмөл салуу. 3. Сооданын жүрүшүн көзөмөлдөө. 4. Мал уурдоону болтурбоо. 5. Качкындарды көзөмөлдөө. 6.Зарыл учурда мамлекеттик маанилүү кагаздарды өз даректери боюнча жеткизүү. 7.Салык жыйноо. Чындыгында эле, жогорудагы маалыматтарда калундар чек ара иштери гана эмес, аскердик-полицейлик, салык жыйноо функцияларын да аткарышкандыгы байкалып турат. Ошону менен бирге, жунгар-ойрот хандарынын негизги тиреги болгон, өзгөчөлөнгөн катмарды түзүшкөн калундар институту жана «калунь» (койлон) термини эрте орто кылымдардан эле белгилүү болуусу мүмкүн. Ушундан улам, калун-койлон терминдери баштапкы бир экономикалык-саясий маанини туюнтат деген тыянак келип чыгат.

**Колбоор** - бүркүт кармоочу тор. Ал кереге сымал, үстү туюк, кээде ачык да болот. Колбоор кыргызда алгыр куштарды кармоо үчүн түйүлгөн торлордун «байлооч тор» деген түрүнө кирет. Байлооч тор бүркүт келип түшкүдөй үстү туюк, кээде ачык жайылып, бир нече ичке узун таякчаларга туш тарабы бүт керилип бекитилет. Тор көлөмү чоң, жиби жоон, көздөрү укум болуп түйүлөт. Айланасы 15-18 м. бийиктиги 3-4 м. болуп туташ же 3-4 бөлүктөн турат. Колбоор бүркүт учуп өтө турган мерчемдүү бийик, кайкаң келген көрүнөө жерге жайылат. Саятчы оочада күтүп турбай, күн алыс келип текшерип, байлоочко жем, суу берип турат. Колбоорлордун ичиндеги байлоочко бүркүт тийгенде тордун ичине же сыртына чалынып чаташып, оролуп калат. Байлоочту карышкыр илбирс ж.б. жырткычтар жеп кетпесин үчүн колбоордун этек жагын чоң-чоң таштар менен бастырып коет. Бул өнөр сейрек болсо да ушул кезге чейин колдонулат.

**Кол дыйканчылыгы** — таяк-чот дыйканчылыгы. Мында дыйканчылык кол эмгегинин куралдары менен - жыгач жер казгычтар, бут тиреп казуучу таяк, таш менен оордотулган таяк, мүйүз, сөөк жана металл учтар сапталган таяк, күрөк, калак, айры түспөлүүндөгү жер каза турган жыгач куралдар менен, жыгач же ар түрдүү типтеги таш, мүйүз, металл учтар сапталган чот менен, жөөк салуучу чотүрөк ж.б. менен ишке ашырылат. Жер иштетүүнүн кол эмгек куралдары Африканын, Түштүк жана Түштүк-Чыгыш Азиянын, Океаниянын, Латын Америкасынын тропикалык өлкөлөрүндөгү салттуу дыйканчылыктын интенсивдүү да, экстенсивдүү да формаларында кеңири пайдаланылат. Буурсун тараганга чейин жана айдоо куралдары табылганга чейин жер коңтоpуу кол эмгегинин куралдарынын жардамы менен гана ишке ашырылган, кээде гана, тропикалык Азияда суулуу талааны малга тебелетип жумшартышкан. Ошондуктан кол эмгегине негизделген дыйканчылык генетикалык жактан да, тарыхый жактан да эң байыркы тип болуп эсептелет. Дыйканчылык жерлерин кол эмгек куралдарынын жардамы менен иштетүү - жердин түшүмдүүлүгүн жогорулатуудагы жана түшүмдү камсыз кылуудагы иш-чаралардын маанилүү бөлүгү; мындай иш-чараларга дыйканчылыктын агротехникалык системалары, жер семирткич пайдалануу, мелиорация иштери кирет.

**Кол кесер** - атайын чакырылып мал сойгон адамга же касапчыга берилген бир салым эт. Кой сойгон киши көбүнчө моюнун, моюн эти менен эки боконосун кол кесерге алган.

**Кол күрөш** - жигиттердин, боз уландардын сынашкан оюну. Бүгүнкү эл аралык спортто «армреслинг» деп аталып жүрөт. Эки киши ортосуна такта коюп, маңдай-тескей сыңар тизелеп отуруп, оң колдорун бармакташа бекем кармап, жыгууга аракеттенет. Сол колдору менен сол жаккы жоон санын таянышат. Оюнчулар тең- тайлаш болуп калса алардын сол колдору күрөштүрүлөт. Оюнду тартип боюнча алып баруу үчүн калыс киши дайындалат.

**Кол өнөрчүлүк** - кол эмгегине негизделген майда өндүрүш. Машиналык өндүрүш пайда боло электе чейин коомдук өндүрүштө кол өнөрчүлүк үстөмдүк кылган. Ал түрдүү коомдук-экономикалык формацияда ар кыл формада өнүккөн. Эмгекти коомдук бөлүштүрүүнүн түрдүү стадиясына ылайык үй кол өнөрчүлүгү, буюртма кол өнөрчүлүгү жана базар кол өнөрчүлүгү болуп бөлүнөт. Үй кол өнөрчүлүгү буюмду чарбанын өз керектөөсүн камсыз кылуу үчүн жасайт. Бул кол өнөрчүлүктүн алгачкы формасы. Ал чарбанын башка тармагынан бөлүнбөстөн, өндүрүштө эмгектенген адамдын жардамчы кесиби болгон. Үй кол өнөрчүлүгү натуралдык чарбага таандык болуп, анын элементтери менен өсүп-өнүгүп турган. Эмгектин коомдук бөлүнүшүнүн өнүгүшү натуралай чарбаны бүлүндүрүп кол өнөрчүлүктүн салыштырма салмагы басымдуу боло баштайт. Кол өнөрчүлүк айыл чарбасынан бөлүнүп, буюртма кол өнөрчүлүгүнө жана сатуу үчүн буюм жасоо кол өнөрчүлүгүнө ажыратат. Устанын кардарга таандык жана өз чийки затынан буюм жасоо өндүрүшү. Кол өнөрчү буюмду керектөөчүгө жергиликтүү базарда же соодагер аркылуу сатат. Кыргыздарда кол өнөрчүлүк байыртан бери келе жаткан элдик кесип, улуттук маданияттын ажырагыс бөлүгү, калктын тарыхый эстелиги, көп кылымдык чеберчилик өнөрүнүн натыйжасы, анын туу чокусу. Кыргыздын кол өнөрчүлүгү мал чарбачылыкка, көчмөндүүлүккө, отурукташкан, жарым отурукташкан дыйканчылыкка байланыштуу турмуштун негизинде өнүккөн. Ар кандай буюм жасоодо жүн, тери, кыл, мүйүз, сөөк, жыгач, чий, темир, алтын, күмүш, жез, калай, акак таш, шуру, мончок, седеп ж.б. сыяктуулар кеңири колдонулган. Өсүмдүк тамырынан, кабыгынан жана жалбырагынан боек даярдап, анык чеберлер таң каларлык буюмдарды жасашкан. Кол өнөрчүлүктүн түрлөрүнө оймочулук (шырдак, жабык баш), саймачылык (жүз аарчы, суу жоолук, белдемчи, туш кийиз), зергерчилик (шакек, сөйкө, билерик), жыгаччылык (жанаяк, күрөк,

табак), чырмакчылык (чыгдан, канат чий), темирчилик (туулга, суулук, тогоо), түймөчүлүк (тегирич, чачы), өрмөчүлүк (жүгөн, камчы, куюшкан), өрмөкчүлүк (таар, шалча, чепкен, кап), бычмачылык (кийимдер), куракчылык, ташчылык (жаргылчак, тегирмен), теричилик (шири, кайыш), килемчилик, боекчулук (жүн боео), тери кутаттоо (өндүрүүчүлөр) өндүүлөр кирет. Кыргыздарда кол өнөрчүлүк маданиятынын байыртадан өтө жогору деңгээлде өнүккөндүгүн Саян-Алтайдан, жергебизден табылган археологиялык табылгалар айгинелейт.

**Колго үйрөтүү** - жапайы айбандарды акырындык менен колго үйүр алдыруу процесси. Натыйжада, алар үй айбандары болуп чыгат. Табиятта жапайы айбандардын таралган түрлөрүнүн көптүгүнө карабастан, адам баласы өзүнүн жашоо процессинде алардын бар болгону 60ка жакын түрүн гана колго үйрөтө алган. Бакмалаштыруу мезолит жана неолит доорунда башталат. Изилдөөчүлөрдүн пикиринде, эң алгач адам баласы колго итти үйрөткөн. Андан соң чочко, андан кийин эчки, кой колго үйрөтүлгөн. Жылкынын колго үйрөтүлгөн жери азыркы Түркиянын аймагы болуп эсептелет. Маалыматтар чочконун Кытайда колго үйрөтүлгөнүн тастыктайт.

**Ком** - төөнүн токулгасы. Комдун көлөмү бир тутамдай жоон келген, узундугу 2 м. чамалуу узун ком жыгач болгон. Анын эки чети 15-20 см, орто жери 30-40 см. жазы, узуну болсо 120-140 см. келген калың сызма же кайыш менен бириктирилген. Алардын алдыңкы бети 2-3 кат кийиз менен ичмектелген. Төөнүн эки өркөчү комдун эки тешигинен өткөрүлүп токулган. Ком оймо-чийме, сайма ж.б. менен коозделгон. Кыргыздар кээде боз үйдүн уугун же керегесин ком жыгач катары пайдалана билишкен.

**Комуз —** чертме кылдуу музыкалык аспап. Кыргыз элинин улуттук музыкалык аспаптарынын негизгилеринин бири. Комуз байыркы мезгилден бери белгилүү жана анын пайда болушун элдик уламыштагы аңчылык менен байланыштырат. Комуз өрүктүн, алмуруттун, карагайдын, арчанын, жапан талдын жыгачынан негизги бөлүгү алмурут түспөлдөнтүп чабылат. Ал баш, моюн, тулку, чара, капкак, куткун, тепкек, үч кулак, үч кылдан турат. Кулагы өрүктөн, арчадан же мүйүздөн жасалат, ал эми кылдары көбүнчө койдун ичегисинен жасалган. 20-к. аспаптар оркестринде пайдалануу үчүн комуздун модернизацияланган түрлөрү пайда болду. Кыл- дары да жасалма тарамыш жиптен тагылып калды. Азыр комуздун өркүндөтүлгөн беш түрү бар. Электр-комуз да колдонулуп жүрөт. Айрым усталар мурдагыдай туюк чаппай, курама жол менен да жасап жатышат.

**Конуш** - көчмөнчүлүктө төрт түлүк малга жайыттуу, боз үй түшүүгө оңтойлуу, мал түнөтүүгө жайлуу, отун-суусу жакын түзөңчө жер. Көчүп кеткенден кийин ээн калган конуш - журт.

**Коңурат** - кыргыздын эзелки урууларынын бири. Элдик санжыранын маалыматтарында Булгаачылар уруулук тобуна, айрым варианттарында оң канатка киришери баяндалып жүрөт. Этностук аталыш 13-к. белгилүү жана өз кезегинде азыркы Монголиянын аймагын байырлаган күч-кубаттуу, көп сандуу уруулардан болгон. Ошол учурдагы коңураттардын уруулук бирикмесине бир нече ири уруктар киргендиги маалым: инкирас, олкунут, каранут, кункулут. Монгол санжыраларында Көкө Теңирден тараары баяндалган коңураттар (монг. «хонкират») Чыңгыз хандын жана анын мураскорлорунун тушунда хан сарайда өзгөчө сый-урматтуу абалга ээ болушкан. Улуу каган жана анын уруулаш туугандарынын басымдуу бөлүгү коңурат кыздарына үйлөнүшкөн. Чыңгыз хандын энеси жана улуу байбичеси Бөртэ коңурат кыздары болушканы маалым. Арийне, орто кылымдардагы коңураттардын кайсыл тил тобунда сүйлөгөнү илимде алигиче тактала элек. Коңураттар 13-к. Чыңгыз хандын жеңип алуу жүрүштөрүндө өтө жигердүүлүк менен катышышкан. Бул уруу кийинчерээк Батый хан негиздеген Алтын ордонун мамлекеттик-саясий турмушунда да өзгөчө

абалды ээлегендиги маалым. Н.А.Аристов Жучилердин мамлекеттик-башкаруу системасында, баш ийген элдерди башкарууда коңураттар өзгөчө укуктарды алууга жетишишкендигин жазат. Алтын Ордонун таасирлүү ханы Токтонун аялы да ушул уруудан чыккандыгы маалым. Дал ушул түзүлгөн тарыхый шарттарда баш ийген элдерге, урууларга жалпы коңурат эн тамгасы тарала баштоосу мүмкүн. Анткени бул пикирге Алтын Ордонун башкаруучу төбөлдөрүнүн (ак сөөктөрү), кийинчерээк мезгилдеги казак султандарынын уруулук белги катары ушул эн тамганы кабыл алышкандыктары далил боло алат. Учурда коңурат уруусунун өкүлдөрү Жетиөгүз, Карасуу ж.б. аймактарды байырлап келишет.

***Ад.:*** *Каратаев О.К. Кыргыз этнонимдер сөздүгү. Б.: 2003.*

**Кооздук буюмдар** - адамдын дене боюна, кийимине көрк берүүгө арналган түрдүү кооздук буюмдардын жана сүрөттөрдүн топтому. Кооздук буюмдар эзелтеден бери колдонулуп келатат; алардын эң байыркылары неолит дооруна тиешелүү көрүстөндөрдөн табылган. Кооздук буюмдары ал кезде таштан, мүйүздөн, пил сөөгүнөн ж.б. жасалган. Алгач көп кооздук буюмдар кийимдин бир бөлүгү болгон. Көбүнчө алар магиялык максатка (сактоочу) ээ болгон жана көздөн, жиндерден, ар түрдүү коркунучтардан сактоого тийиш эле. Бирок башынан эле кооздук буюмдардын дагы бир функциясы - адамдын эстетиткалык талаптарын канааттандыруу, өз ордун табуу каражаты катары кызмат кылуучу белги болгон. Адамдын денесинин бардык бөлүктөрү үчүн кооздоо табылган. Башка (мурунга, эринге тагуучу сөйкөлөр, илмелер), көкүрөккө (мончок, чынжырча, төөнөгүч ж.б.), ийинге асылчу, колго (билерик), манжаларга (шакек), белге, бутка ж.б. тагылуучу кооздук буюмдары белгилүү. Кооздук буюмдардын мүнөзүнө, формасына маданияттын диний жана этностук өзгөчөлүктөрү, жаратылыш шарттары, тарыхый кырдаал жана адамдардын маданий байланыштары чоң таасир берет. Ошондуктан кооздук буюмдардын аймактык, этностук, конфессионалдык айырмачылыктары болот. Алардын көпчүлүгү кишинин коомдук статусунун символу болуп саналат. Кооздук буюмдарды функциясы, формасы, материалы, даярдоо техникасы, орнаментикасы ж.б. боюнча айырмалоо кабыл алынган. Кооздук буюмдардын арасынан кымбат баалуулары: баалуу таштар - бриллиант, изумруд, рубин, сапфир, акак чөгөрүлгөн баалуу платина, алтын, күмүш зергерлик буюмдары өзгөчө бөлүнүп турат. Кооздук буюмдарда түрдүү элдердин көркөм стилдери жана модалары чагылдырылат.

**Коон үзмөй** - тестиер балдардын, жигиттердин, кыз-келиндердин оюну. Ойноочулардын бирөө «бакчачы», калгандары «коон үзүүчү» болот. Коон үзүүчүлөр катар тизилип, «бакчачы» башчы болуп алардын эң алдында олтурат. «Бакчачы»: «Жолуң болсун, кайда барасың?» - десе биринчи «коон үзүүчү»: «Бакчаңыздан коон үзгөнү келдим» - дейт. «Бакчачы»: «Андай болсо келиңиз, быш- канын тандап алыңыз» - дейт. Олтурган жеринен үзүп алууга киришет. Бышкан коон сабагынан үзүлбөөгө тырышат, бирок коон үзүүчү акыры аны үзүп алат да, бакчачыдан баасын сурайт. «Бак- чачы» коонду багууга кеткен эмгегин, анын даамдуулугун жана кымбаттыгын кабарлап келип, акыры баасын (ыр, жаңылмач, бий, күү ж.б.) айтат. Коон үзүүчү «бакчачынын» талабын аткарса «коонун» алып барып оюндагылардын арасына олтурат. Кезек «коон үзүүчүлөрдүн» кийинкилерине тийип, оюн ошентип улана берет.

**Кордо —** кыргыздын жеңил тамактарынын бири. Байыртадан белгилүү болгон, диетикалык курамы бар бул тамакты оорулуу же оорудан алдын ала сактангандар (диета кармагандар) ичишкен. Кордо - кайнатылган күрүчтөн жана ченемине жараша катыкталган айрандан даярдалып, ысык түрүндө берилет.

**Костенко Л.Ф.** (1842-1891). Жазуучу, тарыхчы, географ, ориентолог, Түркстан аскердик Генштабынын полковниги. «Алай экспедициясынын» жигердүү катышуучусу. Кыргыздардын жайгашуусу оң жана сол канат кыргыз уруулары

жана алардын курамы жөнүндө, чарбалык уклады, диний ишенимдери жана жөрөлгөлөрү, материалдык маданияттын үлгүлөрү боюнча баалуу маалыматтарды камтыган билдирүүлөрдү жазган. Бул маалыматтар анын «Средняя Азия и водворение в ней русской гражданственности» аттуу эмгегинде чагылдырылат. Арийне, бул эмгек кыргыздарга карата реакциячыл-шовинисттик көз караштарга жык толгон субъективдүү пикирлер менен коштолот.

**Котон.** Чыгыш Түркстан (КЭР) Хотон топоними, хотондор деген этнографиялык топ. «Хотон» монгол тилинде: 1.«Биргазан» (пеликан); 2.«Маяк» маанилерин туюнтат. Тарыхый булактар, этнографиянын, фольклордун, топонимиканын маалыматтары, илимий изилдөөлөр кыргыздардын Тибет, Кашмир, Хотанга чейинки аймактарды мекендешкендигин тастыктайт. Азыркы учурда Монголияда Кытайдан (Батыш Кытай) көчүрүлүп келинген хотондор деген түрк тилдүү этнографиялык топ бар. Саны 3000 чамалуу бул топтун негизин Чыгыш Түркстандын түрк тилдүү калктары түзгөн. Манжур (Цинь династиясы) бийлигинин тушунда туткундалган хотондор учурда Улан Гомдун Хархира дарыясына чукул жерлерде жашашат. Бир топ этностук компоненттерди кучагына камтыган бул энчилүү ат жердин аталышына байланыштуу келип чыккан деген көз караштар бар. Айрым маалыматтар бул этнографиялык топтун бир нече кылым илгери Хотон тоолорунда жашашкандыктарын тастыктайт. Хотон топоними «Манас» дастанында да чагылдырылат. Окумуштуулар өз изилдөөлөрүндө хотондордун кыргыздарга этностук жактан жакындыгын белгилеген жүйөлүү пикирлерин айтышат. Жунгар (Ойрот) хандыгынын тарыхы боюнча абройлуу адис И.Я.Златкин «хотон» терминине төмөнкүдөй аныктама берет: Хотон - кандаш туугандыкка негизделген, чогуу чарба жүргүзүшкөн үй-бүлөлөрдүн тобу. Хотондо 4, 10, 50 андан көбүрөөк үй-бүлө болгон. Бир нече хотон аймак же отокту түзүшүп, ал төмөнкү феодалдык ээликти аныктаган. Отоктор же аймактар тобуулусту, ал эми улустар - жунгар хандыгын түзгөн. Котон - солто, чекир саяк урууларынын курамдарындагы уруктар катары белгилүү.

**Кошок** - кыргыздын элдик оозеки чыгармачылыгынын бир жанры. Кыргыздарда кошок кошуу байыртадан эле белгилүү болуп, улуттук каада-салттын бир элементи катары бүгүнкү күнгө чейин жашап келе жатат. Ал кыргызда көбүнчө жамакчы аялдар - кошокчулар тарабынан чыгарылат. Анда өлгөн адамдын жакындарынын кайгы-күйүтү, арманы, кыйын кезеңде бири-бирине кайрат сөзү, акыл-насааты айтылат. Өлгөндүн тирүү кезиндеги адамдык, коомдогу ээлеген жакшы сапаттары эскерилет. Кошокту көзү өткөн адамдын жакын карындаш-эжелери, же эже-сиңдилери да айтышат. Кошоктун таанымал акындар тарабынан чыгарылган мыкты үлгүлөрү да бар. Кошок кыргыздардын илгерки салты боюнча кыз бергенде да кошулган. Кошоктор элдик оозеки чыгармачылыктын бир жанры катары илимий багытта иликтөөлөргө алынууда.

**Кошумча** - кыргызда адамдын башына жамандык түшкөндө же жакшылыкта, доого же кунга жыгылганда, аш-тойдо, калың төлөөдө ага-тууган, жек-жаат, сөөк-тамыр тарабынан акчалай же натуралай берилүүчү жардам. Кошумчанын өлчөмү же көлөмү кошумча кошуп жаткан адамдын өз шартына жараша болот. Бул салт байыркы этнографиялык мезгилде эле пайда болуп, аталаш, уруулаш туугандардын өз ара жакын алакасын чагылдырып турган.

Көбөө - кийим, баш кийим, бут кийим, төшөнчү-жамынчы, дагы башка үй буюмдарынын (күзгү кап, баштык ж.б.) четине (жээгине) атайын карматылган же салынган кыюу. Көбөө катары кездеме, көрпө, кийиз, таар пайдаланылат. Көбөөнүн практикалык жана эстетикалык мааниси бар.

**Көгөн** - козу-улак же кой-эчки тизилип байлануучу керме жип. Көгөндүн негизги бөлүгү эки казыкка кере тартылып байлануучу кежи (атайы эшилген аркан). Кежиге баштан-аяк буурчак өткөрүлөт, буурчактардын арасы бир карыш чамалуу

болот. Буурчак - орто жери кежинин арасына кыпчылып кармалган, бир учу көзөнөктөлгөн, экинчиси томпоюп чоң түйүлгөн эки кат эшме жип. Көгөндө буурчактын саны 20-40 (кээде 60) чамалуу болуп, аларга жандык каршы-терши байланат.

**Көжө** - кыргыздын эң байыркы тамактарынын бири. Болжолу, көжө тамагы эң алгачкы ритуалдык тамак болгон. Кытай жазма булактарындагы маалыматтар боюнча кыргыздар жаңы жыл келгенде (баш ай, марттын 20-числосунан 21не оогон түнү) көжө жасашып, ооз тийилгенден соң, анын бир бөлүгүн суугa таштaшкан. Бул айды кытай жыл баяндары «бао ши» же кыргыз тилине которулганда «баш ай» деп кабарлайт. Бул тамак Энесай доорунда жашаган кыргыздарда дыйканчылыкка байланыштуу келип чыкса керек. Анткени Энесайдагы кыргыз каганатынын аймагында дыйканчылык маданияты жогору өнүккөндүгү илимде эбак далилденген. Бул тамак бүгүнкү хакастарда, туваларда да белгилүү. Анткени аталган элдер Энесай кыргыздарынын урпактары болушары маалым. Көжө буудайдан же акталган дандан (арпа, конок, таруу) эт, май, же башка катык кошулуп жасалган суюк тамак болот. Көжө ак катыкталып ысык түрүндө, кээде ачытылып суусундук ордуна да ичилген. Көжөнүн жыл ажыраштa (жаңы жылда) жасалганы чоң көжө деп аталган.

**Көз таңмай -** балдар оюну. Чогулган балдар тутук (чүчү кулак) кармашып, аны эң аягында кармап калган баланын көзүн таңып, ортого коё беришет. Тегеректеп турган башка балдар көзү таңылуу баладан качышат, бирок белгиленген чектен (айлана-чиймеден) чыкпашы керек болгон. Көзү таңылуу бала балдардын турган абалын басканы, күлгөнү, дем алганы боюнча боолголоп билип, алардын бирин кубалап кармоого аракет кылат. Ким кармалса, ошонун көзү таңылат да, оюн андан ары уланат. Бул оюн балдарды баамчыл, шамдагай, сергек болууга үйрөтөт. Көз таңмай оюнунун үлгүсү боюнча жаңы оюндар жарала баштады.

**Көйнөк -** көбүнчө күрмө, кемсел сыяктуу сырт кийимдердин ичинен жылаңач денеге жана ич көйнөктүн сыртынан кий- илүүчү жалаң кат жеңил кийим. Көйнөк байыркы замандарда эле адам баласынын денесин ысык-суукtan коргоо максатында пайда болгон. Бара-бара гигиеналык жана эстетикалык маани алган. Тарыхый-экономикалык шарттардын таасири менен улам өзгөрүп жакшырып отурган. Азыркы заманда адамдын жынысына жана жашына, табият шартына жана жыл мезгилине, ар кыл жука кездемелерден албан түрдүү формада тигилген көйнөктөр бар. Көйнөктүн Европадан чыккан көп түрлөрү дүйнөдөгү элдердин, анын ичинде кыргыз элинин арасында да кеңири жайылган.

Илгери кыргызда эркектики да, аялдыкы да, баланыкы да жалпы жонунан көйнөк (Түштүк кыргыздардын айрым топторунда эркектердин көйнөгү «жегде» деп аталат) деп аталып, көчмөн турмуш шартына ылайык кең тигилген жана көбүнчө жылаңач этке эле кийилген. Эркек көйнөктүн кеңири таралган түрү «ачык көйнөк» деп аталган. Анын өңүрү, учасы, жеңи менен кошо бычылып, этеги жамбашка чейин түшүп турган, жакасыз жана тик жакалуу, бөйрөмчөлүү болгон. Аял көйнөк көбүнчө кенен, этеги согончокко барабар узун, жеңи да узун, жакасы тик тигилген. Кыз-келиндер жакасы кыйгачынан оюлуп, саймалуу сызма менен жээктелген көйнөк, ал эми жашамал аялдар жакасы тигинен, кээде кыйгачынан оюлган жана саймалуу сызма менен жээктелген, көкүрөгү бүчүлүк, топчу, төөнөгүч менен бүчүлөнүп, капталына чабуу (кыйык) салынып тигилген көйнөк кийишкен. 19-к. аягынан кыз-келиндер кош этек, тагыраак айтканда, көкүрөк жагы менен этек жагы эки бөлөк бычылып, бели, жеңинин учу, этеги (2-3 ирет) бүйрүлүп тигилген көйнөк кие баштaшкан. 20-к. башынан тартып ийини кыйгач бычылып, жакасы кайырма, этеги кыска, көкүрөгү бүйүрмөлөнүп, жеңи ийнине ашталып тигилген көйнөктөр кеңири тарала баштаган. Кыз-келиндер көйнөгүнө кызыл-тазыл түс, жашы улгайгандардыкына күңүрт же ак түс мүнөздүү болгон.

Улгайган аялдардын эскиче бычылып тигилген көйнөктөрү айыл-кыштакта азыр деле кийилет.

**Көк** - челденип жүнү алынган чылгый тери жана андан тилинген талчалар. Көк бир аз жибиткен чылгый териден ичке-ичке тилинип даярдалып, камчы өрүү, эшик чийин согуу, бут кийим, керегe ж.б. көктөө үчүн колдонулган. Көк кайыш, булгаары, шири, жыгач буюмдарды көктөөгө да керектелип, кырганда жыгачтай катып калган соң оңойлук менен жибиген эмес. Ошондуктан дайыма кыймылда болуучу буюмдарды жасоодо (керегe кептөөдө, эшик, чий согууда, камчы өрүүдө) көп пайдаланылган. Тазартылган тери менен ээр да капталган. Ээр каптоо, чий согуу, керегe кептөө, камчы өрүү ишинде азыр деле көк колдонулат.

**Көк башы** - дыйканчылык аймактарындагы эгиндер үчүн сугат мезгилинде суу бөлүштүрүп, сугатты тейлөөчү адам. Кыргыздар толук отурукташып, эгин ж.б. маданий өсүмдүктөрдү айдаган- дан баштап суу бөлүштүрүү жана аны тейлөө зарылчылыгы пайда болгон. Элибизде эгин менен чөп жалпы жонунан «көк» деп аталгандыктан «көк башы» деп аталып калышы толук мүмкүн. Көк башы «мурап» (фарсча суу башчысы) деп да аталат. Эл арасында «эл башы болгуча суу башы бол» деген лакап кеп бар.

**Көлөкө театры** - театрдын экранга куурчак көлөкөсү аркылуу оюн көрсөтүүчү түрү. Көлөкө театры 7-9-кк. пайда болгон. Ал көбүнчө Кытай, Индия, Иран, Турция, Греция ж.б. өлкөлөрдө кеңири тараган. Көлөкө театры Европада 17-к. мурдагы СССРде 1918-ж. баштап пайда болгон.

**Көмөлдүрүк** - токулган ээр артка жылып кетпес үчүн мингичтин омуроосунан алынуучу, өрүлгөн же катталып кайылган кайыш. Бир учу ээрдин аттанар жагындагы тогоого бекитилип, көмөлдүрүктүн олоң тили, жүрөкчөсү, учундагы кош сүзмөсү чагарактар аркылуу туташкан. Көмөлдүрүктүн капталдары кайыштан чачыланып, үстү күмүш, жез, темир, коло купалар, чорлор, солондор менен аземделип кооздолгон. Кыз-келиндердин ээр-токумдары көмөлдүрүктөрү мыкты терилип согулган жана чачы чыгарылган сызмадан да жасалган.

**Көмөч** - ачыган же ачыбаган камырдан коломтого, очокко жагылган оттун чогуна көмүлүп бышырылган нан.

**Көмөч казан** - табак, көмөчтан нан бышыруучу табак, чоюндан жасалган идиш. Өз алдынча эки (астыңкы жана үстүңкү) табакчадан турат. Көмөч казандын астыңкы бети чокко ысытылып жана майланып, ичине ачыган камыр салынат, ага майланган үстүңкү бети көмкөрүлөт; анан чок астына төшөлүп, үстүнө көмө үйүлөт. Мындай бышырылган нан «көмөч нан» деп аталат. Көмөч казан көчмөнчүлүк жана талаа шартында өтө ыңгайлуу. Мындай казанды хакастар, тувалар, шорлор да пайдаланары белгилүү.

**Көмүркөй** - устанын урунган аспаптары сакталып туруучу сандыкча. Ал атайын жыгачтан же шириден ар кыл көлөмдө жасалган. Чакан көмүркөйдүн капкагынын үстү жагында, чоң көмүркөйдүн эки жан жагында кармай турган туткасы болгон. Көмүркөйдө кыргыз усталарынын темирчилик, зергерчилик, жыгаччылык, теричилик жумуштары үчүн керектүү куралдары менен буюмдары сакталган. Көмүркөй Энесай кыргыздарында да болгондугун этнографиялык маалыматтардан, музейдеги экспонаттардан байкоого болот.

**Көмүр өчүрүү** - күйгөн жыгач-отундун чогун күлгө айлантпай өчүрүп алуу. Жыгач көмүр темир устанын жана зергердин иш үстүндөгү негизги отуну болгон. Көмүр сууга жакын токойдо жыйналган жыгачка от жагылып, күйгөн жыгачтын чоктору улам четинен шиленип алынып, даяр аңга салынган да, топурак менен жылчыксыз көмүлгөн же суу (кар) себелеп өчүрүлгөн. Арча, табылгы, четин, шилби, кайың, чычырканак өңдүү катуу жыгачтардан өчүрүлгөн таптуу көмүр алтын жана темир эритүүдө, ал эми карагай, тал, терек өңдүү жумшак жыгачтардын табы күчсүз көмүрү жумшагыраак заттарды (күмүш, жез, калай)

эритүүдө колдонулган. Зергерчилик жана устачылык кыргыз коомунда байыртадан эле өтө барктуу кесиптерден болгон. Кыргыз зергерлери жана усталары жасаган буюмдар өзүнүн сапаттуулугу, сулуулугу менен айырмаланган. Буюмдар алыскы өлкөлөргө чейин белгилүү болгон. Алардын айрым үлгүлөрү Бишкек, Ош ж.б. шаарлардын, Абакан, Кызыл, Минусин музейлеринде сакталып турат. Өзгөчө, Хакас- Минусин ойдуңунда «Хыргыз узанган чир» же «Кыргыз устаканалары» деген тарыхый аймактар белгилүү. Кыргыз Каганатында темирчилик же металлургия өнөр жайы жогорку деңгээлде өнүккөндүгүн бул аймактагы эбегейсиз зор күл дөбөлөрү да чагылдырат. Азыр усталар менен зергерлер таш көмүрдү, газ, электр энергиясын пайдаланышат.

**Көн** - колго жасалган булгаарынын суу тийсе көөп чыгуучу түрү. Көн байыркы кыргыз тилинде да «атайын иштетилген калың тери» маанисин берет. Учурда кыргыздын найман уруусунун арасында «көн найман» аттуу ири урук аталышы бар. Бодонун же кийиктин жүнү алынган, челденген же малмага салынган, ашатылган жана ийленген терисинен табигый боёкторго (ышкын түп, чүкүрү менен ат кулактын түбү ж.б.) чыланып даярдалган. Боёк териге сиңгенден кийин колдо же талкууда абдан ийленген. Көндөн бут кийим (кепич, өтүк, маасы ж.б.) ултарылган.

**Көнөк** - териден кептелип жана ышталып жасалган идиш. Көнөк көбүнчө бээ сааш, сабадан кымыз куюп алыш үчүн колдонулган. Кыргызда «бай көнөк» аттуу урук аталышы кездешери маалым. Бул лакап аттын аталышы кесипке байланыштуу келип чыгышы ыктымал. Орточо көнөктүн бийиктиги 25-30 см, диаметри 25-30 см, түп жагы оозунан бир аз кеңири, чоргосунун узундугу 17-20 см. келген. Көнөктүн оозуна эки эли чамалуу жыгач ал- как салынып, ага шири кайрылып тигилген, анын эки жагына эшилген же өрүлгөн жоон кылдан боо өткөрүлүп тагылган. Көнөктүн сыйымдуулугу 1,5-2 чакага барабар. Көнөктүн чоргосунун ички жоон түбүнө кыл чыпка коюлуп, андан саалган сүт өткөн. Көнөктө сүттүн, кымыздын даамы бузулбай сакталган. Жакшы урунуп, убагында ышталып турса көнөк көпкө чыдаган. Көнөктүн сыртына, алкагына, чоргосуна түркүн оймо-чийме салынган, кээде алкагына жана боо байланчу жерине жез, күмүш купалар да чөгөрүлгөн. Көнөк азыр эл арасында сейрек кездешет.

**Көнөчөк** - шириден орточо көлөмдө (3-4 литр) кептелип жана ышталып жасалган идиш. Түп жагынан кууш оозуна жыгач алкак салынып, оозунун эки жагынан тушташ тешик көзөлүп, аларга кылдан же кайыштан боо тагылган. Айрымдарына жыгачтан капкак, ошондой эле чорго жасалган. Көнөчөктүн сырты жана капкагы оймо-чийме, купа, чачы менен кооздолгон. Көнөчөк да, көөкөр, көнөө, сабаа сыяктуу эле ыштыкта ышталып, даяр болгондон кийин урунулган. Суюк тамак, кымыз, айран куюуга жана каймак жыйноого керектелген.

**Көөкөр** — шириден кептеп жана ыштап жасалган идиш Көөкөргө кымыз, айран, чалап ж.б. куюлган. Көөкөрдүн оозу кууш моюну узун, түбү кенен, жалпак жана ийиндүү болгон. Ийинчеси жогору карай кочкор мүйүз сымал абалда ичин көздөй иймейтилген. Көөкөр ар кандай көлөмдө жана формада жасалып, кимге арналганына жараша кооздолгон. Көөкөр кызга же жаш келинге арналса чиймелери татаал аземделип, мойнуна жана ийиндерине купалар чөгөрүлгөн, чачылар тагылган; боз балдар менен жигиттерге арналса жупуну кооздолгон. Бардарлар көөкөрдү алтын жана күмүш менен да аземдешкен. Азыр көөкөр эл ичинде сейрек кездешет, анын жаңырган түрү ишканалар (өнөрканалар) тарбынан сувенир буюм катары жасалат.

**Көөрүк** - устакана очогундагы отту (көмүрдү) күйгүзүп туруучу аспап, аба үйлөөчү аспаптардын эң эскиси. Көөрүк байыркы замандарда металл эритүү үчүн пайдаланылып, кол менен кыймылга келтирилген. Металлургия аябай өнүккөн Энесай кыргыздарында көөрүк (хак. «хөөрүк») кеңири колдонулган. Орто кылым

доорунда кол жана унаа күчү кыймылга келтирүүчү механизмдер, кийинчерээк суу кыймылдаткычтары менен иштеген. Металлургиянын дүркүрөп өсүшүнө, илим-билимдин өнүгүшүнө байланыштуу көөрүктөрдү электр энергиясы менен иштей турган көөрүктөр жана аба үйлөтүүчү машиналар сүрүп чыгарган. Кытай уруусунун курамында «беш көөрүк» аттуу урук бар экендиги маалым.

**Көптүрүлгөн таруу** - акталган таруунү сүткө көптүрүп, ага бал, каймак же май кошуп жей турган тамак.

**Көр байге** - сөөктү коюп келгенден кийин ошол эле күнү уюштурула турган ат чабыш. Бул салтты Ф.А.Фиельструп 20-к. башында Ош аймагынан жыйнаган этнографиялык материалдарында эскерет. Байгеге ат чабыш мурда көзү өткөндөрдү эскерүү аштарында гана өткөрүлгөн жана анын башаты ритуалдык мүнөзгө ээ болгон. Байгеге көзү өткөн кишиге тиешелүү буюмдар сайылган. Алгачкы коомдо өлгөн кишинин буюмдарын жок кылуу, маркум менен кошо көмүү салты болгон. Кийинчерээк алар үй-бүлө мүчөлөрү тарабынан мурастала баштаган. Кыргыздардын байгеге саюусу мурастоого чейинки өтмө учурлардын бири катары сакталып калышы мүмкүн.

**Көрөңгө** - идиштин (сабанын ж.б.) алдында калып калган ачыткысы, негизи.

**Көрпө** - козу териси. Көрпөлүк козу туулгандын алгачкы күндөрү эле союлат. Жүнүнүн тармалы ар кыл формада жана түстө болот. Көрпө тобуна каракүл (көрпө породанын ичинен негизги орунду ээлейт) козулары кирет. Ошондой эле сокол, решетил, малич сыяктуу да породалар белгилүү. Көгүш жана күрөң каракүл көрпөсү эң баалуу болуп эсептелет. Өзгөчө, Иранда өстүрүлүүчү ширваз (ширваз) коюнун (куйруктуу койлор) көрпөсү кеңири маалым. Көрпө кургак же чылама туз менен ашатылат.

**Көрпө-төшөк** - кыргыздардагы жатарда алдыга салынуучу, жамынуучу жууркандардын жалпы аталышын туюнтат.

**Көрпөчө** - үч катталып ээрге салынуучу төшөк. Ичине жүн же кебез салынат, тышына чий баркыт, трайке (балдардыкына - бейкасам) капталып, шырылып жана жээги кыюуланып жасалган. Аялдар үчүн кээде көрпөчө ордуна жууркан же чоң төшөк жүргөн. Балдар минчү ээрге (айырмач, кичине ээр) көбүнчө көпчүк салынган. Көпчүк ичине жүн, кыл, коога (жеке) ж.б. салынып, тышына калың кездеме, кийиз, жаргак, таар тышталып, шырылып жасалган.

**Көрүмдүк** - жаңы төрөлгөн балага, жаңы келген келинге, күйөө балага адепки көргөндүгү үчүн эң жакшы буюм, алгыр куш, кыраан тайган, чыгаан күлүк сыяктуулардын алардын ээсине берилүүчү акча, буюм.

**Көчкой** - күйөө баланын айылынын көчү колуктусунун айылы аркылуу өткөндө колукту тарап көчкөндөрдөн талап кылуучу мал. Көчкойду колуктунун айылдаштары өздөрү кармап алышкан. Эгер алар кармаган мал өтө баалуу эсептелсе, анда күйөө баланын атасы тайга алмаштырып берген жана ал үчүн ага кийит кийгизишкен. Көчкой алган колуктунун атасы кой союп, айылын чакырып, элин сыйлаган.

**Көчмөнчүлүк (номадизм)** — калктын жана малдын сезондуу жылып жүрүшү менен байланышкан, экстенсивдүү мал чарбачылыкка негизделген чарбанын жана турмуш-тиричиликтин формасы. Көчмөнчүлүк шартында мал чарбачылыгы көчмөндөрдү эт, сүт азыктары, үй, кийими даярдалуучу чийки заттар менен камсыз кылган. Негизинен, көчмөн мал чарбалыгы менен кесиптенген көчмөндөр аны аңчылык, отуруктaшпаган жөнөкөй дыйканчылык, кол өнөрчүлүк ж.б. менен толукташкан. Мал чарбалыгы жападан жалгыз чарбалык иш болгон «таза» көчмөнчүлүк эч качан болгон эмес. Көчмөнчүлүк б.з.ч. II-I миң жылдыктын чегинде Евразия менен Түндүк Африканын кургак зоналарында пайда болуп, узак мезгилдер бою сакталып келет, ал турсун Евразиянын түндүгүнө чейин бугучулук формасында тараган. Азыркыга чейин көчмөнчүлүк Азия, Африканын 30дан

ашык өлкөлөрүндө (Судан, Египет, Сауд Аравия, Йемен, Иран, Ирак, Сирия, Иордания, Турция, Афганистан, Пакистан ж.б). сакталып келет. Көчмөнчүлүктүн узак убакыттар бою сакталып калышы Чыгыш жарым шардын талааларындагы, кургак жана түндүк зоналардагы табигый, ошондой эле, социалдык-экономикалык факторлор менен шартталган. Бул аймактарда өндүргүч күчтөрдүн деңгээлинин төмөндүгүнө байланыштуу дыйканчылык өнүккөн эмес жана ал чарбанын негизи боло алган эмес. Ошону менен бирге, байыркы мезгилде эле башталган көчмөндөрдүн отурукташуу процесси соңку мезгилде рыноктук (капиталисттик) мамилелердин улам күчөгөн таасиринин астында бир кыйла ылдамдады жана дүйнөнүн көптөгөн райондорунда экстенсивдүү мал чарбалыгы кризиске кабылып жок болду. Көчмөнчүлүктүн ордунда комплекстүү айыл-чарба шарттарында өнүгүп жаткан интенсивдүү отурукташкан мал-чарбачылык пайда болду. Көчмөнчүлүк көчмөн, жарым көчмөн жана жарым отурукташкан формаларды камтыйт. Көчмөндүктүн да түрдүү тармактары бар: табордук көчүү, белгилүү маршрут боюнча туюк циклдеги көчүү. Мында туруктуу тамы жок кыштоолор болот, мал жыл бою бир нече километрден жүздөгөн километрге чейинки алыстыкка айдалып барышы мүмкүн. Жарым көчмөндөргө бүт үй-бүлөсү менен туюк маршрут боюнча сезондуу көчүп жүргөн жана кыштоосунда туруктуу тамы бар чарбалар кирет. Жарым отурукташкан көчмөнчүлүккө жылына эки эле жолу көчкөн (кыштоодон жайлоого жана кайра) кыштоодо да, жайлоодо да туруктуу тамы бар чарбалар кирет. Илимий адабияттарда мал чарбачылыкты башкача типологиялаштыруу да сунуш кылынган. Көчмөнчүлүктө бир нече чарбалык-маданий тип мүнөздүү. Н.Н.Чебоксаров ж.б. изилдөөчүлөр төрт ЧМТ (чарбалык-маданий типтерди) көрсөтүшөт: 1) талаа жана жарым чөл көчмөн малчылары (байыркы мезгилде: скифтер, хуннулар ж.б; азыркылардан моңголдорду ж.б. айтууга болот; 2) бийик тоо жайыктарындагы көчмөн-малчылар (мисалы, тибеттиктер). 3) тайгадагы аңчылар жана бугу багуучулар (мисалы, эвенктер ж.б.): 4) тундра бугу багуучулары (ненецтер, чукчалар ж.б.). Талаа жана жарым чөл көчмөн малчылардын чарбалык маданий тибине бир катар локалдык варианттар мүнөздүү: Борбордук Азиялык, Орто Азиялык, Алдыңкы Азиялык, Араб-Африкалык, Түштүк Африкалык ж.б. Этнограф С.И.Вайнштейндин пикири боюнча көчмөн малчылар үчүн төмөндөгүдөй чарбалык маданий типтерди бөлүп көрсөтүүгө болот: 1) Алдыңкы Азия жана Түндүк Африка, субтропикалык алкактын арид зоналары. Булар негизинен араб элдеринде таралган. 2) Евразиянын мелүүн алкагындагы кургак зонада түзүлгөн; негизинен түрк-монгол элдеринде жаралган (экөө тең көп түрдүү географиялык шарттарда калыптанган жана маданияттары бир топ айырмаланат). Көчмөндөр бүткүл дүйнөлүк тарыхый процессте маанилүү ролду ойногон; согуштарда жана маданий-чарбалык өз ара карым-катнашта Евразиянын көптөгөн жарым отурукташып, дыйканчылык кылган элдерине бир топ таасирин тийгизген. Алдыңкы, Борбордук жана Орто Азиянын, Чыгыш Европанын, Түндүк Африканын этносторунун калыптанышына бир кыйла таасир берген (көчмөндөр таасир берген элдердин улуу көчүүсү ж.б. ири миграциялар). Көчмөнчүлүктүн пайда болушу жөнүндө бир нече көз караш бар. Көпкө чейин көчмөнчүлүк эң алгачкы ирет жаныбарларды колго үйрөткөн аңчыларда пайда болуп, көчмөндөрдүн башка варвардык уруулардан бөлүнүп чыгышына жана эмгектин алгачкы коомдук бөлүнүшүнө алып келген деген көз караш үстөмдүк кылган. Бул көз караш учурда бир катар илимпоздор тарабынан четке кагылган. Көпчүлүк изилдөөчүлөр (М.Грязнов, С.Руденко, К.Йеттмар, Г.Марков ж.б.) көчмөнчүлүк коло доорунун аяк ченинде толуу талааларда айдап мал баккан комплекстүү, отурукташкан дыйканчылык чарбанын базасында пайда болгон деген көз караштты айтышат. С.Вайнштейн көчмөнчүлүк коло доорунда

Евразиянын отурукташкан дыйкан-малчылар жайгашкан токойлуу-талаа жана арид зоналарга чектеш аймактарда жашаган, кыдырып аңчылык кылуучу элдерде пайда болгон деген гипотезаны сунуш кылат. Кыдырып аңчылык кылгандар дыйкан-малчылардан үй жаныбарларын, баарынан мурда жумуш күчүн пайдалануу үчүн (бедуиндердин ата-бабалары алгач эшекти, кийин төөнү; Евразиянын талаа көчмөндөрүнүн ата-бабалары - алгач жылкыны, кийин майда мал жана бодону, Түндүк Евразиянын элдери - бугуну) алышкан жана бара-бара көчмөн малчылыкка, анын ичинде бугучулукка өтүшкөн да, материалдык, рухий маданияттын көчмөн турмушка ыңгайлашкан элементерин сактап калышкан. Ошону менен бирге, көчмөндөр аймакташ жашаган, отрукташкан дыйканчылык менен кесиптенишкен элдерге түрдүү жолдор менен таасир беришип (согуш, баш ийдирүү, узак бою жүргөн терең байланыш), аларды да көчмөнчүлүккө түртүшкөн. Кыдырып жүрүп аңчылык кылган элдердин отурукташкан кошуналарынан үй жаныбарларын кабыл алуу процесси Байыркы Чыгыштын эстеликтеринде, Түндүк Америка прерияларындагы аңчы уруулардын Европадан көчүп келгендерден жылкыны алып өздөштүрүшү, Сибирдеги бир катар аңчы уруулардын бугучулукка өтүшү ж. б. жөнүндөгү маалыматтарда чагылдырылган. Ошону менен бирге, көчмөн малчылыктын пайда болушунун, балким, башка да жолдору, тарыхый-экономикалык шарттары болгон чыгаар. Аны болочок илимий иликтөөлөр тастыктаары талашсыз. Көчмөнчүлүк калыптанган байыркы талаа көчмөн урууларын (скифтер, гунндар мезгили) эрте көчмөндөр деп, ал эми материалдык маданияттын көчмөн формаларын толук калыптандырган (боз үй, үзөңгүлүү ээр ж.б.) эрте орто кылымдардагы малчы элдерди кечки көчмөндөр деп аташат. Этнография көчмөндөрдүн салттуу маданиятынын пайда болушун, анын жалпы жана өзгөчөлүү жактарын, түрдүү этностук жолдордогу көчмөндөрдүн маданиятынын айрым компоненттерининин пайда болушун жана калыптанышын, көчмөндөрдүн чарбалык жана турмуш-тиричилик жагдайларын, алардын социалдык уюмун, нике, үй-бүлөлүк мамилелериндеги өзгөчөлүктөрдү, кошуна элдер менен болгон карым-катнаш мамилелерин, отурукташууга өтүү жолдорун, азыркы дүйнөдөгү көчмөндөрдүн тагдырын, алардын этностук составын жана жүрүп жаткан этностук процестерди ж.б. маселелерди изилдейт.

**Көчмө топ** - кенен аянтчада топ менен ойнолуучу балдардын оюну. Алгач, көп балдар эки топко бөлүнүшөт. Андан соң таяк кармашып кайсы бөлүктүн өкүлү анын эң учун кармап калса жана топ менен үч жолу урганда тутумдап турган таягын колунан чыгарып жибербесе, оюнчу баштап топту чабуу укугун алат. Топ тоскон тараптагылардан бирөө топ салып берип турат. Калгандары чабылган топту берилген чекте качып бара жаткан же келе жаткан балдарды топ менен урушат. Чабылган топту жерге түшүрбөй тосуп же качып бараткан баланы урганда тийгизсе, алар тарап оюнду жеңгендиги аныкталат. Эгерде бир тарапта ойногон балдардын баары тең топту бирден чаап бүтүп, эң акырында калган бала топту үч жолу удаа чапканга чейин аркы четке барып келген бала жок болсо, ал тарап утулган болот, экинчи тарап топ чабууга келет. Биринчи тарап топ салып берип, топ тосууга бириндеп кетет. Ошентип, балдардын арасында оюн улана берет.

**Көшөгө.** 1). Боз үйдүн бир капшытын бөлүп жана далдалап турган үй буюму. Баалуу, жука кездемелерден (жибек, шайы ж.б.) узуну 2,5-3 метрдей, эни болсо 2-2,5 метр чамалуу жасалган. Кездеменин оң жаккы бети, гүлдүүсү ошол бойдон калтырылып, гүлү жок жагына сайма салынган, үстүнкү жана каптал четтери кыюуланып коюлган. Үстүнкү кыюусуна илмектер кадалып, ошол илмектерге ичке сызма өткөрүлүп, сызманын эки учу ууктарга кере тартылып байланган. Көшөгө кыздын себи менен кошо келген, маал-маалы менен түшүрүлүп (жыйылып) турган. Кыргыздын байыртадан калыптанган жашоо ыңгайына жана

салттарына жараша жаңы үйлөнгөндөрдүн ата-энеси менен кошо турушу, жаңы келген келиндин кайната, кайнагаларынан качышы шартталган. Ириде көшөгө элдик ишенимде келинге карата колдоочу, суук көздөн сактоочу функцияны аткарууга тийиш болгон. Ошондуктан алгач көптөгөн кыйкымдардан куралып жасалган. Азыркы күндө көшөгө айыл жерлеринде кызга берилүүчү себинин бир элементи катары сакталып келет. 2) Театрда сахнаны көрүүчүлөр залынан бөлүү үчүн тартылган далдалагыч, көшөгө.

**Крым татарлары** - түрк тилдүү элдин аталышы. Крым жарым аралынын түпкү, жергиликтүү калкы. Түрк тилдеринин генеалогиялык классификациясында батыш, хунну тобунун кыпчак-половец бутагында сүйлөшөт. Акыркы маалыматтар боюнча бул элдин жалпы саны 500 миң чамалуу. II дүйнөлүк согуш мезгилинде сталиндик репрессияга дуушар болушкан. Калктын дээрлиги Өзбекстан, Казакстан, Урал тарапка зордоп (депортация) көчүрүлгөн. Крым татарлары этностук бир жалпылыкты түзүшкөн эмес. Жарым аралдын деңиз жээк аймактарын байырлагандар «крым татарлары» деп аталат. Түздүктөгү жашаган калк, өзгөчө Керч (Кериш бет) жарым аралындагылар өздөрүн «ногай», «ногайцы» же 13-к. чингизид Ногой нойондун урпактары экендигин белгилешет. Крымдын чөл тарабындагылар, көчмөн жана жарым көчмөн шартта жашагандары «кыпчак» (кыпшак) деген ат менен белгилүү. Тоолуу аймактарды мекендегендер тат же таттар (татлар) деп аталышат. Жарым аралдын түпкү калкы өздөрүн «татар» деп аташкан эмес. «Татар» же «крым татарлары» сырттан берилген, таңууланган ат, экзоэтноним. 17-к. акындар өздөрүн «кыпчак» элинин өкүлдөрү деп жазышканы маалым. Бүгүнкү күнү да улуу муундун өкүлдөрү элдин «кыпчак», «ногой», «крым түрктөрү», «крымдыктар» деп аташкандыгын эскеришет. Тарыхый маалыматтар «крым татарлары» деген энчилүү аттын Крым хандыгы доор сүргөн мезгилинде калыптангандыгын чагылдырат. Бул субэтностук топтордун диалектилеринен орто крым татар адабий тили калыптана баштаган. Деңиз боюнда жашаган калкта огуз тилинин тийгизген таасири чоң. Ал эми жарым аралдын калган бөлүгүндө кыпчактар негизги ролду ээлешкен. Бүгүнкү крым татар тили коомдук функцияны толук канааттандырат.

Жарым аралды түрк тилдүү уруулар б.з. 7-к. (хазарлар, болгарлар ж.б.), андан соң печенектер, 10-к. кыпчактар өздөштүрө башташкан. 12-к. Алтын Ордонун курамына кирет. Мамлекеттин калкынын негизин кыпчак тилдүү уруулар түзгөн. 1443-ж. Крым хандыгы негизделип, 1477-ж. 1778-ж. чейин Осмон империясына вассалдык көз каранды абалда болгон. 1778-ж. орустар басып алгандан соң, жарым аралга славян, грек, еврей, кавказ улутундагылар көчүп келе баштаган. 1921-ж. Крым Автономиялуу республикасы негизделип, 1944-ж. жоюлган. Депортацияга кабылган крым татарлары учурда өз тарыхый мекенине көчүп барышууда. Крым татар жана кыргыздардын этностук-маданий алакаларын уруу-урук, жер-суу, эн тамга аталыштарындагы, элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрүндөгү жалпылыктар чагылдыра алат. Крым татарларынын курамында «бүйүк кыргыз» (чоң кыргыз), «кичиг кыргыз» (кичүү кыргыз) аттуу уруулар бар. «Кыргыз», «казак-кыргыз» эн тамгалары жөнүндө таанымал аалым А.Акчокраклы өз мезгилинде жазгандыгы белгилүү. Маалыматтар бул аймакта «кыргыз» топонимдери да кездешерин баяндайт. Илимде кыргыздардын этностук жүзүнүн, тилинин калыптанышында ногой-кыпчак (ногайлы) доорунун ролу жөнүндө иликтөөлөр белгилүү.

***Ад.:** Баскаков НА. Введение в изучение тюркских языков. М., 1962; Народы мира: историко-этнографический справочник. М., 1988; Языки мира: тюркские языки. Б., 1997.*

**Крымчактар** - негизинен Крым жарым аралында жашаган түрк тилдүү этнос. Тилдердин генеалогиялык жиктешүүсүндө кыпчак бутагында сүйлөшөт. 19-к.

аягына чейин крымчактар өз тилин «чагатай тили» деп аташканы маалым. Крымчактардын жалпы саны 1,5 миң чамалуу. Өз эне тилин улуу муундун өкүлдөрү гана билишет. 19-к. 90-ж. Симферопол жана Карасу- Базарда башталгыч мектептер ачылган. Арамей алфавитин колдонушкан. Андан соң латын, 1936-ж. кириллицага өтүшкөн. Арамей алфавитин колдонуу байыркы еврей тилинен дубаларды котоpуу зарылдыгынан улам келип чыккан. Крымчактар иудаизм динин тутунушат. Этностук калыптануусунда кыпчак элементтери басымдуулук кылат.

**Ксения** (гр. xenox - бөлөк) - бир чөлкөмдөгү этностордун нейтралдуу жанаша жашоо формасы. Жанаша жашоодо алар өз алдынчылыгын сакташат, ассимиляциялык процесс жүрбөйт. Мындай байланыш формасы көбүнчө бир супер этностун этносторунун арасында кезигет. Мисалы, Канададагы англо- жана франкоканадалыктар.

**Ксенофобия** (гр. xenox - бөлөк, phobos - коркунуч) - бөлөктөргө, чет жактыктарга, бейтааныштарга карата коркуу жана кастык сезими. Ксенофобия башка диндеги, маданияттагы, улуттагы кишилерге, чет жерликтерге, башка чөлкөмдүн өкүлдөрүнө карата жактырбоо, терсаяктык, душмандык кылуу формасында көрүнөт. Ксенофобия адатта бала кезден канга сиңген этноцентристтик түшүнүктөргө жана бөлөк расага тиешелүү нерселерге карата шектенүүлөргө, этнорасалык стереотиптерге ж.б. байланыштуу болот. Ксенофобиянын социалдык негизи жеке коопсуздук үчүн өзүмчүл коркунучту жараткан конкуренция, жетишпегендик, жашоодогу ишенимсиздик болуп саналат. Ошондон өзүн сактоого табигый умтулуу жаралат. Ошондой эле ксенофобия табигый психологиялык жаратылышка: бардык балекет, кырсыктар үчүн күнөөнү өзүнөн эмес, башкалардын арамзалыгынан көрүү адатка ээ. Этностук ксенофобия уруктун, уруунун, элдин, улуттун өз үрп-адаттарын, ырым-жырымдарын, салттарын, тилин, маданиятын сактоого башкалардын таасиринен коргоого табигый умтулуу, коргонуучу жообу катары пайда болгон. Ксенофобия көпчүлүк учурда обочолонуп жашаган, ошондой эле көпкө чейин улуттук эзүүнүн, мажбурлоонун тигил же бул формаларын башынан өткөргөн этностор үчүн мүнөздүү экендиги байкалган.

**Кудайлат** - басыз уруусунун курамындагы ири уруктар тобунун аталышы. Этностук аталыштын параллелдери тувалардан - «хоодаи», башкырлардан - «кудей» формаларында кездешет. Айрым тарыхый фактылар, лингвистикалык салыштыруулар, топонимикалык аталыштар кудайлаттардын байыркы энесайлык кыргыздардын курамында болгондугун тастыктайт. Тувалардын тарыхый фольклорунун айрым маалыматтары тува элинин курамына жуурулушкан (Тува Республикасы, Эрзин аймагы) кыргыз уруусун Эрзин аймагына Хоодай жана Үстүг аттуу бабалары көчүрүп келгенин баяндайт. Тувалардын курамындагы «кыргыз» уруусу (эскертүү: тувалардын ичинде өз алдынча «кыргыз» аттуу эки уруу бар). 820- 840-жж. Уйгур каганатын багындырган мезгилден эле аталган аймакты байырлап келишет. Кызыктуусу, бүгүнкү Хакас-Минусин ойдуңунда Худалат (Кудалат) аттуу топонимикалык аталыш сакталып калган. Л.П.Потапов В.В.Радловдун илимий негиздүү жыйынтыгын колдоп, курамына «хоодай» уруусу кирген эрзиндик тува-кыргыздарды 1663-жылы Алтын-хандар (монгол хандарынын династиясы) тарабынан Минусин ойдуңунан Түштүк Тувага көчүрүлгөн энесайлык кыргыздардын түз тукумдары деген жыйынтыкка келет. Бул уруктар тобунун өкүлдөрү Сузак, Өзгөн, Тогузторо, Акталаа аймактарын мекендеп келишет. Негизги уруктары: ачабаш, тогой, дөөлөт, борчо, мурат, темир, чүйүт, сарыкалпак, сатыбалды уулу ж.б.

**Кудалашуу** - эки жаштын никелешүү алдындагы ата-энелердин макулдашуусу, убадалашуусу. ж.б. жакын тууган-туушкандардын катышуусу менен никелешүү жөнүндөгү макулдашуусу. Термин байыркы кыргыз доорунан эле белгилүү. Хакас тилинде «худа», «худагай» деп аталат. Кудалашуу бел куда, бешик куда, кайчы куда формаларында жүргүзүлгөн. Кудалашуу демилгеси болочок күйөө бала тараптан көтөрүлгөн. Бул салт өзүнүн байыркы мазмунун жана формасын сактап калган. Кыргыздарда кудалашуу демилгеси жигиттин ата-энеси же алар жиберген жуучулар тобу аркылуу аткарылат. Кудалашуу кыздын жакын тууган-туушкандарына баруудан башталган. Кудалашуу учурунда кыздын (кээде жигиттин да) эрки, каалоосу эсепке алынат. Айрым учурларда ата- энелердин пикир келишүүсү боюнча туула элек балдарды келечек- те баш коштуруу үчүн убадалашуу да болгон (кудалашуу «бел куда»). Балдарды кичинекей (бешиктеги) кезинде да кудалашкан. Муну кыргыздар «бешик куда» деп аташкан. Бирок кудалашуу негизинен кыз, жигит бойго жеткенде ишке ашырылган. Кыргызда кыз алышып, кыз беришкен байыркы салты бар. Аларды «каршы же кайчы куда» дейт. Күйөө менен колуктунун аталары, алардын агайын-туугандары бири-бирине «куда», энелери, чоң энелери жана жеңелери бири-бирине «кудагый» деп аталышары маалым. Аялдын эже-сиңдилери менен эркектин эже-карындаштары өз ара «кудача» деп аталышат. Кудалашуу салты Кыргызстандын аймак- тарында маңыз-мазмуну бирдей абалда жүргүзүлөт. Кудалашуудагы аталган терминдер Саян-Алтай элдеринде жогорудагыдай аталып, маани-маңызы бирдей, жалпы болору соңку иликтөөлөрдө далилденүүдө.

**Куданда.** Достошуп жүрүп, уул кызын үйлөндүргөндөр бири- бирине куданда болушат.

**Кудурет.** 1. Диний түшүнүк боюнча сыйкырдуу күч. 2. Адамдын ички ал-акыбалы.

**Кузендик нике** (фр. эки бир туугандын балдары). Уруулук (уруктук) жана эрте коомго таандык никенин прескривтиктик же преференциондук формаларынын бири. Кузендик никенин негизги эки тиби белгилүү. 1). Туугандардын кайчылаш кудалыгы (кросскузендик нике). Мында жигит энесинин ага-инилеринин (бир тууган, эки бир тууган ж.б.) кыздары менен же атасынын эже-карындаштарынын (бир тууган, эки бир тууган ж.б.) кыздары менен никелешет. 2). Орто кузендик (ага-инилердин же эже-сиңдилердин 93 ара кудалашуусу) атасынын ага-инилеринин кыздары менен же бөлөлөлөрү менен никелешет. Кросскузендик нике уруктук түзүлүштө никенин негизги формасы болгон, анткени эки экзогамдык топтун өз ара никелешүүсүн камсыз кылган. Анын ордуна орто кузендик нике пайда болот жана ага бир кыйла артыкчылык берилген. Көбүнчө атасынын ага-инилеринин кыздарына (арабдар, малагасийлер, банту элдеринин бир бөлүгү, Дагестан, Орто Азия элдери), айрым элдерде (туарегдер) бөлөлөрүнө никелешет.

**Куймак** - сууга же сүткө жумуртканы аралаштырып туруп, ага ун кошот. Даяр болгон суюк камырдан майга бышырылган нан «куймак» деп аталат.

**Куйрук-боор** - койдун (козунун) бышкан куйругу менен боорунан жука кесилип, туздуу сорпого (чыкка) чыланып даярдалган чүйгүн тамак. Куйрук-боор тамак тартылар алдында берилет.

**Кул** - кул ээлөөчүлүк коомдогу негизги тап. Кулдар - мамлекеттик (падышалык), храмдык жана жеке менчик топторуна бөлүнгөн. Социалдык жактан жеке менчикке айланган кулдар таптакыр укуксуз абалда болушкан. Классикалык кул ээлөөчүлүк байыркы Грецияда, Римде, Эки Дарыя аралыгында, Кытайда, Индия-Да ж.б. өнүккөн. Коомдогу негизги өндүргүч күч кулдар табына таандык болгон. Кулду сатууга жана сатып алууга болгон, атүгүл өлтүрүп коюуга акылуу болгон. Кулдун чыныгы абалы конкреттүү тарыхый шартка жараша болгон. Кыргызстанда өзүнчө социалдык катмар болгон эмес. Байыркы жана орто

кылымдардагы кыргыз коомунда кулчулук классикалык формага өсүп жеткен эмес. Бул Үчүн конкреттүү табигый, экономикалык жагдайлар, шарттар болбогон. Кыргыздарда көбүнчө үй-бүлөлүк кулчулук үстөмдүк кылган Алар негизинен үй турмушундагы жумуштарды аткаруу менен үйлөнүүгө, менчик мал-мүлк кармоого акылуу болушкан. Кыргыз коомундагы кулдар социалдык жактан катуу эзүүгө душар болушкан эмес. Кытайда (Тибетте) кулчулук 20-к. 60-ж чейин сакталып келген.

**«Кулмырза менен Аксаткын»** - кыргыз элинде кеңири таралган лирикалык дастан. Дастандын учурда сегиз варианты бар экендиги белгилүү. Дастанда бузукулардын жолтоосунан баш кошо албай калган ашык жарлардын аруу сүйүү сезими, акыр аягындагы алардын кейиштүү тагдырлары жөнүндө баяндалат. Дастан көлөм жагынан чакан, кошок формасында. Эл оозунда Кулмырза менен Аксаткын тарыхта чыныгы болгон адамдар катары айтылат. Ноокат аймагында (Чечмесай) комуздун коштоосу астында да айтылары маалым.

**Кумган** - металлдан (жез, коло, чоюн) атайын калыпка куюлуп жасалган үй турмушунда колдонулуучу идиш. Түп жагы курсактуу, ичке моюндуу, тутkалуу, чорголуу, капкактуу формада жасалат. Чай кайнатууда, колго суу куюу, даарат алуу үчүн керектелген. Кумгандын көлөмдөрү керектөөгө жана эстетикалык табитке карата жасалган. Кумгандын кооздолгон, оймо-чийме салынган түрлөрү да кенен кездешери маалым.

**Кумурачылык** - гончардык өнөр. Кургатылган ылайды бышырып, түрдүү идиш, оюнчук, чырак, кирпич, черепица ж.б. жасап чыгаруучу. Кумурачылык адамзат коомунда алгачкы неолит доорунда эле пайда болуп, адамга ысык тамак-аш бышырууга мүмкүндүк берип, жашоосун бир топ жеңилдеткен. Кумурачылык от сыяктуу эле адамзат коомундагы улуу ойлоп табуулар менен бир катарда турат. Кумурачылар ар бир элде ар кандай мезгилде, бирок бардык жерде жамаатчылык коом таптык коомго жол бошоткон мезгилде (алгач ирет тарыхта Байыркы Шумерде б.з.ч. 4- миң жылдыкта) пайда болгон. Кумура буюмдардын түрү жана формалары элдердин тиричилик маданият өзгөчөлүгүн чагылдырган. Буюмдарды ар кандай сүрөт, оймо-чийме менен кооздоо, жалтыратуу, чынылоо - элдик өнөрдүн маанилүү түрү. Карапа жасоо үчүн кумура очогу жана кумура чаркы колдонулат. Кумура очогу - кумура буюмдарын бышыруучу меш. Ал байыркы Чыгыш өлкөлөрүнө б.з.ч. 3-мин жылдыкта эле пайда болгон. Бир, эки же үч ярустуу ачык же жабык типтеги очоктор белгилүү. Кумура чаркы - идиштер ж.б. карапа буюмдарын формалоо үчүн айлануу инерциясын пайдаланып, буюмдун формасын жакшыртуу, эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууга мүмкүндүк берген жөнөкөй станок. Б.з. 5-13-кк. Энесай кыргыз каганатында да кумурачылык өнөрү, кол өнөрчүлүгү жогорку деңгээлде өнүккөн. Бул илимий адабияттарда атактуу «кыргыз вазалары» деген ат менен белгилүү. Бул кумуралар азыркы Хакасиянын аймагындагы Уйбат, Аскиз *ж.б.* жерлердеги эстеликтерди археологиялык казуулардан соң табылган. Өтө сапаттуу жасалган кыргыз кумуралары жана аны жасоонун технологиясын соңку жүргүзүлгөн иликтөөлөр калыбына келтирет.

**Кумыктар** - Дагестандын аймагында жашаган түрк тилдүү калк. Айрым бөлүктөрү Чеченстан, Түндүк Осетияда жашашат. Кыпчак тилдеринин кыпчак-половец бутагында сүйлөшөт. Кумык тили буйнак, хайтак, хасавюрт диалектилерине бөлүнөт. Кумыктардын жалпы саны 300 миңден ашуун. Изилдөөчүлөрдүн пикирлеринде кумык этносу монгол чабуулуна чейинки кыпчак жана огуз урууларынын жуурулушунан соң калыптанган. Айрымдары «кумык» этнониминин келип чыгышын кимактар менен байланышта карашат. Диний ишеними боюнча мусулман-сунниттер. Кумыктардын материалдык жана

руханий маданиятынан кыргыздар менен этногенетикалык жалпылыктарын байкоого болот.

**Кундак** - ымыркай бала бешикке бөлөнгүчө жатуучу төшөкчө. Көбүнчө төө жүнүнөн, тыбыттан же койдун уяң жүнүнөн кат-кат төшөлүп, баштык же оромо түрүндө жасалган. Көчкөндө алып жүрүүгө, кереге башына илип коюуга, сууктан сактоого ыңгайлуу болгон.

**Кур** - белди ыңгайлуу кыса байлоочу курчоолордун жалпы аталышы. Курлардын барктуусу катары кемер эсептелет. Курдун башка түрлөрү кайыштан, ар түрдүү сапаты бышык кездемелерден жасалган, кээде жоолук жана жип да курдун милдетин аткарат. Кездеме кур шайы, жибек, чыт, сатин сыяктуу кездемеден (1,5 - 2 м. чамалуу) жасалган. Мындай курларды көбүнчө жашы Улгайгандар курчанган. Төөнүн же койдун уяң жүнүнөн жана эчки тыбытынан согулган сокмо курдун ар кыл түстүүсүн жана жол-жолу барын балдар, аппагын же көгүн (жашылын) чоң кишилер, карасын жана бозун карыялар, ал эми жоолук курду балдар жана жигиттер, кайыш, сызма, жип курларды жөнөкөй букара адамдар курчанган. Албетте, бул курлар жана алардын түрлөрү 19-20-кк. 30-40-жж. чейин кенен колдонулгандыгы ырас. Андан соңку учурларда фабрикалык өндүрүштөгү курлар кенен колдонула баштаган.

**Курак** - ар кыл түстөгү кездеме өөндөрүнөн же айрыктарынан кураштырылган буюм жана андай буюмдарды жасоо ыгы. Кыргызда кездеме кесиндилеринен балыш (жаздык), тор көрпө (төшөк), бешик жабуу, сейрек туш кийиз сыяктуу буюмдарды кураштырып жасоо өнөрү илгертен эле кеңири белгилүү. Курак өнөрү Орто Азиядагы түрк элдеринин баарына, ошондой эле тажиктерде да кенен таралган. Куректын бөлүктөрү кездеме өөндөрүнөн жыйналып, үч бурчтук, чарчы ромб, тилке түрүндө кесилип, ар кандай айкалышта жана комбинацияда кураштырылган. Уч бурчтук түрү тумар же турна делип, ал эми үч бурчтуктардын биринин учуна экинчисинин аягы жалгашып кеткен тизмеги турна катары деп аталат. Курак түрлөрүнүн бото көз, каттама дегендери да бар. Курак адегенде кездеменин тартыш болгонунан улам келип чыгып, кийинчерээк фетиштик эски көз караштардын таасири менен көз мончок, тумар сыяктуу маани да ала баштаган. Ар кыл жин-шайтандан жана көз тийгенден сактай турган чоң күчкө курактагы ак жана кара түстөрдүн айкалышы ээ болот имиш. Келиндердин көшөгөсү да алгач куракталып жасалган. Бирок курак бара-бара фетиштик маанисин жоготуп, элдик жасалга - колдонмо өнөр буюмдарына айланган. Бүгүнкүнүн чебер кыз-келиндери куракты салттуу үй буюмдарын жасоодо жана кооздоодо пайдаланышат. Курак үчүн ар кыл түстөгү тукаба, баркыт ж.б кездемелер иштетилет.

**Курал-жарак** - согуштук (аскердик) кагылышууларда колдонулуучу кыйраткыч каражаттардын жалпы аты. Курал-жарактардын өркүндөтүлүшү өндүрүш мамилелерине жана өндүргүч күчтөрдүн өнүгүш деңгээлине байланыштуу болот. Алгачкы курал-жарактар аңчылыктын, коргонуунун каражаты катары палеолит доорунда эле пайда болуп, эмгек куралынан айырмаланган эмес. Ал учурдагы курал-жарактардын түрлөрүнө жыгач найза, келтек, союл, сокку уруучу жана ыргытуучу найзалар кирген. Кийинчерээк мезолитте жаа, неолитте таш балта, чокмор, канжар пайда болгон. Металлдын ачылышы менен (найза, кылыч ж.б) колодон, темирден жасала баштаган. Б.з.ч. 2-к. темир курал-жарактар скифтер менен сарматтарда кеңири тараган. Ал эми 8-к. кыпчактар кылыч ойлоп табып, 10-к. ал орустарга, андан ары Батыш Европага тараган. Чабуул куралдары менен катар зоот, калкан, туулга сыяктуу коргонуу жабдыктары жасалган. Кул ээлөөчүлүк коомдо жана феодалдык коомдун биринчи этабында жабдыктар (канжар, кылыч, найза ж.б.), таш ыргыткыч жана сепил ураткыч машиналар болгон. Дары менен атылуучу курал-жарактар биринчи жолу арабдарда (12-к)

жасалып, кийин Батыш Европага жана орустарга тараган (мисалы, мушкет, уңгулуу тапанча). 14-кылымда замбирек пайда болуп, ал улам өркүндөтүлүп олтурган (мисалы, экинчи дүйнөлүк согушта артиллериянын бир нече түрү колдонулган). 17- к. найзалуу мылтыктар, 19-к. сайлуу, магазини бар беш атар, эки-үч сайлуу тапанча кеңири тараган. 1883-ж. автомат замбиреги менен пулемет, автомат жасалган. Биринчи дүйнөлүк согушта (1914-1918-жж.) автомат жана кол пулемет, экинчи дүйнөлүк согушта (1939-1945-жж.) Советтик куралдуу күчтөр реактивдүү курал-жарактардан «катюша», миномет; фашистик Германия «ФАУ-2» ракетасын, деңиз салгылаштарында замбирек, торпеда, мина, авиация бомбасын колдонушкан. Курал-жарак массалык кыйраткыч түрүнө, ал эми калганы болсо жөнөкөй курал-жарактарга кирет. Азыркы курал-жарактын кыйраткычтыгы, алыска таасир этиши, кыйраткыч масштабы, таамай жана тез атылышы, тактыгы, чыдамдуулугу согуштук-техникалык өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу болот.

**Курамалар.** Өз алдынча этнографиялык топ. Бүгүнкү күндө өзбектердин курамына жуурулуу процесси жүрүп жаткан, өзүнүн антропологиялык, маданий-этностук өзгөчөлүгүн сактап калган курамалардын теги, келип чыгышы өтө татаал. Ангрен оазисин байырлаган курамалар өздөрүнүн тегин казактын улуу жана орто жүздөрүндөгү уруулар менен байланыштырышат. Азыркы аймакта 17-18-кк. көчүп келген курамалардын жайгашышы, чарбасы, жергиликтүү этностук чөйрөдөн айрым өзгөчөлүктөрү Н.А.Аристовдун эмгегинде да чагылдырылат. Фергана өрөөнүнө журт которгон курамалар кереит, жалайыр, жапалак, тору айгыр, кара чапан, чувалдак (чуулдак), алчын, уйшун, беш калың (таз), карасыйрак (карашыйрак) ж.б. уруктардан турган. Бул уруктардын таасирдүүсү жалайырлар болушкан. Аталган курама урууларынын дээрлигин кыргыз этнонимиясында параллелдери бар. Айрым изилдөөчүлөр (А.П.Окладников ж.б.) этнонимдин чыгыш тегин (курамачиндер) байыркы түрк дооруна байланыштырышат. Бул уруу байырлаган бол актагы жерден табылган руникалык жазуулар да буга мисал алат. Аталган байыркы уруунун урпактары «курамша - курамчи» деген ат менен Эхирит-Булагат аймагындагы буряттардын курамында сакталып калган. Изилдөөчү Т.А.Бертагаев өз изилдөөлөрүндө курамалардын тегин монгол тилдүү уруулардын чөйрөсүнө таандык жана «кура - х - хура - х» - «жыйналуу», «биригүү» маанисин аныктаарын белгилейт. Хурамша - курамча; - чин ® - ча - шан ® - ша; - чин мүчөсү монгол тилдеринде кесипти, кыймыл - аракетти аныктайт. Курама - солто, тейит урууларынын курамдарындагы урук аттары катары маалым.

***Ад.:*** *Бертагаев ТЛ. Об энтонимах «кермучин» и «курамчин» \\Этнонимы. -М.: «Наука», 1970. - С.127-130; Губаева С.С. Население Ферганской долины в конце XIX-нач. - XX вв. -Ташкент, «Фан», 1991.*

**Куржун** - терме же жөнөкөй таардан жана килемден ортосу бириктирилип, артынып жүрүүгө ыңгайланып жасалган эки ооздуу баштык. Куржундун ар бир көзү болжол менен 50x50 см келет, айланта милте коюлуп, бүт чети же бурчтары чачыланып коолдолот, ооздору туюк уч бүчүлөр менен тигилет. Куржун - чыгыш элдеринде кеңири тараган буюм.

**Куржун сөктүрүү** — үйлөнүү тоюндагы каадалардын бири, кыздын себи менен бирге кешик салынып келет. Куржундун оозун ачып, андагы тамактардан чогулгандарга ооз тийгизүү шыбагасы айылдагы нускалуу аялга келиндин кайненеси тарабынан тапшырылган. Куржун сөккөн аял кешиктин чүйгүнүн өзү алып, үй ээсине тиешелүү белегин берген.

**Курмандык** - Кудай, дух, арбак ж.б. ыйык нерселерге атап жандык союу, ар кандай баалуу буюмдарды, акча каражаттарды ж.б. тартуулоочу байыркы диний салт.

**Курмандык чалуу** - үй-бүлөнүн, уруктун, уруунун ата-бабаларына, духтарга, кудайларга карата атайын уюштурулган каада- салт. Байыркы доорлордо курмандык чалуу процессиясын жрецтердин өзгөчө кастасы алып барган. Байыркы кыргыз коомунда бул функцияны бакшы (шаман) алып барган. Курмандык чалынуучу жайлар атайын белгиленип, ыйык деп эсептелген тоонун этегине, булактуу жерлерге, кан жол боюна өткөрүлгөн. Маалыматтар боюнча кыргыздарда ар бир уруунун сыйынган ыйык тоосу, ыйык жаныбары, кушу, дарагы, эн тамгасы болгон. Бул салт энесайлык кыргыздардын урпактары болгон хакас жана туваларда, шорлордо кенен сакталып калган. Курмандыкка жылкы, кой ж.б. тартылган. Бүгүнкү күндө бул философиялык-диний жөрөлгө «түлөө» деген ат менен да белгилүү.

**Курткана** - жибек курту багылчу жай. Курткана кургак, таза жерге курулат. Анын ичи жарык, жылуу болуп, жакшы желденилиши зарыл. Куртakананын жанында жалбырак сактоочу бастырма жана инкубаторий болот. Бош курткана башка чарбачылыкка пайдаланылбайт.

**Курултай** - элдик, коомдук уюмдардын, партиялардын чоң жыйналышы. Монгол тилинде «хурилтай» деп аталат. Орто кылымдардагы Кыргыз каганатындагы мамлекеттик чоң жыйын курултай деп аталган. Кечки орто кылымдардагы (15-18-кк.) Энесайдагы Кыргыз мамлекетиндеги курултайда 200дөн ашуун кыргыз бектери катышкандыгы баяндалат. Мамлекетте кыргыз делегаттарынын добушу дайыма чечүүчү болуп эсептелген. Анткени курултайда кыргыздарга баш ийген элдердин да өкүлдөрү катышчу.

**Курут** - туздалган сүзмөдөн кайнатылып, кээде эжигей кошулуп уютулуп, кургатылып даярдалган тамак. Курут атайын жасалган середе, чийде, тактайда кургатылат. Кыш менен жазда сууга эзилген курут суусундук жана катык катары пайдаланылат. Курутту жасоо технологиясы, аны тамак-ашка пайдалануу жана ыкмалары түрк тилдүү элдерде (кыргыз, казак, тува, хакас ж.б.) жалпысынан бирдей.

**Куу** (ак куу, кара куу). Куу же ак куу (кара куу) - кыргыздардын түшүнүктөрүндөгү ыйык, тотемдик куш. Куу - эзелки хуннуларда, түрк тилдүү урууларда сыйынуучу канаттуу-онгон болгондугун аныктаган фактылар бар. Бул мифологиялык сюжет байыркы славяндардын уламыштарында (Кый, Лыбедь ж.б.) да кенен тараган. Байыркы Кытайдагы «Чжоушу» жыл баяндарында төмөндөгүдөй маанидеги уламыштар айтылат: «...түрктөрдүн ата-бабалары хуннулардан түндүгүрөөк жерде жайгашышкан Со мамлекетинен келип чыгат. Алардын жетекчиси Апангпу дегендин он жети бир тууганы болуптур. Алардын ичинен Ичинишиту деген шаман (кам) иниси төрт уулдуу болот. Анын Үч уулу эл башкаруучу болуп, бир туугандардын эң кенжеси «Тюкю» деген наам алат. Ортончу уулу ак кууга айланып учуп кеткен имиш. Тюкюдан - Ашина, Ашинадан андан кийинки түрктөр таралыптыр...». Изилдөөчүлөр Со өлкөсү жайгашкан аймакты Алтайдагы Куу (Лебедь) дарыясы аккан жерге жайгаштырышат. Ак куу - Сибирь элдеринин мифологиясында түрдүү касиеттеги колдоочу (покровитель) жана сактоочу (ангел-хранитель) функцияларына ээ болгон. Маселен, тунгус тилдүү элдерде ак куу аңчылыкты колдоочу касиетине ээ болсо, селькуптарда бурят, якут жана Саян-Алтай элдеринде ачык тотемисттик белгилерге ээ болгон. Куудан - аялдар үй-бүлөлүк жыргалчылыкты, ынтымакты, сактоочуну, ал эми эркек кишилер аң уулоодогу кол- доочуну көрө алышкан. Г.Н.Потанин өз иликтөөлөрүндө бурят-хангиндерде бул уруунун (хангиндер) ак куудан тараган деген уламыш бар экендигин жазат. Уруктун өкүлдөрүнө ак кууну өлтүрүүгө, ага зыян келтирүүгө табу салынган. Якуттарда куунун этин жегенге тыюу салынган. Куу - эне тараптагы туугандардын сактоочусу милдетин аткарган. Тувалардагы кезек-хуулар уруусунун өкүлдөрү кызга куда түшүү үчүн атып алынган ак кууну

(кара кууну) болочок кайынга (кайын-журт) алып барса, ал (кайын ата) кызын сөзсүз берүүгө милдеттүү болгон. Кара Чоодуларда (тувалардын уруусу) бул салт аркылуу мүлктүк (социалдык) абалын оңдоп алууга жетишишкен фактылар катталган. Бул мисалдар уруунун башкы тотеми болгон ак куунун көп кырдуу касиетинин адамдардын аң-сезимине өтө терең сиңгендигин чагылдырат. Мындай байыркы салт закамендик буряттарда да кенен таралган. Атып алынган кууну болочок кайынга (кайын-журт) тартуу кылуу хакастарда «төргiн» (кырг. төркүн) деп аталган. Бул архаикалык, тотемистик-мифологиялык салт байыркы энелик доор менен тыгыз байланышкан. Бул терминди кыргыздардагы «Куу уул» генономи, орто кылымдардагы «куман» (половец), алтайлыктардагы «куманды», «куу кижи»(челкандар, лебединецтер), тувалардагы «кезек хуулардын» уруу (урук) аттары менен параллель коюуга болот. Терең этностук-маданий жана социалдык мааниси бар бул салт Л.П.Потапов, В.Я.Бутанаев ж.б. окумуштуулардын иликтөөлөрүндө кенен чагылдырылат.

**Куу уул.** Генеалогиялык маалыматтар боюнча легендарлуу Долон бийдин уулу, сол канат кыргыз урууларынын түпкү бабасы. Куу уул жана сол канат кыргыз уруулары боюнча алгачкы генеалогиялык маалыматтар Сейф ад-Дин Аксикендинин «Мажму ат- Таварихинде» (16-к.) эскерилет. Куу уул жана анын төрөлүшү жөнүндөгү болмуш окуялардын бир нече варианттары айтылып жүрөрү маалым. Санжыра боюнча Куу уулдан Чоң багыш, Саруу, Мундуз, Кытай, Басыз, Жетиген, Төбөй уруулары тарайт.

**Куучу** — элдик ишенимде кара баскан жаңы төрөгөн аялдын өпкөсун алып, суута салууга аракеттенген албарстыны кууп кетирүүгө жөндөмдүү касиети бар киши. Андай касиетке албарстыны кармап, чачын алып сактап жүргөн киши жетише алат. Куучунун албарстыны кубалай турган өзгөчө ыкмалары болгон эмес. Алардын келиши эле жетиштүү болгон. Биз билген айрым маалыматтар боюнча, куучу үйгө алыстан айгай салып кыйкырып келген.

**Кушнер Н. (Кнышев).**Туулган жана өлгөн жылы белгисиз. 1925- ж. СССРдин чет-жакаларындагы улуттук-колониалдык маселелерди изилдөө боюнча түзүлгөн атайын Илимий изилдөө бирикмесинин өзгөчө тапшыруусу боюнча Кыргызстандын бир катар тоолуу аймактарын изилдөөгө алган. Ал кыргыздардын арасындагы коомдук мамилелерине, чарбалык укладдарына өзгөчө көңүл бурган. Изилдөөлөрдүн жыйынтыгында «Горная Киргизия (социологическая разведка). -М.: 1927»; «Манапство в горной Киргизии» ж.б.у.с. эмгектерди жазган.

**Кушчу** - сол канаттагы ири уруу. Айрым учурларда «кутчу» уруусу деп да айтылып жүрөт. Алгач ирет кушчулар азык уруусу менен бирге, («ассиги» жана «гешу») Батыш Түрк каганатынын (7- к.) Нушиби деген аймагына киргендиги кытай жыл баяндарында эскерилет. 6-7-кк. кушчулар Орто Азияны каратып алган көчмөн түрк тилдүү уруулардын курамында болушканы белгилүү. В.В.Радлов: «Кыргыздын кучу (кушчу) уруусу теңиртоолук кыргыздар менен Энесай өрөөнүнүн этностук байланышын аныктайт» - деген жүйөлүү пикирин айткан. «Кушчу» этнониминин байыркы тегин Алтай аймагы менен байланышта кароо зарыл. Далил катары, изилдөөчүлөр кушчу этноними айрым башка кыргыз уруулары менен бирге Алтай, Чыгыш Түркстан, Иртышка жамаатташ аймактардагы байыркы түрк доорундагы этностук чөйрөгө таандык экендигин белгилешет. Болжолу, бул энчилүү ат титул катары да кеңири колдонулган. 6-к. түркмөндөрдүн каганы Мугань-хан «Кущу» аттуу титулга ээ болгондугу маалым. 12-к. кушчулар монгол тилинде сүйлөшкөн дөрбөндөргө убактылуу баш ийип калышкан. 13- к. экинчи жарымында кушчулар Батый хандын аскерлериндеги ири кошуун катары белгилүү болушкан. Батышты көздөй журт которуп, чачыраган кушчулар кийинки ногой, түркмөн, башкыр, өзбек- коңурат,

азербайжандардын курамдарына этнокомпоненттер катары кирипти. Этноним жер-суу аттарында Азербайжан Түркияда ондон ашык ирет чагылдырылат. Кыргыздардын этностук пайдубалын түптөөгө орчундуу салымы бар байыркы кушчу уруусу 17-18- кк. Чыгыш Түркстандын саясий турмушуна өтө активдүү катышканы маалым. В.В.Радловдун пикирине таянсак, кушчу этнокомпоненти кыргыздардын курамында эрте орто кылымдардан эле белгилүү болгон. Буга «гешу» (кушчу) уруулук бирикмеси менен чогуу эскерилген бүгүнкү кыргыздардын курамындагы азык (кытай булактарында - «ассиги») этноними да далил боло алаары ырас.

***Ад.:** Кузеев Р.Г. Происхождение башкирского народа. .:«Наука», 1974; Каратаев О.К. Кыргыз этнонимдер сөздүгү. Б.: 2003;*

**Күйөө бала —** үйлөнө турган же үйлөнгөн жигиттин кайындары тарабынан аталышы.

**Күйөө жолдош -** үйлөнө турган жигиттин жолдоштору, достору.

**Күл азык -** узакка сакталуучу тамак, кыргыздын байыркы тамагынын биринин аталышы. Күл азыкты сапарга же аскердик жүрүшкө чыгаар алды даярдашкан. Күл азыктын негизин кой, уй жана кийиктин эттери түзгөн. Союлган малдын эти бышырылып, туурасынан жука кесилип, кургатылып, сокуга күл майда талкаланып, андан соң жаргылчакка тартылат. Даярдалган эт сызгырылып, сызыгы таза алынган майга салынат да, ал кайнаар замат ун кошулуп, кызарганча куурулат. Суугандан кийин жакшы иштелген карынга салынат. Күл азык узак сапарга, аскердик жүрүшкө, аңчылыкка чыгаарда даярдалган. Күл азык - көчмөнчүлүккө жана аскер турмушуна ыңгайлашкан кыргыздарда байыртадан белгилүү тамак.

**Күң -** бай адамдын же кожоюндун жеке менчигиндеги аял, күңү. Кыргыз коомунун социалдык курулушунун төмөнкү катмарында турган. Колунда бар же бай адамдарда күң кармоо экономикалык зарылчылыктардан улам келип чыккан. Күңдүн кызматы чарбадагы аялдар аткаруучу оор жумуштарды жасоого жана үй-бүлөдөгү балдарды тарбиялап көз салууга жумшалган. Күңдүн абалы социалдык жактан теңсиз болгон. Кожоюн каалаган мезгилде белекке берген, мураска калтырган, кээде байгеге койгон учурлар кездешкен.

**Кыдырша** - ичкиликтер (Булгаачылар) уруулук тобундагы байыркы ири уруулардын бири. Кыдыршалар - Булгаачылар уруулук тобунда Сейф ад-Дин Аксикендинин «Мажму ат- Таварихинде» (16-к.) эскерилет. Этнонимдин параллелдери кыргыздын кесек уруусунда жана ферганалык кыпчактардын курамында бар. Кыдыршалар кыргыздын эл болуп түптөлүшүнө орчундуу роль ойногон уруулардын бири. Элдик уламыштардын маалыматтарына караганда, кыдыршалар кыргыз-кыпчак тектүү уруулардан болору баяндалат. Өзбекстандын Анжиян облусунун аймагында Кыдырша этнотопоними бар экендиги маалым.

**Кыз ала качуу** - колуктуну ала качып никелешүү салты. Бул салттын үч түрү бар: 1) зордоп ала качуу, колуктунун жана анын жакындарынын эркине койбой ала качуу- бул өтө сейрек колдонулган, анткени зордоп ала качуу уруктардын ортосунда жаңжалдарга, кан кууп өч алууга алып келген; 2) жакын туугандардынын каршылыгына карабастан колуктунун макулдугу менен ала качуу. Ал патриархат мезгилинде үй-бүлөдөгү зулумдук тартиптерге каршы нааразылык билдирүү катары колдонулган; 3) жалган же калп ала качуу (кудалардын алдын-ала макулдашуусу боюнча, той чыгымдарын азайтуу үчүн жасалат). Муну менен үйлөнүү тою жүрүп жатканда күйөө бала тараптын оюн түрүндөгү ала качуусу дал келет.

**Кыз куумай** - кыргыздын улуттук ат оюндарынын бири. Мурда белгиленген жерден кыз менен жигит кубалаша ат чабышат. Салт боюнча кыз мурдараак алдыга чыгып, анын артынан жигит атын чаап кубалайт. Бул оюндун негизги

максаты - кыз кууган жигитке жеткизбеши керек. Эгерде кууган жигит кызга бул чабышта жете албай калса, ал кыздан камчы жеген. Бул оюн кыз жана жигит тараптан шамдагайлыкты талап кылган. Байыркы кыргыз салтында кызга жеткен жигит ага үйлөнүшү керек болгон. Кыз куумай кыргыздын аш-тойлорунда эзелтеден ойнолуп келет. Бул оюн кыргыз коомунда аял-эркек теңдиги дайыма боло келген- дигинин бир далили.

**Кызыл аяк** - ичкиликтер уруулук тобуна кирген уруу. Мындан сырткары, дөөлөс, кесек, кыпчак урууларынын курамдарындагы уруктар катары маалым. Кызыл аяктар - Дешт и-Кыпчактагы байыркы түрк урууларынын бири болгон. Жунгар (калмак) чабуулуна чейин эле кызыл аяктар Сыр-Дарыянын жогорку агымы тарабына журт которушуп, түркмөн, каракалпактардын, ал эми бир бөлүгү кыргыз - кыпчактардын курамдарына жуурулушкан.

**Кызыл уул** - кыргыздардын генеалогиялык маалыматтары боюнча легендарлуу Долон бийдин уулу, ичкилик (Булгачылар) урууларынын түпкү бабасы. Кызыл уул жана анын төрөлүшү, балалык чагы боюнча бир катар санжыралык маалыматтардын варианттары белгилүү. Генеалогиялык маалыматтар боюнча Кызыл уулдун тукумдары: Кыпчак, Ават, Оргу, Кесек, Жоо кесек, Найман, Бостон, Каңды, Нойгут, Тейит, Чапкылдык, Бөксө, Кыдырша, Коңурат.

**Кызылдар** - хакастардын курамындагы этностук топ. Энесайлык кыргыздардын түз урпактары болуп эсептелишет. Этностук топ тегин сагайларга жакын карашып, өздөрүн болмуштуу Сагаях жана Кызылахтан таратышат. Этноним 18-к. Июс дарыясында жашаган калкты курамына камтыган Кызыл уруулук бирикмесинин атынан келип чыгат. 19-к. орто чендеринде этностук топтун курамына 26 урук кирген. «Кызыл» уруусунун энчилүү аты алардын ата-бабаларынын сырткы келбетине, өңү-түсүнө байланыштуу келип чыккандыгы баяндалат. Хакас санжыраларындагы маалыматтар боюнча кызылдардын бабалары ак түстүү, кызыл чачтуу болушкан имиш. Бул кытай жыл баяндарындагы кыргыздар жана алардын өңү-түсү жөнүндөгү маалыматтар менен дал келет. Кызылдар Алтысар улусун негиздеген кыргыздардын урпактары болуп эсептелишет. Мындан сырткары, «кыргыз» этноними айрым изилдөөчүлөр тарабынан «кызыл» маанисинде чечмеленет. Бул уруулук топко ачыг (ачы), каргалар, шуш, пуга, хамнар, кыргыз, тушат, аргын, ыгы, хасха (кашка) ж.б. кирет. Пуга уруусунун келип чыгышы кыргыздын бугу уруусунун санжырасы менен сюжеттик жактан тектеш.

***Ад.:*** *Бутанаев В.Я. Происхождение хакасских родов и фамилий. Абакан, 1994.*

**Кызыр, Кыдыр** (ар. хызыр - жашыл деген мааниде) - адамдарга жакшылык кылуучу олуя. Түрк, иран элдеринин жомокторунун байыркы кейипкерлеринин бири, көбүнчө жашыл тончон, акбоз ат минген аксакал түрүндө сүрөттөлөт. Бул табышмактуу пайгамбар өлбөстүн дарысын издеп, акыры мүрөктүн суусунун булагын тапкандыгы айтылат. Орто Азия элдеринин түшүнүк, ишениминде Кызыр түбөлүк жер кезүүчү, адашкан жолоочуларга, кедей-кембагалдарга жана кыйын кезеңге туш келген бардык пенделерге жардам берет. Кызыр жолоочу, дубана, майып киши, кээде тааныш кишинин кебетесинде кездешет. Кызырдын оң колун кармап, анын баш бармагынын сөөгү жок экенинен таанууга болот деп эсептешкен. Тааныган киши кое бербей туруп үч нерсе тилек кылып суранса, ал аткарылат имиш. Кызыр жөнүндө уламыштар азыр да элдин ичинде кенен таралып, айтылып келет.

**Кыйып-өрттөө дыйканчылыгы** - токой зонасындагы дыйканчылыктын байыркы жөнөкөй системаларынын бири. Токойдо да- рактарды кыйып, кабыгын арчыйт. Бир жылдан кийин аны өрттөп, күлүнө эгин айдашкан. Мындай жер биринчи жылы жакшы түшүм берген, андан кийинки жылы бул жер куралдын жардамы менен жумшартууну талап кылган; 2-3 жылдан кийин ал жер арыктап

түшүм бербей калат, ошондуктан жаңы өсүмдүктөр чыкканга чейин ал жерди дем алдырууга таштап коюшат. Айрым жерлерде бадалдарды, саздарды, чымдарды да өрттөшкөн. Кыйып-өрттөө дыйканчылыгында дыйкандар мезгил-мезгили менен курал-жабдыктары өзгөртүп турган. Кыйып-өрттөө дыйканчылыгы Евразияда жазы жалбырактуу зоналарда жаралган; мелүүн алкактык тоолордо жана түндүк тайга токойлорунда жашаган славян жана герман элдеринде 19-к. ортосуна чейин сакталган. Түштүк Европадан Арденна тоолорунда, Корсика аралында, Түндүк Америкадан Европадан көчүп келгендерге да 19-к. ортосуна чейин сакталган. Кыйып-өрттөө дыйканчылыгын тропикалык өсүмдүктөрдү өстүргөн айрым түрлөрү да Борбордук Африкада (банту элдеринде), Түштүк-Чыгыш Азияда (бирмалыктарда - «ладанг»; вьетнамдыктарда ж.б.), Океанияда (Жаңы Гвинеядагы папуастарда), Түштүк жана Борбордук Американын индейлеринде ж.б. кеңири тараган.

Африкада эркектер дарактын бутактарын бычак менен кыят, ал эми аялдар аларды кургак чөп, бадал менен кошо талаага калыңдатып жыят. Өрттөгөндөн кийин болор жаандын алдында үрөн себишет. Себишкен участокту тосмо менен тосушат. «Дан өсүмдүктөрүн (таруу), буурчак, тамыры жемиш өсүмдүктөрдү аралаштырып айдоо үстөмдүк кылат. Экинчи жылы таруунун ордуна жер жаңгак эгилет, үчүнчү жылы буурчак өсүмдүктөрү үстөмдүк кылат. Жаңы Гвинеяда папуастар тоолуу тропикалык токойлордо даракты таш балта менен кыйышат. Участокту тазалоодо калак сымал жыгач куралды пайдаланышат. Эгинди тосмо менен тосушат, аралаштырып айдашат.

**Кыл кыяк** — улуттук кылдуу, жаалуу музыкалык тартма аспап. Ал негизинен кулак, чара, моюн, куткун, тээк ж.б. бөлүктөрдөн турат. Тулку көк арчадан, өрүктөн, сом жыгачтан чабылат. Узундугу 65-70 *см* моюну кыска, беренеси жок добуш берүү чарасы тең бөлүнгөн. Анын жарымы төөнүн териси менен капталат. Алдына туурасынан кичинекей ичке жыгачтан бертик коюлат. Капкактын ортосунан төмөн карай ички кайыш тартылып, чарасына бекитилет. Кыл кыяктын аягы санга коюп тартуу үчүн ылайыкталып ичке келет, башында карама-каршы эки кулагы бар. Ал ыргай, табылгыдан жасалат. Кыл кыяктын тепкеги үч бурчтук формада эки ача жыгачтан куткуну кайыш же булгаарыдан эки тилинип жасалып, ага кыл тартылат. Аспапты аттын куйрук кылы тартылган, жаа менен жанып ойнойт. Кыл кыяктын добушу бийик, мукам, уккулуктуу болуш үчүн эки асый жылкынын куйрук (50-70 талдан ашпаган) кылы тагылат. Адат- та кылды аспапка тагарда аны самындап жууп, тарап, карагайдын чайырын (дабыркайын) кайнатып сүйкөйт. Кыл кыяк түркүмүндөгү аспаптар дүйнөгө, айрыкча түрк тилдүү элдеринде кеңири тараган. Алардын ичинен кыргыздын кыл кыягы казактардын кыл кобызына, кара калпактардын кобызына, тувалыктардын иглесине, хакастардын ыхына, алтайлыктардын иклимине тембри, добушу, репертуары, күүлөнүшү, жалпы формасы, чабылышы, тартылышы жагынан окшош. Кыл кыяктын коңур добушу адамдын үн интонациясына өтө жакын. Анда адамдардын ар кандай турмушун, тарыхый согуштук жүрүшүн баяндаган программалуу күүлөр тартылат.

**Кылдырооч** — кооздоо жана жылуулоо максатында боз үйдүн канат чийлеринин (ичинен) жана керегесин (сыртынан) тегерете жабуучу терме таар.

**Кылжыр** - геноним. Элдик генеалогиянын маалыматтарында бугу жана сарыбагыш урууларынын түпкү атасы катары айтылат. Кылжыр - орто кылымдагы (16-к.) жазылган «Мажму ат- Таварихте» (Сейф ад-Дин Аксыкенди) Гыл(д)жыр формасында Тагай баатырдын уулу катары баяндалган. «Кылжыр» - учурда Түштүк Алтайдагы дарыянын аталышы катары маалым. Генонимдин келип чыгышында Түштүк Алтайдагы кездешкен жогорудагы топонимикалык аттын байланышы болуусу толук мүмкүн. Буга Түштүк Сибирь жана

Кыргызстандын аймагында кездешкен окшош, кай- таланган топонимикалык аталыштар далил боло алаары шексиз. Мисалы, Кулунду, Кемин, Чүй, Нарын, Ачы, Кызыл-Сеңир ж.б. Топонимикалык, гидронимикалык жалпы параллелдүүлүктөрдү изилдөө кыргызтаануда жаңы ачылыштарды жаратары шексиз. Кылжыр - азыркы кыргыз тилинде «мойну кыйшык», «мойну кыйшайган» деген маанини туюнтат.

**Кылоо** — кыргыздагы жаңы туулган музоого карата жасалган ырым. Ырым жаңы тууган уйдун бышкан уузун музоонун маңдайына, жонуна, куйругуна сүйкөөдөн жана «Кылоо-кылоо, торпогум, алдыга чыксаң бөрү жейт, артта калсаң ууру алат, орто жерден чыкпай жүр...» - деген ырдан турган.

**Кылтак** — жылкынын куйрук кылдарынан чыйратылып жасалган сыйыртмак. Узун укурукка байланган кылтак менен алгыр куштар жана алардын балапандары кылтактанып (моюндан сыйыртмакталып) кармалган. Ийиндеринин оозуна салып коен, түлкү, сары чычкан кармоо үчүн, чубаган кийиктерди колго түшүрүү үчүн кылтак зымдан да жасалган.

**Кылыч** - жоокердик курал. Эң мыкты сапаттагы «ак болоттун» жана «кара курчтун» өзгөчө кошулмасынан чапканда кесип же тешип кетүүгө ыңгайлаштырылган өткүр миздүү, учтуу курал. Бир аз кайкалаган көрүнүштөгү жука «баанектен» жана алып жүрүүгө ылайыкталган «толтолуу» саптан турат. Жоокердик доорлордо сырткы душмандар менен салгылашууда жана өзүн-өзү коргоодо колдонулган. Кыргыздар жоокердик доордо кылычты негизги согуш куралы катары бала кезинен үйрөнө баштаган. Аны элдик «мангел уруу», «ашкабак чапмай» ж.б. оюндарда кылычты чабуунун ыкмаларын үйрөнүү эрежелеринин сакталып калгандыгынан көрүүгө болот. Кыргыздар байыртадан сапаттуу куралдарды жасай билишкен. Кыргыз куралынын даңкы бүткүл Евразия аймагына тараган. Тан доорундагы кытай жыл баяндарында (7-10-кк.) «Кыргыздар өлкөсүндө» сапаттуу темирлер, алардын көпчүлүгү асмандан түшөрү, андан өтө сапаттуу курал-жарак жасалары баяндалган. Чындыгында эле, асмандан жааган бирин-экин метеориттен эбегейсиз көп курал жасоону элестетүү кыйын. Албетте, бул жерде кыргыздар темирди (болотту) өтө жогорку сапатта эрите билишери, алар экспортко чыгарган куралдардын атагы алыска кеткендиги жөнүндө маалымат катары билүү зарыл. Учурда да Саян-Алтай аймагында орто кылымдардагы кыргыздар иштеткен металлургиялык өндүрүштүн эбегейсиз зор көлөмдүү эстеликтери бар.

**Кылыч тамга** - басыз уруусунун курамындагы уруктар тобунун аталышы. Этностук аталыш байыркы кыргыз (түрк) доорунан маалым. Уруктар тобунун уруулук эн тамгасынын түзүлүшү сабы иимегирээк кылычты элестетет. Кылыч тамга этнониминин параллелдери ногой, каракалпак, башкыр, казактардын уруулук курамдарында бар. Эн тамганын формасы хакас-койбалдардын уруулук тамгасына өтө окшош экендиги аныкталды. Кыргыздын жедигер жана саяк урууларынын (саяк ичиндеги бир уруктун) эн тамгалары да жогорудагыдай ат менен белгилүү. Бул уруктар тобунун өкүлдөрү Сузак, Өзгөн, Акталаа, Тогузторо, бир аздап Кочкор, Жумгал, Чүй аймактарында байырлап келишет. Негизги уруктары: кожокелди, жолубай, жанай, тайчы, бакты, түгөл, тосой, богожой, каражалак, ашыр ж.б.

**Кымыз** — бээ сүтүнөн ачытылып жасалган, кычкыл келген кыргыздын улуттук суусундугу. Кымыз кыргыздарда жана кошуна жашаган башка көчмөн түрк-монгол элдеринде эзелтеден белгилүү. Кымыз жөнүндө кытай жыл баяндары да маалыматтарды берет. Кымыз атайын жасалган сабада ачытылат. Кымыз ачытуу көпчүлүк элдерде окшош технология, байыркы калыптанган ыкма менен жасалат. Жаз маалында бээлер жаңы кулундаганда саалган чийки сүт адегенде кор же үрп деп аталган. Ачыткынын (идиштеги өткөн жылкы же

мурдагы кымыздын түбүнө чөккөн коюусун сүзүп жана кургатып алышат) жардамы менен кымызга айланат, андан кийин ачыткынын милдетин көрөңгөгө өткөрөт. Сабадагы көрөңгөнүн үстүнө улам-улам (1-1,5 саат сайын) саап келинген сүт бир аз муздаткан абалда куюлуп, аябай бышылат да, андан кийин саба жылуу жабылат. Андан мурун ал сүт кошулган сайын сабадагы көрөңгө аралаш сүт бишкек менен далайга (болжол менен 700-800 ирет) бышылат. Кымыздын сапаты жасоо ыкмаларынын туура сакталышына, анын көп бышылышына, канча убакытка ачытылышына, сабасынын турушуна жараша болот. Кымыздын өңү саан бээлердин жеген чөбүнө карата кызгылтым (Арпа, Аксай жана Ысыккөлдүн сырттары), агыш (Суусамыр, Көкойрок) түс алат. Өзгөчө, Алайдын кымызы өзүнүн даамдуулугу менен айырмаланат. Кымыз бээлер жеген туландын сапатына жараша болот. Көчмөн элдердин ичинен өзгөчө монголдор жасаган кымыз күчтүү, коюу абалда болот. Ошону менен бирге, бул кымыз жогорку сапатка ээ. Анткени Монголиянын түндүгү жана түндүк-батыш аймактарындагы тулаң чөп өзгөчөлүгү менен айырмаланары илимде эбак далилденген. Сүтүнө жана жасалышына жараша уй кымыз (уй, топоз), төө кымыз (төө сүтүнөн), ууз кымыз (эрте жазда), сөөк кымыз (кеч күзгү же кышкы), тунма кымыз (бышпай куюлуп алган), саамал кымыз (көрөнгөгө жаңы сүт азыраак кошулган), жылытма кымыз (тердетүү үчүн жылытылган), чайкалган кымыз (бал, кант кошулган же атайын тоңдурулган) ж.б. деп бөлүнөт.

**Кын** - миздүү куралдардын (бычак, канжар, кылыч ж.б.) кабы. Кайыштан, шириден, булгаарыдан бычылып же жыгачтан оюлуп жасалат. Сыртына алтын-күмүш чабылып же оймо-чийме түшүрүлүп кооздолот. Кын ооз жагына атайын жасалган металл же кайыш илмек аркылуу курга илинет.

**Кыңыроок** - кийизди, терини ийри кесүү үчүн курч темирден жасалган ичке бычак.

**Кыпчак** - кыргыздын эң ири, байыркы урууларынын бири. Генеалогиялык маалыматтар боюнча кыпчактар ичкиликтер (Булгачылар) уруулук тобунун курамына киришет. Кыпчактар - орто кылымдардагы күч-кубаттуу уруулук бирикмелер катары белгилүү болушкан. Кыргыз-кыпчактардын жайгашкан ареалы өтө кенен аймактарды кучагына камтыйт. Бул уруунун өкүлдөрү Ош, Жалал Абад, Баткен, Чүй облустарынан сырткары, Өзбекстандын Анжиян, Наманган, Ташкент, Сырдарыя, Тажикстандын Жергетал, Шаартуз, Тоолуу Бадахшан аймактары, КЭРдин Шинжаң Автономиялуу областынын айрым жерлерин мекендеп келишет. Кыпчактар жөнүндөгү алгачкы маалыматтар кытай жыл баяндарынан белгилүү. Анда (б.з.ч. 201-ж.) хуннулар багындырган жана алардын мамлекетинин курамына кирген «кюсше» аттуу (кытай транскрипциясында) журт баяндалат (Бичурин 1950, 1, 50). Башка булак- тарда «кюс-ше», «кин-ча», «хи- би-са» формаларында да кезигет. Энесайлык кыргыздар менен батыш тараптан (Иртыш) коңшу турушкан. Уйгур каганы Моюн Чурдун эстелигинде (751-жыл) кагандын түрк-кыпчактар мамлекетинде 50 жыл такта олтургандыгы баяндалат. Махмуд Кашгари кыпчактарды кыргыз, огуз, тухси, ягма, чигил жана чаруктар менен бирге таза түрк тилинде сүйлөгөнүн белгилейт. Кыпчактар мусулман жазма булактарында «кыфчак», «кыбчак», орус жыл баяндарында «половең» ,»половцы», батыш жазма булактарында «куман», «коман» формаларында эскерилет. «Кыпчак» этнокомпоненти кыргыздардын этногенезисинде өзгөчө ролго ээ. Таанымал түркolog-окумуштуу Н.А.Баскаков кыргыз тилинин калыптанып өнүгүшүндөгү кыпчак тилинин тийгизген таасирин өзгөчө белгилейт. Чындыгында эле, кыргыз тили түрк тилдеринин генеалогиялык классификациясында чыгыш хунну группасындагы өзгөчөлөнгөн кыргыз-кыпчак бутагына кирет. Бул факт кыргыз тилине орто кылымдардагы кыпчак тилинин тийгизген таасирин бекемдей алаары ырас. Кыргыз-кыпчак

этностук алакалары, болжолу, б.з.ч. III к. эле башталган. Бул процесс кыпчак урууларынын көчмөндөр дүйнөсүндөгү саясий-согуштук кубатынын өсүшүнөн улам күч ала баштайт. «Кыпчак» этнокомпоненти кыргыздардын курамына эрте орто кылымдар мезгилинде эле кирүүсү толук мүмкүн.

**Кыпчуур —** чок, чычала, көмүр кыпчып от салуу үчүн жалпак темирден жасалган кош жаактуу аспап. Эл ичинде кыпчуур аташ күрөк, кыпчуур ж.б. деп аталат.

**Кыргыздардагы ай эсеби.** Кыргыздар байыртадан убакыттын, мезгилдин өлчөмдөрүн өтө так эсептеп чыга алышкан. Чыгышта ай жана күн календары болгон. Кыргыз календары боюнча маалыматтар кытай жыл баяндарында эскерилет. Кытайдын Тан династиясынын жыл баяндарында кыргыздар жылдын башталышын «бао ши» же «баш ай» деп аташары жөнүндө маалыматтар бар. Көчмөн жана жарым көчмөн шартта жашоо образы, жогору даражада өнүккөн дыйканчылык маданияты абдан так суткалык, жумалык, айлык, жылдык эсептерди чыгарууну талап кылган. Кыргыздар бул так маалыматтарды жылдын мезгилдик, аба ырайынын өзгөрүүлөрүнө, жаратылыштагы кубулуштардан, элдик илим-билимдерден иргеп алышкан. Ай эсеби жана анын аталыштары жапайы аңдарга, кайберендерге байланыштуу келип чыккан. Жылдын башталышындагы ай эсеби жалган куран деп аталып, азыркы экинчи айга (февралга), ал эми жаңы жыл 11-февралга туура келет. Бул ай кийиктин (куран - кийиктин эркеги) бооз-кысыры билинбеген, арсар мезгили болот. Ай эсеби кыргыздардын байыркы тотемдик түшүнүктөрүн чагылдыруу менен бирге, аң уулоонун мезгилдик баскычтарын аныктаган. Ай эсебинин аталыштары: жалган куран, чын куран, бугу, кулжа, теке, баш оона, аяк оона (огоно - монгол тилдеринде кулжа, элик маанисин туюнтат), тогуздун айы, жетинин айы, бештин айы, үчтүн айы, бирдин айы.

**Кыргыздардын жана алтайлыктардын этномаданий байланыштары.** Кыргыздардын жана алтайлыктардын этногенетикалык жана этномаданий алакаларын изилдөөчү-адистердин монографиялык эмгектери, бул багыттагы тарыхый-лингвистикалык материалдар, элдик оозеки жана санжыралык маалыматтар ырастайт. Ата мекендик жана чет өлкөлүк окумуштуулар тарабынан классификациялык белгилери боюнча кыргыз тили алтайлыктардын (түштүк алтайлыктар) тилине теги жакындыгы аныкталып, түрк тилдеринин генеалогиялык бөлүнүүсүндө чыгыш хунну бутагындагы өзгөчөлөнгөн кыргыз-кыпчак тобун түзөрү иликтенген. Кыргыз жана алтайлыктардын (түштүк алтайлыктар) тилдик жалпылыгы таанымал кыргыз окумуштуусу Б.М.Юнусалиевдин эмгектеринде кенен чагылдырылган. Кыргыздардын жана алтайлыктардын тилин бириктирген белгилер жалпы негиздүү бир тилдик чөйрөдө, Алтай жана ага чектеш аймактарда өнүгүп, этностук жана тилдик жалпылыктар 1 миң жылдыктан кеч эмес мезгилдерде эле калыптанган Бул көз караштар соңку мезгилдердеги иликтөөлөрдө бекемделип келе жаткандыгын белгилөөбүз зарыл. Алтайлыктар тилдик, маданий-этностук өзгөчөлүгү жагынан айырмачылыгы бар эки топко бөлүнүшөрү маалым. Түштүк алтайлыктар: теленгиттер, алтай кижи, төөлөстөр, майма кижилер (маймалар); түндүк алтайлыктар: тубалар (туба кижи), челкандар (куу кижи), куманды, шорлор. Түндүк жана түштүк алтайлыктардын этнографиялык өзгөчөлүктөрү Саян-Алтайдын бир топ айырмаланган материалдык жана табигый географиялык шарттарында калыптанган. Түштүк алтайлыктардын этнографиялык өзгөчөлүгү, жашоо шарты көчмөн жана жарым көчмөн турмушка ыңгайлашса, түндүк алтайлыктар турмуш шарты көп кылымдар бою жөө жүрүп аңчылык жасоого, балыкчылык, кетмен дыйканчылыгы, жыйноочулук турмушка калыптанып калышкан. Алтайлыктардын эки тобунун ортосунда үй жана анын жасалгаларында, кийим-кечесинде, элдик оозеки чыгармачылыгында, көркөм

www.bizdin.kg

өнөрүндө, нрава, каада-салттарында, диний ишенимдеринде бүгүнкү күнү да кескин айырмачылыктар сакталып келет. Мындан сырткары, бул эки этнографиялык топтордо антропологиялык жактан айрым өзгөчөлүктөр бар экендиги илимде белгилүү. Этностук аталыштардагы, уруулук эн тамга белгилериндеги, материалдык жана руханий маданияттын үлгүлөрүндөгү параллелдер, элдик уламыш, санжыра жана жомоктордогу маалыматтар, жер-суу аттары ж.б. окшоштуктар кыргыздар жана алтайлыктардын түпкү тарыхый теги жалпы экендигин айгинелейт. Соңку жарым кылымда жүргүзүлгөн археологиялык иликтөөлөр Алтай, Теңиртоо жана Памир-Алайды мекендеген уруулардын тарыхы, маданий-этностук алакалары коло доорунан эле башталып, кийинчерээк скиф (сак) доорунда да улангандыгын Далилдеп койду. Андан соңку доорлордо Алтай жана Теңиртоо аймактары бир мамлекеттик түзүлүштөрдүн (Түрк каганаты) курамына киргени төгүн эмес. Кыргыздардын Саян-Алтай аймагын байырлаган уруулар, элдер менен болгон түз этностук алакалары б.з. 7-к. чектеринде, өзгөчө Кыргыз каганатынын үстөмдүк кылган мезгилдеринде тыгыз жүргөн. Саян-Алтай элдеринде айтылып келген байыркы болмуштар менен санжыраларда кыргыздар ушул аймактардын түптүү (автохтондуу) калкы катары каралат. Д.Г.Савинов энесайлык кыргыздардын маданиятынын Алтай жана Чыгыш Казакстандагы локалдуу варианттары теңир тоолук кыргыздардын (5 варианттын ичинен) тарыхый маданиятына олуттуу таасирин тийгизгендигин белгилейт. Борбордук Азияда (Түштүк Сибирь, Монголиянын аймактары) 6-кылымдан 13-к. 30-ж. чейин, өзгөчө 840-ж. белгилүү тарыхый окуялардан соң кыргыздар аталган аймактардын саясий-социалдык турмушунда, этностук-маданий процесстерде негизги ролду ойноп башташкан. Буга бүгүнкү тува, алтайлыктар, шор, хакас, моңгол ж.б. курамдарынан кездешкен «кыргыз» этнонимдери далил боло алаары шексиз. Мындан сырткары, бул кенен аймактан байыркы кыргыздар калтырган таш бетиндеги жазуулар, көптөгөн санжыра-уламыштар, жер-суу аттары бул маалыматтарды бекемдейт. П.Берков, Т.Абдракунов, Р.З.Кыдырбаева, Э.А.Абдылдаев ж.б. «Алып- Манаш» жана «Манас», «Эр Төштүк» жана «Маадай-Кара» эпосторуна салыштырмалуу иликтөөлөрдү жүргүзүшкөн. Эпостордун архаикалык катмары Борбордук Азиянын аймактары менен терең байланышкан жана дал ушул аймактарда кыргыз эпосунун негизи калыптана баштаган. П.Н.Берков «Манас» эпосун Алтай эпосунун соңку мезгилдеги өнүгүшү, анын уландысы катары караган. Бул маселеде кыргызтаануучу И.Б.Молдобаевдин изилдөөлөрү, илимий тыянактары бар. Автор өз изилдөөлөрүндө көтөрүлгөн маселени чечүүдө, аны жаңы сапаттык деңгээлде иликтөөдө эпостогу өтө кенен, бай тарыхый-этнографиялык маалыматтарга таянат. Автордун «Манас» эпосунун маалыматтарына таянган иликтөөлөрү кыргыз-алтай, жалпы эле Түштүк Сибирь Монголиянын этностук чөйрөсү менен болгон тарыхый жалпылыктарды, алакаларды аныктоодо оригиналдуу булак болуп калат. Эпостун толук варианттарында Жакып кырк үйлүү кыргыз менен Алтайга, калмактардын жерине сүрүлүп, ошол жерде Манас төрөлүп, чоңойгондугу өзүнчө салттык окуя болуп баяндалат. Ошондой эле «Чоң казат» (Чоң чабуул) сыяктуу негизги согуштук окуяда калмактарга каршы уруштар Алтай чөйрөсүндө өткөндүгүн байкоого болот. Эпостун тексттеринин мазмунунан Алтай мурда калмактардын мекени (Жунгария) болгондугу тууралуу айтылып жаткандыгын көрүүгө болот. Тарыхый жактан алганда, 13-к. I жарымында ойрот уруулары Алтай-Кангай (Батыш Монголия) тоолорунун этектериндеги аймактарга ооп келип, кыргыздардын чыгыш жагындагы коңшусу болуп калат. Эпостон төмөндөгүдөй саптарды кездештирүүгө болот:

...Алтайда арбын кыргыз деп, -
Карап калган жылкыны

www.bizdin.kg

Кагып-согуп айда деп...
...Алтайдан келген кыргыз деп,
Каңгайдан келген качкын деп,
Асыла берип атаке,
Калбагын тактан айрылып

*(«Манас», II китеп, 1988, 128, 166).*

Алтай аймагы эпосто Жакыптын адашып жашап турган жери катары да кеңири айтылат. Эпосто чагылдырылган конкреттүү топонимдер боюнча Жакыптын жердеген конуштары Теңиртоонун чыгыш бөлүгүндөгү аймактар экендиги ачык берилген. С.Исаев жана Ж.К.Сыдыковдор эпостогу 840 топонимге иликтөө жүргүзүшүп, Алтай - 153, Букар - 248, Бээжин - 934, Кең-Кол - 142, Талас - 653, Каңгай - 27, Иле - 22, Кең-Өзөн - 14, Лоп - 14, Кашкар - 36 ирет эскерилерин жазышат. Т.Абдракунов эпостогу Бээжин жана Каңгай топонимдеринин негизинде кыргыз урууларынын локалдашуусу, дастандагы негизги тарыхый окуялар жөнүндө өзүнүн жүйөлүү пикирин айтып келери маалым.

Эпосто Манастын туулган жери тууралуу:

Адамдын жетпес дабаасы,
Алтайдын Салкын-Суунда
Анда туулган неме дейт
Кыргыздын кыраан Манасы.
Эртиштын суун жердеген,
Эрегишкен адамдар
Эгерде аны жеңбеген...
...Өзү Алтайда туулду,
Билсең кадыр түн келди.
Бул Алтайдын түзүнө
Чоң кемеге оюлсун,
Уй менен төөң союлсун,
Калбай баары тоюнсун» - деген саптар айтылат.

Алтайлыктардын «Алып-Манашы» жөнүндө П.Н.Берков мындайча жазат: «...Алып-Манаштын сюжети (Кыргыз-хандын кызы Күмүжек-Аруу жана анын теги жөнүндө) солярдуу-мифологиялык мүнөзгө ээ болгон алтайлык кыргыздардын дастанын кандайдыр деңгээлде чагылдырат. Кыргыздар Теңиртоого журт которгондо ж.б. тарыхый шарттарда бул сюжет мифологиядан эпикага, кийинчерээк тарыхый окуяга өсүп чыккан. Алтайдагы «Алып-Манаш» Манас баатыр жөнүндөгү байыркы сюжеттин өнүгүүсүнүн экинчи этабы болуусу мүмкүн «Алып-Манаштагы» эскерилген Кыргыз-хан XVII к. чейин жашаган, түндүк алтайлыктарга салык салган, салык жыйнаган кыргыздар жөнүндөгү эстелик болуп саналат. Кыргыз княздары алтайлыктарды өздөрүнүн кыштымдары (түбөлүк салык төлөөчүлөрү) катары билишкен. Кыргыздардын жана алтайлыктардын ата-бабаларынын маданий-этностук алакалары Кыргыз каганаты саясий аренага чыга баштаган мезгилден тарта күч ала баштайт. Археологиялык маалыматтар боюнча, кыргыз маданиятынын алтайлык варианты болжол менен Тоолуу Алтайдын аймагы менен дал келет. Түндүк тараптан кыргыздар жана кимактардын чек арасы бүгүнкү Тоолуу Алтайдын түндүк тоо кыркалары аркылуу өткөн. Тоолуу Алтайда Энесай кыргыздарына таандык археологиялык эстеликтер бир топ санда учурайт. Алар түзүлүшү жагынан Хакас-Минусин ойдуңундагы чаатастарды элестетет. Бул жерде кыргыздар түрк-телелер (төөлөс) менен өз ара этностук-маданий алакада болушканы анык. Мөндүр-Соккондогу (Тоолуу Ал- тай) руникалык жазууда: «ал түрк»..., ал эми башка бир жазууларда: «Менин улуу агам..., баатыр жана атактуу кыргыз» деген маалыматтар бар Тоолуу Алтайдын батышынан (Карабөлих

көрүстөнү) өрттөп көмүү салты менен коюлган кыргыз жоокеринин көрүстөнү табылган. Бул эстелик кыргыз жапырыгынын (9- 10-кк.) мезгилине таандык. Б.Е.Кумеков жана К.Цегледининин тыянактарында Гардизинин кимак, тогуз-огуздар жөнүндөгү жазган маалыматтары 8-9-кк. таандык. Гардизи: «Теги славяндардан чык- кан кыргыздардын башчысы кимак жана тогуз огуздар жашаган бир аймакка келип туруп калды; тогуз-огуздардын ханы өз эли менен чырлашып кеткенде, огуздар анын (кыргыздын) бийлигине өтө баштаншты; ал баарына калыс, ырайым мамиле жасагандык- тан, эл бүтүндөй анын тарабына өтүп кетишти...» Автор жыйылган көп элге Кыргыз деген ат ыйгарылганын жазат. Бул архаикалык уламыш катары жазылганы менен, анын булак катары мааниси бар. Кубаттуу жана көп сандуу теле жана тугюлардын тукумдары болгон 9-10-кк. алтайлык түрктөр кыргыздардын мамлекетинин курамына киришти. Бул аймакта кыргыздар болгондугун руникалык жазуулардагы маалыматтар да ырастайт. Изилдөөчүлөрдүн пикирлеринде Алтай аймагына кыргыздардын айрым бөлүктөрү 9-к. чоң саясий күчкө ээ боло элекке чейин эле көчүп келүүлөрү мүмкүн. Мөндүр-Соккон деген жердеги жазуу эстелиги курман болгон кыргыз аскер башчысына, кагандын кеңешчисине арналып курулган. Д.Г.Савинов өзүнүн акыркы иликтөөлөрүндө энесайлык кыргыздардын Түштүк Сибирдеги жана Чыгыш Казакстандагы калтырган эстеликтери Чыгыш Теңиртоого чукул жерлерден табылып жаткан эстеликтер менен толук дал келерине токтолот. Кыргыздар көп сандуу, согушчан эл болушкан; хакастарда «хыргыстың хыргычы» - «кыргыз каармандыгы», калмактарда («хэргс») кыргыздар «каардуу», «жаалдуу» деген кошумча ат менен белгилүү болушкан». Саян-Алтайдын тоолуу-токойлуу аймагын мекен кылышкан түндүк алтайлыктар (шорлор, чулумдар, куманды, челкандар, тубаларлар), энесайлык кыргыздардын мурдагы кыштымдары түндүктөгү жашаган көчмөн-кыргыздардын катаал чабуулдарын бүгүнкү мезгилде да эскеришет. Түндүк алтайлыктардын элдик оозеки чыгармаларында кыргыздар басып алуучулар катары баяндалат. Кыргыздар бир жолу Лебедь (Куу) дарыясынын өрөөнүнүн жашоочуларына кол салышып, баарын кырып салышат. Бул элден үч гана бир туугандар: Күзөн, Шалганныг, Шакшылыг аман калышат. Бул балдардан бүгүнкү челкан жана тубалардын уруктары тарайт

Кыргыздардын Түштүк Сибирь элдерине үстөмдүгү шаман мифологиясында да чагылдырылат. Түндүк алтайлыктардын (челкан, тубалар, куманды) түшүнүгүндө көк асман (Көк Теңир) ээси Улгендин тогуз уулунун бири Кыргыз-хан деп аталган. Ал адамдардын үстүнөн башкы казылык милдетти аткарат имиш. Ал эми Тува шамандарынын эң күчтүү жана абройлуу колдоочу духтарынын бири «Кыргыс-ээрен» деп аталары жалпыга маалым. Түштүк-Сибирдин элдеринин уламыштарында кыргыздардын Алтайдан түштүккө көчүп өтүшкөндүктөрү, айрым элдерде жаратылыш кырсыгынан - топон суудан курман болушкандыктары баяндалат. Кыргыздардын Саян-Алтайды калтырып кетишкени жөнүндө сюжет элдик уламыштарда да чагылдырылат. Теленгиттердин элдик чыгармаларында кыргыздар Түштүк Алтайдын эң байыркы жашоочулары катары баяндалган. Талаа жерлерине кыргыздар арык казышып, суу алып чыгышат. Чыга баштаган дарактарды жердин мүйүзү катары түшүнүшүп, бир эле түндө Алтайдан түштүккө карай көчүп өтүшүптүр. Дал ушундай сюжеттеги кыргыздар тууралуу уламыштар шорлордо, хакастарда, чулумдарда сакталып келери маалым. Кызыктуусу, шорлор жана түндүк алтайлыктар, челкандар хакастарды азыр да «кыргыздар» деп аташары белгилүү «Илгери өткөн замандарда кыргыздар алтайлыктар менен чогуу жашашып, бир хандыкты түзүшкөн. Болжол менен алганда, мындан 300 жыл мурда тынымсыз согуштардан, түркүн кырсыктардан колунда бар адамдар көчө башташыптыр. Бөлүнүп көчүп кеткендер кыргыздар эле. Минерге аты жок, көчө албай тоодо

жашап калгандар алтайлыктардын элдик санжырасы боюнча «алтайлыктар» деп аталып калышыптыр». Кыргыздардын жана алтайлык- тардын өтө чиеленген этностук-маданий алакаларын акыркылардын курамындагы «кыргыз» этноними да чагылдырат. Бул энесайлык кыргыздардын алтайлыктардын этногенезине өтө активдүү катышкандыгын далилдейт. Уруу-урук, эл аталыштарындагы параллелдүүлүктөр жөнүндө түрколог Н.А.Баскаков майда жана ири уруулардын аталыштары тууганчылык жакындыктын далилдүү белгилери болуп эсептелерин жазат. Ушул топтогу тилдердин (тилдердин генеалогиялык жиктелүүсүндөгү кыргыз-кыпчак тобу жөнүндө) өзүнүн субстраты катары үлгүлөрү биздин күнгө чейин келип жеткен байыркы кыргыздардын Энесайдагы жазуу эстеликтеринде чагылдырылган диалектилери мисал боло алат. Тектеш эки элдин курамындагы этностук аталыштарга назар салганыбызда алардын басымдуу бөлүгүнүн байыркы түрк жана ага чейинки мезгилдерде (доорлордо) пайда болгондугу байкалат. Кыргыздардын жана алтайлыктардын курамдарындагы кыргыз, кыпчак, дөөлөс (төөлөс), тогуз, татар, азык, төрдөш, этнонимдери Орхон-Энесайдагы руникалык жазма эстеликтеринде өз алдынча уруулар, уруулук бирикмелер катары чагылдырылат. Аталган байыркы уруулар жана элдер кыргыздардын жана алтайлыктардын курамына этнокомпоненттер катары жуурулушту. Түштүк алтайлыктардын жана кыргыздардын курамдарындагы «мундуз» этноними эки элдин тарыхый жалпылыгын реалдуу түрдө чагылдырат. Аталган элдердин ири уруулук аталыштарында гана эмес, майда этностук аталыштардагы параллелдер илимий негиздүү мааниге ээ. Мисалы, кыргыздын мундуз уруусундагы коткор мундуз, зулум мундуз этнонимдери алтайлыктардагы «коткор мундус», «чулум мундус» урук аттары менен параллелдүүлүктөрү аныкталды. Төрдөш, коткор мундус, зулум мундус, көгөл (көк) найман, улаан, таздар, чакшылык, кабели (бугу) - кобалы, кебек, көбөк, тогуз (багыш) ж.б.у.с. бир катар этнонимдер эки элдин гана уруулук курамдарынан кездешет. «Манас» эпосунда кыргыз жана алтайлыктардын курамына жуурулушкан найман, (калың найман, орчун найман), дөөлөс, кыпчак ж. б. ири уруулар жөнүндө маалыматтар бар. Белгилүү аалым В.И. Вербицкий мундуз жана төөлөс урууларын (алт. сөөк) теги жөнүндө төмөндөгүдөй уламышты жазып алган: «Чоң согуштан кийин кырылган элден бир гана кыз аман калат. Ал кыз жамгыр жаап өткөндөн соң, мөндүр менен чогуу жаткан эки данды жеп коет. Ошондон боюна бүткөн кыз адамдар жашаган жерди таап, көз жарат, аларга Мундус деп ат коет. Кийинчерээк турмушка чыккан кыз дагы бир эркек бала төрөйт. Үч бир тууган эр жетип, менчикти бөлө турган мезгил келип жетет. Энчи бөлүшкөндө бир төө ашып калат экен. Эң кенжеси: «Төөнү кайтарып, баккан мен болсом, эмне үчүн аны мага бербейсиңер!» - дегенде, атасы: «Сенин тукумуң Төөлөс аталсын!» - деп айтат. Ашыкча кой сураган ор- тончу уулу «Коткор Мундус» деген ат алат. Үчүнчү бир тууганы: «Атаке! Мага сенин батаң эле керек, мен ошого ыразымын!» - дегенде атасы: «Сен чыныгы Мундус бол!» - деп айтыптыр. Мундус жана төөлөстөр мөндүрдүн, чагылгандын жана жамгырдын ээсине курмандык чалып турушат. Кыргыз санжыраларында төөлөс, мундуз, найман, кыпчактар эң байыркы уруулар катары баяндалат. Илимий экспедиция учурунда (2003-ж) Оңгудай аймагындагы төөлөс, кыпчак, найман (майман) урууларынын өкүлдөрү жашаган айылдарда болуп, баалуу маалыматтарды жыйнадык. Кыргыздардын жана алтайлыктардын уруулук аталыштарындагы жалпылыктар да этногенетикалык алакаларды чагылдырат. Төмөндө этнонимдердеги параллелдүүлүктөрдүн жалпы тизмеси берилди: кыргыз - кыргыз (алтай кижи), саруу - жети сары (алтай кижи), саруу - сарык, жарике (саяк) - йарык (алтай кижи), кабели (бугу) - кобалы (алтай кижи), мурат (басыз, саяк, чекир саяк) - мерет (алтай кижи), найман - найман (алтай кижи), азык (төрт тамгалуу азык уруусу) - төрт ас (теленгит), кара найман

(найман) - кара найман (алтай кижи), моңолдор - могол (алтай кижи), могол (оргу) - могол (алтай кижи), меркит (дөөлөс) - меркит (алтай кижи), муркут (дөөлөс) - меркүт (алтай кижи), коткор мундуз (муңдуз) - кочкор мундуз (алтай кижи, туба кижи), туба (сарuу) - туба кижи, мундуз - мундус (алтай кижи, туба кижи), зулум мундуз (мундуз) - чулум мундуз (мундус), чулум кашка (дөөлөс) - чУлум мундус (мундус), сакалды (кушчу) - сагал (алтай кижи, теленгит), төрт таз (солто) - дорты (теленгит), сарттар (адигине уруулук тобундагы уруу) - сарт (алтай кижи), чулман (дөөлөс) - ман (телеут), кара тон (жедигер) - тон (алтай кижи), кара чоро (генеоним) - чорос (алтай кижи), дөөлос (төөлөс) - төөлөс (теленгит), ак тонду (басыз) - тон (куманды), улаан (коңурат) - улаң (куманды), кебек (дөөлөс) - көбөк (телеут), кара сакал (баргы) - кер сакал (куманды), калдар (тейит) - каал (алтай кижи), кураң найман (найман) ~ элик (алтай кижи), туума тукум (найман) — тумат (алтай кижи, телеут), тогуз (багыш) - тогус (туба кижи), татар (муңгуш) ─ татар (алтай кижи), таздар (нойгут) — тастар (куманды), төрдөш (кытай) - төдөш (алтай кижи), кара төөдөш (алтай кижи, телеут), жакшылык (бугу) - чакшылык (куу кижи), көкө найман (найман) - көгөл найман (найман), байат (тейит) - байат (теленгут), ак кийиз (саруу) - кийис бөрүк (туба кижи) ж.б.у.с. Кыргыздардын жана алтайлыктардын (түштүк алтайлыктар) түрк тилдеринин генеологиялык классификациясындагы өзгөчөлөнгөн кыргыз-кыпчак тобуна кириши эки элдин этногенезиндеги кыпчак элементин чагылдырат. Буга мисал катары эки элдин курамында- гы эң ири деп эсептелген кыпчак уруулары далил боло алаары шексиз. Этнонимдик параллелдер кырыздардын жана алтайлык- тардын түпкү жалпылыгын аныктайт. Бул жалпылыктар тилдик маалыматтар менен да бекемделет. Таанымал иликтөөчү Н.А.Бас- каков 12-14-кк. чектеринде типологиялык жана негизги өзгөчөлүгү жагынан кыргыз тили кыпчакташуу процессин башынан өткөргөн деген илимий тыянакты айтат. Диний ишенимдерден да жалпылыктарды байкоого болот. В.В.Радлов XIX к. II жарымында (1862- ж) кыргыздардын арасында болуу менен бирге, аларга ислам дини толук тарай электигин, шаман динине, ата-бабалардын арбагына, жаратылыштын кубулуштарына көбүрөөк маани берилерин жазат. Кыргыздардын бугу уруусунун сыйынган тоолору Күңгүрөмө, Чолпон, (С.М.Абрамзондо - Чолпон-Ата), Алабашы-Ата ж.б. болгон. Алтайлыктарда, хакас, тува, шорлордо тоо-ташка сыйынуу, обоо таштарды орнотуу, түлөө өткөрүп, курмандык чалуу, алардын диний-философиялык түшүнүктөрүндөгү өзгөчө ритуал болгон. Памир-Алай тоо кыркаларындагы ашууларда курулган обоо таштар, таш менен курчалган дөбөлөр кездешет. Ал жерлерден эчки-текенин, койдун ж.б. жаныбарлардын мүйүздөрүн, жерге сайылган союлдардан топоздун байланган куйруктарын, түрдүү кездемелерди учуратууга болот. Бул ыйык тоолор үчүн атайын курмандык чалууларды туюнткан. Бул байыркы диний салт бүгүнкү күндөргө чейин жашап келет.

Алтайлыктардын жана кыргыздардын тамак-аштарында, аны жасоо ыкмаларында, терминологиясында өтө көп аналогдор сакталып келет. Сүт, ун, эт азыктарынан тамак-аш жана суусундуктарды даярдоодо жалпы, бирдей ыкмалар колдонулган. Мисалы, быштак айран, курут, сүзмө, каймак ж.б. Кымыз эки элдин байыртадан даярдалып келген чыныгы элдик суусундугу болуп эсептелет. Тан династиясынын (7-10-кк.) жыл баяндары Саян-Алтай урууларында кымыз суусундук жана мас кылуучу ичимдик катары пайдалангандыгы баяндалат. Сыйлоо учурунда кымыз ичкен адамдар бирин-бири теке маңдай олтуруп алып ырдашкан. Кымыздан жасалган арак эки элде эзелтеден эле белгилүү. Алтайлыктарда өзгөчө сүттөн (чеген) жасалган арак кеңири тараган. 20-к. алтайлыктардын негизги суусундуктары кымыз, сүттөн жасалган арак чеген жөнүндө В.И.Вербицкийдин жазган маалыматтары бар. В.В.Радлов да

алтайлыктардын жашоо образы, тамак-ашы, каада-салты боюнча өтө кызыктуу маалыматтарды жазат: «Кыргыздардын укмуштуудай даамдуу даярдалган кымызынан соң, алтайлыктардын чегенин иче албай койдум». Кыргыздардын жана алтайлыктардын сүт азыктарынан башка эң негизги тамагы жылкынын эти болгондугу маалым. Кыргыздарда койдун, жылкынын, уйдун эти өзгөчө бааланган. Эт азыктары эки элдин рационунда сезондук мүнөзгө ээ болгон. Эт өзгөчө күзүндө жана кышында тамак-ашка көп колдонулган. Эт азыктарынан тамак-аш даярдоо ыкмаларында да жалпылыктар кездешери илимий адабияттарда чагылдырылып келет. Дан азыктарынан (буудай, таруу ж.б.) да түрдүү тамак-аш даярдалган. Кыргыздарда жана алтайлыктарда ун азыктарынан нан, көмөч нан, боорсок, катырма (чокто даярдалган нан), көжө, тал- кан, көмкөрмө, кесме ж.б.у.с. тамак-аштар белгилүү болгон.

**Кыргыз-буруттар.** Астрахан ногойлорунун (Россия Федерациясы) ичинде алабугат деп аталган субэтностун курамындагы уруктун аталышы. Маалыматтарда (И.Георги, Т.А.Трофимов) «кыргыз-буруттар» 1758-ж. калмактардын акыркы толкуну менен кел- гендиги айтылат. 1782-ж. «увачалык буруттатарларда» жүргүзүлгөн каттоодо калмактардан бөлүнүп чыккан кыргыз-буруттардын саны 350, анын ичинде утар-алабугаттардын курамында 200, калгандары болсо ногой-карагаштардын курамдарына жуурулушту. Акыркылар ногой-утарлардын ичиндеги эң сыйлуу, ак сөөк «кыргыз» уругун түзүшөт.

**Кыргыз жазуусу** - Борбордук Азияда жана Саян-Алтайдагы эң байыркы жазма маданияты. Бул жазуу маданияты рун сымал жазуулар деп аталып жүрөт. Изилдөөчүлөр бул жазууну 5-к. тартып, 18-к. баш чендериндеги Энесайдагы Кыргыз мамлекети кулаганга чейин колдонулгандыгын белгилешет. Кыргыз жазуулары негизинен эпитафиялык таш эстеликтерде, шынаа сымал тактайчаларда идиш-аяк ж.б. буюмдарда сакталып келет. Кыргыз жазууларынын таралган ареалы өтө кенен аймакты (Хакасия, Тува, Тоолуу Алтай, Красноярк крайы, Монголия, Талас, Кочкор) кучагына камтыйт. Бул Кыргыз мамлекетинин жана маданиятынын таралган алкагы менен толук дал келет. Аталган жазуу маданияты болжол менен кыргыздардын негизги бөлүгүнүн Хакас-Минусин, Тува ойдуңуна журт которуусунан соң өнүккөн. 38 тамгадан турган алфавит жана иштелип чыккан жазуу системасы эрте, өнүккөн, соңку доорлордогу кыргыз тилинин, Кыргыз каганатынын мамлекеттик расмий иш-кагаздарын жүргүзүүнүн керектөөлөрүн толук канааттандырган. Байыркы кыргыз тилиндеги кыргыз жазуусунун өнүгүүсү басаңдай баштаган. Ал 18-к. баш чендерине чейин энесайлык кыргыздар колдонушкандыгын орус булактары кыйыр кабарлайт. Ал эми батышта, тагыраак айтканда, алатоолук кыргыздар бул мезгилде араб арибин пайдаланып калышкан. Унутулуп калган сырдуу кыргыз жазуусу жана аны чечмелеп окуп чыгуу шыбагасы европалык атактуу окумуштуулар В.В.Радлов жана В.Томсендердин энчисине туура келген. Эки кылымдан ашуун ориенталистерди кызыктырып келген бул жазуу системасынын келип чыгышы, анын кайсыл элге, маданиятка таандык экендигине илимий негиздүү аныктама берилген. Дүйнөлүк илимде аты бар окумуштуулар В.В.Радлов жана В.Томсен бул жазуу кыргыздарга таандык деп далилдеп чыгышты.

Андан соң атактуу түркolog С.Е.Малов, тарыхчы, кыргызтаануучу С.В.Киселев бул аныктамалардын тууралыгын дагы бир ирет илимий далилдешти. Соңку мезгилдерде кыргыз тарыхчылары бул илимий негиздүү багытты өнүктүрүүдө өз салымдарын кошуп жатышат. Энесай чөлкөмүндөгү жазуулар Орхондогу рун сымал жазуулардан кээ бир грамматикалык ж.б. өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат. Ошону менен бирге, кыргыз жазуусу Орхондогу түрк жазуу системасынан бир канча эрте пайда болгондугу илимде эбактан белгилүү.

Энесайдагы, Таластагы, Кочкордогу жазуу системасы негизи бир кыртышта өнүккөн. Элдик тилдин жана мамлекеттин керектөөлөрүн толук канааттандырган кыргыз жазуусу эл аралык дипломатиялык алакаларда да колдонулгандыгын кытай жыл баяндары эскерет. Өзгөчө Кытайдын Тан династиясы (618-906-жж) менен Кыргыз каганатынын ортолугунда өтө тыгыз дипломатиялык алакалар жүргөндүгүн жазма булактар чагылдырат (караңыз: Кытай императорлорунун кыргыз кагандарына жазган каттары. 3 -2003). Мусулман булактары да (Абу Дулаф, 10-к.) кыргыздарда өз жазуусу болгондугун кабарлайт. Илимде руна сымал деген ат менен кирип калган бул жазуу системасын, алфавитин кыргыздар өздөрү ойлоп таап, өнүктүрүшкөндүгүн ташка чегилген жазуулар- дагы маалыматтар, адам аттары, өзгөчө эн тамга белгилери далил- дей алат. Соңку мезгилдеги жүргүзүлгөн иликтөөлөрдө кыргыз эн тамгалары менен кыргыз жазуусундагы алфавиттердеги этногенетикалык жалпылыктар аныкталды. Кыргыздар бул жазуу системасын иштеп чыгууда уруулук эн тамга белгилерин колдонушкан. Бул ачылыш мурдагы илимдеги рун сымал жазуулар арамей, андан соң согду жазууларынын негизинде калыптанган деген көз караштыы четке кагат.

**Кыргыз кагандыгы** - Энесай дарыясынын боюнда Мөңгүсуу (Минусин) өрөөнүндө 5-к. пайда болуп, 13-к. башына чейин жашаган Борбордук Азиядагы ири мамлекет. Кыргыз кагандыгынын жигердүү ички жана тышкы саясаты 7-к. баш чендеринен башталат. Дал ушул мезгилден Мөңгү-Суу ойдуңунан Чулумдун жогорку агымына чейин кыргыз маданиятынын эстеликтери тарай баштайт. Түрктөр, андан соң жужандардын мамлекети талкалангандан соң, кыргыздар көз каранды эместикти жеңип алышкан. 554-555-жж. Мухан каган түндүктө «Цигу» (кыргыз) падышалыгын жеңип, баш ийдиргени айтылат. 583-ж. кыргыздар Борбордук Азиянын саясий иштерине жигердүүлүк менен катыша баштайт. «Түрктөрдөн түндүктө жашаган цигулар (кыргыздар) өч алуу үчүн өз мүмкүнчүлүктөрүн күтүп жатышканы» жазылган. 629-ж. чейин көз каранды эместигин сактаган кыргыздар Сейяньто уруусу башында турган теле (телес) уруулук каганынын «Эне-Сайда» өзүнүн жогорку башкаруучусу болгон. Арийне, номиналдуу мүнөзгө ээ болгон вассалдык абал узакка созулган эмес. Ушул мезгилде болочоктогу күчтүү Кыргыз мамлекетинин административдик-башкаруу түзүлүшү калыптана баштаган. Кыргыз мамлекетинде кагандын үч башкы министри болгон; алар Гйеси-бей, Гюйшабо-бей, Ами- бейлер эле. Болжолу, дал ушул мезгилде кыргыздардын оң, сол жана ичкиликтер уруулук топторунун негизи калыптанып бүткөн. Борбордук Азияда жана ага жамаатташ жерлерде түрк уруулары Тан Династиясына (7-10-кк.) моюн сундурулган соң, бул мамлекеттин таасири күчөй баштайт. 632-ж. кыргыз каганына Ван И- Хун Жетектеген Тан императорунун элчилиги келет. 648-ж. кыргыз элтебери (Сылифа) Шибокюй Ачжан Кытай (Тан) императору Тайцузундун кабылдоосунда болгон. Император «жогорку даражалуу мейманды өзгөчө маанилүү деңгээлде тосуп алып, сол канаттын ардактуу гвардиясынын генералы ж.б. титулдарын ыйгарган». Кытайлар көчмөн башка урууларга, элдерге каршы күрөшүүдө кыргыздардан күч-кубаттуу, туруктуу союздашын көрө алышкан. Кыргыздар өз кезегинде саясий-дипломатиялык алакалардан сырткары, соода-сатык мамилелерине (жибек, фарфор ж.б.) кызыктар болушкан. 653-ж. кыргыздар белгисиз бир себептер менен туткундалган уруулаштарын бошотуп алууга белек-бечкектери менен келишкени баяндалат. 682-ж. II Чыгыш Түрк кагандыгынын калыбына келиши менен бирге, кыргыздар Борбордук Азиядагы үстөмдүк үчүн түрктөргө каршы түзүлгөн коалицияга кошулат. Түрк каганы Капаган кыргыздардын башчысынын каган титулун таануу менен бирге, Кутлуг Элтерес кагандын кызын берүүгө аргасыз болгон. 710-жылдан 711-жылга

караган кыш мезгилинде Тоң-Йокук, Күл-Тегин, Могилян (Билге каган) жетектеген кошуун Орхон тараптан Көгмөн тоосун ашып, Эне-Сайга кол салгандыгы маалым. Урушта кыргыз каганы Барс-бек курман болуп Кыргыз Кагандыгы көз каранды болуп калган. Бирок, Түргөш, Тан (Кытай) өлкөлөрү менен тыгыз байланышта болгон Кыргыз кагандыгы бат эле көз каранды эместикке жетишкен. 731-ж. канзаада Күл-Тегиндин ашына кыргыз каганы Тардуш Ынанчу-Чор өз элчисин жибергендиги маалым. 744-ж. II Чыгыш Түрк кагандыгы кулатылып, уйгурлардын төбөлү Баян-Чор (Мояньчжо) такка олтурган (745-759). Селенгадагы табылган таштагы Баян-Чорго арналган жазууда анын Кыргыз кагандыгынын аскерине каршы 750-751-жж. согушкандыгы, аны 758-ж. жеңип алгандыгы айтылган. 8-9-кк. Кыргыз кагандыгы менен арабдар, тибеттиктер жана кытайлардын ортосунда соода байланыштары болгон; карлуктар менен союздаштык алакалар орногон. 820-840-жж. кыргыздар менен Уйгур кагандыгынын ортосунда согуш башталат. 840-ж. жут, ачарчылык уйгурларды өтө алсыратып салган. Кыргыздар уйгурлардын Орхон суусунун боюндагы борбору Ордо-Балыкты 100 миң колу менен басып алган. Айрым уйгур уруулары кыргыздар тарапка өткөн. 9-к. орто чени, 10-кылым мезгили илимий адабияттарда «Улуу Кыргыз дөөлөтүнүн мезгили» деп жазылып жүрөт. 904-ж кыргыз аскерлери чыгышта Ли Кэ-юн баштаган чыгыш түрктөрдүн колуна кошулуп, Тан династиясындагы такты талашуу күрөшүнө катышкан. Түштүк Сибирь, Монголия, Байкал боюнун бир кыйла бөлүгү, Иртыш дарыясынын бою Кыргыз кагандыгына баш ийген, кыргыздардын батышка журт которгон топтору Кашкар, Ысык-Көл, Талас, Кочкорго чейин жеткен. Муну соңку археологиялык табылгалар, илимий иликтөөлөр да тастыктайт. Ушул мезгилде Кыргыз кагандыгы Азиядагы күч-кубаттуу жана ири мамлекетке айланган. Өтө зор аймакты кармап туруу үчүн чарбалык- экономикалык өбөлгөлөр, саясий күчтүү бийлик болгондуктан мамлекет бытыранды боло баштаган, айрым аймактарда кыргыздар таптакыр азчылыкты түзүп калышкан. 10-к. Кыргыз кагандыгына Түштүк Сибирь, Алтай, Түндүк Батыш Монголия гана баш ийип калган. Чыгыш Түркстанда, Теңиртоодо калган кыргыздар карлуктардын, кийнчерээк Караханийлер мамлекетинин, Турпанда Уйгур Идикутунун, Жунгариядагы көчмөн түрк уруулар биркмелеринин курамына киришкен. 11-12-кк. кыргыздардын ээлигинде Саян-Алтай аймагы гана калган. Эне-Сайдагы кырыздар менен Теңиртоо багытындагы кыргыздардын байланышын найман, андан соң, кара кытай (кара кидан) чабуулдары биротоло ажыратып салган. 1207-ж. Чыңгыз хандын тун уулу Жучу Эне-Сайдагы Кыргыз кагандыгына багыт алганда кыргыз башкаруучулары (иналдары) өздөрүнүн вассал экендиктерин билдиришкен. 1218-ж. тумат-кыргыз көтөрүлүшү басылгандан соң, Кыргыз кагандыгы жоюлган. Изилдөөчүлөрдүн далилдөөлөрүнө караганда, Кыргыз кагандыгы 360 жыл бою көз каранды эместигинен (суверендүүлүк) айрылган эмес.

***Ад.:*** *Бутанаев ВЛ., Худяков Ю.С. История енисейских кыргызов. -Абакан, 2000; Бутанаев В.Я., Бутанаева И.И. Эне-Сай кыргыздары: фольклор жана тарых.- Б.: 2002 ж.б.*

**Кыргыздардагы мезгилдин (күн-түн, бир сутка) бөлүнүшү.** Кыргыздар байыртадан убакытты бөлүштүрүүнүн так эсебин иштеп чыгышкан. Бир суткадагы убакыт өлчөмү 33кө бөлүнгөн: 1) таң каракчы; 2) таң дүмпөйүү; 3) таң куланөөк; 4) таң кылаюу; 5) таң аппак атуу; 6) күн чыккан; 7) күн тоо-тоонун башына тийген; 8) күн көтөрүлгөн; 9) күн текши тийген; 10) шашке; 11) улуу шашке; 12) жалган түш; 13) чак түш; 14) түш кыя; 15) түш оогон; 16) сарт бешим; 17) кыргыз бешим; 18) ала көлөкө; 19) намаздигер; 20) күн батар; 21) күн батканда намаз шам; 22) бүүрүл - киши таанышар-таанышпас; 23) эл аягы басыла;

24) намаз куптан; 25) тамак ичер; 26) тамакты текши ичкен, эл жатар; 27) эл текщи жатканда; 28) уйкуга киреrде; 29) текши уктаганда; 30) Түн ортосуна жакын; 31) түн ортосу; 32) түн ортосу оогондо; 33) таңга жакын, зоор жана насыпай атым, бээ саам, жарма бышым эт бышым, жарым күн, түш жарым, жарым түн, бир күн, күнү, түн ж.б. убакытты бөлгөн.

***Ад.:*** *Солтоноев Б.:Кыргыз тарыхы.Б.:2003.*

**Кыргыздардын музыка аспаптары** - кыргыз элдик музыка маданиятында байыртан келаткан өзүнчө үнү, аткаруу ыкамалары бар белгилүү ыргактагы жана туруктуу бийиктиктеги добуштарды чыгаруучу аспаптар. Кыргыздар кылымдар бою колдонуп келген музыкасын аспаптардын көпчүлүгү бизге жеткен жок. Аларды биз түрдүү мезгилдерде жазылып калган тарыхый эмгектерден, оозеки чыгармалардан, музыка изилдөөчүлөрдүн маалыматтарынан билебиз. Алардын тизмеси улам узарып барат, айрымдары кайрадан колдонулуп да жатат. Музыкалык аспаптар жар чакырганда, аскердик сигналдарды берүүдө, аң үркүтүүдө, оюн-зоок, той-тамашаларда ж.б. ыр-күүлөрдү аткарууда пайдаланылган. Алар үйлөнмө (чоордун түрлөрү, керней, сурнай), какма (ооз комуз), чертме (комуз), кылдуу тартма (кыл кыяк), урма (добулбас) болуп бөлүнөт.

**Кыргыз тили** - Кыргыз Республикасынын түптүү калкынын, Кытайдагы, Өзбекстан, Тажикстан, Казакстан, Каракалпакстан, Афганистан, Түркия, Россияда жашап жаткан кыргыздардын эне тили. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили. Бул тилде мамлекеттик иш-кагаздар, телерадио берүү, гезит-журнал, илимий басылмалар, илим-билим тармагы, башталгыч, орто, жогорку окуу жайлардын окуу китептери, жардамчы окуу каражаттары, жалпысынан алганда, коомдун бардык тармактарындагы иштер жүргүзүлөт. Кыргыз тилинде учурда үч жарым миллиондон ашуун адам сүйлөйт. Кыргыз тилин шарттуу түрдө байыркы, орто жана жаңы кыргыз тилине бөлүүгө болот. Байыркы кыргыз тили - б.з.ч. 3 к. - б.з. 10-11-кк. чейинки кыргыздар колдонгон тил. Бул тилдин үлгүлөрү Хакасиядагы, Тувадагы, Тоолуу Алтайдагы, Монголиядагы, Таластагы, Кочкордогу жазуу эстеликтеринде сакталып калган. Жазуу эстеликтери Орхондогу жазуу эстеликтеринен эрте пайда болуп, архаикалык мүнөзгө ээ. Айрым фонетикалык, грамматикалык, структуралык өзгөчөлүктөргө ээ. Орхон түрктөрү өз жазуу системасын түзүүдө байыркы кыргыздардын жазуу маданиятындагы тажрыйбаны пайдаланышкан. Б.Б.Радлов, В.Томсен, С.Е. Малов сыяктуу окумуштуулар өз кезегинде эле бул жазуу системасы кыргыздарга таандык экендигин өз изилдөөлөрүндө, андан соңку жарык көргөн эмгектеринде далилдешкен. Бул жазуу системасы ошол учурдагы кыргыз тилинин, мамлекеттик иш-кагаздарынын, пломатиялык алакалардын талабына толук жооп берген. 10-к. саясий-согуштук кырдаалдар, согуштук аракеттер, миграциялар, кыргыз тилинин эволюциялык өнүгүүсү бул жазууга өз таасирин тийгизген. Энесайлык кыргыздар бул жазуу системасын жаңы доорго чейин пайдалана беришкендиги ырас. Изилдөөчүлөрдүн илимий далилдерине караганда 5-10-кк. кыргыз тилинин негизи бүгүнкү сары югурларда (сары уйгурлар), лобнорлуктарда сакталып калган. 11-12-кк. монгол чабуулунан соң, андан соңку ислам дининин таасири менен кыргыздар араб арибин пайдаланууну өздөштүрүшкөн. Дал ушул мезгилден кыргыз тилине ислам дининин, кошуна жашаган түрк-иран тилдүү элдердин таасири астында иранизм, арабизм лексикалары кире баштаган. Айрым изилдөөчүлөрдун тыянагы (Н.А.Баскаков) боюнча кыргыз тили 10-к. тартып кыпчак тилинин таасирин күчтүү ала баштаган. 10-13-кк. тарыхый кырдаалдардын соңунан энесайлык жана теңиртоолук кыргыздардын тилдери өз алдынча өнүгө баштаган. Энесайдагы кыргыздардын тили 1703-ж. чейин өз алдынча өнүгө берген. Бул кыргыздар

Жунгарияга сүрүлгөндөн соң, энесайлык кыргыздар өз алдынча этностук өнүгүү негизинен ажырап калышкан. Ошол кыргыздардын тили бүгүнкү хакастардын, тувалардын, шорлордун, карагастардын, түштүк алтайлыктардын тилдеринин калыптанышына башкы ролду ойноду, энесайдагы кыргыз тили кийинки жашоосун улантты. Теңиртоодогу кыргыздардын тилинин өнүгүүсү улана берген. 19-к. Молдо Кылыч, Молдо Нияз, Тоголок Молдо ж.б. араб ариби менен кыргыз тилинде өз чыгармаларын жарата алышты. Чагатай жазуу маданиятынын таасирине карабастан, кыргыздарда өз жазуу маданияты өнүгө берди. Муну бүгүнкү кытайлык кыргыздардын араб арибине ыңгайлашкан жазуу маданиятынан көрүүгө болот. Араб арибинде Осмоналы Сыдык уулу өз эмгектерин жарата алды, төңкөрүштүн соңку жылдарындагы гезит-журналдар, алгачкы алиппелер буга мисал боло алаары анык. К.Тыныстанов, И.Арабаев, Б.Солтоноев ж.б. илим адамдары өз илимий эмгектерин араб ариби, андан соң латын, кийинчерээк кириллицага негизделген жазуу менен даярдашкан. Жаңы кыргыз тили төңкөрүштөн кийинки мезгилде биротоло калыптана баштады. Кыргыздын алгач араб арибине, латынга, андан соң кириллицага негизденген адабий тили, улуттук интеллигенция, окуу-маданий, улуттук искусство борборлору калыптана баштады. Алгачкы илимий басылмалар жарыкка чыкты, мамлекеттик стандарттагы атайын окуу китептери, окуу куралдары, адабий чыгармалар баслып чыга баштады. Учурдагы кыргыз тили өнүгүү жолунда. бүгүнкү илимий-техникалык ж.б. керектөөлөрдүн бардык талап тарына жооп берген, өнүгүп жаткан улуттун тили.

**Кыргыздардын жана тувалардын этномаданий байланыштары.** Адамзаттын байыркы доордон бүгүнкү мезгилге чейинки узак өнүгүү тарыхында түрдүү этностук жалпылыктардын калыптануу процесси, өнүгүүсү, кулашы, бир этностук жалпылыкты экинчи бир этностук жалпылыктын алмаштырышы тынымсыз жүрүп келет. Тарыхый аренада б.з.ч. 3-к. белгилүү болгон кыргыздар атал- ган аймактардын этностук тарыхына, этногенезине, маданиятына узак мезгилдин аралыгында таасир тийгизгендиги, өз кезегинде жергиликтүү этнокомпоненттерди курамына сиңиргендиги далил боло алаары шексиз. В.И.Козлов мындай деп жазат: «Этностук жалпылыктын биринчи тиби болгон алгачкы коомдогу урууларда - аймак (территория) «ата мекен», «ата-журт» маанисинде эмес, жашоонун негизги өбөлгөсү болгон табигат менен байланышкан жашоо шартын аныктаган. Уруунун (уруктун) мүчөлөрүн негизинен аймак же тил эмес, жалпы бир тектен тарагандык байланыштырган». Алгачкы коомдогу уруулардын жер которуусу алардын этностук бир бүтүндүгүнө зыян келтирген эмес. Уруулук түзүлүштүн жана уруулук идеологиянын (ата-бабалар культу) өнүгүүсү, жарым отурукташууга өтүү менен бирге, ошол территория (аймак) уруулук культтар жайгашкан «ата-бабалардын жерине айлана баштайт». Кызыктуусу, кыргыздардын түшүнүгүндө Саян-Алтай жана Теңиртоо бир эле учурда «ата-бабалардын» жери деп аталары маалым. Саян-Алтай түрктөрүнүн фольклорунда, тарыхый лексика- сында, этнонимиясында, топонимиясында, антропонимдеринде кыргыздар менен өтө тыгыз жалпылыктар бар. Кыргыз-тува тарыхый-этностук, маданий байланыштары тууралуу айрым гана иликтөөлөр белгилүү. Эки элдин алакалары боюнча С.М.Абрамзон, С.В.Вайнштейн, Л.И.Иотапов, В.И.Дулов, В.П.Сердобов. И.В.Молдобаев ж.б. өз эмгектеринде учкай кайрылып кетишет. Тувалардын тарыхындагы «Кыргыз каганатынын» мезгили «История Тувы» деген китепте да чагылдырылат.

Байыркы мезгилдерден (6-7-кк.) азыркы Туванын этностук курамы бир кылка болгон эмес. Бул жерлерде жана ага жамаатташ аймактарда чыгыш теги жагынан, тили боюнча жакын уруулар көчүп-конуп жүрүшкөн. Тувалардын байыркы

бабалары болгон теле же гаогюйлар кытай жыл баяндарында өздөрүн хуннулардын тукумдары деп эсептешкени чагылдырылат. Теле - өз алдынча ири уруулук конфедерация болгондугу белгилүү. «Тува» - байыркы «дубо-тубо-туба» этностук аталышынын фонетикалык айрым өзгөрүүгө учураган формасы. Байыркы этнонимдин кыргыздарда тубай (саруу), төбөй, туума тукум (найман), туума кашка (саруу) ж.б. параллелдери бар экендиги маалым. Археологиялык маалыматтар боюнча, 3-6-кк. Саян-Алтайда бир нече маданий очок- тор жашаган. Булар байыркы эрте кыргыз, эрте төөлөс, эрте кыпчак элементтери болгон. Кытай жыл баяндарында туболор (дубо) уйгурлардан түндүктө, кыргыздардан чыгышта жашаары айтылат. Дуболордун жери түштүктө Косогол көлү менен чектешкен Тувалардын ата-бабаларынын аталган этностук бирикмелер менен алакаларын уйгур-ондор, туба, кыргыс, толанко (теленгит) урууларынын бүгүнкү күндө сакталып калышы далилдей алат. Мындан сырткары, Тувада чик жана аз уруулары (7-9-кк.) да көчүп-конуп жүрүшкөндүгү маалым. Ал эми тува элинин энчилүү аты болуп калган «дубо» этноними б.з. 5-к. Вей жана Суй династияларынын жыл баяндарынан белгилүү. Көпчүлүк иликтөөчүлөр «дуболор» этностук жактан самодий тилдүү болушкандыгын, кийинчерээк түрктөшкөндүгүн белгилешет. Башка этностук компоненттерден «ач» жана «тогуз татарларды» белгилеп кетүүгө болот. С.В.Киселев «ач» урууларын 7-8-кк. Июстан Уйбатка (Минусин) чейин аймактарды байырлаган кыргыздардын бир бөлүгү деп жазат. Бул пикирди башка иликтөөчүлөр да колдоп келишкени маалым. 820- 840-жж. кыргыздар Уйгур каганатын талкалап, азыркы Туванын аймагы Кыргыз каганатынын курамына кирип калат. Хакас-Минусин, Туванын аймактары каганаттын мамлекеттик түзүлүшүнүн өзөгү болгон алты багка (аймак, округ, область) бөлүнгөн. Кыргыздар Туванын аймагын байырлаган уруулардын этностук жүзүнө, материалдык жана руханий маданиятына, прикладдык искусствосуна зор таасирин тийгизишти. Кыргыз каганатынын (9-13-кк.) курамына кирген ошол мезгилдеги этностук топтор азыркы тувалардын, хакас, тофалар жана шорлордун ата-бабалары болушкан. Саян-Алтай элдеринин өз ара этностук-маданий жалпылыктары Кыргыз каганатынын доорунда калыптанган. Каганат кулагандан соң, кыргыздардын айрым бөлүктөрү Туванын аймактарында жашап кала беришкен. Кыргыз каганатындагы 360 жылга созулган салыштырмалуу тынч, бейкут турмуш уруулардын эркин көчүп-конуп жүрүүсүнө шарт түзгөн, айрым этностук топтордун өз ара жуурулушуна алып келген. Кыргыздар уйгурларды моюн сундургандан соң, кыргыз каганы мамлекеттин борборун, өргөөнү Танну- Ола (Туванын түштүгү) тоосунун күңгөй жагына көчүрөт. 917-эк кыргыздарды азыркы Монголиядан кара кидандар (Ляо династиясы) сүрүп чыгарган. Бул тарыхый, согуштук-саясий окуялардан соң (917-ж. кийин), Тува жана Минусин ойдуңу кыргыздардың ээлигинде кала берген. 9-13-кк. Энесай бассейнинин этностук курамында бир топ өзгөрүүлөр болуп өткөн. Бул этностук-маданий процесс кыргыздардын көчүп келүүсү менен байланышкандыгың археологиялык эстеликтер, сөөктү өрттөп көмүү салты далил боло алат. Мындан сырткары, Туванын аймактарында кенен тараган көп сандуу «кыргыс» уруктары, фамилиялары көп кылымдар бою өкүм сүргөн кыргыздардын саясий бийлигин чагылдырат (История Тувы, Т.I, 163-170). «Кыргыс» Тува аймагында кенен тараган фамилия катары белгилүү. Тувадагы кыргыз уруулары көп сандуу болгондугун 17-к. жазма булактар да тастыктайт. Белгилей кетчү өтө кызыктуу маселе, тувалардагы эң ирилерден деп аталган эки «кыргыс» урууларынын бири 9-к. Кыргыз мамлекетинин борбору жайгашкан Танну-Ола тоосунун этегине туташ жайгашкан Сайзыг-Гол, Эрзин, Нарын дарыяларынын өрөөндөрүн мекендеп келишет. Экинчи ири уруулук бирикме Чаа-Хол, Шаган, Арысу, Элли- Хем, Чадан, Бом-Хемчик, Улуг-Хемдин аймактарын

мекендешерин өз мезгилинде Н.Ф. Катанов белгилеген. 1923-ж. Салжак кошунунда жүргүзүлгөн административдик кайра курууларда кыргыз урууларынын аксакалдары өздөрүнүн ата-бабаларын Саян тоолорунун аркы жагынан көчүп келишкендигин айтып беришкен. Бул кыргыздар өтө оокаттуу жашашкан, Балыктыг-Хем, Кундус дарыяларынын өрөөндөрүн мекендешкен. Алар мал чарбачылык менен кесиптенишкен, жайлоо-кыштоо системасында вертикалдуу көчүп-конуп турушкан. Мамлекеттин саясий борборун жаңы орунга көчүрүү кыргыздардын жайгашуусуна, локалдашуу процессине өз таасирин тийгизген. 9-10-кк. кыргыз эстеликтери негизинен Туванын аймагына топтолгону маалым. Энесай бассейниндеги байыркы кыргыз жазуу-эстеликтеринин жарымынан көп бөлүгү Туванын аймагынан табылган. Кыргыздар Туванын аймагындагы мал чарбачылыктын, дыйканчылыктын, металлургиялык өндүрүштүн, сугат системаларынын өнүгүүсүнө чоң таасирин тийгизишти. Алтын, күмүш, коргошун өндүрүү жогорку деңгээлде өнүккөн. Курал-жарактардын үлгүлөрүн жасоо жаңы баскычтарга көтөрүлгөн болучу. Кыргыз аскер көчмөндөрү (военные переселенцы) сугат жерлерди өздөштүрүп, дыйканчылыктын жаңы маданиятын алып келишкен эле. Темирден жасалган ороктор, соколор колдонулган. Кытай жыл баяндары: «Тяньмань тоосунун (Танну-Ола) жанындагы мамлекетте (Кыргыз каганатында) буудай, таруу, сулуу жана кендир уругун өстүрүшөт» - деп жазат. Кызыктуусу, бүгүнкү Тувада кара таруу (Тув. хара хоо) негизги маданий өсүмдүк катары айдалары малым. «Тан-шу» (7-10-кк.) берген маалыматтарда кыр- гыздар негизинен жер иштетүүчүлүк менен кесиптенишкен. Алар буудай, арпа, таруу айдашат. Эгинди кол тегирмендерге тартышат. Буудайды үчүнчү айда сээп, тогузунчу айда жыйнап алышат. Боткодон шарап жасашат. Төрт түлүктөн төө, кара мал, көбүнчө жылкы, койду кармашат. Байларынын колунда кой-мал миңдеп саналат. Тамакка этти көп пайдаланышат, жылкынын сүтүн (кымыз) ичишет. Кыргыздардын Туванын аймагында узак убакыт болгондугун эпиграфикалык (таш жана аска беттериндеги руникалык жазуулар) табылгалар, тамгалар, сугат системалары ж.б. күбө боло алат. Ошону менен бирге, аңчылык да жогорку деңгээлде өнүккөн. Энесайлык кыргыздардын чарбалык-маданий тиби боюнча илим чөйрөсүндө негизинен бирдей пикирлер орун алып келет. Л.А. Евтюхова кыргыздардын чарбасынын түрдүү багыттарын иликтөө менен жер иштетүүгө, кол өнөрчүлүккө, аңчылыкка ык коюлуп, бирок негизинен көчмөн чарбачылыкка негизденген жашоо уклады болгон деген тыянакка келет. Кыргыздар жогорку өнүккөн прикладдык искусствого ээ болушканы илимий адабияттарда кенен чагылдырылган. Кыргыз искусствосу Евразия талааларындагы көчмөндөрдүн салтын, Алдыңкы Азиядагы Сасанийлердин (Иран), Чыгыш Азиянын салттуу маданияттарынын элементтерин өзүнө сиңирди. Кыргыз усталары кийим-кечелерди, ат жабдыктарын өтө кооздоо үчүн жогорку чеберчиликти талап кылган жасалгаларды куюшкан. «Кыргыз вазалары» деп аталган атактуу кооз карапа буюмдары белгилүү. Кыргыз орнаменттери негизинен өсүмдүктөр сюжети жана зооморфтук мотивдер менен байланышкан. Кыргыздар калтырган маданий таасирди бүгүнкү тувалардан байкоого болот. 9-13-кк. Тувадагы социалдык-экономикалык жылыштар кийинки тува элинин калыптанышына өз таасирин тийгизди. Уруулук түзүлүш, ага байланышкан чарбалык уклад, согуштук-саясий кырдаал этностук консолидацияга шарт түзүп бере алган жок. Этностук жуурулушуу процесси жүргөндүгүнө карабастан «кыргыз» этноними жергиликтүү калктын этностук өзүн-өзү атоосу катары калыптана албады. Кыргыз-тува этностук жакындыктары элдик оозеки чыгармаларда да чагылдырылат. Эки элдин этностук байланыштарын уруу-урук аталыштарындагы параллелдуулуктөр да чагылдырат. Мисалы: кыргыз - кыргыс,

www.bizdin.kg

мунгуш - монгуш, аркалык (мунгуш) ‒ аргалык, баарын ‒ бараан, чот (басыз) — чооду тубай (саруу) - туба, туума кашка (саруу) - тума, туума тукум (найман) - тума, карасакал (баргы, дөөлөс, саяк) - карасал, олет (саруу) - олет, сарттар (адигине) - сат, тагай (геноним) - тагай кесек - кезек, сарык (нойгут) - сарыг, төлөн (солто) - толан, жети уруу (кытай, саруу) - чети тончак, дөөлөс - түлүш, адыг түлүш - адигине, балыкчы (саруу) - балыкчы, кузгун тобу (сарттар) - хускун, кабели (кыпчак) - ховалыг, дөрбөн улуу (тынымсейит), кара багыш - хара, куу уул (геноним) - хуулар, төрдөш (кытай) - тодөш, уйгур (мунгуш) - уйгур, мангыт (мунгуш) - мунгат, шыгай (геноним) - шагай, баят (тейит) - баяут, кереит (дөөлөс) - хиреид, каратал (геноним) - хара тал ж.б. Бул параллелдердин (мунгуш этнониминен башкасы) дээрлигинин аналогдорун хакас жана алтайлыктардын курамынан кездештирүүгө болот. Фактылар кыргыздардын аталган элдердин этностук тарыхындагы ролун чагылдырат. Этностук байланыштарды уруулук эн тамгалардагы жалпылыктар да аныктаары ырас. Тувалар эн тамгаларды көп учурда төрт түлүккө салышкан. 19-к. тамгалар уруулук менчиктен сумонго же аймактык белгилерди аныктоочу функцияга өткөн. Кыргыз-тончак сумонунда 3 тамга белгилүү болгон. Тамгалар уруулук менчикти аныктабай калгандыктан, баштапкы маани-мазмунунан ажырап калышкан. Тувалардын сөөк коюу салтында кызыктуу маалыматтарды параллель коюуга болот. Лама жана шаман диндери өтө тынч, каршылашпаган, ары синхрондуу жашап, өнүккөн Тувада белгилүү ламаларды жана шамандарды көмүү салты өзгөчө орунда турган. Жогорку чиндеги ламалардын сөөгүн өрттөп көмүшкөн. Н.Ф.Катановдун жазганына караганда, эгерде атактуу лама көз жумса, абройлуу деген дин кызматкерлери жыйналышып, сөөктү кебезге орошкон да, кендир майын куюп, өрттөп жиберишкен. Улуу ламанын өрттөн калган күлүн суу, топурак менен аралаштырып, андан соң ошол ылайдан бутпарастык идолду (Бур- хан) жасашкан. Бул сөөк көмүү салтынын байыркы кыргыздар менен байланышы болуусу толук мүмкүн деген тыянакка келүүгө негиз бар. Тувалардын сөөк коюу салтында байыркы түрк дооруна таандык элементтер сакталып келет. Изилдөөчүлөр арбакты бир жыл бою эскерүүдөгү жалпылыктарга токтолушат. Көз жумган кишиге ритуалдык өкүрүү (жоктоп ыйлоо), аялдардын кошок кошуу салтында жалпылыктар аныкталган. Мисалы, жакындарынын жоктоп өкүрүүсү, аялдардын чачын жазып алып, кайгырып кошок айтуусу байыркы түрк (кыргыз) доорунан белгилүү болуп келет. Маркумду жети күндөн, бир жылдан соң эскерип «аш» берүү алтайлыктарда (теленгиттер), хакастарда (сагайлар) салт болуп келгени маалым. Туванын жана кыргыздардын эзелтеден колдонулуп келген элдик практикадагы аралыкты, салмакты, убакытты, суюктук көлөмүн өлчөө бирдиктериндеги жалпылыктар да кызыгууну жаратары шексиз. Тува, алтай жана кыргыздардын бири- биринен узак жайгашкандыгына карабастан байыркы доордо пайда болгон жана чарбалык керектөөлөрдө колдонулган өлчөө бир-диктери тарыхый ата-бабалардын жалпы болгондугун тастыктайт. Тува тилинде бир күн, бир түн - хонук. Бир күн - хүн, бир түн - дүн, эртең менен - эртен, түш - дүш, кеч - кеже ж.б. аталган. Убакыт мезгилге карай «бир чай кайнам убакытка» - тув. «шай хайындырым» бөлүнгөн. Мисалы, дарыяны сал менен сүзүп өтүп, кайра келүү «бир, эки же үч чай кайнам убакытты» (бир чай кай? нам убакыт - 30 мүнөт) туюнткан. Элдик илим-билимдин бир тармагы болгон өлчөө бирдиктери муундан муунга, атадан балага өтүп, адам баласынын жаратылыш менен болгон мамилесин чагылдырган. Өлчөө бирдиктеринин негизин адамдык дене мүчөлөрү аркылуу да аныкталган. Тув. кулаш - кырг. кулач, карыш - карыш, кары толу, тугай - бир, эки, үч, төрт, беш эли ж.б. Туваларда 25- 30 чакырым - «бир хүндүк», 50-60 чакырым - «эки хүндүк» же «бир ара хонуп чедер чер» (кырг. «бир конуп жетчү жер»), жарым күндүк жол - тув. «дүштүк чер», бир чакырым жер - тув. «бир

кышкы чер» (700-900 м.), ок жетчү аралык - тув. «боо азымы» (80-100 м.) ж.б. Анчалык чоң эмес узундук өлчөмдөрү: базым - бир кадам, кулаш - кулач, төш чарты - жарым кулач, узун дугай - бир чыканак, карыш - карыш, сөөм - сөөм//сөөмөй, бир мугур сөөм - бир сөөм ж.б. Эрзиндик туваларда (кыргыз уруусу) боз үйдүн канаттарын даярдоодо төмөнкү өлчөө бирдиктери колдонулган: Бармак менен сөөмөйдүн ийилген ортолугу - 10 см, бармак менен сөөмөйдүн ортолугу - 18 см, ал эми, бир карыш 20 см. түзгөн. Аянттардын өлчөмү шарттуу түрдө аныкталган: тув. адыш оюу - алакандай жер, от орну - очоктой орун, өг орну - үйдөй орун, аал каданы - айыл батчу жер ж.б. Суюк заттар (айран, сүт, кымыз, суу ж.б.) боюнча туваларда стандарттуу өлчөө бирдиктери болгон эмес. Суюк заттар түрдүү көлөмдөгү идиш-аяктар менен өлчөнүлгөн.
Ошондуктан идиш-аяктар өзүнүн көлөмүнө карата бөлүнгөн. Мисалы пиче аяк ишти, аяк ишти, улуг аяк ишти, тавак ишти, чылапча баш ж.б. Пиче көгержик - көлөмү 3 литр идиш, көгөр (кырг. көөкөр) - көлөмү 20-25 литрлик идиш. Ал эми эгин (буудай, таруу ж.б.) салмагы менен эмес, көлөмү (чейрек, кодак) менен өлчөнүлгөн. Дарыядагы ж.б. жерлердеги суунун тереңдиги токулган аттын, адамдын боюнун деңгээлине карата аныкталган. Мисалы, туюк каразы частыр - кырг. туякка жетчү суу, эзенги чедип турар - кырг. үзөңгүгө жеткен суу ж.б.у.с. 20 ашуун термин жолугат. Адамдын суудагы боюна карата 20 термин айтылат. Бул параллелдүү жалпылыктар кыргыздардын жана тувалардын ортосуң. дагы этногенетикалык терең алакаларды чагылдырат. Үстүбүздөгү жылы уюштурулган илимий экспедиция учурунда Тува аймагынан табылган эн тамга белгилери, элдик оозеки чыгармалардын үлгүлөрү, музейлерге коюлган кыргыздарга таандык жазуу эстеликтери бул аймактын кыргыздардын этностук тарыхын изилдөөдө мааниси зор экендиги дагы бир ирет тактады.
**Кыргыз-хакас тарыхый-этностук алакалары.** Кыргыз-хакас тарыхый-этностук, маданий алакалары окумуштууларды эбактан кызыктырып келет. Бул кыргыздардын тегине, миграциясына Кыргыз мамлекетүүлүгүнүн, мамлекетинин саясий-экономикалык тарыхына, анын этностук курамына, материалдык жана руханий маданиятына байланышкан маселелерге арналган. Албетте, Хакас- Минусин ойдуңу, кыргыздар калтырган маданий катмар, энесайлык кыргыздардын түз урпактары экендиги илимде далилденген хакастардын сырдуу тарыхы иликтөөчүлөрдү кызыктырып келет. Хакастар - энесай кыргыздарынын маданиятынын түз мураскорлору болуп саналышат. Хакастар өздөрүн «тадар» (татар) деп аташары маалым. Саны 80 миңден ашуун хакастар бүгүнкү күндө айрым өзгөчөлүктөрү бар төрт топко бөлүнүшөт: качиндер (хааш, хаас), сагай, кызыл, койбал. «Тадар» (татар) деген кошумча ат Хакас-Минусин (Кыргыз жери) Россиянын курамына каратылгандан кийин, көчүп келгендер (жергиликтүү орус администрациясы) тарабынан берилген. Бирок азыркы Хакасия Россия империясынын курамына каратылганга чейин «Кыргыз жергеси», «Кыргыз өлкөсү» (Кыргызская земля, Кыргызская страна) деген ат менен тарыхый жазма булактарда чагылдырылат. 1917-ж. төңкөрүштөн кийинки тынчтык мезгили орногондон соң, Эл Комиссарлар Кеңешинде мурдагы губернияларды улуттук-маданий белгилерине карата бөлүү жөнүндөгү чечим кабыл алынган эле. Бул чечим ошол кездеги хакас интеллигенциясын түйшөлтүп, бир нече этнографиялык топторду бириктирген энчилүү ат таба алышкан эмес. «Тадар»(татар) деген ат келгин орустар тарабынан берилген жана ушул эле энчилүү аттар менен бир нече этностор (крымдык, астрахан, казан, сибирь ж.б. татарлары) белгилүү болгон. Натыйжада, түзүлгөн комиссия «кыргыз» этнониминин кытай тилиндеги жыл баяндарда чагылдырылган (Тан доору, 7-10-кк.) «хягас» деген формасын кабыл алууга токтолушат. Албетте, бул маалыматтар синолог Н.Я.Бичуриндин түзгөн эмгегинен алынган эле. Ошентип,

эл- дин энчилүү аты бир нече кишиден турган топ тарабынан чечилген болучу. «Хакас» жасалма аты азыркы учурда да расмий ж.б. мамлекеттик иш кагаздарында гана колдонулуп келинет.«Кыргыз» этнокомпоненттери бүгүнкү хакастардын курамындагы кенен ареалда сакталып келет. Ал эми кытай, мусулман, орус булактарында белгилүү болуп келген «Кыргыз жери», «Кыргыз өлкөсү» кантип эскерилбей калды деген суроо туулат. Албетте, Энесайдагы кыргыз этносунун өнүгүшүнүн абалына монгол жеңип алуулары, алардын ич ара бийлик үчүн күрөштөрү, Алтын-хандардын, өзгөчө Жунгар хандыгынын көчүрүп, таратуу саясаттары өз кедергисин тийгизбей койгон жок. Жунгар ханы Цеван Рабдан 1703-жылы июнь айында Духар, Сандык жана Аранжама Ченбил аттуу үч аскер башчыла- рына энесайлык кыргыздарды Жунгарияга көчүрүп келүүнү буйруган эле. Изилдөөчүлөрдүн пикирлерине караганда, энесайлык кыргыздардын саны (5 коэфицент менен) 20-25 миң адамды түзгөн. Күчтөрдүн салыштырма салмагы калмактар тарабында болгондуктан, аз сандуу кыргыздардын басымдуу бөлүгү Ата-Журтту калтырып кетүүгө аргасыз болушат. Айрым маалыматтар көчкөн кыргыздардын колоннасынын 20-30 км. чейин чубалганын баяндайт. Бул маалыматтарды ошол мезгилдеги орус жазма булактары да тастыктайт Көчүрүлгөн кыргыздарды Эмель-Гол дарыясынын боюндагы Жунгар контайшысынын ордосуна чукул жерге, өз алдынча айылга жайгаштырышкан. Алардын жалпы саны 400 түтүн болгон. Сүрүлгөн элдин арасында кыргыздардын кыштымдары да бар эле. Алар шуштар, белтир, модар, ариндер болучу. Кыргыздардан башка көчүрүлүп келинген телеуттар (телеңуттар) мингат жана ооржактар чоро (с) урuусунан чыккан контайшынын өзгөчө ээлигин түзүшкөн. Бөтөн жердин шартына чыдабаган кыргыздардын бир бөлүгү түркүн жолдор менен өз мекенине кайтып келишкен. Маалыматтар 17-18-кк. орус документтериндеги чагылдырылган фактылар менен да бекемделет. Бул процесс Жунгар хандыгы кулаган мезгилге чейин уланган. Сүргүндөн аман калып, кайтып келген кыргыздар, алардын кыштымдары бүгүнкү хакастардын этностук жүзүн калыптандырган.

1727-ж. 20-августта Хакас-Минусин ойдуңун Россия империясынын каратып алышы, энесайлык кыргыздардын бул аймактагы 1300 жылга созулган этностук, аскердик-саясий, социалдык үстөмдүгүнүн жоюлушун шарттаган. Ошентип, энесай кыргыздарынын өз алдынча этностук өнүгүүсүнө сокку урулган болучу. Кыргыз-хакас этностук-маданий байланыштарынын хронологиясын болжол менен 5-к. орто чендеринен (кыргыздардын Батыш Монголиядан Минусин ойдуңуна журт которгон мезгили) 18-к. баш чендерине чейинки мезгилде кароого болот. Бир катар тарыхый булактар, илимий адабияттардагы маалыматтарга таянып, кыргыз- хакас этностук алакаларынын тамыры терең, алар Энесай Кыргыз мамлекетинен тартып, кыргыздардын негизги бөлүгүнүн Теңиртоо жана ага жамаатташ аймактарга журт которгон мезгилине чейин бирдиктүү тарыхый кыртышка ээ болгондугун билүүгө болот.

Энесайда калган кыргыздар аталган аймакта 18-к. баш чендерине (1703-ж.) чейин үстөмдүк абалды ээлешкен. Бүгүнкү хакастардын этностук жүзүнүн калыптанышына самодий, кет тилдүү элементтер да катышкан. Ириде сибирдик кыргыздар хакастардын этногенезинде башкы ролду ойношкан. Ошондуктан хакастар байыркы энесайлык кыргыздар менен азыркы кыргыздардын ортосун- дагы байланышын тактоодо Манжуриядагы (Хэйлунцзян) фу-ю кыргыздарынын тобу, сары уйгурлар жана лобнорлуктар сыяктуу эле бириктирүүчү жагдайлардан болуп калат. Бүгүнкү кыргыздардын этностук курамынан да кет, самодий тилдүү этнокомпоненттерди байкоого болот. Мисалы, айрым изилдөөчүлөр кыргыздын баргы, бугу урууларынын курамдарындагы «желдең» уругу менен хакастардын «чилдег» сөөгүнүн түз этногенетикалык жалпылыктарына токтолушат.

Хакастардын курамындагы «чилдег» сөөгү теги жагынан кыргыздарга теги өтө жакындыгы аныкталган хакас-качиндердин курамына кирет. «Чилдег» - сөөгү хакас тарыхый фольклорунда желден, шамалдан туулган баладан тарагандыгын баяндайт. Хакас мифологиясындагы Чилдег-хан шамалдын, бороондун кожоюну катары чагылдырылат. Этностук аталыштын экинчи компоненти - денг\ -дег кеттердин «адам», «киши» деген сөзүн туюнтат. Профессор В.Я.Бутанаев: «Кыргыздардын курамындагы (кет (самодий) этнокомпоненттеринин болушу теңиртоолук кыргыздардын түпкү мекени Энесай чөлкөмү деген теориянын тууралыгын далилдейт», деп ырастайт. Эзелки замандардан адамдар от, суу, жер, күн менен катар абага, өзгөчө шамалга да ыйык күч катары сыйынып келишкенин шаман дининен байкоого болот. Шамандар ритуал учурунда бороон-шамалды, жөнөкөй эле желди чакырышкан. Шамандар ритуал процессинде бубендин, байланган тал-чөптүн, кездемелердин кесиндилери менен бирге кыймылдап, алардын жардамы менен жасалма түрдө желди (шамалды) пайда кылышкан. Ушул желдин (шамалдын) көмөгү менен шаман өзүн колдоочу духтар менен баарлашкан. Алагыр - кыргыздын моңолдор уруусунун курамындагы урук катары белгилүү. Ала + гыр; гир\гыр\гур - эвенк тилинде «адамдар», урук», уруу» маанисин аныктайт. Мисалы, гурагир (гуран) - «жапайы теке уруусу», путугур - «каздар уруусу», куктугыр - «күкүк уруусу», кандыгир - «өрдөк уруусу» ж.б. туюнтары маалым. Хакастардын курамындагы «кыргыз» сөөктөрү (уруктары) эң көрүнүктүү жана тектүүлөрдөн болуп эсептелген жана бул этнонимдер хакас уруктарынын дээрлигинен кездешери байкалган. Эгерде хакастарда жалпысынан 1200 фамилия белгилүү болсо, «кыргыз» сөөктөрү алардын беш пайызын түзгөн.

Төмөндөгү уруу-урук аталыштарындагы параллелдер тектик жалпылыкты аныктайт: кыргыз = хыргыс, мангыт = мюнгат, желдең = чилдег, бөгөжү = пөгечи, бука = пуга, тубай = туба, карга = харга, кашка = хасха, абакан = абакан, жети кашка = юс хаска, төөлөс = тилегес, сарттар = сартах, кайдуулат = кый, соколок = соххы, кыйра =хый, аскалы=сакачы, бугу=пуга ж.б. Мисалы, бөгөжү - кытай уруусундагы урук катары белгилүү. Параллелдери хакастардагы туба, койбалдардан жана Чыгыш Саяндардагы камассин-хакастардын курамдарынан «пөгечи», «бугажы» формаларында кездешет. Мындан сырткары, кыргыздарга теги жакын сары уйгурлардын уруулук курамында да «пөгеши» (яглакхыр уруусунда) аттуу уруу белгилүү.

В.Я.Бутанаев казактын улуу жүзүнүн курамындагы «бөгечи» уругун 1703-ж. көчүрүлгөн энесайлык кыргыздардын урпактары экендигин өз иликтөөлөрүндө белгилеп келет. Чот-ават, бөрү урууларынын курамдарындагы уруктар катары маалым. Параллели хакастарда - чода, алтайлыктарда (кумандылар) - чооты, туваларда - чоду формаларында кездешет. Хакас санжыраларында чода сөөгү Жунгарияга сүрүлгөн кыргыздардын калган бөлүгү катары баян- Далат. Хакас-качиндерде «чода хыргыз», «чода пүрүт», хакас-кызылдарда «чода хыргыс» уруктары бүгүнкү күнү да белгилүү. Профессор В.Я.Бутанаев Түштүк Сибирь аймагынан бир топ санда кездешкен чоода=чоты=чоду этнонимдерин эзелки замандагы Түштүк Сибирдин этносторунун субстраты катары карайт. Кабели же Каабели - тынымсейит уруусунун курамындагы урук. Санжырада Кабели Шалтак жана Мортук менен бирге тынымсейиттердин түпкү бабалары катары баяндалат. Этнонимдин параллелдери алтайлыктардан «кобалы», тувалардан «ховалыг» формаларында кездешери маалым. Изилдөөчүлөр бул этнонимдерге хакастардын хобый= кобый уруктарынын (сөөктөрү) тектик жакындыктарына маани беришет. В.Я.Бутанаев тувалардын курамында «хыргыс ховалыг» (хообалых) аттуу уруктун бар экендигине токтолот. Мындан сырткары, бул этностук аталыштар хакас, алтайлыктар, тувалар жана кыргыздардын этностук жакындыктарын

чагылдырат.Эпитафиялык жазуу эстеликтеринде: «Мен жети бөрүнү өлтүрдүм, барс менен эликке тийген жокмун» - деген маалыматтар бар. Хакастардын курамында теги байыркы «чити пүүр» (жети бөрү) аттуу урук белгилүү. Энесайдагы ошол эпитафиялык эстеликтерде кыргыздардын өлкөсүнүн ичинде «жети бөрү» жана алардын «көк, кара бөрүлөр» менен согушкандыктары баяндалат. Бул маалыматтар албетте, байыркы кыргыз урууларынын ич ара күрөшүн чагылдырат. Мисалы, хакастарды «чити пүүр» уруусу ах пүүр, хара пүүр, көк пүүр ж.б. жети уруктан турары маалым. Соколок - кыргыздын мунгуш уруусунун курамындагы урук. Параллели сары уйгурлардан «сокалык» формасында кездешет. Профессор В.Я. Бутанаев негиздүү маалыматтарга таянып, хакастардын ичиндеги «соххы» сөөгү Энесай кыргыздарынын түз урпактары болорун өз иликтөөлөрүндө белгилеп келет. Бул маалыматтар орто кылымдардагы кыргыздардын миграциясынан кабар берери ырас. Уруулук эн тамгалардагы параллелдер кыргыз-хакас этностук байланыштарын чагылдыруу менен бирге, хакастар кыргыздардын урпактары экендигин далилдейт. Кыргыздар хакастардын этногенезинде башкы орунда турарын хакас элдик оозеки чыгарма маалыматтары да тастыктайт. Сибирь элдерин терең изилдеген В.В.Радлов хакас-сагайлардын ичиндеги «хыргыс» уругунун өкүлдөрүнөн кыргыздардын Жунгарияга көчүрүлүшү жөнүндө баян жазып алган. Ал сүргүндөн аман калган кыргыздар жөнүндө жазып келип, «жогорудагы уламышка караганда «хыргыс», «иргиттер» Абаканда калган кыргыз уруктары болуу керек» деген жыйынтыкка келген. Автор түрк тилдүү элдердин арасынан жыйналган зор материалдардын негизинде салыштырмалуу изилдөөлөрдү жүргүзүп, абакан татарлары (хакастар) жана кыргыздардын эпикалык поэмаларынын жаралышында этногенетикалык жалпылыктар бар деген тыянакка келет; «Абакан татарлары өз жомоктору аркылуу руханий турмушунда идеалдуу, таза дүйнөнү түзө алышкан; мындай көрүнүштү башка түрк тилдүү элден - кара кыргыздардан гана көрө алдым деп В.В.Радлов жазган. Изилдөөчү Саян-Алтай жана теңиртоолук кыргыздардын тегинин жалпылыгы жөнүндө алгачкы пикирди айткан. Тарыхый оозеки чыгармалардын маалыматтары боюнча хакастар теги кыргыз Пүрүстөн, экинчи бир варианттарында «тогуз миң сандуу хоорайлар (хакастар) тогуз бир тууган кыргыздан» тарагандыгы баяндалат Бул маалыматтар Тан династиясынын жыл баяндарында да чагылдырылат.

Хакас тарыхый оозеки чыгармалары кыргыздардын Энесай өрөөнүнөн түштүк тарапка, Алтайга ооп кетишкендиги, айрым варианттарында жаратылыштын кырсыгынан шейит болушкандыгы жөнүндө уламыштар бар. Кээ бир мифтерде кыргыздардын дүйнөлүк топон суудан курман болушкандыгы баяндалат; эзелки сюжеттеринде кыргыздардын жер которушу аба-ырайы, жер шарттарынын өзгөрүшүнө байланыштуу болгондугу да айтылган. Байыркы малчылар бычан даярдашчу эмес, анткени Хакасияда кыш карсыз боло турган. Бирок бир жылдар кыш катуу болуп, мал ачкадан кырыла баштаганда кыргыздар жылуу аймакка журт которууга аргасыз болушат. Башка версия боюнча, Орто Энесай өрөөнүндө жай айлары көп жылга созулган кургакчылыкка айланып кетет. Чөптөр куурап, эгиндер күйүп, сугат каналдары соолуп калыптыр. Ошондо кыргыздар жакшы шартка үмүттөнүшүп, азыркы Монголия тарапка көчүп өтүшөт. Алар көчүп өткөн жерлерде зор ирригациялык курулуштар калган. Шор жана чулумдардын уламыштарында алар байырлаган аймактар эзелки замандарда талаа болуп, анда кыргыз жылкычылары жашашканы эскерилет. Жерден дарак өсүп чыга баштаганда, кыргыздар бул кубулушту шайтандын мүйүзү, боло турган кырсыктын белгиси катары түшүнүшүп, түштүк тарапка журт которуп кетишет. Алардын көчө албай калган бир аз бөлүгү бүгүнкү хакастардын бабалары болуп калышты. Азыр да Шорияда түн ичинде кыргыз жылкыларынын кишинегендери

угулган «Хыргыс кодреси» - «кыргыз сазы» деген жер бар. Кыргыздардын Саян-Алтайдан ары көчүшү тууралуу уламыштар Кыргыз Улуу Державасы (9-11-кк.) мезгилин, алардын Борбордук Азиянын зор бөлүгүн басып алып, Теңиртоого журт которуусун чагылдырышы ыктымал. Мындан сырткары, кыргыз-хакас тектик жалпылыктары лексикалык параллелдерде байкалат. Ландшафт жана жаратылыш кубулуштары, жаныбарлар дүйнөсү, мал чарбачылыгы, кийим-кече, тамак-аш, үй турмушундагы терминологияда тарыхый жалпылыктар бар. Мисалы, куурулган эт - хоорган эт, чучук - чучух, карта - харта, сүт ботко - сүт потхы, кымыз - хымыс, айран - айран, курут - хурут, каймак - хаймак, талкан - талхан, боорсок - поорсых ж.б.

**«Кыргыз» этноними** — түрк-монгол ж.б. тилдүү элдердин ичинен жазма булактарда эң алгачкы эскерилген элдин энчилүү аты. «Кыргыз» - элдин, мамлекеттин аталышы катары кытай жыл баяндарында, байыркы түрк, уйгур, кыргыз руникалык жазма эстеликтеринде, Византия, араб-фарси, монгол жазма булактарында чагылдырылат. «Кыргыз» аты Орхон-Энесайдагы рун сымал жазма эстеликтерде - «кыргыз», «кыркыз», грек (Византия) тилинде «херкис»; монголчо - «хиргис», «хэргис», латынча - «керкис», араб жана фарси булактарында - «хырхыз», «хырхыр» формаларында чагылдырылган. Кытай жыл баяндарында этнонимдин аталышынын бир канча түрү кездешери маалым. Кыргыздар өздөрүнө таандык рун сымал жазуу эстеликтеринде «кыргыз» атын жазып калтырышкан. Этноним Энесай чөлкөмүндө бир канча ирет, Орхондогу жазууларда («кыргыз») 14 ирет эскерилет. (КТБ - Күл тегин эстелиги 4,14,20,35,36; Тоң Йокук - 20,27,28,29; Могилян 26,27; Моюн Чур-22,23). 1900-ж. таанымал түрколог Г.И.Рамстедт тарабынан Монголиянын түштүгүрөөк жагындагы Суджин- Даван (Суджа жазуусу деген ат менен белгилүү) деген аймактан табылган кыргыздар калтырган эстеликтин тарыхый, лексикалык мааниси өтө зор. Эстеликтеги маалыматтардан кыргыздарда VIII- IX кк. чейин эле этностук өзүн-өзү таануусу толук калыптанып бүткөндүгүн байкоого болот.

Арийне «кыргыз» этноними оболу, кытай жыл баяндарындагы (Хань, Суй, Тан, Юань, Сунь, Цинь династияларынын мезгилдери, б.з.ч. III к. - б.з. XVIII кк.) маалыматтарда эскерилет. Бул династиялардагы мамлекеттик тил жана иш кагаздарын алып баруу бири-биринен таптакыр айырмалангандыктан, «кыргыз» этнониминин аталышы жана жазылыш формасы да бир топ өзгөчөлүктөргө ээ. Хань династиясынын жыл баяндарында (Сыма Цянь «Ши-цзи»): «...Кийинчерээк Маодун түндүктөгү хунюй, щойщел динлин, гегунь жана синьми ээликтерин... Кытай булактарында кыргыз этноними Хань доорундагы иероглифте «ge - кип», хан тилинде gjzап-kuп деп жазылганын, андан соңку китептерде hi- gu, he-gu, dzte-gu, gzu-gu формаларында чагылдырылат.

Кыргыз тарыхынын кызыктуу жана өтө аз изилденген мезгили б з ч. 56-49-ж. болуп эсептелет. Ушул мезгилде кыргыздар, динлин жана уцзелер менен көтөрүлүш чыгарышып, көз каранды эместигин калыбына келтиришкен. «...Чжи-Чжи (б.з.ч. 48-ж) алга жылып, усундарды талкалады. Түндүктө Уцзелерди моюн сундурду Андан сөң, ал (Чжи-Чжи шаньюй) цзегуларды (кыргыздарды) жеңип, алардан түндүктө жайгашкан динлиндерди баш ийдирди. Чжи-Чжи үч ээликти (мамлекетти) өлкөгө бириктирди. Динлиндер, уцзелер, кыргыздар түзгөн көз каранды эмес мамлекеттерди ошол доордогу кытай тарыхчысы Бань Гу «Үч падышачылык» деп бекер жерден жазган эмес. Бирок, бул баш ийдирүү узакка созулган эмес. Б.з.ч. 46-ж Чжи-Чжи шаньюй Таласта кытай аскерлери менен болгон согушта курман болот. Андан соң, «кыргыз» этноними жана кыргыздар «Вэй-люйда» («Вэй династиясынын таржымалы») биздин замандын 220-280-жж. эскерилет. Пэй Сун Чжи берген маалыматтарында: «... батыштан Иу, Янциден түндүктө, Байшян тараптарда циби, боло, чжи, де, субо, уху, хэгу (кыргыз), ниху

ж.б. жайгашкан. «Хэгу (кыргыз) этноними Суй династиясынын (581- 618-жж.) Борбордук жана Орто Азия аймактары боюнча түзүлгөн карталарында да чагылдырылат. Хэгулар жогоруда аталган элдер менен кайрадан биргеликте эскерилет. Кыргыздар «Вэй шуда» (Вэй династиясынын жыл баяндары боюнча) сяньбилерге баш ийип турушкан уруу (эл) экендиги баяндалган. 558-жылы Чыгыш Түрк каганы Бумындын көз жумгандыгына арналган аза күтүүдө кыргыздар да катышкандыгы жөнүндө маалыматтар бар. Бул маалыматтардан кыргыздардын б.з.ч. 3. б.з 6- кк. Чыгыш Теңиртоодо, азыркы Манас шаарынан, Боро-Хоро тоо кыркаларынан түндүгүрөөктө байырлашкандыктарын билүүгө болот. Кыргыздар жана «кыргыз» этноними жөнүндө кеңири маалыматтар (6-10-кк.) Орхон-Энесай рун жазуулары жана Кытайдын Тан династиясынын жыл баяндарында чагылдырылат. 6-8-кк. кыргыздар саясий жактан бир топ күчтөнүшүп, Борбордук Азияда согушта саясий үстөмдүгүн камсыз кылууга умтулушкан. 629-ж Кыргыз мамлекети Телес каганатына убактылуу көз каранды болуп калган. 632 -ж Тан императорунун атынан элчи Ван Ихун Кыргыз каганына атайын миссия менен келген. 648-ж Телестер тан империясын баш ийдиришкен соң, кыргыз каганы «Эл аксакалы, Силифа (Элтебер) Шибокюй Ачжан өзү император Тайцзундун кабыл алуусуна келген. Бул дипломатиялык алакалардын түзүлүшү, эки өлкөнүн бирин-бири мамлекет катары суверендүүлүгүн таануусу болгон. Кыргыз өлкөсү кытай документтеринде Тан мамлекетиндеги расмий тилдик өзгөчөлүктөргө байланыштуу «гян-гун» деп атала баштаган. 638-ж кытай мамлекеттик иш-кагаздарында «гегу» деп да жазылган. «Гян-гун» жана «Гегу» бир эле атты, «кыргыз» дегенди туюнткан.

758-843-жж «кыргыз» этноними тарыхый жазма булактарында «хягас» формасында жазыла баштаган. Изилдөөчүлөр Тан доорунда (618-917-жж.) жана андан соңку мезгилдердеги Hia dzizsi, Hia-dzia-si, he-ge- si, ge-ge-si формаларында жазыларын белгилешет. Кытайда монголдордун Юань династиясы башкарган мезгилде (1280-1368- жж) кыргыздар dzi-li-dzi-si, chi-er-dzi-si, chi-li-dzi-si «кыргыз» аты кытай иероглифтеринде формадагы иероглифтер менен белгилүү болушкан. Руникалык жазуу эстеликтеринде этноним «кыркыз» формасында берилет. Күлтегиндин эстелигинде (711-ж): «...Тибет, табгач, апар, курум, кыркыз, үч курыкан, отуз татар, кытай, татабы - мынча журт келишти, ыйлашты, сыкташты..., Күлтегин жыйырма алты жашында кыргызга карай жортуулдады...» - деп жазылган. Могилян-каганга арналып тургузулган эстеликте: «...Мен жыйырма алтыга толгонумда чик журту кыргыздар менен бирге жоо болушту...» - деген маалыматтар бар. «Кыргыз» этноиминин Орхондогу (Монголиядагы) руникалык жазуулардан көп ирет эскерилиши кыргыздардын Борбордук Азиядагы согуштук-саясий бекем абалын чагылдырган. Кыргыз маданиятынын Түштүк Сибирдин аймактарына таралышы б.з. 6-к башталат. Археологиялык маалыматтар менен кыргыздардын Энесай тарапка журт которуусунун хронологиялык алкагы дал келет. Бул тыянактар эн тамга белгилери, петроглифтер жана башка тарыхый-этнографиялык маалыматтар менен да бекемделет. Династиялык өз ара чыр-чатактардан 583-ж 1-Түрк Каганаты кулагандан соң, кыргыздар убактылуу, ары шарттуу түрдөгү көз карандылыктан арылышкан. Тагыраак айтканда, толук көз каранды эместикке ээ болушкан. Кытай жыл баяндары: «Тюкюлардан (түрктөрдөн) түндүктө жашаган Цигулар (кыргыздар) өч алуу үчүн өз мезгилин күтүп жатышат деген», - маалымат беришет. Бул мезгилди Кыргыз мамлекетинин өнүгүүсүнүн экинчи этабы катары кароо зарыл. Анткени дал ушул тарыхый окуялардан соң «кыргыз» этноними жана кыргыздар жөнүндө маалыматтар Кытайдын Тан династиясынын жыл баяндарында, араб-фарси жана башка булактарында көп эскериле баштайт.

Кытайдын «Тайпинхуаньюйцзи» («Тайпиндердин башкаруу доорундагы дүйнөнүн сүрөттөлүшү») аттуу жазуу булагында төмөндөгүдөй баалуу маалыматтар бар: Сяцзястар (кыргыздар) - түндүк- батыш багыттагы талаалардагы мамлекет. Алардын абалкы аталышы - цзейгу, башкасы - цзюйу, дагы бир аталышы цзянь - гунь деген ат менен белгилүү. «Тарыхый баяндарда» цзяньгунь деп аталса, Хань династиясынын жыл баяндарында бул эл гегунь катары белгилүү болушкан... Алардын (кыргыздардын) падышалыгында башкы аскер жетекчисин Хэси-бей, андан соңку Ацзюй- шэбей, андан кийинки башкаруучусу Ами-бей деп аталышат. Ошол үч адам (министрлер) мамлекетти чогуу башкарышат. Алардын мамлекетиндеги өкмөт кызматкерлери цзай-сян, ду-ду, цзян-цзюня, дацян (да-гань) деген кызмат даражаларын аткарышат. Чженьгуандын (Тан императору) башкаруусунун 6-жылында (632-ж.) Тан мамлекети янь-ши-вэй Ван И-Хунду аларга (кыргыздарга) элчиликке жөнөтүштү. 647-ж. саясий окуялардан соң, кыргыздар Тан империясы менен түз дипломатиялык байланыштарды түзүү максатында, 632-ж. элчиликке жооп иретинде 648-ж. белгилүү мамлекеттик ишмер, элтебер Шибокюй Ачжан Тхай-цзундун сарайына расмий иш сапары менен келген. «Император жогорку даражалуу мейманга атайын сый тамак уюштуруп, Цзян-Кундун (Кыргыз) генерал-губернатору (ду-ху) титулун ыйгарган. Жогорудагы кытай жыл башында андан соңку мезгилдердеги кыргыз-кытай алакалары жөнүндө кенен маалыматтар бар. Кыргыздар менен аскердик- саясий алакага кытайлар өздөрү кызыкдар болушканы анык.

Араб графикасындагы жазуу булактарында кыргыздар X к. орто чендеринен эскериле баштайт. Аль Истахри: Син падышалыгы көп тилдүү. Түрктөр, тогузгуздар, хырхыз, кимак, гуз жана хазлаждардын тилдерин түшүнүшпөйт. Хыргыздар (кыргыздар) тогузгуз, кимак океан (мухит) суусу жана хазлаждардын жерлеринин ортосунда жайгашкан. Тогузгуздар Тибет (Туббет), хазлаж, хырхыз жана Син падышачылыгынын ортолугунда жайгашкан. «Худуд ал-Алам» деген фарс тилдүү булакта Рас дарыясынын кимак жана хырхыздар жашаган жерлерден башталып, гуздардын жери аркылуу Хазар деңизине куят... Ааламдагы 51 мамлекет... - Хиарган, Гуз, Кимак, Чигил, Тухси, Халлух, Йагма, Тогузгуз жана Хырхыз. ...Алардын жетекчилери Хырхыз-хакан (каган)... Алардын негизги кесиби көчмөн турмуш, кой, уй жана жылкыга байланышкан. Хырхыздар көчмөндөр, жайыт издеп көчүп жүрүшөт. Боз үйлөрдө турушат, аңчылык жана балыкчылыкты да кесип кылышат. Отко сыйынышат, сөөктү өрттөп көмүшөт. Исламга чейин кыргыздар сөөктү өрттөп көмүшкөндүгү кытай булактарындагы маалыматтар менен бекемделери маалым. Халлухтарга жакын жайгашкан аймактын калкы өтө жыш жайгашкан; чыгышка жана түштүккө карай халлухтар, батышка-тухшийлер, түндүктө хырхыздардын жерлери созулуп жатат. Халлухтардын жана кыргыздардын аймагында өндүрүлгөн, иштетилген заттарды чигилдер да алып турушат. Алардын алган кирешелери арбын, боз үйлөрдө жашашат, айылдар жана шаарлар сейрек учурайт; негизги байлыгы - уй, кой, жылкы айбандары. Алардын айрымдары күнгө, жылдыздарга сыйынышат. Ал адамдар өз башкаруучусу сыяктуу эле жылуу маанай, ак көңүл, алар менен баарлашуу өтө жагымдуу. Соңку мезгилдеги иликтөөлөр карлуктар негизинен кыргыздар курамына жуурулушканын далилдөөдө. Атактуу энциклопедист-аалым Махмуд Кашгари (11-к.) да кыргыздар жөнүндө баалуу маалымттарды берет: «...Румдан күн чыгышка чейин мусулман жана башка элдерди зикир чалдым (эскерип жаздым). Румга жакын биринчи эл (уруу) беченек, андан соң кыфчак (кыпчак), огуз, йемек, башкурт, басмыл, андан соң кайлар, йабаку, андан соң татар, андан соң кыргыздар (кыркыз) жайгашышкан. Кыргыздар (кыркыздар) Чинге (Кытайга) жакын турушат. Автор андан соң:

«кыркыз, кыфчак, огуз, тухси, йагма, чигил, игрек, чаруктардын тили - таза, түрк тилдери», - деп жазат. Андан ары Махмуд Кашгари кыргыздардын каада-салты жөнүндө да маанилүү маалымат жазат: «...Кыркыз (кыргыз), йабаку, кыпчак жана башкалар кишиге касам ичиргенде же аткарылчу иш үчүн убада бергенде, кылычын кынынан сууруп, ошол кишинин алдына коюп, «көк кирип, кызыл чыксын», - дешет. Эгер убада же берилген шерт бузулса, бул кылыч көк кирип, кызыл чыксын, канга бөлөнүп чыксын. Бул шерт бузулса темир сени өлтүрсүн, үч өлтүрсүн дешет. Алар (кыргыздар) темирди өтө урматтап мамиле жасашат». XI к. Кыргыздар жөнүндөгү маалыматтардын бүгүнкү тарых илими үчүн мааниси зор.

**«Кыргыз» этнониминин чечмелениши.** Кыргыз этононимдерине илимий негиздеги чечмелөө жана алардын этимологиясын аныктоо боюнча эң алгачкы иликтөөлөр Н.А.Аристовго таандык. Илимпоздун айрым этностук аталыштарга берген илимий баасы бүгүнкү күнү да өз актуалдуулугун жогото элек. Н.А.Аристовдун изилдөөлөрүнүн бирден-бир кемчилиги болуп этнонимдердин маанисине иликтөөлөр жүргүзүүдө кыргыз тилинин жана лексикасынын, башка түрк тилдеринин системасындагы мүмкүнчүлүктөрү толук эмес пайдалангандыгында болгон. «Кыргыз» этнониминин чечмелениши жана анын баштапкы мааниси боюнча чет өлкөлүк, мурдагы советтик жана ата мекендик изилдөөчүлөрдүн бир катар көз караштары, тыянактары белгилүү. Мындан сырткары, этнонимдин чечмелениши боюнча элдик этимология, тагыраак айтканда, санжыранын ж.б. фольклордук маалыматтарда да бар. Этнонимдин баштапкы мааниси элдик дастандарда, анын ичинде «Манас» эпосунда да чагылдырылат.

«Кыргыз» этнониминин маанисине адегенде венгр илимпоздору аныктама берүүгө аракеттенишкен. Вамбери этноним, эки сөздүн мааниси - «кыр» - талаа, тоо, «кез» - тургуну, жашоочусу» -деген пикирди айтып. Бул көз караш кыргыз санжыраларында «кыргез» (кыр + гез) деген элдик этимология менен үндөшүп турат. В.Мункачи болсо «кыргыз» этнонимин «кыр» + огуз («тоо» же Лигетинин маалыматы боюнча «талаа» огуздары) - «талаа огуздары» маанисин туюнтушу ыктымал деген божомол айткан. Бул көз караш Сейф ад-Дин Аксыкендинин «Мажму ат-таварихиндеги» (16- к.) кыргыздар «кырк гуздардан» келип чыгат деген орто кылымдык санжыралык маалымат менен үндөшкөнсүйт.

В.В.Радлов «Кыргыз» этноними сандык маанини туюнтат деген пикирин айткан. Анын айтымында «кыргыз» - «кырк»+»жүз» дегенди түшүндүрөрүн жазат. Болжолу, автор этностук аталыштын чечмеленишин кыпчак тилдүү элдерге кенен тараган жүз, миң деген этностук компоненттер менен жакын караган. Чындыгында эле, кыпчак тилдүү көчмөн өзбек, казактар уруулук бирикмелер - жүздөргө (өзбек жүз, казактардагы улуу, жүз, орто жүз ж.б.) бөлүнүшкөндүгү маалым. Шлегель «кыргыз» этнонимин «кыргу» - кызыл түс, «жүз»- кишинин өңү-түсү дегенди туюнткан деген эки сөздүн биригүүсүнөн келип чыккандыгын жазат. Бул пикир орто кылымдардагы (8-10-кк.) Кытайдын Тан династиясынын жыл баяндарындагы маалыматтар менен да дал келерин байкоого болот. Кытай жыл баяндарында «кыргыз» этнониминин «гянгун», «гегу», «сясзясы» (хягасы) формалары басымдуу учурайт. «Тан хуияодо»: биз тилмечтерден (уйгур тектүү котормочулардан) сураганыбызда (тактаганыбызда) «хя-гяс» сөзү «сары баш» (сары чачтуу), «кызыл түстүү» дегенди туюнтат деген» маалымат жазылган. Болжолу, уйгурлар кыргыздарды антропологиялык тибине карата ушундайча аташкан. «Хягас» сөзү котормочулардын айтымындагы ошол учурдагы уйгур тилиндеги qirgu = qizgu «кызгылт түстүү» дегенди туюнткан. Болжолу, уйгур тилинде «кыргы + сөзү кызыл маанисин аныктап, кытай тилине этноним дал ушул мааниде өтүп калган.

Л.Лигети өз эмгегинде Девернянын кытай тилинде «киян кун» - «кыргыз» этнонимин, ал эми «Кем» - Энесай, «Кун» - Орхон маанисин туюнтушу мүмкүн деген гипотезасы жөнүндө жазат. Бирок, Девернянын бул пикирин далилсиз көз караш катары кароого болот. Мындан сырткары, илим чөйрөлөрүндө адистер жогорудагыдай гипотезаны колдоп чыгышкан жок. Соңку мезгилдеги илимпоздор «кыргыз» этнониминин тоо, кыр, талаа адамдары, өңү «кызыл», «кызгылт» түстүү адамдар маанисинде чечмелеп жүрүшөт. К.И.Петров: «Кыргыз»-«кырыг» (же кыргы) байыркы түрк тилдеринде кызыл түсүн аныктаган сын атооч, - З көптүк маанини (- лар мүчөсү) туюнткан сөз жасоочу мүчө» - деп жазат. Ушул эле көз карашты түрколог Н.А.Баскаков өз изилдөөлөрүндө колдоп чыккан тыянагын айтат. Бирок, Н.А. Баскаков qurquz сөзүнүн баштапкы маанисинде qurgu - quruq - «кызыл», экинчи компоненти oguz - guz же quruq oguz — кызыл огуздар дегенди туюнткан. «Кызыл» түсү байыркы түрк доорундагы «түштүк» дегенди туюнткан. Изилдөөчүнүн пикиринде этноним бир эле учурда «түштүк огуздар» дегенди билдирет. Бул гипотеза (экинчи компоненти боюнча) 16-к. теңиртоолук кыргыздардын Хожент тоолорунда кырк гуздардан - кыргыз этноними келип чыгат деген санжыра менен дал келет. Этнонимдин тоо, талаа, кыр, кызыл, ж.б.у.с. сөздөргө маанилеш келип чыккандыгын белгилеп пикирлер соңку мезгилдерде да жарык көрүп келет. Илим чөйрөсүндө бул маселе боюнча дагы бир багыт бар. Биздин пикирде ушул көз караш негиздүү илимий тыянак болуп калат. Доржи Банзаров, Л.Лигети С.М.Абрамзондор кырг(к) - сан, - З көптүк маанисин туюнткан сөз жасоочу мүчө. «Кырк + з: - лар көптүк маанини түшүндүргөн сөз жасоочу мүчө». «Кырк + тар» же «кырк уруу», «кырк уруу эл». Бул илимий негиздүү пикирди эң алгач бурят окумуштуусу Доржи Банзаров айткан. Автор -З көптүк маанини аныктаган монгол аффикси деген тыянакка келет. Арийне, - З мүчөсү байыркы түрк доорунан эле белгилүү. Мисалы, кыргыз , огуз, телес, барлас, мундуз ж.б. Огуз= ок(з)+ уз; «ок» - байыркы кыргыз тилинде «уруу», «эл» дегенди аныктаган oq-oq «тебе», «урук» +иг; *-г* көптүк маанисин аныктоочу байыркы аффикс. Санга байланыштуу этностук аталыш тар байыркы кыргыз (түрк) доорунда өтө кенен тараган. Мисалы, он ок, он огуз, атуу татар, үч карлук, үч курыкан, тогуз огуз, отуз уул, үч ок, ж.б. Кыргыздарда кырк уулу (саруу), кырк тамга (жоокесек), отуз уул, тогуз (багыш), жети уруу (саруу), үч ок (басыз) ж.б. урук-уруу аттары кездешет. Түрк-монгол элдеринде, анын ичинде кыргыздарда жети, тогуз, кырк сандары ыйык санды туюнтары эзелтеден белгилүү. Мындан сырткары, башкыр, казак, өзбектерде жүз, кырктар, миңдер ж.б. этникалык аталыштар кенен таралган.

Кыргыз-кырк + ыз(з) = кырк, -ыз (-з) көптүк маанини түшүндүрүүчү сөз жасоочу мүчө. Кырк + з - «кырк уруу эл», «кырк уруунун биримдиги, союзу» дегенди туюнтат. Элдик оозеки чыгар- маларда «кырк уруулуу кыргыз» сөзү арбын кездешет. Ушул эле маалыматтар «Манас» дастанында да чагылдырылат. 13-18- кк. Монгол тилдүү булактарда «кыргыз» этнонимин «киргут» - кырг + ут- т (- ут) монгол тилдүү элдерде көптүк маанини түшүндүргөн сөз жасоочу мүчө. Ойрот (Жунгар) хандыгын Угечи Кашка (Гүйлүчү, Мункэ Темур) жетектеген кыргыздар (булактарда «киргуттар») 1499- 1525-жж. Ойрот (Жунгар) хандыгын негиздешкендиги маалым. Жалпысынан, Азиянын эң байыркы элдеринин бири болгон кыргыздар жөнүндө маалыматтар тарыхый ж.б. булактарда өтө арбын кездешет. Негизинен, «кыргыз» этноними жөнүндө илимге сунуш этилген көз караштардан Д.Банзаров, Л.Лигети, С.М.Абрамзондун пикирлери илимий негиздүү тыянак болуп калат.

**«Кыргыз» этнотопонимдери.** «Кыргыз» этнотопоними Түштүк Молдованын аймактарынан кездешери маалым. Энчйлүү аттар (Кыргыз, Кыргыз-Кытай) дарыялардын аталыштары (гидроним) катары белгилүү. Мындан сырткары, ушул

эле аймактагы Ак Маңгыт, Джалаир (кырг. Жалайыр), Кара-Кытай, Кара-Найман, Кереид (кырг. Кереит), Комрат (кырг.Коңурат), Копчак (кырг.Кыпчак), Костамгалия (кырг. Кош тамгалы), Манкыд (кырг. Мангыт), Найман, Токуз (кырг. Тогуз) ж.б.у.с. этнотопонимдердин кыргыз урууларынын ичинде параллелдери кездешет. Изилдөөчүлөрдүн пикирлеринде бул этнотопонимдер 11-12-кк. эле пайда болгон. Байыркы кыргыз этнокомпоненттери печенег урууларынын толкуну менен эскерилген аймакка барып калуусу ыктымал.

**Кырк кыз** — элдик айрым генеалогиялык (санжыралык) маалыматтар боюнча кыргыздар легендарлуу кырк кыздан тарашат.

Хан кыздары болгон кырк кыз айрым маалыматтар боюнча сууга түшүп жатышып, суу башынан сары ит же карышкыр (бөрү) бутун салып пайда кылышкан көбүктөн улам («Көбүк» же «көпөк» - ит дегенди туюнтат) боюна бүтүп, андан кыргыздар тарайт имиш деген жомок бар. Бирок, бул тотемдик ишеним чагылдырылган мифологиялык уламыш кыргыздар ислам динин кабыл алышкандан соң бир топ бурмаланууга дуушар болгон. Бул генеалогиялык уламыш кытай жыл баяндарында да эскерилет. Анда Юань доорунда болуп өткөн окуялар, Ус дарыясынын боюндагы кырк кыз андан тараган кыргыздар жөнүндө уламыш баяндалат. Профессор В.Я.Бутанаевдин пикири боюнча бул уламыш жаралган жер азыркы Хакасиянын аймагы аркылуу агып өткөн Ус дарыясынын ойдуңуна таандык. Жазылыгы 200-250 м. келген тунук суулу дарыя табийгаты кереметтүү жерлер аркылуу агып өтөт. Кыргыздын «Кырк кыз» жана «Толубай сынчы» деп аталган уламыштарынын түз параллелдери кыргыздарга этногенетикалык жалпылыгы аныкталып жаткан лакайларда сакталып келет. Кызыктуусу, бул эки уламыш лакайларда болуп өткөн бир окуя катары айтылат: «Өткөн бир замандарда, Махмуд деген падыша кенен аймактарга падышалык кылып турган убактарда (Махмуд Газневи, Орто Азиядагы Газневийлер династиясынын негиздөөчүсү, 10-11-кк.) анын резиденциясы жайгашкан Балх шаарындагы ордо сарайында Дугони аттуу белгилүү саяпкер-сынчы жашап өтүптүр. Күндөрдүн биринде падыша Газневи Махмуд өзүнүн аргымактарын сынатмакка Дугонини чакырыптыр. Сынчынын сынагына коюлган, бирден чубурулуп өткөрүлгөн падышанын аргымактарынын бирине да Дугонинин көңүлү тойбоптур. Акырында сынаганга аргымактар такыр калбай, жоор баскан көлүк атты көрсөтүшөт. Бул жооруган көлүк атты көргөн сынчы таптагандан соң, анын чыныгы аргымакка айланарын айтыптыр. Буга ызаланган падыша сынчынын эки көзүн оюп, башын алмакка буйрук берет. Дугони сынчынын иниси болгон Думбугул падышадан кырк күнгө жоор атты күлүк кылып таптоо үчүн уруксат сурайт. Арадан күндөр өтүп, кырк күндөн соң жумушчу жоор ат чыныгы күлүккө айланыптыр. Ызаланып, кек сактаган падышанын жазалоого ниеттенип жаткандыгын сезишкен Дугони жана Думбугул аргымакка минишип, куугунга жеткирбей узап кетишет экен. Аргымакты куугундан качкан ага-инилер катагандардын «борко» аттуу уругуна тартуу кылышат». Уламыш боюнча катагандарга тартуу кылынган бул аргымактан кийинки атактуу монгол тукумундагы жылкылар тараптыр. Чындыгында эле, иликтөөчүлөрдүн маалыматтарына караганда, катаган жана лакайлардын жылкылары башка кошуна жашаган калктардын жылкыларынан породасы жагынан кескин айырмаланып турушат. «...Аң уулоо менен жан багып жатышкан бир туугандар дарыядан агып келе жаткан сандыкты көрүп калышат. Сандыкты ачып карашса, андан суйкайган эки сулуу кыз чыга келет. Улуусуна Дугони, ал эми кичүүсүнө Думбугул үйлөнөт». Мындан бул суйкайган эки сулуу кыз кандайча сандыкка салынып, дарыяга ташталгандыгы жөнүндөгү уламышка да көңүл бурсак болот: «...Исхактын тукумдарынан болгон Ибрагим пайгамбардын Адхам деген баласы болуптур. Анын Анар деген карындашы бар экен. Кошуна жашагандар Анардын

кечинде белгисиз эркектердин коомуна барып жүргөндүгүн туюшуп, бул жөнүндө Ибрагимге кабарлашат. Агасы карындашынын «ыйык чилтендер» менен жолугушуп жүргөндүгүн билип, аны күнөөлөбөйт. Бул каңшаар падышага да учкан куштай жетип, Анар жана анын агасы Ибрагимди өлүм жазасына тартууга өкүм чыгарат. Өкүм аткарылар алдында Ибрагим: «Анар да ак, мен да акмын» («Анарда да, менде да күнөө жок!») деп айтат. Бул үн өкүм аткарылгандан кийин да угула берет экен (Аналхак жөнүндөгү уламыш менен салыштырыңыз: МИКК. Вып.1.-М.:1973, 207-211). Ызасы келген падыша өлүктөрдү өрттөөгө буйрук берет. Өрттөн калган күл да ушул сөздү кайталай бериптир. Күлдү сууга чачып жиберишсе, ал көбүккө айланып, дарыя аркылуу падышанын сарайына жылыптыр. Ушул учурда бак аралап эс алып жүргөн падыша жана аны коштогон увазирлердин кыздары аккан сууга колдорун салышар замат, бойлоруна бүтүптүр деген имиш айтылат... Хан бул кабарды угуп, кыздарды өлүм жазасына буюруйт. Баш кесер желдет жаш кыздарды аяп, сандыкка салып дарыяга агызып жиберет. Бул кыздар Дугони менен Думбугулга кезиккенден кийин, суудагы көбүктөн бойлоруна бүтүп, көз жарышат. Алардын күнөөлүү эместигин төрөт учурундагы узакка созулган татаал толгоолору да далилдеген имиш. Кыздардын улуусу төрөгөн балага Чын кыз (Чыңгыз), кичүүсүнө Дүр мен («Мен таза берметмин») деп ат коюшат. Кичүү уулдан дүрмен эли, улуу кыздан Чыңгыз хан жана анын тукумдары тарайт. Дугониден ханыша (падышанын кызы) кырк уул төрөйт». Санжыра- уламышта Дугониден Кармыш, анын тукумдарынан Лакай, ошол Лакайдан аталган кыргызга тектеш лакай эли тарайт.

**«Кырк кыз»** — кара калпак элинин эпосу. Анда кара калпак элинин эркиндикке, теңдикке болгон умтулуусу, чет элдик баскынчыларга каршы баатырдык күрөшү баяндалат. Күрөш Аллаярдын Соркок чебин калмактар бузуп, мал-мүлкүн талап, элин туткундап, өз жерине айдап кеткенинен башталып, Гүлайым баштаган кырк кыз өзгөчө баатырдык, туруктуулук көрсөтүп, өз элиң калмактардан бошотушу менен аяктайт. Эпостун «Кырк кыз» деп аталып калышы да ушундан улам келип чыккан.

**Кырма** — жыгачтан аяк, табак, чайнек, бешик туткасы, бишкек сап, тактанын буттары сыяктуу буюмдарды кырып жасоо үчүң колдонулуучу аспап. Кырма бут менен айландырылып, идиш же буюм жасалуучу жыгачтарды кысып алуучу тетиги жана учтары түрдүүчө (түз, кыйгач, ачакей, айчык) абалда курчутулган кыргыч темир бекитилүүчү бөлүгү болгон. Кырма менен узанган адам кырмачы деп аталат.

**Кырман.** 1). Эгин бастыруучу, топтоо, кызылдоо, тазалоо ж.б. үчүн атайын даярдалып, ылайыкталган аянт. 2). Терилип жыйналган пахтаны топтоочу, андан соңку кайра иштетүү үчүн даярдап, жөнөтүлчү аянт.

**Кырчоо** - боз үйдүн кереге, чий, туурдугунун сыртынан, ортосунан ылдыйраак айланта бастырылып, бекем тартылган ичке аркан. Кылдуу жакшы жүндөн үч бөлөк эшилип чыйратылат. Эки учу босого таякты бастыра керегенин ич жагына байланган кырчоо боз үйдү жылып же кыйшайып кетүүдөн сактайт. Кырчоону арткы үзүктүн, туурдуктун, түндүк табуунун боолору байланат же айрым боолор ага бир чалынат да, керегенин аягынан киргизилип, ичине байланат.

**Кытай** - сол канаттагы ири уруулардын бири. Этноним башкырларда - «катай», казактарда - «кытай», «ктай», каракалпактарда - «ктай», өзбек-катагандарда - «хытай», ногойлордо - «кытай» ж.б. формаларда өтө кенен ареалга тараган. Бул этностук аталыштын чыгыш теги Борбордук Азиядагы кидан (кара кидандар), түрк элдерине кытай (кара кытай) деген ат менен белгилүү болгон Чыгыш Азиянын (Ыраакы Чыгыш) көчмөн уруулары менен байланышкан. Кидандар кытай жыл баяндарында «Ци-дань» деген транскрипцияда эскерилет. Кара кытайлар (кидандар) монгол тилдеринин бир диалектисинде сүйлөшкөнү

маалым. Кидан уруулары 9-к. чейин азыркы Монголиянын түштүк-чыгыш аймактарын мекендешкен. 10-к. кара кидандардын тарыхта Ляо деген ат менен белгилүү болгон мамлекети (907-1125-жж.) түзүлгөн. Ич ара согуштардан улам алсыраган Ляо мамлекетин чжурчжендер талкалап салгандан соң, кидандардын бир кыйла бөлүгү батышты көздөй Караханийлердин ээлигине чегинишкен. Кидандар кыргыздардын чегине жакындаганда катуу каршылыкка кабылгандыктары баяндалат. Кара кидандар Жетисуу жана ага жамаатташ аймактарды ээлеп, караханийлерди баш ийдиргени мусулман булактарында кенен чагылдырылган. Бирок жаңы этностук чөйрөдө орто азиялык түрктөргө «кара кытай» деген ат менен белгилүү болгон кидандар бат эле түрктөшө башташкан. Кара кытайлар дал ушул доорлордо кыргыздардын курамына жуурулушу ыктымал. Кытай уруусунун өкүлдөрү Талас аймагын, Каракулжа, Алабука, Чаткал, Аксы, Ноокен ж.б. райондорду жердешет.

**Кытай кыргыздары.** Чыгыш Түркстан (Батыш Кытай, Ички Азия) деп аталган аймакты, ага чектеш жерлерди кыргыздар эзелтеден мекендеп келишет. Учурда Чыгыш Түркстан аймагы түндүгүнөн Теңиртоо, түштүгүнөн Куэн-Лун, батышынан Алай тоолору, Афганистан, Памир тоолору менен чектешет. 1949-ж. 1-октябрда Кытай Эл Республикасы түзүлгөндүгү жарыялангандан соң, бул жерлер аталган өлкөнүн юрисдикциясына өткөн. Кошуна өлкөнүн кыргыздары - «кытай кыргыздары» же «кытайлык кыргыздар» деп аталат. Аталган кенен аймактарда кыргыздардын эл болуп калыптануусунун негизги, өзөккү этаптары жүргөн. Бул өлкөдөгү кыргыздар жалпысынан компакттуу жашашат. Чыгыш Түркстандын кыргыздары аймактагы жашаган 13 тилде сүйлөгөн калктардын эң ирилеринин бири. Кыргыздар өз алдынча Кызыл-Суу Кыргыз Автономиялуу району статусуна ээ. Эне тилде жарык көргөн гезит-журналдар, илимий басылмалар, китептер, мектептер ж.б. маданий-агартуу очоктору кытайлык кыргыз калкынын муктаждыктарын камсыз кылып турат. Бул багытта кытай өкмөтүнүн улуттук азчылыктар боюнча жүргүзгөн саясаты, кам көрүүсүн белгилөөгө татыырлык. Учурда Кытай Эл Республикасында 170 000 кыргыз болсо, алардын 150 000 Кызылсуу Кыргыз автономиялуу районунда жашашат. Мындан сырткары, Түндүк Шинжаңда (Синцзян - «Жаңы чек, ээлик»), Иле Казак областынын Текес районунун Көк-Терек айылында миңдей, Шаты - айылында 2 миңдей, Жаман-Суу айылында Миндей, Таш-Коргон Тажик автономиялуу районунун Көк- Жар, Уйгурлардын Гума районунун Кең-Кыр айылдарында да кыргыздар бар. Кыргыздардын айрым бөлүктөрү Үрүмчү ж.б. шаарларда, райондордо жашашат.

Кыргыздардын географиялык жайгашуусу түндүктөгү Куча шаарынан түштүктөгү Каралаш дарыясынын өрөөндөрүн кучагына камтыйт. 20-к. баш чендеринде Куэн-Лун тоолорунун ичинде кыргыздардын негизги бөлүгүнөн ыраак жайгашкан, өздөрүн кыргыз-кыпчактар же кыргыздын кыпчак уруусуна таандыкпыз деген көчмөндөрдүн тобу катталган. Айрым информаторлор Тибет аймагында да кыргыздар бар экендигин белгилешет. Бул маалыматтар А.В.Станишевскийдин Ладакта (Тибетте) 1000 чамалуу (20-к 50-ж.) кыргыздар жашайт деген фактысы менен бекемделет. Тибетке ыктаган сары уйгурлардын, Лоп көлүнүн (Лоб-Нор) айланасын байырлаган лоптуктардын байыркы кыргыздардын бир бөлүгү экендиги да соңку иликтөөлөрдө далилденүүдө. Мындан сырткары, Ички Азия аймагында кыргыздар эзелтеден байырлап келишкендигин көптөгөн илимий тыянактар да ырастаары анык. Изилдөөчүлөр кыргыздар этностук составы боюнча бүгүнкү күнү да өткөн кездеги уруулук бөлүнүү тартиби менен жайгашып, аларда уруу-уруу же «бир атанын балдары» деген ата салты толук өкүм сүрөрүн белгилешет. Чыгыш Түркстандагы кыргыздардын уруулук курамы теңиртоолук кыргыз урууларынын

генеалогиялык түзүлүшү менен толук дал келет. «Эгерде Чыгыш Түркстанда жашаган кыргыздарды этностук составы боюнча бөлөк жердеги жашаган кыргыздар менен салыштырсак, анда алар эки чоң топко бөлүнгөндүгүн байкайбыз. Биринчи топко Ак-Суу өрөөнүндөгү жашаган кыргыздар, Текестеги кыргыздар жана Кашкар округундагы чоң багыш менен кушчулар (кутчулар) кирип, алар Кыргызстандын түндүк бөлүгүндө жашаган кыргыздар менен бир этностук уруу бөлүктөрүн түзгөндүгүн көрөбүз. Экинчи топко: Кашкар, Хотан округундагы кыргыздар, негизинен, Тажикстандагы Тоолуу Бадакшан аймагындагы (Чыгыш Памир) кыргыздар, Түндүк Афганистан жана Кыргызстандын түштүгүндөгү айрым уруулар менен этностук биримдикти түзгөн. Бул аймактарда кыргыздардын оң, сол, ичкилик (Булгачы) же кыргыздын үч канатына тең таандык уруулардын өкүлдөрү жашашат. Оң канат уруулары: адыгине, бугу, мунгуш, черик, сары багыш, солто; сол канат: басыз, кушчу, саруу, мундуз, чоң багыш; ичкиликтер (булгачылар): найман, кыпчак, тейит, кесек, бостон. Мындан сырткары, кыргыздар менен этностук жалпылыгы илимде далилденип келе жаткан лобнорлуктар, Долондор, калмак-кыргыздар, катагандар, уйгурлашкан кыргыздардын топтору, алардын этностук башаты, теги өз алдынча иликтөөлөргө арзыйт.

Кытайдагы жашаган кыргыздардын басымдуу бөлүгүн кыпчак уруусунун өкүлдөрү түзөт. Алар тогуз кыпчак, товур кыпчак, кан кыпчак деген ири уруктардын курамына киришет. Кыпчактар Кашкар шаарынан батышты көздөй созулуп жаткан Айыгарт, Арча- Бел, Чимген, Бостон-Теректе, Жаңы Гиссар шаарынан түштүккө карай Чумбус, Кенкол, Чаарлын, Кароол, Гыджек деген жерлерде турушат. Ал эми наймандар болсо, Жаңы Гиссар шаарынан түштүк тараптагы Кызыл-Тоодо, Тоюнлук, Чымген, Там, Арпалык, Сөгөт, Капка, Сарай, Кайыз деп аталган өрөөндүү жерлерди, Ой-Таг, Гез деген жерлерди мекендешери маалым. Наймандардын бир бөлүгү Сарыкол ашуусуна туташ жерлерди (Чыгыш Памири) байырлашат. Ошону менен бирге, найман уруусунун өкүлдөрү Жай-Терек, Жайылган деген айылдарды негиздешип, отурукташууга өтүшкөн, дыйканчылык менен кесиптенишет. Тейиттер да көп сандуу кыргыз урууларынын бирине киришет. Кыпчак, кесек, найман, канды, оргу, ават, жоокесек, бостон ж.б. ичкилик (Булгачы) уруулардын таралып, жайгашуу абалы өтө зор, кеңири географиялык ал- акты кучагына камтыйт. Тейиттер жана аталган уруулардын өкүлдөрү бир эле учурда Чыгыш Түркстан, Кыргызстандын түштүгү, Өзбекстан (Фергана өрөөнү, Ташкент, Сыр-Дарыя, анын ичинде Заамин, Бакмал райондору), Тажикстан (Жерге-Тал, Шаартуз, Нау, Исфара, Мургаб), Түндүк-Чыгыш, Афганистандын аймактарын байырлап келишет. Тейиттер Кашкар шаарынан батышка карай Бөрү- Токой, Кызыл-Суу капчыгайларын, Жаңы Гиссардан батышка Кара- Таш жана Кызыл-Суу дарыяларынын оң Жак жээктерин байырлашат, Жаңы Гиссарды түштүкө Кан-Терек, Чимген, Чумбус дарыясынын агымына карай Созусай, айрым бөлүктөрү болсо Сарыколдогу Таш-Коргон, Кара-Кол, Суу-Башы деген жерлерди мекендешери аныкталган. Изилдөөчүлөр тейиттерди эң байыркы уруулардын бири катары эсептешип, 8-к. эле Чыгыш Түркстанга отурук- ташышкан деген пикирди айтышат. Айрым маалыматтарда тейиттер ошол арабдардан (8-к.) бөлүнүп чыккан «таит» деген уруулардын урпактары болушат. Кесек уруусунун өкүлдөрү Пас-Рабат, Кен- Кол, Тагарма капчыгайларын байырлашат. Жогорудагы аталган уруулардын өкүлдөрү өздөрүн ичкиликтер уруулук тобуна кошушат- Анвар Байтур Карашардын түндүк тарабындагы Чоң Жылдыз деген жайлоолорду кыргыз уруулары мурдатан эле ээлеп, Уйгур хандыгы менен Чагатай хандыгын байланыштырып турган деп белгилеген. Кыргыз уламыштары боюнча Эсенбуканын доорунда Р топ кыргыз уруулары Жылдыз жайлоосуна көчүп келген.

Кыргыздын сол канатына кирген чоң багыштардын салыштырмалуу саны башка урууларга караганда бир кыйла көптүк кылат. Чоң багыштар Теңиртоонун түштүк тоо кыркалары тарабында, Тоюн дарыясына туташ өрөөндөрдө, Чакмак, Терек, Майдаң капчыгайларында, Кашкар шаарынан түндүк-батыш тараптагы Кызыл-ой, Канжуган, Жыгач-Арт, Кавагатты Оксалыр деген жерлерди мекендешет. Чоң багыштар менен мундуз, сары багыш, дөөлөс, чериктер аралаш турушары малым. Кыргыз уруулары жайгашкан жана ага чектеш аймактарда кыргыз тилиндеги жер-суу аттарынын жыш учурашы кыргыздардын бул чөлкөмдөгү түптүү эл экендигин дагы бир ирет чагылдырары бышык. Чагатай урпактарынын дооруна таандык маалыматтарга караганда, Кашкар, Жаңысар, азыркы Ак-Тоо району жана Жаркен тараптарда тогуз кыпчак, сарт калмак, найман, чоң багыш, балыкчы, итарчы, мунгуш, сары багыш, кесек, тейит уруулары; Ак-Суу, Үчтүрпан, Акчий тараптарда - сары багыш, төөлөс, черик, бугу, мундуз, кушчу, Иле өзөнүнүн баш агымындагы райондордо - бугу, мундуз, адыгине, сары багыш уруулары жашашат.
Кашкар округундагы кыргыздардын бир кыйла бөлүгүн кушчу уруусу түзөт. Кушчулар Жай-Дөбө, Бычан, Инген, Шейит, Жейрен-Булак ж.б. жерлерде турушат. Кыргызстандын чек арасын туташ чөлкөмдөрдөгү Кызыл-Суу дарыясына туташ өрөөндөрдө, капчыгайларда, аталган дарыялардын куймаларында (Сымкана, Сары- Булак, Токой-Башы, Эттик, Сакал, Жыгын, Жойулган-Суу, Улуу- Чат деген жерлерде) Мунгуш уруусунун курамына кирген жоош уруктарынын өкүлдөрү байырлашат. Жооштордун негизги бөлүгү Ош облусунун Карасуу районунун аймагында турушары маалым. Кара-Терек (Чыгыш Түркстан) дарыясынын өрөөндөрүндө адыгене уруулук тобуна кирген Жору уруусунун өкүлдөрү жашашат. Жору уруусунун өкүлдөрүнүн басымдуу бөлүгү Каракулжа, Алай, Өзгөн райондорунда жашашат. Ак-Суу округунда Черик жана Кушчу уруу- ларынын өкүлдөрү байырлап келишет. Чериктер Акчий, КараЧий, Жалаң-Чий, Кара-Булак, Сары-Булак, Кызыл Күмбөз, Ак-Бейит, Кызыл-Аң, Кулан-Сарык, Үч, Ак-Өтөк, Жаман-Суу деген жерлерде турушат. Кушчулардын басымдуу бөлүгү чериктер менен, айрымдары Баш-Чакма, Сапарбай, Кара-Теке капчыгайларын байырлашат. Боз-Дөң деген жерде бугулар, дөөлөс, саяк урууларынын өкүлдөрү жашашат. Кушчулардын негизги бөлүгү Талас, Жалалабаддын Ноокен, Базаркоргон, Сузак райондорун байырлашары маалым. Дөөлөстөр Ноокат, Жетиөгүз райондорун, саяктар Тогузторо, Нарын, Кочкор, Суусамыр ж.б. аймактарда турушат.
Кара-Теке деген жерде мундуздар турушат. Мундуздардын негизги бөлүгү Сузак, Базаркоргон, Жалалкудук (Өзбекстан), Нарындын айрым жерлеринде, Ысыккөлдү байырлашат. Ушул эле Ак-Суу округунда сары багыш, чоң багыш, кара багыш, кыпчак урууларынын өкүлдөрү жашашат. Бая тоосунан түндүккө карай сары багыштардын «калмак» уруусу турат. Чоң багыштар Карашаар, кыпчактар Карабак жана Жаңы-Арыкты мекен кылышат. Сол канатка кирген чоң багыштардын көпчүлүк бөлүгү Кытайда, ал эми кыпчактардын негизги бөлүгү, тескерисинче Кыргызстан (Баткен, Жалалабад, Ош, Чүй), Өзбекстан (Анжиян, Наманган, Фергана), Тажикстан (Жергетал, Мургаб), Афганистанды (Чоң Памир, Кичи Памир) мекендеп келишери маалым. Или округунда кыргыздар басымдуу бөлүгү Текес дарыясынын жана ага куйган суулардын өрөөндөрүндө турушат. Бугулар көпчүлүктү түзүшөт, мындан сырткары, солто, сарыбагыш урууларын өкүлдөрү да байкалган. Бугулар Көк-Суу, Ак-Ыяз, Көк-Терек, Ак-Терек, ж.б. жерлерде турушат. Айрым маалыматтарда Чоң жана Кичи Жылдыз өрөөндөрүндө (Күнөс-Суу) да кыргыздар жашашат, бирок алар дээрлик уйгурлашып калышкан. Хотан округуна караштуу Куэн-Лундун тоо этектериндеги Кулан-Арык, Санжу ж.б. жерлерде найман, тейит, кесек, бостондор бир аздап жашашат.

Чыгыштан батышка карай узундугу 500, түндүктөн түштүккө карай 140 чакырым келген Шинжаң аймагы кыргыз этносунун калыптануусунун негизги этаптары жүргөн этностук аймак. Мисалы, атактуу эпикалык баатыр Жаңыл Мырза чыккан нойгут уруусу XIX к. чейин эле Лоб-Нор аймагында көчүп- конуп жүрүшкөн. Жазма маалыматтар, фольклор, топонимикалык ж.б. этнографиялык материалдар кыргыздардын Батыш Кытайдагы ээлеген ареалы бүгүнкү жашап жаткан аймактан алда канча кенен болгондугун чагылдырат. Кыргыздардын байыркы Ата Журту болгон Үч Куштай, Жылдыз, Күнөс, Манас шаары ж.б. жерлерде учурда кыргыздар жашабайт. Бирок аймактагы отурукташкан калктын олуттуу бөлүгү өздөрүнүн тегинин кыргыз болгондугун эскеришет. Бүгүнкү күндөгү Ават, Кула, Меркит, Актачы, Бостон, Терек, Оргу, Кызыл Аң, Кулан Сарык, Кара-Теке, Сакал, Сарай, Сөгөт, Гыджек, Кароол, Товур ж.б. топонимдер теңиртоолук кыргыздарда уруу (урук) аттары катары маалым. Каңды уруусунун курамында «алашан» аттуу ири урук бар. Этностук аталыш Батыш Кытайдагы жердин аталышына байланыштуу келип чыккан. Алашан - батыш Кытайдагы тоо кыркаларынын аталышы катары белгилүү». Кагазды кушчу уруусундагы ири уруктардын биринин аталышы катары маалым. Этноним бир эле учурда Чыгыш Түркстандагы, Жалал-Абаддагы (Ноокен, Сузак) жана Таластагы кушчулардын курамында эскерилиши аталган уруунун өткөн доорлордогу өтө кенен аймактагы миграциясын чагылдырат. Кушчулар (кытайча - «гэшу») жана азыктар (кытайча - «ассиги») 7- к. Батыш Түрк каганатынын Нушиби аймагына киргендигин кытай жыл баяндары тастыктайт. Чыгыш Түркстан Батыш Түрк каганатынын курамында болгондугу белгилүү. Адигине уруулук тобуна кирген жору уруусунда сөгөттүк жору, шарттык жору деп аталган уруктар бар. Топонимикалык аталыштар Лоб-Норго жакын аймактардан кездешет.

Сол канат кыргыз урууларынын аскердик урааны «Каратал» деп чакырылганы маалым. Чыгыш Түркстанда сол канат кыргыз уруулары байырлаган аймакта Каратал (Кытайча - Ха-ла-та-лэ) топонимии белгилүү. Изилдөөчүлөр байыркы доорлордон туруктуу сакталып келе жаткан аскердик ураандар негизинен ата-бабалардын эрдиктерин даңазалап, уруулук символдорду, сыйынуучу ыйык жерлерди чагылдырарын белгилешет. Эзелки кыргыз ж.б. түрк- монгол элдеринде ыйык туткан (тотем) жаныбары, канаттуу кушу, сыйынган тоосу, жер менен Көк Теңирди байланыштырган дүйнөлүк дарак жөнүндөгү шамандык түшүнүк кенен таралганы маалым. Каракалпактардын ичинде «караталшы» аттуу ири урук бар. Каратал топоними байыркы жана орто кылымдардагы кыргыз урууларынын (уруулук бирикмелеринин) жалпы курултайдан соң бириктирүүчү маанисин туюнткан, ыйык деп эсептелген, шамандык ритуал өткөрүүчү тоо, чоку, ашуу же бийик тоонун бели болуусу толук ыктымал. Тал (Каратал), Терек (бай терек) дүйнөлүк дарак жөнүндөгү шамандык идеяны чагылдырат.

Кытай монголдору - Ички Монголия аймагында жана ага чектеш жерлерде жашаган монгол тилдүү субэтностор. Кытай монголдорунун жалпы саны соңку маалыматтар боюнча тогуз милиондон ашуун адам. Бул аймактын монголдору этностук консолидациялуу бир этносту түзүшпөгөнү илимде маалым. Аларга төмөнкүлөр кирет: хөрчин, жарут, барин, ониют, хэшигтэн, харачин, узумчин, хучит, торгоуттар, олет, хошут, тумэт, дэрбэт, барга, бурет, хухунор, юннан ж.б. Бул субэтностор Ички Монголия, Шинжаң, Хэйлунцзян ж.б. аймактарды байырлашат.

**Кычкач** — очоктогу чокту, чычала, ысык темирди ж.б. кыпчып кармоого ылайыкталып темирден жасалган саптуу курал. Чар- бада, көбүнчө техника ишинде колдонулуучу атайын куралды да ушундайча аташары маалым. Айрым жерлерде ал аташ күрөк, кыпчуур деп аталат.

**Кыштак** — айыл жериндеги калк отурукташкан жай. Бул термин «кыштоо» дегенден келип чыгат. Көчмөн кыргыздар кыш мезгилинде, кар калың түшкөндө мал-жаны менен кыштоодо турушкан. Кыштак сөзү бир орунда узагыраак туруп калуудан улам келип чыккан.

**Кыштоо —** кышында пайдалануучу талаа жана жарым талаа жайыты.

**Кыштымдар** - Кыргыз каганатындагы (б.з 4-5-кк. б.з.18-к. баш чендерине чейин) социалдык-этностук топтор. Кыргыз мамлекетине моюн сунуп, орус жазма булактарында кыргыздарга «табигый кулдар», «салык төлөгөн кара таман калк» деп аталган социалдык-этностук, этнографиялык топтор ушундайча аталган. Кыргыз каганатынын казынасынын маанилүү бөлүгүн түптөгөн. Кыргыздар экономикалык мааниси зор бул аймактарды тышкы душмандардан жигердүүлүк менен коргошкон. Кыргыздардын аскердик-саясий, чарбалык-экономикалык кызыкчылыктары таралган алкак түндүгү Кызылжар (азыркы Красноярск), чыгышы Байкал көлү, түштүгү Гоби чөлү, түштүк жана батышы Чыгыш Түркстан, андан Иртыш, андан ары Орто Азиянын кенен чөлкөмдөрүнө чейин таралган.
Башка жазма булактарда орто кылымдардан эле «кесдим», «кистим» ж.б. аталыштар менен белгилүү болушкан. 17-18-кк. орус жазма булактарында бул топторду кыргыздардын «крепостной, укугу жок адамдары» деген маалыматтар бар. Байыркы доордон соңку мезгилдерге чейинки (б.з. 5-18-кк.) Кыргыз каганатына жана кыргыздарга баш ийген социалдык-этностук топтор бүгүнкү Кемерово, Тоолуу Алтай, Тува аймактарында жашашкан. Бул катмарга алтайлыктар (түндүк жана түштүк алтайлыктар), тувалар, шорлор, карагастар, кет, самодий, монгол тилдүү айрым уруулар киришкен. Кыргыздарга түбөлүк карыз деп эсептелген кыштымдардан баалуу аң тери жана анын наркындагы салык алынган. Зарыл Учурларда салык темир, курал-жарак, тамак-аш түрүндө да алынган. Улустарды жетектеген кыргыз бектери орточо эсеп менен алганда 500-1000 кыштымга ээлик кылышкан. Кыштымдар мурас, энчи катары да берилген. Мисалы, согуштук-саясий жактан алсыраган 17-18-кк. Энесайдагы Кыргыз мамлекетинин кыштым аймактары же «кыштым жерлери» профессор В.Я.Бутанаевдин далилдөөсү боюнча Том, Кондом, Мрассу дарыяларынын өрөөндөрүндөгү Кузнецк Алатоосунун тоолуу-токойлуу өрөөндөрү, Түндүк Алтайдын Төөлөс көлүнө чейинки аймактары кирген.
Кыяк (монг. «куяг») - жоокерлер согушта кийиүүчү соот кийим, чарайна. Энесай кыргыздарынын аскердик кийимдеринин бири да «кыяк» деп аталганы анын жаңы доордун баш мезгилине чейин (18-к.баш чени) колдонуп келишкендигин иликтөөлөр ырастайт.
«Кыял» — кыргыздын улуттук буюмдарын чыгаруучу көркөм кол өнөрчүлүк бирикмеси. Бирикме 1969-жылы Бишкек (мурдагы Фрунзе) шаарында уюшулган. Анын көптөгөн цехтеринде Кыргыз Республикасынын мамлекеттик желеги, Герби ж.б. атрибуттары, улут оймо-чиймеси бар түрдүү буюмдар, боз үй, комуз ж.б. улуттук музыкалык эл аспаптары, шахмат, дойбу, калпактар, чепкендер, аялдын асем жасалмасы (сөйкө, тумар, билерик, шакек ж.б.), чекме сүрөт, булгаары буюм (капчык, намыян ж.б.), мүйүз буюм, жоолук, шырдак, шалча сыяктуу көп сандаган эмерек жасалат. Бул өндүрүштүк бирикменин улуттук колоритке бөлөнгөн буюмдарын алыскы жана жакынкы чет өлкөлөрдө жакшы билишет. Бул аталыш кыргыз оюуларынын атынан алынган.

## Л

**Ладино** (исп. «куу», «чапчаң») — Латын Америкасында Испан-Индей метистеринин аталышы. Көптөгөн латын америкалык этностордун негизин түзгөн.

**Лакайлар** — чыгыш теги жагынан кыргыздар менен тектеш, этногенетикалык, этномаданий жактан башаты жалпылаш калк. Илимий адабияттарда «өзбек-лакайлар» деген ат менен да белгилүү. Белгилей кетчү маселе, Тажикстандагы акыркы эл каттоолордо лакайлар «өзбек» деген кошумча, таңууланган жасалма аттан баш тартышты деген маалыматтар бар. Чындыгында эле, мындай мисалдар орто азиялык түрктөргө, карлуктарга, барластарга, каракалпактарга, отурукташкан кыпчактарга, курамаларга, иран тилдүү ж.б.у.с. этнографиялык топторго да мүнөздүү көрүнүш.
Лакайлар деген ат менен белгилүү болгон бул этностук топ орто кылымдардан Тажикстандын, Өзбекстандын түштүк тарабындагы, ал эми айрым топтору Афганистандын түндүгүндөгү чек арага жамаатташ аймактарды байырлап келишет. Лакайлар боюнча илимий адабияттарда Н.А.Аристов, И.П.Магидович, Н.Г.Маллицкий, Д.К. Писарчик, Бурхан-уд-Дин хан-и Кушкеки, Ф.И.Льютко, Д.Н.Логофет, А.Панков, А..Борис, А.П.Хорошкин, Н.И.Гродеков, В.В.Бартольд, совет доорундагы көрүнүктүү тарыхчылар М.Е.Массон, Б.Х.Кармышева, К.Ш.Шаниязов, ж.б. тарабынан жүргүзүлгөн иликтөөлөрдү эскере кетүү абзел. Айрым статистикалык маалыматтар боюнча лакайлардын жалпы саны жүз миң чамалуу. Лакайлар жердин аталышына байланыштуу келип чыккан эки ири топко бөлүнүшөт: хисари лакай жана кулоби лакай. Гиссардык лакайлар эсенкожо жана бадраклы, ал эми кулоби (куляби, балжуан) лакайлар «байрем» жана «төрт уул» деген ири уруулук топторго бөлүнүшөт. Бул этностук топ боюнча этнограф А.Х.Кармышева бир катар иликтөөлөрдү жүргүзүп келди. Лакайлар жашаган аймактагы маданий-этностук чөйрөгө өзгөчө көңүл буруу зарыл. Ушул эле аймакты мекендешкен коңурат, катаган, карлук, дүрмөн, барлас, түрк ж.б. чыгыш тектери азыркы мезгилге чейин илимий тастыктоону талап кылып келет. Лакайлардын теги жана алардын бул аймакты байырлап калышы жөнүндө илим чөйрөлөрүндө жалпы, ары бирдей көз караштар жок. Айрым изилдөөчүлөр (И1.П.Магидович) лакайларды араб жеңип алууларынын мезгилинде карлуктар менен бирге келишкен дешсе, кээ бирлери Шейбани хандын жетекчилиги астында журт которушуп келген көчмөн-өзбектердин бир бөлүгү катары карашат (А.Борис, Д.Н.Логофет, А.Панков). Айрымдары, 13-к. Чыңгыз хандын көчмөн ордолору менен чогуу журт которушкандыгын, бул эл болсо Лакай аттуу аскер башчысынан тараарын белгилешет. М.Е.Массон карлуктар 8-к. эле лакайлар менен кошуна турушкан деген пикир айтат. Арийне, бул көз караш тактоолорго муктаж. И.П.Магидович өз иликтөөсүндө лакайлардын этнонимиясынын казактар менен айрым параллелдүүлүктөрүнө таянып, лакайларды байыркы түрк тилдүү аргындардын бир бөлүгү деген тыянакка келет. Бул көз карашка да аяр мамиле жасоо зарылдыгын белгилегибиз келет. Б.Х.Кармышева «История народов Узбекистана» аттуу коллективдүү эмгектин авторлоруна өзүнүн пикирлеш эместигин билдирет. Андыктан, эмгектин авторлору лакайларды уйгур, түркмөн, түрк, карлуктар менен катар аталган аймактын түптүү (автохтондуу) элдери катары карашат. Автор эмгектеги илимден алыс турган божомолдоолорду кескин сынга алган. Мындан сырткары изилдөөчүлөр лакайлардын карлуктардан, «көчмөн-өзбектер» деп аталган семиз, кесамир, муса базари, дүрмөн, барластардын тили материалдык маданияты, кала берсе антропологиялык (лакайларда монголоиддик тип басымдуулук кылат) жактан өзгөчөлөнүп турарын белгилешет. Аталган этностук топ (лакайлар) тоолуу аймактарды байыр алышкандыктардан улам, жашоо-тиричилигинде каада-салттарында, чарба жүргүзүүнүн ыкмаларында көчмөндөргө гана мүнөздүү болгон салттуу маданиятты сактап калган.
Б.Х.Кармышева лакайларды кыргыз, казак, өзбек, тува, хакас, алтай ж.б. түрк тилдүү элдер менен этностук байланыштарын этнонимиялык

параллелдүүлүктөрдүн негизинде сыпаттап чыккан. Автор бул этностук топтун карлук, казак, батыш сибирдик элдер, өзгөчө казактар менен (орто жүз казактары) жакын экендигин көрсөтөт. Албетте, автордун айрым көз караштарын колдоо менен бирге, лакайлардын казак, каракалпак, дүрмөн ж.б. этносторго салыштырмалуу кыргыздар менен теги өтө жакын экендигине ынандык. «Лакай» макроэтониминин жалгыз параллели кыргыздын мундуз уруусунун курамында гана чагылдырылат. Бул урук курамына кирген мундуз уруусу кыргыздын эң байыркы урууларынын бири катары эсептелет жана анын параллели бүгүнкү алтайлыктардын (алтай кижилер) курамында сакталып келет. Маселен, лакайлардын курамындагы уруу-урук аталыштарынын параллелдери Түштүк Сибирдин шорлор, хакастар жашаган аймакта (Хакасия) Мрас-Су (Мраз этоними), Кыргызстанда Нарын (дарыя, шаардын, аймактын аталышы), Кутурган (Сузак жана Өзгөн райондорундагы айыл аттары), Самаркандек (Баткен жергесиндеги айыл) ж.б.у.с. жер-суу аталыштары кирет. Маселен, кыргыздар 19-к. биринчи жарымында Чыгыш Памирден тышкары, анын батыш районундагы Балжуан, Нуратин бектиктеринде да жашаган. 19-к. экинчи жарымынан тартып кыргыздар Коргонтөбө бектигинде да отурукташууга өтүшкөн. Бул фактылар кыргыздардын лакайлар менен этностук алакалары 19-20-кк. да үзгүлтүксүз улангандыгын чагылдырары бышык. Иликтөөлөрүбүздө кыргыз-лакай уруу (урук) аталыштарында түз этногенетикалык байланыштарды тастыктаган алтымыштан ашуун параллеледер такталды. Мындан сырткары, илимпоздор берген маалыматтарга караганда, түздүктөгү тажиктер (Душанбе ж.б. аймактар) лакайларды бүгүнкү күндө да «кыргыздар» деп аташары маалым. Этнонимиялык параллелдер капысынан эле пайда болуусу мүмкүн эмес. Мисалы, лакай (мундуз) = лакай, кармыш (кыпчак) = кармыш, күнтуу (солто) = күнтүү, чолок туума (моңолдор) кара туума, сакоо (кыпчак) = сакау, жедигер (кыргыздын оң канатындагы ири уруу) = жедигер, ак баш (мун- дуз) = ак баш, каллар (кесек) = каллар, чоро (саяк, баргы) = чоро, кара чоро (геноним) = ак чоро, тентек найман (найман) = тентек, карача (мундуз) = карача, төрт уул (чекир саяк) = төрт уул, беш бала (багыш) = беш уул, казак (солто) = казак, досой (солто) = дусой, азоо (черик) = азау, кечек (кесек) = күчөк, сары (оргу) = сары, беш көрүк (солто) = беш көрүк, коңурат = коңурат, жоо чалыш (солто) = жоо качты, оторчу (саруу) = утарчы ж.б. Белгилей кетчү маселе, оторчулар же утарчылар (тарыхый булактарда - утарчылар) Моголистандагы ири уруулук бирикмелерден болгон. Бабурдун мезгилинде оторчулардан чыккан Султан Акмат Тамбал Ош шаарынын акими болуп турган. С.С.Губаева бул уруунун бир бөлүгүнүн Бабур менен кошо жер которуп кеткендигин белгилейт. Аталган этностук аталыш кыргыздардын жана лакайлардын гана курамдарынан учурайт. Төөчү (кара багыш) = туячи, мырзакул (жору) = мырзагул, алтымыш түтүн = алтымыш, кочкор (баргы) = бай кочкор, алтыбай (баргы) = алтыбай, чапан тума (багыш) = кара тума, көк шыйрак (бөрү) = кара сыйрак, келдибек (жору) = келдибек, малай (мундуз) = малай, парча (кыпчак) = парча, теке жунус (багыш) = жунус, куртка мерген (саяк) = кетте мерген, кара мерген (басыз) = кичи мерген, буйга (дөөлөс, каңды) = буйра, кара гул (дөөлөс) = кара гул, көк чанак (оргу) кара чанак), нооруз (тейит, жедигер) = наурыз, жолболду (кушчу) = жол болду, кан союл (мундуз) = кангур, кара саадак (дөөлөс, найман) = кырк саадак, буралар (каңды) = буранай, кудайберди (басыз) = худай берди, дөбөт (баргы) = ак дөбөт, бай төбөт (саяк) = кара дөбөт, үч урук (моңолдор) = үч уул, сүйүндүк (басыз) = суйундук, чал (чекир саяк) = чал, катаган (адигине, чекир саяк) = катаган ж.б. Уруу- урук аталыштарында гана эмес, этнонимдердин лексикалык курулушундагы өтө жакындыктар кыргыз уруулары менен лакайлардын этностук-маданий бир чөйрөдөгү алакаларын ырастайт.

Б.Х.Кармышева да лакайлардын тилинде, этностук маданиятында кыпчак (Дешт и-Кыпчак түрк уруулары) элементтеринин басымдуу экендиги жөнүндөгү көз карашын айткан. Лакайлар кошуна байырлашкан этностук топтордон тили, материалдык маданияты, чарба жүргүзүүнүн тиби, ыкмалары боюнча катагандарга жакын турушат. Санжыра маалыматтары боюнча лакайлар өздөрүн катагандардаы бөлүнүп чыккан уруу катары эсептешет. Чындыгында эле, лакайларды өтө ынтаа коюп изилдеген этнограф Б.Х.Кармышеванын белгилөөсүндө, Дешт и-Кыпчактан келген башка «көчмөн өзбектерге» салыштырмалуу лакайлар тили, антропологиялык тиби, жашоо образы жагынан катагандарга өтө жакын Ал эми түрк тилдеринин генеалогиялык классификациясында кыргыз тили түштүк алтайлыктардын тили менен бирге өзгөчөлөнгөн кыргыз-кыпчак тобуна кирери маалым. Муну кыргыздар менен лакайлардын тилине орто кылымдардагы «ногайлы» деп аталган доордун тийгизген таасири катары караса болот. С.М.Абрамзондун «ногайлы» доорундагы кыргыздардын этностук тарыхындагы казак, ногой, каракалпак этнокомпоненттеринин ролун аныктаган көз карашына токтолуп кеткенибиз абзел. Б.Кебекова өз иликтөөлөрүндө бул маселеге кайрылып өтөт. Өз учурунда Б.Х.Кармышева бүгүнкү лакайлардын курамында монгол этнокомпоненттери да арбын экендигин сыпаттаган көз карашын айтат. Бирок лакайлардын этностук курамына карата иликтөөлөрдө монгол этнокомпоненттери байкалган жок. Арийне, негизги максат лакайлардын бүгүнкү байырлаган аймакка журт которгон мезгилин, кайсыл этностук чөйрөдөн бөлүнүп чыккандыгын тактоодо турат. Белгилей кетчү маселе, Г.Г.Хитенков тарабынан жыйналган лакай эн тамга белгилеринин дээрлиги (белгилүүсү 13) кыргыз урууларынын (урук- тарынын) эн тамга белгилери менен этногенетикалык жалпылык- тары аныкталды: кыргыз-лакай этностук жалпылыктары уруу-урук, жер-суу аталыштарында гана эмес, материалдык маданияттын үлгүлөрүндө, элдик оозеки чыгармалардын маалыматтарында да чагылдырылат. Жашоо образы, материалдык маданияттын, прикладдык искусствосунун, каада-салттын айрым үлгүлөрү Дешт и- Кыпчактын көчмөндөрүнө генетикалык жактан окшош. Мисалы, лакай кыз-келиндери кошуна урууларга өздөрүнүн чеберчиликтери, узчулук өнөрлөрү аркылуу даңкталышкан. Кошуна байырлаган Орто Азиянын түрктөрү, карлуктар, дүрмөндөр, кесамирлер ж.б. шырдак токуп, ала кийиз жасоону билишкен эмес. Бул кол өнөрчүлүк буюмдарын, өзгөчө даңкы чыккан лакай баш кийимдери алыскы аймактарга белгилүү болгон. Ал эми лакай орнаменттеринин (шырдак, ала кийиз, килем ж.б. жасалгалар) үлгүлөрү теги жагынан кыргыз, казак, каракалпак, түркмөн орнаменттерине генетикалык жакындыгы маалым. Лакайларда патриархалдык-уруулук коомдук түзүлүштүн белгилери ички жана сырткы маданий- этностук таасирлерден улам жоюлуп бараткандыгына карабастан, анын эзелки көп элементтери бүгүнкү күнгө чейин сакталып келет Маселен, Лакай аймагында Совет бийлиги орногонго чейин уруу башчылары кыргыздардай эле «бий» деп аталышчу. Үй тиричилигиндеги көп элементтерде да кыргыздар менен тектеш этногенетикалык жалпылыктар кездешет. Боз үйдүн канаты «көзөнөк» деп аталып, сегиз бөлүктөн турат. Уук, кереге, айланма чий, кадимкисиндей эле боз үйдүн ичиндеги сыйлуу орун «төр», оң жак капталы - аялдар (эпчи жак), ал эми сол капталы - чарба шаймандары турууучу бөлүгүн эркектер канаты катары билишет. Тамак-аштарынын аталыштарында жана аны даярдоонун ыкмаларында да өтө окшоштуктар бар экендиги кымыз, арпа көжө, кан шорпо, куурма шорпо, умач, кескен аш, буламык, сүт же ак, сүзмө, курут, жупка ж.б.у.с. тамак-аштарды даярдоо жана даана көрүнөт. Чаростук топтордон айырмаланышып, өзгөчө жылкыга, бир аздап кой, кара малга маани беришет. Лакай жылкысынын породасы монгол типтүү жылкыларга окшош. Алардын

түскө карай аталышы: кара, ак-боз, тору, кара тору, кула, буру ж.б. Элдик оозеки чыгармалардын маалыматтары да этностук маанидеги маалымат бере алаары шексиз. Кыргызтаануучуларды өтө таң калтырган маалымат болмуштуу Толубай сынчы жана кыргыз элинин таралышы жөнүндөгү мифологиялык уламыштын аналогунун бүгүнкү лакай уламыштарында чагылдырылгандыгы. Анткени кыргыз уламыштарындагы маалыматтар (Толубай сынчы, Кырк кыз тууралуу уламыш-санжыралар, лакайларда бир тизмектеги болмуштар катары баяндалат

**Лал.** «Лал» - сөзү монгол тилинде «мусулман», «мусулмандар», «ислам динине сыйынгандар» деген маанини түшүндүрөт. Кытайлар Чыгыш Түркстандын мусулман калктарын «чантоу», ал эми мусулман-дунгандарды «хуэйхуэйлян» же «мусулмандар» деп аташкан. Лалым кушчу - Сейф ад-Дин Аксыкендинин «Мажму ат-Таварихиндеги» (16-к.) кушчу уруусунун аталышынын бир формасы. Бул тарыхый даректе лалым кушчу уруусу Куу уулдан тарап, кыргыздардын сол канатына кирери баяндалат.

**Левират** - (лат. «аялдын кайнагасы, кайниси») жесир келинди кайнагасына же кайнисине турмушка чыгууга милдеттендирген (же укук берген) нике салты. Бул салт кыргыздарда байыртадан белгилүү болгон жана кыргыз коомунда соңку жаңы доорго чейин колдонулуп келген. Левират алгачкы общиналык (жамааттык) коомдо калыптанган. Кытай булактары хуннулардын агасы өлсө жеңесине, иниси өлсө келинине, өгөй энеси жесир калса, анда хунну жараны аларга үйлөнүүгө милдеттүү бөлгондугун баяндайт. Бул социалдык жактан алганда абдан туура болгон. Анткени энеси башка бир туугандары, инисинин же агасынын балдары жетимчилик муктаждыгын сезбей чоңоюшкан, урукту улантуу зарылдыгы чечилген. Мындан сырткары, чарбадагы жалпы менчик бөлүнбөй калгандыгы болгон.

**Линиж** (лат. «сызыкча») уруктун ичиндеги бир атанын балдары. Энелик урукта - матрилиниж, аталык урукта - патрилиниж. Линиж түшүнүгү патрилиния (матрилиния) түшүнүгүнө жакын, бирок андан тарыхый диопазонунун кеңдиги менен айырмаланат. Патрилиниж уруулук түзүлүштүн кечки мезгилине же эрте мамлекеттүүлүк коомго тиешелүү болсо, линиж алгачкы жамааттык коомдо да болот. Линиж терминин илим адамдары ар башка мааниде карап жүрүшкөндүктөрү маалым. Айрымдар аны менен кандаш туугандардын өзүн атаса, башка авторлор болсо алардын үй-бүлө мүчөлөрүн да кошушат. Бүгүнкү доордо уруулук түзүлүштүн белгилери, айрым калдыктары сакталып калган элдерде уруктун линиждерге же патрилинижге (матрилиниж) бөлүнүшү сакталып келет.

**Лобнорлуктар.** Лоб-Нор көлү жана ага жамаатташ жашаган табышмактуу эл саякатчыларды, географ, тилчилерди эбактан кызыктырып келет. Бул аймактын жашоочулары өздөрүнүн жашоо уклады, тили жагынан башка этностордон кескин айрымаланып турат. Өздөрүн лоптуктар деп да аташары маалым. Лобнорлуктардын ичинде алгач Н.М.Пржевальский болуп, алардын жашоо турмушун, каада-салтын, айрым өзгөчөлүктөрү жөнүндө жазып калтырган. Лоб-Норду түркологадистерден оболку ирет С.Е. Малов изилдеп, чарклык жана мирандык лоптуктардын тили, чыгыш теги кыргыздарга жакын деген алгачкы гипотезаны айткан. Тагыраак айтканда, азыркы лобнорлуктардын тили сары уйгурлардын тили менен бирге, байыркы кыргыз тилинин негизи деген жыйынтыкка келген. Лобнорлуктардын тилин иликтөөнүн кыргыз тили үчүн маанилүүлүгүн башка изилдөөчүлөр да белгилешет. Түрколог Э.Р.Тенишев соңку иликтөөлөрүндө лобнор тили айрым өзгөчөлүктөрү жагынан кыргыз тилине өтө жакын экендигин баса белгилейт. Н.А.Баскаков, Э.Р.Тенишевдердин пикирлеринде кыргыз тили кыпчак тилдеринин таасирин күчтүү алган. Алтай түрктөрү менен узак убакыт бою тилдик алакалар жүргөн. Натыйжада, бул

тилдер менен өз ара катнаштардан улам, диалектилер тибиндеги орто кыргыз тили калыптанган. Бул тилдин реалдуу өкүлдөрү катары лоптуктарды кароо зарыл. Лоптуктар 14-15-кк. көчүп келген кыргыз-алтай урууларынын негизинде калыптанган этнос. Бул көз карашты авторлор өздөрүнүн соңку иликтөөлөрүндө да андан ары өнүктүрүшкөн.

***Ад.:*** *Тенишев Э.Р. Еще раз о происхождении лобнорцев. -М.: 1964; Малов С.Е. Лобнорский язык: тексты, переводы, словарь. фрунзе, 1956.*

**Лукман** — (кырг. Улукман) байыркы доордо акылман, аким, табып, дарыгер маанисин берген. Бул ысым ыйык китептерде да айтылат. Чыгыш уламыштарда толуп жаткан үлгүлүү сөздөр тагыла берген. Кыргыздар ооруганда даба болсун деп дары ичишсе да «Улукман колдосун» деп айтышары маалым.

## М

**Маанаев Эгемберди** (1933-ж. туулган). Тарых илимдеринин доктору, профессор. 1963-ж. Каратегин кыргыздарынын этностук тарыхы, этногенези, этнографиясы, салттуу маданияты боюнча кыргыздын улуттук илимпоздорунун ичинен эң алгачкы жолу тарых илимдеринин кандидаты илимий даражасын коргогон. Кыргыз Мамлекеттик университетинин тарых бөлүмүн аяктаган. Советтик-партиялык уюштуруу иштеринде эмгектенген. Кыргызстан КП Тарых институтунда илимий кызматкер, Кыргыз Мамлекеттик кыз-келиндер Педагогикалык институтунда проректор болуп иштеген. Учурда И.Арабаев атындагы Кыргыз Педагогикалык университетиндеги Тарых жана социалдык-коомдук илимдер институтун жетектейт. Каратегин кыргыздары жана алардын этностук тарыхы, жайгашуу ареалы, этнографиясы боюнча бир катар эмгектерди жарыкка чыгарган. Кыргыз мамлекеттүүлүгү, эл агартуучулары ж.б. боюнча эң алгачкы илимпоз-инсандарды иликтеп, бир катар илимий басылмалардын чыгышына авторлош болгон. Кыргыз элинин этностук тарыхы, этногенези, этнографиясы ж.б. маселелер боюнча докторлук, кандидаттык диссертацияларды жетектейт- Кыргыз Республикасындагы тарых жана коомдук илимдердин окуу-илим борборлорунун өнүгүп калыптанышына жигердүү салым кошуп келүүдө.

**Маасы** — жумшак булгаарыдан ултарылган кийүүгө өтө ыңгайлуу, жумшак, такасыз жасалган, кончтуу бут кийим, кепич менен кийилет. Маасы таманы, башы жана despite кончтон турат. Кончу калың териден жасалат. Эгерде кончу жука болсо, ичине чүпүрөк астарланат. Кыз-келиндердин маасылары коооздолуп атайын улуттук колориттеги оймолор түшүрүлөт. Маасы бычылып тигилишине карай «эки жактуу маасы» (мунун оң же сол пайы болбойт) «бир жактуу маасы (мунун оң-сол пайы болот) деп бөлүнөрү маалым. Кандай териден ултарылганына карай намеркен маасы, булгаары маасы болуп бөлүнөт. Маасы чыгыштын башка калктарына (тажик, уйгур, өзбек ж.б.) байыртадан кеңири тараган. Учурда маасыны негизинен жашы улгайган адамдар киет.

**Магия —** (грек magiea - сыйкыр) адамдын башка адамга, жан- жаныбарга, табият кубулуштарына, ошондой эле ойдон чыгарылган духтарга жана кудайларга касиеттүү күч аркылуу таасир берүү жөндөмүнө ишенүүгө байланышкан үрп-адаттар. Магия - табияттан тыш күчтөр менен айлана-чөйрөгө, жаратылыш кубулуштарына, адамдарга, айбанаттарга таасир этүү жөрөлгөлөрү. Алгачкы коомдо башка диний кубулуштардай эле магияда адамдын табият алдында алсыздыгынан улам келип чыккан. Магиялык каада-салттар дүйнө элдерине көп түрдүү үрөн себүүгө, эгин жыйноого, аң уулоого ж.б. байланышкан магиялар кеңири тараган. Кыргыздын илгери тумар тагынганы, жамгырды, шамалды

чакырып алууга ишенип жер-суу таюусу ж.б. магиялык жөрөлгөлөргө мисалдар арбын кездешет. Магияга ишенүүнүн калдыктары дүйнө элдеринде азыр да кезигет. Анын айрым элементтери бүгүнкү күндө кыргыздарда да сакталып келет.

**Маданият** — ишмердүүлүктүн тигил же бул түрлөрүн бекемдөө убакыттын өтүшү, башка жактарга таралышы менен өзгөрүп турган жалпы системасынан көрүнгөн адамга гана тиешелүү нерсе. Анын басымдуу көпчүлүгү адамзат дүйнөсүнө башынан эле тиешелүү. Мисалы, өндүрүштүк ишмердүүлүк, сүйлөө, жашоо каражаттарын түзүү, калыптандыруу, транспорт, биологиялык муктаждык (уйку, эс алуу ж.б.). Маданиятты түзгөн негизги системалар: өндүрүштүк, жашоону камсыз кылуучу, таанып-билүүчүлүк жана соционормативдик системалар. Жалпы адамзаттын баарына тең тиешелүү болсо да, ишмердүүлүктүн бул түрлөрү ар бир аймакта, ар кайсы мезгилде жашаган локалдык (этностук, социалдык, конфессионалдык ж.б.) топтордо ошол топторго гана тиешелүү ыкмалар менен калыптанары маалым. Алардын жыйындысы ошол топтун маданиятын түзөт. Маданиятты бүтүндөй алганда адамзат коомунун жаратылыш жана социалдык чөйрөнүн түрдүү шарттарына байыр алышынын универсалдуу механизми болот; маданият кирген системалардын өз ара аракетин жалпылай турган жогорку милдети коомдун сапаттык жана сандык кеңейтилген уланусун камсыз кылууда турат. Кайсыл бир тарыхый шарттарда ушул жогорку милдет үчүн иштеген маданияттын механизмдери пассивдүү жана прогрессивдүү эсептелиши мүмкүн, тескерисинче, ага тоскоолдук кылган зыяндуу саркындылар, социалдык карама- каршылыктар жараткан антигумандуу нерселер тескери маанидеги маданият катары каралышы мүмкүн. Маданияттын подсистемаларын бөлүү (материалдык жана рухий; турмуш-тиричиликке тиешелүү, коммуникативдик, көркөм, өндүрүштүк, жашоону камсыз кылуучу, соционормативдик ж.б.) ишмердиктин түрлөрүнүн өзгөчөлүгүнө жана изденүүнүн максат-милдеттерине жараша түзүлөт. Бирок ар бир учурда ал подсистемалар өз алдынча боло албайт, алар дайыма бири-бири менен тыгыз байланышта болот, ар биринин таассирин калгандарынан көрүүгө болот. Стратификацияланган ар кандай коомдун маданияттарынын катмарларына тиешелүү болгон субкультураны (шаар маданияты, жаштар маданияты ж.б.) бөлүп көрсөтүүгө болот. Маданият адам менен кошо эмгек куралдарын жасоо жана аны пайдалануу ыкмалары катары пайда болгон. Палеоантроптордо материалдык маданият менен катар рухий маданияттын башаты көрүнө баштайт. Ал сүрөт-чиймелерде, өлгөндөрдү көмүү ритуалдарынан байкалат. Неоантроптор, же азыркы адамдар калыптанган мезгил, тагыраак айтканда, жогорку палеолиттен тартып эле материалдык жана рухий маданияттын бардык формаларына ээ болушкан. Бул мезгилдеги археологиялык маданияттардын локалдык ажыроосу этностук ажыроонун башталгандыгынын күбөсү катары каралышы мүмкүн. Алгачкы общиналык түзүлүштүн төмөнкү этностук бирдиги тууган-туушкандык диалектилик топтор болот. Аларды шарттуу түрдө уруу Деп атоого болот. Бир кыйла жогору деңгээлде алар туугандык уруулар тобун түзүшөт. Уруулардын жана тууган уруулардын тобунун тили менен катар эле аларды башкалардан бөлүп турган рухий жана материалдык маданияты да жалпы болот. Өнүгүүнүн кеч этабында маданият бир бүтүн нерсе катары көрүнөт жана жекече алганда ритуал боюнча атактуу адистер, салттарды билгендер буюмдарды жасоодо өзгөчө чебер усталар, мергендер ж.б. болгондугуна карабастан ар бир үй-бүлө, ар бир жашы жеткен киши өз этносунун маданиятынын негизги белгилерине ээ болгон өкүлү болот. Алгачкы общиналык түзүлүштүн бузулуу процессинде бирдиктүү этностук маданияттан айрым маданияттар - профессионал- бакшылар (шаман ж.б.) маданияты, жашыруун союздардын

маданияты бөлүнүп чыгат; таптар пайда боло баштаганда общинанын катардагы мүчөлөрүнүн маданиятына каршы турган элиталык маданият, түрдүү адистешкен (темир уста, карапачы) кол өнөрчүлүк профессионалдык маданияты жарала баштайт. Рыноктук коомдо индустриалдык өнүгүүнүн жүрүшүндө, жалпы билим берүү, массалык коммуникация каражаттары пайда болгондо, этностук консолидациянын натыйжасында улуттар түзүлгөнү менен, маданий чектелүүнүн таптык жана этностук чектери сакталып калат, бирок алар идеологиялык чөйрөдө топтолот. Ал эми материалдык керектөөлөрдө унификация күчөйт. Бул жерде айырмачылык түрдүү топтордун, катмарлардын сатып алуу жөндөмдүүлүгүндө болуп калат. Профессионалдык маданиятка массалык (жалпы элдик) маданият каршы турат.

**Маданияттын глобалдашуусу** - азыркы унаа каражаттарынын, экономикалык байланыштардын, дүйнөлүк рыноктун жана массалык маалымат каражаттарынын өнүгүүсүнө байланыштуу түрдүү элдердин маданиятынын дүйнөлүк системага интеграциялануу процесси. «Глобалдашуу» термини 20-к. 80-ж. аягында улуттардын жакындашуусу жана элдердин арасындагы маданий байланыштардын кеңейүү проблемаларына байланыштуу пайда болгон. Маданияттын глобалдашуусунун оң жана терс жактары бар. Маданий байланыштардын кеңейиши, адамдардын ортосундагы байланыш элдердин жакындашуусуна алып келет. Арийне, башка элдердин маданий жетишкендиктерин ыксыз эле кабыл ала берүү менен маданий өзүнчөлүктү жоготуп алуу мүмкүн. Маданий өзүнчөлүктү жоготуп алуу коркунучу улам өсүп бараткан ассимиляцияда - майда маданияттын ири маданияттын, улуттук азчылыктын маданий өзгөчөлүктөрүнүн чоң улуттун маданиятынын арасында жок болушу - жатат. Маданий өзүнчөлүктү жоготуу жана маданияттын сиңип кетиши толук же жарым-жартылай болушу мүмкүн. Маданий таасир берүү чегинин ачыктыгы, кеңейип бараткан маданий байланыштар бир жагынан түзүк тажрыйбаларды алмашууга, маданиятты байытууга, экинчи жагынан унификация стандартташтыруунун, бүт дүйнөгө бирдей маданий үлгүлөрдүн таралуусунун эсебинен маданиятты жакырдантууга алып келиши мүмкүн.

**Маданий диффузия** - байланышуунун натыйжасында бир коомдон экинчисине маданий өзгөчөлүктөр менен кубулуштардын өз ара аралашуусунун стихиялык процесси. Анын натыйжасында маданияттар өз ара бири-бирин байытат. Маданий диффузиянын жолдору болуп миграция, туризм, миссионердик, соода, согуш, илимий конференциялар, көргөзмөлөр, жарманкелер, студенттерди жана адистерди алмашуу ж.б. кызмат кылат. Маданий диффузия өлкөлөр менен элдердин ортосунда гана эмес, бир коомдун ичиндеги этностук топтордун, социалдык катмарлардын ортосунда да жүрөт. Ошондуктан маданий диффузиянын эки тибин ажыратышат: 1) горизонталдык, мында маданий баалуулуктар бир канча этностордун арасында, статусу бирдей топтордун, кишилердин арасында таралат; 2) вертикалдык; маданият социалдык статусу тең эмес субъекттердин ортосунда таралат.

**Маданий релятивизм** - 20-к. 40-50-жж. чегинде пайда болгон жаңы илимий мектептердин көрүнүктүүсү. Ал европалык этноцентризмге терс мамилени билдирүү катары пайда болгон. Маданий релятивизм маданияттардын өнүгүү деңгээлине карабастан тең укуктуулугун, татаалдыгын жана өзүнчөлүгүн тааныйт. Мекептин өкүлдөрүнүн ою боюнча, ар түрдүү элдердин маданий типтерин салыштырууга болбойт, аларды бирдиктүү масштаб менен өлчөөгө мүмкүн эмес, анткени ар бир маданият бири-бирине салыштырууга болбой турган баалуулуктардын уникалдуу системасы болуп саналат. Ар бир маданият өз чегинде, өзгөчө формалардын жабык системасы катары каралууга тийиш. Маданий релятивизмдин алгачкы идеялары Ф.Боаска таандык. Аны колдоп

уланткандар А.Кребер, Р.Бенедикт, М.Херсковиц болушкан. Мелвилл Херсковицти өзгөчө белгилөө зарыл, ал маданий релятивизмди негиздөөчүлөрдүн бири болуп саналат. Ал мурдагы маданият теориялары тааныган Үч детерминанттан: маданият өзгөчөлүктөрүн расисттик түшүндүрүүдөн, географиялык жана экономикалык детерминизмден чечкиндүү баш тарткан. Жалпы маданий-тарыхый процессти ал түрдүү багытта өнүгүп жаткан маданияттардын суммасы катары түшүнгөн. Маданият ал үчүн адам түзгөн жашоо чөйрөсү, ар бир маданият кайталангыс, уникалдуу модель, ал башка элдердин баалуулуктары менен салыштырууга мүмкүн болбогон баалуулуктары бар салттар менен аныкталат. М. Херсковицтин маданий- антропологиялык концепциясынын негизги түшүнүгү инкультурация. Анын түшүнүгү боюнча инкультурация - индивиддин маданияттын конкреттүү формасына аракеттенүү өзгөчөлүктөрүн, жүрүм-турум моделдерин өздөштүрүүсү. Маданий релятивизимдин маңызын ачып көрсөтүп, маданияттын методологиялык, философиялык практикалык аспектилерин ачып көрсөткөн.

Методологиялык аспектиси: маданиятты ошол элдин баалуулуктарынын негизинде таанып билип, баяндап жазуу керек.

Философиялык аспектиси: маданий өнүгүүнүн жолдорунун көптүгүн, маданий-тархый процессти баалоодо көз караштардын көп түрдүү болушун таанийт. Ал маданий өсүүнүн стадияларынын милдеттүү түрдө эволюциялык алмашуусу болорун жана өнүгүүнүн бир багыты үстөмдүк кыларын жокко чыгарат.

Практикалык аспекти: индустриялык цивилизацияга архаикалык маданияттарды өзүнчөлүгүн сактоо менен тартуу зарыл. Айрым маданияттарды өзүндөй калтыруу керек. Бул идея азыркы мезгилде өтө актуалдуу болууда, анткени өнүгүүдө артта турган элдерге жасалма шарт түзүү алардын деградациясына алып келүүдө.

Маданий релятивизм багытынын өкүлдөрү этнология илиминде төмөндөгүдөй идеяларды негиздешти жана өнүктүрүштү:

- бардык маданияттар өнүгүү деңгээлине карабай тең укуктуу;
- ар бир маданияттын баалуулуктары салыштырмалуу жана алар ошол маданияттын чегинде гана өздөрүн көрсөтөт;
- европалык маданият - маданий өнүгүүнүн бир гана жолу. Башка маданияттардын өз өнүгүү жолу бар, ошондуктан уникалдуу болуп эсептелет;
- ар бир маданият үчүн жүрүм-турумдун түрдүү этномаданий стереотиптери мүнөздүү.

**Маданий өздөштүрүүлөр** - маданий инновациялардын бир маданияттан экинчисине өтүү процесси, маданий өзгөрүүлөрдүн бир кыйла кеңири тараган булагы. Маданий өздөштүрүү түшүнүгү айрым материалдык буюмдар, илимий идеялар, үрп-адаттар, салттар, баалуулуктар жана жашоо нормалары кайдан жана кантип кабыл алына тургандыгын көрсөтөт. Маданий өздөштүрүүнүн ар бир тиби үчүн антропологдор менен этнологдор маданият кубулушу пайда болгон жана кийин таралган өлкөлөр көрсөтүлгөн маданият атласын түзүшөт. Мисалы, маданий өсүмдүктөрдүн географиясы төмөндөгүдөй: таруу, түрп, гречиха Кытайдан таралган; күрүч, лимон, апельсин, манго, кант тростниги, мандарин Индияда маданиятташтырылган; жумшак буудайдын, буурчактын, жасмыктын, пахтанын, сабиздин, мистенин, өрүктүн мекени Орто Азия; Түштүк Кавказ жана Кичи Азия дүйнөгө кара буудайды, жүзүмдү, алмурутту анарды, анжирди, гиласты, бадамды, жаңгакты, ал эми Борбордук Америка - жүгөрүнү, буурчакты, ашкабакты, калемпирди берди. Кофе Эфиопиядан, сары май, ачыткы менен даярдалган нан Египеттен, помидор Түштүк Америкадан, майонез Франциядан тараган. Маданий өздөштүрүү процессинде башкалардын маданий

жетишкендиктерин кабыл алган өлкө реципиент, ал эми өз жетишкендиктерин берген өлкө донор деп аталат.

**Мазар** (ар. товаф - табынуу, сыйынуу) - мусулмандар сыйынуучу «ыйык жерлер». Кыргызстанда Сулайман тоо, Айыпбулак (Жалалабад), Кочкората, Арстанбап, Кожокелең ж.б. мазарлар эл арасында ыйык деп эсептелет. Бул мазарларга кошуна өлкөлөрдөн да келип сыйынып кайтышат. Мындай мазарлар Кыргызстандын аймагында өтө көп кездешет. Мазарга барып зыярат кылган адамдар оору-сыркоодон арылууну, перзенттүү болууну ж.б. тилеп сыйынышып, түлөө өткөрүшөт. Түлөөгө кой-эчки сыяктуу жандык- тар союлат. Айрым учурларда тыйын, буюм-тайым калтырышат. Мазарга сыйынуу исламга чейинки диний түшүнүктөр менен байланышкан. Кыргыздар балалуу болбосо мазарга гана эмес, арашандуу (булак суу чыккан жерлер) жерге да барып, суу боюндагы жыгачтын жанына мал союп түлөө кылып, Кудайдан бала тилегени белгилүү. Мазарларга же ата-бабалардын мүрзөсүнө барып сыйынуу байыркы доорлордон бери келген ата-бабалардын арбагын сыйлоо расмиси болуп саналат.

**Майорат** — (майор деген сөздөн) козголбос мүлктү (эң оболу жерди) мураска калтыруу тартиби. Мында мүлккө ээлик кылуу укугу үй-бүлөдөгү же уруудагы эң улуу кишиге таандык болот. Мындай укуктук салт азыр Англиядан башка жерде жоюлган.

**Майрам** - күндөлүк турмуш менен байланышпаган, бош мезгилде өткөрүлө турган, ыйыктык чөйрөсү менен өзгөчө байланышы бар салтанаттуу мүнөздөгү коомдук окуя. Майрам ага катышып жаткандардын баарынын бул чөйрөгө толук тийиштүү мамиле кылуусун талап кылат жана өзгөчө окуя катары белгиленет. Майрамдар эң байыркы мезгилдерден тартып кудайлардын урматына багышталып өткөрүлө баштаган жана курмандыкка чалуу, ыр-бий менен коштолгон. Ал адамдар менен жаратылыштын ортосундагы бузулган гармонияны калыбына келтирүүгө, адамдардын жаратылыш менен коомдон алыстоосун жоюуга тийиш эле. Майрамдардын көпчүлүгү белгилүү күндөрдө өткөрүлгөн, ал эми айрымдары зарылдыгына жараша белгиленип, мурдатан элге кабарланган. Майрамдын эстетикалык жагы: көңүл көтөргөн шаңдуулук, таасир берүүчү көркөмдүк, оюн-зоок, карнавал элементтери, театрлаштыруу өзгөчө мааниге ээ. Тиби боюнча майрамдар диний, элдик, кесиптик, мамлекеттик ж.б. болуп бөлүнөт.

**Макал** - адамдар жашаган коомунун турмуштук тажрыйбаларынан алынып, алардын философиялык ой жүгүртүүлөрүн жыйынтыктаган, дүйнөгө болгон көз караштарын билдирген, тарбиялык мааниси зор, курч мүнөздүү сөздүү, көркөм элестүү, рифмага жана ритмге ээ кыска чыгарма. Ал сүйлөм бир-эки сап же бир сабак ыр түрүндө да айтылат. Макал поэтикалык башка чыгармадан жалпыланган образдуу ойго, баамчылдыкка, ой корутундусуна, каймана мааниге каныккандыгы менен айырмаланат. Макал жазуу пайда болгончо чейин элдик философиянын элементи катары узак мезгилде калыптанып, атадан балага, муундан муунга оозеки мурас болуп келген. Макалдарда турмуштук реалия, акылмандуулук, сөзмөрлүк, тапкычтык, улуттун бай сөз казынасы чагылдырылат. Учурда кыргыз эл макалдары жыйналып, атайын системага салынган китептер катары жарыкка чыгууда. Макал жана анын баалуулуктары боюнча атайын илимий иликтөөлөр жүргүзүлүүдө.

**Макроэтнонимдер** - ири уруулардын, уруулук бирикмелердин, элдердин, улуттардын аталышы. Хронологиялык жактан көбүнчө байыркы доорлорго таандык энчилүү аталыштар. Мисалы, кыргыз, түрк, татар, франк, авар, түркмөн, хазар, сувар, сабир, теле ж.б.

**Мал чарбачылык** - үй жаныбарларын багууга жана асырап өстүрүүгө негизделген чарбанын тиби же чарбалык уклад. Мал чарбачылык мезолит-неолит

доорлорунда, мындан 10-8 миң жыл мур- да жаныбарларды колго үйрөтүп, бакмалаштыруу менен катар пайда болгон. Мал чарбачылык чарбанын үстөмдүк кылган алдыңкы түрү да, ошондой эле багыныңкы түрү да болушу мүмкүн. Ошого ылайык уюлдун бир жагында көчмөн мал чарбалыкты, экинчи жагында отурукташкан дыйкандар общинасындагы аз сандагы мал багуу жана өстүрүүнү көрүүгө болот. Бул эки уюлдун арасында көптөгөн өтмө типтер жайгашкан. Алардын баары тигил же бул деңгээлде адамдардын жашоо ыңгайын аныктайт, ал өз кезегинде бул чарбаларды типологиялаштыруусунун негизги критерийи болуп кызмат кылат. Мал чарбалыктын башкы типтери: атайын малчы баккан, алыскы жайытта багуу, жарым көчмөн, көчмөн түрлөрү. Бул типтер ырааттуу түрдө ар кайсыл негизде мал чарбалык техникалык жана жаюу ыкмаларын өркүндөтүүгө, малды пайдалануунун жаңы формаларынын пайда болушуна жана малдын күчүн, мал чарбалык продукциясын пайдаланууга керектөөнүн өсүшүнө, айрым адам топторунун социалдык структурасынын өзгөрүшүнө, малчылыктын жаратылыш шарттары башка райондорго таралышына ж.б. байланыштуу калыптанган. Алгачкы учурда үй жаныбарларды эт үчүн багышкан жана этинен башка терисин, сөөгүн, мүйүзүн, кылын өндүрүшкө чийки зат катары колдонушкан. Кийинчерээк малды саап сүтүн пайдалануу пайда болгон. Ал б.з.ч. 4-3-миң жылдыктан тартып уйду саай баштаганда жана сүттөн түрдүү азыктарды жасоону үйрөнгөндөн кийин чоң чарбалык мааниге ээ болгон. Ушул эле өңүттөн алганда жүндөн буюмдарды токуу пайда болгон жана таралган. Эчкинин кылынан токулган кездемелер пайда болгон. Малдын күчү алгач үрөндү тебелетип топуракка көмүүдө, дан ташууда, жүк ташууда, бир аз кийинчерээк гана чийнелерге чегүүдө пайдаланган. Жер айдоочу куралдар пайда болгондон кийин мал күчүн колдонуу дагы кеңейди. Үй жаныбарларынын түрүнө, аларды багуунун, пайдалануунун ыкмаларына жана техникасына, климаттык жана физикалык-географиялык шарттарга жараша дүйнөнүн ар кайсы райондорунда түрдүү мал чарбалык системасы калыптанган: 1) Түндүк Африка менен Түштүк Европадан Түндүк Кытайга, Түштүк Африкага чейинки жарым талаалуу, тоолуу райондордогу алыскы жайытта багууга жана жайлоодо багууга негизделген кой жана эчки чарбасы; 2) Чыгыш Африкада, Батыш Африканын айрым жерлеринде, Азиянын айрым райондорунда салыштырмалуу нымдуу талаалуу аймактарда алыскы жайытка айдап багууга жаңы жарым көчмөнчүлүккө негизделген бодо мал өстүрүү; 3) Евразия талааларында көчмөн жана жарым көчмөн чарбадагы кой, эчки, жылкы чарбасы; 4) Түштүк-Батыш Азиядагы, Сахарадагы жана Орто Азия менен Борбордук Азиянын бир катар райондорундагы көчмөн жана төө чарбасы; 5) Тибеттеги жайлоодо багылуучу кой, ачки жана топоз чарбалыгы; 6) Евразия түндүгүндөгү жарым көчмөн жана көчмөн бугу чарбасы; 7) Анд тоолорундагы отурукташкан шарттарда атайын малчы баккан же жайытта айдап багылуучу лама чарбасы. Отурукташкан дыйканчылык общиналарында аз сандагы үй жаныбарларын асыроо дыйканчылыкка багытталган чарбанын чегиндеги уклад гана болгон. Өзгөчө чарбалык системалар бир кыйла өнүккөн кошуналарынан транспорттук жаныбарларды кабыл алган аңчыларда калыптанган. Эреже катары, алар аңчылык менен байланышкан көчмөн жашоо ыңгайын уланта беришкен. Жаныбарларды транспорт катары пайдалануу чарбанын эффективдүүлүгүн арттырып, аңчылыктын продуктивдүүлүгү өсөт. Бул Сибирдин жана Түндүк Евразиянын бугу менен аңчылык кылуучулар, Түндүк жана Түштүк Американын талааларынын атчан аңчылары, Түндүк-Батыш Африканын төөчөн аңчылары. Үй жаныбарларын кармаган бардык элдерде аларды тоюттандыруу, дарылоо, сактоо, бир кыйла өнүккөн элдерде малдын башын өстүрүү сыяктуу милдеттери болору шексиз. Үй жаныбарларына кам көрүү эркектер- дин да, аялдардын да жумушу болгон, бирок ар кайсы коомдордо

алардын бул ишке катышуусу ар түрдүү болгон. Көбүнчө эркектер мал жайып кеткен, ал эми аялдар айылда калган малга кам көргөн. Бир нече түрдүү мал болсо, анда эркектер ирилерин (төө, жылкы, уй), ал эми аялдар майда жандыктарды (кой, эчки) багышкан. Саан, сүттөн азыктарды жасоо көбүнчө аялдардын жумушу болон, бирок бир катар элдерде (Индияда тода, Түштүк Суданда динка ж.б.) уйларды эркектер саайт. Көчмөн сомалилерде аялдар майда жандыктарды, ал эми эркектер уйлар менен төөнү саашат. Туарегдердин айрымдарында эркектер төөнү гана, ал эми аялдар уйларды, кой- эчкилерди саашат. Мал чарбачылык техникасынын эволюциясында малды короодо багуунун пайда болушу белгилүү бир кадам болгон. Ал Европада коло доорунан бери белгилүү. Мал жаюуда аны көзөмөлдөө жана жырткычтардан коргоо үчүн көпчүлүк малчылар мурдатан эле итти пайдаланып келатышат. Малчылыктын пайда болушу менчик укугунун өнүгүүсүнө кыйла таасир берди. Үй жаныбарлары башынан эле индивидуалдык менчикте эле, ал эми жайыттар көпкө чейин айрым общиналарга таандык болгон. Малга ээ болуу социалдык мамилелерге чоң роль ойногон, анткени мал калыңга кошулган, мал менен эмгек акы төлөшкөн, эти сыйлуу тамак болгон жана ар кандай тойлорду, ошондой эле арбактарга, кудайларга багышталган ритуалдарды өткөрүүдө кеңири пайдаланылган. Ошондуктан малчылык дыйканчылыкка караганда кадыр-барктуу кесип болгон. Ал турсун дыйканчылык чоң чарбалык мааниге ээ болгон элдерде да малчылык кесипти урматташкан. Мунун негизинде малга карата рухий турмуштун өнүгүүсүнө кыйла таасир берген өзгөчө сый мамиле, кастарлап урматтоо пайда болгон, эпостордо, мифологияда, ырларда, фольклордо, бийлерде, көркөм искусстводо малчылык мотивдерин ролу чоң, турмуш-тиричилик лексикасында да малчылык терминдер көп колдонулат.

**Мала** — кыртышты жумшартууда жана өсүмдүктү багууда колдонулуучу айыл чарба шайманы. Мала жөнүндөгү алгачкы маалыматтар Рим империясынын мезгилине таандык. Аны славян уруулары биздин замандын 1-миң жылдыгында чарбага, жер иштетүүдө колдоно баштаган. Алгачкы мезгилдеги мала жалаң жыгачтан, кийинчерээк болсо, рамасы жыгачтан, тиши темирден жасалган. Ага күч унаа (өгүз, качыр, ат ж.б.) чегилген. Азыркы мала темирден жасалып, тракторго чегилет. Ал тиштүү жана дискалуу, ошондой эле жалпы жана атайын мала болуп бөлүнөт.

**Маллицкий Н.Г.** (1873-1947). 1901-1906-жж. «Туркестанские ведомости» газетасынын редактору, ал эми 1906-1917-жж. Россия Географиялык коомунун Түркстан бөлүмүнүн башчысы кызматын өтөгөн. Өз кызматына байланыштуу Кыргызстандын түштүк аймактарын, кыргыздар жыш байырлаган Фергана өрөөнүн терең иликтөө менен бирге, кыргыздардын чарбалык укладын, каада-салтын, калктын социалдык курулушун, шайлоолор жөнүндө (Чаткал аймагы) маалыматтарды берген. Мындан сырткары, кыргыз урууларынын эн тамгалары, могол (моңолдор) уруусу жөнүндө жазган.

**Малма же малмага салуу** - тери ашатуу үчүн (айран, суу, улпак, туз) даярдалган суюктук, аралаштырып тери ашатуу ыкмасы.

**Малов Сергей Ефимович** (1880-1957). Дүйнөгө таанымал тилчи-окумуштуу, байыркы түрк тилдери боюнча ири адис. Борбордук жана Ички Азиянын чөлкөмдөрүн кыдырып чыгып, байыркы жана соңку түрк тилдери жана элдери боюнча эбегейсиз зор маалыматтарды жыйнап, илим чөйрөсүнө сунуш эткен. 1939-ж. СССР Илимдер академиясынын корроспондент-мүчөсү болуп шайланган. В.В.Радлов менен биргеликте «Алтун йарук» аттуу байыркы уйгур тилиндеги чыгарманы табышып, изилдөөлөрдүн жыйынтыгын басмадан жарыкка чыгарышкан. Окумуштуу Энесай чөлкөмүндөгү байыркы кыргыз, Орхондогу түрк жазма эстеликтерин толук иликтеп чыккан. Изилдөөлөрдүн натыйжалары орус

тилинде «Байыркы түрк жазма эстеликтери», «Кыргызстандагы жана Монголиядагы байыркы түрк жазма эстеликтери», «Түрктөрдүн Енисейдеги жазуулары» ж.б. эмгектерде чагылдырылган. Алматы шаарынан жарык көргөн орус тилиндеги «Сары уйгурлардын тили» (1957), «Лобнорлуктардын тили» (1957) аттуу эмгектеринде автор сары уйгур жана лобнорлуктардын тилдери орто кылымдардагы кыргыз тили же кыргыз тилинин өнүгүүсүнүн ортоңку этабы деген тыянакты айткан. Илимпоздун чыгарган тыянагына караганда аталган этностор 9-к. орто чендеринде Уйгур мамлекетин талкалаган кыргыздардын бул аймакта калып калган бөлүгү болуп эсептелишет. Соңку иликтөөлөр сары уйгурлар (сарыг югур), лобнорлуктардын кыргыздар менен жалпылыгын, түпкү тектеринин бир экендигин чагылдырууда. Атак- туу окумуштуунун илимге кошкон эң маанилүү эмгеги - бүгүнкү Хакасия, Тува, Тоолуу Алтай, Краснояр (Кызылжар), Кыргызстан жана ага чектеш аймактардагы рун сымал жазууларды кыргыздарга таандык экендигин илимий негизде далилдегендигинде. Адис-окумуштуу В.В.Радлов, В.Томсендерден кийин бул жазуу маданиятың кыргыздар өздөрү ойлоп таап, өнүктүрүшкөндүгүн аныктаган. Өз эмгектеринин биринде 1944-ж. мурдагы Фрунзе (Бишкек) шаарың- дагы Илимдер Академиясынын кызматкерлерине Саян-Алтайдагы жазуу эстеликтери кыргыздарга таандык экендигин илим дагы бир ирет далилдегенин билдиргенде, жергиликтүү илимпоздор тарабынан каршы тосулуп алынгандыгын өкүнүч менен эскерген. Арийне, дүйнөлүк аты бар окумуштуунун илимий чыйырын соңку доордогу илим адамдары жигердүү улантышып келишүүдө.

**Мамбеталиева Какен** (1936-1984). Кыргыздын алгачкы профессионал этнограф-илимпоздорунун бири. Тарых илимдеринин кандидаты (1966), окуу жайында доцент болуп эмгектенген. Изилдөө иштеринин негизги багыттары Кыргызстандагы таш көмүр ж.б. кен чыгаруучу өнөр жайында эмгектенген жумушчулардын турмуш-тиричилиги, маданияты, үй-бүлөлүк жана никелик мамилелерине багышталган.

**Манап.** 19-к. биринчи чейрегинде кыргыздын сары багыш ж.б. айрым урууларында башкаруунун манап институту болгондугу ырас. Термин ушул уруудан чыккан, бийлик чылбыры колунда болгон Манаптын тукумундарынын атынан келип чыгат. Мисалы, 19-к. 1-чейрегинде бугу, черик, басыз, тейит ж.б. оң, сол, ичкилик урууларынын төбөлдөрү «бий» деп аталышкан. 19-к. пайда болгон титул-термин башка айрым кыргыз урууларына да тарай баштаган десе болот. Тарыхый жазма булактарда энесайлык, андан соң теңиртоолук кыргыздар уруу, аскер башчыларынын «кашка», «бий» деп аташкандыктары чагылдырылат. Араб тилинен келип кирген «манап» (ар. маннаф) төмөнкү маанилерди берет: 1. Орун басар, которуу, которулуу; 2. тар. уруулук-феодалдык төбөлдөрдүн сословиеси; 3. Аристократ, ак сөөк.

***Ад.:** Жанузаков Т.Д. Очерки казахской ономастики. - Алматы., 1982.*

**Манжурлар** - Түндүк-Чыгыш Кытайдын түптүү калкы. Өздөрүн «манчжу нялма», «манчжу жэн» деп аташат. Түндүк-манжур тилдеринин бир диалектисинде сүйлөгөн эл. Калктын учурдагы жалпы саны 5 млн. жакын. Манжур тили айрым гана жерлерде (Хэйлунцзян провинциясы) сакталып калган. Манжурлардын басымдуу бөлүгү кытайлашып кетишкен. Бул элдин этностук негизин сушэнь, шлоу, уцзи, мохэ ж.б. уруулар түзгөн. Түрк-монгол элдеринин да тийгизген таасири зор. Уруулук-патриархалдык бөлүнүү сакталып калган. Санжыралык баяндарга маани беришет. Жазуусу (17-к.) монгол алфавитине негизделип иштелип чыккан. Диний ишеними - буддага сыйынышат. Даонун жолун колдоо менен бирге, байыркы салттуу диндеринин (шаманизм, тотемизм, фетишизм) элементтерин сактап калышкан. Материалдык жана руханий маданиятында

кытайлардын күчтүү таасири байкалат. Байыркы жана орто кылымдар мезгилинде кыргыздар манжурлар менен алакада болушкан.

**Манжы I.** шаман динindeги ритуал учурунда кийилүүчү кийимге (тонго) жана таягына (жезл) байланган ыйык деп эсептелүүчү кездемелердин кесиндиси. Ошол эле учурда шамандын «сырткы дүйнө» менен «сүйлөшүүсү» учурунда ритуал аткарылуучу ак кайыңга жана боз үйдүн устундарына илинип туруучу тыйын, түймө- топчу кадалып, тигилген кызыл түстүү кездеменин кесиндиси, боркусу (лента). Өтмө маанисинде шамандын ритуал (дубалоо) учурунда кийүүчү кийимин туюнтат. Термин кыргыздын бугу уруусунун курамындагы уруктун аталышы катары маалым.

**Манжы II.** «Манас» дастанында жердин жана элдин энчилүү аты катары чагылдырылат. Мындан сырткары, «Манас» эпосунун эволюциялык өнүгүүсүндө эпизоддук кейипкерге айланган. Этноним башка маанини да туюнтат. Энесайлык кыргыздардын урпактары болгон хакастарда «манжы» төмөнкү маанилерди туюнтат: 1-Шамандын ритуалдык кийимине же таягына (жезл) тагылуучу ыйык деп эсептелүүчү кездеменин кесиндиси(лента); 2.Шамандын «сырткы дүйнө» менен «сүйлөшүүсү» учурунда ритуал аткарылуучу ак кайыңга жана боз үйдүн устундарында илинип туруучу тыйын, түймө-топчу тигилген кызыл түстүү кездеменин кесиндиси (лента); 3. Өтмө маанисинде шамандын ритуалдык кийими.

***Ад.:** Бутанаев В.Я. Традиционная культура и быт хакасов. - Абакан, 1996.*

**Мансап** - (ар.- ир. «мансаб») - мамлекеттик, коомдук, илимий же башка иштер боюнча ийгиликтерге бат жетишип, атак- даңк, сый-урмат, материалдык пайдага ээ болуу. Бул терминди «мансапкорлук» деген мааниде колдонгондо, иште жеке керт баштын гана кызыкчылыгын ойлоп, кызмат тепкичи ж.б. көтөрүлүүнүн айла-амалын издегендикти туюнтат. Сасанийлер доорундагы Иран (фарси) мамлекетиндеги (б.з. 3-7 кк.) «кызмат даражасын аныктаган кагаз» же «кызматка коюлууга акылуу» деген маанини туюнткан. Учурда коомдук, илимий же башка иш боюнча ийгиликке бат жетип, атак-даңк, материалдык пайдага ээ болуу.

**Маргинал улуттар** - бир мезгилде бир нече этносоциалдык топтордо (урукта жана урууда, урууда жана элде, элде жана улутта) турган этностор. Алар, адатта, аталгандардын бирөөнө да кирбейт.

**Маргиналдар** - түрдүү себептер менен өз маданиятынан же социалдык чөйрөсүнөн ажырап, бирок бөлөк маданиятты али толук өздөштүрө элек адамдардын тобу. Эреже катары, кандайдыр бир маданият потенциалы калыптанган адат, салттары бар жана аны унута, өзгөртө албаган жетишсиз жашаган кишилер маргинал болушат. Башка өлкөгө дайыма жашоо үчүн келген эмигранттар, айылдан шаарга келгендер ж.б. маргинал болушу мүмкүн.

**Материалдык маданият (заттык маданият)** - белгилүү тарыхый доорлордо жана мейкиндикте зат түрүндө калыптанып, материалдуу жашаган заттар (буюмдар, нерселер ж.б.). Буларга адамдар жараткан эмгек куралдары, үй-жайы жана чарбалык курулуштар, тамак-ашы (маданий өсүмдүктөрдү өстүрүү, үй жаныбарлары да кирет), кийим-кечеси жана зергердик буюм-тайымдары, байланыш каражаттары кирет.

**Матриархат** - (лат. mater - эне, arche - бийлик - эненин бийлиги) - коомдук - социалдык структурасында аял үстөмдүк абалды ээлеген алгачкы коомдун тарыхындагы божомолдуу мезгил, аялдын үй-бүлөдөгү жана коомдогу үстөмдүк кылган абалын белгилөө үчүн колдонулуучу термин. Этнографиялык адабияттарда бул илимий терминдин бир нече мааниси аталып жүргөнү маалым. Бир кыйла кенен тараганы матриархалдык теория. Ал боюнча коомдук түзүлүштүн башталышында аял (эне) үстөмдүк кылат. Бул теория болсо энелик уруктун тарыхый алгачкылыгына негизденген жана патриархалдык теорияга

каршы күрөштө пайдалуу ролду ойнойт. Матриархат - адамзат коомунун өнүгүүсүнүн узакка созулган мезгили. Энелик доордо урукта (урууда) аялдар социалдык түзүлүштүн чокусунда турушу коомдо башкаруучу милдетти аткарышкан. Коомдогу адамдардын өз ара мамилелери алардын коомдогу ээлеген орду жана укуктары энелик урук аркылуу ишке ашырылган. Матриархат же матриархалдык түзүлүш алгачкы общиналык (жамааттык) коомдогу аялдардын үстөмдүк абалын билдирген. Тууганчылык эне аркылуу болгон. Матриархат аялдардын эркектерге караганда өндүрүмдүү эмгек кылуусунун натыйжасында келип чыккандыгы илимде далилденген. Бийликти аткаруучулар ошол эне уругунан тараган эркектер болушкан. Аялдын (эненин) коомдогу ролунун өзгөчөлүгү өтө төмөнкү деңгээлде өнүккөн чарбалык ишмердүүлүккө байланыштуу болгон. Аялдар урукта (урууда) уй чарбасынын түйшүгүн, бала тарбиялоону, жашоо үчүн зарыл болгон жыйноочулук иштерин аткарышкан. Адамзат металл иштетүүнү өздөштүргөнгө чейин аялдын уруудагы үстөмдүгү сакталып кала берген. Бул болжол менен б.з.ч. 10 миң жыл илгери болуп өткөн. Мүлктү жана социалдык абалды мурастоо аял тарабынан жүрөт, үйлөнгөндөр айрым жашашат же эненин уругунда турушат. Коомдук түзүлүштүн бул тиби алгачкы коомдун баштапкы стадиясында жана патриархатка чейин болгон деп божомолдонот. Бул мезгилдин болушу байыркы авторлордун амазонкалар жөнүндөгү легендарлуу билдирүүлөрүндө жана эркектерге каршы кужүрмөн маанайдагы аял уруулары тууралуу айрым этнографиялык материалдарда чагылдырылган. Азыркы этнологияда матриархат деп кишилердин коомдук абалы жана укугу энелик багыттагы тууганчылык даражасы менен аныкталуучу энелик урук үстөмдүк кылган тарыхый мезгилди түшүнүшөт. Кыргыз коомунда энелик доордун таасири, анын айрым элементтери сакталып келет. Мисал катары Наалы эже, Бугу эне, Зуура эже, Эне- карышкыр ж.б. уламыштарды келтирүүгө болот.

**Матрилатералдуулук** - (лат. «эне, каптал, жак») тууганчылыкты аял тарабынан аныктоо. Матрилинейлүүлүктөн айырмаланат, анткени акыркы термин теги эне багытынан тараган балдарды көрсөтөт. Патрилатералдуулукка чейин болгон.

**Матрилинейлүүлүк** - (лат. «эне багыты») тегин эне тарбынан аныктоо. Патрилинейлүүлүккө чейин болгон.

**Матрилокалдуулук** - (лат.«эне» «жер») үйлөнгөндөн кийин жубайлардын аялдардын тобунун арасында жашоосу. Матрилокалдуулук патрилокалдуулукка чейин болгон.

**Металл иштетүү жана тоо-кен иши** - адамзат коомунда алгач уу жүргүзүлгөн. Металл иштетүү борборлору кен чыккан жерден алыстагандан тартып өз алдынча кесип болуп калды. Анын тоо-кен иштеринен бөлүнүшү металл буюмдарды соодалоонун өнүгүшүнө алып келген. Металлды таш куралдар менен жөнөкөй иштетүү алтындан, жезден, кээде күмүштүн жана сейрек болсо да кездешкен метеорит темиринен кызытпастан эле муздак бойдон зарыл болгон буюмдарды жасоого мүмкүнчүлүк берген. Болжол менен б.з.ч. 6500 ж. мурда, темир иштетүүнүн алгачкы этабында 2 миң жыл бою коздук буюмдарды жана кайырмак, шибеге сыяк- туу майда куралдарды жасоо менен чектелген. Белгилүү болгондой, таза жез өтө жумшак келет, ошондуктан андан жасалган эмгек куралдары мурда адамдар колдонгон таш куралдарды алмаштыра алмак эмес. Металл иштетүүдө кийинки стадия болжол менен б.з.ч. 4500 ж. мурда Анатолия (азыркы Түркия Республикасынын аймактары) менен Иранда эритүү менен салыштырмалуу таза металлдардын - коргошун менен күмүштү, ошондой эле ургулап гана эмес куюу жолу менен да иштетүүгө мүмкүн болгон жездин табигый кошулмаларын алгандан башталат. Курамында мышьяк, сурьма, никель, күмүш, калай жана цинк бар минералдарды кошуу менен жездин бекемдигин арттырган

кошулмаларды алгандан тартып коло доору башталат. Анын алгачкы мезгили мышьяк кошулган колону пайдалануу менен мүнөздөлөт. Ошол мезгилден тартып, б.з.ч. 1500 ж. калай кошулмасы табылганга чейин 3000 ж. өткөн. Калайдын пайда болушу, аны колдонуу жөнүндөгү маселе азырга чейин илимде так далилдене элек. Аталган алгачкы 3000 жылдык үчүн металл иштетүү жана эритүү очокторунун жайылышы, анын адамзат коомунун өнүгүүсүндөгү, этностук, социалдык, коомдук жана мамлекеттик факторлорго тийгизген таасири сыяктуу али толук чечиле элек көптөгөн маселелер мүнөздүү. Айрым изилдөөлөр тоо-кен казып алуу өнөр жайынын өнүгүү тарыхына таандык. Ал эми этнографиянын үлүшүнө алгачкы этностук топтордун кайсыл бири жаңы техниканы өркүндөткөн жана андан керектүү буюмдарды жасагандар кимге таандык экендиги аныктоо проблемасы туура келет. Мисалы, Шан династиясы доорундагы Кытайда коло идиштеринин бардык түрү ата-бабалардын арбагына сыйынууга арналган жана күндөлүк турмушта колдонулган эмес. Кытайда металл иштетүүнүн үстөмдүк кылган ыкмасы куюу болгон. Темир устачылыкка негизделген чоюу, оюп сүрөт салуудагы ингустация ыкмалары сейрек колдонулган. Металл иштетүүнүн дүркүрөп өнүгүүсү жана айрым мезгилде таң калаарлык тездик менен анын искусствого айланышы баалуу этнографиялык маалыматтарга ээ экендиги талашсыз. Чындыгында, 5 миң жылдан көп мезгилди камтыган металл буюмдардын эң байыркы түрү - балык кармоочу кайырмактар, жебенин учтары, мык, шибеге - адамзат тарыхындагы татаал тарыхый процессти чагылдырат. Бул учурда кол өнөрчүлүк техникасынын өнүгүшүнүн компоненти катары, ошол эле учурда рухий, диний, этностук түшүнүктөрдүн жана жаратылыш факторлору менен шартталган мүмкүнчүлүктөрдүн изи бар. Мышьяк колосунан буюмдарды куюп жасоо менен чектелген мезгилде металл иштетүүнүн 65-67 жакын түрдүү ыкмалары белгилүү болгон: жалпайтуу, чоюу, формага салуу, жылмартуу, жалтырак түскө алып келүү, оюу салуу, ийүү, көзөө, согуу, бириктирүү, куюу ж.б. Бул негизги ыкмалар болгон, андан башка эмалдаштыруу, алтын жалатуу, инкрустация ж.б. процесстерди да камтыган. Ошентип, жезге ыктаган уста менен зергердин кесиби экиге ажырайт, өндүрүштүн өзгөчөлүгү курал жасаган устанын кесибин чот жасаган устанын кесибинен болот. Б.з.ч. III-II миң жылдыктын чегинде Кичи Азияда темирди өздөштүрүү башталат. 500 жылдан ашык мезгил темир өндүрүү иши жашыруун сакталган. Б.з.ч. 1200-жылдан тартып темирди чыныгы өздөштүрүү башталат. Темирди колдонуп, металл иштетүү технологиясы аны иштетүү ыкмаларынын татаалдыгы менен чектелип турган жана жаңы методдорду өздөштүрүүнү талап кылган: темирден куюп буюм жасоо мүмкүн эмес, чоюуга болбойт, оюп сүрөт салуу да татаал, ошол эле учурда аны чыңдоого, ширетүүгө, курчутууга болот. Анын кемчиликтери менен макул болууга туура келген: колону кайра эритип, жаңы буюм жасай берсе болот, ал эми темирди антүүгө болбойт; темирди көп жолу чыңап, курчута берсе болот, бирок башка металлдардан айырмаланып, темир жешилип түгөнөт. Алгачкы учурда техникалык ыкмалар менен методдордун бардык түрлөрүн өздөштүрүү темир устанын кадыр-баркын жогорулаткан. Баары- нан мурда чот, орок, балта сыяктуу эмгек куралдарына талап жогору болгон: өнүккөн айыл-чарбалуу райондордо устанын аброю барктуу болгон. Албетте, кесип менен шартталган квалификация өнөргө, чеберчиликке, күч-кубаттуулукка билимдин жогору болушуна түрткөн. Кесип сактыкты, зиректикти, ошондой эле тактыкты жана чыдамкайлыкты талап кылган. Бул устанын коомдогу ээлеген кадыр-баркын өзгөчө жогорулаткан жана бул кесип бардык жерде атадан балага же таякеден жээнге мураска өтүп турган. Темир устачылык магиялык жөндөмдүүлүккө байланышкандыгы- жараша түшүнүктөр этностук дифференциацияга ээ болгон. Устачылык сыйкырчылыкты талап кылган кесип

деген ой-пикир калыптанган. Өз кезегинде уруулардын жол башчысы металл иштетүүнү өздөштүрүүсү зарыл болгон, ал эми бул өз кезегинде жрецтин функциясын аткарууга алып келген, анын үстүнө металл иштетүү жол башчынын дайыма иштеген жумушу болгон эмес, ал аны мезгил-мезгили менен, зарылдыгына жараша аткарган Сүннөткө отургузуу салты бар элдерде аны темир уста ишке ашырган, темир уста дарыгердин, шамандын да ролун аткара алган. Металл иштетүү таралган бардык аймактарда темир өндүрүү төмөнкүдөй дифференциацияга учураган: түстүү жана баалуу металлдар кооздук буюмдарды, кооз идиш-аяктарды жасоо үчүн колдонулган, темир эмгек куралдары жана курал-жарак жасала турган материал болуп калат. Грек тилинде металл иштетүү деген түшүнүк коло иштетүү деген сөз менен берилет, бүгүнкү грек тилинде темир уста «коло иштеткен киши» деп аталат. Б.з.ч. 500- ж. Грецияда «темир иштетүү» коомдун көңүл буруусуна татыган, устаканаларга эл дайыма келип турган, адабий чыгармаларда устаканадагы аңгемелешүүлөр чагылдырылган, устаканадагы эмгек процесси көркөм искусство чыгармасынын негизги объектиси болгон. Египетте б.з.ч. 650-ж. таандык темир устанын сүрөтү чегерилген эстелик табылган. Темир устанын отунун жарыгы жана анын табы жолугушуулардын жана баарлашуунун табигый орду болот. Ал жерде жумуш процессинин жүрүшүнө, аспаптар менен иштөөгө кызыгуу менен байкоо жүргүзүшкөн. Мындай көрүнүш этностук айырмачылыктарга карабастан бардык жерде бирдей таралган. Албетте, металл иштетүү чиркөө үчүн дароо эле бийликтегилердин кызыкчылыгында пайдалана турган көз каранды эмес каражат болуп калган. Байыркы Угаритте, Ханаанда, Фракияда, кийинчерээк Грецияда металл иштетүү менен 12 олимп кудайларынын ичинен жалгыз кол өнөрчү, кереметтүү чебер - Кошер-ва Хасис же Гефест байланыштырылган. Мамлекеттүүлүк жаңыдан пайда боло баштаганда металлдан жасалган айрым товарлар (чот, бычак, шакек) нарк эквивалентинин ролун аткарган, андан кийинчерээк монета жасоо иши жолго коюлган. Металл иштетүү өз уставы жана маданияты бар кесиптик бирикмелердин пайда болушуна түрткү берди. Б.з.ч. 800-ж. алгач Кытайда пайда болгон, жасаган буюмуна өз тамгасын коюу өз кадыр-баркын сезүүнүн көрүнүшү болгон. Кесибине сыймыктануунун күбөлөрүн байыркы маалыматтардан жана орто кылымдардагы буюмдардан да көрүүгө болот. Кесиптик адат-салттар жана анын негизинде пайда болгон так белгиленген насааттамалар кечки феодализмге мүнөздүү болгон металл буюмдарынын түрлөрүн чыгаруунун так адистешүүсүнө алып келген. Бул насааттамалар темирчи-кол өнөрчүлөрдүн корпорациялардын бири-биринен ажыратып турган, алардын кесиптик ишмердигинин чөйрөсүн тарыткан, бул чеберчиликтин жогорку деңгээлде өсүшүнө алып келсе да, усталардын жашоосунун негизине коркунуч келтирген, анткени буюмду жасоодо нормадан четтөөгө мүмкүнчүлүк берилген эмес. Корпорациялардын көп түрдүүлүгү, дайыма болбосо да, көпчүлүк учурда этнографиялык мүнөзгө ээ болгон: ар бир буюмдун түрүн жасаган усталар бири- биринен айырмалуу ыктарды табышкандыгы жасалган буюмдардан даана көрүнүп турган. Уйга тагылуучу коңгуроолорду жасаган усталар да өз корпорациясын түзүүгө тийиш болушкан. Өндүрүштүн көп тармактуу болушуна металл иштетүүнүн өркүндөшүнө пайда болгон жаңылыктар да түрткү болгон. Мисалы, ичи көңдөй куймалар, алтындын ордуна алтын жалатылган буюмдар, колонун ордуна темирден буюмдарды жасоо, металлды айнек, фарфор, соңку учурда пластина менен алмаштыруу ж.б. Бул материалдын азыраак чыгымдалышына, бир металлды башка металл менен алмаштырууга мүмкүнчүлүк берген. 20-к. орто чендеринен тартып индустриялык металл иштетүү этнографиялык изилдөөлөрдүн борборунда болуп калды.

**Метистер** - (фр.«аралашуу») түрдүү расалардын никесинен төрөлгөндөр. Антропологиялык жактан метистер аралашып жаткан расалардын ортосундагы абалды ээлейт.

**Миграция** (лат. migratio бир орундан экинчи орунга көчүү, которулуу). Этностук топтордун, адамдардын этностук аймактын чегинде жер которуулары, башка бир аймактарга көчүп баруулары. Чет элдик этнографияда «миграция» термини маданиятка карата да айтылат.

**Микроэтнонимдер** - уруулардын, уруулук бирикмелердин, этнографиялык топтордун ж.б. ичиндеги майда уруктардын, топтордун аталышы. Мисалы, саруу уруусунун курамындагы тубай, кырк уул, чүкө, оготур, байсу ж.б. уруктар.

**Минаев И.П.** (1840-1890). 1876-ж. Памир экспедициясына катышкан. Памир-Алай кыргыздары жөнүндө жыйнаган материалдарын Россия Географиялык Коомунун «Кабарларына» жарыялаган. Бул маалыматтар боюнча Алай аймагында мунгуш, адигине, ичкилик уруулук топтору Алай-Памир тарапка жайлоого чыгышат, ал эми күз мезгили келгенде Маргалаң уездинин Үч-Коргон жана Миң-Дөбө аймактары кыштоо катары пайдаланылган. Ал мунгуш (монгуш) уруусун он эки урукка, адигине уруулук тобун он төрт урукка, ичкиликтер уруулук тобун 20 урукка ажыратып, алардын аталыштарынын тизмелерин келтирген. Бул кыргыз урууларынын жалпы саны, жайгашышы жөнүндө да кызыктуу маалыматтар бар. Чарбалык уклады, коомдук түзүлүшүн сүрөттөн жазган. Сарыколдук (Тоолуу Бадахшан аймагы, Мургаб) кыргыздар тууралуу кызыктуу маалыматтарды берүү менен бирге, алайлык кыргыз уруу аксакалдарынан санжыра жазылган китептерди көргөн.

**Миң башы** - түрк-монгол аскер системасындагы аскердик кошундун кол башчысы. Ал миң жоокерден турган колду башкарган. Байыркы түрк доорунан белгилүү болгон аскердик башкаруу системасын 13-к. монголдор өнүктүрүшкөн. Бул аскердик-башкаруу системасын казак-орустар ийгиликтүү кабыл алышкан. Кокон хандыгы доорунда миң башы хандыктагы жогорку бийлик мансабын, аскерлердин жетекчиси дегенди туюнткан. Бул жогорку мансапка белгилүү кыргыз улуктары да ээ болушкандыгы белгилүү.

**Миф** (байыркы гректердин уламыш, болмуш деген сөзүнөн) - табиятта кездешпеген жана ойдон чыгарылган сырдуу, табышмак- туу жандыктар, укмуштуу көрүнүштөр, кубулуштар, окуялар жөнүндөгү уламыштар, жомоктор. Айлана-чөйрөдөгү дүйнө жөнүндөгү адамдардын эң жөнөкөй фантастикалык көз караштары чагылдырылган элдик оозеки чыгармачылыгынын өзгөчө түрү болуп эсептелет. Мифтик окуялар дүйнө элдеринин оозеки чыгармачылыгында кеңири кездешет. Кыргыздардын оозеки элдик чыгармаларында, баатырдык ж.б. дастандарда, уламыштарда, жомоктордо мифке байланышкан сюжеттер арбын кездешет. Байыркы доордо пайда болгон бул мифологиялык түшүнүктөр ошол доорлордун өндүргүч күчтөрүнүн өнүгүүсүн, адамдардын сырткы дүйнө менен болгон байланышын чагылдырат.

**Мифология** (байыркы грекче «миф» уламыш, болумуш, «логос» - сөз, аңгеме, илим) - мифтерди жыйнап, аны иликтөөчү илим. Мифология дүйнөдөгү дээрлик бардык элдердин өнүгүүсүнүн эң алгачкы баскычтарында пайда болгон. Өндүргүч күчтөрдүн өнүгүүсүнүн эң төмөнкү өнүгүүсүнүн деңгээлинде адамдар жаратылыштын кубулуштарынын алдында алсыз болушкан. Ошондон улам, адам баласы алгач жаратылыштын ар кандай кубулуштарын эң жөнөкөй формада түшүнүүгө аракет кылган. Илим-билимдин өнүгүшү менен табияттагы ар кандай кубулуштардын чыныгы пайда болуу себептерин адам баласы түшүнө баштайт. Мифологиялык айрым маалыматтарды илимий изилдөө багыттарында жардамчы булактар катары колдонууга болот.

**Моголдор** - Түндүк Афганистандагы калк. Айрым бөлүктөрү Тажикстандын Хатлон (Коргон-Төбө) аймагында жашашат. Антропологиялык жактан борбордук азиялык монголоид рассасына киришет. Туткан дини мусулманчылыктын суннит багыты. Жалпы саны 20 миңден ашуун. Архаикалык монгол тилинде сүйлөшөт. Фарси тилинин тийгизген таасири зор. Моголдор 13-14-кк. журт которуп келген монголдордун бир бөлүгү болушат. Жергиликтүү калктын тилин, үрп-адатын кабыл алышкан. Мындан сырткары, бул аймакта теги орто кылымдардагы монголдордон болгон хазарейлер (хазара - ир. «миң») байырлашат. Мусулман-шиит хазарейлер (3 млн.) монголоиддик антропологиялык белгилерин сактап калышкан. Моголдордун бир бөлүгү тоолордо көчмөн чарбачылыгы, калгандары жер иштетүүчүлүк менен кесиптенишет. Кыргыздарда да «могол» аттуу урук аттары бир топ санда кездешери маалым.

***Ад.:****Кисляков В.Н. Хазарейцы, аймаки, моголы (к вопросу об их происхождени и расселении)//СЭ. 1973. -№ 4.*

**Молдобаев Имел** (1942-2005-жж.). Кыргыздын таанымал тарыхчы-этнографтарынын бири. 1972-ж. Кыргыз Мамлекеттик университетинин тарых бөлүмүнөн билим алган. Ошол жылдан бери Кыргыз ИАсынын Тарых институтунда илимий кызматкер, жетектөөчү илимий кызматкер, бөлүм башчысы болуп эмгектенген. Тарых илимдеринин доктору (1995). Илимпоздун эмгектери негизинен «Манас», «Жаныш-Байыш» эпосторуна арналган. Бул багытта 100 дөн ашуун илимий эмгектери, анын ичинен бир нече монографиялары белгилүү. Эпостордогу кыргыздардын этнографиясы, философиялык-диний түшүнүктөрү, уруулук аталыштары, тектеш түрк ж.б. элдер менен этногенетикалык ж.б. алакалары чагылдырылган. Окумуштуунун эмгектери жакынкы жана алыскы өлкөлөрдүн илимий чөйрөлөрүнө кеңири маалым. Изилдөөчү Якутия, Тува, Тоолуу Алтай, Тибет ж.б. тарыхый-этнографиялык экспедицияларга катышкан.1. Отражение этнических связей кыргызов в эпосе «Манас». Ф.: 1985; «Манас» - историко-культурный памятник киргизов. - Б.: 1995; Этнокультурные связи кыргызов в средневековье. Б.: 2003 ж.б.

**Монгол тилдүү элдер.** Алтай тил уясына кирген, монгол тилдеринде сүйлөгөн калктардын аталышы. Халха-монголдор, ойроттор, баргалар, баоан, дунсян, даур, монгор, моголдор, буряттар, калмактар, кара калмактар ж.б. сүйлөшөт. Борбордук Азиялык монголоиддик чоң расага киришет.

**Монголдор** - Монголия, КЭРде (Ички Монголия ж.б.) жашаган калк. Жалпы саны 9 млн. жакын, анын ичинде Монголияда жашагандардын саны 2 млн. ашуун. Бир нече аймактык, диалектилик өзгөчөлүктөрү сакталып калган. Монголия монголдору - кириллицаны, КЭРде (кытайлык монголдор) эски монгол (уйгур) жазуусун колдонушат. Этностук жүзүнүн калыптануусуна дунху, сянби, хи жана шивэй уруулары катышкан. 10-к. карата монгол элинин негизи калыптана баштаган. Халха-монголдор өлкөнүн калкынын 80% түзөт. Мындан сырткары, дариганга, хотогойт, сартул, узумчин, хорчин, чахарлар халха-монголдорго жуурулушуп кетишкен. Батыш тарапта тилдик, материалдык маданияттын айрым өзгөчөлүктөрүн сактап калышкан дэрбэт, баят, захчин, олет, торгоут, мингаттар жашашат. Бул этностук топтордун дээрлигинин курамында «кыргыз», «бурут» этнонимдери, анын ичинен «шира кыргыз», «хара кыргыз», «мөдөн кыргыз» деген уруулар кездешери байкалган. Бул маалыматтар аталган аймактын этностук чөйрөсү менен кыргыздардын терең алакаларын чагылдырат. Монголдор лама динин тутунушат.

**Монголиянын аймагындагы «кыргыз» уруктары.** «Кыргыз» этноними өз алдынча уруктардын аталыштары катары Түндүк- Батыш Монголиядагы дэрбэт, урянхай, хотон, жана мингаттардын (мангут-мангыт) курамдарынан кездешери

такталган. 11-к. азыркы Монголиянын аймактары Кыргыз каганатынын курамына караштуу негизги жерлер болгон. Кара кытай, андан соңку найман чабуулдары кыргыздарды бул аймактардан кетүүгө мажбурлаган. Бул учурдагы калып калган айрым кыргыз этнокомпоненттери 11-к. тартып, азыркы Монголиянын аймактарына көчүп келе баштаган монгол урууларынын курамына кирүүсү толук мүмкүн. Бул этностук компоненттердин айрым бөлүктөрү аталган этнографиялык топтордун курамына 12-14-кк. кара кытай, монгол жапырыгында, айрымдары энесайлык кыргыздар Жунгар хандыгы тарабынан зордоп көчүрүлгөн мезгилде кирүүсү ыктымал. 1703-ж. 4000 түтүн кыргыз Цеван Рабдандын аскерлери тарабынан Жунгарияга көчүрүлүп кеткендигин орус документтери тастыктайт. Кызыктуусу, жогоруда аталган этнографиялык топтордун баарында тең, «кыргыз» аты менен бирге, «бурут» аттуу уруктар кездешери маалым.

**Монголиядагы (Сужа) кыргыз эстелиги.** Илимге «Сужа эстелиги» деген ат менен кирип калган эпитафиялык жазуу эстелиги атактуу түркolog Г.И.Рамстедт тарабынан 1900-ж. Монголиянын Сужин-Даван деген жеринен табылган. Бул рун сымал жазуу эстелиги кыргыздар тарабынан аткарылган. Эстеликте 840-ж. Кыргыз каганатынын Уйгур мамлекетин талкалаган окуялары чагылдырылат. Таштагы жазууда: «Уйгур жерине мен - Яглакар-ата келдим. Мен Кыргыз уулумун (перзентимин). Мен - Бойла Бага Тарханмын, буйрук берүүчүмүн (сотмун). Атак-даңкым күн чыгыштан күн батышка жетти. Короом толо мал, жылкым сансыз эле. Уулдарымды үйлөдүм, кыздарымды калыңсыз күйөөгө бердим. Жээнимди, неберелеримди көрдүм. Эми оо дүйнөгө кеттим. Уулум, эр жеткенде окутуучуңдай бол, ханга кызмат кыл, кайраттан. Тун уулум жүрүшкө кетти, көрбөй калдым. Уулум...» - деген кыргыз тарыхы үчүн өтө баалуу маалымат бар. Бойла, Бага, Тархан - байыркы кыргыздардын мамлекеттик-башкаруу системасындагы жогорку кызмат титулдары болгон. Мисалы, бойла - мамлектеттик министр, башкаруучу, бага - аймактын, округдун башкаруучусу, тархан -мамлекеттин алдында кызмат өтөгөндүгү үчүн ар кандай милдеткерликтен (салык ж.б. милдеткерликтер) бошотулган адам ж.б. туюнткан. Жазуу эстелиги орто кылымдардагы кыргыз тарыхы, тили боюнча өтө маанилүү булак болуп эсептелет.

***Ад.:*** *Орхон-Енисей текстери. Фрунзе, 1982; Караев О.К. Восточные авторы о кыргызах. Б.; 1994. Каратаев О.К. Кыргыздардын этномаданий байланыштарынын тарыхынан. Б.: 2003.*

**Монголоид расасы —** чоң расалардын бири. Азия менен Америкага таралган. Бул расадагы кишилердин чачы кара, кайраттуу, кээде чачы тармал, көзү кара, өңү ак саргыл же кара тору, жүзү тегерек болот, Анын түндүк азиялык, арктикалык, түштүк азиялык ыраакы чыгыштык, америкалык майда топтору бар.

**Моногамия** - (гр.«бир нике») никенин тарыхый формасы. Түгөйлүү никеден алгачкы общиналык коом бузулуп баратканда пайда болуп, кийин үстөмдүк кылган.

**Монотеизм** - (гр. - бир кудай) бир кудай жөнүндөгү түшүнүктөргө негизделген диний ишенимдер системасы. Диний адабияттарда монотеистик дин деп христиан дини, иудаизм жана ислам аталат. Бирок монотеизм түшүнүгү салыштырмалуу болуп саналат, анткени, бир да дин ыраattуу түрдө монотеисттик болуп эсептелбейт. Алгачкы общиналык коом бузулуп, алгачкы мамлекеттер калыптанып жаткан мезгилде айрым уруулардын кудайлары бир пантеонго бириктирилет, анда эң күчтүү уруунун кудайы үстөмдүк кылат. Айрым учурда бул кудайдын жрецтери өз кудайын жалгыз же башка кудайга айландырышка аракет кылышкан, башка бир учурда падышалар жалгыз кудайга сыйынууну жрецтердин сыйынуу салттарына каршы койгусу келген. Алгачкы

жолу салыштырмалуу так монотеизм б.з.ч. 1 мин жылдыктын ортосунда жана экинчи жарымында еврейлерде пайда болгон.

**Моноцентризм** - (гр. monos - бир, centrum - борбор) - расалардын жер шарынын бир аймагынан (болжолдуу түрдө Жакынкы Чыгыштан) гоминиддердин бир тобунан пайда болгондугу жөнүндөгү антропологиялык окуу.

**Моңолдор** - оң канаттагы ири уруулардын бири. Моңолдор уруусунун тарыхы Кыргызстандын аймагындагы Моголистандын тарыхы менен тереӊ байланышкан. 14-к. 40-ж. ыдырай баштаган Чагатай улусунан азыркы Кыргызстандын аймагы менен Жети Суу, Кашкарды кучагына камтыган Моголистан мамлекети бөлүнүп чыгат. Бул мамлекеттин этностук курамын түрк, Борбордук Азия- дан журт которуп келген түрк-монгол уруулары түзгөн. Даректүү тарыхый булактарда Моголистанда байырлаган кыргыздардын этностук курамына кирген черик, нойгут, тагай, сулдуз, баарын, кушчу, оторчу (саруу), булгачы ж.б. уруулар жөнүндө маалыматтар чагылдырылат. 14-16-кк. Теңиртоодогу кыргыздардын Моголистан менен этностук жана саясий жалпылыгы болгон. Мамлекеттин этностук курамынын дээрлигин түрк тилдүү уруулар түзгөн. Башкаруучу династия гана түрктөшкөн монгол төбөлдөрүнө таандык эле. Мухаммед Хайдардын жазып калтырган маалыматтарына караганда, кыргыздар менен моголдордун ортосунда айырмачылык дээрлик болгон эмес. Өзгөчөлүгү - кыргыздар мамлекеттин расмий дини - исламды тутунушкан эмес. Моңолдор кыргыздын бир уруусу катары 14-16-кк. кеч эмес калыптанган десе болот. Бул уруунун өкүлдөрү Алабука, Каракулжа, Сузак, Өзгөн, Алай, Кочкор, Чаткал, Аксы, Атбашы ж.б. аймактарды жердеп келишет.

Негизги уруктарга төмөнкүлөр кирет: карамогол, сары могол, бакы, баймогол, бөгөнөк, сейитказы, куу сөөк, чолоктуума, чагыр, маани, куттуксейит, улуу кыйра, орто кыйра, бала кыйра, ногой, чайыш, шалдыр, дөөлөтказы ж.б. кирет.

**Морган Л.Г.** (1818-1881) - америкалык этнограф жана тарыхчы, алгачкы коом жөнүндөгү илимий теориянын негиз салуучусу. Адамзат тарыхындагы уруулук түзүлүштүн ордун жана ролун, үй- бүлө жана нике мамилелеринин калыптануу тарыхын, адамзат тарыхын мезгилдештирүү маселелерин изилдөөнүн натыйжасында адамзаттын тарыхый жолу бир жана ал алдыга карай өнүгөт деген жыйынтыкка келген. «Байыркы коом» (1877-ж.) деген эмгегинде ирокездердин коомдук түзүлүшүн калыбына келтирүү менен алгачкы коомдун негизин урук түзөрүн аныктаган. Адамзаттын бүткүл тарыхы эки чоң мезгилге бөлүнүшү мүмкүн: 1) баштапкы негизин - фратрия, урук жана уруу түзгөн социалдык уюм; 2) соңку - кишилердин аймакка жана менчикке карата түрдүү мамилелерине негизденген саясий уюм. Л.Г.Моргандын илимий изилдөөлөрүнүн эң маанилүү багыты үй-бүлөөнүн тарыхын изилдөө болгон. Түрдүү элдердеги тууганчылык формаларын жыйнап жана системалаштырып, үй-бүлөнүн өнүгүшүнүн төмөндөгүдөй стадияларын бөлүп көрсөткөн: 1) кандаш туушкандык үй-бүлө - промискуитеттен кийинки үй-бүлөнүн алгачкы формасы. Мында бир тууган жана эки бир тууган ага-карындаштардын никелешүүсүнө жол берилет, ата энелер менен балдардын никелешүүсүнө тыюу салынат; 2) пуналу алдык үй-бүлө, эже-сиңдилердин жалпы күйөөсү бар же бир туугандардын жалпы аялы бар топтук никеге негизделет; 3) түгөйлүү же синдиасмикалык үй-бүлө (аял-күйөө чогуу жашайт); 4) патриархалдык, тагыраак айтканда полигамиялык үй-бүлө; 5) моногамдык үй-бүлөө, Л.Г.Моргандын ою боюнча бардык үй-бүлөлөрдү1, ичинен эң туруктуусу жана маанилүүсү биринчи, экинчи жана бешинчи формалары болгон; тууганчылыктын негизги формаларын, ошолор жараткан.

**Мөдөн кыргыз** - Монголиянын батыш аймагында жашап калган кыргыз урууларынын бири. Мөдөн кыргыздар эне тилин унутушуп, халха-монголдордун курамына сиңип кетишкен. Айрым адабияттарда «кыргыз», «бурут», тува-мончок

урууллары менен бирге «Урянхайлар» деген ат менен белгилүү. «Мөдөн» (монг-тува-мөдө) монгол, тува тилдеринде «сымал», «сыңары»,«окшош» деген маанини туюнтат. Демек, «мөдөн кыргыз» - кыргыз өңдүү, кыргыз, окшош дегенди түшүндүрөт. Ушул эле аймакта монголчо сүйлөп калышкан «хара хыргыс», шера (сары) хыргыс», «хасха хыргыс» атуу уруу-уруктар бар

**Мулаттар** - ( исп. - «никесиз төрөлгөн бала») аралаш расалык типтердин өкүлдөрү, европеоиддер мнен негроиддерден төрөлгөндөр. «Мулат» термини Америкада африкалык кулдарды массалык түрдө ташып келе баштагандан кийин тараган. Эреже катары, мулаттар кул ээлөөчүлөр менен күңдөрдүн никесинен төрөлгөн. Көбүнчө негр каны теңме-тең болгондорду «мулаттар» деп аташкан.

**Мундуз** - сол канаттагы теги байыркы ири уруулардын бири. Сөздүн соңундагы -з мүчөсү (-з/-с) байыркы түрк тилинде -лар мүчөсү сыяктуу көптүк маанини туюнтат. Мисалы, кыргыз, басыз, төөлөс ж.б. Этнонимдин параллелдери бүгүнкү алтайлыктар менен түркмөндөрдүн курамдарында бар экендиги аныкталган. Тарыхый фольклордун маалыматтарында алтайлыктардын курамындагы «мундуз» сөөгү (уругу - О.К.) кыпчактар менен генетикалык жалпылыкта каралат. Телеуттардын санжыраларында тоңгон муздан бүтүп төрөлгөн эгиз балдарга Чулум мундуз, Коткор мундуз деген аттар берилери баяндалган. Кыргыздын мундуз уруусунун курамындагы «зулум мундуз», «коткор мундуз» аттуу уруктар алтайлыктар менен түз этногенетикалык байланыштарды аныктаары бышык. «Мундуз» сөзүн Махмуд Кашгари төмөндөгүдөй маанилерде чечмелейт: 1. Бат аккан (шар аккан) суу; 2. Жорго ат; 3. Жакшы эмес адам. В.В.Радлов бул сөздү «жөнөкөй», «жупуну» маанисинде карайт. Мундуз уруусунун өкүлдөрү Сузак, Базаркоргон, Өзбекстандын Айым, Избаскент, Коргонтөбө, бир аздап Кемин, Жетиөгүз, Кочкор, Жумгал, Нарын ж.б. аймактарды мекендеп келишет. Негизги уруктары: өтөмүш, жараке,减 кансоюл, майда мундуз, сокучу, көкчелек, кызыл баш, ак баш, дарга, тогунай, азык, сапалак, баймундуз, ак үйлүү ж.б.

**Муңгуш (моңгуш)** - кыргыздын ири урууларынын бири. Информаторлор бул урууну оң канатка киргизет, айрымдары моңолдор уруусу менен бирге кыргыз урууларынын генеалогиялык схемасындагы өзгөчөлөнгөн топту түзөрүн белгилешет. Муңгуш уруусу кош тамга жана жагалмай тамга деген эки чоң уруктар тобунан турат. Муңгуш уруусунун энчилүү атынын параллели туваларда «моңгуш» формасында учурайт. Ал эми тувалардагы «моңгуш». «кыргыз» уруулары эң ири этнокомпоненттерден экендиги маалым.

Бул уруунун өкүлдөрү Карасуу, Ноокат, Араван, Өзбекстандын Ан- ясиян аймактарын эзелтеден мекендеп келишет. Мунгуш уруусунун курамына төмөнкү ири уруктар кирет: жагалмай тамга уруктар тобу: сарылар, кодогочун, тээке, жоош, жылкелди, жапалак. Кош тамга уруктар тобу: соколок, эрке кашка, улуу катын, төлөйкөн, көк жатык, омонок.

**Мүчө** - каза болгон кишини акыркы сапарга узатууга келген эркектерге таратылчу акча же буюм. Мурда уруктардын атактуу өкүлдөрүнө берилсе, кийинчерээк урматтуу конокторго бериле баштаган.

## Н

**Наалы эже** - генеалогиялык баяндарда (санжыралык маалыматтар) Ак уулдун Адигине жана Тагай деген уулдарынан кийинки кызы экендиги айтылат. Геноним. Айрым санжырачылар мунгуш жана моңолдор урууларынын тегин Наалы эжеден таратып жүрүшөт. Наал 1. ар. «Така». 2. ир. «Тагдырга таарынуу»,«кайгы-капа тартуу». Монгол тилинде «нал» - кызыл асыл таш, рубин маанисин аныктайт. Генонимдин монгол тилиндеги маанисиндеги чечмелениши сөздүн так маанисин чагылдырат. Буряттарда ламаизмди (буддизмдин бир

агымы) кабыл алуудан баш тартып, шаман динин жогору тутуп, жер паана издеп түндүк тарапка качкан эки кыз жөнүндө уламыштар бар. Онгонго (касиеттүү сыйынуучу нерсе, зат, жаныбар) «хори кыздарынын бири Зулатан авгай (Зулатан таэже) » же Наал (Наала) хатан эзы деп аталышкан. Буряттар айтылуу «Нал хатан эзин» - күн кудайынын эпитети катары түшүнүшөт, ага сыйынышат. Генонимдин адегендеги мааниси анын Борбордук Азиянын байыркы түрк-монгол этностук, маданий чөйрөсү, шаман дини менен байланышын тастыктайт десе болот. Анткени геноним бир эле учурда (кызыл) түстү, сыйынган объектини, күн кудайынын эпитетин чагылдырат. Мындан сырткары, кыргыз этнонимиясындагы Наалы эже, Чолпон уулу, Зуура эже ж.б. генонимдер адамзат коому басып өткөн ээлки энелик доордон (матриархат) да кабар берет.

***Ад.:*** *Галданова Г.Р. Закаменские буряты: историко-этнографические очерки, - М.: 1991; Гафуров А.Г. Имя и история. -М.:*

**Нагуализм** - (исп - нагуал; ацтек. наугал - «жандоочу - арбак»). Индейлерде жана башка элдерде адамдын колдоочуларына ишенүү.

**Найза** - саюуга жана ыргытууга ылайыкталып жасалган аскер куралы. Найза түз, катуу жыгачтан жасалып, учуна кош миздүү, учтуу жана бөрү тил кыма бекитилген. Адам баласы тарабынан ойлонуп табылган курал аңчылыкта жана жоокерчиликте колдонулган. Найзанын сабы четин, кайың, арча, жаңгактан, кымасы таш, сөөк, жез, темир, болоттон жасалган. Найзанын түрлөрү кыргыздын баатырдык дастандарында кенен сүрөттөлөт. Мындан сырткары, Саян-Алтайдагы таш эстеликтерде да найзачан кыргыз жоокерлеринин элестери түшүрүлгөн. Бул маалыматтар археологиялык казууларда көп кездешет.

**Найман** - ичкиликтер (Булгачылар) уруулук тобундагы эң ири уруулардын бири. Даректүү кытай жазма булактарда наймандар 8- к. Байкал көлүнөн түштүктө жашагандыктары баяндалат. Изилдөөчүлөр берген көпчүлүк маалыматтарда 9-к. орто чендерине карата наймандар Орхондон Таримге, андан Кара Иртышка чейинки аймактарда эскерилет. Айрым изилдөөчүлөр өз кезегинде наймандардын тогуз-огуз конфедерациясына киргендиктерин жазышат. 12-к. карата наймандар кубаттуу уруулук бирикмени түзө алышкан. Ушул эле кылымдын аяк чендеринде согуштук-саясий таасири бошоңдоп калган кыргыздарды наймандар жеңилүүгө учуратышкан. Бирдиктүү мамлекетүүлүктүн түзүлүшүнүн алгачкы этаптарында турган күч-кубатуу наймандар көчмөн түрк-монгол элдеринин бирикмеси катары белгилүү болгон этностук аталыш монгол-бурят тилдеринде «сегиз» санын түшүндүрөт. Арийне, бул көз карашка карама-каршы Н.А.Аристов этнонимди Катун дарыясынын куймасы болгон Найма суусунун аталышынан келип чыккандыгын билдирген пикирин жазат. 13-к. баш чендерине карата наймандар мамлекеттүүлүктүн алгачкы формасы болгон ири уруулук бирикмелерден турган. Наймандарда жазма маданияты өнүгүп, байыркы уйгур алфавитине негизденген жазуусу болгондугу маалым. Диний ишеним жагынан наймандар христиандар (несториан) болушкан. Айрым маалыматтарда моңголдор (Чыңгыз-хан) уйгур арибиндеги жазууну наймандардан кабыл алышкандыктары айтылат. 12-к. аягы 13-к. башында өз карама-каршылыктардан улам наймандардын уруулук союзу начарлап, ыдырай баштаган эле. Чыңгыз хандын аскерлеринин кысымы астында наймандар 13-к. баш чендеринде Фергана, Жети Суу жана Кашкарды көздөй чегинишкен. Бул мезгилдерде наймандарды Таян хан, андан соң Күчлүк деген хандар бийлеген. Наймандар кийинки түрк тилиндеги сүйлөгөн элдердин дээрлик басымдуу бөлүгүнүн курамына этнокомпонент катары кириштi. Этнонимдин параллели казак, өзбек, каракалпак, ногой, башкыр, алтай жана монгол тилдүү буряттардын курамдарынан кезиктирүүгө болот. Учурда эң ири уруу, көп сандуу наймандар кыргыз этносунун түптөлүшүнө негизги ролду ойношкон. Тарыхый

маалыматтарга караганда, наймандар кыргыздардын курамына этнокомпонент катары 11-12-кк. кеч эмес киришкен. Бул уруунун өкүлдөрү Кадамжай, Ноокат, Карасуу, Чоңалай, Баткен, Өзгөн, Сузак, Араван, Өзбекстандын Вуадил, Наманган, Анжиян, Тажикстандын Жергетал, Мургаб, Шаартуз, Нау, Пролетар ж.б. аймактарын эзелтеден мекендеп келишет. Негизги уруктары: кара найман, туума тукум, шыргоо, чандеки, куран найман, үркүнчү, босторгой, мырза найман, көкө найман, кожо найман, бөө найман, кийик найман, көк найман, беш найман, өтөй найман, базар балдар ж.б.

**Накай** - байыркы кыргыз термини. Нака + й: - й көптүк маанинин аныктаган байыркы аффикс. «Нага», «нагай», «нахай» хакас тилинде: 1. Салык, аң - тери түрүндөгү натуралай салык; 2. Тыйын чычкандын 50 даана аң терисинен турган таңгак, тизмек маанисин туюнтат. Энесайлык кыргыздарда тыйын чычкандын териси өз ара жана кошуна элдер менен жүргөн соодалашууда акча бирдигинин ролун аткарган. «Тыйын» термини соода алакаларынын негизинде аң теринин аталышынан улам келип чыккан. Накай - кушчу уруусунун курамындагы ири уруктун аталышы катары белгилүү.

**Нарын.** Бышкан этти майдалап туурап, чык кошуп жасалган кыргыздардын улуттук тамак ашы. Нарын - улуттук тамактын ана башы. Кийинки учурда «беш бармак» деп аталып жүрөт.

**Небере —** туугандыктын төмөн карай эсептелишинде колдонулуучу аталыш, уулдун баласы. Айрым кыргыз урууларында кыздын баласы да небере аталат.

**Негритюд** - (фр. negre - негр) - негроиддик элдердин этностук жана маданий-тарыхый жалпылыгын көкөлөтүүгө негизделген этномаданий улутчулдук концепциясы. 1930-ж. колониалдык эзүүгө жана расалык дискриминацияга каршы нааразылык жана Африка маданиятынын өзүнчөлүгүн, баалуулугун ордуна коюу формасы катары пайда болгон. Негритюд доктринасын француз колонияларындагы улутчулдук маанайдагы Антил жана Африка интеллигенттеринин өкүлдөрү - Э. Сезар (Мартинка), Л.С. Сенгор (Сенегал) Л. Далас (Франция Гвианасы) түзгөн. Анын негизин кара расаны эмансипациялоо, африкалык өзгөчөлүктөгү маданиятты реаблитациялоо идеялары практикасынын мүнөздүү белгилерине ээ болду Негритюд «Бийлик - караларга» деген «бирдиктүү» саясий кыймылдын туусу астында расалык жалган көз караштарга, улутчулдукка, жана «түстүү элдердин» өнүгүүсүнүн «өзүнчө» жолдору жөнүндөгү концепцияларга негизденген түрдүү «революция теорияларын» негиздөөгө кызмат кылган. Тропикалык Африка өлкөлөрүндө Сенгордун «африкалык социализм» концепциясы бир кыйла кеңири белгилүү болгон. Ага африкалык маданияттын салттуу баалуулуктарына азыркы батыштык «өнүгүү идеалдарын» ылайыкташтыруу модели мүнөздүү.

**Неолокалдуулук** - (гр.-лат. жаңы, жергиликтүү) үйлөнгөн жубайлардын экөөнүн тең туугандарынан бөлүнүп өзүнчө жашоосу.

**Неоэволюционизм** - этнологиядагы, маданий антропологиядагы жана социалдык антропологиядагы багыт. 1940-ж. эволюционизм идеяларын азыркы кырдаалга ылайыкташтыруунун негизинде пайда болгон. 19-к. эволюционизмден айырмаланып неоэволюционизм этнологияга маданияттын локалдык өзгөрүүлөрү принцибин киргизет. Неоэволюционизмдин жактоочулары универсалдуу тарыхый мыйзам ченемдүүлүктөрдү моюнга алышпайт, «эволюцияны» белгисиз себептер менен жүрө турган алга өнүгүү деп түшүндүрүшөт. Маданияттын бир багыттуу өнүгүүсү жөнүндөгү окуунун ордуна неоэволюционисттер эволюциянын бир нече теорияларын иштеп чыгышкан: жалпы жана жеке өнүгүү теориясы, микро - жана макропроцесстер теориясы, маданий доминанта мыйзамы, өнүгүү потенциясы мыйзамы ж.б. Адам коомунун өнүгүшүн алар көп багытта өнүгүп жаткан жабык системалардын суммасы

катары түшүнүшөт. Өнүгүүнүн көп багыттуулугун алар адамдын түрдүү экологиялык чөйрөлөргө ыңгайлашуу формаларынын ар түрдүүлүгү менен түшүндүрүшөт. Локалдык өзгөрүүлөр процессин бөлүп көрсөтүү менен неоэволюционистер «өзгөчө» жана «жалпы» эволюция түшүнүктөрүн иштеп чыгышкан. Неоэволюционизмде төмөндөгүдөй багыттар бар: эволюциялык «маданий материализм», мультибагыттык эволюционизм, биологиялык багыт, эволюциялык функционализм, энергетикалык концепция, тарыхый багыт.
Негизги идеялары:

- маданият коомдун курчап турган чөйрөгө байыр алышынын натыйжасы болуп саналат;
- маданий байырлашуу - үзгүлтүксүз процесс, анткени азыр бир да маданият жаратылышка ойдогудай ыңгайлаша элек;
- ар кандай маданияттын негизин анын чордону түзөт. Маданияттын чордону байырлап жаткан жаратылыш чөйрөсүнүн өзгөчөлүктөрү менен аныкталат;
- ар кандай «маданий типтин» чордону жашоо каражаттарын өндүрүү менен тыгыз байланышта болгон социалдык, саясий, диний институттарды камтыйт;
- маданий чөйрө адамдын рухий турмушунун, туулган жерге имерилишинин жана ата-бабалардын осуяттарын аткарышынын зарыл шарты.

**Несторий жазуулары** - 12-13-кк. несторий (христиан дининин бир тарамы) дининдегилердин мүрзөсүнө коюлган таштагы жазуу. Жазуулар ташка сирия-түрк тилдеринен солдон-оңго, жогортон төмөн карай чегилип, ортосуна крест түшүрүлгөн. Бул эстеликтер негизинен Бишкек, Токмок шаарларынын айланасынан, Ысыккөлдө Жууку суусунун жээгинен табылган. Бул маалыматтарды илимге белгилүү кыргызтаануучу Ч.Жумагулов киргизип, аларды которуп, окуп чыккан.

**Нике жана үй-бүлө** - эркек менен аялдын, алардын балдарга карата мамилесин жөнгө салуучу өз ара байланышкан социалдык институттар. Нике - тукум улоонун табигий муктаждыгынан жаралган эркек менен аялдын коом тааныган союзу. Үй-бүлө ушундай союзга негизделген жана аны урууну (урукту) экономикалык жактан камсыз кылуучу коомдук ячейка. Нике менен үй-бүлөөгө так аныктама берүүгө алардын тарыхта чоң өзгөрүүгө дуушар болушу, түрдүү формаларынын пайда болушу кыйынчылыкты жаратат. Нике менен үй-бүлөнүн башталгыч формасы боюнча илимде ишенимдүү гипотезалар бар. Аларды эки топко бөлүүгө болот: Биринчи топтогу көз караштар боюнча толук калыптанып бүтө элек байыркы коомдогу эркек менен аялдын ортосундагы мамиле жөнгө салынбаган. Ошондуктан бул доордо нике жана үй-бүлө болгон эмес. Никенин алгачкы формасы, азыркы адам баласы калыптанып жана өз ара никелешүүчү уруктардын уюшуусу пайда болгондо жаралган топтук нике болгон мезгил. Топтук нике ар кандай коомдордогу эски калдыктар аркылуу белгилүү. Ал төмөндөгүдөй: кошуна жайгашкан урууларлардагы эркектер менен аялдардын өз ара нике байланыштары тагыраак айтканда, уруулардын бири-бирине түгөйлөрдү берүү милдети, укугу ж.б. болгон. Кийинчерээк артык баш азык-түлүктүн пайда болушу менен жана общинанын ичинде керектөөчү катмарлардын бөлүнүп чыгышы менен түгөйлүү нике пайда болот. Башка топтогу гипотезалар боюнча адамзат коому калыптана баштаганда эле түгөйлүү үй-бүлө жашаган, алар общинаны (жамаатты) түзүшкөн же азыркы уюм пайда болушу менен общинага биригишкен; топтук нике үстөмдүк кылбагандыктан түгөйлүү никени толуктап гана турган. Алгачкы общиналык түзүлүштүн өнүккөн мезгилиндеги нике жана үй-бүлө алгачкы теңдикти, анын ичинде эркек менен аялдын теңдигин чагылдырган. Күйөө менен аял коомдук өндүрүштө тең иштеген, мүлктөрү эки башка болгон, жалпы үй-бүлөлүк менчик болгон эмес, ал эми жаш балдар коомдун жалпы багуусунда болгон. Ошондуктан, нике уксорилокалдык же матрилокалдык болсо да,

вирилокалдык же патрилокалдык болсо да жубайлар социалдык- экономикалык жактан тең укукта болгон. Нике бекем болгон эмес жана жеңил эле бузулуп турган. Жеке нике топтук никенин жуптары менен айкалышкан; полигамия (көп аялдуулук) кеңири тараган; сейрек болсо да полиандрия (көп күйөөгө тийүү) бар эле; никенин түгөйлүүлүгү ошентип салыштырмалуу абалда болгон. Азыркы түгөйлүү нике менен үй-бүлө, алгачкы эгалитардык нике менен үй- бүлө деп аталган. Алгачкы общиналык (жамааттык) түзүлүш бузулуп жаткан доордо экономиканын майда бөлүкчөлөргө бөлүнүшү жана жеке менчиктин пайда болушу чарбалык жеке менчик ячейка катары үй-бүлөнү бекемдөөнү талап кылды. Ошол эле мезгилде чарбанын алдыңкы чөйрөлөрүндө эркектин эмегинин ролу өстү, анын натыйжасында эркек өндүрүш каражаттарына менчикти монополиялаштырды. Туруктуу эмес түгөйлүү нике жана үй-бүлөдө аял, балдар күйөөгө, атага бекем байланган, анын багуусунда, үй-бүлөнүн көз каранды мүчөлөрү боло турган формалары пайда боло баштаган. Түз эле кичи майда үй-бүлө пайда болушу мүмкүн эмес, бирок айрым үй-бүлө чарбалык жактан алсыз болгондуктан, ага өтмө стадия: чоң же патриархалдык үй-бүлө, же үй-бүлөлүк община (жамаат) аркылуу өткөн. Мындай үй-бүлө жакын тууганлардын үй-бүлөлөрүнөн турат, ага кулдар да кириши мүмкүн. Чоң үй-бүлөлөр бөлүнүп-ажырап, кайрадан чоңоюп турган. Натуралдык чарбанын шартында ж.б. коомдордо сакталып турган. Бул стадияда пайда болгон патриархалдык институттар (калың төлөнүүчү нике, ала качуу, орто кузендик нике, полигиния ж.б.) жаңы доорлорго чейин сакталып калган. Коомдун алга карай өнүгүүсү менен бирге, жубайлардын бекем биригүүсү - кичине же моногамдык үй-бүлө менен нике кеңири тарайт; бирок мындай формалар полигинияда да пайда болот, мындай үй-бүлөнү кичине, ал эми никени вирилокалдык (күйөөнүн бийлиги) патриархалдык же патриархтык (ата) деп атаса туура болот. Байыркы жана орто кылымдарда нике экономикалык келишим, ал эми үй-бүлөдөгү мамилелер анын башчысынын эрки мыйзам түрүндө бекитилген көз карандылык болгон. Жаңы мезгилден тартып нике жана үй-бүлө жеке менчиктик мүнөзүн жоготту, кайрадан теңдик мүнөзгө өтө баштады. Нике жана үй- бүлө структуралык-функционалдык варианттуулугу боюнча да түркүмдөштүрүлөт. Мисалы, жөнөкөй жана курама үй-бүлөлөр ж.б.

**Нике кыюу —** кыз менен жигиттин жубайлар катары баш кошуп, турмуш куруусун мыйзамдаштырган жөрөлгө. Дүйнө элдеринин көпчүлүгүндө диний мекемелерде диний кызматкерлер тарабынан ишке ашырылат. Ислам дини тараганга чейин кыргыздарда нике кыюу төмөндөгүдөй жүргөн: 1) эки жактын макулдугу алынгандан кийин эки киши чырпыктын эки учунан кармайт, ал эми үчүнчү киши аны кыя чабат. 2) баш кошуп жаткан жигит менен кыз манжаларынын учун кесип, бири-биринин канын сорушат. 3) баш кошуп жаткан жигит менен кыз ок тиштешет. Окту тишинин изин калтырып, сактап жүрүшкөн. Окту тиштеп төмөндөгүдөй ант беришкен: «Сен мени таштасаң сени ок урсун. Мен сени таштасам мени ок урсун». Ислам дини тарагандан баштап, нике кыюуну дин кызматкерлери ишке ашыра баштаган.

**Никенин формалары** - никелешкен түгөйлөрдү түзүү мүнөзү. Этнологияда төмөндөгүдөй нике формалары ажыратылат: ала качуу менен түзүлүүчү нике, калың төлөөчү нике, күч күйөөлүк нике, келип-кетүү никеси, конок нике, топтук нике.

**Ногой-карагаштар** - Россия Федерациясынын Астрахан аймагында жашаган түрк тилдүү этностук топ. Карагаштар түрк тилдеринин кыпчак бутагында сүйлөшөт. 18-к. Кичи Ногой ордосунан бөлүнүп чыгышкан. 1740-ж. тартып Түндүк Кавказ, Дагестан ногойлорунан обочолонуп, байланыш үзүлүп калган жаңы аймакта казактар менен маданий-этностук алакалар калыптанган. Илимий адабияттарда

«кунуровдуктар» деген ат менен да белгилүү болушкан. Кыпчак тектүү карагаштар жалпы ногой өзгөчөлүктөрүн сактап калышкан. Карагаштар Астрахан аймагынын Краснояр, Хара- балык райондорунда жашашат. Калктын жалпы саны 5 миңден ашуун. Мусулман-сунниттер. Этностук топтун курамында «кыргыз-буруттар» деген уруу бар. Изилдөөчүлөрдүн пикирлеринде кыргыз- буруттар калмактардын 1759-ж. акыркы толкуну менен көчүп келишкен.
***Ад.:*** *Языки мира: Тюркские языки. Б., 1997.*
**Ногайлар** - Түндүк Кавказда жашаган түрк тилдүү эл. Дагестан, Ставрополь, Астрахан аймактарын байырлашат. Айрым бөлүктөрү Крым жарым аралынын түндүк бөлүгүн байырлашкан. 1944-ж. репрессияланышып, Крым ногойлорунун дээрлиги Орто Азия тарапка зордук-зомбулук менен көчүрүлгөн. Жалпы саны бүгүнкү күндө 70 миңден ашуун адам. Түрк тилдеринин генеалогиялык жиктешүүсүндө кыпчак-ногой бутагында сүйлөшөт.«Ногой» этноиминин келип чыгышы Алтын Ордонун белгилүү мамлекеттик ишмери Иесун Нохой менен байланышкан. Ногой тилинин калыптанышы Алтын Ордонун кулашы, башка тилдер менен алакалардын натыйжасында калыптанган. Ногой (Ставрополь), ак ногой (Карачай-Черкес), кара ногой (Дагестан) диалектилеринде сүйлөшөт. «Ногой» этноними, антропоними «Манас» дастанынын варианттарында, кыргыз урууларынын курамдарында кездешет. Кыргыз этносунун калыптануусунда 16-18-кк. «ногайлы» доору өзгөчө иликтөөгө арзыйт. Кыргыз-ногой этностук алакалары уруу- урук аталыштарында чагылдырылат. Мис., каңды, мангыт, кыпчак, кереит, меркит, дөөлөс, кесек ж.б.
**Нойгут** - ичкиликтер уруулук тобундагы байыркы ири уруунун бири. Айрым маалыматтар бул уруунун бир бөлүгүн Чыгыш Түркстанды ээлтеден мекендешерин баяндайт. Өздөрүн «ойгут» деп аташкан бул уруунун айрым бөлүктөрү көл кылаасында да жашашат. Этнонимдин параллели «найкит» формасында бүгүнкү монголдордун курамында да бар экендиги аныкталган. Этностук аталыш «Манас» эпосунда да кенен чагылдырылып, кыргыздын бир уруусу катары айтылат. Айрым даректүү булактардын берген маалыматтарына караганда, 16-18-кк. нойгуттар Лоб-Норду жана ага жамаатташ аймактарды мекендешкен. Бул топонимдин (Лоп топоними) нойгут уруусунун ээлтеден байырлаган жери экендиги «Манас» эпосунун көп эпизоддорунда эскерилет. 16-к. нойгуттар Кашкардагы Уч чебинин айланасында эскерилет. Учурда бул уруунун өкүлдөрү Баткен аймагын, ага чектеш Тажикстан, Өзбекстан айрым райондорун, Чыгыш Түркстанды (КЭР) ээлтеден мекендеп келишет. Негизги уруктар төмөнкүлөр: таздар, сакы, моканай, чыны атар, кара моюн, жабай, жайылчы, газды, кара саадак, саадак, чалтак ж.б.
**Нормативдик этнография —** социалдык нормалардын жаралыш тегин жана этностук өзгөчөлүктөрүнүн тарыхый өнүгүшүн изилдөөчү этнографиялык илим. Социалдык нормалар укук жана мораль болуп эки негизги түргө бөлүнөт.

## О

**Обо эне** - (исламда - Хавва, христиандарда - Ева) - диний түшүнүк боюнча Кудай жараткан эң алгачкы аял, адамзаттын түпкү энеси. Куранда Алла Таала жараткан дүйнөдөгү биринчи киши Адам атанын аялы катары айтылат. Иблис шайтандын азгырыгы менен Адам ата бейиштин алмасын үзүп жеп койгондугу үчүн Обо эне экөө асмандан жерге куулат. Араб уламыштары боюнча, Адам ата менен Обо эне Меккеге жакын жерде жолугушкан экен. Алла Тааланын амири менен Адам ата ошол жерге Каабаны салдырат. Обо эне, Адам ата тууралуу жаралган бардык мусулман уламыш- тарынын башаты Инжилге жана Талмуддук санжыраларга

барып такалат. Обо эне жөнүндө түшүнүк кыргыздар ислам динин кабыл алышкандан соң тараган.

**Община (жамаат).** 1. Жалпы кызыкчылыгы бар кишилердин бирикмеси. Мисалы, айыл общинасы, жердештик общинасы, диний общиналар ж.б. 2. Көптөгөн өлкөлөрдө - эң төмөнкү административдик-территориялык бирдик. 3. Тарыхый-этнографиялык мааниде - алгачкы общиналык түзүлүшкө жана капитализмге чейинки коомдо (кошуна же дыйкандар общинасы) мүнөздүү болгон өндүрштүк жана социалдык-турмуштук өзүн-өзү башкаруусу эсептелет. Бул негизги эки тарыхый типтен сырткары, соңку изилдөөлөр көптөгөн типтерди, формаларды көрсөтүшөт, бирок жалпы кабыл алынган типтештирүү жана ага байланышкан терминология жок. Алгачкы коомдогу община өз алдынча социалдык организм болгон жана ал таптар пайда болгонго чейинки теңчиликке негизделген, бирок ал анын коомдук эволюциясынын бардык топторунда бирдей болгон эмес. Ыйгарым чарбасы менен жашаган алгачкы коомдун эрте мезгилинде негизинен общинада жашоого зарыл болгон гана азык-түлүк табышкан, ошондуктан общинада жалпы менчик жана теңдеп бөлүштүрүү үстөмдүк кылган. Общинанын мүчөлөрү коомдук продуктыны бөлүштүрүүдө тең укукка ээ болушкан Өндүргүч чарбага же жогору адистешкен ыйгарым чарбасына өткөн алгачкы коомдун кечки мезгилиндеги общинада салыштырмалуу регулярдуу артыкбаш азык-түлүк жаралат, ошондуктан коллективдүү менчиктин шартында жекече жана эмгекке жараша бөлүштүрүү пайда болот. Общинанын көлөмү чоңоет, ичинде кичине община (үй-бүлөлүк община ж.б.) пайда болот, мүлктүк теңсиздиктин жана эксплуатациялоонун баштапкы формалары жаралат. Апгачкы коомдогу общинанын пайда болуу мезгили жана структурасы жөнүндө көз караштар көп жана ар түрдүү, ал көбүнчө община менен уруктун жана түгөйлүү үй-бүлөнүн кандай даражада катыштыгы бар деген маселеге байланыштуу болот. Мурдагы советтик этнографияда алгачкы коомдун өнүккөн мезгилинде община андан соңку доордогу бир урук менен дал келет - деген көз караш үстөмдүк кылган. Ошондуктан аны урук общинасы деп атап, эрте жана кечки урук общиналарына ажыратышкан. Кошуналык (аймактык) же дыйкан общинасы - жеке менчикке негизделген таптык коомдун социалдык организминин эң төмөнкү ячейкасы. Изилдөөчүлөр общинанын табиятына мүнөздүү дуализмди көрсөтүшкөн: общинаны түзгөн обочолонгон үй-чарбалардын өз менчигинде короосу, эмгек шаймандары, малы бар, бөлүнгөн чарба жүргүзүлөт, бирок тигил же бул деңгээлде жерге жалпы менчик (кийинки мезгилде талаа, шалбаа ж.б.) сакталып турат. Негизги экономикалык ячейка болуп община эмес, дыйкандардын үй-чарбасы эсептелет, бирок ал общинадан сырткары жашай албайт. Кчшуналык община мамлекеттин жалпы системасына киргизилген; бирок өз алдынча башкарууну жана адат укугун сактап калган. Көбүнчө ал материалдык маданиятында, элдик чыгармачылыгында, сыйынууда белгилүү өзгөчөлүккө да ээ. Көлөмү боюнча кошуналык община бир нече жүз, ал турсун миңдеген кишиге жетиши мүмкүн; мындай учурда, адатта, андан тууган үй-чарбалык тобу - патронимиялар бөлүнөт. Община үстөмдүк кылуучу тап тарабынан эксплуатацияланат, бул максатта кепилдикке алуу сыяк- туу общиналык өзгөчө тартиптер да пайдаланылат. Көпкө чейин мындай өтмө тип катары үй-бүлөлүк община каралып келген. Бирок үй-бүлөлүк община өзү башка типтеги общиналардын ичинен бөлүнүп чыгат. Азыркы илимде алгачкы коомдогу кошуналык же гетерогендик община деп аталган типти общинанын өтмө тиби катары көрсөтүү үстөмдүк кылат. Анын мүнөздүү белгилери: общинаны түзгөн үй-чарбалардын мүлккө топтун обочолонгон менчигинин болушу (общиналык мүлктөн башка, бирок үй-чарбалык ичинде жалпы). Өтмө типтеги община, адатта, көп уруктардын калып калган мүчөлөрүн бириктирет,

ошондуктан, аны гетерогендик (түрдүү уруктан турган) деп аташат. Тарыхый типтештирүүлөрдөн башка общинаны чарбалык-маданий типтерге байланыштуу (башка белгилер боюнча да) да классификациялашат: отурукташкан дыйкандардан же дыйкан-магнаттардын жер иштетүүчү (айыл) общинасы, көчмөн жана жарым-көчмөн малчылардын көчмөн общинасы, жогору адистешкен аңчылар менен балыкчылардын промыселдик общинасы ж.б.

**Огуздар** - түрк тилдүү байыркы уруулук бирикменин аталышы. Кыргыз санжыраларынын айрым варианттарында генoним катары да белгилүү. Учурда огуз тилдүү элдер деген тил ажырымын аныктаган лингвистикалык термин бар. Бул топко Түркия түрктөрү, азербайжандар, түркмөндөр, гагауздар, саларлар, крым татарлары (түштүк диалектиси), Ирандагы, Ирактагы, Сириядагы, Балкан жарым аралындагы ж.б. аз сандуу бир катар этностук топтор кирет. Кытай жыл баяндарында огуздар 6-к. «угу», «вуху», «вуги», «вугус» формаларында чагылдырылып, Чыгыш Түркстан, Ысыккөлгө чектеш аймактарда байырлашары баяндалат. 7-к. тартып огуз уруулары Жетисууга, Сырдарыяга, Арал жана Каспий деңиздерине чукул көчө башташат. Батыш Түрк каганатынын кулашы жана 766-ж. карлуктардын Жетисууну ээлеп алышы менен катуу кысымдан улам, огуз урууларынын басымдуу бөлүгү Сырдарыянын төмөнкү агымдарына жер которушат. Жаңы этностук жана саясий чөйрөдө огуз конфедерациясы 9-к. аягы, 10-к. баш чендеринде зор державага өсүп чыккан. Огуздар жергиликтүү алан, массагет тектүү уруулардын айрымдарын өз курамдарына сиңиришкен. 11-к. Хазарлардан сокку жеп, Караханийлердин бийлигин таанып, ислам динин кабыл алган теги кынык уруусунан чыккан Селжук Алдыңкы жана Кичи Азиянын саясий өнүгүүсү, этностук жүзүнүн зор өзгөрүүсүнө алып келген Селжукийлер империясын негиздейт. Махмуд Кашгари: «Огуздар - түрктөрдүн бир уруусу, алар түркмөндөр, жыйырма эки уруудан турушат, ар бир урук эн тамгалардын өзгөчөлүктөрүнө карата айырмаланышат» деп жазат. Огуз конфедерациясынын курамындагы энчилүү аттар, эн тамгалар, уруулук түзүлүш-структурасынын өзгөчө бүгүнкү түркмөндөр менен жакындыгын байкоого болот. Түркмөндөр орто кылымдардагы огуз уруулук бирикмесиндей эле Боз ок жана Үч ок деген ири уруулук фратрияларга бөлүнүшкөнү ырас. Демек, түркмөндөрдү огуздардын түз мураскорлору катары кароого болот. Арийне, огуздардын уруулук структурасын анализдеп келгенде, 9-11-кк. «огуздар» деген атты союздаштык белги менен бириккен уруулардын конгломераты катары кароо зарыл. Буга конфедерациянын курамындагы индоевропа, монгол тилдүү этнокомпоненттер так далил боло алат. Огуз каган жөнүндөгү уламыш Рашид ад-Дин (14-к.) Абул Газинин (16-к.) эмгектеринде чагылдырылат. Айрым изилдөөчүлөр Огуз каган хуннулардын каганы Модэ Шанүйдүн прототиби экендигин андагы уламыштардагы персонаждардын окшоштуктарына таянып жазышат. Кыргыз санжырасынын айрым бир маалыматтарында кыргыздардын Огуз кагандан тарагандыгы жөнүндө уламыштар бар. Түрк тилдүү элдерде кенен таралган Огуз каган уламыштарынын варианттары ээелки уруулук ири бирикме жөнүндөгү маалыматты чагылдырат десе болот. Огуз хан уламыштарда карышкыр белдүү, аюу көкүрөк, киш (жапайы аңдын түрү) желкелүү, бука буттуу алп катары чагылдырылат. Жогорудагы түпкү ата-бабанын образын чагылдырган зооморфтук белгилер тотемистик дүйнө таанууну туюнтуп, теги бир өңчөй болбогон уруулук ири бирикмени аныктаган. Генонимдин түп мааниси жөнүндө илим чөйрөсүндө бирдей пикирлер калыптана элек:

1. oguz < oq «жебе» + uz «адам» oquz - oguz «ок адам» (Маркварт, 1914);
2. oguz < uguz «ууз» (Березин, 1861; Пеллиот, 1930);
3. oguz < oq - og «жебе урук» + uz - көптүк маанини аныктоочу мүчө > oguz - огуздардагы уруунун аталышы (Лигети, 1967);

4. oguz < okuz - hokuz «бука» бука тотемдүү уруу (Базен 1953; Синор 1950);
5. oguz < чув. оха - түркчө - oqu «жебе урук» + uz көптүк маанини аныктоочу мүчө > oqu - z «уруу» (Притцак, 1952).
6. oguz < oq - og «жебе, уруу, урук» (- oq «эне») + uz / uz көптүк маанини аныктоочу мүчө > oguz «уруу»; (собирательное значение): on oguz «он уруу», toqguz oguz «тогуз огуз» (Кононов, 1958). Түрколог Н.А.Баскаков «Огуз» сөзүнүн маанисине «акылман», «акылдуу» деген аныктама берип Bilge, Ogodoj терминдеринин синонимдери катары карайт.

**Ойкумендер** (гр. жашоого ыңгайлуу жер, адам жашаган жер, жер, дүйнө жүзү). Жер үстүнүн адамзат өздөштүрүп жашаган аймагынын аталышы.

**Ойсул Ата** (ар. Вайс ал-Карани) - төөнүн пири, колдоочу ээси. Бул адамдын чын аты - олуя Султан Вайс Харани. Адегенде бул адам төө баккан экен. Анын төөгө пир болуп калышынын себеби, кербенчилердин туягы сынган төөсүн заматта дарылап, кербен катарына кошкондугу айтылат. Бул олуянын мазары көп жерде учурайт. Анын мазарлары Кулжада, Белужстанда, Сейстанда бар имиш жана ага адамдар сыйынышары айтылат. Орто Азия элдеринин, ошондой эле кыргыздардын элдик оозеки чыгармаларында кездешкен диний же мифологиялык түшүнүк.

**Олеттер, элөт же огелед** - Монголиянын Кобдос, Арахангай аймактарында жашаган монгол тилдүү калк. Саны 10 миңден ашуун, ойрот диалектисинде сүйлөшөт. Тарыхый фольклордун маалыматтары боюнча жунгарлар түндүк олеттерден тарашкан. Изилдөөчүлөр этноним «өз алдынча бөлүнгөн», «жамааттан, негизги журттан ыраак жайгашкан эл» маанисин туюнтат. 1753-1756-жж. олеттердин көпчүлүгү цин-манжур аскерлери тарабынан жазаланып, кыргынга учураган. Бул субэтнос «кара калмактар» деген ат менен да белгилүү. Текес суусуна жакын жерлерде жашашат. 20-к. 20- ж. чейин Ысыккөлдөгү сарт- калмактар өздөрүн олеттер деп аташчу. Олеттердин келип чыгышында дэрбэт, хойт, уранхай, кыргыздар негизги роль ойношкон.

**Олуя** (ар. валий - «Кудайга жакын адам» деген түшүнүк) - кең маанисинде келечекте боло турган окуяларды алдын-ала даана билип, күн мурунтан болжоп айтып бере турган адам. Адам баласын ар түрдүү жаңылыштыктан, мүшкүл, шордон, азаптан сактап кала турган көзү ачык, даанышман, пайгамбардын катарында турат. Пенденин багы тайган учурунда колдоп, ошол балээден куткаруучу, оору-сыркоодон, кеселден да айыктыруучу керемет сыйкыры бар адам катары сүрөттөлөт. Олуяга сыйынуу башка диндерде - иудаизм, христианчылыкта да кеңири тараган. Мисалы, кыргыздарда Калыгул олуя деген тарыхый инсан өткөндүгү маалым. Ал болочокту көрө билген касиеттерге ээ болгондугу жөнүндө айтылат.

**Омор** - (ар. Умар ибн Хаттаб) төрт «шайланма» халифтин бири. Мухаммед пайгамбардын кайын атасы. Араб Халифатында 634-ж. 644-ж. чейин халифа болгон. Халиф Омордун тушунда Сирия, Палестина, Ирак, Иран ж.б. жерлер каратылып, калкы ислам динине каратылган. Бул халифтин мезгилинде салык системасы калыптанып, мусулман жыл эсеби киргизилген.

**Он башы** - түрк-монгол аскер системасындагы баштапкы ас- кердик саптын (ондук) жетекчиси. Ал он жоокерден турган топту башкарган. Бул аскердик термин байыркы түрк доорунан белгилүү болгон. Аскердик башкаруу системасын 13-к. монголдор кабыл алышкан. Бул аскер бирдиги ондук аскер системасы катары андан соңку мезгилдерде түрктөрдөн, монголдордон орустарга, андан ары Европалык мамлекеттердин аскердик кошундарына жайылган. Бул система Евразия өлкөлөрүндө азыр деле колдонулуп келүүдө.

**Оң канат** - кыргыздардын уруулук ири бирикмесинин аталышы. Генеалогиялык маалыматтар боюнча оң канаттагы багыш, саяк, черик, моңолдор, мунгуш,

баарын, суу мурун, коңурат, баргы, бөрү, жору, кара багыш, сарттар (адигине уруулук тобу) уруулары кирет. Кыргыздардын уруулук топторго бөлүнүшү оболу кытай жыл баяндарында чагылдырылган. Оң канат жана сол канат кыргыздардын генеалогилык схемасы 16-к. Сейф ад-Дин Аксыкендинин «Мажму ат-Таварихинде» баяндалган. Оң канат кыргыз уруулары санжыралык маалыматтарда Ак уулдан тарашат. «Мажму ат-Таварих» боюнча: «Ак огул (уул) ибн Боз оглан, ибн Көктемиш, ибн Долон, ибн Дамбур, ибн Газы бий, ибн Сары бий, ибн Сагын бий, ибн Кафланг бий, ибн Шукур бий, ибн Мары бий, ибн Темин бий, ибн Кулу бий, ибн Арсланг бий, ибн Гуз хан, ибн Лур хан, ибн Ана-л-хак». Аскердик-саясий жана чарбалык-экономикалык керектөөлөрдөн улам келип чыккан уруулук топторго бөлүнүү салты байыркы хунну доорунан белгилүү. Бул салт байыркы түрктөргө, монголдорго, андан соңку ойротторго (жунгарларда), каракалпактарда, түркмөндөргө да мүнөздүү көрүнүш болгон. Учур- да түркмөндөрдө «боз ок», «үч ок»; туваларда «оң чак», «сол чак»; кара калпактарда - «он төрт ру» жана «арысы коңурат» деген уруулук топтордун жиктелүүсү сакталып келет. Оң, сол, борбор болуп бөлүнүү принциптери байыркы «согуштук демократия» дооруна барып такалат. Байыркы кытай тарыхчысы Сыма Цянь «Ши цзиде» хуннулар мамлекеттик башкаруу системасында оң, сол, борбор системасын кабыл алышып, сол канатка - чыгыш хунну, оң канатка батыш хунну уруулары кирерин жазат.

**Оодарыш** - кыргыздардын ат үстүндө күч сынашуучу эң байыркы спорттук оюндарынын бири. Ат үстүндөгү спорттук оюндар болочок жоокерлердин эр катары калыптануусуна негизги роль ойногон. Ат үстүндөгү оюндардын дээрлиги кыргыздардын өткөн доордогу жоокердик турмушун чагылдырат.

**Ооз комуз** - кыргыздын байыркы улуттук музыкалык аспабы. Көбүнчө сары жыгач, жылгын, шилби, ыргай жыгачтарынан сызгычтай жукартылып, ортосунан өзүнөн тил чыгарылып жасалат. Тилдин түп жагы ичке көзөлүп, ага жип салынат. Жыгач ооз комуздун жаагын эриндин арасына коомай коюп, тилине бекитил- ген жипти салуу аркылуу үйлөп ойнолот. Узундугу 15-20 см, туурасы 2,2-5 см, жукалыгы 1,5 мм, тилинин узундугу 10-15 см, жиби 25-30 см. Ооз комуздун эл арасында 3-4 түрдө жасалышы белгилүү. Доошу жапыз жыгач ооз комузга көбүнчө обон күүлөр аткарылат. Аны өздүк көркөм чыгармачылыгынын ышкыбоздору, улуттук музыкалык өнөрдү аздектегендер ойношот. Жыгач ооз комузга окшош музыкалык аспаптар түркмөн, хакас, тува, алтайлыктар, якут, башкыр, монгол элдеринде учурайт.

**Оозандыруу** - кыргыз элинин салтында жаңы төрөлгөн наристеге карата аткарылуучу ырымдардын бири. Жаңыдан төрөлгөн баланы төрөткөн аялдардын бири сары май менен оозандырган. Элдик түшүнүк боюнча, эгерде наристени сары май менен оозандырса, анда ал эс тарткандан кийин ата-энесине, эли-журтуна кайрымдуу, оокат-жайлуу, мал-жандуу адам болуп, оозунан жакшы сөз, жакшы тилектер гана чыгып турат деген ишеничте болушкан. Бул ырым кыргыздын салтына терең сиңген байыркы салттын бири.

**Оргу** - ичкиликтер (булгачылар) уруулук тобундагы ири уруунун аталышы. Оргу уруусун кыргыздардын курамындагы эң байыркы этнокомпоненттердин бири катары кароого болот. Этностук аталыш Махмуд Кашгаринин «Сөздүгүндө» өз алдынча тили (диалекти) бар элдин энчилүү аты катары чагылдырылат. Этностук компонент кыргыздардын курамына 9-12-кк. кеч эмес кирген. Бул уруунун өкүлдөрү Лейлек, Баткен ж.б. аймактарды мекендеп келишет.

**Ордо I** - байыркы, орто кылымдардагы, жаңы доордогу түрк тилдүү элдердеги уруу, уруулук бирикме башчысы, кагандын (хан) көчмө (убактылуу) же туруктуу жашоочу өргөөсү, ордосу, борбору. Көчмө же убактылуу ордо көрүнөө же ыңгайлуу жерге орнотулган. Ал башка боз үйлөрдөн айырмаланып табияттын

шартына жараша ак кийизден жасалгаланып, алтын саймалар менен шөкөттөлгөн. Мындай формадагы хан ордосу аскер жүрүштөрү же согуштук кырдаалда бир жерден экинчи жерге которууга ыңгайлуу болгон. Туруктуу ордо мамлекеттин борборунан же аскердик-саясий, экономикалык жактан маанилүү шаарлардан орун алган. «Ордо» сөзмө- сез которгондо борбор дегенди туюнтат. Мисалы, Ордукент, Орду Балык - «Борбор шаар», Алтын Ордо - «Алтын Борбор», Кызыл Ордо - «Кызыл Борбор» ж.б.

**Ордо II** - кыргыздын байыркы улуттук оюндарынын бири. Бул оюн жалгыз гана кыргыздарда, кыргыз коомунда ойнолот жана чыгыш теги жагынан байыркы аскер турмушун, жашоосун чагылдырат. Оюндун аты өзү туюнтуп тургандай, ал «борбор», «хан ордосу», экинчи бир маанисинде «шаар» дегенди аныктап турат. Оюндун мазмуну аскер жөнүнөн кабар берет.1. Тегерете чийин, - камал, чеп, коргон, шаар сыяктуу. 2. Дал ортосу - борбор жаки жыйырмак (Туу түбү). 3. Калың чүкөнү тигип, ортосуна чоң чүкөнү жаки ордодон оңой менен атып чыгара албай турган кылып, чүкөнүн сакасын коюп, аны «кан» деген. Бул аныгында «кан» жаки туу түбү. 4. Канды тегерете коюлган көп чүкө - кандын аскери. 5. Ордо атуучулар эки бет болуп, чүкө калчашып, кимисинин чүкөсү консо, ошол жак биринчи кезекте атат. Бул күчтүү жоо, мисалы: күчтүү жоо шаарга чабуул кылганы. 6. Ар бир ордо атуучу кишиге беш чүкө тийиш болуп, үч аткан оюнга ээ болот - мисалы, беш аскердин үчөө согушка киргени. 7. Чийинден өтпөстөн атат, коргон сепилден атышканы. 8. Эгерде аткан чүкөсү чийинден чыкпай калса, ал аткан оюну өлөт - согушка киргендин өлгөнү. 9. Эгерде аткан чүкөсү чийинден чыгып турса, оюну өлбөстөн ата берет. Мисалы, беттешкен жоосун сая берген сыяктуу. 10. Чийинге жакын келген чүкөнү казайт (казаман) жекеге чыккан же кароолго чыгып келген жоону өлтүргөнү. 11. Атылган чүкө чийинден чыгып, чийиндин ичине эки кадам томпою чүкөгө жакын жатып калса, бир бутун тамандап чүкөнү олтуруп чертет, мисалы, аты өлүп, жоо менен жөө согушуу, жаа менен эмес, колмо-кол согушуу. 12. Черткен кишинин сыртында - чүкө калган болсо оюуну өлөт, анда жоо сыртынан курчап кеткени. 13. Бир жаки үч чүкө черткен соң канды чертишке уруксат - кандын кароолун өлтүрүп канга кол салганы. 14. Четке чийинге жакын келген чүкөнү кайта тооруп атып алат. Муну «тоорумак» дейт - четке келген жоону кайта байлап кеткени, четтеп жалгыздап жүргөндү өлтүргөнү. 15. Беш чүкө, үч атканга жарайт - беш аскердин үчөө согушта, экөө кошто болгондугу. 16. Үч чүкө эки атканга жарайт - үч аскердин экөө согушта, бири кошто болгону. 17. Бир чүкө бир атканга жарайт - жоодон кырылып бир киши калса да согушуу. 18. Бир жактын теңинен көбүнө оюн жетпей калса, калганы чокондосо, жеңилгенге эсеп - көбү кырылып, аттан ажырап, жөө калган да жеңилгени. 19. Каны бар жакта бир чүкө, бир оюуну болсо да жеңилбестен атышат - кан өлмөйүн, жаки колго түшмөйүн жеңилбегенге эсеп. 20. Томпою чүкөгө тие жатып, томпойду алаарда чүкө кыймылдап калса - жоо өлбөстөн аман калып, атуучуну өлтүргөнү; 21. Кан ордодо турганда канга бет алдыра атат - качан болсо канга, тууга бет ала согушуу керек. 22. Чекеге келген чүкөнү кыйгай атып алат - бул да болсо чекеге жалгыздап келген жоону өлтүргөнү
мисалында.

***Ад.:** Солтоноев Б. Кыргыз тарыхы. Б.: 2003.*

**Орозо** - ислам дининин талаптарынын бири. Бул талапка ылайык момун мусулмандар мусулман жыл (Хижра) эсептөөсү боюнча рамазан айында таң атардан күн батарга чейин оозго наар албашы керек. Балдар 12 жаштан, кыздар 9 жаштан башка диний талаптар менен бирге орозо кармоого милдеттүү. Кыргыздарга орозо ислам дини менен кошо келген. Адабияттарга караган- да, 19-к. кыргыздардын арасында ислам талаптарын толук аткаргандар көп болгон эмес. Социализм доорунда алардын саны андан да азайган. Кыргызстан

эгемендүүлүккө жетишкенден кийин ислам дөөлөттөрүнө кызыгуу күчөдү, орозо кармагандардын саны да көбөйүп барат.

**Орхон-Энесай жазма эстеликтеринин изилдениш тарыхы.** Б.з. 5-13-кк. байыркы кыргыз (түрк) же Орхон-Энесай (Орхон-Енисей) жазуусу деп аталган рун сымал жазма эстеликтер. Илимге Орхон- Энесай жазуулары деген ат менен кирип калган эстеликтердин ареалы кенен аймакка тараган. Бул жазууну Борбордук жана Орто Азиядагы жашаган байыркы түрк тилдүү уруулар пайдаланыш- кан. Изилдөөчүлөрдүн басымдуу бөлүгү Энесай чөлкөмүндөгү (Хакасия, Тува, Тоолуу Алтай ж.б.) эстеликтериндеги жазуулардын грамматикалык курулушу Орхондогу жазуулардан айырмаланарын белгилешет. Белгилүү аалымдар В.В.Радлов, В.Томсен, С.Е.Маловдор Орхондогу жазууларга салыштырмалуу эртерээк п.б. жана архаикалык мүнөзгө ээ Энесай жазма эстеликтерин кыргыздарга таандык экендигин далилдешкен. Бул жазуу жөнүндөгү эң алгачкы маалыматты 1697-ж. С.У.Ремезов өзүнүн чийген картасында чагылдырган. Сибирь аймагына жети ирет саякат жасаган Д.Мессершмидт да бул табышмактуу жазуулар жөнүндө өз күндөлүгүндө кабарлайт. Бул илимий кабарды швед аскер адамы Ф.И.Стралленберг 1730-ж. жазган. Ал Сибирде 12 жыл жашап, жергиликтүү элдер, алардын тили, маданияты боюнча көрүнүктүү эмгекти калтырган. 1793-ж. крайтаануучу П.С.Паллас да бир нече эстеликти таап жарыялаган. 19-к. баш чендеринде Г.И.Спасский жана француз А.Ремюза илимий эмгектерди жарыкка чыгарышып, жазуунун чыгыш теги жөнүндө илимий басылмаларга полемика уюштурушат. 1874-ж. С.Аспелин бул жазууларды байыркы угрофиндерге таандык деген көз карашын айтат. 1881-ж. А.В.Адриянов Саян тоолорунун түштүк тарабынан бир топ жазма эстеликтерин таап, аны илимге киргизүүдө бир кыйла эмгектенген. 1889-ж. Н.М.Ядринцев жетекчилик кылган экспедициянын иш-аракети бул эстеликтерди изилдөөнүн жаңы этабы эле. Бул экспедиция Орхон суусунун боюндагы Кошо-Цайдам деген жерден тикесинен тургузулган, бети толо жазылган зор ташты табышат. Мындай жазуу эстеликтерди изилдөө үчүн атайын экспедициялар уюштурулат. Жыйналган кабарлар жана таштагы жазуулар окумуштууларды өтө кызыктырат жана алардын сырын чечип окууга дилгир болушат. Эстеликтерди биринчилерден болуп В.В.Радлов жана даниялык окумуштуу В.Томсен бир мезгилде чечмелеп окуп, эстелик жазуулар түрк тилдүү экендигин кабарлашкан. 1888-ж. В.А. Каллаур жана Н.Гастев Таластан рун жазуусу бар алты эстеликти табышат. 19-к. этегинде эстеликтердеги жазуулардын грамматикалык өзгөчөлүктөрү такталат. 20-к. түркологдордун жоон тобу: П.М.Мелиоранский, С.Е.Малов, И.А.Батманов, В.М.Насилов, А.Н. Кононов, Н.А.Баскаков, С.Г.Кляшторный, С.Сыдыков, Ч.Жумагулов ж.б. изилдөөчүлөр аталган эстеликтерди изилдөөдө жана алардын фонетикалык, грамматикалык жана лексикалык өзгөчөлүктөрүн иликтешип, тарыхый булак катары өтө баалуу экендигин далилдешти.

***Ад.:** Батманов ИА., Язык енисейских памятников древнетюркской письменности. - Фрунзе, 1959; Батманов ИА., Арагачи З.Б., Бабушкин Г.Ф. Современная и древняя енисейка. - Фрунзе, 1969; Орхон-Енисей текстери. - Фрунзе, 1982. ж.б.*

**Осмон** - (ар. Усман ибн Аффан) Мухаммед пайгамбардын төрт «шайланма» халифинин бири. Абубекрден кийинки халифа. Мухаммед пайгамбардын күйөө баласы. Күлсүн (Гүлсүм) деген кызын ушул адамга берген. Халиф Осмондун тушунда мамлекетте ич ара күрөш күчөгөн, киши колдуу болуп өлгөн. Мусулмандардын ыйык китеби «Куран-и Керимди» тери, ташка жазылгандарын, ар кимдин оозунан жыйнап, аны редакциялап (түздөп, калыпка салып) чыккан. Азыркы колдонуп жүргөн ыйык китебибиз «Куран-и Керим» ошол бойдон сакталууда. Халифа Осмондун өз колу менен жазылган «Куран-и Керим» азыр Ташкенттеги муфтияттын китепканасында сакталуу.

**Отко киргизүү —** бетин көрсөтпөй качып жүргөн жаңы келинди көбүнчө кайын агалары, кээде кайын атасы, ошондой эле жезделери атайын чыкырып сыйлоо салты. Чакырылган келин күйөөсү, кайын атасы, кайын энеси, жеңелери болуп сепке келген буюмдардан ырымдап белек алып барышат. Сый-тамак ичилгенден соң, отко киргизген адам келинге мал же буюм ырымдап берген. Ошондон кийин келин отко киргизген кишиден ісачпай калган, анын үйүнө эркин кирүүгө акылуу болгон. Бул салттын байыркы отко сыйынуу (зороастризм) салтынан келип чыгышы ыктымал. Бирок ал кийинчерээк кыргыздарда патриархалдык-туугандык мамилелердин жана жөрөлгөлөрдүн бирине айланган.

**Оттук** - от чыгаруу үчүн керектелген чакмак таш. Аны эзелтеден эле баардык элдер колдонуп келишкен.

**Отуз уул** - генеалогиялык маалыматтар боюнча оң жана сол канат кыргыз урууларынын жалпы аталышы. Ичкиликтер (Булгачылар) уруулук тобундагылар оң, сол канат кыргыз урууларын ушундайча атап келишет. Отуз уул - бугу, чекир саяк урууларынын курамдарындагы урук аталыштары катары да белгилүү. Этностук аталыштын параллели «отуз оглан» формасында Таластан табылган рун сымал (6-10-кк.) жазууларда эскерилет. Г.Ф.Миллер 18-к. Түштүк Сибирде «отус» аттуу аймактын аталышы бар экендигине өз эмгегинде бир нече ирет кайрылып өткөн. Мындан сырткары, илимде теги кыргыздарга өтө жакын экендиги аныкталып жаткан сары уйгурларда «оглан» деген урук сакталып келет. 15-к. жазылган «Шаджарак ал-атракта» («Түрктөр санжырасы») кыргыздар 40 монгол кызынан, ал эми «отуз огул» (отуз уул) алардын 30 баласынан тарагандыгын баяндаган уламыштар чагылдырылат. Сайф ад-Дин Аксикендинин «Мажму ат-Таварихинде» (16-к.) Отуз уул - Салус бек Бул(а)гачи Ак уулдун балдары катары көрсөтүлөт. Тарыхый булактарда Адигине, Мунгуш, Кара багыш, Тагай баатырлар Отуз уулдун балдары экендиги эскерилет. Арийне, жогорудагы санжырада эскерилген Адигине, Мунгуш, Кара багыш, Тагай баатыр ж.б. аты аталгандарды ислам динин расмий түрдө кабыл алган кыргыз урууларынын өкүлдөрү катары кароо зарыл. Изилдөөчүлөр отуз уулдун тукумдары катары 16-к. кийин сол канат кыргыз уруулары да атала баштаганын белгилейт. Айрым изилдөөчүлөр «отуз уул» деген термин менен белгилүү болгон кыргыздардын уруулук курамынын түзүлүшү аскердик керектөөлөрдөн улам келип чыккандыгына токтолот. Автор аскердик-чарбалык бул түзүлүш байыркы дуалдык (отуз уул - он уул- оң - ичкилик - сол) системаны аныктайт деген жүйөлүү пикирлерин айтышат. «Оглан»,«огул» (уул) терминдеринин мааниси боюнча бирдей пикирлер жок. В.Банг этнонимди (o-gu-l) «күч», «жардам», «коргоо» маанисинде чечмелесе, Г.Вамбери (огул, огулан, оглан, олан) - «тукум», «урпактар» түрүндө аныктама берүүгө аракеттенген. Бул маселеде түркολог А.Н. Кононовдун илимий пикири чындыкка жакын. Ал «огул» сөзүн («ок + ул») ок - ог - «уруу», «урук», - ул, «кенже эне» формасында аныктама берет. Мисалы, «огул - оглан» сөзүнө «огуз» (ок + з) терминин параллель коюуга болот. Демек, «отуз уул» - отуз уруу маанисин туюн- тушу толук мүмкүн. «Отуз оглан» сөзү чагылдырылган Таластагы жазуу эстеликтеринде 16-к. эскерилген Кара Чоро генониминин болушу да бир топ илим чөйрөсүндө кызыгууну жаратары шексиз. Айрым абройлуу иликтөөчүлөрдүн пикирлери Энесай жазуулары менен Таластагы эстеликтердин (руникалык жазуулар) тарыхый бир кыртышта жаралганын дагы бир ирет тастыктоодо. Кыргыз археологдору тарабынан Кочкордон табылган руникалык эстеликтерден «адык», «азык», «ач эли» сыяктуу илимий сенсациялуу табылгалары бул пикирди бекемдейт. Демек, 6-10-кк. чегинде кыргыз урууларынын айрым бир бөлүгү бул аймакта байырлаган деген жүйөлүү маселе келип чыгат. Ушул эле эстеликтерде чагылдырылган «ынал», «агулт» (ак уул - агул + т) терминдери да кызыгууну жаратат. Фарси тарыхчысы Рашид ад-Дин

(13-к.) кыргыздар өз жол башчыларын «инал» дешерин эскерет. Махмуд Кашгари «Сөздүктө» «ынал» - энеси чоң (тектүү, белгилүү, күч-кубаттуу) уруудан, атасы «тексиз, карапайым жерден чыккан адам» деген мааниде аныктама берет. Жогорудагы фактылар «отуз уул» 6-10- кк. эле уруулук (этностук) аталыш катары белгилүү болгондугун тастыктайт. Изилдөөчүлөр бир катар далилдүү фактылардын негизинде Талас жергесин 9-к. орто чендеринде кыргыздар байырлаган деген ынанымдуу пикирлерин айтышат.

***Ад.:*** *Абрамзон С. М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи., -Фрунзе, 1990; Малов С. Е.Памятники древнетюркской письменности Монголии и Киргизии. - М.: 1959, Жданко ТА. Очерки исторической этнографии каракалпаков. М.-Л., 1950.*

**Отурукташуу** - көчмөнчүлүктөн туруктуу жашоого өтүү. Отурукташуу мал чарбачылык менен тиричилик өткөргөн элдердин дыйканчылыкка өтүшүнө жана акча-товар мамилелеринин өсүшүнө байланыштуу келип чыккан. Дыйканчылык алгачкы жамааттык (общиналык) коомдук түзүлүштө эле келип чыккан. Кыргызстанда отурукташуу эки мезгилде жүзөгө ашырылган. Биринчи мезгил Совет бийлиги орногондон колхоз курулушу башталганга чейин жыйырманчы жылдын акырында кырк миң түтүн көчмөн отурукташкан (1921-1922-жж.). Бирок кыргыздарды отурукташтыруу, алардын чарбасын коллективдештирүү көпчүлүк учурда зордук-зомбулук ыкмалары менен ишке ашырылган. Оокаттуу кыргыздардын үй-оокаттары тартылып алынып, өздөрү жазаланган, көпчүлүгү сүргүнгө айдалып, репрессияланган.

**Оюн башы** - жаштардын оюнун башкаруучу. Оюнду башкаруу үчүн тажрыйбалуу, көп оюн билген, аны кызыктуу өткөрө билген ачык-айрым шайыр жаш келин шайланган. Өзгөчө күйөө баланын колуктусун көргөнү келгендигине байланыштуу өткөрүлө турган жаштар оюнун башкарууга тажрыйбалуу, шыктуу оюн башчы талап кылынган.

## Ө

**Өз ара жардам (ашар)** - жеке менчик эмгекке жараша бөлүштүрүү пайда болгондо алгачкы общинада (жамаатта) жаралган алмашуу формасы. Обочолонгон менчик ячейкалары калыптанып, алгачкы община кошуналык общинага өтөрү менен экономикалык өз ара жардам кеңири тарай баштаган. Анын пайда болушу үй- чарбалардын экономикалык абалынын туруксуздугу менен шартталган. Алар тиги же бул буюмга, ошондой эле убактылуу жумушчу күчүнө муктаж болуп турган. Берилген буюм, ишке жардамдашуу экинчи тарап муктаж болгондо жооп иретинде жардам берүүгө милдеттендирет. Жооп иретинде жардамдашуунун мүнөзү, өлчөмү өзү алган жардамдын өлчөмүнө эмес, жардамга чакырган кишинин муктаждыгына жараша болот. Ошондуктан жооп иретиндеги жардам өзүнө көрсөтүлгөн жардамдан аз же көп болушу мүмкүн. Ошентип, өз ара жардамдашуу сакталып кала берет жана мындай жардамдашуу улана берет. Айрым учурларда общинанын мүчөлөрү өз ара чогулушуп жардамга муктаж болгон кишиге иштеп беришет. Бул өзгөчө абалдарда жасалган. Мындай жардам алган кишиде башка бирөөнүн ушундай учурдагы муктаждыгына жардам берүү милдети пайда болгон. Тууган-туушкандарга ушундай формадагы жардам берүү кыргыздарда бүгүнкү күнгө чейин сакталып калган. Мисалы, ашар ж.б. түрлөрү. Бүгүнкү күндө өз ара жардамдашуунун бул формасы коомдук мекемелерди курууда (мектеп, стадион ж.б.) да кеңири жана ийгиликтүү пайдаланылууда.

**Өзбектер** — Өзбек Республикасынын негизги калкы. Жалпы саны 15 млн. кишиден ашуун. Өзбектер Тажикстан, Казакстан, Кыргызстан, Афганистан ж.б.

жерлерде да компакттуу жашашат. Карлук (карлук-чигил-уйгур), кыпчак, огуз ж.б. көп сандаган диалектилерде, наречиелерде сүйлөшөт. Азыркы өзбек тили (адабий тил) курамына кыпчак жана огуз элементтерин сиңирген фергана-ташкент говорунун жана диалектилеринин негизинде түзүлгөн. «Өзбек» этноними адам атынан (антропоним), Алтын Ордонун Өзбек деген башкаруучусунун ысымынан келип чыгат. Өзбектердин этностук курамынын негизин чыгыш иран тилдеринде сүйлөшкөн согдулар, бактриялыктар, хорезмдиктер, ферганалыктар ж.б. түзгөн. Б.з. 6-к. тартып Эки дарыя (Мавереннахр) аралыгында түрк тилдүү уруулардын салыштырма салмагы басымдуулук кыла баштаган. Түрк тилдүү уруулар отурукташкан иран тилдүү калк менен жуурулушкан. 11-12-кк. өзгөчө 13-к. монгол чабуулунун мезгилинде чыгыштан каңды, кыпчак ж.б. уруулардын көчүп келүүсү көбөйгөн. Тимурийлердин тушунда монгол, кыпчак элементтери жуурулуш- кан. Аймактагы уруулар өз энчилүү аттары менен кала беришкен. 15-к. аягы- 16-к.баш чендеринде казактардан бөлүнүп чыккан, өздөрүн Өзбек хандын жана анын тукумдарынын жактоочуларыбыз деген кыпчак тектүү көчмөндөр Шейбанинин (Шейбек) жетекчилиги астында Тимурийлер мамлекетинин чегине журт которушуп, өлкөнүн чегин талап-тоной башташкан. Саясий-аскердик жактан ыдыраган, чабал тимурийлер көчмөндөргө айбат көрсөтө алышкан эмес. Аймактын калкы бир нече мамлекеттик түзүлүштөрдүн курамдарында кала беришкен. Калктын этногенезинде, материалдык жана руханий маданиятында, чарбалык укладдарында ж.б. жалпылык болгон эмес, түркүн этностук, тилдик таасирлери күчтүү болгон. XX к. баш чендерине карата негизинен үч субэтностук топ болгон: өрөөндөрдүн автохтондуу иран-тажик тилдүү ж.б. отурукташкан калкы; көчмөн жана жарым көчмөн (13-к. чейин) түрк жана башка тилдүү уруулар, алардын монгол, огуз тилдүү уруулар менен жуурулушуусу; Дешт и-Кыпчактан көчүп келген кыпчак тектүү көчмөн уруулар. Негизги калкты түрк эле- менттери бар отурукташкан иран-тажик тилдүү калк түзгөн. 1917- }К. төңкөрүштөн соң улуттук чек араларды тактоо иштери жүргүзүлө баштаган. Азыркы Өзбекстандын аймагында ири сандуу түрдүү субэтностор (иран-тажик тилдүү калк, миңдер, маңгыттар, кыпчактар, кара-калпактар, хорезмдиктер, уйгурлар, кыргыздар, көчмөн өзбек уруулары ж.б.) жашагандыктан жаңы түзүлүп жаткан республиканын аталышын тактоо атайын түзүлгөн комиссия үчүн бир топ татаалга турган. Комиссия «өзбек» деген энчилүү атка атайын чечим боюнча токтолуп, 1924-ж. түзүлгөн республика Өзбек ССРи деп аталып калат. Атайын комиссия тарабынан бул аймактагы элдердин тарыхый тегиндеги, тилдериндеги, материалдык жана руханий маданияттарындагы өзгөчөлүктөрү эске алынган эмес. Изилдөөчүлөрдүн басымдуу бөлүгү өзбектердин улут катары толук калыптана электигин белгилешет. Теги казактарга жакын болгон көчмөн өзбектер Хива, Карши аймактарында жашашат. Бүгүнкү күнү да Өзбекстандын аймактарындагы калктын тилинин, маданиятынын өз ара кескин айырмачылыктары байкалат.

***Ад.:** Народы мира: Историко-этнографический справочник. М., 1988; Языки мира: тюркские языки.Б., 1997.*

**Өзбекстандын аймагындагы кыргыздар.** Өзбекстандын бир катар чөлкөмдөрүндө жашаган кыргыздар аталган аймактардын түптүү, автохтондуу калкы болуп саналышат. Бул чөлкөмдөрдө байырлаган кыргыз уруулары (кыргыздын оң, сол, ичкилик уруулары) эзелтеден көчүп-конуп жүрүшкөн. Тагыраак айтканда, Өзбекстандын азыркы Анжиян, Фергана, Наманган, Бухара, Самаркан, Сырдарыя, Навойи, Жиззак, Ташкент чөлкөмдөрү, Каракалпакстан кыргыз урууларынын эзелтеден көчүп-конуп жүргөн, чарбалык-экономикалык мааниси бар, кыргыздардын согуштук-саясий таасири күчтүү аймактардан

www.bizdin.kg

болгондугу тарыхый жазма булактарда, илимий адабияттарда чагылдырылып келет. Бүгүнкү күндө кошуна өлкөнүн аймагында статистикалык акыркы расмий маалыматтарга караганда 370 миңден ашуун кыргыздар жашаары маалым. Чындыгында, кыргыздардын жалпы саны бул берилген сандан алда канча көп. Совет доорундагы, андан соңку Өзбекстан көз каранды эмес республикасындагы жүргүзүлгөн ар бир «эл каттоолордо» кыргыздардын саны мурдагы расмий маалыматтарга салыштырмалуу улам азайып келгендиги баарыбызга маалым. Расмий Ташкенттин акыркы маалыматтарында бул өлкөдөгү кыргыздардын саны Өзбекстандагы жалпы калктын 4 % азырагын (учурда өлкөнүн жалпы калкы 25 миллиондон ашуун кишини түзөт) түзүшкөн. 19-к. экинчи жарымындагы айрым жазма булактарга, эл каттоолордун маалыматтарына таянсак, кыргыздар бул аймактардагы негизги этнос болушкан. Маселен, 19-к. аягы, 20-к. баш чендеринде кыргыздар Фергана өрөөнүнүн калкынын эң негизги басымдуу бөлүгүн түзүшкөн. Мисалы, Ош уездинде кыргыздар калктын 98,85%, Маргелан уездинде 29,66%, Наманганда - 25,73%, Анжиянда - 39,66, Кокондо - 6,05 (136,66) түзүшкөн. Бул аймактарда кыргыздар бир кездерде басымдуу көчүлүктү түзүшкөн; кийинки эле маалыматтарга таянсак, 1913- жылы Андижан уездинде - 117774, Кокон уездинде - 26421, Наманган уезинде - 120297, Ош уездинде - 143571, Скобелев (Фергана) уездинде - 87532 кыргыз жашаган, жалпысы - 495595 калкын түзүп, бара- бара кыргыздардын салыштырма саны расмий ж.б. маалыматтарда кыскара баштаган. Мындан сырткары, кыргыз этносунун бул аймактардагы санынын кыскарышы табигый, социалдык-экономикалык шарт, жайыттардын кыскарышы, кыргыздардын бир бөлүгүнүн отурукташууга өтүүсү, 20-к. 30-40 жж. жүргөн жапырт коллективдештирүү, кошуна жашаган калктар менен жуурулушуусу ж.б. процесстер негизги ролду ээлеген. Бүгүнкү күндө Өзбекстандагы кыргыздардын өнүгүү жолу б. а. руханий дүйнөсү, каада-салты, тили, жашоо шартына жараша өзгөрүүлөргө дуушар болуп, орун-очок алган региондордун айрым, табигый ж.б. өзгөчөлүктөрүнө ылайык негизинен 3 багытка ооп бара жаткандыгын байкоого болот. Өзбекстандын Кыргызстанга чектеш Фергана өрөөнүндөгү Анжиян областына караштуу Коргон-Төбө, Жалал- Кудук, Кожо-Абад, Булак-Башы, Айым, Мархамат ж.б. райондорунда кыргыздар эзелтеден чогуу жашап келишет. Фергана өрөөнүнүн Өзбекстан тарабында, тагыраак айтканда, жогоруда аты аталган чөлкөмдөрдө жашаган кыргыздар Кыргызстан менен этностук-маданий, чарбалык-экономикалык, тууган-туушкандык карым- катнаштары кеңири болгондуктан толук этностук өзгөчөлүктөрүн сактап келишүүдө. Ал эми Ташкент, Сыр-Дарыя областындагы кыргыздардын басымдуу бөлүгү казактарга чектеш, аралаш жашашкандыктан, көпчүлүгү казак мектептеринен билим алышкандыктарынан улам, ал жердеги кыргыздарга казактардын руханий дүйнөсү, каада-салты өз таасирин тийгизүүдө. Үчүнчү топко болсо Жиззак областынын тоолуу райондору кирет. Бакмал, Замин, Достук райондорунда жашаган кыргыздар» өзгөчө тоолуу аймактарда жашагандары тилин, каада-салттарын сактап келишет. Жаштардын басымдуу бөлүгү кыргыз мектептеринде билим алышат. Айрым маалыматтарда бул чөлкөмдө чектеш жашаган казак, өзбек, кыргыз каада-салттары аралашкан абалда өнүгүүдө. Фергана өрөөнүнүн Өзбекстанга караштуу бөлүгүндө жайгашкан Анжиян, Наманган, Фергана облустарынын административдик-аймактык курамдарына кирген кыргыздар жана алардын уруулук курамы жөнүндө маалыматтарга токтолсок: Анжиян облусунун аймагында кыргыздын кыпчак, каңды, бостон, мундуз, кыдырша, найман, кара багыш, мунгуш, бөрү, баргы, тейит, төбөй, кытай, багыш урууларынын өкүлдөрү мекендешет. Аталган уруулар кыргыздын ичкилик, оң жана сол канаттарына киришет. Фергана өрөөнүнүдөгү (Өзбекстан тарабындагы) кыргыз урууларынын өкүлдөрүнүн негизги бөлүгүн

кыргыздын кыпчак уруусу түзөт: омонок, кожомшүкүр, кармыш, актачы, жаманак, жарты баш, кызыл аяк, тору айгыр, ак бото. Фергана областынын аймактарын (Вуадил ж.б.) негизинен кыргыздын ичкилик (Булгачы) урууларынын өкүлдөрү байырлап келишет. Алар: жоокесек, кесек, найман, нойгут, кыдырша, кыпчак, бостон, канды уруулары. Наманган областында: саруу, кушчу, моңолдор, саяк, сарттар, багыш, мундуз, кыпчак ж.б. уруулардын өкүлдөрү байырлашат.

Л.Ф.Костенконун маалыматтарында 20-к. аяк чендеринде, Ферганада 70 миңге жакын кыпчак болгон. Ал эми, 1897-ж. эл каттоодо 7584 гана кыпчактар калган. 1850-жылкы Кокон хандыгы тарабынан уюштурулган кыргында 20 000 миңден 50 000 миңге чейин кыпчактар курман болушкан. Бул кыргын кыпчактардын аймактагы салыштырма санынын кескин кыскарышына алып келген. Кокон хандыгынын белгилүү саясий жана аскер ишмери болгон Мусулманкул кыпчактын кулан-кыпчак уругунан чыккандыгы маалым. Кыргыз-кыпчактардын бир бөлүгү Кыргыз Республикасынын Ош, Баткен, Жалалабад, Чүй областарында, Тажикстандын Каратегин, Мургаб, Афганистандын түндүк-батыш аймактарында, Кытай Эл Республикасынын Шинжаң Автономиялуу округунда жашап келишет. Кыпчактар кыргыздын башка уруулары сыяктуу эле Чыгыш Түркстандан (16-18-кк.), Фергана өрөөнүнүн (18-19-кк.) саясий турмушуна өтө жигердүүлүк менен катышып келишкен. Фергана өрөөнү жана ага жамаатташ жерлерди, жайыттарды кыргыз уруулары 15-16-кк. өзгөчө жигердүүлүк менен өздөштүрө башташкан. Бул аймактын ыңгайлуу табигый шарты, кенен жайыттары, отурукташкан, жарым көчмөн башка элдер менен соода-сатык алакалары үчүн кыргыздар Жети-Суу, Аулие-Ата, Талас, Кашкар, Алай, Каратегин, Кашка-Дарыя ж.б. жерлерден көчүп келүүсү 20-к. биринчи чейрегине чейин уланган Мындан сырткары, Россия империясынын Цин Кытайы менен чек ара маселелерин тактоосу кыргыздардын Чыгыш Түркстандан ж.б. жерлерден Фергана ж.б. аймактарга жылдык салттуу көчүүсүнө терс таасирин тийгизген. Тагыраак айтканда, 19-к. экинчи жарымынан көп кылымдык жер которуштурган көчүү багытына бөгөт коюлган эле. Көпчүлүк ыңгайлуу жерлер пахта, ж.б. айыл чарба талааларына айлантылган, сууга, жайытка ыңгайлуу жерлер Россия империясынын түпкүрүнөн көчүрүлгөн орус, украин ж.б. келгин дыйкандарга таратылып берүүсү да жайыттардын, кыштоолордун кыскарышына алып келген; бул процесс да кыргыздардын бир бөлүгүнүн отурукташуусуна шарт түзгөн. 1902-ж. «Фергана областынын жыл баяны» берген маалыматтарга таянсак, бул өрөөндөгү 300 000 кыргыздардын 200 000 отурукташууга өтүп, жер иштетип, дыйканчылык менен кесиптене башташканын кабарлаган. Бул мезгилде кыргыздар саны боюнча Фергана областында сарттардан кийинки орунда турган. «Сарт» - санскрит (байыркы индия) тилинде «соодагер» маанисин туюнтуп, көчмөн түрк элдери тарабынан отурукташкан, жер иштетишкен түрк-иран тилдүү калкка берилген энчилүү ат экендиги илимде эбак белгилүү. Ал- бетте, жогоруда айтылып өткөндөй, бул процесс Кыргызстандын Россияга букаралыкка өтүүсү, Цин империясы менен Чыгыш Түркстан боюнча өткөн чек аралардын такталышы менен байланышкан. Айрым изилдөөчүлөр кыргыздардын отурукташуусу эки натыйжага алып келгенин белгилешет:

1. Кыргыздардын биринчи отурукташкан толкунунун мурда отурукташкан сарттар менен толук аралашып кетиши аларды жуурулушкан (ассимиляция) абалга алып келген.
2. Ортоңку аймакта кийинчерээк отурукташууга өткөн кыргыз ареалдарынын пайда болуусу. Ошол эле отурукташкан калкка көчмөн өзбектер, кыпчактар, түрктөр, каракалпактар, казактар аралаш жашагандыктан, алардын да жуурулушуп бараткандыгын белгилөөгө болот. Ч.Ч. Валиханов Фергана аймагында 19-к. көчүп-конуп жүргөн кыргыздардын материалдык жана руханий

маданиятына отурукташкан калктын тийгизген таасирин белгилеп, акыркылардын тили жагатай (Чагатай) тилине жакындап калгандыгын белгилеген. Изилдөөчү бул кыргыздардын кадыресе жер иштетип, дыйканчылык кылгандыгын жазат. Түркстан крайынын эсепке алган (ревизиялык) материалдарында Кокон уездиндеги Нойгут-Кыпчак волостундагы кыргыздар сарттардын тилин (түрк-иран тили) өздөштүрүп, кыргыз адатынын ордуна диний шариятты кабыл алышкандыгы жана каада-салтта отурукташкан калк менен бирдей болуп калгандыгын белгилеген. Ал эми кыргыздардын тажик (иран) тилдүү сарттар менен кошуна жашоосу, биринчилердин тилине жана каада- салтына тажиктердин таасири тийгизгенин белгилеген. Исфара жана Канибадам волостторунда отурукташууга өткөн кыргыздар ошол чөлкөмдөгү көп сандуу сарт-тажиктердин курамына жуурулушуп кеткен. Ошондой болсо дагы кыргыздардын башка элдерге жуурулуп кетүү процесси массалык мүнөзгө ээ болгон эмес. 19-к. отурукташууга жана жарым көчмөн абалына өткөн кыргыздар бүгүнкү күнү да өз тилин, маданиятын жоготпой сактап келишет. Орто Азия аймагында Совет бийлиги орногондон кийин чек ара тактоо жана аны турмушка ашыруу бул аймактарды мекендеген кыргыздардын тагдырына да терс таасирин тийгизди. 20-30-жж. чек араны тактоо жана аны жөнгө салуу иштеринин жүрүшү кыргыздар жашаган бүтүндөй бир аймактардын Өзбекстан, Тажикстандын административдик-аймактык башкаруусуна баш ийип калуусу, бир калк катары өнүгүүсүнө терс таасирин тийгизди. Мисалы, Анжиян областынын курамына кирип калган Хан-Абад, Жалал-Кудук, Коргон- Төбө, Булак-Башы, Мөнөк ж.б. волостторунун калкынын дээрлигин кыргыздар түзгөн. Анжиян уездиндеги отурукташкан айылдардын жалпы саны 201 кыштак болсо, улуттук өзгөчөлүгүнө жараша алар төмөндөгүдөй абалда болгон: кыргыздар -138 айыл, өзбек жана сарттар - 38, орустар - 12, тажик - 1, түрк - 4, кашкарлык - 4, аралаш жашагандар - 4 айылды түзүшкөн. Демек, аймактагы калктын улуттук өзгөчөлүгүн эске албай административдик-аймактык бирдиктерге бөлүү (1924-1927-жж.) өз учурунда СССРдин курамына кирген Кыргызстан жана Өзбекстандын ортосундагы өтө таатал этнотерриториялык талаш-тартыштарды пайда кылган. Албетте, бул багытта атайын иш алып барышкан комиссиялар бир топ татаал маселелерди чечүүгө аракет кылышкандыктарын белгилөө зарыл. Жыйынтыгында, татаал этнотерриториялык талаш-тартыштардын натыйжасында Фергана өрөөнүнүн 50 өзбек, 14 сарт айылдары Кыргызстанга, 100гө жакын кыргыз, 28 кыпчак, 17 түрк, ондогон кара калпак, курама ж.б. айылдары Өзбекстандын административдик башкаруу аймагына өтүп кеткен. Бүгүнкү күнү Фергана өрөөнүнүн Өзбекстан тарабында калган кыргыздар жашаган айрым айылдарда гана Улуттук мектептер, маданий борборлор сакталып келет. Акыркы он жылдыктагы коңшу өлкөнүн бул маселеге толук көңүл бөлбөгөндүгү ушул маселени ого бетер татаалдатып койду. Эгерде уруулук отурукташууга көңүл бурсак, Фергана өрөөнүнүн Өзбекстан тарабындагы аймактарында негизинен кыпчак (Коргон-Төбө, Айым, Жалал-Кудук, Ханабад ж.б. райондор), чоңбагыш, нойгут (Кокон району), жоокесек (Вуадил району), мундуз (Айым, Жалал-Кудук райондору), кара багыш (Ханабад), найман (Ханабад, Жалал-Кудук, Вуадил, Мархамат ж.б.), кыдырша (Ханабад), саруу, моңолдор (Чуот, Касан-Сай), тейит (Ханабад, Жалал-Кудук ж.б.), бостон (Мархамат ж.б.) ж.б. кыргыз урууларынын өкүлдөрү байырлап келишет. Ташкент облустунда да бир топ сандагы кыргыздар жашап келишет. Ташкент кыргыздары негизинен облустун чыгыш жарымында, Чаткал кырка тоолорун ыктай жайланышат. Алар анын Бөкө, Пушкин, Чыйрычык (Чырчык), Паркен, Орджоникидзе райондорунун Мискен, Чымген, Күмүшкен, Кабардан, Политотдел, Рават, XX партсъезд, Дарман деген жерлерде (мурдагы колхоз-совхоздордун административдик аймактарында) жашашат. Болжол менен

бул жердеги кыргыздардын саны 25 миңге чамалап барат. Ташкенттик кыргыздар жалпы жонунан өздөрүн «чапкылдыктар» дешет. «Чап» - сол, «кол» - «сол колдогулар», «сол канаттагылар» деген маанини туюнтат. Чапкылдыктардын бир бөлүгү Баткен областындагы Лейлек, Баткен, Жалалабаддын Сузак райондорунун аймактарын байырлашат. Чапкылдыктар - кыргыз урууларынын генеалогиялык классификациясында ичкилик (Булгачы) уруулук тобуна кириშери маалым. Мындан сырткары, ушул эле аймакта кыргыздын ават, оргу, нойгут уруулары жашашары аныкталган. Ошол жердеги информаторлордун айтымында, чапкылдыктардын тууган-тушкандары Анжиян, Кокон, Сүлүктү, Лейлек, Кызыл-Кыяда ж.б. жерлерде жашашат. Бул факт кыргыздардын Фергана аймагынын чөлкөмдүк ич ара миграциясын чагылдырат. Ташкендик кыргыздар мурун Чаткал кырка тоолорунун батыш капталынан орун алган Нурек-Ата, Ак- сак-Ата деген абдан кооз жерлерде жашашыптыр. Уламыштар боюнча: Нурек-Ата, Аксак-Ата, Берки-Ата, Көк-Терек-Ата, Көк-Ата, Ак-Билек-Ата, Арап-Ата-жетөө тең бир атанын балдары экен. Бул жерлер кээде жалпы жонунан Алтын-Бел деп аталат. Сыр-Дарыялык кыргыздар негизинен Сыр-Дарыя, Жиззак облустарынын ай- мактарында жашашат. Бул чөлкөмдө кыргыздын ичкилик уруусуна кирген тейит, кесек уруусунун өкүлдөрүнүн бир бөлүгү жашайт. Алардын жайгашкан жерлери Заамин, Бакмал, Достук, Ильич райондорунун аймактары. Тейиттердин уруулук курамы жергиликтүү информаторлордун берген маалыматтарында төмөндөгүдөй бутактарга бөлүнөт: бай-тейит, сары тейит, кара тейит, жаман тейит, ак чал тейит, жуман тейит, кыпчак тейит, хан тейит, кесектейит ж.б. Сыр-Дарыялык тейиттердин уруулук курамы Лейлек, Каратегин кыргыздардагы тейиттердин уруулук курамы менен толук дал келет. Бул факт тейиттердин өтө кенен ареалдагы таралуусун чагылдырат. Тейиттердин айрым бөлүктөрү Түндүк Афганистан жана Кытайда (Чыгыш Түркстан) да байырлашары жөнүндө маалыматтар бар. Бай тейиттер тууралуу төмөндөгүдөй ылакап кеп бар: «Кутукенин баласын мылтык берип зоого кой, Абай менен Манакты маңдайлашкан жоого кой, Кашкаларды чечилбес кара доого кой, Куталынын жигитин чалкалатып ашка кой же болбосо, чара менен башка кой». Сыр-Дарыялык кесектер негизинен бай кесектер (бай кесек - кесек уруусунун эң ири уругу) деп аталышат. Айрым информаторлор алардын тегин тейиттерден таратышат. Бирок бул көз караш далилдөөнү талап кылат. Кесек - кыргыздын ичкиликтер уруусунун курамындагы эң ири уруулардын бири. Сыр-Дарыялык кесектер 12 уруктан турушат. Алар төмөнкүлөр: чүчүк, тагайберди, кызыл аяк, кара кесек, кара молдо, сибирчи, таздар, бөксө, ават, найман, чапкылдык, чувулдак. Бул кесектердин уруулук курамы Баткен, Лейлек, Каратегиндеги кесектердин уруулук курамынын аталышы менен толук дал келет. Кесектер Чыгыш Түркстанда да бар экендиги маалым. Демек, аталган кенен аймактардагы кыргыздардын этностук негизи бир дегенге толук негиз бар. Ташкенттиктерден айырмаланып, Сыр-Дарыялык кыргыздардын негизги бөлүгү тоодо жашашат. Ошондуктан аларда тил, улуттук каада-салттар тазараак сакталып калган. Элдик уламыш, легенда, ал турсун устачылык (темир уста) өнөрү да жоголгон эмес.

***Ад.:** Губаева С.С.Этнический состав населения Ферганы в конце XIX -начале XX вв. -Ташкент, «Фан», 1983; Губаева С.С.Население Ферганской долины в конце XIX - начале - XX вв. -Ташкент, 1991; Койчиев А. Национально-территориальное размежевание в Ферганской долине. Б.: 2001; Шаниязов К.Ш. К этнической истории узбекского народа.-Ташкент,1974.*

**Өкүл ата, өкүл эне** - жигит, кыздарды үйлөндүрүүдө аларга кадыр-барктуу эсептелген үй-бүлөдөн өкүл-ата, өкүл эне дайындалат. Үйлөнүп жаткандар аларга

өкүл уул, өкүл кыз болуп калат- Өкүл ата, өкүл эне экинчи ата-эне болуп калат жана алардын ортосунда өмүр бою жүрө турган укук-милдет мамиле пайда болот.

**Өкүрүп келүү** - өлгөн адамга батага келген эркектердин добуш чыгарып келүүсү. Үйгө жакындаганда колун бөйрөгүнө алып, «боорум ой!» жана башка сөздөр менен өкүрүп келет. Үйдүн сөөк жаткан тушунда эңкейген абалда улантылат. Сөөктү коюп келгенден кийин да жакындары үйгө өкүрүп келишет. Өкүрүп ыйлоо, албетте, маркумга кайгырууну билдирүү. Бул салт байыркы доорлордон эле белгилүү.

**Өмүр цикли** - адамдын төрөлгөндөн өлгөнгө чейинки организминин жана социомаданий абалынын ырааттуу алмашуусун белгилөө үчүн колдонулуучу түшүнүк.

**Өмүрбеков Ч. К.** (1955-ж. туулган) - этнограф, тарых илимдеринин кандидаты, доцент. Кыргыз Мамлекеттик университетинин тарых факультетин (1977-ж.), СССР ИА Н.Н.Миклухо-Маклай атындагы Этнография жана антропология институтунун аспирантурасын (1983-ж.) бүтүргөн. Кыргыз ССР ИА Тарых институтунда, Борбордук Мамлекеттик архивде, Кыргыз Совет энциклопедиясынын Башкы редакциясында, КР өкмөтүнүн алдындагы «Манас- 1000» дирекциясында түрдүү кызматтарда иштеген. Учурда И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик университетинде эмгектенет. Илимий изилдөөлөрү айылда жашаган кыргыз калкынын материалдык маданиятына байланышкан. Айылдык кыргыздардын Совет доорундагы материалдык маданиятынын (айыл-кыштак, турак-жай, кийим-кече, тамак-аш) өнүгүүсү боюнча кандидаттык диссертациясын жактаган жана 130дан ашык илимий, илимий- популярдуу макалаларды жарыялаган.

**Өпкө чабуу** - үйлөнүп жаткан жаштарды кырсыктан сактоо, көп балалуу болушун камсыз кылуу максатында жасалуучу элдик ишенимге негиздеген салт. Үйлөнүп жаткан кыз-жигитти бири-бирине желкесин тийгизип олтургузуп, чапан жаап, бир аял жаңы союлган текенин өпкөсүн (кээ бир маалыматтарда боорун да) алып, жаштарды ургулайт. Бул каададан соң, өпкөнү итке беришет. Көп элдер кочкорду, текени күнгө, отко курмандыкка чалышкан. Кочкор менен текеге түшүмдү арбытаар жандыктар катары да сыйынышкан. Аталган салт ошондой сыйынуунун бир көрүнүшү болушу мүмкүн. Мындай жөрөлгөнүн түрдүү кырсыктардан сактаарына ишенүүнү балдарга карата аталуучу энелердин, чоң энелердин «Өпкөмдү чабайын!» деген сөздөрүнөн да байкоого болот.

**Өпкө чабышуу** - кыргыздын улуттук оюндарынын байыркыларынын бири. Эки тараптан, жылаңбаштанган эки таз киши мыкты аттарга минип, камчы ордуна ашта-тойдо союлган жылкылардын өпкөсүн кекиртеги менен колдоруна берип, коштоочулардын жетекчилиги менен беттештирилет. Эки-үч ирет чабышкандан кийин эле өпкөнүн жумшак жерлери үзүлүп түшүп калат да, колдорунда кекиртектер гана калат. Бүтүн кекиртек камчыдан да катуу, бекем болот. Кекиртек менен чапкылаганда чыдай албай качканы жеңилди болуп эсептелет.

**Өргө жабар** (үйлөнүү салтында) - өргө көтөргөнгө жардам берген аялдарга бериле турган белек.

**Өргө көтөрүү (үйлөнүү салтында)** - колуктунун айылында үйлөнүп жаткандарга арналган боз үйдү тигүү. Күйөө бала алып келген кой союлуп, кайын атасынын туугандарын сыйлашат. Үйдүн жанында союлган койдун башын аксакалдардын бири үйдүн ичинен түндүк аркылуу сыртка ыргытат. Ыргытылган башты да бышырып жешет. Кайындарын сыйлагандан кийин боз үй күйөө балага өтөт жана тойго келген анын туугандары жайгашат.

**Өтүкен-Йыш** — байыркы кыргыз, түрк ж.б. уруулар, элдер жашаган тарыхый-этнографиялык аймак. Айрым изилдөөчүлөр бул топонимикалык аталышты кыргыздын сол канатындагы жетиген уруусу менен байланышта

карап жүрүшөт. Н.А.Аристов жетигендерди (етиген) кыргыздардын этностук пайдубалын түзгөн уруулардын бири экендиги жөнүндөгү эң алгачкы пикирди айткан. Мисалы, Чоң Жетиген жылдыз (орусча - Болыпая Медведица) хакастарда «идиген» формасында айтылат. Элдик санжыраларда этнонимди «жетиген» (жети шаар), «эдиге», «жетиген жылдызы» ж.б. менен байланыштырышат. Чоң Жетиген жылдызы тува шамандарынын акыл-эсинде Долаан (монг. жети), Бурхаан (Кудай) - «жети кудай» маанисин аныктаган. Асмандагы жети кудайдын Урматына шаман кара койду өз колу менен курмандыкка чалган. Жетиген этнонимин байыркы «Өтүкен» (Otukan jys) топоними менен параллель кароого болот. Жетиген » етиген » өтүген » өтүке- (а)н. Оiикап iиз (Өтүкен йыш=Өтүкен токою) тарыхый булактардагы байыркы (руникалык, кытай жазма маалыматтары) изилдөөлөрдөгү маалыматтарда Чыгыш Хангайдагы токойлуу тоо кыркалары катары чагылдырылат. Изилдөөчүлөр байыркы түрк доорундагы топонимикалык аталышты азыркы Туванын түштүк тарабына локалдаштырышат. Стратегиялык жактан маанилүү район байыркы түрктөргө азыркы Монголия, Түштүк Сибирь, Түштүк. Батыш Манжуриянын аймактарына толук үстөмдүк кылууну камсыз кылган. Руникалык жазма эстеликте: «...акылман Тоң-Йокук биротоло отурукташып жашоо максатында Өтүкен жерин тандап алды» -деген маалымат бар. Бул топоним жайгашкан Хангай (кырг. Каңгай) - «Манас» эпосунун бардык варианттарында топоним, этноним, айрым учурда өлкө катары да чагылдырылат. Өдүгене - азыркы Тувадагы дарыянын энчилүү аты (гидроним) катары да белгилүү. Акыркы гидронимдин кыргыздын Адыгине уруулук то- бунун энчилүү аты менен байланышы болуусу толук мүмкүн.

***Ад.:*** *Аристов НА. Заметки об этническом составе тюркских племен и народностей и сведения об их численности. «Живая старина». -Вып. 3-4, СПб.:1894; Кляшторный С.Г. Древнетюркские рунические памятники как источник по истории Средней Азии. - М., 1964.*

## П

**Паранжы** - (арабча «фаржия» - сырт-кийим) афган, иран, өзбек жана тажик аялдары көчөгө чыкканда бет калкалоочу жамынма. Сыртына чапан сыяктуу, анын жеңдери узун болгон, ал эми бет жагындагысы кылдан согулган тор - «чачванд» менен жабылган.

**Парда** — терезе эшик, текче ж.б. тушуна ич жагынан тартылуучу тоскуч. Ал үй ичин шамал, күндүн нуру, чымын ж.б. калкалап турат. Парда 19-к. 2-жарымына чейин матадан, андан кийин тордон, кездемеден тигилген. Парда жөнөкөй же кездеме парда жана саймаланган парда болуп бөлүнөт.

**Патриархалдуу чарба** — алгачкы жаматтык (общиналык) түзүлүштүн жиктелүү мезгили, патриархалдуу үй-бүлөлөрдүн өз алдынча түтүнгө бөлүнүшүнүн натыйжасында келип чыккан. Патриархалдуу чарба натуралай мүнөзгө ээ болуп, азык-түлүктү өз кереги үчүн өндүргөн.

**Патриархат** (грекче - pairo «ата» маанисин туюнтат). Термин илимде «атанын бийлиги» дегенди аныктайт. Хронологиялык жактан аталык доор көпчүлүк элдерде мал чарбачылыгынын дыйканчылыктан биротоло бөлүнүп чыгышынан башталат. Патриархат алгачкы общиналык (жамааттык) коом бузулуп жатканда эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн өнүгүшүнүн натыйжасында айрым үй-бүлөлөр обочолонгондо, эркектердин эмгегинин маанисинин өсүшү жеке менчикти монополиялаштырууга алып келгенде пайда болгон. Патриархаттын калыптанышында эркектердин социалдык ролунун күчөшүнө алып келген кадыр-барк экономикасынын өнүгүшү да чоң орунду ээлегендиги иликтөөлөрдөн белгилүү. Патриархат адамдар металлды, өзгөчө темир кенин иштетүүнү

өздөштүргөндөн тартып күч ала баштаган. Бул эркектердин коомдогу ролуна, тагыраак айтканда, чарба жүргүзүүдөгү эркектердин күчүнүн артыкчылыгына байланыштуу болгон. Өткөөл доордо тууган-туушкандык байланыш, чарбалык алакалар, укук иштери аталык урук аркылуу ишке ашырылган. Арийне, адамзат коомундагы матриархат соңку мезгилдерге чейин сакталып келди.

**Патрилатералдуулук** - (лат. - ата тарап) туугандыктын эркек тарбынан аныкталышы. Тек багытын билдирүүчү патрилинейлүүлүктөн айырмаланат. Тарыхый алганда матрилатериалдуулукту алмаштырат.

**Патрилинейлүүлүк** - (лат. ата багыт) тектин эркек, ата тарабынан аныкталышы. Тарыхый алганда матрилинейлүүлүктү алмаштырат.

**Патрилокалдуулук** - (лат. ата жана жергиликтүү) вирилокалдуулук, үйлөнгөн жубайлардын күйөөсүнүн тобунда жашоосу. Тарыхый алганда матрилокалдуулукту алмаштырат.

**Патрифилиация** - (лат. ата уулу, кызы) туугандыкты ата аркылуу аныктоо. Тарыхый алганда матрифилиацияны алмаштырат.

**Патронимия** - (лат. ата жана ат, ысымдын ата боюнча аталуусу). 1. Ономастикада аты жалпы атадан тараганды көрсөткөн тууган же аймактык биримдикти белгилөө үчүн кызмат кылган термин. 2. Этнографияда эсинде бар бабадан, эпонимден (бүт топко өз атын берген) тараганбыз деп эсептеген салыштырмалуу жакын туугандардын тобун атоо үчүн колдонулган тууган үй-бүлөлүк топ терминине синоним термин. Ал туугандык аял тарабынан эсептелчү матронимиядан айырмаланат. Патронимия (сейрек учурда матронимия) алгачкы общиналык түзүлүштүн бузулуу процессинде пайда болот. Көпчүлүк элдерде өз мүчөлөрүн жалпы менчиктин калдыктары, өз ара жардам, өз ара коргонуу, экзогамия же эндогамия нормалары аркылуу бириктирип сакталып турат. Патронимия жана матронимия терминдери кээде патрилиниж, матрилиниж терминдери менен да дал келет.

**Периштелер** — 1.Бул исламдагы жараткан Кудай (Алла Таала) менен адамды байланыштыруучу керемет жандар. Алар Жебрейил, Микаил, Исрафил, Азирейил сыяктуу периштелер. 2. Сулуулук менен тазалыктын белгиси.

**Печенектер.** Печенектер (бэченэк, печенак) байыркы түрк тилдүү ири уруулук бирикмелерден болгондугу маалым. Уруулук бирикме кытай жыл баяндарында «бей-жу» деген ат менен белгилүү болгон. Орус жазма булактарында печенектер уруулук союзу 9-11-кк. чектеринде маалым боло баштайт. Бул бирикменин курамына хазар ж.б. көчмөн уруулар да киргени талашсыз. Болжолу, кийинчерээк ковуй, берендей, каепич, боут, могут, торк, уздар (огуз) печенек союзунан бөлүнүп чыгышкан. Ободу, печенек уруулары Балхаш көлү менен Арал деңизинин ортолугун байырлашкан. 9-к. печенектерди чыгыштан жер которгон кимак-кыпчактар уруулук союзу кысымга ала баштаган. Волга дарыясынан чыгыш тарапта көчүп-конуп жашаган печенектер 9-к. Киев Русунун түштүк аймактарына журт которушат. 11-к. Махмуд Кашгари печенектерди («Сөздүктө» - «бечанак») Румга (Византия империясы) чектеш байырлаган түрк тилдүү уруулардын (элдин) бири экендигин жазат. 9-11-кк. Византия империясы, Киев Русу печенектердин чабуулунан көп жапа чеккендиктери тарыхый булактарда, элдик болмуштарда (орус былиналары) кенен баяндалат. Печенектер тарыхый аренага келген кыпчактардын этностук жүзүнүн калыптанышына да олуттуу катышышкан. Айрым печенек этностук компоненттеринин орто кылымдардагы кыпчактардын уруулук курамына жуурулушкандыгын изилдөөчүлөр белгилеп жүрүшөт. 9-11-кк. печенек-кыпчак тилдери теги жагынан өтө жакын болушкан. М.Кашгари кыпчак жана печенек тилдери өтө жакын, окшош тилдер экендигин эскерген. Кыргыз-печенек этностук алакалары болжолдогондо, 8-9-кк. Орто Азия чөлкөмүндө жүргөн жана бул ала- калар Волга бою жана ага жамаатташ

аймактарда да уланган. Изилдөөчүлөр бүгүнкү башкырлардын курамындагы «кыргыз» этнокомпоненти аталган аймакта кыпчак толкунуна чейин эле (9-10-кк.) болгон деген жүйөлүү пикирин жазышат. 9-к. Сырдарыядан бүгүнкү Түштүк Уралдын аймактарына журт которгон башкорттордун тогуз уруусунун эң ириси кыргыздар болгондугу маалым. Демек, курамына «кыргыз» этнокомпоненти кирген башкырлар Волга тарапка печенектер менен бир мезгилде журт которгону аныкталып турат. С.М.Абрамзон печенек-бечен (чоң багыш) этнонимдеринин тегинин жалпылыгын белгилөө менен, Теңиртоодон түндүк-батыш тарапта (Волга дарыясы, Түштүк Урал аймактары) жүргөн кыргыз-огуз (печенек) этностук байланыштары жөнүндө илимий негиздүү пикирин айткан. Кыргыздардын айрым элдик уламыштарында Болгар (Булгар) өлкөсү жана ал жактан бүгүн кыргыз жергесине журт которуп келген (күркүрөө, жетиген, кушчу) уруулар жөнүндө маалыматтар бар. Кыргыз этнонимиясындагы бечен, чарык, баят ж.б. уруулук аталыштар орто кылымдар мезгилиндеги кыргыз-огуз этностук алакаларынан кабар берерин белгилейт. Фольклортаануучулар «Манас» эпосундагы «Бээжинди» белгиленип жүргөндөй Пекин топоними менен эмес, 8-10-к. Сырдарыяга жамаатташ байырлаган көчмөн уруулардын энчилүү аты «бэжэнэк» этноними менен жалпылыкта караган көз карашын айтат. Бул жүйөлүү илимий пикир кошумча иликтөөлөргө, айрым тактоолорго муктаж. Түрк тилдеринин огуз бутагында сүйлөгөн гагауздардын этностук жүзүнүн калыптанышында печенек уруулары чечүүчү ролду ээлешкен. Бүгүнкү гагауздардын негизги бөлүгү жашаган Түштүк Молдавияда Кыргыз, Кыргыз-Кытай гидронимдеринин болушу да капысынан эмес чыгар. Этнонимдин мааниси жөнүндө илим чөйрөсүндө бирдей пикирлер жок. Рашид ад-Дин «жакшылык аракетте керектөө жана колдоо», Абул Гази «жасоочу», «аткаруучу» маанилеринде чечмелешет. Айрымдары этнонимди байыркы иран тилдүү апасиак же пасиандар менен параллель карашса, изилдөөчүлөрдүн басымдуу бөлүгү «печенек» этноними «бажа + нак»; «бажа» же «негизинен бир уруудан үйлөнүшкөн урук, топ» маанисин түшүндүрөрүн белгилешет. Ал эми -нак мүчөсү кичирейтип, эркелетчү татаал суффикс. Бул илимий пикир В.В.Бартольддун, О.Притцак, В.Бангдын көз караштарын колдоо дегенди аныктаары шексиз. Биздин пикирибизде, этнонимди башка мааниде, анын чыныгы маңыз-мазмунун аныктаган өңүттө чечмелөөгө болот. Бечене к; бечен + ек; «бечен» деген сөз тунгус-манжур тилдеринде «элик» маанисин билдирет. Айрым изилдөөчүлөрдүн белгилөөсүндө бул термин тунгус-манжур тилдерине түрк тилдеринен келип кирген. -к; -ек көптүк маанини аныктаган байыркы сөз жасоочу мүчөлөр. Демек, бечене к этноними «элик уруусу», «эликтин тукуму» дегенди туюнтуп, байыркы тотемистик ишенимди чагылдырат. Буга кыргыздардын бугу, багыш, кийик, найман, куран найман, теке ж.б.у.с. этнонимдерди параллель коюуга болот. Бечен/печен - кыргыздын сол канатындагы чоң багыш уруусунун курамындагы уруктардын бири катары белгилүү.

***Ад.:*** *Кузеев Р. Г. Происхождение баиікирского народа. -М.: 1974; Кляшторный С.Г. Древнетюркские рунические памятники как источник по истории Средней Азии. -М., 1964; Молдобаев И.Б «Манас» историко-кулътурный памятник киргизов. -Бишкек, 1995.*

**Полиандрия** -(гр. коп жана эркек). Көп күйөөгө чыгуу, бир аял бир нече күйөөгө чыккан никенин сейрек кездешүүчү формасы. Полиандрия 19-к. алеуттарда, эскимостордун айрым топторунда болгон. Индостандын жана Тибеттин этнографиялык топторунда акыркы мезгилдерге чейин сакталган. Анын эки формасы бар: 1) туугандарга чыгуу (Тибет), тууган дык байланышы жок эркектерге чыгуу (Түштүк Индия).

**Полигамия** - (гр. көп жана нике) көп аял алуучулук жана көп күйөөгө чыгуучулук формаларындагы көп никелүүлүк. Көбүнчө «полигамия» термини илимде көп аялдуулукту гана билдирүү үчүн так эмес аталып жүрөт.

**Полигиния** - (гр. көп жана аял) көп аял алуучулук, алгачкы общиналык коомдун эрте мезгилинде эле пайда болгон, бирок көбүнчө патриархат мезгилине мүнөздүү болгон никенин тарыхый формаларынын бири. Полигиниянын кечки формалары соңку коомдордо да сакталып калган. Чыгыштын мусулман өлкөлөрүндө, көбүнчө үстөмдүк кылуучу таптар чөйрөсүндө кезигет. Кээде «полигиния» termининин ордуна «полигамия» деп туура эмес колдонушат.

**Полицентризм** — (поли. лат. centrum - борбор) азыркы типтеги адамдардын (неантроп) жер шаарынын бир нече аймагында келип чыгышы жөнүндөгү көз караш. Полицентризм гипотезасы 1939-ж. Кытайда иштеген немец антропологу Ф.Вайденрайх тарабынан көтөрүлгөн. Анын оюбоюнча, европеоид расасы, негроид расасы африкалык неандерталдардын базасында калыптанган. Монголоиддер - синантроптордун урпактары. Буга бардык жерде төмөнкү палеолит маданиятынын жогорку полеолит маданиятына үзгүлтүксүз өсүп өтүшүн далил катары көрсөтүүгө болот. Ошентсе да, бул маселе али бир жактуу чечиле элек. Анткени археологиялык изилдөөлөрдүн деңгээли полицентризмдин да, ага каршы турган моноцентризмдин да пайдасына чечүүгө мүмкүндүк бербейт.

**Прескриптивдик нике** (лат. милдеттүү) — салт боюнча милдеттүү болгон никенин формасы. Мисалы, ортокузендик нике. Тарыхый алганда преференциондук никеден мурда болгон.

**Префереционндук нике** - (лат. жактыруу) салт тарабынан жактырылган никенин формасы. Мисалы, патриархалдык коомдогу левират. Тарыхый жактан алганда ал прескриптивтик никени алмаштырат.

**Промискуитет** (лат. аралаш жалпы) алгачкы жамааттык (общиналык) коомдогу никелик, жыныстык мамилелер жөнгө салынбаган болжолдуу стадия. Ал жөнгө салынган үй-бүлөлүк, никелик мамилелерге чейин болгон.

**Р**

**Радлов Василий Васильевич** (1837-1918). Атактуу чыгыш таануучу, түркolog, этнограф, тарыхчы-археолог. Санкт-Петербург ИАсынын академиги. Берлин университетин аяктагандан соң, Россия ИАсынын Азия музейинде (1885-1890-жж), антропология жана этнография музейинде директор болуп эмгектенген. Орто Азия жана Чыгыш Азияны изилдөөнүн комитетин түзүү боюнча демилге көтөрүп, өз кезегинде аны башкаргандардан болгондугу маалым. 1860-1870-жж. аралыгында Саян-Алтайга, Сибирге, Казакстанга, Борбордук Азияга бир нече ирет илимий экспедиция уюштурат. Илимпоз түрк-монгол тилдүү ж.б. элдердин этнографиясы, археологиясы, тили, элдик оозеки чыгармачылыгы боюнча эбегейсиз зор маалыматтарды илимге киргизгендиги маалым. Өзгөчө оозеки маалыматтар, салттуу маданияттын үлгүлөрү боюнча иликтөөлөрү илимде өз актуалдуулугун жогото элек. В.В.Радлов Орхон-Енисей Рун сымал жазууларынын сырын ачып, биринчи окуган илимпоз болуп саналат. Ал кыргыздарда эки ирет, алгач жолу Текесте (1861), анан Чүйдө (1869) болуп кайткан, кыргыз тили, оозеки чыгармалары боюнча маалымат жыйнаган, «Манастан» үзүндү жазып алган. Бул маалыматтар автордун «Из Сибири» аттуу эмгегинде кенен чагылдырылган.

**Райков табылгасы** (же Кытайдын Тан доорундагы императорунун кыргыз каганына коштошуу белеги) - 19-к. экинчи жарымын- Хакасиядан орус дыйканы тарабынан табылган, кытай иероглифтери бар мрамор тактайчалардын айрым

фрагменталдуу бөлүктөрү япон аалымы Т.Мацумото тарабынан окулуп чыккан. «Ай-сэ» деп аталган иероглиф тексттери Кытайдын Тан жана Сун династияларынын императорлорун жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн мүрзөлөрүнө коюлган. Текст 866-ж. жазылган. Изилдөөчүлөр бул жазуусу бар тактайчаларды 866-ж. Ин-ву Чен-мин-хан деген кытай титулун алып жүргөн кыргыз каганына арналгандыгын белгилешет. Кытай императорунун аза күтүү кутучаларына салынып жөнөтүлгөн «ай-сэ» тексттери кыргыз каганына карата болгон эң жогорку кадыр-баркты, сый-урматты чагылдырган. Бул Кытайдын жогорку башкаруучуларынын Кыргыз каганаты менен аскердик союзду сактоого кызыкдар экендиктерин, умтулуусун туюнткан. Айрым маалыматтарда бул тактайчалар Саян мраморунан жасалганы айтылат. Болжолу, маркум болгон Кыргыз каганына аза күтүүгө, көңүл айтууга келген Тан династиясынын (Кытай) элчилигинин курамында ташка тамга салган усталар келген. Түрк ханзаадасы Күл Тегиндин эстелигин коюуга Кытайдан ташка тамга (иероглиф) салуучу алты киши келгендиги ошол эле эстелик жазууда баяндалган. 860-873-жж. кыргыздардын элчилиги Тан императорунун кабылдоосунда үч ирет болушкан. Дал ушул мезгилден тартып кыргыздардын тышкы саясаттагы аракети Чыгыш Түркстанга ээлик кылууга бурулган эле.

***Ад.:** Бутанаев ВЛ., Худяков Ю.С. История енисейских кыргызов. - Абакан, 2000.*

**Рамазан** — мусулман ай календарынын тогузунчу айы. Куран жана шариат боюнча мусулмандар рамазан айында орозо тутууга милдеттүү. Илгери рамазан айында кыргыздар жарамазан айтчу. Эгемендүүлүктүн шартында кыргыздардын көпчүлүк бөлүгү орозо кармай баштады. Намаз-жумага баргандардын саны өсүп, ислам дини боюнча атайын билим алгандардын катары күндөп толукталууда.

**Раса —** антропология илиминде чыгыш теги жагынан, сырткы кебетеси окшош, байыркы мекени жалпы болгон адамдардын тобу. Антропологияда негизги жана өткөөл расалар белгилүү. Расалардын калыптанышы жогорку палеолит мезгилине (40-26 миң жыл мурда) таандык. Мында тирүү организмдин курчап турган физика-географиялык чөйрөгө көнүүсү чечүүчү ролду ойногон. Негизги расалар табийгаттын таасиринен улам алардын сырткы өзгөчөлүктөрүнө карата төрт расага бөлүнөт: европеоид» монголоид, негроид, австралоид. Негизги расалардын калыптанышы жана алардын өзгөчө белгилери биологиялык жана табигый өнүгүшү адам баласынын жер жүзүнө таралып отурукташуусунун жыйынтыгы болгон. Кыргыздар монголоиддик чоң расанын түштүк сибирдик өткөөл расасына кирет.

**Расалык дискриминация** (лат. Diskriminatio - айырмачылык) - кайсы бир расадагы кишилердин сырткы антропологиялык (расалык) белгилерине карап негизги адам укуктарын чектөө же андан ажыратуу. Европалык державалэрдын Африканы колониялаштыруу мезгилинде пайда болгон. Азыр жеке мамилелерде гана байкала калып жүрөт. Адамдардын укук жана эркиндиктерин чектөө масштабына жараша расалык геноцид, апартеид, сегрегация түрлөрү ажыратылат. Расалык дискриминация (эзүү) эл аралык мыйзамдарда адамзатка каршы кылмыш катары каралат.

**Резервация** (лат. сактоо) - өлкөнүн аз сандуу түпкү калкын (АКШнын индейлери, Австралиянын аборигендери ж.б.) же башка топторду жайгаштыруу үчүн атайын бөлүнгөн аймак. Резервацияда өзгөчө режим орнотулат, ал расалык жана улуттук дискриминациянын бир формасы болуп саналат. Резервациянын социалдык ролу кыйла карама-каршылыктуу: баштапкы учурда ал түпкү этносторду сырткы, бузгуч күчтөрдөн сактоо максатында түзүлгөн. Бирок, турмуш көрсөткөндөй, резервациялардын айрымдарында аборигендер белгилүү даражада салттуу жашоо ыңгайын сактап турса, башкаларында урук-уруу байланыштарын

жоготкон, отурукташып жашоого өтүшкөн. Резервациялар эл аралык соопчулук уюмдардан жөлөк пул алып турушат.
**Реми Дор** (1946-ж. туулган). Көрүнүктүү француз окумуштуусу түркolog, таанымал кыргызтаануучу. Филология, этнография илимдеринин доктору. Париждеги Түркология институтунун директору. Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин ардактуу профессору. Реми Дор Афганистандагы кыргыздар боюнча ондон ашуун эмгектерди жарыкка чыгарган. Автор жеке өзү афгандык кыргыздарда болуу менен, алардын жашоо образын, тегин, каада-салтын, философиялык түшүнүктөрүн, чарбалык укладын, кошуна ж.б. элдер менен алакалары жөнүндө кенен маалымат берген. Памир (Афган) кыргыздарынын тилинин диалектиси. макал-лакаптары жөнүндө да кызыктуу эмгектерди жараткан.
Ал Афганистандагы Ашым Афес аттуу кыргыздан «Манастын» үзүндүсүн жазып алган. Кытайлык илимпоз Мухаммед Хучженхуа менен биргеликте Шинжаң кыргыздарындагы «Манас» аттуу очерк жазышкан. Реми Дордун эмгектери кыргыз тилине оодарылган, анын ичинен «Оогандык кыргыздар» аттуу эмгеги өзгөчө белгилөөгө арзыйт. Эмгекте Памир кыргыздарынын этнографиясы боюнча кенен маалыматтар бар.
**Репатриация** (лат. repatiato - мекенине кайтаруу) - согуштук аракеттердин натыйжасында мекенинен сыртта калган согуш тут- кундарын жана атуулдарды, ошондой эле эмигранттарды атуулдук укуктарын калыбына келтирүү менен мекенине кайтаруу.
**Ритуал** - (латынча ritus - ырым-жырымдар) белгилүү социалдык, маданий өз ара мамилелерди, шарттуу жүрүм турумун билдирүүчү тарыхый ырымдын бир түрү.
**Рун жазуусу —** рун ташка, металлга, жыгачка, сөөккө чегилип же чийилип жазылган байыркы герман алфавитинин тамгалары. 2-кылымдан соңку ортоңку кылымга чейин колдонулган. Скандинавия, Испания, Гренландия, Англия, Түндүк Европа, Кара деңиздин түндүк бою ж.б. жерлерге таралган. Мезгил өткөн сайын алфавиттин составы да, рундардын жазылышы да өзгөрүүгө учурап турган. Сөздөр дээрлик туташ жазылып, солдон оңго, оңдон солго же болбосо бир сабы солдон оңго, экинчиси оңдон солго окулат. Рундун келип чыгышы так аныктала элек. Сырткы окшоштуктарына карата Орхон-Енисей, түндүк Монголия жана Талас, Кочкор аймактарынан табылган байыркы кыргыз, түрк жазуулары да рун сымал жазуусу деп аталат. Бирок бул жазуу эстеликтеринин түпкү маанисинде, жазылышында, курулушунда кадимки рун жазуусу менен эч окшоштуктар байкалбайт.
**Руханий маданият** - адамдардын жамааттык аң-сезими, туюп- билүүсү, кабыл алуусу тарабынан иштелип чыккан өндүрүштүк ыкмалардын жалпы системасынын жыйындысы; муундан муунга, укумдан тукумга сөзсүз берилүүчү оозеки чыгармалардын, түрдүү маалыматтардын, таалим-тарбиянын, элдик илим-билим, адаттары (традициялары) жана каада-салттары (адамдын чарбалык, социалдык жана үй-бүлөлүк жашоосу менен байланышкан); искусствонун түрдүү багыттары, элдик чыгармачылык, диний ишеним- дер жана жөрөлгөлөр ж.б. кирет.

## С

**Саадак** - жебе салынуучу кутуча, баштыкча. Саадакты неолит доорунан бери бардык элдер колдонгон. Аны илгери кыргыз жоокерлери, мергенчилери да пайдаланган. Ал мурда тери, кайыш, кийиз жана таардан, кийин металлдан жасалган. Саадак ным тартпаган атайын материалдардан жасалган. Энесай доорундагы кыргыздар саадак жасаш үчүн кайыңдын кабыктарын

колдонушкандыгы белгилүү. Жакшы, сапаттуу ыңгайда кургатылган кайың кабыгы ным тартпай, жаан учурунда суу өтчү эмес. Жүрүшкө чыккан кыргыз жоокерлери кеминде үч саадак жебе алып жүрүүгө милдеттүү болушкан. Кол башчылардын, баатырлардын, атактуу мергенчилердин саадактарынын бети жана ооз жагы түрдүүчө аземделип, четтери чачыланып коогдолгон. Саадакты далыга асына тургандай же курга илингендей кылып эки түрдүү боо тагылган. Саадактын өлчөмү ар кандай (20-50 жебелик, узундугу 30-40 см, туурасы 10-15 см ) болгон. Кыргыз каганатынын жоокерлери аскер жүрүшүнө чыкканда 2-3- саадак жебелер менен чыгышкан. Саадак ным, суу тартып калса, жебе алыска атылбай калган. Ошондуктан саадак өтө ишенимдүү, бышык, сапаттуу материалдардан даярдалган.

**Саба** - күнүмдүк турмуш-тиричилигинде колдонулуучу, териден (уйдун же төөнүн) атайын ышталып жасалган шири идиш. Анда бээнин сүтү топтолуп кымыз ачытылат. Бул идиш формасы жагынан таманы, ортолугу кенен, жайык келип, ал эми жогору жагы болсо ичкерип кетет. Саба көбүнчө керегеге таңылуу абалында болот. Алгач аны эт, май калдыктарынан тазалап, эки эндүү жана эки энсиз кылып бычылат. Тери кургагандан соң, энди жүндөн чыйратылып жасалган жип менен тигишет. Андан соң, даяр болгон саба 2-3 күн ышталат. Ыштатылгандан кийин мурдагы тигиштердин үстүнөн дагы кыл жаткырылып тигилет, кайрадан ыштатылат. Сабанын сапаты анын канчалык кылдаттык менен ышталганына, ошондой эле, идиштин көлөмү даярдалып тигилген тери жана анын көлөмүнө жараша болот. Саба төмөнкүдөй технология менен жасалат: жылкынын же төөнүн жүнү жыдытылбаган чылгый териси эт, чел, майларынан тазартылып, түбүнүн узуну 70-170 см, эни 60-90 см, кууш тарткан оозунун эни 15-20 см өлчөмдө төрт бурч келип, эки эндүү, эки энсиз жагынан кошулган жеринин жогорку бийиктиги 80-100 см болуп бычылат. Ыштыкта -5 сутка ышталып, кара күрөң тарткан соң, ачык калтырылган тигилиштери жөрмөлүп, анын үстүнө туурасынан кыл (50-70 тал ТУУ куйрук) бастырылып, дагы бир сыйра тигилет да, ыштыкта бир нече сутка ышталат. Сабаны бир жарым, эки айда бир ыштап туруу керек.

**Сабоо** - жүн, пахта жана башкаларды жумшартуу үчүн колдонулуучу кош чыбык. Көбүнчө ичке, түз ыргай, шилби, табылгадан жасалат. Узуну 1 метрдей. Сабоо менен чатышкан же кир жүндү, пахтаны жайылган талпактын же таардын үстүнө жайып сабаганда, чатыштары жазылып, ыпыр-сыпырдан тазаланат. Жүн сабоо - жүн кирүү, аркан эшүү, кийиз жасоо, жууркан-төшөк каптоо процессинин алгачкы этабы.

**Сабыр уулу Буудайбек** (1933-ж. туулган) - кыргыздын белгилүү фольклор жыйноочусу, котормочу. 1954-ж. КМУнун филология факультетин бүтүргөн. Көптөгөн жылдар бою республикалык гезит-журналдарда кабарчы болуп эмгектенген. Журналисттик кызмат менен катар эл арасынан кыргыздардын материалдык жана руханий маданияты боюнча зор маалыматтарды жыйнап, Кыргыз УИАсынын Кол жазмалар фондуна өткөрүп берген. Кыргыз күүлөрүн жана эл оозунан жыйналган үндөрдү кыргыз радиосунун алтын фондуна өткөрүп берген. Автордун калеминен «Эл шайырлары» (1980), «Эл куудулдары» (1984), «Унутулгус кездешүүлөр» (1977) ж.б. Иликтөөчүнүн эл оозунан «Манас» дастаны боюнча жазып алган маалыматтары илим үчүн өтө баалуу.

**Сагайлар** - хакастардын курамындагы ири этностук топ. Хакас Республикасынын Аскиз жана Таштып аймактарын байырлашат. Хакас тилинин сагай диалектисинде сүйлөшөт. Энесай кыргыздарынын урпактары болгон хакас-сагайларда тунгус-манжур элементтери да байкалат. Хакас аалымы, профессор Н.Ф.Катанов (19-к.) элдик оозеки чыгармаларга таянып, сагай уруусу «кара кыргыз» деген түрк тилдүү элдин бир бөлүгү, менин бабаларым ушул

уруудан деп жазган. «Сагай» этноними (монголчо - сакай) «Кыргыз өлкөсүндө» 13-к. баштап эскериле баштайт. »Сакай» уруусу казак-наймандардын курамында да бар. Профессор В.Я.Бутанаевдин пикирине караганда этнонимдин саха (якут) менен да байланышы болуусу мүмкүн. Сагайлардын курамындагы чити пүүр (жети бөрү), аба, харга, сарыглар, ичегилер ж.б. байыркы кыргыз уруулары болушат. Ичеги уруусу топон суу каптаган мезгилден бери жашап келет деген библиялык уламыш хакас-сагайларда сакталып келет. Бул мисал кыргыздарда топон суу жөнүндөгү түшүнүк исламга чейин эле болгондугун чагылдырат. Хакас сагайлар мал чарбачылык, аңчылык, дыйканчылык, кол өнөрчүлүк менен кесиптенишкен.

**Садага** — ар кандай күнөөдөн арылуу үчүн кайырымы. Кембагал, мунжуларга, мечит менен дин кызматкерлерине мусулмандардын өз ыктыяры менен берүүчү жардамы.

**Садага чабуу** - жаштардын үйлөнүү тою күнү аткарылган каада-салт. Эчкинин же улактын өпкөсү менен күйөө баланы жана келинди чаап, садага чабышат. Бул байыркы каада-салт күйөөнүн кайын-журту тарабынан аткарылат.

**Сайма.** Сайма, кеште (иран-тажикче «каштоо» - тартылган, чийилген) - кездеме, тери, кийиз, таар ж.б. үй буюмдарынын бетине кооздук үчүн түшүрүлгөн кандайдыр бир заттын сөлөкөтү. Ал окшош, уйкаш элементтерден туруп, ырааттуулук менен кайталанат. Сайма аземдик жана кол өнөрчүлүктүн бир түрү катары байыртадан дүйнөнүн бардык элине белгилүү. Саймада жүн, кебез, жибек, кендир ж.б. жиптер, кээде мончок шуру, бермет сыяктуу акак таштар да колдонулат. Сайма ийне, илме шибеге, шибеге, азыр машина менен да сайылат.

**Саймачылык** — саймачылык, кештечилик - сайма саюу, кеште тигүү кесиби, элдик чыгармачылыктын, улуттук искусствонун бир түрү. Археологиялык маалыматтар боюнча сайма саюу өнөрү дүйнө элдеринде (кыргыздарда да) байыркы заманда эле пайда болгон. Буга Кыргызстандын Кенкол, Кара-Булак (б.з.ч. 1-кылым) көрүстөндөрүнөн табылган сайма кийимдер далил. Анын өнүгүшүнө жаныбарлардын терисинен кийим тигүү, аларга илмек (топчу) кадоо таасир эткен. Бара-бара сайма элдик колдонмо искусствонун бир түрүнө айланып, бир эле учурда адамдардын айлана-чөйрөгө болгон көз караштары чагылдырылган. Саймачылыктын эволюциясы Азия, Европа, Америка континенттеринде сакталган эстеликтерде, адабият чыгармаларында, кол өнөрчүлүктүн үлгүлөрүндө сакталып келет. Саймачылык ар бир элдин кесибине, жашоо шартына, алар жашаган жаратылыш шарттарына ж.б. жагдайларына байланыштуу айырмаланган стилдик эволюцияга ээ болот. Саймачылык өнөрү кыргыз коомунда, кол өнөрчүлүгүндө, анын ичинде уузчулугунда байыртадан өтө жогору өнүккөн колдонмо искусствого айланган. Кыргызстанда сайма түшүрүүнүн ыктары «көптүрмө сайма», «илме (же туура) сайма», «басма сайма», «жормо сайма» ж.б. түрлөрү белгилүү. Эгемендүүлүктүн шарттарында тарыхый маданий баалуулуктарды кайрадан калыбына келтирүү, аны өнүктүрүү актуалдуу болууда. Саймачылык азыр өлкөнүн бардык булуң-бурчтарында элдик өнөрдүн түрү катары өнүгүп, эзелтеден бери келе жаткан көркөм өнөрчүлүктү сактап калуу менен, турмуштун жаңы талаптарына ылайык жаңыча форма алууда.

**Саларлар** - КЭРдин Цинхай, Гансу, Шинжаң аймактарында жашаган түрк тилдүү этнос. Өздөрүн «салыр», «салир» деп аташары маалым. Махмуд Кашгаринин «Сөздүгүндө» (11-к.) «салгур» формасында кездешет. Саларлар орто кылымдардагы огуз урууларынын бир бөлүгү. Түрк тилдеринин генеалогиялык жиктешүүсүндө огуз тилдеринин бир бутагында сүйлөгөн этнос. Калктын саны 80 миң чамалуу, мусулман-сунниттер. Санжырачылардын айтымында, түпкү бабалары болгон Акман Караман Самарканд (Орто Азия) тараптан журт которуп келген. Мин династиясынын (1368- 1644-жж.) жыл баяндарында эскериле

башташат. Бул этнос жана анын теги толук иликтене элек. Саларлар кытай, дунган, тибет, монголдордун ортолугунда жашашат. Этностун огуз чөйрөсүнө таандыктыгын түркмөндөрдүн курамындагы салар, салыр этнонимдери да бекемдей алаары ырас.

**Салмоор** - ташты алыска ыргыта турган кыргыздын эң жөнөкөй байыркы куралы. Анын булгаары же кайыш алаканы, эки учуна бекитилген эки бөлөк жип, же кайыш боосунун биринин учу салмоорго же ортого илингендей туюк илмек түрүндө жасалган. Салмоордун алаканына таш салып, эки боосун тең кармап, төбөдөн жогору айландырылып туруп, иймек боосун тең кое берип, мээлеген жерди көздөй ыргытат. Бул куралды байыркы чыгыштын, байыркы гректер менен римдиктердин жоокерлери согуш учурунда колдонушкан.

**Салт, традиция (каада-салт)** - укумдан тукумга, муундан муунга, атадан балага өтүп, этносто, этнографиялык топто узак убакыт сакталуучу коомдук жана маданий мурас. Элементтери белгилүү бир коомдук тартип, жүрүм-турум эрежелери, дөөлөттөр, идеялар, каада-салттар, адаттар. Айрым салттар бүткүл коомдук системага тарап, анын жашашынын зарыл шартына айланса, айрымдары коом турмушунун тигил же бул тармагында (экономикада, саясатта, илимде, искусстводо ж.б.) гана жашайт. Каада-салт жалпы улуттук маданий мураска таасир көрсөтөт, ошол эле учурда коомдогу ар бир социалдык топ өз салтын сактайт. Суверендүүлүктүн шарттарында унутулуп бара жаткан, мурдагы коомдо тыюу салынган салттар (улуттук каада-салттар) коомдогу өз ₀рдуна ээ болууда, өз функцияларын аткарууда.

**Салт ырлары** - элдик ар кандай үрп-адатка же салттарга байланыштуу келип чыккан лирикалык чыгармалар. Дүйнө элдеринин көбүндө бар. Салт ырлары байыркы адамдар жаратылыш сырын билбей, анын стихиялуу күчтөрүнө ырым-жырым же сөздүн магиялык күчү аркылуу таасир этип, аман калуу, бактылуу болуу ж.б. максаттарын ишке ашыруу аракетине байланыштуу чыккан. Кыргыздын элдик салт ырлары лирикалык ырларынын ичинде орчундуу орунду элейт, түрү да көп: эм-дом ырлары, жарамазан, Нооруз, Жаңы жыл тосуу ыры, кошок, керээз, угузуу, үйлөнүү, оюн, бешик ырлары ж.б. Советтик доордо салт ырларынын дээрлик көбү унутулду, айрымдары (бешик ыры, кошоктор) аздыр-көптүр жашоосун улантууда.

**Сандык —** кездеме, кийим- кече, ж.б. үй буюмдары сакталуучу капкактуу үкөк. Сырты коомдолуп сырдалат же бет жагына улуттук колориттеги оймо-чийме түшүрүлөт, жука калай булгаары капталат. Айрым кол сандыктын бети түстүү металлдар (алтын, күмүш) менен кооздолгон. Сандык арча, карагай ж.б. жыгачтан жасалып, көлөмүнө жараша «кол сандык», «жагдан сандык», «төө сандык» аталган. Сандыктардын ашык-машык менен туташтырылган капкагы, ал жабылганда атайын бекитилме кулпусу да болот. Төө сандыктын эки капталында кармагычы (көтөргүчү), ал эми кол сандыктыкы үстү жагында жайгашкан. Сандык үйлөрдүн төр жагына коюлуп, үстүнө жүк, ж.б. нерселер жыйылат.

**Санжыра** (ар. «шажарай-и, шажарат» - бутак, тарам; дарактын бутак-тамыры). Кыргыз санжырасы - уруктун, уруунун, эл- дин чыгыш теги жана жаралышы, таралышы жөнүндөгү оозеки түрдө айтылган тарыхый маалыматтардын жыйындысы. Санжыра - оозеки түрдө айтылган элдин генеалогиялык тарыхы. Санжыра атадан балага, муундан муунга айтылып келген узак убакытты камтыгандыктан, андан айрым апыртууларды, хронологиялык жактан алганда так эместиктерди көрүүгө болот. Айрым учурларда санжыралык айрым персонаждар мифологиялык каармандарга окшоп кетет. Санжыра түз тарыхый булак боло албайт. Бирок санжыралык айрым маалыматтар белгилүү бир тарыхый окуяларды, инсандар жөнүндө баалуу маалыматтарды берери бышык. Кыргыздар санжыра аркылуу кимдин кайсыл урууга таандык экендигин, теги

кимдигин жети атага чейин сөзсүз билүү зарылдыгын билишкен. Мисалы, туугандар же урукташтар ортосунда жети ата өткөнгө чейин кыз алышып, кыз беришкен эмес. Анын медициналык жактан зарылдыгын аңдап түшүнүшүп, бул көрүнүшкө байыртадан табу салып келишкен. Санжыраны айрым изилдөөчүлөр элдик оозеки чыгармачылыктын (фольклордун) бир жанры катары карашат. Санжыралардын айрымдары орто кылымдарда эле кагаз бетине түшүрүлгөн. Алардын эң алгачкысы Сайф ад-Дин Аксыкендинин «Мажму ат-Таварихиндеги» (16-к.) кыргыз урууларынын генеалогиясы, алардын таралышы, кыргыздардын мусулман динин расмий кабыл алышы ж.б. баяндалат. Андан соң кыргыз урууларынын генеалогиялык ажырымы Осмоналы Сыдык уулу ж.б. тарабынан бир системага салынып, басылып чыккан. Санжыралык салттарды Рашид-ад-Диндин «Жами ат-Таварихинен», Абул-Гази Бахадур хандын «Шежарай-и-Түрк» чыгармаларынан көрүүгө болот. Санжырага жана санжыра таанууга эгемендүүлүктүн жылдарында өзгөчө көңүл бурулуп, унутулуп бара жаткан байлыкка илимий негизде изденүүлөр жүргүзүлүүдө. Санжырачылардын республикалык кароолору болуп өттү. Басмадан көп сандаган маалыматтарды өзүнө камтыган китептер, түрдүү жыйнактар жарык көрүүдө.

**Саратан** — жылдын мезгилинин аталышы. 1. Жайкы ысык убак. 2.Араб элдеринин күн календарындагы 22-июндан 21-июлга чейинки мезгилге туура келүүчү 4-чү айдын аталышы.

**Сардар** — (ир. - «шердор», «сардор», «сирдар») орто кылымдар доорундагы перс армиясындагы аскер башчыларынын наамы, аскер титулу. 15-18-кк. Борбордук Азия Чыгыш Түркстандагы хандыктардагы аскер башчылары да «сардар» деп аталган. Кыргыздарга «сардар» термини Кокон хандыгынын мезгилинде келип киргендигин изилдөөчүлөр белгилешет. Арийне, кыргыздарда бул аскер наамы ага чейин эле белгилүү болсо керек. Сардар, Сардарбек деген адам аттары кыргыздарда кенен таралган.

**Сармерден** - көңүл ачуу, көпчүлүк катышып олтурган той-тамашада кезеги менен ырлар аткарылат.

**Сарт калмактар** - кыргыздардын курамына жуурулушуу процесси аяктап бара жаткан этнографиялык топ. Монгол тилдеринин батыш бутагында сүйлөгөн сарт-калмактар 20-«. баш чендерине чейин тилдик, каада-салттагы айрым өзгөчөлүктөрүн сактап келишти. Лама динин тутунган кара калмактар же олөттордун басымдуу бөлүгү Чыгыш Түркстанда жашашары маалым. Сарт калмактар көл кылаасынын Бөрүбаш, Челпек, Зындан, Каракыя, Акбулак айылдарында турушат.

**Сарттар** - оң канаттагы (адигине уруулук тобу) ири урууларнын бири. Бул энчилүү ат менен төбөй уруусундагы чакан урук белгилүү. Этностук аталыш Кытайдын Тан династиясынын жылнаамаларында (7-9-кк) Шато формасында батыш түрк урууларынын бири болгон чигилдердин (кыт. чу-юе) Ин-Со-Юлдуз дарыяларына туташ байырлаган бутагы катары баяндалат. «Сарт» байыркы санскрит тилинде «Sartga» - «соодагер» дегенди түшүндүрөт. Махмуд Кашгари «Сөздүктө» бул терминге жогору- дагыдай эле мааниде аныктама берет. Мындан сырткары, кыргыздар Чыгыш Түркстандын, Орто Азиянын өрөөндүү жерлеринде отурукташып жер иштетишкен, соодагерлик кылган түрк, иран тилдүү калкын жалпысынан «сарт» деп аташкан. Болжолу, байыртадан көчмөндөр тарабынан отурукташкан иран-түрк тилдүү элдер жалпысынан ушул термин менен аталып келет. Бул этностук аталышка башкача илимий аныктама берүүгө болот. «Сарт» бүгүнкү якут тилинде «ылаачын, шумкар» дегенди аныктайт. Этнонимдин уңгусу «сар» (-т монгол тилдүү элдерде көптүк маанини аныктоочу сөз жасоочу мүчө) кыргыз, калмак, чагатай тилдеринде «айры куйрук», монголчо «кулаалы», алтай, туваларда «сары», татарча - «сарыша» шумкарды туюнтат. Демек, этноним (сар +

т) өзүнүн байыркы маанисин сактап калып (-т көптүк маанини аныктаган мүчө), «шумкарлар, ылаачындар уруусу» дегенди түшүндүрөт. Байыркы Чыгыш тарыхый булактары кыргыздардын жырткыч куштарга (мис., бүркүт, ылаачын) тотем катары сыйынышкандыктарын баяндашат. Бул уруунун өкүлдөрү Токтогул аймагын жердеп келишет.

***Ад.:*** *Новикова КА. Иноязычные элементы в тунгуско-маньчжурской лексике, относящиеся животному миру // Очерки сравнительной лексикологии алтайских языков. -Л.: «Наука»,1972. - С. 104-151.*

**Саруу** - сол канаттагы ири уруулардын бири. Саруу уруусу кыргыздардын этностук калыптануу пайдубалын түптөөгө катышкан эң байыркы уруулардын бири. Бул уруунун өкүлдөрү негизинен Аксы, Талас, бир аздап Нарын, Ысыккөл аймактарын мекендеп келишет. Негизги уруктары төмөнкүлөр: уруктар топтору-төңтөрт, тубай (туай), көчпөс, кырк уул. Ири уруктары: меңди чүкө, тагайберди, бала саруу, сатыке, балыкчы, сакоо, оготур, байсу, боркемик, бошмоюн, календер, алакчын, оторчу, мачак, багыш, агынай, мамаяр, берендер, бешкаман, майдан ж.б.

**Сарыбагыш** - оң канаттагы теги байыркы ири уруулардын бири. Уруунун аталышы кыргыздардын эзелки тотемисттик түшүнүктөрүнө, философиялык-диний көз караштарына байланыштуу келип чыккан. Бул уруунун өкүлдөрү Чүйдүн күн чыгыш тарабын, көл кылаасынын бир бөлүгүн, Кочкор аймактарын байырлап келишет. Негизги уруктары: сары, бөрүнчөк, манап, элчибек, атамат, алыбек, жунус, токо, чагалдак, өзүк, абыла, чечей, молой, сабыр, чагалдак, сүтөй, жарбаң, тукур, тогор, эшим, сарысейит, атаке, сокур, сатыбалды, солтоной, карабек, алмакүчүк, ыйбек, жообасар, кубат, тынай, чомой, кулчуке, бүргөчу, назар, черикчи, бешкүрөң, салыбек ж.б.

**Сары уйгурлар (сарыг югур, сарыг угур)** - Кытай Эл Республикасынын Ганьсу аймагында жашаган этнос. Админстративдик борбору Сунань шаары. Кытайлар «юйгу», ал эми сары уйгурлар өздөрүн «югур» (угур) деп да аташат. Теги түрк тилдүү бул этнос учурда тили айрым өзгөчөлүктөрү жагынан төрт топко бөлүнүшөт. Биринчилери түрк, экинчилери монгол, үчүнчүлөрү кытай, калган бир бөлүгү тибет тилдеринде сүйлөп калышкан. Сары уйгурлардын учурдагы саны 6 миңге чукул. Түрк тилинде сүйлөгөндөрү «ойлук» (кырг. «өрөөндүк»), «таглык» (кырг. «тоолук») деген топторго бөлүнүшөт. Негизги кесиптери мал чарбачылыгына байланышкан. Натыйжада, түпкү теги бир тилде сүйлөгөн юйгулар (сары уйгурлар) учурда өз ара кытайча баарлашышат. Сары уйгурлар «Синь-Тан шуда» байыртадан эскерилет. Айрым маалыматтарда алар бүгүнкү жашап жаткан жерлерине 7-8-кк. Борбордук Азиядан (Монголия, Алтай) жер которуп келишкен. Сары уйгурлар будда динин тутунган юйгулардан (кытайча сүйлөгөн сары уйгурлар) айырмаланып шаман динине көбүрөөк маани бериши такталган. Байыркы тилдин сакталышына шаманизмди тутунушкан сары уйгурлардын ислам дининин жана буддизмдин түздөн-түз таасиринен обочо тургандыгы, экинчиден, теги үч башка тил - кытай, монгол, тибет тилдеринин чөйрөсү да негизги роль ойногон. С.М.Малов иликтөөлөрүндө сары уйгурлардын тилин кыргыз тилинин тарыхый калыптанышынын баштапкы стадиясы деген пикирге келет. Э.Р.Тенишев илимий изилдөөлөрүндө сары уйгурлардын тилинде байыркы кыргыз тилинин таасиринин күчтүү экендигин далилдеген ынанымдуу пикирин айтат. Автор фуюй кыргыздары менен бирге сары уйгур тилин байыркы кыргыз тилин изилдөөдө негизги курал катары кызмат кыларын билдирет. Токтоло кетчү маселе, изилдөөчүлөр сары уйгурлардын тили байыркы жана бүгүнкү уйгур тилинен обочо турарын белгилешет. С.М.Малов бул этносту кыргыздашкан уйгурлар деген илимий пикирге токтолгон. Ушул эле изилдөөчү фуюй кыргыздары менен сары уйгурлардын тилиндеги мыйзам ченемдүү этногенетикалык жакындыктарына токтолуп өтөт. С.Е.Малов байыркы жазуу

булактарындагы уйгур тили менен сары уйгурлардын тилин салыштырып келип, анын бири экинчисинен өтө кескин айырмаланарын, храмдагы диний ритуалдарды өткөзүүчү тил катары гана пайдаланып келгендигин белгилеп, бүгүнкү шинжаң уйгурларынын тилинен (диалектилеринен) да бир топ обочолонуп турарын далилдейт. Изилдөөчү бул тилди тарыхый бир этаптагы кыргыздашкан тил деген тыянакка келип токтолот. Болжолу, азыркы Гансу аймагына журт которгон уйгурлардын айрым бөлүктөрүн кыргыздар өз курамына сиңиришкен. Буга сары уйгурлардын тилинин кыргыз тилине өтө жакындыгы да далилдүү мисал боло алат. Ошону менен бирге, сары уйгур жана кыргыздардын тилдик жакындыктары өз алдынча алгылыктуу иликтөөлөргө арзыйт. Кыргыздардын жана сары уйгурлардын уруулук курамдарындагы этнонимиялык аталыштардын параллелдери эң маанилүү булак болуп кызмат кылары анык. Бул этностук топтун курамынан кезиккен этнонимдердин басымдуу көпчүлүгүнүн теги Түштүк Сибирь, Саян-Алтай, Монголиянын этностук-маданий чөйрөсү менен байланышкандыгын байкоого болот. Мисалы, сары уйгурлардагы «кыргыс» этнониминин параллелдери хакас, тува, алтайлыктарда, монгол тилдүү элдерде «кыргыс» хыргыс» формаларында айтылып, жазылып келет. Сары уйгурлар 9-к. Уйгур каганатын талкалап, батышты көздөй журт которгон, орто кылымдык айрым уйгур элементтерин өзүнө камтыган байыркы кыргыздардын бир бөлүгү дегенге толук негиз бар. Буга сары уйгурлардын тилинин (лексика) бүгүнкү кыргыз тилине өтө жакындыгы, негиздүү маалыматтардан болгон уруу-урук аталыштарындагы генетикалык жалпылыктар далил боло алат: Мисалы, кыргыз - кырхыс, коңурат - коңрат, анжиянчы (баргы) - анджан, кулунтай (саяк) - кулун, манак (баргы, бугу) - мнак, ондон (бугу) он, оргу - орге, баят (тейит) - пайат, бай (сарбагыш) - пай, соколок (муңгуш) - сокаллыг, жети урук (саруу) - жети, сулдуз(мундуз) - султуз, темир (баргы, басыз) - темирт, тобок (саяк) - товык (яглахкыр), туманчы (найман) - туман, шарттык (жору) - шартек, отуз уул - оглан (отуз оглан), уранхай (тынымсейит) - орангат ж.б. Сары уйгурлардын тилинде, маданиятында ж. б. Түштүк Сибирдин элементтери арбын кездешет. Айрыкча, сары уйгур тилинин илимде хакас жана шорлордун тилине жакындыгы аныкталган. Бул мисалдар сары уйгурлардын кыргыздар менен этногенетикалык бир кыртыштагы жалпылыгын аныктаары шексиз экендигин далилдейт.

***Ад.:** Малов С.Е. Язык желтых уйгуров. -Алма-Ата, 1957; Тенишев Э.Р. Этнический и родоплеменной состав народностей юйгу ЦСЭ. - № I. 1962. - С.59 66.*

**Сары май** — кыргыздардын байыркы барктуу, салттуу тамактарынын бири. Анын жасалыш ыкмасы төмөндөгүдөй: жуулган май же каймак сызгырып, чөбөгөсүнөн бөлүнүп алынат. Конокко барганда, тамактан даам тийгенде сары майдан сөзсүз ооз тийүү зарылдыгы кыргыздарда тамак ичүүдөгү бир зарылдык этикети катары белгилүү. Бул кыргыздардын тамагынын негизги рационун түзгөн сүт азыктарынын өзгөчө орунда тургандыгынан улам келип чыкса керек.

**Саха-якуттар** - Россия Федерациясынын Саха-Якут республикасынын түпкү калкы. Түрк тилинде (якут тилдер бутагы) сүйлөшөт. Калктын жалпы саны 400 миңге жакын. Теги жагынан байыркы огуз, уйгурларга жакын; монгол, тунгус-манжур элементтери да байкалат. Саха-якуттардын ата-бабалары Борбордук Азиядан Лена дарыясынын төмөнкү агымын көздөй көчүп отурукташкан. Түпкү бабаларынан болгон курыкандар (араб-фарси бутактарында - фурилер) кыргыздарга кошуна жайгашкан, алардан чыгыштагы кыштымдарга (көз каранды, салык төлөгөн элдер, уруулар) киришкен. Кыргыздар жөнүндө маалыматтар саха-якут оозеки чыгармаларында да баяндалат. Саха-якуттардын болмуштуу ата-бабалары болгон Омогой жана Эллей кыргыз уруусунан чыккан качкындар катары баяндалат. «Кыргыз омук» («кыргыз санжырасы») ж.б.

санжыралык маалыматтар бар. Саха-якуттардын эсинде байыркы кыргыздардын өлүктү өрттөп көмүү салты сакталып калган. 18-к. өзгөчө 19-к. саха-якуттар христиан динине зордоп чокундурулган. Материалдык маданиятында тунгус тилдүү элдердин таасирлери байкалат. Диний ишенимдеринде тотемизм, шаманизм ж.б. элементтери кездешет. Бугу багуучулук, аңчылык, балыкчылык, кол өнөрчүлүк менен кесиптенишет.

**Саяк** - оң канаттагы ири уруулардын бири. Элдик санжыра боюнча саяк уруусу Тагай бийдин Кара Чоро деген уулунан тарайт. Бул маалыматтар Сайф ад-Дин Аксикендинин (16-к.) «Мажму ат- Таварихинде» да чагылдырылат. Этнонимдин Түштүк Сибирдеги сойон (сойоттор) этностук байланышы кошумча иликтөөлөргө муктаж. Хакас этнографы, профессор В.Я.Бутанаев сагай (хакас сөөгү) этноними менен кыргыздын саяк уруусунун жакындыгын билдирген илимий көз карашы бар. Тува шамандарынын лексикасында «саяк» - «жорго жүрүш» маанисин аныктаары белгилүү. Лакайлардын «алтымыш» деген уруусунун түпкү атасы «Аннакул-саяк» деп аталары илимий адабияттардан белгилүү. Бүгүнкү тувалардын тилинде бул сөз шаман динине таандык термин катары «жорго» (иноходец) маанисин туюнтат. Бул уруктун өкүлдөрү Акталаа, Нарын, Кочкор, Жумгал, Ыссыккөл, Тоң, Токтогул (Кетментөбө), бир аздап Аксы, Ноокен, Базаркоргон, Сузак райондорунун аймактарын байырлашат. Негизги уруктары: байболот, каба, атакара, ботокара, куртка, аккабак, ыман, чымын, карасакал, түгөл, караш, көчөнөк, медет, мангыт, кудабакты, курманкожо, бешберен, чоро, марка, баарчык, калча, кулжыгач, күрүчбек, субкана, күнтууду, мойнок, байболот, сарык, жанболот, доскулу, токтор, кыбал, кыргый, молдоийрек, бактыбай, кызыгул, сүйөркул, жылантемир, эсиркемиш, кайдуулат, бегат, кутунай, майрык, качканак, шыкмаамат, кутунай, кожош ж.б.

**Саяпкер** - күлүк, жорго таптоочу адам. Дастан-уламыштарда «сынчы» деп аталып келери маалым. Кыргыз уламыштарында атактуу саяпкер Толубай сынчы жөнүндө баяндар айтылат. «Толубайдай сынчы бол, Токтогулдай ырчы бол» деген байыркы накыл кеп бар. Саяпкер атты таптаганда арыгын эттентип, семизин арыктатып, жем- чөбү менен сууну күндө ченеп берет. Атты улам алыстатып чаап, суутуп, чыйралткан. Айрым саяпкерлер ат тапталып сынга толгондо, ага акырындык менен ат чабуучу баланы көнүктүргөн. Бир саяпкер бир же бир нече ат таптаган. Ар бир аттын турпатына, өзгөчөлүгүнө Жараша ат таптоонун ар кандай ыкмасы (багуу, суутуу, таң ашыруу ж.б.) болгон. Мыкты саяпкерлер ат таптоонун сырын шакиртине же баласына үйрөткөн. Кыргыздын көчмөн турмушунда төрт түлүк малдын ичинен жылкы жогору бааланганлыктан, саяпкерлер да коомдо кадыр-барк, өзгөчө абройго ээ болгон. Мыкты саяпкер бир же бир нече күлүктү таптоого баш болгон. Саяпкер күлүктөр менен бирге жорголорду да таптаган. Саяпкерлик кыргыз коомунда өтө бааланган, сейрек кездешүүчү, жаратылыштан өзгөчө шыкка, баамчылдыкка ээ ата мурас кесиби болгон. Саяпкерлер жөнүндө уламыш, болмуштар өтө кенен кездешет. Толубай сынчы жөнүндөгү уламыш кыргыздардан башка, теги кыргыздарга жакындыгы аныкталып жаткан Тажикстандык лакайларда да бар.

**Саятчылык —** куш (бүркүт, карчыга ж.б.) салып, ит (тайган) агытып, тор жайып, капкан салып, мылтык менен аңчылык кылуу. Алгыр куштарды кармап, таптап, аңчылык кылуучу адам саятчы аталат. Тор тузак менен алгыр куштарды кармоо саят деп аталары маалым.

**Себет —** чырпык идиш. Тал, арча, кайың, шилби, солкулдак дарактардан же чий, камыштан аркы-терки, узун-туурасынан өткөрүлүп, сүйрү же тегерек формада чуңкур токулат. Себеттин чырпыктары жарылып кетпес үчүн көлөкө жерде кургатылып, бышык болуш үчүн сырты майланат. Себетке идиш-аяк, азык-түлүк салынат. Себет токуу адам баласына байыртадан эле белгилүү болгон. Б.з.ч. II-I кк.

таандык Карабулак көрүстөнүнөн (Баткен жергеси) жергиликтүү калк азыр да пайдаланып жүрүшкөн себеттердин формасындагы самандан токулган себеттер табылган.

**«Сейтек»** — «Манас» үчилтигинин үчүнчү бөлүмү. Негизги идеясы - ички жана тышкы душмандарды жок кылып, чачылган элди бириктирүү. Эпостун баш каарманы Сейтек - Манастын небереси, Семетейдин уулу - чоң атасы менен атасынын ой-максатын ишке ашырат. Канчоро, Кыяз сыяктуу ички душмандарды. Желмогуз уулу Сарыбай (айрым варианттарда Кара Дөө, Куялы) сыяктуу тышкы душмандарды жеңип, кыргыз элине бейпил турмуш орнотот. Азыр «Сейтектин» негизги 9 варианты белгилүү. Бир кыйла терең иштелген вариант манасчы С.Каралаевге таандык.

**«Семетей»** — «Манастын» экинчи бөлүгү, айрым окуялардын чиелениши жана образдын чечилиши жагынан «Манасты» түздөн- түз улап, толуктап турган чыгарма. Саякбай Каралаев, Шапак Рысмендиев, Молдобасан Мусулманкулов ж.б манасчы-семетейчилерден жазылып алынган, анын ондон ашык варианты бар. Кытайлык атактуу манасчы Жусуп Мамайдын да айтуусунда «Семетейдин» варианты белгилүү. Ал варианттардын көбү миңдеген ыр саптарынан турат.

**Сере** - өлгөн адамды коё турган жай, түркүктөргө орнотулган үстүңкү бети гана жабылып, туш жактары ачык бастырма. Сере - энесай кыргыздарынын урпактары болгон тува жана хакастардын лексикасында да сакталып калган. Бул элдерде да сөөктү коё турган атайы жай «сере» деп аталат. Бул термин менен бүгүнкү кырыздарда (сере, сөрү) төрт бурчтуу, үстүнө жыгач кыналган, адамдар олтуруп, эс ала турган төрт бурчтуу жай аталат. Термин байыркы Энесай доорунан эле белгилүү.

**Сиңди —** кыздардын кичүүсүнүн улууларына, атасынын эже- карындаштарына карата аталышы.

**Сибирь кыргыздары** - 13-18-кк. азыркы Хакас-Минусин ойдуңунда жана ага чектеш аймактарда жашаган кыргыз эли. Кыргыздар бул аймакта кадыресе ички жана тышкы көз карандысыз саясатын жүргүзүп келишкен. Чыңгыз-хандын мураскорлорунун жана тукумдарынын (Хайду, Хубилай ж.б.) бийлик үчүн болгон ич ара согуштарына кыргыздардын тартылышы, аскердик оор салыктар, тынчы жок элди (кыргыздарды) бир нече ирет көчүрүү саясаты демографиялык жактан терс таасирин тийгизген. Өзгөчө Хайдунун көп сандуу аскерлеринин Минусин ойдуңунда өргүп туруп калышы, кыргыз жоокерлеринин согуштук аракеттерге катышышы кыргыз этносунун салыштырма санынын кыскарышына алып келген. Бирок кыргыздар бул аймактын башкы этносу бойдон кала беришип, монгол Алтын-хандарына, жунгарларга, орустарга каршы ийгиликтүү күрөшүп келишкен. Сибирь кыргыздарынын этносаясий түзүлүшү орус жазма булактарында «Кыргыз өлкөсү», «Кыргыз жери» деген ат менен белгилүү болгон. Сибирь кыргыздарынын мамлекети төрт улустан жана аларга тиешелүү кыштым капчыгайларынан турган. Улустар төмөнкү аттар менен белгилүү болгон: Алтысар, Алтыр, Изер, Туба. Монгол жеңип алууларынан баштап Кыргыз жериндеги саясий борбор Абакан өрөөнүнөн түндүккө көчкөн эле. Ак Июс жана Кара Июс дарыяларынын ортолугундагы жерлерде кыргыздын тектүү бектеринин ээликтери жайгашкан. Ошондон улам, алтысарлыктар «Чоң кыргыздар» деп аталышы бекеринен чыккан эмес. Ар бир улустун өзүнө тиешелүү кыштымдары (кыргыздарга салык төлөгөн көз каранды элдер, уруулар) жана кыштым капчыгайлары болгон. Мамлекеттик маанилүү маселелер, ички жана тышкы иштер жалпы курултайда каралып, ага 500 жакын кыргыз бектери (кашкалары) катышкан. Курултайда Кыргыз өлкөсүнүн (мамлекетинин) журт башкаруучусу шайланган. Маселен, атактуу баатыр жана мамлекеттик-саясий ишмер Еренак-бек өз учурунда Кыргыз өлкөсүндө

борборлошкон мамлекеттик административдик-башкаруу системасын калыптандырганы маалым. Өзгөчө, 16-кылымдын орто чендеринен 17-к. баш чендерине чейин Кыргыз өлкөсүнүн экономикалык абалы, чарбасы, маданияты бир топ өнүгүүгө жетишкен. Кыргыздардын жазма маданиятынын болгондугун орус тилдүү булактар да баяндайт. Кыргыз өлкөсүнүн экономикалык негизи көчмөн мал чарбачылыгы, дыйканчылык, аң уулоо, соода иштери менен катар көп сандаган көз каранды кыштымдардан жыйналчу салыктан турган. Сибирь кыргыздары алтын-хандарга, жунгарларга формалдуу гана көз каранды болушуп, салык төлөө менен гана чектелишкен. Алтын-хандардын, андан соңку мезгилдеги монгол-калмак ич-ара согуштарына кыргыз аскерлеринин катышканы жөнүндө маалыматтар бар. Сибирь кыргыздарынын басымдуу бөлүгү 1703-ж. Жунгарияга көчүрүлүп кеткен. Айрым бөлүгү 1756-1758-жж. окуялардан соң кайтып келишкен. Бүгүнкү тувалардын, шорлордун, алтайлыктардын басымдуу бөлүгү, хакастардын дээрлиги сибирлик кыргыздардын урпактары болушат.

***Ад.:** Бутанаев В.Я., Худяков Ю.С. История енисейских кыргызов. Абакан, 2000;Бутанаев ВЛ.,Бутанаева И.И.Энесай кыргыздары: фольклор жана тарых.- Б.,2002.*

**Символика** (грек. symbolon - шарттуу белги, ажыратып билүүчү жышаана) - мамлекеттик бийликке (мамлекеттик желек, герб), динге (крест - христиандарда, жарым ай - мусулмандарда, «Давид жылдызы» - иудейлерде), саясий жана коомдук уюмдарга ж.б. тиешелүү кубулуштарды, түшүнүктөрдү сезимге таасир бере тургандай сөз менен белгилөөнүн түрдүү ыкмалары. Этностордун турмушунда көбүнчө фольклор менен байланышкан символикалар пайдаланышат. Мисалы, орустарда сулуулуктун символу ак кайың, япондордо - сакура эсептелет. Түс белгилери да - кеңири тараган: ак түс - кубанычтын, кара түс - азанын ж.б.

**Ситняковский Н.Ф** (туулган жана өлгөн жылы белгисиз). Орус армиясынын офицери, Орто Азияны каратууга жигердүү катышкан. Жергиликтүү калктардын, анын ичинде кыргыздардын турмуш-тиричилиги, коомдук түзүлүшү ж.б. боюнча макалаларды жарыялаган. Фергана облусунун чыгыш аймагында байырлаган кыргыздар жөнүндө эмгек жазган («Перечисление некоторых родов киргиз, обитающих в восточной части Ферганской области» ИРГО. Т 2. Вып.1.). Бул эмгекте кыргыздын сол канаты жана ичкиликтер урууулук тобуна кирген уруулардын жайгашуу ареалы, чыгыш теги, аталыштары, эн тамгалары боюнча өтө баалуу маалыматтар чагылдырылат. Анын өзгөчө кыргыз урууларынын генеалогиялык таралышы, курамы (уруулук ажырымы), эн тамгалары боюнча жыйнаган маалыматтары кыргызтаануу үчүн баасы ченелгис.

**Сол канат** - кыргыздардын уруулук ири бирикмесинин аталышы. Генеалогиялык ж.б. жазма маалыматтар боюнча, сол канатка чоң багыш, басыз, мундуз, саруу, кушчу, кытай, жетиген, төбөй уруулары кирет. Бул уруулук бирикме 16-к. Сайф ад-Дин Аксыкендинин «Мажму ат-Таварихинде» чагылдырылат. Сол канат уруулар легендарлуу Куу уулдан тарайт. «Ку огул Солдун келип чыгышы: Ку огул ибн Сары Буга бий, ибн Лаклак бий, ибн Атан бий, ибн Абул бий, ибн Кувай бий, ибн Кункайды бий, ибн Нахаш, ибн Кенже Мурат, ибн Бай Мухаммед, ибн Сары Мухаммед бий, ибн Сүйүндүк бий, ибн Назар бий, ибн Жарам бий, ибн Михран бий, ибн Нури бий, ибн Кемин бий, ибн Дервиш бий, ибн Мунин бий, ибн... бий, ибн Дауле бий, ибн Гуза аз-Дин Клыч, ибн Лур Бузург, ибн Анал хак. Уруулардын белгилүү бир топ, канаттарга бөлүнүүсү байыркы хунну доорунан белгилүү. Хуннуларда оң же сол канат аскерлердин башчысы, башкы командачысы бугу («бугуг») деген титул менен аталганы маалым. Байыркы кытай булактары (Хань династиясы, «Ши-цзи» б.з.ч. III- б.з. III кк.) хуннулардын аскердик-башкаруу системасында оң, сол, борбор принциптери сакталарын, сол канат - чыгыш хунну

уруулары, оң канат - батыш хунну урууларына ажыраарын чагылдырат. Байыркы огуздар Боз ок, Үч ок деп аталган уруулук бирикмелерге (24 уруу) бөлүнүшкөн. Бул дуалдык бөлүнүү азыркы түркмөндөрдө сакталып келет. Каракалпактар «он төрт ру» (уруу) жана «арысы конграт» деген эки канатка бөлүнүшөт. Чыңгыз хан жана анын мураскорлору монгол тилдүү урууларды жана жаңыдан баш ийдирилген элдерди Барунгар жана Зюнгар (Жунгар) деген эки топко (канаттарга) бөлүп башкарышканы маалым. Мындай башкаруу принциби аскердик жана чарбалык-экономикалык керектөөлөрдөн улам келип чыккан. Аскер жыйноодо жана согуш аракеттеринде бул аскердик- чарбалык система өзүнүн артыкчылыгын көрсөткөн. Мындан сырткары, жайыт бөлүштүрүүдө, жаңы конушка орун которууда, салык жыйноодо ж.б. башкаруу системасында көчмөн уруулар, элдер үчүн өзгөчө тартипти орнотууга көмөк берген. Оң, сол, борбор принцибиндеги аскердик- чарбалык бөлүнүүлөрдүн башаты «согуштук демократия» мезгилине барып такалат.

**Солто** - кыргыздын оң канатындагы ири уруулардын бири. Санжыралык маалыматтарда Ак уул, Ак уулдан - Тагай бий, Тагай бийден - Богорстон, Богорстондон - Эштек, Эштектен - Солто уруусу тарагандыгы баяндалат. Уруулук символдордун бири болгон эн тамганын (Ай тамга) сары багыштардын уруулук эн тамгасы менен генетикалык жакындыгы байкалат. Этнонимдин параллели «солтус» формасында кыргыздарга теги жакын сары уйгурлардан кездешери маалым. Бүгүнкү сары уйгурларда байыркы Түштүк Сибирь (Минуссин) этнокомпоненттери арбын учурайт. Сол- ту + с; -с көптүк маанини аныктаган байыркы сөз жасоочу мүчө. Уруунун түпкү бабаларынын бири катары эсептелген «Эштек» генониминин параллелдери бүгүнкү башкыр жана кара калпактардын курамында бар. Өз учурунда В.В.Радлов солтонун курамынан жетиген, кутчу (кушчу), саруу, моңолдор, кыпчак, кытай, мундуз, азык урууларынын айрым учкундары бар экендигин жазган. Солто уруусунун өкүлдөрү негизинен Чүй кылаасын байырлап келишет. Негизги уруктары төмөнкүлөр: күнтуу, чаа, култу, тата, талкан, каракчы, чоңмурун, байгана, жолболду, кулболду, төрө, карамерген, токбай, адике, мендике, канай ж.б.

**Солтоноев Белек Солтонкелди уулу** (1878-1938). Кыргыздын тунгуч агартуучусу, тарыхчы-этнографы, акыны, адабиятчысы, таанымал мамлекеттик ишмери. 7-8 жашында кат тааныган болочок илимпоз оокаттуу оруска жалданып, бат эле орус тилин, кириллица алфавитин үйрөнүп алган. Үч ай орус мектебинде билим алып, кийинчерээк окуусун Пишпектеги багбандарды даярдоочу кыргыз мектептен уланткан эле. Эки жылдык окуудан соң, 1890- ж. тартып ал кыргыз тарыхына, этнографиясына, элдик оозеки чыгармаларга кызыга баштайт. Илимге ынтызарланган зирек бала санжыра, уламыш, болмуштарды кызыгып угуп, ошол учурдагы белгилүү болуп калган орус жана араб графикасындагы тарыхый чыгармалар менен тааныша баштайт. Үркүндө элди куткаруу, Советтик бийликти куруу иштерине жигердүү катышкан. Сабатсыздыкты жоюу өнөктүгүнө да чын дили менен катышкандыгы маалым. Чыгыш Түркстанда качкындар арасында болуп, бул аймактан тарыхый-этнографиялык маалыматтарды жыйнай баштаган. 1925-ж тартып илимий мекемелерде иликтөө иштери ж.б. чыгармачылык менен алектене баштайт. 1895-1934-жж. аралыгындагы жыйналган тарыхый-этнографиялык маалыматтардын алкагында «Кызыл Кыргыз тарыхы» (мурдагы аталышы «Кыргыз-казак тарыхы») илимий эмгеги жарык көргөн. Эмгектин негизи тарыхый, этнографиялык, археологиялык, элдик оозеки чыгармалардын бөлүктөрүнөн турат. Илимпоз Н.А.Аристов, В.В.Бартольд ж.б. таанымал окумуштуулардын эмгектерине шилтеме жасап, «Манас» эпосундагы ж.б. санжыралык маалыматтарга жана алардын маанилерине илимий негиздүү мамиле жасаган. Эмгектин калган бөлүктөрүндө кыргыздардын реалдуу

жашоо-тиричилиги, каада- салттары, улуттук оюндары, табыпчылыгы, аскердик тарбия берүү, уруу (урук) тамгалары жана алардын аталыштары, календары, жылдыз саноо илими (астрономия), салттуу аңчылыгы, кыргыз уруулары жана алардын айрымдарынын келип чыгышы терең иликтөөгө алынган. Эмгек өз баалуулугун жана илимдеги актуалдуулугун жогото элек. Алгачкы атактуу кыргыз тарыхчысынын эмгектери жыйналып, эки ирет басылып чыкты. Анын соңку бөлүгү «Кыргыз тарыхы» деген ат менен жарык көрдү. Улуу тарыхчынын мурастары дагы көп илимий изденүүлөрдү талап кылган булак катары кала берет.

**Соогат** - аскердик олжодон, аңчылыктан же атайын уюштурулган мелдеште уткан байгеден берилүүчү белек.

**Сoорун** - кыргыздын эң байыркы элдик оюндарынын бири болгон улак тартышта той-тамашаны, ашты уюштурган тараптан атайын бөлүнгөн байге, соорун. Улак тартыш салты кыргыздардын байыркы доорлордогу жамааттык аң уулоосунан кабар берет. Жамааттык аң уулоо эркектерди жаш мезгилинен тартып эле шамдагай, күчтүү жоокер болууга түрткү берген.

**Сорорат —** (лат. эже) бир эркектин бир тууган же эки бир тууган эже-сиңдилерге үйлөнүү салты. Американын, Азиянын, Океаниянын жана Африканын көптөгөн элдеринде кенен колдонулган салт. Полигиния шартында сорорат формасындагы үйлөнүү салтынын артыкчылыгы бар эле. Анткени күйөөсү бир болгон аялдар эч качан бир чарба жүргүзгөн эмес, ар биринин өз чарбасы болгон Жана натыйжада алардын ортосунда чарбалык ж.б. чыр-чатактар көп чыгып турган. Ал эми бир тууган эже-сиңдилердин арасында андай чыр-чатак сейрек болгон. Сороратты топтук никенин калдыгы катары караган да окмуштуулардын тобу бар. Алгачкы коом бузулгандан кийин сорорат кечки формасына, тагыраак айтканда, эркектин өлгөн аялынын сиңдисине үйлөнүүсү сакталып калган. Аны көбүнчө сиңдиси өз эжесинин балдарын башка аялга караганда жакшыраак тарбиялап өстүрөрү менен түшүндүрүшөт. Сорораттын кечки формасы кыргыздарда да болгон, бирок анын баштапкы формасы жөнүндө маалыматтар сакталып калган эмес.

**Социологиялык мектеп** - эволюционизмдин кризисинин натыйжасында европалык этнологияда пайда болгон багыттардын бири. Социологиялык мектептин өкүлдөрү этнологиянын башкы предмети деп адам коомун түшүнүшкөн. Коомду алар адамдардын ортосундагы адеп-ахлактык байланыштардын системасы катары карашат. Адеп-ахлактык байланыштар адамдарга таңууланат. Социологиялык мектептин мекени Франция, ал эми ири өкүлү болуп Э.Дюркгейм эсептелет. Анын окуусун уланткан окуучулары: М.Мосс, К. Леви-Строс, И.Гране, Л.Леви-Брюль. Башкы идеялары:

- ар бир коомдо анын туруктуулугун камсыз кылган коллективдүү түшүнүктөрдүн комплекси болот;
- маданият коомду бир тилектеш кыла турган, адамдарды жакындаштыра турган функцияны аткарат;
- ар бир коомдо өзүнүн адеп-ахлак түшүнүктөрү болот, алар дайыма өзгөрүп турат;
- бир коомдон экинчи коомго өтүү татаал жана секирик аркылуу ишке аша турган процесс.

**Сөөк жана мүйүздөн буюмдарды жасоо.** Аңчылык, мал-чарбалык, дыйканчылык менен кесиптенген элдердин кол өнөрчүлүгүндө, үй-чарба өндүрүшүндө кеңири таралган. Адатта чоң, көңдөй сөөктөр пайдаланылат. Сөөктү колдонуунун чоң мааниге ээ болушун металл менен жыгачтын жетишпегени менен жана айрым элдердин өндүрүштүк салтына байланыштуу түшүндүрүүгө болот. Өндүрүштүк салттарга байланыштуу болгондо баалуу буюмдарды (скульптура ж.б.) жасоо үчүн сөөктү алыстан ташып келиши мүмкүн. Башка учурларда негизинен союлган малдын сөөгү иштетилет. Сөөк менен мүйүздү иштетүү этностук маданияттын өнүгүү өзгөчөлүгүнө жараша болот. Чөлдөгү малчылар менен тундрада жашоочулар сөөктү, мүйүздү интенсивдүү пайдаланышат. Мүйүз менен сөөк бекемдиги боюнча металлдан бир аз эле айырмаланса да, көп сапаттары боюнча металл жогору турат. Ошондуктан арзан металлдын табылышы менен сөөктөн жасалуучу көп буюмдар металлдан жасала баштайт. Ошентсе да, сөөк менен мүйүздүн металлдан бир аз артыкчылыгы - алар жеңил, ысыкта ысыкты, суукта суукту көп өткөрбөйт. Арктикалык областтарда жашаган элдерде б.а. ненецтерде, якуттарда, эвенктерде, чукчаларда, эскимостордо металл табуу жеңил экендигине карабастан сөөк менен мүйүз түрдүү максаттарда кеңири пайдалынылып келе жатат.

Башка шарттарда, сөөк менен мүйүздүн морттугуна, отко чыдамсыздыгына байланыштуу металл жайылган сайын салттуу өндүрүш чөйрөсүнөн сүрүлүүдө, анын үстүнө сөөк, мүйүз буюмдар даярдоо өлчөмү, формасы боюнча чектелүү. Куралып жасалуучу буюмдарды металлсыз курaштыруу да көпкө чыдабайт жана ишенимсиз болгон. Ошондуктан алар негизинен кооздук буюмдарын жасоодо, майда кустардык өндүрүштө пайдаланылып калды. Мында регионалдык, этностук өзгөчөлүктөр даана байкалат. Пил сөөгү, керик мүйүзү, ташбаканын панцири көпкө чейин культтук буюмдарды жасоо үчүн, өзгөчө искусствонун баалуу үлгүлөрүн жасоодо, мозаика, металл жана жыгач буюмдарды инкрустациялоо үчүн пайдаланылган (өзгөчө Африка- да, Индияда, Түштүк-Чыгыш Азия аймактарында).

Эң байыркы мезгилдерде мүйүз менен сөөктү пайдалануу кеңири тараган. Эне-аялдын элеси түшүрүлгөн палеолит мезгилиндеги эң байыркы скульптуралар мамонттун мурун сөөгүнөн жасалган. Бугунун, багыштын мүйүзүнөн бийлик символдору, куралдардын сабы, жебе, жаанын каптагычтары, ооздуктун, куралардын, идиш- тердин бөлүктөрү жасалган. Скифтер, сарматтар доорундагы айрым евразиялык маданияттарда көркөмдөлгөн буюмдар үчүн, майда-барат тиричилик буюмдарын жасоодо жылкынын туягынын сырткы мүйүз кабыгын пайдаланышкан. Кооздук буюмдарын өзүнүн формасы, өлчөмү, аларга орнаменталдык сюжеттерди жайгаштыруу жана барельефтик сүрөттөрдүн тереңдиги сөөктүн алгачкы табигый өзгөчөлүктөрүнө жараша болот: алардын сүйрү узун пластинкалары туурасы 20 см бийиктиги 6-8 см келет. Сөөктү, мүйүздү иштетүүнүн ыкмалары да түрдүү болгон. Аларды түрдүү жолдор менен жумшарта алышкан, тарамыш жиптер менен өгөөлөп кесишкен, таш араа менен араалашкан, катар тешиктерди жасап, ошол аркылуу сындырышкан ж.б.

**Сөөк куда** — туугандык байланыш үзүлбөс үчүн сөөк жаңырткан туугандар. Мындайда «сөөк түштүм» деп айтышат. Кыргыздар жети муун өтмөйүнчө сөөк жаңырткан эмес. Ислам дини тарагандан кийин төрт, үч муун өткөрүп да кудалаша турган болушкан.

**Структурализм** - функционализимдин чегинде пайда болгон багыт. Аны А.Радклифф-Браун негиздеген. Ал коомду айрым аракеттенген элементтердин структуралык жактан өз ара катышына ылайык адамдардын коомдук турмушунун белгилүү социалдык структуранын чегиндеги аракеттенүүсү катары элестетүүгө болот, - деп түшүнгөн. Ар бир кайталануучу ишмердиктин функциясы

- социалдык маанилүү милдеттерди чечүү жана структуралык улануучулукту колдоо болот. Социомаданий турмушка функционалдык мамиле кылуу индивиддер социалдык турмушту өздөштүрүп, ага ыңгайлаша жана аны колдой ала турган туруктуу формаларды иликтөө дегенди билдирет. Ошондуктан этнология илиминин негизги милдети адам коомундагы жана анын маданиятындагы дайыма кайталанып туруучу структуралык өз ара байланыштарды көрсөтүү болуп саналат.
Бул идеяны Англияда Э.Эванс-Притчард, Францияда К.Леви- Стросс уланткан. Башкы идеялары:
- маданиятты белги системаларынын (тил, илим, искусство ж.б.) топтому катары кароо;
- адамдардын жашоо тажрыйбасын, чогуу жашоо жана ишмердик кылуу тажрыйбасын маданий уюштуруунун универсалдуу принциптерин жана ыкмаларын издөө;
- адам ишмердигинин бардык чөйрөсүндө универсалдуу маданият уюштургуч универсалийлер бар;
- маданияттын түрдүү түрлөрү менен типтеринин өнүгүүсүнүн шкаласын жана көз караштарды бирдей тартипке келтирүү мүмкүн эмес ж.б.

**Суусундуктар** - суусунду кандыруучу тамак-аш компоненти. Бардык элдерде тамак-аштын түрлөрүнүн белгилүү бир топтому бар, бирок айрым элдер суусундук үчүн сууну гана пайдаланышат. Байыркы адамзат коомун басып өткөн жыйноочулук жана аңчылыкта эле өзгөчө суусундуктарды пайдалануу кезигет. Алар: мөмөлөрдүн, жемиштердин ширелери, дарактан алынган ширелер, эттин сорпосу, ошондой эле өсүмдүктөрдү кайнатуу же сыгуу жолу менен алынган наркотикалык таасири бар ичимдиктер. Европанын жана Кавказдын дыйкан элдеринде квас сыяктуу нанды ачытып жасалган ачкыл суусундуктар кеңири тараган. Тоолуу жерлерде жыттуу чөптөрдү кайнатып ичишет. Бир катар европалык элдер шаарларда бал жана башка таттуу нерселер кошулган алкоголсуз ысык суусундуктарды жасашат. Сүт багытындагы мал кармаган элдерде суусундук катары сүт азыктары кеңири пайдаланат. Көчмөндөрдүн маданиятында өзгөчө орунду кымыз менен шубат (төө сүтүнөн ачытылган) ээлейт. Жалпы дүйнөгө суусундук катары Чыгыш Азиянын чайы, Чыгыш Африканын кофеси, Борбордук Американын какаосу кеңири тарады. Япониядан Сомалиге чейинки аймакта чайсыз жашоону элестете албаган элдер бир нече кылым мурда эле куурулуп, майдаланган таруун же күрүчтү кайнатып ичишчү. Чыгыш Азияда (Корея, Түштүк Азиянын тоолуу райондору) мындай ундан жасалган атала азырга чейин эле чай ордуна ичилет. Арабдардын кофе ичүүсү, япондордун чай ичүүсү, Түштүк Америкадагы йерба матэ (Парагвай падубасынын жалбырагын кайнатып ичүү) салты - жөн эле суусундук ичүү эмес, татаал, социалдык мааниси бар жөрөлгө. Дыйканчылык жана малчылык менен кесиптенген элдердин тамак-аш системасында өзгөчө орунду түрдүү алкоголу бар ичимдиктер ээлейт. Ал Чыгыш жарым шарда жашаган бардык (айрым адистешкен аңчылар менен балыкчылардан башка) элдерде белгилүү. Этнографиялык жана тилдик маалыматтар аларды даярдоо эзелтеден эле башталганын билдирет. Өнүгүүнүн ар кайсы багыттарында бардык элдерде пайда болгон. Жыйноочулук менен тиричилик кылган элдер жапайы жемиштердин мөмөлөрүнүн канттуу ширелерин, же дарактан (пальма, кайың, клен) алынуучу ширелерди, ошондой эле балды вино абалына чейин ачытышкан. Жүзүмдөн вино жасоо Алдыңкы Азияда байыркы доордон бери белгилүү жана жүзүм менен кошо Түндүк Африкага, Европага, Түштүк-Чыгыш Азияга таралган. Көчмөн жана малчы элдерде сүттөн алкоголдук ичимдик ачытуу белгилүү. Мисалы, кымызда, айранда 2-3% алкоголь бар. Дыйканчылык кылган элдер

крахмалы бар өсүмдүктөрдөн (жүгөрү, күрүч, таруу, арпа ж.б.) пиво жасашкан. Алкоголдун концентрациясын жогорулатуу муктаждыгы кайнатуу жолу менен арак жасоого алып келди. Анын өбөлгөсү отко чыдамдуу идиштердин (металл же чопо) пайда болушу болду. Кайнатып арак жасоо техникасынын башаты али ачыла элек. Анын Борбордук Азияда таралгандыгы тууралу эң алгачкы маалыматтар Марко Поло менен Рубрукта (13-к.) кезигет. Алар монголдор сүттөн алкоголдук ичимдиктерди жасагандыгын жазышкан. Майы алынган ачытылган сүттү архага (алкоголь 15-20%) дистирлөө жөнөкөй жол менен Борбордук Азия элдеринде акыркы мезгилдерге чейин эле жасалып келген. Аларга байланышсыз эле аракты дистирлөө Алдыңкы Азиянын элдеринде мурда эле белгилүү болгон. Алар аны, балким, вино жасоодогу калдыктарды кайра иштетүүдө тапкан болуш керек. Азиянын көптөгөн элдери бул алкоголдук ичимдикти арабдардын «арак» («тер») деген сөзү аденен аташат. Бул кайнап жаткан идиштин капкагынын астыңкы бетиндеги алкоголдук тамчыларды чогултуунун жөнөкөй ыкмасын көрсөтүп турат. Бул жөнүндө алгачкы маалыматтар араб-врачтар аркылуу 12-к. башында Түштүк Италияга жетип, андан бүт Түштүк Батыш Европага таралган. Негизги чийки зат алгач жүзүм виносу болгон. 15-к. тартып арак дандын ар кандай түрлөрүнөн да кайнатыла баштаган. Кийинки мезгилдерде арак кайнатуу ыкмасы бардык жакка кенен тараган. Алкоголдук ичимдектерди жасоо көбүнчө түрдүү ритуалдык талаптарга жача көз жазгырууларга байланыштуу жана салттуу коомдо адатта бүт коллектив аркылуу ишке ашырылат. Ичимдик кандайдыр бир жалпы сыйынууда же башка майрамдарда ичилген. Салттуу ичимдиктердин кубаттуулугунун төмөн болушу, алардын ичүүгө салттык, этикалык чектөө, традициялык коомдогу айрым бөгөттөр болгон. Бирок античтик урбанизация мезгилинде эле ритуалдык табулардын көпчүлүгү бузулуп, алкоголизм проблемасы пайда болгон. Уруулук диндердеги ритуал алкоголдук ичимдектерди ичүү менен ишке ашырылат, ал эми дүйнөлүк диндердин экөөсү (ислам жана буддизм) ага такыр тыюу салат. Ошентсе да, ал ырааттуу сакталбайт.

**Сүннөт той** - баланы отургузууда өткөрүлүүчү той. Той айрым райондордо үч күнгө созулат. Биринчи күнү той кеңеш өткөрүлөт, тойго арналып багылган мал (аны баланын таятасы, таякелери алып келет) союлат ж.б. даярдыктар өткөрүлөт. Экинчи күнү той башталат, алыс-жууктан коноктор келет, аларга тамак тартылат, айылдагы үйлөргө коноктоого бөлүштүрөт. Байгелүү оюндар уюштурулат. Үчүнчү күн той узаар күн деп аталат. Бул күнү бала сүннөткө отургузулат жана тойго келгендер тамактанып тарап кетишет.

**Сүннөткө олтургузуу** - бала так жашка чыкканда (3,5,7) жыныс мүчөсүнүн уч терисин кесип алып салуу ырымы. Еврей, мусулман ж.б. элдерде кеңири тараган. Тарыхый жактан алганда аны уруулук коомдогу инициация менен байланыштырууга болот. Уруулук коомдо эркек балдардын (айрым элдерде кыздардын да) жыныс органдарына түрдүү операцияларды жасоо аларды келечектеги үйлөнүп турмуш курууга даярдоонун бир учуру болгон. Бул салт кыргыздарга ислам дини менен кошо тараган. Аны атайын даярдыгы бар киши - уста жасаган. Баланы жерге отургузуп («отургузуу» деген термин ошондон улам пайда болгон) оң колуна жото жилик (айрым жерлерде кашка жилик), сол колуна нан карматышкан. Атасы баланын артында туруп эки колун кармайт, уста сүннөттү ишке ашырат. Кесип алынган терини бала ордунан турганча уукка кыстарып сактап коюшкан. Кесилген жерге кебез же кийиз күйгүзүлүп басылган. Азыр медициналык мекемеде хирургдар олтургузат.

**Сүт акы** - кызын турмушка узатып жаткан эне кудасы тараптан калыңдан сырткары ала турган белек. Адатта жылкы же уй берилген.

**Сыдыков Абдыкерим** (1889-1938). Алгачкы кыргыз илимпоз- тарыхчыларынын бири, мамлекеттик ири саясий ишмер. Чүйдөгү Башкарасуу айылында туулган, жашында жергиликтүү молдодон билим алып, 1904-1911-жж. Верныйдагы гимназиядан билимин уланткан. 1913-ж. Пишпек уездинин башкаруучусунда котормочу болуп иштеп, кызматтык чинге ээ болгон. Кыргыз мамлекеттүүлүгүн түптөгөн, анын калыптанышына ченелгис салым кошкон, өз өмүрүн аябаган эл уулу. 1933-ж. жалган жалаа менен камакка алынып, 1938-ж. 18-февралда атылган. Орто Азия университетинде билимин улантып жүрүп, кыргыз уруулары жана алардын ажырымы боюнча алгачкы эмгекти Ташкент шаарынан чыгарган. Мындан сырткары, кыргыз тарыхы жана кыргыз айылынын турмушу боюнча эмгектерди жазган.

***Ад.:** Краткий очерк истории развития кыргызского народа, 1926; Родовое деление кыргызов, 1926; Организация выпаса скота в кочевой группе, 1930.*

**Сыдыков Сагалы** (1932-ж. туулган) - кыргыздын таанымал тилчи-окумуштуусу, түркологу, белгилүү монголтаануучусу. Филология илимдеринин доктору. 1955-ж. тартып Кыргыз Илимдер Академиясынын Тил жана адабият институтунда эмгектенип келет. Ушул эле илимий мекемеде, адегенде Түркология бөлүмүн, андан соң Тил тарыхы жана диалектология бөлүмүн жетектеп келүүдө. Аспирантураны СССР ИАсынын Азия элдери институтунда аяктаган. Изилдөөчүнүн кыргыз тарыхы, этнографиясы, тил илими үчүн зор мааниси бар эмгектери «Орхон-Енисей тексттери» (1982), «Байыркы түрк жазуусу» (2001) ж.б. аталыштар аркылуу белгилүү. Кыргыз-монгол этностук, тилдик алакалары боюнча бир катар эмгектери белгилүү. Автордун эмгектеринин кыргыздардын байыркы жана орто кылымдар тарыхы, этнографиясы боюнча мааниси зор.

**Сыйынуучу жайлар** - Кудайга сыйынуу жана диний жөрөлгөлөрдү өткөрүү үчүн атайын курулган имараттар. Мындай өзгөчө сыйынуучу имараттарды куруу алгачкы коомдо варварчылыктын ортоңку баскычынын аягында, же анын жогорку баскычында пайда болгон. Алар пайда болгонго чейин сыйынуу жөрөлгөлору ачык жайларда адатта жалгыз, чоң, тике тургузулган таш менен белгиленген алтарда өткөрүлгөн. Кийин татаалыраак мегалиттик курулуштар - кромлехтер жасалат. Эң байыркы мегалиттик эстеликтер неолит дооруна таандык. Мамлекетке чейинки коомдо пайда болгон, кылымдардын тереңинен келаткан сыйынуучу жайларды салуу салты кийинки доорлордо типтеринин, образдарынын жана курулуш ыкмаларынын ар түрдүүлүгү боюнча таң калтырган курулуштарга өткөн. Бул курулуштар өз мезгилиндеги коомдун идеологиясы жөнүндө ой жүгүртүүгө гана мүмкүнчүлүк бербестен, ошол эле учурда материалдык маданияттын үлгүлөрү боюнча булак да болуп саналат. Аларды курууга коомдоогу өндүргүч күчтөрдүн өнүгүү деңгээлине ылайык келген, курулуш искусствосунун мыкты жетишкендиктери пайдаланылган: курулуш материалдары, куруу техникасы, архитектуралык ой - баары кызматы боюнча өтө маанилүү жана бараандуу мындай имараттарды курууда коюла турган милдеттердин деңгээлине дал келүүгө тийиш болгон. Аларды пландаштыруу, ошондой эле алардын сырткы көрүнүшү бул имараттар аткара турган сыйынуучулук функцияга жана диний идеяларга ылайык жасалган, бирок аларды элдин арасынан чыккан усталар кургандыктан айрым усталарда сөзсүз элдик көркөм көз- караш берилген. Ошондуктан мындай монументалдык курулуштар үстөмдүк кылуучу таптын суроо-талабы боюнча курулганына карабастан, бүткүл коомдун көркөм көз караштарынан кабар берген. Түрдүү диндерге таандык сыйынуучу имараттар белгилүү, так, бири- биринен айырмаланган принциптер боюнча курулган, алар пландаштыруунун композициялык ыкмаларында да, ошондой эле сырткы жасалгаларында, интерьерде чагылдырылган.

www.bizdin.kg

# Т

**Таа жезде —** тайэженин күйөөсүнүн аталышы. Адатта кичүүлөр кайрылат.

**Таажеңе —** таякенин аялына жээндеринин кайрылуусу.

**Таар көрпө, жер көрпө, жер төшөк** - таар, шырдак (шырда- мал), ала кийиздин үстүнө салынуучу төшөк. Алгач ашталып, өңдөлгөн териден (бостек, пөстөк) жасалса, кийин шайы атлас, баркыт, чий ж.б. кездемелерден (ичи ар түрдүү кездемелерден иштелип) кээде чети башка ар кыл түстөгү кездемелер менен күбөөлөнүп, айланасын кыюу, милте менен коосдолуп, арасына жүн, кийиз, кебез салынып кабылып көктөлөт. Таар көрпөнүн узундугу 1,5-3 метрдей, туурасы ыңгайга жараша ар түрдүү болот. Чеберлер куракттын күбөөсүн саймалап, чырмап жасашары маалым. Кийинки мезгилдерде кездемелер оймолонуп, улуттук колоритте жасала баштады.

**Табу (полинезия тилдеринде — тыюу салуу)** — тыюу салуу. Алгачкы общиналык (жамааттык) коомдо кеңири тараган тыюу салуунун өзгөчө түрү. Заттарга, жүрүш-турушка, айрым сөздөргө, атты атоого ж.б. тыюу салынган. Табуну бузуу же аткарбай коюу ар түрдүү кырсыктарды, ооруларды алып келет деген ишеничте болушкан. Саян-Алтай элдеринде өзгөчө тотемдик жаныбарларга, тайгага табу иретинде кайрылышкан. Айрым учурларда жапайы жаныбарларды эвфемизм менен аташкан учурлар кездешет. Кыргыз коомунда да байыркы тотемистик, шамандык диндер доорундагы тыюу салуулардын айрым элементтери сакталып келет. Табуларды эки топко бөлүүгө болот. Биринчисин кишилердин арасындагы мамилелерди жөнгө салуучу нормалар катары каралуучу табулар түзөт. Ал моралдык-этикалык табу. Мындай табу үч негизги компоненттен турат. Биринчиси - коллективдин мүчөлөрүнүн кимисинин болсо да тигил же бул иш-аракети анын өзүнө гана эмес, бүтүндөй коллективге сөзсүз кырсык, ал турсун, бүтүндөй кырылууга алып келет деген ишеним. Экинчиси - белгилүү иш-аракеттер алып келе турган коркунучтан абдааруу сезими жана кырсык алып келүүчү мындай иш-аракеттерден коркуу. Үчүнчү компонент - тыюу салуу, норма. Коллектив мындай иш-аракеттерден баш тартууну талап кылган жана ага көнбөгөндөрдү жазалаган. Этикалык табулардын ачык мисалы болуп урук мүчөлөрүнүн арасындагы жыныстык мамилелерге тыюу салуу эсептелет. Этикалык табулардын көпчүлүгү адамзаттын тарыхынын эрте мезгилинде пайда болгон. Алардын басымдуу бөлүгү алгачкы общиналык коом бузулганга чейин сакталып калган. Мындан сырткары, бир кыйла кечки мезгилдерде пайда болгон нормалар да табу формасында болуп калышы мүмкүн. Таптар пайда болор алдындагы коомдо калыптанып жаткан үстөмдүк кылуучу таптын өкүлдөрү табуларды өз кызыкчылыгын коргоого пайдаланышы мүмкүн. Табулардын экинчи тобу - магиялык табулар. Алардын маңызы төмөндөгүдөй- адамдын тигил же бул иш-аракетинен же жакындарына сырдуу түрдө жагымсыз абалды пайда кыларына, дал ошолордун ишине тоскоолдук кыларына ишенүү. Магиялык табу магия менен кошо анын составдык бөлүгү катары пайда болгон.

**Такыя сайды** - күйөө-колукту нике жашына жеткенде өткөрүлө турган салт-жөрөлгө. Күйөө-колуктунун жашыруун жолугушуусуна жол ачкан. Күйөө бала кайын-журтуна атасы же энеси менен келет. Колуктуну атасынын үйүндө жакындары менен төрдүн оң же сол жагына олтургузушат. Күйөө бала боз үйдүн кийизин ачып, учуна жоолук байланган уук менен колуктусунун баш кийимин (такыя) акырын түртүп түшүрөт же башынан түшпөгөндөй кыйгачтатат. Жоолук жеңесине тиет. Бул жөрөлгө ар кайсы аймакта түрдүүчө өткөрүлгөн. Айрым жерде бир жолу, башка жерде 3 жолу түшүрүлөт, кээде «Оңбу?» «Солбу?» деген суроолор берилет. Такыя саюу жакындашууга суралган уруксатты билдирген жана ошол учурдан тартып күйөө-колукту жубайлар болуп калышат. Салт матрилокалдык нике мезгилинен калган.

**Талаа этнографиясы** — азыркы элдерди алардын салттуу турмуштук маданиятынын айрым компоненттери тууралуу алгачкы этнографиялык маалыматтарды чогултуу максатында түздөн-түз байкоо жолу менен изилдөө. Талаа изилдөөлөрү көбүнчө түздөн- түз байкоо методу менен жүргүзүлөт. Ал стационардык же экспедициялык жол менен ишке ашырылат. Түздөн-түз байкоо жүргүзүү изилденип жаткан элдин салттуу турмуштук маданиятынын түрдүү жактарын бир кыйла терең жана толук изилдөөгө мүмкүнчүлүк берет. Экспедициянын мөөнөтү кыска (бир нече жума) же узак (бир нече ай) болушу мүмкүн; ошол эле учурда экспедиция бир же бир нече талаа сезонуна эсептелиши да ыктымал. Талаа изилдөөлөрүн жүргүзүүдө багыттык же бир жерде туруп, ага жакын аймакты кошо иликтөө кошо колдонулат же алар айкалыштырылат. Экспедициянын биринчи формасында изилдөөчүлөр белгилүү бир багыт боюнча бир орундан экинчиси- не жылып изилдейт, экинчисинде болсо, бир «базалык» объектиде - ири калктуу пунктта изилдөө жүргүзүп, жыйналган маалыматтарды текшерүү жана тактоо үчүн айлана тегеректеги жакын калктуу пункттарга мезгил-мезгили менен чыгып турушат. Акыркы мезгилде этнологияда тест колдонуу чоң мааниге ээ болуп бара жатат.

**Талас жазма эстеликтери** - таш бетине, карапа сыныгына, жыгач таякчага чегилген байыркы кыргыз жазуу эстеликтери. Талас өрөөнүнөн бардыгы болуп 12 эпитафиялык (бейит таштарына жазылган) эстеликтер табылган. Айрым изилдөөчүлөр буга чейин эле жазууларды 6-10-кк. Талас жана ага жамаатташ аймактарды мекендеген кыргыздарга таандык болгон деген көз карашты айтып келишкен. Чындыгында, Талас жазууларында эскерилген «отуз оглан» (отуз уул), Кара Чор (Кара Чоро), Агулт (Ак уул) терминдери кыргыздарда ири уруулук топтордун аталышы катары маалым. Бул этнонимдердин (геноним) аналогдору башка түрк тилдүү элдерден учурабайт. Таанымал түркологдордун далилдөөлөрүндө Талас эстеликтериндеги жазуулардын Энесай жазуулары менен генетикалык жалпылыгы бар. Ал эми Энесай жазуулары (Хакас- Минусин, Тоолуу Алтай, Тува, Краснояр крайы) кыргыздарга таандык экендигин эске алганыбызда, Талас жазма эстеликтерин бабаларыбыз калтырган маданий бермет экендигинде толук негиз бар. Кыргыздардын башка аймактарынан да бул жазма эстеликтердин аналогдору табылып жатат.

***Ад.:** Орхон-Енисей текстери. - Фрунзе, 1982.*

**Талкан** — Улуттук кургак оокаттардын негизгилеринин бири талкан болуп эсептелет. Кыргыздардын байыркы тамактарынын бири, Жүгөрүнү, арпаны жана буудайды кууруп, сокуга талкалап, жаргылчакка же тегирменге тартып алса талкан болот. Урунган аштыкка карап «арпа талкан», «буудай талкан», «таруу талкан» же «жүгөрү талкан» деп атап коёт. Тартылышынан улам «соку талкан», «жаргылчак талкан» деп да айтат. Куурулушуна карап «бышык талкан» десе, адаттагыдай куурулганын «талкан» дейт. Таруу талканды көбүнчө сокуга акталган соң жаргылчакка тартып алат. Талкандан ар кыл аш, жарма жасалат. Айран, кымызга чалып ичет. Сүткө, каймака же майга көөлөп жейт. Талканда ар бир аштыкка мүнөздүү пайдалуу заттар толук сакталат. Ошон үчүн ал жагымдуу, аш болумдуу келет.

**Тамыр.** 1). Көзү өткөнчө дос болууга антташкандар «тамыр» аталышат. Достошуунун алдында элди чакырып, жандык союп сыйлашат. Эл алдында ант беришет, куранды өөп, чекесине тийгизишет. Эгерде тамыр болгондор бири-биринин үйүнө келгенде тамыры жок болуп калса, анда анын үйүнө кожоюндук кыла алышкан. Аялы, жигиттери анын буйругун эки кылган эмес. Тамыр болгондор бири-биринин өтүнүчүн сөзсүз аткарууга милдеттүү болушкан. 2). Ата-теги бир туугандыкты да билдирет.

**Тархан** — байыркы жана орто кылымдарда Кыргыз каганатың. дагы мамлекеттик-башкаруу титулу. Даркан 1. Согуштук куралдарды жасоочу уста; 2. өтм. Ардактуу, касиеттүү, ыйык, кадырлуу, сыймыктуу. Монгол тилинде: Дархан: 1. Уста, устакана; Дархан 1. Ыйык, аяр, кол тийбес; 2. Мамлекеттик ар кандай милдеткерликтен бошотулган эркин адам. Дархандар байыркы жана орто кылымдардагы Кыргыз кагандарынын сарайында «кол тийбес укугуна ээ болушкан». Тархан (Дархан) мамлекеттин алдында аткарган өзгөчө кызматы үчүн салыктын жана милдеткерликтин ар кандай түрлөрүнөн бошотулуп, өзү каалаган жерге же аймакка көчүп- конуп жүрө алчу укугуна ээ болгон. Бул мамлекеттик-саясий титул жана ага тете жеңилдиктер тархандарга түбөлүк берилген. Бул титулга белгилүү аскер башчылары, мамлекеттик чиновниктер, эл-журт башчылары ээ боло алышкан. Тархандар кыргыз кагандарынын негизги таянычтары болушкан. Байыркы түрк доорунда темир уста бир эле учурда шамандык жана кагандык милдетти аткаргандыгын аныктаган фактылар бар. Бул мисал темир устанын коомдогу ээлеген ордун чагылдырган. Болжолу, дархандар монгол коомундагы өзгөчөлөнгөн ак сөөктөрдүн катмарын түзүшкөн. Тагдап - Э.Пуллиблэнктин пикиринде титул катары эзелки хунну доорунан эле белгилүү болгон. Кытайдын Хан династиясынын доорундагы хуннулардын «шанюй» титулу кытай транскрипциясындагы «tarqan» маанисине дал келет. Бул титул байыркы түрк доорунда да кенен колдонулган. Таш бетиндеги жазууларда Тонукук «бойла бага таркан», ал эми Мочжо жана Дусифу «шад жана абгу» титулдарына ээ болушкандыктары чагылдырылат. Этностук жана топонимикалык аталыштар катары Дархан//Тархан кенен ареалды кучагына камтыйт. Этностук аталыш адегенде байыркы булгар (болгар) урууларынын курамынан кезигип, конфедерациядагы аристократиялык уруу катары белгилүү болгон. Айрым эмгектерде этногенетикалык жактан «тархан» этноними дунай болгарлары, венгер, волгалык болгарлар, чуваш жана башкырлардын ортолугундагы этностук байланыштарды да чагылдырат. Этноним «дархат» формасында казак, ордостук монголдордо жана туваларда, дархан (тархан) вариантында бүгүнкү түркмөн, башкырлардын урууулук курамдарынан кездешет. Түркмөн тилинде бул сөз «мамлекеттин алдында аткарган зор кызматы үчүн айрым милдеткерликтен бошотулгандар» маанисин түшүндүрөт. Демек, «тархан» сөзүнүн баштапкы мааниси «эркин», «кол тийбес», «милдеткерликтен бошотулган» дегенди түшүндүрөт деген тыянакка келүүгө болот. «Манас» эпосунда Даркан деген эпизоддук кейипкер, белгилүү уста баяндалат. Эпостун айрым варианттарында Манас үчүн Даркан ак болоттон кылыч жасап берет. Тархан - чекир саяк уруусундагы күн чубактын курамындагы урук катары белгилүү.

***Ад.:*** *Кузеев Р.Г. Происхождение башкирского народа. -М„ 1974; Кляшторный С.Г. Древнетюркские рунические памятники как источник по истории Средней Азии. –М., 1964; Кляшторный С. Г. Древнетюркские рунические памятники как источник по истории Средней Азии. –М., 1964.*

**Тарыхый этнография** — жок болуп кеткен алгачкы коомдорду, алардын социалдык мамилелеринин жана маданиятын изилдөөчү, аларды теориялык мүнөздө калыбына келтирүүчү өз алдынча илимий багыт. Тарыхый этнографиянын негизги булагы болуп саякатчылардын баяндамалары, миссионерлердин күндөлүк каттары, юридикалык документтер, фольклордук жаздыруулар ж.б. эсептелет. Алардан башка лингвистикалык, ономастикалык, археологиялык материалдар пайдаланылат. Тарыхый этнография жок болуп кеткен алгачкы маданияттарды гана эмес, азыр жашап жаткан элдердин коомунун өткөн тарыхый этаптарын да калыбына келтирет. Ал бир эле коомдук өнүгүүнүн түрдүү этаптарындагы абалын салыштырууга, маданиятынын

эволюциясына көз жүгүртүүгө мүмкүнчүлүк берет. Тарыхый этнографиянын алгачкы мектептеринин бири Франциядагы европалык аң-сезимдин жана менталитеттин эволюциясын изилдеген «Анналдар» мектеби эсептелет.

**Тарыхый-этнографиялык областтар** - тарыхый тагдырынын, социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн бирдей, өз ара мамилелеринин таасирине байланыштуу окшош, жалпы маданий, турмуш- тиричилик өзгөчөлүктөрү калыптанган аймактар. Ал өзгөчөлүктөр материалдык маданиятта, турак-жай типтеринде, унаа каражат- тарында, тамак-ашта, үй-буюмдарында, кийим-кечеде ж.б. ошондой эле салттуу руханий маданиятта (диний ишенимдер, салттар, үрп-адаттар ж.б.) байкалат. Тарыхый-этнографиялык областтар ал жерде жашаган элдер тарабынан аңдалбашы да мүмкүн жана алар атайын этнографиялык изилдөөлөрдүн жүрүшүндө ажыратып көрсөтүлөт. Тарыхый-этнографиялык область тарыхый категория, алар этностордун жана алардын топторунун бир аймакта өнүгүү процессинде пайда болот, өнүгөт жана жок болот. Тарыхый-этнографиялык райондоштуруу үчүн жашоо ыңгайын жана материалдык маданиятты мүнөздөө гана эмес, ой-жүгүртүү стереотиптери, диний түшүнүктөр жана элдик чыгармачылык менен байланышкан рухий маданияттын өзгөчөлүктүү формаларынын да мааниси бар. Маданияттын айрым элементтеринин жана алардын комплекстеринин ареалы көп учурда этностук жана тилдик ареалдар менен дал келе бербейт; бир аймакта түзүлгөн маданият типтери доор алмашкан сайын өнүгүп жана өзгөрүп турат. 16-к. тартып Европада капитализмдин өнүгүшүнүн башталышы менен европалык державалардын Түштүк жана Түндүк Американын өлкөлөрүн, кандайдыр бир даражада Түштүк жана Түштүк-Чыгыш Азиянын өлкөлөрүн, кийинчерээк Африканы, Австралия менен Океанияны басып алуусу тарыхый-этнографиялык областтардын мүнөзү менен структурасына бир кыйла таасир берген. Маданий жетишкендиктерди (айыл чарба өсүмдүктөрүн континенттер арасында алмашуу, айдоо дыйканчылыгынын таралышы ж. б.) алмашуу кеңейди; товардык-экономикалык байланыштардын таасири өстү. Жаңы мезгилдеги тарыхый-этнографиялык областтардын тарыхында айрым региондор менен өлкөлөрдүн социалдык-экономикалык өнүгүү темпинин бир кылка эместиги, аборигендер менен келгин калктын маданияттарынын өз ара аракеттешүүсү, саясий чек аралардын салыштырмалуу туруктуулугу да чоң роль ойногон. Татаал тарыхый-маданий процесстер тарыхый- этнографиялык провинциялардын, областтардын жана райондордун иерархиялык системанын түзүлүшүнө алып келди. Негизги бирдик болуп тарыхый-этнографиялык область эсептелет жана ал кичирээк областтарга жана райондорго бөлүнөт. Областтардын тобу ири регионго же провинцияга биригүүсү мүмкүн. Илимде белгилүү 16 тарыхый-этнографиялык географиялык провинцияларды бөлүп көрсөтүүгө болот: Батыш-Борбордук Европа, Чыгыш Европа, Кавказ, Орто Азия-Казахстан, Сибирь, Борбор Азия, Чыгыш Азия, Түштүк-Чыгыш Азия, Түштүк Азия, Түштүк-Батыш Азия (Алдыңкы Азия), Түндүк Африка, Тропикалык Африка, Түндүк Америка, Латын Америкасы, Австралия, Океания.

**Тарыхый этнологиядагы америкалык мектеп (Ф.Боастын мектеби)** - 19-к. акыркы он жылдыгында Франц Боас негиздеген илимий мектеп. Ф.Боас этнологиядагы бардык мектептерди (эволюционизм, диффузионизм, функционализм) жетишерлик универсалдуу эмес деп четке каккан. Ал этнографиялык материалдарды кайрадан жыйнап, бара-бара жаңы усулдарды, жаңы теорияларды иштеп чыгып, соңку корутундуларды жасоого чакырган. Ф.Боастын окуучулары жана ишин улантуучулары: К.Уайт, А.Кребер, А. Гольденвейзер, Р.Лоун, П.Радин, Л. Уайт. Алардын көрүнүктүүсү А. Кребер. Мектептин негизги жоболору:

- этнология ар бир элди ар тараптан: тилин, маданиятын, антропологиялык тибин изилдөөгө тийиш;
- түрдүү элдердин маданияттарынын өз ара карым-катнашы белгилүү бир географиялык аймактагы маданий жалпылыкты түзөт; элдердин өз ара алакаларынын конкреттүү формаларын, айрым маданий элементтеринин диффузиясын ошол аймактын гана чегинен издөө керек;
- адамзаттын жана анын маданиятынын өнүгүшү жалпы мыйзамдардын негизинде өнүгөт; ал мыйзамдарды таанып-билүү татаалга турары талашсыз; өнүгүүнүн жалпы мыйзамдарын таанып билүүдө кубулуштардын сырткы окшоштугуна карата жаңылбоо зарыл, себеби алар маңызы жана түпкү теги жагынан ар түрдүү болуп калышы мүмкүн;
- бир элдин моралдык баалоо критерийлерин башка маданияттагы элдерди баалоодо колдонуу жарабайт; ар бир элдин өзүнө тиешелүү социалдык идеалдары, моралдык нормалары тарыхтын жүрүшүндө калыптанат.

**Татарлар** - Россия Федерациясынын Татар Республикасынын калкы. Татарлар Башкортостан, Марий-Эл, Мордва, Удмуртия, Чуваш Республикасы, Свердловск, Пермь, Саратов губерниялары, Казахстан, Өзбекстан, Кыргызстан ж.б. жерлерге кенен тарап отурукташкан түрк тилдүү калк. Соңку эл каттоодо (2003-ж.) татарлар Россия Федерациясында саны жагынан орустардан кийинки экинчи орунга чыккан. Түрк тилдеринин генеалогиялык жиктелүүсүндө кыпчак тилдеринин кыпчак-булгар бутагында сүйлөшөт. «Татар» этноними түрк тилдүү этностордун көпчүлүк бөлүгүнө сырттан берилген ат болгон. Мисалы, Астрахан татарлары, Крым татарлары, Касимов татарлары, Литва, Белорус, Перм (пермяк), Сибирь татарлары ж.б. «Татар» этноними 13-к. монгол тилдүү уруулар менен бирге келген энчилүү ат. Этностук аталыш Чыгыш Европа ж.б. түрк тилдүү урууларга сырттан берилген энчилүү ат (экзоэтноним). Казань татарлары волгалык булгарлардын урпактарынан 15-16-кк. чегинде, Казань хандыгынын мезгилинде калыптанган калк. Ал эми «татар» этноними 19-к. экинчи жары-мында казандык мишар-татарлар тарабынан кабыл алынып, ал эми орто диалектилерде 20-к. 20-ж. гана бекиген. Казань хандыгынын тушунда белгилүү болгон «булгар» этнонимин «татар» деген энчилүү ат сүрүп чыгарган. Бул татарлардын айрым бөлүктөрү өздөрүн «ногой» деп аташкан. Ошондуктан казактар жана каракалпактар татарларды бүгүнкү күндөрү да «нугай» деп аташары белгилүү. Б.з. 922-ж. Булгар хандыгында, андан соңку Казань хандыгынын мезгилинде, Россияга каратылган мезгилден (1552-ж.) 1917-ж. чейин араб ариби колдонулган. Татар тили (адабий тили) 16-к. чейин эле түптөлүп, калыптана баштаган. Татар жана башкыр тилдеринин өнүгүп, калыптанышында кыпчак урууларынын тилдери да өз таасирин тийгизген. Орто Волга аймагынын татарларынын этностук тарыхында Волга жана Прибайкал аймактарына б.з. 6-7 кк. журт которуп келген Волга-Кама болгар ж.б. түрк уруулары, финн-угорлор алгачкы пайдубалын түзүшкөн. 10-к. баш чендеринде калкынын негизги бөлүгү ислам дининдеги волгалык Булгария мамлекети калыптанат. Огуз тилдүү уруулар (печенег, боут, каспич ж.б.), кыпчактар да бул процессте жигердүү орунду ээлешкен. Алтын Ордо жана андан соңку доорлордогу мамлекеттик түзүлүштөрдө кыпчак уруулары, ногойлор ж.б. бүгүнкү татар этносунун калыптанып, өнүгүүсүндө олуттуу орунду ээлешкен.

***Ад.:** Языки Мира: Тюркские языки. -Б.: 1997.*

**Таяке** — эненин бир тууган ага-инилерине, аталаш туугандарына карата жээндердин туугандыгын аныктаган аталыш.

**Тегирмен, майдалагычтар** - дан, минералдар жана башка заттарды майдалоочу чарбалык шайман. Адам баласы дан өсүмдүк- төрүн өстүрүүнү өздөштүргөндөн соң, ошол дан өсүмдүктөрү майдалагычтардын пайда болушуна алып келди. Ал

ортосунда оюгу бар төмөнкү таштан жана кыйла ичке, томпок келген үстүнкү таштан жасалат. Үстүнкү ташты айландырууда буудай унга айланат. Ал үчүн буудай катуу болуш керек, ошондуктан аны кууругандан соң тегирменге салышкан. Неолит (жаңы таш доору) доорунан тартып майдалагычтардын археологиялык үлгүлөрүн калкы отурукташкан дыйканчылык менен кесиптенген бардык турак-жайлардан көптөгөн санда табылып келет. Ал үбөлөнбөгөн жергиликтүү таштан жасалган. Өнүккөн элдерде жергиликтүү майдалагычтардагы оор жумуш «кул эмгеги» катары эсептелинген жана ошол кезге таандык сүрөттөрдөн көрүнүп тургандай, адатта, аялдар иштеген. Күкүмдөлгөн керамика боектору да тегирмен менен майдалагычтарда даярдалган. Алардын иштөө принциби майдалагычтардан тегирменге толук өтүүнү талап кылган. Астыңкы тегерек таштын ортосу тешилип, ага жыгач ок өткөрүлөт. Ортосу тешилген үстүнкү таш да окко бекитилет. Оксуз айланган тегирмендер да бар. Алардын таштары бири-бири менен чиркелгендей жасалат. Үстүнкү ташты айландыруу үчүн тешик жасалып, ага жыгачтан кармагыч кийгизет. Коло доорунда айлануучу тегирмендердин болгондугу али далилдене элек. Грецияда б.з.ч. 480-ж ченде айлануучу тегирмен имерилүүчү тегирмен менен алмаштырылган. Жогорку таштын жыгач алкагы кыймылдын багытын өзгөртүп оңго-солго кыймылдай турган кылган. Төмөнкү таш алкактын сегменти формасында жасалып, анын борбору сектор формасындагы жогору таштын айлануу точкасы болуп кызмат кылат. Бул тегирмен кен иштетүүдө да колдонулган. Тегирменди андан ары өркүндөтүү адам күчүн мал күчү менен алмаштыруу аркылуу жүргүзүлгөн. Бул б.з.ч. 300-ж. ченде айлануучу кыймылга кайра өтүүгө мүмкүндүк берген. Мал чегүүгө мүмкүн болуш үчүн тегирмен таштын формасын өзгөртүүгө туура келет: конус түрүндө томпок жасалган астыңкы ташка конус түрүндө оюгу бар үстүңкү таш кийгизилет. Астыңкы ташка кыймылсыз ок бекитилет. Атайын рама аркылуу чегилген мал үстүңкү ташты октун айланасында айландырат. Мындай тегирменде керектүү сапаттагы ун алуу үчүн үстүңкү ташты көтөрүп же ылдыйлатып турууга мүмкүн болгон. Мындай тегирмен кен иштерине да пайдаланылган. Тегирменге бекем трахит ташы колдонулган. Б.з.ч. I миң ж. Европанын жана Азиянын башка райондорунда да экспорт үчүн тегирмен таш жасаган борборлор пайда болот, анткени алардын колунда ага ылайыктуу таш бар эле жана усталар жогорку чеберчиликке жетишкен. Рим империясында кеңири колдонулган мындай тегирмен б.з.ч. 90-ж. ченде Кичи Азияда (Понтий падышалыгы, Митридат VI падышалыгы) кыймылга келтирүүчү дөңгөлөктүн табылылышына байланыштуу өзгөрүүгө Учурады. Эми тегирменге кадимкидей томпок таш пайдаланыла баштайт. Кыймылга келтирүү үчүн суу дөңгөлөгүнүн ордуна шамал күчү пайдаланыла баштайт. Ал эки баскыч менен ишке ашты. Алгач б.з.ч. I миң жылдыктын аягында Иранда кемелердин Үлгүсүндө парустуу тегирмендер жасалат. Алар византиялыктар, арабдар аркылуу Европа, балким, Испанияга же Грецияга жеткен. Чыныгы жел тегирмендер 1430-ж. ченде пайда болгон. Анда түрдүү багыттагы шамалды пайдаланууга мүмкүндүк берген тетиктер кошулган. Зарылдыгына жараша техникалык жаңылыктар киргизилип отурган. Чоң дарыяларга сүзүп жүрүүчү тегирмендерди курушкан (алгач Римде); жүк тартуу принцибин (саат мунараларындагыдай) колдонушкан; акырында эски конструкция жаңы тегирмен менен алмаштырылган. Ал Испанияда табылган. Англияда ун жасоо үчүн колдонулган. Англиядан Америкага жеткен. Америкадан 19-к. бүт дүйнөгө тарайт. 1800-ж. англиялык тегирмендерде буу кыймылдаткычы пайдаланыла баштаган. Тегирменде данды ун кылгандан кийин артынан элөө процесси аткарыла баштайт. Элөө 1504-ж. Нюрнбергде механикалаштырылган эле. Кыргыздарда тегирмен эзелтеден эле белгилүү болгондугуна жазуу булактары, Саян-Алтайда кыргыздар калтырган эстеликтер далил боло алат.

Кытай жыл баяндары кыргыздар эгиндин бир канча түрүн себишерин кабарлайт. Учурда Хакас-Минусин ойдуңунда сууга жакын жерлерде жаткан айрым таштарды хакастар «кыргыз тегирмендери» деп аташат. Мындан орто кылымдардагы кыргыздар суу тегирменин пайдаланышкандыктарын билүүгө болот.

**Тейит** - ичкиликтер (Булгачылар) уруулук тобундагы ири уруулардын бири. Уруунун тегинин байыркылыгын анын курамындагы түрк-огуз, кыпчак ж.б. этнокомпоненттер аныктайт. Мисалы, геклең, текрен, кызыл баш, эрсары ж.б.у.с. Мындан сырткары, бул уруунун ичинде энесайлык кыргыздарда, Борбордук Азиянын башка түрк-монгол элдеринде учураган этнокомпоненттер кездешет. Өлкөбүздө тейит уруусунун өкүлдөрү Лейлек, Баткен, Ноокат, Сузак, Өзгөн райондорунун аймактарында жашашат. Тейиттердин бир бөлүгү Афган жеринде, Түркияда, Тажикстан (Жерге-Тал, Нау, Пролетар, Мургаб), Өзбекстандын (Жизак, Сырдарыя, Ташкент облустары) айрым аймактарын эзелтеден байырлап келишет. Тейиттер кыргыз этносунун пайдубалын курууда негизги роль ойногон уруулардын бири.

**Темир.** Кыргыздар темирге (металл катары) байыртадан өзгөчө маани берип, турмуш-тиричилигине өтө кенен пайдаланышканы кытай ж.б. тилдүү жазма булактарда чагылдырылат. Темирди иштетүү адам баласынын турмушунда терең төңкөрүш жасап, адамдын акыл-эсинин, эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн өсүшүнө алып келген. Темирдин коомдо, коомдук мамилелердеги өзгөчө ролу жогорулаган. Темир сапаты жагынан колодон, жезден ж.б. металлдардан артыкчылыгы бар эле. Махмуд Кашгари кыргыздар ябаку жана кыпчактардай эле темирге өтө урматтоо менен мамиле жасашкандыктарын жазат:» ...алар (кыргыздар) шерт бергенде (касам ичкенде), кимдир бирөөгө убада кылганда кылычты кынынан алып, эгер убада бузулса көк кирип, кызыл чыксын, канга бөлөнүп чыксын. Бул шерт бузулса темир сени өлтүрсүн, үч өлсүн дешет. Алар (кыргыздар) темирге аздектеп мамиле жасашат». Кыргыз темир кенчилери өндүргөн металлдардын сапаты, кол өнөрчүлөрдүн жасаган буюмдары Кыргыз каганатынан алыскы жерлерге белгилүү болгондугун кытай жыл баяндары кабарлаган. Маселен, Тума - хакас тилинде «темир устанын сактоочусу, колдоочусу» дегенди туюнтса, кет тилдеринде «кара» маанисин түшүндүрөт. Байыркы кыргыз (түрк) каганы бир эле учурда башкы темир устанын функциясын да аткарган. Эзелки көчмөн түрк тилдүү элдерде темир уста шамандардын коомдогу таасири аябай күчтүү болгон. Демек, байыркы кыргыздарда да шаман (кем) жана темир уста синонимдеш түшүнүктөр болгондугун байкоого болот. Шамандардын жана темир усталардын генетикалык-ритуалдык байланышын байыркы түрктөрдүн (кыргыздардагы.) турмушундагы, чарбасындагы темир устанын ээлеген ордун тастыктайт. От менен байланышкан темир усталардын коомдогу кесиби ыйык эсептелип, замандардын түпкүрүнөн адамдардын эс-акылында жашап келе жаткан от кудайын чагылдырат. Темир - баргы, басыз, бугу урууларынын курамдарындагы уруктар катары белгилүү.

**Теңир** - түрк-монгол тилдеринде сүйлөгөн элдердин байыркы эң жогорку кудайынын аты. Теңир алтайча - тенгри, тенгери, шор тилинде - тегри, хакасча - тигер, тува тилинде - дээр, чуваш тилинде тура, якутча - тангара, монгол тилинде - тэнгэр, бурят тилинде - тенери, калмак тилинде - тэнгэр түрүндө айтылат. Теңир - илим адамдарынын пикирлеринде Борбордук Азияда, тагыраак айтканда, Саян-Алтайда пайда болгон. Теңирге хуннулар, өз учурунда кыргыздар да ишенишкен. Соңку мезгилдерде теңир жана теңирчиликти изилдеп үйрөнүү иш-аракеттери кызуу колго алынууда.

**Тергөө** - келинге күйөөсүнүн урук-туугандарынын атын (аялдардын да, эркектердин да) атоого тыюу салынгандыктан аларды башкача ат менен атоосу.

Келин кайындарына кебете-кешпирине, кесибине ж.б. өзгөчөлүктөрүнө байланыштырып ат койгон. Мында келиндин баамчылдыгы, тапкычтыгы талап кылынган. Бул түрк элдеринин көпчүлүгүнө тиешелүү салт. Бир катар түрк элдеринде, анын ичинде кыргыздарда да, келиндин тергөөдөгү тапкычтыгына таң кала айтыла жүргөн мындай сөз бар: коюна карышкыр тийген койчу келинин айылга бычак, кайрак алып келүүгө жумшайт. Аталган нерселердин баары кайындарынын аттары болуп чыгат. Келин айылга келип: «Маарамага улума тийиптир, атам кайрама менен бүлөмө алып кел», - деди деп айткан экен.

**Тери иштетүү** - мал, жаныбарлардын терисинен чарбалык, турмуш-тиричилик муктаждыктары (кийим, бут кийим, идиш-аяк, ат-жадбыктары ж.б.) үчүн жарактуу материал алуу иши. Терини иштетүү аны эттин калдыктарынан, майдан, чел кабыктан тазалоо, анын жумшак, бекем, ийкемдүү, суу өтпөс болушуна жетишүү сыяктуу процесстерди камтыйт. Натыйжада булгаары (жүнү тазаланып жасалган) же мех алынат. Тери иштетүү байыркы аңчылардын чарбалык ишмердигине байланыштуу келип чыккан. Терини иштетүү боюнча алгачкы археологиялык маалыматтар жогорку палеолитке тиешелүү. Таш кыргычтар - эмгек куралдарынын эң байыркыларынын бири - терини тазалоого пайдаланылышы толук ыктымал. Бул куралдардын жогорку палеолиттен тартып бардык жерде таралышын да тери иштетүүнүн машакаттуулугу, аталган куралдардын узакка пайдалынылышы менен түшүндүрүүгө болот. Балким, таш доорунда эле тери иштетүүдө башка материалдардан жасалган куралдар да пайдалынылышы мүмкүн. Мисалы, археологиялык казууларда бугунун мүйүзүнөн жасалган куралдар, сөөктөн жасалган кыргычтар, тарактар табылган. Алар эскимостордун тери иштетүүдө колдонуп жүргөн куралдарына окшош. Неолит доорунда терини иштетүүнүн химиялык ыкмалары белгилүү болгон деп болжолдоого негиз бар. Тери иштетүүнүн өркүндөшү мал чарбачылыктын өнүгүшүнө, көпчүлүк элдерде өз алдынча кол өнөрчүлүк катары бөлүнүп чыгышына, булгаары, мех жасоодо фабрикалык өндүрүштүн таралышы менен байланыштуу. Тери иштетүү чарбалык-маданий жана экологиялык факторлор менен шартталган аймактык, этностук өзгөчөлүктөрүнө ээ. Ал кандай териге артыкчылык берүүдөн, иштетүү ыкмаларынан, куралдарынан алынган продукциясынынын түрлөрүнөн, аны пайдалануу ыкмаларынан, айрым элдерде тери иштетүүнүн көптөгөн салт- жөрөлгөлөрдүн өзгөчөлүктөрүнөн көрүнөт. Тери иштетүүдө, аны этнографиялык аспектиде иликтөө үй жана кол өнөрчүлүк өндүрүшүнө байланыштуу изилденет. Булгаары чийки затынын негизги түрлөрү болуп уйдун, жылкынын, койдун, эчкинин, чочконун, төөнүн, эшектин, рептилиялардын (крокодил, жылан ж.б.) айрым түрлөрүнүн терилери эсептелет. Түндүк Азия элдери негизинен бугунун терисин, бир катар Африка элдери антилопанын, газелдин, чөөнүн терилерин иштетишет. Айрым балыкчылык менен кесиптенишкен (Төмөнкү Амур, Сахалин ж.б.) жана деңиз жаныбарларына аңчылык кылуучу элдер (чукчалар, коряктар ж.б.) балыктын, деңиз жаныбарларынын терисин иштетишет. Тери иштетүү процесси көпчүлүк элдерде бир катар ырааттуу процесстерди камтыйт: 1) даярдоо; 2) ийлөө; 3) коздоп жасалгалоо. Даярдоо иштери төмөнкүлөр: 1. Терини сууда кармоо - майларын тазалап, жумшартуу. 2. Кыргыч аспаптардын жардамы менен чел кабыгын тазалоо. Аспаптар таштан, сөөктөн же металлдан жасалышы мүмкүн. Айрым элдер бир нече түрүн пайдаланышы мүмкүн. Кыргычтарды пайдалануу ыкмасы түрдүү элдерде ар башка болушу мүмкүн. Көбүнчө чел кабыгын алардан мурда малмага салышат. 3. Жүндөн арылтуу (булгаары даярдалып жатса). Ал үчүн көбүнчө акиташтын суусун же акиташы бар заттардын (куш кыгы, иттин заңы ж.б.) эриндисине чыланып жумшартылат. Же болбосо терилерди эт жагы менен беттештирип жыйып коюшат, ал ачып аммиак бөлүп чыгарат жана терини

жумшартат. 4. Жүндөн арылтуу бычак же кыргычтар менен, ошондой эле атайын тарак менен тароо аркылуу жүргүзүлөт. Айрым африкалык элдер кумташты күкүмдөп жүндү түшүрүү үчүн пайдаланышат. 5. Ашатуу - териде калган акиташты кетирүү. Ал үчүн түрдүү ачыткы кошулган массага салышат. Орустарда ж.б. европалык элдерде таралган. 6. Пикелдөө - терини туздуу же кислоталардын эритмеси менен чайкоо. Ал терини жумшак, ийкемдүү кылат. Европалык өлкөлөрдүн көпчүлүгүндө, Жакынкы Чыгышта кенен таралган. 7. Кургатуу үйдүн ичинде же эшикте, күндө же көлөкөдө, илип же жайып атайын кергичте кургатышат. Даярдоо иштеринин натыйжасында жыдытылган, малмага салууга, ийлөөгө же ийленген өзгөчө сорттогу иштетүүгө даяр тери алынат. Мисалы, пергамент, чылгый тери көптөгөн элдер тарабынан турмуш-тиричиликке, чарбалык муктаждыкка керектүү буюмдарды (кайыш кур, аттын кайыш жабдыктары ж.б.) жасоого кеңири пайдаланылат. Чылгый терини иштетүүнүн өзгөчө ыкмалары бар. Адатта жыдытылган терини малдын майы менен сүрүп, тери алышат. Түштүк Азиянын бир катар элдери терини туздуу сууга кайнатып, нефти майы менен сүрүп кургатышат. Ийлөө бери болгондо неолиттен бери белгилүү. Өсүмдүктөр, минералдар, аралашма, малдын майы, альдегид менен ийлөөнү айырмалап көрсөтүүгө болот. Көпчүлүк европалык элдер үй өндүрүшү, кол өнөрчүлүк шарттарында дуб, тал кабыктарынан, калгандын тамырынан ж.б. алынган ийлегич кислотаны пайдаланышкан. Даярдалган териге аны себелеп, узак убакытка чейин (кээде эки жылга чейин) атайын идишке салып коет. Мындай себелоо ыкмасы Байыркы Египетте да колдонулган. Өсүмдүктөрдү пайдаланып ийлөөнүн дагы бир жолу - концентратты улам көбөйтүп олтуруу ыкмасы болот. Россияда байыркы мезгилден эле ачытылган дандын суусун пайдаланып ийлешкен. Европанын жана Азиянын көчмөн элдери тери ийлөөдө айран ж.б. сүт азыктарын кеңири пайдаланышкан. Ага чириген дарактын үбөлөндүлөрү, чай, же балыктын бышырылган боору (алтайлыктар, хакастар ж.б.), туз (калмактар, буряттар, моңголдор ж.б.) кошушкан.Бул кошулмалар менен теринин бетин шыбап, бир же эки сутка коюп коет. Сибирдин түндүгүндөгү элдер жакынкы күнгө чейин эле өтө жөнөкөй ыкма менен тери ийлеп келишкен. Ал үчүн жаныбарлардын заарасын же ички оргaндарын, көбүнчө бугунун бышырылып майдаланган боорун, балыктын ичек-чабактарын (түндүк якуттар, чукчалар, коряктар, эвенктер, эвендер), бугунун мээсин (нганасандар), балыктын өтүн (селкуптар) пайдаланышкан. Терини кол менен же тебелеп ийлешкен, атайын куралдарды пайдаланышкан. Андай куралдар болуп металлдан же жыгачтан жасалган үбөлүктөр, эки учу сапталган ийри бычак кызмат кылган. Тери ийлөөдө колдонулган куралдар да түрдүү элдерде ар башкача формада болгон. Айрым элдерде тери ийлөө ритуалдык кыймыл-аракеттер менен коштолот. Мисалы, бантуларда өгүздүн терисин эркектер ритуалдык хордун коштоосунда ийлешкен. Сибирдин, Африканын, Океаниянын айрым элдери ийлөө ыкмаларын билишкен эмес. Коэздоп жасалгалоо иштери тазалоо, чоюу, боёо, орнамент салуу ж.б. иштерди камтыйт. Көпчүлүк элдер суу өтпөс жана чирибес үчүн териден жасалган буюмдарды ыштыкташат. Ал үчүн атайын ыштык жасалат. Булгаарыны боёо үчүн көпчүлүк элдер адатта май, малдын майы аралаштырылган ышты ( кара түс) охра же жошо (күрөң түс), ольха кабыгынын тунмасын күлгө аралаштырып (күрөң түс - якуттар, эвенктер ж.б.), анардын кабыгын (кара-күрөң түс - Түндүк Африка элдери) ж.б. пайдаланышкан. Мехти боёо үчүн Россияда ж.б. европалык өлкөлөрдө ляпистин эритмеси колдонушкан. Тери ийлөөдө түрдүү сапаттагы, сорттуу булгаары алынат. Булгаарынын белгилүү сорттору: замша, юфть, лайка, сафьян. Тери иштетүүнүн ыкмаларынын, эмгек куралдарынын пайда болушу, анын типологиясы этнография илими тарабынан такталып чыга элек.

**Тилдик уя.** Бул илимий термин этнография илимине лингвистикадан кабыл алынган. Дүйнөдөгү элдердин келип чыгышы жана алардын тектери тилдик уяларга бөлүштүрүү аркылуу иликтенет. Мисалы, алтай тилдеринин уясы этногенетикалык жана этномаданий алакаларынын башаты жакын болгон (протоалтай мезгилинде) үч тилдик топко ажырайт: түрк тилдери, тунгус-манжур тилдери, монгол тилдери. Кыргыз тили бул классификация боюнча түрк тилдерине кирет. Ири тилдик уяларга индоевропа, дравид, индоиран, алтай, ханзу ж.б. тилдик уялары кирет.

**Тогуз коргоол** - кыргыздардын байыртадан сакталып жана өнүгүп келе жаткан улуттук акыл оюну. Тогуз коргоол - эзелтеден кыргыздын акыл-ой байлыгынын казынасы, көчмөн турмуштун, жоокердик мамилелердин сырдуу түйүнү жана көпчүлүктүн черин жазып эрмектөөчү ортолук оюну. Тогуз коргоол оюну боюнча мелдештер республикалык (мамлекеттик) деңгээлге көтөрүлүп, атайын жергиликтүү, райондук, облустук, аймактык, республикалык биринчиликтер такай уюштурулуп турат.

**Токуу** — белгилүү, дайыма кайталанып туруучу ыкмалардын жардамы менен жиптен илинчектерди жасоо аркылуу жасалгаларды жасоо техникасы. Илинчектер жиптерди биринин үстүнө экинчисин таштоо, чырмалыштыруу, ошондой эле түйүндөө жолдору менен жасалат. Токуу кол менен да, механикалык жол менен да жүргүзүлөт. Кол менен токууда манжалар менен же илмек, чөлмөк ж.б. каражаттар менен иштөөгө болот. Археологиялык маалыматтарга жана азыркы аңчылык, жыйноочулук, балыкчылык менен тиричилик кылган элдерде кездеме жасоонун таралышына таянып, жогоруда аталган ыкмалар маданияттын эң алгачкы баскычтарында эле пайда болгон деп айтууга болот. Мындай жасалгаларды азыр Түштүк Америкада, Жаңы Гвинеяда жана Австралияда кезиктирүүгө болот. Бул ыкмалар менен буюмдарды ташуу жана сактоо каражаттары, аңчылык жана балыкчылык торлору, кийим, коаздук буюмдары, эс алуу жана түнөө жайлары (Түштүк Америкадагы гамактар), сыйынуу буюмдары ( Жаны Гвинеяда бет кап, бийлөөчүлөрдүн шарттуу белгилери) жасалган. Узун ийнелер жана илмек менен токуу маданияты кыйла жогору турган элдерде тараган, бирок эрте дыйканчылыктагы элдерде да жолугат. Илмек, Узун ийнелер менен токуу ыкмасы өнүккөн жерлерде эски ыкмалар Унутулган. Уруулук коомдо токуу көбүнчө аялдардын жумушу болгон, ага эркектер да аралаша алган. Кол менен токуу көбүнчө узун ийнелер аркылуу ишке ашырылган. Ийнелер жиптин жоондугуна карата жасалган жана байпак, кол кап ж.б. токулган. Узун ийнелер менен токуу Афганистанда, Турцияда, Сирияда, Монголияда, Түндүк Кавказ элдеринде эзелтеден кеңири колдонулган.

**Топонимика.** Жер-суу аталыштарын иликтөөчү илимдин тармагы. «Топос» - «жер»,«онома» - «ат, аталыш» маанилерин туюнтат. Гидроник, ойконим, ороним ж.б. тармактары бар.

**Топонимдер.** Жер-суу аталыштары даректүү тарыхый булактар, фольклордун материалдары, этностук аталыштар, археологиялык табылгалар ж.б. сыяктуу эле илимий негиздүү маанилүү тарыхый маалыматтарды берери белгилүү. Мындан сырткары, жер- суу аталыштары байыркы доорлордун түпкүрүнөн мааниси жана формалары өзгөрүлбөй сакталып, иликтенүүчү аймактардагы элдердин тарыхый лексикасын, түпкүлүктүү жалпылыгын аныктоодо мааниси зор булак катары кызмат кылат. Географиялык аталыш илимий жана практикалык мааниге ээ болуу менен бирге, коомдук функцияны да аткарат. Андан аймактын жаратылышынын өзгөчөлүктөрү, ландшафтагы көп түрдүүлүк, калктын чарбалык иш-аракеттери, тамыры тереңге кеткен тарыхы, социалдык-экономикалык жана саясий өзгөрүүлөр күзгү сыяктуу көрүнүп турат. Топонимдер өткөн доордун руханий эстеликтери гана эмес, ошол мезгилдеги тарыхтын,

маданияттын өнүгүшүн, аймактагы тилдин жана анын диалектилерин, тилдердин өз ара катышуусун, мамлекеттин өсүп-өнүгүүсүн чагылдырат. Өткөн тарыхый доордун күбөлөрү болгон географиялык аталыштар өтө баалуу тарыхый эстеликтер катары кызмат кылары шексиз. Азыркы тилибизде колдонуудан калган сөздөрдүн формалары, лексикалык маанилери жер- суу аттарында сакталып келери талашсыз. Жергиликтүү аталыштар тарыхый диалектологияны калыбына келтирип, иликтөөдө мааниси зор. Жер-суу аталыштары белгилүү бир тарыхый доорлордо пайда болуп, формасы жана мааниси жагынан айрым өзгөрүүлөргө дуушар болушкан; таралуусу конкреттүү тарыхый окуяларга - элдердин, уруулардын миграциясына, согуштук аракеттерге, маданий, экономикалык жана тилдик алакаларга байланышкан. Бул багытта топонимика тарыхтын, тагыраак айтканда, тарыхый географиянын бир бөлүгү болуп калат. Ошондуктан тарыхчылардын географиялык аталыштарды булак катары пайдалануу менен, бир эле учурда тарыхый географияны жана топонимиканы байытышканы кокусунан эле келип чыккан эмес. Белгилүү изилдөөчү В.А.Никонов: «... энчилүү аттар - булар сөздөр, сөздүн кимдер тарабынан берилгенин аныктап турат. Энчилүү жер-суу аттары ошол жерлерге бекитилип калгандыктан, алар аркылуу белгилүү аймактагы байыркы тилди калыбына келтирип, мейкиндиктеги таралуу чек арасын аныктоого болот. Бул аталыштар көпчүлүк тилдерден эрте пайда болгон», - деп айткан. Мындан сырткары, географиялык аталыштардын жылып жүрүүсү кайсыл гана аймактагы болбосун элдин миграциясын, түрдүү этностордун үстөмдүгүнүн алмашуусун да чагылдырат. Башка өлкөлөр сыяктуу эле Кыргызстандын аймагы узак мезгилдер бою анын топонимиясында из калтырган татаал тарыхый окуялардын чордону болуп келген. Түркүн тилдеги элдердин, уруулардын бир канча ирет көчүп келүүлөрү географиялык аталыштардагы көп катмардын калыптанышына алып келген. Кыргызстандын Саян-Алтайдын, ага жамаатташ аймактардын топонимиясы, анын пайда болуусу, маанилери жалпы бир кыртышта жаралган. Кыргызстандын географиялык аталыштарында кыргыз энчилүү аттары басымдуулук кылат. Мындан сырткары, Кыргызстандын аймагынан байыркы түрк, түштүк сибирдик (Саян-Алтай) жана уйгур-өзбек аталыштары да кездешет. Мисалы, Хакас-Минусин ойдуңунун географиялык аталыштарында түрдүү тилдик катмарлар бар экендиги байкалат. Алардын ичинен эң байыркы катмары кет жана самодий топонимдери болуп саналат. Бирок бул аймактын географиялык аталыштарынын негизги бөлүгү (болжол менен алганда, 70%) хакас (кыргыз) тили менен байланышкан. Бул кыргыздардын Орто Энесай өрөөнүндө миң жылдар бою өкүм сүргөн үстөмдүгүн аныктаары бышык. Кыргызстандын Саян-Алтайдын топонимиясынын өзгөчөлүктөрү геоморфологиялык структуранын рельеф жана жергиликтүү айлана-чөйрөнүн түз чагылдырылышында болуп саналат. Буга кыргыздардын хакастар, алтайлыктар (түштүк алтайлыктар), тувалар сыяктуу эле миңдеген жылдар бою көчмөн турмушта жашап келиши далил боло алаары шексиз. Деген менен, кыргыздардын (энесайлык кыргыздар) жер иштетип, чарбалык ж.б. керектөөлөрүн канааттандырышкандыгын белгилөөбүз зарыл. Адамдардын чарбалык бул ишмердүүлүгү алардын тоолорду жана өрөөндүү жерлерди, дарыя жана сууларды, жайыттарды, жолдорду мыкты өздөштүрүүсүн талап кылган. Ал эми аймактын топонимиясында жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсү менен байланышкан географиялык аталыштар жыш кездешет. Параллелдер бул аймактарды теги жалпы этностук жалпылыкты түзгөн бир эл (уруу) узак убакыттар бою мекендеп келгендигин чагылдырат. Кыргызстан жана Саян-Алтайдын географиялык негизин эки, айрым учурларда уч компонентте турарын белгилөө зарыл. Алардын көпчүлүгү абстракция жана субстантивация натыйжасында жалгыз лексикалык

бирдик болуп калган. Ошону менен бирге, жогорудагы топонимиялык параллелдерде этногенетикалык терең жалпылыкты чагылдырат. Мисалы, 6-18-кк. кыргыз топонимдери (Минусин ойдуңундагы энесайлык кыргыздарга таандык) бүгүнкү күнгө чейин формасы өзгөрүүсүз сакталып келди. Бул Тоолуу-Алтай, Тува жана Түндүк-Батыш Монголиянын жер-суу аттарына да мүнөздүү көрүнүш. Уруунун, элдин байыркы миграциясын аныктоодо анын баштапкы жана акыркы көчүп-конуу ареалын тактоо зарыл. Көчүп- конуп жүрүүнүн баштапкы жана акыркы пункттарындагы жер-суу аталыштары мааниси, формасы жагынан өтө жакын, көпчүлүк учурда алар өзгөрүүсүз бойдон алынып келинет. Мисалы, Кыргызстандын аймагындагы Чүй, Кемин, Ачы, Кулунду, Аксы, Көкарт, Кызылсеңир, Акбаш, Атбашы, Алабука, Пачата, Сыны ж.б.у.с. жер-суу аттары Саян-Алтайдын топонимиясында да кайталанат.

**Топурак салуу - 1)** сөөктү көргө алып кирип койгондон кийин сөөктү коюуга катышып жаткандар бир ууч топурак алып, курандан тиешелүү сөздөрдү шыбырап, сөөктүн айланасына төгүү үчүн беришет. 2) Топурак салуу каза болгон адамга акыркы ызаат көрсөтүүгө катышууну да билдирет.

**Торгоуттар** - Монголия (Кобдо), КЭРдин Ички Монголия, Шинжаң аймактарында жашаган монгол тилдүү калк. Саны 30 миңден ашуун, лама динин тутунушат. Ойрот тилинин торгоут диалектисинде сүйлөшөт. XVI к. аяк ченинде (1599-ж.) кыргыздар башында турган Ойрот мамлекетинин курамына кирген. Волгалык калмактардын курамында да торгоуттар бар. Торгоут - «хан өргөөсүнүн сакчылары» маанисин туюнтат. Түндүк-батыш Монголиядагы торгоуттардын курамында «кыргыз», «бурут» этнонимдери кездешери маалым.

***Ад.:** Авляев Г.О., Санчиров В.П. К вопросу о происхождении торгоутов и хомоутов в этническом составе средневековых ойротов Джунгарии//Проблемы этногенеза калмыков. Элиста, 1984.*

**Тотемизм —** (тотем - Түндүк Америка индеецтеринде уруунун аталышы болгон) адамдардын белгилүү тобу (урук, уруу) менен тотем - айбандардын жана өсүмдүктөрдүн (кээде табият кубулуштарынын жана жансыз предметтердин) ортосунда касиеттүү тууганчылык байланышы бар деген ишенимге негизделген урууучулук коомдогу диний түшүнүк, миф, үрп-адат, салттардын комплекси. Тотемге (ыйык жаныбарларга, канаттуу куштарга) ишенүү жана ага сыйынуу кыргыздарда байыртадан сакталып келе жатат. Тотемдик жан-жаныбарлар, канаттуу куштар, жансыз предметтер курчап турган флора менен фаунага байланыштуу калыптанат. Орто кылымдардагы кыргыз каганатындагы тотемдерди айрым тарыхый булактардан байкоого болот. Мисалы, адык же адыгине - байыркы кыргыз тилинде «аюу» дегенди туюнткан. Рун сымал эстеликтерде эскерилген «аз» же «аздар» деген уруулардын аттары да «аюу» дегенди билдирет. Ал эми кыргыздардын «чик» эли элик деген маанини түшүндүрөт. Тотемдик ишенүүнү кыргыздардын уруулук аталыштарынан да байкоого болот: бөрү, кара куш (баргы), жору, кара багыш, сары багыш, багыш, бугу, дөбөт, жагалмай (мунгуш), мангыт, бечен (чоң багыш), куран (найман), элик (кесек), үкү (солто), чоң багыш ж.б. Тотемизмдин элементтерин кыргыздардын каада-салт, ырым-жырымдары да чагылдырат. Мисалы, карышкырдын тырмагын, тиштерин, бүркүттүн канаттарын, тырмагын амулет (тумар) катары пайдалануу ж.б. Байыркы ар бир уруунун өз тотеми (көбүнчө айбан) болгон. Уруу мүчөлөрүнө тотемди өлтүрүүгө, ага ууга чыгууга, этин жешке, өз ара никелешүүгө тыюу салынган. Тотемдик топ өзүн тотем менен бир атадан тараганбыз деген ишеничте болушкан, аны урматташып, тотемди уруунун колдоочусу катары эсептешкен, тотем-жаныбарларга ж.б. карата бир топ ритуалдык ырым-жырымдар пайда болгон.

**Тофалар** - Россия Федерациясынын Иркутск аймагындагы Нижнеудин районунун Алыгжер, Нерха, Жогорку Гутара айылдарында жашаган түрк тилдүү этнографиялык топ. Жалпы саны 731 киши (1989-ж. маалыматтар боюнча). Анын ичинен 314 киши өз эне тилинде сүйлөшөт. Өздөрүн тофа, тоха, карагастар деп аташат. Түрк тилдеринин генеологиялык жиктешүүсүндө уйгур-огуз тобунун уйгур-тукюй бутагында сүйлөшөт. Тофалар тилинин негизи байыркы огуз, уйгур тилдери менен байланышкан. Теги жагынан тожу-тувалыктарга жакын. Бугучулук, аң уулоо менен кесиптенишет. Бугуну транспорт, этин, сүтүн тамак, терисин кийим катары пайдаланышат.

***Ад.:****Вайнштейн С.И. Родовая структура и ребронимическая организация у тофаларов//СЭ. 1958, №3.*

**Төбөй** - сол канаттагы ири уруулардын бири. Академик Б.Ө Орузбаева этнонимди «төө» маанисинде чечмелеп, сөз катары байыркы формасын (Tewaj) сактап калгандыгын белгилейт. Махмуд Кашгаринин «Сөздүгүндө» «tew», «tewaj» формасында берилип «төө» дегенди аныктайт. Этнонимдин чыгыш теги Борбордук Азиядагы көпчүлүк көчмөн элдер ыйык жаныбар катары сыйынышкан төөгө байланыштуу келип чыккан десе болот. Бул уруунун өкүлдөрү Акталаа, Нарын, Кочкор, Атбашы, Сузак, Өзгөн, Талас аймактарында жашап келишет. Негизги уруктары: калдо, карабаш, мурат, чалай, кызыл тебетей ж.б.

**Төлгөчү** - төлгө тартуучу адам. Төлгөчү курчап турган айлана- чөйрөнү, жаратылышты, адамдардын кулк-мүнөзүн айрыкча билген, кандайдыр бир буюмдардын, кубулуштардын ж.б. нерселер, белгилердин жардамы менен алдыда боло турган окуяларды, анын мазмунун алдын-ала чемелеп берүүчү адам. Төлгөнү койдун далысы, таш, таспи (теспе), күзгү, китеп ж.б. жардамы менен тартышат.

**Төө чечмей** - кыргыздын байыркы оюну. Чоң аш-тойлордо тойдун же аштын ээси төөгө кымбат баалуу ичик-тон, чепкен жаап же баалуу буюм кечектер салынган куржун асып, тегерете отурган элдин так ортосунан бир жерди кары бою казып, чуңкурдун түбүнө казык кагышып, баягы төөнүн буйласын казыкка байлап коёт. Ал төөнүн жанына жабуусу бар атты да кошо байлайт. Оюндун тартиби боюнча төөнү чечип алууга кийими жок, дырдай жылаңач аял чыгууга тийиш. Ал төөнүн буйласын ородон эңкейип чечип алам деп аракеттенгенде, төөнүн жанындагы атты чечип алмакка келген жылаңач киши (көбүнчө таз) аны омуроолоп, чечтирбей тоскоолдук кылат. Болгон тоскоолдуктарга карабай, шамдагайлык менен төөнү чечип алса олжо ошонуку болот.

***Ад.:*** *«Манас». Энциклопедия. Т.2. Б.:1995.292-293 бб.*

**Төркүлөө —** күйөөгө чыккан кыздын ата-энесине баруу салты. Мурда кыз бир жылдан кийин гана өз ата-энесине төркүлөп барып, өз энчисине мал же буюм алып кетүүгө акылуу болгон. Аны төркүнүнө кайын энеси, күйөөсү же алардын жакын туугандары алып барган. Төркүлөп келген кызга ата-энеси кадырлуу конок катары сый көргөзүп, аны үй-оокатка жана башка чарбалык иштерге чегеришкен эмес.

**Төрө** - кыргыз мамлекетиндеги башкаруу титулу, ак сөөк, уруу башчысы. Бул мамлекеттик-башкаруу мансабы кыргыз коомуна кийинчерээк келип кирген.

**Төрө (төре)** - байыркы кыргыздардын ж.б. түрк тилдүү элдердеги заң-закондун же мыйзамдын аталышы. Көчмөн элдердеги мыйзам нормалары «обычное право» деп аталып жүрөт. Б.з. 731-ж. Күл тегинге арналып тургузулган эстеликте: «Көк Асман (Көк Теңир) менен боз топурактуу жер жаралганда, алардын ортолугунда адам баласы жаралды. Адам баласын Бумын каган жана Истеми каган башкарууга укук алышты. Алар «хандыкка олтурганда» элди бириктирип, анын үстүнөн «төрө» (заң-закон, мыйзам) дайындашты..» деген маалыматтар бар. Талаа мыйзамдары «төрө» - көчмөн коомчулуктун жана мамлекеттин өнүгүүсүнө багыт берип турган. Такка олтурган кыргыз каганы «төрөнү» же мыйзам нормаларын

www.bizdin.kg

чыңоого, ага адилеттүү кароого милдеттүү болгон. Бул мамлекеттик-башкаруу салтындагы мыйзам нормаларын кийинчерээк монгол хандары да кабыл алышкан. Энесай кыргыздары 18-к. баш чендерине чейин «мыйзамыбыз (төрөбүз) адилеттүү болсун, кийинки урпактарга да түз жетсин» деп айтышкан. Кызмат мөөнөтү аяктап өз ордунан кетип жаткан энесайлык кыргыздардын мамлекеттик министрлери: «төрө (мыйзам) башы бек болсун, казына (казына Энесай кыргыздарында «мамлекет» дегенди туюнткан) ичи байлыкка толсун» деп жапырт айтышчу. Бул мыйзам нормалары энесай кыргыздарында 18-к. баш чендерине чейин сакталып, мамлекеттин башкаруу системасынын, коомдогу укук нормаларынын керектөөлөрүн толук канааттандырып турган. Алатоолук кыргыздардагы укук нормалары ислам дининин таасири астында калган. Бирок байыркы укук нормаларынын айрым элементтери сакталып кала берген.

**Төшөк салар** - той аяктагандан кийин кыз-күйөөнүн жатар төшөгүн салган жеңелерге бериле турган белек-бечкек.

**Төшөк талаш** - үйлөнүү тою өтүп жатканда ойноло турган салттуу элдик оюндардын бири. Айрым маалыматтар боюнча ал «такыя сайды» салтынан кийин өткөрүлөт. Ал үчүн эки чуңкур казылат. Алар жер асты менен казылган өткөөлчө аркылуу бириктирилет. Өткөөлчө аркылуу аркан өткөрүлүп, бир учу жаргылчакка байланып, чуңкурдун бирине көмүлөт. Ачык чуңкурга аялдар түшүп арканды жаргылчакты карай тартышат, ал эми эркектер арканды жердин астынан аялдардын каршылыгын жеңип сууруп алышы керек. Аялдар эркектерге мүмкүнчүлүк бербес үчүн күл менен дандын улпагы аралашкан боткону эркектердин беттерине сүртүп турушат. Эгер эркектер арканды тартып ала албаса, анда күйөө баланын атасы аларга жылкы, тогуз табак эт берген, ал эми колуктунун атасы кудасына кийит кийгизет. Иш тетири болгон учурда эркектер эч нерсе албайт, бирок колуктунун атасы кудасына кийит кийгизет. Бул матрилокалдуулук жана патрилокалдуулук тенденциялардын күрөшүн чагылдырган эскиден келаткан салт болгон.

**Трибализм, трайбализм** (англ. уруулук, уруктук) — 1). социалдык структуранын архаикалык мүнөзү уруу-уруулук түзүлүш менен байланышкан коомдук уюмдардын жана институттардын сакталып калышы; 2). эл, улут катары калыптануу стадиясында турган, бирок урук-уруу структуралык калдыктарын сактап калаган коомдорго мүнөздүү болгон уруулар аралык жиктелүү, этностор аралык конфликттердин спецификалык формасы. Этностук (уруулук) фактордун саясий турмушка кыйла таасир көрсөтүүсү айрым этностук топторго артыкчылык статусун берип, башкаларды дискриминациялоо трайбализмдин маанилүү аспектиси болуп саналат. Трайбализм бир катар өнүгүп келаткан өлкөлөрдүн социалдык- экономикалык, саясий жана маданий өнүгүшүн артка тартат, этностордун биригүү процессинин алгаланышына, улуттук биримдик үчүн күрөшкө тоскоолдук кылат. «Трайбализм» термини көбүнчө Тропикалык Африкадагы эгемендикке жетишкен мамлекеттердеги этно-саясий кырдаалга байланыштуу колдонулат.

**Туба улусу** - 16-18-кк. энесайлык кыргыздардын мамлекеттик башкаруу системасындагы административдик-башкаруу бирдигинин аталышы. Улустун чектерине Энесайдын оц жээгинин дээрлиги, андан Саянга, Сыда дарыясына, Абакандын оң жак жээгиндеги талаа аймактары кирген. Улустун борбору Упса дарыясынын өрөөнүндө жайгашкан. Бул аймакта кыргыздардын байкот, кол, үчтөр (үштөр), матур, койбал, ярин, бахтин, алый, бугус, алачам, бугач ж.б. уруулары байырлашкан. Улустагы кыргыздарга кенен созулуп жаткан кыштым аймактары жана андагы жашаган калк баш ийишкен, салык төлөп турушкан. Соңку иликтөөлөр Туба улусунун калкы жана тубалар Энесай кыргыздарынын этностук өзөгүн түзгөндүгүн далилдөөдө. Уруу аталыштары жана уруулук эн

тамгалар бул илимий көз караштын тууралыгын бекемдейт. Улустун калкы мал чарбачылыгы, жогорку өнүккөн, котормо айдоого негизденген дыйканчылык, кол өнөрчүлүк, анын ичинен металл иштетүүчүлүк, соода-сатык менен кесиптенишкен. Ирригациялык (жасалма суу тосмолору, арыктары) курулуштар жана алардын техника-экономикалык сапаттары адистерди азыркы мезгилде да таңдандырат.

**Тувалар** - Россия Федерациясынын курамындагы Тыва Республикасынын түпкү калкы. Түрк тилдеринин генеалогиялык жиктешүүсүндө уйгур тобунун уйгур-тукюй бутагында сүйлөшөт. Калктын жалпы саны 200 миңден ашуун. Тувалардын бир бөлүгү Монголия (Кобдо аймагы), Кытайда (мончок, көкчулатан, көк мончок ж.б.) байырлышыт. Будда дининин ламаизм багытын тутунушат. 20-к. чейин сөйөт, сөйөн, урянхай, танну-тувалар деген аттар менен белгилүү болушкан. Тувалардын тили төрт диалектиге бөлүнөт: борбордук (Дзун-Хемчик, Авюр, Сүт-Хол, Улуг-Хем, Пий-Хем), батыш (Барун-Хем, Бай-Тайга, Монгун-Тайга). Түштүк-Чыгыш (Танды, Тес-Хем, Эрзин), Түндүк-Чыгыш (Тожу ж.б.). Этномаданий жактан тувалар эки топко бөлүнүшөт: батыштагылар (Туванын батыш жана борбор аймактарындагы тоолуу-талаалуу аймактар), чыгыштагылар (Чыгыш Саяндардагы тайгалуу Тожу аймагы). Тувалардын курамында тайга зонасында байырлаган аңчылык, бугу багуу менен кесиптенген тожу тувалар, Монголиядагы цаатандар (цаа - монг. «бугу») айырмаланышып турушат. Туванын калган негизги калкы көчмөн, жарым көчмөн шарттарында жашашкан. Керектөөлөрүнүн чегинде арпа, буудай, таруу ж.б. айдашкан. Кытай, Монголия, Чыгыш Түркстан менен кызуу соода алакалары (19-20-кк.) өнүккөн. 1944-ж. СССРдин курамына киргенден соң, коллективдештирүү саясаты ишке ашырылган. Иш- кагаздар, адабий басылмалар, гезит-журналдар кириллицага негизденген тува (тыва) тилинде жүргүзүлөт. Тувалардын байыркы ата-бабаларынан болгон түрк тилдүү уруулар б.з. I к. кеч эмес көчүп келишип, кет жана самодий тилдеринде сүйлөгөн уруулар менен аралашкан. Салттуу көчмөн маданиятынын башаты Саянды сак уруулары жердеп турган мезгилде (б.з.ч. 8-3-кк.) туура келет. Тувалардын бабалары б.з. 5-к. Хакас-Минусин ойдуңунда журт которгон кыргыздар менен алакалаш болушкан. Анткени стратегиялык, чарбалык-экономикалык мааниси зор азыркы Монголияга өтчү негизги жолдор Тува аркылуу өткөн. Демек, бул аймак дайыма кыргыздардын көз алдында болуп келген. 744-ж. тарыхый аренага чыккан уйгурлар да Туваны байырлаган калкка айрым таасирин тийгизген. Арийне, бул аймактын этностук процесстеринде кыргыздар чечүүчү ролго ээ болушкан. Тува 5-к. тартып эле Кыргыз каганатынын курамында болгон. Аймак каганаттын административдик-башкаруу системасына кирген өз алдынча баг (область) болгондугун кыргыз жазма эстеликтери чагылдырат. Чындыгында эле, 7-13-кк. таандык кыргыз жазма эстеликтеринин басымдуу бөлүгү Туванын аймагында жайгашкан. Аймактын ландшафт жана рельефине назар салганда орто кылымдар доорундагы кыргыздар азыркы Туваны кыштоо катары пайдаланышкандай. Анткени кыш мезгилинде талааларда кар жатпайт, төрт түлүккө ыңгайлуу жер. Ал эми кошуна жайгашкан Хакас-Минусин ойдуңунда кышында кар калың түшөт, бирок жаз, жай, күз мезгилдеринде мал киндиктүү. 840-ж. кийин Кыргыз каганы мамлекеттин ставкасын (борборун) Танну Ооланын түштүк тарабына көчүргөндүгүн, кыргыздардын бул аймакта (Тяньмань) дыйканчылыкты жигердүү өнүктүргөндөрүн кытай жыл баяндары тастыктайт. Танну-Оола Борбордук Азияга көзөмөл жүргүзүүдө аскердик-стратегиялык мааниси зор аймак болгон. Андан ары кыргыздар азыркы Монголиянын кенен аймактарына, Чыгыш Түркстанга чыга алышкан. Бул Акердик-саясий үстөмдүк 11-к. чейин созулган. Азыркы күндө аталган жерлерде (Эрзин сумону ж.б.

аймактар) тувалардын курамына жуурулушкан «кыргыз» уруусунун өкүлдөрү жашашат.

**Тувалык кыргыздар.** Кыргыздардын жана тувалардын этностук-маданий байланыштары эрте орто кылымдар мезгилинен башталган. Тыва-тува-туба этноними да этногенетикалык терең алакаларды чагылдырат. Туванын Түндүк-Батыш Монголиянын аймактарында бул регионго мүнөздүү эмес таш курчалган көрүстөндөргө өрттөп көмүү салтын Минусин ойдуңунан (Хакасия) көчүп келишкен калкка байланыштырышат. Булар 840-ж. Уйгур каганатын биротоло баш ийдирген кыргыздар экендигинде талаш жок. Бирок Туванын аймагындагы эстеликтер кыргыздардын бул аймакта 9-к. чейин эле болушкандыгын чагылдырат. Болжолу, кыргыздар азыркы Туванын аймагынан Хакас-Минусин ойдуңуна уйгурлардын кысымынан улам чегиниши мүмкүн. Изилдөөлөрдүн жыйынтыктары көрүстөн таштардагы, аска беттериндеги жазууларды байыркы кыргыздарга таандык экендигин айгинелейт. Изилдөөчүлөр коктулардагы руникалык жазууларды кыргыздар калтыргандыгын, ал эми бул жерлерден байыркы түрктөр калтырган эстеликтер илим чөйрөсүндө али аныктала электигин белгилешет. Уйгур каганаты талкалангандан соң, азыркы Туванын аймагы Кыргыз каганатынын андан аркы согуштук жемиштүү басып алууларынын плацдармына айланган. Кыргыз каганынын өз ставкасын Танну-Олага көчүрүүсү бул аймактын аскердик-стратегиялык маанилүүлүгүн тастыктай алаары шексиз. Кызыктуусу, дал ушул аймакты тувалардын «кыргыз» уруусу эзелтеден мекендери маалым. 917-ж. Борбордук Азиянын чыгыш бөлүгү монгол тилдүү кидандардын (кара кытайлар) ээлигине өтөт. 917-ж. кийин кыргыздар негизинен азыркы Тува жана. Минусин ойдуңуна ээлик кылып калышкан. Кара кидандар кыргыздар менен азыркы Туванын түштүгүндө кагылышкандан соң, Имил, Чугучак тарапка ооп кетишкен. Тува 12-к. биринчи чейрегине чейин Кыргыз каганатынын курамында кала берген. 1199-ж. кыргыздар наймандар менен кагылышкан. Ошол эле жылы Чыңгыз-хандан качкан наймандардын Буюрук-ханы Түштүк-Алтай тараптан «кыргыздардын ээлиги» болгон азыркы Тувага кире качкан. Тувалардын курамында «кыргыз» этнонимдеринин учурашы, уруулук эн тамгаларынын теңиртоолук кыргыздардын уруулук эн тамгалары менен аналогиялык жалпылыгы, тувалардагы «кыргыз» урууларынын өкүлдөрүнүн көп сандуулугу бул этностун калыптанышындагы кыргыздардын ролун чагылдырат. Жазуу булактары, изилдөөлөр туваларда өз алдынча «кыргыз» деген эки уруулук чоң топтун аталышы бар экендигин чагылдырат. Биринчи Кыргыз сумону Салчак кошунунун курамына кирип, Сайзыг-Гол, Эрзин, Нарын дарыяларына туташ жерлерди, ал эми калган бөлүгү Танну-Оланын Түштүк аймактарын жердешкен. 1913-ж. бул Кыргыз сумону 1200-1500 адамды түзгөн. Бейге-Хошундун курамына кирген экинчи Кыргыз сумону Саян тоолорун жана анын этектерин мекен кылышкан. Атактуу иликтөөчү Н.Ф.Катанов «Кыргыз уруусунун өкүлдөрүн Чаа Хол, Шаган, Арысу, Элли-Хэм, Чадан, Бош-Хемчик жана. Улуг-Хемден да жолуктурган». Соңку мезгилдеги жүргүзүлгөн иликтөөлөрдө тува- кыргыздардын компакттуу жашаган үч жери такталган. Изилдөөчүлөр аларды Энесай кыргыздарынын урпактары экендигин белгилешет. Бул маалыматтар төмөндөгүдөй: Терс-Хол (Түштүк-Чыгыш Тува) - 166 түтүн; Эрзин аймагы - 444 түтүн; Улуг-Хем - 721 түтүн, Овюр - 66 түтүн; баары - 1462 түтүн тува-кыргыздар бар. Жайгашуунун мүнөзү чагылдыргандай, келгин кыргыздар аскер күчү менен ыңгайлуу жерлерди ээлешкендигин бүгүн да байкоого болот. Кыргыздардын айрым бөлүгү башка уруулар менен да жуурулушкан. Буга, болжолу, уйгур тектүү болгон «кыргыз-ондор» уругун мисал катары келтирүүгө болот. Түштүк-Чыгыш Туванын калкынын жарымын «кыргыз» уруусунун өкүлдөрү түзгөн. Көчмөн

чарбалуу кыргыздар 1923-жылкы административдик реформага чейин өз алдынча сумонду (Салчак кошуну) түзүшкөн. Жандыктан кара мал, топоз, эчки, кой, жылкы өстүрүшкөн. Кыргыздар башка этностук топторго (урууларга) салыштырмалуу оокаттуу жашашкан. Тилдери дээрлик монголдошуп, тувача түшүнбөй калышкан. Байыркы кыргыздардын сөөктү өрттөп көмүү салты Сүт-Холь аймагында жашаган «ондар-кыргыз» уруусунун өкүлдөрүнүн эстеринде сакталып калган. Бул уруунун өкүлдөрү кайсыл бир өткөн мезгилдерде сөөктү өрттөп көмүшкөндүгүн эскеришкен. Ал эми Эрзиндик тува-кыргыздардын сыйынган тоосу Хайырахан деп аталчу.

***Ад.:*** *Вайнштейн С.И. Историческая этнография тувинцев. Проблемы кочевого хозяйства. -М.: 1972; Дьяконова В.П. Погребальный обряд тувинцев как историко-этнографический источник. - Л.:1975; Сердобов Н.А. История формирования тувинской нации. -Кызыл, 1971.*

**Тузак** - илбээсин, коен ж.б айбандарды кармоо үчүн колдонулган аңчылык курал. Кекилик, улар сыяктуу канатуулар кармалган. Ал жылкынын туу куйругунан эшилип, бир учунан сыйрытмак жасалып, илбээсиндин чуубутусуна коюлган, экинчи учу карагай-бутага байланган. Илбээсинди кармоодо желе да керектелген. Ал эми коен, элик ж.б. аңдар кылтак менен кармалган. Кийинки жылдарда айбандарды тукум -курут кылуудан сактоо үчүн тузак тартууга тыюу салынды.

**Тул** - 1) аза күтүү мезгилинде (адатта жылдык ашына чейин)  үйдүн төрүнө коюла турган өлгөн кишинин символикалуу сөлөкөтү. Тул коюу көптөгөн элдерде кезиге турган байыркы салттардын бири. Бул фетишке ишенүүдөн келип чыккан жөрөлгө. Тул куурчак сыяктуу жасалып, ага өлгөн адамдын кийими, тебетейи кийгизилип, жылдык ашына чейин коюлган. Мындай салт моңгол тилдүү элдерге да кенен тараган. 20-к. башына тиешелүү маалыматтарда кыргыздар тикесинен коюлган ашталган жыгачка (Түндүк Кыргызстанда), тикесинен коюлган жаздыкка өлгөн кишинин кийимин (көбүнчө чапаны, баш кийими) кийгизип коюшкан. 19-к. кишинин келбетин окшотуп дарактын сөңгөгүнөн атайын жонуп жасашкан. Колу-буттары тулкусуна кайыш менен бекитилип, ага маркумдун көйнөгү кийгизилген. Көчкөндө аттын ээрине байлап коюшкан жана ал атты жесири жетелеген. Бул салттын негизин көзү өткөн адамдын жаны тулга өтөт, ал өлгөн адамды бул дүйнөдө убактылуу алмаштырат деген анимисттик ишеним. Маркумдун жылдык ашынан кийин тул жок кылынган. Тулдун пайда болушун С.М.Абрамзон «ата-бабалардын арбагына сыйынуу» менен байланыштырган. Ал эми Б.П.Шинло бул салтты «өлгөндөрдөн коркуу идеясы» менен байланыштырат. 2) Түштүк ж.б. айрым аймактарда «жесир» маанисинде колдонулат.

**Тул калуу, кара кийгизүү** - кыргыздарда эзелтеден келе жаткан аялдын өлгөн күйөөсүнө аза күтүү салты. Жесир калган аял (өлгөн эркектин энеси, эже-карындаштары да) эри өлгөн күндөн сырга, билерик, шакектерин чыгарып, кара же көк көйнөк кийген. Жесирге караны төркүндөрү салган. Эгер караны аялдын кайындары салса, ал аталып салынган кара делип, жесирдин «башы байланганын» билдирет. Демек, күйөөсүнүн ашы берилген соң кайнагасына же кайнисине нике кыйылган. Бул салт байыркы экзогамиялык никени чагылдырган.

**Тулуп —** чарык. Улактын, музоо ж.б. мал терисинен жасалат. Тулуп жасаш үчүн туюк сыйрылган тери (жүнү алынып же алынбай) ашатылып, ийленип аңтарылып тигилген. Тулуп азык салуу үчүн көмүркөй, балдар чүкө салчу баштык ордуна колдонулган. Көчмөн турмушта керегенин башына илип коюуга, жүктөп жүрүүгө ыңгайлуу болгон.

**Тумар —** адамдардын ишеними боюнча шайтан, жинден аркандай кырсыктардан сактай турган дуба жазылып, чүпүрөк же булгаары менен үч бурчтуктап капталган кагаз. Адатта тумарды молдо жазат. Айрым учурларда «көзү ачыктар»

да жазып жүрүшөт. Тумар адамдын моюнуна, колтугуна, бешикке ж.б. жазылат. Анын касиетине, таасирине ишенүү адамдардын байыркы доорлордогу магияга жана фетишизмге ишенүүсүнөн келип чыккан.

**Туматтар** - 12-13-кк. Энесай кыргыздарынын теги байыркы бир уруусу. Тарыхый булактарда эскерилген Баргужин-Токум тарыхый аймагында жашашкан согушчал уруу (уруулук бирикме) болгон. 13-к. баш чендеринде башка кыргыз урууларындай эле Чыңгыз-ханга формалдуу көз каранды болуп калышкан. Рашид ад-Дин (14-к.) туматтар кыргыздар өлкөсүнүн аймагында жашайт деп жазат. Бул аймак жазма булактарда Баргужин-Токум деп аталат. Туматтар 1218-ж. монголдорго каршы көтөрүлүш чыгарганда, аларды калган кыргыз уруулары колдоп чыгышкан. Чыңгыз-хандын уулу Жучу Селенгадан өтүп, Энесай дарыясынын өрөөнүнө жеткен. Казвини Селенга чөлкөмүндө да кыргыздардын турарын эскергени ырас. Монголдордо кыргыз жоокерлеринин аскердик күчүн пайдалануунун зарылдыгы 13-к.. 20-ж. келип чыкты. 1217-ж. «кыргыздардын чегине жакын жашаган согушчал жана тынчы жок» туматтар көтөрүлүш чыгарышкан. Чыңгыз-хан «баарин уруусунан чыккан Ная нойонго (ошол жакка) аттанууга буйрук берди. (Анын) ооруп жаткандыгын билдиришти. Ошондо (ал) Барагул-нойонду жөнөткөн эле». Монголдор «чоң согуш ачышып туматтарды баш ийдиришти». Бирок бул согушта Барагул-нойон курман болот. Туматтар өтө кекчил, тынчы жок эл (уруу) болгондуктан, монголдор алардын көпчүлүгүн кырып салышты. Кийинки, 1218-ж. «...барс жылында Баргужин-Токум менен Байлуктагы туматтардын бир уруусу көтөрүлүш чыгарганда, алар (монголдор) көтөрүлүштү басуу үчүн туматтарга жакын жашаган кыргыздардан аскер (черик) сурашты; кыргыздар буга каршы көтөрүлүш чыгарышты». Болжолу, туматтардын козголоңу кыргыздарды да шыктандырган болуу керек. «Чыңгыз-хан аларга Жочи башында турган аскерлерин жөнөттү. Алардын (кыргыздардын) жетекчиси Курулун эле; Жучинин алдыңкы аскерлери аттанды; ал кыргыздарды чегинүүгө мажбур кылып, сегизинчи дарыядан (Сегиз-Мурэн) кайтып келди» Курулун башында турган кыргыздар монголдордун Саян-Алтайдагы үстөмдүгү үчүн эң чоң коркунучтуу күч эле. Ошондуктан кыргыздарга каршы монголдордун башкы күчтөрү жөнөтүлгөн болучу. «Жочи (Жучу-хан) жакындап келгенде Кэм-Кэмжуттун музу тоңуп калган экен. Ал муз болуп тоңгон дарыядан өтүп, кыргыздарды баш ийдирип кайтып келди.» Кыргыздар жашаган түндүк аймактарынын чектеринде, Чулум дарыясынын бассейнинде кыргыз көрүстөндөрүнүн арбын кездешиши көчмөн кыргыздардын түндүктөн токойлуу түздүктөрдү өздөштүрө башташын аныктайт. Кыргыздар монгол жеңип алууларынын доорунда зор жоготууларга учурагандыгына карабастан, өздөрүнүн негизги жашаган аймактарында кала беришкен. Тума- хакас тилинде «темир устанын колдоочусу, сактоочусу», кет тилинде «кара» (улуу, чоң) маанисин туюнтат. Байыркы түрк каганы бир эле учурда башкы темир устанын функциясын да аткарган. Көчмөн элдерде темир уста шамандардын коомдогу ээлеген орду зор болгон. Шамандардын жана темир усталардын генетикалык-ритуалдык байланышын байыркы кыргыздардын (түрктөрдүн) турмушундагы, чарбасындагы темир устанын ээлеген орду тастыктайт. От менен байланышкан темир усталардын коомдогу кесиби ыйык эсептелип, замандардын түпкүрүнөн адамдардын эс-акылында жашап келе жаткан от кудайын чагылдырат. Кыргыздардын курамындагы (13-к.) тума (-т монгол тилинде көптүк маанини туюнтат) уруунун аталышы шамандар жана темир усталар чыккан өзгөчө урууга байланыштуу келип чыгуусу толук мүмкүн. Мындай мисалдардан бир нечелерин келтирүүгө болот. Мис., шамандар чыккан манги(т) уруусу ж.б. Себеби, кыргыздар жасаган курал-жарактар, зергер ж.б. буюмдар

өзүнүн жогорку сапаты, бекемдиги менен айрымаланган. Кытай ж.б. өлкөлөр кыргыздардан металлдан жасалган буюмдарды дайыма алып турушкан.
***Ад.:*** *Рашид ад-Дин. Т.I. Кн.1, 1952; Бутанаев В.Я., Худяков Ю.С. История енисейских кыргызов. -Абакан, 2000; Бутанаев ВЛ., Бутанаева И.И. Энесай кыргыздары: фольклор жана тарых. - Б.: 2002.*

**Турак-жай —** баш паана. Үй - адамдын жашоосундагы эң зарыл, негизги материалдык каражат. Турак-жай түрлөрү өндүргүч күчтөрдүн өнүгүүсүнө, экономикалык жагдайга, үй-бүлө куруу формасы менен маданий-турмуштагы ж.б. салттарга жараша калыптанган. Алгачкы коомдо адамдарда баштапкы формадагы турак- жайдын түрлөрү пайда болгон. Таш (палеолит) доорундагы адамдар үңкүрлөрдү, жер кепелерди, алачыктарды курууга, жасоого үйрөнүшкөн. Эң алгачкы курулуш материалы катары жыгач, чым, таш ж.б. кеңири колдонулган. Көчмөндөрдүн отурукташууга өтүшү менен турак-жай мазмуну жана формасы жагынан өнүгө баштаган. Евразия, Африка жана Америка материктеринде дыйканчылык кылган алгачкы отурукташууга өтүшкөн урууларды жана балыкчылардын оболку турак-жайлары неолит доорунан бери белгилүү. Азиянын жана Африканын мал чарбачылыгы менен кесиптенген уруулары бодонун терисин керип жасаган чатырды (тибеттиктер, ирандыктар, арабдар) жана көчмөндөр боз үйдө (хуннулар, түрктөр, кыргыз, монгол, түркмөн ж.б.) жашаган. Алгачкы турак- жайларда бир эле бөлмө болгон. Мындай турак-жайлар көчмөндөрдө сакталып келди. Алгачкы жамаат түзүлүш мезгилинде чоң үй-бүлөлөр жашачу. Ошондуктан, отурукташкан урууларда, элдерде көп бөлмөлүү үйлөр пайда боло баштаган. Бул бөлмөлөр адамдардын санына карата курулган. Мүлктүк жиктелүү башталган мезгилден тартып адамдардын турак-жайлары өзгөрүп, уруу, аскер башчыларыныкы, өлкөнүн башкарган топтордун турак-жайлары өзгөрө баштаган. Алгачкы шаарлардын өнүгүшүнөн улам, шаар тибиндеги турак-жайлар кеңири курула баштаган. Үйлөр таштан, чийки кирпичтен жана катуу бетондон тургузулган. Коомдун алга карай өнүгүшүнө карай турак-жайлардын түзүлүшү, сапаты да жакшыра берген.

**Тургун жай —** палеолит, неолит жана коло доорунда жашаган адамдардын балык жана аң уулоодо убактылуу жашаган жайын атоо максатында археология илимине 19-к. шарттуу түрдө киргизилген термин.

**Туугандашуу** - жасалма тууганчылыктын формаларынын бири. Эки же бир нече тууган эмес кишилердин кандык туушкандыкка тең болгон байланыштагы мамиле түзүү салты. Туугандашуу салты ант берүү жана башка ар кандай жөрөлгөлөр менен коштолот. Бул салтты аткаруу учурунда сөзсүз түрдө эки тараптан күбөлөр катышышкан. Туугандашкандар коркунуч туулганда, муктаждыкта бири-бирине жардам берүүгө, меймандостугун көрсөтүүгө, кээде кан кууп өч алууга катышууга тийиш.

**Тууганды эсебин жүргүзүү** - тегин же тууганды ата же эне тарабынан, же эне тарабынан тең аныктоо.

**Туулга** - жоокер кылыч, найза, ок ж.б. коргонуу үчүн кийген баш кийим. 1. Согуштук туулга алгачкы жамааттык коомдо эле пайда болуп жыгач, чырпык, териден жасалган. Эң байыркы жез, алтын туулга Месопатамиядан (б.з.ч. 3 миң. жыл.) табылган. Байыркы Египет, Вавилон, Ассирия, Римде ар кандай формада (чулу куюлган, майда-майда шакекче сыяктуу чынжырдан жыш туташтырылган) коло, темир туулга жасалган. Туулга жумшак болсун деп кездеме ичтелип, ок өтпөс баш кийим экенин билдирбөө үчүн булгаары сыртталган. Орто кылымдарда туулга бетти, моюнду калкалай турган бөлүктөр кошулуп түзүлүшү бир топ татаалданган. 20-к. башында атылма, жарылма куралдардардын пайда болушунан улам туулганын жаңы формасы (каска) келип чыккан.

**Тулга-казан** - атайын ылайыкталган үч бурчтуу же тегерек жасалган темир алкак. Кыргыздар, башка түрк-монгол тилдүү элдер тулганы кеңири пайдаланышкан. Тулга көчүү мезгилинде, жүрүш учурунда колдонулуучу үй оокаты болгон. Тулга боз үйдүн коломтосуна же сыртка орнотулуп, үстүнө казан асылып тамак бышырылат. Тулганын алкагынын көлөмү керектөөгө ылайык, казандын көлөмүнө жараша жасалат.

**Туурдук —** боз үйдүн кереге жабуусу. Кийизден, туурасы 2-2,5 м. узундугу 4,5-5,5 метрдей көлөмдө бычылып, төрт бөлүктөн турат. Төрт канат боз үйгө 2-3, алты канат үйгө 4-5, жети жана тогуз канат үйгө 6-7 туурдук жабылат. Туурдуктун жээги көбүнчө кара менен ак жип, кээде болсо кызыл же ак жип менен оң-сол эшилип жээктелет. Кой жүнүнөн жасалган жээк суу тийгенде кирип, бырышып калгандыктан айрым жерлерде туурдуктун чекеси топоздун жүнүнөн жээктелет. Туурдуктун терме боолор кадалган эки башкы бурчу уукка бекитилет.

**Туш кийиз, туш туурдук** - боз үйдүн керегесине, там үйдүн дубалына тартуу үчүн оймо-чийме түшүрүлгөн саймаланган кооздук буюму. Туурдуктун узундугу 2,5-3 метрдей, туурасы болсо 1,5- 2 метрдей, четинин эни 40-50 см. болот. Алгач туш туурдукка оюу түшүрүлүп же саймаланып жасалган да, жээги кундуз менен бастырылган же баш жагына кыдырата шуру, бермет, акак таштар тизилген. Кийин туш туурдуктун ич жагы, астары да, жээги саймаланбай, кара, кызыл ж.б. түстөгү калың материал менен 5-7 см. кыйууланып, ай ийрек же ромбик формасындагы кош тигиш менен шырылат. Чети чий баркыттан же макмалдан жасалып, бетине оймо-чийме түшүрүлүп, саймаланат. Туш туурдуктун ортосу четинин өңүнө каралып жасалат. Чети кандай материалдан болсо, ошол материалдан анын дал ортосуна тумарча орнотулат. Керегеге же мыкка илүүгө ылайык бөлүктөр тагылат. Туш туурдук же туш кийиз жасоочулар кыргыздын элдик уз салтын чагылдырат. Туш кийиз же туш туурдук азыркы килемдердин эң байыркы формасы. Ал алгач боз үйгө кышында суук өткөрбөө үчүн тосмо катарында илинген. Бара-бара кооздолуп, көркөмдөлүп олтуруп, анан там үйдүн негизги жасалгасына айланган.

**Тушамыш —** минген атты отко койгондо басып жүргүдөй, бирок алыс кетпегидей абалда алдыңкы эки бутун тушап же үч бурчтук (арткы буттан кош тушап) формадагы коюучу шайман тушамыш деп аталат. Тушамыш алгач жумшак материалдан (кайыш, жип ж.б.) жасалып, унааны алдыңкы туяктын бакайынан бир аз өйдөрөөк жеринен байлаган. Мындан тушамыш узундугу 1,5-2,5 карыштай болуп, эки учу унаанын алдыңкы буттары тээктердин жардамы менен бекитилген. Азоо унааларды алдыңкы эки буту менен арткы бир бутун чидер аркылуу тушаган. Тушоо же чидер майда тасмадан өрүлүп жасалат. Тушактын ортосу чынжырдан да жасалган учурлар кездешет.

**Түйдөк** - тытылып тазалангандан соң, ийрүүгө ылайыкталып созулган, тоголоктолуп түрүлгөн жүн же кебез.

**Түймө** - боёлгон жиптен, майда тигилген кайыштан өрүп жасалган чачы кооздук. Түймөнүн «чаян түйүш», «кылыч байлоо», «өрмө чачы», «түймө чачы», «төкмө чачы», «киймек чачы» ж.б. ыктары бар. «Чаян түйүш» жипти ызыттай чыйратып, каттап, үч жол жип арчындалып түйүлөт да, эки илмеги, топ чачысы аркылуу бүтөт. Кылыч байлоо алты жол жип үч-үчтөн кайчылаштырып түйүлөт. «Өрмө чачы» алты тал жип экиден үч сыйра өткөрүлүп, андан текши көзгө чагырылат да, анын аягына топ чачысы түйүлүп, 100-150 дөй чукул тал жип тагылат. Түймө боз үйдүн уугунан эки же андан төрт тарабынан, жабык таштын тегерегине үзүктүн тышкы жээгине, эшик тыштык үстүнө, аяк кап, күзгү кап, секичек ашкана, суу жоолук деген буюмдардын четине, тебетейдин, калпактын төбөсүнө, чачпак, чолпулардын үстүнө түйүлөт. Түймө жана анын чачылары тагылган буюм өтө көрктүү болот.

**Түймөчүлүк** — элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн бир түрү. Түймөчүлүк айрым жерлерде чачык чыгаруу деп аталат. Чебер адам гана түймөчү боло алат. Түймөчүлүк материалы катары ийрилип - чыйратылып, челденип боёлгон же актай жиптер, майда тилинген кайыштар эсептелет.

**Түлбер** - байыркы кыргыз уруусу. Болжол менен б.з. 5-18-кк. Саян-Алтай аймагында көчүп-конуп жүргөн. Минусин ойдуңуна туташ жашаган шорлордо да «тюлбер» аттуу теги байыркы кыргыздарга таандык урук бар. В.В.Радлов 9-к. кыргыздар мекендей баштаган азыркы Тувадан (Уюк жана Туран дарыяларынын ортолугу) табылган таштагы жазуудан түлүбер/тюлбер деген этностук аталышты чечмелеп окуп чыккан. Окумуштуу тюлбер этнонимин энесайлык кыргыздардын уруулук аталыштарынын бири катары караган. Эстелик-эпитафий Кыргыз каганатындагы жогорку даражалуу бийлик адамы Учин Күлүк-Тиригке арналганы илимде маалым. Изилдөөчүлөрдүн пикиринде түлберлер 10-к. азыркы Туванын түндүк аймактарында, Минусин ойдуңуна жамаатташ жерлерде көчүп-конуп жүрүшкөн. Л.Р.Кызласов эпитафиялык эстеликтердеги эн тамгалардагы параллелдерге таянып, 9-к. тюлберлер Минусин ойдуңунан азыркы Тувага кыргыздардын уйгурларга жасалган чабуулунда көчүп келишкенин белгилейт. Түрк окумуштуусу Х.Н.Оркун, А.Н.Бернштам, С.Е.Маловдор таштагы жазууну «Түлбер-хан, ханга берилүүчү белек, салык» маанисинде чечмелеп окушкан. Өз кезегинде Сибирди изилдеген Г.Ф.Миллер эмгегинде томдук казак-орустарга 1616-ж. салык төлөгөн «Тюльбер волосту» жөнүндөгү маалыматты берет. Бул факт таштагы чегерилген этностук аталыш менен дал келет. 17-18-кк. тульберлер Кузнецк шаарына жакын Том дарыясына жамаатташ жерлерди байырлашкан. Айрым орус тилдүү документтерде тюльберлер «тюлюберди» (түлүберди) деген формада чагылдырылат. Тюльберлердин каада-салтын, жашоо-турмушун көрүп, күбөлөгөндөр телеут, алтай (түштүк алтайлар), качин, батыш тувалыктар менен жалпылыкта карашат. Л.П. Потапов 17-18-кк. тюльберлер (И. Георги «тюлберти» деп атайт) 9-10-кк. таштагы жазууларда эскерилген түлберлердин тукумдары экендигин, дини шаман, теги телеуттарга жакындыгын белгилейт. Тюльбер «түлбер», тюлберти варианттарында берилген этнонимди бүгүнкү кыргыздардын түлөөберди, түлөөлү ж.б. уруктары менен параллель кароого толук негиз бар.

***Ад.:** Миллер Г.Ф. История Сибири. Т.I, 1937. -С.321; Потапов Л.П.Тюлберы енисейскихрунических памятников//ТС. 1971, -М.: «Наука», 1972. -С.149-166; Кызласов Л.Р. Еще раз о терминах «хакас» и «киргиз» // СЭ. -М 4. -М., 1991. -С. 23-27.*

**Түлөө** - курмандык чалып жогорку күчтөрдөн, Кудайдан ырайым тилеген ырым-жырым. Түлөө берүү жакшылыкты тилөө - эл- журттун, бала-бакыранын аман-эсендигин, жаратылыштын кырсыктарын болтурбоону, оору-сыркоодон сакайганда, жоголгон адамдын же малдын аман-эсен табылгандыгына, кырсыктан аман калганда ж.б. жагдайларда берилген. Түлөө - анимизм, шаманизм, тоо-таш, жер-суу, Көк Теңирге сыйынуу, тотемизм, магия сыяктуу диний ишенимдер менен тыгыз байланыштуу. Түлөөгө мал союлган, тогуз токоч жасалган, боорсок бышырылган.

***Ад.:** «Манас». Энциклопедия. Т.2. Б..1995. 299-б.*

**Түмөн башы** (монг. он миң башы) - түрк-монгол аскердик системасындагы он миң жоокерден турган ири аскердик бирикменин, кошундун башчысы. Түмөн же он миң аскер (дивизия, корпус) байыркы жана орто кылым доорлорундагы согуштук театрларда зор стратегиялык маселелерди өз алдынча чече алган. Бул аскердик система 13-к. Чыңгыз хан жана анын мураскорлорунун, Аксак Темирдин (Тамерлан) аскердик жүрүштөрүндө өзүнүн мыктылыгын далилдеген. Жалпысынан, көчмөндөрдүн кылымдар бою кальштанган аскердик-башкаруу системасы Осмон империясында бир кыйла өнүгүүгө жетише алган. Бул

системаны осмон ж.б. көчмөн түрктөрдөн Батыш, андан соң Чыгыш Европанын дээрлик бардык өлкөлөрү кабыл алышкан.

**Түндүк-Батыш Монголиядагы «кыргыз» этнокомпоненттери.** «Кыргыз» этноними өз алдынча уруктардын аталыштары катары Түндүк-Батыш Монголиядагы дэрбэт, урянхай, хотон, жана мингаттардын (мангут-мангыт) курамдарынан кездешери аныкталган. Бул этностук компоненттер аталган этнографиялык топтордун курамына XII-XIV кк. кара кытай, монгол жапырыгында, айрымдары энесайлык кыргыздар Жунгар хандыгы тарабынан зордоп көчүрүлгөн мезгилден соң кирген. 1703-ж. 4000 түтүн кыргыз Цеван Рабдандын аскерлери тарабынан Жунгарияга көчүрүлүп кеткендигин орус документтери тастыктайт. Кызыктуусу, жогоруда аталган этнографиялык топтордун баарында тең, «кыргыз» аты менен бирге, «бурут» аттуу уруктар кездешери маалым.

**Түпкү этнос** - сөз болуп жаткан аймакта калыптанган этностук топ. Ал аймакты мекендегендер аборигендер деп аталышат. «Түпкү этнос» жана «түпкү калк» деген түшүнүктөрдү ажырата билүү керек. «Түпкү калк» деген түшүнүк аталган аймакта төрөлгөндөргө карата башка жактан келгендерден, иммиgranттардан аларды бөлүп кароо үчүн колдонулат. Түпкү калктын укуктук статусу Түпкү элдер жана уруулук түзүлүштө жашаган элдер жөнүндөгү эмгектин эл аралык уюмунун Конвенциясы (1989) менен аныкталат. Бул документке ылайык түпкү этнос өнүгүүнүн жеке приоритеттирин тандап алууга укуктуу. Алар мурдатан жашап келген аймак алардын менчиги жана ээлиги катары таанылат. Ошондой эле алар өздөрү жашаган аймактагы жаратылыш ресурстарына башкармалык кылууга, пайдаланууга, катышууга укуктуу.

**Түрк тилдүү элдер** - этногенетикалык жана этномаданий жактан тектеш элдер. «Түрк тилдүү элдер» деген термин илимге 19-к. батыш илимпоздору тарабынан киргизилген. Тилдердин геналогиялык жиктешүүсүндө батыш хунну жана чыгыш хунну деп шарттуу аталган эки ири топко ажырайт. Батыш хуну тобуна кыпчак тилдүү (казак, башкыр, каракалпак, ногой, кумук, татар, өзбек- катагандар, өзбек-лакайлар, өзбек-дүрмөндөр, өзбек-барластар, крым татарлары, балкарлар, карачайлар ж.б.), огуз тилдүү (түрк, азербайжан, гагауз, түркмөн, салор, крым татарларынын түштүк диалектиси, шахсевендер, кажарлар, кызылбаштар, юруктар, ж.б.), уйгур тилдүү (уйгурлар, өзбектердин отурукташкан бөлүгү), чыгыш хунну тобуна - кыргыз- кыпчак тайпасы (кыргыздар, түштүк алтайлыктар), уйгур-тукюй тобу (хакастар, тувалар, якуттар, долгандар, түндүк алтайлыктар, шорлор ж.б.) киришет. Түрк тилдүү элдер - шарттуу аталыш. Тилдик жактан этногенетикалык жалпылык болгондугу менен, бул элдер сырткы жана ички факторлордун таасиринен улам маданий, антропологиялык, диндик, чарба жүргүзүүдөгү бир топ өзгөчөлүктөргө ээ. Буга түрк тилдүү этностордун жергиликтүү маданияттын жана тилдин элементтерин кабыл алуусу, антропологиялык ж.б. өзгөчөлүктөр да мисал боло алат. Түрк тилдүү элдер ислам дининин суннит (түрк тилдүү элдердин басымдуу бөлүгү), шиит агымдарына (азербайжандар, шахсевендер, кажарлар, кызылбаштар), христиан-православдар (чуваштар, гагауздар, якуттар, хакас, алтайлыктардын бир бөлүгү, балкан түрктөрү ж.б), буддисттер (тувалар, Монголиянын түрк тилдүү этностору), иудейлер (караимдер, крымчактар), шаманизм (сары уйгурлар, тувалар, алтайлыктар, хакастар, шорлордун бир бөлүгү) диндерине сыйынышат. Демек, түрк тилдүү элдер дүйнөдөгү белгилүү диндер менен байланышта. Бул түрк тилдүү элдердин таралуу ареалын да чагылдырат.

**Түрктөр** - Түркия Республикасынын калкы (Түркия түрктөрү деп да аталышат). 1923-ж. чейин Осмон империясынын аталышына карата өлкөнүн калкы «османлы» деген ат менен белгилүү болушкан. Түрк тилдүү элдердин ичинен эң

көп сандуу этнос. Акыркы маалыматтар боюнча Түркия түрктөрүнүн жалпы саны 60 млн. кишиден ашуун. Тилдердин генеалогиялык жиктешүүсүндө огуз тилдеринин огуз-селжук бутагында сүйлөшөт. Түрктөрдүн жайгашуусу кенен ареалга тараган. Алар Германия Федеративдүү Республикасында (3 млн.), Голландия, Белгия, Болгария, Греция, Румыния, Македония, Босния жана Герцеговина, Сербия жана Черногория (Югославия), Хорватия, Армения, Грузия, Кыргызстан, Казакстан, Ливан, Египет, Иордания, Америка континенти, Австралия ж.б. өлкөлөрдө жашашат. Тилдик жактан «анадолу говорлору» деген диалектилер төмөнкү аймактык негизде бөлүнүшөт: Түндүк Чыгыш - Самсундан Орду, Гиресун, Трабзон, Ризеге чейин; Чыгыш - Эрзурум, Элязиг, Карс; түштүк-чыгыш - Газиантеп - Адана, Анталия багыттары; түштүк-батыш - Измир - Маниса - Айдын - Деңизли - Мугла чектеринде; Орто Анадолу - Афьон - Анкара - Сивас - Мерсин - Коня; Кастамону - Зонгулдак - Бартын - Кастамону - Чанкыры. Балкан түрктөрүнөн румелия говорлорунан айырмачылыгы бар. 20-к. чейин чыгыш румелий говорлорунун негизиндеги адабий тил колдонулса, андан соң Түркия түктөрүнүн адабий тили орто анадолу говорлорунун негизиндеги стандартта калыптанууда. 1928-ж. араб алфавитинин ордуна латын ариби колдонула баштаган. Араб алфавити 13-к. баштап колдонулган. Түрк этносу Кичи Азияга Орто Азиядан журт которуп келген огуз-түркмөн урууларынын негизинде калыптанган. Этностун жүзүнүн калыптанышында карлук, кыпчак этнокомпоненттери да маанилүү роль ойногон. 12-13-кк. селжук, монгол жеңип алууларынын мезгилинде грек, армян, лаз, курд ж.б. урууларды, элдерди өз курамдарына сиңиришкен. 14-16-кк. Европанын чыгыш бөлүгүн каратып алуудан соң румын, болгар, венгр, албан ж.б. этнокомпоненттер жуурулушту. Түрк этносу жана маданияты көчмөнчүлүккө негизделген маданиятты, ислам баалуулуктарын, христиан маданиятынын кенчтерин өзүнө сиңирди. Ошону менен бирге, Балкан, Жакынкы Чыгыш элдеринин этностук тарыхында да белгилүү орунга ээ болушту. Ислам дининин калыптанып, сакталышына, анын дүйнөлүк негизги диндердин бирине айланышына Осмон империясы, түрк этносу башкы, чечүүчү ролду аткарышты. Өлкөнүн тогуз жолдун тоомуна жайгашуусу ыңгайлуу транспорт-коммуникация системасы, жагымдуу экономикалык өбөлгөлөр, кылымдар бою өнүккөн маданий мурастын сакталышы, өнүгүүсү түрк дүйнөсүндөгү, Чыгыш Европадагы Түркия Республикасынын ээлеген өзгөчө орунун чагылдырат. Тектеш этностордон болгон кыргыз жана Түркия түрктөрүнүн этностук-маданий алакалары эрте орто кылымдар доорунан эле башталат. Эки элдин этностук жалпылыгы материалдык жана руханий маданияттардын үлгүлөрүндөгү, элдик оозеки чыгармаларда, тилдик маалыматтарда, анын ичинен аралык, чендердин, салмак бирдиктери, өң-түс аталыштары ж.б. чагылдырылат. Түркия Республикасынын экономикасы жана чарбасы европалык стандарттар боюнча жогорку деңгээлде өнүккөн. Өлкөдө оор жана жеңил өнөр жайы менен бирге кайра иштетүү, дыйканчылык маданияты өнүгүү жолунда.

**Түркмөндөр** - Түркмөн Республикасынын түпкү калкы. Түрк тилдеринин генеалогиялык жиктешүүсүндө огуз тобунун огуз- түркмөн бутагында сүйлөшөт. Дүйнөдөгү түркмөндөрдүн жалпы саны 4 млн. көбүрөөк. Түркмөндөрдүн ири топтору Иранда (1 млн.), Афганистанда (700 миң), Иракта, Түркияда, Сирияда, Россияда, Казахстан, Өзбекстан ж.б. жерлерде жашашат. Түркмөн тилинде 30дан ашуун диалектилер жана говорлор бар. Тилдер этностук (уруулук) топторго карата төмөндөгүдөй бөлүнөт: теке (ахал, мары говорлору), йомуд, салыр, геклен, човдур, нохурли, сарык, кадашлы, алили, эрсары, арабачы, баят, ата, емрели, мурче, мехинли, эски, чегес ж.б. Түркмөн тилиндеги өзгөчөлүктөр батыш огуз урууларынын тилдеринин негизинде калыптанган. Огуз диалектилерин өзүнө

камтыган түркмөн тили жана этносу аймактын башка тилдерин, этностук компоненттерин сиңирген. Алардын ичинде хорезм, селжук, караханийлер, кыпчак ж.б. жуурулушкан. Түркмөндөрдүн этностук эң байыркы катмарын (дах, массагет, эфталит, алан-сармат ж.б.) иран тилдүү уруулар түзгөн. Мындан сырткары, отурукташкан жарым көчмөн, көчмөн иран тилдүү уруулар да этностук процесске катышкан. 4-6-кк. бул аймак көчүп келген түрк тилдүү уруулардын таасири астында түрктөшө баштаган. Бирок түркмөндөрдүн этностук жүзүнүн, тилинин калыптанышында, антропологиясында 9-11-кк. огуз тилдүү уруулар башкы орунду ээлеген. Селжукилер менен келген огуздардын басымдуу бөлүгү XI к. аймакты жигердүү өздөштүрүп, автохтондуу элди өз курамына сиңиришкен. Кийинчерээк түркмөндөргө кыпчак, жалайыр ж.б. уруулар жуурулушкан, ал эми 13-к. монгол-татар уруулары аралашкан. 14-15-кк. чегинде түркмөн этносунун негизи калыптана баштаган. Түркмөндөрдө уруулук-патриархалдык жиктелүүдө байыркы огуздардын (түрктөрдүн) дуалдык бөлүнүү системасы (он ок, боз ок) сакталып келет. Мындан сырткары, түркмөн уруулары «ички» (ичкиликтер) жана «тышкы» (сырттагылар) де- ген топторго да ажырашкан. 20-к. карата негизги ири уруулар төмөнкүлөр болушкан: теке, йомуд, эрсары, салыр, сарык, гоклен, човдур ж.б. Түркмөндөр көчмөн, жарым көчмөн шартта жашашкан. Оазистерде, дарыяларга туташ жерлерде дыйканчылык өнүккөн. Түркмөн-кыргыз этностук-маданий алакалары эрте орто кылымдар мезгилинен эле башталган. Элдик оозеки чыгармаларда да этногенетикалык жалпылыктар кездешет. Уруу-урук аталыштарындагы 200гө жакын параллелдер, уруулук эн тамгалардагы жалпылыктар этногенетикалык, этномаданий терең алакаларды чагылдырат. Этностук аталыштар жана уруулук эн тамгалардагы жалпылыктар этногенетикалык, этномаданий терең алакаларды чагылдырат. Этностук аталыштар жана уруулук эн тамгалардын теги эрте орто кылымдар жана андан соңку доорлорго таандык.

**Тынымсейит** - оң канаттагы уруулардын бири. Айрым информаторлор тынымсейиттерди генеологиялык жактан бугу уруусунун курамына кошуп жүрүшөт. Бирок басымдуу көпчүлүк санжырачылар, бул уруунун өкүлдөрү тынымсейитти өз алдынча уруу экендигин белгилешет. Тарых изилдөөчүлөр да тынымсейиттерди өз алдынча уруу деп жазышат. Бул уруунун өкүлдөрү көл кылаасын, Нарынды, айрым бөлүктөрү Чыгыш Түркстанды жердеп келишет.

## У

**Угечи кашка (Гүйлүчү, Мэнке Тэмур)** - Ойрот хандыгын негиздеген кыргыз ханы. Юань династиясынын кулашы Монголиядагы жана ага чектеш жайгашкан кыргыз урууларынын биригүүсүнө жакшы шарт түзгөн. Саясий бийликти алууга кыргыздар өтө жигердүүлүк менен катышкан. 14-к. аяк чендеринде кыргыз башкаруучусу Угечи кашка (Гүйлүчү, Мэнке Темур деген аттар менен да белгилүү болгон), 14-к. аяк ченинде ойроттордун жана монголдордун көпчүлүк бөлүгүнө өз бийлигин орноткон. Бийлик аталышынын (Юань династиясы) атын өзгөртүп, өз ээлигин «Дадань» (Та- тар) деп жарыялаган. Угечи кашка көз жумгандан соң, анын уулу Эсэху-хан бийликти мураска алып 4 бөлүктөн турган ойрог мамлекеттик бирикмесин негиздеген. Бул союзга элуте, бахатутэ, хойт, кыргыздар кирген. Ойротия Монголия кыргыздардын бийлиги астында турганда (1399-1425-жж.) Угечи-кашка жана анын уулу Эсэху-хан соода жолдорунун тоомунда жайгашкан Хами өрөөнүн ээлеп алууга жигердүү аркеттерди жасашкан. Батыш Теңир-Тоого, Ысык-Көл багытына аскер жүрүштөрү уюштурулган. 1435-ж. Эсэху-хандын өлүмү менен Ойрот союзундагы кыргыздардын бийлиги бошоңдой баштаган. Чорос уруулары чыккан кыргыздар союздун башкаруу бийлигиндеги өз

таасирин сактап кала беришкен. Тогон-хан көз жумгандан соң кыргыздар башка ойрот уруулары менен бирге Эсен-ханга баш ийип калышканы маалым. 15-к. 40-ж. ойроттордун курамындагы кыргыз аскерлери Пекинге жасаган жүрүшкө катышкан. Бул согушта кытай армиясынын таш- талканы чыгып, император И-Цзун туткунга түшөт. Бул мезгил Ойрот мамлекетинин гүлдөп-өнүккөн учуру болгон.

***Ад.:*** *Бейшеналиев Т.О. Киргизы и Джунгарское ханство (XVII- XVIII вв.). Автореферат кан.дисс. -Л.: 1989; Петров К.И. Очерк происхождения киргизского народа. - Фрунзе, 1963.*

**Уйгурлар** - Чыгыш Түркстанда, ага чектеш аймактарда жашаган түрк тилдүү калк. Айрым бөлүктөрү Казакстан, Өзбекстан, Кыргызстан, Афганистанда турушат. Түрк тилдеринин генеологиялык жиктелүүсүндө карлук тобунун карлук-уйгур бутагында сүйлөшөт. Жалпы саны 7 млн. жакын. Уйгурлардын антропологиялык тиби, тилдери да аймактык өзгөчөлүктөргө карата бир кылка эмес. Айрым монголоиддик элементтери бар европалык расага киришет. Кашкар, или, кулжа, турфан, яркенд, хотандар, хами (комул), таранчы, аксу, салар, ж.б. 4 топтогу диалектилерде сүйлөшөт. Материалдык маданиятында да бир катар өзгөчөлүктөр бар. 20-к. баш чендерине чейин уйгурлар өздөрүн аймактык аталыштарга карата бөлүп келишкен. Мисалы, кашкарлык, кулжалык, хотанлык ж.б. Кытайлар уйгурларды - хуэйхуэй, хуэйцу, чантоу, монголдор - хотон, ошол учурдагы орус булактарында Чыгыш Түркстан татарлары, сарттары, кытай мусулмандары ж.б. атап келишкен. 1921-ж. Алма-Атада уйгур интеллигенциясынын курултайында байыркы «уйгур» этнонимини кайра калыбына келтирүү жөнүндө чечим кабыл алынат. Ушул мезгилден бул калк «уйгурлар» деп атала баштаган. Шинжаңда мамлекеттик иш кагаздар уйгур тилинде жүргүзүлөт, адабий тили калыптанууда. Гезит-журналдар жарык көрүп, мектептер, орто, жогорку окуу жайлар иштейт. Кытайлык жана мурдагы советтик уйгурларда эки башка адабий тилде иш жүргүзүлөт. Уйгурлар манихей (5-к.), руникалык (5-8-кк.), уйгур (8-13-кк.), 9-к. тартып араб жазуусун пайдаланышып келишет. Уйгурлардын түпкү ата-бабалары чиди, динлиндер болушкан, алар кийинчерээк «гаогюй», «теле» деген аттар менен тарыхка кириштти. 6-к. төрт телес уруулары (юанхэ, пугу, тунло, баягу) юанхэ уруусунун айланасында уруу союзун түзүшүп, хуйхэ деген ат менен белгилүү боло башташкан. 6-к. 30-ж. күч ала баштаган Түрк каганатына, 609-ж. Чыгыш Түрк каганатына баш ийип калышат. 618-жылдан түптөлө баштаган Тан династиясы менен алакалаш, союздаш, айрым учурларда согушуп турушкан. Тогуз-огуз конфедерациясынын курамына кирген мезгилдери да болгон. 744- ж. Чыгыш Түрк каганатынын урандысында борбору Орду Балык шаары болгон Уйгур каганаты түзүлөт. 746 -ж. каган Пэйло дүйнөдөн кайткандан соң, каган Моюн Чур такка олтурат. 840-ж. кыргыздар уйгурларды талкалагандан кийин, Уйгур каганаты өз жашоосун токтоткон. Орто кылымдардагы кыргыз жана уйгур тилдеринин жакындыгы жөнүндө кытай жыл баяндары эскерет. Кыргыздардан батышты көздөй (Чыгыш Түркстан, Гансу) чегинен уйгурлар жергиликтүү түрк, иран ж.б. этнокомпоненттерди курамына сиңирген.

***Ад.:*** *Краткая история уйгуров. М., 1995. Языки мира: Тюркские языки. Б., 1997.*

**Уксорилокалдуулук** (лат.«аял» жана «жер») үйлөнгөндөн кийин күйөөнүн аялдын үйүндө жашоосу. Ал вирилокалдуулуктан мурда пайда болгондугу илимде маалым.

**Уламыш** - элдик оозеки адабиятта кеңири тараган жанрлардын бири. Уламыштын көркөм структурасында тарыхый негизи бар өңдүү окуялар баяндалат, алардын сюжетиндеги сүрөттөөлөр турмушка жакын болот да, уламыштардын тарыхый инсандар, окуялар, көрүнүштөр тууралуу, жер-суу

аттарынын келип чыгышы жана аларды тарыхый баяндоо ишке ашырылат. Кыргыз уламыштары эки чоң тематикалык багытка - тарыхый (тарыхый окуялар, чыныгы жашап өткөн тарыхый инсандар ж.б.) жана топонимикалык (жер-суу аталыштарынынын келип чыгышы) болуп бөлүнөт.

**Улуттар аралык байланыш** - тиричилик аракеттеринин түрдүү жактарында түрдүү улуттардын өкүлдөрүнүн өз ара аракеттешүүсү. Ал улуттук мамилелердин тибине, улут маселесинин чечилүү деңгээлине, улут аралык байланышуусунун маданиятына жараша достук, нейтралдуу, конфликт мүнөзүндө болушу мүмкүн. Улуттар аралык байланыш адатта улут аралык диалог формасында ишке ашырылат. Ал байланышкан тараптарды өз ара байытууга, маданий тажрыйба алмашууга алып келет. Улут аралык байланыш мамлекеттик да, жеке адамдар деңгээлинде да жүрүшү мүмкүн.

**Улуттук азчылыктар** - мамлекеттин көпчүлүктү түзгөн калкынан улуту боюнча айырмаланган элдер. Улуттук азчылыктар термини ар кайсы өлкөлөрдө ар түрдүү мааниде колдонулат. КЭР, Вьетнамда көп сандуу элден башкалардын баарын улуттук азчылыктар деп аташат. Индонезияда иммиграниттык топторду түпкү калктан айырмалап улуттук азчылыктар деп аташат. Бир катар мусулман өлкөлөрүндө (Иранда) дини боюнча бөлүшөт. Мамлекеттик динди тутпагандардын баары улуттук азчылыктар катары эсептелинет. Батыш Европада болсо үстөмдүк кылган улут менен укуктук статуска ээ болгон, автономия же мамлекеттин эгемендик формасында же ага жетишүүгө умтулган этностук (улуттук) топтор аталат.

Улуттар аралык конфликттер - карама-каршы таламдары бар топтор, этностук белгиси боюнча айырмаланган топтор аралык конфликттердин формаларынын бири. Улуттар аралык конфликттер саясий-этностук араздашуулар, массалык баш аламандык, сепаратисттик чыгуулар ж.б. менен мүнөздөлөт. Анын көрүнүшү турмуштагы жөнөкөй улутчулдуктун көмүскө формаларынан тартып граждандык согушка өсүп жетүүчү куралдуу кагылышка чейинки көп түрдүү формаларда болот. Улуттар аралык конфликттердин чыгышынын негизги себептери тигил же бул улуттун же этностук топтун укугунун бузулушу, чет-жакалардагы этностук топтордун социалдык маселелерде кур калуусу жана кемсинтилүүсү, бир кылка өнүкпөй калуу, жаңы технологиядан артта калуу, жаңыланбоо ж.б. болуп саналат. Мындай шарттарда түрдүү этностук топтордун ортосундагы экономикалык теңсиздик этностук-улуттук кемсинтүү катары кабыл алынат жана этностук тилектештиктин калыптануусунун себеби болуп калат. Диний пикир келишпестиктер менен фанатизмди, диний экстремизмди күчөткөн улуттар аралык конфликт коом үчүн өзгөчө коркунучтуу. Азыркы мезгилде улуттар аралык конфликттер глобалдык кубулуш болуп калды, алар көптөгөн региондордо, жер шарынын бардык континенттеринде кездешет, социалдык-экономикалык өнүгүүнүн ар кандай стадия- сында турган өлкөлөр да андан четте кала алган жок.

**Улуттук өзүн-өзү таануу** - улуттук-этностук топтун мүчөлөрүнүн өз тарыхы, өнүгүүсүнүн азыркы абалы, келечеги, ошондой эле башка топтордун арасында өз орду, алар менен өз ара мамиленин мүнөзү тууралуу түшүнүктөрүн билдирген ой-пикирлердин, көз караштардын, баа берүүлөрдүн жана мамилелердин жыйындысы. Ал элдердин өз ара аракеттенишүүсү, окшош жана айырмалуу мүнөздөрүн, таламдарын, талаптарын, маданиятынын, тилинин, жашаган аймактарынын, чарбалык жана рухий турмушунун, ырым-жырымдарынын, салттарынын өзгөчөлүктөрүн айырмалап түшүнүү процессинде пайда болот. Бир улуттун өкүлдөрүнүн өздөрүн башка этностук топтордон айырмалоосу, өзгөчөлүгүн сезүүсү өздөрүн өзгөлөр менен салыштырып баалоого мүмкүнчүлүк берет. Ал улуттун мүчөлөрүнүн өздөрүнүн топтук биримдигин сезүү, этностук

топ, улуттук коллектив менен өзүн окшоштуруу, бирдейлигин сезүү улут калыптангандан алда канча мурда пайда боло турган өзүн этноско ыйгаруучулук сезими саналат. Улуттук өзүн-өзү таанууда ар бир эл өзүн башка элдер менен салыштырууда өз ордун аныктайт; элдердин ортосунда табигый теңдик болбогондуктан чоң жана аз сандагы элдер өз ордун ар башкача сезишет. Улуттук өзүн-өзү таануунун борбордук элементи элдин тарыхый акыл-эси болуп саналат. Анын сырткы көрүнүшү болуп элдин энчилүү аты - этноними эсептелет. Улуттук өзүн-өзү таануунун структурасында тарыхый мурастарды гана эмес, улуттук прогресс таламдары жана талаптары жөнүндөгү, чечилбеген проблемалар, улуттун тарыхый тагдыры, башка улуттар менен алакалардын максатка ылайыктуулугу жөнүндөгү түшүнүктөрдү да чагылдыра турган элементтер бар. Улуттук өзүн-өзү таануу улуттук консолидациясы жогору чекке жеткен элдерде бир кыйла ачык көрүнөт.

**Умай эне** - балдардын төрөлүшүн жана төрөлгөндөн кийинки убактарда колдоочу, сактоочу мифологиялык эне. Ошону менен бирге, төрөт учурунда аялдарды кырсыктан сактайт деген ишенич кеңири тараган. Умай эне жөнүндөгү түшүнүк Евразиянын түрк- монгол тилдүү элдеринде кенен таралган. Өзгөчө, бүгүнкү кыргыздарда, Энесай кыргыздарынын урпактары болгон хакас, тува, шор, алтайлыктарда, Саян-Алтайдын башка түрк-монгол тилдүү элдеринде Умай эне жөнүндөгү мифтик түшүнүк бекем сакталып келет. Энесайдагы (Хакасиядагы Алтын-Көлдөгү Барс бекке арналып тургузулган эстелик жазууда) кыргыз жазуу эстеликтеринде «Умай энеден тараганбыз», «Умай эненин тукумдарыбыз» деген маалыматтар бар. Терминдин келип чыгышы байыркы ирандыктарга таандык болуусу мүмкүн. «Хума» - иран тилинде өзгөчөлөнгөн асман канаттуу кушун түшүндүрөт.

**Унилатералдуулук** (лат. «бир» жана «тарап» маанисинде). Туугандыктын бир тараптан - эркек же аял тарабынан аныкталышы. Билатералдуулука чейин пайда болгон.

**Унилинейлүүлүк** (лат. «бир» жана «багыт» маанисинде). Тектин бир багытта - эркек же аял тарабынан гана аныкталышы. Билинейлүүлүккө (амбилинейлүүлүк) чейин пайда болгон.

**Унилокалдуулук** (лат. «бир» жана «жер» маанисинде) жубайлардын никеде чогуу жашоосу маанисин туюнтат.

**Ураан** - жүрүшкө чыгуу, аскердик беттешүү учурунда же өзүнүн кайсыл урууга (урукка) таандык экендигин аныктаган сүрөөн, ураан чакыруу. Түрк-монгол тилдүү элдерде байыртадан белгилүү болуп келген ураан согуш учурунда колдонулган. Ураан аркылуу аскер бөлүктөрүнүн кайсыл элге, урууга таандык экендигин аныкташкан. Ураандар аталышы көбүнчө тотемдердин, ата-бабалардын рухун чагылдырган ж.б. аталыштарга байланыштуу келип чыккан. Ураандын кошуун тарабынан чакырылышы душмандын үрөйүн учурган. Кыргыздын басыз уруусунун аскердик урааны «Ак- буура» деп чакырылса, басыз уруусу курамына кирген сол канат кыргыз урууларынын аскердик урааны «Каратал» деп чакырылган. Демек, ар бир уруунун, уруулук бирикменин өзүнө таандык аскердик ураандары болгон. Мурдагы падышалык Россиядагы, андан соңку Советтик Армиянын аскердик урааны «ураа» деп сүрөн салынганы маалым. Мындан, ураан («ураа») түрк тилдүү элдердин таасири астында кабыл алынгандыгын билүүгө болот.

**Уранхайлар.** Бул ат менен тувалар (тубалар), саха-якуттар, Түндүк-Батыш Монголиянын түрк тилдүү этностору белгилүү. Даректүү тарыхый булактар «уранхайларды» байыркы түрк-монгол тилдүү этностук чөйрөгө таандык экендигин далилдейт. Уранхай (байыркы монгол тилинде - «Хурэнхэй») сөзүнүн мааниси «аба ырайы суук, табийгаты катаал аймакта жашаган адамдар» же

«биздин тилди түшүнбөгөндөр», «бөтөн эл, башка уруу» деген маанини аныктайт. «Уранхай» терминин якуттардагы «тонгжон» - «биздин тилди түшүнбөгөндөр», «тили буруулар» деген сөздүн калькасы катары кароо зарыл. Тарыхта бир этнос экинчи бир этноско энчилүү ат берген учурлар (экзоэтноним) арбын кездешери маалым. «Алтан Тобчиде» уранхайлар монголдордун мифологиялык түпкү ата-бабалары менен бир мезгилде эскерилет. Рашид ад-Дин уранхайларды эки топко бөлөт: токой уранхайлары жана түздүктөгү уранхайлар. Токой уранхайлары кори, тумат, баргуттарга жакын (Баргуджин-Токум) аймактарды байырлашат. Автор уранхайларды Кыян жана Нөкүстөн тарашарын, насили моңгол урууларынан эмес экендигин белгилейт. Демек, 12-14-кк. монголдордо азыркы Моңголиядан түндүктө жайгашкан түркий тилдүү элдер, уруулар жалпылыгынан «уранхайлар» деген ат менен белгилүү болгон. Уранхайларда моңголдошуу процесси соңку мезгилдерде өтө тездик менен жүргөндүгүн Н.А.Аристов да белгилеген. Бул монгол тилдүү уруулардын аталган аймакка жүргөн миграцияларын чагылдырат. Ал эми 18-19-кк. тартып моңголдор туваларды гана «уранхай» деп аташкан. Бул этностук аталыш монгол тилдүү ж.б. элдерде да кеңири тараган. Мисалы, «уранхай» деген урук аталышы буряттардын этнонимиялык системасында беш ирет, Волгалык калмактарда бир ирет кайталанат. Ал эми якуттар салтанаттуу учурларда өздөрүн «урянхай-сахалар» деп аташат. Бул якуттарды байыркы «урянкат» уруулары менен байланыштырып, бул элдин этногенезиндеги түштүк компонентин айкындайт. Айрым изилдөөчүлөрдүн пикиринде уранхайлар өз алдынча (13-к.) ири уруулук бирикме болгон. Ушул мезгилдерде урянхаттар (уранхайлар) менен моңгол урууларынын айрым бөлүктөрү жуурулушкан десе болот. Буга моңголдордун курамындагы «урянхай» этноними мисал боло алат. Көпчүлүк булактарда азыркы тувалар жана аларга жамааттaш жашаган элдер, уруулар уранхайлар, бул аймак «Уранхай жергеси» деп аталат. «Уранхай» этнокомпоненти кыргыздардын курамына 10-13-кк. кеч эмес кирген десек болот. Анткени, байыркы кыргыздар жалпы негизден «уранхайлар» деп аталган уруулар (бүгүнкү тувалар, сойоттор ж.б. ата-бабалары) менен узак убакыттар бою жамааттaш, алакалаш жашашканы маалым. Болжолу, уранхайлар өз учурунда Энесай кыргыздарынын да этностук курамына киришкен. Буга кыргыздар менен этногенетикалык жалпылыктары далилденип келе жаткан сары уйгурлардагы (сарыг югур) «ораңгат» этноними да далил боло алат.

***Ад.:*** *Малов С. Е. Язык желтых уйгуров. Алма-Ата, 1957; Николаев С. И. Три одинаковых по значению этнонима Восточной Сибири (Урянхай.Тунгус, Юкагир); Вайнштейн С.И. Историческая этнография тувинцев. Проблемы кочевого хозяйства. - М., 1972.*

**Урбанизация** (лат. urbanus - шаардык). Өнөр жайдын жана калктын шаарга топтолушун чагылдырган термин. Этнография илиминде урбанизация шаар жана айыл калкынын ортосундагы маданий өзгөчөлүктөрдүн жоюлуп бара жаткандыгы, шаар маданиятынын үстөмдүк кыла баштаганы эбактан иликтенген.

**Урук.** Теги бир атадан тараган кандаш туугандардын биримдиги. Алгачкы адам топтору, алардан - урук, уруктан - уруу, уруудан - уруулук союздар келип чыгат.

**Урук (уруу) аксакалы** - уруунун шайланма жетекчиси, башкарууну, руханий, анын ичинен диний жөрөлгөлөрдү жетектеген. Уруу ичиндеги талаш-тартыш маселелерди калыс чечип, таразалаган. Кошуна ж.б. жашаган уруулар менен алакаларды жетектеген. Алгачкы жаматтык коомдо аксакалдар аскердик жетекчиликти да колго ала билишкен.

**Урук кеңеши** - уруктун бардык тең укуктуу мүчөлөрүнүн же аксакалдардын маанилүү маселелерди чечүү үчүн жыйналышы.

www.bizdin.kg

**Уруу** - маданий-тилдик биримдиги бар, эндогамиялуу этносоциалдык уюм типтеринин бири. Түрдүү тарыхый доорлордо уруу жана анын формасы түрдүүчө болгон. Өнүгүү деңгээли төмөн турган аңчыларда жана жыйноочуларда жылдын белгилүү бир мезгилдеринде жалпы диний ритуалдарды, атайын каада-салттарды, аңчылыкты чогуу өткөрүү үчүн, өз ара маалымат алмашуу, үйлөнүү тойлорду өткөрүү ж.б. уюштуруу үчүн чогулган общиналар тобу болгон. Мындай учурда уруунун курамында 150-200дөн 1000-1500гө чейин киши болгон. Австралиялыктардын, семангилердин, Конго бассейниндеги пигмейлердин, бушмендердин, эскимостордун бир бөлүгүнүн уруулары да ушундай топтордон турат. Бул элдерде уруунун көлөмү калктын санынын катарын калыбына келтирип туруу зарылчылыгы менен аныкталган. Эндогамиянын жогорку даражада (70-80%) болушу аларды популяцияга жакындаткан. Уруунун көлөмүнүн төмөнкү чеги эндогамиялык топтун уруулаштарынын айрым мүчөлөрү менен никелешүүгө тыюу салган жана алгачкы коомго мүнөздүү төрөлүү менен өлүмдүн жогору болушу шарттарындагы аман калуунун айласы менен шартталат. Жогорку чеги жардамчы каражатысыз кыдырып жүрүү же салыштырмалуу отурукташкан жашоо ыңгайы бар шарттардагы байланыштын даражасы менен аныкталат. Уруунун ээлеген аймагы климаты жагымдуу шарттардагы 200-300 чарчы км. ден чоң арктикалык райондордун экстремалдык шарттардагы 40 чарчы км. чейин чектелген. Борборлошкон бийликтин эч кандай формасы болбогон мындай урууларда общиналардын биримдиги общиналар аралык нике менен гана эмес, аларды коштогон социалдык жана чарбалык кризис учурларында өз ара жардамдашуу милдети менен да кармалып турган. Общиналар аралык байланыштар ачарчылык болгон учурда азык-түлүккө карк болгон кошуна аймакка баруу, общинанын мүчөлөрүнүн кескин азайышын жаңы кабыл алынгандар менен толуктоо, сезондук коллективдүү аңчылык жүргүзүү ж.б. зарылдыктар менен шартталган. Общинадагы социалдык оор абалды төмөндөтүү үчүн анын айрым мүчөлөрү мезгил-мезгил менен башка общиналарга кетүүгө тийиш болушкан. Демек, уруу ичинде бир тилдин же диалектинин жана бир маданияттын калыптанышына негиз түзүлгөн. Бирок бул али ошого багыт алуу гана болгон, себеби аталган бирикмелер ачык мүнөздө болгон. Географиялык жактан алганда олуттуу тосмолор жок болгондуктан, уруулардын аймактык жана социалдык чектери бекем болгон эмес. Алар башкалардын тилин, маданиятын салыштырмалуу жеңил эле кабыл алып турушкан. Ар бир общинанын ички да, сырткы да никелик, чарбалык, социалдык байланыштарда өз системасы болгон жана бул кеңири ареалдарда маданий-тилдик туташ чөйрөнү жараткан. Аны бөтөнчө топтук аралаш аң-сезимдүү этностук туташ чөйрө коштогон: ар бир общинанын мүчөсү өз тобун ар башкача элестеткен жана ага түрдүү кошуна топторду кошо беришкен. Көпчүлүк учурда уруунун энчилүү аты болгон эмес. Кишилер жаңы жерге келгенде өз уруусунун энчилүү аталышын оңой эле өзгөртө беришкен же ошол эле учурда кошуна элдердин атын кабыл алган. Этносун алмаштыра берүү, этностордун ич ара аралашуу процесси мындай кырдаалда оңой эле ишке ашып турган. Мунун баары аталган урууларды этнос эмес, калыптануу үстүндөгү этнос, «протоэтнос» экендигин көрсөтөт. Бир кыйла өнүккөн коомдор менен тыгыз байланышта болгон учурда гана аңчылар менен жыйноочуларда бир кыйла тагыраак уруулук чек, чарбанын айрым адистешүүсү менен байланышкан бөтөнчө маданий комплекс, ошондой эле так уруулук өзүн-өзү аңдоо сезими пайда болмок. Бирок мындай учурда алар өз эне тилин жоготуп, кошуналарынын тилин кабыл алышкан. Мындай процесс пигмейлердин, бушмендердин, сандавелердин, хадзалардын, семангилердин, аэталардын ж.б. айрым топторунда байкалган. Аңчылардын жана жыйноочулардын уруулары

айрым маданий-тилдик өзгөчөлүгү менен айырмаланган кыйла ири топторго - урууларды тобуна же уруулардын үй-бүлөсүнө кириши мүмкүн.

Жогору өнүккөн аңчыларда, балыкчыларда жана жыйноочуларда, эрте мезгилдеги дыйкандар менен малчыларда уруу башкача болгон. Алгачкы мезгилдерде отурукташууга өткөндөн кийин эффективдүү чарбанын негизинде айрым общиналардын обочолонуусу күчөйт. Алар 200-300 дөн 1000-2000 кишиге жетип, калктын толукталып туруусун өздөрү ишке ашыра алмак. Айрым учурларда ал общинанын негизинде уруунун калыптанышына алып келген. Уруу-община Түштүк Американын айрым райондорунда, Жаңы Гвинеяда (беррилерде) ж.б. белгилүү. Ошентсе да, бул тенденция бат эле карама-каршы багыттагы тенденция менен алмашкан. Чарбалык, социалдык, демографиялык кыйынчылактарга жалгыз община туруштук бере алмак эмес, ошондуктан мындай абал общиналардын арасында байланыштын өнүгүшүнө жана чыңдашына түрткү берген. Бирок эми интеграция механизмдери общиналар арасындагы никелешүү менен эмес, бутактанган социалдык тармагы, жаш куракттык класстары, эркектер үйү, өнөктөштүк, лидерлер системасы бар уруктук уюмдун пайда болушу менен аныкталат. Мунун баары кечки уруктук община мезгилинде бир кыйла так уруулук уюмдун калыптанышына алып келген. Чындыгында, мында да уруу көп учурда чеги так эмес аморфтук топ болгон. Бул өзгөчө хутордук системада жайгашкан райондордо таралган. Мисалы, папуастарда уруулук топ аскердик союз катарында гана болуп, анын курамы общиналар арасындагы щамилелерге, каршылашкандардын жаңы абалына жараша өзгөрүп турган. Кантсе да, уруунун курамы салыштырмалуу туруктуу болгон; биринчиден, анын ичинде башка уруунун мүчөлөрүнө карата колдонулбаган куралдуу кагылышуунун натыйжаларык жумшартуу механизми болгон; экинчиден, уруунун ичинде гана социалдык байланыштарды бекемдеген өзгөчө экономикалык механизмдер иштеген; үчүнчүдөн, мезгилдин өтүшү менен уруунун ичинде өздөрүнүн диний сыйынуу системасы калыптанат. Ошону менен бирге, эрте доордогу дыйкандарда маданий-тилдик жана этностук туташтык кыйла кеңири болгон. Ал Жаңы Гвинеянын папуастарында бир топ жогорку деңгээлде изилденген. Көпчүлүк учурда уруулардын энчилүү аты болгон эмес, бирок кошуналар аларга ат койгон (экзоэтноним) учурлар көп кездешет. Көпчүлүк учурларда өзүн-өзү аңдоо сезими жок урууларда этногониялык уламыштар таралган эмес. Эреже катары мындай уламыштар урууларга кирген уруктарда, кээде фратрияларда бар. Ошондуктан өткөн доор, келечек менен байланышпаган учур чактагы гана уруулук биримдик кабылданат. Бир жагынан бул процесс урууга башка топтор менен интеграциялоону жеңилдеткен, экинчи жагынан уруунун биримдигин алсыраткан. Эрте дыйкандардын жана малчылардын уруулары бир нече миңге, ал эми алардын бирикмелери 10-15 миң кишиге жеткен. Бул мезгилде этностор айрым жерлерде уруу же уруулар бирикмелери болгон. Таптар пайда болор алдындагы коомдордо уруу маанилүү социалдык-чарбалык бирикмеге айланган жана башкаруунун борборлошкон системасы уруулук интеграциянын башкы фактору болуп калат. Бир катар учурларда уруулар иерархиялык «жол башчылыктын» компоненттеринин бири болуп киришкен. Тескерисинче, айрым жерлерде (Түндүк Америка) бир кыйла демократиялуу борборлошкон структуралар - уруулар союздары түзүлгөн. Бул мезгилде консолидациялашып жаткан уруулар топтору (үй- бүлөлөрү) - уруу бирикмелери же калыптанып жаткан эл этнос болуп саналат. Айрым уруулар болсо өз этнографиялык өзгөчөлүгүн ᶜактап кала берген. Уруулар таптык коомдо да калдык катары сакталып калган.

**Уруу кеңеши —** урууга кирген уруктардын аксакалдарынын чарбалык иштерди чечүү, уруктар аралык мамилелерди жөнгө салуу үчүн жыйналышы, ошондой эле

уруунун бардык расмий укук алган мүчөлөрүнүн өтө маанилүү себептер боюнча (согуш, агрессия, көчүү, бөөдө кырсык ж.б.) жалпы жыйналышы.

**Уста** - өз ишин билүүгө жетишкен кылдат адис. Бул сөз жыгач уста менен темир уста деген маанини да аныктайт. Темир устанын байыркы түрктөрдөгү (кыргыздардагы), өзгөчө шаман динин тутунган элдердеги коомдук турмуштагы ээлеген ролу өтө орчундуу болгондугун ырастаган булактар бар. Тарыхый маалыматтарга караганда, байыркы Түрк каганатындагы мамлекеттик бийликте кесиби темир уста шамандардын коомдогу таасири өзгөчө күчтүү болгон. Япон чыгыш таануучусу Масао Мори өз иликтөөлөрүндө байыркы түрк доорундагы каган бир эле убакта темир устанын функциясын аткарганын чагылдырган кытай булактарындагы (Чжоу династиясынын мезгили) уламышка токтолуп, бул шаман дининин өнүгүп, калыптанышынын алгачкы этабы катары карайт. Шамандардын жана темир усталардын генетикалык-ритуалдык байланышын байыркы түрк тилдүү уруулардын күндөлүк турмушундагы, чарбасындагы темир устанын ээлеген орду тастыктайт. Уруулук коомдо бир эле мезгилде эки кесипти тең аркалагандар (шаман-темир усталар) Түштүк Тувада жакынкы мезгилдерге чейин жашап келди. Буряттарда шаман-темир усталар өздөрү жаңыдан даярдалып, колдонуучу буюмдарга (балка, казык, тери буюмдары ж.б.у.с.) алгач, ырым-жырымдарды аткарышып, бөтөн адамдарга, өзгөчө аялдардын бул заттарга жакындоосуна тыюу салышканы белгилүү. От менен тыгыз байланышкан темир устанын кесиби ыйык эсептелип, замандардын түпкүрүнөн адамдардын эс-акылында жашап келе жаткан от кудайын кыйыр чагылдырат. Байыркы кыргыздарда темир иштетүү, зергерчилик кылуу жогорку деңгээлде өнүккөндүгүн археологиялык табылгалар тастыктап келери бышык. Бүгүнкү Хакас-Минусин ойдуңунда эзелки кыргыздар иштеткен эбегейсиз зор шахталардын чалдыбарлары сакталып калганы далил боло алат. Түркүн металлдардан ширелип, аткарылган зергерчилик буюмдары кыргыздардын өлкөсүнөн алыскы жерлерге да белгилүү болгону ырас. Буга кыргыздар өндүргөн сапаттуу темир металлынын кытайлар жана түрктөр өзгөчө баалагандары далил боло алат.

***Ад.:*** *Кармышева Б.Х. Очерки этнической истории южных районов Таджикистана и Узбекистана. -М.: 1976; Потапов Л.П. Алтайский шаманизм. -М.: 1991.*

## Ү

**Үй-бүлөнүн формалары** — никелешкен түгөйлөрдү баш коштурууну жөнгө салуу. Түгөйлүү, жеке, моногамдык үй-бүлөлөр ажыратылат.

**Үй-жай** - адамдын жалпы муктаждыктарын (көбүнчө тамак- аш даярдоого, тамактанууга, эс алууга жана уктоого) канааттандыруу үчүн, социалдык жиктелүү пайда болгондон тартып мартабасын ашыруу үчүн, аба ырайынын жагымсыз шарттарынан коргонуу үчүн климаттык шарттарга ылайык ыңгайлаштырылган табигый же жасалма баш калкалоочу жай. Үйгө болгон муктаждык бир бөлмөлүү там, бирден бөлмөсү бар бир нече там же бир нече бөлмөсү бар там менен канааттандырылат. Күндөлүк пайдаланылган жана майрамдарда керектелүүчү бөлмөлөрү катар жайгашкан үй өзгөчөлөнүп турат. Көп бөлмөлүү үйлөр алгачкы бир бөлмөлүү үйгө кошумча бөлмө кошуу менен же аны экиге бөлүү менен жасалат. Көп бөлмөлүү үйлөр адатта горизонталдуу, кээде вертикалдык (мунара үйлөр) структурада болот. Үйдүн борбору (куттуу жери) очок болгон. Алгачкы ачык жасалган очок өз эволюциясында тамак бышыруучу мештерге, жылытуучу мештерге айланды. Жертөлө, жер бетине курулган, жерден көтөрүлүп салынган үйлөр болот; алардын арасында өткөөл форма катары жарым жертөлө жана пайдубалдын үстүндөгү секиге курулган там турат.

Үйдүн архаикалык формалары катары үңкүрлөр, күндөн, жаан-чачындардан баш калкалагычтар, чөп алачык жана кепелер белгилүү. Кепе жыгач сөңгөктөрдөн, бутактардан дубалсыз чатыр сыяктуу курулган. Арктикада, субаратикада сөөк, чым жана жаныбарлардын териси да пайдаланылган. Кепелер бир кыйла кеңири тараган үй-жай катары жогорку полеолиттен баштап салына баштаган. Ал негизги үй катары азыр да алгачкы общиналык түзүлүштүн калдыктары, ыйгарым чарбасы же кол дыйканчылыгы сакталып турган экономикалык жактан артта турган райондордо, өзгөчө тропикалык токойлордо кызмат кылып келатат. Кепенин негизинде арктикалык жана субарктикалык бугу багуучулардын, аңчылардын чумдары, ярангдар, малчы-көчмөндөрдүн чатырлары жана ушул сыяктуу көчмө үйлөрдүн формалары пайда болгон. Боз үй көчмө үйлөрдүн жыйып, көчүрмө вариантына кирет.

Индустриялдык өнүккөн өлкөлөрдө кепени кээде убактынча, сезондук муктаждыктар үчүн аңчылар, туристтер жайыттардагы малчылар, чымкөң, көмүр казуучулар пайдаланышат. Мындай үйлөр тегерек, сүйрү же тик бурч формасында курулат.

Кепенин ордуна азыркы үйлөр салына баштады. Үй дубалдын болушу менен мүнөздөлөт жана мындай үйлөрдөн курула башташы үй-жай тарыхындагы бурулуш учур болуп саналат. Неолитте башталган бурулуш бекем отурукташууга жана жаңы куралдын - балтанын ойлоп табылышына байланыштуу ишке ашырылган. Балтанын жардамы менен жыгачтан үйлөр салына баштаган. Үй курула баштагандан тартып анын ичин бөлмөлөргө бөлүү пайда болот.

Үйдүн пайда болушу феодализм доорунан тарта айыл жана шаар тибиндеги үйлөрдү куруу салттарынын өнүгүшүнө, кийинчерээк короолуу үйлөрдүн калыптанышына негиз салынат. Өнөр жай төңкөрүшүнөн тартып (шаарларда андан мурда) феодализмге мүнөздүү үйлөр жаңы үйлөр менен алмашылат. Аларда таптык жиктелүү ачык байкалат. Үй-жайдын тарыхый өнүгүшү беш этапка бөлүнөт: 1) төмөнкү палеолитте даяр мүмкүнчүлүктөрдү (үңкүрлөр, дарак түбүнө баш калкалоо) таш тизип, бутактардан, кабыктардан баш калкалагыч жасап пайдалануу; 2) жогорку палеолитте алгачкы жөнөкөй турак-жайдын (жасалма үңкүр, ала- чык, кепе) пайда болушу; 3) неолитте үйдүн пайда болушу; 4) байыркы жана феодализм доорунда айыл жана шаардык үйлөрдүн салттуу формалары өнүгөт; 5) өнөр жай төңкөрүшүнүн башталышы менен салттуу формалардын соңку учурдагы үйлөр менен алмашышы болуп өтөт.

Айылдык үй - дыйкандардын жашоочу жана чарбалык курулуштары. Көбүнчө жашоочу жана чарбалык имараттар бир чатырдын алдына курулат. Бул үйлөрдүн курулушуна 20-к чейин табигый курулуш материалдары (жыгач, таш, топурак, саман, камыш) колдонулган. Айыл үйлөрүн көпчүлүк аймактарда дыйкан өзү курган же ашар жолу менен бүт айылдыктар курушкан. Башка аймактарда, мисалы, Чыгыш Азия жана Борбордук Европага мүнөздүү татаал конструкциядагы үйлөрдү орто кылымдардан тартып атайын усталар курушкан бул жердеги бурулуш мамыларды жерге көмбөстөн атайын секичеге орнотууга өтүү менен мүнөздөлөт. Чарбалык курулуштар менен бирге үй дыйкандын короосун түзөт.

Өзүнүн максатка ылайыктуулугу, курулуш сапаты, эстетикасы, ландшафтка жарашыктуулугу менен дыйкандын короосу элдик салттуу материалдык маданияттагы чыгармачылык жетишкендиктердин бири. Дыйкандын короосу ар бир элдин маданий мурасынын эң баалуу, ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Азыркы учурда, коргоочу иш-чаралардын натыйжасында аларды кийинки муундар үчүн сактап калууга болот.

Үйлөрдү типтештүрүүнүн негизги дихотомиялык принциби - аларды сынч (каркас) жана дубал көтөрө турган формаларга бөлүү. Сынч үйдүн төбөсү

устундарга жаткырылат, сынчтын арасын толтурган (тактай, топурак, кыш, ж.б.) нерселерге оордук түшпөйт. Дубал көтөрө турган үйлөрдүн төбөсү дубалга жаткырылат, бүт оордукту дубал көтөрөт. Дубал (Жер Ортолук деңиздин жээктеринде, Африкада, Батыш, Борбордук жана Түштүк Азияда) топу- рактан, кыштан, таштан, ал эми Чыгыш Европада, Сибирде - жыгачтан тургузулушу мүмкүн. Сынч (каркас) үйлөр көбүнчө Батыш Европанын, Чыгыш жана Түштүк Чыгыш Азиянын өлкөлөрүнө мүнөздүү.

**Үй жаны** - кыргыздардын үйлөнүү салтында никелешүүгө чейин өткөрүлө турган такыя сайды жөрөлгөсүнүн айрым аймактардагы аталышы. Такыя сайуу убагында күйөө бала боз үйдүн жанында тургандыктан ошондой аталган. Бул боюнча бир түрдүү маалымат жок. Фиельструп Ф.А. өзү жыйнаган материалдардын биринде ал тууралуу төмөндөгүдөй маалымат берген. «Күйөө бала колуктусунун айлына келгенде аны башка боз үйгө башка меймандар менен чогуу отургузушат. Боз үйгө башына чапан жаап, анын үстүнөн шөкүлө кийген бирөө кирип ортого олтурат. Күйөө бала сыртка чыгып таяктын учуна жоолук байлап, тешиктен ыргытат да «оңбу» же «солбу» деп сурайт. Отурган киши «кайдагы оң, сол» мен кыз эмесмин, эркекмин деп чапанды ыргытып, жоолукту алып чыгып кетет. Андан кийин ошондой эле кийиндирилген колуктуну алып келишет. Жогорудагы көрүнүш кайра кайталанат. Бирок бул учурда колуктунун энеси «оң» деп жоолукту алып чыгып кетет. Күйөө бала үйгө кирип, баары чогуу эт жешет. Күйөө- колукту боз үйдө калышат. Эрте менен таң заарда аларды ойготуп, колуктуну атасынын үйүнө алып кетишет, ал эми күйөө бала эч кимге көрүнбөй өз айлына кетет. Үй жаны (күйөө-колуктунун жакындашуусу) калың төлөнүп бүткөнгө чейин уланат».

**Үй чарба (кожолук)** - коомдун обочолонгон ячейкасы, азык-түлүктү өндүрүү, аны керектөө, жумушчу күчүнүн ордун толуктоо өз ичинде жүрөт. Кожолуктар кошуналык община калыптанып жаткан мезгилде көбүнчө үй-бүлө базасында пайда болгон. Кожолук бир нече бүлөдөн турган. Көп үй-бүлөлүү кожолук үйлөнгөн балдар бөлүнүп кетпей өз үй-бүлөсү менен ата башкарган бир чарбада кала беришинен пайда болот. Мындай үй-бүлө чоң, бөлүнбөгөн, кеңейтилген же патриархалдык үй-бүлө болот. Кээде көп үй-бүлөлүү кожолуктар башчы-ата өлгөндөн кийин бөлүнүп, айрым үй-бүлө чарбаларына айланат, кийин анын ар бири көп үй-бүлөлүү кожолука айланат жана кайрадан кожолукка бөлүнөт. Бул вариантта көп үй-бүлөлүү кожолук циклдик өнүгүштүн бир фазасы болуп саналат, башка бир фазасы бир үй-бүлөлүү кожолук.

Башчы-ата өлгөндөн кийин бөлүнбөгөн көп үй-бүлөлүү кожолуктар да өзгөрүүгө учурайт. Башчынын ордун балдарынын улуусу ээлейт. Үй-бүлөлөрдүн мындай бирикмеси илимий адабияттарда чоң тууган үй-бүлөлөр деп аталат. Аялдары, алардын балдарынан турган кишинин кожолугун өзгөчө бөлүп көрсөтүүгө болот. Бул полигиниялык кожолук. Илимий адабиятта аны көп учурда чоң же патриархалдык үй-бүлө деп аташат. Аялдары алардын үйлөнгөн жана үйлөнө элек балдары кирген кишинин үйү да патриархалдык үй-бүлө деп аталат. Мындай кожолук үй-бүлө башчысы өлгөндөн кийин, адатта бир үй-бүлөлүү же полигиниялык кожолуктарга ажырайт.

Түрдүү топтордо ар кайсы мезгилде көп үй-бүлөлүү кожолуктардын ичиндеги мамилелер түрдүүчө болгон. Бир учурда жалпы чоң үй-бүлөлүк менчик гана болгон. Аны кожолуктун башчысы башкарган. Кожолуктун башка мүчөлөрү башчынын көзөмөлү астында аны пайдалана гана алган. Бардыгы чогу тамактанышкан. Башка бир учурда кожолуктун ичинде өндүрүлгөн азык-түлүктүн бир бөлүгү айрым үй-бүлөлөргө бөлүнгөн. Үчүнчү вариантта ар бир үй-бүлө жалпы чарбада иштөө менен бирге өздөрүнчө жеке чарба

жүргүзүшкөн. Өз алдынча бир үй-бүлөлүү кожолуктар тыгыз экономикалык байланышта болсо, аны да чоң үй-бүлө деп аташат.
Мындай кожолуктар, адатта, кошуналык общинага биригишет. Алардын ортосунда өз ара жардамдашуу салты бар.
Аталган үй-бүлө XIX к. ортосуна чейин кыргыздарда да үстөмдүк кылган. Анын калдыктары XX к. башына чейин, айрым жерлерде колхоздоштурууга чейин сакталган.
**Үркөр, элек жылдыз** - чачыранды жайгашкан топ жылдыз. Түнкү асманда үркүп чыккандай болуп өзгөчөлөнүп турат; башка жылдыздар тобуна караганда асмандан жайдын ортосунан келерки жайдын башталышына чейин даана көрүнөт. Жай чилдесинде бул топ жылдыз горизонттон бир аз жогору таң атарда гана көрүнөт; экайдын аягында Үркөр таң алдында чыгып, шүүдүрүм түшүп, жер салкындайт; күзүндө Үркөр горизонттон бийиктеп, түн бир кыйла узарат; кыш ортологондо Үркөр төбөгө келет. Кыргыздар Үркөрдүн батыш тараптагы горизонтко жакындаганынан жаздын келгенин билишкен. Кыргыздар Үркөр менен Айдын абалы боюнча жылдын гана эмес, айдын кандай болорун аныктап биле алышкан.
***Ад.:** «Манас». Энциклопедия. Т.2. Б.:1995. 319-б.*
**Үч уруктук союз** — уруктардын асимметриялык, матрилатералдык кросскузендик никеге негизденген алкактык союзу. Ар бир уруктун эркектери жана аялдары түгөйүн ар башка уруктан тандап алат. Мында ар бир урук бир урукка кыздарын берген донор болсо, башка уруктан кыз алган реципиент болот. Чарбалык социалдык жана сыйынуу чөйрөлөрүндө донор-урук бир кыйла жогору статуска ээ.

## Ф

**Фагинун** - орто кылымдар мезгилиндеги чыгыш мусулман булактарында чагылдырылган кыргыздардагы бакшынын (илимий адабияттарда - шамандын) аталышы. Чыгыш авторлору кыргыздардын диний -философиялык түшүнүктөрүнө назар салышкан. Ислам динин кабыл алганга чейин кыргыздар шаман динин тутушканы маалым. Андан соңку мезгилдерде да шаман дининин таасири сакталып кала берген. Анын айрым элементтери бүгүнкү күндөрү да жашап келет. Бул дин байыркы жана орто кылымдар- дагы кыргыз коомунун ажырымсыз бир бөлүгү катары өнүккөн. Мусулман булактарында кыргыздардагы фагинундар (бакшылар) көзү ачыктык кылып жаратылыштагы өзгөрүүлөрдү, жаан-чачынды, болочок түшүмдүн болорун же болбосун, таңсыктык жана байлыкты, болор кырсыкты алдын ала так айта алышарын баяндаган маалыматтар бар.
**Феминизация** (лат. femina - аял, ургаачы) - азыркы мезгилдеги аялдардын эркектерди бир катар социалдык жана кесиптик ишмердиктен (агартуу, медицина ж.б.) сүрүп чыгуу процесси ушундайча аталат.
**Фетишизм** (фр. керемет) - нерселерди (тумар, крест ж.б. заттарды) адам тагдырына таасир берүүчү кереметине ишенүү дегенди туюнтат. Адамдарга тиешелүү сапаттарды буюмдарга, нерселерге да таандык кылып, алардын кереметтүү күчүнө ишенген көз караш. Фетишизм - байыркы адамдардын дүйнө таануу жана түшүнүү жаатындагы мифологиялык-фантастикалык ой-жүгүртүүгө негизделген идеологиянын өзгөчө бир формасы болуп эсептелет. Фетишизм көпчүлүк элдердин коомдук аң-сезиминде туруктуу орун алып, алардын материалдык жана маданий өнүгүшүнө өз таасирин тийгизген. Байыркы кыргыздарда бут жана бурканга ишенүүсү - фетишизмдин элементтери катары

кароого болот. Мындан сырткары, кыргыздар далынын, жай таштын бөтөнчө касиеттерине да терең ишенишкен (караңыз: жайчы).

**Фёлькеркунде** (volkerunde) - немец этнологиясындагы немец эмес элдерди изилдөө багыты. Өз алдынча илимий багыт катары 1870-ж. калыптанган. Ал кезде бул багыт Европадан сырткары жашаган, негизинен жазуусу жок элдерди изилдеген. Ал немең тилинде сүйлөгөн элдерди изилдөөгө артыкчылык берген фолькскунде багытына каршы турат. Бир катар изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча, алардын эки ажырымдуулугу изилдөө ыкмаларынын айырмачылыгы менен шартталган. Ал ыкмалар бирдей эмес, анткени башка элдерди изилдөөдө «этностор аралык тоскоолдукту» жеңүү үчүн атайын ыкмалар зарыл.

**Фиельструп Ф.А.** (1889-1933). Ленинграддагы (Санкт-Петербургдагы) Мамлекеттик орус Музейинин Этнографиялык бөлүмүнүн кызматкери болуп эмгектенген. 20-к. 20-ж. орто чендеринде Кыргызстандын бир катар райондоруна атайын илимий изилдөө жүрүштөрүн уюштурган. Экспедиция учурунда үч багыт боюнча иш алып барган: 1. Калкты этнографиялык жактан иликтөө. 2. Музейге табылгаларды жыйноо; 3. Археологиялык эстеликтерди чалгындоо. Изилдөөчү кыргыздардын материалдык (турак-жай, кийим-кече, тамак-аш ж.б.), транспорту, чарбалык уклады, үйлөнүү үлпөтү, коомдук түзүлүшү, улуттук оюн-зооктору, элдик календары ж.б. боюнча бай маалыматтарды чогулткан. Генеалогиялык маалыматтар боюнча схема-таблицаларды түзгөн; өлүм-житим, аш өткөрүүгө байланыштуу жөрөлгөлөр тууралуу кызыктуу илимий маалыматтарды жазып калтырган. Ал өзүнүн жыйнаган маалыматтары боюнча айрым гана илимий макалаларды жарыялоого үлгүргөн. 20-к. 30-ж. советтик интеллигенцияга карата жасалган кугунтуктоого кабылып, сурак мезгилинде трагедиялуу каза болгон. Анын эмгеги 21-к. баш чендеринде гана Россия Федерациясынын ИАсынын Миклухо-Маклай атындагы институтунун окумуштуулары жарыкка чыгарышты.

Фолькскунде (volkskunde) - немец этнологиясында немец тилдүү элдердин маданиятын, жашоо ыңгайын изилдеген багыт. Бул багыт 19-к. аягында жаралган жана алгач немец дыйкандарынын маданиятын, жашоо ыңгайын изилдөө багытын колго алган. 1960- ж. экинчи жарымында анын предмети бир кыйла кеңейди, азыр немец аралык коммуникация маселелерин изилдейт.

**Фратрия** - бир уруунун ичиндеги (курамындагы) өз ара никелешкен бир нече уруктар. Адегенде алар бир уруктун ичинен бөлүнүп чыгышып, кийинчерээк өз алдынча уруктар катары калыптанышкан. Айрым учурларда теги ар башка уруктардын биригүүсүнүн натыйжасында пайда болгон бир нече уруктун тобу катары да калыптанат. Эң алгачкы формасы - теги бир урууларддын эки фратрияга биригиши: дуалдык уюм. Алгачкы фратрияга экзогамия мүнөздүү. Анын экзогамдуулугу экзогамдык уруктарга фратриянын бөлүнүү процесси менен бирге жоюлат. Ар бир фратриянын өз аталышы бар, ага кирген уруктардын тыгыз өз ара байланышы, түрдүү салт-жөрөлгөлөрү ж.б. бар. Фратриалдык байыркы курамды кыргыз урууларынан, анын ичинен мунгуштардан (кош тамга, жагалмай тамга уруктар тобу), жору (ача тамга, кылыч тамга уруктар тобу), кытай (онтогор, төңтөрт уруктар тобу) ж.б. байкоого болот. Мисалы, мунгуш уруусу жана анын фратриалдык курамы: Жагалмай тамга уруктар тобу: сарылар, кодогочун, тээке, жоош, жылкелди, жапалак. Кош тамга уруктар тобу: соколок, эрке кашка, улуу катын, төлөйкөн, көк жатык, омонок.

**Функционализм** - этнологияда социологиялык мектептин идеяларын уланткан жана өнүктүргөн багыт. Ал Англияда жаралган жана 20-к. 20 ж. тартып англиялык этнологияда үстөмдүк кылган багыт болгон. Көрүнүктүү өкүлдөрү Б.Малиновский А.Радлкифф-Браун. Функционализмдин түпкү жоболору:

- адам коому тирүү организм катары өнүгөт; ал коомдогу элементтердин белгилүү функцияларды аткаргандыгына байланыштуу тирүү организм катары жашайт;
- ар кандай социалдык система «структуралардан» жана «кыймыл-аракеттерден» турат. «Структуралар» (туруктуу моделдер) аркылуу адамдар өз ара жана чөйрө менен мамиле түзө алышат, системанын социалдык тилектештигин колдоого өз салымын кошуучу функцияны аткарат;
- маданият адамдын үч муктаждыгына: негизги (тамак-аш, турак-жай, кийим-кече ж.б.), туунду (эмгектин бөлүнүшү, коргонуу ж.б.), интегративдик (психологиялык коопсуздук, социалдык гармония, мыйзам, дин, искусство ж.б.) кызмат кылат;
- маданиятта башкы орун салттарга, ритуалдарга, адеп-ахлак нормаларына таандык, алар адамдардын жүрүм-турумун жөнгө салат. Бул функцияны аткаруу менен алар адамдардын муктаждыктарын канааттандырган жана чогуу жашоосун камсыз кылган маданий механизм болуп калат;
- этнологиянын милдети - маданият кубулуштарынын функцияларын, алардын айрым маданияттын негизиндеги өз ара байланышын, өз ара шартталышын изилдөөдө турат.

Функционалисттердин изилдөөлөрүнүн практикалык максатты көздөгөндүгү өзгөчө көңүл бурууга арзыйт. Ал өз кезегинде англиялык колокисттер тарабынан ийгиликтүү пайдаланылган.

**Фуюй кыргыздары (Манжуриядагы кыргыздар).** Кытай Эл Республикасынын Фуюй уездинде монгол, даур, солон жана кытайлар менен жамаатташ жашаган «кыргыз» аттуу этнографиялык топ. Бул кыргыздардын жалпы саны 1500 чамалуу. Жашы улуулары өздөрүн «кыргыз», кийинки муундар кытай тилинин өзгөчөлүгү менен «тиртиз» (кыт. «цзилицзи») деп аташары маалым. Фуюйлук кыргыздардын аксакалдары берген маалыматтарга караганда, алар бул аймакка (Хэйлунцзян) орус Алтайынан, мындан 300 жыл чамалуу илгери көчүп келишкен экен. Изилдөөчүлөрдүн пикирлеринде кыргыздар Хэйлунцзянга император Цян Лундун тушунда (1736-1796-жж.) көчүрүлгөн. Иликтөөчүлөрдүн басымдуу бөлүгү Фуюй кыргыздарынын Хэйлунцзянга көчүп баруусун 18-к. (1703- ж.) баш чендериндеги энесайлык кыргыздардын Жунгар хандыгы тарабынан зордоп көчүрүлүүсүнө байланыштырышат. Алар бул пикирди тарыхый булактар менен катар, тилдик маалыматтарга таянып айтып келишет. Арийне, кыргыздардан чочулаган монголдор да бир нече ирет көчүрүү саясатын ишке ашырышкан. Фуюй кыргыздары кошуна жашаган манжур, монгол, даур, эвенктерден жүздөрүнүн ак жуумалдыгы, европалык өңү-түсү менен айырмаланышат. Айрым үй-бүлөлөрдө ак саргыл, күрөң түстүү чачтуу кыргыздар да кездешет. Кошуна турган этнографиялык топтордон кара мал кармашып, сүт жана сүт азыктарын кенен пайдалангандыктары менен айрымаланышат. Сүттөн айран, сүзмөдөн курут жасашат. -з тобуна кирген Фуюй кыргыздарынын тили теги жагынан бүгүнкү хакас, шор, этностук башатынын кыргыздар менен жалпылыгы аныкталып жаткан сарыг югур (сары уйгур), лобнорлуктар менен жакын турат. Хакас-сагай, шор, хакас-белтир, хакас-качиндердин тили Фуюй кыргыздарынын тили менен өтө жакындыгы илимде далилденип келе жатат. Соңку иликтөөлөр хакас-качиндер менен теңиртоолук кыргыздардын этногенетикалык терең жалпылыктарын аныктады. Мындан сырткары, бири-биринен өтө ыраакта жайгашкан энесай кыргыздарынын урпактары болгон Фуюй кыргыздары, лобнорлуктар, сарыг югурлар, хакастар жана теңиртоолук кыргыздардын маданий-этностук, өзгөчө тилдик жалпылыктарынын сакталып калуусу илимдеги феноменалдуу жаңылык катары кароого болот. Согушчал, тынчы жок, аскердик-саясий түзүлүшү кубаттуу кыргыздарды алсыратуу максатында

монголдор, андан соң жунгар хандары Монголия жана Манжурия тарапка бир нече ирет көчүрүү саясатын турмушка ашырышкан. Бул маалыматтар Юань династиясынын жыл баяндарында кенен чагылдырылат. Ал эми ошол мезгилдеги энесайлык кыргыздардын жалпы саны 9000 түтүн болушкандыгын немис синологу В.Шотт жана К.И.Петров ж.б. өз учурунда белгилешкен. «Цзилицзилердин (кыргыздардын) каада-салты башка ээликтегилерден таптакыр айрымаланып турат. Алардын тилдери уйгур тилине тектеш. Цзилицзилер (кыргыздар) алачык жана боз үйлөрдө жашашат. Алар жайыт жана сууга карата көчмөнчүлүк менен күн көрүшөт. Алардын кадыресе жер иштетип, дыйканчылык кылгандыктары жөнүндө бир кыйла маалыматтар бар. Кар түшкөндө жыгач атты (лыжа) минишет жана аны минип аң уулашат. Алардын жеринде асыл тукумдуу ак боз жылкылар, аң уулай турган ак жана кара түстүү бүркүттөр көп тапталат». Кыргыздардын Манжурия тарапка күч менен көчүрүлүүсү жөнүндө төмөндөгүдөй маалыматтар бар: «...1276-ж. Монголияга Хайду-хандын аскерлери чоң жүрүш жасашкан эле. Кыргыз князы наместникке ачык каршы чыга албай, айлакерлик кыла баштады. 1279-ж. кыргыз князы Хао-ли менен сүйлөшүүлөр жүргүзө баштады... Кыргыздардын Хайдунун тарабына өтүшү, аларды (кыргыздарды) империя тарабынан өлкөнүн туш тарабына аскер айылдары кылып көчүрүп жиберүүсү, кыргыз этносунун башка элдерге жуурулуп кетүү коркунучу себеп болуусу мүмкүн. Аскер айылдарындагы абал өтө оор болгон. «1283-ж. Туле-Тудагы жашаган оокаттуу кишилерге берилчү 600 баш буканы кедей кыргыздарга таркатып берүүгө буйрук берилген.». «1292-ж. кыпчак Тутуха-нойон Алтай тоолорундагы жерлерди талап-тоноду... Артка тартканда Хэлинге (Каракорумга) кайрыла кеткен. Ушул жерден ал (Тутуха) кыргыздарга (цзилицзиси) ээлик кылууга буйрук алды. 1293-ж. жаз айларында анын аскерлери Цянхэ дарыясынын жээгине чыгып, муздун үстү менен бир канча күндөр жол жүргөндө гана алардын (кыргыздардын) чегине жетишти. (Тутуханын армиясы) бул беш уруулуу элди ээлеп, кайтаруу үчүн аскерлерин жайгаштырды. Тутуха жетишкен ийгиликтерди билдиргенде, бийликтегилер анын кызмат абалын көтөрүүгө чечим кабыл алышты... Хайду кыргыздарды куткаруу максатында Цянхэ (Энесай) дарыясы тарапка аскер жөнөтөт. Тутуха бул аскерди талкалап, аскер башчысы Болочаны туткунга алган эле». Кыргыз жерлери монголдордун Юань империясына кайрадан баш ийдирилген болучу. Кыргыздардын бир бөлүгү Минусин ойдуңунан жана Тувадан Манжурияга козголоңчу Наян нойондун ээлигине көчүрүлгөн. 1293-ж. бул жерлерге «усухан, ханас, цзилицзиси (кыргыздар) урууларынын өкүлдөрү көчүрүлгөн. »Хубилайдын атайын буйругу менен кыргыздар жана башка уруулар аскер айылдары катары жаңы негизделген Чжаочжоу шаарына отурукташтырылган.«1293-ж. ага (Хара-батар) кайрылып, император Ши-цзу (Хубилай) мындай деп айтты: Наянга таандык бул байыркы жерлер Абалху деп аталат жана балык берип турушат. Азыр мен ал жерге шаар тургузуп, анда үч уруу элди жайгаштырдым. Алар юаньсухань, ханастар жана цзилицзиси (кыргыздар). Бул шаар Чжаочжоу деп аталып калды. Сен ошол жакка жөнөп, сюанвэйшинин (аймактык башкаруучу) кызматын өз колуңа алгын...». Кыргыздардын дагы башка бир бөлүгү «Хасыхэ жерине,» Манжуриянын дагы бир аймагына жайгаштырылган. «1293-ж. Щи-цзу (Хубилай-хан) Хэсыхэ жерине аскер айылдары катары чжирхэхусотай цирциздердин (кыргыздардын) 700 үй-бүлөсүн отурукташтырууга буйрук берди». «1295- ж. Цзин-Шан (Алтай) тоолорунда жашаган кыргыздарды Шандун аймагына отурукташтырышып, аларга жер, өгүз жана үрөн таратылып берилди...». Бул аракеттер козголоң чыгарган урууларды бөтөн этностук чөйрөлөргө көчүрүп алсыратуу жана алардын үстүнөн көзөмөл кылуу үчүн жасалган чаралар эле. Бул саясий чаралар император Хубилай өлгөндөн кийин да улантыла берген. Фуюй уездиндеги кыргыздардын уруулук

курамы алты уруктан турат. Алар төмөнкүлөр: Табхын, Табындар, Чигдыр, Сандырдыр, Былтырды, Өрттыр же Кэргэстер. Бул этнонимдердин параллелдери Мөңү-Суг (Минусин ойдуңу, Хакасия) өрөөнүнүн, Кыргызстандын топонимикасында жана бүгүнкү кыргыздардын этнонимиялык аталыштарында чагылдырылат. 1618-ж. Василий Тюменец деген казак-орус атаманы Алтын-хандарга элчилик милдетин аткарганы кетип жатып, Жогорку Абакан суусуна туташ жайгашкан «Табын жери» аркылуу өткөн. Посолдук Приказда «Табын жери» - Кыргыз жеринин бир аталышы, алар Кыргыз жерине, Алтын-хандарга салык төлөп турушат. Табандар (Табын) - бүгүнкү хакас-белтирлердин курамындагы, тагыраак айтканда, Табан аймагындагы кыргыздар менен теги байланыштуу урук. Табандардын бабалары жашаган жер Табан Чул (Табан Суусу), аң уулаган жерлери болсо, Матур дарыясына туташ жерлерде жайгашкан «Табан-Тайга» аймагы болгон. Табандардын кыштоосу «Табан-Чул» деп аталып калган. Фуюй кыргыздарынын «былтырды» аттуу уруусу хакастардагы белтир (пилтир) уруулук тобунун аталышы менен толук дал келет. Бул этностук аталыштын теңиртоо кыргыздарындагы параллели бугу уруусунун курамынан «билдир» формасында кезде- шери маалым. Бир негиздүү этнонимдик параллелдердин келип чыгышы кокусунан пайда боло бербеши ырас. Хакастардын тарыхый фольклору белтирлерди (хак. пилтир) 1703-ж. Жунгарияга күч менен көчүрүлгөн кыргыздардын ата-журтуна кайтып келгендердин урпактары катары баяндайт.«Кыргыз жериндеги» Алтыр улусуна кирген Белтир аймагы орус жазма булактарында 1635-ж. белгилүү жана бул уруу «ак пилтир» жана «кара пилтир» деген топторго бөлүнүшкөн. Маселен, учурда хакас-сагайлардын курамына сиңип кеткен «пилтирлер» сөзү бурят-монгол (калмак) тилдеринде «аралаш», «бир өңчөй эмес», «жуурулушкан» деген маанилерди туюнтат. Убакыттын өтүшү менен «пилтир» деген термин этностук аталыш (экзоэтноним) катары калыптанган. Азыркы учурда тувалар хакастарды «белдир» деп аташары маалым.

***Ад.:*** *Бутанаев ВЛ., Происхождение хакасских родов и фамилий. -Абакан, 1994; Кычанов Е.И., Сведения в «Юань-Ши» о переселениях киргизов в XIII веке//Известия АН Кирг.ССР. Серия общ. наук. T.V. -Вып. I. 1963; Скоболев С.Г.,Шомаев АА. Происхождение «фуюйских киргизов»//Этнокультурные процессы в Южной Сибири и Центр.Азии в I II тысячелетии н.э. Кемерово, 1994. -С. 23 27; Тенишев Э.Р. Древнекыргызский язык. -Б.: 1997; Каратаев О.К. Кыргыздардын этномаданий байланыштарынын тарыхынан Б.: 2003 ж.б.*

## Х

**Хакастар** - Хакас Республикасынын түпкү калкы. Түрк тилдеринин генеологиялык жиктешүүсүндө уйгур-огуз тобунун хакас бутагында сүйлөшөт. Калктын жалпы саны 80 миңден ашуун. Хакастар республикасынын калкынын 12% түзүшөт. Бул элдин басымдуу бөлүгү өздөрүн «тадар» деп аташары маалым. «Татар» деген энчилүү ат келгин орустар тарабынан берилген. Хакастар айрым этностук, тилдик өзгөчөлүктөрү бар төрт топко бөлүнүшөт: качиндер (хааш, хаас), сагай, белтир, кызыл. Азыркы Хакас-Минусин ойдуңу Россиянын курамына каратыла элекке чейин «Кыргыз жери», «Кыргыз өлкөсү» (Кыргызская земля, Кыргызская страна) деген ат менен тарыхый булактарда чагылдырылат. 1917-ж. Эл Комиссарлар кеңешинде жер-жерлерди улуттук-аймактык белгилерге карата бөлүү чечими кабыл алынган. Бул чечим ошол учурдагы хакас интеллигенциясын да түйшөлтүп, бир нече этнографиялык топторду бириктирген калкка зарыл энчилүү атты таба алышкан эмес. Анткени, «татар» деген ат менен бир эле учурда, бир катар түрк тилдүү элдер (крым, волга, астрахан, сибир, касимов ж.б.

татарлары) белгилүү болушкан. Натыйжада, түзүлгөн атайын комиссия «кыргыз» этнониминин кытай булактарында (Тан династиясы, 7-10-кк.) чагылдырылган «хягас» деген формасын кабыл алууга токтолушат. Албетте, бул маалыматты синолог-кечил Н.Я.Бичуриндин кытай булактарынын негизинде түзүлгөн, орто кылымдардагы кыргыздар жөнүндө маалыматтарды камтыган эмгегинен алышкан эле. Ошентип, элдин жасалма энчилүү аты бир нече кишиден турган топ тарабынан чечилген болучу. Арийне, «хакас» деген ат соңку мезгилге чейин расмий иш-кагаздарында гана колдонулуп келет. Хакастардын этностук негизин Энесай кыргыздары түзгөн. Арийне, бул аймактагы кыргыздардын этностук өнүгүүсүнө энесай кыргыздарынын басымдуу бөлүгүнүн 1703-ж. Жунгарияга көчүрүлүшү терс таасирин тийгизген. Бул окуядан соң кыргыздар бул аймактагы үстөмдүккө ээ болгон этностук ролунан ажыраган. Ошентсе да, кыргыздар бүгүнкү хакастардын этникалык тарыхында, этногенезинде, маданиятында, лексикасынын калыптанышында башкы ролду ээлешти. Хакас элдик санжыраларында хакастар теги кыргыз Пүрүстөн, экинчи бир варианттарында тогуз миң сандуу хакастар тогуз бир тууган кыргыздардан тарагандыгы баяндалат. Бул маалыматтар Юань династиясынын жыл баяндарында да чагылдырылат. Кыргыздардын хакастардын этногенезиндеги чечүүчү ролун «кыргыз» этнониминин таралуу ареалынан да байкоого болот: ак хыргыс, хара хыргыс, малчан хыргыс, сарыг хыргыс, паратан хыргыс, көк хыргыс ж.б. «Кыргыз» этноними хакас сөөктөрүнүн (урууларынын) дээрлигинен кездешет.

Бул аймактагы кыргыз этносунун өнүгүү баскычтарын жер-суу аталыштары, элдик оозеки чыгармалар, антропонимдер, этнонимдер (уруу-урук аталыштары), уруулук эн тамга белгилери, эң негизинен бул аймактарда кыргыздар калтырган тарыхый эстеликтер күбө боло алат. Өзгөчө, 5-13-кк. таандык таш бетине түшүрүлгөн рун сымал жазуулар кыргыздарга таандык экендигине талаш жок. Бүгүнкү хакастардын тилинде, алардын уруулук курамында, антропонимдериндеги самодий, кет этнокомпоненттери кыргыздардын финн-угор, тунгус-манчжур тилдүү уруулар менен этногенетикалык жана этномаданий алакаларын чагылдырат.

***Ад.:*** *Бутанаев ВЛ. Этническая история хакасов в XVII - XVIII вв. М., 1990; Бутанаев В.Я., Бутанаева И.И. Исторический фольклор хакасов. Абакан, 1999.*

**Хакас-кыргыздар.** Хакас санжыраларында хакастардын курамындагы «хыргыс» сөөктөрү (уруктары) эң көрүнүктүү, тектүү уруулар катары баяндалат. «Хыргыс» этноними хакастардын ири урууларынын дээрлигинен кездешери байкалган. 17-18-кк. азыркы Хакас-Минусин ойдуңунун калкы негизинен социалдык эки чоң топко (хасха сөөк, пора сөөк) бөлүнүшкөндүгү белгилүү. Кашка сөөктөр (ак сөөк уруу, эл) тобуна кыргыздар, кара сөөк (боз сөөктөр, тексиз уруулар) катмарына кыргыздарга салык төлөгөн көз каранды уруулар, этнографиялык топтор - кыштымдар кирген. Нили дарыясынын өрөөнүндө «кыргыс» сөөгүнүн колдоочусу катары эсептелген «Иней тас» деген чулу таштар болгон. Бул уруктун өкүлдөрү жыл сайын июнь айы келген мезгилде бул жерге атап түлөө өткөрүшүп, сыйынышчу. Уламыштар «Иней тасты» кыргыздардын ташка айланып калган түпкү энеси катары баяндайт. «Хыр хыс» - ак буурул чачы бар кызды аныктайт, Хакастар жана кыргыздар Энесай кыргыздарынын бай руханий маданиятынын мураскорлору экендигин В.В.Радлов да өз учурунда белгилеген. Чындыгында эле, аталган элдердин оозеки поэтикалык чыгармачылыгында сюжети жана аталышы бирдей чыгармалар бар. «Хыргыс» сөөгү (уруу) хакастардын ири уруктарынын дээрлигинен кездешет. Хакас-качиндердеги, хакас-тубиндердеги «хыргыс» уруктары төмөнкүдөй ажырымга бөлүнөт:

а) ах хыргыс - түрдүү фамилиялардын курамына кирет;

б) хара хыргыс - Огуржиндер фамилиясы;

www.bizdin.kg

в) көк хыргыс - Чабыновдор, Сарлиндер фамилиясы;
г) хасха-хыргыс - Баклановдор фамилиясы;
д) сарыг хыргыс - Созыевдер фамилиясы;
е) малчаң хыргыс - Чарковдор фамилиясы;
ж) туба хыргыс - Бочегуров, Чарковдор фамилиясы;
з) ойрот хырхыс - Баиновдор, Картиндер фамилиясы;
и) чода хыргыс - Аешиндер фамилиясы;
к) хырым хыргыс - Аешиндер фамилиясы;
л) паратан хырхыс - Аткиндер фамилиясы;
м) талчаң хыргыс - Нанахтаевдер фамилиясы;
н) чарба хыргыс - Аешиндер фамилиясы;
о) алгай хыргыс - Аршановдор фамилиясы;
п) том хыргыс - Созыевдер фамилиясы;
р) пилтір хыргыс - Рудаковдор фамилиясы ж.б.

***Ад.:*** *Бутанаев В.Я. Происхождение хакасских родов и фамилий. -Абакан, 1994; Бутанаев В.Я.Хакасско-русский историко-этнографический словарь. -Абакан,1999.*

**Хакас-Минусин ойдуңундагы (Кыргыз аймагы) «кыргыз» жер- суу аттары**. Топонимиялык (жер-суу) аталыштары маанилүү, тарыхый даректүү маалымат боло алат. Аталган аймакта байыркы жана орто кылымдар доорлорунда кыргыздар калтырган жер-суу аттары жыш кездешет. Орто кылымдарда кыргыздар иштеткен эгин талаалары - «хыргыс тарлаглары», «кыргыз тегирмендери» деп аталат. Кыргыздар балыкты «суг хурты» (кыргыз тилинде - суу курту) деп, иренжип жешчү эмес. Бул жерде талаа маданиятындагы көчмөндор аңчылык жана балыкчылыкты кесип туткан токой элдеринен айырмаланып турат. Ошол балыктан (суу хурты) арылуу максатында курулган суу арыктары бүгүнкү күнү да «хыргыс кообы» деп аталып келет. Кыргыздар темир кенин иштеткен жерлер - «хыргыс узанган чир», атайын кыналып салынган таш жол - «хыргыс чолы», жез тыйындар - «хыргыс ахчазы» ж.б. деп аталып келет. Мындан сырткары, хакастарда «хыргыстын хыргычы» - «кыргыз эрдиги» деген сөз айтылары маалым. Ал эми монгол тилдүү элдерде «хыргыс» сөзү «каардуу», «жаалдуу» деген маанини билдирет. Жогорудагы фактыларга 19-к. белгилүү хакас окумуштуусу, профессор Н.Ф.Катановдун: «Менин бабаларым чыккан сагай уруусу кара кыргыз аттуу түрк элинин урпактары болот» - деп жазганын мисал катары келтирүүгө болот. Төмөндө Минусин (Мөңгү-Суг) ойдуңундагы кыргыздарга таандык жер-суу аттары боюнча маалыматтар берилет:

- Хыргыс - Хакасиянын Орусияга бириктирилишине чейинки аталышы;
- Хыргыс аргылары - Уйбат Бидна дарыяларына улап салынган байыркы кыргыз каналдары;
- Хыргыс аргычагы - Аскиз аймагындагы Ары-Таг тоосунун жанындагы байыркы суу аккан кыргыз арыгы;
- Хыргыс ахчалыг хыр - (кыргыз тыйындары табылган дөбөлөр)
- Ак Июс дарясына жакын жердеги жез тыйындар табылган дөбөлөр;
- Хыргыс көдреси (Кыргыз сазы) - тарыхый фольклордун маалыматтарында Ус дарыясына жамаатташ аталган аймактарда кыргыздар мекендешкен. Кыргыздар түштүккө ооп кетишкенден соң, бүгүнкү күнгө чейин да кыргыз жылкыларынын кишенегендери угулуп турат имиш;
- Хыргыс көшкен хол - (Кыргыздар көчүп өткөн бел) - Мрасу дарыясынан Кобырза дарыясынын чатына чейинки тоонун бели. Санжыралык маалыматтар 1703-ж. Жунгарияга кыргыздар аталган бел аркылуу зордоп көчүрүлгөн;

- Хыргыс көлі (Кыргыз-Көл) - Чулум дарыясына жакын жайгашкан көл. Минусинден келген кыргыздар аталган көлдүн жанында кыштымдардан салык жыйнашчу;
- Хыргыс Кообы (Кыргыз-Арык) - Бейка дарыясына туташ салынган байыркы кыргыз каналы;
- Хыргыс орамнары (Кыргыз көчөлөрү) - Табат, Кара Июс дарыяларынын ойдуңуна курулган орто кылымдардагы кыргыздар тарабынан салынган дөбө жана аң түрүндөгү атайын курулган коргонуу чектери.
- Хыргыс Пили (Кыргыз-Бел) - Боже дарыясына чукул орун алган ашуу;
- Хыргыс-Суг (Кыргыз-Суу): 1. Кичи Абакан дарыясынын куймасы. Бул суу Она дарыясынан агып чыгат. Бул жерде аң уулаган хакастарды алтайлыктар азыр да кыргыздар деп аташат. 2. Енисейдин сол куймасы Кыргыс суг деп аталат. 3. Хол дарыясынын оң куймасы;
- Хыргыс сөөктери («Кыргыз бейиттери») - кыргыздар калтырган көрүстөн-эстеликтер окумуштуулардын далилдөөлөрүндө Хакас-Минусин ойдуңунун он эки жеринен табылган. Бул эстеликтерди хакастар. «кыргыз жоокерлеринин бейиттери» - деп атап келишери маалым;
- Хыргыс сыхxан чол («Кыргыздар чыккан жол») - Кобырза дарыясынын жогорку агымындагы Хакасиядан Шорияга ашып өтчү жол (Таштып аймагы);
- Хыргыс сынрады («Кыргыз көрүстөндөрү»); «кыргыз көрүстөндөрү» деп аталган эстеликтер Минусин ойдуңуна байланыштуу алты ирет эскерилет;
- Хыргыстар аалы («Кыргыздар айылы»); Бул ат менен Абакан, Ниня дарыяларынын ойдуңунда жайгашкан үч айыл белгилүү;
- Хыргыс тогынган чир («кыргыз өндүрүшү жайгашкан жер») - Июс дарыясынын аймагында көп сандаган күл дөбөлөр, көмүр табылган. Тарыхый булактар бул жерде кыргыздар темир иштетишкендигин баяндайт.
- Хыргыс узанган жер («Кыргыз устаканалары») - Тея дарыясынын өрөөнү;
- Хыргыз хара суг (Кыргыз булактары) - Көксө дарысынын өрөөнү;
- Хыргыс чолы (кыргыз жолу): 1. Базин Бейка дарыясына туташ казылган байыркы канал. 2. Камышта дарыясына жакын жердеги байыркы канал. 3. Аскиз дарыясынын оң жээк тарабында казылган байыркы кыргыздардын сугат каналы. Бул канал Харахач тоосуна чейин жеткирилген. 20-к. баш чендеринде ушул каналдын нугуна жаңыдан сугат системасы салынган. Бул сугат каналдын курулушу байыркы кыргыздардан жогорку геодезиялык жана арифметикалык тактыкты, табигый илим-билимдин болушун талап кылгандыгы көрүнүп турат.
- Хыргыс Чул («Кыргыз өзөндөрү»). Минусин ойдунунда жогорудагыдай ат менен алты өзөн белгилүү;
- Хырхыс чазы («Кыргыз талаасы»). 1. Абакан дарыясы аркылуу Тея жана Аскиз дарыяларынын куймаларына чейинки аймактын аталышы; 2. Боже (Тигир-Көл) көлүнүн айланасындагы түздүктүн аталышы;
- Хыргыс чурты (Кыргыз журту). 1. Рейнголь көлүнүн жанындагы жердин аталышы; 2. Уйбат дарыясынан Капчалыга чейинки жердин аталышы ж.б.

***Ад.:*** *Бутанаев ВЛ,, Топонимический словарь Хакасско-Минусинского края. -Абакан, 1995; Бутанаев В.Я., Бутанаева И.И. Хакасские родословные. -Абакан, 1996.*

**Хакас-Минусин ойдуңу** - кыргыздар байырлаган тарыхый-этнографиялык аймак. Энесай дарыясынын ортоңку агымындагы өрөөндөр, тоолуу өрөөндөрдүн аталышы. Учурда Хакас Республикасы жана Краснояр (Кызыл жар) крайынын курамына кирген жерлер. Тарыхый маалыматтар боюнча б.з. 5-к. кыргыздар азыркы Түндүк Батыш Монголия, Кытай, Алтай тараптан хуннулар, айрым адабияттарда жуан-жуандар (аварлар) тарабынан кысымга алынып, көчүп келишкен. Болжолу, бул аймак менен кыргыздардын байланышы б.з. 5-к. тартып кыргыздардын этностук-маданий, тилдик өнүгүүсүнүн негизги баскычтары

калыптанган кенен аймак. Ландшафт жана рельефи төрт түлүк кармоого, дыйканчылык кылып, жер иштетүүгө өтө ыңгайлуу. Аба ырайы мелүүн континенталдык мүнөзгө ээ. Жайы жылуу, кышы суук. Иликтөөлөр кыргыздар кыштоо катары негизинен Туванын талааларын, жайлоо катары Хакас-Минусин ойдуңун пайдалангандыктарын тастыктоодо. Жер иштетүүнүн, металл эритүүнүн, суу каналдарын куруу жана аны пайдалануунун эң алдыңкы ыкмалары колдонулган. Таш тегирмендер иштелип, кол өнөрчүлүк өнүккөн. Устаканалардан атактуу кыргыз согуштук куралдары жасалган. Анын даңкы Орто Азия, Кытай, Тибетке чейин белгилүү болгон. Башка элдер менен соода-сатык карым-катнашы кызуу жүргөндүгүн археологиялык табылгалар ырастайт. Энесай, Абакан ж.б. дарыялар транспорт, соода жолу катары да мааниси зор болгон. Кыргыздар Улуу Жибек жолундагы карым-катнаштан четте калышкан эмес. Бул маанилүү соода, саясий-дипломатиялык артерия үчүн жигердүү аракеттерди жасашкандыгы маалым. Хакас-Минусин аймагынын чет-жакаларында түрк, кет, самодий тилдүү элдер, уруулар, тагыраак айтканда, кыргыздардын кыштымдары жайгашкан кенен аймактар жайгашкан. Кыргыздарга түбөлүк салык төлөөчү, көз каранды кыштымдар Кыргыз мамлекетинин аң-тери, балык, темир, мал, тери ж.б. керектөөлөрүн канааттандырып турган. Бул жерлерге тоолуу Алтай, Тува, Кызыл-Жер, Иртыш бойлорундагы аймактар кирген.

Кыргыздардын бул аймактагы мамлекети б.з. V к. түптөлгөн. Тан (Кытай), Түрк каганаттары, Түргөштөр, Тибет ж.б. тынымсыз саясий-дипломатиялык, соода-экономикалык алакалар жүрүп турган. Аймактагы Кыргыз мамлекети 1703-ж. чейин жашаган. Ошол жылы кыргыздардын басымдуу бөлүгү жана кыштымдары Жунгарияга көчүрүлгөн. Ал эми калган бөлүгү бүгүнкү хакастардын ата-бабалары болуп калышты. Дээрлик ээн калган аймакты орустар басып алышкан. 1727-ж. Кяхта трактаты боюнча Минусин ойдуңу Россия империясынын курамына кирген.

**Хан көтөрүү салты.** Бул байыркы салт чыгыш жазма булактарында, дастандарда, элдик оозеки чыгармаларда ж.б. эстеликтерде сакталып келет. Энесайлык кыргыздардын урпактары болгон хакастарда ханды (каганды) такка олтургузуу салты «хан кутерме» деп аталат. Кыргыздарда хан көтөрүү салты Кокон хандыгы кулаганга чейин сакталып келди. Байыркы кыргыздарда мамлекеттин башчысын тактыга олтургузууда калктын жогорку катмары болгон өкүмдарлар каганды ак кийизге салышып, күндүн траекториясы (чыгыштан батышка карай) боюнча курмандык чалынган жерди тогуз ирет айланышкан. Андан соң каган: «Мындан кийин менин ар бир сөзүм кылыч болсун», - деп жар салган.

**Халхалар. Халха-монголдор.** Монгол Эл Республикасынын негизги калкы. Саны 2 млн. ашуун. Негизинен өлкөнүн борбор, түштүк, чыгыш аймактарын байырлашат. Монгол тилдеринин диалектилеринин биринде сүйлөшөт. МЭРдин расмий иш-кагаздары, адабий китептер, газет-журналдар халха диалектилеринде жүргүзүлөт жана басылат. Диний ишенимдери будда-ламаисттер. «Халха» этноними «калкан» (орусча «щит») маанисин туюнтуп, түндүк аймакты байырлаган, чек арага чукул жайгашкан монгол урууларына берилген ат (экзоэтноним) болгон. Андан соң бул ат этноним катары калыптанган. Халхалардын калыптанышына орто кылымдардагы монгол, түрк, тангут, кыргыз ж.б. этнокомпоненттер катышкан. Халха-монголордун этностук курамында кыргыз уруу-урук аталыштарынын бир топ сандагы параллелдери кездешери иликтенген. Мисалы, нойгут, барга, катаган, коңурат, мергет, кереет (хераэт)ж.б.

**Ханза-бек.** Хакас-Минусин аймагы (Кыргыз жери) Орусияга каратылгандан соң, басып алуучуларга каршы кыймыл уюштуруп (18-к. 30-50-жж.), эл баштаган кыргыз баатыры. Айрым маалыматтарда Ханза-бек Июс (азыркы Хакасия)

түздүгүндө туулгандыгы айтылат. Оор салыкка, эзүүгө чыдабай көтөрүлгөн элди жетектейт. Баатыр Ханза-бек Ханыс-Тоонун жанында Томск воеводасы менен жекеме-жеке салгылашка чыгып, анын желкесинен кайыш алган имиш. Ал кол топтоп, орус айылдарына, чыңдоолоруна кол сала баштайт. Орус воеводасы көп аскер жөнөтүп, Ханза-бек жана анын колун чегинүүгө мажбурлайт. Жолдошторунун чыккынчылыгынан улам, уктап жаткан Ханза-бекти жоо байлап кетет. Байланган туткун баатырды Томскиге (айрым маалыматтарда Красноярск) алып келишип, темир илмекке кабыргасынан асып өлтүрүшөт. Бүгүнкү хакас фольклору Ханза-бектин өлүмдү тике карап тосуп алгандыгын, анын баатырдыгын урпактары унутпай келишерин баяндайт.
***Ад.:*** *Бутанаев В.Я., Бутанаева И.И. Эне-Сай кыргыздары: фольклор жана тарых (которгон О.К.Каратаев). Б.: 2002.*

**Хонгорай (Хоорай)** - кыргыз журтунун экинчи бир аталышы. Хонгорай (Конгурай) сөзү Минусин ойдуңунун тоолуу-талаалуу аймактарынын географиялык аталышын аныктайт. Кыргыз мамлекетиинин соңку орто кылымдардагы кайра жаралып жаткан доорунда «Хонгорай» деген ат бир аймакта жашаган элдердин биригүүсүнүн саясий туусу болуп калган. Кыргыздардын «Хонгорай» этносаясий бирикмесиндеги ээлеген орду өтө зор болгондугун 17-к. орус документтеринде Хакас-Минусин аймагы «Кыргыз жери», «Кыргыз өлкөсү» деп жазылганы далилдеп турат. Айрым кошуна турган элдер, маселен, шорлор бул аймакты «Хыргыс-Хоорай» деп аташкан. Географиялык жактан алганда Хонгорай же «Кыргыз жери» азыркы Хакас-Минусин аймагы менен дал келет. Орто кылымдардагы кыргыздардын үстөмдүгүн Саян-Алтайдын топонимикалык аталыштары да ырастап келет. Ушул маалыматтардын негизинде кыргыздардын мурдагы этностук аймагын сүрөттөп, тактоого болот алар: түштүк-батыштан - Абакандын жогорку агымындагы Кыргыз (Хыргыс-Суг) дарыясы, түштүктөн - Батыш Саяндардагы Кургусук (Хыргыс-Суг) дарыясы, чыгыштан - Чулум дарыясынын өрөөнүндөгү Кургусун (Хыргыс-Чул) дарыясы жана түндүк-батыштан - Томь дарыясынын өрөөнүндөгү Киргизка, Кургусун (Хыргыс-Чул) дарыясы.
***Ад.:*** *Бутанаев В.Я.,Худяков Ю.С. История енисейских кыргызов. - Абакан. 2000; Бутанаев В.Я., Бутанаева И.И. Энесай кыргыздары: фольклор жана тарых. - Б.: 2002.*

**Христиандык Африкалык культтар** — Африкадагы жергиликтүү салттагы жана христиандык элементтерди айкаштырган синкреттик дин. Африканын христиандашкан түпкү калкынын арасында XIX-кылымдын аягынан тартып европалык христиан чиркөөсүнөн бөлүнүүнүн натыйжасында калыптанган. Өз окуусу, салт жөрөлгөлөрү жана иерархиясы бар. Ага мессианисттик багыт мүнөздүү.

**Ху Чженхуа Мухаммед.** 1931-ж. Кытай Эл Республикасынын Шандун провинциясына караштуу Циндао шаарында туулган. Улуту хуэйцзу (дунган). Кыргыз тилин дурус өздөштүргөн таанымал тарыхчы, үлкөн тилчи. Кыргыз УИАсынын ардактуу академиги. Тарых илимдериин доктору, профессор. 1948-1953-жж. Нанжин Чыгыш Тилдери институтунда араб тилин, андан соң Шандун университетинде орус тилин, Пекиндеги Борбордук Улуттар институтунда уйгур тилдерин өздөштүргөн. Атактуу түрколог Э.Р.Тенишевден таалим алган. 1955-2004-жж. Пекиндеги Борбордук Улуттар университетинде кыргыз тили, адабияты, тарыхы, этнографиясы боюнча илимий изилдөөлөрдү жүргүзүп келет. Окумуштуунун кыргыз тилине, тарыхына, «Манас» дастанына байланышкан 30га чукул эмгектери Кытайда жана чет өлкөлөрдө жарык көргөн. Изилдөөчүнүн Фу-ю уездинде (Хэйлунцзян провинциясы, КЭР) жашап жаткан кыргыздарга арнолган изилдөөлөрү кыргызтаануучулар үчүн маанилүү

маалыматтарды берери ырас. Анда фуюйлук кыргыздардын тили, этнографиясы ж.б. изилдөөлөр жүргүзүлгөн. 1990-ж. «Манас» эпосу боюнча жүргүзүлгөн изилдөөлөрү үчүн Кытай Илимдер Академиясынын жогорку сыйлыгына татыктуу болгон.

**Худяков Юлий Сергеевич** (1947-ж. туулган). Тарых илимдеринин доктору, профессор. Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин ардактуу профессору. Белгилүү археолог-тарыхчы, кыргыз тарыхына өзгөчө эмгек сиңиргендиги үчүн мамлекеттик жогорку сыйлыктарга татыктуу болгон. Россия Илимдер академиясынын Сибирь бөлүмүнүн Археология жана этнография институтунун башкы илимий кызматкери. Новосибирск Мамлекеттик университетинин Археология жана этнография кафедрасынын башчысы. Илимпоздун кыргыз тарыхына байланыштуу 500дөн ашуун эмгеги белгилүү. Анын ичинен 18 монография, окуу китептери катары жарык көргөн. Алардын ичинен басымдуу көпчүлүк бөлүгү Энесай кыргыздарынын шамандык түшүнүктөрү, чарбалык уклады, салттуу маданияты ж.б. байланышкан. Автордун эмгектеринде («История енисейских кыргызов». В.Я.Бутанаев менен биргеликте) кыргыз этнографиясы, өзгөчө Энесай кыргыздары боюнча баалуу маалыматтар арбын кездешет.

## Ч

**Чакырым** - бир катар чыгыш элдеринде узундуктун кеңири таралган чени. Кыргызда чакырым деп болжол менен 1 километрге тете узундук аталат. Чакырымдын так узундугу болгон эмес. Ал жердин табигый шартына, рельефине байланыштуу болгон. Бул термин хакас, алтайлыктар жана туваларда да сакталып калган.

**Чалгы** — малга керектүү табигый, маданий өсүмдүктөрдү чаап- жыйноодо колдонулуучу айыл чарба шайманы. Ал миздүү чапкы, сап, тутка, тогоо жана шынаадан турат. Чапкысы темирден, учу бир аз иймекей, узундугу 60-120 см дей жасалып, жыгачка сапталат да, тогоо жана жасалган шынаа менен бекитилет. Иш убагында мезгил-мезгили менен атайын дөшүдө тапталып, кайрадан кайрак менен курчутулуп турат.

**Чантоу.** Кытайлар Чыгыш Түркстандагы мусулман-түрктөрдү «чантоу» деп аташканы белгилүү. «Чан» - чалма «тоу» - баш, тагыраак айтканда, «чалма кийгендер» деген маанини түшүндүрөт. Монголдордо мусулман калктары «лалым» деген ат менен белгилүү болушкан. Мисалы 16-к. эскерилген жазма булактарда чагылдырылган «лалым кушчу» деген «мусулман кушчулар» дегенди туюнткан. Ал эми мусулмандар ислам динин кабыл алышкан кытайларды «тункан», «дунган» деп аташкан. «Дунган» деген экзоэтноним ушул себептен улам келип чыккан.

**Чапкылдыктар (чапколдуктар)** - ичкиликтер (Булгачылар) уруулук тобундагы анчалык чоң эмес уруунун аталышы. Этнонимдин мааниси кыргыздын ичкиликтер диалектисинде «сол кол тараптагылар», «сол канаттагылар» дегенди туюнтат. Бул уруу ичкиликтер уруулук тобунун генеалогиялык схемасында өзгөчөлөнгөн абалда турат. Уруунун келип чыгышы жөнүндө санжырачыларда бирдей пикирлер жок. Айрым санжырачылар чапкылдыктарды оң канатка, кай бирлери сол канатка кошуп жүрүшөт. Айрым изилдөөчүлөр бул урууга арналган атайын иликтөөлөрдө айрым булактарга таянып, чапкылдыктарды чекир саяк уруусундагы чапкынчылар менен генетикалык жалпылыкта караган пикирлерин айтышат. Арийне, соңку иликтөөлөр чапкылдыктардын эзелтеден ичкиликтер уруулук тобунун курамында болуп келгендигин айгинелөөдө.

**Чарбалык маданий типтер (ЧМТ)** - теги боюнча ар кандай, бирок окшош жаратылыш шарттарында жашаган жана социалдык-экономикалык өнүгүүсү болжолдуу түрдө бирдей деңгээлде турган этностор үчүн мүнөздүү болгон чарбадагы, маданияттагы салттуу комплекстер менен мүнөздөлгөн тарыхый-типологиялык жалпылыктар. Ар түрдүү жана бири-биринен алыста жашаган этностордо салттуу чарбалык ишмердикке жана ага багынычтуу маданият комплекстеринин калыптанышы окшош жаратылыш шарттарына ыңгайлашуунун натыйжасында ишке ашкан. ЧМТ индустрияга чейинки коомдогу адамдардын жаратылышка карата мамилесинин өзү жана чарбалык ишмердик процессинин өзү менен коомдук экономикалык структурасына камтылган. ЧМТ коомдогу үстөмдүк кылган өндүрүш (чарбалык укладдар) менен аныкталат, анткени адамдардын чөйрө менен өз ара аракеттешүүсү дал ошого байланыштуу болот. Алар калктык топтордун (этносторду же анын бөлүктөрүн) маданият механизмдери аркылуу жана чарбалык ишмердикти түрдүү деңгээлдеги жаратылыш системалары менен (планетардык, регионалдык жана локалдык) байланыштырган убакыттын өтүшү менен жана жайгашкан аймагында өнүгүп турган социалдык-маданий системалар болуп саналат. ЧМТ башка коомдук кубулуштар сыяктуу тарыхый өнүгүүсүндө белгилүү бир баскычтарды басып өтүшөт. Ушундай өнүгүүдө ЧМТнын эмгектин улам жогорку өндүрүмдүүлүгү жана өсүп бараткан кошумча азык- түлүктүн көлөмү менен өз ара айырмаланган негизги баскычтык- технологиялык топтору калыптанган. Биринчиси, эң байыркы топко чарбалык ишмердиктин ыңгайын, жыйноочулук, жарым-жартылай балыкчылык үстөмдүк кылган ыйгарым формасындагы ЧМТ кирет. Бул топко 20-к. башында төмөндөгү ЧМТ кирген: жарым отурукташкан арктикалык деңиз жаныбарларына аңчылык кылуучулар жана балыкчылар; тайганын жана тундранын кыдырып жүрүүчү жана жарым отурукташкан аңчылары менен балыкчылары; ысык алкактагы кыдырып жүрүүчү жыйноочулар менен аңчылар (пигмейлер, австралиялык аборигендер ж.б.). Ысык алкактын токойлорундагы аңчылар менен жыйноочулар тамыры жемиш жапайы өсүмдүктөрдү тамак катары пайдаланышат, жөнөкөй жаа же үйлөмө курал менен аңчылык кылышат, убактылуу үйлөрдө (шамал тоскуч, бастырма, үңкүр же дарак башындагы чөп алачык) жашашат, кийимге жарды, бут кийим, баш кийим кийишпейт. Деңиз жээктериндеги жана дарыялардын бассейндериндеги балыкчылар менен жыйноочулар (хайда индейлери, тлинкиттер, хантылар, мансилер, нанайлар, нивхилер 19-к. аягы - 20-к. башы), ошондой эле арктикалык деңиз жаныбарларына аңчылык кылуучулар (жээктеги чукчалар, эскимостор, алеуттар ж.б.) ЧМТ үчүн аздыр-көптүр отурукташкан жашоо ыңгайы (калктын бир бөлүгү сезондук көчүүдө), жашоонун негизги булагы катары балыкчылык жана деңиз жаныбарларына аңчылык кылуу, узак бою жашай турган үйлөр (жер төлөлөр, жыгач курулуштар же кардан салынган «игла» үйү), туюк тери кийим жана бут кийимдер мүнөздүү. Ыйгарып алуучу формадагы чарбалык ишмердиктин ЧМТ үчүн ысык алкакта көчүп жүрүү, өтө жарды келген материалдык маданият, алгачкы общиналык мамилелер, формалдуу бийлик институттарынын жоктугу, анимисттик диний ишенимдер, жалпы теңчиликке жана эмгек натыйжаларын коллективдүү бөлүштүрүүгө негизделген баалулуктар системасы мүнөздүү. Субарктика жана Арктика аймактары балыкчылык менен жаныбарларга аңчылык кылган коллективдин жылдык отурукташуусун камсыз кылат, бирок калктын бир бөлүгүнүн сезондук жылып туруусу турмуштук зарылдык болуп саналат. Ыйгарым чарбасындагы ЧМТ биринчи тобуна өзгөчө топчо катары «өндүргүч» чарбага өтмө формадагы айрым типтер ыкташат. Алар ысык алкактагы Молукку андамандарындагы жыйноочулар - «сого кыюучулар»; алар тропикалык дыйканчылык, жарым-жартылай балыкчылык менен да

кесиптенишет, Түштүк Американын жана Африканын экваториалдык токойлорунун кол (чот) дыйкандары - аңчылар жана жыйноочулары; ушундай формаларга бугуларды транспорт катары гана кармаган же көп санда өстүргөн суук алкактагы тайга жана тундра бугу багуучу аңчылары да кирет. Азыркы мезгилде Россиядагы бугу багуучу аңчылардын негизги массасы туруктуу кыштактарда жашашат, атайын бригадалар гана бугулар менен сезондук көчүүдө болушат.

ЧМТ экинчи тобуна кол эмгегине негизделген өндүргүч экономикадагы типтер кирет. Алар ысык алкактык чот (таяк) дыйкандары - короруштуруп айдоо дыйканчылыгы - аңчылык жана балыкчылык менен кесиптенишет. Алар Африкада, Азияда жана Түштүк Америкада кеңири таралган. Өндүргүч экономикадагы ЧМТ өнүгүүсү ыйгарым чарбадагы ЧМТ караганда бир кыйла алдыга өнүккөн. Жаратылыш ресурстарын экстенсивдүү пайдалануу интенсивдүү пайдалануу менен алмашат; эмгек өндүрүмдүүлүгү жогорулайт, артыкбаш азык-түлүктүн топтоо мүмкүнчүлүгү пайда болот. Дыйкандарда өсүмдүктөн алынуучу азык-түлүктөр жана материалдар, малчыларда мал топтолот; коомдогу социалдык структура татаалдашат, эрте урук общинасы алгачкы кошуналык общинага өтө башташы байкалат. Түрдүү этностук топтордун арасында алмашуу өнүгөт, айрым ЧМТ арасындагы айырмачылык көбөйөт. Ошол эле мезгилде аларды чарба жүргүзүүнүн көптөгөн ыкмалары, жерди иштеткенге темир миздүү чот жана таякты пайдалануу, тамырлуу жана тамыры жемиш өсүмдүктөрдү өстүрүү, айрым жерлерде банан, пальманын түрлөрүн ж.б. өстүрүү мүнөздүү болуп калат. Айыл чарбасында аял эмгегинин ролунун үстөмдүк кылышы; тегерек же тик бурч формасындагы туруктуу каркастуу - мамылуу үйлөр ж.б курулуштар келип чыгат. Кол өнөрчүлүктө темир өндүрүү жана темирден эмгек куралдарын жасоо өнүгө баштайт. Бир катар чарбалык типчелер - тропикалык которуштуруп айдоо (кыйып өрттөө) дыйканчылыгы - (Борбордук Африкада читаменелер, Түштүк Чыгыш Азияда ладангдар), тропикалык интенсивдүү сугат жана күрүч өстүрүүчү сугат эмес дыйканчылык бар.

Үчүнчүсү, бир кыйла кеч пайда болгон ЧМТнын үй жаныбарларын жер айдоо ишине пайдаланган типтерди бириктирет. Б.з.ч. III-I миң жылдыктарында Азия менен Түндүк Африканын байыркы дыйканчылык очокторунда жана чоң дарыялар агып өткөн өрөөндөрүндө кол дыйканчылыгы менен малчылыктын синтез катары пайда болгон бул топтогу ЧМТнын адамзаттын прогрессиндеги чоң секирик болгон. Дыйканчылыктын (өзгөчө ирригациялык дыйканчылыктын), көчмөн жана жарым көчмөн малчылыктын өнүгүшү менен мүлктүк теңсиздиктин, эрте таптык мамилелердин пайда болуу мүмкүнчүлүктөрү түзүлөт. Бул топтогу элдерде кол өнөрчүлүк айыл чарбасынан бөлүнүп чыгат. Үчүнчү топтогу эң байыркы ЧМТ кургакчылыкка чыдамдуу эгиндер (арпа, буудай, таруу, чумиза ж.б.) менен байланышкан жылуу алкактын, ошондой эле нымдуу тропиктер жана субтропиктердеги айдоо дыйканчылыгы жана малчылык тиби болгон. Жер айдоодо өгүз, буйвол, кийинчерээк жылкы пайдаланылган. Алгачкы айдоо куралы - бир тиштүү рало, кийинчерээк талаа жана токойлуу талаа зоналарында түрдүү типтеги буурсундар, токой зонасында эки тиштүү соколор таралган. Бул топтогу ЧМТ менен жашоо ыңгайынын жана маданияттын көптөгөн жалпы белгилери пайда болот. Отурукташууга өткөндө үй (мамы-каркас, жыгач, пахса, кыш, таштан курулган), камин жана үйлөмө меш, пахта, жүн, кендир кездемелер- ден жасалган эркектердин, аялдардын салттуу кийимдери, ундан, акшактан жасалган түрдүү тамак-аштар ж.б. жалпылыгы келип чыгат. Ошол эле учурда айдоо дыйканчылыгы ЧМТ көп түрдүүлүгү менен айырмаланат. Алар бир катар типчелери бар ысык алкактагы отурукташкан айдоо дыйканчылыгы (тропикалык которуштуруп айдоо, интенсивдүү сугат жана

сугат эмес дыйканчылыгы) болуп бөлүнөт. Бул типтеги айдоо дыйканчылыгы Түштүк Азиянын (малайали, маратхи ж.б.), Американын жана Түндүк Африканын көп этностордун арасында таралган. Отурукташкан жасалма сугат дыйканчылыгы жана мал чарбачылыгы (арабдар, перстер ж.б.) тиби пайда болот. Жылуу алкакта айдоо дыйканчылыгы төмөндөгүдөй типчелерге бөлүнүшү мүмкүн: батыш (өнүккөн огородчулук жана багбанчылык) жана чыгыш (кытайлар) типчелери. Тоолуу райондордо айдоо дыйканчылыгы ЧМТсы чарбада мал чарбачылыктын салыштырма салмагынын бир кыйла жогору болушу (айдап багуу формасында) жана тоолуктарга тиешелүү материалдык маданияттагы бир катар өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат. Көчмөн малчылыктын негизинде Евразия менен Африканын талаа зонасында бир канча ЧМТ калыптанган; Африканын ысык жана жылуу алкактарындагы чөлдөр менен саванналарда (беджа, сомали); Түштүк Батыш Азиянын кургак тоо этектеринде (белуджи, бахтиарлар ж.б.); мелүүн алкактагы чөлдөрдө жана талааларда (монголдор, казактар ж.б.); Борбордук Азиянын бийик тоо платолорунда (тибеттиктер, Чыгыш Памир кыргыздары ж.б.). Жашоонун көчмөн ыңгайы этностордун маданий-турмуштук өзгөчөлүктөрүнө терең из калтырган. Үйдүн башкы түрү жүндөн жасалган кездеме жабылуучу көчүрүлмө чатырлар же боз үйлөр болгон, кийим жүндөн, булгаарыдан жана териден жасалган (кенен шым, алды ачык чапан, күрмө); тамак аштын негизин эт, сүт азыктары түзөт; үй эмеректери, идиш аяктар көбүнчө булгаарыдан же жыгачтан жасалат. Коомдук шарттардын жана чарба формасынын өзгөрүшү, унаанын, байланыштын өнүгүшү ж.б. экономикалык өзгөрүүлөр мурдагы көптөгөн көчмөн элдердин турмуш укладын түп тамырынан өзгөрүүсүнө алып келди. Европанын жана Американын экономикалык жактан бир кыйла өнүккөн өлкөлөрүндө 20-к. кеңири жайылган индустриалаштыруу жана урбанизация процесстери калктын көпчүлүгүн шаар турмушуна жана өнөр жай ишине тартты. Дыйканчылык, мал чарбачылык негизиндеги ЧМТ өз маанисин өзгөртүп, ал турсун бузула баштады. Ошол эле мезгилде 20-к. башында европалык державалардын колониясы болгон өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө мурдагыдай эле көптөгөн архаикалык ЧМТ сакталып калган. Колониячылар коомдун бир бөлүгүндө капиталисттик мамилелердин өнүгүшүнө, ал эми башкаларында патриархалдык укладдардын сакталып калышына, этностордун бөлүнүп-жарылышына жана маданиятынын артта калышына шарт түзөт, бирок 20-к. орто чендеринде көз каранды эместикти жеңип алгандан кийин архаикалык ЧМТ кайра өзгөртүүгө чыныгы мүмкүнчүлүктөр жаралды. Элдик техникалык билимдер жана айыл чарбадагы салттуу эмгек тажрыйбасы дүйнө элдеринин этномаданий салттарынын маанилүү бөлүгү болуп саналат. ЧМТ өз тарыхый өнүгүүсүндө жана ырааттуу алмашуусунда адамзаттын тарыхында маанилүү роль ойношту. Алардын айрымдары таш доорунда жаралса, башкалары болсо алгачкы общиналык коом бузулуп, эрте таптык коомдор калыптана баштаганда пайда болгон. «Өнөр жай төңкөрүшү» көптөгөн ЧМТ түп тамырынан өзгөрттү жана бузуп жок кылды. Алардын ордуна жаңы экономикалык, маданий-турмуштук мүнөздөгү зоналдык комплекстер калыптана баштайт. Азыр айрым ЧМТ өзгөргөн түрдө тездеген илимий-техникалык прогресстин, социалдык структуранын түп тамырынан өзгөргөн доорунда, материалдык, рухий маданияттын көптөгөн элементтери интернационалдашкан шарттарда калыптана баштаган жаңы зоналдык, экономикалык жана маданий-турмуштук комплекстердин (көбүнчө айыл-чарбада) тутмуна кирет.

**Чарк** — ийиктин бир түрү. Жүн, кебез, тыбыт ийрүү же алардан ийрилген жиптерди чыйратуу, түрүү үчүн колдонулган жыгачтан жасалган дөңгөлөк сымал кол станок. Чарк ушул учурда да кыргыз айылдарында кеңири колдонулат.

Негизги бөлүктөрү: тулкусу, дөңгөлөк, таман, чыканак, мүйүздүү чыгырык, тасма, тутка, ок. Иштеш жолу: кыймыл тулкуга бекитилген огу бар дөңгөлөктөн тасма аркылуу чыгырыкка бекитилет. Дөңгөлөк айланганда мүйүздүү чыгырыктар да айланып, жип ийрилет же чыйратылат. Чарктын мүйүзчөсүнүн бир жак бетинин эки жагына илгич бекитилет. Ал ийрилген жипти мүйүздөн чыгарбай кармап созгондо тартып турат. Чарк менен жип ийрүү кол ийикке караганда бир топ өндүрүмдүү болот.

**Чарык** - бодо малдын (уй, жылкы ж.б.) чылгый (ийленбеген) терисинен көктөлүп тигилген, апкытсыз жана такасыз өтө жөнөкөй бут кийим. Анын таманы жогорку бөлүмүнө ичке көк же тарамыш ж.б. менен тумшугу жогору кайкалата ийилип көктөлөт. Чарыктын жогорку бөлүгүнө айланта кайыш же жип өткөрүлүп бутка байланат.

**Чатыраш** - кыргыз элинде байыртадан бери ойнолуп келе жаткан шахмат оюнунун бир түрү. Бул оюн боюнча мелдеш уюштурулуп, оюнга жаш-кары дебей катышкан. Оюн ойноого ыңгайлуу ар кандай жерде калыңдыгы 2-5 см, узундугу 30-31 см., туурасы 20- 21 см. келген тактанын бетине эки оюнчу 32 таш менен (бир оюнчу колунда 16 ак түстөгү, экинчисинин колунда башка түстөгү 16 ташы болот) ойнойт. Кыргыздар бул оюнду салтанаттуу тойлордо, бош убактыларында эс алып, көңүл ачуу үчүн ойной тургандыгы «Манас» дастанында сүрөттөлөт.

***Ад.:** «Манас». Энциклопедия. Т.2. Б.:1995. 331-б.*

**Чач жыйды,** чач жыяр, чач өрүү. 3,7 же 40 күндөн кийин күйөөсү же жакындары каза болгон аялдардын чачын кайрадан өрүшкөн. Ал үчүн атайын кой союлуп куран окулган.

**Чачпак** — чач учтук, сөлкөбай. Жаш келиндер, орто жаштагы аялдар өрүлгөн чачтарынын учуна тагынуучу (кооздук) буюм. Ал бири-бирине шакекчелер менен бириктирилген тегерек, үч бурчтук, төрт бурчтук ж.б. формадагы күмүш тенге тыйын же пластина жана жибек чачыктардан турат. Чачыктары чыйратылган жибек жиптен бир карыш узундукта жасалат.

**Чачыла** — келин келгенде ж.б. той учурунда чачыла турган боорсок, конфет, өрүк, мейиз ж.б. келинди тегеректеп тургандар терип алышат. Бул келген келиндин сылык, сыйкор ж.б. жакшы сапаттарга ээ болушун тилеп жасалат.

**Челек** — үй тиричиликте пайдаланылчу идиш. Ал көбүнчө суюк тамак-ашты сактоо, ачытуу, уютууга арналып, жыгачтан (арча, кайың, эмен ж.б.) жасалат. Түштүк аймактарда чаканы «челек» деп аташары маалым. Бул үчүн жыгач кургатылып, керектүү өлчөмдө тилинип, калыңдыгы 1-2 см. жылмаланган тактайлардан атайын ыкма менен цилиндр формада кыналып, темир же жез туюк алкак менен курчалып бекитилет. Чулу дөңгөчтүн ичи оюлуп, андан челек жасалат. Кээде челекке капкак, кайыш (көк) же жиптен өрүлгөн боо тагылат. Ичиндеги тамак-аш бузулбай сакталышы үчүн челек атайын ышталып жана майланып турат. Челек жаңы союлган бодо малдын терисин малмага салып ашатуу үчүн да колдонулган.

**Черик** - оң канатка кирген ири уруулардын бири. Этностук аталыш бери болгондо б.з. 7-8-кк. белгилүү жана эң байыркы кыргыз урууларынын бири катары маалым. Кытай жыл баяндарында эскерилген «чэ-ли» этноними изилдөөчү Л.Базен тарабынан «чериг» формасында окулган. Кытай булактарынан башка маалыматтарда («чериктер») 7-к. «сак документинде» чериктердин бүгүнкү Чыгыш Түркстанда локалдашуусу эскерилет. Чыгыш түрк мамлекетинин каганы Эл каганды Тан династиясынын аскер башчысы, полководец Ли Цзин жеңгенден соң, чериктер Юну Чжуну акимчилигинин аймагына жайгаштырылат. Ушул окуялардан соң, чериктер башка түрк тилдүү уруулар менен бирге, Тан династиясынын императорунун Тай-Шань аттуу ыйык тоого жасаган сыйынуу церемониясына катышышкан. Демек, чериктер күч-кубаттуу Тан империясына

убактылуу көз каранды абалда болуп калышкан. Болжолу, чериктер кыргыздардын курамына дал ушул тарыхый окуялардан соң кирүүсү мүмкүн. Айрым тилчи түркологдордун пикирлерине караганда, «черик» байыркы мезгилдерде кыргыз (түрк тилдери) санскрит тилинен кирип, » аскер», »кошуун» дегенди аныктаган. Махмуд Кашгаринин «Дивану лугат-ит түрк» сөздүгүндө «черик» - «аскер», «жоокер» деген маанини түшүндүрөт. Орхондогу Моюн Чурдун эстелигинде (756-757 жж.):«Душман Селенгеге чейин».

**Чекир саяк** - кыргыздын оң канатындагы ири урууулардын бири. Санжыралык маалыматтарда бул уруунун Кара Чородон тараары баяндалат. Изилдөөчүлөрдүн пикирлеринде «чекир» сөзү чакыр// чекир - «нөөкөр», «көзөмөлчү» же исламга чейинки түрктөрдөгү «хан сарайындагы нөөкөрлөр « маанисин туюнтат. Чагыр - байыркы сөз маанисинде «бүркүт» дегенди аныктайт. Чекир саяктар Жумгал, көл кылаасы, Кочкор, Тогузторо, Акталаа, Жалалабад аймактарын байырлап келишет.

**Чикит же чикилдик** - кыргыздын байыркы элдик оюну. Тестиер эркек балдардын атайын тобу менен же кээде эки киши болуп да ойнолот. Жоондугу 2 см, узундугу 10-15 см, ал эми эки учу учталган жыгач чикит же балакей. Чикит чабылуучу жоондугу 3 см узундугу 1 метрге жакын ичке таяк эне чикит же энекей деп аталат. Чүчү кулак кармашып, чыкканы чикит чабууну биринчи баштайт. Чикит чабыш үчүн диаметри 1-2 м алкак сызылып, анын ортосуна таяктын учу кенен баткандай сүйрү чуңкурчанын үстүнө туурасынан чикит коюлат. Чикит астынан таяк менен катуу чабылат. Экинчи команданын кишиси учуп барып түшкөн чикитти алкактын ичине түшкөндөй кылып кайрадан ыргытат. Эгерде ыргытылган чикит алкактын ичине түшсө, анда чикит чапкан бала чикит чабуу укугуна ээ болот да, чоң чикитти келерки өнөгү ойнойт; эгерде ыргытылган чикит алкактын сыртына түшсө, анда ойноп жаткан бала чикитти бир учуна согуп, ал секиргенде таяк менен чаап мүмкүн болушунча чийинден алыс түшкөндөй аракеттенет. Чикиттин учуп барып түшкөн жеринен алкакка чейинки аралыкты таяк менен өлчөйт да, аны өзүнчө эсептейт. Оюндун алдында канча таякка чейин (100-150 таяк) ойнолоору тараптар ортосунда макулдашылат. Кайсы тарап белгиленген упайга мурун ээ болсо, ал уткан болот да, жеңилген жактагы балдарды «жазалайт».

**Чиркөө** — христиан дининдегилер (православие, протестанттар, католиктер) сыйынуучу атайын жай (церковь) же сыйынуучу үйдүн кыргыз тилине ыңгайлаштырылган аталышы. Диний уюмдун тигил же бул диний багытты жолдоочуларын негизги диний эрежелер жана культтар боюнча бириктирген өзгөчө түрү. Чиркөөнүн негизги белгилери: аздыр-көптүр ырааттуу догма жана культ системасынын болушу, башкаруунун борборлоштурулушу, мүчөлөрүнүн адис жана жөнөкөй динчил болуп бөлүнүшү ж.б. Кыргызстанда чиркөө, мечиттер, диний башка уюмдар сыяктуу эле мамлекеттен ажыратылган. Эгемендүүлүктүн шартында атуулдардын жамааттык каалоолору менен, алардын диний керектөөлөрүн канааттандыруу максатында сыйынуу үйлөрү ачылып жатат. Бүгүнкү күндө өлкөбүздө жергиликтүү калк үчүн мурда белгисиз болгон жаңы диний агымдар жана алардын чиркөөлөрү пайда болуп жатат. Азыркы учурда Бишкек шаарында, айрым шаарларда, облустук борборлордо, ири калк пункттарында чиркөөлөр бар.

**Чоң багыш** - сол канаттагы ири урууулардын бири. Чоң багыштар теги байыркы кыргыз урууларынын бири болуп эсептелет. Чоң багыш өз алдынча ири уруу катары Сайф ад-Дин Аксыкендинин «Мажму ат-Таварихинде» (16-к.) кыргыздын сол канатында эскерилет. Этнонимдин келип чыгышы адамдардын байыркы тотемисттик түшүнүктөрү менен байланышкан. Чоң багыш - Ноокен районундагы айылдын аты катары белгилүү. Мындан сырткары, Чоң багыш этнотопоними Өзбекстандын Анжиян аймагында да бар экендиги катталган. Чоң багыштардын

басымдуу бөлүгү Чыгыш Түркстанды (КЭР) эзелтеден мекендеп келишет. Бул уруунун курамына аскалы, каңдабас, кулан сарык, бечине (пичине), килет, кулунчак ж.б. кирет. В.В.Радлов өз эмгегинде чоң багыштарга аскалы, торо, мачак, үч тамга, каңдабас, кош тамга, куан - дуан уруктары кирерин жазат. Элдик уламыштар сол канат кыргыздардын эң бир күч-кубаттуу уруусу болгон чоң багыштардын калмактар тарабынан ууланган суудан эпидемия тарап, басымдуу бөлүгү кырылып калганын кабарлайт. 17-18-кк. чоң багыштар Алай жана ага чектеш азыркы Кытайдын территориясындагы жерлерди мекендешкен.

**Чоң үй —** атанын үйү. Кара чамгарак деп да аталган. Аны уулдардын кичүүсү мурастайт.

**Чопкут —** тон, жоокердин кийими. Чопкут бышык кийизден кабатталып, арасына бор, кум шыкалып тигилген. Чопкутту согушка катышкан жоокерлер, эр сайышка түшкөн балбандар ок, найзадан ж.б. коргонуш, сактаныш үчүн кийишкен.

**Чоро** - эпикалык баатырдын максатташтары, чоролору. Ойрот-калмак (Жунгар) мифологиясында көптүк түрдө «чорос», «цорос» деген дербет жана жунгар княздарынын байыркы ата-бабалары катары айтылат. Ойроттордо - (жунгар калмактары) «цор», ортоңку кыпчак тилинде - «чора», «шора», «чоро» терминдери «баатыр» деген маанини билдирген. Чыгыш теги боюнча байыркы түрктөрдүн (кыргыздардын) аскердик-башкаруу титулу болуп эсептелген «чур» (чор), (чура) «чора» сөзү байыркы фарси тилинде «жоокер, «баатыр» деген түшүнүккө ээ экендиги, бирок кийинки түрк тилдеринде (байыркы түрк доору) титул катары (хан менен бектин ортосундагы) мансаптык даражаны аныктаган. Чур (чор), (чура) чоро титулунун негизинде ошол байыркы түрк доорунан баш- тап эле көптөгөн адам аттары белгилүү болуп, күндөлүк турмушта колдонулуп келген. Буга байыркы түрк рун жазмаларында чагылдырылган Агуш Чур, Бег Чур, Ил Чур, Чур өңдүү ысымдар күбө. Чоро энчилүү ат катары (Кара Чоро) кыргыздарда байыртадан эле белгилүү. Чоролор өз алдынча уруу катары 13-к. эскериле баштайт. Изилдөөчүлөр чекир саяктардагы чоро уругун Моголистандагы чорос уруусу менен жалпылыкта караган пикирин айтат. Чоро + с; -с/-з көптүк маанини аныктоочу байыркы сөз жасоочу мүчө экендиги маалым. Айрымдары чоростордун бир бөлүгү 13-к. Чыгыш Түркстандан Чагатай улусуна журт которгондугун жазышат. Чоростор Моголистандын (өзгөчө Чыгыш Түркстанда) саясий турмушуна активдүү катышкан. Захреддин Бабур өзүнүн мемуарларында (Бабур-намэ) Моголистандын аймагында чорос аттуу уруунун болгондугун тастыктайт. Чынында эле, чоростор бүгүнкү булгаачы (уруулук бирикме), тагай (генониm), кушчу, дуулат, баргы уруулары менен бирге эскерилет. Этностук компонент кыргыздардын курамына дал ушул тарыхый доордо кирүүсү мүмкүн. «Чорос» этноними бир эле учурда ойрот-калмактардын да курамында эскерилет. Жунгар (дэрбет) хандарынын басымдуу көпчүлүгү «чорос» аттуу аристократиялык (ак соөк) уруудан чыгышкан. Муну «Илэтхэл Шастирден» башка монгол жана калмак булактары да тастыктайт. Жунгар хандыгы коомдук-саясий түзүлүшү жагынан башында хан турган негизги төрт ойрот уруусунун союзу болгон. Ар бир уруунун башчысы тайджи (да-тобцзи) деп аталчу. Чорос уруусунун чоң тайджиси уруулук бирикменин жетекчиси болуп, бир эле учурда хан деп да аталган. XIV к. аягында (1399-1445- жж.) кыргыздар Угечи Кашка (Гүйлүжү, Мөңкө Темир) жетекчилиги астында ойрот-монгол урууларына үстөмдүккө жеткендиги белгилүү. Демек, Угечи Кашка ойрот-калмак урууларын бириктирген кыргыздын чоро(с) уруусунан чыккан деген жыйынтыкка келүүгө болот.

***Ад.:*** *Бейшеналиев Т.О. Киргизы и Джунгарское ханство (XVII - XVIII вв). Автореф. канд. дисс..., -Л., 1968; Губаева С.С. Этнический состав населения Ферганы в конце XIX - начале XX вв. Ташкент, 1983; «Манас». Энциклопедия. Т.1. Б.: 1994.*

**Чороев Тынчтыкбек Кадырмамбетович (Чоротегин).** 1959-ж туулган. Тарых илимдеринин доктору (1998), профессор (2001). Кыргыз Мамлекеттик университетинин тарых бөлүмүн аяктаган. Ташкенттеги Чыгыштаануу институтунун аспирантурасын аяктаган. Белгилүү чыгыштаанууучу Б.Ахмедовдун жетекчилиги астында Махмуд Кашгари (Барскани) жана анын көөнөрбөс мурастары боюнча илимдин кандидаттык диссертациясын коргогон. Таанымал Кашгари (Барскани) таануучу. Ушул эле проблемага байланыштуу жана орто кылымдардагы Борбордук, Ички Азия чөлкөмдөрүндөгү түзүлгөн этностук-маданий, саясий кырдаалга арналган илимдин докторлук диссертациясын коргогон. Төрт монография, алты окуу китеби жана 300 дөн ашуун илимий эмгек- тердин автору. Илимпоздун эмгектеринде «Дивану лугатит түрк» («Түркий сөздөр жыйнагы») сөздүгүндөгү тарыхый-этнографиялык маалыматтар, түрк элдери жайгашкан ареалды чагылдырган карта, кыргыздарда ж.б. түрк тилдүү элдерде бүгүнкү күнү да колдонулуп келе жаткан сөздөргө, терминдерге түшүндүрмөлөр берилген. Автордун эмгектеринен зарыл болгон этнографиялык, этникалык мүнөздөгү маалыматтарды кенен табууга болот.

**Чот —** теше, керки; жыгач устанын негизги аспабы. Ал жыгач буюмдарды жонуу, оюу, жаруу жана кесүү үчүн колдонулат. Сабы мизинин тегиздигине тик абалда болгондой ашталат. Миздин мындай абалда болушу буюмду (мисал: чөйчөк, табак, чертмек, ээр ж.б.) оюп, жонуп жасоого ыңгайлуу. Чоттун сабынын узундугу 30-45 см. уңгусунун жазылыгы 5-10 см. келет. Чот - кыргыздын бир уругу катары да маалым.

**Чоюн баш —** чочмор; чокмор - жоокер куралы: 50-80 см. жыгач сапталган баш жагы бydyрлуу тоголок темир. Чоюн баш байыркы таш доорунан эле колдонулуп, адегенде таштан, колодон, андан соң темирден жасала баштаган эле. Чоюн башты кыргыздар да аскер ишине кеңири колдонушкан. Чоюн баш жана аны согуштук максатта колдонуу байыркы чыгыш элдерине мүнөздүү болгон. Аны Римдиктер б.з. 2-к. батыш европалыктар 12-к., орустар болсо 13-17-кк. ортолугунда колдонушкандыгы илимде белгилүү. Айрым элдерде, мамлекеттерде чоюн баш курал катары эмес, бийлик белгиси катары да белгилүү болгон. Мисалы, польшалык королдор, орус падышалары ж.б.

**Чөбөгө —** тыбыт-каймак. Каймакты сызгырып, майы бөлүнүп алынган соң калган масса. Каймакка ун чалынып сызгырылса же бышкандан кийин шекер кошулса чөбөгө таттуу болот.

**Чөйчөк —** тамак-аш куюлууга арналган идиш. Чөйчөк арча, кайың, тал ж.б. жыгачтан оюлуп (чапма чөйчөк), же чоподон бышырылып (карапа, сапал чөйчөк) жасалат. Сырдалышына, ышталышына карай кара чөйчөк, сыр чөйчөк болуп бөлүнөт.

**Чөп ооз** - бирөөнүн ээлеген жайытына же жерине малын баккан үчүн төлөнүүчү салык. Бул салт жалпы түрк-монгол элдеринде кенен таралгандыгы маалым.

**Чучук —** кыргыздардын жылкынын казысынан даярдалган эң байыркы чүйгүн тамагы. Чучук төмөнкүчө даярдалат: жылкынын казысына (кээде эттүү кабыргасы менен кошо) туз, калемпир, мурч, пияз же сарымсак ж.б. аралаштырып даярдалат, белгилүү убакытка коюп коюлат. Ал кошулмалардын даамы казыга сиңгенден соң жылкынын ичегисине салынып, учтары жип менен буулат. Жасалышына карай ынак (кара эти жок) жана жөнөкөй чучук болуп бөлүнөт. Чучук өзүнчө же эт менен кошо этияттап бышырылат.

**Чүлүк —** узундугу 20-30 см, жоондугу чыпалактай арча, тал ж.б. жыгачтан, кээде металлдан догоо түрүндө ийилип жасалган буюм. Ал көбүнчө өгүздүн (айрым учурда уй, торпок, топоз жана буканын) мурдуна тешип өткөрүлүп, муруntук байлаш үчүн колдонулат. Чүлүк салынган мал элпек башкарылат.

**Чыгай** - байыркы түрк тилдеринде «баатыр, каарман, эр жүрөк» маанисин туюнткан термин. Орто кылымдардагы Дешт и-Кыпчакты мекендеген кыпчак урууларында (10-11-кк.) «чугай» аттуу уруу болгондугун орус жыл баяндары чагылдырат. Мындан сырткары, Тоң-Йокуктун эстелигинде (8-к.) Борбордук Азиядагы Чugai (quz) деген топонимикалык аталыш эскерилери маалым. Ушул эле сөздүктө байыркы түрк тилинде чigai - «кедей», «кембагал» маанисин да туюнтары айтылат. Арийне, соңку сунуш этилген чечмелөөлөр илимий тактоолорго муктаж. Саруу уруусунун курамындагы айрым этнокомпоненттердин орто кылымдардагы кыпчак чөйрөсү менен терең байланышын эске алганда, этностук аталыш кыргыздарда 10-12-кк. эле белгилүү болгон.

**Чыгдан** — ашкана чий, боз үйдүн эпчи жаккы бөлүгүн тосуу үчүн чийден жасалган калканыч. Анын ичине идиш-аяк коюлуп, тамак-аш сакталат. Чыгдан бийиктиги 1,6-1,8 метрге жетип, узундугу 2-3 метрге жеткен чырмалган чийден турат. Чыгдандын эки жагында үчтөн алты боосу болот. Алар уук менен керегеге байланат. Чыгдан бышык жана кооз болуш үчүн башы-аягы 10-15 см.чейин кездеме менен көбөөлөнөт, баш (өйдө) жагындагы көбөөгө сайма сайылып, чачы тагылат.

**Чык** — бышкан эттин ширелүү сорпосу. Сорпого пияз, мурч ж.б. кошуп 2-5 минута демделсе чык даамдуу болот. Тууралган этке куюлат же бүкүлү этти малып жеш үчүн дасторкондо олтургандарга берилет.

**Чыкта** - кулунду желеге байлоодо нокто менен желени бирик- тирүүчү тээктүү жип. Ал кулунду желеге байлоо же агытуу ишин жеңилдетет. Койдун кылчык жүнүнөн кошо эшилген бышык жиптен жасалат. Чыктаны мал чарбасы менен кесиптенген кыргыз, казак, башкыр, монгол ж.б. элдер кеңири колдонушат.

**Чылбыр** — ноктого (кээде жүгөнгө) байлануучу узундугу 1,5 - 2,5 м аргамжы. Ал тилке кайыштан да жасалат. Мингич унааны байлоо, жетелөө үчүн да колдонулат.

Чыны кап — көчмөнчүлүк турмушта, үй оокатында чыныларды сактай турган керектөөгө ылайык ар кандай формадагы жасалган кутуча. Чыны капты чийден же жаш табылгыдан согушат, же кийизден, териден тигилип, боо тагышат да, үйдүн эпчи (аялдар же ашкана тарабы) жагындагы керегеге илип коюшат. Чырпык, табылгыдан жасалгандары жарым шар түрүндө согулуп, бетине улуттук оймо-чийме түшүрүлөт. Чий, кийиз, тери чыны каптар цилиндр түрүндө жасалат. Чий чыны кап ар түрдүү түстө боелгон жүн жиптер чырмалып, оймо түшүрүлөт. Кийиз чыны кап саймаланып, андан соң аппликацияланат. Тери чыны капка атайылап наар түшүрүлүп коoздолору белгилүү.

**Чыптама** — сырттан кийилүүчү кийим. Ал жеңсиз, бел жабылгандай же андан узунураак өлчөмдө бычылып, жалаң кабат же ичтелип тигилет. Алгачкы чыптама териден, кийин кийиз, таардан, соңку мезгилдерден тартып ар-кандай кездемелерден кебез же жүн салынып, шырылып жасалган. 19-к. тартып чыптаманын өңүрү, жакасы саймаланып же көбөөлөнүп тигиле баштаган. Азыркы кездеги керектөөлөргө ылайык чыптаманы түрдүү кездемелерден, ар кандай формада тигилген түрлөрү пайда болду.

**Чырак** — чырагдан, шам чырак - бөлмөнү, имаратты, ачык жайды, атайын аянттарды, айрым нерселерди жарык кылуучу буюм. Адам баласы адегенде, палеолит доорунда чыракдан май куюлуучу, тулкусунун ичи чуңкур таштардан, ал эми энеолит доорунда чоподон жасалган. Кийин ичи көңдөй идиш сымал жана жогору жагында (май куя турган жана билик өткөрүүгө ылайыкталган) 2 тешиги бар. Чырак пайда болгон Байыркы Греция менен Римде зайтун майы куюлган чопо жана коло чырак урунулган. Кыргыздар мурда сөөк, чопо, кийин калдыркан темир, колодон жасалган чырактарды колдонушкан. Керосин пайда болгонго чейин анын ордуна сызгырылган май колдонулган. Бара-бара чырак жөнөкөй май

чырактан азыркы электр чыракка чейин өзгөрдү. Азыркы чырак жарык кылуу арматурасынан турат. Жарык техникасы, техникалык, экономикалык, эстетикалык жана монтаждоо эксплуатациялык талаптарга жооп берет. Коопсуз жана ишенимдүү абал- да иштейт. Ал жалпы жана айрым жерлерди жарык кылуучу болуп айырмаланат. Асма, шыпка, дубалга орнотулма, столго, полго коюлма ж.б болуп бөлүнөт. Чаңдан жана нымдан корголушу боюнча ачык тосмолуу, чаң жана суу өтпөс, жылчыксыз ж.б. болуп айырмаланат. Көркөмдүк жагынан баалуу өзгөчө чырактар сувенир катары да даярдалат.

**Чырга —** ар кандай майда айбанаттын терисинен, көбүнчө түлкүгө окшотуп жасалган кеп, сөлөкөт. Чырга бүркүттү, ителгини ууга салууга көнүктүрүү жана алардын тапка киргенин билүү үчүн колдонулат. Ал түлкүнүн терисине (кээде суур, түлкүнүн куйругун байлап) саман, чөп тыгып жасалат. Атчан киши чырганы узун жипке байлап, булактатып сүйрөп жөнөгөн учурда бүркүтчү дөңсөө жерден бүркүттү кое берет. Чырганы бүркүткө адегенде чукул, андан кийин улам алыс жерден алдырып машыктырат. Чырга алдыруу - бүркүт, ителги таптоонун акыркы этабы болуп эсептелет.

**Чуваштар** - Россия Федерациясын жана ага чектеш жерлерди байырлаган калк. Түрк тилдеринин генеалогиялык жиктешүүсүндө батыш хунну тобунун булгар бутагында сүйлөшөт. Чуваш тили аймактык жактан жогорку жана төмөнкү диалектилерге бөлүнөт. Чуваш тили түрк тилдеринен обочо жайгашкандыгынын натыйжасында байыркы иран, финн-угор, славян тилдеринин тийгизген таасири байкалат. Бул процессте, өзгөчө кошуна жашаган финн- угор элдеринин таасири зор. Калктын жалпы саны 2 млн. жакын. Христиан дининин православие багытын тутунушат. Чуваштар этнос катары Алтын Ордо жана Казак хандыгынын (16-к.) тушунда калыптанган.

**Чулумдар (чулум)** - Обь дарыясына Чулым суусу куйган аймакта (Россия Федерациясы. Краснояр аймагы) жашаган түрк тилдүү этнографиялык топ. Түрк тилдеринин генеалогиялык жиктешүүсүндө хакас тилдеринин тобунда сүйлөшөт. Кошуна жашаган кезик, кюэрик урууларынын тилдерине тектеш. Этнографиялык топтун кыргыздар менен этностук жалпылыгы байкалат. Кыргыз мамлекетинин (Энесай кыргыздары) түндүк аймактарынын курамына киришкен. Чулумдар кыштымдар аттуу (көз каранды элдер, уруулар) көз каранды социалдык тобун түзүшкөн. Энесайлык Кыргыз мамлекетинин (16-18-кк.) Алтынзархы улусунун курамында болушкан. Кыргыздын дөөлөс уруусунун курамындагы чулум кашка, мундуз уруусундагы зулум (чулум) уруулары менен байланышта кароого болот.

## Ш

**Шаймерден** - (ир. шах - «падыша», мардан - «жигит») баатырлардын падышасы, эр жигиттердин колдоочусу деген маанини туюнтат. «Шахимардан» - арабдардагы төртүнчү халифа Азирети Алинин сыпаты. Чыгыш уламыштарында Азирети Али жигиттердин, баатырлардын колдоочусу болгон. Шахимардан - Кыргызстандын аймагындагы курорттук зона болуп эсептелет.

**Шайык** - (ар. шейх - кары адам, аксакал). 1. Чыгыштын араб өлкөлөрүндө уруу башчысы, динията иштери боюнча насаатчысы дегенди туюнтат. Мусулман диний кызматкерлеринин жогорку башкаруучу катмарларынын өкүлдөрү, уламалар, жогорку диний мектептин, ислам университеттердин окутуучулары, ошондой эле дербиш орденинин башчыларынын ардактуу наамы. Шайыктардын байлыгы, бийлиги укумдан тукумга өтүп келген. 2.Мусулман көрүстөндөрүнүн, мазарларынын же башка ыйык деп эсептелген жайлардын күзөтчүлөрү шайык (шейх) деп аталат. Орто кылымдардагы мусулман мамлекеттеринде «шейх ул-муслим» - мусулмандардын жетекчиси, башчысы дегенди туюнткан.

**Шалпаң кулак** — камыр, эт аралаштырылып желген кыргыз тамагы. Гүлчөтай сыяктуу камыры төрт бурч формада кесилет. Бирок шалпаң кулактын көлөмү чоңураак кесилет. Эттин шорпосуна камырды бышырып, этти керегине жараша аралаштырылып желчү чүйгүн тамак.

**Шалча** — жүн же кебез жиптен атайын ийрилип, кол өрмөктө токулган таар. Шалча ар кандай жазылыкта тик бурчтуу же чарчы формада жасалып, жээктери кыюуланып, жерге жая салууга жана көчкөндө үй эмеректерин ороп таңуу үчүн колдонулган. Жүк жабууга же боз үйдүн капталына тартууга да колдонулган. Шалчага атайын ар түрдүү түстөгү чачы да тагылат. Айрым региондордо шалчага атайын улуттук мотивдерди түшүрүшөт. Шалчанын бир түстүү же ар түрдүү түстөгү (ак-кара, кызыл-жашыл, көк- сары ж.б.) сыяктуу түрлөрү кездешет. Тилекке каршы, шалча жасоо бүгүнкү күнү сейрек учурайт.

**Шаман дини** - Сибирь элдеринде кеңири тараган, тамыры жайылган байыркы дин, диний ишенимдердин өзгөчө системасы. Бул термин тунгус-манжур тилдеринде «саман» деп аталып, шаман дининин өзгөчө кызматкеринин диний-иерархиялык аталышынан улам келип чыккан. «Шаман» термини 19-к. Европа окумуштуулары тарабынан илимге киргизилген. Сибирь элдеринде бул дин ар кандай аттар (ак дин, буркан дини ж.б.) менен аталган. Бул диндин айрым элементтери Саян-Алтай элдеринде (хакастар, тувалар, шорлор, алтайлыктар), айрым тунгус тилдүү элдерде сакталып калган. Соңку мезгилдерде бул динди кайрадан калыбына келтирүү иш-аракеттери жүрүп жатат. Байыркы кыргыздардын диний ишенимдери боюнча кытай жана мусулман булактары, руна сымал кыргыз жазуулары кабар берет. Кыргыздар диний ритуалдарды жетектегендерди «кам» деп аташары баяндалат. Бул маалыматтарда кыргыздардагы камдар жараткан менен байланыш милдеттерин аткарары, бул жөнөкөй эмес адамдар аркылуу кийинки жылы малдын башынын амандыгы, түшүмдүн молдугу, оору-сыркоонун болбостугун ошол «көзү ачыктардан» сурап билишкен. Камдар өз учурунун кадыресе билимдүүлөрү, коомдогу таасири бар өзгөчө социалдык катмарлардан болушкан. Туваларда, хакастарда «хам» формасында сакталып келет. Кыргыздар ислам динин кабыл алышкандан соң, диний жөрөлгөлөрдү алып баруучулар «бакшы» деп атала баштаган (караңыз: бакшы темасы). Камдар же бакшылар «өз жардамчыларынын» жардамы менен Көк Теңирге учуп чыгып, духтар аркылуу баарлашкан. Эл менен Кудайдын ортосундагы байланыштыруучу звено болушкан. Демонологиялык күчтөр, кыялый кубулуштар менен күрөшүүчүлөр шамандар болушкан. Шамандар башкалардан айырмаланган кийим-кече, сыйкыр-керемет күчү бар деп таанылган курал-жарактарын, аспаптарды алып жүрүшкөн. Шамандык ишмердүүлүк кандайдыр бир ырым-жырымдар, бийлөө, музыкалык аспапта ойноо менен коштолгон. Шаман дини жана анын айрым негиздери Сибирь элдеринин чарбалык укладдары менен байланышкан. Бул диндин айрым элементтери бүгүнкү кыргыздардын ишенимдеринде сакталып калган. Мисалы, тоо-ташка, булактарга сыйынуу, түлөө өткөрүү, мазарларга же ыйык деп эсептелген жерлерге чүпүрөк байлоо ж.б.

**Шаманизм** (эвенк тилинде шаман «ээликкен», «өзүн жоготкон адам») - ритуалдык экстаз абалындагы шамандын арбактар менен сүйлөшүүлөрүнө, анын арбактардын жардамы менен көз ачыктык кылышына, оорулардын даба алышына ж.б. негизделген диндин алгачкы формасы. Шаманизм диндин башка формалары менен батыша бериши мүмкүн, анын элементтери кийинки көптөгөн диндерде сакталып калган.

**Шамшар - 1).** Жоокер куралы, канжар сымал эки жагы миздүү, бирок көлөмү андан чоңураак келет. 2). Ири малды союп, аны жиликтөөчү (мүчөлөөчү) чоң бычак.

**Шарият** - Куран-и Керимдин жана сунналардын негизинде атайын иштелип чыккан диний-этикалык жана укук эрежелеринин жыйындысы. Шарият 7-12-кк. Араб (андан соң Багдад халифтиги, Осмон империясы ж.б.) халифтигинде иштелип чыккан. Ал мусулмандардын негизги диний укуктарынан башка мамлекет, граждандык, кылмыш-процессуалдык укуктар нормасын кучагына алат. Шарият ислам мамлекеттик динге айланган өлкөлөрдө (Иран, Пакистан, Алжир, Малайзия, Афганистан ж.б.), өзгөчө үй-бүлө, нике жана мурастоо укугу жагдайында кеңири колдонулат.

**Шейит** - (ар. «шия», «шиит» - жактоочу). 1. Исламдагы негизги диний багыттын бири, ушул багыттагы динге ишенген адам. 2. Ислам дини үчүн күрөштө курман болгон жана киши колдуу болуп өлгөн адам. Ислам дини үчүн жан-таслим болгон адам бейишке чыгат деп айтылат.

**Шерине** - бир канча үй-бүлөнүн мүчөлөрүнүн, же теңтуш достордун алдын-ала макулдашуусу боюнча кезектешип желе турган тамак. Илгери шерине уруулаштардын жыйынында (көбүнчө жайлоого чыкканда) желген. Андай учурда козу союлуп, атайын уюштурулган сый тамак берилген. Шерине - кыргыздардын байыртадан келе жаткан ата салты.

**Шибеге** - бут кийим ултарууда, ат жабдык ж.б. үй буюмдарын жасоодо колдонулуучу атайын аспап. Сабы жыгачтан жасалып, учу ийне сымал, бирок андан бир кыйла жоон болот, зымдан же темирден жасалат. Шибегенин сайма саюуда, тор түйүүдө колдонулуучу түрү «илме шибеге» деп аталат.

**Шийизм** (ар. шийа - топ, партия, тарапкерлер) - ислам дининдеги суннизм сыяктуу негизги багыттардын бири. Исламдын бул багытына азыркы Ирандын, Ирактын калкынын басымдуу бөлүгү, азербайжандар, курддар, Афганистандагы хазарейлер, йемендиктер ж.б. киришет. Шийизм 7-к. 2-жарымындагы азыркы Ирактын аймагындагы жашаган араб урууларынын арасында өз ара бийлик үчүн күрөшүүдө Азирети Али халифти (Мухаммед пайгамбардын жакын тууганы, күйөө баласы) жактоочулардын ара- сында пайда болгон. Шийиттер халифтик кызматты Мухаммед пайгамбардан кийинки халифтер, анын ичинен Азирети Алинин тукумдары аткарыш керек деп эсептешет. Шийизм 7-к. аягы, 8-к. башында саясий-диний кыймыл катары Ирандын (Персия) аймагына тарай башатаган. Шийизмди жактоочулар (шийиттер) ыйык Куранды Кудайдын өз колу менен жазылган «ыйык» китеп деп билишет. Бирок аны өздөрүнүн кызыкчылыгына карата бурмалап түшүндүрүшөт. Шийизмге «кыйналуу», «азап чегүү» культу мүнөздүү. Ушуга байланыштуу кайгылуу күндөр өткөрүлөт (шахсей- вахсей майрамы). Бул диний майрамдар кыйналып өлтүрүлгөн Азирети Али халиф жана анын Хасан, Хусейн аттуу уулдарына багышталып өткөрүлөт.

**Шири** — жүнү устара менен атайын кырылып, ашатылбай ышталган бодо малдын териси. Шириден көнөк, көнөчөк, көөкөр, чыны кап сыяктуу көчмөнчүлүктө, дегеле үй оокатына керектүү идиш-аяктар жасалат. Шири - кыргыздын бир уругунун аталышы катары да белгилүү.

**Шовинизм** (фр. chauvinisme) - улуттук артыкчылыкты үгүттөгөн, улуттук касташууну, жек көрүүчүлүктү тутандырууга, бир этностун экинчи бир этносту күч колдонуп басмырлоосуна багытталган улутчулдуктун ашынган жана бир кыйла агресивдүү формадагы көрүнүшү. Бул термин наполеондук согуштардын катышуучусу, Наполеондун басып алуучулук согуштарын мактап-жактаган, бир улуттун экинчи бир улут үстүнөн аскердик үстөмдүккө жетишүү идеясын жар салган француз капралы Н.Шовендин атына байланыштуу. Термин катары 1831-ж. Францияда бир тууган Коньярлардын «Үч түстүү кокарда» аттуу комедиясы коюлгандан кийин колдонула баштаган. Комедиянын каармандарынын бири «Улуу Франция» идеясына берилген, кужүрмөн жаңы аскер Шовен болгон. Мындай маанай «улуу армиянын» ветерандарынын

арасында кеңири тараган эле. Кийинчерээк «шовинизм» термини кандайдыр бир улуттун же мамлекеттин аскердик үстөмдүк идеясына берилгенине карата колдонулган. Шовинизм өз элинин же мамлекетинин башкалардын үстүнөн зордук жолдор, анын ичинде аскердик талкалоо, аймагын жеңип алуу менен болсо да, үстөмдүккө жетишүүгө умтулуудан көрүнөт. Шовинизм идеологиясы башка элдердин укугун, эркиндиктерин чектөөгө чакырган ураандардан тартып аларды жер жүзүнөн жок кылууга чейинки чакырыктарды практикалык ишке ашыруунун кеңири спектрин камтыйт. Бул аны фашизм жана расизм менен жакындатат. Шовинизм экономикалык экспансияны, саясий кысымды, маданий басмырлоону ж.б. аздектөө менен кыйла кылдат формаларга ээ болушу да мүмкүн. Англис тилдүү өлкөлөрдө шовинизмдин синоними «джингоизм» термини болуп саналат.

**Шорлор** - Россия Федерациясындагы Түндүк Тоолуу Алтайда, Кузнецк Алатоосунда, Хакасияда ж.б. чектеш аймактарда жашаган түрк тилдүү этнос. Чыгыш теги жагынан кыргыздарга жакын. Илимий адабияттарда кондом татарлары, кузнецк-том татарлары, абиндер ж.б. аттар менен белгилүү. Өздөрүн «шор-кижи», «татар- кижи» деп аташары маалым. Түрк тилдердин генеалогиялык жиктешүүсүндө уйгур-огуз тобунун хакас бутагында сүйлөшөт. Хакас тобундагы тилдер менен тектеш болгону менен, шорлордун тили бир катар өзгөчөлүктөргө ээ. Калктын саны 15 миңден ашуун. Хакас жана Түндүк Алтайлык (куманды, челкан ж.б.) тилдер менен тектеш диалектилерде сүйлөшөт. Шорлордун этногенезинде түрк, кет, самодий, угор компоненттери катышкан, бир бөлүгү хакастардын курамына жуурулушкан. Изилдөөчүлөрдүн пикирлерине караганда, шорлордун этностук тарыхында кыргыздардын ээлеген орду зор. Уруулук курамында да кыргыздар менен этногенетикалык жалпылыктар байкалат. Шорлордун негизги чарбачылыгы аң уулоо менен байланышкан. Темир кенин иштетүү жана аны өндүрүү жогорку деңгээлде өнүккөн, дыйканчылык да белгилүү деңгээлде (буудай, арпа ж.б.) жолго коюлган.

**Шыйпаң** — 1). Эгин айдалуучу талаада эс алуу үчүн курулган үстү жабык, тегереги ачык жай. Шыйпаң негизинен талаа (көбүнчө пахта ж.б. бакча өсүмдүктөрү эгилүүчү) станына курулат. Ал талаада эмгектенгендер үчүн тамактанып, эс алууга ылайыкташ- кан зарыл, чарбага, жамаатка керектүү, ыңгайлуу нерселер менен жабдылат.

**Шылк этме** — байыркы жоокер куралы. Шылк этме адегенде таштан, колодон, кийин коргошун же темирден жасалган. Муштумдай таштын ортосун тешип, аны сомодой москоол жыгачтын бир учуна аштап, эки учу жазы калың кайыш менен 60-70 см узундуктагы таякчанын учуна бекитилген. Таштын ордуна кийинчерээк металл колдонула баштаганда анын көлөмү бир кыйла кичирейген. Шылк этме бир нерсенин, дубалдын ары жагына же калкандын астына коргологон душманды чабууга ыңгайлуу болгон.

**Шөкүлө** - 1. Күйөөгө чыгуучу кыздын үйлөнүү тоюнда кийүүчү баш кийими. 2. Азыркы учурда театр, филармония, элдик көркөм- чыгармачылык кызматкерлери (кыз-келиндер) концерт мезгилинде кийишет. Шөкүлөнү кыз ата-энесиникинен кийип келип, келин болгондон 2-3 күн өткөндөн соң, кайрадан ата-энесине кайтары- лып берилген (салт боюнча шөкүлө кийинки турмушка чыгуучу сиңдилерине сакталган). Шөкүлө конус формасында тигилип, кулакчыны же жаагы, төбөсү, арты же желкеси болгон. Шөкүлө алгач ак кийизден, кийинчерээк ортосуна жүн салынып, шыры- лып, сырты кызыл же кызыл-кочкул манат нооту, баркыттан ичи ар кыл матадан (же кийизден) кулакчы кундуз, суусар териленинен жасалган. Кээ бир шөкүлөнүн төбө алкагы күмүш, шуру ж.б. менен кооздолуп, төбөсүнө жана каптал жактарына тоту куш, каркыра, кыргоол, үкү

канаты тагылган. Маңдайы баалуу кооздуктар (маржан, бермет, күмүш, алтын ж.б) менен көркөмдөлгөн. Шөкүлөнү колунда бардар адамдар гана жасатышкан.

**Шыралга** - мергенчилик салты. Мергенчилик салт боюнча, баарынан мурда майлуу боор даярдалган. Ал үчүн отко камыраак какталган боорду чакандап кесишет. Андан кийин боордун жалпак кесиндилерин жука ич майга ороп, сүмбөгө сайган соң шишкебек сыяктанып отко óктап бышырат. Мергенчилер айтып бергендей, илгери мындай тамак атып алынган аркардын ич этинен жасалган болсо, анда аны жыгач сүмбөгө сайып алып гана бышырышкан. Башка аңдардын ич этин темир сүмбөгө сайып гана бышырууга жол берилген (бөйрөк, төш эттин бир бөлүгү да отко какталып бышырылат. Ичке ичегилерге май толтурулуп жасалып, ал да ошол жерде бышырылган). Эзелтеден металлдан жасалган идиштер жок кезде, эт бышырылчу идиш катары аңдын карынын пайдаланышкан. Ага жиликтелген этти сөөктөрү менен кошо салып, суу куюшкан. Анан аны жерге орнотулган жыгачтарга асышкан. Чакан таштарды кызарта ысытып, улам бирден карынга салып турушкан. Муздап калган ташты чыгарып алып, анын ордуна кызарта ысытылган ташты дагы салышкан. Мына ошентип отуруп суу кайнап, эт да бышкан. Этти мындай бышыруу жолу «таш боркок» деп аталат. Атылып алынган аңдын этин эзелтеден калыптанган тартипке ылайык бөлүштүрүшкөн. Аңды аткан мергенчи анын башын, мойнун, төшүн жана терисин алган. Калган эт ууга чыккандардын баарына теңтең бөлүштүрүп берилген. Аң аз атылып калган учурда эттин бардык жиликтери бөлүштүрүлгөн. Мергенчилер үйлөрүнө олжолуу кайтып келе жатышкан жолдо жолуккан ар бир адам эт алгысы келсе «шыралга» бере кетиңиздер деп айтууга тийиш болушкан. Мергенчилер айылга кайтып келишкенден кийин эт бышырып, өзүлөрүнүн бардык айылдаштарына тамак беришкен. Эгерде мергенчи аңды өзү жалгыз атып келсе, анда эттин бир бөлүгүн айылдагы коңшуларына чийки таратып берген, калган этти бышырып, баарын меймандаган. «Кара санчы» деген термин аңчылык кылууга жардамдашкандарга, аңдын турган жерин мергенчиге жандап көрсөтүп берүүчүлөргө же аң айдоочуларга карата колдонулган.

**Шырдамал** - шырдактын экинчи бир аталышы, синоними. Шырдамал - шырдак деп Ош жана Жалалабат аймагындагылар бирдей аташары маалым. Шырдамалдын (шырдактын) жасалыш ыкмалары, ага түшүрүлгөн улуттук оюулары бирдей болот.

**Шырылдаң** - кыргыз элдик оозеки поэзиясындагы эмгек ырларынын бири. «Шырылдаң» кыргыздын көчмөн мал чарбачылыгы укладына байланыштуу келип чыккан. Анда жылкычылардын турмушу чагылдырылып, «Шырылдаң» жылкычылар ыры экендиги айтылат. Жылкычылар «Шырылдаңды» ырдап элден азык-түлүк да жыйнап алышкан. Бул элдик ырдын бир нече варианты бар.

## Ы

**Ыйгарым чарбасы** - аңчылык, жыйноочулук жана балыкчылык экономикалык жактан үстөмдүк кылган чарба. Адамзаттын чарбалык тарыхынын эң байыркы стадиясына туура келет. Бул стадия шарттуу түрдө «ыйгарым чарба» деп аталат, анткени аңчылардын, жыйноочулардын, балыкчылардын эмгеги жөнөкөй ыйгаруу менен чектелбейт. Эмгекти уюштурууда, жыйнагандарды тамак-аш катары пайдаланууда түрдүү техникалык жөндөмдүүлүктөр талап кылынат, тагыраак айтканда, алардын эмгегинде да татаал учурлар бар. Ыйгарып алуу экономикасындагы эң байыркы чарбалык-маданий типтер адамзаттын калыптануусунун баштапкы этабында пайда болгон. Дыйканычылык жана мал чарбачылык пайда болор алдында, тагыраак айтканда, мындан 12 миң жылча мурда ыйгарып алуу экономикасындагы чарбалык-маданий типке ысык алкактагы тропикалык токойлордун аңчылары жана жыйноочулары, мелүүн алкак үстөмдүк кылган тоолордогу жана түздүктөрдөгү кыдырма аңчылар менен жыйноочулар, деңиз жээктериндеги жана дельталардагы жарым отурукташкан балыкчылар менен жыйноочуларга, ири жаныбарлардын үйүрүнө аңчылык кылуучуларга ж.б. таандык эле. Алар айрым райондордо өз аңчылык аймагында көчмөн кыдырма жашаган, башка райондордо жарым отурукташкан же аз сандагы айрым жүргөн топтор болушкан. Бүгүнкүгө чейин сакталып калган мындай чарбалык типтерди этнографиялык изилдөө аларга сезондуу көчмөн жашоо ыңгайы, негизги өндүргүч каражаттарын коллективдештирүү, менчик жана эмгек натыйжасын коллективдүү бөлүштүрүү, архаикалык социалдык структура, өтө жарды материалдык маданият, институтташкан бийликтин жоктугу, диний түшүнүктөрдүн анимисттик формалары мүнөздүү экендигин көрсөттү. Натуралдык чарбасын товардык экономика буза элек аймактарда жашаган аңчылар менен жыйноочулар өзүнүн социалдык өнүгүүсүндө общиналык структуралык чектен чыга алыша элек. Сезондук-экономикалык өнүгүүнүн эң жогорку деңгээлине жана калктын негизги бөлүгүнүн турукташуусуна Түндүк Американын Түндүк-Батышындагы деңиз бойлоп жашаган жарым отурукташкан балыкчылар чарбалык-маданий типтин өкүлдөрү (хайдалар, квакиютл, селиштер ж.б.) жетишкен. 19-к. эле алардын чарбасы комплекстүү, ал эми жашоо ыңгайы калктын бир бөлүгү сезондуу көчүп жүргөн отурукташкандык болгон. Азыркы экономикалык шартта алар толук отурукташууга өтүшкөн, анткени алар балыкчылык, аңчылык кылуу аймактарынан ажырашкан. Ыйгарым экономикасындагы аңчылар менен жыйноочулардын тагдыры айрым өлкөлөрдө трагедиялуу болду. Бул өлкөлөрдө расалык, социалдык ж.б. эзүүнүн формалары сакталып калган. Мамлекет жеке өзү кам көргөн башка өлкөлөрдө абал башкачараак.

**Ырым-жырым** - салт тарабынан аныкталган, тигил же бул социалдык идеяларды, түшүнүктөрдү, нормаларды жана баалуулуктарды билдирген жана белгилүү бир коллективдик сезимдерди жараткан символикалык, стереотиптик коллективдүү иш-аракеттердин жыйындысы. Ырым-жырымдар жашоонун объективдүү агымына анын ийгилик алып келүүчү нукка буруу үчүн таасир берүү максатын көздөйт. Балдардын төрөлүүсү, үйлөнүү той, өлүмгө байланыштуу ырым-жырымдар, үй-бүлөлүк ырым-жырым, ал эми айыл- чарбасы менен байланышса календардык ырым-жырымдар деп аталат. Көптөгөн ырым-жырымдар эң байыркы диндер менен кошо жаралып бүгүнкү күнгө чейин жашап келатат.

## Э

**Эволюционизм** - этнология илим катары калыптанган мезгилдеги (19-к. орто чендери) алгачкы илимий теория. 19-к. табият таануу илимдеринде объективдүү

дүйнөдөгү өзгөрүүлөр ички мүмкүнчүлүктүн натыйжасында жүрөт деп ырастаган өнүгүү принциби түптөлүп жаткан. Өнүгүү принцибин кеңири колдонуунун натыйжасында эволюция идеясы пайда болгон жана ал табият таануу илиминде үстөмдүк абалды ээлей баштаган. Белгилүү боло баштаган бул идея калыптанып жаткан этнология илимине да өз таасирин берген. Эволюциялык багыттагы алгачкы окумуштуулар башкы милдет катары маданияттын өнүгүшүнүн жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрүн ачып берүүнү милдет катары коюшкан. Эволюционизмдин жактоочулары: Англияда - Г. Спенсер, Э. Тайлор, Дж. Фрэзер, Германияда - А. Бастиан, Т. Вайнц, Г. Шурц, Францияда - Ш. Летурно, АКШда - Л.Г. Морган сыяктуу изилдөөчүлөр болушкан. Эволюциялык багыттын пайда болушу менен этнологиянын илим катары калыптанышы аяктаган.

Эволюциялык мектеп коомдун алга карай өнүгүү идеясын жетекчиликке алып, адамдын, анын маданиятынын өнүгүшүнүн алгачкы концепсиясын түзгөн. Эволюционизмдин негизги идеялары төмөнкүлөр:

- адамзаттын теги бир; бардык адамдардын акыл-эс жөндөмдүүлүктөрү бирдей; жашаган аймагына карабастан адам маданиятынын өнүгүүсү биримдикте жүрөт жана бир түргө ээ;
- адам коому дайыма өсүүдө, тагыраак айтканда, жөнөкөйдөн татаалга өтүп турат; маданият да тынымсыз өзгөрүүлөрдүн - сандык көбөйүүнүн жана азаюунун натыйжасы;
- маданият элементтеринин өнүгүшү башынан эле алдын ала аныкталган; маданият көп баскычтуу өнүгөт; маданият баскычтары жана стадиялары бүт дүйнөдөгү маданияттар үчүн бирдей;
- түрдүү элдердин жана алардын маданиятынын өнүгүшүнүн бирдей стадиялары бирдей натыйжаларды берет;
- коомдун өнүгүүсү жандуу жаратылыштагы сыяктуу эволюция мыйзамдарына баш иет;
- элдердин маданий айырмачылыгы өнүгүүсүнүн ар түрдүү баскычтары менен шартталган.

Эволюционисттердин оюу боюнча бардык элдер бир жол менен өнүгөт жана алардын жетер жери европалык маданият менен цивилизация. Мындан европалыктардын колониялаштыруусу дүйнө элдерин европалыктардын маданиятына жеткирет деген актоочу ой жаралган. XIX к. аягына карата жыйналган жаңы этнографиялык материалдар аларды түшүндүрүүдө эволюционисттик теориянын алсыз экендигин көрсөттү. Аларды түшүндүрүү үчүн изденүүлөр этнология илиминде жаңы багыттардын, мектептердин пайда болушуна алып келди. Алар антиэволюционисттик багытка ээ болушту.

**Эже** — 1). Кыздардын улуусунун кичүү инилерине, сиңдилерине карата аталышы. 2). Атанын эже карындаштары да «эже» аталат.

**Эжигей** — кой-эчкинин сүтүнөн даярдалчу тамак. Козунун таза жуулган жумуруна койдун уузу жылуу кезинде куюлуп, эки-үч күн көлөкөдө кургатылып, натыйжада эжигейдин уюткусу даярдалат. Уютку жылуу сүткө аралаштырылып, сүт уюган соң, ал кашыкка жукпай калганча кайнатылат. Кайнап жатканда эжигей түбүнө тартылып, күйүп кетпес үчүн казандын түбүнө чий же чыбык салынат. Сүттүн сары суусу соолуп, өңү ак-саргыч тартып коюлганда кайнатуу токтотулуп, эжигей даяр болот. Эжигейден курут да кургатылат, кээде эт менен бирге бышырылат.

**Экватор** (негр - австралоид) расасы - Африканын тропика зонасына, Түштүк, Түштүк-Чыгыш Азияда, Океанияда, Австралияда таралган раса. Чачы быжыгыр, тармал же чала тармал, өңү көзү кара, мурду жалпак кең таноо, калбагай эриндүү болушат.

**Экзогамия** (гр. exo - сыртта, gamus - нике) - бир коомдук же этностук топтун ичинде никелешүүгө жана жыныстык мамилеге тыюу салуучу салт. Экзогамиянын тарыхый баштапкы формасы алгачкы общиналык коомдо түзүлгөн ата же эне тарабынан аныкталуучу тике туугандардын ортосунда никелешүүгө тыюу салган уруктук экзогамия болгон. Экзогамиянын пайда болушу тууралуу төмөндөгүдөй көз караштар бар: 1) «алгачкы адамдардын» согушта пайдасыз катары кыздарды өлтүрүп салуу салты болгон. Ошондуктан кыздарды башка топтон издөөгө мажбур болушкан (Мак- Леннан); 2) жакын туугандардын ортосундагы жыныстык мамилелерден жийиркенгендик (Дарвин ж.б.); 3) праобщинада аңчы-эркектер өз аялдарынан алыска кетет жана өз эркектеринен алыста калган аялдар менен кезигет, ошондон экзогамия салты пайда болот (Е.В.Бриффолт, Б.Ф.Поршнев); 4) кишинин канынан, өзгөчө өз уругундагы аялдардын биринчи түндөгү жана менструациялык канынан коркуу (Э.Дюркгейм); 5) өтө жакын туугандардын кандарынын аралашуусунун биологиялык кесепеттерин болтурбоо максаты (В.Морган); 6) праобщинанын обочолонуусун жоюу үчүн башка праобщиналар менен чарбалык байланыш түзүүсү (А.И. Золотарев, С.А.Токарев); 7) коллективдин ийгиликтүү чарба жүргүзүүсүнө, коомдун жашоосуна ургачыларды кызгануу, анын натыйжасында пайда болгон жаңжалдар тоскоолдук кылган, ошондуктан топтун ичинде жыныстык мамилелерди жөнгө салуу зарыл эле. Ал бир топтун ичинде жыныстык мамилеге тыюу салуу менен чечилген (С.Л. Толстов, Ю.И. Семенов ж.б.). Аталган көз караштардын бирөө да толук кабыл алынган эмес. Ошентсе да, акыркы көз караштын жактоочулары көп. Жыныстык мамиленин сыртка которулушу башка топтор менен жаңжалды көбөйтмөк, ошондуктан бара-бара эки никелешүүчү топ - дуалдык уюм пайда болгон. Калктын көбөйүшү менен дагы жаңы топтор эки өзгөчө топторду түзүшкөн. Морган аларды фратрия деп атаган.

**Экзоэтнонимдер** - урууга, урукка, этнографиялык топко, элге сырттан, башка уруулар, элдер тарабынан берилген энчилүү аттар. Мисалы, кытай, кыдат, кара калпак, лангобард («бою узун киши»), тунгус («ыраактагылар»), черногориялыктар («кара тоолуктар»), кара ногойлор, бриттер («денесин боёгондор»), эфиоптор («күнгө күйгөндөр»), украиндер же «окраина» («четте жашагандар») ж.б.

**Экономикалык география** - этнография менен саясий экономиянын чегинде пайда болгон илимдин тармагы. Изилдөө предмети алгачкы жана тапка чейинки коомдук, өндүрүштүк мамилелери, ошондой эле дыйкандар общинасынын экономикасы болуп саналат.

**Эл** - өлкөдө, аймакта, айылда жашаган көпчүлүк, калк маанисинде айтылып жүрөт. Энесай доорундагы кыргыздар мамлекетти «эл» термини менен аташкан. Профессор В.Я.Бутанаев төмөндөгүдөй аныктама берет: 1. Мамлекетти башкарган ханга жана аны бийлеген бектерге тектик жалпылыгы бар калк. 2. Элитардык топ башкарган мамлекет же уруу союзу. Байыркы Кыргыз мамлекетинин башында өзүнүн тегин Теңир элинен (Тенгри эли) тараганбыз деген династиялар турган. Калк жана башкарган «эл» бири-бирин толуктап турган. Каган «эл башында туруп», калың «кара будунду» баш ийдирип кармаган. Ошондуктан каганга Кыргыз мамлекетиндеги граждандык жана саясий-административдик бийлик толук баш ийип турчу. Кыргыз кагандары: «Аты жокко аргымак миндирем, кийими жокко шайы кийгиземин», - дешчү экен.

**Элек** — ун, талкан ж.б. дан азыктарын элөөчү идиш. Ал атайын кыл же ичке зымдан токулат. Ал жыгач же темир аркакка керилип, бекитилип жасалат.

**Элечек** — (ир. илачаг - ханышанын баш кийими) кыргыз аялдарынын баш кийими. Узундугу 25 метрдей жука кездеме узунунан эки катталып, башка кийилген кеп такыянын сыртынан улам астыңкы катмарынын чети көрүнүп

тургандай болуп кабатталып оролот. Оромдун учтары төнөгүч менен бекитилип, үстүнөн тартма оролот да, 25-30 см бийиктикте бүт ором тикесинен тегизделип туруп, сол жак кабаттары тегерек оромдордун ичине көздөй киргизилип, оң жак кабаты сол жакка жыгылып, тартманын сыртына (кээде асты жагына) бекитилет. Элечектин негизги бөлүктөрү: кеп такыйа, сала коймо, ээк алмай, бүркөнчү, жана анын жээктери шуру, мончок, күмүш ж.б. менен коздолот. Кыргыз элечегинин формасы, оролуш ыкмасы жагынан ареалдык өзгөчөлүктөргө ээ.

**Элита** (фр. elite «тың чыкмалар», «таңдалмалар», «эл жак- шылары» маанисинде) - кеңири мааниде ар кандай социалдык, этностук, кесиптик топтун мыктылары, лидерлери. Тар маанисинде - ишмердүүлүктүн түрдүү чөйрөлөрүндө - саясатта, идеологияда, чарбалык турмушта, маданият тармагында алдыңкы, көрүнүктүү абалды ээлеген адамдар жана топтор. Коомдогу башкаруу, илимди жана маданиятты өнүктүрүү функциясын ишке ашыруучу жогорку артыкчылыкка ээ болгон катмарлар. Элита теоретиктери анын болушунун себебин ага кирген кишилердин табигый мыктылыгынан көрүшөт. Элитанын негизги беш түрүн көрсөтүшөт: саясий, экономикалык, административдик, аскердик жана идеологиялык. Алгачкы общиналык коомдун шартында мыктылар өздөрүнүн жеке сапаттары менен көзгө көрүнгөндүктөн социалдык топто, урукта, урууда элиталык статустун мураска калтырылышы мүмкүн эмес эле. Алгачкы общиналык коомдун бузулушунун жана таптык коомдун (мамлекеттин) калыптанышынын жүрүшүнө жараша алгач урук-уруу башчылары, кийинчерээк үстөмдүк кылуучу топтор элиталык ролду монополиялаштыра (ээлеп алуу, үстөмдүк кылуу) баштайт. Бул тенденция социалдык мобилдүүлүгү эң начар болгон орто кылымдардагы коомдук түзүлүштө өнүгүү чегине жеткен.

**Элөт.** Тарыхый оозеки чыгармалардын маалыматтарында Жунгарлар түндүк элеттор экендиги, алар түпкүсү легендарлуу Элет- Дархан аттуу нойондон тарааары баяндалат. Изилдөөчүлөр элөттөрдү өз алдынчалыкка ээ уруу, этностук аталыш моңгол (калмак) тилдеринде «өз алдынча бөлүнгөн», «жамааттан, негизги журттан ыраак жайгашкан эл» маанисин туюнтарын белгилешет. 16-к. чейин элөттөр (өлеттер) дөрбэн-ойроттордун (төрт ойрот) ири уруусу катары эскерилет. Н.Я.Бичурин: «... Жунгариялык элөттөр Кобдодон чыгышка карай, тагыраак айтканда Селенга дарыясынын башкы агымына чейинки аймактарды мекендешкен. ...15-к. карата элөттөрдүн саны көбөйүп кеткендиктен, алар (элеттор) ойроттордун курамына кошулгандан соң калмактардын баары «Чжунгар (Жун- гар) элөттөрү» деп атала башташты» - деп жазат. 18-к. 2-жары- мында (1753-1756) элөттөрдүн басымдуу бөлүгү Цинь (Манчжур) империясынын аскерлери тарабынан кыргынга алынганы маалым. Элөттөр - кара калмактар деген ат менен да белгилүү. Алардын басымдуу бөлүгү учурда Батыш Кытайдагы (Чыгыш Түркстан) Те- кес суусуна жамаатташ аймактарды мекендешери маалым. Көл кылаасындагы сарт-калмактар 20-к. 20-ж чейин өздөрүн элөт деп аташчу.

**Эн тамга белгилери.** Уруулук, урук, үй-бүлөлүк жана жеке колдонуудагы белги-тамгалар түрк-монгол тилдеринде «тамга» деп аталып («тавро», «клеймо», «печать»), өтө баалуу тарыхый булак болуп саналат. Кыргыз тилинде «тамга» же «эн тамга белгилери» деп аталып жүрөт. Эн тамгалар этногенезисти, этностук тарыхты, этностук маданиятты иликтеп үйрөнүүдө тарыхый жазма булактар, жер-суу, уруу-урук, эл аталыштары, элдик оозеки чыгармалардын маалыматтары менен катар негизги булактардын бири болуп эсептелет. Аска, таш беттеринде, бейиттерде ж.б.у.с. эзелки эстеликтерде чегерилген тамга жана ушул сыяктуу белгилердин этностук тарыхты иликтөөдөгү ролу өтө зор. Даректүү жазма булактардын жоктугуна жана алардын өтө сейрек кездешкен шарттарында эн тамгалар айрым этностук топтордун миграциялык ареалын, этностук-маданий байланыштарын ж.б. маалыматтарды тактоого көмөк берери маалым.

www.bizdin.kg

Евразиянын талаа аймактарында эн тамга белгилери б.з.ч. 1-миң жылдыктан белгилүү болуп келет. Уруулук эн тамга белгилери түрк-монгол, угро-фин, иран тилдүү элдерде эзелтеден сакталып, айрым ареалдарда, өзгөчө кыргыздарда байыртадан туруктуу колдонулуп келди. Уруулук байыркы образдарды, символдорду жана менчикти, көз каранды эместикти чагылдырган белгилерди мамлекеттик, уруулар аралык, чарбалык ж.б. багыттагы керектөөлөрдө пайдалануу түрк тилдүү элдерде бир кылка тараган эмес. Тагыраак айтканда, эн тамга белгилерин коомдо жогорудагыдай максаттуу пайдалануу түрк тилдеринин генеалогиялык жиктешүүсүндөгү кыргыз-кыпчак, кыпчак, огуз (түркмөн), тукюй-уйгур бутактарында сүйлөгөн элдерге (кыргыздар, кара калпактар, хакастар, алтайлыктар, тувалар, башкырлар, ногойлор, казактар) мүнөздүү көрүнүш. Көчмөн жана жарым көчмөн шартка ыңгайлашкан кыргыз коомундагы эн тамга белгилеринин өзгөчө маанисин этностук аталыштар (этнонимдер) да чагылдырары анык. Мисалы, кош тамга (мунгуш), жагалмай тамга (мунгуш), ача тамга (жору), кайчы тамга (жору), кош бычак (багыш), жогору тамга (кытай), төмөн тамга (кытай), кылыч тамга (басыз), керки тамга (басыз), жаа тамга (азык), ай тамга (саруу), жогору чекти (багыш), төмөн чекти (саяк), үчөк (басыз), үч ок тамга (каңды), жогор тон (мундуз), төмөн тон (мундуз), кырк тамга (каңды) ж.б. Белгилей кетчү маселе, эн тамганын аталышына байланышкан этнонимдердин басымдуу бөлүгү уруулук ири топтордун (фратриалдык топтор) аталыштары катары да маалым. Чарбалык жана аскердик керектөөлөрдөн келип чыккан мындай системадагы (дуалдык) жиктелүү байыркы хуннулардан белгилүү. Уруулук (урук) эн тамгаларды тотем сыяктуу эле уруу-уруктарды, этностук топторду бирин экинчисинен айырмалоочу атрибуттар катары кызмат кылган этностук мүнөздөгү маанилүү булак катары караса болот. А.Аристов б.з. V к. байыркы гаогюйларда (теле уруулары) төрт түлүк малга айырмалоочу эн тамга белгилери коюлганын жазат. Кытай жыл баяндарында чагылдырылган бул даректүү маалыматтарда эн тамгалуу малга бөтөн кишилер кол салышпагандыктары баяндалат. Дегеле, байыркы көчмөндөр дүйнөсүндө жана көчмөндөрдүн аң-сезиминде менчик малга кол салуу кылмыштын эң жогорку чеги катары кабыл алынып келген. Мал уурдагандар сөзсүз өлүм жазасына тартылышкан. В.В.Радлов алтайлыктар өз жылкыларын эркин коё беришерин, менчиктеги эн тамгалуу жылкыга кол салуу кулак угуп, көз көрбөгөн кылмыш болорун байкаган. Тамга мамлекеттик жана уруулук бирикмелер деңгээлиндеги маанилүү иштерде, жалпы уруулук менчиктеги байлыкка, төрт түлүк малга белги коюуда пайдаланылып, көз каранды эместиктин, эркиндиктин, өз алдынчалыктын белгисин аныктап келген. Көчмөндөр көз каранды эместиктин даана атрибуту - жалпы уруулук (сөөк) эн тамгага өтө ыйык нерсе катары мамиле жасашкан. Эн тамгаларды коомдук, чарбалык ж.б. иштерде пайдалануу эзелки коло доорунан эле белгилүү. Арийне, алардын маанилери жана келип чыгыш принциптери жалпы болгону менен, эн тамгалардын пайда болгон мезгилдерин, толук маани- мазмунун так аныктоо татаалга турат. Айрым илимпоздордун пикирлеринде уруулук эн тамга белгилери коомдук процесстин эволюциялык өнүгүүсүнө байланыштуу жалпы уруулук (урук) менчиктеги тамгадан жеке менчикти аныктаган белгиге өсүп чыккан. Коомдук өнүгүүнүн алгачкы стадияларында турган элдерде эн тамгаларды колдонуу ареалы көп кырдуу, көп максаттуу болгон. Жогоруда айтылгандардын эң байыркысы уруктун менчигин аныктаган эн тамга белгиси болгон. Мындан сырткары, эн тамга белгилеринин басымдуу бөлүгү урук (уруу) тотемдерин аныктап, түзүлүшү жагынан урук, уруу, уруулук бирикменин өкүлдөрү ыйык эсептешип, сыйынган жан-жаныбарлардын, канаттуу жырткыч куштардын ж.б. элесин чагылдырган. Таанымал иликтөөчү Г.В.Длужневская Тувадагы (Чаа-Хол) эстеликтердеги эн тамгаларга иликтөөлөр

www.bizdin.kg

жүргүзүп, алардын 9-10-кк. кыргыздарга таандык экендигин, тамгалардын типтери Кыргыз мамлекетиндеги багтарга («баг» - энесайлык кыргыздардагы административдик-аймактык бөлүнүүлөрдүн аталышы) карата өзгөчөлөнүп, эн тамгалардын формалары узак убакыттар бою өзгөрүүлөргө учурабагандыгын жазат. Эн тамга - юридикалык (укуктук) белги катары үй-бүлө, урук, уруу, уруулук бирикменин жетекчисинин бөтөн уруулар, башка уруулук бирикме, мамлекеттер менен ар тараптуу келишимдерди түзүүдө, расмий деңгээлдеги макулдашууларда, келишимдерди түзүүдө пайдаланылган. Түпкү атанын эн тамга белгиси кийинки муундагы менчикке ээ болууга укугу бар укум-тукумдарга формасы жагынан өзгөрүүсүз өтүп турган. Бул мисалдардын негизинде урукту түзгөн үй-бүлөлөрдүн менчиктин бөлүнүп-таралуусуна карата ажырап- бөлүнүүсүн аныктоого болот. Маалыматтар Энесай чөлкөмүндөгү (Түштүк Сибирь жана ага жамаатташ аймактар) байыркы эстелик жазуулар жана алардагы эн тамгалар көөнө кыргыз маданиятынын мурастары экендигин тастыктайт.
Айрым илимий адабияттарда уруулук бирикмелердин пайда болуусунун натыйжасында эн тамгалар келип чыккан деген пикирлер бар. Кайсыл гана уруулук союз болбосун, ошол уруулук бирикменин башында эң күч-кубаттуу уруктун өкүлдөрү турушкан. Зарыл учурда бүткүл уруунун атынан өз эн тамга белгисин коюшкан. Эгерде бул «башкаруучу орун» (кызмат, бийлик орду) мураскорлук бийлик ордуна айланса, анда жаңы бийликке келген башкаруучу өз ата-бабаларынын белгилерин уруулук бирикменин атынан пайдаланууну уланта берген. Изилдөөчүлөрдүн пикирлери- не караганда, жогорудагы процесс «жалпы уруулук эн тамга» жөнүндөгү иллюзияны пайда кылган. Чындыгында, көпчүлүк фактыларга негизденгенде уруунун (уруулук бирикменин) өкүлдөрү жетекчинин (уруу аксакалы, каган ж.б.) эн тамга белгисин жалпы жамааттык белги катары кабыл алышкан эмес. Эн тамга белгилери аймактык-административдик бөлүнүүлөрдөгү, саясий-этностук чөйрөдөгү айрым окуяларга, тарыхый процесстерге, уруулардын (уруктардын, урук бирикмелери ж.б.) ички жана тышкы миграциясына байланыштуу өзгөрүп турушу көнүмүш болгон.
Айрым эн тамга белгилери маани-маңызы жагынан өзгөчө маанидеги окуяларда пайдаланылган. Кээ бир булактарда сакралдуу белгилер болгондугу чагылдырылат. Бул өзгөчө сакралдуу белги- тамганын документтеги (келишим, макулдашуу ж.б. маанидеги иш- кагаздар) коюлган уруунун (уруктун) эн тамгасына жанаша бекитилип, бул процесс диний-ритуалдык ырым-жырымдар менен коштолгон. Кыргыздарга теги жакын болгон сары уйгурларда (сарыг югур » сары угур) Ас тамга, Йаг тамга, Суң тамга ж.б.у.с. эн тамгалар шамандардын кудайларын аныктаары маалым. Мисалы, Тамга хан - «шаман кудайы», «жарык берүүчү, жашоо ыйгаруучу хан, аким» дегенди туюнтат. Эн тамга белгилери көп функцияны аткарган. Тувалар уруунун эн тамга чегилген койдун же кара малдын чүкө сөөгүн үйүрдүн башчысынын мойнуна атайын тагып коюшчу. Төрт түлүк ээлери эн тамга малды ар кандай кокустуктан, оорудан сактайт деп ишенишкен. Тува санжырачылары малга күйгүзүп эн салуу салты соңку учурларда эле пайда болгондугун эскеришет. Бул маалыматтан эн тамганын магиялык сактоочу функцияны аткарганын байкоого болот. Кийинки категориядагы белгилерге кызматтык же «касталык белгилер» кирген. Бул эн тамгалар көп кырдуу формаларда кездешип, эң байыркысы «жрец белгиси» - шаман тамгасы болгон жана ал Чыгыш Сибирдин элдеринде кенен таралган. Маселен, байыркы скифтерге таандык таштарга чегерилген айрым фрагменталдуу белгилер аскер куралдарын же кол өнөрчүлүк буюмдардын элестерин гана туюнтпастан, символикалык (диний жана мистикалык) белгилерди да аныктайт. Ошондуктан айрым эн тамга белгилеринин сырын аңдап түшүнүү жөнөкөй эле сүрөттүк белгиден символго карай өткөөл доорду, туура баамдаганда символдон тамгага

өнүгүп чыкчу тепкичти чагылдырары ырас. Кыргыз эн тамгалары жазма маалыматтарда алгач ирет кытай жыл баяндарында 7-к. тартып эскериле баштайт. Тан династиясынын (7-9-кк.) императордук расмий сарай тарыхчысы Су Мяню, мамлекеттик маанилүү чиновник Ян Шао Фу, ошондой эле Ван Пу жетектеген атайын комиссиялар 618-804-жж, 804-852- жж, 853-907-жж. Кытайга (Тан династиясына) кошуна жашаган көчмөн элдер жана алардын жылкылары, жылкылардын таза кандуулугу, породасы (асылдыгы) жөнүндөгү маалыматтарды топтошкон, кагаз беттерине түшүрүшкөн. «Танхуйяо» деп аталган бул атайын маалымат жыйнакта көчмөн элдер жөнүндө өтө баалуу маалыматтарды камтыган жана 961-жылы толук иштелип, редакцияланып чыккан

***Ад.:*** *Малов С.Е. Язык желтых уйгуров. Алма-Ата, 1957; Сим ченко Ю.Б., Тамги народов Сибири XVII века. -М., 1965; Ольховский В.С., Яценко СА. О знаках тамгах из святилища Байте III на Устюрте//Археология, палеоэкология и палеодемография Ев разии. –М., 2000, -С. 293-314. Каратаев О.К. Кыргыздардын этномаданий байланыштарынын тарыхынан. - Б.: 2003.*

**Эндогамия** (гр. «ички», «нике» маанисинде) белгилүү бир топтун ичинде никелешүүгө артыкчылык берүү салты. Эндогамия уруктардын экзогамиясы менен бирдикте алар кирген уруунун экзогамиясы катары пайда болгон. Коомдун өнүгүшүнүн алгачкы баскычтарында уруулар - эндогамиялуу, уруктар - экзогамиялуу болгон. Касталык эндогамияда (мисалы, Индияда) бир гана кастага кирген адамдар никелеше алган. Эндогамия көпчүлүк аймактарда жакын туушкандардын ортосунда мүлктү сактап калуу аракетинен келип чыккан. Эндогамия исламга чейинки арабдарда кенен жайылган салттардан болгон. Уруу-уруктук коомдун (алгачкы общиналык же жамааттык коом) түзүлүштүн бузулуу процессинде көптөгөн элдерде ортокузендик никени, салт кылган патронимиялардын же тууган топтордун экзогамиясы, ошондой эле локалдык, касталык, диний сословиелик, этностук же расалык топтордун эндогамиясы пайда болгон.

**Эндоканнибализм** (грек. «ички», «киши жегичтик») - артта калган элдерде өлгөн туугандарын жеп алуу салты.

**Эндоэтнонимдер** - уруктун, уруунун, этнографиялык топтун, элдин, улуттун өзүн-өзү атоосу, этностук жактан өзүн таануусу. Мисалы, кыргыз, казак, түркмөн, түрк, азербайжан ж.б.

**Эне** — 1). Аялдын өз балдары тарабынан аталышы. 2). Жаштардын улуу аялдарга кайрылуусу.

**Энелеш** - аталары ар башка, бирок бир энеден төрөлгөн балдар.

**Энелик урук** - матрилинейлик урук, алгачкы общиналык коомдун социалдык бирдиктеринин бири - эне тарабынан аныкталуучу кандаш туугандардын экзогамдык коллективи (жамааты). Ал энелик уруктун «бир курсактан таралган», «бир сөөк» ж.б. белгилеништеринен, аталыгынан көрүнөт. Энелик урук алгачкы общиналык коомдун ар кандай баскычтарында турган көптөгөн элдерде жана урууларда кезигет. (Австралия аборигендеринин бир бөлүгү, меланезиялыктар, Американын индейлери ж.б.)

**Энесай кыргыздары.** Б.з. 4-5-кк. б.з. 18-к. баш чендерине чейин бүгүнкү Хакас-Минусин ойдуңу жана ага жамаатташ аймактарда, Тувада, Монголиянын борбор жана батыш аймактарында жашаган теги байыркы этнос. Бүгүнкү хакастар, тувалар, карагастар, шорлор, алтайлыктар, ошондой эле алатоолук кыргыздар Энесай кыргыздарынын түз урпактары же этногенетикалык, этномаданий жалпылыкта турушат. Аталган аймактарда Тагар (байыркы сак, динлиндерге ж.б. таандык маданият) маданиятынан соңку мезгилдеги эстеликтердин дээрлиги кыргыздар калтырган же кыргыздарга таандык

тарыхый-маданий байлыктар болуп эсептелет. Соңку иликтөөлөр 4-5-кк. пайда болгон Кыргыз каганатынын калкы, анын маданий катмарлары бир кылка болгон эместигин айгинелейт. Кыргыз каганаты жайгашкан зор аймакта калктын уюткусун түзгөн кыргыздардан башка анын кыштымдары (көз каранды элдери), кет, самодий, монгол тилдүү ж.б. элдер, уруулар болгон. Ошого салыштырмалуу бул тарыхый-этностук аймакта бир катар маданий катмарлар пайда болгон. Энесай кыргыздарынын борборлошкон мамлекети жашап турган мезгилде өлкөнүн чарбасы, маданияты, жазуу өнөрү, кол өнөрчүлүгү, зергерчилик, шаар курулушу, дыйканчылык, соода ж.б. эң жогорку денгээлде өнүккөн. Энесай кыргыздары бир эле учурда түрктөр жана Түрк каганаты, телелер (төөлөстөр), уйгурлар, андан соң кытайлар (Тан диниастиясы), Түргөш, Тибет, Карлук ж.б. мамлекеттер менен тыгыз чарбалык-экономикалык, маданий-соода алакаларын жүзөгө ашырышкан. Чыгыш Түркстан, Орто Азия аймактары кыргыздардын эзелтеден кызыкчылыктары тараган, кыргыз урууларынын айрым бөлүктөрү жайгашкан аймактар болгондугун тарых барактары тастыктайт. Соңку иликтөөлөр энесайлык кыргыздар аз (азык), болшар, ли, түлбер, чик, манги, бөрү, адыг, кереит ж.б. уруулардын бирикмесинен тургандыгын далилдөөдө. Кыргыз мамлекетиндеги бийлик династиялык мүнөзгө ээ болгондугун жазма булактар да тастыктайт. Ички жана тышкы саясаттагы маанилүү маселелер мамлекеттик кеңеш жана уруу башчыларынын (уруулук бирикмелер башчылары) макулдашуулары менен ишке ашырылган. Кыргыздар өтө ийкемдүү жана жигердүү дипломатиялык алакаларды жүзөгө ашырышкандыгы белгилүү. Жазуу маданиятынын жогорку деңгээлде өнүккөндүгүң кыргыз жазма эстеликтери чагылдырат. Кыргыз маданиятынын үлгүлөрүн Санкт-Петербургдагы Эрмитаждан, Минусинскидеги, Кызылжардагы (Красноярск), Абакандагы, Кызылдагы, Тоолуу Алтайдагы, Улан Батордогу ж.б. музейлерден, Хакас-Минусин ойдуңунда, Тува аймагында, Тоолуу Алтайда, Монголияда байыркы жана орто кылымдар доорундагы кыргыздар калтырган эстеликтерден көрүүгө болот.

**Энасай кыргыздарындагы керамика маданияты.** Бул маданий катмар илимий адабияттарда атактуу «кыргыз вазалары» деген ат менен белгилүү. Бул маданият б.з. 5-18-кк. таандык мезгилди өз кучагына камтыйт. Атактуу «кыргыз вазалары» байыркы жана орто кылымдардагы энесайлык кыргыздардын башкаруучулары (кагандары) жайгашкан Уйбат өрөөнү, Аскиз ж.б. жерлерден табылган. Кыргыз вазалары өзүнүн эң жогорку сапаты, коoздугу менен айырмаланган. Аталган баалуу тарыхый эстеликтердин айрымдары Абакан (Хакасия) тарых музейинде, Тувадагы (Кызыл) Алдын Маадыр музейинде, Санкт-Петербургдагы Эрмитажда сакталып турат. Кыргыздарга таандык бул вазаларды көрүнүктүү илимпоз Л.А. Евтюхова изилдеп чыккан. Илимпоз өзү аталган кыргыз маданий эстеликтерин казууга, аларды иликтеп үйрөнүүгө жигердүү катышкан. Адистер далилдешкендей, кыргыздар вазаларды чарык түрүндөгү атайын шайманда тегеретме тасмага салып ийлешкен, андан соң түбүн жана оозун чаптап кынапташкан. Вазалар ар түрдүү формада жасалган. Көбүнчө түбүн жалпак, тулкусун жумурткадай жумуру кылып, оозун анчалык узун чыгарбай, кууш кайрып, кырдантып жасашкан. Ошондой эле бөтөлкө түспөл, оозу кууш, шар сымактуу идиштер да кездешет. Кыргыз вазаларын цилиндр түрүндөгү мөөр баскычтарда чегедектин сүрөтүн чөгөрүп асемдешкен. Алар кычкыл ичимдиктер үчүн жасалса керек. Мындан башка кыргыздарда сомдомо керамикалар: вазалар, гөзөлөр, чөйчөктөр кеңири колдонулган. Кээде суюктук куюлуучу кумган сыяктанган идиштер жолугат, аларды кезинде көзү өткөн адамдын күлүн сала турган көрүстөн кутусу катары да пайдаланышкан. Кыргыз атка минерлери кымбат баалуу металл идиштерин, алтын карматылган, күмүш жалатылган кумураларды, чөйчөктөрдү, чөгүндөрдү жана башка идиш-аяктарды урунушкан.

Бул идиш-аяктардан кыргыз кол өнөрчүлөрү атайын чегерген эн тамга белгилерин байкоого болот. Эн тамгалар бул кол өнөрчүлүлүк буюмдары кыргыздардын кайсыл уруусунун өкүлдөрү жасагандыгын, же болбосо ал кайсыл адамдын менчигине таандык экендигин чагылдырган. «Кыргыз вазалары» деп аталган үй турмушуна керектелүүчү кол өнөр буюмдары Кыргыз каганатындагы кол өнөрчүлүк маданиятынын жогору өнүккөндүгүн ырастайт.

**Энчи —** бирөөгө тиешелүү үлүш. Бирөөнүн менчигинде кала турган мал-мүлк, байлык, кыймылсыз ж.б. мүлк. Энчи көпчүлүк учурда үй-бүлөдөгү уул үйлөнүп, бөлүнүп чыгып жатканда берилет. Бул балдардын өз алдынча чарба күтүп кетүүсүнө негиз болгон. Энчи менен бирге, менчикти аныктаган эн тамга да бөлүнүп берилген. Энесайлык кыргыздарда бөлүнүп чыккан уулга атасы мал-мүлк менен катар уруулук эн тамгасын энчилеп берген. Кыргыздарда ата мурас үй-бүлөдөгү калган мүлк кенже эркек балага энчи катары калтырылган.

**Эриштик айыбы —** кыздын атасы жигиттин атасына төлөп бере турган акча, мүлк. Кыздын атасы кудалашкан тараптан калыңдын жарым-жартылайын алгандан кийин кудалыктан айнып, кызын башкага бермек болгондо төлөйт.

**Эркектер үйлөрү** - алгачкы общиналык (жамааттык) коомдо уруктун же общинанын бойдок (кээде уруудагы бардык эркектер) эркектерине коллективдүү үй, ошондой эле эркектердин жыйналышы, жөрөлгөлөрдү өткөрүү, конок күтүү үчүн кызмат кылган коомдук имарат. Эркектер үйү же алардын калдыктары дүйнөнүн бардык элдеринде белгилүү. Сейрек таралган кыздар (аялдар) үйлөрү сыяктуу эле, алар алгачкы общиналык коомдогу аял-эркек жана жаш курактык бөлүнүүлөргө байланыштуу келип чыккан. Айрым илимий тыянактар боюнча, эрте уруктук общинасындагы эркек-аялдардын үйү өз алдынча бөлүнүп жашоосунан башталат. Эркектер үйлөрү энелик уруктан аталык урукка өтүүдө эркектер союздарынын ишмердүүлүгүнүн борборлору катары өзгөчө чоң мааниге ээ болгон.

**Эркектер союздары** - энелик уруктан аталык урукка өтүү стадиясында коомдо жана коомдук турмушта үстөмдүк абалга жетүүгө күрөш жүргүзүү үчүн эркектер уюму катары пайда болгон коомдук институт. Эркектер союздарынын өз жетекчилери, жашыруун тили, атайын жөрөлгөлөрү, диний салттары болгон. Алгачкы общиналык (жамааттык) коомдун бузулуу процессинде кийинки эркектер союздары (аларды кээде жашыруун союздар же жашыруун коомдор деп да аташат) өз мүчөлөрүнүн менчигин, таасирдүү абалын коргоп, көбүнчө таптардын пайда болушунун рычагы жана мамлекеттик бийликтин алгачкы органдары болуп калышты. Эркектер союздары өзгөчө Меланезия менен Батыш Африкада кеңири өнүккөн, Микронезияда, Түштүк Американын индей урууларында да белгилүү.

**Эскинин калдыгы.** Бүгүнкү күндөгү коомдук жашоонун жана турмуштун абалына, жашоо шартына, адамдын аң-сезимине карама-каршы келген, адам баласы жараткан маданияттын өткөн доорлордогу өнүгүү тепкичтеринен калган айрым эски көрүнүштөр. Арийне, өткөн коммунисттик идеология доорунда элдин байыркы коомдук жана маданий турмушунда өтө маанилүү ролду ойногон диний-философиялык каада-салттар, көз караштар, диний жөрөлгөлөр, этностук-маданий көз караштар эски жашоонун, түркөйлүктүн калдыгы катары жасалма түрдө четтетилип келди.

**Эскинин калдыктарын колдонуу методу (усулу)** - этнологияда калктын өткөндөн калган салттарын ар тараптан, комплекстүү түрдө иликтеп, изилденип жаткан элдин турмуш шартынын жана маданиятынын алгачкы абалын калыбына келтирүүгө багышталган изилдөө ыкмасы. Усулдун негизги идеясы боюнча ар бир элдин маданиятында эскинин калдыктары сакталып калат, ошол элементтер аркылуу тарыхый өнүгүүнүн алгачкы этаптарында кандай абалда болгондугун

билүүгө болот. Бул усулдун негиз салуучуларынын бири Э.Тайлордун пикири боюнча эскинин калдыктары төмөндөгү үч маанинин бирине ээ болушу мүмкүн: 1) тарыхый өнүгүүдө өзгөрүлбөгөн калдыктар; 2) жаңы шарттарга ыңгайла- шуу процессинде өзгөргөн көз караштар жана салттар; 3) кайра жаралган салттар жана түшүнүктөр. Аталган методду колдонуу менен Ж.Мак-Леннан үйлөнүү салтында сакталып калган колуктуну символикалык уурдап качуу мисалында нике жана үй-бүлөнүн алгачкы тарыхын изилдеген. Ушундай эле жол менен Л.Морган байыркы никенин формаларын калыбына келтирген.

**Этникос** — (гр. ethnikos - кичине этнос). Бул термин илимге атактуу этнограф Ю.В.Бромлей тарабынан сунуш этилген. Термин жашаган аймагына жана таралган ареалына карабастан бир элдин (этностун) өкүлдөрүнүн этномаданий биримдигин белгилөө үчүн колдонулат. Этникоско тигил же бул элдин өнүгүүсүнүн баардык этаптарындагы этностук белгилери мүнөздүү. Этникостун жашап туруусу үчүн муундар аралык информациялык (маалыматтык) байланыш, ошондой эле тигил же бул формада ата-бабаларынын тарыхый тагдыры бир экендиги жөнүндөгү түшүнүктөрдү камтыган өзүн- өзү аңдоо сезими чоң мааниге ээ болот. Этникосту аймактык, саясий, социомаданий жалпылыгы бар этносоциалдык организм болгон этностон айырмалап кароо абзел. Этникос ар кандай шарттардагы аймактык жайгашуусуна карабастан, бир этноско кирген кишилердин тобу болуп эсептелет. Этносоциалдык организмге кирбеген этностун бөлүгү «этностук топ» болуп саналат. «Этникос» түшүнүгүн пайдалануу этнологияда этносоциалдык топтордо жашаган этностун тобун башка мамлекеттерде чогуу жашаган топтордон айырмалоого мүмкүнчүлүк берди. Этникос - этностук мааниде алганда бир түрдүү бүтүндүктү түзбөшү да мүмкүн. Өзгөчө ал тарыхый шарттардан улам ар кандай аймактарда жайгашкан топ-тордон турган этникостор үчүн мүнөздүү. Мындай учурда этникостун айрым топтору өздөрүн курчап турган этностук топтордун мүнөздүү этностук-маданий, тилдик, этнографиялык белгилерине өтө баштайт.

**Этноархеология.** Бул илимий тармактын изилдөө объектиси байыркы жана бүгүнкү элдердин материалдык маданияты, ал эми предмети - ошол маданиятка тиешелүү адамдардын чарбачылык маданияты, алардын социалдык өз ара мамилелеринин чагылдырылышы жатат. Бул максатта калк жашабай калган турак-жайларда этнографиялык байкоолор жана атайын археолеогиялык казуулар жүргүзүлөт. Казууларда табылган материалдар этнографиялык маалыматтар менен салыштырылат. Ал бир жагынан материалдык маданият менен анын калдыктарынын ортосундагы, экинчи жагынан бүгүнкү коомдогу социалдык турмуш менен байланышты табууга мүмкүндүк берет.

**Этноботаника** — өсүмдүктөрдүн адам баласынын тиричилигин камсыз кылуу системасында, чарбада, тамак-аш даярдоодо, медицинада пайдалануу жөнүндөгү элдик билимдерди жыйнап системага салган өз алдынча илим тармагы. Дарылоонун элдик каражаттары көбүнчө чөп менен дарылоо, ошондой эле эмчи-домчулуктун эң жөнөкөй дарылоо ыкмаларынын айрым бөлүгү ушул билимдерге таянылат. Өсүмдүктөрдү этноботаникалык билимдерде пайдалануунун дагы бир варианты - гомеопатия.

**Этногенез** — (греч. ethno -эл, genesis - пайда болуу, жаралуу, тек) - этностук жалпылыктардын примитивдүү абалдан алардын өзүн-өзү аңдоо сезими калыптанганга чейинки пайда болуу жана өнүгүүсү, түрдүү этностук компоненттердин базасында этностук топтун пайда болуу процесси. Этногенез - этнолокалдык тарыхтын баштапкы этабы; этногенездин аякташында жаңы түзүлүп жаткан этноско башка топтор биригиши, бөлүнүшү жана башка этностук топтор ажырап чыгышы мүмкүн. Кээде этногенез деп калыптанган жалпылыктын пайда болушун жана кийинки этностук тарыхын түшүнүшөт.

Этнологияда айрым жалпылыктардын - этностун, субэтностун, тектеш этностордун тобунун этногенези менен теги боюнча түрдүү калктардын тобу жашаган айрым региондордун этногенезин айырмалашат. Бардык этностор куралуу жолу менен бир нече ар түрдүү топтордон түзүлгөн. Этногенез процессинде этностор өтө татаал өз-ара тыгыз алакаларда болушат, анын жүрүшүндө калктын этностук курамы да өзгөрүп турган. Этногенез боюнча изилдөөчү Л.Н.Гумилев өзгөчө көз карашын айткан. Анын пикири боюнча этногенездин кыймылдаткыч күчү болуп табигый, биосфералык факторлор саналат. Бул факторлор турмуштун социалдык формаларын аныктайт. Этногенездин үч тарыхый тибин бөлүп көрсөтүүгө болот:

1. Палеоэтногенез - түрдүү метаэтностук жалпылыктардын этносторунун калыптанышы. Бул типте палеоэтногенездин этнотилдик (этнолингвистикалык), этномаданий жана этносаясий формалары бөлүнүп көрсөтүлөт;
2. Мезоэтногенез - элдин, тактап айтканда, уруудан улутка чейинки өнүгүү стадиясында турган этностор пайда болот. Мезоэтногенез алгачкы мамлекеттердин түзүлүү мезгили менен дал келет. Кийинчерээк азыркы улуттардын көпчүлүгү дал ушул этностордун базасында түзүлгөн;
3. Неогенез - жаңы жана соңку жаңы мезгилдеги этногенез. Ал Африка, Америка, Океания, Азия континенттеринде жүрүп келген жана жүрүп жатат. Ага мурда калыптанган элдер менен жергиликтүү этногенездин түрдүү стадияларында турган элдер каты- шып жатат.

**Этногенетикалык миксация** - этностор аралык интеграциянын жүрүшү менен шартталган, тектеш эмес элдердин жуурулушуусу менен жаңы этностун түзүлүшүнө алып келген этностук биригүүчү процесс.

**Этнография** (греч. ethnos - эл, grapho - жазамын) - дүйнө элдеринин маданий, турмуш-тиричилик өзгөчөлүктөрүн, алардын этногенез проблемаларын, аймактык жайгашуусун жана тарыхый өз ара мамилелерин изилдөөчү илим. Этнография элдерди баяндап жазуучу илим катары көпчүлүк учурда «этиология» деген аталыш менен дал келет. Этнография 19-к. экинчи жарымында эволюциялык мектептин пайда болушуна байланыштуу калыптанган. Алгач анын изилдөө объектиси жашоосун улантып жаткан алгачкы коом деңгээлиндеги элдер болгон. Ошол үчүн этнографияны «эскиден калган тирүү салт-жөрөлгөлөр (живая старина) жөнүндөгү илим» деп аташкан. Маалымат жыйноонун башкы усулу (методу, методикасы) эл арасындагы түздөн-түз изилдөөлөр болгон жана болуп келе жатат. Бара-бара этнографиянын илимий кызыгууларынын чеги бүтүндөй салттуу коомдун маданиятын изилдөөгө чейин кеңейди. Алгачкы коомдун маданияты бул илимдин бир элементи болуп саналат. Азыркы мезгилде этнографиянын негизги объектиси элдерди - этносторду классификациялоо жана алардын субординациясы, элдердин салыштырмалуу баяндамасы, этностук процесстерди анализдөө, ал эми башкы предмети элдердин ортосундагы окшоштуктар жана айырмачылыктар, алардын этностук жүзү, өзгөчөлүктөрү болуп эсептелет. Этнография, археология, антропология, калктын географиясы, дин изилдөө, жалпы тарых, культурология (маданияттаануу), фольклористика ж.б. менен тыгыз байланышта. Ошондуктан этнография өз предметин изилдөөгө комплекстүү методду колдонот жана чектеш илимдердин маалыматтарын пайдаланат. Этнографияда түздөн-түз эл арасында байкоо жүргүзүү жана тике сурамжылоо же тандап сурамжылоо жолу менен маалымат жыйнап изилдөө кеңири пайдаланылат.

**Этнографиялык топ** - кандайдыр бир тарыхый себептерден улам, негизги этностук топтон бөлүнүп, өз алдынча өнүгүп жаткан жана турмуш-тиричилигинде, маданиятында, психологиясында, тилинде ачык байкалуучу жергиликтүү этнографиялык өзгөчөлүктөрү жана айырмачылыктары

бар этностун обочолонгон бөлүгү. Этнографиялык топтор эл же улут тарабынан башка этностук топторду ассимиляциялоодо, уруулар бир элге биригип жатканда, алар айрым өзгөчөлүктөрүн сактап турган мезгилде түзүлөт. Этностук топтон айырмаланып, этнографиялык топтун айырмаланган өзүн-өзү аңдоо сезими болбойт. Этнографиялык топтор миграциянын, жаңы жерлерди өздөштүрүүнүн, башка элдер менен генетикалык жана маданий байланыштардын, ошондой эле элдин бир бөлүгүнүн диний же башка себептер менен обочолонушунун натыйжасында калыптанган. Пайда болуу себептерине жараша этнографиялык топторду генетикалык, локалдык ж.б. категорияларга бөлүүгө болот. Генетикалык топко этностордун арасындагы сету тобу мисал боло алат. Локалдык этнографиялык топко орустардын арасындагы поморлор кирет. Негизги этностун өтө алыста жашагандыгына жана жаратылыш шарттарына же өзгөчө социалдык статусуна байланыштуу бир кыйла обочолонуп калган этностун бөлүгүндө айырмаланган өзүн-өзү аңдоо сезими жана энчилүү ат (этноним) пайда болушу мүмкүн. Алар субэтноско айланышат. Мисалы, француздардын курамындагы нормандыктар, орустардын курамындагы дон, кубан, тер казак-орустары ж.б.

**Этнографиянын гуманитардык жана табигый илимдер менен байланыштары.** Этнографиянын негизги объектиси болгон этнос экономикалык, социалдык, маданий турмуш менен терең байланышкан жана ал (этнос) өз ишмердүүлүгү менен курчап турган дүйнөгө өз таасирин тийгизе алат. Этностор бири экинчисинен маданий-турмуштук өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат; ошондуктан айрым бөтөнчөлүктөрү адам өзү окуп-үйрөнгөн илимдер менен байланышы бар; анткени адам баласы өзүнүн ишмердүүлүгү менен жаратылышка таасир тийгизип жатат. Этнографиянын тарых илими, антропология, археология жана башка илимдер менен терең, ажырагыс байланышы бар. Тарых илими жалпысынан адамзат коомунун табигый өсүп-өнүгүү жолун, экономикалык түзүлүшүн, социалдык абалын башканы окутуп үйрөтсө, антропология расалардын келип чыгышын, этнографияда антропологиялык курамын, өз ара алакаларын иликтейт. Турмуштук-маданий, байыркы топтордун бөтөнчөлүктөрүн тактоодо археология илиминин мааниси зор. Бул илимдин көмөгү менен адамдардын жашаган шарттарын, турак-жайларын, материалдык жана руханий маданияттын өзгөчөлүктөрүн тактоого болот. Этнографиянын санжыра, тагыраак айтканда, элдик оозеки чыгармачылык менен байланышы бар. Айрым оозеки маалыматтар тарыхый этнографиялык өңүттөгү баалуу маалыматтарды берери талашсыз. Мисалы, айрым уруулардын, эн тамгалардын келип чыгышы, уламыштар ж.б. Бул илимдин география менен байланышы элдердин таралуу алкагын, антропологиялык өзгөчөлүктөрүн, тилдик классификациясын, чарбалык-маданий типтерин ж.б. географиялык илимсиз элестетүү кыйын. Тил илиминин каражаттарысыз дүйнө элдеринин тилдик жана диалектикалык өзгөчөлүктөрүн, жалпылыктарын, тилдердин илимий классификациясын түзүү мүмкүн эмес, жаны технологиялардын өнүккөн шарттарында этнографиялык маалыматтарды эсептөө ж.б. машиналарга салуу зор натыйжаларды берери аныкталууда.

**Этногеография** - этнографиянын дүйнө элдеринин мурдагы жана азыркы областтык жайгашуусунун өзгөчөлүктөрүн, элдердин этностук чегин, санынын жана өнүгүшүнүн динамикасын аныктоо үчүн айрым өлкөлөрдү жана региондорду изилдөөчү бөлүгү. Этногеография көмөкчү илим катары байыркы жана азыркы элдердин этногенез процесстерин кайра жаратуу үчүн да пайдаланышат.

**Этнодемография —** (гр. ethnoc - эл, demos - эл, geapho - жазамын) - этностордун табыгий өсүү өзгөчөлүктөрүн, алардын сан жагынан өсүү-кемүү кыймылын

изилдөөчү илим. Этнодемография негизинен этностук статистиканын материалдарына таянат, эл каттоонун материалдары, этнографиялык, социологиялык, социалдык- психологиялык изилдөөлөрдүн натыйжаларын окуп-үйрөтөт. Этнодемографиянын калыптанышына демографиялык абалдын, көпчүлүк учурда калктын өзгөчөлөнгөн кулк-мүнөзү, салттары менен өз ара байланышы, ошондой эле, бир катар демографиялык процесстерди жана этнографиялык материалдарды кылдат жана кенен пайдалануу алып келген. Бул илим - өзгөчө, адам баласы жашаган коомдогу төрөлүүнү изилдөөдө өтө маанилүү. Этнодемография дүйнөнүн ар кайсыл бөлүктөрүндө жашаган калкатардын жана айрым элдердин жыныстык жактан жетишүү курагын, үйлөнгөнгө чейинки мамилелешүү салттарын, эркектер менен аялдардын салттагы никелешүү курагын, никелешүү шарттарын жана никенин негизги формаларын эске алат. Этнодемографиянын милдетине ошондой эле тигил же бул элдин өнүгүшүндө пайда болгон жана диний талаптар менен байланышкан жекече малыматтарды, социалдык салттарды изилдөө да кирет. Өлүм- житимди изилдөөдө этнодемография оору факторлорунун этностук өзгөчөлүктөрү жана тиричиликти камсыз кылуунун салттуу ыкмаларын, анын ичинде үй, кийим-кече, тамактануу рационун жана режимин, тамак даярдоо ыкмаларын ж.б. эске алат. Уруу-уруктарды изилдөөдө этнодемография илиминин кызыгуу чөйрөсүнө уруулаштар үчүн өч алуу, балдарды өлтүрүп салуу ж.б. салттарды эске алуу, социалдык себептери, аларды изилдөөлөр кирет.

**Этноконфессионалдык топ** (грек. ethnos-эл, лат. confessio -дин) Диний маданий негизде саясий жана тарыхый географиялык ажырымдын натыйжасында маданий-турмуштук, тилдик ж.б. өзгөчөлүктөргө ээ бөлгөн этностун обочолонгон бөлүгү. Мисалы, Крымда - караимдер, крымчактар, Пенджабда - сикхилер, Болгариядагы - потомактар ж.б.

**Этнопсихологиялык мектеп** — 20-к. 30-ж. америкалык этнология илиминде калыптанган мектеп. Америкалык тарыхый мектептин өкүлдөрү өз изилдөөлөрүндө психологиялык жана психиатрия методикаларын (усулдарын) арбын колдонушкан. Натыйжада, психологиялык антропология боюнча көптөгөн маалыматтар, булактар жыйналган. Алардын үстүнөн илимий-теориялык ой жүгүртүү аталган мектептин түзүлүшүнө алып келди. Тарыхый мектептин өкүлдөрү үчүн маданият этнология илиминин башкы предмети катары эсептелген. Ошол эле жаңы мектептин өкүлдөрү башкы орунга инсанды коюшат. Мектептин негиздөөчүсү А. Кардинердин пикири боюнча ар бир элде анын маданиятынын өзгөчөлүгүн көрсөтө турган «негизги инсан» калыптанат. «Негизги инсан» кандай болсо, ошол элдин маданияты жана анын өнүгүү деңгээли ошондой. «Негизги инсан» коомдо үстөмдүк кылган орточо психологиялык тип, ал коомдун жана анын маданиятынын негизги базасын түзөт. Ошондуктан инсанды психологиялык изилдөө натыйжаларын бүтүндөй коом үчүн колдонуу толук мыйзам ченемдүү көрүнүш. «Негизги инсан» «алгачкы коомдук институциялар» (жашоо ыкмалары, үй-бүлө, тарбиялоо, социалдашуу) тарабынан балалык кезден калыптана баштайт.

Этнопсихологиялык изилдөөлөргө Рут Бенедикт бир топ салым кошкон. Анын концепциясынын негизги жобосу: ар бир элде өзүнө гана тиешелүү, муундан муунга өтүп турган жана ал элдин тарыхын аныктаган «мүнөздүн базалык структурасы» болот. Ар бир маданият ички маданий элементтердин уникалдык конфигурациясына ээ болот. Бул элементтер маданият этосу менен чогуу бириктирилген. Ар бир маданиятта өзүнө таандык инсандардын тиби бар.

Илимий-практикалык изилдөөлөр бачым эле этнопсихологиялык мектептин негизги жоболорунун жараксыз экендигин көрсөттү. 20-к. 40-50-жж. аталган мектептин изилдөөлөрүнүн башкы темасы - улуттук мүнөз болуп калды. Мында

Боастын дагы бир окуучусу Маргарет Мид бир катар баалуу, ары ири эмгек сиңирген.
Этнопсихологиялык мектептин этнология илиминин өнүгүшүнө кошкон салымы:
- бул же тигил маданият өкүлдөрү үчүн мүнөздүү бөлгөн психологиялык өзгөчөлүктөрдүн бар экендиги жөнүндөгү идея негизделген;
- коомду психологиялык жактан коргоо механизмдеринин аракетин алгачкылардан болуп көрсөтүштү;
- улуттук мүнөздү жана улуттук маданиятты психологиялык жактан изилдөө башталды жана улуттук мүнөз улут өкүлдөрүнүн психологиялык өзгөчөлүгүн көрсөтө тургандыгы далилденген;
- улуттук мүнөз маданияттын ичинде баалуулуктардын же жүрүм-турум моделдерин бөлүштүрүү жана жөнгө салуу ыкмасы катары баяндоого боло тургандыгы жөнүндөгү идеяны айтышкан.

**Этнорасалык топ** - чогуу жашаган калктан этномаданий гана эмес, сырткы антроплогиялык белгилери же расалык тиби менен да айырмаланып турган адамдардын тобу. Бул айырмачылыкты аталган топтун мүчөлөрү ачык-айкын билишет, башка этнорасалык топтор менен өз-ара мамиледе таасири сезилет. Этнорасалык топтун бөлөк этностук жана расалык типтеги элдер жашаган аймактарга көчүп келүүнүн натыйжасында пайда болот. Чогуу жашаган калк менен тыгыз байланышууну, аралаш никенин кеңири таралышынын натыйжасында бул айырмалуу белгилер өзгөрүшү, жарым-жартылай жок болуп кетүүсү же аталган топ толук бойдон башка элдин арасында сиңип кетиши мүмкүн.

**Этнология —** (грек. ethnos - эл, logos - окуу) - кеңири мааниде этностордун теги, негизги белгилери, өз ара мамилелеринин формалары жана типтери, материалдык жана руханий маданиятынын өзгөчөлүктөрү, этностук өзүн-өзү аңдоо сезимин, этноско ыйгаруучулук маселелери менен бирге, күндөлүк жашоо-тиричилигинин түрдүү акспектилерин изилдөөчү илим. Так маанисинде, ал баяндап жазуучу этнографиядан айырмаланып теориялык изилдөө болуп саналат. Эки илимдин тең объектиси - этнос, бирок предметтери ар түрдүү. Этнологиянын негизги предмети болуп этногенездин тигил же бул түшүндүрмөсүнө таянган этнос теориясы эсептелет. Ушундай негизде этнология этностордун тегин, алардын негизги мүнөздөмөсүн, этностор аралык мамилелерди гана эмес, ошондой эле этносоциалдык, этносаясий, этнопсихологиялык, этнолингвистикалык ж.б. процесстер менен мамилелерди изилдейт. Өз предметине ылайык этнология, археология, антропология, дин изилдөө, жалпы тарых, культурология, фольклористика, лингвистика, тил илими ж.б. илимдер менен тыгыз байланышта. Ошондон улам, этнологияда социологиялык, политологиялык, демографиялык, статистикалык ж.б. изилдөө методдорунун кеңири спектри колдонулат. Этнологияда башкы нерсе колдо бар эмпирикалык маалыматтарды илимий анализдөө жана теориялык жалпылоо болуп саналат. Этнологиянын максаты - коомдун этноулуттук чөйрөсү жөнүндөгү билимди жаңы теориялык тыянактар менен байытуу, практикалык мааниси бар конкреттүү милдеттерди чечүү болуп саналат. Дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүнүн турмушунда этностук фактордун ролу өскөн азыркы мезгилде этнология таанып билүүчүлүк, теориялык жана практикалык жактан чоң мааниге ээ болууда. Этнологдордун теориялык тыянактары жана практикалык сунуштары азыркы татаал этностук процесстерди аңдап билүүгө, улуттар аралык конфликттердин себептерин түшүнүүгө жана жөнгө салуу жолдорун табууга, этностор аралык мамилелерди оптималдаштырууга көмөктөшүп жатат.

**Этнонимдер.** Этнонимдер этностук тарыхты, этногенезди, тарыхый лексиканы иликтөөдө мааниси зор булак катары кызмат кылат. Этноним (грекче этнос «эл»,

онома «ат, аталыш») - элдердин, урууулардын, уруктардын жана алардын түрдүү тарамдарынын аталышы маанисин туюнтат. Этнонимдер тарыхый-этнографиялык, лингвистикалык маанидеги баалуу кызмат кылары илимде эчак- тан далилденип келери ырас. Ириде, уруу-урук аталыштары элдин этностук тарыхын, курамын, этногенезин, көөнө маданиятын изилдөөдө, анын айрым бир баскычтарын калыбына келтирүүдө зор мааниге эгедер. Ошону менен бирге, этностук аталыштар бул багыттагы (жалпы кыргызтаануудa) кээ бир түйүндүү маселелерде жазма жана башка булактарга салыштырмалуу так, баалуу фактыларды бере алаары калетсиз. Маселен, этнонимдердин тил илиминдеги маанилүүлүгүн эске алсак, өткөн доорлордун түпкүрүнө кеткен, нечендеген кылымдар илгери пайда болгон энчилүү уруу- урук, эл аталыштары көөнө алтай, байыркы түрк дооруна таандык болгон фонетикалык жана морфологиялык өзгөчөлүктөрүн сактап калган.

**Этнонимика** - кыргыздардын курамындагы эң байыркы этностук компоненттерди гана чагылдырбастан, элибиздин тектеш түрк жана монгол, тунгус-манжур тилдүү элдер менен этногенетикалык, этномаданий байланыштарын, жалпылыктарын жана өзгөчөлүктөрүн изилдөөдө мааниси зор булак катары кызмат кылат. Анткени иликтөөлөрүбүздө кыргыздар менен аталган элдердин ортосундагы маданий-этностук терең алакалар аныкталды. «Кыргыз» этнокомпонентинин бир эле учурда башкыр, саха-якут, тува, сары уйгур, алтайлыктар (алтай-кижи, куу-кижи, телеут, теленгит, майма, телес ж.б.), хакастар (качиндер, сагайлар, белтирлер, кызылдар ж.б.) лакай, катаган ж.б. элдердин курамдарында болушу, эбегейсиз зор аймактардагы этностук чөйрөгө кыргыздардын тийгизген таасирин, көөнө этностук алакаларын чагылдырары шексиз. Биздин акыркы иликтөөлөрүбүздө жогорудагы элдердин курамдарындагы «кыргыз» уруктарынын (урууларынын) эн тамга белгилеринин генетикалык жалпылыктары аныкталды. Бул болсо кыргыз этнокомпонентинин өтө байыркылыгын далилдөө менен бирге, аталган элдердин этногенезисине кыргыздардын катышуу деңгээлин чагылдырат. Байыркы кытай жыл баяндарындагы, руникалык (Орхон-Енисей, Талас, Кочкор жазуулары) жазуу эстеликтериндеги, араб графикасындагы булактарда эскерилген элдердин, уруулук бирикмелердин, уруу-уруктардын энчилүү аттарынын басымдуу бөлүгүнүн параллелдери кыргыз этнонимиясында сакталып калган. Бул илимий негиздүү фактылар кыргыз этносунун тегинин байыркылыгын, бабаларыбыздын жазуу салты бар көөнө маданияттын, аскердик курулуш структурасын, мамлекеттик башкаруу системасын өнүктүрүүгө кошкон салымын далилдей алат. Анткен себеби, бул тарыхый фактылардын баары тең этностук аталыштарда, алардын тарыхында жашап келет. Уруу-урук, эл аталыштары аркылуу кыргыздардын этностук курамына өнүгүүнүн түрдүү тарыхый баскычтарында жуурулушкан эзелки угро-фин, тунгус-манжур, огуз-түркмөн, кыпчак, монгол ж.б. этнокомпоненттерди байкоого болот. Ошону менен бирге, бул тарыхый булактар аркылуу бабаларыбыздын эзелки мифологиялык-диний (тотемизм, шаманизм) көз караштарын, түшүнүктөрүн, сырткы курчап турган дүйнөнү аңдап, туюп-билүүсүн (космостук-мейкиндик, географиялык-аралыктык түшүнүктөр, жаратылыштын кубулуштары ж.б.у.с.) окуп-билүүгө болот. Мындан сырткары, этностук аталыштардагы маалыматтар кыргыздардын эзелки чарбалык-маданий укладдары, каада-салты, иерархиялык башкаруу системасы жана анын титулатурасы ж.б. маселелер боюнча өтө баалуу илимий материалдарды бере алат. Ошону менен бирге, кыргыз этностук аталыштарында байыркы кыргыз лексикасы сакталып калгандыгын белгилей кетүү этнологияда социологиялык, политологиялык, демографиялык, статистикалык ж.б. изилдөө методдорунун кеңири спектри колдонулат. Этнологияда башкы нерсе колдо бар эмпирикалык

маалыматтарды илимий анализдөө жана теориялык жалпылоо болуп саналат. Этнологиянын максаты - коомдун этноулуттук чөйрөсу жөнүндөгү билимди жаңы теориялык тыянактар менен байытуу, практикалык мааниси бар конкреттүү милдеттерди чечүү болуп саналат. Дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүнүн турмушунда этностук фактордун ролу өскөн азыркы мезгилде этнология таанып билүүчүлүк, теориялык жана практикалык жактан чоң мааниге ээ болууда. Этнологдордун теориялык тыянактары жана практикалык сунуштары азыркы татаал этностук процесстерди аңдап билүүгө, улуттар аралык конфликттердин себептерин түшүнүүгө жана жөнгө салуу жолдорун табууга, этностор аралык мамилелерди оптималдаштырууга көмөктөшүп жатат.

**Этнопедагогика** - салттуу элдик педагогиканы, жаш балдарды тарбиялоо жолдорун жана балалык дүйнөсүнүн өзүн салыштырып изилдөөчү илимдин чектеш тармагы. Бул багыт 20-к. 30-40- жж. улуттук мүнөз маселелерин изилдөө процессинде пайда болгон. Этнопедагогика салттуу турмушту, маданиятты, анын ичинде нике жана үй-бүлө мамилелерин, эмгектин аял-эркектердин, жаш куractык топтордун арасындагы бөлүнүшүн, аял-эркектерге, жаш курактык топторго тиешелүү символизимди изилдеген М.Миддин, Ж. Уайтингтин изилдөөлөрү аркылуу калыптанган. Азыркы мезгилде этнопедагогика чоң практикалык мааниге ээ болуп жатат. Ал окутуунун жана тарбиялоонун азыркы усулдарын салттуу маданиятты өзгөчөлүктөрүнө ыңгайлашуусуна, ошондой эле элдик педагогиканын баалуу методдорун пайдаланууга, сактоого көмөктөшөт.

**Этнос** — (грек. ethnos - эл) - маданий, психологиялык, тилдик мүнөзү жана өзгөчөлүктөрү жалпы, өздөрүнүн бир жалпылыкта экендигин аңдаган жана энчилүү аты бар адамдардын белгилүү аймакта тарыхый жактан калыптанган туруктуу биосоциалдык тобу. Этностун пайда болушунун зарыл шарттары болуп аймактын, тилдин жана чарбалык ишмердиктин жалпылыгы эсептелет. Алар акырында анын аныктоочу белгилери болуп калат. Ар бир этнос мүнөздүү белгилери боюнча аймактык бүтүндүк, өзүн-өзү аңдоо сезими, расалык өзгөчөлүк, маданий өзгөчөлүк болгон бир маданий бүтүндүктү түзөт. Этностук тарыхта кандайдыр бир этнос түрдүү тилде сүйлөгөн топтордон түзүлгөн учурлар белгилүү (мисалы, Американын көптөгөн улуттары), мында тилдин жалпылыгы этногенездин натыйжасы болуп саналат. Этностор табигый тарыхый процесстин жүрүшүндө урук-урууга биригишкен адамдардын биологиялык жана социалдык турмушунун өзгөчөлүктөрүн көрсөтүп азыркы адам менен кошо калыптанган. Алардын чарбалык жана башка байланыштарынын өнүгүшүнүн жүрүшүндө жаратылыш чөйрөсүнүн өзгөчөлүктөрүнүн, башка элдер менен байланышуунун таасири менен материалдык жана рухий маданияттын мүнөздүү белгилери, топтук психологиянын өзгөчөлүктөрү түзүлгөн, этностук өзүн-өзү аңдоо сезими пайда болгон. Этностук өүн-өзү аңдоо сезиминин жаралышында бул топко кирген адамдардын тегинин жана тарыхый тагдырынын бир экендиги жөнүндөгү түшүнүктөр башкы ролду ойногон. Кээде этностун калыптанышына диний жалпылык, ошондой эле расанын жакындыгы же көп санда пайда болгон метистик топтор көмөктөшөт. Этностун түзүлүшүнүн негизин комплиментардык принцип жана тарыхый өнүгүү процессинде элдердин арасында пайда боло турган жалпы жүрүм-турум стереотиби түзөт. Ошондуктан этносту бөлүп көрсөтүүнүн башкы аныктоочу фактору этностун өзгөчө жүрүм-турум тибин калыптандыруучу тарыхый тагдырдын жалпылыгы болуп эсептелет. Тегинин, материалдык жана руханий маданиятынын бирдей болушу менен байланышкан этносту түзүүчү адамдардын тобу дене түзүлүштүн жана психологиялык мүнөздүн, биосоциалдык өзгөчөлүктөрүн, социалдык-экономикалык шарттардын, турмуш-тиричилик ыктарынын социомаданий факторлордун бүт жыйындысын өзүнө алат. Калыптанып бүткөн этнос эндогамия жана жаңы

www.bizdin.kg

муунга тилин, салттуу маданиятын жана турмуш-тиричилигин ж.б. берүү жолу менен жашоосун уланткан социалдык организм болот. Убакыттын өтүшү менен этнос өзгөрөт, айрым бөлүктөрү башка аймакта жашап калышы мүмкүн, көчүп келген топтор ж.б. факторлор маданият менен турмуш-тиричиликтин көп жактарын өзгөртүшү мүмкүн. Этностун жалпы теориясын иштеп чыгуу аларды типологиялаштыруу, классификациялоо маселелери али аяктай элек.

**Этноско ыйгаруучулук** — адамдын бул же тигил этностук топ менен өзүн окшоштуруусу жана өзүн ал топтун бир бөлүкчөсү катары сезүүсү.

**Этносоциология** - (грек. ethnos - эл, societas - коом, logos - окуу) - этностордун генезисин, маңызын, функциясын, өнүгүшүнүн жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрүн, ошондой эле түрдүү этностук топтордун окшоштуктарын, айырмачылыктарын жана бул же тигил адам топторуна мүнөздүү социалдык кубулуштарды изилдөөчү илим. Этносоциология маданият менен турмуш-тиричиликтин этностук мүнөзүн, баалуулуктардын, жүрүм-турумдардын, салттардын, ырым -жырымдардын, инсандардын ортосундагы улуттук мамилелердин ж. б. социалдык жактан шартталгандыгын ачып көрсөтүүгө умтулат. Этносоциологиянын объектиси болуп социалдык процесстердин этностук аспектилери, маданият менен турмуш-тиричиликтин этностук мүнөзүнүн социалдык ар түрдүүлүгү эсептелет. Этносоциологиянын предмети болуп, улуттук факторлордун социалдык структурага жана калктын миграциясына тийгизген таасири; эмгек ресурстарын алар кайсыл этностон экенине жараша пайдалануу жана бөлүштүрүү; улуттук өзүн-өзү аңдоо сезиминин социалдык жактан шартталуу проблемалары; баалуулуктардын улуттук өзгчөлүктөрү; жүрүм-турум стреотиптери ж.б. эсептелет. «Этносоциология» терминин илимге 1930-ж. немец этнологу Р.Турнвальд киргизген. Ал бул термин менен индустрияга чейинки коомдордогу социалдык кубулуштарды изилдөөнү түшүнгөн. 1960-ж. этносоциологиянын предмети бир кыйла кеңейди жана ал азыр этностордун социалдык структурасын, алардын маданиятындагы, анын ичинде тилдеги, күндөлүк маданияттагы социалдык маанилүү нерселерди, элдердин психологиясын, улуттук өзүн-өзү аңдоо сезимин, инсандар ортосундагы улуттук мамилелерди изилдөөнү камтыйт. Көрсөтүлгөн предметтик областтын чегинде бир катар багытта изилдөөлөр жүрүп жатат. Алардын негизгилери төмөнкүлөр: улуттардын социалдык структурасын, алардын социалдык составындагы өзгөчөлүктөрдү, социалдык мобилдүүлүктү (анын ичинде миграцияны) изилдөө; тилдин социалдык аспектилерин изилдөө; этнопсихологиялык кубулуштарды жана процесстерди, улуттар аралык мамилелердин психологиясын, этностук өзүн-өзү аңдоо сезиминин калыптанышынын жана өнүгүшүнүн факторлорун изилдөө ж.б.

Кыргызстанда этносоциологиялык массалык жана жигердүү изилдөөлөр 1980-жылдан А.Асанкановдун жетекчилиги астында жүргүзүлө баштаган жана бул багытта бир топ тажрыйба топтолгон. Этносоциологиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча монографиялар, илимий макалалар жарыяланып жатат. Кыргызстандагы этносоциологиялык изилдөөлөрдүн негизги багыттары: айылда жана шаарда жашаган кыргыз калкынын социалдык, экономикалык абалы, маданий баалуулуктары; кыргыздардын улуттук өзүн-өзү аңдоо сезиминин калыптануу проблемалары; улуттар аралык мамилелер; миграция проблемалары; улуттук азчылыктардын саясий, коомдук, маданий турмушунун түрдүү маселелери ж.б.у.с.

**Этностор аралык интеграция —** (лат. integratio - калыбына келтирүү, толуктоо) — маданий байланыштардын натыйжасында этностук жалпылыктардын маданий, рухий, социалдык экономикалык чөйрөлөрүндө жалпы белгилердин пайда болуп жакындашуусунан көрүнгөн этностук процесстердин түрү. Бул процесс этностор аралык же метаэтностук жалпылыктардын калыптанышына

алып келет, алар бир кыйла убакыттын өтүшү менен бир этноско биригүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат. Мындай процесс азыр АКШда, Канадада, Швейцарияда, бир катар азиялык, африкалык өлкөлөрдө жүрүп жатат.

**Этностор аралык миксация** — (лат. mixatio - аралашуу) - бир нече тектеш эмес этностордун интеграцияланууcунун жүрүшүндө аралашуусу жана анын натыйжасында жаңы этностун пайда болушу. Жаңы этностук жалпылык ага кирген баардык этностордун маданияттарынын элементтерин айкалыштырат. Бул процесс ассимиляцияга жакын, анда биригүүчү процесстер адатта аймактык аралашуу, байланышып жаткан этностордун метистешүүсүнө алып келүүчү этностор аралык никелешүүнүн көп болушу менен шартталат. Ал Латын Америкасынын элдери үчүн өзгөчө мүнөздүү.

**Этностук ассимиляция** — өз алдынча этностук жалпылыктын же анын топторунун өз этностук белгилерин жоготуп башка элдердин арасына сиңип кетүүсү. Ассимиляциянын табигый жана зордук-зомбулук менен жүргүзүлүүчү түрлөрү белгилүү.

**Этностук биригүү** — эки же андан көп этностук жалпылыктардын жана топтордун биригип жаңы этностук жалпылыкты же метаэтносту түзүү процесси. Этностук өнүгүүнүн бир нече негизги түрлөрү бар: этностук консолидация, этностук ассимиляция, этностор аралык интеграция.

**Этностук бөлүнүү** — бир этностун эки же бир нече топко ажырап, жаңы этностук жалпылыктардын пайда болуу процесси. Этностук бөлүнүү процессинин жана ага байланыштуу массалык миграциялардын натыйжасында элдер бүт жер шары боюнча отурук- ташкан. Этностук бөлүнүүнүн түрлөрү: этностук парциация, этностук сепарация, этностук дисперсизация.

**Этностук дискриминация** (лат. Diskriminatio - айырмачылык) - адамдардын кандайдыр бир тобун (же бүтүндөй бир элдин) улуттук принцип боюнча чектөө. Ал түпкү эмес улуттагы граждандардын, улуттук азчылыктын өкүлдөрүнүн шайлоо укуктарын, көчүп жүрүү жашоо ордун тандоо эркиндигинин ж.б. чектөөдөн көрүнөт. Мындай чектөөлөрдүн натыйжасында дискриминациялангандар жашаган өлкөсүн таштап кетүүгө мажбур болушат жана качкындарга айланышат. Этностук дискриминациянын экинчи жагы түпкү калктын артыкчылык абалы болуп саналат. Этностук дискриминация этностор аралык мамилесин начарлатып, конфликттерге алып келет.

**Этностук дисперсизация** — алгачкы (энелик) этностон салыштырмалуу анча чоң эмес этностук топтордун бөлүнүп чыгып, өз этносунун аймагынан башка аймакта туруп калуусу. Ал дүйнө элдеринин көпчүлүгүнө мүнөздүү көрүнүш. Анын негизги себеби миграция болуп саналат. Мисалы, армяндар, еврейлер, орустар, англичандар ж. б.

**Этностук жалпылык** — адамдардын туруктуу социалдык тобунун тарыхый жактан калыптанган түрү. Алар: урук, уруу, эл, улут.

**Этностук консолидация** — (лат. consolidatio - тыгыздашуу, бекемдөө, өстүрүү) - тили, маданияты тектеш, өз алдынча этностордун же этностук топтордун бир этностук жалпылыкка биригүүсү. Этнологияда этностор аралык жана этностук ички консолидацияны айырмалашат. Эки же бир нече өз алдынча, бирок тили, маданияты боюнча тектеш элдердин бир этноско биригүүсү этностор аралык консолидация, ал эми кандайдыр бир чоң этностун ичиндеги субэтностордун же этностук топтордун арасындагы айырмачылыктардын жоюлушунун натыйжасында ички баш кошуу «этностук ички консолидация» деп аталат. Этностук ички консолидация жалпы этностук өзүн-өзү аңдоо сезиминин бекемделишинин натыйжасында диалектилерди, маданий, турмуш-тиричилик өзгөчөлүктөрүн жымсалдоо жолу менен жүрөт. Эки типте тең этнос же этностук топ өз алдынчалыгын жана өзүн өзгөчөлөнгөн этноско ыйгаруу сезимин жоготот.

Ассимиляция сыяктуу эле этностук консолидация да эркин, ыктыярдуу же зордук менен мажбурлап ишке ашырылышы мүмкүн. Биринчисинде ал табигий түрдө, акырындык менен жүрөт жана оң натыйжаларды берет, ал эми экинчиси элдин өз тагдырын өзү чечүү эркиндигинин бузулушу, маданияттын улуттук өзүнчөлүгүн этибарга албоо менен коштолот жана жыйынтыгы терс натыйжаларга алып келет.

**Этностук конфликт** - этностук топтордун кызыкчылыктары менен максаттарынын сыйышпастыгы же дал келбөөчүлүгүнөн келип чыккан социалдык, топтор аралык конфликттин тиби. Конфликт тигил же бул этностук топтун башка топтор жана мамлекет менен болгон мамиледе оз абалын өзгөртүүгө умтулуудан көрүнөт. Этностук конфликт бардык этностук топтордун өз сезимине тигил же бул даражада тийиштүү болгон этноцентризм элементтеринин негизинде пайда болот. Этностук конфликттин ички булагы этностук топтун өтө маанилүү талабы катары каралган улуттук кызыкчылыктардын кагылышуусу болот. Бул кызыкчылыктардын башка этностук топтордун кызыкчылыктары менен карама-каршы келиши коркунучту сезүүгө жана аны коргоого түртөт. Ал этностук сезимдин зор эмоционалдык потенциалына жана этнос ичиндеги бардык социалдык топтордун биригишинин жеңилдигине байланыштуу өзгөчө курч болот жана кеңири кулач жаят. Этностук конфликттин негизги себептери аймактык талаш-тартыштар, көчүү жана жашоо ордун алмаштыруу, тарыхый акыл-эс, өз тагдырын чечүүгө умтулуу, материалдык ресурстар же аларды кайра бөлүштүрүү үчүн күрөш, улут элитасынын бийликке умтулуусу, эмгектин бөлүштүрүү чөйрөсүндө этностордун конкуренциясы ж.б. болот. Этностук конфликттин формасы боюнча төмөндөгүдөй түрлөрү бар: көмүскө, ачык, зордук-зомбулуктуу, куралдуу жана куралсыз. Максаты боюнча статустук, этнотерриториялдык, маданий- тилдик болуп ажыратылат. Этностук конфликттин масштабы боюнча локалдык (бир аймакта), регионалдык (бир географиялык аймактагы бир нече мамлекет же бир нече этностук топтор катышат), глобалдык (мамлекеттердин тобунун же союздарынын ортосунда) мүнөзгө ээ болушу мүмкүн.

**Этностук маданият** - ачык айырмалоочу этностук мүнөзгө ээ болгон жана этносторду ажырымдоочу функцияны аткарган маданий элементердин жана стуктуралардын жыйындысы. Ал теги бир жана чогуу чарба жүргүзгөн кишилердин маданияты. Этностук маданият эмгек куралдарын, салттарды, үрп-адаттарды, адат укугунун нормаларын, баалуулуктарды, курулуштарды, кийим-кечени, тамак-ашты, унаа каражаттарын, турак-жайды, билимдерди, диний ишенимдерди, элдик чыгармачылыктын бардык түрүн камтыйт. Ал дайыма бир географиялык аймакта жайгашат жана сая- сий, экологиялык, социалдык структурасы боюнча тектеш болот. Этностук маданият адамдын курчап турган чөйрөгө байырлашуусуна багытталган коомдук ишмердигинин формаларынын көп түрдүүлүгүн чагылдырган адамзат маданиятынын локалдык көрүнүшүнүн негизги формасы болуп саналат. Этностук маданият этностун маданиятынын эң маанилүү компоненти болуп саналат. Ал эми этностун маданияты анын бардык маданий жетишкендиктеринин жыйындысын түзөт. Бул жетишкендиктер этностук маданиятка тиешелүү да же нейтралдуу да болушу мүмкүн. Этностук маданиятка өздүк этностук маданияттан сырткары бөлөк этностук жана интерэтностук маданияттын элементтери да кирет. Бул элементтер өзүн этноско ыйгаруучулуктун, социомаданий информацияны, ишмердик тажрыйбасын муундан муунга өткөрүүнүн, этностук эс- туюмду, өзүн өзү аңдоону сактоонун негизи болуп кызмат кылат. Азыркы глобалдашуу шарттарында этностук маданияттын структурасында эки карама-каршы процесс өнүгүп жатат. Бир жактан этностун материалдык жана рухий маданияты

интернационалдашуусу, маданият элементтерин өз ара өздөштүрүү, маданий баалуулуктарды алмашуу жана байытуу жүрүп жатса, экинчи жактан этностук өзүн өзү аңдоонун күчөшү, этносторду руханий баалуулуктарынын маанисинин күчөшү, этностук өзгөчөлүктү сактоого, этностук маданияттын негизги элементтерин коргоого умтулуусу өсүп баратат.

**Этностук менталитет** - (гр. ethnos -эл, фр. mentalitete - рух) этностук маданияттын өзгөчөлүктөрүнөн көрүнгөн кандайдыр бир элге таандык ой жүгүртүү мүнөзүн белгилөөчү түшүнүк. Ал этнос- тордун тигил же бул кырдаалга жана сырткы дүйнөдө болуп жаткан окуяларга мамилесинин өзгөчөлүктөрүн түшүндүрүү үчүн пайдаланылат.

**Этностук парциация** — бирдиктүү этностун бир нече өз алдынча этносторго бөлүнүп кетиши. Жаңы пайда болгон этностор мурдагы этнос менен өзүн окшош деп эсептебейт. Этностук тарыхтын жүрүшүндө этностук парциация түрдүү себептердин натыйжасында ишке ашкан. Алгачкы коом мезгилинде уруудагы кишилердин санынын өсүшү, ошол эле мезгилде алар жашаган аймактагы табигый ресурстардын азайышы адамдарды топторго бөлүнүп жашоого мажбурлаган. Соңку тарыхый доорлордо этностун ар кайсы бөлүктөрү мамлекеттик чек аралар менен бөлүнгөн. Мисалы, араб элдери ж.б. Этностор бөлүнгөндөн кийин бир аймакта кошуна жашап калышы мүмкүн же алардын арасы алыстап, миграция менен коштолушу ыктымал.

**Этностук процесстер** — этностун тарыхый өнүгүүсүндөгү өзгөрүүлөргө учурашы. Этностук процесстердин эки тиби бар: эволюциялык жана трансформациялык. Этнос сакталып, бирок анын айрым параметрлери (тил, маданият) бир кыйла өзгөрүүгө учуроосу эволюциялык процесс деп аталат. Эгер өзгөрүүлөрдүн натыйжасында этноско ыйгаруучулук, этностук өзүн-өзү аңдоо сезими, этностун аты өзгөрсө - бул трансформациялык процесс деп аталат. Өз кезегинде трансформациялык процесс этностук бөлүнүү жана этностук биригүү деп экиге бөлүнөт. Этностун бир нече өз алдынча этносторго бөлүнүшү, этностун бир тобунун өз алдынча- этноско айланышы этностун бөлүнүү процесстерине жатат. Ал эми, түрдүү этностордун бир чоң этноско айланышы этностун биригүү процесси деп аталат. Бүтүндөй алганда, этностук процесстер адамзат тарыхый өнүгүшүнүн жалпы жүрүшү, ошондой эле жашоо өзгөчөлүктөрү жана этностордун өз ара карым-катнаш аракеттери менен шартталган. Этносту өзгөртүүчү процесстер маңызы жана этностун турмушунун тигил же бул жактарына таасир берүү даражасы боюнча өтө ар түрдүү. Этностук тарыхтын баардык мезгилдеринде бөлүнүү да, биригүү да болуп келген. Этностук бөлүнүү процесстери өзгөчө алгачкы общиналык (жамааттык) коомдо кеңири тараган. Бул процесстин натыйжасында адам бара- бара бүт жер шаарынын жашоого мүмкүн болгон аймактарына отурукташкан. Этностун бөлүнүү процесси этнос аймагын саясий бөлүп-жаруу аркылуу да жүргөн.

**Этностук сепарация** — (лат. separatio - бөлүнүү) - этностун кандайдыр бир тобунун бөлүнүп чыгып, өз алдынча этноско айлануусу. Анын себеби ар түрдүү: этностун бир бөлүгүнүн башка аймакка көчүүсү, этностун аймагын мамлекеттик чек ара менен бөлүү, этностун бир бөлүгүнө башка этностун таасир берүүсү, диний мүнөздөгү обочолонуу ж.б. Мисалы, валлондор француздардан, корсикалыктар италиялыктардан бөлүнүп чыгышкан.

**Этностук тарых** - этностун тарыхый басып өткөн жолу, калыптанган этностук топтордо этногенез процессинин уланышы жана өнүгүшү. Өз тарыхында этностор башка этностор менен өз ара мамиледе болот, алардын арасында ассимиляция, интеграция, консолидация процесстери, ошондой эле ички өнүгүү (урбанизация, миграция ж. б.) процесстери жүрөт.

**Этностук территория (этностук аймак).** Этностун (элдин, улуттун) калыптанган аймагы, ошол калктын негизги бөлүгү жашаган жер. Көпчүлүк учурда этнос менен этностук аймак дал келбей калган учурлар кездешет. Кыргыздардын этнос катары калыптануусунун аймактарына бүгүнкү Кыргызстандын жана ага чектешкен аймактар, Чыгыш Түркстан, Батыш Кытай, Батыш Монголия, Саян-Алтай аймактары кирет.

**Этностук топ —** башкалардан өзгөчө этностук, этнопсихологиялык, этномаданий, расалык, тилдик жана диний белгилери боюнча айырмаланган аз сандагы адамдардын тобу. Бул терминдин түрдүүчө түшүндүрмөлөрү бар: 1) этностук аймактын бир бөлүгү. Ал негизги этностон диалектиси, маданияты, энчилүү аты менен өзгөчөлөнөт; 2) көп улуттуу мамлекеттеги улуттук азчылык; 3) кандайдыр бир этностун башка аймакка көчүп барып туруп калышы, бирок этностук өзүн-өзү аңдоо сезимин, кандайдыр бир деңгээлде тилин, маданий жана турмуш-тиричилик өзгөчөлүктөрүн сактап калган бөлүгү. Айрым учурларда «этностук топ» деп, теги бир же кандайдыр бир этностук белгилери окшош «этностордун тобун» айтышат. Этностук топ бир жерде чогуу же чачкын жашоосу мүмкүн. Биринчиси «этнореалдык», «этнодисперстик топтор» деп аталышат. Этностук топтун адатта өз мамлекети болбойт. Этностук жалпылыктары көп мамлекеттерде этностук топтордун арасында теңдик жок. Этностук топтордун пайда болушунун себептери ар түрдүү. Биринчиден, алар бир кезде өз тарыхый ата журтун таштап, башка өлкөлөрдө этномаданий ареалдарды түзгөн кишилер. Экинчиден, алар миграциянын, эмиграциянын, депортациянын, чек араны өзгөртүүнүн натыйжасында өз этносунан бөлүнүп башка өлкөлөрдө жашап калган кишилердин тобу.

**Этностук өзүн-өзү аңдоо —** өзүн белгилүү бир этноско ыйгаруу сезими, башкалар менен салыштырууда окшош жана айырмачылыгын аңдоо, чыныгы этностук байланыштардын адамдардын аң- сезиминде чагылышы жана энчилүү атынан же этноним аркылуу белгилүү болуп саналган этностук жалпылыктын маанилүү белгиси, башкача айтканда, адамдын өзүн өз эли менен руханий жактан окшоштуруусу. Ал адамдардын өз этносун аныктоосунун көрүнүшү болуп саналат. Анда борбордук орунду жалпы санжырага, тарыхый окуяларга бирге катышууга, «эне тил», «ата-журт» ж. б. байланышка таянган тегинин жана тарыхый тагдырынын бир экендиги жөнүндөгү түшүнүктөр ээлейт. Өзүн бир этноско ыйгаруу өз этностук тобу менен өзүн-өзүнө окшоштуруу өзгөчө бир сезимдерди жаратат: өз этносунун тагдырына тиешеси бар экендигин сезүү, тарыхый этностук журтун (ата журтун), өз элин, анын башка элдерден этностук айырмачылыктарын, маданиятын ж.б. сүйүү, сыйлоо сезими. Ушуга окшогон сезимдердин комплексинин жана толгонуулардын негизинде өз элинин суверенитети, эркиндиги, гүлдөп-өнүгүшү үчүн даяр турган аракетчил ыңгай жана психикалык абал жаралат. Этнологияда кош этностук сезимге ээ болгон феномен белгилүү. Мындай көрүнүш ар түрдүү этностор жашаган өлкөлөр үчүн мүнөздүү. Мисалы, АКШ калкы, еврей тектүү америкалык, орус тектүү америкалык ж.б. деген аталыштар ошондон пайда болгон.

**Этностук чөйрө** - ар бир адамдын тиричилик аракетинин тилдик, маданий, турмуштук шарттарынын жыйындысы. Ал адамдын өзүн бир этноско окшоштуруп сезүүсүнө жана жашоо ыңгайына түздөн-түз таасир берет.

**Этнотрансформациялык процесстер —** адамдардын тигил же бул топторунун этноско ыйгаруучулук мамилесинин өзгөрүшүнө же этностордун биринин жоюлушуна жана экинчилеринин пайда болушуна алып келген социалдык-маданий процесстер. Негизги түрлөрү болуп этностук-бөлүнүү жана этностук биригүү саналат. Түрдүү тарыхый доорлордо алардын бири үстөмдүк кылат. Этностук бөлүнүү мамлекетке чейинки коомдо элдердин пайда болуусунда

негизги багыт болгон, ал эми этностук биригүү алгачкы общиналык (жамааттык) коом бузулгандан кийин үстөмдүк кыла баштаган жана азыр да этностук процесстердин аныктоочу түрү болууда.

**Этноцентризм** (грек тилинен ethnos- эл, centrum-топтолгон жер) Этностун өзүн-өзү аңдоо сезиминин коомдогу болуп өтчү кубулуштарды өз этностук тобунун салттарынын, дөөлөттөрүнүн таасири астында кабылдоо, баалоо касиети, өз этносунун жашоо ыңгайына, маданиятына, турмушуна артыкчылык берүү дегенди туюнтат. Бул түшүнүктү 20-к. баш чендеринде америкалык социолог У.Сэленер сунуштаган жана ал этноцентризмдин универсалдуу мүнөзүн белгилеген. Этноцентризм этностук өзү-өзүн аңдоонун негизин түзгөн, тагыраак айтканда, өз тобун башкаларга каршы коюу (биз - алар) менен байланышкан. Этноцентризм бардык чоочун нерселерге терс же сактануу менен мамиле кылуучу адамдын психика- сынын өзгөчөлүгүнө барып токтолот. Ошондой эле, адамдын белгилүү этностук чөйрөдө этномаданий социализацияланышы процесси менен, андагы (этностук чөйрөдөгү) стереотиптерди, дөөлөттөр системасынын жүрүм-турум багыты, үлгүсү катары кабылдоо менен шартталган. Этноцентризм адам аң-сезиминин ажырагыс касиети жана ал айрым учурларда башка элдердин жашоо ыңгайына, маданиятына сабырдуулук мамиле, адамдын сыйлоо менен айкалышса бир кыйла зарыл нерсе болуп калат. Ошол эле мезгилде чектелген топтук эгоизм катары да терс мааниге ээ. Этноцентризмдин терс жактары социалдык жана маданий жагымсыз кырдаалдарда өзгөчө көбүрөөк байкалат. Эноцентризм көбүнчө улутчулдук менен жанаша, чогуу аракеттенет жана элдердин арасында касташуунун пайда болушуна негиз болуп калышы мүмкүн. Колониялдаштыруу мезгилиндеги өз дининин башкаларга таратуу ишин жүргүзгөн миссионердик ишмердик, азыркы «америкалык жашоо ыңгайынын» башкаларга таңуулоого же мурдагы социализм өлкөлөрүндө «советтик жашоо ыңгайын» таңуулоого жасаган аракеттери этноцентризимге мисал боло алат.

**Этнопсихология** - тигил жана бул этностук топтун мүнөзүн, адамдардын психикасындагы этностук өзгөчөлүктөрүн, улуттук мүнөз маселелерин, этностук өзүн-өзү аңдоо сезимин, этностук стереотиптердин калыптануусун жана аракетин, этностук топтордун мамилелешүү процессиндеги психологиялык айырмачылыктарынын көрүнүштөрүнүн өзгөчөлүктөрүн изилдөөчү илимдин чектеш тармагы. Анын калыптанышы алгач, этнография жана антропологиянын өнүгүүсү менен байланыштуу болгон. 1860-ж. тарта М.Лацарустун жана Х.Штейнталдын эмгектеринин жана изилдөөлөрүнүн жыйынтыгы боюнча өз алдынча илим катары өнүгүп келе жатат. Алар «элдик рухту» бир этноско тиешелүү индивиддердин психикалык окшоштугун көрсөткөн өзгөчө касиети деп түшүндүрүшкөн. Азыр этнопсихология изилдөөнүн бир канча өз алдынча багыттарына ээ:

1. Психофизиологиянын, таанып-билүүчүлүк процесстердин, эске тутуунун, эмоциянын, сүйлөөнүн ж.б. этностук өзгөчөлүктөрүн салыштырып изилдөө;
2. Элдик маданияттын символикалык дүйнөсүнүн, баалуулуктарынын өзгөчөлүктөрүн табууга багытталган маданият таануу изилдөөлөрү;
3. Этностук аң-сезимди жана өзүн-өзү аңдоону изилдөө;
4. Балдардын социализациясынын этностук өзгөчүлүктөрүн изилдөө. Бул изилдөөлөрдө этнопсихология этностук конфликттердин психологисынын себептерин, аларды жөнгө салуунун жолдорун табууну изилдөөгө, ошондой эле улуттук өзүн-өзү аңдоонун өсүшүнүн себептерин, анын түрдүү социалдык жана улуттук чөйрөдө өнүгүү себептерин табууга өзгөчө көңүл бурат.

**Этноэволюциялык процесстер** — бүтүндөй этностун же анын айрым топторунун тиричилик ишмердигинин айрым элементтери менен белгилеринин

табигый-социалдык, маданий өзгөрүүлөрүн туюнтат. Мында этноско ыйгаруучулук мамиле, этностук өзүн-өзү аңдоо сезими өзгөрбөйт.

**Этноэкология** (грек ethnos - эл, oikos - үй, logos - окуу) - этностук жалпылыктардын жашаган жериндеги табигый жана социалдык шарттарда өз тиричилигин камсыз кылуусунун салттуу системаларынын өзгөчөлүктөрүн изилдөөчү илим. Этностордун экономикалык өз ара байланыштарынын алардын ден соолугуна жана табигый өсүшүнө тийгизген таасири, этностордун жаратылыш чөйрөсүн пайдалануусу жана бул чөйрөгө көрсөткөн таасири жөнүндөгү маселелер да этнологияга тиешелүү. Этноэкология 20-к. орто ченинде америкалык маданий антропологияда «маданий экология» багыты пайда болгондо калыптанган. Анын негиздөөчүсү Ж.Стюард болуп калды. Ал адам топторунун жаратылыш чөйрөсүнө байыр алуу процессин изилдеген, ошол эле учурда мындай топторго өзгөчө мүнөз берген »маданият чордонун« бөлүп көрсөткөн. Азыркы мезгилде этноэкологиянын мелдетине этностук жалпылыктардын жашаган жериндеги табигый жана социомаданий шарттарда өз тиричилигин камсыз кылуусунун салттуу системаларынын өзгөчөлүктөрүн изилдөө, этностордун жаратылыш чөйрөсүн пайдалануусунун жана алардын бул чөйрөгө тийгизген таасирин иликтөөлөр кирет. Этностук топтордун тиричилигин камсыз кылуу өзгөчөлүктөрүн изилдөөдө анын «дене бой» жана «психикалык» жактары ажыратып каралат. Биринчисине адамдардын дене боюнун жаратылыш чөйрөсүнө байыр алышы чарбалык ишкердик менен байланышкан маданий байыр алуу кирет. Экинчисине адамдардын курчап турган жаратылыш чөйрөсүнө жана бөлөк этносторго психикалык жактан байыр алуусу, жараталыш чөйрөсүнүн өзгөрүшүнүн же кошуналар менен мамилесинин татаалдашкан натыйжасында пайда болгон стресс кырдаалын жоюу же жумшартуунун салттык методдору, тиричиликти камсыз кылуу жана тиричилик аракеттеринин салттуу формаларынын бузулушу ж.б.у.с. кирет.

**Этноэкономика** - дүйнө элдеринин жаратылыш чөйрөсүнүн, материалдык жана жарым-жартылай рухий маданиятынын, социалдык уюмунун жана башка бөтөнчөлүктөрү менен байланышкан салттуу чарбалык ишмердигинин өзгөчүлүктөрүн изилдөөчү илим. Этнологиялык адабиятта бул термин көбүнчө өткөн доордун өндүрүш процессинин өзгөчөлүктөрүнө жана айыл жамаатынын экономикасына байланыштуу колдонулат. Акыркы он жылдыктарда этноэкономика өнүгүп келаткан өлкөлөрдүн салттык экономикасын, социалдык уюмунун алардын экономикасынын өнүгүшүнө таасир берип жаткан факторлорду табуу максатында изилдеп жатат. Көпчүлүк өлкөлөрдө этностук топтор эмгектин кесиптик бөлүнүшүндө маанилүү роль ойноп жаткандыктан экономикасынын этномаданий өзгөчөлүктөрүн изилдөө бүгүнкү дүйнөлүк экономика үчүн өтө актуалдуу болуп саналат. Көптөгөн мисалдар көрсөтүп тургандай, тигил же бул өлкөнүн өнөр жайлык өндүрүшүн уюштурууда жергиликтүү калктын этномаданий өзгөчөлүктөрүн жана салттуу эмгек жактарын эске алуу ишканалар менен фирмалардын ишине оң таасирин берет.

**Этноэтика** — этиканын бир этноско же түрдүү этносторго кирген кишилердин ортосундагы жеке мамилелердин салттуу эрежелерин изилдөөчү багыттарынын бири. Этноэтиканын предметин турмуштун бардык чөйрөлөрүндөгү, үй-бүлөдөгү, коомдук жайлардагы, майрам, салтанаттар мезгилиндеги жана башка түрдүү турмуштук кырдаалдардагы адамдардын салттык-ритуалдык нормаларынын жана жүрүм-турум эрежелеринин майда-чүйдөсүнө чейин камтыган система болуп саналган этноэтикет түзөт.

**Этос** (греч. ethos - салт, мүнөз) - үстөмдүк кылган дөөлөттөрдүн жана жүрүм-турум нормаларынын туруктуу системасынан көрүнгөн этностук жалпылыктын маданиятынын жалпыланган мүнөздөмөсү. А.Кребердин пикирине

ылайык этос маданияттын ага сиңген жыт сыяктуу жалпы сапаты болуп саналат. Этос баарынан мурда этностун маданиятында үстөмдүк кылат, маданият ээлеринин жүрүм- туруму көзөмөлдөөгө тийиш болгон идеалдар менен дөөлөттөрдүн туруктуу системасы болуп саналат.

**Эштек** - элдик генеалогиянын маалыматтарында солто уруусунун түпкү ата-бабаларынын бири катары баяндалат. Геноним. «Эштек» - моңолдор уруусунун курамындагы уруктун аталышы катары да маалым. Санжыранын маалыматтарында Тагай бийден - Богорстон, Богорстондон - Эштек, Эштектен - Солто уруусу тарайт. Параллелдери башкыр, казак, каракалпактарда этностук аталыштар катары белгилүү. Учурда чыгыш башкырлардын жалпы аталышы «истяк» деген ат менен маалым. Айрым изилдөөчүлөр «истяк» этнониминин келип чыгышын Обь дарыясына туташ отуруктcorrectашышкан «остяктар» менен байланыштырышат. 17-18-кк. ногойлор жана казактар башкырлардын дээрлигин, барабиндик татарларды «истяк» деген ат менен аташкан. Изилдөөчүлөр 13-14-кк. бери белгилүү истяк = истек = эштек этноними адегенде Сырдарыяга жамаатташ аймактарда пайда болуп, кийинчерээк башкыр, кыргыз, каракалпак, барабин, тоболдук татарлардын курамдарына этнокомпонент катары киришкенин белгилешет. Эштек - «Манас» эпосунда этноним катары Көкөтөйдүн ашында бир канча ирет эскерилип кетет. »Эштектерден Жамгырчы» деген уруу (эл) катары айтылат, кай бир учурда «Эштектин уулу Жамгырчы» деген маалыматтар бар. Эштектер көбүнчө катаган, казак, кыпчак менен катарлаш аталат. Геноним (этноним) боюнча Р.Г.Кузеевдин пикирин эске алсак, башкырлардын Сырдарыядагы доору болжолдогондо 9-10- кк. кучагына камтыйт. Демек, башкырлардын курамындагы «кыргыз» этнокомпоненттерин өтө тыгыз маданий-этностук алакалардын далили катары алсак, анда Эштек генոними (этноними) кыргыздарда бери болгондо 9-10-кк. кеч эмес белгилүү болгондугу калетсиз. Параллелдери каракалпак, казактарда «естек» формасында кездешери белгилүү.

**Ээр** — унаа жабдыгы, ат жабдыктарынын бири. Үзөңгү, куюшкан, айрым учурда көмөлдүрүк тагылып, унаага басмайыл менен бекитилет. Ээр унааны жоор болуп кетүүдөн сактайт, унааны мин- ген киши үчүн олтургуч милдетин аткарат. Ээрдин негизги бөлүктөрү: кашы, каптал жыгачтары, чарасы жер карсаңы (олтурчу жери). Ээрдин каптал жыгачтарынын алдыңкы жана арткы жактарына тогочолор бекитилип, аларга көмөлдүрүк жана куюшкан байланат. Ээрдин каптал жыгачтарынын төмөнкү бөлүгүнүн орто ченинен үзөңгү боо өткөрүлө турган тешикче жасалат. Кыргыздарда ээр унаанын түрүнө карай ат ээр, эшек ээр, өгүз ээр же жүк ташууга ыңгайлаштырылган - ыңырчак деп бөлүнөт. Ат ээрдин дан баш, куш баш, ак каңкы, кучкач, аскер, темир ж.б. түрлөрү белгилүү. Балдар үчүн жасалган ээр «айырмач» деп аталат. Туваларда (тожулук тувалар, тайга тузалары) бугуга коюлган балдар ээри «ээримеш» деп аталары маалым. Бул кыргыздардын байыркы доорлордо бугучулук менен тааныштыгы болгондугун чагылдырат.

**Ээрчи** — ээр, айырмач, ыңырчак, кырмачылар аяк, табак, чара, чөмүч, тепши, челек, чыны, кап, кашык, соку, сокбилек, ийик, тактачы-сандык, жагдан, такта, бешик, үкөк, чийне, чана, комузчу комуз, кыяк, чоор, добулбас ж. б. жасашкан. Бул буюмдарды жасоого арча, кайың, терек, жаңгак, тал, өрүк, табылга ж.б. жыгачтар пайдаланылган. Жыгач устанын негизги куралдары балта, араа, керки, бай теше, чот, бычак, ийди, аталгы, үшкү, көзөөч, тез; тарткы ж.б. болгон. Жыгач уста өз үйүндөгү дүкөнүндө иштеп, бир-экиден шакирт күткөн. Ар бир жыгач устанын колунан чыккан буюмдар чеберчилигине жараша жасалышы, кооздолушу, сапаты жагынан өзгөчөлөнгөн. Минусинск, Кызыл, Абакан, Краснояр (Кызылжар) шаарларындагы тарых музейлеринде сакталган байыркы жана орто кылымдардагы кыргыздарга таандык эмгек, устачылык ж.б. куралдарынан

кыргыз коомунда кол өнөрчүлүктүн өтө жогорку деңгээлде өнүккөндүгүн көрүүгө болот.

## Я

**Якут кыргыздары.** Кыргыздар бүгүнкү саха-якуттардын түпкү ата-бабалары менен (курыкандар) орто кылымдардын эрте мезгилдеринен байланышта болуп келишкен. Якуттардын орто кылымдардагы кыргыздардын кошунасы болгон курыкандар менен этностук байланышы, уйгурлар менен алакалары шамандардын «кара далы тогуз уйгур» же «тогуз кара далы уйгур кыздары» деген дубаларында да чагылдырылат. Саха-якуттардын болмуштуу ата-бабалары болгон Омогой жана Эллей кыргыз уруусунан чыккан качкындар катары баяндалат. Ал эми курыкан урууларынын Байкал тараптан Ленанын төмөнкү агымдарына карай журт которуусу илимде алгылыктуу иликтенген. Мусулман булактарында якуттардын ата-бабаларын Байкалга көчүп келе баштаган монгол тилдүү уруулар сүрүп чыгаргандыгы баяндалат. Изилдөөчүлөр кыргыздар якуттардын ата-бабаларынын бири болгондугун белгилешери маалым. В.Ф.Трощанский: «Якуттар үч миң чакырым түштүк тарапта жайгашкан Иркутск деген жерден» келишкендиги жөнүндө уламыштар бар. Кыргыз Сарабай Тойон татар аялы Сайсара менен өз мекенинен түндүк тарапка сапарга чыгышат. Кыргыз Сарабай Тойон жолдо көз жумат; жесири өз балдарын алып Ленага Сайсара суусу куйган (дарыя ошол аялдын атынан калган) жерге (азыркы Якутск шаары) келип жашап калышат. 1937-ж. Якутскиде С.И.Боло Д.Н.Никифоровдун оозунан «кыргыз уруусу» («Кыргыс омук») деген санжыра жазып алган: «Омогой Бааяэ» жана Элтой Боотурлар башкарган мезгилде түштүктөгү өлкөдөн «кыргыс» уруусу жылкы жана ири мүйүздүү малдар менен көчүп келишет. «Кыргыс» уруусунун бул өлкөдө саны анчалык көп эмес эле. Эгер кимдир бирөө көз жумса, жылкынын ич майы менен сөөктү майлашып, атайын оюп жасалган жыгач табытка салышчу. Токой ичинде жыйналышып, түлөө учурунда атайын даярдалган тамакты жешчү. Андан соң маркумду тирүү мезгилиндеги өз байлыгы менен ошол жерде өрттөп салышчу. Алар бул салтты «сөөк коюлду» деп аташат. «Кыргыс уруу» жөнүндөгү санжыраларды Көбөй жана Якутиянын башка аймактарынан да учуратууга болот: «Кыргыстаах уругу Вилюйдан ооп келишти. Алар өздөрүн кыргыс-якуттарбыз, Кыргыдай уругунанбыз деп билдиришти». Санжыра Кобяйда жашаган «кыргыс» уругу жөнүндө маалыматы менен баалуу. Экинчиден, санжырада «Кыргыс» жана «Кыргыдай» этнонимдерин салыштыруу аркылуу да кызыгууну жаратат. Н.А.Аристов өз учурунда «кыргыдай» терминин «кыргыз» этнониминин якут-бурятча аталышы катары караган.

***Ад.:*** *Молдобаев И.Б.«Манас» историко-культурный памятник киргизов. - Бишкек, 1995; Чоротегин Т. К., Этнические ситуации в тюркских регионах Центральной Азии до монгольского времени. -Бишкек, 1995.*

## КЫСКАРТЫЛГАН СӨЗДӨР

алт. - алтайлыктардын тилинде
ар. - араб тилинде
башк. - башкыр тилинде
гр. - грекче
ДТС - Древнетюркский словарңь
исп. - испанча
ир. - иран тилинде
калм. - калмакча
КТТС - Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү
кыт. - кытай тилинде
лат. - латынча
МИКК - Материалы по истории киргизов и Киргизии.-Вып.I.
монг. - монгол тилинде
ор. - орусча
өтм. - өтмө маанисинде
санск. - санскритче
СГНК - Словарь географических названий Киргизсой ССР
тарых. - тарыхый
этн. - энографиялык

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР

*Айдаркулов К. А.* Этнические связи киргизов с народами Центральной Азии (по материалам эпоса «Семетей»)//Улан-Уде, 1983. -С. 84-90.

*Абдыкалыков А.* Енисейские киргизы в XVII веке (исторический очерк), -Фрунзе, 1983.

*Абдыкалыков А.* О термине «буруты»//СЭ, 1963, №1. -С.123-129

*Абдракунов Т.* О топонимах «Бээжин» и «Кангай» в эпосе «Манас»//Тюркология-88, -Фрунзе, 1988,- С. 688-689.

*Абдракунов Т.* Бабалардан калган сөз. - Фрунзе, 1990. - 134 б.

*Абдыразков А.* Орхон-енисей жазуулары: окуу куралы. -Бишкек, 1995. -104 б.-

*Абрамзон С.М.* «Тул» как пережиток анимизма у киргизов//Белек С.Е.Малову. -Фрунзе, 1946.

*Абрамзон С.М.* Из этнической истории киргизов//Тюркологический сборник к 60-летию А.Н.Кононова. -М.: 1966.

*Абрамзон С.М.* Фольклорные мотивы в киргизских преданиях генеалогического цикла//Фольклор и этнография. Связи фольклора с древними представлениями и обрядами. Л.: 1977. - С.151-165.

*Абрамзон С. М.* О пережитках ранних браков у киргизов//История, археология и этнография Средней Азии. М.: 1968. - 340 с.

*Абрамзон С. М.* Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. -Фрунзе, 1990.

*Абрамзон С.М.* К семантике киргизских этнонимов//СЭ, №3. 1946. -С.123-132.

*Абрамзон С.М.* Народные предания как источник этнической истории киргизов Центрального Тянь-Шаня//Этническая история народов Азии. -М.: 1972.-С. 67-83.

*Абрамзон С. М.* Бопросы этногенеза киргизов по данным этнографии//ТКАЭЭ. Т.III. -С. 31-43.

*Абрамзон С.М.* Об обычае усыновления у киргизов//Труды ИЯЛИИ, Вып. II. Кирг. ФАН. СССР, Фрунзе, 1948. -С.149-153.

*Абышкаев А.* Каратегинские киргизы в конце XIX - начале XX веков. -Фрунзе, 1965. -72 с.

*Абул Гази* Родословное древо тюрков (пер. и предисл. Саблукова Г.С.) -Казань, 1906. -206 с.

*Авляев Г.О. О* монголо-тюркских этнических связях и взаимодействиях в XIII-XIV вв. и некоторых аспектах проблемы этногенеза ойратов и калмыков//Фольклор, литература и история Востока. -Ташкент.: Фан. 1984, -С. 378-381.

*Агеева Р.А.* Страны и народы: происхождения названий. М.: 1980.

*Айтбаев М. Т.* Пища киргизов в XIX и начале XX вв//Известия АН Кирг. ССР. Серия общественных наук, T.V. -Вып. I. 1963.

*Агаджанов С.Г.* Очерки истории огузов и туркмен Средней Азии IX- XIII вв. Ашхабад, 1969.

*Айтмуратов Д.* Тюркские этнонимы. Нукус, 1986. -231 с.

*Алексеев В. П.* Этногенетические данные, лингвистические данные, антропологический материал//Этническая история и фольклор. М.: 1977. -259 с.

*Алоева Н.Г.* Коллекция хакасских предметов-культурные процессы в Юго-Восточной Сибири в средние века, -Новосибирск, 1989. - 183 с.

www.bizdin.kg

*Бартолъд В.В* Соч. Т.И. - М.: 1963.
*Бартольд В.В.* Соч. T.V. -М.: 1968.
*Бартольд В.В.* Кыргыз Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер, -Бишкек, 1997. - 456 б.
*Басилов Н. А.* Два варианта среднеазиатского шаманства.Проблемы этногенеза и этнической истории народов Средней Азии и Казахстана. -М.: 1991. -183 с.
*Баскаков НА.* К вопросу о происхождении этнонима «кыргыз»// СЭ, 1964. -№ 2. -С. 92-93.
*Баскаков НА.* Северные диалекты алтайского (ойратского) языка. Диалекты черновых татар. Грамматический очерк и словарь. -М.: 1966. - 172 с.
*Баскаков НА.* Ногайский язык и его диалекты. М, -Л.: 1940.- 272 с.
*Баскаков НА., Тощакова Т.М.* Ойрато-русский словарь. М.: 1947. -312 с.
*Баскаков Н. А.* Родо-племенные названия кипчаков в топонимике Южной Молдавии//Топонимика Востока: новые исследования. - М.: 1964. -С.46-51.
*Баскаков НА.* Микроэнтонимы узов (огузов) - черных клобуков в русских летописях. М.: 1983. -15 с.
*Баскаков НА.* Энтонимы алтайдев, киргизов, тувинцев и хакасов как источник этногенетических связей этих народов между собой//Ономастика Киргизии. Вып. I, -Фрунзе, 1985. -С. 19-25.
*Баскаков НА.* Имена половцев и названия половецких племен в русских летописях//Тюркская ономастика, Алма-Ата, 1984. -С. 48-77.
*Баскаков НА.* Модели тюркских этнонимов и их типологическая классификация//Ономастика Востока. -М.: 1980. -С. 199- 208.
*Баскаков НА.* Этнолингвистическая классификация диалектических систем современных тюркских языков. М.: 1964.
*Баскаков НА.* К истории изучения хакаского языка//Уч. зап. Хак. НИИЯЛИ. -Вып. IV. 1951. -С. 85-104.
*Басилов Б.Н.* Два варианта среднеазиатского шаманства//Проблемы этногенеза и этнической истории народов Средней Азии и Казахстана. М.: 1991. -С. 55-62.
*Батманов ИА.* Источники формирования тюркских языков Южной Сибири и Средней Азии. -Фрунзе, 1966. -С. 5-22.
*Батманов И.А.,Арагачи З. Б.,Бабушкин Г. Ф.* Современная и древняя енисейка. Изд. АН.Кирг. ССР. -Фрунзе, 1962. - 248 с.
*Батманов ИА.* Язык енисейских памятников древнетюркской письменности. -Фрунзе 1959, -216 с.
*Баялиева Т.Д.* Доисламские верования и их пережитки у киргизов. -Фрунзе, 1972. -168 с.
*Баялиева ТД.* Религиозные пережитки у киргизов и их преодоление, - Фрунзе, 1981. -100 с.
*Бейшеналиев Т. О.* Киргчзы и Джунгарское ханство (XVII - XVIII вв), автореф. канд. дисс..., -Л.: 1968. -21 с.
*Бекмухамедова Н. Х.* От богини - матери Умай до эпической женщины - матери Каныкей//Эхо науки. Известия НАН КР. - №2. -Бишкек, 1995.-С.48-51.
*Бертагаев ТА.* Об этимологии слов Баргуджин, баргут и тукум// Философия и история монгольских народов. -М.: 1968. - С. 345-348.
*Бертагаев Т.А.* Об этнонимах «кермучин» и «курамчин»//Этнонимы. -М.: 1970. -С.127-130.
*Бертагаев Т.А.* Об этнонимах «бурят» и «курыкан»//Этнонимы. - М.: 1970. -С. 130-132.
*Бернштам А. Н.* К вопросу о происхождении киргизского народа// СЭ, 1955. -№2. -С.16-26.

www.bizdin.kg

*Бернштам А. Н.* О появлении киргизов на Тянь-Шане в IX-X вв// Советское востоковедение. 1956, №4. -С. 24-29.
*БернштамА. Н.* Социально-экономический строй орхоно- енисейских тюрок VI-VIII вв. М.- Л.: 1946.
*Бернштам А. Н.* Очерки истории гуннов. -Л.: 1951.
*Бернштам А.Н.* Историческая правда в легенде об Огуз-кагане// СЭ. 1956. -№ 6. -С. 181-184.
*Бернштам А. Н.* Избранные труды по археологии и истории кыр- гызов и Кыргызстана, -Бишкек, 1997. Т.1. -560 с.
*Бернштам А. Н.* Избранные труды по археологии и истории кыр- гызов и Кыргызстана. - Бишкек, 1997. Т.II. - 704 с.
*Бичурин Н.Я. (Иакинф).* Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена. -Т.I-III. -М, -Л.: 1950- 1953.
*Благодатов Г.И.* Музыкальные инструменты народов Сибири // Сборник музея института Антропологии и Этнографии. -М.- Л.: 1958,-Вып. 8. -С.152-202.,
*Богданова В. И.* Некоторые вопросы формирования антропологичес- кого состава современных тувинцев//СЭ. 1978, -№6, -с.46-61.
*Боргояков М. И.* Об одном древнейшем мифологическом сюжете его эволюции и отражении в фольклоре народов Евразии//Вопросы древнейшей истории Южной Сибири. -Абакан, 1984. - 172 с.
*Боргояков М. И.* Гунно-тюркский сюжет о прародителе-олене (быке)/ /СТ. -№ 3. 1976. -С. 55-59.,
*Боргояков М.И.* Хакасские этнонимы тюркского и не тюркского происхождения//Происхождение аборигенов Сибири. -Томск, 1969. -С. 8-11.
*Берков Т. Н.* Алтайский эпос и «Манас»//Киргизский героический эпос, -М.: 1961. -380 с.
*Боронов* А А Антропонимы в киргизском героическом эпосе «Манас» //Автореферат канд. диссертации. - Алма-Ата, 1988. - 20 с.
*Босворт К.Э.* Мусульманские династии: Справочник по хронологии и генеалогии. -М.: 1971.
*Бромлей Ю. В.* К типологизации этнических процессов//Проблемы типологии в этнографии. -М.: 1979. - С. 3-11.
*Бромлей Ю.В.* Этнос и этнография. -М.: 1973. -283 с.
*Бутанаев В. Я.* Этническая культура хакасов. -Абакан, 1988.-352 с.
*Бутанаев В. Я.* Хакасско-русский историко-этнографический словарь -Абакан, 1999. -234 с.
*Бутанаев В.Я.* Происхождение хакасских родов и фамилий. -Абакан, 1994. -92 с.
*Бутанаев В. Я.* Хакасы. Этнографический очерк. -М.: 1995. - 49 с.
*Бутанаев В. Я.* Хакасы. -М.: 1995. -48 с.
*Бутанаев В. Я.* Этническая история хакасов XVII-XIX вв. - М.: 1990. -272 с.
*Бутанаев В. Я.* Традиционная культура и быт хакасов. - Абакан, 1996. -106 с.
*Бутанаев В. Я.* Почитание тесей у хакасов//Традиционная культура народов Центральной Азии. - Новосибирск, 1986. - 176 с.
*Бутанаев В. Я.* Личные имена хакасов. -Абакан, 1993. -221 с.
*Бутанаев В. Я.* Национальное блюдо хакасов. -Абакан, 1994. - 32 с.
*Бутанаев В. Я.* Традиционные способы ведения скотоводства у хакасов // Вопросы этнографии Хакасии. -Абакан, 1981. -С. 69-81.
*Бутанаев В. Я.* Хакасская народная медицина//Генезис и эволюция этнических культур Сибири. -Новосибирск, 1986. - С. 127-139.
*Бутанаев В. Я.* Об этническом имени хакасов в эпоху позднего средневековья//Археология и этнография Южной Сибири. - Барнаул, 1984. -С.134-138.

*Бутанаев В. Я.* К истории семьи и семейного права у хакасов по данным этнонимики//Историческая этнография: Традиции и современность. -Л.: 1983. -С.143-155.
*Бутанаев В. Я.* Историческая судьба енисейских киргизов по данным фольклора народов Южной Сибири//ВЭИКН. - Фрунзе, 1989. - С. 66-77.
*Бутанаев В. Я.* К исторической этнонимике хакасов (термин Хоорай)//Историческая этнография. -Л.: 1985. - С. 25-29.
*Бутанаев В. Я.* Хакасские народные названия исторических памятников//Вопросы древней истории Южной Сибири. -Абакан, 1984. -С. 268.
*Бутанаев В. Я.* Топонимический словарь Хакасско-Минусинского края. -Абакан, 1995. - 268 с.
*Бутанаев В. Я.* Культ богини Умай у хакасов//Этнография народов Сибири. -Новосибирск, 1984. -С. 93-105.
*Бутанаев В.Я.* К вопросу о киргизско-хакасских этнографических связях//Этногенетические и этнокультурные процессы в древности и средневековье в Центральной Азии. -Бишкек, 1996. - С.102-126.
*Бутанаев В. Я.* Вооружение и военное дело хакасов в позднее средневековье//Военное дело племен Сибири и Центральной Азии.-Новосибирск, 1981. -С. 188-198.
*Бутанаев В. Я.* Хакасские тамги и вопрос об аальной общине// Известия СО. АН СССР. Сер. общ. наук. - № 11. Вып. 3. 1980. -С.100-104.
*Бутанаев В. Я.* Киргизско-хакасские этнографические связи (по данным скотоводческой терминологии)//Тюркология - 88. - С. 536-537.
*Бутанаев В. Я.,* Абдыкалыков А. Материалы по истории Хакасии XVII- нач. XVIII вв. -Абакан, 1995. -250 с.
*Бутанаев В. Я,, Бутанаева И. И.* Хакасские родословные. -Абакан, 1996. -164 с.
*Бутанаев В. Я., Верник А. А.* Народная медицина Хакасско - Минусинского края. -Абакан, 1995. - 79 с.
*Бутанаев В. Я.* Детские игры и спортивные состязания народов Хакасии. -Абакан, 1995. -54 с.
*Бутанаев В. Я.,* Худяков Ю. С. История енисейских киргизов. - Абакан, 2000. -272 с.
*Вайніітейн С. И.* Этноним «Тува»//Этнонимы. -М.: 1980.
*Вайнштейн С. И.* Мир кочевников центра Азии. -М.: 1991. - 294 с.
*Вайнштейн С. И.* Этнографическая экспедиция тувинского музея в Юго-Восточную Туву//СЭ. 1954. - №2. -С. 123-136.
*Вайнштейн С. И.* Основные вопросы формирования тувинского этноса//Тюркология - 88. -Фрунзе, 1988. -С. 504-509.
*Вайнштейн С. И.* Личные имена, термины родства и прозвища у тувинцев//Ономастика. - М.: 1969. -С. 125-134.
*Вайнштейн С.И.* История народного искусства Тувы. -М.: 1973. - 222 с.
*Вайнштейн С. И.* К вопросу о происхождении оленеводства//История, археология и этнография Средней Азии. -М.: 1968.
*Вайнштейн С.И.* Родовая структура патрономическая организация у тофаларов//СЭ. 1968. - № 3. -С. 60-67.
*Вайнштейн С.И.* Историческая этнография тувинцев. Проблемы кочевого хозяйства. -М.: 1972. -313 с.
*Вайнштейн С.И.* Проблемы происхождения и формирования хозяйственно-культурного типа кочевых скотоводов умеренного пояса Евразии. - М.: 1973.
*Вайнштейн. С.И.* Орнамент в народном искусстве тувинцев//СЭ. - № 2, 1967. -С.43-61.
*Вайнштейн С.И.* Тувинцы-тоджинцы (Ист. этногр. очерк). -М.: 1961. - 217 с.

*Вайнштейн С.И., Долгих Б.О.* К этнической истории хакасов//СЭ. 1963. - № 2. -С.43-46.
*Валитова АА.* Этнонимы в тюркоязычном памятнике XI в «Кутадгу билиг». -М.: 1964. -24 с.
*Васильев Б. А.* Медвежий праздник//СЭ. - №4. 1948. -С.123-143.
*Васильев Д. Д.* Графический фонд памятников тюркской рунической письменности азиатского ареала. - М.: 1983. - 158 с.
*Васильев Д, Д.* Корпус тюркских рунических памятников бассейна Енисея. -Л.: 1983. - 124 с.
*Васильев Д.Д.* Тюркская руническая надпись из окрестностей Баян- Кола //СТ. - №3. 1976. -С. 98-107.
*Васильевич Г. М.* Этнонимы в фольклоре//Фольклор и этнография. -Л.: 1970. -200 с.
*Виноградов В. С.* Киргизское народное музыкальное творчество как источник изучения проблем происхождения киргизов//ТКАЭЭ. Т.3. -С 24-34.
*Владимирцев Б. Я.* Общественный строй монголов: монгольский кочевой феодализм. - Л.: 1934.
*Волкова Н. Г.* Этнонимы и племенные названия Северного Кавказа. - М.:
*Волкова Н. Г.* Этнонимы и племенные названия Северного Кавказа. - М.: 1983. -206 с.
*Волкова Н. Г.* Вопросы алтайского языкознания. - Горно-Алтайск, 1976. - 169 с.
*Волкова Н.Г.* Восточный Туркестан в древности и раннем средневековье: этнос, языки, религия. - М.: 1992. -687 с.
*Востров В.В., Муканов М.С.* Родоплеменной состав и расселение казахов (конец XIX - начало XX вв). - Алма Ата, 1968.
Восточные авторы о кыргызах (Сост. и комент. О.К.Караева) - Бишкек, 1994. - 96 с.
*Вяткина К. В.* Культ коня у монгольских народов//СЭ. 1968, - №6. -С. 46-49.
*Вяткина К.В.* Пережитки тотемизма и его разложение в связи с облавными охотами бурят//С Э. 1933. - № 5-6. -С. 48-67.
*Галданова Г.Р.* Закаменские буряты: историко-этнографические очерки. -М.: 1991. -170 с.
*ГафуровА. Г.* Лев и Кипарис: о восточных именах. -М.:1971.-240 с.
*Гафуров А. Г.* Имя и история. -М.: 1987. -222 с.
*Гейбуллаев ГА.* Топонимия Азербайджана: историко-этнографическое исследование. -Баку, 1986. - 190 с.
*Гребнев А. В.* Тувинский героический эпос. - М.: 1960.
*Грач АД.* Хронологические и этнокультурные границы древнетюркского времени//ТС. -М.: 1960. -С. 188-193.
*Грум Гржимайло Г.Е.* Западная Монголия и Урянхайский край. Т. П. Л.: 1926.
*Гусейнзаде А. К* этимологии топонима «Кушчу»//СТ. 1971. - № 6.
*Грач А. Д., Молдобаев И. Б.* Об одном древнем инструменте народ- ной медицины// СЭ. 1983. - №3.
*Губаева С. С.* Этнонимы в топонимии Ферганской долины. Автореф. канд. дисс..., - М.: 1973. -20 с.
*Губаева С. С.* Роль и место этнонимов в образовании географических названий (на материале топонимии Ферганской долины)//Этногенез и этническая история тюркских народов и сопредельной территории. - Омск, 1983. - С. 30-42.
*Губаева С. С.* Этнический состав населения Ферганы в конце XIX - начале XX вв.- Ташкент, 1983. -102 с.
*Губаева С. С.* Население Ферганской долины в конце XIX - начале
- XX вв. - Ташкент, 1991. - 123 с.

www.bizdin.kg

*Гумилев Л. Н.* Древняя Русь и Великая степь. -М.: 1992. - 488 с.
*Гумилев Л. Н.* Древние тюрки. М.: 1993. -512 с.
Гумилев Л. Н. География этноса в исторический период. - Л.: 1990. - 266 с.
*Денисова Н. П.* Новые материалы по общине тувинцев в нач. XX в//Полевые исследования института этнографии. - М.: 1973.
- С. 46-52.
*Денисов П.В.* Религиозные верование чуваш. - Чебоксары, 1959.- 124 с.
*Джамгерчинов Б.* Из генеалогии киргизов//Белек С.Е.Малову. сб. стат. - Фрунзе, 1946. -С. 35-41.
*Джамгерчинов М. Б.* Были ли сибирские киргизы этническим компонентом киргизской народности//Труды КГУ. Серия ист. - Вып.11. - Фрунзе, 1971. -С. 3-11.
*Джанузаков Т.* Очерк казахской ономастики.- Алма-Ата, 1982. - 176 с.
*Джикиев А.* Этнокультурные связи туркмен с соседними народами/ /Вопросы советской тюркологии. -Ашхабад , 1988. -С. 179.
*Джусупакматов У.* Отношение киргизского языка к сибирским тюркским языкам. -Фрунзе, 1983.
*Доможаков В. И.* Хакасские загадки//Уч. Заиписи Хакасской НИИ. ЯЛИ. -Вып. II. - Абакан, 1951.
*Доможаков В. И.* О некоторых особенностях сагайского и хакасского диалектов//Уч. Записи Хакасской НИИ. ЯЛИ. -Вып. IV. - Абакан, 1956.
*Доможаков В.И.* Древнетюркские диалекты и их отралсение в современных языках. - Фрунзе, 1991. - 194 с. Древнетюркский словарь - Л.: 1969. - 676 с.
*Дугаров Д.С.* Что такое «Загалмай»//Тюркология - 88, -Фрунзе, 1988, -С. 147-148. *Дулов В. И.* Пережитки общественно-родового быта у тувинцев в - нач. XX вв. (до 1917г.)// СЭ. 1951. - №4. - С. 57- 77.
*Дулов В. И.* Социально-экономическая история Тувы в XIX - нач. вв. -М.: 1956. - 608 с.
*Дульзон Л.П.* Гидронимический ареал - ман в Южной Сибири// Топонимия Востока. -М.: 1962. -С. 22-25.
*Дульзон Л. П.* Этнический состав древнего населения Западной Сибири по данным топонимии. -М.: 1960.
*Дульзон Л. П.* Общие названия реки у кето-язычных народов // Ученые записи Даль ГУ. -Вып. V. 1962, -С. 3-9.
*Дулшан Л. И.* Жизнь и деятельность Сыма Цяна (2100 лет со дня рождения)//Советское востоковедение. 1954. №4.
*Дыренкова Н. П.* Род классификационная система родства и брачные нормы у алтайцев//Материалы по свадебным и семейно- родовому строю народов СССР. Вып. I. - Л.: 1926. - 265 с. Дыренкова Н. П. Пережитки материнского рода у алтайских тюрков //СЭ. - № 4. 1937. -С. 18-45.
*Дыренкова Н. П.* Родство и психические запреты у шорцев// Материал по свадебным и семейно-родовому строю народов СССР. -Вып. I. - Л.: 1926, - 265 с.
*Дыренкова Н. П.* Охотничьи легенды кумандинцев//Сб. Музея МАЭ, Т.XI. 1949. - М -Л.: - С. 110 - 132.
*Дыренкова Н. П.* Тофаларский язык//Тюркологические исследования, - М.: 1963. -С. 5 - 23. *Дыренкова Н.П.* Культ огня у алтайцев и телеут//Сб. МАЭ. Т.VI. - Л.: 1927. - С. 68 - 78.
*Дьяконова В. П.* Хакасские собрания Музея антропологии и этнографии АН СССР//Вопросы этнографии Хакасии. - Абакан, 1981. -С. 101- 125.

www.bizdin.kg

*Дьяконова В. П.* Этнокультурные проблемы в традиционным прическах теленгитов// Проблемы этногенеза и этнической истории аборигенов Сибири. - Кемерово, 1986. - 198 с.
*Дьяконова В. П.* Тувинские шаманы и их социальная роль в обществе//Проблемы истории общественного сознания аборигенов Сибири. - Кемерово, 1976.
*Дьяконова В. П.* Южные тувинцы как историко-лингвистический ареал Тувинской АССР//Народы и языки Сибири. Ареальные исследования. - М.: 1978. -С. 55-59.
*Дьяконова В. П.* Погребальный отряд тувинцев как историко-этнографический источник. - Л.: 1975. -163 с.
*Дюпрон А.* Язык и история. - М.: 1970. - 70 с.
*Жумагулов Ч.* Эпиграфика Киргизии. -Вып. 3. - Фрунзе, 1987. - 167 с.
*Жданко Т.А.* Очерки исторической этнографии каракалпаков. - М.- Л.: 1950, -168 с.
*Евтюхова Л.А.* Открытия Саяно-Алтайской археологической экспедиции в 1939 г//Вестник древней истории. -М.: 1939. -С. 34 - 45.
*Евтюхова Л. А.* Археологические памятники енисейских киргизов//Хак. НИПЯЛ и И. -Абакан, 1948. -78 с.
*Егоров Н. И.* По следам златорогого оленя//Межэтническме общности и взаимосвязи фольклора народов Поволжья и Урала.
- Казань, 1985. - С. 128-133.
*Еремеев Д. Е.* К семантике тюркских этнонимов//Этнонимы -М.: 1990. -С.133-143.
*Еремеев Д.Е.* Этногенез турок (происхождение и основные этапы этнической истории). - М.: 1971.
*Есбергенов Х., Хошнизов Т.* Этнографические мотивы в каракалпакском фольклоре. - Ташкент, 1988. -155 с.
*Жамбалова С. Г.* Традиционная охота бурят. - Новосибирск, 1991.
- 175 с.
*Жапаров Ш.* Кыргыз ономастикасы. I - чыгарылышы. - Фрунзе, 1990. - 180 б.
*Жирмунский В. М.* Введение в изучение эпоса «Манас»//Киргизский героический эпос «Манас». - М.: 1961. - 380 с.
*Жолдошев Р..* Автореф. Кыргыз элинин этникалык тарыхын изилдөөдө генеалогиялык изилдөөлөрдүн мааниси канд. дисс...,- Бишкек, 2000. - 16 б.
*Жумабаев Б.М.* Южный Киргизстан глазами российских путешественников (вторая половина XIX - начало XX вв.). - Бишкек, 1999. -132 с.
*Жумагулов Ч.* Эпиграфика Киргизии. -Вып. I. - Фрунзе, 1963. - 76 с.
*Захарова И.В.* Двенадцатилетний животный цикл у народов Центральной Азии //Новые материалы по древней и средневековой истории Казахстана. Труды ИИАЭ АН Каз. ССР. -Алма- Ата, 1960. -С. 32-65.
*Золотарев А.* Пережитки тотемизма у народов Сибири. -Л.: 1934. -52 с.
*Зотов О. В.* Китай и Восточный Туркестан в XV-XVПI вв. - М.: 1991. -168 с.
*Зуев Ю. А.* К этнической истории усуней//Новые материалы по древней и средневековой истории Казахстана. Труды ИИАЭ АН Каз.ССР.- Алма-Ата, 1960. - С. 5- 23.
*Зуев Ю.* А. Тамги лошадей у вассальных княжеств // Новые материалы по древней и средневековой истории Казахстана. Труды ИИАЭ АН Каз.ССР. -Алма-Ата, 1960, -С . 94-40.
*Зуев Ю. А.* Киргизы - буруты (к вопросу о тотемизме и принципах этнонимообразования)//СЭ. - №4, 1970. -С. 74 - 86.
*Ибрагимов К.* Древнетюркские названия животных в лексике современных тюркских языков. Автореф. канд. дис..., - М.: 1975. - 27 с.
*Иванов С. В.* Материалы по изобразительному искусству народов Сибири в начале XIX-XX вв. - М.: 1994. - 835 с.

*Иванов С. В.* Народный орнамент как исторический источник// СЭ. 1958. №2. - С. 34-45.
*Илимбетов Ф.Ф.* Культ волка у башкир//.Археология и этнография Башкирии. -Уфа, 1971. -С. 224-228.
*Ильясов С.* Пережитки шаманства у киргизов//Труды ИИЯ и Л Кирг. Филиал АН СССР. -Вып.1. 1944. - С. 181-184.
*Иорданский В. Б.* Звери, люди, боги. Очерки африканской мифологии. - М.: 1991. - 317 с.
Историко - географический атлас Сибири. - М.: 1961.
История Тувы. - М.: 1964. Т. I. - 410 с.
*Итс Р. Ф.* Введение в этнографию. - Л.: 1991. - 168 с.
*Казакеевич ВА.* Современная монгольская топонимика. -М-Л.: 1934.
*Кайдаров А. Т.* К историко-лингвистической характеристике этнонима «канглы /канлы»//Тюркская ономастика. -Алма-Ата, 1984. - С. 34-48.
*Кайыпов С.Т.* Проблемы поэтики эпоса «Эр Тештюк». - 4.1.- Фрун- зе, 1991. - 315 с.
Казактын коone тарихи. - Алматы, 1993. - 400 с.
*Караев О. К.* Эпоха сложения эпоса «Манас»//Тюркология - 88. - С. 603 - 605.
*Караев О.К.* Чагатайский улус. Государство Хайду. Моголистан. - Бишкек, 1985. - 160 с.
*Караев О.К.* Этногенетические и этнокультурные процессы древнос- ти и средневековья в Центральной Азии. -Бишкек, 1996. - С. 22-46.
*Караев О. К.* К вопросу о терминах «киргиз» и «хакас»//Народы Азии и Африки. - №4. - М.: 1970.
*Караев О.К.* Исследователи о взаимоотношении енисейских и тянь - шанских киргизов//ВЭИКН, - Фрунзе, 1983. - 8-29 с.
*Караев О. К.* Топонимы, антропонимы и этнонимы кишлака Тампум//Ономастика Средней Азии. - М.: 1978. - С. 298.
*Караев О. К.* Народы Центральной Азии и государство Караханидов//Историческо-культурные связи народов Центральной Азии. - Улан-Уде, 1983. - С. 91 - 100.
*Караев О. К., Кожобеков М.Ч.* О переселении енисейских киргизов на Тянь -Шань //ВЭИКН. 1989. -С. 41-66э
*Каралькин Н. И.* Кумандинцы// Краткие сообщения института этнографии. -М.: 1976.
*Каратаев О.К.* Кыргыздардын этномаданий байланыштарынын тарыхынан. -Б.: 2003.
*Каратаев О.К.* Кыргыз этнонимдер сөздүгү. -Б. КТМУ. 2003.
*Каралъкин Н. И.* Кумандинцы//Краткие сообщения института этнографии. Вып. 8. - М.: 1953. -С. 29-38.
*Кармышiева Б. Х.* К вопросу о происхождении локайцев//Советская этнография. 1952. - №4. -С. 11-19.
*Кармышева Б. Х.* Очерки этнической истории южных районов Таджикистана и Узбекистана. - М.: 1976. - 356 с.
*Кармышева Б. Х.* Узбеки-локайцы Южного Таджикистана. -Сталинабад, 1954. - 168 с.
*Карпов Г. И.* Родовые тамги у туркмен//Известия туркменского филиала АН СССР.- № 3 - 4. -Ашхабад, 1945.
*Каруновский Л. Э.* Из алтайских верований и обрядов, связанных с ребенком // Сб. МАЭ. Т.4. - Л.: 1927. -С.19-36.
*Катанов Н. Ф.* Хакасский фольклор. - Абакан, 1963. - 162 с.
*Кебекова Б.* Связь киргизского фольклора с фольклором других тюркоязычных народов//Тюркология - 88. -Фрунзе, 1988. - С. 437-438.

www.bizdin.kg

*Кошгарий Махмуд.* Девону лугат ит тюрк. T.I - III. - Ташкент 1960 - 1963. - 460 с.
*Кошгарий Махмуд.* Девону лугат ит тюрк. Индекс-словарь. - Ташкент, 1967.
*Керейтов Р. Х.* К истории некоторых ногайских фамилий. Черкасск 1984. - 46 с.
*Керейтов Р. Х.* Некоторые обряды народного календаря ногайцев и их параллели у тюркоязычных народов//Тюркология - 88. - Фрунзе, 1988. -С. 564-565.
*Киселев С. В.* Древнехакасский «эль» //НИИ ЯЛИ. -Вып.1. 1948.
*Киселев С. В.* Древняя история Сибири. - М.: 1951. - 638 с.
*Киселев С. В.* Краткий очерк древней истории хакасов. - Абакан 1951. - 90 с.
*Киселев С. В.* Этнический состав шорцев//Проблемы этногенеза и этнической истории аборигенов Сибири. - Кемерово, 1986. - 158 с.
*Кляшторный С. Г.* Древнетюркские рунические памятники как источник по истории Средней Азии. - М.: 1964. - 220 с.
*Кляшторный С.Г.,*Савинов Д.Г.Древнетюркские этнополитические объединения народов Средней Азии и Казахстана//Проблемы этногенеза и этнической истории народов Средней Азии и Казахстана. - М.: 1988.- С. 66-70.
*Кляшторный С. Г.* Степные империи Евразии. СПб., 1994. - 165 с.
*Кляшторный С. Г.* Историко-культурное значение Суджинской надписи //Проблемы востоковедения. - М.: 1959. № 5. - С. 162-169.
*Кожобеков М.Ч.* Орто кылымдардагы кыргыздардын этносаясий тарыхынын негизги өнүгүү баскычтары (V - X кк.) Автореф. канд. дисс...,- Б.: 1997. - 22 с.
*Кожобеков М. Ч.* Этногенетические и этнокультурные процессы в древности и средневековье в Центральной Азии. -Бишкек, 1996. - С. 58- 84.
*Козлов В. И.* Этнос и территория//СЭ. № 6. 1971. -С. 89 -100.
*Козлов В. И.* О понятии «этнической сущности»//СЭ. 1997. -С. 100 - 111.
*Койчубаев Е.* Термины «гол» и «кол» в тюрко-монгольской гидрографии //Вестник АН Каз. ССР. № 9. Алма Ата, 1978.
*Конкобаев К.К.* Топонимия Южной Киргизии.-Фрунзе,1980. -172 с.
*Конкобаев К.К.* Древнетюркская топонимия Южной Киргизии// Ономастика Средней Азии. Вып. II. -Фрунзе, 1980. - С. 170
- 185.,
*Коновалов А.* Эволюция свадебной обрядности Южного Алтая// Этногенез и этническая история тюркских народов Сибири и сопредельных территорий. - Омск, 1983. - С. 130 - 136. *Кононов А. Н.* Еще раз об этнониме «киргиз» // Тюркские исследования, -Фрунзе, 1970. - С. 16 - 20.
*Кононов А. Н.* К этимологии «огул», «сын»//Филология и история монголских народов. - М.: 1958. - 345 с.
*Кононов А. Н.* Опыт анализа термина «турк»//СЭ. 1949. - №1. - С. 40-41.
*Кононов А.Н.* Показатели собирательности множественности в тюркских языках: Сравнительно- исторический этюд. - М.: 1969. 154 с.
*Кононов А.Н.* Родословная туркмен. Сочинение Абул Гази хана Хивинского: Исследование, тексты, переводы. -М.-Л.: 1958. 193 с.
*Котвич В.* Исследование по алтайским языкам. - М.: Изд – ва иностр. лит. 1962. -367 с.
*Короглы Х.* Мифы, легенды и предания народов Сибири (к проблемам взаимосвязи) //Фольклорное наследие народов Сибири и Дальнего Востока, М.: 1986. -С. 83-101. *Короглы Х.* Огузский эпос//Типология народного эпоса.- М.: 1975. 326 с.
*Косвен М. О.* Матриархат. -М.: 1948. - 328 с.
*Котвич В.* Исследование по алтайским языкам. М.: 1962. - 367 с.
*Крживицкий Л.* Хозяйственный и общественный строй первобытных народов. М.: 1925. -234 с.

www.bizdin.kg

*Кривелев И. А.* Вопросу о типологии религиозных верований// Проблемы типологии в этнографии. - М.: 1979. -С. 203-223.

*Ксенофонтов Г. В.* Очерки по древней истории якутов. T.I - II. -Якутск, 1992. - 414 с.

*Курбатский Г. Н.* Тувинские праздники: историко-этнографический очерк. -Кызыл, 1979. - 77 с.

*Кудайбергенов С.* Киргизский язык и южносибирские языки// Известия АН Кирг. ССР. 1979, № 1. -С. 89-91.

*Кузеев Р. Г.* Происхождение башкирского народа. - М.: 1974. - 570 с.

*Кузеев Р.Г.* Опыт исторической стратификации родо - племенной этнонимии башкир//Ономастика Поволжья. - Уфа, 1973. - С. 78-94.

*Кумеков Б.Е.* Государство кимачов IX-XI вв по арабским источникам, - Алма Ата, 1972. - 156 с.

*Курылев В. П.* Новые данные по генеалогии племени найман у восточных казахов//Новое в этнографии и антропологии. - М.: 1975. - С. 16 - 26.

*Кушнер Т. И.* Этнические территории и этнические границы. - М.: 1951. - 277 с.

*Кызласов Л. Р.* Еще раз о терминах «хакас» и «киргиз»//СЭ. № 4. М.: 1991.

*Кызласов Л. Р.* Взаимоотношение терминов «хакас» и «киргиз» в письменных источниках X-XII вв.//Хак. ННИЯЛИ. Вып. 13. 1969. - с. 45-48.

*Кызласов Л. Р* Очерки по истории Сибири и Центральной Азии. Красноярск, 1992. - 222 с.

*Кызласов Л. Р.* О численности древних хакасов X - XI и в XIII вв. // Ученые записи Хак. НИИЯЛИ. -Вып. I. 1996. - С. 152- 160.

*Кызласов Л. Р.* Низами о другом хакасском государстве// Ученые записи Хак. НИИЯЛИ. Вып.ХИI. 1969.

*Кызласов Л. Р.* О датировке памятников енисейской письменности// Советская археология. - №3, М.: 1965. - 265 с .

*Кызласов Л. Р.* Рунические письменности евразийских степей. - М.: 1994. - 327 с.

*Кызласов Л. Р., Леонтьев В.Н.* Народные рисунки хакасов. - М.: 1997.

Кыргыз адабий тилинин грамматикасы. - Фрунзе, 1980.

Кыргыздар: санжыра, тарых, мурас, салт (Т. К.Жусупов). T.I. - Бишкек, 1991, - 621 б.

Кыргыздар: Кытайдагы кыргыздардын санжырасы, тарыхы, мурасы жана салты. - IV тому. Бишкек, 1997. - 651 б.

Кыргыз Савет энциклопедиясы. Т. I-VI Фрунзе, 1976-1980 гг.

*Кычанов Е. И.* Сведения в «Юань-Ши» о переселениях киргизов в XIII веке//Известия АН Кирг. ССР. Серия общ. наук., Т. V. Вып.1. 1963. - С. 59.

*Кюнер Н.В.* Китайские известия о народах Южной Сибири, Центральной Азии и Дальнего Востока. М.: 1961.

*Кюнер Н. В.* Новые китайские материалы по этнографии киргизов (хакасов) VII-VIII вв. н.э. Вып.II. Абакан, 1951. - С. 3-16.

*Кюнер Н. В.* Китайские историки-летописцы о хакасах//Ученые записи Хак. НИИЯЛИ. Вып. XII, 1969.

*Лащук Л. П.* Опыт типологии этнических общностей тюрок и монголов //СЭ. - № 1. 1968. -С. 95-106.

*Лебедев Е. П.* К вопросу о родовом составе монголов // Филология и история монгольских народов. -М.: 1959.

*Лезина И. Н.,* Суперанская А.В. 06 этнонимах Крыма//Тюркская ономастика. - Алма-Ата, 1984. -С. 77-89.

*Лезина И. Н.* Тюркские топонимы Крыма//Ономастика Киргизии. -Вып.1. - Фрунзе, 1985. - С. 84-96.

*Ливиiиц В. А.* О происхождении древнетюркской рунической письменности //СТ.- № 4. 1978. - С. 84-98.

www.bizdin.kg

*Логашева З. Р.* Родо-племенная структура туркмен как источник по изучению их этнической истории//Историческая динамика расовой и этнической дифференциации населения Азии. - М.: 1987 - С. 156-166.

*Малов С. Е.* Лобнорский язык: тексты, переводы, словарь. -Фрун- зе, 1956.

*Малов С. Е* Язык желтых уйгуров. - Алма-Ата, 1957. -196 с.

*Малов С.* Енисейская письменность тюрков. Тексты и переводы. - М.: 1952. - 115 с.

*Малов С. Е.* Шаманский камень «яде» у тюрков Западного Китая/ / СЭ. 1947. - № 1. - С. 151-160.

*Малов С. Е.* Памятники древнетюркской письменности Монголии и Киргизии. - М.: 1959. - 106 с.

*Малтаев К. Ж.* Сулайман-Тоо - древнейший поднебесный храм в Центральной Азии. - Ош, 2000. - 152 с.

*Малявкин А.Г.* Историческая география Центральной Азии. - М.: 1981. -336 с.

*Малявкин А. Г.* Борьба Тибета с Танским государством за Кашгарию. - Новосибирск, 1992.

«Манас». Энциклопедия. I - II томдору. - Бишкек, 1995.

*Матвеев А. К.* К вопросу о расселении уйгуров после гибели уйгурского каганата//Известия СО АН СССР. Серия общ. наук.- №1. -Вып.1. -Новосибирск, 1972.

*Матвеев А. К.* Методы топонимических исследований. - Свердловск, 1986. - 100 с.

Материалы по истории киргизов и Киргизии. -Вып.1. - М.: 1973. - 280 с.

*Махмутов А.* Как возник древнетюркский алфавит//Исследования по тюркологии. -Алма-Ата, 1969. - С. 141-147.

*Махпиров В. У.* Имена далеких предков. Источники формирования и особенности функционирования древнетюркской ономастики. - Алматы, 1997. -300 с.

*Мельхеев М. А.* Топо-и этно-и антропономические связи в ономастике //Ономастика Бурятии. - Улан-Уде. 1975. - С. 23 - 46.

*Миллер Г. Ф.* История Сибири. - М.: 1937. 4.1. -607 с.

*Митиров А. Г.* Изобразительное искусство монгольских народов как источник по проблеме их этногенеза. - М.: 1974. -18 с.

*Михайлов Т. М.* О шаманизме в Центральной Азии и Южной Сибири// Историко-культурные связи народов Центральной Азии. - Улан-Удэ, 1983. - С. 36-47.

*Михайлов* 17. *М.* Юго-Восточная Сибирь в отношении с Центральной Азией. -Новосибирск, 1987. - 232 с.

*Моисеев В. Н.* Циньская империя и народы Саяно-Алтая в XVIII веке. - М.: 1993. -148 с.

*Мойногашева В. Е.* Идейное содержание героического сказания «Алтын-Арыг» //Хак. НИИЯЛИ. -Вып. XII, 1996.

*Мойногашева В. Е.* Хакасская и тувинская версии эпоса о Похта Кирисе// Типология народного эпоса. - М.: 1975. - С. 82- 91.

*Мокеев А. И.* О локализации алтайских киргизов в IX-XIV вв. / /Этногенетические и этнокультурные процессы в древности и средневековье в Центральной Азии. - Бишкек, 1998. - с.188.

*Молдобаев И. Б.* К проблеме изучения этнокультурных связей киргизского и тувинского народов//Проблемы истории Тувы. - Казань, 1984. -С. 207 - 215.

*Молдобаев И. Б.* «Манас» - историко-культурный памятник киргизов. - Бишкек, 1995, -312 с.

*Молдобаев И. Б.* Опыт реконструкции этнической истории киргизов по данным эпоса «Манас» и других устных произведений//Этногенетические и этнокультурные процессы в древности и средневековье в Центральной Азии.- Бишкек, 1996, - с. 126 - 150.

*Молдобаев И. Б.* Историко-культурная общность кыргызов с народами Центральной Азии//Историко- культурные связи народов Центральной Азии. -Улан-Уде, 1983. - С. 78-83.
*Молдобаев И. Б.* Этническая и культурная общность киргизов с народами Саяно-Алтая//ВЭИКН. 1989. - С. 90-93.
*Молдобаев И. Б.* Этнографические истоки одного мотива из эпоса киргизов и народов Центральной Азии //Проблемы хакасского фольклора. Абакан, 1982. -С. 124-190.
*Молдобаев И. Б.* Башкирско-киргизские параллели в этнонимике эпоса «Манас»//Вопросы этнической истории Южного Урала. -Уфа, 1982.
*Молдобаев И. Б.* Отражение этнических связей киргизов в эпосе «Манас». - Фрунзе, 1985. -109 с.
*Молдобаев И. Б.* Эпос «Манас» как историко-этнографический источник//Тюркология - 88. Фрунзе, 1988.
*Молдобаев И. Б.* Фольклор киргизского народа как источник по этнической истории//Проблемы этногенеза и этнической истории народов Средней Азии. Вып. II, -М.: 1991. -С. 123- 134.
*Молчанова О. Т.* Географические термины горной части Алтая// Языки и топонимия Сибири. Вып. II.
*Молчанова О. Т.* Структурные типы тюркских топонимов Горного Алтая. - Саратов, 1982. - 52 с.
*Молчанова О.Т.* К вопросу о географической терминологии топонимии территории//СТ. - № 6, - Баку, 1976. -С. 32-45.
*Молчанова О. Т.* Переносные и повторяющиеся топонимы// Ономастика Киргизии. Вып.1. 1985. -С. 38-51.
*Молчанова О. Т.* Тюркские топонимы с длинными аффиксами// Языки и топонимия Сибири. Вып. V. -Томск, 1972. -С. 3-6.
*Молчанов О. Т.* Топонимия Горного Алтая. -Горно-Алтайск, 1979. -388 с.
*Молчанова О. Т.* О некоторых монгольско-калмыцких этнонимов в топонимии Горного Алтая//Топонимия и историческая география - М.: 1976. -С. 17-21.
*Молчанова О. Т.* Топонимические параллели Горного Алтая и Тувы/ /Происхождение аборигенов Сибири -Томск, 1969. -С. 203 - 209.
*Малов С. Е.* Памятники древнетюркской письменности. - М.: 1951. - 123 с.
*Малов С.Е.* Енисейская письменность тюрков. -Л.: 1952. -116 с.
*Малов С.Е.* Лобнорский язык. Тексты, переводы, словарь. - Фрунзе, 1956. -196 с.
*Малов С.Е.* Памятники древнетюркской письменности Монголии и Киргизии. М.-Л.: 1959. -106 с.
*Малов С.Е.* Язык желтых уйгуров. - Алма Ата, 1957. -196 с.
Мифы народов мира. - М.: 1992. Т. II.
Монгуш Кенин Лопсан. Алгышы тувинских шаманов = тува хам- нарыныь алгыштары. - Кызыл, 1989. -528 с.
*Мураталиев М.* Эпчи - «аял» // Труды ИЯИЛ Кирг. Филиал АН СССР. Вып. II. 1948. -С. 39-43.
*Мурзаев Э. М.* География в названиях. -М.: 1979.
*Мурзаев Э.М., Мурзаева В.В.* Словарь местных географических терминов. -М.: 1959. -302 с.
Народы мира: Историко-этнографический справочник. - М.: 1988,
Народы и языки Сибири (сб. статей). -М.: 1980.
*Насилов Д. М.* Памятники древнетюркской письменности в отечественных тюркологических исследованиях последних лет. СТ. 1976. - № 1.-С. 82 -101.
*Никонов В. А.* Топонимика в историко-географической этнографии. М.: 1964.

www.bizdin.kg

*Никонов В. А.* Заметки по оронимии Киргизии//Ономастика Средней Азии. - М.: 1978. -С. 86-108.
*Никонов В. А.* Этнонимия//Этнонимы. М.: 1970. -С. 3-33.
*Никонов В. А.* Введение в топонимику. М.: 1965.
*Николаев Р. И.* Киргизское погребение в Большом Шуртинском районе Красноярского края //Арх.-юлогия Севера Азии. -Новосибирск, 1982.
*Николаев С. И.* Три одинаковых по значению этнонима Восточной Сибири (Урянхай, Тунгус, Юкагир). -М.: 1970.
*Новикова К. А.* Иноязычные элементы в тунгуско-манчжурской лексике, относящиеся к животному миру//Очерки сравнительной лексикологии алтайских языков. -Л.: 1972. -С. 104- 151.
*Окладников А. П.* Этногенез и культурогенез//Проблемы этногенеза народов Сибири и Дальнего Востока. -Новосибирск, 1973. -С. 5-11.
*Ондар Б. К.* Краткий словарь гидронимов Тувы. -Кызыл, 1995, - 48 с.
Ономастика Киргизии. -Фрунзе, 1985. - 178 с.
Ономастика Средней Азии. -М.: 1978. -225 с.
Ономастика Средней Азии. - Фрунзе, 1980. -310 с.
Ономастика Кавказа. -Орджоникидзе, 1988. -88 с.
*Орозобекова Ж. К.* Культ коня в художественном составе эпоса «Манас», - Бишкек, 1994, - 21 с.
*Орузбаева Б.О.* О собственных именах в эпосе «Манас»//Ономастика Средней Азии. - Фрунзе, 1980. -С. 67 - 80.
*Орузбаева Б. С.* Словообразование в киргизском языке. -Фрунзе, 1964. -308 с.
*Орузбаева Б. С.* Юрта - жилище кочевника//Тюркологические исследования. -Фрунзе, 1985. -С.42-47.
Очерки сравнительной лексикологии алтайских языков. - Л.: «Наука» 1972, -353 с.
Oguz destani. Istanbul., 1972
*Петри Б. Э.* Орнамент кудинских бурят//Сб. МАЭ. Т.5, Петроград, 1918.
*Петров К.И.* Очерк происхождения киргизского народа. - Фрунзе, 1963. -47 с.
*Петров К. И.* К этимологии термина «кыргыз» //СЭ. 1964, - №2.-С. 81-91.
*Покровский А.А.* Термины родства в тюркских языках//История развития лексики тюркских языков. -М.: 1961. - С.11-81.
*Попов А. И.* Основные проблемы изучения этнонимики СССР// Питание ономастики. - Киев, 1965. - С. 55-60.
*Попов А.И.* Названия народов СССР. - Л.: 1973. - 165 с.
*Поріінев Б. Ф.* Противопоставление как компонент этнического самосознания. - М.: 1973. - 14 с.
*Поспелов Е. М.* Топонимика и историческая география//Топонимика и историческая география. - М.: 1975. - С. 4 - 9.
*Потапов Л. П.* Очерки по истории алтайцев. - Новосибирск, 1948, -444 с.
*Потапов Л. П.* Этнический состав и происхождение алтайцев. Историко-этнографический очерк. - М.: 1969. -196 с.
*Потапов Л. П.* Тубалары Горного Алтая//Этническая история народов Азии, - М.: 1972. -С. 52-67.
*Потапов Л. П.* Алтайский шаманизм. Л.: 1991. -320 с.
*Потапов Л. П.* Древнеуйгурские элементы в традиционной культуре Саяно-Алтайский народов//Вопросы этнографии Хакасии, - Абакан, 1981. -С.11-27.
*Потапов Л. П.* Одежда алтайцев//Сб. МАЭ. Т.13. -М.: 1951. - С. 5-59.
*Потапов Л. П.* Пища алтайцев// Сб. МАЭ. -М.: 1953. - №14. -С. 37-71.
*Потапов Л. П.* Тюльберы енисейских рунических памятников// ТС. 1971, -М.: 1972, - М., 149-166.

www.bizdin.kg

*Потапов Л. П.* Черты первобытно-общинного строя в охоте у северных алтайцев//сб. МАЭ. Т.11. -М.: 1979. -С. 7-41.
*Потапов Л. П.* Древнетюркские черты почитания неба у Саяно- Алтайских народов//Этнография народов Алтая и Западной Сибири. М.: 1978. - С. 50-65.
*Потапов Л. П.* Основные этапы истории хакасов//Ученые записи Хакасской НИИЯЛИ, - Абакан, 1954. Вып. III. - С. 3-31.
*Потапов Л. П.* Народы Южной Сибири. -Новссибирск, 1953. - 180 с.
*Потапов Л. П.* Разложение родового строя у племен Северного Алтая.М.: 1935. -122 с.
*Потапов Л. П.* К проблеме ареальных исследований этнографии народов Сибири//Народы и языки Сибири. Ареальные исследования. - М.: 1978. -С. 7-15.
*Потапов Л. П.* Этнический состав сагайцев//СЭ. 194. - №3.
*Потапов Л.П.* Умай - божество древних тюрков в свете этнографических данных//-М.: 1973. -С. 265-268.
*Потапов Л. П.* Очерки этногенеза южных алтайцев//СЭ. - №3. 1952. -С.16-35.
*Потапов Л. П.* Этноним «теле» и алтайцы//Тюркологический сб. к 60-летию А.Н.Кононова. М.: 1966. -С. 238-240.
*Потапов Л. П.* Очерки народного быта тувинцев. М.: 1969. - 401 с.
*Потапов Л. П.* Некоторые итоги тувинской экспедиции//СЭ. 1959. №5, -С.109-123.
*Потапов Л. П.* К вопросу о древнетюркской основе и датировке алтайского шаманства//Этнография народов Алтая и Южной Сибири. -Новосибирск, 1978. - 220 с.
*Потапов Л. П.* Этнографический очерк земледелия у алтайцев// Сибирская этнография. Сб. Вып.I. -М.: 1952. - 333 с.
*Потапов Л. П.* Героический эпос алтайцев//СЭ.- №1. 1949.
*Потапов Л. П.* Культ гор на Алтае//СЭ. - №2. 1946. -С. 56-78.
*Потапов Л. П.* Из этнической истории кумандинцев//История, археология, археология и этнография Средней Азии.-М.: 1996. -340 с.
*Потапов Л. II.* К изучению шаманизма у народов Саяно-Алтайского нагорья//Филология и история монгольских народов. - М.: 1958, - 345 с.
*Потапов Л. П.* Тюльбери енисейских рунических надписей// Тюркологический сборник. - М.: 1972. -С.145-167.
*Потапов Л. П.* Конь в верованиях и эпосе народов Саяно-Алтая// Фольклор и этнография с другими представлениями и обрядами. -Л.: 1977. -С. 164-178.
*Потапов Л. П.* Следы тотемических представлений у алтайцев// СЭ. 1935.- №4. -С. 67-78.
*Потапов Л.П.* Полевые исследования тувинских археологическо- этнографических экспедиций// ТКАЭЭ. Т.2. -М.: 1966. -С. 3-12.
*Потапов Л.П.* Тувинская комплексная археологическо-этнографическая экспедиция//СЭ. -М.: 1958. -№ 5. -С.134-138.
*Потапов Л. П.* Очерки материальной культуры Хакасии. - Абакан, 1982. - 182 с.
*Потачаков К. М.* Семейно-родственные отношения у хакасов// Вопросы этнографии Хакасии. - Абакан, 1981. -С. 92-100. *Пржевальский Н.М.* От Киргизии до Тянь-Шаня и на Лоб- Нор. - М.: 1947. -128 с.
*Пржевальский Н. М.* Из Зайсана через Хами и Тибет. -М.: 1948. - 402 с.
Принципы топонимики. -М.: 1964. - 160 с.
Проблемы этногенеза туркменского народа.-Ашхабад, 1977.-160 с.
Проблемы типологии в этнографии. М.: 1979. - 268 с.
*Пухов И. В.* Героический эпос тюркско-монгольских народов Сибири: общность, сходство, развитие//Типология народного эпоса. - М.: 1995. -С. 12-63.
*Пухов И. В.* Якутский героический эпос Олонхо. Основные образы. - М.: 1962. - 256 с.

*Рабинович М. Г.* Боевые кличи «урааны»//История, археология, этнография Средней Азии. -М.: 1968. - 370 с.
*Радлов В. В.* Из Сибири. Страницы дневника. -М.: 1989. - 749 с.
*Радлов В.В.* Опыт словаря тюркских наречий. -СПб.: 1893 - 1911. Т.I-IV.
*Ральдин Х. Ц.* Этнический состав современного населения Монгольской Народной Республики// Проблемы этнографии и этнической истории народов Азии. -М.: 1968. - С. 11-36.
*Рассадин В. И.* Антропонимы у тофаларов.//Ономастика Бурятии. -Улан-Удэ, 1975. - С. 111-141.
*Рашид - ад - Дин.* Сборник летописей. Т.I, Кн.I. - М.: 1952.
*Руденко С. И.* Башкиры. Историко-этнографичекие очерки. - М.: 1955.
*Руденко С. И.* Башкиры. Историко-этнографичекие очерки. - М.: 1955. - 390 с.
*Савинов Д. Г.* Археологические данные о связи енисейских и тяньшанских киргизов в конце I - начала II тысячелетия н.э.// ВЭИКН, - Фрунзе,1989. - С. 77-79.
*Савинов Д. Г.* Первые этнонимы в этнической истории Южной Сибири и вопросы их археологической идентификации//Проблемы этногенеза и этнической истории аборигенов Сибири. Кемерово 1986. -157 с.
*Савинов Д. Г.* Народы Южной Сибири в древнетюркскую эпоху. -Л.: 1984. -159 с.
*Савинов Д. Г.* Некоторые древние элементы в материальной культуре теленгитов//Археология и этнография Южной Сибири. -Барнаул, 1984. - С. 140-145.
*Савинов Д. Г.* Об уменьшении этнического состава населения Южной Сибири по данным археологических памятников предмонгольского времени// Этническая история народов Азии. -М.: 1972. -292 с.
*Савинов Д. Г.* Этнокультурные связи Саяно-Алтая в древнетюркское время //ТС. 1972, - М.: 1973. - С. 339-450.
*Савинов Д. Г.* Основные этапы истории алатов// Историческая этнография. Вып. III. - Л.: 1985. - 158 с.
*Сагалаев А. М.* Урало-алтайская мифология. - Новосибирск, 1991. -155 с .
*Сагалаев А. М., Октябрьская О.Б.* Традиционные мировоззрения тюрков Южной Сибири. - Новосибирск, 1990. - 209 с.
*Сагалаев А.М.* Мифология и верования алтайцев: Центрально -Азиатское влияние. - Новосибирск, 1984. - 120 с.
*Сагитов М. М.* Культ животных в башкирском фольклоре// Исследования по исторической этнографии Башкирии. - Уфа, 1984. - С. 77-80.
*Садохин А.П.* Этнология. -М.: 2000.
*Садохин А.П.* Этнология. Учебный словарь. -М.: 2002.
*Самбу Иргит* Тувинские народные игры. - Кызыл, 1978. - 138 с.
*Сапаралиев Д.* Этнополитическая история Оша и его окрестностей с XVII до середины XIX века. - Бишкек, 1999. - 144 с.
*Сарыпбеков Р. О* возможном толковании родоплеменного названия «turk»//Тюркология - 88, - Фрунзе, 1988. - С. 493-493.
*Сат Ш. Ч.* Заметки по топониимии Тувы// Тюркологические исследования, -Фрунзе, 1974. - 198 с.
*Сатлаев Н.А.* Кумандинцы. Историко-этнографический очерк. Горно-Алтайск, 1974. - 198 с.
Свод этнографических понятий и терминов: материальная культура. -М.: 1989.
*Сердобов Н. А.* О некоторых вопросах этнической истории народов Южной Сибири//СЭ.1971,-№4. - С. 53- 58.
*Серебренников БА.,Гаджиева Н.З.* Сравнительно-историческая грамматика тюркских языков. - Баку, Маариф, 1979. - 304 с.

www.bizdin.kg

*Сердобов Н.А.* История формирования тувинской нации. -Кызыл, 1971. - 485 с.
*Симаков Г. Н.* Киргизские народные игры//Новое в этнографии и археологии. -М.: 1975. -С. 44-55.
*Симченко Ю. Б.* Тамги народов Сибири XVII века. -М.: 1965. - 230 с.
*Ситникова Е. Е.* О некоторых предметах быта в традиционной обрядности южных алтайцев. //Эволюция этнической культуры Южной Сибири. -Новосибирск, 1986. - 191 с.
Словарь географических названий Киргизской ССР. -Фрунзе, 1988. - 211 с. (СГНК).
*Соколова С.* Культ животных в религиях. -М.: 1973.
*Стоянов А. К.* О народных духовых инструментах хакасов// Проблемы хакасского фольклора. -Абакан, 1982. - С. 131- 138.
*Сыдыков С.* Тюркско-монгольские параллели. //Источники формирования тюркских языков Средeней Азии и Южной Сибири. - Фрунзе, 1966. - С. 110-230.
*Сыдыков С.* Собственные имена в Орхоно-Енисейских памятниках/ / ТС. - Фрунзе, 1985. - С. 47-65.
*Сулайманова Е. В.* Общие черты и особенности аальной общины у тувинцев и киргизов //Проблемы истории Тувы. - Кызыл, 1984. - С. 215-222.
*Султанов Т.И.* Кочевые племена Приаралье в XV-XVII вв (Вопросы этнической и социальной истории). - М., 1982. - 131 с.
*Сунчугашев Я. И.* Хакасские героические сказания как исторический источник//Вопросы этнографии Хакасии. -Абакан, 1981. -С. 28-40.
*Сунчугашев Я. И.* Материалы по народным играм хакасов // Ученые записи Хак. НИИЯЛИ. - Вып. 9. - С. 202.
*Суперанская А. В.* Имя через века и страны. - М.: 1980. - С.188.
*Супруненко Г. П.* Некоторые источники по древней истории киргизов//История и культура Китая, -М.: 1974. - С. 236-248.
*Супруненко Г. П.* Документы об отношениях Китая с енисейскими киргизами в источнике IX века Ли Вэй-цы//Известия АН Кирг. ССР. Т.5. - Вып I. 1963. - С. 67- 81.
*Тадина НА., Тайсян Ч.* Свадебная обрядность как источник по этнокультурным связям киргизов и алтайцев//Этногенетические и этнокультурнные процессы в древности и средневековье в Центральной Азии.- Бишкек, 1996. -С. 84-102.
Теория и методика ономастических исследований. - М.: 1986.-265 с.
Традиционное мировоззрение тюрков Южной Сибири: знак и ритуал. - Новосибирск, 1991.
*Толстов С.П.* Пережитки тотемизма и дуальной организации у туркмен// Проблемы истории докапиталистических обществ. - М.: 1935, № 9. - С. 3-41.
Тувинско-русский словарь. - М.: 1968. -646 с.
*Скобелев С.Г., Шомаев АА.* Происхождение «фуюйских киргизов»//Этнокультурные процессы в Южной Сибири и Центр.Азии в I - I тысячелетии н.э. - Кемерово, 1994. - 250 с.
*Татаринцев П. О* происхождении этнонима «Соеты» и его носитетлей//Проблемы истории Тувы, - Кызыл, 1984. - С. 227 - 233.
Телеутская свадьба // Материалы по свадьбе и семейно-родовому строю народов СССР. - Вып.I. - Л.: 1926. - С. 225-229.
*Тенишев Э.Р.* Древнекыргызский язык. - Бишкек., Кыргызстан, - 52 с.
*Тенишев Э.Р.* Отражение диалектов в тюркских рунических и уйгурских памятниках // СТ. 1976. - С. 27-33.
*Тенишев Э.Р.* 0 языке кыргызов уезда Фуюй (КНР) // Вопросы языкознания. 1966. - №1,- С. 89- 95.

www.bizdin.kg


*Тенишев Э.Р.* 0 диалектах уйгурского языка Синьцзяна // Тюркологические исследования.- М.- Л.: 1963.

*Тенишев Э.Р.* К вопросу о происхождении киргизов и их языка // СТ. -Баку, 1989. - С. 3-17.

*Тенишев Э.Р.* Этнический и родоплеменной состав народностей юйгу //СЭ. № 1. 1962. - С. 59-66.

*Тенишев Э.Р.* Еще раз о происхождении лобнорцев. -М.: 1964. - 9 с. (доклад межд. Конфер. ант. и этнограф. Наука. - М.: Август. 1964.) Отд. оттиск.

*Тенишев Э.Р.* Язык желтых уйгуров. — М.: 1966. - 243 с.

*Тихонов С.Н.* Традиционные жилища алтайцев // Этнография народов Сибири. - Новосибирск, 1984. - 150 с.

ТК АЭЭ. Т.1. - М.: 1956.

ТК АЭЭ Т.III. - М.: 1956.

*Токарев СЛ.* Этнография народов СССР (истор. основы быта и культуры) М., 1958. - 614 с.

*Токарев СЛ.* Пережитки родового культа у алтайцев // Труды ин- та этнографии им. М.Маклая. - Вып. 1 -М.-Л.: 1947. - С. 140-158.

*Токарев СЛ.* Пережитки родовых отношений у хакассов в XIX в. // Сиб. Этногр. Сборник. - Вып.I. - М.-Л.: 1952. - С. 109- 141.

*Токарев СЛ.* К методике этнографического изучения материальной культуры // СЭ. № 4. 1970. - С. 3-17.

Токарев С.А. История зарубежной этнографии. -М.: 1978.

*Толстов С.П.* Города гузов (историко-этнографические этюды) // СЭ. 1947. №3. - С. 132 - 178.

*Толубаев М.А.* Некоторые особенности названия мастей животных в киргизском и алтайском языках // Тюркологические исследования. -Фрунзе.: Илим. 1985. - С. 56 - 61.

*Толубаев МА.* Названия частей тела человека в киргизском. Языке //Кыргыз тилинин тарыхый лексикасынын очерктери. - Бишкек.: 1991. - С. 213 - 259.

*Толубаев М.А.* Цветообозначающая лексика в кыргызском языке / / Кыргыз тилинин тарыхый лексикасынын очерктери. - Бишкек, 1991. 259 - 276 б.

*Томилов Н.А.* Проблема этнографических критериев этнической специфики археологических памятников // Проблемы этногенеза и этнич. истории аборигенов Сибири. - Кемерово, 1986. - 197 с.

*Томсон В.* Orxon ve yenisei yaztlarinin. - Ankara, 1993. - 175 с. Топонимика Востока. - М.: 1962. - 210 с.,

*Трояков П.Я.* Орхоно-енисейские памятники в свете возникновения истории... // Вопросы советской тюркологии. - Ашхабад, 1988. - 235 с.

*Трояков П.Л.* Промысловая и магическая функция сказывания сказок у хакасов. //СЭ. 1969,- № 2. - С. 24-34.

*Трояков П. Я.* К вопросу о семантической основе сюжетообразования волшебной сказки // Проблема хакасского фольклора. - Абакан, 1982. - С. 22-41.

Тувинская АССР. Иллюстрированный справочник, Кызыл 1975.

Тувинские народные пословицы и поговорки. 2 изд. - Кызыл, 1955. - 31 с.

*Тынышпаев М.* Материалы к истории киргиз-казахского народа.

- Ташкент, 1925. - 62 с.

*Убрятова Е. И.* Задачи сравнительного изучения тюркских языков// - М.: 1970. - С. 69-79.

*Убрятова Е. И.* Язык народа - важный исторический источник // Проблемы этногенеза народов Сибири и Дальнего Востока, Новосибирск, 1973. -217 с.

*Укачина К. Ф.* Алтайские народные загадки. Горно-Алтайск, 1984. - 104 с.

www.bizdin.kg

*Умурзаков С. У.* К исторической топонимии Киргизии // Ономастика Средней Азии. 1978. -С. 53- 57.
*Умурзаков С. У.* Этногенетические заметки о некоторых топонимах Киргизии //Ономастика Киргизии. - С. 4-19.
*Усманова М. С.* Элементы традиционной обрядности в современной хакасской свадьбе//Полевые исследования Института этнографии. - М. 1979, - С. 94-99.
*Унгвицкая М. А.* Памятники енисейской письменности и песенный фольклор хакасов. //СТ. 1971, №.5. - С. 34-41.
*Федоров В. И.* Из истории орошения в Хакасии//Хак. НИИЯЛИ. - Вып.III, 1954. - С. 13 - 19.
*Фиельструп Ф.А.* Из обрядовой жизни киргизов. нач. 20 в. -М.: 2002.
*А. В.* Рунические знаки и тамги на подражаниях куфическим монетам //Советская археология. -М.: 1988, -№4.
Фольклор и этнография. - М.: 1970. - 255 с..
Хакасско-русский словарь. -М.: 1959. - 564 с.
*Худяков Ю. С.* Киргизы в Центральной Азии // ВЭИКН, - Фрунзе, 1989. -С. 29-40.
*Худяков Ю. С.* Шаманизм и мировые религии киргизов в эпоху средневековья//Традиции, верования и быт народов Сибири XIX - нач.XX века. -Новосибирск, 1987. -200 с.
*Худяков Ю. С.* Погребение по образцу трупоположения VI - XV вв. в Минусинекой котловине //Историческая этнография: традиции и современность. - Л.: 1984. - 132 с.
*Худяков Ю. С.* К вопросу о хозяйственно - культурном типе енисейских киргизов в эпоху средневековья//Этнография народов Сибири. - Кемерово, 1984. - С. 18-23.
*Худяков Ю. С.* Киргизы в Восточном Туркестане// Этногенетические и этнокультурные процессы в древности и средневековье в Центральной Азии, -Бишкек, 1996. - С. 180 - 195.
*Худяков Ю.С.* Тюрки и уйгуры в Минусинской котловине// Этнокультурные процессы в Южной Сибири в I -II тыс. н.э. - Кемерово, 1984.
*Худяков Ю.С.* Киргизы на просторах Азии. - Бишкек,1995. - 186 с.
*Худяков Ю.С.* Вооружение центрально-азиатских кочевников в раннего и развитого средневековья. -Новосибирск, 1991. - 186 с.
*Цинциус В. И.* К этимологии алтайских терминов родства // Очерк сравнительной лексикологии алтайских языков. - Л.: 1972. - С.15-71.
*Цыдендамбаев Ц. Б.* Изучение ономастики бурят и исторически связанных с ней регионов - одна из отдельных задач современного бурятоведения// Ономастика Бурятии. - Улан-Удэ, 1976.
*Чебоксаров Н.Н.* Проблемы происхождения древних и современных народов. - М.: 1964. - 20 с.
*Чебоксаров Н. Н., Чебоксаров И.А.* Народы, расы, культура. - М.: 1985. - 270 с.
*Чеснов К. В.* Ранние формы этнонимов и этническое самосознание //Этнография имен. - М.: 1971. - С.6-13.
*Чеснов К. В.* О принципах типологии традиционно-бытовой культуры //Проблемы типологии в этнографии. -М.: 1979. - С. 188-203.
*Чеснов К. В.* О социальной мотивированности древних этнонимов //Этнонимы, - М.: 1970. - С. 46 - 60.
*Чеснов К. В.* О взаимоотношении фольклористики и этнографии //СЭ. 1971. №5.
*Чистяков Э. С.* К вопросу о формировании диалектной системы шорского языка//Проблемы этнографии и этногенеза истории аборигенов Сибири. - Кемерово, 1986. - 158 с.

www.bizdin.kg

*Чороев Т.К.* Махмуд ибн Хусейн ал - Кашгаринин «Дивану лугати т - түрк» эмгеги (1072-1077 - жж.) Теңир Тоо жана Ички Азия түрк элдеринин тарыхы боюнча булак катары. Авто- реф. докт. дисс..., -Бишкек, 1998, - 48 с.
*Чороев Т. К.* Этноним «киргиз» по данным М. Кашгари // ВЭИКН 1988. - С.113-121.
*Чороев Т. К.* Этнические ситуации в тюркских регионах Центральной Азии середины VII - начала VIII вв. по арабоязычным и персоязычным источникам IX-XIII вв. - Ташкент, 1988.
*Чороев Т. К.* Тенгир -Тоо как регион этногенезиса киргизского народа// Этногенетические и этнокультурные процессы в древности и средневековье в Центральной Азии, -Бишкек, 1996. - С. 204-209.
*Чороев Т.К.* Некоторые сведения по истории раннесредневековых тюркских этносов Восточного Туркестана //Этнокультурные процессы в Южной Сибири и Центральной Азии в I - II тысячелетии н. э. - Кемерово, 1994. - С. 96 - 102.
*Чоротегин Т.* Этнические ситуации в тюркских регионах Центральной Азии до монгольского времени. -Бишкек 1995.
*Чоротегин Т.* Топонимические данные М. Кашгари и миграция тюрков раннего средневековья. //Проблемы истории и культуры народов Средней Азии и стран Зарубежного Востока, -Ташкент, 1991. - 136 с.
*Чоротегин Т.* Об истоках киргизской государственности.//Эхо событий, 1997.
*Шаакерим Кудайберди улы.* Родословное тюрков, киргизов, казахов и ханских династий. - Алма Ата, 1990.
*Шайхулов Д. Д.* К вопросу о форме и структуре семьи у тюрко - монгольских кочевых скотоводческих народов Сибири и сопредельных территорий. - Омск, 1983. - С. 136-145.
*Шайхулов А. Г.* Введение в изучение алтайских языков. Учебное пособие по спецкурсу. - Уфа, 1984. - 78 с.
*Шаниезов К.* Канг давлати ва канглилар. - Ташкент, 1990. - 165 с.
*Шаниязов К. Ш.* К вопросу о тюркоязычных компонентах в сложении узбекской народности. //Проблемы этногенеза и этнической истории народов Средней Азии и Казахстана. - М.: 1991. - Вып. 3.
*Шаниязов К. Ш.* Узбеки-карлуки (историко-этнографический очерк). -Ташкент, 1964. -194 с.
*Шаниязов К. Ш.* К этнической истории узбекского народа. - Ташкент, 1974. -389 с.
*Шастинова Н. И.* К истории алтайских имен //Этнография имен. -М., 1971. - С. 65-70.
*Шерстова Л. И.* Легенды о жизни народов Южной Сибири //Вопросы по истории Южной Сибири. - Абакан, 1984. - С. 141- 147.
*Шибаева Ю. А.* Материалы по одежде мургабских киргизов // Краткие сообщения института этнографии, -М.: 1956. - Вып. 25. -С. 26-41.
*Шибаева Ю.А.* Пережитки эпохи матриархата у хакасов//СЭ. 1948. №1.
*Шер Я.А.* Иконография древнетюркских изваяний//Известия АН Кирг. ССР .T.V. - Вып.1. 1963.
*Щербак А. М.* Названия домашних и диких животных в тюркских языках//История и лексика тюркских языков. - М.: 1961. -С. 83-172.
*Щербак А. М.* Енисейские рунические надписи. К истории открытия и изучения // -М.: 1970. - С. 111-135.
*Эдельман А. И.* Основные вопросы лингвистичекой географии. - М. 1968. -110 с. Эпос «Манас» и этническое наследие народов мира. - Бишкек, 1995. - 208 с. Этническая ономастика. - М.: 1973. -192 с. Этимологический словарь тюркских языков. - М.: 1989. Этнография имен. - М.: 1971. - 267 с.
*Эралиев З.* Жусуп Баласагын. - Бишкек, 2000. - 132 б.

*Юдахин К. К.* Из ляйлякских материалов //Труды ИЯЛИ Кирг. ФАН СССР. - Вып.II. - С. 29 - 39.

*Юдахин К.К.* Киргизско - русский словарь. - М.: 1969.

*Юнусалиев Б. М.* К вопросу о формировании общенародного киргизского языка//Труды ИЯЛИ. - Вып.VI, 1956.

*Юнусалиев Б. М.* Заметки по истории киргизского языка // -Фрунзе, 1965. - С. 5-22.

*Юнусалиев Б. М.* Проблемы формирования общенародного киргизского языка //Вопросы языкознания. - М.: 1955. - № 2.

*Юнусалиев Б.М.* Кыргыз диалектологиясы. - Фрунзе,1971. Языки мира: Тюркские языки. - Бишкек, 1997. - 345 с.

*Яхонтов С. Е.* Древнейшие упоминания названия «киргиз» // СЭ. 1970, - №2. - С. 110-120.

www.bizdin.kg

# МАЗМУНУ

www.bizdin.kg

Авторлор жөнүндө
Маалымат.................................... 3
Кириш сөз .................................... 4
А
Аба............................................... 7
Абакак ......................................... 7
Абалак ......................................... 8
Абдесте ....................................... 8
Абдрахманов Ы......................... 8
Абдылдаев Э .............................. 8
Абдыра......................................... 9
Абдырахманов С ....................... 9
Абла ............................................. 9
Абрамзон С ...............................10
Абубекр ......................................11
Абыгай ........................................11
Абысын........................................11
Ават .............................................11
Автохтондуулук.......................12
Автоэтнонимдер......................12
Авункулат .................................12
Авункулолокалдуулук..........13
Ага ...............................................13
Агаргак ......................................13
Агыл .............................................13
Адат укугу .................................13
Адигине.......................................14
Адопция.......................................14
Ажал ............................................15
Ажы .................................. ...........15
Ажырашуу.................................15
Ажыраш аяк .............................15
Аза кийими...............................15
Аза күтүү....................................16
Аздар...........................................17
Азезил .........................................18
Азербайжандар .......................18
Азрейил ......................................19
Азирет .........................................19
Азирет Али................................19
Азык ............................................20
Айбалта ......................................20
Айбанаттар стили.................21
Айван ..........................................21
Айдаркулов К ..........................21
Айдоо дыйканчылыгы ........21
Ай календары..........................23
Айран ..........................................23
Айры ...........................................23
Айтма күүлөр .........................24
Айтмамбетов Д.......................24
Айтыш ........................................24
Айыл............................................24
Айып............................................25
Ак .................................................25
Ак уул..........................................25
Ак үйлүү .....................................25
Ак чөлмөк ..................................26
Ак чубак.....................................26
Ака, аке ......................................26
Аккультурация ......................26
Акматалиев А. С......................27
Аксакалдар ...............................28
Аксакалдар бийлиги............28
Аксакалдар кеңеши..............28
Акселерация.............................29
Акыйнек ....................................30
Акылман ...................................30
Акыр заман ..............................30
Ала бакан ..................................31
Ала кийиз ..................................31
Ала тамак..................................31
Алабугаттар ............................32
Алакчындар..............................32
Аламан байге ..........................34
Аластоо .....................................34
Алачык .......................................34
Албарсты ..................................35
Алгачкы жамааттык
түзүлүш ...................................... 35
Алгачкы коомдогу
искусство .................................. 36
Алгыр куштар ........................ 36
«Алдан маадыр» музейи.... 37
Алдар Көсөө............................ 37
Алдына түшүү ....................... 38
Аллоэтнонимдер .................. 38
Алмашуу................................... 38
Алтайлыктар ......................... 39
Алтай тилдери...................... 41
Алты бакан ............................. 41
Алтыгат .................................... 41
Алтыр улусу ........................... 42
Алтысар улусу....................... 42
Алымбаев А ............................ 42
Алым сабак ............................. 43
Альтруизм............................... 43
Аманат же аманат
кармоо салты........................ 43
Аманалиев Б........................... 44
Амеки......................................... 44
Американоцентризм .......... 44
Андреев М ............................... 45
Анимизм.................................... 45

Анкета ыкмасы ..................... 46
Ант ............................................ 46
Антисемитизм ....................... 47
Антропогенез ........................ 47
Антропология ....................... 48
Антропонимдер .................... 48
Аңчылык .................................. 48
Аңчылык куралы.................. 57
Апа ............................................. 57
Апартеид.................................. 57
Араб цифралары ................... 57
Араба......................................... 57
Арак ........................................... 58
Арачы (кудалашууда) ........ 58
Арбак ........................................ 58
Арбактарга сыйынуу.......... 58
Арип .........................................59
Аристов Н ...............................59
Аркак ........................................60
Аркая ........................................60
Аркан бою ..............................60
Аркан тартыш.......................60
Аркан тосуу ...........................60
Аркыт ........................................61
Арман ........................................61
Арман ырлары ......................61
Археология .............................61
Арык I ........................................61
Арык II.......................................61
Асанканов А ...........................62
Аскетизм ..................................62
Ассимиляция .........................62
Астрология .............................62
Асый ..........................................63
Ат - адамдын канаты..........63
Ат жабдыктары ....................64
Ат жабуу..................................64
Ат таптоо ................................64
Ат чабыш .................................65
Ата..............................................65
Атала..........................................66
Аталаш ......................................66
Аталык.......................................66
Аталык урук............................66
Атан төө.....................................66
Атка минер ..............................67
Аткы ...........................................67
Аттокуров С.............................67
Атчы ............................................67
Афган кыргыздары ..............68
Ачакей-жумакей ....................70
Ачыткы .......................................71
Ачы............................................. 71
Аш .............................................. 72
Аш айран................................. 72
Ашар.......................................... 72
Ашык.......................................... 72
Ашыктык ырлары............... 72
Аяк кап ......................................73
Аяк, кесе ...................................73
Аяк күүлөр ...............................73
Аялдар союздары .................73
Аюу...............................................73
Б
Баарын .......................................74
Баатыр ........................................75
Баба .............................................76
Бабалар тили ...........................76
Бага...............................................76
Багбан..........................................77
Багыш ..........................................77
Бада ..............................................78
Бадырак......................................78
Бажа..............................................78
Базар ............................................78
Базарлык ....................................79
Бай терек ....................................79
Бай теше......................................80
Бай төбет .....................................80
Байбиче .......................................81
Байге .............................................81
Байке.............................................81
Байсу .............................................81
Байтур А ......................................81
Байытуу........................................82
Байыш ...........................................82
Бакал .............................................82
Бакшы ...........................................83
Бал каймак...................................84
Балага ат коюу............................84
Балага чач коюу ..........................84
Балалык..........................................85
Баланы бешикке салуу ..............85
Баланы киринтүү ........................85
Баланын чачын алуу...................85
Балбалдар, буркан таштар 86
Балдак ............................................86
Балдыз ........................................... 86
Балка............................................... 86
Балкан түрктөрү .......................... 87
Балкарлар...................................... 87
Балыкчылык.................................. 88
Бангилик........................................ 88
Бантустандаштыруу.................. 88

Барак........................................ 89
Бараң ........................................ 90
Баргалар.................................... 90
Баргужин-Токум.................. 90
Баргы.......................................... 91
Баркы ........................................ 92
Бартольд В............................. 93
Барымта.................................... 93
Басмайыл................................. 93
Бастырма............. ................. 93
Басыз .......................................... 94
Батрактар................................ 94
Баш кийим.............................. 94
Баш үчүн анчылык кылуу 95
Башка маданиятты
кабыл алуу.............................. 95
Башкыр кыргыздары......... 95
Башкырлар............................. 96
Баштык..................................... 97
Баят ............................................ 97
Баяттар..................................... 98
Бейит белги............................ 98
Бейиш ........................................ 98
Белбоо....................................... 99
Бел куда.................................... 99
Бел күү....................................... 99
Белдемчи.................................. 99
Белтирлер................................ 99
Бернштам А.Н......................100
Бет кеп.....................................100
Бешбармак............................100
Бешик ......................................ЮО
Бешик той .............................101
Бешилик.................................101
Бешмант.................................Ю1
Беш ........................................
Бешуул .................................. 101
Бигмен ................................... Ю2
Бий...........................................102
Бийлик................................... 102
Бийлик акы .......................... 103
Билатералдуулук .............. 103
Билдир................................... 103
Билерик.................................. 104
Билим ..................................... 104
Билингвизм......................... 104
Билинейлүүлүк .................. 104
Билокалдуулук................... 105
Бишкек .................................. 105
Богардык жер иштетүү... 105
Богорстон............................. 106
Бодо......................................... 106
Боз үй......................................... 106
Боз үй жасалышы.............. 106
Боз үйдүн жасалгалары .. 107
Боз үйдүн ички жасалгасы107
Бозо .......................................... 107
Бой тумар .............................. 108
Бойла ....................................... 108
Боёк өсүмдүктөрү ............. 109
Боёо ........................................... 109
Боёк ........................................... 109
Бойро ........................................ 109
Болчар, болшар .................. 109
Боорсок..................................... 110
Босого........................................ 110
Бостон ...................................... 110
Ботко.......................................... 110
Бош убакыт .......................... 111
Бөгөжү....................................... 111
Бөкөөл....................................... 111
Бөлө............................................ 112
Бөө.............................................. 112
Бөө найман ............................ 112
Бөөчө.......................................... 112
Бөрү ............................................ 112
Бөрү жатыш.......................... 113
Бромлей Ю.В.........................114
Буба ............................................114
Бугу.............................................114
Бугучулук ...............................115
Буйла..........................................118
Бука ............................................118
Букары ................. ................119
Булгачылар ...........................119
Бурут..........................................120
Бут..............................................128
Бут кийим калыбы ............128
Бутанаев В.Я.........................128
Буура 1 ......................................130
Буура II......................................130
Бүбү ............................................131
Быжы ..........................................131
Бычмачы ...................................132
Бычуу..........................................132
В
Валиханов Ч ..........................132
Варварчылык ........................133
Венюков М.И..........................133
Вестернизация......................133
Виноградов В.С.....................133
Вирилокалдуулук................134
В. Мартьнов музейи ...........134
Г

Гагауздар..............................135
Генеалогия ..........................135
Генезис ..................................135
Геноцид..................................136
Географиялык детерминизм ... 136
Гипергамия ..........................136
Гипогамия.............................136
Голубев А.П...........................136
Гродеков Н.И........................137
Д
Далба ................................... 137
Далдалчы............................ 137
Далис ................................... 138
Далы ачуу ........................... 138
Дамбыр таш ....................... 138
Данакер .............................. 138
Дарчы .................................. 139
Дастан ................................. 139
Датка.................................... 139
Демографиялык секирик139
Деңгене................................ 140
Депкир ................................ 140
Депопуляция ..................... 140
Диалект .............................. 140
Диаспора............................. 141
Динге чейинки ишенимдер 141
Диний культ....................... 142
Диний майрамдар............ 142
Диний ишенимдер........... 142
Диний ырлар ..................... 142
Дислокалдуулук................ 143
Диффузионизм ................. 143
Долгандар .......................... 144
Долон бий.......................... 144
Долондор............................ 145
Доолбас............................... 145
Дооран ................................ 146
Доор аяны .......................... 146
Деө ....................................... 146
Деөлөс ................................. 146
Дөөтү ................................... 147
Дөрбен ойроттор.............. 147
Дөшү..................................... 147
Дуалдык уюм..................... 147
Дубана ................................. 148
Дунгандар .......................... 148
Дүйнөлүк диндер ............. 148
Дыйкан ................................ 149
Дыйканчылык ................... 149
Дыйканчылык маданияты149
Дыренкова К.П.................. 150
Европеоид расасы............150
Европоцентризм...............150
Еренак-бек ..........................151
*Ж*
Жаа.........................................153
Жагалмай ............................153
Жагдан .................................154
Жады.....................................154
Жазуу ...................................154
Жайлоо ................................155
Жайыт ..................................156
Жайытта мал багуучулук156
Жайташ ................................157
Жайчы ..................................157
Жал .................................. :.. 158
Жалдалы ..............................158
Жамак....................................159
Жамбы...................................159
Жамбы атуу ........................159
Жан .........................................159
Жаназа ..................................160
Жандыкты союу................160
Жанчымал...........................161
Жаңылмач...........................161
Жапайычылык...................161
Жапаров А.З........................161
Жапкак..................................162
Жаргак ..................................162
Жаргылчак .........................162
Жардык, жарнама ............162
Жар көрүшүү .....................163
Жарма....................................163
Жарчы ...................................163
Жасоол ..................................163
Жатакчы ..............................163
Жашынмак..........................164
Жаш куракттык класстар164
Жебе .......................................164

Жебрейил ............................. 165
Жедигер ................................ 165
Жезде.................................... 166
Жез тумшук.......................... 166
Жезит .................................... 167
Желдең .................................. 167
Желдет................................... 167
Желдик ................................... 167
Желе....................................... 168
Желмаян ............................... 168
Желпилдек ........................... 168
Жеңкетай ............................. 168
Жентек.................................. 168
Жеңе...................................... 169
Жеңил музыка ..................... 169
Жер алды .............................. 169
Жер-сууга багыштап
кудайы еткөрүү................... 170
Жертөлө ................................ 170
Жети ...................................... 170
Жети ата ............................... 171
Жикилдер-чигилдер ......... 171
Жин ....................................... 171
Жип........................................ 171
Жихат .................................... 172
Жоктоо .................................. 172
Жол башчылык ................... 172
Жолдош сурамай ................ 173
Жолум үй .............................. 173
Жомок ................................... 174
Жоодарбешим..................... 174
Жору ...................................... 174
Жумабаев Б. М.................... 174
Жупка .................................... 175
Жуучу .................................... 175
Жуушаң ................................ 175
Жүгөн .................................... 175
Жүгүнүү................................ 176
Жүз аарчы ............................ 176
Жүз башы ............................ 176
Жүк ....................................... 176
Жүк санаар ......................... 177
Жүн сабоо........................... 177
Жыгач уста ......................... 177
Жыгач жеткир ................... 177
Жыгач ооз комуз ............... 177
Жыйноочулук ..................... 178
Жыйын ................................. 178
Жыл ажыраш...................... 179
Жыл сүрүү........................... 179
Жылаажын ............ .............. 180
Жылкычы кой..................... 180
Жылкычылык..................... 180
Жыртыш ............................... 181
Жээн ...................................... 181
Жээн аяк .............................. 181
Жээн келин.......................... 181
Жээн күйөө .......................... 181
Жээнкыз................................ 181
Жээнчер ............................... 181
З
Загряжский Г.С .................. 182
Замана агымы .................... 182
Замбил .................................. 182
Замзам................................... 183
Затаевич А.В........................ 183
Зекет ............ ......................... 183
ЗеландН. Л............................ 183
Зенги баба ............................ 184
Зергер.................................... 184
Зергерчилик......................... 184
Зикир чалуу......................... 184
Зоолу..................................... 185
Зоонимдер ........................... 185
Зороастризм........................ 185
Зым тарткыч....................... 186
Зымырык куш ......  ............. 186
ViЗындан ............................. 186
Зыярат .................................. 187
И
Иероглиф.............................. 187
Ийик ...................................... 187
Ийлөө..................................... 188
Ийрүү .................................... 188
Илясов С.И ........................... 189
Имам....................................... 189
Имам Агзам.......................... 189
Инал ....................................... 189
Индоевропа тилдери......... 190
Инжил.................................... 191
Ини.......................................... 191
Инициация........................... 191
Инновация .......................... 192
Инцест................................... 192
Ирригац. дыйканчылык ... 192
Искек...................................... 193
Искек байлооч..................... 193
Ислам ..................................... 193
Исламдагы беш парз.......... 195
Исмаилиттер....................... 195
Историзм .............................. 195
Ит ............................................ 196
Ит көйнөк ............................. 196
Ич эттер................................ 197

Ичик ........................................ 197
Ичкиликтер........................... 197
К
Кааба........................................ 198
Кабык кездеме...................... 198
Кагаз ........................................ 199
Каган........................................ 200
Казактар....................................201
Казал........................................ 201
Казан........................................ 202
Казанбак .................................. 202
Казы .......................................... 202
Казына ..................................... 203
Кайберен.................................. 203
Каймак .................................. 203
Кайнага.................................. 203
Кайната ................................. 203
Кайнене .................................. 204
Кайнеже .................................. 204
Кайни........................................ 204
Кайрак...................................... 204
Кайрак жер ............................ 204
Кайрык же кайруу ............. 204
Кайырмак............................... 204
Кайыш...................................... 205
Какмачы.................................. 205
Какырым ................................. 205
Калак ........................................ 205
Калайык ................................... 205
Калбыр..................................... 206
Календарь ............................. 206
Калк.......................................... 207
Калк миграциясы............... 207
Калк эмиграциясы............. 207
Калкан...................................... 207
Калмак кыргыздар............ 208
Калмактар.............................. 209
Калп........................................... 209
Калпа ........................................ 209
Калпак...................................... 210
Калың....................................... 210
Калып ...................................... 211
Калча ........................................ 211
Камбар ата ............................ 212
Камбар теп.......... ................. 212
Камбаркан.............................. 213
Камчы...................................... 213
Кан алуу .................................. 213
Кан кууп өч алуу ................. 214
Кандагай................................. 214
Канжар..................................... 214
Канжыга.................................. 215
Кaңды ....................................... 215
Кап ............................................. 216
Капас........................................ 216
Капка........................................ 216
Капкан.......................................^io
Кара багыш............................. 216
Кара басуу .............................. 217
Кара кийүү ............................. 217
Кара кунас.............................. 217
Кара куш ................................. 218
Кара кытайлар...................... 219
Кара чоро................................ 220
Караимдер.............................. 220
Каракалпактар...................... 221
Карапчы .................................. 221
Каратал.................................... 222
Карач Көкүл баяны............. 222
Карачайлар............................ 222
Карга ........................................ 222
Карын ....................................... 223
Карындаш .............................. 223
Карын-карта .......................... 223
Карынбай ................................ 224
Карышкыр .............................. 224
Касталар.................................. 225
Катагандар............................. 226
Каттама ................................... 227
Катык........................................ 227
Катырма .................................. 227
Качуу......................................... 227
Кашаа........................................ 228
Кашка ....................................... 228
Кашык ...................................... 229
Келин ........................................ 229
Кементай ................................. 229
Кемпирооз.............................. 230
Кемсел ..................................... 230
Кеңеш аяк............................... 230
Кепич ........................................ 230
Кепсен ...................................... 230
Кеп такыя ............................... 231
Кептөө ...................................... 231
Кер өзөн ................................... 231
Кергич ...................................... 231
Керегe........................................ 231
Керемет ....................................232
Керки .........................................232
Керки тамга...........................232
Керме.........................................233
Керней.......................................233
Керчөө.......................................233
Керээз калтыруу..................233

Керээз ырлары .................... 233
Кесек ........................................ 233
Кет бука ..................................... 234
Кетмен ...................................... 234
Кечилдик ................................. 235
Кешик ....................................... 235
Кийиз ........................................ 235
Кийиз басуу...... .................... 236
Кийим ....................................... 236
Кийим катмай ....................... 237
Кийит же сарпай ................. 237
Килем ....................................... 237
Кимактар ................................ 238
Ким учту ................................. 238
Киндик эне ............................ 238
Кисе .......................................... 239
Кичи элдер ............................. 239
Клан .......................................... 240
Коен тебиш ............................ 240
Кожо же кожолор ............... 240
Кожобеков М. Ч ................... 240
Кожожаш ................................ 241
Койлон ..................................... 241
Кол боор .................................. 242
Кол дыйканчылыгы .......... 243
Кол кесер ................................ 243
Кол күрөш .............................. 243
Кол өнөрчүлүк ...................... 243
Колго үйрөтүү ...................... 244
Ком ............................................ 245
Комуз ........................................ 245
Конуш ....................................... 245
Коңурат ................................... 245
Коoздук буюмдар ............... 246
Коон үзмөй .......... ............... 247
Кордо ........................................ 247
Костенко Л. Ф ..................... 247
Котон ...................................... 248
Кошок ...................................... 248
Кошумча ................................ 249
Көбөө ....................................... 249
Көгөн ....................................... 249
Көжө ......................................... 249
Көз таңмай ........................... 250
Көйнөк .................................... 250
Көк ............................................. 251
Көк башы ............................... 251
Көлөкө театры ................... 251
Көмөлдүрүк .......................... 251
Көмөч ....................................... 252
Көмөч казан ......................... 252
Көмүркөй ............................... 252
Көмүр өчүрүү ...................... 252
Көн .......................................... 253
Көнөк ...................................... 253
Көнөчөк .................................. 253
Көөкөр ..................................... 254
Көөрүк ..................................... 254
Көптүрүлгөн таруу .......... 254
Көр байге .............................. 254
Көрөңгө .................................. 254
Көрпө ....................................... 255
Көрпө-төшөк ........................ 255
Көрпөчө .................................. 255
Көрүмдүк ............................... 255
Көчкой ..................................... 255
Көчмөнчүлүк ....................... 255
Көчмө топ .............................. 258
Көшөгө .................................... 259
Крым татарлары ............... 259
Крымчактар ......................... 260
Ксения ..................................... 261
Ксенофобия .......................... 261
Кудайлат ............................... 261
Кудалашуу ............................ 262
Куданда ................................. 263
Кудурет .................................. 263
Кузендик нике .................... 263
Куймак ...................................263
Куйрук-боор ........................263
Кул ...........................................263
Кулмырза менен Аксаткын .... 264
Кумган .................................. 264
Кумарачылык ......................264
Кумыктар ..............................265
Кундак ....................................265
Кур ............................................265
Курак .......................................266
^Курал-жарак ..................... 266
Курамалар ............................267
Куржун ..................................268
Куржун сөктүрүү ...............268
Курмандык ...........................268
Курмандык чалуу ..............268
Курткана ...............................269
Курултай ...............................269
Курут .......................................269
Куу (ак куу, кара куу) .........269
Куу уул ...................................270
Куучу .......................................271
Кушнер Н ...............................271
Кушчу .....................................271
Күйөө бала ............................272
Күйөө жолдош ....................272

Күл азык.................................272
Күң ..........................................272
Кыдырша...............................272
Кыз ала качуу.......................273
Кыз куумай...........................273
Кызыл аяк.............................273
Кызыл уул.............................273
Кызылдар...............................274
Кызыр, Кыдыр......................274
Кыйып өрттөө
дыйканчылыгы....................275
Кыл кыяк...............................275
Кылдырооч............................276
Кылжыр .................................276
Кылоо .......... ..........................276
Кылтак.................................. 277
Кылыч .................................... 277
Кылыч тамга........................ 277
Кымыз........ .......................... 278
Кын .......................................... 279
Кыңыроок ............................ 279
Сыпчак ................................... 279
Кыпчуур ................................ 280
Кыргыз ай эсеби ................. 280
Кыргыз-алтай
алакалары ............................ 280
Кыргыз-буруттар............... 289
Кыргыз жазуусу .................. 289
Кыргыз кагандыгы ........... 291
Кыргыздарда мезгилдин
(бир сутка) бөлүнүшү ....... 293
Кыргыз музыка
аспаптары ............. .............. 294
Кыргыз тили ....................... 294
Кыргыз-тува
алакалары ............................ 296
Кыргыз-хакас
алакалары ............................ 302
Кыргыз этноними.............. 308
Кыргыз этнониминин
чечмелениши ...................... 312
Кыргыз
этнотопонимдери.............. 315
Кырк кыз .............................. 315
«Кырк кыз»......................... 317
Кырма.................................... 318
Кырман.................................. 318
Кырчоо.................................. 318
Кытай .................................... 318
Кытай кыргыздары .......... 319
Кытай монголдору ............ 324
Кычкач .................................. 325
Кыштак................................ 325
Кыштоо................................ 325
Кыштымдар ......................... 325
Кыяк........................................ 326
Кыял........................................ 326
Л
Ладино ...................................326
Лакайлар...............................326
Лал ..........................................331
Левират ..................................331
Линиж.....................................332
Лобнорлуктар .......................332
Лукман ...................................333
М
Маанаев Э ......... ...................333
Маасы .....................................334
Магия ......................................334
Маданият...............................334
Маданияттын глобалдашуусу.... 336
Маданий диффузия............337
Маданий релятивизм.........337
Маданий өздөштүрүүлөр .338
Мазар .....................................339
Майорат..................................339
Майрам ..................................339
Макал......................................340
Макроэтнонимдер ..............340
Мал чарбачылык .................340
Мала .......................................343
Маллицкий Н.Г ....................343
Малма .....................................343
Малов С.Е ..............................343
Мамбеталиева К..................344
Манап......................................344
Манжурлар ...........................345
Манжы I .................................345
Манжы II ...............................345
Мансап ...................................345
Маргинал улуттар...............346
Маргиналдар .......................346
V Материалдык маданият346
Матриархат ..........................346
Матрилатералдуулук.........347
Матрилинейлүүлүк............347
Матрилокалдуулук............ 347
Металл иштетүү................. 347
Метистер............................... 351
Миграция.............................. 351
Микроэтнонимдер............. 351
Минаев И.П ...........................351
Миң башы..............................352
Миф.......................................... 352

www.bizdin.kg

Мифология ............................352
Моголдор................................353
Молдобаев И ..........................353
Монгол тилдүү элдер.........354
Монголдор ............................354
Монголиянын
аймагындагы кыргыздар 354
Монголиядагы (суж) ..........355
Монголоид расасы..............355
Моногамия.............................355
Монотеизм.............................356
Моноцентризм......................356
Моңолдор ..............................356
Морган ....................................357
Мөдөн кыргыз ......................357
Мулаттар ................................358
Мундуз ....................................358
Муңгуш ...................................359
Мүчө ........................................359
Н
Наалы эже .............................359
Нагуализм .............................360
Найза.......................................360
Найман...................................360
Накай ......................................361
Нарын.....................................361
Небере ....................................361
Негритюд...............................361
Неолокалдуулук ..................362
Неоэволюционизм..............362
Несторий жазуулары.........363
Нике жана үй-бүлө..............363
а^Нике кыюу ........................ 365
Никенин формалары.......... 365
Ногай карагаштары ........... 365
Ногайлар............................... 366
Нойгут................................... 366
Нормативдик этнография367
О
Обо эне.................................. 367
Община ................................. 367
Огуздар ................................. 369
Ойкумендер.......................... 370
Ойсул ата .............................. 371
Олеттер ................................. 371
Олуя........................................ 371
Омор ....................................... 371
Он башы ................................ 372
Оң канат ................................ 372
Оодарыш ............................... 372
Ооз комуз.............................. 373
Оозандыруу.......................... 373
Оргу ....................................... 373
Ордо I ..................................... 373
Ордо II ................................... 374
Орозо...................................... 375
Орхон Энесай жазуулары. 375
Осмон ..................................... 376
Отко киргизүү ..................... 377
Оттук...................................... 377
Отуз уул ................................ 377
Отурукташуу........................ 379
Оюн башы............................. 379
Ө
Өз ара жардам ..................... 379
Ч Өзбектер ............................ 380
Өзбекстандын
аймагындагы кыргыздар 381
Өкүл ата, өкүл эне ............... 387
Өкүрүп келүү ........................ 388
Өмүр циклы.........................388
Өмүрбеков Ч.К .................388
Өпкө чабуу ..........................388
Өпкө чабышуу....................389
Өргө жабар.........................389
Өргө көтөрүү......................389
Өтүкен-Йыш.......................389
П
Паранжы .............................390
Парда ....................................390
Патриархалдуу чарба......390
Патриархат .........................390
Патрилатералдуулук.......391
Патрилинейлүүк...............391
Патрилокалдуулук ..........391
Патрифилиация ...............391
Патронимия .......................391
Периштелер .......................392
Печенектер ........................392
Полиандрия.......................394
Полигамия .........................394
Полигиния .........................394
Полицентризм ..................394
Прескриптивдик нике ....395
Преференциондук нике.395
Промискуитет ...................395
Р
Радлов В.В .........................395
Райково табылгасы.........395
Рамазан..............................396
Раса .....................................396
Расалык дискриминация397
Резервация.........................397
Реми Дор ............................397

Репатриация ... 398
Ритуал ... 398
Рун жазуусу ... 398
Руханий маданият ... 398
С
Саадак ... 399
Саба ... 399
Сабоо ... 400
Сабыр уулу Буудайбек ... 400
Сагайлар ... 400
Садага ... 401
Садага чабуу ... 401
Сайма ... 401
Саймачылык ... 401
Саларлар ... 402
Самоор ... 402
Салт ... 402
Салт ырлары ... 403
Сандык ... 403
Санжыра ... 403
Саратан ... 404
Сардар ... 404
Сармерден ... 404
Сарт калмактар ... 404
Сарттар ... 405
Саруу ... 405
Сарыбагыш ... 406
Сары уйгурлар ... 406
Сары май ... 408
Саха-якуттар ... 408
Саяк ... 409
Саяпкер ... 409
Саятчылык ... 410
Себет ... 410
Сейтек ... 410
Семетей ... 410
Сере ... 411
Синди ... 411
Сибирь кыргыздары ... 411
Символика ... 412
Ситняковский Н ... 412
Сол канат ... 413
Солто ... 414
Солтоноев Б ... 414
Соогат ... 415
Соорун ... 415
Сорорат ... 415
Социологиялык мектеп ... 416
Сөөк жана мүйүздөн
буюм жасоо ... 416
Сөөк куда ... 417
Структурализм ... 417
Суусундуктар ... 418
Сүннөт той ... 420
Сүннөтткө отургузуу ... 420
Сүт акы ... 421
Сыдыков А ... 421
Сыдыков С ... 421 >у
Сыйынуучу жайлар ... 421
Т
Таажезде ... 422
Тааженe ... 422
Таар көрпө ... 422
Табу ... 423
Такыя сайды ... 424
Талаа этнографиясы ... 424
Талас жазма эстеликтери 425
Талкан ... 425
Тамыр ... 425
Тархан ... 426
Тарыхый этнография ... 427
Тарыхый-этнограф.
областтар ... 427
Тарыхый этногр.
америкалык мектеп ... 428
Татарлар ... 429
Таяке ... 430
Тегирмен майдалагычтар 430
Тейит ... 432
Темир ... 432
Теңир ... 433
Тергөө ... 433
Тери иштетүү ... 434
Тилдик уя ... 437
Тогуз коргоол ... 437
Токуу ... 437
Топонимика ... 438
Топонимдер ... 438
Топурак салуу ... 440
Торгоуттар ... 440
Тотемизм ... 440
Тофалар ... 441
Төбөй ... 442
Төлгөчү ... 442
Төө чечмей ... 442
Төркүлөө ... 442
Төрө ... 442
Төрө (төре) ... 443
Төшөк салар ... 443
Төшөк талаш ... 443
Трайбализм ... 444
Туба улусу ... 444
Тувалар ... 445
Тувалык кыргыздар ... 446

Тузак ................................... 448
Тул......................................... 448
Тул калуу .............................. 449
Тулуп ..................................... 449
Тумар ..................................... 449
Туматтар ............................... 449
Турак-жай............................. 451
Тургун-жай ........................... 452
Туугандашуу ........................ 452
Тууганды к эсебин
жүргүзүү ............................... 452
Туулга.................................... 452
Туулга-казан ........................ 452
Туурдук.................................. 452
Туш кийиз ............................ 453
Тушамыш .............................. 453
Түйдөк.................................... 453
Түймө...................................... 454
Түймөчүлүк .......................... 454
Түлбер ................................... 454
Түлөө...................................... 455
Түмөн башы ......................... 455
Түндүк Батыш Монголиядагы
кыргыздар ............................ 456
Түпкү этнос .......................... 456
Түрк тилдүү элдер .............. 456
Түрктөр ................................. 457
Түркмөндер.......................... 458
Тынымсейит ......................... 459
У
Угечи кашка ......................... 460
^ Уйгурлар ............................ 460
Уксорилокалдуулук ........... 462
Уламыш ................................. 462
Улуттар аралык байланыш462
Улуттук азчылыктар .......... 462
Улуттар аралык
конфликттер ........................ 462
Улуттук өзүн-өзү таануу .. 463
Умай эне................................ 464
Унилатералдуулук ............. 464
Унилинейлүүлүк ................ 464
Унилокалдуулук ................. 464
Ураан ..................................... 464
Уранхайлар........................... 465
Урбанизация ........................ 466
Урук ........................................ 466
Урук аксакалы ..................... 466
Урук кеңеши ........................ 466
Уруу ........................................ 466
Уруу кеңеши ........................ 469
Уста......................................... 470
Ү
Үй-бүлөнүн формалары .... 471
Үй-жай .................................. 471
Үй жаны ................................ 473
Үй-чарба ............................... 473
Үркөр ..................................... 474
Үч уруктук союз .................. 475
Фагинун................................ 475
Феминизация ...................... 475
Фетишизм ............................ 475
Фёлкеркунде........................ 476
Фиельструп Ф. А................. 476
Фолькскунде........................ 477
Фратрия ................................ 477
Функционализм ................. 477
Фуюй кыргыздары ........... 478
Х
Хакастар ............................... 481
Хакас-кыргыздар............... 483
Хакас-Минусин ойдуңундагы
«кыргыз» жер-суу аттары484
Хакас-Минусин ойдуңу... 486
Хан көтөрүү салты ........... 488
Халкалар ............................... 488
Ханза-бек ............................. 488
Хонгарай .............................. 489
Христиандык Афиналык
культтар................................ 489
Ху Чженхуа .......................... 489
Худяков Ю.С......................... 490
Ч
Чакырым............................... 490
Чалгы ..................................... 491
Чантоу ................................... 491
Чапкылдыктар.................... 491
Чарбалык маданий типтер491
Чарк ........................................ 496
Чарык ..................................... 496
Чатыраш ............................... 496
Чач жыйды........................... 497
Чачпак ................................... 497
Чачыла ................................... 497
Челек....................................... 497
Черик ..................................... 497
Чекир саяк............................ 498
Чикит же... чикилдик....... 498
Чиркөө................................... 499
Чоң багыш............................ 499
Чоң үй .................................... 500
Чопкут ................................... 500
Чоро........................................ 500
Чоротегин ............................ 501

Чот ........................................ 501
Чоюн баш........................... 502
Чөбөгө .................................. 502
Чөйчөк.................................. 502
Чөп ооз................................. 502
Чучук..................................... 502
Чүлүк .................................... 502
Чыгай...... ............................ 503
Чыгдан.................................. 503
Чык ....................................... 503
Чыкта.................................... 503
Чылбыр ................................ 503
Чыны кап............................ 503
Чыптама............................... 504
Чырак ................................... 504
Чырга.................................... 504
Чуваштар............................ 505
Чулумдар ............................ 505
Ш
Шаймерден......................... 505
Шайык.................................. 506
Шалпаң кулак.................... 506
Шалча ................................... 506
Шаман дини ....................... 506
Шаманизм .......................... 507
Шамшар............................... 507
Шарият ................................ 507
Шейит................................... 508
Шерине ................................ 508
Шибеге................................. 508
Шийизм ............................... 508
Шири..................................... 509
Шовинизм .......................... 509
Шорлор ................................ 509
Шыйпаң................................ 510
Шылк этме.......................... 510
Шөкүлө ................................ 510
Шыралга .............................. 511
Шырдамал.......................... 512
Шырылдаң......................... 512
Ы
Ыйгарым чарбасы............ 512
Ырым-жырым.................... 513
Э
Эволюционизм.................. 513
Эже........................................ 515
Эжигей ................................ 515
Экзогамия .......................... 515
Экзоэтнонимдер............... 516
Экономикалык география516
Эл ........................ ................ 516
Элек ...................................... 516
Элечек .................................517
Элита.....................................517
Элөт ......................................517
Эн тамга белгилери.........518
Эндогамия ..........................522
Эндоканнибализм............522
Эндоэтнонимдер .............522
Эне..........................................522
Энелеш .................................522
Энелик урук........................522
Энесай кыргыздары........523
Энесай кыргыздарынын
керамика маданияты ......524
Энчи........................................525
Эриштик айыбы ...............525
Эркектер үйлөрү...............525
Эркектер союздары.........525
Эскинин калдыгы ............526
Эскинин калдыктарын
колдонуу методу ..............526
Эгникос ................................526
Этноархеология ................527
Этноботаника....................527
Этногенез ............................527
Этногенетикалык
миксация.............................528
Этнография ........................528
Этнографиялык топ.........529
Этнографиянын
гуманитар ..........................530
Этногеография .................531
Этнодемография...............531
Этноконфессионалдык топ531
Этнопсихологиялык мектеп532
Этнорасалык топ .............533
Этнология ...........................533
Этнонимдер........................534
Этнонимика........................534
Этнопедагогика................536
Этнос ......................................536
Этноско ыйгаруучулук...537
Этносоциология...............537
Этностор аралык
интеграция .........................538
Этностор аралык
миксация.............................539
Этностук ассимиляция...539
Этностук биригүү.............539
Этностук бөлүнүү.............539
Этностук дискриминация539
Этностук дисперсизация540
Этностук жалпылык........540

Этностук консолидация 540
Этностук конфликт..........540
Этностук маданият ..........541
Этностук менталитет......542
Этностук парциация........542
Этностук процесстер.......542
Этностук сепарация.........543
Этностук тарых..................543
Этностук территория......543
Этностук топ........................544
Этностук өзүн-өзү аңцоо544
Этностук чөйрө ..................545
Этнотрансформациялык процесстер............................545
Этноцентризм.....................545
Этнопсихология............. 546
Этноэволюциялык процесс546
Этноэкология......................547
Этноэкономика ..................547
Этноэтика.............................548
Этос..........................................548
Эштек.....................................548
Ээр............................................549
Ээрчи......................................549.
Я
Якут кыргыздары .............550
Кыскартылган сөздөр.....552
Пайдаланылган адабияттар553

www.bizdin.kg

**Каратаев О. К. Эралиев С. Н.**
**КЫРГЫЗ ЭТНОГРАФИЯСЫ БОЮНЧА СӨЗДҮК**
Редактору *Мамат Болот*
Корректору *Бурул Жакеева*
Тех. редактору *Жумагүл Сооронкулова*
Компьютердик калыптоочу *Табылды Жаныазаков*

Форматы 60x84716- Көлөмү 37,5 б.т.
Заказ № 121. Нускасы 1000 даана.

Бишкек шаары,
«Бийиктик басмасы,
Киев көчөсү, 77
Тел.: 66-75-58